МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАИА ЭИЦИКЛОИЕДИЯ БОРБОРУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ФИЛОСОФИЯ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУ

ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

Башкы редактор **Ү. А. Асанов**

Жооптуу редактор **А. Ч. Какеев**

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

# ФИЛОСОФИЯ

**ЭНЦИКЛОПЕДИЯЛЫК**
**ОКУУ КУРАЛЫ**

УДК 1/14
ББК 87я2
Ф 56

**АВТОРЛОР**

Аалиева Г. К.
Аалиева Н. К.
Аалиева Ш. К.
Абдылдаев М. К.
Апсаматов А.
Акмолдоева Ш. Б.
Алымкулов З.
Артыкбаев М. Т.
Асанбаев А. К.
Асанов Ж.
Аскаров Т. А.
Бабашов А.
Байбосунов А. Б.
Бекбоев А. А.
Ботоканова Г.
Бөкөшов Ж.
Жумагулов М. Ж.
Ибраев К. Ш.
Исмаилов А. И.
Какеев А. Ч.
Козубаев Ө.
Кубатова А. Э.
Кулманбетова А.
Кулматов Н.
Мукасов С.
Оморова
Орозов А. К.
Самыйканов А.
Саралаев Н.
Сариева К.
Солтонбеков Б. Р.
Тогусаков О.
Эдилова М. М.
Эсенгулов Т. С.

ISBN 9967-14-020-8

© Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004.

## СӨЗ БАШЫ

Адамзат байыртадан эле курчап турган айлана-чөйрө, сырдуу космос жана алардын арасында өзүнүн ээлеген орду тууралуу ой жүгүртүп, байкоо жүргүзгөн. Бул процесс дүйнөгө көз караштын мифологиялык, диний жана башка формаларын жаратккан. Убакыттын өтүшү менен адамдардын изденүүлөрүнүн натыйжасында, топтолгон тажрыйба-билимдердин негизинде дүйнөгө карата көз караштын жаңы формасы – философия илими пайда болгон.

Философия Байыркы Индия, Кытай, Египетте пайда болуп, Байыркы Грецияда өзүнүн классикалык формасына жеткен.

Философия социалдык турмуш м-н шартталып, коомдук болмушка активдүү таасир берет, жаңы идеал м-н маданий баалуулуктардын калыптанышына өбөлгө түзөт. Философия өзүнүн принциптерин рационалдуу түрдө негиздеген аң-сезимдин теориялык формасы катары куру ишенимдерге ж-а турмушту фантастикалык формада чагылдырган көз караштын мифологиялык ж-а диний формалардан айырмалайт. Философиялык илимдин, коомдук тажрыйбанын жетишкендиктери сын көз м-н кайрадан иштелип, таанымдын тарыхында биринчи болуп, философия социалдык прогресстин илимий куралына айланды ж-а илим катары калыптанды.

Кыргызстандын философ-окумуштуулары дүйнөлүк акылман ойчулдардын баа жеткис, бай мурастарын окуп үйрөнүү м-н өзүлөрү да кыргыз элинин байыртадан берки коомдук-саясий ж-а философиялык ойломдун өнүгүү тарыхын изилдөө боюнча эмгектенишүүдө. Алар ойломдун теориялык проблемаларын анализдөө м-н көчмөн калктын аң-сезиминин калыптаныш жолдорун, патриархалдык-феодалдык тиричилигин, ислам дининин таралышын ж. б. изилдешкен. Кыргыз элиндеги коомдук философиялык идеялардын таралуу маселелери боюнча А. Алтымышбаев, А. Салиев, А. Табалдиев, Т. Абдылдаев, Б. Аманалиев, А. Нарынбаев, А. Брудный ж.б., булардын жолун улантуучулар А. Какеев, Т. Аскаров, О. Тогусаков, Ж. Бөкөшев, А. Бекбоев, А. Исмаилов, М. Артыкбаев, Ш. Акмолдоева, Р. Ачылова, М. Жумагулов ж. б., алардын таланттуу окуучулары, анын ичинде эжелүү-сиңдилүү Аалиевалар сыяктуу жаш окумуштуулар жигердүү иликтөө иштерин жүргүзүштү.

Бул энциклопедиянын обзордук бөлүгү профессор Ж. Бөкөшов тарабынан жазылды. Анда философиянын маңызы, анын негизги түшүнүктөрү ж-а маселелери терең баяндалып, окурман үчүн түшүнүктүү берилген. Басылманын алфавиттик бөлүгүндө философиялык терминдер, философия илиминин өнүгүүсүнө салым кошкон белгилүү философтор, анын ичинде кыргыз окумуштуу философторунун да таржымал макалалары берилди. Бул бөлүк Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Философия ж-а укук институнун, Ж. Баласагын атындагы КУУнун окумуштуулары ж-а окутуучулары тарабынан даярдалды.

Энциклопедиялык окуу куралы кыргыз тилинде алгач жарык көргөн эмгек болгондуктан, айрым мүчүлүштөрдөн куру эмес. Авторлор, ошондой эле Кыргыз энциклопедиясынын тарых, укук жана философия редакциясы сиздерден сын-пикир, сунуштарды ж-а толуктоолорду күтөт.

Бул китеп жөнүндө ой-пикириңиздерди төмөнкү дарекке жибериңиздер: *720040, Бишкек ш., Эркиндик проспекти, 56, Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.*

**Башкы редактор Ү. Асанов**

**БИШКЕК – 2004**

**МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАИА ЭИЦИКЛОИЕДИЯ БОРБОРУ**

**ФИЛОСОФИЯНЫН МАҢЫЗЫ**

**(же метафилософия)**

**«Баары сөздөн башталган»** («Библиядан»).

«Философия» – байыркы грек сөзү: «фил» – «сүйүү», «жактыруу», «умтулуу», «ызат-сый», ал эми «софия», «акылмандык», «даанышмандык» дегенди түшүндүрөт, демек, акылмандыкка умтулуу, акылмандыкты урматтоо дегенди туюнтат. Бул сөз биздин заманга чейинки VI кылымда Байыркы Грецияда колдонула баштаган. Ошондон бери ушул маанисинде билимдин, илимдин, ой-түшүнүктүн өзгөчө бир түрүн билгизип келе жатат.

Бул маанинин төркүнү, теги кандай? Астрономия, математика же физиканы «акылмандык» десе болбойбу? Эмне үчүн адистердин, изилдөөчүлөрдүн бир катмары-философтор «акылмандыкты» өз энчисине ээлеп алган?

Байыркы Грецияда билим адамзат тарыхында бөтөнчө мааниге ээ болуп, өзгөчө статус (орун) алган. Мурун ал практиканын же ритуалдын тутумунан орун ээлеп, колдонмо (прикладной) мүнөздө болсо, байыркы грек маданиятынын алкагында өзүнчө баа-барк алып, рухий кубулуштардын арасында өз ордун ээлешке муктаж болгон. Гректер демейки пикирден (докса, мнение) нукура билимди (эпистема, знание) ажыратып карай баштаган. Натыйжада иреттелген, системага түшкөн, негизделген, аныкталган билимдердин өзүнчө дүйнөсү (мир знаний) калыптана баштаган. Анда математикага, астрономия, биология ж. б. тармактарга тиешелүү түшүнүктөр, көз караштар аралаш, чогуу турган. Ошол билимдердин тутуму жалпы жонунан «философия» аталган. Кийин – тарыхтын жүрүшүндө, маданияттын өнүгүшүндө ар кыл илимдер чет-четинен философиядан тарап чыга баштаган.

Ал эми башында – Байыркы Грецияда – алардын баары бирге каралып, көп нерсени, ар кыл кубулушту билиш, түшүнүш «акылмандык» катары бааланган. Башкача айтканда, «философия» сыналган, такталган, негизделген билимдердин бүтүндөй тутумун (системасын) туюндурган. Кийин ар бир илим жолун таап, өз предметин аныктап, өнүгүп-өөрчүй баштаган соң, философия да жалпы билим системасында, рух дүйнөсүндө өзүнө тиешелүү орун-очок күтүшкө мажбур болгон. Ылакапта айтылгандай «бардык илимдердин атасы (философия) болуш сыймык», бирок «өз үйүң, өлөң төшөгүң» болбосо күн көрүш кыйын.

* * *

*Огюст Конт (француз философу, позитивизм агымын негиздегендердин бири, XIX к.) философиянын акыбалын Шекспирдин даңазалуу трагедиясына байланыштырып, минтип айткан: Азыр философия Лир королдун кейпин кийди. Ал өз байлыгын «кыздарына» (конкрет илимдерге) таратып берип, өзү талаада калды.*

*Бирок башканы мындай кой, О. Конттун өзүнүн окуусу – позитивизм – философиянын өз «байлыгы» сакталып калганын, анын өзүнө гана тиешелүү маселелери, теория, идеялары, изилдөө ыкмалары бар экенин айгинелейт.*

*Анткени, позитивизимдин өзү-философия.*

* * *

Анын сыңарындай, философия да бөтөнчө рух практикасы, билимдин өзгөчө түрү, ойломдун (мышление) айрыкча бир жолу-ыгы катарында өзүнө энчиленген предметти тактап, аныктап келе жатат. Диндин, искусствонун же физиканын, кибернетиканын арасында өз ордун ээлешке аракет кылыштан жазган жери жок.

Натыйжада философиянын ар кыл «теориясы», анын табиятын, маани-маңызын, кызмат-вазийпасын ар кандай түшүндүрүү көнүмүш нерсеге айланды. Атүгүл өзүн «философ» атагандар, аткарып жаткан иш-кызматын «философия» эсептегендер бул суроону талдаганда бир пикирге келе албай, кээде бири-бирине карандай карама-каршы турган позицияны ээлегени бар.

Ошондуктан, «философия деген эмне?» же анын табияты, маңызы тууурасындагы суроо өзгөчө теориялык, методологиялык проблемага айланып, анын тегерегинде илгертен кызуу талаш-тартыш жүрүп келе жатат. Ал эми кийинчерээк, XX кылымдын аягында бул проблеманы иликтеген тармак, ага атайы арналган эмгектер **«метафилософия»** (философиядан өйдө, анын үстүндө турган деген мааниде) атала баштады. Башкача айтканда, муну «философиянын теориясы» же «философия жөнүндөгү философия» деп түшүнгөнүбүз оң.

Ар бир философ өзүнүн теориясын, окуусун «философия деген эмне?» деген суроодон баштайт. Муну адистик (профессионалдык) парзы катары эсептейт. Ар бир философиялык агым, багыт адегенде ушул суроонун жообун тактоодон жол алат. Бул буйтап өткүс талап-милдет катарында каралат. Чыгаан даанышман-акылгөйлөрдүн чыгармаларын сыдыра карасаңар, алардын арасынан сөзсүз «философия деген эмне?» (же ушуга жакын) деп аталган эмгегин табасыңар. Бул суроодон улам келип чыккан ой-пикир, көз-караш, концепция, идеялар **метафилософия** катмарын түзөт.

Эми «философия» деген түшүнүктүн мазмуну кайсы? Анын маанисин кандай түшүнсөк туура болот?

Башында эле макулдашып алчу нерсе-философиянын элдин баары туура тапкан, адистердин баарынын купулуна толгон, кайсы заманды, кайсы аймакты албайлы, баарына орток эсептелген жалпы, универсал аныктамасы жок, болушу да күмөн. Ошондуктан философиянын маңызын ар кыл капталынан карап, ар түркүн көз караштарды жардамга чакырып, кыйма-чийме жолдорго түшүп, даана-ачык түшүнүшкө жүрө-жүрө жетиш үчүн аракет кылабыз. «Философиянын» ар кыл аныктамалары бири бирин толуктап, тактап, айкындап турат.

Философия – **билимдин өзгөчө аймагы**, ал дүйнө жана адам жашашынын, өз ара карым-катышынын түпкүлүктүү негиздерине (предельные основания) арналган, дүйнөнүн, адамдын болушунун ж-а барлыгынын (бытие) башкы маңызын аңдап-түшүнүшкө байланышкан билимдердин тутуму.

Ушул эле мааниде ал **таанымдын (познание) жана ойломдун (мышление) өзгөчө формасы** болуп эсептелет. Демек, башкалардан айрымаланган жол-ыктары, каражат-жарактары бар. Дүйнөнү жана өзүн-өзү таанып-билүү, алардын айланасында ой тегеретүү үчүн өзгөчө шык, эп талап кылынат.

Философия – **дүйнө тааным (мировоззрение) өзгөчө түрү**. Дүйнөтааным – бул бүтүндөй дүйнөнүн (мир как целое) турум-турпаты, түзүлүшү тууралсындагы, анын ак-карасын, жаман-жакшысын ажыратууга негиз болгон, бул дүйнөдөгү адамдын ордун, ал-күчүн, максат-талабын, дүйнөгө кылган мамилесин, ыйман-пейилин баалоого, аныктоого тиешелүү ой-түшүнүктөрдүн курамы. Дүйнөтааным адамдын иш-аракетин багытка салып, анын кылык-жоругун аныктап турат. Илимий, диний, мифтик, коммунисттик ж. б. көзкараштар бар. Алардын арасында философиялык дүйнөтааным өзгөчө орунду ээлеп турат.

Ушул эле маанидe ал **дүйнөтаанымдын теориялык негизи** (теоретическая основа) катары да эсептелет. Башкача айтканда, тигил же бул диний (ислам) же саясий (коммунисттик) дүйнөтааным негизинде белгилүү бир философиялык идеялар, жол-жоболор турат.

**Философия – коомдук аң-сезимдин** (общественное сознание) өзгөчө формасы. Ар кандай коом өз турмушун, ал-абалын аңдап-түшүнүшкө аракет кылат. Бул ар кыл формада жүзөгө ашат: укук, саясат, илим, искусство, мораль аркылуу. Алардын катарында философия да бар. Мезгилге жараша, шартка ылайык философиялык окуулардын, көз караштардын (взгляд) өзгөрүп, жаңыланып турушу ошол коомдун болмушунун, турмушунун (*общественное бытие*) өзгөчөлүктөрүнө байланышкан. Бул ар коомдун өз философиясы болот дегенге тете.

Философия – бул **методология**, методологиянын негизи. Адам баласынын ар кандай иш-аракети – инженердик эмгеги, илимий изилдөөсү, көркөм өнөрү ж. б. белгилүү бир методдордун (ык-жолдордун) аркасында ишке ашат. Ал эми мындай методдор айрым бир жалпы, кеңири, түпкүлүктүү түшүнүктөргө, идеяларга, мамилелерге (подход) таянат. Башкача айтканда, тигил же бул иш-аракеттин ыкма-жолдорун аныктаган философиялык көз караш, принциптер болот. Ушундан улам философияны «негиздер», принциптер (Аристотель) жөнүндөгү илим же калыптоо (нормативное) аң-сезими катары аныкташат.

Философия **идеология** катары да каралышы мүмкүн. Идеология – коомдун, коомдук топтун, катмардын иш-аракетинин, өнүгүшүнүн башкы (стратегиялык) багытын, көздөгөн максат-мүдөөсүн, тутунган жол-жоболорун, аздектеп-баалаган баалуулуктарын (ценности) аныктаган идеялардын, ой-түшүнүктөрдүн тутуму. Бул жагынан философия айрым учурда идеологиянын кызматын да аткарат. Айталы, марксчыл философия жумушчулардын, социалисттердин идеологиясы эсептелген.

Мындан тышкары метафилософиянын алкагында төмөнкү аныктамаларга маани бериш зарыл.

Философия – бул **акылмандык.** Бул илгертен тамыр байлап, бутак жайган түшүнүктөрдүн бири. Мында философия көптү көргөн, көптү билген, турмушту терең түшүнгөн, бай тажрыйба күткөн, жашоо-тиричиликтин маани-маңызын бийик, кең баалаган, башкаларга туура жол көргөзүп, тунук кеп-кеңеш бере алган адамдардын акыл-ой, билим-түшүнүгүнө байланыштуу каралат. «Караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан» («Манас» эпосу), башкалар билбегенди билген, башкалар көрбөгөөдү көргөн касиет катары бааланат. Бирок, акылмандыктын белгиси көптү билиште эмес, туура түшүнүштө деп баса көрсөтөт.

Ушуга туташ философияны **акыл-эс** (разум), **нак аң-сезим** («сознание вообще» же «чистое сознание») деп түшүнүү да кездешет.

Философия – бул адамдын **өзүн өзү аңдап – билиши.** Мындай концепциянын өзөгүн Сократтын «өзүңдү өзүң таанып бил» («Познай самого себя») деген жол-жобосу түзөт. Адам баласынын табиятын, анын жашоо-тиричилигинин түпкү маани-маңызын чечмелеп түшүнүш – философиянын башкы милдети эсептелет. Тышкы дүйнөнү аңдап-билиш, ага белгилүү бир мамиле күтүш ири алдыда адам өзүн канчалык деңгээлде туура түшүнөт, туура баалайт-ушуга жараша болот деген ишеним. Ушундан улам философияны **адам жөнүндөгү окуу** (учение о человеке) таризде түшүнгөндөр да бар.

Философия – бул **илим**. Мунун жөн-жайы философияны илим эмес, **искусство** катары баалашка, тагыраак айтканда, илимге караганда искусствого жакын деп эсептешке (Кьеркегор, Шопенгауэр, Ницше) байланышкан. Философтордун басымдуу көпчүлүгү (Аристотелден баштап, Гегель, Гуссерлге чейин) өз эмгектерин, изилдөөлөрүн илимге киргизген. Себеби, «так илимдерге» (математика, физика, химия ж. б.) мүнөздүү белгилерге толук ээ болбогону менен философия гуманитардык илимдердин катарында теориялык билимге тиешелүү талаптарга кадыресе ылайык келет. Философиянын өзүнүн маани-маңызына, милдет-кызматына жараша түшүнүк, категорияларынын системасы, далилдүү концепция, теориялары, изилдөө методдору, өзгөчө «тили» бар.

Ушундан уам философия **«жалпы бүтүн»** (мир в целом), **«абстракциялар»** (жалпы түшүнүктөр) жөнүндөгү илим, баарына тиешелүү касиет (всеобщее), **абсолют** тууралсындагы окуу деп да эсептелет.

Албетте, эгер философиянын тарыхын барактасак, бай адабиятты кеңири иликтесек маани-мазмуну жагынан бири-бирине окшобогон дагы көптөгөн аныктамаларды табабыз. Алардын арасында «кызык» көрүнгөн, «экзотика» туюлгандары да кезигет. Айталы, «философия – **бул өлүм өнөрү**» (искусство умирать). Эгер байыркы гректерден калган мындай формулага олуттуу мамиле жасасаңыз, мунун маанисин кандай чечмелээр элеңиз? Же: философия – **бул таңдана билүү**» (умение удивления). Муну кандай түшүнсө болот? Буга дагы кайрылып келебиз.

«Кызыктуу» аныктамалардын ичинен өзгөчө көөүл бурушка арзыганы мындай: «философия – **бул түшүнбөстүк**» (философия как непонимание).

* * *

***Вольтер:*** *«Угуп жаткан киши сүйлөп жаткан кишини түшүнбөсө, ал эми сүйлөп жаткан өзү эмнени айтып жатканын түшүнбөсө – бул философия».*

***А. Жид:*** *«Сенин суроону философ жооп берсе, өз суроонду өзүң түшүнбөй каласың».*

***Б. Нушич:*** *«Сен мени түшүнө албасаң, мен сени түшүнө албасам – бул философия».*

* * *

Муну кандайча бааласа болот? Кантип эле эч нерсени түшүнбөгөн учурда, адам өзүн да, өзгөнү да түшүнбөсө философия чыга калсын? Айныгыс акыйкатты айткан адам акылман, философ эсептелчү эмес беле?

Кептин жөн-жайы мында: философия дүйнөнүн, андагы адамдын болмушунун (бытиесинин) түпкү негиздерин иликтейт. Ал өтө жалпыланган түшүнүктөргө, мазмуну кең абстракцияларга таянат. Ошондуктан демейки аң-сезимдин (обыденное сознание) чегинде айкын-таасын, өзүнөн өзү түшүнүктүү көрүнгөн нерселер философиялык ой жүгүртүүнүн мейкининде өзгөчө маани-мазмун алып, түшүнүксүз, табышмактуу, сырлуу болуп чыга келет. М. Аврелийдин «убакыт» туурасында айтканын эстеңиз. Же адам аттууга дапдайын туюлган «өмүр», «өлүм», «аң-сезим», «акыл-эс», «эрдик», «жакшылык жана жамандык» өңдүү түшүнүктөрдү алсак, байыркы даанышмандардан тарта азыркы илимпоздорго чейин теориялык талаш-тартыштарга себеп, далай изилдөөлөргө предмет болуп келе жатат.

* * *

*Сократ (даңазалуу байыркы грек ойчулу, б. з. ч. V к): «Мен эч нерсе билбесимди өзүм билем, башкалар ушуну да билбейт» – деп кейиген экен... Анын философиялык методу: маектешип жаткан кишиден, мисалы, «сулуулук деген эмне?» деп сурайт. Тиги жооп берет. Сократ бул жооптун кемтигин табат. Өнөгү кайрадан тактап, толуктап жооп кайтарат. Сократ дагы кемтигин көргөзөт. Тигини өз жообун дагы оңдоп – түзөөгө мажбур кылат. Ушинтип отуруп акыры «сулуулуктун» такталган, толукталган аныктамасын табышат. Өнөгү: «мен муну билбей жүргөн экенмин» – деп мойнуна алышка аргасыз болот.*

* * *

Дегеле терең ой тайыз ойдон эмнеси менен айрымаланат? Тайыз ой «баарын билем, баары түшүнүктүү» деп эсептейт же көптөгөн нерселерге көңүл бурушка арзыбаган, атайлап талдашка татыбаган кубулуш катары мамиле кылат. Ал эм терең ой ар нерсени кеңири алкакта, өтмө-катар байланышта, бийик мааниде карайт, анын өзгөлөр баамдабаган, элес албаган жактарын табат. Ошондуктан ойчул-философ башкаларга көнүмүш, ашмалтай кубулуштун түпкү, тереңде катылган маани-мазмунун чубап чыгат, ойго келбеген касиеттерин баамдайт, натыйжада, демейки эле нерсе «түшүнүксүз», «табышмактуу» маселенин кейпин киет. Бул болсо-табышмак, сыр, түшүнбөй калыш – адамды чындап ой тегеретүүгө, акыл калчоого түртөт. «Философия – бул түшүнбөстүк» деген аныктама ушундан улам.

Ошентип, жогоруда белгиленгендей философиянын ар түркүн аныктамасы бар. Кыскартып, жалпылап, ток этер жерин айтсак «философияны» мындай аныктаганыбыз туура: **«Философия –** бул адам менен дүйнөнүн өз ара карым-катышынын түпкү негиздерин туюнткан ой-түшүнүктөрдүн, аны мазмунуна камтыган билимдердин тутуму».

Арийне, бул телегейи тегиз, төрт тарабы төп келген аныктама эмес. Эки ооз сөз менен элдин баары макул тапчу, бардык учурга, бардык жерге ылайык келчү аныктама бериш кыйын. Өзгөчө, философияга. Анткени, философия ар мезгилде ар кыл түр күтүп, тарых өнүгүшүндө өзгөрүп, жаңыланып келген. Анын үстүнө бир эле убакта жашаган, бир эле маданияттан азыктанган ойчулдар философиянын табиятын ар башка түшүндүрүшкөн. Ошондуктан, бир караганда өөн учураганы менен «философия – философ бул философиянын тарыхы» же «философия – эмне кылса (жазса, ойлосо) ошол» деген аныктамалар тереңдете талдай келсек белгилүү бир жүйөөгө ээ экенин көрөбүз.

Демек, сөздүн кайсы бир маанисинде философиянын тегерегинде жүрүп жаткан кептин баары анын маани-маңызын таамай-таасын аныкташты көздөгөн аракет болуп саналат. Философияны үйрөнүү ишинде муну эсиңизден чыгарбашыңыз абзел.

«Философ» (ойчул, акылман, даанышман) деген ким?

* * *

*Философиянын тарыхында өзүн «философ» атаган биринчи адам Пифагор болгон. Замандаштары андан «философ деп кимди атаса болот?» деп сураганда ал минтип жооп берген экен: Базарга үч түрлүү адам келет, ошолордун ичинде сатуучуга да, аларманга да кошулбаган бирөө бар. Ал тек гана базарда болуп жаткан ишти баамдап-байкап турат (созерцает). Ошону философ дейбиз.*

* * *

Философтун иш-аракетине, ой-санаасына эмне мүнөздүү? Эгер тавтологияны (кайталама) ылайык тапсак, адегенде «философту» «бул-философия менен алектенген, философиялык маселелерди иликтеген, философиялык ой калчай билген адам» деп аныктасак болот. Башкача айтканда, философ белгилүү бир түшүнүктөргө, идеяларга, жол-жоболорго таянып, бүтүндөй дүйнөнүн жана адам баласынын болушундагы түпкү, өзөктүү маселелердин маани-маңызын аңдап-түшүнүшкө далалат жасайт.

Философтор абстракцияга, жалпылама түшүнүктөргө жакын, таамай-таасын аныктамаларга куштар, ар кандай аныктамага (дефиниция) өч, жабышып жатып калат, ар кандай нерсенин түпкү тегине, маанисине кызыгат. Ошондуктан, кээде философ турмуштан алыс, тажрыйбадан оолак, карандай ой-санаага курчалган, буту жерде турса да, оюу көктө жүргөн, пайдасы жок түйшүк тарткан адам эсептелет. Ушундан улам философия турмушка түздөн-түз кийлигишпеген, окуяга тикеме-тике аралашпаган, сырттан гана баамдап-байкаган (созерцание) иш-аракет катары каралат. Бир нерсеге сүйүнбөй да, күйүнбөй сабыр менен караганды «философиялык мамиле» (философское отношение) дейбиз. Же жагдай-кырдаалдан алыс көрүнгөн сөз жүрө баштаса «философияны коюп, ишке өтөлү» деп тыңсынабыз. Ал эми чындай келгенде, философ дал ошол турмуштун, иштин камын көрүп жатканын баалай албайбыз.

Философия кесип, адистик менен чектелген нерсе эмес. Акын-жазуучулардын, саясатчы-ишмерлердин, илимпоз-окумуштуулардын арасынан нукура философтор чыгат. Чыңгыз Айтматовду же Альберт Эйнштейнди ким философ эмес деп айта алат? Ошол эле учурда философия факультетин бүтүргөндөрдүн же философия кафедрасында иштегендердин баары эле сөздүн нак маанисинде философ эмес.

Философтун ой жүгүртүү, акыл тегеретүү ыгы, манерасы өзгөчө. Ал дүйнөнү, адам турмушун башкача бир көз менен карайт. Анын айткандарынан, жазгандарынан айрыкча бир касиет – маани көрүнүп турат.

Бирөө «математикмин» же «физикмин» десе, кадыресе, жөнөкөй угулат. Ал эми «философмун» десе, буга айрыкча маани берип, башкача реакция жасайбыз. Түкшүмөл болсо да, бул сөздүн артында өзгөчө милдет, жоопкерчилик, жөндөм турганын туюп – билебиз. Бир акын жазгандай:

Кудай болуш оңой эмес.
Акын болуш оңой эмес.
Ойчул болуш оңой эмес.

Философ деген ким? Бул «өзүнүн билбегенин билген», маекти өнөргө айландырып, сүйлөшкөн кишисинин ой-түшүнүгүн суроолору аркылуу курчуткан, байыткан, жаштарга бийик таалим-тарбия берген, акылдын азабын тартып, уу ичип жан кыйышка аргасыз болгон **Сократ**. Бул башкалардын оюна да келбеген нерселерден улам санаа чегип, «Кулан байкуш кантти экен» деп, жан-жаныбарлардын көргөн күнүн ойлоп, азап тарткан **Асан кайгы**. Бул жарыкта эки нерсени-алыстагы жылдыз толгон асманды, жакындагы адамдын жан дүйнөсүн табышмак эсептеген **И. Кант**. Бул «мени бир киши түшүнгөндөй көрүндү эле, тактай келсем, ал дагы түшүнбөптүр» – деп кейиген **Гегель.**

Жайдары тил менен айтканда, философ деген алысты көрө билген, тереңди баамга алган, акылга уста, кепке чебер, утурумдук эмес түбөлүгүн ойлогон, пайданы эмес маанини көздөгөн, барга көппөгөн, жокко чөкпөгөн адам.

* * *

*«Философ» деген сөздөн улам эске алчу дагы бир жагдай бар. Эмне үчүн «философ» – «акылмандыкты сүйгөн, акылмандыкка умтулган адам»? Имишке караганда бул суроого Платон (байыркы грек ойчулу, Сократтын шакирти, б. з. ч. V к.) минтип жооп берген экен: «Сөздүн накта маанисинде кудай гана акылман (мудрый), ал баарын билет, ал баарын көрөт. Ал эми адам баласынын акыл-эси, кубат-дарамети чектелүү. Ошондуктан, ал акылмандыкка жетиш үчүн аракет кылат, умтулат, бирок толук жетпейт».*

* * *

Асыл-аруу максаттарга чакырган,
Ар сөзүнө терең маани батырган,
Ачыла элек сандыгында-табышмак,
Бычыла элек кундуздары катылган,
Ойго чаңкап, кепке канбай турганда
Орток болоор, шерик болоор акылман.
Жакшы ниет, илгери ишке кол сунган,
Жан дүйнөңдү бермет сөзгө толтурган,
Роден куп ташка чеккен кейипте
Башын салып, санаа тартып олтурган,
Айлаң кетип, аргаң куруп турганда
Акыл чыгар, кеңеш чыгар ойчулдан.
Ак-караны ажыратып тааныткан,
Ар бир сөзү акыл-ойго каныккан,
Эсепке алып чексиз-түпсүз мейкинди,
Ээ-жаа бербес мезгил менен жарышкан,
Караңгыда кайсалактап турганда
Караан болоор, кабар болоор даанышман.

Акылмандар, даанышмандар ар элде, ар убакта болгон. Ал эми философиячы? Байыркы грек маданиятынан тамырлаган, анан өзгөчө тарыхый-коомдук шарттардан улам айрым бир элдер гана жеткен, тутунган нерсеби же адам, коом турмушунан такай орун алган, баарында болгон, универсал кубулушпу? Бул суроого даана, так жооп табыш үчүн философияны экиге ажыратып караган жөн: **«теориялык философия»** жана **«табигый философия».**

**«Теориялык философия»** – бул окуу, илим, белгилүү бир принциптердин, закондордун, категориялардын, концепциялардын, теориялардын тутуму, системасы. Ал китеп, трактат, макала түрүндө элге жайылат. Адамзаттын баскан жолуна назар бурсак, мындай философия байыркы гректер тарабынан энчилүү атын алып, билим чөйрөсүндө өз ордун таап, кийин мектеп, академия, университеттерде окутулуп, илим – теория жолу менен өнүгүп, өркүндөй баштаган. Ага берилген, аны кесип тутуп, атайлап ага кызмат кылган, ушул тармакка «адистешкен» кишилер чыккан. Белгилүү бир калыпка түшүп, белгилүү бир үрп-адат күткөн, салт түзүлгөн. «Теориялык философия» бардык элде өрүш алган эмес жана бардык жерде бир кылка өнүккөн эмес.

Ал эми **«табигый философиянын»** жөнү башка. Ар бир элдин, ар адамдын философиясы болот. Дүйнө эмне үчүн ушу турпатында түзүлгөн? Башкача болушу мүмкүнбү? Ким курган да, ким башкарат? Качан жаралган да, качан бүтөт? Бул дүйнөдө адам баласы кантип жашап жатат? Эмне үчүн ушундай, башкача эмес? Өмүр деген эмне, өлүм деген эмне? Ак менен караны, жакшы менен жаманды кантип ажыратабыз? Бул өңдүү суроолорду эч ким буйтап, айланып өтө албайт. Ар адамдын жолунда жолборстой комдонуп күтүп жатат. Эртеби, кечпи кезигет, көппү же азбы, санаага салат. Бирок бул суроолорго кезикмейин, алардын «тегирменинен» өтмөйүн адам адам болбойт. Ушул мааниде ар элдин өз философиясы бар. Ал макал-лакап, ыр-жомок, санжыра, аңыз-кеп, уламыш түрүндө жашайт. «Табигый философия» ар жердин, ар мезгилдин өзгөчөлүгүнө жараша түр алып, ар кандай формада өнүгөт. Атадан балага өтүп, улуудан кичүүгө жугат. «Философия» деген сөз тилинде болбошу толук ыктымал, бирок философиялык маселелер, ой-түшүнүктөр дилинде сөзсүз болот. Себеби, философия (аты эмес, заты тууралуу кеп жүрүп жатат) адамдын өзүн жана курчаган дүйнөнү аңдап, талдап, таанып-биле турган негизги куралы. Ар элдин тарыхы, тагдыры, маданияты мындай философия кандай бааланат, кастарланат, колдонулат – ошого жараша болот.

Бирок экөөнү – «теориялык философияны» жана «табигый философияны» – таптакыр эки башка нерсе катары түшүнүш натуура. Анткени экөөнүн өзөгү бир, мааниси окшош. Тек, билимдин жайылышына, илимдин өркүндөшүнө

жараша, социалдык жана интеллектуалдык прогресстин чоң жолуна жакынбы же ыраакпы – ушуга ылайык бир элде «теориялык философия» өрүш алып, гүлдөп өнүксө, экинчи жерде анчалык бийик көтөрүлө албай, «табигый» түрдө кызматын өтөй берген.

Арийне, тигил же бул элдин (айталы, немецтердин же француздардын) философияга өзгөчө шыгы, жөндөмү, дарамети жөнүндө кеп козголушу мүмкүн. Мунун өз жүйөөсү бар. Бирок, бул маселени атайлап, кең-кесири талкуулаган максатка ылайыктуу.

Токтоло кетчү жагдай: «кыргыз философиясы» жөнүндөгү ой. «Байыркы грек философиясы» бар. «Классикалык немец философиясы» бар. Мен философ дегендердин баары алардын эмгегин, трактатын окумайын, алардын көз карашын, теорияларын билмейин сынактан өтө албайт. Ал эми «кыргыз философиясычы»? Бар деп айтабыз. «Изм» түрүнө жеткен окуулар, том-том трактаттар жок. Деген менен, элдин, коомдун турмушунда дүйнөнү, ай-ааламды, адам жашоосун талдап-баалап түшүнүшкө негиз, өбөлгө болгон ой-түшүнүктөр, көз караштар макал-лакап, таамай сөз, ыр-жомок, аңыз-уламыш, кеп-кеңеш, каада-салт, үлгү-өрнөк аркылуу жашап келе жатат.

Бул кыргыз элинин тарыхына, маданиятына, тилине камыр-жумур жуурулушкан. Биздин милдет-мындай: философиялык ой-түшүнүктөрдүн «чаңын аарчып», «датын кетирип», көркүн чыгарып, иретке келтириш, бүтүндөй система калыбында ордуна коюш, тиешелүү мазмунун такташ.

* * *

*Ушул маселеге кызыккандар Асылбек Алтымышбаев, Баатырбек Аманалиев, Азиз Салиев, Аскар Какеев, Рахат Ачылова, Кусеин Исаев, Азиз Нарынбаев, Шайлоо Акмолдоева, Өскөн Козубаев, Аскар Бекбоев ж. б. бир катар илимпоздордун эмгектерине, журналист – жазуучу Чоюн Өмүралиевдин «Теңирчилик» аталган китебине кайрылса, көптөгөн кызыктуу материал табат.*

* * *

Философиянын маани-маңызын тактоодон улам «философия бирөөбү же көппү»? деген суроо туулушу ыктымал. Албетте, философия көп түрлүү. Ар мезгилдин, ар жердин өзгөчөлүгүнө ылайык, угут алган булагына, азыктанган аңызына жараша көз караштар, ой-санаалар ар кыл формада, ар кандай жол менен туюнтулуп, айтылып келген. Ошонун аркасында түркүн «измдер» (пантеизм, солипсизм, позитивизм өңдүү) пайда болгон. Муну менен катар «Сократтын философиясы», «Декарттын философиясы», «Гегельдин философиясы» деп ажыратабыз. Алар козгогон маселелери, көздөгөн максаттары, урунган «тили» (улуттук тил эмес, түшүнүктөр, категориялар тизмеги деген мааниде) боюнча айырмаланышат. XX кылымдын философиялык теориялары Орто кылымдардагы окууларга окшош эмес. Демек, **философия көп.**

Ошол эле мезгилде **философия бир.** Анткени, кандай гана философиялык окуу, көз караш, теория болбосун, алардын башын бириктирип, бүтүндөй тармакка тартып турган орток касиет, белги бар. Философия тарыхтан, физикадан, искусстводон айырмаланып, өзү иликтеп, изилдей турган предметке ээ, башкалар кийлигише албай турган «менчик» маселелери бар, аларды талдап-түшүндүрө турган өз жолун – ыгын, методдорун тапкан, адам жашоосунда, коом турмушунда белгилүү бир кызматтарды аткарат. Ошондуктан, анын табияты, маңызы бир. Поэзия (Алыкул Осмонов), проза (Чыңгыз Айтматов), илимий изилдөө (Эйнштейн), саясий сөз (Махатма Ганди) же башка бир чыгарманы окусак, уксак, көрсөк, анын мазмунунан философияны «тааный» алабыз, сезебиз, туябыз. Тигил же бул ой-түшүнүктүн, көз караштын философияга тиешелүү экенин баамдайбыз.

Кыскасы, Маяковский айтмакчы («Акындар көп болсун, бирок түркүн болсун») философия көп болсун, философия болсо болгону.

Философиянын предмети кайсы? Ал эмнени изилдейт? Бул жөнөкөй, оңой суроо эмес. Жогоруда белгиленгендей аны «бардык илимдердин, өнөрлөрдүн атасы» деп ашыра баалагандар да, «башка илимдер өнүккөн соң, изилдей турган предмети жок, талаада калды» деп өкүм чыгаргандар да болгон. Бул маселени териштирип, талдаганда мындай жагдайларды эске алганыбыз оң.

**Биринчиден**, философиянын «классикалык», «түбөлүк» аталган маселелери бар: дүйнө эмне үчүн ушундай жаралган? Анын кыйыр-чеги кайда? Бул дүйнөдө адам баласынын орду кандай? Анын эмнеге алы жетет? Анын табияты кандай да, келечекте кандай болушу ыктымал? Байлык деген эмне? Бийлик деген эмне? Чындык деген эмне? жана башка суроолор. Ар адамдын башына түшчү суроолор, эртеби – кечпи анын тынчын алып, санаага салчу суроолор. Бүгүнкүгө чейин толук, таасын, баарын камтыган, баарынын купулуна толгон жооп жок. Андай болушу да күмөн. Ар мезгил, ар эл, ар адам өз жообун издейт, өз жообун табат. Философия миңдеген жылдар илгери ушул суроолордун тегерегинде ой токуган, миңдеген жылдар кийин да ушул суроолор менен алек болот.

**Экинчиден**, теория, концепция деңгээлинде тактоого киришсек, философиянын предмети башка илимдер изилдеген, адам акыл-оюнун башка түрлөрү (дин, искусство ж. б.) кызыккан предметтер менен эриш-аркак байланышканын көрөбүз. Философияда таанып-билүүнүн атайын теориясы түзүлгөн – **гносеология**. Ошол эле учурда адамдын дүйнөнү таанып-билишине тиешелүү маселелер психологияда, педагогикада, лингвистикада, информатикада, медицинада, физикада ж. б. тармактарда каралат. Бул жаатта философиянын өзгөчөлүгү эмнеде? Ал эмнени иликтесе да, адамдын болмушу (бытиесу), адамдын курчаган дүйнө менен карым-катышы аркылуу карайт, ушундай призмадан көрөт. «Адам-дүйнө» көпилтиги-философиядагы «лакмус кагазы». Кандай маселе болсо да, ушул көпилтикке тиешелүү каралса, ал дароо философиялык түс, турпат, маани-мазмун алат.

Философия кызыкпаган нерсе жок. Ошондуктан, үстүртөдөн (чөп башылап) түшүнгөн кишиге «бүтүндөй дүйнө (мир в целом, мир как целое) – философиянын предмети болот» деген тезис ашкере мактаныч, обу жок оолугуш катары көрүнүшү мүмкүн. Иш жүзүндө философия дүйнөнү өз өңүтүнөн, өз жолу менен иликтейт. Дүйнөнү ар капталынан, ар деңгээлде изилдеген башка көптөгөн илим тармактары, теориялар, концепциялар бар экенин билет. Бирок, философия өз

предметине ээ. Ал «адам жана дүйнөнүн» карым-катышы менен ченелет, аныкталат. Мидас падыша[1] кармаганын алтынга айландырган сымал, философия да караганын өз предметине өткөрүп изилдейт.

Бул кошилтиктин («адам-дүйнө») мазмуну башка түшүнүк аркылуу да тике же кыйыр түрүндө туюндурулат: ойлом жана табият, субъект жана объект, рухий жана материалдык кубулуш, психикалык жана физикалык процесс ж. б. Ал эми маркcчыл-ленинчил философияда «философиянын негизги маселеси» деген тема алдыга чыккан. Анда «материя биринчи жаралганбы (туурабы) же аң-сезимби? деген суроо коюлуп, ага эки гана жооп болушу мүмкүн: бири – материалисттердики («материя-биринчи»), экинчиси – идеалисттердики («идея, аң-сезим, дух-биринчи»), башка, үчүнчү жооп жок деп ырасталган. Натыйжада, философия элдешкис эки агымга – материализм жана идеализмге бөлүнгөн. Мындай жагдай, арийне, бир беткей, тайыз мамиледен, түшүнүктөн улам келип чыккан. «Философиянын негизги маселеси» чыныгы, орчундуу проблемага («адам-дүйнө») таянып турса да, аны утурумдук, тар мүдөө – талаптарга байланыштуу чечмелегендиктен, маркcчыл көз карашка кошулбаган же жакындабаган концепция, окууларды жеригендиктен, ал бир жактуу, ашыкча жөнөкөйлөтүп чечилген. Окуганга жеңил, кабыл алганга оңой болгону менен, бул схема жалпы философиянын мазмунун жакырлантып, кедейлентип, анын кыйырын чектеген, тарыткан.

Ойлонуп көрөлүчү. Эгер философ өзүн материалисттерге же идеалисттерге кошсо, сөз жок. Ал эми тигилерине да, буларына да кошулбасачы? Биз зордоп тигил же бул тизмеге кошуп койгондон эмне табабыз да, эмне утабыз? Мындайлар – материализмди да, идеализмди да моюнга албагандар – философ атангандардын, ойчул-даанышмандардын ичинде дээрлик көпчүлүктү түзөт. Анан калса «материалист болсо-жакшы», «идеалист болсо – жаман» деген баа өтө эле тайыз, калпыс көрүнөт.

Мындан тышкары, «философиянын негизги маселеси» катары, маркcчыл – ленинчил вариантына кошулбай, башка нерсени аныктагандар, көрсөткөндөр учурайт. Айталы, белгилүү француз ойчулу, жазуучусу Альбер Камю «философиянын негизги маселеси – бул дүйнөдө жашап кереги барбы же жокпу? (жашоонун мааниси эмнеде) деген суроо» – деп эсептеген. Неопозитивизмдин өкүлдөрү «философиянын негизги маселеси – бул тил проблемасы» деп түшүнүшөт. Дин багытындагы окуулар «философия – бул кудай жаратканды таанып-билүү» – деп үйрөтөт. Ушул өңдүү мисалдарды дагы көбөйтсөк болот.

Жыйынтыктап айтканда, философия кайсы гана маселеге кайрылбасын, дүйнөнүн кайсы жагына назар бурбасын, ал баарын «адам жана дүйнөнүн» өз ара карым-катышына байланыштуу карайт. Ошону менен өз предметинин өзгөчөлүгүн аныктайт.

**Үчүнчүдөн,** философиянын предмети көп кырлуу, көп катмарлуу. Ал адамдын болмушуна, турмушуна тиешеси бар көптөгөн маселелерди камтыйт. Айрым философиялык системалар энциклопедия мүнөзүндө болуп (мисалы, Гегелдин окуусу), предметти ар тараптан, кең алкакта караса, көптөгөн маселелердин мазмунун туташ, бирдиктүү көз караш аркылуу аныктаса, айрым теориялар, окуулар философиянын предметин тигил же бул чекте, тигил же бул капталынан иликтейт. **Экзистенциализм** адамдын демейки тиричилигин, сүйүнүч – күйүнүчүн, үмүт – тилегин көңүлдүн борборунда кармап, жеке инсандын жан-дүйнөсүнө кызыгып артса, **прагматизм** маселелерди «пайда», «утуш» категорияларынын элегинен өткөрүп чечмелейт. А. Шопенгауэр болсо философиянын маңызын «эрк» (воля) түшүнүгү аркылуу айкындоого күчүн жумшаган.

Демек, философиянын предмети тууралуу кеп козгогондо, анын биримдигин, бүтүндүгүн эске алыш зарыл. Тигил же бул философиялык системаны, тигил же бул ойчулдун окуусун үлгү тутуп, «философия ушундай гана болот», «философия ушуну гана иликтейт» деп тыянак жасап, анын предметин чектеш, тар алкакка камаш натуура.

Философия билимдердин тутуму (системасы), илим, рухий тажрыйба (духовный опыт) катары кайсы маселелелерди көздөгөнүнө, предметтин кайсы жагына кызыкканына ылайык тарам-тарамга жиктелип, алардын байланышы, өз ара карым катышы аркасында өзүнчө түзүлүшкө ээ болуп турат. Жогоруда айтылгандай, «философия деген эмне», «анын өзгөчөлүгү эмнеде» деген суроо ойчулдарды көлөкөсүндөй ээрчип, такай алдында турат. Адегенде ушул суроодон баштап, чекит коймок болсо ушул суроо менен бүтүш – философиянын маңдайына жазылган. Ага жооп издөө аракети **метафилософияны** түзөт. Ар кандай толук кандуу, бышып жетилген философиялык окуунун, көз караштын негизинде «болмуш (бытие) деген эмне»?, «дүйнө, адам кантип болот, жашайт»? деген маселени өзүнчө түшүнүш, чечмелеш турат. Бул – **онтология** – бытие жөнүндөгү окуу. Философиянын алкагында кандай проблема каралбасын, анын талданышы жана чечилиши философтун онтология жаатындагы позициясына, көз карашына ылайык жүзөгө ашат. Демек, онтология – философиянын фундаменти, пайдубалы. Буга улаш, илгертен философиянын чордонун түзгөн маселе – бул аң-сезимдин сыры, табияты. Биз аң-сезимдин философиялык теориясын шарттуу түрдө **когитология**[1] деп атоону сунуштайбыз. Ал эми «Адам дүйнөнү кантип таанып-билет? Билим кандайча куралат да, кандайча өзгөрүп-өнүгөт? Дүйнөнү таанып-билиштин жол, ык, каражат, чеги кандай?» деген сыяктуу суроолорго **гносеология** жооп издейт. Адам айлана-чөйрөнү иликтеп, таанып-билип, түшүнүп гана тим болбойт, ал баалайт, өлчөйт, таразалайт. Дүйнөдө ага жаккан жана жакпаган нерселер, оң же тескери көрүнгөн кубулуштар, ак же кара деп жиктелген окуялар бар. Башкача айтканда, айлана-чөйрө, курчаган дүйнө адамга керек, пайдалуу, ал баалаган, урматтаган, сыйлаган, жактырган нерселерден жана тескерисинче мамиле жасаган же «ысык-суугу бирдей» нерселерден турат. Булар баалуулуктар (ценности) деп аталат.[2] Ал эми ушул маселеге назар бурган философиялык окуу **аксиология** болуп эсептелет. Философиялык ой-санаанын очогун адам проблемасы түзүп турат. Ошондуктан, анын структурасында **антропология** (философиялык) өзгөчө орунду ээлейт. Адам коомдо жашайт. Дүйнө – бул табият, материалдык нерселер гана эмес, ири алдыда башка адамдар, алар менен карым-катыш, маданият, цивилизация, коом турмушун түзүп турган уюм, мекеме, институттар, рухий байлык, иш-аракет, кубулуштар. Философиянын коом турмушун иликтеген бөлүгү – **социология** (теориялык). Мындан тышкары өзүнчө статус алып, өз бетинче өрүш алган философиялык окуулар бар. Булар – **этика** (мораль, адеп-абийир, ар-намыс, ыйман-ынсап жөнүндөгү окуу) жана **эстетика** (көрк, сулуулук, искусствонун маани-маңызы жөнүндөгү окуу).

Ошондой эле философиянын составына илимдин, маданияттын, коом турмушунун башка тараптары менен тыгыз байланышкан, бир кылка, бир деңгээлде болбосо да өз алдынча мазмун күткөн айрым концепция, теориялар кирет. Мисал иретинде «тарыхтын философиясын», «укуктун философиясын», «тилдин философиясын», «бийликтин философиясын» ж. б. көрсөтсөк болот. Бирок, белгилей турган нерсе, философиянын структурасын аныктоодо, анын курулушуна зарыл, маанилүү болгон негизги бөлүктөрүн жана аларга таянган, байланышкан, кошумча, толуктоо катарында турган тармактарын ажырата билиш изилдөө багытында да, окутуу багытында да максатка ылайык.

«Философия» деген сөз өзгөчө маани менен айтылат. Философияга кызыккандар көп, ага тиешелүү эмгектерди кесибине, адистигине карабай көптөгөн адамдар атайлап издеп окушат. Жогорку окуу жайларында философия курсу программага киргизилген. Бардык жерде, ар убакта ушундай болуп келген. Эмне үчүн? Философияны үйрөнүштүн пайдасы не? Ал адам турмушунда, коом өнүгүшүндө кандай кызмат аткарат? Анын кандай функциялары бар?

Албетте, философиянын өз тажрыйбасы жана традициясы бар: кийинкилер мурункулардын жолун улап, алар калтырган мурасты илектеп, белгилүү бир маселелер-проблемалар чөйрөсүн изилдеп, бул илимди, бул өнөрдү өз мезгилинин талап-шартына ылайык өнүктүрүшөт. Башкача айтканда, бул тармакка тиешелүү теориялык милдеттерди аткарышат. Укук илимине (юриспруденцияга салыштырсак, юристтер өз адистигине караштуу маселелерди чечип, укук нормаларын тактап, бекемдеп, мыйзам чөйрөсүн тартипке салып, өз илимин өркүндөтүшөт. Бирок, мунун кереги не? Себеби, ал коомго, элге кызмат кылат, алардын укугун коргоп, бузулса оңдоп, коомдук мамилелерде калыстыкты, теңчиликти сактайт. Ошол сыяктуу эле философиянын да таза теориялык кызматтары менен катар адам, коом турмушунда аткара турган өз вазийпалары бар. Демек, философтор өзү менен өзү болуп, өз проблемаларынын тегерегинде түйшүк тартып, талашып-тартышып, сөз үстүнө сөз үйүп, трактат үстүнө трактат жазып отура бербейт, коом турмушун жакшыртууга, адам жашоосун оңдошко, мыктылашка кызмат өтөйт, алардын талап – мүдөөсүн канааттандырат.

Философиянын кызматы, функциясы көп, ар түркүн. Аларды иретке келтирип, топтоштурсак экиге бөлгөнүбүз оң: дүйнө таануу (мировоззрение) жана методология жаатындагы функциялар.

**Дүйнө таанym** – курчап турган дүйнөнүн маани – маңызы, турум-турпаты жана адам баласынын ошол дүйнөдөгү орду, аны менен карым-катышы тууралуу ой – түшүнүктөрдүн, идеялардын, көз караштардын тутуму, системасы. Ал адамдын иш-аракетин, ой-санаасын, максат-ниетин багыттап, жөнгө салып, аныктап турат. Буга диний (мусулманчылык же христианчылык), коммунисттик, фашисттик ж. б. дүйнө караштарды мисал кылсак болот. Ал эми философия ар кандай дүйнө караштын негизделишинде, калыптанышында, өсүп-өзгөрүшүндө өзгөчө орун ээлейт.

Философиянын дүйнө караш жаатындагы функцияларынын чордонунда адамдын **өзүн өзү таанып-билиш** (самопознание) вазийпасы турат. Илгери эле Сократ «Өзүңдү өзүң аңдап бил» («Познай самого себя») деп ураан көтөргөн. Ар дайым философия адам баласына бул дүйнөгө эмнеге жаралганын, эмне кылышы керектигин, өзүнүн күн көрүшүнүн, жашоо-тиричилигинин маани-маңызы кандай экендигин талдап-түшүнүшкө, таразалап-баалашка жардам этет. Ушул жагынан ал искусствого, көркөм адабиятка жакын турат. Адам өз жашоо-турмушун маанилеп түшүнмөйүн, аныктап билмейин, анын тиричилиги баш аламан (хаос), иретсиз, максатсыз болот, дайрада калкыган чамындыдай ага берет. Ал ой калчап, акыл тегеретип, өз жашоосунун өйдө-ылдыйын, ак-карасын териштирип, маани-маңызын сүрүштүрө баштаган соң көргөн-билгени кеңейип, горизонт, перспективасы ачылып, иш-окуялар белгилүү бир иретке келип, максат-ниети нукка түшө баштайт. Адам өзүн өзү тапкандай болот. Буга философия көмөк көргөзөт. Бирок, бул – сөзсүз философиялык трактаттарды окуп, философтордун лекциясын угуш зарыл, ансыз адам өзүн аңдап биле албайт, турмушту түшүнбөйт деген кеп эмес. Тамга таанымбаса да, сабаты төмөн болсо да, көптү көргөн, көптү түшүнгөн, ою кенен, акылы терең карыяларды көбүбүз эле угуп жүрөбүз, билебиз. Демек, адам баласы атайлап окуп-үйрөнбөсө деле өз бетинче «философчулук» кылууга (философствовать), турмуш-тиргиликтин тереңдеги, түпкү маани – маңызы тууралуу ой жүгүртүүгө аргасыз. Деген менен, мындай «менчик философия» чектелүү, бир жактуу, фрагмент түрүндө болот. Ошондуктан билимдүү, окуучу кишилер атактуу философтордун эмгектерине кайрылат, айтылуу акылмандардын айткан-дегенин талдап-түшүнүшкө аракет кылышат. Натыйжада, өз турмушун дааналап, кенен алкакта, терең мааниде карашка – баалашка мүмкүнчүлүк алат. Анткени, өзүн таанып-билиш – бул өзүнүн аты-жөнүн, кулк-мүнөзүн же кабак-кашын билиш эле эмес. Бул – биринчи кезекте өзүнүн адамдык касиет-сапатын, нарк-насилин аныктап түшүнүш. Муну – философиянын **гуманисттик** функциясы деп атасак болот.

* * *

*Диоген (б. з. ч. 412–323 жж.) күндүзү колуна чырак алып, Афинынын базарында жүрсө «бул эмнең» – деп сурашат. Ал «адамды издеп жүрөм» – деген экен. Ал эми атактуу Иммануил Кант эки нерсенин – жылдыздуу көктүн, адамдын ой-санаасынын сыры терең деп эсептеген. Канттын пикиринде философия үч суроого жооп бериш керек.*

Эмнени биле алам?
Эмне кылышым зарыл?
Эмнеден үмүт кылам?

*Иш жүзүндө бул үч суроо «адам деген ким?» – деген суроого биригип, анын маанисин ачат деп баса көрсөткөн.*

* * *

Адамды адам кылып турган касиет-сапатты айкын түшүнүш оңой эмес. Ошондуктан өмүр бою адам өз тажрыйбасынан, башкалардын (өткөн, бүгүнкү кишилердин) башынан өткөргөнүн, турмуш жашоосун иликтеп, кыялында ар кыл кырдаал-жагдайларды элестетип, жогорудагы суроолорго жооп издейт. Муну кенен да, терең да аңдап билиш үчүн философияга кайрылат. Анткени философия жалпы адам аттуугa тиешелүү жорук-жоосун, иш-аракеттерди сыдыра карап, ар түркүн шартта, ар кыл убакта адам эмнеге муктаж, колунан эмне келет, эмне жасайт да, эмнеге барат – ушуларды категориялардын, түшүнүк-идеялардын элегине салып, талдоого алат. Демек, өзүн таанып-билүү өзгөлөрдү таанып – билүү менен эриш-аркак жүрөт.

Адамдын адамдыгын аңдап-түшүнүү – бул аны курчап турган дүйнөнү аңдап-түшүнүү десек болот. Бул жаатта философиянын дүйнө таанууга байланышкан функциялары мындай көрүнөт.

**Биринчиден**, бүтүндөй дүйнөнүн сүрөтүн, элесин («картина мира») тартат. Ай-ааламдын түзүлүшүн, маани-маңызын талдоого алат. Ушул максатта башка илимдердин жемишине, адамдын рухий иш-аракетинин башка формаларынын (искусство ж. б.) натыйжаларына кайрылып, аларды жалпылап, синтездеп, баарына тиешелүү мыйзам – ченемдерди табууга аракет жасайт, адам жашап жаткан дүйнөнүн жалпы, бүтүндөй турпатын аныктоого күч жумшайт. Ошондуктан муну философиянын **универсал – интеграциялык функциясы** десек ылайык келет.

**Экинчиден**, адам аны курчаган маданияттын аркасында гана адам катарына кошулат. Бала кезинен бу дүйнө менен кош айтышканга чейин аны адам баласынын акылы менен түзүлгөн, анын колунан жаралган буюм-тайымдар, курал-жарактар, шарт-жагдайлар, не бир баалуу, не бир татаал нерселер курчап турат: бешиктен баштап асман тиреген имаратка, комуздан баштап пианиного, ээрден баштап космос станциясына дейре. Философия маданиятты түзүп турган ар бир буюмду адам баласынын акыл-эсине, интеллектуалдык-рухий дараметине байланыштырып карайт. Муну философиянын **культурологиялык функциясы** деп түшүнөбүз.

**Үчүнчүдөн**, ар бир нерсенин баасы, мааниси бар. Адам жашаган дүйнөдө жакшы менен жаман, ак менен кара, чын менен жалган, бийик менен жапыс, таза менен кир аралаш турат. Демек, адам өзүн курчап турган дүйнөнү көрүп-билип эле чектелбейт, ал баалайт, жаккан-жакпаганын, керектүү-керексизин ажыратат. Мында да философиялык ой-түшүнүк жардамга келет. Адам философиядан таалим-тарбия алат, чен-өлчөмдү табат, жол издейт. Муну философиянын **аксиологиялык** (баалуулук жөнүндөгү окуу) же **тарбиялык функциясы** катары аныктасак болот.

Жогоруда айтылгандар философиянын дүйнө таанууга байланышкан функцияларына тиешелүү. Анын **методологиялык функциялары;**

**Методология** – методдор жөнүндөгү окуу.

Ар иштин (мейли илимде, мейли искусстводо, мейли инженерликте же башка кесип-өнөрдө болсун) өз жолу, ыгы, эби болот. Алдыга койгон максатка белгилүү бир методдор аркылуу жетебиз. Ал эми жалпы методдор түпкүлүгүндө айрым бир идея, концепция, теория, принцип (башкы жол-жобо), талаптардын негизинде калыптанып, мазмуну жагынан ошолор менен байланышта турат. Ушундан улам «метод – бул иштеп жаткан теория» деген сөз чыккан.

Адам баласынын иш – аракетинин түркүн чөйрөсүндө философия методологиялык кызмат өтөйт. Чукулап казсак, ар кандай методдун түбүндө кайсы бир философиялык ой-түшүнүк, көз караш, идея, принцип турганын көрөбүз. Бул илим, техника жаатында даана байкалат.

Философиянын методологиялык функцияларын төмөндөгүдөй жиктегенибиз, бөлгөнүбүз эп. Жогоруда айтылгандай философия «дүйнөнүн жалпы сүрөтүн» тартууда, өзүнүн таанытыш – түшүндүрүш кызматын (познавательно – обьяснительные функции) аткарууда башка (конкрет) илимдердин, дух-рух тажрыйбасынын бөлөк түрлөрүнүн натыйжа – жемиштерине таянат. Өз кезегинде философия аларга азык берет. Бул – философиянын **эвристикалык** (табуу, ачуу маанисинде) кызматы. Жеке илимдер же дух маданиятынын башка түрлөрү өз маселелерин чечүүдө, болмуштун тигил же бул жаатын иликтеп – түшүнүүдө, өздөштүрүүдө атайлап же таасын туюп – билбесе да кайсы бир философиялык идея, көз караш, принциптерге таянат, ошолордон түрткү алат, аларды ориентация (багыт) тутат. Дүйнөнү таанып – билүүнүн тарыхына кайрылсак көптөгөн мисалдарды табабыз. Физик же химик философиянын тигил же бул идеясын колдонуп, өз тармагында ачылыш жасайт, чиеленишкен проблемасын чечет, жаңы көз караш, түшүнүккө угут алат.

Мындан тышкары философия илимдер арасында, маданият мейкининде **координация** кызматын аткарат. Ар ким өз ороосун казып, улам тереңдеп отуруп, катарындагылар эмне кылып жатканын көрбөй калгандай, дүйнөнү таанып-билүүдө, өздөштүрүүдө да ар кыл илимдердин, рух тажрыйбасынын түркүн тармактарынын өз жолу бар. Аларды байланыштырып, өз ара карым-катышын жөнгө салып, алардын орток маселелерин, белги, касиеттерин жалпылап, максатка ылайык талдап туруш зарыл. Бул милдет философиянын мойнунда.

Ушуга улай философия **регуляция** кызматын (регулятивные функции) өтөйт. Жеке илимдердин, айрым концепция, теориялардын өнүгүш-өрчүшүнө таасир этип, жолго салып, издеген табышмактарын, беттеген багыттарын, көздөгөн максаттарын тактап-аныкташта философиялык идеялар, принциптер көп учурда олуттуу кызмат аткарат. Илим изилдөө – адам рухунун эң бийик, эң татаал формасы. Акыйкатка жетиш сандаган кыйма-чийме жолдор, изденүүлөр, адашуулар, божомолдор, талаш-тартыштар аркылуу өтөт. Дүйнөнү таанып-билүүнүн «оор түйшүгүн» моюбай тартышка философия жөлөк-таяк, өбөлгө болот, жол көргөзүп, оңдоп-түзөп турат.

Көп нерсеге көнүп калабыз. Көнүмүш, адаттагы нерсе тууралуу адам демейде ойлонбойт. Ойлонушка, акыл тегеретишке проблема, суроо, бөтөнчө кырдаал себеп болот. Күндө жүргөн жолуң менен үйүңө кантип жеткениңди баамдабайсың. Ал эми бир нерсе өзгөрсө же жолтоого урунсаң назар буруп, аңдап, ойлонушка туура келет. Илимде болсун, рух-интеллектуалдык башкача чөйрөдө болсун философия ушундай «проблема кырдаалын» түзүшкө түрткү болот. Муну философиянын **сынчыл** (критические функции) кызматы десек эп. Ал жасаган жумушуңду, кылган ишиңди, жүрүм-турумуңду, айлана-чөйрөңдү демейки, көнүмүш контексттен сууруп чыгып, башка, бөтөнчө жагдайда карашка, сын көз менен баамдашка үйрөтөт. Ошондо предметтин мурда ойго келбеген, көзгө урунбаган касиет-сапаттарын ачабыз.

Философия сынчыл ойломду (критическое мышление) тарбиялайт. Ар бир нерсени акыл таразасына коюп, терең талдоого, тиешелүү чен-өлчөмдөрдүн, талап-критерийлердин сынагынан өткөрүүгө үйрөтөт. Бул оңой-олтоң эле жүзөгө ашчу нерсе эмес. Адамдын акыл-ою көбүнесе көнүмүш жолго, шаблон-стереотиптерге качырып туруп алат. Бул оңой дагы, «тааныш» дагы. Ал эми адаттан баш тартыш, курчаган дүйнөгө жаңыча көз менен караш, демейки нерсени сындын элегинен өткөрүш интеллектуалдык кайратты, рух маданиятын, ой жүгүртүүнүн белгилүү бир деңгээлин талап этет. Ошондуктан сынчыл ойду кайрап-курчутуш философиянын маанилүү функциясы болуп эсептелет.

* * *

*Ар нерсенин түпкү маани-маңызын табышка, ой-пикирдин так-таасын, түшүнүктөрдүн даана болушуна умтулуу – бул философиянын табиятына тиешелүү касиет. Бирок ушундан улам кээде философия артык баш, ашка жүк – башка жүк иш катары бааланат. Айталы, «достук-кастык» кадимки эле турмушубузда күндө кездешип жүргөн нерселер. Ал эми айрым учурда адам «достук деген эмне?», «кастык деген эмне?», алардын жөн-жайы кандай, маани-маңызы кайда, эмне үчүн ушундай болот кыязында ойлонушка мажбур. Ошондо биз «философиянын кереги не» дейбиз же «философчулук кылбай эле кой» – деп тыябыз. Башкача айтканда, философияны демейки турмуштан алыс, реалдуу жашоо-тиричиликке өгөй иш катары баалайбыз. Иш жүзүндө бул маанилүү нерсе. «Достук деген эмне?» – деп мен ойлонбосом, сен ойлонбосоң, баары бир дагы бирөө ойлонушу зарыл. Ошондо тарых уланат, коом жашайт, маданият өркүндөйт, адам адамдыгын сактап калат.*

* * *

Албетте, адам жана коом турмушундагы философиянын ордун, кызмат-вазийпасын дагы тактап-дааналап карасак болот. Ал көп түрлүү, көп багыттуу. Эң башкысы – бу жерде «эртеңки куйруктан – бүгүнкү өпкө» принциби натуура экенин түшүнүш. Философия тикеден-тике, дароо эле пайда келтирбеши мүмкүн, колго кармап, таразага тарта турган жемиш бербеши ыктымал. Бирок, анын пайдасы, кызматы шексиз, өзү гана тарткан жүгү, каткан кени бар. Кеп ага жол табышта.

Дагы бир эске алчу жагдай: илимпоз же адис өз ишиндеги философиянын пайда-жемишин, кызматын билбеши ыктымал. Атүгүл, таныбы, жокко чыгарышы мүмкүн. Бирок ушундан улам аларды философиядан «таза» кутулган экен, көз каранды эмес экен деп тыянак жасаш туура эмес. Каалайбы, каалабайбы – кайсы бир философиянын таасиринде болот. Кеп, кандай философия экендигинде. Демек, атайын аракет, аң-сезимдүү мамиле зарыл.

* * *

*XX кылымдын 60-жылдары африкалык айрым университеттер пайдасы жок, ашыкча жүк эсептеп, философияны окуу программасынан алып ташташкан. Он жыл өтүп-өтпөй кайра кошушкан. Себеби, алар даярдап чыгарган адистердин конкуренцияга туруштук бере албай, башкаларга уттура баштаганын иликтешип, муну философияны окубай калгандык менен байланыштырышкан.*

* * *

Бир акылгөй: «Математикада падышалар үчүн атайын салынган жол жок» – деген экен. Ал эми философиядачы?

Адам акылдуу болом деп ниет кылса эле акылдуу болуп кетпейт. Муну баарыбыз эле билебиз. Албетте, акыл тубасабы же тарбияданбы деген маселе илгертен талашка түшүп келе жатат. Бирок, бул суроону атайлап талдаган оң. Философияга келсек, ага болгон шык, жөндөм табияттан, ар ким эле философ боло албайт деген ой-пикир да сейрек эмес.

Менимче, философия ар бир адамдын көкүрөгүндө бар. Бирөөлөр башкалардын тажрыйбасына кайрылып, атактуу акылмандардын мурасын талдап, адистер жазган эмгектерден өзүнүн тынчын алган суроолорго жооп издеп, философиялык сабатын арттырат, ой жүгүртүүнүн чебери, устасы болушка умтулат. Экинчилери философияны кесип тутуп, атайлап өздөштүрүп, изилдөө жүргүзүп, башкаларга үйрөтүш менен алек болот. Үчүнчүлөрү, балким, өзүлөрү таасын аңдап-билбесе да, атайлап жасабаса да, мааниси терең философиялык тыянакка жетип, башкалар баамдабаган, маани бербеген бир олутту, омоктуу жаңылыкты жаратышы ыктымал.

Кандай болбосун, философия кадыр-сыйга, баалап-баркташка арзыйт. Арийне, студент программада көргөзүлгөн суроолорго жооп камдашка, стандартта аныкталган түшүнүк – билимге жетишке мажбур. Буга тиешелүү китептер-окуулар, маалымдамалар, хрестоматиялар, энциклопедиялар бар. Ал эми философияга чындап кызыккандар, кастарын тиккендер өзүнүн көңүлүнө жаккан, табитине ылайык келген теориясын, концепциясын же авторун-философун табышы абзел. Баарын окуп, баарын өздөштүрүш мүмкүн эмес. Бирок өз жолун, өз философиясын табыш парз. Платон болбосо Спиноза жагар, Гегель болбосо Ницше көңүлгө ынар. Же көңүлдөгү философиясын тигил же бул жазуучудан же акындан табар. Кеп, барып-келип, философиялык сабаттын зарылдыгында. Кеп, ой-пикириң баш аламан, оң-тетириси аралаш жүрө береби же бир ыраатка келип, баш-аягы аныкталып, белгилүү бир багытта өнүгүп-өөрчүйбү – ушунда.

* * *

Устат айткан:

*– Ой болбосо, үйрөтүш – бекер.*

*Үйрөтүлбөсө, ой – коoптуу.*

* * *

Устат айткан:

*– Ю! Билим деген эмне экенин сага үйрөтөйүнбү? Эмнени билсең, ошону билим деп эсепте, эмнени билбесең, ал билим эмес. Билим деген ушул.*

* * *

Устат айткан:

*– Мен кандай билимдерге ээмин? Эч кандай. Бирок, айылдаштарым кеңеш сурап келишсе, алардын ошол иштери тууралуу эч нерсе билбей туруп, эмнеден башталып, эмне менен бүткөнүн тактайм, башка эч нерсе түшүндүрбөйм.*

*Конфуций.*

**Болмуштун сыры**

**(же онтология)**

Грекчеден которгондо «онтология» болмуш, болмуш, бытие жөнүндөгү окуу дегенди туюнтат («on», «ontos» – бар нерсе, жашап турган, болгон нерсе, ал эми «logos» – окуу, ой – түшүнүк). Илимге термин катары XVII кылымдын

башында Р. Гоклениус тарабынан киргизилип, нерсе, болмуш туурасындагы теориялык көз караштты туюнтуп, философиянын (метафизиканын) негизин түзгөн окуу катары бааланган. Бирок онтологиялык теориялар, ой-түшүнүктөр байыркы (антикалык) грек-рим философиясынын алкагында эле калыптана баштаган. Ар кыл түрдө болгону менен алардын өзөгүн түзгөн идея-проблема мындай болгон: бар менен жокту, чын менен жалганды, нагыз менен алдаманы (маанилеш орусча терминдер: бытие и небытие, нечто и ничто, подлинное существование и не подлинное существование) кантип ажыратып, талдап түшүнүш туура?

Немец классикалык философиясынын негиздөөчүсү И. Кант онтологиянын өнүгүшүн жаңы нукка бурган. Өзүнө чейинки онтологияны эч нерсеге арзыбаган, беймаани метафизика катары курч сынга алып, анын ордуна трансценденталдык[1] философияны сунуш кылган, онтологиянын милдети адам дүйнөнү, болмушту кандайча көрөт-билет – ошонун түпкү жол-жоболорун (фундаментальные принципы) аныкташ деп эсептеген. Канттын философиясы негизинен азыркыга чейин өз күчүн, маанисин сактап келди.

XX кылымда онтология олуттуу өзгөртүүлөргө учурап, өзгөчө өрчүп-өнүктү. Буга Э. Гуссерль, Н. Гартман, М. Хайдеггер өңдүү даңазалуу ойчулдар өз салымын кошту. Натыйжада «эски онтология» жана «жаңы онтология» деп ажыратуу келип чыкты. Эгер эски онтология буюмдар дүйнөсү, материалдык дүйнө менен чектелсе, жаңы онтология «реалдуулук» (реальность) түшүнүгүн кеңейтип, ага адам рухун, ой-санаасын, дух тажрыйбасын кошуп карай баштады.

Айрым философиялык системалардын алкагында онтологияга тиешелүү маани берилген эмес же эскирген теориялык окуу катары сыртта калган. Маселен, марксчыл-ленинчил диалектикалык материализмде «онтология» термини дээрлик колдонулбай, колдонулса да философиянын тарыхына байланыштуу же Батыштагы философиялык окууларды сындоо чегинде кезиккен. Белгилүү деңгээлде анын ордун диалектика баскан (Диалектиканын жөн-жайын кийинчерээк кеңири карайбыз).

Бирок тигил же бул ойчул каалайбы-каалабайбы, тигил же бул философиялык система жерийби-жерибейби, онтологияны буйтап өтүү мүмкүн эмес. Ар кандай нукура философиялык ой-түшүнүктүн, көз караштын тегинде, негизинде белгилүү бир онтологиялык жол-жоболор, ишенимдер турат. Анткени, философия дарак болсо, анын тамыры, өзөгү – онтология.

Философиянын тегине көөүл буруп, анын ой-түшүнүктүн өзгөчө түрү, рухтун өзгөчө кубулушу катарында калыптанышына көз чаптырып көрөлүчү. Адамзат өзүнүн маданий-рухий өнүгүшүндө ар кыл доорду башынан кечирди. Миф, дин менен катар адам баласынын ой-санаасында, курчап турган дүйнөнүн маани-маңызын чечмелеп түшүндүрүүдө тажрыйбага таянган, логиканын элегинен өткөн, талданып-негизделген, далилденген, аныкталган билимдердин катмары калыңдап, илим-теория тамырлай баштаган маалда дүйнөнүн ар кайсы бурчунда – Байыркы Египетте, Байыркы Грецияда – мындан эки жарым миң жыл илгери, биздин заманга чейинки 6–5-кылымдарда билимдин, ой-түшүнүктүн өзгөчө формасы – философия жаралган. Албетте, ар кайсы аймакта салыштырмалуу бир мезгилде философиянын пайда болушу жөн жерден эмес. Бул – адамзат маданиятынын, рух-духунун өнүгүшүндөгү ички мыйзам ченемдерге байланыштуу.

Адам баласын курчап турган дүйнө ар кыл түрдөгү, ар кандай касиет-сапатка ээ, ар түркүн түзүлүштөгү сансыз нерселерден, кубулуштардан, окуялардан турат. Алар жаралып-жоголуп, бузулуп-оңолуп, өзгөрүп-кубулуп, бири биринен чыгып, бири бирине өтүп, кыскасы, такай кыймылда болот. «Манаста»

Бүгүн көргөн эртең жок.
Атаны, кокуй, дүйнө – шок – деп айтылгандай, дүйнө, аны түнөктөгөн адам баласы ар дайым өзгөрүп-кубулуп турганы турган.

Дүйнөнүн ушул турум-турпаты түбөлүкпү же утурумдукпу? Дүйнө кантип ушундайча (биз көргөндөй, биз билгендей) түзүлүп калган? Нерселер кайдан чыгат да, кайда житет? Ушунчалык ар кыл нерселер, кубулуштар бар – аларды бириктирип, туташтырып, байланыштырып турган **бир нерсе, бир башталыш** барбы же ар кайсынысы теги боюнча, маңызы боюнча өз-өзүнчөбү? Дүйнөнүн биз көрбөгөн көмүскө сыры барбы же болгону чаң-тополоң, хаос, баш-аягы, оң-тетириси жок нерсеби? Адам баласы ушул дүйнөдө кантип жашап жатат, кантип жашашы керек? Дүйнөнүн, адамдын башкача болушу мүмкүнбү же жокпу?

Балага акыл-эс киргендей эле адамзат да акыл-эс күтө баштагандан тартып ушул өңдүү суроолорго жооп издей баштаган. Натыйжада миф, дин, искусство, илим жаралган.

Абстракциялап, жалпылап айтканда, эмне үчүн **жекелик** эмес көптүк; тигил же бул нерсе бар (от, суу, өмүр, өлүм, түш, тил, сүйүү, эрдик ж. б.), бирок ал **кантип болот, канткенде мүмкүн?** «Бар» деген эмне да, «жок» деген эмне? Философиянын башатында ушул суроолор турат.

Байыркы Грециянын тарыхта ысмы сакталып калган алгачкы философу Фалес дүйнөнүн башталышы, негизи «суу» деген. Ар кандай нерсе суудан жаралып, сууга айланат. Анын шакирти Анаксимандр дүйнөнүн тегин, түзүлүшүн апейронго_(«чексиз», «белгисиз» нерсе) такаган. Ал эми анын шакирти Анаксимен түпкү нерсе, башталма бул – «аба» (воздух) дейт. Дагы бир акылман грек Гераклит «дүйнө бул – от» деп түшүндүрөт.

Баамдап көрсөк, булардын баарына орток нерсе – биз билген, бизге маалым зат-кубулуштар (суу, аба, от) туурасында кеп болуп жатат. Байыркы философиялык окууларга, көз караштарга кайрылсак баштапкы стихия, зат-кубулуштар (жер, суу, от, аба) жөнүндөгү түшүнүк көпчүлүгүндө эле кезигет. (Чыңгыз Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» повести да кургак (жер) менен суунун (деңиз) түбөлүк күрөшүн поэтикалык-философиялык сүрөттөөдөн башталат эмеспи). Мунун да өз себеби, өз жүйөөсү бар.

Бирок, эртеби-кечпи, бар, жашап турган нерселер гана эмес, ошол «бар» (есть, существовать, быть) дегендин өзү эмне, «болмуш», «болмуш», «бар болуш» деген не? өңдүү суроо коюлмак. Тарыхта бул суроону адегенде Байыркы грек ойчулу Парменид кырынан койгон деп эсептелет. Башкача айтканда, нагыз онтологиянын тарыхы Парменидден башталат. Ал минтип жазган экен (кыргызча ойдогудай которула элек:

**«ЕСТЬ»**

На нем – очень много знаков,
Что сущее нерожденным, оно и не подвержено гибели,
Целокупное, единородное, безнадежное и законченное.
Оно не «было» некогда и не «будет», так как оно «есть» сейчас
– все вместе (одновременно)...
Как и откуда оно выросло? Из не сущего («того, что нет»)?
Этого я не разрешу
Тебе высказывать или мыслить, ибо нельзя не высказывать,
ни помыслить:
«Не есть». Да и какая необходимость побудила бы его
(Скорее) позже, чем раньше, начав с ничего, родиться на свет? ...
Равно как и из сущего сила достоверности никогда не позволит
Рождаться чему-либо кроме него самого ...
Каким образом то, что есть (сущее сейчас), могло бы быть потом?
Каким образом оно могло бы быть в прошлом (или «стать»)?
Если оно «было» (или: «стало»), то оно не есть, равно как если ему
(лишь) некогда предстоит быть ...
И оно неделимо, ибо оно все одинаково,
И вот тут его ничуть не больше, а (вот там) ничуть не меньше ...
Тем самым Все непрерывно: ибо сущее примыкает к сущему.
Неподвижное, в границах великих оков,
Оно безначально и непрекратимо, так как рождение и гибель,
Отброшены прочь: их отразило безошибочное доказательство
Оставаясь тем же самым, в том же самом (месте),
оно покоится само по себе.
И в таком состоянии оно остается стойко (постоянно),
ибо неотделимая Ананке
Держит (его) в оковах предела (границы), который его запирает-
объемлет,
Потому что сущему нельзя быть незаконченным.
Ибо оно не нуждается ни в чем, а нуждайся, нуждалась бы во всем.
Одно и то же – мышление и то, о чем мысль,
Ибо без сущего, о ком она высказана,
Тебе не найти мышления. Ибо нет и не будет ничего,
Кроме сущего («того, что есть»), так как Мойра приковал его
Быть целокупным и неподвижным ...
Но поскольку есть крайняя граница, оно закончено
Со всех сторон, похоже на глыбу совершенно круглого Шара,
Везде («в каждой точке») равносильное от центра, ибо нет нужды,
Чтобы вот тут его было больше или меньше, чем вот там ...
Ибо равное самому себе со всех сторон («от всех точек переферии»)
Оно однородно внутри (своих) границ»[1]

Мындай узун мисалда көрүнгөндөй, бардык «чатак» ушундан башталат. Парменид козгогон маселе Батыш философиясынын, дүйнө таанымынын тарыхын да, тагдырын да аныктайт. Пармениддин оюу боюнча **болмуш** (бытие) мындай мүнөзгө ээ: ал жаралбайт да, жок болбойт, ар дайым бар; ал бүтүн, бөлүнбөйт, жарым-жартылай болбойт; аз болушу же көп болушу мүмкүн эмес, дайым толук; кечээ да эмес, эртең да эмес, ал ушул жерде, ушул учурда бар; анын телегейи тегиз, кемибейт да, толбойт, өзгөрбөйт да, өспөйт; ал чексиз шар сымал, чети жок, ортосу ар бир чекитинде.

Албетте, мындай мүнөздөмөнү айкын-ачык түшүнүш кыйын, так-таасын элестетиш мүмкүн эмес. Буга акыл менен, зор мээнет аркылуу жетсе болот. Ошондуктан **болмуш маселеси (проблема бытия)** философиянын тарыхында ар кыл кырынан коюлуп, ар кандай чечмеленип, түркүн маани-мазмун алып келген. Мартин Хайдеггердин (XX к.) айтымында биз азыр да бул маселенин маанисин-маңызын жеткиликтүү түшүнө албай келе жатабыз. Бекеринен философия бул – «болмушту уулоо» (охота за бытием) деп айтылбаса керек. Демек, күндөрдүн бир күнүндө «мына, **болмушту** таптым» – деп сүйүнчүлөш мүмкүн эмес. Ар бир доордо философия өз милдетине, өзгөчөлүгүнө жараша Болмушту издей берет. Анын коом турмушундагы, адам жашоосундагы кылар кызматы, аткарар иши ошол. Ошону менен дүйнөнү, адамдын өзүн аңдап-түшүнүшкө себеп болот. Илим чексиз дүйнөнүн не бир укмуш сырларын ачат, азыр ойго да келбеген касиеттерин табат, биз билген ааламдын учу-кыйыры кеңейет. Бирок **болмуш маселеси** тура берет, адам баласы аны менен алек болот.

Мурун айтылгандай, бул маселе адам акыл-оюнун өнүп-өсүшүндө белгилүү бир этапта пайда болду. Туура, бу дүйнөдө ар кыл нерселер бар. Бирок, ошо **«бар»** (болмуш, бар болуш, жашап туруш) дегендин **өзү эмне?** («Сущее как таковое» деп айтылат орусча). Муну көрө албайбыз, кол менен кармаш, үнүн угуп, даамын татыш мүмкүн эмес. Айлана-тегеректеги буюм-заттардын арасынан таппайбыз. Ага акыл менен гана жетсе болот, аны ой менен гана түшүнсө болот.

Демек, Парменидден баштап дүйнөнүн, универсумдун жаңы жагы, тарабы ачылат. Ал тышкы дүйнөгө да (табият, буюм-заттар, кубулуш-көрүнүштөр), ички дүйнөгө да (ой-санаа, билим, түшүнүк, сезим-туюм) жатпайт. Ал табият да, адамда да эмес, өзүнчө, үчүнчү болмуш (реальность). Суроо мындайча коюлган: адамдын акыл оюу өз алдынча, тажрыйбага көз каранды болбой, өз күчү менен, өзүнө өзү таянып накта, объективдүү акыйкатты, чындыкты (истина)

таба алабы, жокпу? Пармениддин жообу: табат, бул – **болмуш** (бытие). Болмуш бул – ой, ой бул – болмуш (Бытие есть мысль, мысль есть бытие). Башкача айтканда, болмуш, бар болуш ой аркылуу, ойдо болот; ал эми накта, нукура ой болмушка, бар болмушка каныккан, тунган. Бул маанисинде **«ой»** – сенин же менин оюм эмес, демейки ой-санаа эмес, ал өзүнчө дүйнө, чындык (реальность). **«Болмуш»** дагы биз көрүп-билген буюм-заттар: тоо, суу, дарак, үй, таш – эмес, ал акыл-ой менен гана түшүнө турган өзгөчө нерсе.

Онтологияны түптөгөн байыркы гректердин бири **Сократ** маектешкен кишилерге мындай суроо таштайт. «Сулуулук деген эмне?» Жооп ар түркүн: сулуу кыз, кооз гүл, сымбаттуу жылкы. Мындай жооптор Сократтын купулуна толбойт. Ал «сулуу, сулуулук дегендин өзү эмне?» – (прекрасное вообще) деп айтканынан кайтпайт. Анан ушул түшүнүктөрдү (сулуулук, жакшылык, эрдик ж. б.) улай болмуш (бытие) маселесине чыгат.

Буюм-заттар жаралат, жоголот; көбөйөт, азаят; өзгөрөт, кубулат; чачылат, жыйналат. Ал эми түбөлүк, өлбөс-өчпөс, эч нерсеге көз каранды болбогон, өзү менен өзү турган, телегейи текши, ар тарабы бүтүн эмне бар? Бул **болмуштун** (бытиенун) өзү дешет.

Дүйнө бул – өтөр-кетер немеби? Ой бул – «кирди-чыкты» (К. Жусубалиев)[1] окуябы? Андай эмес. Бардык нерсенин, бар болгондун баарынын негизин түзгөн, эсепсиз буюм-заттардын арасында тартип-ирет орноткон, түбөлүк турган, өлбөс-өчпөс, чексиз бийликке ээлик кылган бар. Бул – **болмуш (бытие).** Ал баарын кучагына камтыйт, ал баарынын боюна сиңген.

Ошондуктан, М. Хайдеггер Болмушту чытырман токойдогу жолго теңейт. Ал жолду тапсаң, ал жолго түшсөң адашпайсың. Бизди курчаган дүйнөдө толгон-токой нерселер, кубулуштар, алардын арасында биз көргөн, биз көрбөгөн өтмө-катар байланыштар бар. Болмушту тапсак («жолду» тапсак) адашпайбыз, дүйнө белгилүү бир түр алат, анын өйдө-ылдыйын, оң-терсин түшүнүшкө мүмкүн болот.

Философиянын тарыхында **Болмуш (Бытие)** ар кандай түшүндүрмө, аныктама алып келген. Алардын арасында маанилеш, тектеш, жакыны да бар, бирин бир жериген, четке каккан каршылары да бар. Бирок баарын бириктирген, бир аянтка топтогон жагдай мындай: бир жагында учу-кыйырсыз, чексиз, татаал жана сансыз кубулуш-нерселерден турган **Дүйнө,** бир жагында аны туйган, сезген, аңдаган, түзгөн, өзгөрткөн **Рух, Ой.** Экөөнүн нукура, чыныгы карым-катышы кандай? Экөө кантип бири бирине тең келет? Дүйнө кантип Ойго койнун ачып, өзүнө жолотот да, Ой кантип адашпай, алданбай нагыз Дүйнөнү табат?

Ар кандай жол-жобого таянып, ар кандай максат көздөп, ар кандай түшүнүк-категорияларды колдонушса да нагыз философтор ушул өңдүү суроолорго жооп издеп, Болмуш (Бытие) менен бетме-бет чыккан. Кайсы маселени иликтебесин, кайсы теория, концепцияны тутунбасын, бул философияга тиешеси болсо, философтун тапкан натыйжасы, жасаган тыянагы анын онтологиялык көз караш, түшүнүгүнө жараша болот. Демек, гносеологиялык, социологиялык же эстетикалык маселе чыкса, ал барып-келип онтологияга такалат. Лингвистикалык изилдөө акыр-аягы «тил деген эмне?», «тилдин табияты кандай?» деген суроонун чечилишине жараша болот.

Адам Ою Болмушка ууга чыгат. Ошондон философия, дин, искусство, башка теориялар азык алат, жаралат. Бул адам өзүн издеген менен барабар. Адамдын маңызы дүйнөнүн маңызы, убакыттын маңызы, чындыктын маңызы менен киндиктеш, тамырлаш.

Болмуш (Бытие) – бул философиянын проблемасы. Бирок, ушундан улам философтор (алардын арасынан өзгөчө онтологдор), илимпоз-окмуштуулар, ойчулдар же бир ууч интеллектуалдар гана бул проблема менен алек болуп, анын тегерегинде акыл тегеретип, ой калчап, талашып-тартышат тура деп тыянак жасаш натуура. Бул маселе баарыбызга тиешелүү. Анткени, биз **өзүбүз** жашашыбыз керек, ойлонушубуз керек, түшүнүшүбүз керек. Бирөө үчүн бирөө жашап бербейт, ойлоп бербейт, түшүнүп бербейт. Ушул маанide адам өзүн өзү түзөт, курат, жасайт. Демек, кеп **Инсан** (Личность) тууралуу, адам рухунун белгилүү бир деңгээли, мүнөзү тууралуу жүрүп жатат. Мындай Инсан эртеби-кечпи Болмуш (Бытие) менен жүзмө-жүз көрүшөт.

Мындай турмуштук окуяны алалычы. Адам бу жарык менен кош айтышты. Жакындары – бир туугандары, ата-энеси, күйөө-аялы, бала-чакасы – сөөктү узатып жатып, күйүтү күчөгөндө Кудайга, Жаратканга кайрылып какшайт: «Эмне мындай кылдың?», «Ушундай да болобу?» деп. Жообу жок бул өңдүү суроонун нары тереңинде Болмуш (Бытие) тууралындагы суроо турат десек болот. Адамды Болмушка бетме-бет келтирген ушул сымал окуялар турмушта көп учурайт.

Адам өзү билбеши мүмкүн, аңдабашы мүмкүн. Бирок ал Болмуштун кучагында, жанында, тегерегинде. Ошондуктан Болмуш түбөлүк сыр, табышмак деп бааланат.

Жаңы онтологияны түптөгөндөрдүн бири Николай Гартман мындай аныктайт: Болмуш (Бытие) – бул илик сала турган эң акыркы нерсе. Ал эми эң акыркы, эң түпкү нерсени аныкташ мүмкүн эмес. Иликтеген нерсени анын артында, наркы жагында турган нерсе аркылуу аныктаса болот. Ал эми Болмуштун артында эч нерсе жок.

Ушундан улам «бу Болмуштун тегерегиндеги кеп болбогон бир түйшүк окшойт, же аныктаганга болбосо, же атаганга болбосо; түшүнүксүз бир немени түшүнүксүз сөздөр менен сыпаттай бергенден кандай майнап чыкмак эле» деп жыйынтык жасаш натуура. Ошол түшүнүксүз сыр аркылуу, аны түшүнөм менен алек болуш аркасында адам өзүнүн адамдыгын түшүнөт, өзү жашап турган дүйнөнүн маани-маңызын түшүнөт.

Айтылуу Сократ: «Мен эч нерсе билбейм, билгеним ушул. Ал эми башкалар ушуну да билбейт» – деген эмеспи. Эмне, Сократ караңгы адам болгону? Илим-билимден кабарсыз, карамaнча эч нерсе укпаган, эч нерсе түшүнбөгөн, ой-сезими жарды жанбы? Ар кимибиз: «жок, андай эмес» – деп айтышка даярбыз. Анда Сократ кандай маанини сөз кылып олтурат? Ал философиянын тилинде сүйлөп жатат. Ал эми философияда «мен муну билбейм, мен муну түшүнбөйм» дей турган маселелер көп. Бул билимибиздин тайыздыгынан улам же акылыбыздын тайкылыгынан эмес, ал нерселер өз

табиятында ошондой түшүнүксүз. Бирок алар аркылуу биз башка нерселерди ачабыз, табабыз, аңдап-түшүнөбүз. Ошол «билбеймдин» аркасында билим, тажрыйба, маани, ой-түшүнүктүн калың катмары турат.

Онтология Болмушту изилдейт. Маселенин татаалдыгына жараша бул окуунун теориялык түзүлүшү да, категориялар тутуму да татаал. Онтологиялык изилдөөлөрдүн ар кыл деңгээлин, багытын ажыратса болот. Себеби, табият кубулуштарынын болушу, анын ичинде жандуу дүйнөнүн жашашы, ошондой эле адам коомунун өсүп-өнүгүшү өз-өзүнчө бөтөнчөлүктөргө ээ. Заттардын (тоо-таш, суу, дарак) бар болушу бир башка да, адам кыялынын, максат-тилегинин табияты бир башка. Ошондуктан философияда «тилдин онтологиясы» же «фантазиянын онтологиясы» сыяктуу түшүнүктөр кезигет.

Болмуштун, болмуштун ар кыл деңгээли, түрү тууралуу сөз кылганда материя жөнүндөгү окууну эске алса да болот. Диалектикалык материализмдин алкагында ал мындай мазмун күткөн. Аң-сезимден тышкары, ага көз карандысыз дүйнө – бул материя. Ал такай кыймылда жашайт. Кыймыл – материянын болуш жолу, ыгы (Движение есть способ существования материи). Анын негизги түрлөрү: механикалык кыймыл, физикалык, химиялык, биологиялык, ошондой эле эң жогорку тепкичтегиси – кыймылдын социалдык формасы, коомдук турмуш. Ар биринин өз мүнөзү, мыйзам ченемдери бар, ошол эле учурда алар ич ара байланышкан, шартталышкан.

«Движенья нет», – сказал мудрец брадатый.
Другой смолчал и стал пред ним ходить.
Сильнее бы не мог он возразить;
Хвалили все ответ замысловатый.
Но, господа, забавный случай сей,
Другой пример на память мне приводит:
Ведь каждый день пред нами солнце ходит,
Однако же прав упрямый Галилей.

*А. С. Пушкин. «Движение».*

* * *

Материяны талдап – иликтөөдө мейкин (пространство) жана мезгил (время) анын жашашынын, болмушунун негизги формалары катары каралган. Бул категориялар философияда, өзгөчө онтологияда, орчундуу мааниге ээ, бай мазмун, татаал тажрыйба, узак тарых аркалаган.

Мындан тышкары онтологиянын башкы категориясы «Болмуш» (Бытие) болгону менен ага тутамдаш көптөгөн категориялар колдонулат. Аларга «существование», «сущее», «суть», «сущность», «экзистенция», «нечто», «ничто», «сверхбытие», «небытие», «инобытие», «тутбытие» (Dasein), «феномен» ж. б. кирет. Орусча мисал келтирип жатканыбыз категория аппараты татаал онтология турмак бери калганда которуш, сабак өтүш, жазыш жагынан жарым кылымдан ашык тажрыйба күткөн философия да кыргызча ажаты ачылгыдай, куюлушуп сүйлөй элек. Кыргыз тилиндеги «бар», «жок», «эме», «эмес», «болмуш», «жашаш», «нерсе», «эч нерсе» сыяктуу сөздөр келечекте онтологиянын алкагында категориялык маани күтүп, философия терминдерине кошулушу мүмкүн. Ошондо онтологиялык проблематиканын коён жатагына чейин кыргызча сыпаттап, анын эң бир татаал, эң бир жука маанилерин кыргызча чечмелешке алыбыз жетмек.

Жогоруда айтылгандай, марксчыл-ленинчил философиянын тутамынан онтологияга орун тийген эмес. Белгилүү мааниде, анын ордун диалектика баскан. Мунун жөн-жайы мындай. Байыркы грек философиясынын алкагында онтология тамыр байлап, өзүнчө тармак катарында өрчүп-өскөн. Анда онтологияга тиешелүү негизги маселелердин маани-маңызы таамай-таасын ачылып, кийин **классикалык онтология** атыккан. Философиянын андан берки тарыхында онтология бир четке сүрүлүп, бир алдыга чыгып, жалпысынан анчалык ажары ачылган жок. Онтология проблематикасы И. Кант тарабынан трансценденталдык философия алкагында иликтенсе, Г. Гегель аны диалектиканын элегинен өткөргөн. К. Маркс Гегельдин таланттуу шакирти катарында диалектикалык методду капиталисттик коомдун өнүгүшүн иликтөөдө уста урунуп, өзүнүн социалдык философиясын түзгөн. Ал эми марксчыл-ленинчил философияда диалектика универсал, баарын кучагына алган, баарынан бийик, баарынан мыкты окуу, теория, метод деп эсептелген. **Диалектика** – табияттын, коомдун жана ойломдун жашашынын жана өнүгүшүнүн жалпы мыйзам ченемдерин изилдеген окуу деп аныкталган. Иш жүзүндө бул бир жактуу, өзүнө тарткан (тенденциячыл) мамиле болуп чыкты.

Диалектика деген эмне? Түбү грекче dialektike – «сүйлөшө, аңгемелеше билүү өнөрү, искусствосу» деген сөздөн башталат. Бизге маалым «диалог» деген сөз менен тамырлаш, маанилеш. Байыркы грек философиясында диалектика аңгемелешүү маалында суроо-жооп аркылуу тигил же бул түшүнүктүн (айталы: «эрдик деген эмне?», «сулуулук деген эмне?») маанисин ачуу, тактоо өнөрү катарында (Сократ), идеялар дүйнөсүн талдап – түшүнүүнүн илими, жолу катарында (Платон) колдонулган. Элеялык Зенон болсо «апория»[1] (мазмуну чечилгис карама-каршылыкты камтыган түшүнүк, ой) жолу менен кубулуш, нерселердин кыймылына тиешелүү татаал маселелерди койгон. Аны Аристотель «диалектиканы түзгөн» ойчул деп баалаган. Ал эми софисттер[2] диалектиканы каалаган, ар кандай ой-пикирди далилдөөнүн жолу, методу катарында урунган. Бара-бара диалектика ойлоо, ой жүгүртүү, далилдөөнүн өзгөчө методу түрүндө калыптанып, өрчүп, XVIII кылымга чейин мектепте өтүлчү логика[3] илими менен маанилеш колдонулуп келген.

Эмне себептен диалектика дал Байыркы Грецияда түптөлүп, калыптанды? Грек философиясынын өнүгүшүнүн ички шарт, өзгөчөлүктөрү, аны колдонуп, урунуп, өнөр, искусствонун деңгээлине жеткирген ойчулдардын усталыгы, илими менен катар мындай социалдык жагдайды эске алыш керек. Байыркы Грецияда «полис» (шаар-мамлекет) демократиячыл түзүлүш болгон. Ар бир гражданин коомдук жыйындарда полистин, элдин турмушуна тиешелүү орчун маселелер тууралуу өз ой – пикирин айтып, талкууга катышып, талашка чыгышка акылуу болгон. Мындай жагдайда так сүйлөш, таамай айтыш, иреттүү ойлонуш, талашкан адамдын оюн таасын түшүнүп, анын кемтигин, бөксөсүн таап, андан өйдө, андан мыкты жолду көргөзүш өзгөчө мааниге ээ болгон. Чечендик (ораторство) катуу өөрчүп, чоң баа-барк алган. Ушундай шартта диалектиканын күнү туун, атайын илим, метод катары гүлдөп өнүккөн.

Диалектиканы ар тараитан, туташ (система) түрдө иштеп чыккан классикалык немец философиясынын атактуу өкүлү Гегель (1770–1831) болгон. Ал эми марксчыл идеологдор, жогоруда айтылгандай, аны ыгы жок көтөрүп, көкөлөтүп, ар кандай кулпуга түшө турган сыйкырлуу ачкычтай көргөн. Диалектика ар кандай нерсени таанып-билүүнүн, аңдап түшүнүүнүн бирден бир туура, мыкты, жемиштүү жолу эсептелген. Илимде болсун, саясатта, искусстводо болсун же өндүрүш, экономикада болсун натуура, кемчил, бир жактуу бааланган. Ыгы келсе – келбесе да «диалектикалык мамиле» (диалектический подход) деген сөз жыш колдонулган.

Иш жүзүндө кандай болуп чыкты? Диалектика – өзгөчө теориялык система: таанып-билүүнүн, ой-жүгүртүүнүн өзгөчө жолу, методу. Аны менен катар башка теория, методдор жашайт, иштейт. Алар жаман эмес. Ар биринин өзүнө тиешелүү жакшы жагы, кемчилиги болушу мүмкүн, максат-милдети бар. Кайсы бир ойчул, теоретик диалектиканы билбеши же моюнга албашы мүмкүн. Ушундан улам ал эч нерсеге жарабайт, анын колунан эч нерсе келбейт, айткан – дегенинин баары жалган, натуура дешке болбойт. Же диалектиканы жактаса, анын атынан сүйлөсө, аны «акыйкаттын ээси», чындыкты (истина) энчисине басып алган, жападан жалгыз туура жолго түшкөн адам катарында баалаш да туура эмес. Ар нерсенин өз орду, өз жөнү бар.

Демек, диалектиканы кандай түшүнгөнүбүз эп? Диалектика башында эле дүйнөнү, болмушту, анын өсүп – өнүгүшүн, өзгөрүшүн карама-каршылыктын (противоречие) негизинде таанып-талдаган ык-жол болгон. «Диалектиканын атасы» атыккандардын бири, байыркы грек ойчулу Гераклит «баары агат, баары өзгөрөт» (все течет, все изменяется), «бардык нерсенин атасы – күрөш» деп эсептеген.

* * *

*Гераклит жааны мисал кылат. Ийилген жаанын эки учу кылды эки (карама-каршы) жакка чоюп, керип турат. Жаачы жебени илип, кылды тартканда, күч топтолот да, жебени мээлеген жакка түртөт. Бутага жетеби – жетпейби, тиеби-тийбейби, бул жаа-жебенин сапатына, ошондой эле жаачынын күчүнө, өнөрүнө жараша болот. Гераклиттин мисалы – диалектиканын символу.*

* * *

Ар кандай нерсени карама-каршы элементтерден, касиеттерден, күчтөрдөн турат, эгер аларды туура аныктап-ажыратып, алардын ич ара байланышын, карым-катышын, өтмө катар аракетин, өз ара таасирин, шарттаганын таамай-таасын аңдап – билсек, анда анын өзгөрүп – өнүгүшүн туура түшүнүшкө мүмкүндүк алабыз. Ушундай көз караш, ишеним диалектика илиминин, методунун негизин түзөт.

Диалектиканын негизги жол-жоболору (принциптери) мындай.

* * *

***Принцип** деген эмне? Белгилүү бир иш-аракеттин, жумуштун, билиш – ойлоштун негизинде турган талап, эреже, жобо. Принцип ошол чөйрөдө сөзсүз сакталышы, аткарылышы керек. Калганы ошого жараша болот. Ар кандай иш, мамиле белгилүү бир тартипте, ыраатта, чекте жүзөгө ашат да, алардын тутумунда эң негизгиси принцип эсептелет. Ошондуктан, «кайсы принципке таянган?», «кандай принциптин негизинде чечилген?» өңдүү суроолор тигил же бул иштин маани-маңызын аныктоодо өзгөчө мааниге ээ болот.*

* * *

Биринчиси – **бүтүндөй өнүгүш принциби** (принцип всеобщего развития). Бул жобого ылайык болмуштагы ар кандай нерсе өзгөрүп, өсүп, өнүгүп турат. Мындан бир нерсе да сыртта калбайт. Өсүп – өнүгүү процессинде караганда гана биз изилденип жаткан предметтин, кубулуштун, окуянын чыныгы табиятын, маңызын, өзгөчөлүгүн түшүнө алабыз.

Экинчиси – **бүтүндөй байланыш принциби** (принцип всеобщей связи). Буга ылайык болмуштагы бардык нерсе өз ара байланышкан, бирин бири шарттап турат деп эсептелет. Ушул принципке таянсак, анда кайсы бир маселени, проблеманы туура түшүнүп, туура чечиш үчүн анын айланасындагы көптөгөн байланышты табышыбыз, карашыбыз зарыл.

Үчүнчүсү – **каршылык принциби** (принцип противоречия). Мында ар кандай нерсенин өсүп-өнүгүшү анын ички каршылыктары менен шартталган деген талап орнотулат. Башкача айтканда, эгер биз ошол нерсени туура таанып-билгибиз келсе, анда анын өзүнө тиешелүү карама-каршы жактарын, касиеттерин, байланыштарын, алардын өз ара аракет этишин, ошол каршылык эмнеден башталып, эмне менен бүтөрүн баамдашыбыз керек. Каршылыксыз эч кандай өнүгүш болбойт – бул принциптин башкы талабы ушундай.

Диалектиканын негизги үч закону, мыйзамы бар.

* * *

***Закон** деген эмне? Ар кандай илимдин өз закондору болот. Бул парламент кабыл алчу укук мыйзамдары эмес. Болмушта нерселердин ички, алардын маңызына тиешелүү, зарыл түрдө орун тапкан, такай кайталанып турчу **байланыштары** кезигет. Ошол – закон. Илим аны ачып, чечмелеп, маани-мазмунун таасындап, далилдеп, билим түрүнө айлантат. Ошентип, Ньютондун закондору, Омдун закондору ж. б. жаралган.*

* * *

Идеясы, мазмуну мурунтан маалым болгону менен аларды алгач Гегель негиздеп, ырааттап, анан диалектикалык материализм (марксчыл – ленинчил философия) кең-кесири өрчүтүп, атүгүл догмага[1] айлантып жиберген.

Биринчиси – **карама-каршылыктын биримдигинин жана күрөшүнүн закону** (закон единства и борьбы противоположностей). Бул закон өнүгүштүн **булагын, негизин** көргөзөт, «өнүгүш эмнеден башталат?», «өнүгүш кайсы күчкө негизделет?» деген суроого жооп берет. Ар кандай өнүгүш карама-каршылыктын ич ара аракет этишинин натыйжасы деп эсептейт. Дүйнө карама-каршылыкка тунган: оң менен сол, ак менен кара, жакшы менен жаман, дос менен душман, сүйүү менен жек көрүү, сүйүнүч менен күйүнүч ж. б. (диалектикалык материализм бул катарга «капитал менен эмгек», «капиталист менен пролетариат», «капитализм менен социализм» мисалдарын кошчу). Демек, бир

нерсенин өрчүп-өнүгүшүн түшүнүш үчүн анын карама-каршылыктарын таап-ажыратышыбыз абзел. Ал эми карама-каршылыктар биримдикте турат, өз ара байланышкан, бирин бири шарттайт, бири жок болсо экинчиси да жок. Ошол эле учурда алар бирин бири жерийт, түртөт, жок кылат, жоет. Ушунун натыйжасында нерсе өзгөрүп-өнүгөт. Бул законмдун категориялары: бараболмуш (тождество), айырмачылык (различие), карама-каршылык (противоположность), каршылык (противоречие). Категорияларды мындай тизмеги жөн эле эмес, мунун ички логикасы, байланышы, ирети бар.

Экинчиси – **сан менен сапат өзгөрүштөрүнүн бири бирине өтүшүнүн закону** (закон взаимного перехода количественных и качественных изменений). Жөнөкөйлөтүп, сан менен сапаттын закону деп да коюшат. Бул закон өнүгүштүн ички механизмин ачып көргөзөт, «өнүгүш кантип жүрөт, кантип ишке ашат?» деген суроого жооп издейт. Мунун мазмуну мындай: ар кандай нерсе сан менен сапаттын биримдигинен турат, башкача айтканда, анын сапаттык жана сандык мүнөздөмөсү бар.

**Сапат** – анын өзгөчөлүгүн, башка нерселерден айырмасын аныктап турган касиеттеринин жыйындысы, тутуму. Ал эми сан ошол сапаттын **канча** экенин, **кандай** экенин (салмагын, өлчөмүн, көлөмүн ж. б. у. с.) туюнтат. Экөө ажырагыс биримдикте болот: сапаттын саны бар, сан – сапаттын саны. Өнүгүш процессинде сандык өзгөрүүлөр жүрө-жүрө сапаттык өзгөрүүнү тууйт; өсүп, көбөйүп отуруп нерсенин бир сапаттан башка сапатка өтүшүн шарт-тайт. Өз кезегинде жаңы сапат нерсенин сандык мүнөздөмөсүн өзгөртөт, жаңылайт.

* * *

*Классикалык мисалдар: сууну ысыта берсек, ысыта берсек, температурасы көтөрүлүп отуруп, бир кезде (100□*Стан төмөн*) бууга айланат. Нерсе жаңы акыбалга, башка сапатка өтөт. Же, тескерисинче, муздата баштасак, температурасы түшүп отуруп, бир маалда (0□С) музга айланып калат. Бул – жаңы сапат.*

*Орус элинин жалпыга маалым жомогун эстейличи: абышка – кемпир чамгыр отургузат. Ал аябагандай чоң болот. Абышка тартат, чыгара албайт; кемпири жардамга келет, болбойт; небереси, күчүгү, мышыгы келет, чыкпайт; акыры аларга чычкан кошулганда (сан жагынан көбөйүп, өсүп отуруп) күч жаңы сапатка өтүп, түрпү суурун чыгышат.*

*Ал эми күндөлүк турмушта «үч» деген чек бар: «бир тамашаладың, эки тамашаладың, эми ... болбодубу...»*

* * *

Сапат менен сандын бири бирине ылайык, жарашкан, өз ара шарттаткан биримдиги **чен** (мера) болот. Ошол чендин (ченем, өлчөм) чегинде нерсе өзүнүн белгилүү бир сапатын сактап турат. Эгер сандык өзгөрүүлөр ошол чектен өтүп кетсе, анда чен бузулуп, жаңы сапат (абал) пайда болот. Диалектикада бул **секирик** (скачок) аталат.

* * *

*Сан менен сапатка байланышкан софизмдер бар. Маселен, кумдун бир бөлүкчөсүн таштадык; эки, үч ... жүз; качан дөбөгө айланат? Же: кишинин башынан бир тал чач түштү; эки, үч ... миң; качан ал кашка баш болот?*

* * *

Үчүнчүсү – **тануунун тануу закону** (закон отрицания отрицания). Бул закон өнүгүүнүн мүнөзүн, тартибин, ыраатын, андагы улануучулукту (преемственность), айланманы (цикличность), өсүштү (төмөнтөн жогору, жөнөкөйдөн татаалга) көргөзөт. Эмне үчүн кош тануу зарыл? Гегель мындайча түшүндүрөт: башында **тезис** (белгилүү бир абал, ой-пикир, жобо ж. б.) болот; ага каршы **антитезис** (1-тануу) чыгат, бирок өнүгүш үчүн **синтез** (2-тануу) зарыл. Анткени, антитезис тезисти четке кагат, жокко чыгарат, өнүгүү процессинде үзгүлтүк, айырма пайда болот. Ал эми синтез тиги экөөнү байлайт, тезистин да, антитезистин да айрым жактарын өзүнө алып, бириктирип, өнүгүштү камсыз кылат. Демек, өнүгүш процессинде өтмөлүк, ыраттуулук, өйдөлөш (прогрессивность) сакталат, айланма (цикл) пайда болот да, өнүгүштүн жаңы этабына, жаңы циклине жол ачат. Бул закон спираль түрүндө сүрөттөлөт. Классикалык мисал: буудайдын уругу себилет, андан буудай (сабы) өсөт (1-тануу), анан түшүм (2-тануу) алынат.

Диалектиканын негизги закондорунун кыскача маани-мазмуну ушундай. Албетте, өнүгүш процессинде мындай мыйзам ченемдер сейрек эмес. Кеп, бир жагынан, аларды туура таап, таамай ажыратып, тигил же бул нерсенин өнүгүшүндөгү ордун даана аныкташта; экинчи жагынан, бул закондордун маани-мазмунун туура түшүнүп, аларды өз орду менен, өз чегинде уста, кылдат колдоно билиште. Жогоруда белгиленгендей, ар бир законго тиешелүү категориялар бар: бараболмуш, айырмалык, карама-каршылык, каршылык, сан, сапат, чен, тануу ж. б. Бул категориялардын айрымдары «диалектикалык эмес» философиялык теория, окууларда деле орун алып, иликтелип, урунулуп келген. Ошол эле учурда философиянын орток мейкининде уюган, калыптанган, илгертен бери колдонулуп келе жаткан категориялар диалектиканын өрүшүнөн орун тапкан. Демейде алар «кошилтик категориялар» аталат да, кыскача мындай мүнөздөлөт.

**Жалкы (жеке) жана жалпы** (единичное и общее). Ар кандай нерсе көп жана түрлүү касиетке ээ. Салыштырып, өз ара байланышта карасак, кээ бир касиеттер ушул гана предметке, нерсеге тиешелүү, ал эми айрымдары башка нерселерде да кезигет, аларга орток, окшош. Ошондуктан, биринчиси – жеке, экинчиси жалпы аталат. Нерсенин табиятын, анын өзгөрүп – өсүшүн таанып – билиш, талдап – түшүнүш жеке жана жалпы касиеттерди ажыратып – аныкташка байланышкан.

**Мазмун жана түр** (содержание и форма). Ар кандай нерсенин касиеттеринин, бөлүктөрүнүн, байланыштарынын жыйындысы анын мазмунун түзөт. Ал эми мазмун белгилүү бир формада болот, белгилүү бир түрдө жайгашкан, көрүнөт, жашайт. Ар кандай мазмун өз түрүнө ээ, ар кандай түр, форма кайсы бир мазмундун болуш ыгы, жолу. Мазмун – ички, түр – тышкы мүнөздө каралат. Бирок, экөө ажырагыс байланышта турат. Албетте, кээде мазмун өзүнө жарашкан түргө жете элек болушу ыктымал, ошондой эле түр өзүнө тиешелүү мазмундан кур («көңдөй») болушу мүмкүн. Эң башкысы, мазмунсуз форма болбойт, формасыз мазмун болбойт.

**Маңыз жана кубулуш** (сущность и явление). Нерсенин өзүнө тиешелүү сапатын, башкалардан айырмалаган табиятын, абалын аныктаган касиеттердин жыйындысы анын маңызын түзөт. Нерсени таанып-билүүдө эң башкысы анын

маңызын ачыш, туура аныкташ. Маңызына жетпей «билем» деп айтыш мүмкүн эмес. Ал эми маңыз көрүнөт, кубулат (сущность является). Маңыздын көрүнүшү, болушу, жашаш жолу, ыгы **кубулуш** аталат (явление – это явление сущности). Кубулуш – тышкы, үстүрт, оомал-төкмөл нерсе катары, ал эми маңыз ички, терең, башкы нерсе катары бааланат.

**Себеп жана натыйжа** (причина и следствие). Нерселердин, кубулуштардын ортосунда ар түркүн байланыштар бар. Алардын бири генетикалык (тек, төркүн) байланыш. Эгер бир кубулуш зарыл түрдө башка кубулушту тууса, жаратса, шарттаса, ал **себеп** болот. Андан чыккан кубулуш **натыйжа** эсептелет. Демейде, бул байланыштын мазмуну «эгер А болсо, анда Б болот» деген формула аркылуу туюнтулат. Болмуштун өзгөрүп – өнүгүшүн иликтеп – түшүнүүдө бул категориялардын кызматы бөтөнчө. Себеби, ар кандай нерсенин себебин аныктамайын ага тиешелүү маселени түшүнүш мүмкүн эмес. Себепсиз эч нерсе жок. Бирок себеп-натыйжа байланышын так-таамай аныктап, туура баалап-түшүнүш – оңой-олтоң иш эмес. Тигил же бул жагдайдан улам: бир себепли же көп себепли?, натыйжа кайра себепке таасир тийгизеби, жокпу? (экөө орун алмашып калып жатат), бир себеп бир нече натыйжага алып келсечи? ж. б. ушул өңдүү суроолор чыга келет. Эң негизгиси – себеп менен натыйжанын байланышы закон, принцип күчүнө ээ экендигинде. Ар кандай кубулуштун себептери, шарты болот деген көз караш **детерминизм** окуусунун негизин түзөт, ал эми ага тескери көз караш **индетерминизмге** алып келет. **Зарылдык жана кокустук** (необходимость и случайность). Нерселердин, кубулуштардын арасындагы байланыш, шарттalыш ар кандай мүнөздө болот. Сөзсүз болчу нерсе, буйтап, аттап өткүс жагдай, өзгөртүшкө айла жок шарт – **зарылдык** эсептелет. Ал эми болор-болбошу арсар, үстүрт байланыш – **кокустук**. Башкача айтканда, «сөзсүз болот» деген нерсе – зарылдык, «болушу да мүмкүн, болбошу да мүмкүн» нерсе – кокустук. Кокустук көбүнчө күтүлбөгөн, себеби көмүскө калган окуя катары бааланат. Объективдүү, болмуштагы процесс иретинде зарылдык менен кокустук **мүмкүндүктүн чындыкка айланышын** мүнөздөгөн нерселер. Диалектиканын категориялары катарында табияттын да, коомдун да өзгөрүш-кубулуштарын иликтөөдө кеңири колдонулат.

**Мүмкүндүк жана чындык** (возможность и действительность). Ар кандай өзгөрүш – өнүгүш мүмкүндүктүн чындыкка айланыш процесси түрүндө жүрөт. Жөнөкөйлөтө айтканда, бар нерсе – **чындык**, боло турган нерсе – **мүмкүндүк**. Бирок, мүмкүндүк да бар, себеби, чындыктын (бар нерсенин) курамында, составында кийин, эртең болчу нерсе орун алган. Алма гүлдөп, жемиш берет, бала чоңоюп жигит болот, таш талкаланып кумга айланат. Демек, чындыктын өзүндө мүмкүндүк турат, ал эми бүгүнкү мүмкүндүк, эртеңки чындык. Мүмкүндүк эки түрдө кезигет: чындыкка айланышка зарыл шарттары бар болсо бул – **реалдуу мүмкүндүк** аталат, ал эми мындай шарттар жок кезде муну формалдуу (же абстрактуу) мүмкүндүк дейбиз.

Диалектиканын кош категорияларынын негизгилерин тизмелеп өттүк. Болмуштун өзгөрүп-өнүгүшүнө тиешелүү башка да категориялар бар. Бирок алар диалектикада гана эмес, философиянын башка окууларында, теория, системаларында да колдонулат, иликтенет. Категориялар (грекче Kategorein – айтыш, деш) жөнүндөгү окуу Аристотелден башталат. Ал мындай он категорияны ажыратып караган: маңыз, сан, сапат, мамиле (отношение), орун (место), убакыт, аракет-этиш, таасир алыш (страдание), ээ болуш (обладание), абал (самонахождение, положение). Онтологиянын, диалектиканын жоболору, мыйзамдары, категориялары ойломдун, таанымдын багытын аныктап, дүйнөнү талдап-түшүнүү ишин нукка салып, дүйнө караштын кыйырын, алкагын чектеп турат. Ушундан философиянын биз жогоруда кеп кылган методологиялык кызматтары ачык-айкын көрүнөт.

## АҢ-СЕЗИМ МАСЕЛЕСИ
### (же когитология)

Философияны кыргызчалаганда бери болгондо эки кыйынчылыкка дуушар болобуз. Биринчисин онтологияга арналган бөлүмдө көрдүк десем болот. «Бытие» терминин ушу турушунда урунуп, аны менен катар ылайыгына, контекстке жараша кыргызча «болмуш», «болмуш», «бар», «бар болуш», «жашаш», «туруш» деген сөздөргө кайрылдык. Онтологиянын ачкычы болгон «бытие» категориясынын далай убактан бери калыпка түшүп, адистер үчүн көнүмүш болуп калган теориялык маани-мазмунун таамай-таасын жеткире албай кыйналдык.

Кыйынчылыктын экинчи түрүнө ушул бөлүмдөн кездешебиз. Ал мындай. Кээ бир сөздөр бизге башынан тааныш, алардын мааниси ачык-айкындай туюлат. Маселен, «аң-сезим», «ой», «түшүнүк», «акыл-эс», «таанып-билүү», «билим» ж. б. Ал эми илимде алар терминге айланып, белгилүү бир категориялык маани күтүп, теория тутумунда такталган, аныкталган функция, кызмат аткарат. Демейки сөз менен илимий терминдин маани-мазмуну дал келбейт, бирок биринчиси экинчисине жолтоо болуп, көлөкөсүн түшүрүп турат. Муну **аң-сезим маселесин** (проблема сознания) философиялык талдоого алганда байкайбыз.

Марк Аврелий (121–180 ж., римдик император, философ) айткан экен: «бирөө сурабаса «убакыт» деген эмне экенин билем, бирок атайлап сурап калышса эле убакыт деген эмне экенин биле албай калам». Анын сыңарындай, «аң-сезим» деген эмне экенин баарыбыз билчүдөйбүз. Кылган-эткенибиз, жашоо-турмушубуз аң-сезим менен ажырагыс байланышта болгон соң ал бизге белгилүүдөй, ачык-айкындай көрүнөт. Бирок, философиянын, илимдин, маданияттын тарыхына кайрылсак, бул түшүнүктүн маани-мазмуну тууралуу ар кыл ой-пикирлер айтылып, түркүн концепция, теориялар курулуп, анын тегерегинде айыгышкан талаш-тартыштар жүрүп келгенине күбө болобуз.

Аң-сезим теориялык талдоо жагынан караганда эң эле татаал маселе. Ошондуктан айрым ойчулдардын аң-сезимди табияттагы сыры белгисиз, табылгыс керемет (чудо) катарында баалаганында жүйөө бар болуш керек деп түшүнгөнүбүз оң. Аң-сезим маселесине көп илимдер кайрылат. Ар кайсынысы өз максат-мүдөөсүнө, өз кызматына ылайык анын тигил же бул касиетин талдоого алат. Психология адамдын жан-дүйнөсү кантип калыптанып, кандайча жашайт – аң-сезимди ушул алкакта изилдейт. Педагогика болсо билим-таалим аймагына байланышта карайт. Лингвистиканы аң-сезимдин тил менен карым-катышы кызыктырат. Ушул сыяктуу эле аң-сезим физиология, этнография, социология, культурология,

«жасалма интеллект» илими (же компьютер сайенс)» ж. б. изилдөө предметине айланат. Ошондуктан, аны комплекстүү изилдөөнүн предмети катарында аныктайбыз.

Ушул контекстте философиянын өзгөчөлүгү кайсында? Бир сөз менен айтканда философияны биринчи кезекте «карандай аң-сезим» («чистое сознание») кызыктырат. Илимий терминологияга кайрылсак, философия аң-сезимдин онтологиялык статусун аныкташка аракет кылат. «Аң-сезим деген эмне? Ал кантип жашап турат?» Бул – философиянын суроосу. Аң-сезим адам баласына, адам коомуна таандык касиет, күч-кудурет. Эгер аны таза түрүндө, башка эч нерсеге аралаштырбай бөлүп алып, кандай турушун, кандай иштешин талдоого мүмкүн болсо, анда анын жөн-жайын, табиятын туура түшүнүшкө жол ачылмак. Кеп, ушул маселенин татаалдыгында.

Байыркы грек мифологиясында Мидас падыша тууралуу уламыш айтылат. Ал Дионистен суранып жатып өзгөчө касиетке ээ болот. Мидас эмнеге тийсе, баары алтынга айлана берет. Тамак ичмек болсо, тамак-ашы да алтын болуп калат. Акыры айласы кетип, ачтан өлө турган болгондо бул сыйкырлуу касиетин башкага өткөрүп берип кутулат. Мунун сыңарындай аң-сезим эмнеге тийсе, жармашса, ал аң-сезимге айланат. Эмнени көрсөк, кайсыны карасак, эмнени ойлосок, сезсек, туйсак, ошонун баары аң-сезим аркылуу берилет. Бизди курчаган «тышкы дүйнө» мындай турсун, «ички дүйнө» аталган биздин сезим-туюм, ой-санаа да аң-сезимдин нурунда, жарык-шооласында көрүнөт.

Аң-сезимдин ар кыл аныктамалары бар. Айрымдарын айта кетсек, төмөндөгүдөй:

– Аң-сезим – бул аңдалып-баамдалган бытие;
– Аң-сезим – бул объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы;
– Аң-сезим – бул субъективдүү болмуш (реальность);
– Аң-сезим – бул идеялык дүйнө (мир идеального);
– Аң-сезим – бул адамдын дүйнөгө жасаган мамилеси (отношение).

Тереңдетип талдай келсек, бул аныктамалардын маани-мазмуну бири биринен айрымаланаарын, ошол эле кезде өз ара байланышта экенин, бирин бири толуктап, тактап турарын көрөбүз. Жалпылап айтканда, алар аркылуу аң-сезимге мындай мүнөздөмө берилет.

**Биринчиден**, аң-сезим адам баласына гана таандык, адамды адам кылып турган, башка жан-жаныбарлардан айрымалап-ажыраткан касиет-сапат. Айрым «акылдуу» жаныбарлар (маймыл, ит, ат ж. б.) тажрыйбада же эксперимент шартында адамдын акыл-эсине, аң-сезимине окшош кылык-жоруктарды көргөзгөнү менен аларда чыныгы аң-сезим жок. Аларга карата «айбан интеллекти» (интеллект животных) же «айбан ойлому» (животное мышление) сыяктуу түшүнүктөр шарттуу (тырмакчада) колдонулат да, негизинен айбандар инстинкт аркылуу күн көрөрүн, алардын жүргөн-турганы инстинкт механизмине баш ийерин баарыбыз билебиз. Ал эми Ааламдын башка тарабынан цивилизация, акыл-эстүү неме азырынча табыла элек. Булар жөнүндөгү кыял-оюбуз фантастикалык кинофильмдерде, чыгармаларда кеңири орун алып келет. «Жасалма интеллект» (искусственный интеллект), роботтор, компьютерлер болсо адам акыл-эсинен, адам колунан жаралган, адам түзгөн программанын негизинде иштейт. Албетте, бул багытта мүмкүнчүлүк кең, көргөнүбүздөн көрө элегибиз көп. Бирок, «акылдуу машина» адамды толук алмаштырат, кууп өтөт дешке негиз да жок, жол да жок. Философияда идеал-гипотеза түрүндөгү дагы бир термин бар. Ал – «кудай акыл-эси» (божественный разум, божественный интеллект). Мунун диний ой-түшүнүккө тиешеси кыйыр. Кыялыбызда адам акыл-эсиндей ал-күчү чектелбеген, кыбыр эткенден баштап чексиз ааламдагы бардык нерсени көрүп-билип турган акыл-эсти, интеллекти элестетсек, ошону «кудайдыкы» дейбиз. Демек, адам – ортодо, аң-сезимдин бир кыйырында айбан турса, бир кыйырында кудай турат.

**Экинчиден**, аң-сезим – болмуштун, дүйнөнүн чагылышы. Айлана-чөйрөдөгү нерселерди, кубулуш-окуяларды сыпаттап, сүрөттөп, копиялап, элесин, моделин өзүнө көчүрөт. Ой-түшүнүк, сезим-туюм аркылуу «экинчи дүйнө түзөт». Курчаган дүйнөдөгү өзүн кызыктырган, өзүнө керектүү, жолунан кезиккен нерселерди «ой дүйнөсүнө» көчүрмөлөп, ал элес-образдарды өзгөртүп, тактап, байытып жүрүп отурат. Аң-сезим тышкы дүйнөнү күзгү сымал гана механикалык түрдө болгонун болгондой чагылта бербейт, жаңы ой, идеялар аркасында аны кайра жасайт, өзгөртүп түзөт; шаарларды курат, ракеталарды жасайт, завод-фабрикаларды тургузат. Натыйжада табиятта жок, адамдын гана колунан жаралган «экинчи табият», цивилизация, маданият дүйнөсү пайда болот. Дүйнөлүк цивилизациянын тарыхына кайрылсак таш бычак, алачыктан баштап азыркы ракета, мегаполистер адам аң-сезиминин калыптанып өсүп-өнүгүш жолун алаканга салгандай көргөзүп турат. Аң-сезим канчалык тышкы дүйнөнүн сырын ачып, чегин кеңейткен сайын, ошончолук аны өзгөртүп түзүп, жаңылап, өркүндөтүп жүрүп отурат.

**Үчүнчүдөн**, аң-сезим – өзүнчө болмуш (реальность), өзүнчө дүйнө. Тоо-суу, бак-дарак, там-таш кандай реалдуу жашаса, ой-түшүнүк, идея-теория, кыял-максат, сезим-туюм да ошондой эле реалдуу жашайт. Аң-сезим дүйнөсүнүн өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү, мыйзам-ченемдери, эреже-талаптары, өнүгүш-өзгөрүш механизмдери болот. Акылдуу болоюн десең эле акылың ашып кетпейт, ачылыш жасайын деп жанталашсаң да ал ниетиң орундалбай калышы мүмкүн. Кээде кайсы бир сарсанаадан же таттуу кыялдан кутула албай айлаң куруйт. Кээде күтпөгөн жерден башыңа кызык ой келет. Анткени, аң-сезимдин өз жашоо жолу, ыгы – шарты бар. Ири алдыда тирүү адамдын кадимки ой-сезимин, ички дүйнөсүн эске алабыз. Ансыз эч нерсе жок. Ошол эле кезде аң-сезим жан-дүйнө менен чектелип калбайт.

* * *

*XX кылымдын көрүнүктүү философу Карл Поппер дүйнөнү үчкө бөлөт да (биринчиси – тышкы дүйнө, экинчиси – жеке адамдын ички дүйнөсү, үчүнчүсү – идеялар, проблемалар, теориялар дүйнөсү деп), мындай «кыял экспериментин» (мысленный эксперимент) сунуштайт. Кайсы бир алааматтын, катастрофанын натыйжасында жер үстүндө бир да тирүү жан калган жок дейли (анын бетин нары кылсын). Бирок, цивилизация, завод-фабрикалар, китепканалар, техника дүйнөсү сакталып калса. Анан бир канча убак өткөн соң башка цивилизациянын, планетанын өкүлдөрү келсе,*

*китептерибизди окуп, техникаларыбызды иштетип кете алат беле, башкача айтканда, адамзат цивилизациясын калыбына келтирсе болобу, ушул шартта? Кандай болушу ыктымал – ойлонуп көргүлө.*

* * *

Адамзаттын, **жеке адамдын аң-сезими** (индивидуальное сознание) менен эриш-аркак **коомдук аң-сезим** (общественное сознание) жашайт. Ага коом турмушунда өкүм сүргөн саясий, укуктук, адеп-абийир (этикалык), эстетикалык, илимий, философиялык ж. б. ой-түшүнүктөр, идеялар, көз караштар кирет. Алар белгилүү бир шартта уюшуп, өзүнчө түзүлүшкө жетишип, социалдык институттар пайда болот (мамлекет, сот, мечит, мектеп, музей ж. б.). Китептерди, компьютердик жазмаларды, массалык информация каражаттарын мындай коелу, адам баласынын колунан чыккан ар бир буюм анын аң-сезиминин деңгээлин, өзгөчөлүктөрүн айгинелейт. Ушунун баары аң-сезим дүйнөсү. Ошондуктан, аң-сезим мейкин (пространство), талаа (поле) түрүндө каралганы да жөн жерден эмес. Адамзат дүйнөсү – бул аң-сезим дүйнөсү.

Аң – сезим **коомдук – тарыхый, коомдук – маданий** (соцыально-исторический, социокультурный) табиятка ээ. «Адам баласынын аң-сезими кандайча жаралган?» – деген суроого кайрылсак, бул маселе өтө татаал, сырлуу экенин, анын тегерегинде кызуу талаш-тартыштар жүрүп келгенин көрөбүз. Тарыхый жагын алганда аң-сезимдин жаралышын, генезисин таамай-таасын аныкташ үчүн жетишпеген көп нерсе бар. Ошол эле кезде айрым илимдердин (археология, этнография, тарых, лингвистика, психология ж. б.) маалымат, тыянактарына таянсак, бул орчундуу маселенин аныкталган, тастыкталган жактары да бар экенине күбө болобуз. Аң-сезим адам адам катары калыптаныш, адам коому түптөлүп-курулуш проңессинде, адамзаттын чогуу, биргелешкен жашоо-тиричилигинин жүрүшүндө калыптанган. Бир заматта эле жарк этип күн тийгендей чыга калган эмес. Узак мөөнөттү, миңдеген жылдарды ээлеген.

* * *

*Дүйнөгө атагы кеткен америкалык философ – футуролог Элвин Тоффлер (ал Чыңгыз Айтматов түзгөн "Ысык-Көл шеринесинин, форумунун" мүчөсү) өзүнүн «Эстен тандырган келечек» («Футурошок») деген эмгегинде буларды жазат. Эгер адам баласы жашаган кийинки 50 миң жылды алсак, ар бир муунга 62 жаш чектеп, бул мөөнөттү муунга бөлсөк, анда 800 дөй болот экен. Ошондо 650 муун үңкүрдө жашап өткөн дешибиз керек. Кийинки 70 муун жазма (письменность) пайдаланыш мүмкүндүгүнө жеткен. 6 муундун тагдырына басма (печать) туура келген. 4 муун убакыттын так өлчөмү пайда болгон маалда жашаган. 2 муун электромоторду пайдаланып келе жатат. Ал эми акыркы, 800-муун авиация, радио, телекөрсөтүү, телефон, автомобилдин күбөсү болду. Эми ушул фондо адам аң-сезиминин калыптанып-өнүгүшүн элестетип көрүңүз.*

* * *

Ушундай узак убакыттын ичинде адамдар бирин бири туурап, биринен бири үйрөнүп, бири бирин тарбиялап, оңун жыйнап, эстеп, терсин калтырып, көргөн-билгени көбөйүп, кеңейип, муундан муунга мурас калып олтуруп кадыресе (нормальное) аң-сезимге жеткен.

Илимий изилдөөлөр адам баласынын жаралыш проңессинде «үчилтик» болгонун, ***иш-аракет, аң-сезим, тил*** киндиктеш, эриш-аркак келгенин даана айгинелейт. Тарыхтын жүрүшүндө, коомдун калыптанышында адамзаттын бирге иш кылып, тиричилик өткөрүп, өз ара тил күтүп, ич ара түшүнүшүп, орток тартип-таалимге баш ийип, чогуу жашаганга үйрөнүшүн коштоп аң-сезим да калыптанып өнүгө баштаган. Мунун кыйыр далили иретинде мындай жагдайларды эске алсак болот. Илимде жаштайынан жапайы айбанаттын арасында чоңойгон балдардын отуздайы белгиленет. Бирок, алар кийин элге кошулуп, кадыресе адам болуп кете алышкан эмес (Маугли – көркөм чыгарманын каарманы экенин, бирок анын прототиптери болгонун унутпаңыздар). Айталы, Индияда карышкырлардын арасында чоңоюп, болжолдо бири бешке, бири жетиге чыкканда табылган Камала, Амала аталган эки кыз канчалаган адистердин аракетине, таалим-тарбиясына карабай, карышкырча улуп, жапайы бойдон дүйнө менен кош айтышканы маалым.

Ал эми орус психологдорунун (Мещеряков ж. б.) көзү көр, кулагы кер, тили дудук балдарга байланыштуу эксперимент-изилдөөлөрү аң-сезимдин коомдук-маданий табиятын ачык-айкын күбөлөп, аң-сезимдин калыптаныш проңессин «жай кадрдагыдай» (замедленный кадр) экранда созуп көргөздү. Тышкы дүйнөдөн таптакыр ажыраган балдар тарбиячылардын мээнети, мыкты методиканын аркасында айлана-чөйрөнү, күндөлүк турмуштун шарт-жагдайын, буюм-тайымдарды акырындап өздөштүрүп отуруп, кадыресе аң-сезимге ээ болуп, кадимкидей сүйлөшкө жетишкен. Алды Москва мамлекеттик университетин бүткөрүп, диссертация коргоп, илимий даража алышкан.

Ушул сыяктуу жагдайлар аң-сезимдин коом, маданият, тил менен ажырагыс байланышта экенин ачык айгинелейт. Адам төрөлгөндө эле кошо жаралгандай көрүнгөнү менен аң-сезим адамдардын өз ара байланышынын, биргелешкен жашоо турмушунун мейкининде калыптанып өнүгөт экен. Буудай тегирменден өтүп ун болуп, отко бышып нан болгондой эле табият берген чийки материал да «маданият тегирмендери» («машины культуры») аркылуу (ата-эненин тарбиясы, ыр-жомок, китеп, мектеп, курчаган буюм-нерселер, жашоо-турмуш шарттары ж. б.) жуурулуп, оңдолуп, бышып отуруп, кадимки аң-сезимдүү адамзатка айланат. Ошондуктан мээ аң-сезимдин, акыл-эстин, ойломдун органы болгону менен, аң-сезим баштын ичинде эмес, коомдун ичинде, маданияттын мейкининде калыптанып өнүгөт деп эсептелет. Орус тилиндеги «сознание» деген сөздүн түзүлүшүнөн аң-сезимдин мындай касиети даана көрүнөт (сознание как со-знание, как совместное знание). Ошондой эле бул сөздүн маанисинин дагы бир жагы бар. Аң-сезим да, анын предмети да бирге, кошо аңдалат (сознание как совместная данность мысли и ее предмета). Аң-сезимге бир нерсе илинсе, ошол нерсенин аңдалып – сезилип жатканы да кошо илинет. Мен алма дарагын көрүп турам, ошол эле учурда аны көрүп турганымды да аңдап – билип турам. Же эртең болчу чогулуш тууралуу ойлоп жатам, так ошол эле маалда ойлорумду да аңдап-билип жатам.

Философиянын тарыхында аң-сезимди теория деңгээлинде иликтеп-түшүнүүнүн эки этабы ажыратылат. Биринчиси – классикалык, экинчиси – шарттуу түрдө «классикалык эмес» (неклассический) деп аталат. Аң-сезимдин классикалык

сыпаты, модели Рене Декарттын (1596–1650, француз философу) окуусунан ачык-айкын көрүнөт. Ал сунуштаган формула: «мен ойлоп жатам, демек, мен жашап турам» («cogito ergo sum», «я мыслью, следовательно, существую») – оездон оозго өтүп, учкул сөзгө айланган. Декарт мындайча ой тегеретет. Таза чындыкка жетиш үчүн, нукура билим табыш үчүн баарын, бирин да койбой, күмөндүн (сомнение) элегинен өткөрүш зарыл. Башкалар билет, башкалар айткан деп эч нерсеге ишенбе, баарынан күмөн сана. Күмөн санабай турган жалгыз гана нерсе бар – бул сенин оюң. Көргөн – билгениңин баары жалган, төгүн болушу ыктымал. Бирок өзүңүн ой тегеретип, аңдап-сезип турганың өзүң үчүн шексиз. Ага далилдин кереги жок, себеби сен өзүң ойлонуп, аңдап-туюп турбайсыңбы. Ал эми калганын такта, талда, сын көз менен карап иликте, өз оюң, акыл-эсиң аркасында чын-төгүнүнө жет. Ошондо гана чындыкты табасың, адашып-алданбайсың. Демек, бардык ой-түшүнүктүн, сезим – туюмдун башатында «мен ойлоп жатам» деген формула, туюндурма туруш керек. Классикалык теория аң-сезимди тунук (прозрачное), ачык нерсе катары түшүнгөн. Аң-сезимдин мазмуну анын өзүнө ачык-айкын көрүнүп-билинип турат деп эсептеген. Демек, аң-сезимди өзүн өзү аңдап – билүү сыпатында караган (сознание как самосознание).

Ал эми «классикалык эмес» теориялар аң-сезимдин түзүлүшүн эки катмарга ажыратат: ***онтологиялык*** жана ***рефлексиялык*** катмар. Аң-сезим – бул өзүнчө болмуш, реальность. Башка кубулуштар сыяктуу эле өзүнчө жашап, өнүгүп-өзгөрүп турат. Анын ачык-айкын аңдалбаган-билинбеген, купуя, көмүскө, көлөкө жактары бар. Мындайча айтканда, аң-сезимдин тулкусунда, боюнда туруп, бирок ага көрүнбөгөн, билинбеген нерселер бар. Булар аң-сезимдин онтологиялык катмарын түзөт. Ал эми аң-сезимдин даана, ачык сезилип-билинген мазмуну анын рефлексиялык катмары деп эсептелет.Бул катмардагы ой-сезим процесстери адамдын эркине баш ийип, аң-сезимдин көзөмөлүндө болуп, маани-мазмуну, багыт-агымы даана көрүнөт. Эгер рефлексия катмарын «болмуш жөнүндөгү ой» («мысль о действительности») деп билсек, анда онтологиялык катмарын «болмуштагы ой» («мысль в действительности») деп аныктаганыбыз ылайык.

***Рефлексия*** – латынча reflexio – «артка кайрылуу, кылчаюу» деген сөздөн чыккан, бир нерсени аныктап, талдап түшүнүүнү туюнтат. Философиялык термин катары аң-сезимдин өз мазмунун атайлап карап, чын-төгүнүн, оң-терсин, жөн-жайын талдап-аныктоо ишин, процессин, адамдын өз кылган-эткенин, кылык-жоругун баамдап-баалап, акыл-эстин элегинен өткөрүшүн билдирет. Демек, «артка кайрылуу» дегени ой-түшүнүктүн, иш-аракеттин негизи, башталышы эмнеде, себеп-шарты кайсы, эмнеден улам ушундай болду (же болуп жатат) өңдүү суроолорго жооп издеш экенин билишибиз эп.

Аң-сезимдин борборунда, ядросунда ө**зүн өзү аңдап билүү** (самосознание) турат. Адам өзүнүн жашоо-турмушун, иш-аракетин, ал-акыбалын, кылык-жоругун, аңдап-билип, баалап-таразалап турат. Ушуга байланышкан ой-түшүнүк, сезим –туюмдар өзүн өзү аңдап билиш түрүндө болот. Адамдын аң-сезимдүү турмушунда аны өзүнүн «Мени» («Я») коштоп жүрөт. «Мен», биринчиден, башкалардан өзүн айырмаласа («Я и другие»), экинчи жагынан, кайсы бир иш-аракеттин ээси, субъектиси өзү экенин («Я думаю», «Я делаю») даана билгизет. Ушундан улам философиялык тексттерде кээде «аң-сезим», «ойлойм», «мен» түшүнүктөрү бир катарда, маанилеш иретинде колдонулат. Ал эми психологияда «мен маселеси» (проблема Я) татаал, көп кырлуу, көп катмарлуу нерсе экени айгинеленет.

Аң-сезимдин онтологиялык катмары анын объективдүү мүнөзүнө, өзүнчө дүйнө, өзгөчө реалдуулук экенине байланышкан. Жеке адамдын жан-дүйнөсүндө, психологиясында да, коомдун рухий турмушунда да (илимде, искусстводо, идеологияда, саясатта ж. б.) өзүнүн табияты боюнча аң-сезимге тиешелүү, бирок тигил же бул себептен улам анын четине сүрүлгөн, четинде калган (же тереңинде десек болот), көмүскө жашаган, адамдын жашоо-турмушуна, иш-аракетине ачык билинбей, туюлбай таасир эткен кубулуштар бар. Булар – аң-сезимдин өзгөчө бир механизмдери, структуралары, бөтөнчө бир образ, идея, ой-тилек, кыял, схема, түшүнүк түрүндө жашайт. Адам алардын барлыгын, тигил же бул ыңгайда таасири тийип жатканын таамай-так аңдап билбейт. Ошондуктан мындай онтологиялык элементтер жоктой, болбогондой туюлат, ачык аң-сезимдин сыртында, четинде калат. Ушул сыпатта аң-сезимди айсбергге салыштырсак болот.

Аң-сезимдин онтологиясы – али көп жагынан табышмактуу, бир кыйла татаал маселе. Аны оңой эле ача коюп, оңой эле түшүндүрө коюш мүмкүн эмес. Кээде өзүңдү өзүң түшүнбөйсүң. И. Кант бекеринен турмушта эки нерсе түбөлүк сырлуу: бири –жылдыздуу асман, экинчиси – адамдын ички дүйнөсү дебегендир. Онтологиялык катмар – бул илим – теория жете элек же бир жаңсыл түшүндүрө албай жаткан кубулуштар эмес. Кеп реалдуу, объективдүү түрдө жашап турган аң-сезимдин көмүскө, жашынган, бекинген структуралары, механизмдери тууралуу жүрүп жатат.

Аң-сезимдин онтологиясын талдап-түшүнүү аракети философияда кызыктай теория, моделдерди түзүүгө алып келген. Айталы, Платон ой-түшүнүктүн калыптанып-чыгышын «эске-түшүрүү, «эстөө» (воспоминание) иретинде карайт. Жан денеге кошулганга, киргенге чейин көргөн – билгенин «эстейт» да, ошондон билим-түшүнүк жаралат. Сократ кул баланы өзүнүн «диалектикалык» методуна салып, сурамжылап отуруп, анын Пифагордун теоремасын мурун эле «билерин», азыр Сократтын жардамы менен «эстеп» гана жатканын далилдешке аракеттенет. Ал эми Декарт (аны жолдогондор) «тубаса идеялар» (врожденные идеи) теориясын сунуштайт. Мында айрым идеялар адам менен кошо төрөлбөсө да, каны менен кошо берилбесе да, «тубаса» мүнөздө болоору ырасталат. Бул сыяктуу теория, моделдер – аң-сезимдин табиятын, сырын талдап-түшүнүштүн өзгөчө жолдору, ыктары.

Аң-сезимдин онтологиялык катмарын кепке алганда сөзсүз түрдө ***бейаң проблемасына*** (бессознательное) дуушар болобуз. Бул проблеманын тамыры философиянын тарыхында тереңге кеткени менен теория деңгээлинде, атайын изилденчү предмет катарында каралышы австриялык врач, философ Зигмунд Фрейддин (1856–1939) окуусуна байланыштуу. Ал өз сөзү менен айтканда «Мендин» өз үйүндө кожоюн эмес экенин көргөзгөн.

З. Фрейддин оюу боюнча адамдын аң-сезими үч бөлүктөн, структурадан турат, куралат: «Жогорку – Мен» (Сверх – Я), «мен» (Я) жана «ал» (Оно). «***Жогорку – Мен***» – бул коомдук жүрүш-туруштун эреже-нормалары, традиция, каада-салт, ата-эненин тыйуулары, адеп-абийир жол-жоболору. «***Мен***» – инсандын аң-сезими, жан-дүйнөсү. Ал эми «Ал» –

инстинкттер, бейаӊ (бессознательное) кубулуштар, комплекстер. Фрейддин айтымында адамдын айрым сезим – туюмдары, ой-кыялдары «Жогорку Мендин» сынынан, элегинен өтө албай, басылып-тыйылат да «Анын» (Оно) энчисине өтөт. Адам «уялып», «коркуп» жасай албаган нерселер сүрүлүп «Ага» көчөт да, топтолуп, бугуп жатып, чоӊ күчкө (энергияга) ээ болот. Фрейддин окуусун бир беткей же апыртып карасак, анда турмушту бүтүндөй эле «Ал» (оно, бессознательное) бийлеп алгандай көрүнөт. Саясатта болсун, искусстводо болсун, адамдардын өз ара мамилесинде болсун баарын инстинкт, комплекс башкарып тургандай сезилет.

Албетте, практика көргөзгөндөй Фрейддин окуусун ар кыл чечмелесе, түшүнсө болот. Бул-бир. Экинчиси, бул теориянын өзүндө бүдөмүк, так эмес, эки анжы ойго салган учурлар бар. Ал эми фрейдизмдин алгылыктуу жагын, жарактуу мазмунун издесек, анда бул улуу илимпоз, ойчул бейаӊ кубулуштардын табиятын тереӊ карап, алардын адам турмушундагы орун-кызматын кеӊири сыпаттап, адамдын жан дүйнөсүнүн көмүскө, жашырын кыйырларын кылдат иликтегенине күбө болобуз.

Бейаӊ (бессознательное) – аӊ-сезимден сырткары, обочо турган, ага тиешеси жок кубулуш эмес. Ал аӊ-сезимдин табигый, ички бөлүгү, катмары. XX кылымдын гуманитардык илимдери жеке адамдын турмушунан да, коомдун рух-интеллектуалдык өнүгүшүнөн да сандаган бейаӊ кубулуштарын таап, аларды түргө бөлүп, себеп-негиздерин иликтеп, кызмат – функцияларын айкындоодо орчундуу натыйжаларды берди. Анын рух мейкининде реалдуу жашаганын айгинеледи.

Аӊ-сезимдин табиятын иликтеп түшүнүүгө искусство, өзгөчө, көркөм адабият чоӊ салым кошту. Жойс, Пруст, Фолкнер, Кафка өӊдүү сөз чеберлери өз чыгармаларында адам аӊ-сезиминин не бир табышмактуу, татаал жактарын көркөм образ аркылуу элестүү, таамай көргөзүп, адамдын жан дүйнөсүндөгү өзгөрүш-кубулуштарды кылдат туюп-баамдап, илимий-теориялык тыянактарга кеӊири база түзүп беришти.

Адам аӊ-сезимин теория деӊгээлинде изилдеп-түшүнүүдө Чыгыш философиясынын да тажрыйбасына кайрылган оӊ. Азырынча Индия, Кытай ойчулдарынын мурасы ушул жагынан чети оюлбаган дыӊ сымал жатат. Көбүнчө мистикалык окуу-концепциялар сөзгө алынып, жайылып, ал эми олуттуу философиялык теориялар көмүскөдө калууда.

Арийне, И. Кант айтмакчы Аалам («жылдыздуу асман») канчалык чексиз, сырлуу болсо, адамдын ички дүйнөсү да ошондой эле учу-кыйырсыз, табышмактуу. Бул жерде сөз «көзү ачыктар», олуялар (алдын ала айткандар) же мистикалык кубулуштар жөнүндө эмес. Кеп кадимки эле аӊ-сезимдин өзү канчалык сырлуу экени, ал азырынча илим бир жаӊсыл түшүндүрө албаган касиеттерге бай экени, али анын күчүн, мүмкүнчүлүгүн тактап биле элек экенибиз тууурасында.

## ТААНЫМДЫН ТАБИЯТЫ

**(же гносеология)**

**Гносеология** (грекче gnosis – таанып-билүү жана logos - окуу) – таанным теориясы, башкача айтканда, адам дүйнөнү кандайча таанып-билээрин, билим кантип жаралаарын, анын шарт-жагдайын жана чек-кыйырын иликтеген окуу. Термин катарына XVIII кылымда кошулуп, XIX кылымдын орто ченинен философиянын өзүнчө тармагы, бөлүгү иретинде карала баштаган. Иш жүзүндө таанымдын теориясы (гносеология) мындай ат ала электе эле, Байыркы грек философиясында тамырлап, өнүгө баштаган. Биринчи кезекте бул Платонго (ири алдыда анын идея жөнүндөгү окуусуна) тиешелүү. Ал эми философиянын тарыхын сыдыра карасак анда ар бир өз алдынча философиялык системадан же тигил же бул белгилүү ойчулдун эмгектеринен гносеологиялык маселелер атайын иликтенээрин, талдоого алынаарын көрөбүз.

Гносеологияга маанилеш **эпистемология** (грекче episteme - билим) термини колдонулат. Англис тилиндеги философиялык эмгектерде ал көбүнчө гносеологияны алмаштырып, билимдин, таанып-билиштин теориясы деп бааланат. Ошондой эле анын дагы бир өзгөчө мааниси – эпистемология илимий билимдин (научное знание) теориясы, илимде билим кантип калыптанарын, анын билимдин башка түрлөрүнөн айрымаланып турган өзгөчөлүктөрүн түшүндүргөн окуу катары каралат.

Жогоруда айтылгандай, тааным теориясы, гносеология онтология менен жанаша философиянын маанилүү бөлүгүн түзөт. Ар кандай орчундуу философиялык багыт, окуунун курамынан атайлап иштелип чыккан гносеологиялык концепцияны, көз караштардын системасын, тутумун табабыз. Себеби, гносеология онтология менен эриш-аркак. Курчап турган дүйнөнү, өзүбүздү аӊ-сезим аркылуу туябыз, кабылдайбыз, таанып-билебиз. Дүйнө – бул биз билген дүйнө. Билбегенибизди кантип айтмак элек? Сырткы, өз бетинче жашап турган, адам жокто эле жаралып, адамсыз эле боло келген материалдык, физикалык дүйнө менен катар адамдын жан дүйнөсүнө, акыл аракетине байланышкан ой-түшүнүк, аӊ-сезим, билим дүйнөсү бар. Болмуштун бул катмары да адам турмушунда канчалык зор мааниге ээ болсо, талдап-баалап түшүнүш үчүн ошончолук татаал.

Философияда таанып-билүү тууурасындагы маселени айтылуу И. Кант кабыргасынан койгон деп эсептелет: ал «мен эмнени биле алам?» деген суроону ортого таштаган. Муну ылайык тапкан да бар, ага кошулбай, четке каккан да бар. Кеп анда эмес. Кеп, адамдын дүйнөнү таанып-билишине тиешелүү суроолор бөтөнчө мааниге ээ экендигинде. Билим деген эмне? Качан, кандай жагдайда бир нерсени «билем» деп айтышка акылуубуз? Эмненин негизинде, кандай шартта дүйнөнү (андагы нерсе, кубулуш, окуяларды) таанып-биле алабыз? Билимдин булагы эмнеде, неден башталат? Билимдин, таанымдын жолдору, ыктары, каражаттары кайсылар да, түрлөрү кандай? Накта, туура билимди жалган, адашкан билимден кантип айрыйбыз? Чындык, акыйкатты (истина) калптан кантип, кандай чен-өлчөмдөрдүн (критерийлердин) жардамы менен ажыратабыз? Билимдин чеги барбы, жокпу? Ушулар өӊдүү толгон-токой суроолор ар бир адамдын оюна келген сыяктуу эле, илгертен бери философторду, теоретиктерди ойго салып, тынчын алып, беймаза кылып келе жатат. Ар түркүн ой-пикир, көз караш айтылып, ар кыл теория, окуулар токулуп, куралып, том-том эмгектер жазылып, бирок алиге чейин талаштын, талкуунун булагы бойдон калууда.

Айрым учурда гносеологияны бүтүндөй философия менен теңешип, тааным теориясы философиянын бардык маселелерин өз кучагына камтыйт деп эсептешет. Мындай көз караш **гносеологизм** аталат да, иш жүзүндө жаңылыш, бир беткей позиция катарында бааланганы оң. Туура, гносеология философиянын орчундуу, маанилүү бөлүгү; ал таанымга, билимге түз же кыйыр тиешеси бар көптөгөн маселелерди иликтейт. Бирок, ушундан улам ал философияны алмаштыра алат деп тыянак жасаш орунсуз.

Гносеологиянын эмпирикалык базасы (тажрыйбалык негизи) кең жана бай. Таанып-билүү иш-аракетинин мыйзам ченемдери, уруттуу касиеттери логика, психология, лингвистика, этнография, искусство таануу ж. б. көптөгөн илимдердин маалыматтарына, жыйынтыктарына таянуу аркасында теориялык талдоого алынат. Өз кезегинде алар да гносеологиянын жалпы жол-жоболоруна, теориялык схема, моделдерине кайрылышат.

Тааным (познание) деген эмне? Бул – адамдын иш-аракетинин бир түрү, анын натыйжасында болмушту таанып билебиз, жаңы нерсе, кубулуш, касиеттерди ачабыз, жаңы билим, түшүнүккө жетебиз.

Тааным ар кыл түрдө, ар кандай жол менен жүзөгө ашат. Ага күнүмдүк турмушта көргөн билгенибиз, жомок, миф, уламыштардан алганыбыз, искусство чыгармаларынан үйрөнгөнүбүз, дин жол-жоболору, илимий теория, концепциялар кирет. Алардын өзүнө тиешелүү кызматтары, өзгөчө касиеттери бар.

Таанымдын жөнөкөйлөтүлгөн (ошондуктан өтө эле жупуну) схемасы, сөлөкөтү мындай: тышкы нерсе, кубулуш (же объект) адамдын аң-сезимине (же субъектке) таасир этип, өзүнүн образын (сүрөтүн), копиясын (көчүрмөсүн) жаратат. Бул ОС туюнтмасы аркылуу сыпатталат.

Ал эми иш жүзүндө, тааным – татаал иш. Аны адамдын иш-аракети катарында карасак, төмөнкүдөй элементтерден (бөлүкчөлөрдөн) турган структураны, түзүлүштү элестетебиз. Ар-кандай таанып-билиш белгилүү бир **шарттардын** негизинде, белгилүү бир жагдай-кырдаалда башталып, ишке ашат. Ал кайсы бир **максат** көздөп, кайсы бир **милдеттерди** аткарууга багыт алат. Аны белгилүү бир камы, даярдыгы бар адам же топ, коллектив (**субъект**) жүзөгө ашырат, таанып-билүү айрым бир **жол-ыктар, курал-каражаттар** аркылуу жүрөт. Бул иш-аракет белгилүү бир нерсе, кубулушка (**объектке**) багытталат. **Натыйжада** белгилүү бир билим-түшүнүк жаралат, проблема чечилет, маселе аныкталат. Бул таанымдын иш-аракет түрүндөгүсү («деятельностная модель познания» деп коёбуз).

Гносеология окууларында таанып-билүүнүн эки деңгээли ажыратылат: **сезим** («чувственный уровень» же «чувственное познание») жана **акыл-эс** («рациональный уровень» же рациональное, логическое, абстрактное познание). Адам нерсени көрөт, үнүн угат, даамды татат, катуу-жумшакты туят. Башкача айтканда, адамды тышкы дүйнө менен сезим органдары (көз, кулак, мурун ж. б. дене мүчөлөрү) байланыштырат. Болмуштагы нерселердин, кубулуштардын айрым касиеттерин сезип-туябыз. Бул **сезим таанымы** (чувственное познание) аталат. Ошол эле учурда дүйнөнү акыл-эс аркылуу талдап, салыштырып, иликтеп, ой-түшүнүк топтоп, тыянак жасап, мурунку-кийинкини байланыштырып нерсенин маани-мазмунун аныктайбыз. Бул түшүнүк (понятие), категория, концепция, теориялардын аркасында ишке ашат. Муну **акыл-эс таанымы** (рациональное познание) деп атайбыз.

Албетте, бул шарттуу ажыратыш. Таанып-билүү процессинде экөө эриш-аркак байланышкан. Сезүү органдары тышкы дүйнөгө жол ачат. Аларсыз чексиз дүйнөнүн сансыз касиет-сапатын аныктап билиш мүмкүн эмес. Ошол эле учурда ой-түшүнүк, акыл-эс болбосо, нерсенин ички табиятына, маани-маңызына жол жок. Көзгө көрүнбөгөн, колго кармалбаган, акыл-ой менен жете турган нерселер бар. Демек, сезим менен акыл бир, жанаша, бирин бири шарттап, толуктап турат.

Бирок, дүйнөнү таанып-билүүдө кайсынысынын кызмат-орду кандай деген суроо коюлганда философиянын тарыхынан ар кыл жооп табабыз. Сезүү мүчөлөрүнүн кызматын өзгөчө баалап, «сезим таанымы баарын аныктайт» деп ашкере көтөргөн пикир, позиция **сенсуализм** (латынча sensus – сезим, туюм) атыккан. Ал эми анын тескериси, акыл-эстин кызмат-ордуна бөтөнчө маани берип, логиканын, абстракциячыл ойдун намысын талашкандардын иши **рационализм** (латынча ratio – акыл-эс) деген атка конгон. Ар биринин өзүнө тиешелүү жол-жоболору, күбө туткан далил, аргументтери, теориялык тыянактары бар.

Билимдин түрлөрү көп. Биз демейки, күндөлүк турмушта көргөн-билгенибиз, аңдап-түшүнгөнүбүз **демейки билимди** (повседневное, обыденное знание) түзөт. Адамдын жашоо-тиричилиги, башкалар менен карым-катышы көбүнчө ушундай ой-түшүнүктөрдүн алкагы менен чектелет. **Диний** көз караш, ишенимдер да билимдин өзгөчө түрүнө кирет. Алар аркылуу курчап турган дүйнөнү, адам баласынын турмуш-жашоосун белгилүү бир мүнөздө аңдап-түшүнөбүз, баалап-барктайбыз. **Миф, искусство, инженердик өнөр**, **саясат** ж. б. да билим болуп эсептелет.

Билимдин ар кыл түрүнүн өзүнө тиешелүү касиеттери, мүнөздөмөсү бар, өз алдынча кызмат, жүгү бар. Диндин ордун искусство баса албайт, ошол эле учурда билимдин башка түрлөрү искусствонун (айталы, театрдын) кызматын кыла албайт. Демек, ар биринин өз орду бар.

Алардын арасында **илим** бөтөнчө орун ээлейт. Илгертен эле илим дүйнөнү таанып-билиштин эң так, далилдүү, туура жолу катары каралып келген. Илим жолунда алынган билим бийик баага арзып, баарынан жогору коюлат. Чексиз ааламдын сансыз сыр-табышмагын ачыш илимдин гана колунан келет деген көз караш Жаңы мезгилден бери адамзат коомунда талашсыз эсептелип келет. Ал эми XX кылым – илим-техниканын заманы катары мүнөздөлгөнү коомдун өнүгүшүндө илимдин кандай орун алганына берилген баа болуп эсептелет.

Ар бир илим белгилүү бир **категориялардын, концепция, теориялардын** тутуму (системасы) түрүндө өрчүп-өнүгөт. Ар биринин өзүнө тиешелүү изилдөө **предмети** болот, өзүнө мүнөздүү жол-жоболору (принциптери), **методдору,** ык-жолдору болот. Илимий изилдөөнүн методдору **эмпириялык** жана **теориялык** болуп эки топко бөлүнөт: биринчисине – байкоо жүргүзүү, маалымат жыйноо, эксперимент ж. б. кирет. Ал эми экинчисине анализ жана синтез, аксиоматизация, гипотеза-дедукциячыл метод, идеализация, абстракция куруу ж. б. кошулат. Эгер эмпирикалык метод

изилдөөчүнү иредмет менен түздөн түз байланыштырса, теориялык метод концепция, гипотеза, принцип, теория түзүү аркылуу изилденип жаткан нерсенин жаңы касиет-маңызын ачышка мүмкүндүк берет.

Илимдер жалпысынан үч түргө бөлүнөт: булар **табигый, техникалык** жана **коомдук** (же гуманитардык) илимдер. Алардын айрымдары тээ илгери эле – Байыркы Египетте, Байыркы Кытайда, Байыркы Грецияда – пайда болсо, айрымдары кечээ жакында эле (айталы, кибернетика, генетика ж. б.) өз алдынча тармак катарында өнүгө баштады.

Билимдин түрлөрү тууралуу сөз кылганда дагы бир жагдайды белгилей кеткенибиз оң. Өзүнүн сырткы белгилери боюнча илимге окшош (айталы, колдонгон методдору же теориялык жалпылоолору, гипотезалары), бирок накта илимге коюлчу айрым олуттуу талаптарга жооп бере албаган, азыркы «дүйнөнүн илимий элесинен» («научная картина мира») оолак, четте турган билимдер чөйрөсү бар. Муну илим сымал билим (околонаучное, псевдонаучное, паранаучное знание) деп коюшат. Мисал иретинде уфологияны («учма тарелкалар» жөнүндөгү иликтөөлөр) же парапсихологияны (адамдын экстрасенсордук касиеттери тууралуу маалымат, «теориялар») көрсөтсөк болот.

«Чындык деген эмне?»[1]. Бул – философиянын байыркы жана түбөлүк суроолорунун бири. Байыркы грек акылмандары да бул суроонун тегерегинде көп баш катырышып, кызуу талаш-тартышка түшүшкөн. Ал Библияда да бөтөнчө мааниге ээ болгон. Иисус Христос чындык тууралуу сөз козгогондо, римдик өкүмдар Понтий Пилат «Чындык деген эмне?» деп керкакшык менен суроо узатат. Мааниси: ал Христос билген чындыкты сурап, мен дагы билип, түшүнүп алайын дегенде эмес. Пилат: чындык деген татаал, аны ким билерин ким билет, дегеле чындык өзү барбы-жокпу, бар болсо ага жетиш оңойбу, анан ушу сен, селсаяк насаатчы – чындыкты билесиңби? – деп, тигини какшыктап, шылдыңдап жатат. (Бул эпизоддун көркөм интерпретациясын, түшүндүрмөсүн Чыңгыз Айтматовдун «Кыямат», Михаил Булгаковдун «Мастер менен Маргарита» романдарынан табасыңар).

Понтий Пилат таштаган бул собол аликүнчө өз маанисинен тайбай келе жатат. Коомдун саясий тарыхын, илим-билимдин өнүп-өсүшүн, дин же искусстводогу олуттуу бурулуш кездерди, тарыхый инсандардын жашоо-турмушун үңүлүп карасак, анда чын менен жалгандын, туура менен натууранын, түз менен адашкандын, ак менен каранын айыгышкан күрөшүнө күбө болобуз. Баарынан кызыгы – чындыкты далилдеш кыйын, башкаларды өз түшүнүгүңө көндүрүш, ынандырыш кыйын, ошол эле учурда ар ким өзүнүкүн чын ойлойт, туура көрөт. Кыргыз «калп кара өзгөй каткырганда, чын чычалап чыга качыптыр» – деп коет. Калп, жалган утурумдук болсо да чынды, чындыкты жеңип кеткен учурлар аз эмес. Мындай кезде «ак ийилет, бирок сынбайт» – деп коюшат.

Чындык (чын) жөнүндөгү түшүнүктүн этикага (адеп-абийирге, жакшылык-жамандыкка) жана (юриспруденцияга), укукка калыс чечим, акыйкат өкүм байланышкан жактары бар. Биз азыр анын гносеологиялык маанисин, б. а., билимге, таанымга тиешелүү жактарын карап жатабыз. Биздин тигил же бул нерсе тууралуу таанып-билгенибиз чынбы (чындыкпы) же жаңылып, алданып жатабызбы? Эгер чын болсо кайсы деңгээлде чын да, аны кантип далилдейбиз, ырастайбыз? Ушул өңдүү суроолор чындык теориясында (теория истины) такай талкууга түшүп келет.

Чындыктын үч концепциясын ажыратып көргөзсөк болот. Биринчиси – **классикалык концепция**, тарыхы Аристотелден башталат. Ал эгер ой-түшүнүк болмушта, иш жүзүндө нерсе кандай болсо ошого дал, туура келсе, анда бул чындык болот деп ырастайт. Ошондуктан ал чындыктын **корреспонденттик** (туура келгендик) концепциясы деп да аталат. «Кыргызстандын борбору – Бишкек». Бул – чындык. «Кыргызстан 1991-жылы мамлекеттик көз карандысыздыкка жеткен». Бул – чындык. Демек, биздин билгенибиз, ой-түшүнүгүбүз иш жүзүндөгүгө туура келсе, биз чындыкты айтып жаткан болобуз. Мына, жөнөкөй, кыска, илгертен келе жаткан аныктама, концепция. Бир караганда таамай-таасын, талашсыз көрүнгөнү менен бул концепция телегейи тегиз эмес, бардык талапка жооп бербейт экен. Талаш көбүнчө ошо «туура келет» (соответствие) деген эмне, аны кантип түшүнсө болот – ушунун тегерегинен чыгат. Анан «иш жүзүндө» (на самом деле) кандай экенин кантип билебиз? Бул дагы ой, түшүнүк, билим болуп жатпайбы. Демек, ой менен ойду, билим менен билимди катар коюп, салыштырып жаткан болобуз. Айтор, Аристотелден бери колдонулуп келе жаткан бул концепция азыр да өзүнүн жарактуу маани-мазмунун сактап турат, бирок тактоого, толуктоого муктаж.

Экинчиси – чындыктын **когеренттик** (согласованность, шайкештик) концепциясы. Ага ылайык эгер жаңы билим, ой-түшүнүк андан мурунку, андан кеңири билимге шайкеш болсо, ага каршы келбесе, анда ал чын болот. Б. а., кайсы бир предметке, проблемага тиешелүү билимдер тутумунда (системасында) ички карама-каршылык болбосо, алар өз ара кыналып, бирин бири ырастап, тиреп-жөлөп турса, анда чын көз караш, теория, ой-пикирге ээ болобуз. Бул критерий, чен-өлчөм илим методологиясында жана тарыхында, теориялык көз караштарды талдап-баалаганда кеңири колдонулат.

Үчүнчүсү – чындыктын **прагматикалык** концепциясы. Ал эгер билим талап-мүдөөгө туура келсе, пайда берсе, оң натыйжага ээ болсо, анда чындык болот, – деп ырастайт. **Практика** чындыктын чен-өлчөмү (критерий) эсептелет. Прагматизмдин негиздөөчүсү, америкалык ойчул Уильям Джеймстин (1842–1910) «Кудай барбы – жокпу, адам кудайга ишенсе, бул анын жашоо-турмушуна пайдалуу болсо, анда бар» – деп айтканы маалым.

Албетте, чындыктын башка да концепциялары бар. Биз кеңири таралган үчөөнө мүнөздөмө бердик. Үчөө тең өзүнө жараша ийгилиги, өзүнө жараша кемчилиги менен айырмаланат. Алар бири бирин толуктап, оңдоп-түздөп турат.

Чындык каккан казыктай жылбай, куюлган калыптай катып калган нерсе эмес. Болмуш кыймылда тургандай эле, ал дагы өзгөрүп-кубулуп, такталып-жаңыланып турат, бөксөсү толот, ийриси түзөлөт. Чындык тууралуу сөз кылганда, ой-түшүнүктүн динамикасын эске алыш зарыл. Ошондуктан, чыныгы билимдин **абсолюттук** жана **салыштырмалуу** жагын ажыратып кароо келип чыккан. Теориялык адабиятта **абсолюттук чындык** (абсолютная истина) жана **салыштырмалуу чындык** (относительная истина) деген түшүнүктөр кездешет. Кээде алар мындай чечмеленет: биринчиси – телегейи тегиз, кынтыксыз, шексиз, туташ чындык же иш жүзүндө болбос, жетпес идеал катарында алдыга, келечекке жетелеген нерсе, ал эми экинчиси болсо – өтөр-кетер, утурумдук, бир карасаң чын, бир карасаң калп көрүнгөн ой-түшүнүк. Бул – шарттуу, бир беткей, ала качма түшүндүрмө (интерпретация). Эгер ушул эки категориянын маани-мазмунун оңунан түшүнсөк, анда мындай тыянак жасаганыбыз эп. Ар кандай чын билимдин түбөлүк, мейкин-мезгилге,

убакыт-шартка көз каранды болбогон, качан болбосун, кайда болбосун өз маанисин сактаган жактары (бөлүктөрү) болот, ошол эле учурда анын жүрө-жүрө такталып, оңдолуп, кеңейип келген жактары бар. Ошондуктан, ар кандай чындыктын абсолюттук жана салыштырмалуу касиеттери биримдикте, бүтүндүн бөлүктөрү, эгиздин түгөйлөрү сымал турат. Эйнштейндин физикасы Ньютондун физикасын оңдоду, түздөдү, толуктады, ошол эле кезде классикалык физика таптакыр таштандыга ыргытылган жок, ал өзүнүн оң, туура маани-мазмунун сактап калды.

**БААЛУУЛУКТАР ДҮЙНӨСҮ**

**(же аксиология)**

**Аксиология –** философиянын бир бөлүгү. Бул термин грекче axia – кымбат, баалуу жана logos - окуу деген сөздөрдөн чыккан. Аксиология – баалуу, кымбат нерселердин теориясы, ошол туурасындагы илим болуп эсептелет.

Адам болмуштагы нерсе, кубулуш, окуяларды таанып-билет, иликтеп түшүнөт. Бул анын тааным иш-аракети (познавательная деятельность) аркылуу жүзөгө ашат. Адам болмушту өзгөртүп курат, жаңы нерселерди жасайт, башка адамдар менен мамиле түзүп, коом турмушуна аралашат. Бул – анын тажрыйбасы, иш жүзү (практическая деятельность) аркылуу жүзөгө ашат. Ошол эле учурда адамдын жашоо-турмушунун дагы бир маанилүү жагы бар. Ал ой-түшүнүк түрүндө курчаган дүйнөнү аңдап-түшүнүү, иш жүзүндө аны өзгөртүп-өнүктүрүү менен катар аны баалайт, болмуштагы нерселердин маанисин аныктап, баа берет, баасын бычат, жактырып-жактырбаганы болот, жакшы-жаман көргөнү болот. Кымбатын аздектеп, жакпаганын четке кагат. Баарынан кымбат көргөн, эч нерсеге теңебеген, баа жеткис нерселер бар. Бул – баалоо иш-аракети (оценочная деятельность) аркылуу жүрөт. Философиянын ушундай кымбат, баалуу, барктуу нерселер дүйнөсүн иликтеген бөлүгү аксиология аталат.

Аксиологиянын теория укугун, статусун алып, өзүнчө окуу катарында калыптанып өнүгүшү немец физиологу жана философу Г. Лотценин ысмы менен байланышкан. Ал XIX кылымдын 60–70-жылдары баалуулук дүйнөсүн өзүнчө ажыратып караш зарылдыгын далилдеген. «Баалуулук» (ценность) категориясын негиздеп, ал болмуштагы кубулуштардан (фактылар) жана аларды акыл-ой аркасында таанып-билүүдөн (чындык, истина) айырмаланат деп чыккан. Ошондон баштап аксиология ушул аты менен философиянын өзгөчө тармагы катарында каралып келет.

Ар кыл философиялык системада бул теориянын орду ар кандай. Кээ бир окууларда аксиологиянын бары-жогу кепке алынбайт, кымбаттык маселеси (проблема ценностей) атайылап ажыратылбайт. Ал эми башка бир багыт, агымдарда бул маселе философиялык иликтөөлөрдүн очогун, башкы максатын түзөт. Аксиологиянын өзгөчө мааниси этикада, эстетикада, психологияда даана көрүнөт. Ошону менен катар бул теориянын аталышы ар кандай болушу ыктымал, маселен, кымбаттык философиясы же кымбаттык этикасы, кымбаттык теориясы.

Бирок, кандай болбосун маселенин реалдуу маани-мазмуну бар жана теория деңгээлинде изилдөөгө татыктуу.Ошондуктан, терминдин өзү XIX кылымда колдонулганы менен аксиологиянын проблемалары илгертен эле талкууга түшүп келген.

Аталышы эмес, мазмун жагынан алганда аксиологиянын башатын антика философиясынан табабыз. Платон болмуштун (бытиенин) эки жагын иликтеп, сезимдик жагы – реалдуу (көрүп-сезип турган) дүйнө, ал эми сезимден өйдөсү (сверхчувственный) – акыл-ой менен ачылчу дүйнө (умопостигаемая реальность) деп үйрөткөн. Ошол эле учурда бул эки жактын (дүйнөнүн) биримдигин ырастаган, аны Бирлик (Единое) атаган, ал эми Бирлик – бул **Жакшы** (Благо) деп эсептеген. Мындайча айтканда, физикалык дүйнө менен акыл-эс дүйнөсүн бириктирген негиз аксиологиялык мазмун алып, кымбаттык иретинде бааланып жатышы.

Бирлик антика философиясында Космос түрүндө же Логос сыпатында каралат. Демек, белгилүү бир тартип, ыраат, гармония жөнүндө кеп болуп жатат. Бул болсо аларга баа берилип, кымбаттыгы аныкталып, наркы белгиленген дегенди билдирет. Байыркы гректер негизинен үч нерсени баалап-барктаган: **чындык, сулуулук** жана **жакшылык** (истина, красота, добро). Ошондой эле аларды үчилтик санап, бир, бүтүн, туташ кейипте баалашкан. Чындык ар дайым сулуу, ысык, ал жакшылык алып келет. Таза сулуулук чыныгы болот, жакшы көрүнөт, байлык эсептелет. Ал эми жакшылык – чындап жасалат, таза болот, сулуу, көрктүү бааланат. Булар адам коомунун жалпы (универсал), орток байлыгы, баалуулук. Жалпы адамзаттык баалуулук заттардын (общечеловеческие ценности) жогорку катмарында турат. Бекеринен Аристотелдин «Платон досум, бирок чындык андан кымбат» дегени учкул сөзгө айланып, азыркыга чейин адамдардын оозунан түшпөй келатканы жок.

Батыш Европанын тарыхында III–V кылымдарда грек-рим цивилизациясы кыйрап, оомат орто кылымдарга оойт. Бул доордун эң кымбат көргөнү, эң ыйык тутканы кудай болду, дин байлыгы (религиозные ценности) коом турмушунда үстөмдүк кылды. Динчилердин сөзү нукура чындык, айныгыс акыйкат эсептелип, динбузарлар отко түшүп, дин коргош үчүн эл чабышып, согуш жүрүп, кан төгүлдү. Эгер байыркы маданиятка **космоцентризм** мүнөздүү болсо, орто кылымдардын кымбаттык дүйнөсү **теоцентризмди** борбор тутту. Бул Фома Аквинский (1225–1274) өңдүү «чиркөөнүн мугалимдеринин» эмгектеринде теориялык – философиялык талдоого алынып, ал түптөгөн окуу (учение) каада-салтка айланып, азыр да **неотомизм** (диний философия) агымында уланып отурат.

Жаңы заман келип, капитализм калыптанып, рынок жайылып, мамлекеттүүлүк орноп, илим-техника күч алганы (XVI–XIX к. к.) кымбаттык дүйнөсү дагы бир жолу түп-тамырынан бери өзгөрүп – жаңыланды. Анын эң кымбаты, башкы байлыгы катары табият, акыл-эс, адам эсептелди. Жаңы замандын баалуулук дүйнөсүнө **рациоцентризм** мүнөздүү болду. «Күчтүн баары билимде» («Знание – сила». Бэкон) деген ураан көтөрүлдү.Жаңы замандын баалуулук дүйнөсүн теория жагынан талдап-негиздөөгө, аксиологиянын өз алдынча калыптанып – өнүгүшүнө И. Кант зор салым кошкон. Ал бар (сущее) менен кажетти (должное, долженствование) даана жиктеп, баа беришти, баалуулуктукту аныкташты кажетке (керек болор, максаттагы нерселерге) байланыштырат. Натыйжада кымбатзаттын табиятын, анын тек-жайын теориялык деңгээлде аңдап-түшүнүшкө негиз, шарт түзүлөт. «Кенигсбергдик акылмандын» ишин Фихте,

Шеллинг, Гегель, Маркс сымал улуу ойчулдар улантат. Ал эми Герман Лотце аксиологияны философиянын өз алдынча тармагы катарында түптөйт.

Аксиология дуушар болгон негизги теориялык түйүн кымбатзат менен анын кымбатзаттыгын түзгөн, жараткан шарт-жагдайдын ортосундагы байланышты талдап-түшүнүштө чиеленет. Бул маселени концепция калыбында иликтөө төрт багытка жиктелет.

Биринчиси – **аксиологиялык психологизм** (В. Вундт, Ф. Брентано, А. Мейнонг). Бул багытта адамдын жан дүйнөсү – максат – тилеги, эрк-талабы, сезим-туйгусу, каалоо-мүдөөсү ж. б. баалуулуктун, баалуу нерсенин негизи, булагы деп эсептелет. Мындай концепциянын (теориячыл түшүнүктүн) күчтүү жагы – кымбаттыкты тажрыйбага, турмушка тыгыз байланыштырса, чабал жагы – субъективдүүлүк менен объективдүүлүктүн карым катышын, баалуулук жалпыга орток маани-мазмунун таамай таасын ача албагандыгында.

Кийинкиси – **аксиологиялык нормативизм** (М. Вебер, В. Дильтей, О. Шпенглер). Бул концепциянын өкүлдөрү кымбаттык касиети, мааниси коомдук-маданий турмушта орногон жол-жоболор, норма-эрежелер, каада-салттар менен шартталат деп ырасташат. Алар кымбатзатты социомаданий мейкинге алып чыгып, анын элге орток маани-мазмунун аныктаганы менен, эмне үчүн булардын бири өйдө да, бири төмөн, эмне үчүн адамдар бирин кымбат, артык көрөт да, экинчисин элес албайт, баалабайт деген суроодо буйдалып-чайналышат.

Үчүнчүсү – **аксиологиялык трансцендентализм** (Г. Лотце, В. Виндельбанд, Г. Риккерт). Мында баалуулук тамыры маданияттын түпкү, тереңдеги башталмаларынан, шарт-жагдайларынан азыктанат деп аныкталат. Натыйжада кымбатзат субъективдүү да эмес, объективдүү да эмес, алардан өйдө, тыш (трансцендентальное) турган кол жеткис бийик дүйнөгө айланат. Асыл максат, аруу тилек, бийик идеал, таза эталон, айныгыс норма сыпатында кымбатзат дүйнөсү болмуштун (бытиенин) үстүнө калкып чыгат. Философиялык жактан күчтүү, чебер, жемиштүү болгону менен бул концепция кымбаттыкты өзүнчө эле сыргa бөлүп, акыл жеткис, сезим өткүс акыбалга көтөрүп таштайт. Төртүнчүсү – **аксиологиялык онтологизм**. Мунун өзгөчөлүгү мындай. Аны шарттуу түрдө гана бир багыт деп эсептешке болот, анткени ал кучагына тарткан теориялык түзүмдөр, окуудар ар түрлүү – башкы маселелери боюнча да, аларды изилдөө жол-ыктары боюнча да ич ара бир кыйла айырмаланышат. Ошол эле учурда аларды бириктирген, жакындаткан белгилер да талашсыз. Аксиологиялык онтологизм XX кылымдын туундусу. Мурунку концепциялардан олуттуу айырмаланат. Эгер аксиологиялык психологизм субъектилик мүнөзгө ээ болсо, аксиологиялык нормативизм эреже, калып, норма, каада-салтка таянса, ал эми аксиологиялык трансцендентализм бийик метафизикалык маңызды негиз тутса, аксиологиялык онтологизмдин жалпы, мүнөздүү белгиси – баалуулук тамырын адам болмушунун (человеческое бытие) кыртышынан издегенинде, **баалуулук барлыгын** (ценностное бытие) адам турмушунун мейкининде иликтеп, жашоонун маанисине (смысл жизни) байлаганында. Баалуулук дүйнөсүн вертикалынан (тигинен) – «бийик», «терең» сыяктуу – эмес, горизонталынан, капталдата, мезгил агымында караганында.

Экзистенциализм, феноменология, персонализм, «жаңы онтология», герменевтика, постмодерн – XX кылымдагы философиянын ири агымдары. Ар биринин өзгөчө жолу, жүзү, кызматы бар. Ошол эле кезде алардын аксиологиялык мазмунун аныктасак, бул теориялык түзүмдөрдү бириктирген белгини табабыз. Бул – кымбаттыктын негизин, башатын адам болмушунан көрүш. Ошондуктан, аларды онтологизм позициясына кошуп, аксиологиядагы өзгөчө багыт катарында баалашыбыз ылайыктуу.

Бул багыттын башатында Ницшенин баалуулук, байлыктын баарын кайра баалоо («переоценка всех ценностей») зарылдыгы туурасындагы, Бергсондун убакыт жөнүндөгү окуудары турат. Гуссерл феноменологияда «жашоо дүйнөсүн» («жизненный мир») ачып, кымбаттыкты маани (**смысл**) маселеси менен туташтырган. Аксиологиялык онтологизмдин даңкын эки философ катуу чыгарган. М. Шелер Канттын айткандарын төгүндөшкө аракет жасап, кымбатзат тышкы (трансценденталдык) эмес, ички (имманенттик) касиет экенин, ал «жүрөктүн логикасына» (сезим, эмоция) баш иерин далилдөөгө далалат кылган. Ал эми Н. Гартман Шелерге жакын болгону менен андан айырмаланып, баалуулук мамилени эмоциялык – трансценденталдык мүнөздө сыпаттаган, «үмүт», «күтүү», «кызыгуу», «каалоо» сыяктуу категорияларга таянган. Ал адам эки дүйнөнүн – реалдуу жана идеялык дүйнөнүн ортосунда, кесилишинде турат деп эсептейт. Идеялык болмуштун (идеальное бытие) негизги түрү – баалуулук дүйнөсү, демек, ал реалдуу жана идеялык дүйнөнүн ортосунда, кесилишинде турат деп эсептейт. Идеялык болмуштун (идеальное бытие) негизги түрү – баалуулук дүйнөсү, демек, ал реалдуу дүйнөгө адам аркылуу таасир этет деп түшүнөт.

Албетте, жогоруда кыскача сыпатталган теориялык позициялар, аксиологиялык концепциялар баалуулук, байлык дүйнөсүнүн маани-мазмунун категориялар тутуму аркасында талдап, чечмелеп, ырааттап түшүнүш үчүн жасалган аракет-далалаттын натыйжасы. Эмне үчүн айрым нерселерди кымбат, байлык көрөбүз? Эмненин негизинде болмуштагы кубулуш, окуялардын бирин өйдө, бирин төмөн санайбыз? Бул алардын касиет, сапатына байланыштуубу же биздин талап-мүдөө, каалоо-тилек, сезим-табитибизге көз карандыбы? Же кымбатзаттар коомдогу каада-салт, тартип-таалим, эреже-жоболор аркылуу аныкталабы? Ушул өңдүү суроолорго далилдүү, ишенимдүү жооп табыш, алардын тек-жайын, маани-маңызын ой-түшүнүктүн элегинен өткөзүш – аксиологиялык окуудардын милдети.

Албетте, турмушта адамдын **ойлогону**, **баалаганы** жана **кылганы** ажырагыс байланышта, бир бүтүн процесс, бирин-бири шарттап турат. Дүйнө, аны таанып-билиш жана ага баа бериш бир тутумга бириккен. Ал эми теорияда биз аларды айырмалап, өз алдынча турушун акыл-ойго салып түшүнүүгө аракет кылабыз. Ошондо « баалуулук деген эмне?», (өзүнчө турганда, «ценность сама по себе») «анын табияты, түзүлүшү, кызмат-орду кандай?» – өңдүү суроолор келип чыгат.

**Баалуулук –** бул адамдын жашоосунда, коомдук турмушунда белгилүү бир мааниси, баасы бар нерсе (зат, кубулуш, окуя, идея, эреже ж. б.). Албетте, бул так аныктама (дефиниция) эмес. Бирок, талкууга алынып жаткан маселенин маңызын туюнтат.

Нерсе болуп, аны баалаган, кымбаттаган жак – субъект болбосо, анда баалуулук жок. Физикалык, механикалык дүйнө бар, бирок анын баасы, мааниси жок. Субъект (инсан, топ, коом, адамзат) болуп, ага керек, зарыл, кажет, ал умтулган, издеген, көздөгөн, суктанган, жактырган нерсе болбосо, мында да кымбатзат жок. Адам карандай кыял-ой, идея менен жашай албайт. Демек, баалуулук кош, жуп, экилик түзүлүшкө ээ: баалуу, маанилүү нерсе жана аны баалай билген, маанисин түшүнгөн, кымбатзаттыгын аныктаган адам. Бул жагынан баалама мамиле (ценностное отношение) таанып жана иш жүзүндөгү (практикалык) мамилелерге окшош: нерсе жана ал тууралуу ой, билим; нерсе жана ага багытталган иш-аракет. Таанып-билүү чөйрөсүндө нерсе менен ойду салыштырып, чын-төгүнүн тактайбыз. Иш жүзүндө (практикада) максат ишке ашты – жокпу – негизгиси ушул. Ал эми баалуулук дүйнөсүндө жагдай башкача. Адам болмушунун бул жааты татаал мазмун – түзүлүшкө ээ.

Баалуулук табиятын теориялап, концепциялап түшүнүүдө бирине-бири карама-каршы, бирок экөө тең жүйөөлүү көрүнгөн, түшүнгөн, позициялар келип чыгат. Аларды **аксиологиялык антиномиялар**[1] деп атап койсок ылайык:

– баалуулук – субъективдүү нерсе; баалуулук – объективдүү нерсе;

– кымбаттык – нерсенин сапаты; кымбаттык – адамдын мамилеси;

– баалуулук адамдын жан-дүйнөсү түзөт; баалуулук башка заттардан жаралат;

– кымбаттык акыл, билим, ой-түшүнүк аркылуу аныкталат; кымбаттык эмоция, интуиция, көмүскө-түшүнүксүз сезим-туюмдар аркылуу билинет;

– нерсенин баасын, кымбаттыгын далилдеп, аргументтеп түшүндүрсө болот; муну башкаларга далилдеш, түшүндүрүш мүмкүн эмес;

– баалуулук – түбөлүк, абсолюттук болот, эскирбейт да көөнөрбөйт; баалуулук – утурумдук, мезгил жагдайга жараша өзгөрүлмө, салыштырмалуу.

– Баалуулук – реалдуу нерсе; баалуулук – идея, кыял – ойдогу нерсе ж. б.

Аксиология мындай антонимияларды орду-ордуна коюп, аларды «элдештириши», келиштириши керек. Анткени, алар жаңылыштыктын, билбестиктин, адашкандыктын натыйжасы эмес, алар адам болмушунун татаалдыгынан чыгып отурат.

Баалуулук көп, бирдей эмес, ар түрдүү. Ошондуктан баалуулук **ыраатты** (иерархия ценностей) жөнүндөгү маселе коюлат. Себеби бири – өйдө, экинчиси төмөн, бири зарыл, экинчиси анчалык эмес, бири – чоң, экинчиси майда. Адегенде белгилей турган жагдай, демек, адам жашоосунда, коом турмушунда баалуулук ой келди, чачылган кейипте эмес, өз-өзүнчө орун ээлеп, белгилүү бир тартипте, ыраатта жайгашат. Конок тоскондо төргө ким отурат? Сыйлуу конок. Анан калганы өз-өз ордун табат. Жүк жүктөсөк, ашык баштары болсо, кандайларын калтырабыз? Анча кереги жокторун, кымбат эместерин. Кыргыздар: «биринчи байлык – ден соолук, экинчи байлык – ак жоолук, үчүнчү байлык – он соолук» – дейт. Демек, баалуулук дүйнөсү канчалык бай, жыш болсо, ошончолук ыраатту байланышта, катар-катар, катмар-катмар түзүлүш күткөн. Бул – бир. Экинчиден, баалуулук ыраатты адамдын, коомдун, доордун өзгөчөлүгүнө жараша болот. Кымбат санаганы кайсы (ценностные ориентации) – ушул жагынан адамдар бири-биринен айырмаланат. Динчил менен динбезердин (атеисттин) Кудайга мамилеси табиятынан карама-каршы. Ар кайсы коомдун, элдин кымбат туткан, баалап-барктаган, ызаттап-урматтаган нерселери бирдей эмес. Бул алардын тарыхына, каада салтына, жашоо-шартына, курчаган чөйрөсүнө байланышкан. Ошондой эле ар мезгилдин, доордун өзүнө мүнөздүү баалуу-барктуу нерселери болот. Демек, үчүнчүдөн, баалуулук ыраатты какчыйып катып калган, калыбынан жанбаган, турушунан өзгөрбөс түзүм (структура) эмес. Ал кыймылда турат, өзгөрүп-кубулат, жаңырып-кеңейет. Адам жашап-өсүп, тажрыйба топтогон сайын анын кымбат санаганы да өзгөрүп отурат. Мезгил өтүп, доор алмашса, кымбатзат дүйнөсү да жаңыланат, байыйт. Цивилизациянын өзү-кымбат, баалуу нерселердин көбөйүшү-кеңейиши, бири эскирип, экинчиси жаралып турушу.

* * *

*Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө (артык).*
*Алыскы тууганден жакынкы кошуна.*
*Дос айрылат – тууган кайрылат.*
*Атка бергис кунан бар,*
*Кызга бергис жубан бар.*
*Сабырдын түбү – сары алтын.*
*Карга баласын «аппагым» дейт.*
*Эрди намыс өлтүрөт.*
*Коенду камыш өлтүрөт.*
*Акмактын көзү казанда,*
*Акылдуунун көзү отто.*
*Акылдууну ата тут,*
*Эстүүнү эне тут.*
*Айткыча сөз сенин кулуң,*
*Айткандан кийин сен сөздүн кулусуң.*

Ушул маанидеги макал-лакаптарды топтоп, мазмунун талдап, башка элдердин темалаш макал-лакаптарына салыштырып көрсөө, көптөгөн кызык нерселер табылат.

* * *

Баалуулук иерархиясы менен тыгыз байланышкан жагдай-бул **тандоо** (выбор, ориентация), приоритет аныктоо маселеси. Каржы чектелүү болсо, күч жетпесе же убакыт тар учурда баалуулук тандашка, маани-баасына ылайык тизмектешке, башкысын (приоритетти) өзгөчө бөлүп карашка туура келет. **Экзистенциализмде**[1] терең да, кенен да

иликтелген бул жагдай (ситуация выбора) адамды, коомду сынайт. Ушундан адамдын кулк-мүнөзү, ыйман-пейили, коомдук нравалык-интеллектуалдык абалы, деңгээли, көздөгөн максат, бет алган жагы ачык көрүнөт.

* * *

*Тандаш маселеси жомок-уламыш, насаат кеп, анекдоттордо көп козголот, таамай-таасын сыпатталат. Муну атайылап иликтеп көрсөңөр кызык жагдайларды көп кездешет.. Ушул жаатта көп кезиккен, ар элге-улутка орток (интернациональное) кубулуштардын бири – адамдын каалаганын орундаткан «сыйкырлуу» зат. Демейде, үч гана каалоо-тилегиң аткарылат. Мисалы, бир бүлөгө, эрди-аялга ушундай сыйкырлуу нерсе тиет. Экөө кеңешип-талашып отуруп, «биринчи акчабыз көп болсун» – дешет. Убакыт өтүп-өтпөй чабарман келет. Көрсө, аскерде жүргөн уулу каза болуп, армия ага кун (компенсация) төлөгөн экен. Ата-эне күйүткө түшүп, «Акчанын кереги жок, балабызды көрсөк болду» – дейт. Экинчи каалоо-тилеги. Акчадан айрылышат, бирок, уулунун өзү эмес, анын сөлөкөт-арбагы келет. Ого бетер күйүтү күчөгөн ата-эне үчүнчү каалоосун «сөлөкөт-арбак» жоголсун дешке аргасыз болот.*

* * *

Баалуулук ар кандай түрдө болот. Ири алды аксиологияда эки түрү ажыратылат: «кымбат нерселер» (предметные ценности) – болмуштагы, турмуштагы реалдуу нерселер, окуялар, кубулуштар, буюмдар. Анан «ойдогу кымбаттар» (нормативные, идеальные, субьективные ценности) – эрежелер, чектөө-тыюулар, максат-тилектер, каада-салттар, идеалдар, үлгүлөр, баары эмес, албетте. Адам болмушунун мейкининде белгилүү бир деңгээлде тургандары, ошого жеткендери.

Ошондой эле коом турмушунун чөйрөлөрүнө ылайык этикалык (адеп-абийирге тиешелүү), эстетикалык (искусствого, болмуштун көркүнө байланыштуу), рухий, интеллектуалдык, гуманитардык, саясий, диний ж. б. баалуулукды ажыратышат. Алардын өзгөчө маани-мазмуну, кымбат-орду аныкталат.

Баалама мамиленин (оценочное отношение) да ар кыл түрү, деңгээли болот. Жеке адам, инсан баалаган, аздектеген, кымбат туткан нерселер бар. Ошону менен катар социалдык топ (коллектив, айыл-апа, жаштар ж. б.), улут, мамлекет, маданият деңгээлинде же жалпы адамзат, цивилизация баалап барктаган, кастарлаган нерселер болот.

Баа бериштин, маани аныкташтын мүнөзүнө жараша мындай позициялар ажыратылат:

**– нигилизм –** баалуулукту туташ танат, баарын жокко чыгарат, баарын кайрадан баалап чыгыш зарыл деп эсептейт (И. Тургеневдин, Ф. Ницшенин ысымдары менен байланышкан);

**– пессимизм** – дүйнөнүн жаман, «көлөкө», кемтик жагын көрүш, ошону ой-санаанын борборунда кармаш, жакшылыктан, келечектен, жеңиштен үмүт үзүш;

**– оптимизм** – тескерисинче, турмуштун жакшы, «жарык» жагын көрүш, ийгиликти, жакшылыкты ойлош, келечекке үмүт менен караш, жеңишке ишениш;

**– реализм –** аксиологиялык мааниде баалуулукка туура, калыс баа бериш, турмуштун жаман-жакшысын, ак-карасын бирдей караш, чындыкка, бар нерсеге тике, ачык-айкын мамиле жасаш.

Арийне, бул аксиологиялык позициялар «таза» түрүндө такай кездешпейт. Бирок, адамдын курчаган дүйнөгө, жашоо-турмушка кылган мамилесинен алардын өзгөчөлүгүн даана ажыратса болот.

Баалуулуктун адам жашоосундагы, коом турмушундагы кызматы кайсы, орду кандай? Бул жагынан эки жагдайды атайлап караганыбыз туура. Биринчиси – баалуулуктун **аныктагыч, орноткуч** (конститутивное) мүнөзү, экинчиси – анын долбоорлук (проективное), утурлагыч кызматы.

Жашоо, турмуш дегендин өзү кымбат, баалуу нерселерге таянып, негизделип турат. Коом, маданият ири алдыда – кымбатзат дүйнөсү. Жашоонун маани-маңызы (смысл жизни), коомдун өрчүп-өнүгүшү ушул дүйнө менен шартталган. Ата-Мекени, туулган жери үчүн эр жигиттер өмүрүн саят. Сүйүү, махабат үчүн адам баарынан кечет. Чындык издеп, баарына кайыл болгон илимпоздор бар. Адамзат бийлик, байлык, тынчтык, ар-намыс, атак-даңк үчүн күчүн, жанын, убактысын аябаган учурлар болот. Айтор, кымбатзат турмушту аныктайт, анын өзөгүн түзөт.

* * *

*Баалуулуктун касиети ушунда – аны сөзсүз эле ээлеп, менчиктеп, энчилеп алыш шарт эмес. Ал материалдык байлыктан айырмаланып, өз баасын,баркын рух мейкининде сактап турат. Кээде адам кымбат нерсесин ээлеп алыш эмес, андан баш тартыш аркылуу өзүнүн нагыз мамилесин көрсөтөт. Бул жагдайдын, ситуациянын түпүлгүсү (архетип) – Сулайман пайгамбардын өкүмү. Аңыз кепте мындай айтылат: эки аял бир баланы талашып, арызданып келишет. «Менин балам» – деп бири жанталашса, экинчиси андан калбай «менин балам» – деп далилдешке далбас урат. Айласы түгөнгөн калыс, «анда баланы экиге бөлө чабалы, жарымын сен ал, жарымын сен ал» – деп өкүм кылат. Ошондо аялдардын бири «баланы албайм, тигиге бере бериңиз, тирүү болсо болду» – деп чыркырап жиберет. Көрсө, бала чынында ошонуку экен. Сулайман пайгамбар ушундай жол менен өкүм чыгарып баланы өз энесине берген имиш.*

* * *

Кыргыздын даңазалуу акыны Алыкул Осмонов минтип жазган:

Мен тансам нандан танам, ырдан танбайм.  
Ыры жок өмүрүмө канаттанбайм.  
Кудайга жүз мертебе калп айтсам да,  
Ырыма бир мертебе калп айталбайм.

Баалуулукка (поэзияга) болгон мамилени мындан курч, мындан таамай, мындан күчтүү ким туюнтат?

Ошондой эле адамдын көздөгөнү, умтулганы, коомдук турмуштун бет алган багыты баалуулуктарга жараша болот. Демек, «келечектин долбоору» (проектирование будущего) адамдын, коомдун баалап-барктаган, кымбат санаган нерселери кайсылар – ушуга жараша түзүлөт. Алар дем берип, алга сүрөп, бийикке жетелеп кайрат ашырат.

Жогоруда белгилегендей, баалуулуктун табияты татаал, мааниси өзгөчө. Аксиологиялык концепция, теориялардын орчундуу милдети – баалуу кымбат нерселердин бирдей негизин, жалпы касиетин аныкташ.

**АДАМ БАЛАСЫ**

**(же антропология)**

Философия ири алыдыда адамдын болмушу жөнүндөгү илим, адамдын жашоо – турмушу, табият – тагдыры тууралындагы ой-түшүнүк. Адамдын адамдык касиети ал өз «Менин» (человеческое я, личность) аңдап – баалап, курчап турган дүйнөдөгү өз ордун табышка жасаган аракетинен башталгандай эле[1], адамзаттын тарыхый жолу да ал жан – жаныбарлар дүйнөсүнөн бөлүнүп, коом турмушунун тартип – эрежелерин орнотуп, өзүнүн ким экенин түшүнө баштагандан өлчөнөт. Кийин акылман – ойчулдар бул маселени терең талдап, өз мезгилине ылайык түшүнүк, категорияларды түзүп, теория – концепция деңгээлинде анын маани – мазмунун аныкташка күч үрөшкөн. Философиянын тарыхын сыдыра карасак орчундуу теория, концепция, системалардын баарынан ойчулдар адам маселесине атайлап кайрылганына күбө болобуз. Демек, сөздүн кең маанисинде байыртан баштап адам баласынын сырын ачып, анын жашоосунун түпкү маани-маңызын түшүнүшкө аракет кылыштын натыйжасында жаралган идея, көз караш, ой-санааларды **философиялык антропологиянын** энчисине ыйгарсак ылайык.

Бирок, философиялык антропология тууралында чындап сөз кылганда мындай жагдайларды эске алганыбыз оң. Биринчиден, философиянын тарыхый өсүп өнүгүшү шуру тизген сымал бир кылка болгон эмес, ар кыл этаптарга, доорлорго жиктелет. Алардын өзүнө мүнөздүү идеялары, ой-түшүнүктөрү, теориялары бар. Байыркы грек философиясына **космоцентризм** мүнөздүү: Сократтын этикалык окуу эске албаганда, грек ойчулдары космос, аалам, дүйнөнүн тек-жайы тууралындагы маселелерге көңүлдүн борборунан орун беришкен. Протагордун «бардык нерсе адам аркылуу аныкталат» («человек – мера всех вещей») деген туюнтмасы кеңири таркаганы менен адам проблемасы теориялык ойдун четинде калып, философтор эң алды «дүйнө кантип жаралып, кандай түзүлгөн» деген суроо менен алек болушкан. Ал эми орто кылымдарда философиянын өзөгүн **теоцентризм** түзгөн. Бардык нерсе барып – келип кудайдын кудурети менен түшүндүрүлгөн. Адамдын жашоо – турмушу, өмүр – өлүмү, ой – тилеги да диний түшүнүктөрдүн күзгүсүндө каралган. Жаңы заман (новое время) өз шаанисин орноткон. Философия акыл – эс, аң – сезим, билим – илим категорияларын төбөсүнө көтөрүп, гносеология кеңири кулач жайып, адам биринчи кезекте таанып – билүүнүн субъектиси (эткени) катарында каралган. Бул доордун философиясына **рационцентризм** мүнөздүү. Ал эми XIX кылымдын аягындагы, XX кылымдагы философия **антропоцентризмге** ооду десек болот. Себеби, адам меселеси курч коюлуп, адам баласынын табият – тагдыры философиялык татаал проблема катары көңүлдүн борборун ээлей баштаган. Бытие маселеси ири алдыда адамдын бытиеси (болмушу) турпатында талдоого алынат. Илим, техника, цивилизация адам баласынын жашоо турмушунун түпкү маселесине байланыштуу иликтенет. Структурализмдин[1] М. Фуко сымал өкүлдөрү «Адам жоголду. Адам идеясынын күнү бүттү» деп жар салганы менен иш жүзүндө бул багыт адам маселеси философия үчүн айланып өткүс, буйтап кеткис предмет экенин айгинеледи.

Экинчиден, философиялык антропологияга адам тууралында айтылган – жазылгандын баары кире бербейт. Ал философиялык ой – пикирдин, рефлексиянын белгилүү бир деңгээли, түрү, атайлап негизделген, тарам-тарам болуп иштелип чыккан системасы. Ушул маанисинде анын башатын Д. Виконун, Х. Вольфтун окуударына такашат. Ошондон тартып адам жөнүндөгү философиялык окуу өз нугун таап, өзүнчө стиль күтүп өнүгө баштайт. Антропология[1] адам жөнүндөгү илим катарында көп тармактан куралат, анын медицина, табият таанууга тиешелүү тармактары бар. XX кылымда социологиялык, педагогикалык, юридикалык, структурачыл, культурологиялык антропология өңдүү теориялык багыттар пайда болду. Ал эми философиялык багыт катары түптөлүп – өнүгүшүнө И. Кант зор салым кошкон. Өзүнүн окуучал адамдарга, интеллектуалдарга кеңири маалым үч суроосунун («Эмнени таанып биле алам?», «Эмне кылышым керек?», «Эмнеден үмүт кылсам болот?») башын бириктирип, мунун баары түпкүлүгүндө бир эле «Адам деген ким?» деген суроону түзөт деп ырастаган. Чын – чынына келгенде философиянын маңызын этика, адамдын адеп-абийири тууралындагы илим аныктайт деп эсептеген. Ал өзүнүн «Антропологияга прагматикалык көз караш» деген эмгегинде (1798-ж.) адам маселесине атайлап кайрылганы менен башка изилдөөлөрүндө да бул проблеманы төргө өткөргөн, өзгөчө орун берген. Ушунчудөн, өзгөчө мааниде философиялык антропология XX кылымдын туундусу саналат. Себеби, М. Шелер, А. Гелен, Х. Плесснер жана аларды ээрчиген башка философтордун эмгектеринде адам маселесин иликтеген бөтөнчө багыт калыптанды. Эгер мурун адам тууралындагы билимдерди жыйнап, жалпылап, бир тармакка туташтырууга, системалаштырууга аракет жасалса, эми ушул милдет уланып, бирок аны менен катар антропологияны изилдөөнүн принциби (жол-жобосу) иретинде түшүнүү орноп, бул багыт теориялык ойломдун өзүнчө жолу, методу, стили экени да көрүндү. Сөздүн чектелген, такталган маанисинде ушул багыт «философиялык антропология» аталып жүрөт. Аталган терминдин кең же тар маанисинде болсун, адам табияты тууралында ой жүгүртүү «дух», «жан», «акыл-эс», «азаттык», «адеп-абийир», «болмуш», «инсан», «экзистенция», «жашоо» сыяктуу категориялардын кайсынысын негиз кылбасын адамдын маңызы тууралындагы маселе философиянын тамыр кагышын аныктаган «түбөлүк проблема» бойдон калат. Адам жалпы эле гуманитардык илимдердин изилдөө объектиси болуп эсептелет. Педагогика аны билим – таалим берүү жагынан карайт. Тарых илими адамзаттын, коомдун өзгөрүп – өнүгүшүн убакыт алкагында сыпаттайт. Экономиканы адамдын мүдөө – талабы, эмгеги, өндүргүч күчү кызыктырат. Психология, лингвистика, эстетика ж. б. илимдер өз жобо, мыйзам категорияларына ылайык адам проблемасынын өзгөчө жаатына көңүл тигет.

Бирок түпкүлүгү «адам теориясын» түзүш философиянын энчиленген милдети эсептелет. Себеби философиянын өзү адам өзүнүн адамдыгын аңдап – түшүнүүгө жасаган аракетинен келип чыккан. Ойчул, акылман адам маселесин мындайча коет. Аалам – чексиз: анда миллиондогон ар түрдүү нерселер жашайт. Ошолордун арасында адам бар, анын өзгөчө дүйнөсү бар. Адам башкалардан эмнеси менен айырмаланат? Анын маңызын аныктап турган башкы касиет кайсы? Адамдын адамдыгы эмнеде? Ар кайсы философиялык теория, агым, багыттарда адамдын өзгөчө касиети катарында ар кандай белгиси көрсөтүлөт. Бирок, көпчүлүк ойчулдар макул тапкан аныктама да бар. Адам баласы ай-ааламда кайталангыс (уникальное), керемет (чудо) неме. Биз билген табияттын өрчүп – өсүшүнүн кыл чокусу, жеткен

жери. Акыл – эси, ага негизделген күч – кубаты, жөндөм – шыгы жагынан жаратылышта андан ашкан неме жок. Тереңдетип изилдеген сайын, кенендетип талдаган сайын адам баласынын кайталангыс касиетине таң калганың арта берет.

Илимге караганда поэзияга жакын бул сөздөр чындыгында эле адам табиятынын бир жагы татаал, сырлуу, түшүнгүс экенин айгинелесе, экинчи жагы бийик, суктаныч, сыймык экенин күбөлөйт.

Философияда адам өзгөчөлүгү ар кыл мүнөздө сыпатталат, аныкталат. Натыйжада адамдын белгилүү бир элеси (образ человека) түзүлүп, анын кайсы бир түрү (тип, архетип[1]) өзгөчө мааниге ээ болуп, өзүнчө философиялык – антропологиялык окуу куралат.

**Homo naturalis** (человек натуральный, естественный) – **табигый адам**. Ал табият туундусу, биологиялык жандык, жан-жаныбарлардын жогорку, өнүккөн түрү, табият тартуулаган инстинкттерге баш иет, эркине, акылына баш бербеген сезим – туюмдарга жетеленет.

**Homo religiosis** (человек религиозный, верующий) - **динчил адам**. Кудайдын кудуретине, бейиш менен тозокко ишениш, дин жол-жоболорун карманыш адам баласын айбандан айырмалайт дешет. Дин жолуна түшкөндөн тартып адам адам болуп, жан-жаныбарлардан бөлүнүп чыккан деп эсептейт.

**Homo sapiens** (человек разумный) – **акыл – эстүү адам**. Бул – элдин баарына маалым, кеңири таркаган элес (образ). Адамды адам кылып турган башкы касиет – анын акыл – эси деп ырасталат. Адам баласынын тирүү жандык арасындагы өзгөчөлүгү туурасында кеп кылганда ири алдыда ушул элес эске түшөт. Бирок мындай түшүнүктүн тууралыгына шек кылган окуу, теориялар да аз эмес.

**Homo baber** (человек создающий орудий) – **курал-жарак жасаган адам**. Айбандан айрымаланып, адам курал жасайт, тигил же бул затты жарак иретинде колдонот (тээ жер каймактаганда таштан бычак жасап, жыгачтан союл кылган), турмуш – тиричилиги табиятта жок, өз колунан чыккан буюмдарга таянат. Адамдын, коомдун, цивилизациянын тарыхы – бул курал – жарактардын улам көбөйүп, улам өркүндөп, күчү, кызматы, курамы барган сайын артып, «экинчи табияттын» (вторая природа) түзүлүшүнүн тарыхы, таш бычактан космос кораблине чейин баскан жол. **Homo symboliens** (человек символический) – символ түзгөн, **символ урунган адам**. Айбандар дүйнөсүндө биологиянын эреже – талаптары кандай орун ээлесе, адам жашоо-турмушунда деле ошондой. Бирок, андан сырткары адам баласы өзүнүн кыялы (воображение, фантазия) аркасында символдор дүйнөсүн түзөт, ушу дүйнөнүн курчоосунда, мейкининде күн көрүп, өмүр сүрөт. Философиялык антропологияда адам элесинин жогоруда кыскача мүнөздөлгөн түрлөрү негизгилери болуп эсептелет. Алардан бөлөк, мурун – кийин аныкталган дагы көптөгөн туюнтма – формулалар бар, ар кимиси көңүл буруп, талдап-иликтөөгө арзыйт. Бирок, жалпылай келгенде аларды жогоркуларга кошуп же жанаша койсо болот.

**Zoon politicon** (общественное животное) – **коомдук жаныбар**. Бул байыркы грек ойчулу Аристотель берген аныктама. Анын айтымында адамдын өзгөчөлүгү анын башкалар менен чогуу жашап, бирге оокат өткөргөнүндө. Адам баласы бүлө күтүп, балалуу-чакалуу болуп, коомдук турмуштун эреже талаптарын карманып, мамлекет баштаган саясий институттарга баш иет.

**Homo ludens** (человек играющий) – **оюнкараак адам** (Хейзинга). Адамдын жашоо-турмушу оюн (игра) категориясынын жарыгында каралат. Адамдын өзгөчөлүгү анын ойной алганында, оюнга берилгенинде, иш-кызматын ойноп аткарганында деп эсептелет.

**Homo pictus** (человек рисующий) – **сүрөтчү адам** (Йонас). Дүйнөнү, айлана-чөйрөнү сүрөттөш, сыпатташ, элесин тартыш (сөз, шарттуу белги, боек, үн, сызма-чийме ж. б. аркылуу) – адамды айбандан ажыратып тургандай.

**Homo creator** (человек творяүий) – **чыгармачыл адам** (В. Е. Мюльман). Адамдын адамдыгы анын чыгармачыл аракет, шык-жөндөмүнө, жаңыны жаратышына байланышат.

**Homo viator** (человек странник) – **жолоочу адам** (Г. Марсель). Адам такай жолдо, сапарда, ал кудайга бет алып, ушул жолунда өз «сырын» (тайна) түшүнүшкө далалат кылат. Адамдын телегейи тегиз, баары шайма-шай эмес. Анын элесинин «көлөкө», «көө» жактары да айрым аныктамаларда баса көргөзүлөт.

**Homo degeneratus** (человек дегенеративный, разрушающий) – **талкалагыч адам**. Бул көз карашта жаратылыш адамды жаратканда жаңылып калган. Адам баласы түбүндө, канында жырткыч, агрессиячыл инстинкттерге берилет, зордук – зомбулукка оойт. Ал табияттын өзүн талкалап, айлана-чөйрөсүн бүлдүрүп, шаар-кыштактарды өрттөп, кызыл кыргын согуш чыгарат. Башынан каранеит.

**Homo insiens** (человек неумелый) – **айласыз адам**. (Х. Ортега – и – Гассет). Табиятынан адам баласы бечара, чабал. Жашоо – тиричиликке эби – камы жок. Тубаса сезим туюмдары, инстинкттери айбандыкынан кем, жетишсиз. Шор тартып, кыйналып – кысталып, айласы куруп отуруп, адам баласы жашоо-турмушка эптешет, көнөт, өзүнө тиешелүү шарт түзөт, курал-жарак жасайт, техника чыгарат. Ал эми биологиялык жандык иретинде колунан эч нерсе келбеген неме.

Философиялык антропологиянын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири В. Брюнинг адам табияты, маңызы жөнүндөгү концепция, окуударды мындай түрлөргө бөлөт.

**Салт философия** (традиционная) же **субстанционализм**: дүйнөдө белгилүү бир тартип өкүм сүрөт, баары өз-өз ордуна коюлган. Ар нерсенин маани – маңызы, баасы, баркы бекем тартип орногон ушул мейкинде аныкталат. Адам баласынын жашоо турмушу да объективдүү, абсолюттук ушундай тартип менен аныкталат.

**Рационализм**: адам жашоосу акыл – эс аркылуу аңдап – билер жол-жоболорго (принциптерге) баш иет. Адам аларды таанып – билип, талдап – түшүнүп, иш – аракетин ошого негиздейт.

**Натурализм:** адамды биологиялык мыйзамдар башкарат. Адам баласынын ой – түшүнүгү, кылган – эткени табият берген касиеттерге жараша болот.

**Персонализм:** адамдын керт башына өзгөчө маани берилет; инсан, анын кайталангыс тагдыры, жан-дүйнөсү, тажрыйбасы баарынан жогору коюлат.

**Экзистенциализм:** инсан маселеси (проблема личности) алдыга чыгып, анын өзгөчөлүгү (индивидуальность), эркиндиги жогору баа алат; адамдын жашоо-турмушу анын жигерине (активдүүлүгүнө) байланат. Карым-катыш, контакт, коммуникация (Кудай, башка кишилер, а түгүл буюмдар менен) өзгөчө баалуу, маанилүү эсептелет.

**Иррационализм:** адам жашоосу дайра агымындай, форма, норма, структура жоголуп, баары өзгөрүп – кубулуп турат. Тирүүлүк (жизнь), турмуш агымы талап – тартипке, эреже – жобого баш бербейт. Акыл – эске баш ийбеген, эркке көнбөгөн көмүскө, түшүнгүс күчтөр адамнин өмүрүнө бийлик кылат.

**Трансцендентализм:** адам өзүн – өзү долбоорлоп, өзүн – өзү жасайт. Жагдайды талдап, туурасын тандап, таразалап, чечим кабыл алат. Алдына максат коюп, өзүнө милдет алат, адамдык парзын аткарат. Турмуштун агымын нукка бурат, баш аламандыкты оздуктап, тартип орнотот. Ушунун баарын адам өзүнүн табиятынан, тарыхынан, мезгилинен тыш (өйдө, жогору) турган (транс) күч, структура, нерселер аркылуу жүзөгө ашырат. Албетте, бул классификация, түргө бөлүш шарттуу мүнөзгө ээ. Анын үстүнө В. Брюнингдин терминологиясын философиялык антропологиянын курчамында түшүнүшүбүз эп. Себеби, рационализм же трансцендентализм өңдүү терминдердин философияда башка маани – мазмуну да бар. Ал эми башкы нерсе мында: адам маңызы жөнүндөгү философиялык окуу, теориялар ар кыл. Алардын өз алдынча максат – милдети, тутунган жол – жоболору, өзүнчө тили бар. Ошол эле учурда аларды тизип, ич ара салыштырып, талдап көрсөк, белгилүү бир топторго бөлүнүп, маани – мазмуну боюнча өз ара жиктелерин көрөбүз.

Адамдын адамдыгы туурасында сөз кылганда «адам кантип жаралган?» деген суроону айланып өтүп кете албайбыз. Бул маселе **антропосоциогенез** аталат. Бир чети, ал абдан маанилүү болсо, бир чети, ал ошончолук татаал, табышмак. Динге ишенгендер адамды Кудай жаратkan деп түшүндүрсө, илимпоздор Жер шарынын шартында табигый акыбалда пайда болгонун ырастайт. Ал эми XX кылымда адам баласынын түп теги башка планетадан келген деген көз караш да таркай баштады. Булар айтылып – делип кала берчү жөнөкөй ой-түшүнүктөр эмес. Кеп адамдын маңызы, табияты туурасындагы маселеге такалат.

Дарвиндин эволюциячыл теориясы адам маймылдан чыккан деп далилдейт (бирок барган сайын мунун чындыгына шек келтирген илимпоздордун саны көбөйүп жатат)[1]. Аны жактагандар – Геккель, Гексли, Фохт 1863-жылы «Жетишпеген бөлүк» (недостающее звено) деген ат менен кеңири тараган проблеманы коюшат. Айтса – айтпаса, бизге маалымы, бир тарабында – адам сымал маймылдар, экинчи тарабында – өзүбүз, азыркы адамдар. Экөөнүн арасы алыс, ортосунда бир нерсе жетишпейт. Болжолдо миңдеген жыл созулган мындай «секирик» кантип жасалган? Бул суроого азырынча толук, ынанарлык жооп жок. Илим «жетишпеген бөлүктүн» изин таба элек.

Дарвин, анын артынан Энгельс ж. б. адамды эмгек жараткан деп эсептешет. Мээнет кылып жан багып, эмгек куралдарын жасап отуруп, «жетишпеген бөлүк» тик туруп, колдору ийкемдүү болуп, мээси күчөп, адамга айланганы ырасталат. Бирок, ушундан улам мындай суроо туулат. Азыркы жан – жаныбарлар деле миллиондогон жыл илгери ушул кейпинде, турпатында экен. Алар деле кыйналып – кысталып, кыйынчылык-оорчулук менен жан багат. Анан эмне үчүн homo sapiens – «акыл-эстүү адамга» айланган эмес? Ошентип, адамдын жаралышынын эмгектик теориясын (трудовая теория происхождения человека) натуура эсептегендер да аз эмес.

Арийне, илим антропосоциогенез жаатында жаңы фактыларды таап, мурун ойго келбеген тыянактарга жетиши ажеп эмес. Бирок, азыркы тапта адамдын жаралышын сырткы шарт-факторлорго эмес, ички жакка, адамдын акыл-эсине, ар-намысына, ыйман-ынсабына байлап караш керек деген көз караш өтүмдүү. Адам сыртынан эмес, ичинен өзгөрүп-өсүп отурган. Улам тапканын оңдоп-түзөп, жакшыртып, атадан балага, улуудан кичүүгө өткөрүп отуруп, адамды адам кылчу механизмдерди түзгөн. Коом барган сайын күчтөнүп, байып, кеңейип келген.

Адамдын табияты тууралуу маселе козголгондо сөзсүз түрдө социалдык жана биологиялык шарт-жагдайлардын, факторлордун карым-катышы, маани-орду жөнүндө да сөз болот. Бу дагы илимде көптөн бери талаш-тартышка түшүп келе жаткан темалардан.

* * *

*Француз жазуучусу Веркордун «Адамбы же айбанбы»? деген философиялык повести бар. Анын сюжети мындай. Ар кайсы адистерден куралган экспедиция адам буту баспаган бир аймактан өзүнчө жашаган жаныбарларга кабылышат. Турган турушунда, кылган-эткенинде адам десе адам эмес, айбан десе айбан эмес. "Булар – ким?" деген суроого жооп издешет. Акыры муну так ажыратыш максатында журналист тигилердин бирөөнү өлтүрөт. Эгер адамды өлтүргөн болсо, жоопко тартылмак. Жок, айбанды, жаныбарды эле өлтүргөн деген тыянак чыкса, анда бул кылмыш эсептелмек эмес. Ушул окуянын тегерегинде адам баласынын өзгөчөлүгү эмнеде, адамды адам кылып турган башкы касиет кайсы деген суроолор кызуу талашка түшөт. Көрсө, адеп – абийир да, кудайга ишениш – ишенбеш да, тил, аң-сезим да ченөлчөм, критерий боло албайт экен. Повесттин мааниси ушуга такалат.*

* * *

Ушул жаатта эки кайчы позицияны, көз карашты ажыратсак болот. Бир тарабы адам табияты бүтүндөй коомдук мүнөзгө ээ, аны социалдык факторлор түзөт, биологиялык шарттар эч нерсе чечпейт деп эсептейт. Экинчи тарабы, адамдын коомдук касиеттери менен бирге биологиялык касиеттерин да моюнга алат, буларга маани берет. XX кылымдын 2-жарымында **социобиология** аталган илим тармагы пайда болду. Аны Э. Уилсон негиздеген. Социобиология адам баласына мүнөздүү иш-аракет, кылык- жорук жан-жаныбарлар дүйнөсүндө да кезигерин көргөзөт. Айталы, альтруизм (өзүнө пайда издебестен башкаларга жакшылык кылуу), өз конушун коргош, непотизм (бүлө күтүү, эрди-аял, бала-чаканын үйүр болушу), агрессия, ынтымак ж. б. Арийне, бул сөздөр жан-жаныбарларга карата шарттуу түрдө, метафора иретинде колдонулат. Ошентсе да, адам турмушунда биологиялык факторлор таптакыр жокко чыгарылышы мүмкүн эмес. Кеп, аларга кандай маани беребиз, аларды кандай баалайбыз ушунда.

Адамдын өзгөчөлүгүн аныкташ аракети узак, бай жана кызыктуу тарых аркалайт. Маселен, имишке караганда бир акылман (Платон) «адам – бул жүнү жок, эки буттуу жаныбар» десе, экинчиси короздун жүнүн жулуп туруп, жыңалачтап, эл алдына кое берип, кесиптешин күлкүгө калтырган имиш.

Адам ден менен жандын ажырагыс биримдиги. Жан (акыл – эс, аң – сезим маанисинде) болбосо ден өлүк. Тирүү болгону менен андай адамнин малдан, айбандан айырмасы жок. Ошондой эле «адам сыпатында» (образ человека) анын дене түзүлүшү (морфология) да кошо тартылган. Акыл – эстүү, аң – сезимдүү болуп, бирок дене түзүлүшү таптакыр башка болсо, аны адам катарына кое албайбыз. Кыялыбызда муну фантастика дүйнөсүндө «чоочун планеталыктын» (инопланетянин) сан түрлүү образы аркылуу элестетип келебиз. Дүйнөгө атагы кеткен польшалык жазуучу – фантаст Станислав Лемдин «Солярис» аттуу чыгармасында акыл – эстүү океандын тарыхы баяндалат. Иш жүзүндө кай бир учурда айрым айбандардын (маймыл, ит, жылкы, пил ж. б.) кылыгын көрүп, «адамдан да акылдуу» деп тамшанып, алардын дене түзүлүшү гана бизден өйдө эмес экенин айгинелеп тургандай көрүнөт. Албетте, бизге маалым Ааламда акыл – эси адамдан өткөн эч ким жок. Бирок, «адам сыпаты» – бул карандай акыл – эс, аң – сезим эмес, ушул улуу касиетке ээ болгон, белгилүү бир түзүлүштөгү ден дагы.

Адам кээде ден (телесное) менен рухтун, акыл – эстин (духовное) талашына түшөт. Бирин тандай албай кыйноо тартат. Ден тартып кетсе артка түшөт, айбандыгы козголот, акыл – эс оодарып кетсе, адамдыгы бийиктейт, көтөрүлөт. XX кылымдын философиясында **«антропологиялык катастрофа»** деген түшүнүк пайда болду. Ядролук согуш адамзатты тыптыйпыл кылышы мүмкүн. Адамзат курчаган табигый чөйрөнү талкалап, булгантып отуруп, өзүн «экологиялык катастрофанын» жарына такады. Илимпоздор «демографиялык катастрофа» болушу ыктымал деп болжошот. Ал эми айрым ойчулдар баарынан коркунучтуусу, баарынан ашканы «антропологиялык катастрофа» болушу мүмкүн деп эскертишет. Себеби, адамзат айбанаттан бөлүнүп чыгып, табигый дүйнөнүн чегинен аттап, башка жашоого өткөнү, жер цивилизациясын курганы, күндөн күнгө ойлогон – билгени өсүп, акыл-эси артканы менен анын XX кылымдагы жоруктары «акыл – эстүүлүгүнө» (homo sapiens – человек разумный) шек келтире баштады. Адам баласы – табияттын жаңылыштыгы эмеспи? Жаратылыш аны «адашып» жасап алып, эми андан кутулуштун аргасын издеп жаткан жокпу? Эмне үчүн адам баласы, адамзат акыл – эске сыйбаган иштерди жасайт? Адам өзүнүн «чегине» жетип, эми кыйрай турган мезгилине келген жокпу? Ушул өңдүү суроолор XX кылымда олуттуу мүнөз күтө баштады. Кеп адамдын кемчилигинде, жаңылганында, натуура иш – аракетинде гана эмес. Эң башкысы – адамдын адамдык касиетине доо кеткен жокпу, аны сактай алабы, ал «Жараткандын эң бийик, эң мыкты чыгармасы» деген атын актай алабы – ушу тууралуу.

Адам болуш үчүн ар дайым адамдыкты сактап, ырастап, ага кам көрүп туруш керек. Жөн койсоң, камын жебесең, аны сакташка күч кубат жумшабасаң, адамдык өзүнөн өзү бузулат, чачырайт, кулайт. Аны жаратылыш түзбөйт, курчаган чөйрө камсыз кылбайт. Кайсы жерде, кайсы учурда болбосун адам өзүн жаратып, сактап, ырастап турат.

Философия адамдын адамдыгын иликтейт. Байыркы коомдун адамы да «толук адам» болгон. Ал азыркы адамга салыштырганда кайсы бир нерсеси кем, жетишпеген, кайсы бир нерсени билбеген, түшүнбөгөн болушу ыктымал. Бирок ал өз учурунун адам атына толук укуктуу болгон. Ошол сыңары эле он же жыйырма кылымдан кийин биздин урпактардын жашоо ыңгайы, жолу (образ жизни), турмуш шарты, кылган-эткени, ой-түшүнүгү, кыял-максаты таптакыр башка болушу мүмкүн. Анан ушундай «образдын», адам сыпатынын жанында биз адам баласы катарында өзүбүздү кем, өксүк, бөксө сезмек белек. Жок, биз дагы «толук адамбыз». Ар дайым ушундай. Демек, философия мейкинге (кайсы жерде, кайсы элде) жана мезгилге (кайсы доордо, кайсы коомдо экенине) карабай, адамдын адамдыгын түзүп турган касиет – сапаттарга кызыгат.

«Азыркы адам» (современный человек) деген түшүнүк философияда шарттуу, чектелген мүнөзгө ээ. Бул өз доорунун, учурунун урунттуу белгилерин топтогон образ. Ал эми адам чын-чынына келгенде ар дайым «азыркы», «ушул жерде, ушул учурда» («здесь и теперь» дешет философтор). Ошол эле кезде адам – бул мүмкүндүк, келечек, долбоор. XX кылымдын улуу жазуучусу У. Фолкнер: «адам – бул өткөндүн суммасы» деген. Биз ага «жана келечектин суммасы» деп кошумчаласак жарашат. Себеби, адамдын адамдыгы ал башынан кечирген турмушу, басып өткөн жолу менен гана аныкталбайт. Балким, ири алдыда бул анын өз алдына койгон максаты, эртеңкиден күткөн үмүт-тилеги, болочок жашоо-турмушунун план, долбоору, эң башкысы – ким болгусу келет – ушуга жараша болот.

Адамдын качан, кайда төрөлгөнү анын эркинен тыш. Ата-энени, бир тууганды да тандай албайт. Ажал качан, кайдан жетерин да билбейт. Анын колунан эмне келет? Ушул өмүрдү татыктуу жашап өтүш, ага маани-мазмун бериш. Жашоонун максаты (смысл жизни) ушунда. Адам эртеби- кечпи өлөрүн билет. Ушуга карабай, кайыл болуп, чыдап, бүк түшүп жатып калбай, адамдык парзын аткарууга кажыбас кайрат, мокобос эрк менен далалат кылат, күч үрөйт.

*Өлбөстүк идеясы (бессмертие) адам баласын ар дайым азгырып, ойго салып, тынчын алып келген. Бул теманын тегерегинде жомок-уламыш, кыял-ой, божомол-теориялар пайда болгон. Өлбөстүктүн аргасын табыш, даары-дабасын жасаш, «мүрөктүн суусуна» жетиш–жөнөкөй эле кыял, тамаша—оюндун максаты эмес, атайын изилдөөлөрдүн, камылгалуу иш-аракеттердин предметине айланган. Акыры өлбөстүк-бул адамдын артында калган бала-чакасы, эл үчүн жасаган эмгеги, маданиятты байыткан чыгармасы, тарыхта калтырган изи дегендей тыянакташкан.*

* * *

Адам маселесине келгенде Ф. Ницшенин мурасынан эки түшүнүктү эскере кеткенибиз эп. Биринчиси – «ашынган адам» («сверхчеловек»), экинчиси – «адамлик, өтө эле адамлик» («человеческое, слишком человеческое»). Адабиятта экөөнү тең нигилизм же антигуманизм маанисинде баалаган учурлар кезигет. Ал эми Ницшенин көз карашын тереңдетип түшүнсөк, анда бул сөздөр адамдын адамдыгын иликтөөгө кылдат, таамай мамиле жасаштын күбөсү экенин көрөбүз. Адам ар дайым бийикке (сверхчеловек) умтулуп, адам касиетин жогору көрүп, бийик тутуп, өзүнүн кемтигин толтуруп,

ийрисин түзөп отуруп гана өз атына татыктуу жашай алат. Адам токтоп, бүтүп калган неме эмес. Ал долбоор, болочок үчүн ачык, мүмкүндүктөрдүн уюткусу.

«Адам» деген түшүнүккө маанилеш «адам», «киши», «жан», «инсан» (личность) түшүнүктөрү бар. Булардын ичинен акыркысы философияда категориялык мааниге ээ. Ушундан улам эске алчу жагдайлар мындай. Биринчиден, башка илимдер да өз милдетине, жолуна ылайык «инсан» түшүнүгүн колдонушат. Укук жана жоопкерчилик жөнүндө кеп кылганда юристтер үчүн ар бир адам – инсан. Билим – таалим берүү ишинде педагогдор үчүн ар бир бала – инсан. Психологдор болсо жеке адамдын жан дүйнөсүн иликтөөдө бул категорияга кайрылышат. Экинчиден, инсанды улуу адам катары эсептеген илгертен келе жаткан салт бар. Ага ылайык атагы чыккан падыша, аскер башчы, илимпоз, жазуучу ж. б. у. с. гана инсан атына татыктуу.

Ал эми философияда бул категориянын өзүнчө маани- мазмуну бар. Арийне, бардык ойчулдарга орток, жалпы макул тапкан аныктамасы жок. Бирок, адам маселесинин курчамында «инсан» түшүнүгү өзүнө тиешелүү кызмат өтөйт. Адам (индивид) инсан катары коомдук мамилелердин мейкининде калыптанат. Өзүнчө «Менге» (Я) ээ болот, өзүнө жана өзгөлөргө («другие») белгилүү бир мүнөздө мамиле күтөт. Өз иш – аракети, кылык – жоругу үчүн жоопкерчилиги барын билет. Кайталангыс жүзүн, касиетин сактап, башкалар ага инсан катарында мамиле жасашын күтөт. Өз эркиндиги, ишеними, ыклас – ыктыяры үчүн күрөшөт. Жалпылай айтканда, инсан – бул коомдук мамилелердин, башкалар менен карым катыштын жана өз иш – аракетинин субъектиси. Жер бетинде миллиарддаган жан жашайт. Ошолордун арасында инсан өз «Меним» бар деп эсептейт. Коом инсанды баалап – барктоого милдеттенет. «Инсан» категориясы адамдын кайталангыстыгын, өзүнчөлүгүн, бүтүндүгүн, бекемдигин ырастайт. «Гуманизм», «гумандуулук», «гуманизация», «гуманитардык», «гуманист» деген сөздөр баарыбызга маалым. Алардын тегинде адамды урматтоо, сыйлоо, адамгерчилик, адамдык касиет өңдүү түшүнүк – маани турат.

*Илимде латын тилинен оoп келген терминдер көп. Алардын бири «гуманизм». Түбү **«homo»** деген сөздөн – «адам». Илик (иликтөө, тек-жайын табуу) жөндөмөсүндө **«hominis»** (адамдын) болот. Андан **«humanus»,** «адамдык», «адамгерчилик», «адамды сүйүү», ошол эле кезде «билимдүү», «окуугал» дегенди түюнтат. Уланганы: «**humanitas»,** «адамзат», ошондой эле «билимдүүлүк», «рух маданияты», немец тилине оoп «humanismus», «humanist», «humanistish», «humanitat», французча «humanitire», «humanite» өңдүү терминдер пайда болгон. Алар кыргыз тилине орусчадан оoп келип, грамматика эрежелерине ылайык колдонулуп жүрөт.*

* * *

**Гуманизм** – адамды ызаттоо, сүйүү, баалоо түшүнүгүнө негизделген көз караш, позиция, философия. Албетте, бул эмне себептен, кайсы зарылдыктан улам пайда болду, адам коомунда, турмушунда адамдык, адамгерчилик, адамды баалаш, сыйлаш өзүнөн өзү боло турган нерсе эмеспи деген суроо туулушу ыктымал.

М. Хайдеггердин айтымында гумманизмдин тамыры Рим республикасынын доорунда өнгөн. Homo humanus («человечный человек», «адамчыл адам») өзүн homo barbarus-тан («варварский человек», «варвар» адам) ажыратып караган. Варвар – түркөй, наадан, орой – олдоксон, таалим – тарбиясыз, маданиятсыз адам. Гректер, римдиктер башка элди, бөтөн кишилерди «варвар» атаган. (Ушундан улам «адам катарына кошуу же коппоо», «адам саноо», «адам эмес экенсиң» өңдүү сөздөрдүн маани – мазмунун талдап көрүңүз). Гуманизмди атайын бөлүп караш Цицерондон (байыркы рим чечени, оратору, б. з. ч. 106–43-ж. ж.) башталат. Ал адамдын шык – жөндөмү өсүп – байышына умтулууну, адам өзүн өзү күтүнүп, тарбиялап, жогорку маданиятка жетип, адеп – абийирди, ар – намысты бийик тутушун гуманизм эсептеген. Кийин гуманизм дин, чиркөө, **схоластикага**[1] каршы чыгып, байыркы коомдун маданий мурастарына таянып, адамдын телегейи тегиз идеалын көздөгөн коомдук кыймыл иретинде каралган. Кайра жаралуу доорунда гуманизм гүлдөп өнүгүп, дүйнөлүк маданияттын өзгөчө этабын түзөт. Гуманизм агартуу заманында (эпоха Просвешения) кадыр-баркы көтөрүлүп, «Агартуу гуманизми» деген атайын атка татыйт. XVIII кылымдын аягында, XIX кылымдын башында неогуманизм пайда болот (Гумбольд, Лессинг, Гердер, Гете, Шиллер). Философиялык көз караш, позиция, окуу эсебинде гуманизм бу дүйнөдө адам, адамзат баарынан кымбат, баарынан бийик деген ишенимге таянат. Курчаган чөйрө, турмуш шартты, коом тартиби, техника дүйнөсү, социалдык институттар адам баласынын талап – мүдөөсүнө, кызыкчылыгына, тилек – максатына ылайык келиши абзел. Жөнөкөйлөтүп айтканда: «баары адам үчүн» – гуманизмдин урааны ушул. Адам баласы кайсы бир максат көздөп, дүйнөнү өзгөртөт, жаңы нерселерди жаратат, турмуш шарттарын кайра курат, табигый же техникалык жаңы күчтөрдү таап – колдонот. Ошондо бирде болбосо бирде, билип – билбей башка адамдарга же жалпы эле адамзатка зыяндуу натыйжа чыгат, адам атына доо кетет, адамдын укугу бузулуп, эркиндиги чектелип, ыза – кордук көрөт, ар – намысы зыян тартат. Гуманизм ушундай жагдайда баш көтөрөт, өз сөзүн айтат, жамандыктын алдын алат, жакшылыкка чакырат.

**ААЛАМ, ТАБИЯТ**

**(же натурфилософия)**

Табият табигый илимдер – физика, химия, биология, астрономия ж. б. тарабынан изилденет. Ошол эле учурда ал философияны да кызыктырат. Себеби, адам табияттын курчамында жашайт, Ааламдын бир бөлүгү эсептелет.

«Табият» түшүнүгү «жаратылыш», «аалам», «дүйнө», «универсум», «материя» өңдүү категориялар менен маанилеш, тектеш. Кең маанисинде алардын баарын өз кучагына камтыйт. Ушул сыпатында «табият» дүйнөдө эмне болсо, ошонун баарын, адам коомун кошуп туруп, жалпысын түюнтат. **Бул – бир.**

**Экинчиден,** табият, жаратылыш дегенде адамзатты курчаган чөйрөнү, биосфераны, тирүүзат (живое) дүйнөсүн түшүнөбүз. Негизинен Жер планетасындагы жашоо шартын, табигый кубулуш, процесстерди ойлойбуз.

**Үчүнчү мааниси –** өзгөчө. Табият белгилүү бир нерсенин, кубулуштун ички касиетин, маңызын, мүнөздүү жактарын түюнтат. Ушул мааниде, «адамдын табияты», «искусствонун табияты», «мелдештин табияты» сыяктуу сөздөр

колдонулат. Демек, ошол нерсенин ажырагыс белгисин, анын өзгөчөлүгүн түзүп турган сапатты айтабыз. Бардык адамдарга же ар кандай көркөм чыгармага тиешелүү касиеттердин курамы, мыйзам ченемдүүлүк «табият» аталат.

Адам табияттын закондоруна, жаратылыштын касиеттерине, ааламдын түзүлүшүнө, курчаган дүйнөнүн турпат – келбетине кайдыгер карай албайт. Себеби, өзү ушул дүйнөдө жашап турат. Демек, аны менен байланышта, ага көз каранды, ага ылайык өмүр сүрөт. Өмүр менен өлүмдүн өзүн табияттын закону деп баалайт.

Философия табигый илимдердин натыйжасын талдап, жалпылап, дүйнөнүн элесин (картина мира) адамдын жашоо-турмушу менен байланышта сыпатташка, курушка аракет кылат. Табият өз турушунда (природа как она есть) – конкрет, так илимдердин предмети. Ал эми адамды курчаган, белгилүү бир маани күткөн дүйнө кейпинде философиянын талдоосуна түшөт.

Адам баласы табияттан киндигин үзүп, өз жолуна түшкөндөн курчаган дүйнөнүн касиет-сырын, «кулк-мүнөзүн» билишке ынтызар болгон. Жаратылыштын байлыгын пайдаланып, малчылык кылып, дыйканчылыкты өрчүтүп, өзүнүн жашоо-турмушуна ылайыктап чөйрө түзө баштаганы тажрыйба топтоп, билим жыйнап, «дүйнөнүн элесин» түзө баштаган.

Адамзат маданиятынын **мифологиялык доорунда** табият күчтөрү, кубулуштары азыр бизге «жомок» көрүнгөн сыпатта кабылданган. Мифтин өзү тигил же бул нерсенин тек-жайын түшүнүүгө жасалган аракеттен жаралат.

От кантип пайда болду? Аны Прометей кудайлардан уурдап келген (грек мифи). Бугу эли кайдан чыккан? Түпкү атасын Бугу эне багып чоңойткон экен (кыргыз мифи). Биз үстүндө жашап жаткан жер кандай? Ал жалпак, аны үч пил көтөрүп турат (индус мифи). Ит деген эмне, куш деген эмне? Айтор, миф баарын түшүндүрүп, баарын орду-ордуна коет.

Теориячыл ойлом тамырлап, философия, илим-билим калыптанышы менен табият сырлары миф мейкининдеги ордунан козголуп, «түшүнүксүз», изилдөөнү, талдоону, далилдөөнү талап эткен проблемага айлана баштайт.

**Антика философиясында** табият бийик баа алган. Ал ар тарабы шайма-шай, эч бир кемтиги жок идеал эсептелген. Табигый кубулуш сулуу, телегейи тегиз, гармонияга канык деп бааланат. Жашоо-турмуш табиятка шайкеш келсе, аны менен камыр-жумур болсо гана ойдогудай болот. Табият адамдан бийик, күчтүү, адам баласы аны үлгү тутуп, жолун жолдошу абзел.

**Орто кылымдардын философиясы** табиятка такыр башка баа берет. «Дүйнө элеси» дин боектору менен тартылып, табият күчтөрү кудайдын кудуретине байланышта каралат. Анын көлөкө, кемтик, зыяндуу жактары сөзгө аланып, табигый нерсе төмөн, пас бааланат. «Кудайлаган» адам баласы табиятты багындырууга, пайдаланууга өтөт.

**Кайра жаралуу доорунун философиясы** «табиятка көздөй артка» деген ураан астында антика идеалдарына, жол-жоболоруна кайрылат. Табигый нерсе кайрадан суктануунун, мактоонун предметине айланат. Атүгүл бул доордун айрым өкүлдөрү (Ж. Бруно) табиятты кудайга теңеп, пантеизмге (баары – кудай деген түшүнүк) ооп кетет.

**Жаңы мезгилдин философиясында** табияттын прагматикалык элеси, образы түзүлөт. Эми табият илимий изилдөөнүн, практикалык иш-аракеттин предмети. Анын сырларын ачып, күчтөрүн ооздуктап, байлыгын пайдаланыш керек деген көз караш өкүм сүрөт.

Табиятка ушундай пайдакор мамиле жасаш уланып, күчөп отуруп, **XX кылымда** чегине жетип, адамзат анын каарына калып, экологиялык аламатка (катастрофа) дуушар боломбу деп бушайман боло баштады. Табият менен «ынтымак» болуш, аны менен эсептешип, анын мыйзамдарын эске алып пайдаланыш зарылдыгын адам баласы түшүнүүгө өттү.

Натыйжада илимде, философияда **ноосфера** концепциясы жаралды (Т. де Шарден, Е. Ле-Руа, В. И. Вернадский). Жаратылыш менен адамдын, коомдун карым-катышы акыл-эстин мейкини катары каралды. Грекче «нус», «акыл-эс» деген сөздөн ат алган бул концепция ноосфера – биосферанын өрчүп-өнүгүшүнүн натыйжасы, табияттын «акыл-эс бийлеген катмары» экенин ырастады.

Илим түптөлгөнү адам өзүн курчаган дүйнөнү түшүнүүгө, анын кайдан чыкканын, кантип ушундайча түзүлүп, тизилип калганын иликтеп билүүгө аракет жумшап келе жатат. Барган сайын билгени кеңейип, түшүнүгү артып, табияттын жаңы сырларын табууда. Бирок, уч-кыйыры көрүнбөйт.

**Аалам, табият – чексиз.** Илимдин айныгыс тыянактарынын бири ушул. Адам үчүн дүйнө үч бөлүктөн турат: мегадүйнө – бүтүндөй ай-аалам, космос, галактикалар; макродүйнө – адам көрүп-билип, аралашып жашап жаткан бөлүгү; микродүйнө – демейде көрүнбөгөн, билинбеген, приборлор, техникалар, эксперимент аркылуу гана ачылчу кубулуш, нерселер: атом, электрон ж. б. Ошондо адам дүйнөсү ортодо турса, оң жагы дагы, сол жагы дагы чексиз.

Мегадүйнөнүн чексиздиги эртеби-кечпи жаңы планета, галактикалар ачылат, ааламдын жаңы мейкинине жол табылат деген кеп. Демек, адам акылы, күч-дарамети табияттын жаңы касиеттерин, мыйзам ченемдерин ачышы ыктымал. Же бүтүндөй ай-аалам бүгүн биз билген физикалык (ж. б.) закондорго гана баш иеби? Ааламдын башка бир бурчунда цивилизация, акыл-эстүү немелер болушу ыктымал. Болсо, кандай түрдө, акыбалда болушу мүмкүн? «Сол жак» – микродүйнө да чексиз. Майда бөлүкчөлөр улам «майдаланып», тереңдеп, жаңы катмарлар ачылып жатат. Эки жарым миң жыл мурун гректер дүйнө атомдон куралат, ал эми атом эң майда, бөлүнбөс нерсе дешсе, XX кылымдын илими микродүйнөнүн адамды аң-таң кылган касиеттерин ачты. Дүйнөнүн сыпаты (картина мира) кескин өзгөрдү. Өз илиминин ушунчалык асты-үстү түшкөнүнө чыдай албаган айрым физиктер эс-учун жоготуп, бирөө-жарымы жашоодон аша кечип, өз өмүрүн өзү кыйды. Бул эки жарым миң жыл чегиндеги окуя. Ал эми адамзат бөөдө кырсыктан, аламаттан тышкары болуп, дагы он, жүз миң жыл жашаса дүйнө сыпаты кандай өзгөрүшү ыктымал?

Ал эми макродүйнөчү? Ал эки катмардан турат: **табигый** (естественное) жана **жасалма** (искусственное). Башкача айтканда, табиятта өзүнөн өзү болуп келе жаткан, ал чийген чийинден чыкпаган, табигый мыйзамдардын чегинде турган нерселер бар. Анан дүйнөдө өзүнөн өзү болбой турган, табияттын мыйзамдарынан тикелей уланып чыкпаган, адамдын акыл-эси ойлоп таап, адамдын колунан жаралган нерселер бар. Адам баласы табиятка баш ийгени менен, анын

мыйзамдарын аттап өтө албаганы менен «жасалма дүйнөнү» мезгил өткөн сайын, доор алмашкан сайын ыкчам кеңейтип, чапчаң өзгөртүп келе жатат. Эгер айнек болбосо биздин цивилизация кандай түрдө, кейипте болот эле? Электр энергиясын пайдалана электе адамзат кантип жашаган? Болбосо, телефон, телевизор, компьютерге чейинки турмушту элестетип көргүлөчү. Биз бет алган информация коомунун турмушун болжоп ойлогулачы.

Табият менен коом биргелешкен, жанашкан, өтмө-катар байланышкан дүйнөнү алсак «табигый» жана «жасалма» дегендердин чегин так-таамай ажыратуу өзгөчө мааниге ээ экенине күбө болобуз. Анткени биз билген табият «мүмкүн» болгон дүйнөнү аныктайт. Табияттын мыйзамдарына сыйбаган, ылайык келбеген нерсе «мүмкүн эмес». Биз билген дүйнөдө «түбөлүк кыймылдаткыч» (пэрпэтуум мобилэ) мүмкүн эмес. Же адамдын өлбөстүгү (түрүү неме катарында) жөнүндөгү кыял-ойду алалы. Буга да табият «мүмкүн эмес» деп жооп берет. Демек, «жасалма» дүйнөнүн өзү «табигый» дүйнөнүн чегинде жашайт. Ошол эле учурда адамзат цивилизациясы табиятта өзүнөн өзү чыккан нерсе эмес экени талашсыз.

* * *

Асман, ай, жылдыз бүткөндө
Улангансың, дүнүйө.
Жер титиреп бүткөндө
Куралгансың, дүнүйө.
Он сегиз миң Ааламды,
Бир жараттың, дүнүйө.
Кемтиги жок эч жерде
Куп жараттың, дүнүйө.
Аял менен эркекти,
Жуп жараттың, дүнүйө.
Адамзаттын ичинде,
Куп жараттың, дүнүйө.
Жан-жаныбар күйөнү
Бүт жараттың, дүнүйө.
Канаттуудан башкага
Сүт жараттың, дүнүйө.
Күн менен түндү камчылап
Өтүп жаткан дүнүйө,
Журттан журтка ташынып
Көчүп жаткан дүнүйө,
Бири күйсө, бирөбү
Өчүп жаткан дүнүйө...
Түшпөсүн деп ай-жылдыз
Бышык кылган дүнүйө,
Таң калтырып адамды
Кызык кылган дүнүйө,
Өлүм менен коркутуп
Сызык кылган дүнүйө.
Баш-учуна күлүк ой
Учуп кеткис дүнүйө,
Ойлоп-ойлоп олтурсаң
Түбү чексиз дүнүйө,
Керемети дүйнөнүн
Эстен кеткис дүнүйө!

*Жеңижок «Дүнүйө».*

* * *

Азыркы дүйнө сыпаты мындай. Жансыз табияттын деңгээл, катмарлары: вакуум, элементардык бөлүкчөлөр, атомдор, молекулалар, макрозаттар, планеталар, жылдыздар, галактикалар, галактикалар системасы, метагалактика. Ал эми жандуу табият бул деңгээлдерден турат: клеткага чейинки деңгээл (ДНК, РНК, белоктор), клеткалар, көп клеткалуу организмдер, популяциялар, биоценоздор. Элементардык бөлүкчөлөрдүн өз ара аракети (взаимодействие) төрт түргө (типке) бөлүнөт: гравитациялык, электромагниттик, алсыз (слабое), ядролук. Эгер алгачкы экөө башынан маалым болсо, кийинки экөөнү илим XX кылымда ачты. Азыр физиктер төртөөнүн башын кошуп, орток негизин таап, талаанын бирлик теориясын (единая теория поля) түзө албай эстери ооп, бушайман болуп жатышат. Биз билген дүйнөнүн үч ченемдүү (узуну, туурасы, бийиктиги) мейкини, бир ченемдүү (өткөндөн азыркы аркылуу келечекке) мезгили бар. Ошол эле учурда теориялык ойлом мейкин көп ченемдүү (айталы, микродүйнөдө тогуз чен), ал эми мезгил таптакыр башкача жүрүшү, өтүшү мүмкүн деп ырастайт.

Албетте, ааламдын млрд. жыл илгери – кийинки абалы бизге тиешеси жок көрүнүшү ыктымал. Же микродүйнөнүн касиеттери билимге тойбогон бир ууч илимпоздордун эрмеги катарында бааланышы мүмкүн. Ал эми чындай келсек бул адам болмушуна, адамдын өзүн-өзү түшүнүп, адамдыгын сактап-кастарлашына түздөн түз тиешеси бар.[1] Демек, философия да табият илимдеринин натыйжаларынан, азыр тартылып жаткан дүйнө элесинен, сүрөтүнөн айланып өтө албайт. Себеби, адамзаттын «мен киммин, ким элем, ким болом?» деген суроосу «бизди курчаган табияттын маңызы кандай, чеги кайсы; бул дүйнөдө эмне мүмкүн да, эмне мүмкүн эмес?» деген суроодон ажырагыс.

Табият темасы философияда **экология** маселеси менен байланышта да козголот. Адамдын практикалык иш-аракетинин, коомдун айлана-чөйрөгө жасаган мамилесинин арты кандай – бу да орчундуу суроолордон. XX кылымда экофилософия, экогуманизм, биоэтика өңдүү түшүнүктөр пайда болду. Себеби, адам баласы «табият-энеме» туура, акыл-эстүү мамиле жасап жатамбы, жокпу?» – деп санаа тартышка аргасыз. Таза суу азайса эмне ичебиз? Көмүр түгөнсө эмне жагабыз? Токойду кыйып-кесип, талкалап таштасак арты кандай болот? Озон жыртыктары кеңейип-көбөйүп кетсе жер бетиндеги жашоо эмнеге дуушар болот? Планетадагы табият ресурстары чектелүү; аларды кандай пайдаланганыбыз оң? Ушул өңдүү суроолор философиялык маани-мазмун алып, адамдын жашоо-турмушу, акыл-эси, ар-намысы, ыйман-ынсабы туурасындагы маселелерге кошуна коюлат.

Табият маселесин талдаган философиялык ойлом мындай тыянактарга келет. Биринчиден, табият адамдын болушуна жол берет, ал адам баласынын өзгөчөлүгүнө, талап-мүдөөсүнө «жараша» түзүлгөн (бул «антроптук жобо», «антропный принцип» аталат). Физика ырастагандай, табияттын негизинде константа аталган бир нече туруктуу нерсе жатат: Планктын туруктуусу (постоянная Планка), жарыктын ылдамдыгы, гравитациянын туруктуулугу ж. б. Эгер алар бир аз эле башкача болгондо бу дүйнөдө адам болмок эмес. Ошондуктан, табият адам болгудай, адам аны таанып түшүнгүдөй, анда жашагыдай түрдө түзүлгөн деп эсептелет.

Экинчиден, тирүү неме катарында адам «табияттын баласы». Анын өмүрү, жашоо-тиричилиги табигый мыйзамдарга баш иет. Дем алат, тамак ичет, уктайт, эс алат. Табияттан тышкы, табиятта жок нерселерди табигый пайдубалга (фундаментке), негизге таянып жасайт.

Үчүнчүдөн, адам өзүнүн адамдык касиеттерин табигый материалды пайдаланып, ага сиңирип, чегерип, символикалык, рухий болмушка айландырат. Таш чегип, көзү өткөн ата-энесине эстелик коет. Гүл үзүп, сүйгөнүнө белек кылат. Кылыч темирден, аны курал урунат. Желек жибектен, аны көздүн карегиндей коргойт. Тоо-таш, жер-суунун баары окшош өңдүү, бирок эр жигит өз ата-мекени үчүн жанын кыят. Айтор, табигый зат символикалык маани-мазмун күтүп, коомдун, маданияттын мыйзамдарына ылайык орун алат.

Адам табият мүшкүлүнө учурашы ыктымал. Адам андан ырайым, мээрим күтүшү мүмкүн. Адам анын сырын ачып, ойдогудай башкарууга аракет кылат. Эмнеси болсо да, ал табиятка жасаган мамилесин акыл-эс таразасына салып, аяр-сый мүнөздө күтүшү абзел.

## КООМ ТУРМУШУ
## (же социофилософия)

Адам турмушу – коом турмушу. Коомду адам түзөт, ошол эле учурда адамдын өзү коомдон тыш жашай албайт. Бирок экөө эки башка түшүнүк. «Коом» деген сөздү кеңири урунабыз жана анын бир нече мааниси бар экенин жакшы билебиз.

Биринчи кезекте, «коом» дегенде адамдын чогуу жашоо-турмушун, биргелешкен иш-аракетин түшүнөбүз. Ушул маанисинде ал айыл-кыштак, шаар, мамлекет, теги, маданияты, тарыхы бир эл (европалык же азиялык коом), регионду билдирет.

Ошондой эле атайын уюшулган «коомдор» бар. Аларга кайсы бир кесиптин, өнөрдүн, кызыкчылыктын, ой-максаттын негизинде бириккен, уюшкан адамдардын тобу кирет. Бул спортто, чарбада, искусстводо, граждандык турмушта кеңири кезигет.

«Коом» дегендин дагы бир өзгөчө мааниси – ага бүтүндөй адамзат, анын өтмүшү жана келечеги, адам баласын табияттан ажыратып турган нерселердин баары кирет. Ушундай кең маанисинде «коом» менен «табият» жиктелип, биз билген дүйнө экиге бөлүнөт: ар кандай нерсе табигый мүнөздө болот же коомдук кубулушка кирет.

Адамдын жашоо-турмушуна тиешелүү болгон соң философия «коом» деген түшүнүктүн жогоруда белгиленген маанилерине да кайдыгер карабайт. Бирок аны ири алдыда, бул сөздүн үчүнчү мааниси кызыктырат. Анткени, философия мындай суроолорго жооп издейт: коом деген өзү эмне, анын табияты, маңызы кандай? ал кантип жаралып, кантип ушундайча түзүлүп калган? жан-жаныбарлардан айырмаланып адамдар эмне үчүн ушундай жашоо-турмуш кечирет? коомдун өзүнө тиешелүү мыйзамдары кандай? Кыскасы – дүйнөдөгү бардык нерселерден айырмаланган өзүнчө «коом» аталган маңыз (сущность) бар, бул-эмне? Ушул суроого кандай жооп табабыз, калган адам баласына байланышкан маселелерди ошого жараша түшүнөбүз. Демек, философияда «коом» деген адамдын, адамзаттын аларды табияттан бөлүп турган өзгөчө касиет – белгилеринин системасын туюнтат. Башкача айтканда, адамды коомдук (социалдык) «атом», бирлик (единица) катары караса да, үй-бүлөдөн баштап бүтүндөй адамзатка чейинки адамдын биргелешкен жашоо-турмушун, иш-аракетин, өз ара байланышын, бирикмесин караса да философия алардын негизин түзүп турган, аларга орток маңызды издейт.

Коомду изилдөө, концепция, теория деңгээлинде талдап түшүнүү – абдан татаал иш. Коомду ар кыл мүнөздөгү, ар кандай түрдөгү нерселер, процесстер, структура – системалар түзөт. Анын бүтүн турпатын, толук абалын көрүш мүмкүн эмес. Биз коомдун бир бөлүгүн, бир капталын, белгилүү бир учурдагы абалын гана көрөбүз. Ал эми өз турган-турушунда, мезгил алкагында (өткөнү, азыркысы, келечеги) коом бизге теория, модель, схемалар аркылуу гана көрүнөт. Коом туурасындагы негизделген, туташкан ой-түшүнүктөр, көз караштар, окуулар **коом таанууну** (обществознание) түзөт. Бул катарга философия, тарых, социология, экономика, педагогика ж. б. кирет. Коомдун маңызы, коомдук турмуштун касиеттери, өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү теориялык ой-жүгүртүүлөр илгертен эле башталган. Айталы, Платондун «идеядагы мамлекет» (идеальное государство) туурасындагы окууу Байыркы Грециядагы социалдык теория болгон. Андан кийинки айтылуу акылмандардын мурасына назар бурсак алардан биринде аз, биринде көп болгону менен коомдук турмушка байланышкан олуттуу ой-пикирлерин, көз караштарын табабыз. Айталы, Гегель коомдун өнүгүшүн, тарыхын «абсолюттук дух», «дүйнөлүк акыл-эс» категорияларынын жарыгына салып карайт. Коом таануунун, философиянын тарыхында ушул жагынан караганда ар кыл окууларды, агымдарды, багыттарды көрөбүз. XIX кылымдын башында коом жөнүндөгү атайын илим катарында социология философиядан бөлүнүп чыгып, өз алдынча өнүгө баштаган. Аны түптөгөндөрдүн бири О. Конт (1798–1857) коом турмушундагы кубулуштардын объективдүү негиздерин аныктоо милдетин коюп, философиядагы позитивизм[2] багытына жол ачкан. XX кылымда социология дүркүрөп өнүгүп, коомдун ар тарабын өз кучагына тартып, өндүрүш жаатындабы, саясат, башкаруу жаатындабы ж. б. жүрүп жаткан процесстердин жалпы сүрөтүн даана көргөзүүчү илим катарында кадыр-баркы өстү. Адатта ал экиге – теориялык социология жана колдонмо (прикладная) социология болуп жиктелет. Биринчиси философияга жакын, өтмө катар байланышта.

Коомдун теориясы жөнүндө кеп кылганда Карл Маркстын окуусун буйтап өтүш мүмкүн эмес. Марксизм социализмдин теориясы жана коммунизмдин идеологиясы кейпинде көздөгөн максатына жетпей, орто жолдо кыйраганы менен коомдук өнүгүштүн философиялык концепциясы иретинде гуманитардык илим-билимге зор салым кошту. **Тарыхты материалистче түшүнүү** (К. Маркстын окуусу) – күчтүү, жемиштүү, социалдык теориялардын бири. Анын илимге кошкон салымы – коомдук кубулуштардын айрым объективдүү шарттарын, механизмдерин ачканында.

XIX кылымдын аягында, XX кылымдын башында коом таануунун методологиясына байланышкан маселелер курч коюлат. Табият илимдеринен айырмаланып, гуманитардык илимдер өз жол-жоболорун, коомдук кубулуштарды иликтеп-түшүнүүнүн өзгөчө ык-эптерин, каражаттарын табышы зарыл деген талап кеңири таркайт. В. Дильтей (1833–1911) баштаган философтор: табият таануу менен коом таануу түп тамырынан айрымаланат; табият кубулуштарын биз түшүндүрөбүз (обьяснение), ал эми коом окуяларын биз түшүнөбүз (понимание); бул таптакыр эки башка методология деп ырасташат.

Азыркыга чейин коом жөнүндөгү теориялар катмарында талаш-тартыштар, кайчы көз-караштар көп. Философиянын ичинде ар кыл концепция, модель, парадигмалар кездешет. Демейде, коомдун философиясына карата «социалдык философия», «социалдык метафизика» өңдүү түшүнүктөр колдонулат. Бул багытты «социофилософия» деп айтсак да жарашат.

Жогоруда онтология жөнүндө сөз кылганда ал болмушту изилдээрин белгилеп, аны кызыктырган предметтердин катарына коомдук кубулуштар да кирерин айтканбыз. Ушул мааниде «коомдук болмуш» (общественное, социальное бытие), «коомдун онтологиясы» (онтология социального) деген түшүнүктөр кездешет. Мында коом турмушу

адамдардын аң-сезимдүү, максат көздөгөн иш-аракетине негизделгени менен анын өтүшүнүн, түзүлүшүнүн, өзгөрүшүнүн адам эркине баш бербеген мыйзамдары, жолдору бар экени ырасталат. И. Канттын тили менен айтканда «канткенде коом болот?» (как возможно обуество) деген суроо коюлат.

Адамдар кандай мыйзамченемдердин негизинде биргелешип, байланышып, өз ара катышып жашайт, иш кылат? Бул коомдук кубулуштардын маңызын аныктап-түшүнүштө олуттуу маани күткөн маселе. Ушундан улам адабиятта мындай көз караштар жиктелет: **натурализм** – коомду жаратылыштын, өзгөчө жан-жаныбарлар дүйнөсүнүн табигый уландысы катарында карайт. Коомдун түзүлүшүн, өнүгүш өзгөчөлүктөрүн, тарых ыраатын бирөөлөрү космос нурлары, күн жарык ритмдерине, экинчилери айлана-чөйрөгө, географиялык шарттарга, дагы башкалары адамдын биологиялык-генетикалык касиеттерине байланыштырат; **идеализм** – адамдарды идеялар, ишенимдер, ой-түшүнүктөр бириктирет деп эсептейт. Диний көз караштын же мамлекеттик идеологиянын негизинде бириккен майда же чоң топтор коомдук турмушта олуттуу күчкө айланышы ажеп эмес; **социопсихологизм** – мында инсан, индивид аралык байланыш, карым-катышка башкы маани берилет, жеке адам «социалдык атом» кейпинде бааланып, коом алардын ортосундагы адамдык мамилелерден турат, коом – индивиддердин жыйындысы деп каралат.

Албетте, мындай жиктөө жалпы жана шарттуу мүнөзгө ээ. Иш жүзүндө теориялардын маани-мазмуну кыйла татаал, көп кырдуу.

«Коом жана адам» маселесине келгенде теориялардын эки **парадигмасы**[1] даана бөлүнүп турат. Жалпылаштырып, жөнөкөйлөтүп айтканда **биринчи тараптагылар** коомду өз алдынча турган адамдардын механикалык жыйындысы жана алардын өз ара аракетинин натыйжасы катары карашат. «Даяр», калыптанып калган адамдар биргелешет да, тигил же бул себептен улам макулдашып, анан коомду түзүшөт. **Экинчи тарабы**, тескерисинче, коом жеке адамдардан мурда калыптанган, алардын үстүндө өзүнчө турган, аларды өз кучагына тарткан күч, структура деп эсептешет. «Таза» түрүндө сейрек кезиксе да бул эки парадигма коом менен адамдын карым-катышын иликтеген көптөгөн концепция, теорияларды экиге ажыратып турат. Эки жагынын тең тиешелүү негиздери, жүйөөлөрү бар. Ошол эле кезде экөөндө тең «бир нерсе» кемдей, жетишпегендей. Бир топ социалдык окуудар ушул парадигмалардын ортосунан орун алып, аларды «элдештирүүгө», бириктирүүгө аракет жасашат. «Коом менен адам бир» деген туура көрүнгөнү менен, оңой айтылганы менен аны далилдеш, ырасташ кыйын болуп чыгат. Ошондуктан көпчүлүк позициялар жогоруда белгиленген эки парадигманын бирине ооп кетишет.

Коомдук кубулуштарды изилдөөнүн методологиясы тууралында кеп кылганда мындай жагдайга көңүл бурганыбыз оң. ХХ кылымдын 70–80-жылдары социалдык-гуманитардык илимдерде **системачыл мамиле** (системный подход) күч алган. Изилдөөнүн предмети (коомдук кубулуштар, окуялар, процесстер) система түрүндө каралып, системачыл методдун, принциптердин негизинде олуттуу теориялык натыйжалар алынат. Кийинки мезгилде коомдук кубулуштарды теориялык талдоого алууда **синергетикалык мамиле** да кеңири жайыла баштады. Синергетика грекче sinergeia – «биргелешкен кыймыл» деген сөздөн аталган. Ал табияттагы, коомдогу, рух чөйрөсүндөгү өзүн өзү уюштуруу (самоорганизация) процесстерин изилдеген, баш аламан (хаос) кыймылдын тартипке, калыпка (космос) түшүшүнүн мыйзамдарын издеген илимий багыт. Синергетикалык парадигма табият илимдеринде кеңири кулач жайган.

Коомдун пайда болушу (социогенез) жана адамдын пайда болушу (антропогенез) бири биринен ажырагыс, өз ара шартташкан, өтмө катар байланышкан процесс. Бул биримдикти **«антропосоциогенез»** түшүнүгү аркылуу туюнтабыз. Адам коомунун тарыхы – бул адам баласынын тарыхы. Бирок бир бүтүн процессти ар башка жагынан карап, анын ар түрдүү касиет, белгилерин аныктаса болот. Коомдун пайда болушу тууралындагы маселе коюлганда көңүлдүн борборуна адамдар ортосундагы карым-катыш кандайча калыптанып-өөрчүгөн, алардын биргелешкен иш-аракети кантип башталып, кантип күчөп-кеңейген, чогуу-чаран жашоонун шарт-жагдайлары кантип түзүлүп, кандайча өркүндөп отурган, топтолуп турмуш күтүш кандайча уюшкан – ушул өңдүү суроолор тартылат.

Тарых илими, этнология алгачкы адамсымалдар – австралопитектер, питекантроптор – он миллиондогон жылдар илгери жашаганын айгинелейт. Ошондон жүрө отуруп акыры кадимки адам жаралса, бул узак процесс ошол эле кезде коомдук касиеттердин, байланыштардын калыптанып-өркүндөшүн да өзүнө камтыйт. Жан-жаныбарлардын үйүр-топторунан айрымаланып, адамдардын биргелешкен жашоо-турмушу түп-тамырынан бери башка механизмдердин, жол-ыкмалардын негизинде уюшкан. Коом турмушунун эреже-тартиптери калыптанып, кайсы бир иш-аракеттерге тыюу салынып, бирге жашоонун нормалары улуудан кичүүгө өтүп, каада-салт сакталып, бирге жашоо белгилүү бир калыптарга түшө баштаган. Үй-бүлө, урук-тууган, дос-душман, өз-жат өңдүү социалдык институттар пайда болгон. Адамдарды бириктирген, алардын өз ара байланышын иретке салып, тейлеп турган символикалык курал-каражаттар көбөйгөн. Коом улам татаалдап, жаңыланып, трансформацияга түшүп жүрүп отурган.

Коом – өзүнчө бир бүтүн организм, **татаал система**. Ал ар кандай түрдөгү, деңгээлдеги, мүнөздөгү бөлүктөрдөн, элементтерден, подсистемалардан турат. Алардын ортосундагы байланыш, аракет не бир татаал структураларды жаратат.

Коом өз турмушун камсыз кылып, тиешелүү шарттарды түзүп, зарыл болгон касиет-сапаттарын сактап, улам-улам өнүктүрүп, өркүндөтүп жүрүп отурат. Социофилософияда бул – «**коомдук өндүрүш**» аталат. Коом өзүн өзү кайталап, жаңылап өндүрүп турбаса, чачырап, кыйрап калат.

Коомдук өндүрүш төмөнкү тармак, чөйрөлөргө ажырайт:

**– материалдык өндүрүш**. Адам баласынын астына аш, үстүнө үй керек. Завод-фабрикаларды курат. Мыктан баштап компьютерге чейин курал-жарак жасайт. Калктын жашоосуна эмне керек болсо, ал эмнеге муктаж болсо, ошонун баары өндүрүлүп турушу шарт. Өз кезегинде өндүрүш жаңы муктаждыктарды жаратат. Коомдун, цивилизациянын деңгээли ири алдыда анын материалдык өндүрүшүнүн, колдонгон, урунган буюм-тайымынан, жашоо шартынан, өндүрүш технологиясынан көрүнөт;

**– рух өндүрүш** (духовное производство). Коом турмушу – бул идеялардын, идеологиялардын, символдордун, баалуулуктардын, ар кыл ой-түшүнүк, көз караштардын мейкини, аренасы. Рух дүйнөсү такай кыймылда болуп, өзгөрүп, кеңейип, жаңыланып турат. Илим жаңы билимдерди түзөт. Искусстводо жаңы чыгармалар жаралып, классика элдин көркөм-эстетикалык муктаждыгын канааттандырат. Дин мезгилге жараша, жагдайга ылайык өз идеяларын жайылтып, далилдөөгө аракет кылат. Ар кайсы эл, улут, мамлекет өз идеологиясын тутуп, каада-салтын сактап, келечектин долбоорунун планын түзөт. Маалымат каражаттары (гезит-журнал, китеп, радио, телекоммуникация ж. б.) улам барган сайын өсүп, күчөп отурат.

Демек, жаңы идеялар жаралып, мурункулары кайрадан өндүрүлүп турмайын коомдун рухий турмушу токтоп калат;

**– адам өстүрүү** («өндүрүш»). Адам да белгилүү бир коомдун мүчөсү, өкүлү катарында өнүп-өсүшү абзел. Бала таалим-тарбиянын көп катмарлуу системасы аркылуу гана коомго аралашат. Ата-эне, теңтуш, мектеп, университет, көчө-шаар – баары адам «өндүрүүгө» катышат. Коомдо адамга таалим-тарбия, билим берүү, кесип үйрөтүү, адис даярдоо, интеллектуалдык өсүштү, адеп-абийирди сакташты камсыз кылуу – ушуларга тиешелүү шарттар, механизмдер, институттар түзүлөт. Коом турмушунда устат, мугалим, педагог өзгөчө статус алат;

**– коомдук байланыш, карым-катышты өндүрүш.** Коом белгилүү мааниде адамдардын ортосундагы карым-катыштан түзүлгөн соң, бул байланыштар да демейкидей, ойдогудай сакталып, өз кызматын жазбай аткарып турушу үчүн кайсы бир шарттардын камсыз болушун талап этет. Үй-бүлө, айыл-апа, коллектив, мамлекет болобу, же кесипке, саясий көз карашка байланышкан уюм, иш чара болобу – айтор, социалдык карым-катыш такай «өндүрүлүп» турушу зарыл. Улуттук – этникалык процесстер же демографиялык өзгөрүштөр белгилүү бир байланыштардан ажырай албайт. Ушундай байланыштардын негизинде ар кыл социалдык топтор, катмарлар түзүлөт.

Биз коомдук өндүрүштүн башкы багыттарын санап өттүк. Алардын орток, окшош белги-касиеттери бар. Ошол эле учурда ар бирине мүнөздүү өзүнчө шарттар, технологиялар, жол-жоболор, ык-эптер болушу да талашсыз нерсе.

Социофилософиядагы олуттуу суроолордун бири мындай: коомдун тарыхый өнүгүшү кайсы бир мыйзам ченемдерге ээби же кокустук мүнөзүндөгү ой-келди, баш-аягы жок процессби?

**Тарых** – бул тек гана артта калган мезгил, өткөн-кеткендин «изи» же өтмүш жөнүндөгү ой-пикирлердин жыйындысы эмес. Философияда тарых коом болмушу (социальное бытие), анын ички логикасы, иретке келиши, түшүнүүнү талап кылган мазмун-мааниси катарында каралат. Илимпоздор, ойчулдар адам коомунун тарыхын ар кандай этаптарга бөлүп, алардын өзгөчө белгилерин мүнөздөшөт. Маселен, марксизм **коомдук-экономикалык формация** жөнүндөгү концепция сунуш кылып, коомдун тарыхын беш тепкичке бөлгөн: алгачкы жамааттык коом, кул ээлик коом, феодализм, капитализм жана коммунизм. Мындай ажыратуунун негизи катарында өндүрүш жолу (способ производства) эсептелген. Башкача айтканда, материалдык байлык кандай жол менен өндүрүлсө, калганы-социалдык мамилелер, рухий кубулуштар, маданият, адеп-абийир ошого ылайык болот деп ырасталган.

Адабиятта коомдун басып өткөн жолун үч этапка ажыратуу да кеңири кездешет. Мындай көз карашты жактоочулар коом турмушун комплекс түрүндө карап, анын ар тарабына орток белги-касиеттерди аныктап, узак мөөнөткө созулган доорлорду жиктешет. Алгачкысы – **салттуу коом** (традиционное общество). Мында коом турмушу негизинен каада-салт аркылуу жөнгө салынып, коомдук мамилелер тутумунда адамдардын жеке байланышы (личная связь) чечүүчү күчкө айланып, социалдык мейкин жана социалдык мезгил туруктуу мүнөздө ырааттталган болот. Кийинки доор – бул **индустриячыл коом** (же модерн, азыркы коом). Ал капиталисттик мамилелердин түптөлүп-өнүгүшүнөн башталып, илим-техниканын натыйжасына негизделип, акча менен байлыктын арааны жүрүп, коомдук мамилелердин системасында инсан өзгөчө орун ээлеген, статус алган коом иретинде бааланат. Ошол эле учурда мындай заманда адам чоң социалдык системалардын кучагында калып, жеке байланыш жалпы, абстракция түрүндөгү байланыштарга, институттарга орун бошотуп (мамлекет, укук, илим ж. б.), коомдук идеология күчүнө кирген болот. Бул – негизинен биз жашап жаткан коом эсептелет. Үчүнчүсү – **постмодерн,** азыркыдан кийинки коом. Ал өз жүзүн али толук көргөзө элек. Бирок, аны индустрия коомуна каршы коюп, аны танган, ага шайкеш келбеген белгилерин иреттей баштаганда коом тарыхынын жаңы тилкеси алдыбызда турганына аздыр-көптүр ынанып калабыз.

Адам коомунун тарыхый өзгөрүп-өнүгүшүн башка жол-жоболордун негизинде иликтегендер да аз эмес. Айталы, британиялык тарыхчы, ойчул А.Тойнби (1889–1975) коом тарыхын өз-өзүнчө өнүгүп-өсчү социалдык организм, бирлик, «цивилизациялардын» (кытай, индия, европа ж. б.) тарыхы катары баалайт да, ар бир «цивилизациянын» өз тагдыры, өз жолу бар, «жаралат», «өсөт», «кемийт», «алын жоготуп, кыйрайт» деп эсептейт.

Албетте, азырынча бу тарапта элдин баарынын купулуна толгон, бардык талапка жооп берген теорияны көрсөтө коюш мүмкүн эмес. Ар биринин өз максатына жараша жеткен натыйжасы, тапкан жемиши, ошол эле кезде «талуу жерлери» бар. Ал эми жалпылай келгенде мындай жагдайларды белгилегенибиз оң. **Биринчиден**, коомдун тарыхый өнүгүшү-белгилүү бир мыйзамченемдерге баш ийген процесс. Коом система турпатында жашаган соң, анын ар кайсы бөлүктөрү, тараптары белгилүү бир тартипте байланышып, белгилүү бир ырааттa бирин бири шарттап, таяп, аныктап турат. Демек, тарых агымын нукка салып, багытын аныктап турган шарт, фактор, күчтөрдү туура ажыратып, мыйзамченемдүү окуяларды иреттеп, теория деңгээлинде анын ички логикасын түшүнсө болот.

**Экинчиден**, ар бир инсандын, социалдык топтун, катмардын өз талап-мүдөсү, кызыкчылыгы, тилек-максаты бар. Ар бири өз ниетин жүзөгө ашырууга аракет кылат. Ушундан улам коом турмушу баш аламан иш-аракеттердин, карама-каршылыктардын аренасы катарында көрүнүшү да мүмкүн. Ал эми иш жүзүндө тарых ар ким каалаган жагына буруп кетчү процесс эмес, белгилүү бир тартип, эреже, салт сакталган кыймыл экенин түшүнөбүз. Тарыхтын өз жолу, өз «эрки» бар. Ошондуктан, социофилософияда көп кепке алынган темалардын бири – бул коом турмушундагы **эркиндик** менен **зарылдыктын** өз ара байланышы, карым-катышы тууурасындагы маселе.

**Үчүнчүдөн**, тарыхый процесстин жалпы, универсал касиеттери, ошол эле кезде айрым регионго, мезгилге тиешелүү өзгөчөлүктөрү да бар. Ар бир инсан өзүн өзү баамдап-аңдап билген өңдүү коом да өз турмушун талдап-баалап түшүнөт, өзү жөнүндөгү ой-түшүнүктөрдүн тутумун, системасын түзөт. Мындайча айтканда, **коом аң-сезими** (общественное сознание) да болот. Бирок, ушундан улам тарых алкагында да, учурдагысын алсак да коомдун аң-сезими коомдун болмушун, анын чыныгы турмушун толук, так чагылдырып көргөзөт деп ойлош натуура. Коом – өзүнчө болмуш (реальность, бытие), объективдүү процесс, анын ички механизмдери, түзүлүшү, логикасы бар. Ошондуктан, коом турмушун тарыхый жагынан да, азыркы ал-абалын да атайлап иликтеп, теориялык негиз, жол-жоболорго таянып талдаш талап этилет.

Коомдун өнүгүшүн иликтеп-түшүнүүдө сөзсүз түрдө «тарых жана инсан» деген проблемага туш келебиз. Тарых жүрүшүндө инсандын, жеке адамдын орду кандай? Инсан тек гана тарыхтын «эркине» баш ийип, анын агымында калкып кете береби же бул агымды буруп, тездетип же жайлатып, өз каалаганын жасашка ал-күчү жетеби? Бул суроонун жооптору көп жана ар кыл. Эки четкисин бөлүп көрсөтсөк мындай. **Бир жааты** тарыхтын «сырын» инсандын ой-түшүнүк, тилек-максат, кулк-мүнөзүнөн издешет. Коомдун турмушу, өсүп-өнүгүшү, тарыхтын түшкөн нугу улуу инсандардын (падыша, хан-вазир, аскер башы, даанышман-ойчул, пайгамбар, илимпоз ж. б.) чечимине, иш-аракетине жараша болот деп эсептешет. **Экинчи жааты** тарыхты жеке адам менен «иши жок», инсан менен эсептешпей, өз өкүмүн жүргүзүп, өз кыймылын уланткан процесс катары баалайт. Экөө тең бир беткей, купулга толбойт. Ар кимибиз адамзат тарыхында бир адамдын эрки менен коом өнүгүшү, турмушу түп-тамырынан өзгөрүп кеткен учурлары болгонун, ошондой эле көпчүлүктүн талап-мүдөөсүнө, ниет-тилегине карабай тарых өз эркин жүзөгө ашырган кездер өткөнүн жакшы билебиз. Азыркы окуяларга кайрылалычы. «Өлбөс-өчпөс» көрүнгөн СССР ичинен ирип, өзүнөн-өзү бузулуп отуруп кыйрадыбы же Горбачевдун «боштугунан», Ельциндин «өкүмдүгүнөн» («Беловежьедеги келишим») улам чачырап кеттиби? Эркин Кыргызстандын түптөлүп-өнүгүшүндө Президент Аскар Акаевдин ролу кандай? Мындай тарыхый процесстерди талдап-түшүнүүгө тарых менен инсандын карым-катышы жөнүндөгү маселени түпкүлүгүндө кандай аңдап-баалайбыз – ушул түз же кыйыр түрдө таасир этет.

Философияда «коом» түшүнүгүн «маданияттан» ажыратып караш мүмкүн эмес. Атүгүл табиятка каршы койгондо экөө синоним, бир түшүнүк болуп эсептелет. Ошол эле учурда «маданият» категориясынын өзгөчө теориялык маани-мазмуну бар.

Маданият – көп кырлуу, сан мүнөздүү, татаал кубулуш. Аны культурология, тарых, этнология, социология, психология, теология, антропология ж. б. билим тармактары иликтейт. Ал эми философияда **«маданият философиясы», «культурфилософия»** (В. Мюллер киргизген) деген багыт бар.

«Маданият» түшүнүгүнүн аныктамалары абдан арбын. Америкалык окуууштуулар А. Кребер, К. Клакхон 1920–1950-жылдардын арасында жарыяланган эмгектерди атайын талдап отуруп, «маданияттын» 157 аныктамасын тизмелеген. Ал эми россиялык изилдөөчү Л. Е. Кертмандын эсеби боюнча алардын саны 400дөн ашуун.

Арийне, ири алдыда «философия маданиятты кандай түшүнөт?» деген суроо чыгат. Маданият деген эмне, анын маңызы кайсы? Маданият көп түрлүү, көп кырлуу, бирок аларды бириктирген, туташтырган орток, жалпы негиз-касиеттер кандай? Маданияттын коом турмушундагы, адам жашоосундагы орду-кызматы не? Маданият кантип өнүп-өсөт? Илгертен философтор ушулардын тегерегинде ой калчап келет.

Маданият – бу адам коому, адам турмушу. Ошондуктан философия маданияттын ондогон аныктамаларынын ичинен анын адам болмушу менен ширелген мазмунун тандайт. Башкача айтканда, **маданият** – адам турмушунун жолу-ыгы (способ), адамдын өсүп-өркүндөшүнүн формасы, адамдардын өз карым-катышынын ирети-тартиби, адамдын иш аракетинин эби-сыны. Демек, философия маданияттын маңызын адам болмушунан (бытие) айрып карай албайт. Адам маданият аркылуу, анын «тегирмендеринен» тартылып өткөндө гана адам болот.

Бир жагынан, маданият адамдын **чыгармачыл иш-аракети,** анын жемиши, натыйжасы. Адам баласы эргип, шыктанып, ойлонуп, кыйналып отуруп жаңы баалуулуктарды түзөт, жашоо-турмушту жакшыртат, көркөм байлык жаратат. Илим тереңдеп, искусство гүлдөп, өнөр өсүп, турмуштун кызыгы артып, рух көкөлөйт. Эски, мурунку менен чектелип калбай, жаңыны жаратуу, мурда жокту ойлоп таап, жайылтуу, билбегенди үйрөнүү бул маданияттын динамикасын, кыймылын түзөт. Экинчи жагынан, маданият – **норма, калып, эрежелердин дүйнөсү.** Коомдун токтоосуз, кайнаган турмушунда улам уюп, улам кайталанып отуруп, маданият мейкини түзүлөт, көпчүлүккө тааныш жол-жобо, ык-эптер куралат, каада-салт калыптанат. Нормага ылайык келсе **маданият**, андан алыс турса **наданият** (наадан, билимсиз, түшүнүгү тар-тайыз деген мааниден) болот. Демек, маданият чыгармачыл иш-аракет (инновация) менен калыптанган, уюган норма, салттардын айкашынан турат.

Адатта, маданият тигил же бул элдин, улуттун жашоо-турмуш жолуна-ыгына, алар күткөн, баалаган, кастарлаган баалуулуктарга байланышта каралат да, анын эки жагы ажыратылат. **Материалдык маданият** – бул турмуш-тиргилик шарты, үй-жай, курал-жарак, буюм-тайымдар. **Рухий (духовный) маданият** – бул ой-түшүнүк, ар-намыс, өнөр-шык, искусство чыгармалары, салт-санаа ж. б.

Дүйнөлүк алкакта Чыгыш жана Батыш маданияты ажыратып каралат. Ал эми О. Шпенглер (1880–1936) маданиятты 8 түргө (типке) жиктейт: египет, индия, вавилон, магия (араб-византия), кытай, аполлон (грек-рим), фауст (батыш европа), майя маданияты. Ар бир маданиятты тирүү организмге салыштырып, анын өмүрүн болжолдо миң жылга чектеп, ал «туулат» да «өлөт» деп эсептеген. Өзүнүн «Европанын батышы» деген эмгегинде батыш европа маданиятын күнү бүтүп бараткан стадияда деп мүнөздөгөн. Маданият типологиясынын дагы көптөгөн варианттары бар.

Бул жаатта назар бурчу жагдайлар мындай.

**Биринчиден**, маданияттын көп түрдүүлүгү адам табиятынын кыр кырдуулугуна, байлыгына, татаалдыгына байланыштуу. Адамдын турмуш ыгы, ой-санаасы, каалоо-тилеги, өнөр-шыгы сансыз, чексиз, ошондуктан маданият да

сан кырлуу. Маданият – бул адамдын өсүшүнө, өркүндөшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн мейкин, адам жылган сайын анын кыйыры (горизонту) улам жылып, кеңейип отурат.

**Экинчиден**, ар кандай маданияттын өзгөчөлүгү, бөтөнчө маани-мазмуну бар, ошол эле учурда алар өз ара байланышта, бирине бири таасир этет, биринен бири үйрөнөт. Ушул маанисинде маданияттын жалпы, универсал белгилери, мазмуну да байып, кеңейип, жаңыланып турат.

**Үчүнчүдөн**, айрым алынган маданияттын өзү ар жактуу. Анын очогу жана чет жагы болот. Илимпоздор «субкультура», «контркультура» деген кубулуштарды ажыратышат. Жеке адамдын маданияты туурасында сөз болот. Ошондой эле элитага жана массага тиешелүү маданият жөнүндө айтылат.

Кандай болбосун, философия маданиятты адамдын өзүн өзү түшүнүп, шык-жөндөмүн жүзөгө ашырып, талап-мүдөөсүн аткарууга жол ачкан мейкин катарында карайт.

«Коом», «маданият» түшүнүктөрүнүн катарында «цивилизация» турат. Кайсы бир маанисинде маданият менен цивилизация бир, маанилеш түшүнүктөр. Бирок, концепция деңгээлинде изилдөөчүлөр экөөнү даана ажыратышат. Атүгүл азыр Батыштык социогуманитардык билимдер чөйрөсүндө өзгөчө тармак – «civitisational studies» (цивилизацияларды изилдөө) пайда болду.

**Цивилизация** – латынча civitas – «шаар, граждандык коом, мамлекет» деген түшүнүктөн тамыр алган. Алгач «цивилизация» термини француз тилинде XVIII кылымдын экинчи жарымында колдонула баштаган. Монтескье, Вольтер, Тюрго, Кондорсе өңдүү ойчулдардын эмгектеринде бул түшүнүк акыл-эске негизделген телегейи тегиз коомду, акыл-эске шайкеш келген мыйзамдуулук жана калыстыкты, нравалык жана интеллектуалдык бийиктикти туюндурган. XIX кылымдын башында Европада «цивилизациянын этнографиялык концепциясы» түзүлөт. Ал адамзат маданиятынын көп түрдүүлүгүнө маани берип, «ар бир элдин өз цивилизациясы бар» деп ырастайт. Бара-бара философияда цивилизациянын ар кыл теория, концепциялары жаралат. Алардын негизгилерин мындайча ажыратсак болот:

1. Цивилизация – адамзат тарыхынын варварчылыктан кийинки баскычы. Ал таптардын, мамлекеттердин түзүлүшү, шаарлардын пайда болушу (урбанизация), жазуунун колдонулушу менен шартталат.

2. Цивилизация – маданиятка маанилеш. Экөө тең коомдун өсүп-өнүгүшүн, адам жараткан баалуулук, идеал, нормаларды, социалдык болмуштун жолун-ыгын туюндурат.

3. Цивилизация – коомдук турмуштун өзгөчө жагы, деңгээли. Ага «техникалык камсыздык», жашоо-турмуштун көңүлдөгүдөй шарты («комфорт»), «каалаганың» табылганы мүнөздүү.

4. Цивилизация – адамзаттын биримдигин, көп кырлуу маданияттын бүтүндүгүн, жалпы адамзатка орток баалуулуктардын тутумун билдирет.

5. Цивилизация – ар кандай маданияттын аяккы, «карыган», «соолуп бара жаткан» этабы, убагы. Мындай көз караш ири алдыда О. Шпенглердин ысмы менен байланышкан. Ал элге кеңири маалым «маданий-тарыхый айлампа» теориясын түзүп, ага ылайык маданияттын ар бир түрү (тиби) үч стадияны басып өтөт: жаштык, болуп-толуп турган чак, бузулуп-кыйраш убагы, анан бул цивилизацияга айланат деп эсептеген.

Цивилизациянын теориясын түзүүгө А.Тойнби (1889–1975) зор салым кошкон. Ал өзүнүн он томдон турган даңазалуу эмгегинде адамзат маданиятын тарыхый жактан кеңири изилдөөгө алып, цивилизацияны элементтери белгилүү тартипте жайгашкан, байланышкан система катарында мүнөздөйт да, табият же коом «чакырык» (Вызов) таштайт да, ага «жооп» (Ответ) бермек болуп, адамдар мейкин-мезгили аныкталган чекене (локальная) цивилизация түзүшөт деп тастыктайт.

Ал эми Тоффлер, Белл өңдүү изилдөөчүлөр коомдогу өндүргүч күчтөрдүн өнүгүш деңгээлине жараша, экономикалык күч-кубатына ылайык цивилизацияны төмөнкүдөй түргө бөлөт:

– баштапкы цивилизация (архаикалык, салтчыл, алгачкы коом);
– агрардык-өнөрчүлүк (ремесленная) цивилизация;
– индустрия (өнөр жай) цивилизациясы;
– азыркы, индустриядан кийинки (постиндустриальная), информациялык цивилизация.

Адабиятта мындан башка да бир катар классификациялар учурайт. Цивилизациянын ар кандай чечмеленгенине карабай, бул изилдөөлөр адам коомунун өнүгүшүн теория деңгээлинде талдап-түшүнүү максатынан туулуп отурат. Цивилизация – адамзат тагдырынын биримдигин, тарыхый процесстин бүтүндүгүн, адам акыл-эси жеткен ийгиликтерди, анын техникалык-технологиялык күч-кубатын, көздөгөн максатын, алган багытын мүнөздөйт.

## АДАМЗАТТЫН КЕЛЕЧЕГИ
### *(же футурология)*

**Футурология** – адамзаттын, коомдун келечегин иликтеген окуу, «болочоктун концепциясы» (латынча futurum – «келечек» деген сөздөн чыккан). Ушул маанисинде адегенде 1943-жылы немец социологу О. Флехтхейм тарабынан колдонулуп, кийин кеңири таркаган.

Чын-чынына келгенде адам баласы эч качан келечекке көңүлкош караган эмес. Жашоо-турмуштун өзү аны келер чак жөнүндө ойлонууга мажбур кылган. Адам өз келечегин болжоп билүүгө, алдын алууга, өзү билбесе «көзү ачыктарга» айттырып, кабардар болуп, камдуу тосушка аракет кылган. «Келечекти билүүнүн» ар түрдүү айла-амалдарын тапкан (төлгө, карта ачуу ж. б.).

Философияда Платондун «идеядагы мамлекет» (идеальное государство) жөнүндөгү окуусу алгачкы «футурологиялык» концепциялардан болгон десек жарашат. Ошондой эле **утопиялык**[1] окууларда (Т. Мор, Т. Кампенелла) да футурологиялык маани-мазмун бар дешке болот. Бирок илим-билимдин өзгөчө тармагы иретинде футурология XX кылымдын экинчи жарымынын туундусу жана анын өз тарыхы, тагдыры бар.

Биринчиден, **«глобал проблемалар»** аталган, жалпы адамзатты сарсанаа кылган маселелер – экономикалык, экологиялык, демографиялык, согуштук-ядролук – адамзаттын, жер цивилизациясынын бир бүтүн экенин ачык-айкын көргөздү. Өз-өзүнчө жашаган элдер, мамлекеттер тагдыры, келечеги бир экенин даана сезип-билишип, буга чогуу кам көрүү зарылдыгын түшүнүштү.

Экинчиден, **коммуникация** каражаттары, информация технологиялары алысты жакын кылып, ар жердегилерди бир мейкинге туташтырды. XX кылымдын 60-жылдары канадалык социолог М. Маклюэн «дүйнө чоң кыштакка айланат» деп болжосо, бул бат эле чындыкка айланып, азыр Жердин берки бетиндеги жаңылык көз ачып-жумгуча Жердин наркы бетине жетип, адамзат өзүнүн биримдигин ого бетер ачык түшүндү.

Үчүнчүдөн, XX кылымда адамзат өнүгүүнүн **ресурстары**, мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө ойлонууга аргасыз болду. Табигый ресурстар канчага жетет? Техникалык прогресс кайда алып барат? Интеллектуалдык ресурсубуз канча? Эртең адам баласы кандай муктаждыктарга бет келиши ыктымал? Ушул өңдүү суроолор жалпысынан (абстракция мүнөзүндө) эмес, практикалык иш-аракеттердин чегинде коюла баштады.

Төртүнчүдөн, XX кылымдын аягында, XXI кылымдын башында **глобализация** процесси күч алып, адамзаттын экономикалык, техникалык, интеллектуалдык биригиши (интеграция) ыкчамдап, ошол эле учурда бул процесстен жабыр тарткан, аны натуура эсептеген **антиглобализм** кыймылы пайда болду.

Натыйжада, бир жагынан адамзат өзүнүн бир бүтүн экенин көрдү. Сөздүн нукура маанисинде адамзат жок, бөлөк-бөлөк элдер, мамлекеттер гана бар деп эсептегендер да аз эмес. Америкалык философ С. Чейз: «Эй, адамзат, бери кел – деп чакырып көрчү, жаныңа бир Адам басып келер бекен» – дейт. Бирок, XX кылым адамзаттын бүтүндүгүн таамай-таасын көргөздү. Экинчи жагынан, бир тагдыр, орток келечек туурасында олуттуу ой тегеретип, чогуу кам көрүш зарылдыгы туулду. Бул же тигил региондун, бул же тигил иштин эртеңкиси эмес, жалпы адамзаттын жакынкы келечеги изилдөөнүн, талдоонун предметине айланды. Демек, футурология – бул келечек туурасындагы ар кандай ой-пикир, божомолдордун жыйындысы эмес, адамзаттын, цивилизациянын келечегин талдап-түшүнүүгө багыт алган философиялык-социалдык окуу, агым.

Келечек деген эмне? Келечек – бул:

– өткөндүн, азыркынын уландысы, натыйжасы;
– ой-тилек, кыял-үмүт;
– кийинкиге чектеген иштер, эртеңкиден күткөн нерселер;
– алдыга койгон максаттар, аткарчу милдеттер;
– жаңылык, күтүлбөгөн нерселер, ойго келбеген окуялар;
– боло элек, келе элек убак, азыр жок нерсе;
– кааласаң да, каалабасаң да кез келчү нерсе;
– жашоонун мааниси, баасы, ж. б.

Ушуга окшогон дагы толгон-токой мүнөздөмөлөрдү келтирсек болот. Алардын баары бирдей баага арзыбайт, бирдей маани аркалабайт. Бирок, алардын арасында келечектин маани-маңызына, сырына байланышкан, адамдын жашоо-турмушу, ыйман-пейили, ой-санаасына тиешелүү түпкүлүктүү маселелерди козгогон мүнөздөмө-аныктамалар кезигет. Философия аларга назар бурбай, көңүл төшөбөй коюшу мүмкүн эмес. Адам баласы илгертен эле өз келечеги тууралуу олуттуу ой жүгүртүп, анын табиятын – сырын түшүнүшкө аргысыз болгон. «Өмүр», «мезгил», «түбөлүк» деген түшүнүктөргө жанаша «келечек» категориясы уюган. Дүйнөлүк маданияттын мейкинине көз жиберсек, философия менен адабияттын кылымдаган тарыхына кайрылсак, биз келечектин ар кыл элесин, турпатын, моделин табабыз. Анткени, келечек бир жагынан адам болмушунун айрып алгыс касиети, учуру болсо, келечек жөнүндө ойлош – бул адамдын кан-жанына сиңген адат, милдет болсо, экинчи жагынан келечек ошончолук көп кырлуу нерсе, оңою менен чечилбеген, жанбаган маселе.

Келечек туурасында ой калчап, акыл тегеретkenде бир парадокска[1] дуушар болобуз. Бир жагынан адамнын, жеке адамдын келечеги ачык-айкындай. Албетте, ойлойт, санаа тартат, кыялданат. Бирок, «баары белгилүүдөй», «баягыдай». Үйлөнөт, бала-чакалуу болот. Билим алып, кесип үйрөнүп, ошого жараша кызмат өтөйт. Өзүнүн кайда жетээрин, эмне көрөөрүн билет. Туулгандан өлгөнгө чейинкисин болжолдоп элестете алат. Экинчи жагынан элдин, коомдун, цивилизациянын чегинен караганда келечек – «белгисиз», сырлуу, табышмактуу. 50–100 жылдан кийин кандай болорун билбейбиз. Биздин ата-энелер телевизор, компьютер деген эмне экенин билбеген убак болбоду беле. Бүгүн булар демейки турмушубуздун ажырагыс белгиси. Ал эми биздин небере-чөбөрөлөр кандай шартта жашайт? 100–200 жылдан кийин турмуш кандай кейипте болор экен? Айтор – келечек кызык, керемет. Бирок, бизге тиешеси жоктой, «алыстай». Неберебизди ойлошубуз мүмкүн. Бирок 5–10 кылымдан соң адамзат кантип жашайт, цивилизация кандай болот – мунун мага ысык-суугу канча? Демек, бул парадокс келечектин элесин эки жакка керип турган жаанын кызматында.

Келечектин философиялык концепциясы белгилүү бир ой-түшүнүктөрдүн тизмегин, тутумун түзөт, теориялык маани-мазмун батырган схема, парадигмаларды жаратат. Мунун онтологиялык да, гносеологиялык да, аксиологиялык да жактары бар жана адам болмушун иликтеп-талдап түшүнүүдө өзгөчө баага арзыйт. Ошол эле учурда бул категориялар, схемалар футурологиялык изилдөөлөр үчүн да чоң мааниге ээ.

Футурология адам коомунун, цивилизациянын келечегин аңдап-талдап түшүнүүдө адатта боло жүргөн, демейде кайталана турган окуяларды тизмелеп тим болбойт. Ал коомдун турмушундагы, өнүгүшүндөгү олуттуу өзгөрүүлөр, орчундуу бурулуштар, омоктуу тенденциялар туурасында сөз кылат. Футурологиялык изилдөөлөрдү көбүнчө коомдун, цивилизациянын жаңы сапаттык белгилери, жаңы тепкичке өтүшү, социалдык трансформациялар кызыктырат. Футурологдор ири алдыда **«Жаңы коомдун»** элесин, келбетин сүрөттөшкө умтулушат.

Келечектин турум-турпатын түзүш көп **негизге** таянуунун аркасында жүзөгө ашат. Биринчиден, азыркы коомдун турмушундагы башкы багыттар, анын өнүгүп-өзгөрүшүнүн олуттуу тенденциялары, анын мүмкүнчүлүктөрү жана чектери туурасындагы тыянак-бүтүмдөр негиз болот. Экинчиден, өткөндүн орчундуу окуялары, мурункунун сабактары, башкалардын тажрыйбасы эске алынат. Үчүнчүдөн, адам баласы эмнеге кызыгат да, эмнеге умтулат, кайсы нерселерди баалап, кымбат тутат – ушул сыяктуу «түбөлүктүү категориялар» ой-пикирдин кыйырын (горизонтун), нугун аныктап турат.

Эртең кандай коомдо жашайбыз? (Хронология маанисинде эмес, сапаттык мүнөздөмө иретинде). Футурология ага ар түрдүү ат коңт: «постиндустрия коому», «технотрондук коом», «информация коому». Бул өңдүү түшүнүктөрдүн мазмуну бир жагынан азыркы цивилизациянын алдыга озгон тенденцияларын, алардын ички логикасы жана темпи, ыкчамдыгы туурасындагы божомолдорду, ой-түшүнүктөрдү камтыса, экинчи жагынан азыркы коомдун кемтиги, бөксө жактары кайсылар, аларды кантип оңдоп-жакшыртса болот – ушул маселелерди да кучагына алат. Мындай коомдорго орчундуу багыттар боюнча мүнөздөмө берген, анын жалпы турум-турпатын, маанилүү белгилерин туташтырып, аздыр-көптүр толук кейпинде элестетүүгө аракет жасалган изилдөөлөр пайда болду. Футурологдордун айтымында бул качандыр бир убакта орночу коом эмес, адамзат бүгүн анын босогосунда турат, анын илебин, күүсүн сезе баштады.

Коомдун, цивилизациянын келечегин болжолдоп билүү, аңдап түшүнүү үчүн футурология ар кыл жолдорду, ыктарды, каражаттарды колдонот. Ири алдыда – көптөн бери колдонулуп келген, мезгил сынагынан өткөн **прогноз (болжол)** методу. Ар кандай маалымат, жагдай, кырдаал, моделдердин негизинде коомдун жакынкы, көз жеткен келечеги сыпатталат, сүрөттөлөт. Дагы бир олуттуу багыт – **«сценарий»** түзүү. Футурология бул жолду да кеңири пайдалана баштады. Мында коомдун өнүгүшүнүн мүмкүн деп эсептелген бир нече варианты каралат, тигил же бул фактордун күчөп кетишине жараша ар түрдүү мүмкүнчүлүктөр изилденет. Ошондой эле **долбоорлоо** (проект, проектирование) ыгы келечекти иликтеп-билүүгө олуттуу кызмат кылат. Коом кандай болушу абзел, өнүгүүнүн кайсы жолу жакшы, жакын арада адам өз купулуна толгон, өз мүдөө-муктаждыгына ырас келген коомду кантип курат – мунун да ар кыл «долбоорлору» түзүлүүдө. Албетте, асмандан албайт, куру кыялга батпайт, бирок «каалоо-тилек», «үмүт-максат» аныктоочу күчкө ээ болот («Жакшы тилек – жарым ырыс» дейт кыргыз).

Футурологиялык изилдөөлөрдүн көпчүлүгү колдонгон дагы бир жол-ыкты «**проблемачыл»** деп койсок болот. Мына, адам баласы XX кылымдын экинчи жарымында экология проблемасы менен бетме-бет келип, аны алгылыктуу чече албай шаштысы кетип, шайы оoп жатат. Эми бул жагдай эртең кандай болушу ыктымал? 50–100 жылдан кийин экологиялык акыбал кандай түр күтүшү мүмкүн? Адамзат бул проблемаларды кантип чече алат, бул азап-тозоктон кантип арылат? Кайсы жолду тандап алат? Ушул сымал суроолордун тегерегинде ой жүгүртүү, илик салуу, изилдөө жүргүзүү келерки коомдун белгилүү бир сыпатын берет. Бул катарга «ядролук согуш» коркунучу кошулат. Же, демография проблемасын алалы. Дыйканчылык башталган доордо (10 миң жыл мурун) Жер жүзүндө 5 млн. адам жашаган экен. А бүгүн бир эле Кыргызстанда (биздин чакан мамлекетибизде) ушунча калк жашайт. Болбосо, техникалык-технологиялык өнүгүшкө назар бурсак. Эртең бул адамзатты кай жакка бурушу мүмкүн? Ал эми «антропологиялык апаатчы» (катастрофачы)? Адам баласынын адеп-абийири, ар-намысы, ыйман-пейили кийин кандай ал-акыбалда болор экен? Демек, «проблемачыл» метод адамзат азыр дуушар болуп жаткан кооп-мүшкүлдөрдү изилдөөнүн негизинде келерки коомдун келбетин тартууга аракет кылат, анын маанилүү белгилерин аныкташка далалат жасайт.

Арийне, футурологиянын мындан башка да жол-ыктары көп. Ошондой эле аларды «таза» түрүндө гана эмес, аралаштырып, айкаштырып урунарын эске алганыбыз жөн. Кеп, келечектин элеси ойдон чыгарылган «жомок» эмес, белгилүү бир теориялык базага таянган, сынактан өткөн, ишенимге арзыган метод, ыктардын аркасында түзүлгөн, азыркы иш-аракеттерге, чечим-бүтүмдөргө багыт бере турган кейипте болушунда.

***Ж. Бөкөшов***

**АББАНЬЯНО** Никола (1901–1990) – италиялык философ-идеалист, позитивдүү экзистенциализмди жактоочу, субъективизмди ж-а пессимизмди жеңүүгө аракеттенген окуунун өкүлү (Хайдеггер, Сартр).

**АБДЫЛДАЕВ** Табылды (1932-ж. т., Ысыккөл обл., Ысыккөл р-ну, Бостери айылы) – философия илимд. доктору (1968), проф. (1969). Кыргыз Респ-нын ИАнын корр. мүчөсү (1989). Кыргыз мамл. ун-тин бүткөн (1952). 1956–66-ж. КМУда окутуучу, улук окутуучу, доцент, 1966–88-ж. КММИнын филос. кафедрасынын башчысы, 1988-жылдан Кыргыз Респ-нын ИАнын философия ж-а укук ин-тунда адамдын экологиясынын философиялык маселелери б-ча белгилүү адистердин бири. Анын негизги илимий эмгектери биол. түр ж-а түрдүн келип чыгышынын методологиялык проблемаларына арналган. А-дин ил. эмгектери илимдин өнүгүшүнүн перспективалуу багыты, б. а. азыркы мезгилдин кеңири экологиялык проблемалары м-н тыгыз байланышкан. Ал Бишкек шаарындагы философтордун илимий эмгектеринин жогорку окуу жайлар аралык тематикалык жыйнагын чыгарууну уюштурган. Анын жетекчилиги ж-а редакциялоосу м-н КММИнин философия кафедрасында 8 илимий эмгек чыккан; экология б-ча бөлүмдүн кызматкерлеринин коллективдүү монографиясы жарыяланган. Анын жетекчилиги м-н “Илимий-техникалык революциянын шартындагы табигый, жасалма ж-а социалдык диалектика” проблемасы б-ча комплекстүү изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. А. 70 илимий эмгектин (а. и. 12 монография, анын 4 китеби авторлош, о. эле 6 китепче) автору. Нег. чыг: Философские вопросы о виде. Фр., “Илим” 1966; Причинно-следственные связи во взаимоотношении общества и природы (соавторстве) Фр., “Илим” 1986 ж. б.

**АБЕЛЯР** Пьер (1079–1142) – француз философу, теолог ж-а акын. Жаратылыш ж-дө талаштын универсалы болуп, ал окуу кийин концептуализм деп аталган. Схоластикалык диалектиканы иштеп чыккан (чыг.: «Бар жана жок»). Анын идеясы ортодоксалдуу чиркөөнүн чөйрөсү тарабынан 1121–40-ж. куугунтукка алынган. А-дын Элоизеге болгон сүйүүсү трагедиялуу аяктап, ал экөөнүн тең монастрга баруусу м-н аяктаган. Ал ж-дө «Менин бактысыздыгымдын тарыхы» деген чыгармасында баяндалат.

**АБИЙИР ЭРКИНДИГИ** (Свобода совести) – граждандардын тигил же бул динди тутуусу же тутпоосу; диний көз караш, ишенимдерин коргоо, үгүттөө же динге ишенбөө, атеисттик ой-пикирин ачык айта алуу эркиндиги. Бир катар эл аралык укук жоболоруна ылайык – (Бүткүл дүйнөлүк адам укугу декларациясы (ст. 18); Граждандык ж-а саясий укуктар ж-дөгү эл аралык пакт (ст. 18), БУУнун уставына ылайык (ст. 55, 56) ар бир адам эркин ой жүгүртүүгө, каалаган динин тутууга укуктуу. Эл аралык укукта коомдук тартипке, анын коопсуздугуна, ден соолукка, башка адамдардын эркиндигине каршы келе турган диний иш-аракеттерге тыюу салынган. Мамлекет м-н диндин өз ара мамилеси «Динге ишенүү эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзамы аркылуу жөнгө салынат. Бул мыйзам жарандардын динге карата болгон мамилесин, ишенимин ж-а ага ылайык, тоскоолдуксуз каалаган динин тутууну, диний ырым-жырымдарды өткөрүүнү, ошондой эле кайсы динге ишенгендигине (же ишенбегендигине) карабастан, алардын укук ж-а кызыкчылыктарын коргоону, социалдык адилеттүүлүктү; диний уюмдардын иш-аракетине байланышкан карым-катыштарды жөнгө салат ж-а коргойт.

**АБСОЛЮТ** (лат. absolutus – шартсыз, чексиз) – идеалисттик философияда түбөлүк өзгөрүүсүз дүйнөнүн башталмасы. (А. рух, идея, адам ж. б.). Диалектикалык материализм метафизикалык илимге негизделбеген А-тук түшүнүктү кабыл албайт. А. бир гана материяны тааныйт. Турмуштун сөзсүз, чектелбеген, эч кимдин кийлигишүүсүз, эркин эле кандайдыр бир нерсенин мамилесисиз ж-а шартсыз башталышы.

**АБСОЛЮТТУК АКЫЛ ЖҮГҮРТҮҮ** – Гегелдин идеалисттик философиялык түшүнүгүндө, абсолюттук идеянын мүнөздөлүшү анын адамдын акыл эсинин өнүгүш стадиясында, өзүн-өзү таанып-билүүсү бул жаратылыштын тепкичтерин басып өткөндө пайда болот. А. а. ж. өзүнчө адамдардан ажыратып, коомдон, болмуштан, жалпы түшүнүктүн формасынан абстрактуу мазмунга алып келет.

**АБСОЛЮТТУК ЖАНА РЕЛЯТИВДҮҮЛҮК** – материалисттик диалектиканын категориялары. Абсолюттук – түбөлүк, бардык нерсени камтыйт. Релятивдүүлүк убактылуу, ар кандай шарттарга көз каранды. Материалисттик диалектиканын көз карашында А. ж. р. салыштырмалуу бири-бири м-н байланышсыз жашай албайт. Бир жагынан абсолюттук өзүнө релятивдүүлүктү камтыйт, бир жагынан релятивдүүлүктө абсолюттук жашайт.

**АБСОЛЮТТУК ИДЕАЛИЗМ** – түрдүү объективдүү идеализмдин жалган абалынан келип чыккан абсолюттук идеянын бар экени ж-дөгү объективдүү идеализмдин бир түрү. А. и-ди философияда Гегелдин жолун жолдоочулар өнүктүргөн.

**АБСОЛЮТТУК ИДЕЯ** – объективдүү идеализмдин философиялык системаларындагы башкы түшүнүктөрдүн бири. Мис., Гегелдин системасында А. и. деген бүт нерсенин уюткусун, жогорку синтезин туюндурат, ал эми табият м-н дух А. и-нын туюндусу деп эсептелет.

**АБСТРАКТУУ** (лат. abstractio – алыстоо, бөлөктөө) – чагылдырылган, кабылдаган предметти, кубулушту башка предметтен бөлүп алган учур. (мис., «Москванын коозудугу» же Пушкиндин гениалдуулугу»).

**АБСТРАКТТУУДАН КОНКРЕТТҮҮЛҮККӨ КӨТӨРҮЛҮҮ** (Восхождение от абстрактного к конкретному) – теориялык ойдун предметин бүтүн, ар тараптуу, толук элестетүү кыймылынан турган илимий изилдөөнүн методу. Диалектикалык традицияда абстракттуу кең мааниде билүүнүн бир тараптуулугу, «жардылыгы» ал эми конкреттүү – анын толуктугу, мазмундуулугу катары каралат. Ушундай мааниде абстракттуулук принциби илимий таануу процессинин азыраак мазмундуулуктан көбүрөөк мазмундуу билүүгө өтүү багытын мүнөздөйт. «Абстракттуу» ж-а «конкреттүү» түшүнүктөрү алгач Гегель тарабынан пикирдин мазмундуулугун, өнүккөндүгүнүн айырмасын мүнөздөө үчүн колдонулган. Гегель конкреттүүнү эс-акыл м-н, ал эми абстракттууну – ойлоо, ой жүгүртүү м-н байланыштырган. Абстрактууну Гегель жацы, конкреттүү мазмунду пайда кылуу жолу аркылуу айкындалган, келишпестиктерди жецип чыгуунун негизинде ойлоонун өнүгүшү катары түшүнгөн. Бирок Гегель бул ойдун өнүгүүсүндөгү эц маанилүү мыйзамченемдүүлүктү түшүнүктүн өз алдынча өнүгүүсү катары түшүндүрмө берип, мистификациялаган. Гегелдин конкреттүүлүктү ой жаратат деген идеясына Маркс конкреттүү ойдо чагылат, элестетилет деген материалисттик идеяны каршы койгон. Маркстын пикирине ылайык, конкреттүү көп аныктамалардын синтези, ар түрдүүлүктүн биримдиги. Абстрактуулук методунун жардамы м-н ой жүгүртүү конкреттүүлүктү өзүнө камтып, аны рухий конкреттүүлүк катары кайра жаратат. Бирок бул эч качан конкреттүүнү жаратуу процесси эмес. Абстрактуулук – бул теориялык ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнүн мазмундук-конструктивдик процесси. Ал жацы абалдар м-н түшүнүктөрдү колдонуунун натыйжасында ой жүгүртүүнүн үзгүлтүксүз байышына өбөлгө түзөт.

**АБСТРАКТТУУ ИСКУССТВО** – абстракционизм, предметсиз искусство-сүрөттө, скульптура (кутуну) ж-а графикада, кадимки нерселерди окшоштуруп берүүдөн атайын баш тарткан, негизинен искусство агымы. А. и-нун мазмуну “искусство искусство үчүн” деген идеалисттик концепцияга, ошондой эле сүрөтчү дүйнөнү субъективдүү чагылдыруу далалатына негизделет. А. и. искусство 20-к-да бир нече агымга бөлүнүп жаткан учурда пайда болду.

**АБСТРАКТУУЛУК** (лат. abstractio – алагды кылуу, башкача буруу) –таанып билүү процессинин моменттеринин бири; изилденип жаткан нерсенин бир катар анчалык маанилүү эмес белгилеринен, байланыштарынан ой жүзүндө четтеп, анын негизги, жалпы белгилерин байланыштырып бөлүп чыгаруу. А. натыйжасы түшүнүк, категориялары эсептелет. Мис., материя, кыймыл, өнүгүү, мыйзам, нарк ж. б. илимий кыскаруунун мацызы, биз алардын жалпы белгилерине жараша көпчүлүк, ар түрдүү сезимдик кабылдануучу буюмдарды ацдайбыз. Диалектикада А. болгон бир жактуу, жарды, өнүкпөгөн конкреттүү өз ара байланыштуулуктан жулуп алынган ага карама-каршы мааниге далай ирет ээ болот. Бул жерде А. конкреттүүнүн моменти, жагы, фрагменти катары чыгат. Ой жүгүртүү ж-а түшүнүк жалпы эле таанып билүүнүн жүрүшүнөн, практикадан, предметтик чындыктан обочо болгондо гана «абстрактуу».

**АБСТРАКТУУ ПРЕДМЕТ** (чындыкка коошпогон ойдун айланасы) – чындык турмушта жок, бирок объективдүү чындыкта ой жүгүр-түү багытында жыйынтыкка таандык, реалдуу предметтердин мамилеси.

**АБСТРАКТУУ ТҮШҮНҮК** – абстрактуу конкреттүү эмес чындыкка коошпогон түшүнүк. Анда предметтин өзү эмес, анын сапаты ж-дөгү ой элестетилет (мис., «аппак», «оор», баатырдык ж. б.), б. а. даяр турган нерсеге өзгөчө көз караш. Чындыкка коошпогон түшүнүк жеке ж-а жалпы түрдө болот.

**АБСТРАКЦИЯ** – 1) илимий ой, бул ой түшүнүктөрдөн көрүнөт ж-а коом м-н табияттын материалдык процесстеринин ички мацызын көрсөтөт. 2) айырмалануучу түшүнүктүн теориялык жалпыланышы.

**АБСТРАКЦИЯЛОО** абстракция процессин жокко чыгаруудан турат. Ойдогу бир нерселерди (убактылуу) ошол предметтердин түзүлүшүн ж-а байланышын бир нече жолу изилдеп жатканда, ушул этапта объектини таза түрдө кароо зарыл. Ойдогу бир нерселерди кайра калыбына келтирүү үчүн «Таза түрүндө» сыртка таштап салуу керек, анткени ушу турган объектинин анализине жалпы маселелери ээ эмес. А-до предметтин терециндеги ойдун кыймылы (жүрүшү), аны бөлүктөргө бөлүп, кыялга тизмектеп кароо, түшүнүктү көрсөтүү зарыл.

**АБСТРАКТУУ ОКШОШТУК** (теңдештик). Заттардагы айырмачылыктардан (өзгөчөлүктөрдөн) убактылуу бөлүп алуу, – деп айткан Энгельс, кыска убакыт аралыгында же анча масштабдуу эмес иш үстүндө, бардык учур үчүн ошол алкактын чегине туура келип, айырмалана да алышы объектинин жаратылышы м-н шартталат. Окшоштукту ушул мааниде түшүндүрүлгөнү окшоштуктун формалдуу логикалык мыйзамынын негизинде жатат.

**АБСТРАКЦИЯ ПРИНЦИБИ** – абстракция аркылуу аныктоонун негизин түзгөн логикалык принцип. Бул принциптин талаптарына ылайык объектилердин чогундусунда аныкталган тец барабардык тибиндеги катнаштарга таянып, мындай объектилердин чогундусун жуп-жубу м-н алганда бири-бири м-н кесилишпей турган класстарга ажыратууга болот. Аны абстракттык класстар деп аташат. Мис., абстрактуу класстарга жер шарындагы адамдарды киргизишет. Абстрактуу класстар өзгөчө касиеттер, белгилер м-н мүнөздөлөт же тескерисинче, окшош белгилерге ээ болгон абстрактуу класстар тец барабардык катнаштыкта турат. А. п.

белгилүү касиеттер бар “абстракттык объект” тууралуу жобону жактагандыкта, аны көптүктүн классикалык теориясынын абстракция жөнүндөгү теоремаларынын бири катары изилдешет.

**АВАНГАРДИЗМ** – 20-к-дан көркөм чыгармачылыкта пайда болгон кыймыл. Мурасталган реалисттик көркөм образдын салттарынан кол үзүүгө, жаңыча туюнтуу каражаттарын издөөгө, чыгарманын формалык түзүлүшүн кайра курууга далбаса кылуу А-дин мүнөздүү белгилери. А. термини 20-жылдары көркөм адабий сында адеп колдонулуп, искусство ж-дөгү илимге 50-жылдары кирген. А. 20-к-дагы буржуазиялык маданияттын жалпы кризисинин белгилери модернизмдин ар түрдүү агымдарынан көрүндү. А-дин өнүгүү процессинде карама-каршы багыттар, ар түрдүү идеялык-эстетикалык көз караштагы ж-а коомдук позициядагы сүрөтчүлөр учурайт.

**АВГУСТИАНЧЫЛЫК,** а в г у с т и н и з м – диний христиан философиясы; антиинтеллектуалдуу, интуитивдүү салтты чагылдырган агым, б. а. А. – ички тажрыйбанын аныктыгын таанып-билүү, адамдын кайгыруу, кубануусу м-н байланышкан акыл-эстүүлүктү тануу (жокко чыгаруу) ж-дөгү окуу. А-тын негиздөөчүсү болуп христиан теологу ж-а чиркөө ишмери Августин Аврелий (354–430) эсептелет.

**АВГУСТИИ,** б л а ж е н н ы й Аврелий (354–430) –христиан теологу, чиркөө ишмери. Батыш патристикасынын башкы өкүлү. Түндүк Африкадагы Гиппон шаарынын епископу, христиандык философиянын тарыхын баштоочу.

**АВЕРРОИЗМ** – орто кылымдагы философиялык багыт. А-ге араб философу Ибн Рушд (Аверроэс) негиз салган. А-дин өкүлдөрү Аристотель философиясынын материалисттик багытын өнүктүрүшкөн. «Чындыктын эки жактуулугу» ж-дөгү теорияны жакташкан. Ф. Энгельстин айтуусунда тиги дүйнөнүн бар экендигин танышкан, билимди динге, философияны теологияга каршы коюшкан. А-де аздыр-көптүр өнүккөн, «шайыр, эркин ойлоо» кийин арабдардан калган калктарга ооп, 18-к-дын материализмин даярдаган. А. б-ча материя м-н кыймылды эч ким жараткан эмес, адамдын акылы чындыкты таанып билүүгө жөндөмдүү. А. европа өлкөлөрүндө (Франция, Италия) философиянын өнүгүшүнө күчтүү таасир тийгизген.

**АВЕРРОЭС,** И б н Р у ш д (1126–98) – орто кылымдагы араб философу ж-а окумуштуусу. Кордова халифатынын мезгилинде Испанияда жашаган. А. Ислам дининен ажырабай туруп, материянын, кыймылдын түбөлүктүүлүгүн далилдеген, жекече жандын өлбөстүгүн ж-а өлгөндөн кийинки турмушту жокко чыгарган. А. эки тараптуу чындык ж-дөгү окууну негиздеген. Ал мусулман теологу Аль-Газалинин мистицизмин (диний жашыруун сырга – ишенүү) катуу сындаган. Европалык философтордун байыркы философия (антикалык философия м-н) таанышуусунда Аристотелдин чыгармаларына А-тин жазган түшүндүрмөлөрү чоң роль ойногон. А-тин окуусу (*аверроизм*) мусулмандык ж-а христиандык ортодокстор тарабынан ырайымсыздык м-н куугунтукталган. Негизги чыгармалары: «Жокко чыгарууну жокко чыгаруу», «Философия менен диндин ортосундагы байланыш тууралуу ой жүгүртүү».

**АВИДЬЯ** (санскрипт. билбестик, түшүнбөстүк). Философиялык системада «веданта» – сезим деген маанини билдирет. Логикалык түшүнүктүн пайда болушу, кээ бир үзгүлтүксүз тажрыйбалык системаларды берет. Төмөн даражадагы акылмандуулук күчтүү даражадагы акылмандуулуктун шартсыз түрдө субстанцияны тааный тургандыгына каршы турушу адамга чыныгы акыйкат берет. А. – «ведантага» кошулуп, нерсенин чыныгы табиятын актайт. Бул мааниде ал «билбестик» А. түскө киргенде жоголот.

**АВИЦЕБРОН,** И б н Г е б р о л ь, а р А б у А й ю б С у л е й м а н И б н Я х ь я И б н Ж е б р о л, (болжолу 1021–1055 же 1070) – европалык акын, философ. Анын «Турмуш башаты» деген философиялык трактаты араб тилинде жазылган, түп нускасы сакталган эмес. А. – неоплатоникалык пантеизмди жактаган, бирок неоплатенчилерден айырмаланып, ал материяга чоң маани берип, аны субстанция катары денеге гана эмес акыл-ойго да жакындаштырып караган. Бул көз караш кийин. Д. Брунодо байкалган. А. трактаты европалык ж-а исламдык дүйнөдө таралган эмес, бул табышмактуу арабдын эмгеги катары схоластикалык христиан традициясында гана жашоосун уланткан. 19-к-да гана бул эки адам Авице- брон – Ибн Гевроль бир эле адам экендиги далилденген.

**АВИЦЕННА,** И б н С и н а А б у А л и Х у с е й и н и б н А б д а л -л а х, И б н С и н а (980-ж. Бухарага жакын Афшана кыштагы – 18. 6. 1037, Хамадан) – Орто Азия элдеринин атактуу илимпозу, философ, дарыгер, акын. Бухарада окуп араб, перс, инди, антикалык маданиятын ж-а илим-билимин терең өздөштүргөн. 17 жашында илимпоз ж-а дарыгер катары таанылган. 1002-ж. Хорезмде, 1012-жылдан Иранда шахтын дарыгери ж-а вазири болгон. 280ден ашуун эмгек жазган, анын 160ка жакыны бизге жеткен. Негизги философиялык чыгармалары: «Шыпаа китеби», «Нускоо жана насаат китеби» ж. б. Анын дарыгер катары жазылган «Медицина канону» (5 томдук) дүйнөгө атын чыгарып белгилүү кылган. Ал эми «Дарыгерлик илимдин канону» деген эмгеги латынча 30дан ашуун жолу басылган. Ал орус тилинде да бир нече ирет басылып чыккан. Ал акын гана болбостон, прозалык чыгармаларды да жараткан. Анын ырлары араб ж-а фарсы тилдеринде рубаи түрүндө бүгүнкү күнгө чейин жеткен. Ырларынын айрымдары кыргыз тилине да которулган.

**АВРЕЛИЙ** Виктор – 4-к-дагы римдик тарыхчы. «Цезарлар жөнүндө» деген эмгектин автору. Бул китебинде А. Августтан тартып Констанцияга чейин (б. з. ч. 30 – б. з. 360) римдик императорлордун кыскача тажрымалдарын чагылдырган.

**АВСТРИЯЛЫК МЕКТЕП** – саясий экономиядагы субъективдик психологиялык багыт. Ал 19-к-дын 80-жылдарында пайда болгон, көрүнүктүү өкүлдөрү: австриялык экономисттер – К. Менгер, Э. Бем-Баверк, Ф. Визер ж. б. Алардын теориясы К. Маркстын «Капиталына», анын экономикалык илимине революциячыл жумушчу кыймылынын өсүшүнө каршы багытталган. Алар капиталисттер алып турган пайданы жумушчулар табынын эксплуатацияланып турушунан эмес, керектөө буюмдары м-н өндүрүш каражаттарынын ортосундагы айырмадан алынат деп түшүндүрүшөт. А. м. коомдук өндүрүштүн коомдук мүнөзүнүн ролу м-н маанисин, наркты, бааны, кызмат акыны, пайданы, процентти, рентаны субъективдик-психологиялык жактан түшүндүрүүгө аракеттенет, бул капитализмди түбөлүк жашоочу коомдук түзүлүш деп эсептөөгө, монополиялык капиталдын үстөмдүгүн, анын жогорку пайда алышын жактоого алып келген.

**АВСТРОМАРКСИЗМ** – 20-к-дын башында пайда болгон Австриянын социал-демократтык партиясындагы идеалогиялык ж-а саясий агым. А-дин көрүнүктүү өкүлдөрү: Ф. Адлер, О. Бауэр, М. Адлер ж. б. А. философия, саясий экономия, революция ж-а улут маселелери б-ча марксизмдин негизги жоболоруна каршы ар түрдүү идеалисттик философиялык агымдардан алынган аралашма махизм м-н неокантчыл көз караштардын кошундусу. Улут маселесинде А. марксизмден кол үзүп, «маданий улуттук автономия» теориясын жактайт, пролетариатты улуттук топторго бөлүп, ар түрдүү улуттун ичинде таптык карама-каршылыктарды жымсалдоону көздөйт.

**АВТАРКИЯ –** (гр. autarkeia – өзүн канааттандыруу) – 1. тышкы дүйнөнүн ар кандай нерселеринен ж. б. адамдардын көз карандысыздык. 2. айрым өлкөлөрдүн чарбалык жактан обочолонуу саясаты. Көпчүлүк учурда обочолонгон «чарбалык мейкиндик» түзүү деген шылтоо м-н башка өлкөлөрдү басып алуу максатында А-ны пайдаланышат. А. фашизмдин официалдуу экономикалык доктринасы болгон.

**АВТОМАТИЗАЦИЯЛЫК ЛОГИКА** – дискреттик башкаруучу автоматтык системаларды ж-а функционалдык окууну иштеп чыккан техникалык логиканын багыты. К. *дискреттик башкаруучу* система макаласын.

**АВТОМАТИЗМ –** 1) физиологияда сырткы козгогуч таасир кылбаса органдын же айрым клеткалардын ритмдүү, мезгилдүү же мезгилсиз иштөөгө жарамдуулугу, мис., ичегинин жыйрылуусу (перисталтика) жүрөктүн согушу, өсүмдүктүн клеткаларында протоплазманын кыймылы ж. б. А-ге клеткаларда зат алмашуу процессинин цикл мерчемдүүлүгү ж-а нерв клеткаларынын иштеши себеп болгон. А-дин башка түрлөрү шарттуу рефлекстин бекемделишинен келип чыгат. Мис., басканда, буттун ж-а кээ бир булчуңдардын кыймылы. 2) психологияда – акыл-ой көзөмөлсүз жасалган кыймыл-аракет. Кыймыл-аракет өнөкөткө айланган адамдын нерв, булчуң эт жумушун жеңилдетет, күчүн үнөмдөп, чарчап-чаалыгууну азайтат. Адам адеп машинаны ж-а станокту иштеткенде, анын башкаруу эрежелери дайым оюнда турат. Ушул эрежелерди дайым кайта-кайта иштей берип, анын кыймылы өнөкөт кыймылга айланат.

**АВТОНОМДУК ЖАНА ГЕТЕРОНОМИЯЛЫК ЭТИКА** (гр. autos – өзү, ж-а geteros – бөлөк) – Кант тарабынан киргизилген түшүнүк; адептүүлүктүн принциптери м-н талаптарынын сырткы шарттарга ж-а максаттарга көз каранды эместиги жөнүндөгү идеяга таянган мораль системасы. «Тажрыйбалык акыл-эске сын» (1788) эмгегинде бул түшүнүккө мүнөздөмө берген Ал француялык агартуучулардын теориясына (кара; *Гетерономиялык этика*) карама-каршы койгон. Кант ушуну м-н бүткүл адамзат үчүн адептүүлүк мыйзамдарды сырткы мажбурлоо б-ча эмес, ички ишеним б-ча түзүлө – турган жеке абийирдин өз алдынчалыгын негиздөөгө умтулган.

**АВТОР** (лат. auctor – жазуучу же жаратуучу) – көркөм же публицистикалык чыгармаларды жазган, илимий ачууларды жасаган, долбоолорду түзгөн, ойлоп чыгарган ж-а башка жаңылык киргизген адам.

**АВТОРИТАРИЗМ** (лат. auctoritas – бийлик, таасир) – саясий бийлик жүргүзүүнүн демократияга каршы системасы; өлкөнүн ички ж-а тышкы саясатына тиешелүү маселелерди демократияга, эл массасына таянбай чечүүчү саясий режимдин бир формасы. Мындай бийлик эл тарабынан түзүлбөйт ж-а башкарылбайт (текшерилбейт), куралдуу күчкө, зордук зомбулукка таянган эзүүчү таптардын аз тобунун колунда болот. Авторитардык бийлик аскердик жазалоочу аппаратка таянып, террор жолу м-н оппозициялык күчтөрдү басып турат.

**АВТОРИТЕТ** (лат. (auctoritas) бийлик, таасир) – кандайдыр бир адамдын же уюмдун таасирин коомчулуктун кабыл алышын көрсөтө турган этикалык түшүнүк, бийликти иш жүзүнө ашыруунун формаларынын бири. Коомдук уюмдарды же адамдарды белгилүү бир А-сиз уюштурууга, башкарууга болбойт.

**АГНОЗИЯ** (гр. а – жок, gnosis – билүү, таануу) – медицинанын тили м-н алганда – билүү, таануу сезиминин жок болуусу, акыл-эси толук турганда да сезимдин, угуп билүү, көрүү, баамдоо ж. б. начарлап кетүүсү. Бул негизинен баш мээнин жарым шарынын арткы сол тарабынын жогорку бөлүгүнүн жарат алуусунан болот.

**АГНОСТИЦИЗМ** (гр. agnostos – таанып билүүгө болбойт) – философиядагы идеалисттик багыт; ал объективдүү дүйнө м-н анын мыйзамдарын таанып билүүгө болбойт деп эсептеп, абсолюттук чындыкты танат. 18-к-да А-ди теориялык жактан англиялык субъективдүү идеалист Юм, немец философ – идеалисти Кант иштеп чыгышкан. А. ар түрдүү формада кездешет. Мис., Кант нерселер объективдүү жашайт дегени м-н, аларды таанып билүүгө болбойт десе, Юм нерселердин объективдүү жашашын танып, биз алар ж-дө чындыкка жакын эч нерсе биле албайбыз деген жыйынтыкка келет.

**АГРАФИЯ** – (а – жокко чыгаруунун бөлүкчөсү ж-а грекче grapho – жазам дегенинен); жазуу жөндөмдүүлүгүн жоготкондугун билдирүүчү речинин (сөз сүйлөшүүнүн) бузулушу. Баш желкесинин сол жак тарабынын же желкесинен-төбөсүнө чейинки баш мээсинин кыртышы өсүп жетилбеген учурда байкалат. Оорулуу А. м-н ооруп калганда тамгадан сөз түзүү жөндөмдүүлүгүн жоготот же жазуу учурунда өзүнчө бөлөк муундарды калтырып же орундарын алмаштырып салат.

**АГРЕГАТ** (лат. aggregare – бириктирем) – унификацияланып ирилештирилген машиналардын түйүнү. Бул түйүндөр айрым функцияларды өз алдынча аткара алат ж-а бири-бирин өз ара толук алмаштыра да алат. Мис., электр кыймылдаткычтары, редукторлор, насостор А. болуп эсептелет.

**АДАМ АТА –** Библия м-н Куранда адамзаттын түпкү атасы. Адам Ата м-н Обо Эне жарык дүйнөгө эң биринчи жаралган адамдар. Ал экөө азезилдин тилине кирип азгырылып, кудайдын айтканын аткарбай күнөкөр болуп, бейиштен куулуп, ошондон кийин жер үстүндө күн өткөрүп калышкан.

**АДАМ ЖАШООСУНУН МАҢЫЗЫ** (Смысл жизни человека) – моралдык чен-өлчөмдөргө, баалуулуктарга тиешелүү касиеттерди жактаган ж-а талдаган, ал иш-аракеттер эмне үчүн зарыл экендигин көрсөткөн, дүйнөгө болгон көз караштар системасындагы багыт берүүчү түшүнүк. А. ж. м. – адамдын ишмердигинин негизин түзөт. Адам жашоосунун философиялык маңызы, гносеологиялык (таанып-билүүчүлүк) принциптери тарыхый өнүгүш процессинде ар түрдүү көз караштарды жараткан. Алардын айрымдары жашоонун максатын адамдын жеке жыргалчылыгына (гедонизм), өздүк-өзүмчүлдүк «Менине» (экзистенциализм), дене кумарына (фрейдизм), ж. б. байланышта карашса, айрым окуулар А. ж. м. адамдын коомдо алган ордунан же ага кылган кызматынан, эмгектенүүсүнөн (марксизм) көрүшөт. Жеке инсандын А. ж. м. тууралуу түшүнүгүнөн анын оң же терс сапаттары, моралдык-нравалык принциптери, иш аракети (ак ниеттүүлүк, өзүмчүлдүк, дүнүйө-кордук, ж. б.) ачык көрүнөт. А. ж. м. коом м-н жеке инсандын мамилесине, мамлекеттик саясатка да таасирин тийгизет. Ошондуктан мамлекет адамдын моралдык, этикалык, физиологиялык, маданий – эстетикалык жаңы материалдык керектөөлөрүн камсыз кылуу саясатын жүргүзөт.

**АДАПТАЦИЯ** (лат. adaptatio – ыңгайлануу) – жашоо чөйрөсүнө организмдердин ж-а алардын органдарынын ыңгайланышы. А-да организмдин клеткалары м-н ткандарынын кээ бир тиричилик аракеттери өзгөрүлүп, чыдамдуулук абалы арта баштайт. Жашоо абалынын тарыхый өсүү жолунда организмдин начар клеткалары жоголуп, күчтүүлөрү өнүп-өсүп, чөйрөгө жараша табигый өзгөрүүлөрдүн натыйжасында алардан А. касиеттери пайда болот. Мис., сүт эмүүчүлөрдүн бири-дельфиндердин денеси узун, териси жылма, сууга тез сүзүүгө жөндөмдүү. А-нын натыйжасында жарганаттын алдыңкы буттары учууга ыңгайланган. Белгилүү бир жашоо шарттардагы өзгөрүштөр өсүмдүктөрдө да көп кездешет. 19-к-дын 2-жарымында Ч. Дарвин эволюциялык теорияны ачкандан баштап, А. организмдеги эзелтен берки процесс болбостон, органикалык эволюциянын үч факторунун (өзгөргүчтүктүн, тукум куучулуктун, табигый тандалуунун) натыйжасында пайда болгон процесс деп аталган.

**АДАТ** – адамдын көпчүлүк үчүн өнөкөт болуп калган жүрүм-турум тартибинин жоболору. Ал мыйзам тарабынан киргизилген эмес, жөн гана коомдук пикирдин күчү м-н аткарылат ж-а сакталат. А-тын эрежелери байыркы мезгилдерден бери аткарылып келет. А. үй-бүлөдөгү, туугандар арасындагы, коомдогу ж. б. мамилелерди жөнгө салуу ж-дөгү эреже болуп калды. Коомубуздун бүгүнкү күндөгү өсүп-өнүккөн аң-сезимине туура келбеген адаттар, мис., «канга-кан», «кун төлөө» сыяктуу адаттар жоюлду.

**АДВАЙТА-ВЕДАНТА** (кош эместик ведантасы) – индиялык диний-философиялык окуу, ведантанын Шанкара (8–9-к.) тарабынан өнүктүрүлгөн негизги түрлөрүнүн бири; А.-В-нын пайда болушу акылман Гаудападанын ысымы (5-к.) менен байланыштырылат. А.-В. рухий башталыштын (брахман-атмандын) биримдигин, түбөлүк-түүлүгүн жана реалдуулугун, ал эми материалдуу дүйнөнүн (пракритинин) жалгандыгын, закымдыгын, оош-кыйыштуулугун, өйдө-төмөндүгүн, убактылуулугун баса белгилейт.

**АДДИТИВДИК** (лат. additivus – кошулуучу) – бүтүн объектиге туура келген чоңдуктун мааниси, ошол объектинин тиешелүү бөлүктөрүнүн чоңдуктарынын маанилеринин суммасына барабар болушун туюнтуучу касиет. Мис., көлөмдүн А-ги бүтүн нерсенин көлөмү аны түзүүчү бөлүктөрдүн көлөмдөрүнүн суммасына

барабар экендигин көрсөтөт. А. касиетке сызыктын узундугу, беттин аянты, физикалык нерсенин массасы ж. б. ээ болот.

**АДЕКВАТТУУ** (лат. adaeguatus – дал келүүчү, теңдештирилген так, даана, бирдей) – таанып-билүү (гнесология) теориясында – объективдүү дүйнөнүн аң-сезимде так, туура чагылышы.

**АДЕП-АХЛАКТУУЛУК** (Нравственность) – коомдук турмуштун, коомдун өнүгүшүнүн ж-а тарыхый прогресстин эң маанилүү ж-а маңыздуу факторлорунун бири, мораль. Коомдун мүчөлөрүнүн сезимдеринин, умтулууларынын ж-а кыймыл-аракеттеринин башка адамдардын сезимдери, умтулуулары ж-а кыймыл-аракеттери, алардын ж-а бүтүндөй коомдун кызыкчылыктары ж-а баалуулуктары м-н өз ыктыярдуу шайкеш келүүсү аркылуу аныкталат. Ыктыярдуулук ж-а көпчүлүк м-н макул болуу А.-а-тан бардык кубулуштарына мүнөздүү белгилер. И. Канттын пикири б-ча, А.-а-туу сезим «жалпы эрктен белгилүү бир деңгээлде көз каранды жеке эрк» болуп эсептелет. А.-а-тун маңызы этиканын предмети болуп саналат.

**АДЖИВИКА** – белгилүү бир көз караште бекем турбаган, адамдын жан дүйнөсүнүн жоктугун айткан, б. з. ч. 6–5-к-дагы байыркы индиялык окуу. Негиздөөчүсү Маркали. Орто кылымдагы трактат б-ча А-нын негизинде атомдук идея жатат. А. окуусу б-ча атомдордун 4 түрүнөн жаратылыштын төрт кубулушу суу, от, жер, аба жаралат. Жер, суу, аба, от атомдордун түрү ж-а жашоо гана өмүрдүн өзөгүн түзөт деген материалисттик көз караш.

**АДЛЕР** Альфред (1870–1937) – австриялык врач жана психолог. 1902-жылдан тартып З. Фрейддин окуусун жактайт, ал эми 1911-ж. өзүнүн «жеке (индивидуалдуу) психологиясын» түзүү менен жогорудагы окуудан баш тартат (1924-ж. жеке психологиянын Эл аралык ассоциациясы түзүлгөн). АКШда өлгөн. Анын көз караштары америкалык психиатрия менен педагогикага зор таасир тийгизген. А-дин окуусу боюнча адамдын психикасынын өнүгүшүнүн жана психикалык илдеттин негизинде *өксүк комплексин компенсациялоо (компенсация комплекса неполноценности)* жатат. Эгер адамдын денесинде кандайдыр бир талуу жер же өксүк (көзү чалыр, кекеч, бою кичинекей, оозу-мурду жырык, дене түзүлүшү жагынан чабал) болсо, ал өзүнүн физиологиялык кемчилигин социалдык артыкчылыктарга (карьера жасоого, чыгармачыл дараметтерин өнүктүрүүгө, спорт м-н машыгууга, коомдук иштерге активдүү катышууга ж. б.) умтулуу аркылуу компенсациялайт. А. Фрейддин окуусундагы ашынган формадагы сексуалдуулук жана адамдын жүрүм-турумундагы аң-сезимдиктин үстөмдүк кылышы тууралуу идеяларды сынга алган. Анын ордуна А. социалдык факторлорго, өзгөчө адамдын мүнөзүнүн негизи болуп эсептелген либидонун (күчтүү каалоо-тилектердин, умтулуулардын, кызыгуулардын) коомдук мүнөзүнө басым жасаган. Анын пикири б-ча адамдын мүнөзү анын «турмуштук стилинен» улам калыптанат. «Турмуштук стиль» адамдын бала күнүнөн тартып кандайдыр бир өксүктү, кемчиликти коомдук артыкчылыктарга умтулуу аркылуу компесациялоонун системасы болуп саналат. Мис., кызыл тили, чечендик өнөрү м-н даңкталган байыркы грек оратору Демосфен бала кезинде кекеч, улуу аскер башчылар м-н мамлекеттик саясий ишмерлер орто же кыска бойлуу адамдар (Наполеон, А. В. Суворов, В. И. Ленин, И. В. Сталин, А. Гитлер) болушкан. Айрым учурда өксүк комплексине ээ адамдар өз кемчилигин туура эмес компенсациялоо аркылуу аракка же баңги заттарына ооп, таарынчак, шекчил, ыйлаак, эрки бош болуп кетишет, өзүнүн проблемалары үчүн башка адамдарды күнөөлөшөт ж. б. Ошол себептен, А. Фрейд белгилегендей, түш көрүүлөр, фантазиялар ж. б. психикалык феномендер адамдын бала кезиндеги жапа чегүүлөрүнүн, сар-санааларынын бурмаланган натыйжасы эмес, инсандын алдындагы турмуштук проблемаларды «алдын ала көрүүгө» болгон аракет болуп саналат. Демек, «жеке психологиянын» милдети болуп адамдын өксүк комплексин аныктоо жана аны туура багытта компенсациялоого көмөк берүү эсептелет. А-дин идеялары фрейдизмди модификациялоого көмөк берип, неофрейдизмдин жаралышына алып келген. «Жеке психология» 20-к-дын 20–30-жылдары Батышта, өзгөчө АКШда кеңири жайылтылган. А. тарабынан сунуш кылынган «өксүк комплекси» термини илимдеги, коомдук аң-сезимдеги кеңири оозго алынган терминдердин бирине айланган.

**АДЛЕР МАКС** (1873, Вена – 1937) – австриялык философ, социолог. Марксизмдин социал-демократтык партиясынын ишмери. Ал философиянын материализм ж-а идеализм деген 2 негизги окуу бөлүнүшүн танган. Идеализм ж-а атеизм рухий дүйнөнүн продукциясынын келип чыгышы коомдук жаралыш ж-а аң-сезимдин натыйжасы деп караган.

**АДОРНО** (Визенгрунд-А.) Теодор (1903–1969) – немец философу, социологу ж-а музыка таануучусу (ФРГ–ГФР). Франкфурттук мектептин өкүлү.

**АЖАЙЫПКАНА,** (з о о п а р к) (ар. “эджейеб” укмуштуу, ир. “хана” – үй) – ар түрдүү жапайы айбанаттар м-н канаттуулар багылган жай. “Манас” эпосунда Анжиянды бийлеген Алоокенин чарбагындагы “падышалык салтанат үчүн багылган” түрдүү жаныбарлар, мурда киши көрбөгөн, аты-затын да укпаган мифтик-фантастикалык жандыктар бар, А. сүрөт-төлөт.

**АЖИБЕКОВА** Клара – (1946-ж. т., Нарын обл., Нарын ш.) – философия илимд. доктору (1991), проф. (1993). 1970-ж. КММИни врач-педиатр адистиги б-ча бүткөн. 1973-ж. аспирантураны бүткөндөн кийин

КМУда окутуучу, улук окутуучу, 1978-жылдан доцент, 1983-жылдан Кырг-н КП БКнын лектору, 1989–90-ж. КПСС БКнын коомдук илимдер академиясында докторант, 1990–91-ж. Саясий агартуу үйүнүн башчысы, Кырг-н КП БКнын Политология ж-а социалдык башкаруу ин-тунун укук ж-а психология кафедрасынын башчысы, 1992–95-ж. Бишкек гуманитардык университетинин философия кафедрасынын башчысы, ошол эле мезгилде 1993-жылдан ушул күнгө чейин Кыргызстан-Россия славян университетинде психология ж-а философия кафедрасынын профессору. А. – диндин философиясы ж-а илим м-н техниканын философиясы б-ча адис. Эмгектери коомдун чыңалуу учурунда жаштардын динчилдик механизмин изилдөөгө, ил.-тех. рев-я шартында адам экологиясынын филос. маселелерин иликтөөгө арналган. 70тен ашык ил. эмгектин (а. и. 7 монография – өзүнүкү, 3 окуу куралы – авторлош) автору. 1992-жылдан Кырг-н коммунисттик партиясынын борб. аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, “Союз ж-а Кыргызстандагы элдердин боордоштугу үчүн” кыймылынын координациялык советинин төаайымы. Аялдардын Бүткүл дүйнөдөгү тынчтыкты жактаган эл аралык федерациясынын төрагасынын орун басары.

**АЗАП ЧЕГҮҮ** (страдание) – чыдамкайлык, ишмердүүлүктүн каршылыктыгы, чочулоо, сары санаа, коркунуч, капа, кайгы, ооруу абалы. Кайрадан жаралууга (сансара) байланган чексиздик тирүү жандыктардын азап чегүү идеясы. Индия салтынын негизинде жаткан теориялык ойлоо негизинде иштелген корутунду ошондой эле буддизмде Будданын *перт* асыл чындыгы.

**АЗГЫРМА ИШЕНИМ** (дурная вера), (ө з ү н - ө з ү а л д о о, ө з ү н - ө з ү а з г ы р у у) – Ж. П. Сартрдын экзистенциализминде ауденттик эмес жашоо ыңгайынын мүнөздүү жалпы формасы. Өзүн өзү алдоо үчүн адам өзүндөгү эки анжылыктын бир бөлүгү экинчисиндеги «белгилүү» нерсени жашырып койгондой элестетүүгө тийиш. А. и. адам өзүн турукту, үлгүлүү кимдир бирөөгө жалган окшоштуруп караганына байланышкан. Өзүн өзү чексиз мүмкүнчүлүктүү деп эсептөө, өзүнүн чектелүүчүлүк турпатын моюнга албоо ж-а ар кандай ылгап алуу белгилүү бир кырдаалдардын алкагында жүрөрүн сезбөө – А. и-дин натыйжасы.

**АЗИЛЬ МАДАНИЯТЫ** – таш доорундагы алгачкы мезалитке (б. з. ч. 8-к.) тиешелүү археологиялык маданият. 1887–89-ж. француз археологу Э. Пьет илимге киргизген. Түштүк Франциядагы Мас-д Азиль үңкүрүнүн аты м-н аталган. Негизинен Франциянын, о. эле ГФРдин аймагында таркаган. А. м-на сөөктөн, мүйүздөн жасалган куралдар мүнөздүү, ал куралдар оттук таштын жука калкандары м-н мизделген. Бугунун мүйүзүнөн жалпак гарпундарды жасашкан.

**АЙДУКЕВИЧ** Казимеж (1890–1963) – польшалык логик, философ. Логиканын Львов-Варшава мектебине кирген. Тилдин семантикалык теориясын иштеп чыккан. Логиканы философиялык интерпретациялоо б-ча эмгеги бар.

**АЙЕР** Альфред Джуле (1910) – англис философу. Веналык ийримдин идеясын жайылткан. Кийинки иштеринде чагылдырылган идеялар лингвистикалык философиянын тенденциялуу мүнөзүнө ээ.

**АЙЫРМАСЫ БИЛИНБЕСТИКТИН АБСТРАКЦИЯСЫ** – бирөөнү башка бирөөнөн айырмалоо ж-а ар кандай объективдүү айырмалуу таасир этүүлөрдү кабылдоо жөндөмдүүлүгү м-н шартталган ж-а байкоо тажрыйбасында пайда болуучу абстракция. Сезүү органдарынын приборлордун айырмалануучулугу (чечүүчү жөндөмдүүлүгү) дайыма босого, ирege маанисине ээ болгондуктан, А. б. а. байкоолордо эмне «жашырын» экендиги ж-дөгү пикирлерде мүмкүн болгон белгисиздикти божомолдойт. Бул жагынан алганда А. б. а. бардык табигый илимдердеги тажрыйбаларга, техникалык практикага негизделет.

**АКАДЕМИЯ** – илимий коомдор, мекемелер ж-а окуу жайлардын аты. Б. з. ч. 4-к-да Платон өз шакирттерине лекция окуган Афиныга жакын жерге гректердин мифтик баатыры Академиянын аты коюлган. А. деген сөз ошондон чыккан. Эллинизм доорунда, орто кылымда А-га окшош бир топ илимий коомдор пайда болот. Көпчүлүк мамлекеттерде түрдүү адистеги илимпоздорду бириктирүүчү комплекстүү ж-а илимдин белгилүү бир тармагына адистештирилген А-лары бар. А. бардык илимий мекемелердин ишин координациялап, башкарып туруучу мамлекеттик негизги илимий борбор. Кээ бир аскердик ж-а айрым чет өлкөлүк, ошондой эле кийинки убактарда Кыргызстандагы жогорку окуу жайлар, коомдук агартуу уюмдар да А. деп атала баштады.

**АККУЛЬТУРАЦИЯ** (анг. acculturation – билим алуу, өсүш) – адатта бир калктын маданияты өнүккөн башка бир элдин маданиятын бүтүндөй эле же жарым- жартылай кабыл алышы же ошо маданияттын таасиринде болушу. Бул терминди 20-к-дын 30-жылдарында америкалык социологдор ж-а этнографтар илимге киргизген.

**АКСИОЛОГИЯ** (гр. axios – баалуулук ж-дөгү окуу) – азыркы кездеги философиядагы негизги бир тармак. 20-к-дын башында пайда болгон. А. коомдук көрүнүштөрдү идеалистче түшүндүрөт, коомдук болмуш м-н коомдук аң-сезимдин мыйзам ченемдүүлүгүн танат. А-дагы негизги нерсе – баалуулук ж-дөгү түшүнүк. Баалуулук этикалык, эстетикалык, диний, укуктук, саясий, экономикалык ж. б. болуп бөлүнөт. Жалпысынан А. – тарыхый материализмге, илимий социологияга каршы багытталган идеалисттик окуулардын жыйындысы.

**АКСИОМА** (гр. axioma – ылайык табылган, кабыл алынган негиз) – кээ бир математикалык *теорияларды* түзүүдө далилдөөсүз кабыл алынган негизги математикалык чындык. А. көп кылымдардан бери адам баласынын тажрыйбасынан, эксперименттен ж-а илимдин өсүшүнөн келип чыгып, далилдөөнү талап кылбаган чындык катарында каралат. Байыркы Грецияда А. терминин Аристотель биринчилерден болуп пайдаланган. Математикалык логика аппаратынын өнүгүшү А. түшүнүгүнүн өсүшүнө түрткү болду. А-ны формалдуу караганда, кээ бир мазмундуу илимий теориянын божомолдуу гана эмес, эреже б-ча бул эсептөөнүн жыйынтыгы – калган далилденүүчү формуланын жыйынтыгы чыгарылуучу андагы жөнөкөй формулалардын бири.

**АКСИОМАТИКАЛЫК МЕТОД** – илимий теориянын дедуктивдик түзүлүшүнүн бирден-бир ыкмасы; аныкталган теориянын (аксиома) далили жок кабыл алынган сунуш тандалат; ага кирген түшүнүктөр ачык эле бул теориянын алкагында аныкталбайт; ушул теория жыйынтыктын эрежесин ж-а аныктаманын белгилейт; калган бардык ушу теориянын элестери биринчи ж-а үчүнчүнүн негизинде чыгат. А. м. ж-дө элестер байыркы Грецияда пайда болгон (Элеаттар, Платон, Аристотель, Евклид). Андан улай ушул изилдөөлөр үчүн белгилүү бир теориянын мазмундуу аксиоматикалык түзүлүшү мүнөздүү болгон. Философиянын ж-а илимдин ар түркүн бөлүктөрүн аксиоматикалык баяндоо аракети жасалат (Спиноза, Ньютон ж. б.). 19-к-дын экинчи жарымынан баштап аксиоматикалык теорияны формалдык система катары карай башташкан. Аксиоматизация илимий билимди куруунун бирден-бир методу болуп саналат, бирок аны илимий ачылыштын каражаты катары колдонуу чектелүү. Акыркы 30–40-жылда математика тармагынын аксиоматизациясына гана эмес, физиканын белгилүү бир бөлүмүнө, биологияга, психологияга, экономикага, лингвистикага ж. б. көп көңүл бурулууда.

**АКСОСЛИЗМ,** ө л ч ө м с ү з – диндик-идеалдык көз караш. Анын негизинде жалаң гана көзгө көрүнө турган дүйнө, нерселер, жаратылыш кирет.

**АКТ ЖАНА ПОТЕНЦИЯ** (мүмкүндүк ж-а аныктык) – Аристотелдин философиясындагы маанилүү түшүнүк. Өзүнүн акт ж-а потенция окуусу м-н Аристотель онтологияга өнүгүү принцибин киргизет. А. ж. п. түшүнүктөрүнө «кыймыл» түшүнүгү сыяктуу эле так, бекем аныктама берилбейт, бирок техноморфтук ж-а биоморфтук аналогиянын жардамы м-н аныкталат. Аристотелдин айтуусу б-ча, аметрия-бул таза потенциалдуулук, ал эми форма, эйдос-буюмдардын актуалдуулугу (энергия же энтелехия). Аристотель тарабынан биринчи жолу киргизилген А. ж. П-нын оппозициясы «пайда болуу» анализи үчүн андан кийин «кыймылдын» башка түрлөрүнө көчүрүлөт. Энергия (актуалдуулук) убактылуу онтологиялык ж-а аксиологиялык примат м-н мүнөздөлөт. Актуалдуу түшүнүгү эки мааниге ээ: а) процесстин потенцияга болгон б) болмуштун материяга болгон мамилесин билдирет. Аристотель психологияда «жанды» энергияга болгон акт катары аныктайт. Акт этикада (энергия) «ыракаттын» аныктамасы катары кызмат кылат. А. ж. П. неоплатонизм, андан ары орто кылымдагы философия тарабынан өздөштүрүлгөн.

**АКТУАЛДУУ ЧЕКСИЗДНКТИН АБСТРАКЦИЯСЫ** математикалык логиканын бир формасы катары чексиздиктин жыйындысын логиканын принциптерин колдонуп изилдейт. А. ч. а. – бүткөн ж-а бүтпөгөн чексиздиктин процесстеринде изилденип көп жактуулуктун элементтерин түзөт (мис., конструкциялык белгилер, континуумдагы натуралдык сандар, кесиндилер, көп жактуу формулалар, логикалык изилдөө-нүн чексиздиги).

**АКТУАЛИЗМ** (лат. actualis – аракеттүү) – ишмердүүлүк принцибин абсолютташтыруучу субьективдик-идеалисттик окуу. А-дин элементтери Э. Гартмандын окуусуна ж-а Спенсердин, Геффдингдин психологиясына мүнөздүү. А-ди философиялык бир бүтүн окуу катары Джентиле алдыга жылдырган. А. термини табигый илимде, өзгөчө геологияда бардык өткөн мезгилди түшүнүүнүн ачкычын берет. Психологияда А. түшүнүгү психологиялык ишмердүүлүктүн бир субъектисин четке кагуу деп түшүнүшөт. Кээ бир учурда А. терминин ар түрдүү окууларды мүнөздөөдө анча так эмес колдонушат.

**АКЦИДЕНЦИЯ** (лат. accidentia – кокус) – кокустукту билдирүүчү философиялык термин. А. биринчи жолу Аристотелдин «метафизикасында» ж-а «физикасында» кездешет. Андан кийин А-ны бөлүнүүчү (мис., адам үчүн уйку) ж-а бөлүнгүс (мис., негрдин териси үчүн кара түс) кылып бөлгөн Порфирийде кездештирүүгө болот. А. түшүнүгү кээ бир буюмдардын касиеттери реалдуу акциденттер катары каралышы схоластикада өнүккөн. 17-к-дын философтору Декарт, Гоббс ж. б. реалдуу А-нын пайда болушун четке кагышкан. Анын себеби Спиноза А. терминин «модус» деген терминге алмаштырган. А. түшүнүгү 18–19-к. Кантта, Фихтеде ж. б. ж-а о. эле формалдуу логикада да кездешет.

**АКЫЙКАТ** – объективдүү дүйнөнүн аң-сезимде туура чагылышы, түшүнүктүн, пикир жүргүзүүнүн, ой корутундусунун, теориянын коомдук тажрыйба ж-а иликтөөдө текшерилип, аныктала турган объективдүү мазмун. А. – диалектикалык логиканын негизги маселелеринин бири. Маркска чейинки материалисттер А-ты эч убакта өзгөрбөй турган билим деп түшүнүп, аны билбестик м-н адашуучулукка карама-каршы коюп келишкен. Метафизикалык материалисттер А-тын абсолюттук критерийин издеп, мындай критерий туюунун

абсолюттук талашсыздыгында десе, кээ бири аны акыл-эстен издеген. Француз материалисттери А-тын критерийин адамдын «таламдары» м-н байланыштырса, Фейербах А-тын критерийин тажрыйба деген түшүнүккө жакындаткан. Материалисттик диалектика б-ча А-тын критерийин субъектинин аң-сезиминен же объектинин өзүнөн издеп табууга болбойт. А. субъектинин объектиге карата мамилесинин туюнтулушуна байланыштуу, анын критерийи да таанып-билүү мамилелерин чагылдырууга тийиш. Коомдук тажрыйба дал ушундай мамилелерди туюнта турган А-тын критерийи болуп саналат. А. тажрыйбада ар түрдүү жолдор м-н текшерилет. Практиканын ар бир конкреттүү формасы көбүрөөк жетилген формасы м-н алмашылып турат. Ошондуктан диалектикалык материализм тажрыйбага зор маани берүү м-н бирге аны абсолютташтырбайт.

**АЛАН** Лилльский – француз философу, теолог ж-а акын. Философиялык, теологиялык чыгармаларынан ичинен А. Л-дин аты м-н төмөнкүлөр байланыштуу: 134 «эреже» (теологиялык максималар), жыйынтык «Айырмачылык» (Quot modis) – библиялык түшүнүктөрдү камтыган, маңызы үч деңгээлден турган энциклопедиялык сөздүк. Анын биринчи жолку латын тилиндеги «себептер жөнүндөгү китебинде», «еретиктерге каршы» деген трактаты ж. б. чыккан. А. Л-дин белгилүү болгон «светтик» сочинениелери: «жаратылыштын ыйы» көркөм прозада ж-а ырда, философиялык – моралдык көрүнүш, гекзаметрадагы аллегориялык эпопея. «Антиклавдиан» (1183–84-ж.) жазылган. А. Л-дин ой пикирин Платонго, Аристотелге, Боэцийге, Псевдо-Дионинт Ареопагитке (Иоанн Скот Эриуген аркылуу болгон комментарий катары түшүнсөк болот. Аны шартр мектеби м-н космизми (дүйнөлүк жандын теориясы, жаратылышты кудайдын орун басары катары) платондук пифагорчулук ж. б. м-н жакындатат. А. Л. 15-к-да чоң кадыр-баркка ээ болгон.

**АЛГАЧКЫ ЖАМААТТЫК КООМ** – структурасы адамдар жамаатынын общиналык ж-а кандаш-туугандык формадагы алакалар м-н мүнөздөлгөн алгачкы (же архаикалык) *коомдук-экономикалык формация*; алгачкы адамдар жаралган мезгилден тартып мамлекет пайда болгон учурга чейинки (б. з. ч. 6–5 миң жылдык) доорду өз кучагына камтыйт. Коллективдүү эмгек ж-а керектөө м-н мүнөздөлөт. Көпчүлүк окумуштуулардын пикири б-ча А. ж. к-дун негизги ячейкасы болуп матриархат эсептелген. Кийин матриархат патриархаттагы чоң үй-бүлө, андан соң коңшулук жамаат м-н алмашылган. Алгачкы адамдын ишмердүүлүгү жуп, чоң ж. б. формадагы үй-бүлөлөрдөн куралган урук, уруулук, айылдык *жамааттардын* чегинен чыккан эмес. Үй-бүлөлөр адамдын тукумун уланткан ж-а жамааттан чарбалык, диний ж. б. ишмердүүлүктөрү м-н тигил же бул деңгээлде көз каранды болгон ячейка болуп саналган. Үй-бүлөлөр экзогамдуу формада түзүлгөндүктөн, жамааттын составына кандаш-туугандаш адамдардан сырткары башка жамааттын өкүлдөрү болуп эсептелген жубайлар кирген. Үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу жамааттар аралык байланыштарга туруктуу ж-а ирээттүү мүнөз берип, жамааттардын ири социалдык бүтүндүккө айлануусуна көмөктөшкөн (уруулук түзүлүш ж. б.). Өндүрүштүн өнүгүшү ж-а эмгектин коомдук бөлүнүшү жеке менчиктин, индивидуалдуу чарбанын пайда болушуна ж-а уруунун бай ж-а кулдар сыяктуу таптарга бөлүнүшүнө алып келген. Таптар аралык мамилелерди жөнгө салуу социалдык топтордун ж-а мамлекеттин пайда болушун шарттаган. Айрым элдерде А. ж. к-дун саркындылары 20-к-га чейин сакталган.

**АЛГОРИТМ** – логиканын негизги түшүнүктөрүнүн бири. 19-к-да жашаган хорезмдик математик Аль-Хорезмдин латынча которулган атынан келип чыккан.

**АЛДЫН АЛА АЙТУУ** теориясы (Предсказание) – келечекте боло турган окуялар тууралуу керемет билимдер; алдын ала айтып жаткан адам келечекке таасир бере албайт, анын пикири б-ча алдын ала айтылып жаткан кубулуштар алдын ала аныкталып коюлган. Телепатия ж-а көзү ачыктык сыяктуу эле А. а. а. сезим органдарынын катышуусуз жүрөт ж-а экстрасенсордук кабыл алуунун бир формасы болуп саналат. Түш көрүү, канаттуулардын учушуна байкоо жүргүзүү же курмандыкка чалынган жаныбарлардын ички органдарына төлгө салуунун (мис., кыргыздарда койдун далысына карап жоромол кылуунун) негизинде келечекти А. а. а. тууралуу жомокторго, легендаларга таянган эски салт бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган. А. а. а-га болгон жөндөмдүүлүк А. а. а-тып жаткан адам тарабынан аралаштырылган картанын тартибин же ыргытылган сөөктүн (чүкө) комбинацияларын баалоо жолу м-н аныкталган. Бирок, алынган статистикалык маалыматтар телепатия же көзү ачыктык кылуу чөйрөлөрүндөгү эксперименттерге караганда анча ынанымдуу болгон эмес. А. а. а. илимий таанымдын тигил же бул кубулуштар м-н процесстерди прогноздоочу формасы болуп эсептелген алдын ала көрүүдөн (предвидение) айырмаланат. Алдын ала көрүү А. а. а-га караганда теориялык ж-а эксперименттик маалыматтарды жалпылоого, мыйзам ченемдүүлүктөр м-н кубулуштардын байланышын эске алууга негизделет. Алдын ала көрүү билгич тыянактарын азырынча таанылып билине элек чөйрөгө таратат.

**АЛДЫН АЛА КӨРҮҮ –** берилген моментте белгисиз, бирок, келечекте пайда болуучу ж-а изилденүүчү жаратылыш кубулуштарын ж-а коомдук процесстерди илимий мыйзамдардын негизинде аныктоо ж-а сүрөттөп жазуу (мис., пайдалуу кен-байлыктардын жаткан жерин, запасын, касиеттерин ж. б. у. с. алдын ала баалоо ж-а изилдөө). А. а. к. илимий, күнүмдүк (элдик жоромолор), интуитивдик, диний (мантикалык же

төлгө) болуп бөлүнөт. Диний же мантика формасындагы А. а. к. пайгамбарлар м-н көзү ачыктардын «аяндары», ошондой эле төлгө түрүндө болот. А. а. к. конкреттештирүүнүн бир нече формасына ээ: 1) бардык жан-жаныбарларга мүнөздүү болгон *алдын ала сезүү* (предчувствие) (мис., бирөөнүн айтайын деген оюн андан мурда сезүү же айтып коюу); 2) адамдын келечек тууралуу жеке тажрыйбасына негизделген интеллектуалдык ишмердүүлүгүнүн бир түрү болуп эсептелген *алдын ала болжоп билүү* (предугадывание); 3) кандайдыр бир кубулуштун перспективаларын илимий негизде атайы изилдеген *прогноздоо*; 4) жаратылыш м-н коомдун өнүгүү мыйзамдарын изилдеген *илимий А. а. к.* Мындан сырткары А. а. к-нүн төмөнкүдөй формалары бар: 1) квазиалдын алдын-ала көрүү (лат. quasi – өңдөнөт, сыяктанат) – өткөн мезгилдердеги ж-а учурдагы белгисиз кубулуштардын келечегин изилдөө; 2) реконструктивдик А. а. к. – өткөн мезгилдин кубулуштарын сакталып калган айрым фрагменттер б-ча изилдөө (мис., байыркы имараттарды же тексттерди ойдо, аң сезимде реконструкциялоо); 3) реверсивдүү А. а. к. – тенденцияны учурдан келечекке карай логикалуу улантуу; 4) презентивдүү А. а. к. – мис., душмандын азыркы учурда жасап жаткан же жасоочу субъектке белгисиз ыктымалдуу иш-аракеттерин баалоо; 5) имитациялык А. а. к. – А. а. к-нүн тигил же бул методунун ишенимдүүлүгүн аныктоо максатында кубулуштун кандайдыр бир өнүгүшүн байыркы мезгилден бүгүнкү учурга чейинки жолун анализдөө. Илимий А. а. к. 15–17-к-да пайда болгон. Илимий А. а. к-нүн философиялык маселелерине А. а. к-нүн гносеологиясы ж-а логикасы, А. а. к-нүн гипотеза, мыйзам, адамдардын аң сезиминин чындыкты алдын-ала чагылдыруу жөндөмдүүлүгү ж. б. м-н болгон алакалары кирет.

**АЛДЫН АЛА ОРНОТУЛГАН ГАРМОНИЯ** (Предустановленная гармония) – гармониялуу себеп-натыйжалык байланыштардын, материалдуу ж-а рухий чөйрөлөрдөгү жалпы ырааттуулуктун Кудай тарабынан алдын ала аныкталып коюлгандыгын моюнга алуу. А. а. о. г. тууралуу окуу рухий ж-а материалдык субстанциялардын дуализмин четке кагууга аракет жасайт. А. а. о. г-нын болушу тууралуу божомолдор Декарттын эмгектеринде кездешип, окказионалисттер (А. Гейклинкс, Мальбранш) тарабынан терең иштелип чыккан. «А. а. о. г.» түшүнүгү Лейбниц тарабынан бир аз башкача каралып, автор Ааламдагы бардык монадалардын А. а. о. г-сы тууралуу окууну иштеп чыккан. Лейбництин пикири б-ча дүйнө ж-а анда жашаган ар бир жандык өзү үчүн ылайык өнүгөт. Бирок, бул күчтөр Кудай тарабынан жаратылып ж-а дүйнөдөгү эң мыкты тартипти орнотуу үчүн атайы тандалып алынган. Лейбництин А. а. о. г. тууралуу окуусунун айрым жактары Вольф тарабынан абсурддук маанайда өнүктүрүлгөн. Вольфтун ааламдын түбөлүктүү максаты тууралуу ойлору кийин Вольтер тарабынан анын «Кандида» (1759) деп аталган чыгармасында мазакталган.

**АЛЕКСАНДЕР** Семюэл (1859–1938) – англиялык философ- неореалист, эмердженттик революциянын идеалисттик теориясынын негиздөөчүсү. А. акыркы реалдуулук «мейкиндик убакыт» түшүнүктөрүн эсептеген. Эволюция процесси А-дин айтуусунда алдын-ала айтылбаган ж-а илимий жактан түшүндүрүлбөгөн мүнөзгө ээ. «Мейкиндик – убакыт», «эмердженттик сапаттарды-материалдык дүйнөнү, жашоону, психиканы, аң-сезимди жаратат. А. этика ж-а эстетика маселелери м-н дагы иштеген. Анын көз-караштары азыркы илимде карама-каршы турат. Анын негизги философиялык эмгеги – «мейкиндик, убакыт жана кудай» 1920-ж. жазылган. Антикалык философия – Байыркы Грецияда ж-а байыркы Римде өнүккөн кул ээлөөчүлүк коомдун философиясы. Философия коомдук аң-сезимдин өзгөчө формасы катары, качан коом таптарга бөлүнгөн пайда болгон. Биринчи философиялык элестер байыркы Египетте, Кытайда, Индияда ж. б. Байыркы чыгыш өлкөлөрүндө пайда болгон. Жогорку деңгээлде философиялык ой байыркы Антикалык философиясында жетти. А. ф-нын баардык тарыхында карама-каршы эки багыттын: материализмдин ж-а идеализмдин күрөшү жүрөт. Биринчи байыркы грек материалисттери болуп Фалес, Анаксимандр, Анаксимен, Гераклит болушкан. Дүйнөнүн биринчи негизи катары сууну (Фалес), абаны (Анаксимен), отту (Гераклит) эсептешкен. Андан аркы антикалык материализмдин өнүгүшү Демокриттин аты м-н байланыштуу. Ал материянын түзүлүшүнө ж-а гипотезанын өнүгүшүнө терең кирүүгө умтулган. Анын айтуусу б-ча, дүйнөдө атомдордон башка ж-а боштуктагы кыймылдап турган атомдордон башка эч нерсе жок деген.

**АЛЕКСАНДР** (1170–1245) – францисканец, августинизм м-н аристотелизмди бириктирген Париж университетинин биринчи профессорлорунун бири. А-нын жазган «Summa universae theologiae» көлөмдүү чыгармасын 13-к-да схоластикалык системанын жолунда негизги өзөк болуп калды. Бул чыгарма ар түрдүү авторлордун чыгармаларынын элементтерин камтыйт. Схоластиканын андан аркы өнүгүүсүндө А-дын Аристотелге болгон кызыкчылыгы маанилүү болгон. Теологияда ал кудайдын пайда болушун августиндик ж-а аристотелдик ыкма м-н далилдеген. А. Аристотелдин форма ж-а материя теориясын кабыл алат ж-а «рухий материя» түшүнүгүн киргизүү м-н аны денелик эмес предметтерге колдонот.

**АЛЕКСАНДР** Афродийский – (Каридеги Афродисие шаарынан Кичи Азия. 2–3-к.) – байыркы грек философу, Афинадагы перипатетикалык мектептин башчысы (198–211-ж. ортосу), Аристотелдин таасирлүү

комментатору. А. А. үчүн эмпирикалык натурализм мүнөздүү; ал жандын өлбөстүгүн ж-а убакыттын реалдуулугун четке кагат. А. А. универсалдуулук маселелеринде номинализмге жакын катуу позицияны ээлеген. (универсалдуулуктун пайда болушу буюмдардан кийин», «эгер алар ой жүгүртпөгөндө, алар болмок эмес») «Жан жөнүндө» чыгармасынын комментарийинде акылдын үч жактуулугу (нусту) оргиналдык концепциясын өнүктүргөн. Ал орто кылымдагы араб ж-а еврей философиясына таасирин тийгизген. А. А-дин кадыр-баркы байыркы мезгилде өтө жогору болгон («экинчи Аристотель») анын комментарийлери эмдигиче илимий маанисин сактап келүүдө. Бизге жеткен комментарийлери 1) «Метафизикага» (А. А-ге тиешелүү китептер 1–5, 6–14-византиялык комментатор Михаил Эффескийге); 2) биринчи китепке «Биринчи аналитиканы»; 3) «топике»; 4) сезимдер ж-дө 5) «Метереологияга», о. эле өз алдынча «майда сочинениелер»; 6) «жан жөнүндө»; 7) “рок жөнүндө” (стоикалык фатализмге каршы эркиндикти коргоо); 8) үч китептен турган априялар ж-а чечимдер; 9) «нравалык проблемалар»; 10) «биригүү ж-а өсүү жөнүндө».

**АЛКМЕОН** Кротонский (хронологиялык маалыматтар б-ча «Пифагор абышка кезде, Алкмеон жаш болгон» б. а. б. з. ч. 500-ж.) байыркы грек врачы ж-а натурфилософу. Диоген Лаэртийдин айтуусу б-ча А. «Пифагорду уккан», бирок аны «пифагорийчи» деп эсептөө туура эмес. А-дун байыркы замандагы белгилүү китеби «жаратылыш жөнүндө» деген ат м-н чыккан. А-дун көңүл борборунда микрокосмос катары түшүндүрүлүүчү адамдын денеси турат. Милет мектебине салыштырмалуу, космогония ж-а метеорология А-до жок, бирок биринчи жолу эмбриология, физиология, тую теориясы ж-а психология пайда болот. А. баарынан мурда микрокосмостук ж-а макрокосмостук окуусунда аналогия методун жүргүзөт. Космостун өлбөс бөлүгү күнгө, айга ж-а жылдыздарга, түбөлүк айланып жүрүүчү адамдын өлбөс бөлүгү-жан (псюхе) туура келет. Бул концепция Платондун ж-а Аристотелдин космологиясына таасир көрсөткөн. (Аристотель «А-го каршы» Адамдын организминин модели болуп космос гана эсептелбестен, мамлекет дагы эсептелет, атайын трактат жазган.

**АЛЛЕГОРИЯ** (гр. allegoria – башкача айтуу) – өз пикирин билдирүүнүн шарттык формасы. А. түшүнүгү символ түшүнүгүнө жакын, алардын ортосундагы чек конкреттүү учурларда талаш болушу мүмкүн. Алардын айырмачылыгы символ көп маанилүү ж-а чектелүү ал эми ошол кезде А. түшүнүгү кандайдыр бир акыл-эстин формуласы катарында пайда болот. Философиянын тарыхындагы А-нын ролу эллинизм доорунан баштап көптөгөн аракеттер м-н байланыштуу.

**АЛОГИЗМ** (гр. а – терс бөлүкчө тануу ж-а logos – акыл, акыл-эс) – логикалык ой жүгүртүүнү чындыкка жетүүнүн каражаты катары тануу. Реакциячыл философтор иррационализмди, мистицизмди, фидеизмди актоодо колдонулат. 20-к-дын аягында кээ бир философиянын интуитивдик теорияларында; логикада, математикада, эстетикада «А.» негизги принцип катары каралат.

**АЛТЫМЫШБАЕВ** Асылбек [1912, Ысыккөл обл., Жетиөгүз р-ну, Калматай (Шалбаа) айылы – 1987, Бишкек] – Кыргызстан ИАнын акад. (1954), философия илимд. доктору (1961), проф. (1962). Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүтүргөн. (1942). Кыргыз БКнын алдындагы респ-лык партия мектебинин философия кафедрасынын башчысы (1948–49). СССР ИАнын Кырг-ндагы филиалынын Тил ж-а тарых ин-тунун директору (1949–50), ошол филиалдын Президиумунун төрагасына биринчи орун басар (1950–52), Кырг-н КП БКнын илим ж-а маданият бөлүмүнө башчы (1952–54), Кырг-н Ианын вице президенти, философия ж-а уку ин-тунун директору (1954–66), улук ил. кызматкери (1966–75). 1975-жылдан ошол эле ин-ттун директору болгон. А-дин ил. эмгектери О. Азия элдеринин соц. маданиятынын калыптануу, өнүгүү закон ченемдеринин кээ бир теоиялык маселелерин, кыргыз элинин коомдук-саясий ж-а философиялык ой-пикиринин өнүгүү тарыхын изилдөөгө арналган. Соц. маданий проблемалар, коомдук аң-сезимдин тарыхы ж-дө көп эмгектери бар. 60тан ашык ил. эмгектин автору. А. Эмгек Кызыл Туу, “Ардак Белгиси”, Эл Достугу ордендери м-н сыйланган.

**АЛЫП САЛУУ** (Снятие) (нем. Aufheben) – болгон форма же принциптердин четтеткен, ошол эле учурда жаңы бүтүндүктүн же системанын кырдаалына баш ийген катары өзүнүн маанисин сактап калган кайра өзгөртүп түзүү. А. с. – Гегелдин өнүгүүнүн диалектикалык концепциясына байланышкан философиядагы негизги түшүнүктөрдүн бири. Aufheben (сакто,删 кармо, ошол эле учурда чектетү, токтоту) тергининин эки жактуу маанисин көрсөтүү м-н Гегель алып салуу – бул дайыма өнүгүштүн ортолоштурулган процесси өңдүү экенин белгилеген. А. с. – өнүгүүнүн бир кыйла жогорку децгээлдеги жаңы биримдигинин жаралышын билдирет. Көрсөтүлгөн түшүндүрмөнү Гегель, барыдан мурда, рух ж-а таанып билүүгө тиешелүү кылган; анын идеалисттик чечмелөөсүндө рухий субстанция өзүн өзү ишке ашырат ж-а өзүн-өзү жецет. Марксистик философиялык адабияттарда А. с. термини танууну тануу законунун чегинде өнүгүүчү нерсе катары мүнөздөлөт ж-а диалектикалык тануу түшүнүгү м-н окшоштурулат.

**АЛЬБЕРТ ВЕЛИКИЙ** А л ь б е р т ф о н Б о л ь ш т е д т (1193, башка маалыматтар б-ча, 1206 же 1207, Лаунген, – 5. 11. 1280, Кельн) – немец теологу, философ, монах, доминиканец. Падуда окуган, Парижде,

Кельнеде ж. б. сабак берген. А. В. эркин искусствону, табигый илимдерди, медицинаны ж-а о. эле Аристотелдин философиясын дагы окуган. Ал өзүнүн каалоосу б-ча «епископ» деген кызматынан бошонуп өмүрүнүн акыркы күндөрүн Кельнде өткөргөн ж-а монастрдан обочолонуп илимий ж-а жазуучулук эмгекке берилет. А. В. терең билимдүү киши болгон. Ага чоң таасир калтырган Аристотелдин эмгегин билген, андан тышкары Авиценнанын, Августиндин ж-а Псевдо-Дионийдин эмгектерин да окуган. Анын эмгектеринин көпчүлүк бөлүгүн Аристотелдин чыгармачылыгына болгон комментарийлер түзөт. А. В-дин философиялык табигый илимдик кызыкчылыктарынын кеңдиги анын «doctor universalis» деген наамга жетишине түрткү болгон.

**АЛЬБЕРТ** Ханс (8. 2. 1921-ж. Кельн) – немец философу ж-а социологу. Поппердин таасири астында сынчыл рационализмге жакындайт да аны төмөнкүдөй аныктайт: принципиалдык фаллибилизм, б. а. ар кайсы билимдин каталыгы ж-а практикалык чечими ж-дө окуу; бардык чечимдердин сындык чечимдеринин зарылчылыгына негизделген методологиялык рационализм; тажрыйбалык реализацияны таануу мүмкүнчүлүктөрү м-н байланыштуу болгон сындык реализм. А. ирационализм м-н диний философияны сындайт. А-тин социалдык-саясий көз караштары консерватизмден айырмаланышат ж-а майда реформалардын тактикасы, деидеологизацияга ж-а «демифологизацияга» каршы алга чыгат.

**АЛЬТРУИЗМ** (фра. altruisme, лат. alter – башка) – өз жеке жыргалчылыгын көздөмөксөн болуп, «башка адамдардын жыргалчылыгы» үчүн кам көрүүгө негизделген этикалык принцип. А. деген термин философияга биринчи ирет Конт тарабынан киргизилген. А. эгоизмге карама-каршы. А. моралдык принцип сапатында буддизм, стоицизм, христианчылык м-н кийин 18-к-дагы англиялык этика м-н (А. Шефтсбери, Ф. Хатчесон, Д. Юм, А. Симт) байланыштуу. Спенсер А-ди табигый эволюциянын жүрүшүндө пайда болгон адаптивдүү сапат катары карайт. Ницше Спенсердин эволюционизминин кайра кароо м-н ага антиальтуристтик багыт берет. Фрейддин психоаналитикалык консепциясында альтруисттик козголуу карама-каршы багыттагы- алгачкы эгоизмдин негизинде жатуучу невротикалык компенсанция катары каралат.

**АЛЬТЮССЕР** (Althusser) Луи (1990) – француз философу, марксист. Париждеги жогорку нормалдуу мектептин профессору, Испаниядагы ж-а Франциядагы граждандык согуштун катышуучусу. Философиянын теориялык ж-а методологиялык проблемаларын диалектиканы, таанып билүү теориясын, илимдердин байланышын: идеологияны ж-а философияны; теорияны ж-а практиканы (теориялык тажрыйбаны илимдердин өндүрүшү катары) таанып билүүнүн өзгөчөлүгүн, философиянын предметин ж-а тарыхын иштеп чыккан. А. марксизмди илимдин ж-а философиянын теориясы, илимий ж-а философиялык революция катары ой жүгүртүүгө аракет кылат. А. биринчи кезекте марксисттик философиянын теориялык таанып билүүчүлүк проблемаларын бөлүп берген ж-а «Капиталдын» консептуалдык түзүлүшүн анализдейт. А. илим м-н идеологияны бири-бири м-н карама-каршы коет.

**АМАНАЛИЕВ** Баатырбек (1929, Чүй обл., Акбешим айылы – 1996, Бишкек) – философия илимдеринин доктору (1966), профессор (1968). 1950-ж. Кыргыз мамл. педагогиялык институтун бүтүргөн. Мугалимдер институтунда, КМУда доцент, Ош мамл. институтунда кафедра башчысы, Кыргыз ССР ИА философия ж-а укук институтунда директордун орун басары, Бишкек мамл. университетинде профессор. Философия тарыхы ж-а социалдык филос. тармагында белгилүү адис. 40тан ашык илимий эмгектин, анын ичинде 4 монографиянын автору. Илимпоздук кудуретин кыргыздардын байыркы мезгилден 20-к-дын башына чейинки коомдук-философиялык ойлорунун өнүгүшүнө, кыргыз философиясына арнаган. А. и. Асан Кайгы, Толубай сынчы, Санчы сынчы, Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Токтогул, Тоголок Молдо сыяктуу акын ойчулдардын философиялык көз караштарын талдаган. А. Б. 19–20-к-дардагы кемтикти ар кандай социалдык багыттагы кыргыздын философиялык ойлорун изилдөөгө өзгөчө көңүл буруу м-н толуктаган. А. Б. изилдөөлөрүндө кыргыздын философиялык кызыкчылыгын 5-к-дан баштаганы м-н 15–18-к-дарда гана белгилеген. А. Б. этикалык ойлорду заманачылар ачык-айкын чагылдырганын өз изилдөөлөрүндө баса көрсөтөт. А. Б. заманачылар деп аталган ойчулдардын социологиялык ж-а философиялык идеяларына илимий талдоо жүргүзүү көбүрөөк орунду ээлейт. Чыгармалар: «Из истории философского мысли кыргызского народа», "Социально полит. филос. основы". Идеи Токтогула, Тоголок Молдо. Из истории свобода мысли и религиозных верований киргизов», «История киргизской ССР».

**АМБИВАЛЕИТТҮҮЛҮК** (лат. ambo – экөө ж-а valentia – күч) – эки жактуулук; сезимдин эки жактуулугун баштан өткөрүү адамда эки карама-каршы сезимди туудурат. Мис., сүйүү ж-а жек көрүү жагымдуу ж-а жагымсыз. А. термини швейцариялык психолог Э. Блейлер тарабынан сунушталган.

**АМОРАЛИЗМ** (гр. а – тануу ж-а лат. moralis – нравалуу) – ар кандай моралды тануу, нравалуулуктун мыйзамдарынан баш тартуу, «жамандык» м-н «жакшылыктын» (Ницше), эгоизмдин, адамкерчиликсиздин, уят-сыйытка болгон жек көрүнүүчүлүктүн ары жагында болууга аракет кылуу.

**АНАКСАГОР** (б. з. ч. 500–428) – байыркы грек философу ж-а окумуштуу. Ал 30 жылдай Афиныда жашаган ж-а афиналык философиялык мектептин негиздөөчүлөрүнөн болуп саналат. 430-ж-дын аягында кудайсыз деп күнөөлөнүп эмиграцияланган; өмүрүнүн акыркы жылдарын Лампсакост өткөргөн. А-дун чыгармаларынан бизге 20 фрагменти жетти. А-дун көз караштары милет мектебинин (баарынан мурда Анаксимендин) ж-а Пармениддин болмуш окуусунун таасири астында калыптанган. А. өзүнүн окуусун космогониялык гипотеза түрүндө белгилеген. Анын айтуусу б-ча, дүйнөнүн алгачкы абалы кыймылсыз формасыз аралашма түрүндө болот ж-а алар эсепсиз көп майда, сезимтал бөлүктөрдөн, буюмдардан турат деген. Убакыттын кандайдыр бир моментинде ж-а мейкиндиктин бир бөлүгүндө бул аралашма тез айлануучу кыймылга келет. Ага кандайдыр бир ички мамиледе –акыл (нус) аркылуу билдирилет. Акыл-эстин концепциясы философиялык ой жүгүртүүнүн андан аркы өнүгүүсүнө маанилүү таасирин тийгизген. А. күндүн ж-а айдын тутулушуна туура түшүндүрмө берген биринчи окумуштуу болуп эсептелет.
**АНАКСИМЕН** (б. э. ч. 585–524) – милет мектебинин белгилүү философу. Ал Анаксимандрдын окучуусу ж-а ишин улантуучусу. Фалес ж-а Анаксимандр сыяктуу А. астрономиялык көрүнүштөрдү окуган ж-а башка табигый көрүнүштөр сыяктуу табигый образда түшүндүрүүгө аракет кылат. А. башкалар сыяктуу эле дүйнөнүн негизине материянын белгилүү бир түрүн киргизет. Мындай материяга ал чексиз, түгөнбөс, белгилүү бир форманы ээлеген абаны киргизет. А. абаны жашоонун башталышы деп жарыя кылат. Абадан баары пайда болот ж-а ага баары кайтып келет, абадан кийин гана калгандар пайда болот. Абанын пайда болушу оттун пайда болушуна алып келет, андан кийин шамал-булуттар, суу-жер-таштар. Дүйнөнүн пайда болушу ж-а өнүгүшүнүн табигый түшүндүрүлүшүн А. кудайдын келип чыгыш түшүнүгүнө дагы таратат. А-дин пикири б-ча, "баштапкы болуп чексиз абал эсептелет". А. милет мектебиндеги натурфилософиянын акыркы өкүлү. Бул мектеп дүйнөнү материалисттик түшүндү-рүүгө аракет кылган.
**АНАЛИЗ** (гр. analysis – ажыратуу, бөлүштүрүү). Нерсени же көрү-нүштү анын составдуу, жөнөкөй бөлүктөрүнө ажыратып жиберүүгө болот. А. таанып билүү процесс катары психология тарабынан ж-а таанып билүү теориясы, илимдин методологиясы тарабынан дагы изилденет. А. илимий ойдун ыкмасы катары бир нече түрү бар. Бүтүндү бөлүктөргө бөлгөн ой жүгүртүлгөн (мис., экспериментте ж-а чындыкта), бүтүндүктүн түзүлүшүн ачып көрсөтпөстөн бөлүктөрдүн ортосундагы мамилени дагы орнотот. А-дин башка түрү болуп предметтердин ж-а предметтердин ортосундагы жалпы касиеттердин анализи болуп саналат. Жыйынтыгында жалпы касиеттердин ж-а ал түшүнүктөрдүн мамилесинин анализи жалпыраак ж-а жөнөкөй түшүнүктөр м-н жыйынтыкталат. Андан башка дагы А-дин түрүнө таптардын бөлүнүшү, предметтердин таптарга бөлүнүшү (мис., классификация деп аталуучу анализ) да кирет.
**АНАЛИТИКА** (гр. analutinos – аналитикалык, ж-а analuois – ажыратуу, бөлүштүрүү) – элементардык принциптердин башталышын изилдөө. Бул мааниде А. термини Аристотель тарабынан киргизилген. «Топикте» ж-а «Экинчи аналитикада» логика (же кең мааниде даилектика) оозеки түрдө айтылуучу окуу катары айтылат, б. а. жалпы жонунан ой-пикир. Кантта «Аналитика» термининин маңызы өзгөрөт: «Аналитика трансценденталдык философиянын бөлүгү».
**АНАЛИТИКАЛЫК ЖАНА СИНТЕЗДИК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ.** А. о. ж. чындык таза логикалык анализ жолу м-н ишке ашат (терминдер, баяндоолор). С. о. ж. ички маалыматка, логикадан сырткары чындык билимдерге акырындык м-н кайрылуунун натыйжасында негизделет. А. ж. С. о. ж. деп бөлүү Лейбницте байкалат. Ал «акыл-эстин чындыгы» ж-а «фактынын чындыгын» айырмалайт. А. ж. С. о. ж. терминдерине Кант ачык формулировка берет. С. о. ж. Канттын ою б-ча, априордук болушу да мүмкүн деген. Азыркы кездеги логикада ж-а илимдин методологиясында А. о. ж. тилдин семантикалык эрежелеринин натыйжасында ырастоолордун мүмкүнчүлүгүнүн негизи катары түшүндүрүлөт. Ушуну м-н А. о. ж. дүйнөнү кароонун акыркы өбөлгөлөрү м-н байланыштуу. Ал эми синтездөө болсо ушул жаңы билимдин тилинин семантикалык рамкасында баяндоо мүмкүнчүлүктөрү м-н байланыштуу.
**АНАЛИТИКАЛЫК ФИЛОСОФИЯ** – 20-к-дагы ар түркүн топторду, өзүнчө философтордун багыттарын бириктирүүчү кеңири ж-а ар түрлүү агым. Бул агым философиянын милдети тил анализинде проблемалардын мазмунун түшүндүрүүнү карайт. А. ф. негизинен АКШда ж-а Англияда кеңири тараган ж-а анын өзүнчө топтору ж-а өкүлдөрү Скандиновия өлкөлөрүндө, Австралияда ж. б. өлкөлөрдө бар. Англияда А. ф-нын үстөмдүк кылуучу формасы болуп лингвистикалык философия эсептелген. АКШда А. ф. лингвистикалык философияга жакын болгон философтордун катарында логикалык эмпиризмдин жактоочулары (Карнап Г, Фейгль ж. б.) ж-а неопраматизм тарабынан сунуш кылынган (В. Куайн, Н. Гудман, М. Уайт). А. ф-нын көпчүлүк жактоочулары үчүн оордук борборун конкреттүү формаларга ж-а тилдик анализдин каражаттарына көчүрүү мүнөздүү. Бул жерден 2 негизги ыкманы бөлүп көрсөтүүгө болот: 1) «Моделдик» «Жасалма» тилдерди логикалык эмпиризм, неопрагматизм, бир катар көз карандысыз аналитиктер м-н конструкциялаштыруу. Бул изилдөөлөр азыркы кездеги формалдык логикага таянышат. 2)

табигый тилдердин тарыхый маалыматтарын тилдик айтылыштардын өзгөчөлүктөрүн ж-а түр-лөрүн ачып көрсөтүү максатын изилдөө.

**АНАЛОГИЯ** (гр. analogia – окшоштук) – нерселердин ж-а кубулуштардын ортосундагы айрым бир окшоштуктукту көрсөтүү. А. илимий ачылыштарда маанилүү ролго ээ.

**АНАМНЕСИС –** (гр. anamnesis – эске түшүрүү) – адамдын жанынын абалын түшүндүрүүчү, бул дүйнөдө башка дүйнөдөн көргөндөрүн эстеп калуучу платондук философиянын термини. А. окуусу өлбөс жан ж-дөгү орфико-пифагорейлик окууга таянат, (псюхе) ж-а туура элес берүүнүн мүмкүнчүлүгүн түшүндүрөт. Кабыл алуу ж-а окуу концепциясы эске тутуу катары Платондун «Менонунда» өнүккөн.

**АНАРХИЗМ** (гр. anarchia – бийликсиз) – коомдук саясий ар кандай мамлекеттик бийликтин, саясий күрөштү танган агым. 19-к-дын 40-жылдарында пайда болгон. Анархисттик көз караш катары буржуазиялык индивидуализм, субъективизм ж-а волюнтаризм эсептелет. А-ге, бардык мамлекеттик бийликтин түрлөрүнө кастык мамиле (а. и. пролетардык) мүнөздүү. А. эч качан өзүнчө бир идеология болуп жаралган эмес. А. идеясы Платондун «Республика» деген чыгармасында айтылган. А-дин өзүнчө фрагменттери Зенондун, стоиктердин, 9-к-да христиандык кыймылда (Армения), 14-к. гуситтик кыймылдын идеологиясында, Ф. Рабленин ж-а Фенелондун, философтор Руссонун ж-а Дидронун эмгектеринде, улуу француз революция доорунун идеологиясында камтылган. А. Батыш Европанын ж-а Американын бир катар өлкөлөрүндө сакталууда, (федерациялар, топтор ж. б. анархисттердин уюмдары АКШда, Францияда, Италияда, Улуу Британияда бар) бирок алардын таасири азайууда.

**АНАХРОНИЗМ** – (гр. anachtonisos – тетири, артка, каршы + chronos – убакыт) – 1) хронологияга каршы ката, кандайдыр бир окуяны башка мезгилге, доорго алып баруу. 2) азыркы кездеги жашоо м-н байланышпаган эскинин калдыгы, эскирген көз караш ж-а үрп-адат.

**АНДРОГИНИЯ –** (гр. androgunos – эки жыныстык) – бир жандыкта эки: эркектик ж-а ургаачылык жыныстын болушу (гермофрадит).

**АНИМИЗМ** – бардык нерселерде, кубулуштарда жашырынып жата турган ж-а аларды «башкара» турган жаратылыштан тышкары фантастикалык күч ж-а рух бар деп ишенүү, аларга дин катары кароо, аны жактаган диндик мистикалык агым. А. христиан, буддизм ж-а ислам диндеринин бир бөлүгү катары да таанылган.

**АНКЕТА –** сурамжылоонун жардамы м-н материал жыйноо ыкмасы.

**АНОМИЯ** – (фр. anomie – мыйзамдын жоктугу, уюмдар) –социологиядагы түшүнүк. Социалдык системанын нормаларга ж-а моралдык баалуулуктарга болгон индивиддердин мамилесин билдирет. А. терминин француз социологу Дюргейм киргизген. Коом индивидуалдык ийгиликтердин баарына бирдей болгон максаттарын ж-а баалуулуктарын кеңейтет ж-а байлыгынан, бийликтен, жогорку престижден ажырагандар конфликке дуушар болушат. Социологияда А. түшүнүгүн психоанализдегенде А-ны биринчи ирээтте өздүк касиеттин натыйжасы катары, андан кийин социалдык шарт катары карайт. А-нын көптөгөн карама-каршы аныктамаларынын пайда болушу, бул түшүнүктү кеңири жайылтуунун бирден-бир жолу.

**АНСЕЛЬМ** Кентерберийский (1033–1109) – теолог, схоластиканын өкүлү. Ишенимди рационалдык билимдин өбөлгөсү катары түшүнгөн. А-дин жашоосу эки фаза м-н мүнөздөлөт. Францияда окумуштуунун ж-а окутуучунун тынч жашоосун, Англияда архиепископ жашоосун жашаган ж-а чиркөөнүн укугу үчүн Анлгиянын падышасы м-н согушкан. Орто кылымдарда аны «Экинчи Августин» деп аташат. Ал Августинден баарынан мурда ишеним м-н акылдын мамилеси принцибин ж-а о. эле кудай түшүнүгүн алат. Чыгармаларынын ичинен «Монологизм» ж-а «Прослогион» трактаттары теологиянын негизги маселелери, чындык ж-а Кудайдын мүнөзү ж-дө жазылган. А. биринчи беттен баштап схоластикалык духта жазат. Эриугэн сыяктуу эле философиялык чындыкты акыл м-н ж-а чындыкты ачууну – ишеним м-н тыгыз байланыштырат. Ой ишенимге баш ийиш керек. Ишенимсиз чыныгы таанып билүү жок. А. өзүнүн сөзүндө «түшүнүш үчүн ишенем» деп схоластын позициясын так аныктайт.

**АНТЕТИКА** (гр. каршы ойлоочулук) – Канттын философиясында таанып-билүүдөгү келишпес эки карама-каршы пикирди билдирүүчү философиялык термин. Трансценденталдык антитетика Канттын айтуусу б-ча – бул антиномиялык таза акыл-эстин, алардын себептерин ж-а жыйынтыктарын изилдөө болуп саналат.

«**АНТИ-ДЮРИНГ**» – Энгельстин «Евгений Дюринг иштеп чыккан илимдеги өзгөрүш» деген китебинин кеңири тараган аталышы. Анда марксизмдин негизги бөлүктөрү баяндалат: 1) диалектикалык ж-а тарыхый материализм; 2) саясий экономия; 3) илимий коммунизмдин теориясы. «А. Д-де философиялык, табигый ж-а коомдук илимдердин улуу маселелери чечилген. Бул таң каларлык мазмундуу ж-а көп окулуучу китеп» (В. И. Ленин т. 2. 11–б.). К. Маркс «Анти-Дюринг» м-н таанышып чыгат да, саясий экономиянын тарыхы б-ча глава жазат. (2-бөлүмдүн 10-главасы). 1878-жылы китеп өзүнчө басылып чыккан. Энгельс «А. Д-дин» биринчи бөлүмүндө диалектикалык ж-а тарыхый материализмдин негизин баяндайт ж-а философиянын негизги суроосуна материалистик жооп берет. ж. б. «А. Д-де» материянын кыймылын формаларына ж-а илимдин классификациясы маселелерине түшүндүрмө берилет. Энгельс диалектиканын мүнөздөмөсүнө,

анын негизги мыйзамдарына, диалектикалык ж-а формалдык логиканын мамиле маселелерине көп көңүл бурат. «А. Д-де» табият таануу илиминин проблемалары: Дарвиндин теориясы, органикалык клетканын ролу ж-а жашоонун маңызы, Канттын космогониялык гипотезасы каралат. Энгельс экинчи бөлүмүндө Дюрингдин көз караштарын сындайт, саясий экономиянын предметин ж-а методун аныктайт, Маркстын товар ж-а анын баасы ж-дөгү окуусун дагы баяндайт.

**АНТИНОМИЯ** (гр. antinomia – логикада бирдей эле далилдене турган эки мыйзамдагы карама-каршылык, ой пикирдин ортосундагы карама-каршылык. А. термини баштапкы юридикалык мааниге ээ болгон ж-а эки мыйзамдын ортосундагы карама-каршылыкты же өзүнчө мыйзамдын ички карама-каршылыктарын түшүндүрөт. 1-к-да бул терминди көрсөтүлгөн мааниде Квинтилиан, а кийинчерээк – Гермоген, Плутарк, Августин ж. б. колдонушкан. Юстиниандын кодексинде качан мыйзам өзүнөн-өзү карама-каршы чыккан учур каралганда ушул «коллизия» деген аталышты алган. А. термини Р. Гокленцустун «философиялык сөздүгүндө» (1613) кездешет. Табигый теологияга А-ны Ш. Бонне киргизген (18-к.). А-нын философиялык мааниси Канттын «Таза акылдын сынында» (1781) эмгегинде алдыңкы орунга ээ болот. Аристотелдин айтуусу б-ча, А. дүйнө бирдиктүү бүтүндүк катары ой жүгүртүү аракетиинде адамдын акыл-эсинде пайда болот. А. ж-дөгү Канттын окуусу диалектикалык логиканын фундаменталдык өбөлгөсү катары немис классикалык идеализми тарабынан ар тараптуу өнүккөн. Гегелдин диалектикасында А. түшүнүгү карама-каршылыктын синтетикалык түшүнүгү болуп кайра түзүлөт.

**АНТИОХ** (б. з. ч. 130–68.) – байыркы грек философу, Ларистен чыккан Филондун окуучусу. Ал скептицизмден догматизмге чейинки платондук академияны кайра калыбына келтирген, натыйжасында аны бешинчи академиянын негиздөөчүсү деп аташат. Анын окуусу стоикалык окуу болгон: «о постигающем впечатлении» ж-а формула «жаратылышта жашоо» окууларын моюнга алат.

**АНТИСФЕН** (болжолу б. з. ч. 450–360) – байыркы грек ойчулу, Сократтын окуучусу, Платондун душманы. А-дин идеялары киниктер тарабынан өнүккөн. А-дин окуучусу Диоген Синопский болгон. А. жаш кезинде Горгийден риториканы окуган. Ал буюмдардын аталышын «билимдин башталышы» деп эсептеген. Өзүнүн өрнөгү м-н керектөөлөрдүн бүткүл дүйнөлүк керектөөсүн окуткан ж-а өзүн бай адамдардын биримин деп эсептеген. А-дин ою б-ча, жалгыз ырахаттын нак өзүн эмгек берет, ал эми жашоонун максаты даанышмандык деген. Ал элдердин теңдигине каршы чыккан ж-а коомдук жашоодо акылман жалпы кабыл алынган мыйзамдар м-н эмес, даанышмандардын мыйзамы м-н башкарылат деген.

**АНТИТЕЗИС** (гр. antitesis – карама-каршылык) – 1. логикада тезиске каршы келүүчү пикир; 2. Гегелдин философиясында тануун-таануунун бир моменти.

**АНТИУТОПИЯ** – утопияга карама-каршы болгон, Батыштагы коомдук пикирдин агымы. Ал социалдык идеяларды ж-а калыс коомдук түзүлүштү орнотууну четке кагат. Жашоодо калыс коомдук түзүлүштү орнотууда катастрофа дагы коштоп жүрөт. Аналогиялык мааниде батыш социологиялык адабияттарында «дистопия» деген дагы түшүнүк кездешет. Андан башка «какатопия», б. а. жамандыктын мекени (гр. жаман, каардуу ж-а орун) деген түшүнүк кездешет. А. Батышта Россиядагы социалисттик революциянын жеңишинен кийин кеңири тараган. А-нын кеңири белгилүү ж-а типтүү болгон Е. Заметиндин романдары «Биз» ж-а О. Хакслинин «Маймыл жана маңыздык» Дж. Оруэллдин «Жаныбарлардын фермасы», Э. Берджессанын «Механикалык апельсин» М. Янгдын «Меритократиянын жогорулашы» ж. б. социалдык ж-а саясий фантастикалык жанрдагы чыгармалары кирет.

**АНТИФОНТ** (б. з. ч. 5-к) – байыркы грек философу-софист. «Чындык» ж-а ынтымак» чыгармасында пессимист ж-а чектелүүлөрдүн душманы катары таанылат. Ал өзүнүн индивидуализминде көп ырахатты камсыз кылууга ж-а эң аз кыйналууга жолдомо-көрсөтмө берет. А-тун ою б-ча, мыйзамды сактоо кандай деңгээлде керек экендигин ж-а жазага дуушар болуп калбоону айтат. А. варварлар м-н эллиндердин ортосундагы айырмачылыктарды четке кагат ж-а атактуулардын келип чыгышын моюнга алган эмес. Мүмкүн болушунча түш көрүүлөрдү рационалдык түшүндүрүүгө аракет кылат. Бардык софисттер ишенгендей эле атайын бир имаратта рухий тең укуктуулугун жоготкон ж-а жардам издегендер м-н дарыгерлик сүйлөшүүлөрдү өткөргөн.

**АНТИЦИПАЦИЯ** (лат. anticipation. anticipo – алдын ала кубанам) – окуяны мындай ж-а башка формада алдын ала кубантуу жөндөмдүүлүгүн түшүндүрүүчү түшүнүк Эпикурейчилерде кездешет. А-га каршы Ф. Бэкон чыгып алдын ала кубантуу эмес, а жаратылышты таануу деген чакырык м-н чыккан. Кант А. кеңири мааниде тажрыйбалык-теориялык билимдин формаларынын ж-а структураларынын априордук аныктыгы катары түшүнгөн. Психологияга А. түшүнүгү Вунт тарабынан киргизилген ж-а эреже катары организм м-н анык бир окуяны күтүүнү же болбосо анын пайда болушуна чейинки иш-аракеттердин жыйынтыгы көрсөтүлөт.

**АНТГОНИЗМ** (гр. antagonisma – талаш, күрөш) – карама-каршы тенденциялардын, күчтөрдүн ж-а коомдук таптардын өз ара келишпес курч күрөшүн билдирүүчү каршылыктардын бир түрү. А. термини карама-каршы

күчтөрдүн күрөшүнүн мааниси диний системаларда, Канттын Шопенгэуардин ж. б. философиялык окууларында колдонулган. Ушундай эле мааниде А. биологияда, математикада (оюндардын теориясы) колдонулат. Марксизм-ленинизм таптардын ортосунда А. таптык күрөш жолу м-н жүзөгө ашарын көрсөттү.

**АНТОЛОГИЯ** (гр. anthologia – гүлдөрдүн букети) – ар түрдүү авторлордун тандалган чыгармаларынын жыйнагы (философия, адабият, музыка)

**АНТРОПОГЕНЕЗ –** антропология илиминин бир тармагы; адамдын физикалык тибинин, тарыхый-эволюциялык эмгек процессинин, коомунун, тилинин калыптанышын ж-а адамдын чыгуу тегин изилдөөчү илим.

**АНТРОПОЛОГИЗМ** (гр. anthropos – адам) – философиялык концепция. Анын өкүлдөрү адам түшүнүгүндө мааниси жагынан материя ж-а аң-сезимден маанилүүлүк дүйнөгө болгон көз караштык негизги категорияны карашат.

**АНТРОПОЛОГИЗМ МАТЕРИАЛИСТТИК –** көрүнүктүү өкүлдөрү болуп Гельвеций, Фейербах ж-а Чернышевский эсептелет. Антропологиялык принципти киргизүүдө ж-а негиздөөдө Фейербахтын эмгеги зор. «Адам» категориясы Фейербах тарабынан «идея» ж-а «рух» түшүнүктөрү катары алдыга жылдырылган. 19-к-дын 2-жарымынан баштап Антропологизмдин (Ницше, Дилтей, Зимель) идеалисттик варианттары өнүгө баштайт. Ал эми 20-к-да болсо экзистенциализм, «философиялык антропология» калыптанып бүтөт. А. м. ар кандай вариантта коомду түшүндүрүүдөгү идеализмди түшүндүрөт.

**АНТРОПОЛОГИЯ** – адамдардын физикалык өнүгүшүнүн эволюциясы, алардын келип чыгышы ж-дөгү биологиялык илим. А-нын негизги бөлүмдөрү: антропогенез, адамдын морфологиясы (өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү ж-а адамзатка жалпы болгон дене түзүлүш окуусу) ж-а этникалык антропология б. а. раса таануу. Кээ бир чет өлкөлөрдө «А» термини (Россияда дагы) адам ж-дө окуу катары түшүнүшөт.

**АНТРОПОЛОГИЯЛЫК МЕКТЕП –** мурастык, рассалык иргөө, жогорку ж-а төмөнкү рассалардын күрөшү түшүнүктөрүнүн өнүгүшү.

**АНТРОПОЛОГИЯ ФИЛОСОФИЯ** – кең маанисинде адамдардын жаратылышы ж-дөгү философиялык окуу; тар маанисинде – 20-к-дын биринчи жарымындагы Батыш Европадагы немец философиясынын агымы. А. ф. немецтик буржуазиялык агым катары, ошол кездеги батыш Европа философиясына жалпы болгон «антропологиялык бурулушта» 20-к-да пайда болгон ж-а жашоонун философия идеясына (Дильтей) ж-а феноменологияга (Гессерль ж. б.) таянган. А. ф. – бул баарынан мурда философиялык билимдин өз алдынча чөйрөсү. А. ф. изилдөөлөрдү атайын бөлүү идеясы 18-к-да жаралган. А. ф. философиялык билимдин салттык чөйрөлөрү логикага, таанып-билүү теориясына, этикага, эстетикага, философиянын тарыхына карама-каршы турат. Шелер өзүнүн «космостогу адамдын абалы» деген эмгегинде (1928) адам ж-дө илимди түзүү маселесин коёт. Шелерден башка А. ф-га Х. Плеснер деген философ өзүнүн салымын чөйрөлөрү логикага, таанып билүү теориясына этикага эстетикага, философиянын тарыхына карма каршы турат. Шелер өзүнүн “Космостогу адамдын абалы деген эмгегинде” (1928) адам жөнүндө илимди түзүү маселесин коёт.

**АНТРОПОМОРФИЗМ** – (гр. anthropos – адам ж-а torphe-форма) – адамга тиешелүү болгон касиеттерди ж-а өзгөчөлүктөрдү сырткы жаратылыштын күчтөрүнө көчүрүү ж-а аларды жалган мифтик жандыктар (кудай, жан ж. б.) м-н кошуп жазуу. Канофан А-де диндин өзгөчөлүгүн көргөн. Фейербах А-де диндин маанисин терең ж-а толук ачып көрсөтөт. А. анимизм, тотемизм м-н байланыштуу, ал эми ислам м-н иудаизмде көмүскө формасында чыгат. Жаңы мезгилде динди бышыктаган антропоморфтук таанып билүүлөрдөн (деизм, теизм ж. б.) тазалоо иш-аракеттери жүрүүдө. А. башка илимий түшүнүктөргө (мис., Күн, энергия, башкаруу ж. б.) дагы таандык.

**АНТРОПОСОФИЯ** (гр. antropos – адам ж-а sopia – акылмандык) – 20-к-дын башында өнүккөн «жашыруун рухий күчтөрдү» алып жүрүүчү адам ж-дөгү мистикалык окуу. Теософиядан бөлүнүп, Штейнер эксперименттик илимге айлантканга аракет кылат ж-а адамдын жашыруун жөндөмдүүлүктөрүн өзгөчө көнүгүүлөрдүн жардамы м-н (музыка, медитация ж. б.) ачып көрсөтүүнү максат кылган. Бул кызматтын Штейнердин сунушу б-ча, чыгыш Европада ж-а АКШда кенири таралган системасы аткарыш керек. Орто кылымдагы (антикалык мистерийлер, христианчылык), байыркы диндер ж-а акультизм салттык окуулары А-да табигый илимдердин ж-а жаңы мезгилдин философиясынын элементтери м-н биригишет. А-лык коом Штейнер тарабынан 1913-ж. Дорнах шаарында (борбору Швейцария) негизделген. 20-к-да А. окуусу Европанын бир катар өлкөлөрүндө көркөм чыгармачыл интеллигенциянын ортосунда да таасирге ээ болгон.

**АНТРОПОСФЕРА –** 1) адамзат жашаган жер сферасы; 2) бүгүнкү күндө ж-а келечекте адамдар тарабынан түздөн-түз же кыйыр түрдө өзгөртүлгөн ж-а өзгөртүлүүчү, өздөштүрүлүүчү жердин ж-а жакынкы космостун сферасы; 3) адамдар тарабынан пайдалануучу биосферанын (географиялык, ландшафтык кабыкчанын) бөлүгү; А. социосфера түшүнүгүнүн синоними; кишилердин табигый чөйрөнү өзгөртүү сферасы.

**АНТРОПОЦЕНТРПЗМ** (гр. centrum – борбор) – адамды дүйнө түзүлүштүн борбору ж-а жогорку максаты катары кароочу пикир. А. теологиялык көз караштын ырааттуу туюнтулушунун олуттуу жагы болуп саналат.

Антикалык философияда А-ди негиздеген Сократ болгон, кийинчерээк мындай пикирди патристиканын, схоластиканын ж-а Жаңы Мезгилдин философиясынын (мис., немец философу Х. Вольф) өкүлдөрү колдошкон. Түпкү теориялык багыт ирээтинде А-дин айрым элементтери энзистенциализмге ж-а Тейяр де Шардендин католиктик философиясына таандык.

**АНЫКТАМА,** ж е д е ф и н и ц и я – кандайдыр бир объекти айырмалоого, издеп табууга, курууга, илимге жаңы киргизилип же такталып жаткан терминдин маанисин аныктоого жардам берген логикалык ыкма. А-лардын көп түрдүүлүгү А-лардын милдеттери, логикалык структурасы ж. б. м-н шартталган. Реалдуу А-лардын жардамы аркасында нерселер өздөрүнө гана таандык өзгөчөлүү (спецификалуу) мүнөздөмөлөрү (касиеттери ж-а алакалары) м-н айырмаланышат. Алар теги ж-а түрдүк аныктамалары аркылуу А. формасына ээ болот (мис., кычкылтек элемент (тек) болуп саналат, анын атомдук салмагы 16га барабар (түрдүк өзгөчөлүк). Номиналдык А-лардын жардамы аркасында татаал сөз айтымдарын кыскартуу үчүн илимге жаңы терминдер киргизилет, алардын маанилери аныкталат, такталат ж. б. Семантикалык А-ларда аныкталгыч тилдеги кандайдыр бир сөз айтымы, ал эми аныктагыч кандайдыр бир нерсе болуп саналат (мис., «беш бурчтук» деген сөз беш жагы бар көп бурчтукту билдирет). Ошол себептен аныктагыч м-н аныкталуучуну өз ара алмаштырууга тыюу салынган. Мындай алмаштыруу синтаксисттик А-ларга карата гана колдонулат. Анткени, синтаксисттик А-ларда аныкталгыч ж-а аныктагыч бир эле мезгилде объект же белги болуп саналышат. Генетикалык А-ларда аныкталгыч предмет аны пайда кылуунун, жаратуунун, түзүүнүн ыкмаларын көрсөтүү аркылуу пайда болот (мис., «айлана кандайдыр бир тегиздиктеги кыймылсыз чекиттин тегерегинде айлануу жолу м-н пайда болгон туюк ийри сызык болуп саналат»). А-лар аныкталгыч м-н аныктагычтын өз ара дал келүү эрежеси, жарабаган айлампага тыюу салуу эрежеси ж. б. белгилүү бир эрежелерге баш иет.

**АПАТИЯ** (гр. apatheia – түз маанисинде беймаралдык, кыйналбагандык, бейкапарсыздык, эч нерсеге катышпагандык) – байыркы грек философиясындагы стоиктердин мектеби колдонгон термин; ал нравалык идеалдарды алып жүрүүчү акылмандардын жөнөкөй адамдар ырахат алгандарга да бейкапар болуу, кубанбоо жөндөмдүүлүгүн билдирген. Ошондой эле А. кишилер үчүн болуп көрбөгөндөй коркунуч апаат болгондо да тигил же бул инсандын беймаралдыгын туюнткан. Стоизмдин этикасында А-га жеткен акылман өзүн-өзү башкарат, акыл-эске сугарылган нравалык мыйзамды гана жетекчиликке алат деп түшүндүрүшкөн.

**АПЕЙРОН** (гр. apeiron – анык, чексиз, формаланбаган алгач башаты, башталма) – Милет мектебинин өкүлү Анаксимандрдын пикири б-ча, нерселерди түзүүчү баштапкы субстанция, башкы себеп. Байыркы Грециядагы көпчүлүк натурфилософтор (Диоген, Анаксагор, Мелисс, Самосский ж. б.) А-ду космологиялык праматериянын атрибуту, космостун (табияттын) башаты – архэси катары карашкан. Платон м-н Пифагорчулардын окууларында А. материянын синоними ирээтинде элестетилет. Аристотель өзүнүн «Физика» аттуу эмгегинде Платондун ой корутундусундагы А-ду чексиздикке, аныксыздыкка, формасыздыкка, агып туруучулукка өтө жакын мазмунга ээ түшүнүк катары, ага «материал, материя» деген маани берген.

**АПОДИКТИКАЛЫК** (гр. apadeiktike (episteme) – ишенимдүү, далилдүү) – тигил же бул ой жүгүртүүлөрдүн, ой-жорутуулардын, пикирлердин, мазмундардын калетсиз зарылчылыгын мүнөздөөчү ж-а билимдердин логикалык жогорку тактыгын, ынанымдуулугун туюнтуучу философиялык термин. Акыйкат жоболорго алып келүүчү далилдүү негиздөөлөрдөн А. ой жүгүртүүнүн тууралуулугу, ишенимдүүлүгү келип чыгат. Өз учурунда Аристотель А. ой жүгүртүүлөрдүн өзгөчөлүгүн изилдөө м-н, андан башка да «диалектикалык», б. а. ыктымалдуу ой-жүгүртүүлөрүн, ой-жорутуулардын боло тургандыгын белгилеген «А» түшүнүгүнүн кийинки эволюциясы формалдык логиканын өнүгүшү м-н байланышкан.

**АПОЛЛОНОВДУК ЖАНА ДИОНИЙСИЙЛИК** – Ф. Ницшенин "Музыканын рухунда трагедиянын келип чыгышы" (1972) эмгегине киргизилген философиялык эстетикалык түшүнүктөр. Ницше бул түшүнүктөрдү Апполон м-н Дионистин образдарын өзүлөрүнө сиңирген болмуштун эки башталмасын, маданияттын эки тибин мүнөздөө үчүн пайдаланган. А. бул түстүү, жарык, рационалдык, дионийсийлик – караңгы, хаотикалык, иррационалдык башат; Дегинкиси «Апполоновдук» ж-а «Дионесийлик» түшүнүктөрү романтизм (Ф. Шлегель, Шеллинг ж. б.) заманда белгиленип, мажестик ж-а сентименталдуулук, классикалык ж-а романтикалык сыяктуу типтүү карама-каршы коюлуулар м-н катар турган. Өз учурунда Ницше адамдагы өзгөчөлөнгөндүктүн идеалын А. м-н Д-ин белгилүү бир тең салмактуулугунан көргөн, мындай жагдай кийинчерээк иррационалисттик философиялык маданиятта байкалган.

**АПОЛОГЕТИКА** (гр. apologetikos – коргонуу, актануу) – христиандык окуунун негизги жоболорун ага каршы келген диндердин, ерестердин, философиянын жоболорунан коргоону максат кылган философиялык диний окуу. Өзүнүн манызына туура келбеген көз караштарды сындаган полемикалык илим катары А. биринчиден, ар кандай тарыхый замандарда түрдүү максаттарды ж-а милдеттерди алдына койгон; экинчиден, каршы маанидеги окуулардан позитивдүү жактарын, ой-жүгүртүү, тил өзгөчөлүктөрүн

пайдаланууга мажбур болгон. А. философия м-н христиан динин синтездөө аркылуу христианчылык философчулук кылууга, христиан дининин ишеним окууларынын таасирдүү болушуна шарттарды түзгөн. Мындай жагдай А-нын христиандык философиянын маанилүү бөлүгү болушун көрсөткөн.

**АПОЛОГЕТТЕР** (гр. apol ogetilos –коргоочу) – христианчылык жаңы калыптанып келе жаткан мезгилдерде христиан дини м-н христиандардын ишенимдерин коргоого ж-а актоого умтулган философтор. Алардын ишмердүүлүгү христианчылык тарабынан жападан-жалгыз укук ченемдүү философтор катары таанылышкан апологеттердин кылымы деп аталган 2-к-га туура келет. А. христианчылыкты бутпарас диндеринен, иудаизмден ж-а Рим империясынын мамлекеттик бийлигинин өкүлдөрүнөн коргоого аракет кылышкан. А. философ болгон эмес, алардын чыгармаларында философиялык идеялар салыштырмалуу аз ж-а өтө эле тайкы. Алар биринчи кезекте публицист жазуучу (лат. publ icus – коомдук; коомдук турмуштагы өтө актуалдуу проблемаларды курч чагылдарган жазуучу), юрист ж-а чечендик өнөрүнүн устаты катары даңкталышкан. А. Евангелийдин негизинде философиялык маселелерди чечүүгө далалаттанышкан. Алар грек философиясын христианчылыктын кызыкчылыктарына пайдаланууга аракет кылган алгачкы ойчулдар болушкан. А. грек тилдүү ж-а латын тилдүү болуп бөлүнүшөт. Грек тилдүү апологеттерге Юстин м-н Татианды киргизүүгө болот. Латын тилдүү А. катары христианчылыкты коргоочусу гана эмес, оригиналдуу диний ойчул болуп эсептелген атактуу юрист Термуллиан даңкталган.

**АПОРЕМА** (гр. aporema – талаш-тартыш маселе) – татаал маселе, логикалык кыйынчылык.

**АПОРИЯ** (гр. aporia – айласыз абал, кыйналуу) – тажрыйба, байкоонун натыйжалары м-н аларды ой-жүгүртүп анализдөөнүн ортосундагы карама-каршылыктар м-н байланышкан таатаал чечмеленүүчү проблема. Апорийлердин көп түрдүүлүгү байыркы грек философу Зенон Элейскийдин окуусунда, б. а. Ахилл м-н ташбаканын, жаанын жебесинин мисалында көрсөтүлгөн. Зенондогу А. реалдуу кыймылды математикалык туюнтуунун салыштырмалуулугунун ж-а карама-каршылыктуулугун билдирген. А. дайыма каалаган предметтин өзүндө, аны туюнтуучу түшүнүктөрдө карама-каршылыктардын болушунун натыйжасында проблемалардын чечилишинин мүмкүнсүздүгү, эч бир жол жок абалдын көрүнүшү.

**АПОСТЕРИОРИ ЖАНА АПРИОРИ** (лат. aposteriori – кийинкиден, aporiori – мурункудан) – философиялык түшүнүктөр; апостериори-тажрыйбадан алынуучу билимдер, априори – тажрыйбадан мурунку, андан көз каранды болбогон билимдер. А. ж. А-ни карама-каршы коюу Жаңы мезгилдеги рационалдуулугунда ырattуу туюнтулган, ал тажрыйбадан жол м-н алынган кокустук акыйкаттан олуттуу айырмаланган эң жалпы ж-а зарыл акыйкаттан келип чыккан. Рационалистерден кийин Кант окуусунун эң жалпы ж-а зарыл акыйкаттардын болушунун булагын априордуулук экендигин моюнга алган сезимдин формалары-мейкиндик, убакыт да ага жатат. Канттын пикирине ылайык, билимдердин формасы, уюштурулуу жолу гана априордук болуп саналат, мындай априордук форма илимий билимдерге жалпы ж-а зарыл мүнөздөрдү берүүчү А-дук мазмун м-н толукталат. Неокантианчылыктын, прагматизмдин ж-а конвенциализмдин негизинде 20-к-дагы философияда ж-а илимдин методологиясында априордуктун жоболор-илимдердин баштапкы постулаттары, түпкү жоболору.

**АПОФАТИКАЛЫК ТЕОЛОГИЯ** (гр. apophatikos – терс). Дионисий Ареопагит тарабынан иштелип чыккан теология. Ага ылайык, кудайга байланышкан бардык түшүнүктөрдү, атрибуттарды, ж-а элестөөлөрдү ырааттуу тануу жолу м-н кудайдын абсолюттуу трансценденттүүлүгүн далилдөөгө умтулуу күч алган. А. т-нын түпкү маңызында кудайдын бар же жок экендигин тануу аркылуу, анын болмуштан башкача жашап тургандыгын далилдөө идеясы турган. А. т. орто кылымда катафатикалык теология м-н толукталган, анда кудай м-н байланышкан позитивдүү түшүнүк-төр, атрибуттар, ошондой эле метафорикалык аналогиялар м-н кудайдын жашоосун аныктоого аракет жасалган.

**АПОХА** (мааниси-ажыратуу, айырмалоо, четке кагуу) – түшүнүктөрдүн терс ж-а салыштырмалуу маанилерин жактоочу, бекемдөөчү махаяндык буддизмдин логико-гносеологиялык концепциясы. А. бардык эле феноменалдуулуктун «кош маанисиздик» ж-а принципиалдуу иллюзордуулук, чыныгы субстанциалдуулукту таза бир бүтүн маныздар дүйнөсүнө кийирүү жоболорунан келип чыккан. А. б-ча түшүнүктөрдө туюнтулган бардык ойлоо процесси абстракцияларды жыйынтыктоочу конструкция болуп саналат .

**АППЕРЦЕПЦИЯ** (лат. ad – алдында ж-а kuperceptio – кабылдоо) – адамдын психикалык ишмердигинин жалпы мазмунунун ж-а бүтүндөй тажрыйбасынын анын предметтерди, кубулуштарды кабылдоосуна тийгизген таасирин туюнтуучу философиялык ж-а психологиядык түшүнүк. А. термини Лейбниц тарабынан киргизилген, ал кеңири мааниде аң-сезим дегенди туюнтуп, мурунку билим м-н шартталган жандагы тажрыйбанын, кабылдоонун элементеринин көрүнүшүн билдирген. Канттын философиясында А. ойлонуучу субъекттин өздүк аң-сезимин мүнөздөйт. А. түшүнүгүнүн эволюциясы психологиянын өнүгүшү м-н да тыгыз байланышкан. В. Вундтун пикирине ылайык, адамдык психикалык чыгармачылыгын шарттаган А. өзүнө төмөндөгүдөй аспектилерди бириктирет: кабылдоолорду ачык, так сезүү, өздүк аң-сезим, ойлоо ишмердигин

синтездөөчү көңүл буруунун ишмердиги – азыркы психологияда бул түшүнүк индивиддин турмуштук тажрыйбасынын, кабылдоонун жыйынтыгы катары каралат.

**АПТЕКЕР** (Aaptheker) Герберт (1915-ж. т.,) – америкалык тарыхчы-марксист, АКШнын коммунистик партиясынын мүчөсү, америкалык марксисттик изилдөө институтунун директору. А. Герберт буржуазиялык идеологияны, антикоммунизди, расизмди сындоого, эркиндик ж-а демократия, негр элдеринин тарыхы проблемаларына өзгөчө көңүл бурган. Буржуазиялык тарыхчылардын, философтордун, социологдордун көз караштарын сынга алуу м-н А. коомдун, тап күрөшүнүн өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн, илимий изилдөөнүн методологиясынын ар түрдүү жактарын иликтеген. Ал эл аралык коопсуздук, тынчтык, демократия ж-а социалдык прогресс үчүн күрөшкөн.

**АРАКЕТ** – индивиддердин, коомдук таптардын, топтордун өздүк керектөөлөрүн, тилек-максаттарын, каалоолорун канааттандырууга багытталган активдүүлүгүн, кыймыл-аракетин белгилөө үчүн пайдаланылган түшүнүк.

**АРБОО** – сыйкырлоо, дубалоо. Байыркы адамдар тышкы дүйнөнүн ар түрдүү көрүнүштөрүн өзүнө багындыруу жолун жакшы билбегендигинен, аларды кандайдыр бир сырткы күчтөрдүн колдоосу м-н жеңип чыгуу тууралуу кыялдарынан келип чыккан.

**АРГУМЕНТ** (лат. argumentum – жүйө) – далил, далилдик, ырастоо: кандайдыр бир теорияны, концепцияны же пикирдин акыйкаттуулугун ырастоо, тактоо үчүн келтирилген ой-жорутуулардын жыйындысы: ал эми логикада болсо аргумент-далилдөөнүн негизги жүйөөсү, айрым учурда аргумент бир бүтүндөй далилдөө маанисине да ээ.

**АРИСТИПП** (б. з. ч. 435–355-ж.) – байыркы грек философу, кирендик же гедонисттик мектептин негиздөөчүсү, софистик окууга ынтаасын коюп жакын болгон, Сократтын окуучусу, жолдошу. Анын пикирине ылайык, таанып билүү себебин аныктоого мүмкүн болбогон кабылдоолорго гана таянат, башка адамдардын кабылдоосу биз үчүн белгисиз, бар болгону алардын айткандарын негиз кылып алабыз. А. ырахаттанууну жашоонун башкы максаты деп эсептеп, өзү өмүр бою ушул принципти сактоого аракет кылган. Ошону м-н бирге бул ойчул адамды өзүн-өзү кармай билүүгө, ырахаттын кулу болбоого үндөгөн, өздүк эркиндикти жогору баалаган, өткөнгө өкүнбөй, келечектен кооптонбой жашоону максат койгон. А. ойлоого күнүмдүк иш-аракетке, учурга да маани берип, аларды эркин пайдалана билүү зарылчылыгын белгилеген.

**АРИСТОКСЕН** Таренский (б. з. ч. 345-ж. т.) – байыркы грек философу, Аристотелдин окуучусу, перипатетикчилердин мектебинин өкүлү. Ал өзүнүн негизги («Гармониянын элементтери») эмгегинде пифагорчулардын окуусун перипатетикчилердин окуусу м-н бириктирүүгө, айкалыштырууга аракет кылган, музыка ж-а ритм ж-дө байыркы спекулятивдик-математикалык окууну түзгөн. Перипатетиктик методду колдонуу аркылуу А. көп кылымдар бою искусствого таасир тийген музыкага киришүү синтезин түзгөн жандын ж-а дененин байланышын музыкалык гармония, лиранын катыштары м-н салыштырган. А. философтордун таржымалын же пифагорчулардын чыгармачылыгы тууралуу монографиялардын сериясын түзүүчүлөрдүн баштоочусу.

**АРИСТОТЕЛИЗМ –** 1) тар мааниде – Аристотелди жолдоочулардын окуусу б. а. байыркы перипатетиктер перипатетикчилердин мектеби түшүнүгү м-н дал келбейт, чындыгында Аристотель м-н анча байланышпаган; 2) кең мааниде А. Аристотелдин окуусун үйрөнүп, өздөштүрүп, улантып, анын эмгектерин комментариялап, баалуулуктарын элге таратуучулардын тобу же Аристотелдин философиясынан келип чыккан философиялык багыт. Классикалык доордон кийин Аристотелдин философиялык баалуулуктарын туюнткан сириялык А. грек А-ин м-н араб А-и байланыштыруучу каражат катары кызмат кылган. Сирия тилинен араб тилине Аристотелдин фундаменталдуу чыгармаларынын которулушу (алсак «Категориялар», «Биринчи аналитика», «Этика» ж. б.) чыгыш перипатетизминин өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн.

**АРИСТОТЕЛЬ** Стагирит (б. з. ч. 384–322) – байыркы грек элинин улуу философу, энциклопедист, перипатетикчилердин мектебин негиздөөчү. А-дин окуусунда жеке илимдер философиялык өңүттө түшүндүрүлгөн, илимий билимдерге классификация берилген. Анын философиялык системасын жалпысынан логика ж-а метафизика түзгөн. А. тарабынан түзүлгөн ж-а «аналитика» деп эсептелген логика негизги логикалык мыйзам ченемдүүлүктөр, түшүнүктөр ой- жүгүртүүлөр, корутундулар, ырастоолор, ошондой эле далилдөөнүн же төгүндөөнүн методдору ж-дөгү окуу катары каралган. Бул окуу А-дин «Органон» аттуу фундаменталдуу чыгармасында чагылдырылган. Ушул эле эмгекте формалдуу логиканын үч мыйзамы сунуш кылынган: тең маанилештик мыйзамы, карама-каршылык мыйзамы, үчүнчүлчүктү четке кагуу мыйзамы. А-дин категориялар тууралуу окуусу (маңыз, мамиле, орун, убакыт, сапат, сан, аракет, абал, азап тартуу, ээ болуу) логика м-н метафизиканын чегинде турат. А-дин окуусунда ар бир категория төмөндөгүдөй үчилтиктүү мүнөзгө ээ: а) алар болмуштун теги б) ойдун формасы, в) дүйнөнүн негизги касиеттерин чагылдырган түшүнүктөр. Өзүнүн «Метафизикасында» А. конкреттүү болмуш, нерсе материя

м-н форманын биримдиги деп эсептейт да, материяны пассивдүү, чындыктын мүмкүнчүлүгү, ал эми форманы активдүү, нерсенин, башаты маңызы ирээтинде караган. Нерселердин жаралуу ж-а жок болуу проблемаларын чечүү м-н А. төрт түрдөгү (формалдуу, материалдуу, кыймылдатуучу же жаратуучу, максаттуу) себептер тууралуу окууну иштеп чыккан. А. үчүн жаратылышты таанып билүү дүйнөнүн табигый мыйзамы болуп эсептелген Нус – космостук акыл-эс Кудайдын өзү түзгөн табиятта ишке ашкан «ойлору» м-н каалоолорун таанып билүү дегендик болуп саналат. А-дин натурфилософиялык көз карашы телеологиялык мүнөзгө ээ, б. а. жаратылыш космостук акыл-эстин максаттарынын ишке ашуусунун натыйжасы. Өзүнүн «Физика» аталган эмгегинде ал мейкиндик, кыймыл, чексиздик, зарылчылык, кокустук ж. б. түшүнүктөрдү терең анализдөө м-н космостук акыл-эстин жаратылышка айлануу процессин талдаган. Анын космологиясында дүйнө төрт элементтен (от, жер, суу, аба) турат деп белгиленип, эфирдин бешинчи элемент болоору көрсөтүлгөн. А-дин психологиясында же «Жан тууралуу» эмгегинде жандын касиеттери ж-а түрлөрү (вегетативдүү жан, сезимтал жан, акылдуу жан) изилденген. А-дин философиялык мурасынын бир бөлүгүн анын коом м-н мамлекеттин өнүгүшүнө арналган көз караштары түзөт. Ойчул бүгүнкү күнгө чейин белгилүү болгон «алтын ордо» концепциясын сунуш кылган, б. а. «орто элемент» ирээтинде каралган орточо бай адамдардын коомдун өнүгүшүндөгү өзгөчө ролун баса көрсөткөн, кулчулукту тубаса кубулуш катары кабыл алып, адамды «коомдук жандык» катары эсептеген, мамлекеттик түзүлүштүн туура (жалпыга пайдалуу) ж-а туура эмес (айрым гана кишилер үчүн пайдалуу) деп аталган формаларын айырмалаган. А. өзүнүн социалдык-саясий окууларын мораль тууралуу көз караштары м-н байланыштырып, этиканы адамды активдүү ишмердүүлүккө чакырган үгүт-насыяттын илими катары мүнөздөгөн.

**АРКЕСИЛАЙ** (б. з. ч. 915–240) – байыркы грек философу, Платондук академиянын башкаруучусу, «Экинчи» (Орто) академиянын негиздөөчүсү. Сократ сыяктуу эле ой-жүгүртүүлөрүн кагаз бетине түшүргөн эмес, догматизмге каршы болуп, «бардыгын дагы бир жолу изилдөө» принцибин өнүктүргөн. Анын пикирине ылайык, философиянын башкы максаты – акыйкатка ээ болуу эмес, адашуулардан арылуу. Мындай көз караш ойчулду ой-жүгүртүүлөрдөн алыс боолуу жобосуна алып келген. А. сезимдик кабылдоонун негизинде предметти өздөштүрүүгө мүмкүн деген стоиктердин таанып-билүү теориясына каршы туруп ишенимдүү боло турган жоболорду гана жетекчиликке алууну максат кылган.

**АРОН** Раймон (1905–1983-ж.) – француз социологу, философ ж-а публицист, «индустриалдык коом» теориясын негиздөөчүлөрүнүн ж-а түзүүчүлөрүнүн бири. Өзүнүн философиялык-социалдык эмгектеринде ал салыштырмалуу-тарыхый анализге таянып, «социалдык индустриалаштырууну» же «технологиялык детерминизм» концепцияларын колдонуп, «индустриалдык коом» теориясын өнүктүргөн. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин өнүккөн өлкөлөрдөгү өндүрүштөгү, керектөөдөгү олуттуу өзгөрүүлөрдү баалоо аркылуу А. аларды өндүрүштү автоматташтыруунун, эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун, өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнүн өсүшүнүн натыйжасында келип чыккан «жаңы өнөр-жайлык көңтөрүш» катары аныктоого аракет жасаган. Кийинчерээк А. өнүктүргөн «индустриалдык коом» теориясына дал келген окшоштук (аналог) катары «элдик капитализм», «гумандуу экономика», жалпы жыргалчылыктагы мамлекет түшүнүктөрү келип чыккан.

**АРТЫКБАЕВ** Мелис (1940-ж. т., Ысыккөл обл., Корумду айылы, Ысыккөл р-ну) – тарыхчы, философия илимд. доктору (1986), проф. (1988). 1967-ж. КМУну бүткөн. 1967–71-ж. Фрунзе политехника ин-тунда, 1973-жылдан КМУда улук окутуучу, доцент. 1982–87-ж. илимий коммунизм кафедрасынын башчысы, 1987-жылдан ошол эле кафедранын башчысы, 1994-жылдан философия факультетинин деканы. Анын эмгектери саясат өнүгүүсүнүн проблемаларына, саясат теориясына, улуттук мамилелерге арналган. 120дан ашык ил. эмгектин (а. и. 7 монография) автору.

**АРХЕ** (гр. arke – башат, жобо, башталма, лат. princi-pium) – байыркы грек философиясындагы термин. Философияга чейинки көз караштарда А. төмөндөкүдөй маанилерде колдонулган: а) мейкиндик же убакыттык маанидеги кандайдыр бир нерсенин башаты, башкы чекити; б) кубулуш, объекттин түпкү себеби; в) башчылык, башкаруу, туңгуч бийлик. Терминологиялык жактан алганда А. б. з. ч. 4-к-да математика илиминин өнүгүшүнүн таасири м-н пайда болуп, далилдөөлөрдүн, аксиомалардын түпкү башталышы катары эсептелген. Платондун окуусунда А. онтологиялык жобо, таанып-билүүнүн башаты, гносеологиялык принцип ирээтинде кабыл алынган. Аристотель А-ни семантикалык жактан түшүндүрүү м-н аны төмөндөгүдөй айырмалаган: 1) эпистомологиялык башталма (анын негизинде далилдөөлөр ишке ашырылат); 2) онтологиялык башталма (маңыздын башаты, себептин төрт түрү).

**АРХЕТИП** (гр. arche – башат ж-а tupos – образ) – баштапкы образ, биринчи форма, үлгү. Юнгдун «аналитикалык психологиясындагы» А-тер – бардык психологиялык процесстердин ж-а коопсуздануулардын мүмкүнчүлүгүнүн түйүлдүгүндө жатуучу коллективдүү сезимсиздиктин структуралык элементтери. А. бүтүндөй адамзаттык символиканын негизинде болуп, мифтерде, ишенимдерде, түшкөрүүлөрдө, искусстводо ж-а адабиятта көрүнөт.

**АСАНГА** (310–390) – индиялык философ – буддист, йогалык мектептин негиздөөчүлөрүнүн бири. Эң башында ал хинаянеге кошулган, кийин махаянанын түзүүчүлөрүнөн болгон. А-нын белгилүү чыгармасы – «Махаяна-сумуччая» (же «Абхидхарма-самуччая»). Ойчулдун «Махаяна-санграха» аттуу эмгеги философиялык баалуулукка ээ. А-нын концепцияларына хинаянанын (айрыкча психологиядагы) түшүнүктөрүн кабыл алуу мүнөздүү. А. тантризмдин өнүгүшүнүн бирден бир баштоочуларынан да болуп эсептелет.

**АСКАРОВ** Теңдик (18. 12. 1937-ж. т., Токтогул р-ну, Кызылөзгөрүш айылы) – сынчы, философ, коомдук ишмер; философия илимд. доктору (1993). КМУнун филология факультетин (1960) бүткөн. 1963–67-ж. Кыргыз ССР ИАнын философия ж-а укук ин-тунда кенже ил. кызматкер, ил. катчы, 1967-ж. “Кыргызстан маданияты” гезитинин башкы редакторунун орун басары, 1967–69-ж. Кыргызстан КП БКда пропаганда ж-а агитация, 1969–71-ж. маданият бөлүмдөрүнүн башчысынын орун басары 1971–80-ж. Кыргызстан жазуучулар бирлигинин башкармасынын 1-катчысы, СССР жазуучулар бирлигинин башкармасынын катчысы, 1980–85-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасы болуп иштеген. 1976–86-ж. Кыргызстан КП БКнын мүчөсү. 1986-жылдан Кыргыз ИАнын философия ж-а укук ин-тунда сектор башчы, улук ил. кызматкер, башкы ил. кызматкер, бөлүм башчы. Кыргыз Респ-нын маданиятка эмгек сиңирген ишмер (1995). А. чыгармачылык ишин сынчы катары баштаган. Ал кыргыз адабиятынын теориялык маселелерине байланыштуу макалалардын, китептердин, о. эле “Адабияттагы көркөм шарттуулуктун эстетикалык табияты” деген философиялык эмгектин автору. Бул чыгарма учурунда философия ил-нын татаал ж-а дискуссиялык проблемасын талдоодогу жаңылыгы ж-а батылдыгы м-н окумуштуулардын көңүлүн өзүнө бурган. Эл достугу, “Ардак Белгиси” ордендери медалдар м-н сыйланган.

**АСКЕТИЗМ** (гр. aske – көнүгүү машыгуу) – 1. ар түрдүү милдештерге (мис., спорттук) катышууга даярдануу; 2. материалдык дүйнөнү жерүүчүлүк, турмуш жыргалчылыгынан баш тартып, такыба жашоо, сопучулук. Туура эмес жүрүм-турумдарга, кемчиликтерге каршы күрөшүү ж-а жакшы турмушка, жакшылык кылууга умтулуу. А. стоиктердин философиясына мүнөздүү болгон, кийинчерээк аны апостол Павел кеңири жайылткан. Адамдардын сезиминдеги умтулууларды, каалоолорду, ырахаттануулары басуу, чектөө монахтардын, «А-тердин», христиандык А-дин башкы максаты болгон. Диний А-ден бошотулган энергияны кесиптик эмгекте колдонууну Макс Вебер ички дүйнөнүн А. деп эсептеген.

**АСМУС** Валентин (1894–1975) – советтик философ, философия илимдеринин доктору (1940). 1919-ж. Киев университетинин тарых-философия факультетин бүтүргөн. Ушул жылдан илимий-изилдөө ж-а педагогикалык иштерде болгон. А. 1939-жылдан Москва университетинин профессору, СССР Илимдер Академиясынын философия институтунун улук илимий кызматкери (1968-жылдан). «Философиянын тарыхы» аттуу эмгекти түзгөнгө катышкандыгы үчүн СССР Мамлекеттик сыйлыгын алган (1943-ж); Негизги философиялык чыгармалары: Диалектика Канта – М., 1930; Логика – М., 1947: Учение логики о доказательстве и опровержении –М, 1954; Декарт – М., 1956; Демокрит – М., 1960; Немецкая эстетика 18-века – М., 1963; Избранные философские труды. Т. 1–2 – М., 1969–71; Иммануил Кант – М.,1973: Платон – М., 1975; Античная философия – М., 1976. ж. б.

**АССОЦИАНИЗМ –** ассоциативдик психология, психикалык турмуштун бардык жактарын түшүндүрүүчү башкы принцип катары ассоциация түшүнүгүн эсептеген психологиядагы багыт. А. адамдын жүрүм-турумуна ж-а аң-сезимине себептик ыкманы бекемдөөгө умтулат. А-дин негизинде аң-сезимде келип чыгуучу идеалардын ырааттуулугу организмге тийгизген тышкы таасирлердин системасын чагылдырат деген жобо жатат. А-дин принциптери психологиялык түрдүү изилдөөлөрдүн жаралышына, тагыраак айтканда эсти (механикалык – Г. Эббингауз ж-а образдуу – Ф. Гальтон), эмоцияларды (Ч. Дарвин), мотивацияларды (З. Фрейд, К. Г. Юнг) иликтөөнүн жаңы методдорун иштеп чыгууга алып келди. А. концепциясы жаңы физиологиялык негизде шарттуу рефлекс ж-а бихевиоризм окууларына өзгөртүлүп өнүктүрүлгөн.

**АССОЦИАЦИЯ** (лат. associatio – кошулуу) – коомдук бирикме. Психологияда эки элестөөнүн байланышы, бир элес сезимде экинчисин «чакырып» пайда кылат (идеялардын ассоциациясы). А-лар тууралуу окуу мындай байланыштардын себебин чечмелөөгө аракет кылат. Байланыштардын себеби катары Аристотель окшоштукту ж-а айырмачылыкты алган. Кийинчирээк элестөөлөрдүн мейкиндиктик ж-а убакыттык жакындыгын эске алышкан, байланыштыруучу каражаттар катары төмөндөгүлөр аталган, үчүнчү катыштыруучу элес, сезим, максат, маани, топтолгон көңүл ж. б. Көпчүлүк учурларда А-лардын жардамы м-н бардыгын байланыштырууга болоору белгиленген.

**АСТИКА** (асти деген сөздөн-ал бар жашайт) – Байыркы Индиядагы диний – философиялык системаны ж-а Веданын абройун моюнга алган, өлгөндөн кийин да жашоо уланаарына, трансценденттик дүйнөнүн жашоосуна ишенген адамдарды туюнткан. А-нын карама-каршысы –настика. А-га же ортодоксалдык даршандарга: мимансаны, ведантаны, санкхьяны, йоганы, ньяяны, вайшешикти, кээде Ведада негизделген

принциптерге таянган мектептерди кошушкан. Айрым учурда А-га буддизмди, жайнизмди киргизишкен, себеби бул системалардын өкүлдөрү өлүмдөн кийинки жашоого ишенишкен. Кийинчерээк «А» деген термин кудайга ишенүүчүнү гана билгизген.

**АСТРАЛДЫК ТЕОРИЯ** (гр. astrum – жылдыз) – космостук табигый кубулуштарды түшүндүрүүгө, таанып билүүгө багытталган теориялык жоболордун системасы. Бул теория өзүнүн өнүгүшүндө жылдыздар, алардын көп түрдүүлүгү, маңызы, жылдыздар м-н адамдардын тагдырынын байланыштары тууралуу байыртадан берки мифологиялык, диний ж-а космологиялык, космогониялык, астрологиялык түрдүү маалыматтарга таянат. А. теория бүгүнкү күндө жылдыздардын аталышы, табияты, мейкиндик-убакыттык континуумдагы болмушу тууралуу гипотезаларды, проблемаларды, жоболорду, мыйзам ченемдүүлүктөрдү түшүндүрүүнү максат кылат.

**АСТРОЛОГИЯ** (гр. astrum – жылдыз ж-а logos – окуу) – жылдыздар, аларды өздөштүрүү ж-дөгү окуу; гректерде, римдиктерде А. астрономиянын өзү деп эсептелинген. Кийинчерээк А-ны жылдыздардын абалы, кыймылы аркылуу адамдын тагдырын аныктоочу катары кароого аракет кылашкан. А-нын келип чыгышы ж-а өнүгүшү Чыгыштагы байыркы цивилизациялардын астралдык диндери м-н тыгыз байланышкан. А. б-ча окуу куралдарын Клавдий Птолемей ж-а Фирмак Матерн жазышкан. А-нын гүлдөп өсүшү Орто кылымга, Кайра жаралуу, Жаңы мезгилге туура келген. Азыркы учурда да А. жогорку популярдуулука ээ: жылдыздарда кандай «сырлар», татаалдыктар, кубулуштар бар деген түбөлүктүү суроолорго жооп берүүгө, аларды чечмелөөгө багытталган.

**АТАРАКСИЯ** (гр. ataraxia – толкундоонун жоктугу, кебелбестик) – Эпикурдун ж-а анын мектебинин философиясынын термини, адам умтулууга зарыл болгон идеалдуу чын-ыкластык абал. Кудайдын алдындагы коркунучтан, өлүмдөн, сырдуу-тигил дүйнөдөн кутулуу, табияттын түшүнүксүз кубулуштарынан, чектелген керектөөлөрдөн, коомдогу татаалдыктан алыс болуу аркылуу А-га жетүү белгиленген. Эпикур, Пиррон, айрыкча Демокрит А. ирээтинде көңүлү жай болгондукту, кушубактыкты, гармонияны, адамдар кооптонбогон ажайып жашоону түшүнүшкөн.

**АТЕИЗМ** (гр. atheos – кудайсыз) – кудайды четке кагуу, аны тануу; А. кудайды таптакыр жокко чыгарат (радикалдык атеизм) же кудай бар болсо, реалдуу жашаса, ал адамдар тарабынан таанылып – билиниши зарыл (агностикалык атеизм) деп эсептейт. Радикалдык А. азыркы мезгилдеги материализмге, өзгөчө марксизмге ж-а позитивизмге, алардын өкүлдөрүнө, улантуучуларына таандык; ал эми агностикалык А. Байыркы Грециядагы философтордун (Гераклит, Демокрит, Протагор, Горгий, Эпикур ж. б) арасында кецири таралган. Азыркы учурдагы баалуулук этикасында постулативдик А. орун алган, анын башкы өкүлү Н. Гартмандын пикири б-ча, кудайдын кудуреттүүлүгүнө, мыйзамчемдүүлүгүнө ишенүү этикалык баалуулуктарга туура келбейт, Кудай тарабынан максатталып шартталгандык этикалык эркиндикти жокко чыгарат.

**АТМАН** (дем, жан, өзүнчө) – индиялык философиядагы ж-а индуизм дининдеги негизги түшүнүктөрдүн бири. А. тууралуу окуу «Ригведадан» башталган, анда А. турмуштук рух, жашоонун деми дегенди билдирет. Упанишадаларда А. индивидуалдык жан, кишинин денеси, ойго жык толгон «Мен», ал эми брахман космостук жан катары түшүнүлөт. Веданта индивидуумдун түбөлүктүү, өзгөрбөгөн рухий маңызын билдирген А-ды космостук (обьективдүү) рухий башталма деп эсептелген брахман м-н бирдейлештирген, буддизм болсо А-ды танган. А. ж-дөгү окуу индуизмдин ортодоксалдык мектептеринде өнүктүрүлгөн, аларда А. «Мен» Жан катары кишиде, бардык жашагандарда, кудайда, брахманда катылып, сицирилет деген жобо негизги орунда турган.

**АТТОКУРОВ** Токтосун (1938-ж. т., Ош обл., Алай р-ну, Жошолу айылы) – философия илимдеринин доктору, профессор. Ош мамлекеттик университетинде, окутуучу, улук окутуучу доцент, кафедра башчысы. Үй-бүлөнүн социологиясы ж-а үй-бүлөлүк тарбия б-ча ири адис. 80ден илимий эмгектерин, анын ичинен 1 монографиянын автору. Нег чыг: Труд женщин в семье. жыйнакта Социальные проблемы рацианального соотношения промышленных и семейно-бытовых функций женщин. М., ИСИ АН СССР. 1980; Роль трудового воспитания в семье. В. сб. Народная педагогика и современные проблемы воспитания. Ч. П. Чебоксары 1991; Социология – Уч. пособие для студентов и преподавателей. Ош, 2001.

**АТОМ** (гр. atomos – бөлүнбөс) – Левкипп тарабынан киргизилген байыркы грек философиясындагы түшүнүк, ал бардык нерселерди түзүүчү эң кичине, майда, андан ары бөлүнбөгөн болмуштун бирдигин туюнткан. Левкипптин окуусун улантуучулардын (Демокрит, Эпикур) пикири б-ча, А-дор материянын, ал гана тургай жандын составдык бөлүкчөлөрү катары түбөлүктүү, дайыма кыймылда, өз ара аракеттенишүүлөрдө болушат, ушул байланыштар, тынымсыз аракеттенишүүлөр аркылуу нерселер түзүлөт; А-дор формалары, чоңдуктары, катарлары, абалдары ж-а оордуктары жагынан айырмаланышат. Демокриттин атомисттик окуусу эпикурчулардын мектеби тарабынан улантылып, кийинчерээк Жаңы Мезгилдеги илимдин өнүгүшүндө пайдаланылган. Мис., Бойль, айрыкча Дальтон тарабынан А. түшүнүгүнүн

химияга киргизилиши жемиштүү болгон. Азыркы учурда А. физиканын изилдөө предмети болуп калды. Мурда, атам бөлүнбөс деп далилденип келсе, кийин илимде анын татаал структурасы ж-а бөлүкчөлөргө бөлүнүшү белгилүү болгон.

**АТОМИСТИКА** – дискреттүү, материянын үзгүлтүктүү түзүлүшү ж-дөгү окуу (атомдор ж-а башка макробөлүкчөлөр). А. деген түшүнүк байыркы Индиянын ньяя, вайшейшика философиялык агымдарында берилген. Кийинчерээк Левкипп, Демокрит, Лукреций, Эпикур ж. б. антикалык философтор, атомистиканы толуктап ж-а бир негизге келтиришкен. Алар Атомдор бөлүнгүс, чектүү ж-а эң майда бөлүкчөлөр, ал бардан жок болбойт, жоктон бар болбойт деп эсептешкен. Атомдордун аздыгынан же көптүгүнөн, салмагынан, ылдамдыганан ж-а бири-бирине болгон жайгашуусунан заттардын ааламдагы чексиз түрлөрү түзүлөт деп түшүндүрүшкөн. 17–19-к. Гассенди, Ньютон, Ломоносов, Дальтон, Бутлеров, Менделеев сыяктуу илимпоздордун заттын физикалык ж-а химиялык түзүлүшү ж-дөгү теорияларында А. түшүнүгү жаңы өнүгүүгө ээ болгон. А. ааламды түзгөн негиз катары атомду алгандыктан ал “атом башталгыч түрүндө өзгөрүлгүс” деген түшүнүктү берет, ошондуктан А. көбүн эсе метафизикалык көз-караш. Биздин учурдагы А. заттын, сандын сапаттын чексиздигин далилдеп, “атом башталгыч түрүндө өзгөрүлгүс” деген түшүнүктү четке кагат.

**АТРАКЦИЯ** (лат. attrahere – көңүл буруу, өзүнө тартуу) – тартылуу адамдын адамды кабыл алуу учурундагы жактыруунун пайда болуусун белгилеген термин. А. феноменин түшүндүрүп жатып, бихевиоризм, когнитивдик психология тарыхый, социалдык, кыймыл-аракеттик абалды толук баалай албайт, ошондуктан А. коомдогу социалдык башатка баш ийип турат.

**АТРИБУТ** (лат. attribuo – берем, ат берем) – заттын негизги мааниси, белгиси ж-а айырмасы. Бул касиеттери жок зат ааламда боло албайт ж-а материя ж-дө ойлонууга мүмкүн эмес. Аристотель А-ту акциденциядан айырмалаган. Декарт А-ту субстанциянын негизги мааниси деп карап, заттык субстанциянын А. катары узундукту, ал эми рухий субстанция ирэтинде ойду эсептеген. Спиноза узундук м-н аң-сезимди бир биримдиктеги субстанциянын атрибуту катары караган. 18-к-да француз материалисттери заттын А. катары кыймылды ж-а узундукту, Дидро, Робене аң-сезимди алышкан. Бул термин азыркы философияда кеңири пайдаланылат.

**АУРА** (гр. aura – агым) – эпилепсиялык талманын жышааны (сомптому), кыска мөөнөттөгү угуу, көрүү, эмоционалдуу сезимдер, баштан өткөрүү.

**АУТЕНТТИК** (гр. authentikos – асыл нуска) – текст; официалдуу таанылган башка тилде жазылган текстке дал келген ж-а күчтүү юридикалык жактан тең, бир маанидe дегенди билдирет.

**АУТИЗМ –** (гр. «autos» – өзүм) – психиканын абалы; айлана-чөйрөдөн бөлүнүү, алыстоо, адамдын өзүнүн ички дүйнөсүндө жашоо.

**АФАЗИЯ** (гр. а – терс бөлүкчө ж-а phasis – өз оюн айтуу, айткан сөз) – 1. стоиктерде даана, жеткилең билбеген буюмдар ж-дө өз оюн айтуудан баш тартуу. Антикалык стоиктердин негизги түшүнүктөрү ж-дө ой жүгүртүүдөн, пикир айтуудан кармануу (өзгөчө Эмприкалык Секста). 2. мээнин сол жак тарабы катуу запкы жегенде адамдын сүйлөө органдарынын бузулушу. А. сүйлөө системасынын фонематикалык, морфологиялык, синтаксисттик структурасынын бузулушун ошол эле учурда сүйлөө аппаратынын толук сакталуусу м-н бирге угуу ж-а так сүйлөө процессин камсыз кылат. А-нын бир канча формаларын айырмалашат: сенсордук-фонематикалык угуу процессинин бузулушу; Акустика – мнестикалык эске сактап калуунун бузулушу; Оптика-мнестикалык көрүп эске сактоонун бузулушу; Семантикалык – түшүнүгү ж-а логикалык процесстин бузулушу; Афференттик – сүйлөөнүн бузулушу; Динамикалык – сүйлөө процессинде бир сөздөн экинчи сөзгө өтүүдөгү кыйынчылык.

**АФФЕКТ** (лат. affectus – жан дүйнөнүн толкундануусу) – күчтүү ошол эле учурда кыска мөөнөттөгү жан-дүйнөнүн эмоционалдуу абалы. Бул абал субъекттин жашоосундагы кандайдыр бир тез өзгөрүүлөрдөн улам субъекттин кыймыл-аракетин өзгөртүү м-н бирге, анын ички органдарынын функцияларын да өзгөрүүгө дуушар кылат. А. негизинде адамдын санаасы анын ички конфликти жатат, бул адамдын максатынан, каалоосунан келип чыгат. А. бул аң-сезимдин таруусу, ошол эле учурда адамдын көңүлү А. жараткан кырдаалга ж-а кырдаал түрткү берген кыймыл-аракет м-н түшүндүрүлөт. А. эстен тануу, толук амнезия м-н бүтөт.

**АФФЕРЕНТТҮҮ СИНТЕЗ** (лат. afferens – алып келүүчү) – функционалдуу теория системасында заттын синтези, эске тутуу көрүнүшү. А. с. мотивизацияда чагылдырылат да айлана чөйрө ж-дөгү маалыматты ж-а аракетке келтирүү стимулун кандайдыр бир чечим кабыл алуу үчүн ишке киргизет. Эске тутуу учурда ар кандай деңгээлдеги тыгыз байланышта болгон функционалдык системанын иерархиясы катары түшүндүрүлөт, мотивация организмдин талабын конкреттештирет.

**АХИНСА** (санскриттен – тирүү жанга залал тийгизбе) – тирүү жандыктын бири-бирине жакындыгын, деги эле бирдигин билдирген идея, адам баласы жаратылыштан ажырагыс экендигин чагылдырат. А. брахман-

ведаларга чейинки ой жүгүртүү. А-нын негизги мүнөздөмөсү бүтүндөй тирүү жандыкка карата универсалдуу ж-а анын эч кандай чеги жоктугу; бул пикирдин башка жагы адептүүлүк актысынын күчү жоктугу. А. бул баарынан мурда айлана-чөйрөгө боорукердик м-н мамиле кылуу, ошондуктан А. кандайдыр бир кыймыл эмес, ал адептүүлүктүн, гумандуулуктун көрүнүшү.

**АЧЫК ЖАНА АДЕП-АХЛАКТЫК** – И. Канттын этикасындагы негизги түшүнүктөр. Кант легалдуулук ачыктыкты адам өзүнөн талап кылган аракеттерди жасап, бирок мында ал чыныгы моралдык себептерди колдонбошунан көрөт, кылык-жорукту парзды сезүүдөн эмес (моралдуулук), коомдо татыктуу орун ээлөөнү каалагандыктан жасайт. А. ж. а.-а. адамдын жүрүм-турумунда кандайдыр бир сырткы мыйзамдарга дал келүүчүлүк. Жүрүм-турумдун адаттардын ички мыйзамдарына баш ийүүсү адеп-ахлактыкты билдирет.

**“АЧЫК (ЛЕГАЛДУУ) МАРКСИЗМ”** – социалдык саясий агым. Агымдын негизги өкүлдөрү: П. Б. Струве, М. И. Туган-Барановский, С. Н. Булгаков, Н. А. Бердяев. Булар 19-к-да буржуазиялык-либералдык көз карашты колдоп чыгышкан.

**АЧЫЛОВА** Рахат (1941-ж. т., Баткен обл., Говсубар айылы) – философия илимд. доктору (1988), проф. (1989). Кыргыз Респ-нын илимге эмгек сиңирген ишмери. 1963-ж. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. Ленинград Мамлекеттик университетинин аспирантурасын аяктагандан кийин (1966-жылдан) КМУда Социологиялык лабораториянын кафедранын башчысы. Кыргыз Мамлекеттик кыз-келиндер институтунун ректору, Кыргыз Мамлекеттик Педагогикалык университетинин профессору, Кыргызстан айыл чарба институтунун кафедра башчысы. 15тен ашык илимий эмгектердин, анын ичинде 3 монографиянын автору. “Ардак Белгиси” ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Илимий эмгектери негизинен үй-бүлөлөрдүн байыркы доордон азыркы күнгө чейинки өсүп өнүгүүсү, абалы Кыргызстандагы аялдардын коомдогу ролу, маданияты ж. б. изилдөөгө багытталган.

**АШАРИ** Абуль Хасан (873/874–941) – мусулман теологу, ортодоксалдуу агымдын түзүүчүлөрдүн бири. Рационалист-мутазилиттер м-н болгон талаш-тартышта А. мутазилиттердин методун пайдаланган, аң-сезимдин далилдерин авторитеттердин артынан ээрчүү деп эсептеген. А. куранды чечмелөөдө, куранды сөзмө-сөз түшүнүү туура эмес экендигин белгилеген. 10–11-к. А-нин идеялары суннит исламында кеңири тарады.

**АЭТИЙ** – Г. Дильстин концепциясы б-ча, Аэтий доксографиялык компендиянын сакталып калган «Пикир жыйнагы» жалгыз китебинин автору. Бул жыйнакта байыркы грек философу Фалестен баштап перипатетиктерге чейинки натурфилософиялык көз-караштар топтолгон. Аэтий тексттерин 1879-ж. Г. Дильс кайра түзүп чыккан. Г. Дильстин пикирине ылайык, Фалестен Платонго чейин Теофрастын физикалык ойлору катары өзүнүн композициясы б-ча структураны чагылдырат: башталгыч күч космология, метеорология, психология, эмбриология ж-а физиология.

**БАА** моралдык – коомдук чындыктын ар кандай көрүнүштөрүн ж-а адамдардын жүрүм-турумдарын алардын адеп-ахлактык мүнөзүнө карай кубаттоо же сындоо. Адамдарга белгилүү бир адеп-ахлактык жорук-жосундарды жасоону алдын ала аныктаган *моралдык нормалардан* айырмаланып, моралдык Б. жорук-жосундардын адеп-ахлак талаптарына жооп берүүсүн же бербөөсүн тактайт. Жалпы моралдык Б. жамандык ж-а жакшылык категорияларынын туундусу болуп саналат. Ал тарыхый мүнөзгө ээ ж-а коомдук түзүлүшкө, таптык күрөшкө ж. б. карай өзгөргөн адеп-ахлактуулуктун объективдүү критерийи болуп саналат. Моралдык Б-нын негизинде жорук-жосундардын социалдык маани-маңызын таанып билүү жатат. Ушул негизде моралдык Б-нын жардамы аркасында адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салууга болот. Моралдык Б-лоодо адамдардын жорук-жосунунун мотивдерин гана эмес, алардын социалдык кесепеттерин да эске алуу зор мааниге ээ.

**БААДЕР** Франи Косавер (1765–1841) – немец диний философиясынын өкүлү. Б-дин универсализмдик көз карашы теософиялык кудай жан окуунун күчтүү таасиринин натыйжасында өнүккөн. Б. немец романтизминин калыптануусуна чоң таасирин тийгизген. Баадер белги, символ, иерогливдерге өзгөчө көңүл бурган. Б-дин көз-карашынын маани-маңызына Шеллингдин ж-а романтиктердин таасири күчтүү болгон, ошол себептен жашоосунун аягында романтикалык диний философиясын түзгөн. Немец философторунун арасында биринчилерден болуп, Б. буржуазиялык коомдун социалдык-маданий проблемаларына көңүл болгон, христиандык социализмдин идеаларын өнүктүргөн.

**БААЛУУЛУК ТЕОРИЯСЫ** – *аксиология;* баалуулуктар табияты, алардын бири-бирине байланышы ж-дөгү философиялык окуу. Б. т. маселеси жалпы жонунан тигил же бул доордо маданий салттардын баркы

түшкөндүгүнөн ж-а коомдун туруктуу көз карашынын дискредитацияланышынан пайда болуп турган. Баалуулук багыттары, инсандын ички, рухий түзүлүшүнүн маанилүү элементтери. Б. т-нын негизги мазмунун адамдын саясий, философиялык, адептик ишеничтери, б. а. анын терең ж-а туруктуу байланыштары, жүрүм-турумдун адептик принциптери түзөт.
**БААТЫРДЫК** – жалпы элдин, алдыңкы таптардын кызыкчылыгына шайкеш келген, адамдан жекече эрдикти, чыдамкайлыкты, өзүн-өзү кыюуга даяр болгондукту талап кылган коомдук мааниси бар аракет жасоо жагы. Байыртан адамдар элдин кызыкчылыгына, коомдук идеалга кайчы келген баатырлыкка каршы турган. Б-тын тарыхый табияты ж-дө маселе биринчи жолу италиялык философ Вико тарабынан коюлган (18-к.). Ал Б-ты адамзаттын өнүгүшүндө белгилүү бир мезгилге гана мүнөздүү белги деп эсептеген. Бирок кийинки мезгил жекече эрдик массалык түрдөгү баатырдык аракеттер м-н аралашып кетээрин көргөздү.
**БАБУВИЗМ** – Г. Бабефтин окуусу, анын окуусун улантуучулар.
**БАДАРЯНА** – Байыркы Индиянын философу. Ведантанын негиз салуучусу. Б. жашаган учурун б. з. ч. 3–2-к-на таандык дешет. Б-нын негизги эмгектери болуп «Брахмастра» же болбосо «Веданта –сутра», «Шаририка-миманса», «Уттара-миманса» саналат. Бадаряна *Упанишадаларды* системалаштырган ж-а анын идеяларын жактаган, Брахманды жогорку чындык катары ж-а ааламдын жаралуусун монистикалык көз караште кабыл алат. Анын чыгармаларынын бай мазмуну байыркы Индиянын философиялык мектептеринин маңызы ж-дө кабар берет (санкхья, вайшешика, буддизм, жайнизм).
**БАДЕН МЕКТЕБИ** – 20-к-дын неокантианчылык тармагындагы мектептердин бири. Б. м-нин идеяларын Вендельбанд ж-а Риккерт Баден жергесиндеги Гейдельберг ж-а Фербург шаарларындагы университеттерге таратышкан. Б.м-нин негизги идеясы тарыхый методду табият таануу илимине каршы коюу. Б. м. б-ча – тарых индивидуалдуу өнүгүүнүн акыйкаттары ж-дөгү илим ж-а маданий байлык болуп эсептелет. Ал эми табият ж-дөгү илим- жаратылыштын жалпы мыйзамдарынын кайталануусу ж-дөгү окуу. Б. м. Канттын болмушту сөзсүз түрдө акыйкаттуулукка карама-каршы салыштыруу идеясына таянат. Бул идеяларды Г. Мюнстенберг (1863–1916), Э. Ласк (1875–1915), эстетикага караштуу – И. Кон (1869–1947), социологияда М. Вебер сыяктуу философтор өнүктүрүшкөн.
**БАЗАРБАЕВ** Шамши (1937-ж. т., Жалалабат обл., Сузак р-ну, Долонобашат айылы) – философия ил. доктору (1998), проф. (1993). 1963-ж. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. 1974–98-ж. Ош мамл. ун-тинде кафедра башчысы, пед. ж-а тарых факультеттеринин деканы, 1998-жылдан ун-ттин сырттан окуу б-ча пропектору. Ал 100дөн ашык ил. эмгектин, а. и. 4 монографиянын автору. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн “Рухий маданияты жана дин” (1995), “Кыргыз маданиятынын өнүгүү диалектикасы” (2001) аттуу эмгектери жарыкка чыккан. Кыргыз ССРинин элге билим берүү отличниги (1984), Кыргыз Респ-нын билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкери (2001). Нег чыг.: Дин ж-а үй-бүлө. Фр., “Кыргызстан”, 1972; Образ жизни и атеистические воспитание. Фр., “Кыргызстан”, 1990; Кыргыз маданиятынын өнүгүү диалектикасы Ош. Ош обл., басмаканасы, 2001 ж. б.
**БАЗИС ЖАНА НАДСТРОЙКА** тарыхый материализмдин категориялары; коомдун, экономиканын структураларынын, негизги элементтерин талдоодо пайдаланылат. Бул түшүнүктөр коомдун түзүлүшүн талдоодо, философиянын негизги маселесин, материалисттик маанайда чечмелөөгө мүмкүндүк берет. Базис (гр. basis – негиз, байдумал) коомго таандык өндүрүштүк мамилелердин системасы иретинде өндүрүштүк күчтөрдүн өнүгүү этабына байланыштуу түзүлөт. Лениндин айтуусу б-ча, Базис – коомдук формациянын «экономикалык скелети». Надстройка-коомдук кубулуштардын биримдиги, экономикалык базистен келип чыгат. Надстройка – төмөндөгүдөй структурага ээ: а) рухий тармактын биримдиги (сезим, теория, аң-сезим, ой); б) коомдогу адамдардын ортосундагы материалдык өндүрүштөн белгилүү деңгээлде шартталган, андан салыштырмалуу сыртта түзүлгөн идеологиялык мамилелер; в) коомдогу мекемелер, уюмдар, саясий-диний түзүлүштөр.
**БАЙКОО –** 1. жаратылышта көп болуп жаткан өзгөрүштөрдүн жүрүшүн түшүнүүгө мүмкүндүк бере турган кабыл алуу процесси; 2. илимий изилдөөгө баштапкы материалды берүүчү сырткы дүйнөнү атайылап ж-а максатталган багытта карап үйрөнүү. Б. жөнөкөй ж-а татаал, түздөн-түз ж-а эксперимент м-н улашып, кайсы бир каражаттар аркылуу болушу мүмкүн. Бирок эксперименттен айырмаланып, Б. процессинде субъект объектиге өктөм таасир этпейт. Мунун өзү айрым учурда (психологиялык, социалдык, ж. б.). Б-нун кемчилиги эмес артыкчылыгы катары бааланат. Б-до адамдын сезип туюу органдарынын табигый мүмкүндүгү чабалдык кылган учурларда аспаптар м-н приборлорду пайдалануу мүмкүнчүлүгү бар. Бирок мындай болгондо айрым учурларда (мис., микродүйнөнүн кубулуштарын кароодо) байкалуучу объектиге прибордун «козгогуч» таасирин эске алуу зарылчылыгы келип чыгат.
**БАЙЛАНЫШ –** мейкиндикте ж-а мезгилде бөлүнүп жашаган көрүнүштөрдүн өз ара шарттуулугу. Б. түшүнүгү-илимдеги эң маанилүү түшүнүктөрдүн бири: адамдын таанып-билүүсү нерселерге тикеден-тике тиешелүү болгон туруктуу байланыштарды ачып көрсөтүүдөн башталат. Ал эми илимдин негизи Б-тын

себеп, натыйжаларын талдоодон башталат да, ал аркылуу илимдеги мыйзамченемдүүлүктөрдү ачып берүүгө мүмкүн болот. Таанып-билүүнүн тарыхында нерселердин ж-а көрүнүштөрдүн өз ара жалпы Б. принциби диалектиканын негизги жоболорунун биринен болуп келген. Бирок 20-к. чейин талкуунун негизги өзөгү өз алдынча Б. түшүнүгү же анын логикалык түзүлүшү тууралуу эмес, дал ошол өз ара жалпы байланыш принциби тууралуу болуп келген. Илим ички ж-а тышкы көрүнүш, зарылчылык ж-а кокустук, негизги ж-а негизги эмес деген өңдүү Б-тын тар чөйрөсү м-н гана иш жүргүзүп келген. 19–20-к-да коомдук, табигый илимдердин өнүгүшү м-н катар Б. түшүнүгү бир кыйла кеңейди.

**БАЙЫРКЫ ЕГИПЕТ МАДАНИЯТЫ** б. з. ч. 4-к-дын аягында, 3-к-дын башында байыркы Египет мамлекетинин түзүлүшү м-н жаралып, б. з. ч. 1-миң жылдыктын орто ченине чейин созулат. Кээде анын акыркы мезгили катары эллинисттик ж-а рим – византиялык доорлор (б. з. ч. 332 – б. з. 642) да эсептелген. Б. Е. М-нын өзгөчөлүгү анын географиялык абалына – Нил дарыясынын түшүмдүү өрөөнүнөн орун алгандыгына байланыштуу. Кулдардын күчү ири сугат системалары м-н храмдарды курууга жумшалган; көптөгөн каражаттар пирамидаларды курууга сарпталган. Алардын эң чоңу – Гизадагы Хеопстун пирамидасынын (бийиктиги 146,6 *м*) курулушуна 30 жыл бою бир эле мезгилде 200 миң кул иштеген. Б. Е. м-нындагы бир өзгөчөлүгү – анын татаал иероглиф жазмасы. Коомдогу жетектөөчү роль бийлик төбөлдөрү м-н жрецтерге таандык болгон. Диндеги негизги салт өлгөндөрдүн денесин мумия м-н катыруу, ошондой эле жаныбарларга сыйынуу эсептелген. Египетте зор колдонмо мааниге ээ болгон илимдерге (геометрия, арифметика, жөнөкөй алгебра) негиз салынган. Адабий булактар бизге көпчүлүк учурда байыркы грек белгисиз авторлорунун чыгармалары катары жетти. Негизги адабий жанрлар: тамсилдер, насыяттар, баяндар, мифтер, жомоктор, гимндер, сыйынуулар, эпистолярдык тексттер. Диний – мифтик тексттер биздин мезгилге «Саркофагдардын тексттери», «Пирамидалардын тексттери», «Маркумдар китептери» деген жыйнактарда топтоштурулуп жетти. Б. Е-тин м-ты ж-дөгү көптөгөн маалыматтарды байыркы гректер сактап жеткиришти. Алар Б. Е-ти акылмандуулуктун өлкөсү деп, ал эми египеттиктерди өздөрүнүн мугалимдери деп эсептешкен.

**БАКУНИН** Михаил Александрович (1814–76) – орус революционери, анархизмдин ж-а народниктердин идеологу. Ал 1836–40-ж. Москвада жашаган. Фихтенин, айрыкча Гегелдин философиясын окуп үйрөнүп, консервативдик духта талкуулаган. Россияда биринчилерден болуп, «Логиканын илими» ж-а «Духтун феноменологиясына» таянып, философия илиминин максаттарын чечүүгө аракет жасаган. 1840-ж. эммиграцияда жүрүп младогегельянчыларга кошулган. Фейербахтын философиялык көз-караштарынын таасири астында жүргөн. Б-дин оюу б-ча тарых – бул адам баласынын «жаныбарлар дүйнөсүнөн» «көз карандысыздыкка» карай басып өткөн жолу; дин – бул коомдун аң-сезиминдеги жаңылышуу. Б. Прагада, Дрезденде 1848–49-ж. болгон революцияларга катышкан. Маркс, Энгельс, Ленин Б-дин анархисттик идеяларын сынга алышкан.

**БАКЫТ** – адамдын иш-аракети натыйжалуу болуп, маанилүү, олуттуу каалоолору, көздөгөн максаттары ишке ашып, басып өткөн жолуна, турмушуна алымсынуу абалын билгизген моралдык – философиялык түшүнүк. Б-тын маанисине туура түшүнүү адамдын өмүрүнүн мазмуну м-н максатын тактоого байланыштуу. Байыркы грек ойчулдары (Сократ, Платон, Аристотель, Эпикур, Стоиктер) Б-тын теориялык мазмунун аныктоого аракеттенишкен. Бирок, алар жеке адамдын коомдун өнүгүүсү м-н үстүртөн гана байланышкан бактысы жөнүндө жалпы эреже түзүүнү көздөшкөн. Ошондуктан Б-ты айрымдары дене м-н жандын жыргашы же керт башынын камын ойлоо десе (Гедонизм, утилитаризм), кээ бирлери бул дүйнөнүн ыракатынан безип, өзүн тиги дүйнөгө багыштоо (Аскетизм) деп билишкен. Бул маселе буларга чейин Индияда Будда окуусунда жеке жыргалдын абсолюту наркын азаптануу аркылуу тануу ж-а жакшы маанайда кечүү – чыныгы ыракатка-толук жымжырт тынчтыкка (келбес сапарга кетүүгө) алып келет деп түшүндүрүлгөн. 18-к-да француз материалисттери адамдын бактылуу болушун алардын материалдык мүдөөсүнүн канааттанышы м-н байланыштырышкан. 19-к-дагы немец классик философу Л. Фейербах болсо, бакытты башка адамды өзүндөй жакшы көрүү, сүйүү м-н байланыштырган. Ал эми 14-к-да жашаган кыргыз ойчулу, акылманы ж-а акыны Асан-кайгы болсо, ар Адам дайыма башка бардык адамдардын кайгы-капасына, ой-санаасына ортоктош болуп, аларга кечиримдик, боорукердик көрсөтүп туруунга жетишкенде гана бактылуу турмуш келип чыгат деп айтып кеткен. Марксизм-ленинизм чыныгы бакытка социалисттик, коммунисттик коомдордо гана эмгек аркылуу жетүүгө болоорун далилдөөгө аракеттенген.

**БАРТ КАРЛ** (1886–1968) – швейцариялык протестант теологу; диалектикалык теологиянын негиздөөчүлөрүнүн бири. Анын биринчи көлөмдүү чыгармасы «Апостол Павелдин римдиктерге кайрылуусу». Кьёркегордун идеялары м-н дал келишет ж-а адам м-н кудайдын салыштыргыс экенин белгилеген. Б-тын пикирине ылайык, адамдын билими анын (диндик) ички сырын ачуудан айырмаланат, ошондуктан динге ишенүү «ооба» ж-а «жок» деген түшүнүктөрдүн ортосундагы күрөш. «Ишенүү» түшүнүгүн ушундай кабыл алгандыгы үчүн Б. диний-рационализм, либералдык протестантизм м-н саясат

чөйрөсүнө кирген. Христиандык социалисттердин идеологу болгон ж-а 1933-ж. Гитлерге, фашизмге каршы күрөшкөн.

**БАРЫНЫН БИРДИКТИГИ** (Всеединство) – дүйнөнү, адамды, ааламды, маңыз, негиз, болмуштан жогору болгон бардык нерселерди бирдиктүү, органикалык бүтүндүк катары караган философиялык концепция. Б. б. түшүнүгү алгач элеаттарда, өзгөчө неоплатониктерде кезигет. Б. б термини айрым мистикалык философияларда, ошонун ичинде 19-к-дын аягы, 20-к-дын башындагы негизги өкүлдөрү В. С. Соловьев, С. Н. Булгаков, П. А. Флоренский, С. Л. Франк, Л. П. Карсавин ж. б. болгон орус диний-философиялык традицияда жолугат. Б. б. ой жүгүртүүнүн ар түрдүү деңгээлдери философиялык м-н диний, же философиялык-теориялык м-н мифопоэзиялык дүйнө түшүнүүнүн өз ара катнашы, интуиция катары караса болот. Б. б. генетикалык тарыхынын түпкүрүндө ритуалдык-магиялык маданий-руханий ишмердүүлүктүн бөлүнүшү жатат. Б. б. айрым интуитивдик-символдук мотивдери азыркы күнгө чейин магиялык-анимисттик дүйнө түшүнүүгө мүнөздүү болгон көз караштарга окшош. Социалдык таанууда Б. б. руханий-маданий, мистика-провиденциялдык тарыхый процесстин универсалдык схемасын тургузууга умтулат. Натыйжада, тарыхый процесстин социалдык ченеми абстракттуу, утопиялуулукка алып келген символдук сүреттөөнүн предмети гана боло алат.

**БАУМГАРТЕН** Александр Готлиб (1714–1762) – немец философу, эстетика илимин философиянын өзгөчө тармагы катары түзүүчү. Франкфурттагы Озере университеттин профессору. Гносеологияда Лейбниц ж-а Вольф сыяктуу эле жогорку таанып билүү – (ой жүгүртүү) логиканын предмети ж-а төмөнкү таанып билүүнү (сезимди), анын теориясын Б. биринчилерден болуп «эстетиканын предмети» атаган. Кубулуштун сулуулугун ж-а өнүккөндүгүн Б-дин ою б-ча төмөнкүдөй үч элементтен билсе болот: мазмуну, тартиби, туюнтмасы.

**БАУЭР** Бруно (1809–1882) – немец философу, младогегельянчы. Ал Гегелдин абсолюттук идеясын жокко чыгаруу м-н бирге жекече аң-сезимди өздүк аң-сезимдин абсолюттуулугу деп жарыялаган. Тарыхтын негизги кыймылдаткыч күчү деп «кескин инсан» акылынын өнүгүүсүнүн аракетин эсептеген. Б. өзүнүн памфлеттеринде Гегелди атомист, революционер катары көрсөткөн. Евангелияны Штраустун сындоосунан да радикалдуу сынаган. Иисус Христостун болгондугун жокко чыгарган. Жашоосунун аягында Б. Германиянын рейхканцлери О. Бисмарктын соратниги болгон.

**БАХМАНАР** Абуль Гасан Марзубан (туулган жылы белгисиз) – азербайджан философу, *Ибн-Синанын* окуучусу. *Аристотелдин* ж-а неоплатонизмдин системаларын ислам догмасына пайдаланууга аракет жасаган. Ал өзүнүн «Метафизика» ж-а «Жаныбарлардын иерархиясы» трактаттарында болмуш ж-а таанып билүү проблемаларына көңүл бурат. «Билимге ээ болуу» ж-а «Коoздук» аттуу чыгармаларында «сулуулук жана бактылуулук» сыяктуу этикалык маселелерди карайт.

**БАШКА –** «менден» башка, б. а. «чоочун» нерселер, бирок, алар мага байланыштуу ж-а мен үчүн керектүү. Б. түшүнүгү 20-к-дагы персоналисттик философияга мүнөздүү. Мис., Г. Марселдин оюу б-ча, жеке адам (индивид) башка адамдан өзүн көргөндө ж-а ошонун негизинде ошол адамды түшүнүүгө аракеттенгенде гана, ал оолактоо сезимин жеңип өтүп, жалгыздыктын чектелүү аянтынан чыга алат. М. Бубер болсо, жеке адам – Мен Б. адамдарга өзүн салыштырбай туруп, өзү ж-дө эч нерсе айта албайт; турмуш жеке адамдардын өз ара мамилелеринин комплекси. Адамдын өмүрүндөгү башкы нерсе – башка бирөөлөргө кайрылуу, чакырык салуу ж-а башкалардын чакырыктарына жооп берүү.

**БАШКА БОЛМУШ** (Инобытие) (нем. Anderssein – башкадагы болмуш, башкача болмуш, башка формадагы болмуш) – Гегелдин диалектикасында карама-каршы формага, жаңы сапаттык абалга өтүп жаткан учурду чагылдырган категория; негизинен идеянын жаратылыштагы сезимдик нерселерге айлануусу м-н байланыштуу абсолюттуу идеянын өнүгүшүндөгү белгилүү бир этап катары каралган табиятты түшүндүрүүдө колдонулган. Б. б. категориясы карама-каршылыкка өтүү процессинин статикалык учурунда кирет да, мындай өтүүнү процесстин эмес, убактылуу, өзгөрмөлүү болгон натыйжанын көз карашында мүнөздөйт. Ошол эле учурда Б. б. категориясында сөз болгон статикалык ж-а натыйжалык учурлардын Гегель «бар болмуш (“наличное бытие”) – деп атаган мурдагы учур м-н болгон байланыш баса көрсөтүлөт: «Б. б...бар болмушка эч тиешеси жок, андан сырткары жашаган нерсе эмес, бар болмуштун моменттеринин бири болуп саналат» (Гегель. Соч., т. 1, –М. –Л., 1929, 158–159-б.). Б. б. категориясынын мындай өңүтү Гегелдин окуусунда «башка» түшүнүгүнөн түп-тамырынан бери айырмаланган «өздүк башка» («свое другое») түшүнүгү аркылуу чагылдырылган: «өздүк башка» – каалагандай эле нерсеге эмес, «өздүк башка» тануу (четке кагуу) катары суурулуп чыккан белгилүү бир конкреттүү нерсеге карата болгон карама-каршылыкты түшүндүрөт. Диалектикалык материализмде Б. б. категориясынын мындай өңүтү диалектикалык тануу (четке кагуу) түшүнүгү аркылуу берилет (Энгельс аны конкреттүү же анык тануу) четке кагуу деп атаган. «Башка болмуш» термини Гегелдин идеалисттик системасында көп мааниге ээ болгондуктан, ал эреже катары, диалектикалык материализмде колдонулбайт. Анткени, жогоруда

белгиленгендей, ал Б. б. категориясынын ар кандай жактары м-н өңүттөрүн мүнөздөөгө «карама каршылык», «сапаттык жаңы абал», «диалектикалык тануу (четке кагуу)» ж. б. категориялары м-н алмаштырылган.

**БЕБЕЛЬ** Август (1840–1913) – немец социал-демократтык партиясынын, Интернационалды негиздегендердин ж-а жетекчилеринин бир. Тарыхый материализмди жактоо м-н Б. аялзат проблемасына өзгөчө көңүл бурган. Өзүнүн «Аял ж-а социализм» (1879) чыгармасында аялдын социалдык орду коомдогу болуп жаткан мамилелерден көз каранды катары караган. Б. буржуазиялык идеологияга каршы күрөшкөн, идеализмди ж-а динди сындаган, улутчулдук ойлорго каршы чыккан ж-а улуттар биримдигин колдогон.

**БЕЙЛЬ-ПЬЕР** (1647–1706) – француз философу, публицисти, агартуу доорунун өкүлү. Б-дин көз карашына Монтенейдин скептицизми, Декарттын философиясы, 17-к-дагы илимдердин ачылыштары чоң таасирин тийгизген. Б-дин негизги чыгармасы «Тарыхый жана сын сөздүгү». Өзүнүн ишмердигинде Бейль диний чыдамдуулуктан ж-а диний индеферентизмден диний скептицизмге өткөн. Ошондуктан ал диний догматтарды рационалдуу негиздөө мүмкүн эмес, ал эми адеп-ахлак динден көз-каранды эмес деп эсептеген. Б-дин таасири француз агартуучуларына, мис., Вольтер ж-а кийинчерээк Фейербахка тийген.

**БЕЛГИ –** нерсени таанып билүүгө мүмкүн болгон касиет; бир түшүнүктү экинчи түшүнүктөн айырмалаган аныктамалар.

**БЕЛИНСКИЙ** Виссарион Григорьевич (1811–1848) – орус демократ, адабият сынчысы, философ, революционер. Сынчы катары Россиянын коомдук кыймылына олуттуу таасир тийгизген. Философ катары Гелелдин окуусун, диалектикалык методун өркүндөтүп, орус тилине батыш Европа философиялык адабиятынан биртоп түшүнүктөрдү киргизген. Искусствонун конкреттүү – тарыхый эстетика ж-а адабий сындын шарттарын иштеп чыккан. Б. өзүнүн дүйнөгө болгон көз карашында «абстрактуу каармандык», «сулуу жандын чындык м-н согушу» жагдайларынан 19-к-дын 30-жылдарынын аягында Гегелдин философиясынын таасири астында «чындык менен макул болуу» этабын өткөн. Коомдук кубулушту дүйнөлүк аң-сезимдин өнүгүүсүнүн бир этабы катары карап, адам баласынын дүйнөлүк аң-сезимге каршы күрөшүүгө укугу жок деп эсептеген. 1841-жылдан Б. революциячыл демократизмге, утопиялык социализмге, кийинчерээк атеисттик ж-а материалисттик позицияга өтөт.

**БЕЛЛ** Даниель (1919-ж. т.,) – америка социологу; Колумбия (1958), Гарвард (1969) университеттеринин профессору. Коомдук аң-сезимдин тарыхы, саясий агымдар, социалдык маалымат б-ча көрүнүктүү адис. Ал 30–40-жылдары солрадикалдуу кыймылга катышкан, марксизм ж-а социализм идеяларына кызыккан. «Постиндустриялдуу коом» концепциясын өнүктүрүүгө байланыштуу Б. Батыштагы социалдык маалыматтарды иликтөө б-ча көрүнүктүү ишмер. Анын «Идеологиянын кыйроосу», «Келечектеги постиндустриялдуу коом» «Капитализмдин карама-каршылыктары» ж. б. чыгармалары билгилүү.

**БЕНТАМ** Иеремия (1746–1832) – англия философу, социлог, юрист, утилитаризмдин негиздөөчүсү. Б-дын этикасы «Деонтология, же адеп-ахлак жөнүндө илим» чыгармасында чагылдырылган. Ал адептүүлүк, жүрүм-турум принциптерин башкарып турган пайдалуулук жобосу деп эсептеген. Б-дын пикири б-ча, жеке кызыкчылык – бул жападан-жалгыз чындык, ошондуктан, коомдук кызыкчылыкка жеке кызыкчылык көз каранды.

**БЕРДЯЕВ** Николай Александрович (1874–1948) – орус диний философу, персонализмдин өкүлү. 1900-жылдары марксизмдин ж-а неокантианчылардын таасиринде турган. Анын көз карашынын калыптанышына Достоевскийдин, Соловьевдун, Несмеловдун таасирлери күчтүү болгон ж-а ал «Идеализмдин проблемалары» жыйнагына катышкан (1902), «Вехи» (1909), «Из глубины» (1918) аттуу эмгектердин автору. Рухий маданияттын көз карандысыз Академиясын түзүү идеясынын демилгечиси. 1922-ж. СССРден куулган, 1924-ж. Францияда диний-философиялык «Путь» журналын чыгарып турган.

**БЕРКЛИ** Джордж (1685–1753) – англия философу, субьективдүү идеализмдин өкүлү. 1734-жылдан Клойндо (Ирландия) эпископ. Негизги чыгармалары: «Опыт новой теории зрения» (1719), «Адам баласынын башталышы ж-дө трактат» (1710), «Алис фон или мелкий философ» ж-а «Глас жана Филонстун үч маеги» (1732) ж. б. Б-нин философиясы материализмди жокко чыгарып, динге маани берген.

**БЕРНАР** Клервойский Бернард (1090–1153) – француз теологу. Өз мезгилиндеги философиялык ойлорго зор таасирин тийгизген. Ал таанып-билүү мүнөздөмөсүнө, анын негизги мыйзамдарына, диалектикалык ж-а формалык логиканын мамиле маселелерине көңүл бурат.

**БИЛИМ** – инсандын билимге, чыгармачыл ишмердүүлүккө, дүйнөгө карата баалуулук мамилесине айланган адамзаттын социалдык мааниге ээ тажрыйбасын өздөштүрүү м-н байланышкан өнүгүүсү ж-а өз алдынча өнүгүүсү; инсандын ж-а коомдун материалдык ж-а рухий маданиятты сактап калуу ж-а өнүктүрүү б-ча ишмердүүлүк жүргүзүүсүнүн зарыл шарты. Б. алуунун негизги жолу – окутуу ж-а өз алдынча окуу.

**БИРДИКТҮҮЛҮК** (единое) – 1) туташ, бөлүктөргө бөлүнбөс, үзгүлтүксүз; 2) пармениддик болмуш, теңирчилик башталма, үйрөнүлүп бүткүс абсолют. Б-тө «биримдүүлүк» түшүнү-гүнө карама-каршы ар башкалык, бөлүктөр, көп түрдүүлүк каралбайт. Аристотель Б-тү көп түрдүүлүктүн акциденциясы ж-а өз

алдынча Б. (б. а. үзгүлтүксүздүк, субстрат) деп ажыраткан. Платон б-ча көп нерсе – Б-түн эманациясынын жыйындысы; ар кандай көптүк туунду болуп эсептелет да, көрүнбөгөн жол м-н кайра Б-кө кайрылат. Неоплатончулар Б-тү нукура жөнөкөйлүктүн, кол жеткистиктин символу, ар кандай биригүүнүн алгачкы себеби катары жарыялашкан. Б. – жогорку принцип, ал бардык нерсенин башатында турат ж-а бардык нерседе көрүнбөстөн катышат. Спиноза Б-тү жөнөкөй, түбөлүктүү, чексиз, ички субстанция катары түшүнүп, бирок ошону м-н катар жекеликке ж-а көптүккө чексиз ажыроодоо да (дифференциация) болот деп эсептеген.

**БИРИМДҮҮЛҮК** (единство) – көптөгөн «жалгыздардын» өз ара таасирлешүү процессинде бири-бирине тартылуу моменти ж-а бир кыйла татаал «бирге», биригиши. «Бирге»тартылган А, В, С... N дин ортосунда ошондой эле түртүлүү, ажыроо моменттери болуп, ар бир «бир» өз алдынчалыгын сактоо м-н өзүнө башканын аралашуусун чектеп, өзгөчөлөгүн сактоо тенденциясына ээ. Идеалисттер дүйнөнүн биримдүүлүгүн Б. идеясынын эманациясы ж-а дүйнөлүк жандын аракети м-н түшүндүрүшөт. Материалистер дүйнөнүн биримдүүлүгүн материалдуулугу м-н түшүндүрүшөт. Субьективдүү идеалистер Б. – адамдын аң-сезимин кынтыксыз тартипке келтирүүчү күч деген тезисти колдошот. Дүйнө ар түрдүүлүктөрдүн карым-катышы аркылуу жацыланып турат; Ар түрдүү «бирлер» өзүнүн Б. м-н бирин толуктап, бир бүтүндүктүн бөлүктөрүнө чейин өсүп жетет.

**БИРИНЧИЛИК ЖАНА ЭКИНЧИЛИК САПАТТАР** (Первичные и вторичные качества) – объективдүүлүк белгиси б-ча нерселердин сапаттарын (касиеттерин) айырмалоо үчүн колдонулган терминдер. Аталган терминдер илимге Локк тарабынан киргизилгендигине карабастан, алар ага чейин эле Демокриттин, Галилейдин, Декарттын, Гоббстун эмгектеринде нерсенин сапаттары ушундай жол м-н айырмаланган. Локк биринчилик же объективдүү сапаттардын катарына кыймылды, өткөрбөстүктү, тыгыздыкты, майда бөлүкчөлөрдүн өз ара жармашуусун, фигураны, көлөмдү ж. б. экинчилик же субъективдүү сапаттарга түстү, жытты, даамды, дабышты ж. б. киргизген. Ошол кезде үстөмдүк кылган механика илиминин көз карашында илимий түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон сапаттардын баары Локк тарабынан экинчилик, б. а. субъекттин сезимдери же маанайы м-н аныкталган сапаттар деп табылган. Субъективдүү идеалисттер Беркли, Юм ж. б. биринчилик сапаттарды да субъективдүү сапаттардын катарына киргизишкен. Учурдагы илимий таанымда нерселердин ички алакаларынын натыйжасы (эффектти) болуп эсептелген *өздүк касиеттери* ж-а *сырткы* (потенциалдуу, диспозициялык ж. б.) *касиеттер* деп аталган сапаттар айырмаланышат. Сырткы касиеттер кандайдыр бир нерсенин башка нерселер м-н реалдуу алакалашуу учурунда актуалдуу мүнөз күтөт (мис., туздун сууда эрүү касиети, химиялык элементтин башка элементтер м-н биригүү, ажыроо касиети ж. б.).

**БИЙЛИК** – башкаруу же буйруу м-н бирөөнүн аракетин өз эркине баш ийдирүүгө мүмкүндүгү бар бедел, укук, күч (экономикалык, саясий, мамлекеттик, үй-бүлөлүк ж. б.). Б. тап коому м-н кошо чыккан. Тап м-н мамлекет келип чыкканга чейин үстөмдүк кылуучу аппарат, мажбурлоочу мекемелер болгон эмес. Кийинчерээк туугандык уруулук байланыштар бузулуп, уруу аксакалдарынын авторитетинин ордуна коомдук Б. пайда болуп, үстөмдүк кылуу функциясына ээ болот. Б. термини турмушта ар кандай түрдө колдонулган ж-н колдонулууда. Мис: ата-энелер бийлиги, мамлекеттик бийлик ж. б.

**БОШ УБАКЫТ** адамдагы (жамаат, коомдогу) эц зарыл, керектүү иштерине кеткен убакытты чыгарып салгандан кийин калган, иш күнүнөн сырткары мезгил (күн, жума, ай, жыл). Б. у-тын чеги адамдардын тиричилик ишмердигиндеги жалпы убакыттын ичине кирген иш күнү (кошумча эмгектенгенин кошкондо) м-н жумуштан сырткаркы мезгилинин (анын ичине зарыл иштер м-н колу бошобогон мезгил да киргизилет) ортосундагы айырма аркылуу аныкталат. Азыркы коомдо Б. у. маселеси өзүнүн татаалдыгы м-н айырмаланат, тигил же бул коомго мүнөздүү көрүнүштөрдү чагылдырып, ар-түрдүү, кээде карама-каршы мазмунга жык толгон. Социалдык-тарыхый категория катары Б. у. үч негизги чен-өлчөм м-н мүнөздөлөт: көлөмү(чоңдугу), түзүлүшү (структурасы) ж-а мазмуну м-н Б. у-тын көлөмү, биринчи кезекте, тигил же бул коомго мүнөздүү иш мезгилинин узактыгына жараша болот, тактап айтканда жумуштан сырткаркы мезгилдин жалпы көлөмүнө жараша. Б. у. өзүнүн түзүлүшү (уюшулушу) м-н да мүнөздөлөт. Алсак, бул – жигердүү чыгармачылык ишмердик (окуу, өз алдынча билимин арттыруу, жекече (газета, журнал, китеп, ж. б.) ж-а жалпы (кино-театр, музей, ж. б.) маданий-рухий керектөөлөр; дене машыгуулары (спорт); сүйгөн иши м-н алектенүү; пайдасыз эс алуу (ичимдик ичүү, убакытты бошко кетирүү, ж. б.). Демек, дайындуу иш м-н алек болуу, анын сапаты – Б. у-тын мазмунун түзөт.

**БӨКӨШОВ** Жамгырбек (1954-ж. т., Жалалабат обл., Токтогул р-ну, Үчтерек айылы) – философия илимд. доктору (1992). Кыргыз Респ-нын Жогорку Кенешинин мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты (1995–2000). КМУнун филология факультетин (1977), юриспруденция магистратурасын (1999) бүтүргөн. 1977–78-ж. Кыргыз Энциклопедиясынын башкы редакциясында ил. редактор, 1981–92-ж. КМУда окутуучу, улук окутуучу, социологиялык изилдөө жетекчиси, доцент проректор, 1992–95-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тунун проректору, Жогорку Кецеште илим, техника, маалымматташтыруу б-ча комитеттин төрагасы, ил. пед.

кызматкерлердин “Интеллект – XXI” коомдук бирикмесинин президенти, о. эле Пед. ж-а социалдык илимдер академиясынын (Москва), Ч. Айтматов атн. коомдук Академиясынын академиги, ЮНЕСКОнун улуттук комиссиясынын мүчөсү. 2000-жылдан Жалабат мамл. ун-тинин редактору. 100дөн ашык ил. эмгектин, а. и. 2 монографиянын автору. “Даңк” ж. б. медалдар м-н сыйланган.
**БРУДНЫЙ** Арон Абрамович (1932-ж. т., Бишкек) – философия илимд. доктору (1970), проф. (1972), Кыргызстан ИАнын корр. мүчөсү (1987). Кыргыз Респ-нын Илим ж-а техника б-ча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1996). Кыргыз Респ-нын философия ж-а Укук Институтунда улук илимит кызматкер бөлүм башчысы. Психологияда түшүнүү, ойлоо теориясы методологиялык проблемалары б-ча белгилүү адис. Медалдар м-н сыйланган. 250дөн ашык илимий эмгектери, анын ичинен 6 монографияны, китепчелерди басмадан чыгарды. Анын жетекчилиги м-н 3 докторлук ж-а 22 кандидаттык диссертациялар корголду. Нег чыг.: Семантика языка и психология человека. Фр., “Илим” 1972; Понимание и общение. М., “Знание” 1989; Кыргызы и Кыргызстанци (в соавторстве). Бишкек, “Илим” 1994 ж. б.
**БУГАЗОВ** Анвар Хусаинович (1958-ж. т., Фрунзе ш.) – философия илимд. доктору (2000). Кыргыз Улуттук университетинде окутуучу, доцент, кафедра башчысы, декан, профессор. Социология ж-а культурология тармагы б-ча төмөндөгүдөй чыгармаларды жараткан. Социально-психологические аспекты деятельности масс. Бишкек, “Илим” 1993; Общественные развитие и его социально-психологическое содержание. Бишкек, КГНУ, 2002 ж. б. 1980-ж. Алматы шаарындагы Казакстан мамлекетик университетин бүтүргөн.
**БУЛБ** Джордж (1815–1864) – англиялык математик ж-а логик. Ал өзүнүн «Логиканын математикалык анализи», «ой жүгүртүүнүн мыйзамдарын изилдөө» деген чыгармаларында математикалык логиканын негиздерин киргизет. Бульдун аты м-н бульдук алгебра аталган. Бул эки операция аныкталган элементтер үчүн өзгөчө алгебралык системалар.
**БЫТНЕНИН БОЛМУШ АНАЛОГИЯСЫ** (гр. analogia entis) – неосхоластикада өзгөчө өнүгүүгө ээ болгон католиктик схоластиканын бирден-бир принциби.
**БЭМЭ** Якоб (1575–1624) – немец философу. Кесиби өтүкчү. Негизги чыгармалары: «Аврора же жоготулган таң», «Маңыздын келип чыгышы ж-а аны актоо», «Улуу сыр же Моисейдин биринчи китебин талкулоо» ж. б. Бэмэ өзүнүн чыгармаларында Библиянын текстеринин негизинде карама-каршы турган проблемаларды талдайт (натурфилософия, тилдин ж-а белгинин теориясы, антропология, этика), немец мистикасынын традицияларын жыйынтыктайт, Б-нин диалектикалык ой жүгүртүүсү образдарда өнүккөн (ааламдын, кыймылдын ж-а карама-каршылыктын биримдиги, кудай-ааламдын негиздөөчү). Гердер, Бадер, Ф. Шлегель, Гегель, Фейербах сыяктуу философтор Бэмэнин философиясын кабыл алышкан.

**ВАЙШЕШИКА** (санскриптче-вишеша деген сөздөн-айырмалык, өзгөчөлүк деген мааниде) – негиздөчүсү Канада (Улука) деп эсептелген, Веддердин беделин моюнга алган байыркы Индиядагы философиялык мектеп. Окуусу б-ча Ньяеге жакын келип, кийинчерээк биригип бир мектепти түзүшкөн. В-нын окуусунда белгилүү орунду сезүү органдары м-н кабыл алынган физикалык элементтер ж-а алынбаган (мейкиндик, убакыт ж-а акыл-эс) субстанция ж-дөгү идеялар түзөт. Бирок В. окуусунун эң маанилүү жагы – атомисттик теория. Ал б-ча бүткүл физикалык объектилер атомдун төрт түрүнөн турат. Дүйнө атомдордон курулган, бирок анын кыймылдаткыч күчү болуп Кудай эсептелинет.
**ВАЛЛА** Лоренцо Делла (1407–1457) – италиялык гуманист, филолог, философ ж-а логик, Цицерондун жолун жолдоочу, диний текстерди илимий позициядан сынга алгандардын көрүнүктүү өкүлү. В. папачылыктын саясий доомтын четке кагып, кыйла христиандык мифтерди төгүнгө чыгарган. Ал аскетизм ж-дөгү чиркөөлүк окууну танып, адам баласы турмуштун жыргалы м-н ыракатын көрүү үчүн жаралган деп эсептеген. Негизги эмгектери: «Эркин эрк жөнүндө», «Монахтык ынта жөнүндө» ж. б.
**ВАЛЛОН** Анри (1879–1962) – фр. философ, психолог, коомдук ишмер. Фашизмге каршы кыймылдын активдүү катышуучусу, балдардын генетикалык психологиясы б-ча көрүнүктүү адис. Философиянын диалектикалык материализмине таянып, В. А. психологиядагы физиологизм м-н абстрактык социологизмди четке кагып, психикага анализ жүргүзүүдө тарыхый принцибине таянган.
**ВАН** Фучжей (1619–1692) – кытай материалист-философу. Астрономияны, математиканы, география, тарых, адабиятты изилдеген окумуштуу-илимпоз. В. Ф-дин философиялык көз карашынын негизинде Ци ж-дөгү түшүнүк жатат. Ал б-ча Ци – (материалдык күч) – нерсе, зат ж-а алардан аалам куралган. Материалдык Ци бөлүкчөлөрүнүн биригүүсүнүн натыйжасында, дайыма өзгөрүү ж-а өнүгүү процессинде жаратылыштагы көп түрдүүлүк, конкреттүү нерселердин дүйнөсү жаралат. Ааламдагы дайыма жаңыланып ж-а өзгөрүп туруу концепциясы В. Ф-дин социалдык философиясынын негизин түзүп, тарых да дайыма кыймылда болот деген көз карашын бышыктаган.

**ВАН** Чун (27–97) – байыркы Кытай философу, материалист, атеист. В. Ч. байыркы кытайдагы философиялык мектептердин бирине да жакын болгон эмес. Ал көк асманды жогорку кудай эмес ж-а дүйнөдө болуп жаткан процесстерге, кубулуштар м-н нерселердин өсүп-өзгөрүшүнө эч тиешеси болбогон, сезүү органдары жок материалдык нерсе деп эсептеген. В. Ч-дун окуусунун өзөгүн түзгөн окуу-материалдык дүйнөнүн баштапкы субстанциясы болгон Ци ж-дөгү түшүнүк, б.а. материалдык дүйнөнүн башаты м-н негизин Ци субстанциясы түзөт. В. Ч-дун көз карашы бир катар кемчиликтерге (вульгардык материализмге ыкташканы, этикасында-фатализмдин орун алышы) карабастан атеизмдин тарыхында орчундуу орунду ээлейт.

**ВАН** Янмин (1472–1529) – орто кылымдагы кытай философу, конфуциячылыктын көрүнүктүү өкүлү. В. Я-дин кыйла эмгектеринин ичинен «У-Цзин ишо» («үлгү болгон беш китеп жөнүндө божомолдоолор»), «Окуучулар м-н болгон философиялык маектер» («Чуань-силу») өтө белгилүү. Буларда философ Чжу Синин дуализмине каршы чыгып монисттик окууну жактаган. В. Я-дин оюу б-ча рух катарында эсептелинген идеалдуу Ли м-н материалдуу Ци (б. а. бүткүл дүйнө, бардык принциптер м-н нерселер) адамдын акыл эсинде (жанда) гана жашайт, анткени жан бүткүл дүйнөнүн башаты болуп саналат. Мындан В. Я-дин субъективдүү идеализмдин позициясынан чыга албаганы сезилип турат. Гносеологияда болсо В. Я. таануунун туюп-билүү теориясын (теорию интиутивного познания) көтөрүп чыккан. Байыркы философтун саясий доктринасынан «бүткүл кытай м-н бүткүл ааламдын биримдиги» ж-дөгү тезисинен байкоого болот.

**ВАНДАЛНЗМ** – маданий ж-а материалдык байлыктарды максатсыз жок кылуу. В. деген сөз 455-ж. Римди талап алган ж-а антикалык маданияттын көп элементтерин кыйратышкан байыркы германдык вандалар уруусунун атынан аталып калган.

**ВАРНА** (санскриптче – сапат, өң, түс) – байыркы Индиянын кулчулук доорундагы таптык-сословиелик топ, ал общиналык түзүлүш ыдырап, таптык мамиле өнүгө баштаган мезгилде калыптанат. В-нын ичиндеги айырмачылыктар м-н милдеттери (4-таптык-сословиелик топко туура келген) Брахманизмдин (б. з. ч. 6–5-к.) брахма ж-дөгү окуусунда аныкталган. Жрец – брахмандардан турган В-нын негизги милдети –веддерди окуп-үйрөнүү болгон.

**ВАСИЛИЙ** Кесарийский (болжолу 330–379-ж. чен) – чиркөө тарабынан улуу (великий) деген атка конгон грек чиркөөсүнүн ишмери, ойчул ж-а жазуучу, патристиканын ири өкүлү. В. христианчылыкты таратууда антикалык маданияттын элементтерин пайдалануну ылайык көрүп, үгүт насааттарында байыркы философторго кеңири таянган, бирок философияны ал дин илиминин «кызматчысына» айландырууга аракет кылгандардын демилгечиси болгон. В. Платон м-н неоплатонизмдин таасирине дуушар болуп, чиркөө беделин көтөрүү максатында монахчылыкты бекем сактап, календерлик м-н аскетизмди мактоого алган. В-дин негизги чыгармасы «Алты күндүк» (дүйнөнүн жаралышын баяндаган 6-күн ж-дөгү 9-маек).

**ВАСУБАНДХУ** (болжолу 320–400-ж. чен) – индиялык философ-буддист. Башында Вайбхашиктердин көз карашын кабыл алып, кийинчерээк ийогачар мектебине негиз салган, махаянын көрүнүктүү тарапкери. В. бир катар эмгектердин ж-а Майтрей м-н Асангинин чыгармаларына жазылган комментарийлердин автору.

**ВАХДАТ АЛЬ-ВУДЖУД** (ар. болмуштун бирдиктүүлүгү) – дүйнөнүн бирдиктүүлүгү, биримдиги ж-дөгү араб-мусулман философиясынын окуусу. Ал дүйнөнүн жаралуу процессин бир катар баскычтарга бөлүп карайт. В. А.-В-дун окуусунун өзөгүн реалдуулуктун эки уюлу, б. а. дүйнөнү жаратуучу күч-кудай ж-а дене субстанциясы ж-дөгү идея түзөт. Бул б-ча кудай өзүнчө жашап, алгачкы акыл-эсти, асман жандарын, ар кыл формаларды жарата берет. В. А-В-дун идеясы, эң оболу, суфизмде кеңири иштелип, өнүктүрүлгөн.

**ВАХХАБИЗМ** – суннизмдеги диний – саясий агым. Ага 18-к. аягында араб өлкөлөрүндө Мухаммед Ибн Абдаль Ваххаб негиз салган. Ал Мухаммед пайгамбардын учурундагы исламдын тазалыгын кайрадан киргизүүнү, бир Кудайга гана ишенүү принцибин бекем сактоону ж-а «ыйык» жерлерге сыйынуудан баш тартууну талап кылган. 1924-ж. ваххабиттер Батыш Аравияны басып алышы м-н ваххабиттик мамлекет-Сауд Аравиясы пайда болот. В. өзүнүн тарапкерлеринин тиричиликтеги ыгы жок байлык баш тартуусу – В-дин окуусуна ылайык деп эсептейт.

**ВВЕДЕНСКИЙ** Александр Иванович (1856–1925) – орус философу. Канттын идеясын өнүктүрүп, өзүнүн философиялык системасын «Логизм» деп атаган идеалист, психолог, орус неокантчылыктын ири өкүлү. В. бир катар чыгармаларында (мис., «эч кандай метафизикасыз психология» аттуу эмгегинде) илимий психологияны баяндоо түрүндөгү илим катарында эсептеп, аны интроспекциянын, б. а. өзүнө өзү байкоо жүргүзүүнүн негизги методу деп караган. В. философиялык диспуттарда идеалисттик көз карашты жактап, материализм м-н марксизмге каршы болгон.

**ВЕБЕР** Альфред (1868–1958) – немец социологу, экономисти, тарыхчы. В. А-дин пикири б-ча социалдык (социалдык институттар м-н структураларга), цивилизациялыкка (техника м-н табият таануунун өсүп-өнүгүшү) ж-а маданий (чыгармачылык-искусство, дин ж-а философияга) процесстерге бөлүүгө болот. В. А-

дин «Тарых менен маданияттын социологиясы» аттуу чыгармасы ж-а чыгармачылык багыты, эң оболу агасы Макс Вебердин таасири астында жазылып ж-а калыптанган.

**ВЕБЕР** Макс (1864–1920) – Альфред Вебердин агасы, көз карашы неокантчылыктын астында калыптанган немец социологу, философу ж-а тарыхчысы. В. М. б-ча, антикалык доор, феодализм м-н капитализм – объективдүү түрдө жашаган мамилелер эле эмес, аларды идеалдуу түргө келтирүүнүн ыкмасы, андыктын анын чыгармачылыгынын борбордук проблемасы болуп коомдун ж-а социалдык топтор м-н диний аң-сезимдин идеологиялык байланыштарына анализ жасоо. Негизги эмгеги – «Протестанттык этика жана капитализмдин маңызы».

**ВЕБЛЕН** Торстейн (1857–1929) – америкалык экономист, социолог. В. Т. бир жагынан майда буржуазиялык позициядан капитализмдин айрым жактарын сынга алса, экинчи жагынан К. Маркстын таасири астында коомдук турмуштун негизин материалдык өндүрүш түзөт деп эсептеп, көз карашы кайчы мүнөздө болгон. Бирок, ал коомдук өндүрүштү технология м-н чаташтырып, б. а. техника м-н коомдук-маданий институттардын байланышын жеткилең түшүнө албай менчиктин формасынын маанисине тийиштүү баа берген эмес. В-дин оюу б-ча адамдардын салт-санаасы м-н көз караштары технологиялык өндүрүштөн, өзгөрүүлөрдөн артта калгандыктан коомдук эволюция негизинен адамдык акыл-эстин ушул өзгөрүүлөрдүн процессине болгон ылайыкташуусу гана болуп саналат.

**ВЕДАНТА** (санскриптче-веданын акыры, корутундусу) – инди философиясындагы объективдүү – идеалисттик система. В. динди коргоп, материализм, атеизмге каршы күрөшкөн. В. б-ча болмуштун негизи – абсолюттук дух – брахман. В. брахманизмге, кийинчерээк индуизмге философиялык негиз болгон. Азыркы мезгилде В. Индияда кеңири тараган ж-а таасирдүү диний-философиялык агым. В-нын таасири 20-к-да Индия элинин улуттук боштондук кыймылына башчылык кылган ишмерлер: А. Гхош, М. Ганди, Ж. Неру ж. б. көз караштарында айкын сезилет.

**ВЕДДЕР** (санскриптче-билим) – Түндүк Индияда б. з. ч. 2–6 миң жылдыктарында түзүлгөн диний мүнөздөгү адабий эстеликтер ж-а алгачкы общиналык түзүлүш ыдырап, кул элөөчүлүк мамилелер калыптана баштаган мезгилдеги диний китептер. Байыркы Индиянын 4 – «ыйык» («Ригведа», «Яджурведа», «Самоведа», ж-а «Атхарваведа») китептериндеги диний гимндер, дубалар, ырым-жырымдар ж. б. камтылган. Бул китептерге Инди философиясынын өнүгүш тарыхы, коом м-н жаратылыш, жүрүм-турум идеялары кеңири чагылдырылган бай рухий эстелик.

**ВЕЙДЕМЕЙЕР** Иосиф (1818–1866) – немец революционери Америка Кошмо Штаты м-н Германияда марксизмди таратууга эмгек сиңирген, жумушчу кыймылынын ири өкүлү. 1852-ж. «Революция» аттуу журналды негиздеген, К. Маркстын «Луи Бонапарттын он сегизинчи брюмерасы» деген эмгегин басып чыгарган.

**ВЕНАЛЫК ИЙРИМ** – логикалык позитивизм деп аталган кыймылдын уюштуруучусу ж-а идеялык негизин түзгөн топ. В. И. 1922-ж. Вена университетинин алдындагы философия кафедрасында Шлик тарабынан уюштурулган семинардын негизинде пайда болгон. В. И. бир кыйла «илимий философияны» өнүктүрүүнү көздөгөн жаш илимпоздорду бириктирип, алардын иш аракеттери позитивдик багытка ээ болгон. В. И-дин ири өкүлдөрү Карнап, Ган ж-а Нейрат «Илимий дүйнө түшүнүү, «Веналык ийрим» аттуу манифести жарыкка чыгарышкан. 30-жылдарда Австрияны фашисттик Германия басып алгандан кийин ишмердигин токтоткон.

**ВЕРА** (Ишеним) – 1. инсандын жүрүм-турум нормалары м-н мамилелерин, айрым ой-жүгүртүүсү м-н кылык-жорук, көз карашы м-н ой корутундусун аныктаган, кандайдыр бир маалыматты, тексттер м-н кубулуштарды, окуяларды толук ж-а сөзсүз түрдө кабыл алуусун өзүнө камтыган адам психикасынын өзгөчө абалы. 2. формалдуу логика м-н фактыларга таянган далилдөөлөргө карабастан, кандайдыр бир нерсени же көрүнүштү чындык катарында чечкиндүүлүк м-н кабыл алуу. Бирок И-дин аныктыгы эч кандай далилдөөлөргө жатпайт, демек И-дин күчү адамдын айрыкча психикалык абалына негизделип, эмпирикалык эмес дегенди билдирет. Жалпылап айтканда, субъектинин дүйнө ж-дөгү, анын андагы орду м-н ролу, ал дүйнөнүн байланышы м-н мамилеси ж-дөгү элестерди дайыма жараткан аң сезимдин алдын ала иштөөсүнүн натыйжасы катарында көрүнөт.

**ВЕРИФИКАЦИЯ** (лат. verus – чындык, fasio – жасоо) – илимдин жыйынтыктарын эмпирикалык жол м-н текшерүү процессин билдирген логика м-н илимдин методологиясында колдонулуучу түшүнүк. Азыркы кездеги логика-методологиялык адабияттарда В. катуу сынга алынып, ал илимий билимдердин өнүгүшүн эң татаал ж-а карама-каршы процесси катарында каралат.

**ВЕРНАДСКИЙ** Владимир Иванович (1863–1945) – белгилүү орус табият изилдөөчү, минералолог, кристаллограф ж-а биохимия, биогеохимия, радиология ж-а биосфера ж-дөгү илимдерге негиз салуучу. Илимий – техникалык революциянын өнүгүшү В-дин биосфера ж-дөгү окуусунун чоң маанисин бардыгын аныктоодо. Илимий жетишкендиктер м-н адам эмгегинин таасиринен биосфера акырындык м-н жаңы абалга – ноосферага, б. а. акыл-эс сферасына өтөт. Философиялык ири жалпылоо болгон В-дин ноосфера ж-дөгү

идеясы анын ишмердигинин негизги эки багытынын (биохимия ж-а илимдер тармагы) кошулган жерде пайда болду. В-дин кыйла эмгектери табият таануунун омоктуу философиялык проблемаларына арналган. Кыйла чет элдик Илимдер Академиясынын анык мүчөсү, көптөгөн илимий даражалар м-н наамдардын ээси.
**ВИВЕКАНАНДА** Свами, м о н а х т ы к а т ы Н а р е н д р а н т х а Д а т т а (1863–1902) – Индияда гана эмес, Америка, Азия ж-а Европа өлкөлөрүндө индиуздмдин реформаланган формасын пропагандалоого активдүү катышкан ойчул, диний реформатор ж-а коомдук ишмер. Рамакришнанын активдүү тарапкери катарында, ал 1897-ж. «Рамакришнанын миссиясы» деп аталган диний-реформатордук коомду уюштуруп, аны Индияда динди жандандыруунун борборуна айландырган. В. адамзатты «куткаруунун» жалгыз каражаты катарында коомдун, өткөндүн рухий-диний тажрыйбасына кайрылуу деп эсептеген. Ал айрыкча Индия элинин улуттук үрп-адатына, салт-санаасына чоң маани берген. В. индиуздмдин философиялык негизи болуп веданта деп эсептеп, аны Европалык философияга жакындаштырууга аракеттенген. Азыркы коом, В-нын оюу б-ча – «вайшьевдин» өкүмчүлүгү, ал эми келечеги болсо «шудранын өкүмчүлүгү» болуп, сословиелерди элдештирүүсүн үгүттөгөн.
**ВИВЕС** Хуан Лунс (1492–1540) – испан философу, гуманисти ж-а педагог. 60 жакын эмгектин автору, Лувена м-н Оксфорд университетинин профессору, Таанып-билүүнүн негизинде байкоо м-н эксперимент жатканын алдыцкы планга коюп схоластикага каршы чыкканы үчүн куугунтукка алынган. Вивекананда «жан ж-а өмүр жөнүндө» аттуу эмгегинде психология м-н педагогикада жацы багыт ачкан.
**ВИДЖНЯНА** (санскриптче-айырмалоо, айырмалап билүү) – бир объектини башка объектиден ажырата билүүнү өзүнө камтыган байыркы индиядагы таанып-билүү теориясындагы түшүнүк. Бул түшүнүк буддизмде кецири өнүгүп, окуусунун борбордук бөлүгүн дүйнөдөгү реалдуулуктун өзү болуп акыл эс гана эсептелет деген идеяны жактаган.
**ВИЗЕ** Леопольд Фон (1876–1969) – немец социологу, формалдуу социологиянын ири өкүлү ж-а тарапкери. В-нин оюу б-ча социологиянын максаты-социалдык кубулуштардын жалпы формаларын изилдөө, андыктан анын теориясынын негизин «мамилелердин социологиясы» деген тезис түзгөн. Коом В. б-ча – абстракция, андыктан коомдо белгилүү бир процесстерди чагылдырган адамдар аралык мамилелер гана жашайт. Ал эми философия м-н социологияда кабыл алынган эл, улут деген түшүнүктөр. В-нин теориясы б-ча – абстрактуу топ; мамлекет, чиркөө болсо – абстрактуу коллектив. В-нин идеясы буржуазиялык социологияга белгилүү таасир тийгизген.
**ВИКО** Джамбаттиста (1668–1744) – «айланып туруу» теориясын иштеп чыккан италиялык философ, социолог, Асаполь университетинин профессору. Бул теория б-ча ар бир эл өнүгүшүндө үч доорду: кудайлар доору-мамлекеттик түзүлүшкө чейин; баатырлар доору ак сөөктүк мамлекет: адамзаттык доор-демократтык республика же өкүлдүк монархия басып өтөт. В-нун оюу б-ча ар бир доор –каршы таптардын таймашынын натыйжасынын жыйындысы, ал эми мамлекет болсо эзилген элди баш ийдирүү үчүн түзүлөт. В-нун окуусунун негизинде коом өз өнүгүшүнүн эц жогорку баскычына жеткенден кийин кулайт да, баштапкы абалына келип, кайрадан өнүгө баштайт деген идея жатат. Анын окуусунда идеалисттик өксүктөр болсо да, коом мыйзамдары ж-дөгү пикирлери прогрессчил мааниге ээ.
**ВИНДЕЛЬБАНД** Вильгельм (1848–1915) – немец философу, Бадендеги Неокантчыл мектептин жетекчиси, «Байыркы философиянын тарыхы», (1888), «Жаңы философиянын тарыхы», (1878–80) аттуу эмгектердин автору. Буларда В. илгерки философиялык окууларды Канттык позицияда изилдеп, философияны «баалуулуктар» ж-дөгү илим катарында караган. В. б-ча баалуулуктар априордук, трансценденттик, жалпылык мааниге ээ: ал логикалык, эстетикалык ж-а диний баалуулуктарды бөлүп, аларды төмөндөн өйдө көтөргөн тепкич катары сүрөттөгөн. Мис.: ал адамдын эркине ж-а кызыкчылыгына баш ийбеген эстетикалык баалуулуктарды этикалык баалуулуктарга караганда жогору койгон.
**ВИНЕР** Норберт (1894–1964) – алгачкы эмгектерин логикага багыттаган, америкалык математик, кибернетикага негиз салгандардын бири. В-дин математикадагы изилдөөлөрү негизинен теоретикалык физика м-н электрондук эсептөө техникаларына арналган. Буга анын 1948-ж. жарык көргөн «Кибернетика» китеби күбө. В. илим м-н маданияттын ар кыл *чөйрөлөрүндө кибернетиканын* кецири пайдалануу идеясын жактаган. Ал зарылчылык м-н кокустуктун карым-катнашын изилдөөгө чоң маани берип, материалисттик ж-а диалектикалык мацыздагы идеяларды жактаган.
**ВИРТУАЛДЫК** (лат. virtus – мүмкүн болушу, мүмкүн болгон) –азырынча биз кабыл албаган, бизге белгисиз, бирок белгилүү бир шарттарда пайда болуусу мүмкүн болгон объект.
**ВИРТУАЛДЫК ЧЫНДЫК, АНЫКТЫК** – белгилүү бир шарттарда пайда болуп, мүмкүнчүлүктүн чындыкка айланышын туюндурган түшүнүк. Мис.: илим м-н техниканын жетишкендиги аркасында космоско учуу мүмкүнчүлүгү чындыкка айланды.
**ВИТАЛИЗМ** (лат. vitalis – тирүү, тирүүлүк күчү) – дин ж-а идеалисттик философия м-н тыгыз байланышта болгон биологиядагы агым. В. организмде материалдык касиетке ээ болгон өзгөчө тиричилик күчтөрү бар

деп санаган көз караштардын жыйындысы. В. материяны пассивдүү, шалаакы, демилгесиз деп эсептеп, дүйнөдө, материядан тышкары, аны башкарган ж-а шарттаган активдүү күч бар деп болжолдойт. Ал анимизмден, азыркы мезгилдеги антидарвинисттик ар кандай окууларга чейин түрдүү формада өнүгүп келген. В-дин биология м-н психологиянын айрым тармактарына күчтүү таасир тийгизип, биологиялык себептерге болгон механикалык көз караштарды сынга алышы анын алгылыктуу жагы болгон. Табият илимдеринин жетишкендиги В-дин жалган экенин айкын кылды.

**ВИТГЕНШТЕЙН** Людвиг (1889–1951) – австриялык философ, логик, аналитикалык философиянын ири өкүлү, Кембридж университетинин профессору, Берт Расселдин тарапкери, «Логика-философиялык трактат» аттуу эмгектин автору. В. «идеалдуу» жасалма тилди түзүү программасын сунуш кылган. Математикалык логиканын тили «идеалдуу» тилдин үлгүсү болуп, философияны маанисиз маселелерден айрылат деп үгүттөгөн.

**ВИШИШТА АДВАЙТА** – байыркы индиялык диний-философ, ведантанын тарапкери. В-нын оюу б-ча, «Мен» м-н Кудайдын окшоштугуна (тождество) карабастан дүйнөдө акыл эси бар көптөгөн жандар м-н акыл эси жок нерселер жашайт. Ал Кудай *жараткан* дүйнө канчалык реалдуу болсо, Кудай да ошондой реалдуулукка ээ деп эсептеген.

**ВОЛЬТЕР,** М а р к Ф р а н с у а А р у э: (1694–1778) – француз жазуучусу, философ, агартуучу, тарыхчы, франциянын Илимдер Академиясынын анык мүчөсү; «Философиялык каттар» (1733), «Метафизика тууралуу трактат» (1734); «Ньютон философиясынын негиздери» ж. б. эмгектердин автору. В-дин философиялык көз карашы б-ча деист; табият кубулуштарын материалистче түшүндүрүп, бирок баарын кыймылга келтирип турган Кудай деп карайт. В. феодалдык түзүлүшкө, католик чиркөөсүнө, схоластика м-н метафизикага каршы чыккан. Материалисттик, илимий идеяларды жактаса да, элди баш ийдирип туруш үчүн дин керек деп эсептеп, идеалист бойдон калган.

**ВОЛЬФ** Христиан (1679–1754) – немец философ-рационалисти, алгачкы агартуучулуктун ири өкүлү, идеологу. В. Лейбництин окуусунун тарапкери катарында, анын метафизикалык, логикалык, тааным теориясынын ж-а психологиялык идеяларын кабыл алган. В. биринчилерден болуп теориялык м-н эмпирикалык, теориялык ж-а прикладдык билимдерге аныктама берип, аларды ажырата караган. Ал эми философияны болсо байланыштардын, себептердин ж-а негиздерин изилдеген илим катарында эсептеген. В-тун философия системасында кецири изилденгени онтология. Саясатта болсо В. өзүн табигый укук теориясы м-н агартуучулук абсолютизминин тарапкери катарында эсептеген.

**ВОЛЮНТАРИЗМ** (лат. voluntas – эрк) – коомдун кыймылдаткыч күчү ж-а дүйнөнүн түпкү жашоо себеби адам эркинде деп жарыялаган философиялык көз караш. Бул идеалисттик көз карашты немец философтору А. Шопенгауэр, Ф. Ницше ж. б. үгүттөгөн. Психологияда В. 19-к-дын аягында өнүгө баштаган. В-дин жактоочулары эркти адамдын аракеттеринин булагы ж-а психикалык турмушунун негизи деп эсептешип, ац сезимди эрктин туундусу катарында карашкан. Психологиядагы В-дин өкүлдөрү-немец социологу Ф. Теннис (ал В. терминин киргизген), немец психологу В. Лундт, орус психологу Н. Лосский, австриялык психолог З. Фрейд ж. б.

**ВУЛЬГАРДЫК МАТЕРИАЛИЗМ** (лат. vulgaris – жөнөкөй, кадыресе) – 19-к-дын ортосундагы материализмдин негизги принциптерин жөнөкөйлөткөн, одонолоткон философиялык агым. В. м. теориялык негиздөөчүсү француз материалисти Кабанис, ал эми негизги өкүлдөрү К. Фохт, Л. Бюхнер, Я. Молешоттор болгон. В. м. табият илимдеринин теорияларын (материянын сакталуу мыйзамы, энергиянын айлануу ж-а сакталуу мыйзамы, Дарвиндин эволюциялык өнүгүү мыйзамы, организмдердин клеткалык түзүлүшү ж. б.) активдүү түрдө кецири жайылтып, атеисттик маанайдагы корутундуларды чыгарышып, аларды, өзүлөрү айткандай, немец классикалык философиясынын «көз боемочулугуна», «шарлатандыгына» каршы коюп, философиялык проблемаларды табият таануу илимдеринин конкреттүү изилдөөлөрү аркылуу чечүүгө умтулушкан. Мис., В. м. ац-сезимди ж. б. коомдук көрүнүштөрдү тамак-аштын химиялык составынан, климаттан ж. б. көз каранды, ж-а физиологиялык процесстердин натыйжасы деген пикирди айтышкан. Физиологиялык процесстер психиканы аныктайт, ал эми боор м-н өт бири-бирине карата кандай мамиледе болсо, мээ м-н акыл-ой да ошондой катнашта, б. а. акыл-ойду мээнин секрециясы катары түшүндүрүшкөн. Ошентсе да, В. м. 19-к. шартында табият илимдеринин ачылыштарын кецири жайылуусуна көмөктөшкөн динге, идеализмге каршы күрөшкөн агым болгон.

**ВУЛЬГАРДЫК СОЦИОЛОГИЗМ** – кээ бир коомдун өнүгүшүнүн факторлорун: техниканы, экономиканы, саясатты, идеологияны өндүрүштү уюштуруунун формаларын бир тараптуу ашыра маанисин жогорулатуунун, коомдук көрүнүштөрдү жөнөкөйлөтүүнүн аркасында тарыхты материалисттик түшүнүүнү бурмалаган агым. Адамга аныктама берүүдө анын биологиялык жаратылышынын маанисин этибар албайт. Философияда (Богданов, Ш. Шулятников) адабий сын м-н эстетикада (В. Переверзев, В. Фриче) В. С. идеологиянын салыштырмалуу өз алдынчалыгы м-н идеологиянын бардык формаларын тикеден тике

өндүрүштүн чыгаруу жолу байланышын таныл, коомдук аң-сезимдин коомдук болмуштан көз карандылыгын бурмалап, туура эмес интерпретациялаган.

**ВУНДТ** Вильгельм (1832–1920) – немец психологу, физиологу ж-а философу. Лейпцигде 1879-ж. дүйнөдө биринчи эксперименталдык психологиянын институтун негиздеген. Кийин ал эксперименталдык психологиянын эл-аралык борборуна айланган. Логика, метафизика, этиканы изилдегени м-н көпчүлүк убактысын психологиянын маселелерин изилдөөгө арнаган. Анын психологиялык көз караштарынын негизин психофизикалык параллелизм түзөт. Метафизикалык, өзүнө бардыгын камтыган, реалисттик негизделген, идеализм м-н бүткөн дүйнө-таануунун өкүлү. Анын пикирине ылайык, философия, башка илимдердин жардамы м-н ачылган жалпы натыйжаларды бирдиктүү, карама-каршылыксыз системага салуу максатын койгон универсалдуу илим. Рух чөйрөсүндө жаратылыштын бардык кубулуштары карамагында болгон себеп ж-а натыйжанын эквиваленттүүлүгүнүн ордунда, рухтун чыгармачылык күчү көрүнүп турган, энергиянын көбөйүү мыйзамы аракеттенет. Дүйнө – бул рухтун максатка ылайыктуу өнүгүшү, ошондуктан аны кудайдын дүйнөлүк ыктыяры катары кароо зарыл деп эсептеген.

**ВЫГОТСКИЙ** Лев Семенович (1896–1934) – орус психологу. «Жогорку психологиялык функцияларынын өнүгүү тарыхы» (1831) деген эмгегинде адамзаттын цивилизациясынын баалуулуктарын индивиддин өздөштүрүү процессинде, психиканын өнүгүүсүнүн маданий, тарыхый теориясын иштеп чыккан. Жаратылыш берген («натуралдык») психикалык функциялар, өнүгүүнүн жогорку деңгээлинин («маданий») функциясына кубулуп өтүп кетет. Мис., механикалык эске тутуу логикалыкка, импульстуу аракет – каалагандай кыймылга, ассоциативдик элестер – максаттуу ой жүгүртүүгө, чыгармачыл элестүүгө өтүшү. Бул процесс – интерриоризациянын натыйжасы. Балдардын психологиясын изилдөөдө жаңы тармак ачып, дефектологиянын ж-а психиатриянын өнүгүүсүнө салым кошкон. Өмүрүнүн акыркы жылдарында аң-сезимдин түзүлүшүн изилдөөгө чоң көнүл бөлгөн («Ой жүгүртүү жана тил», 1934)

**ВЮРЦБУРГ МЕКТЕБИ** Германиядагы Вюрцбург шаарынын психологиялык институтунда 20-к-дын биринчи он жылдыгындагы ойлоону эксперименталдык изилдөө багыты. Негиздөөчүсү – О. Кюльпе, өкүлдөрү Н. Ах, К. Бюлер. Өзүн өзү байкоо техникасын жакшыртып (сыналуучуларды тандоо ж-а машыктыруу, тапшырманы аткарууну ж-а баштан өткөрүлгөндөр жөнүндө отчетту бөлүштүрүү), В. м. өкүлдөрү тапшырманын маанисине тиешелүү образдардын сыналуучулардын эс-акылында жоктугун баамдашкан. Ошондуктан негизги, О. Кюльпе айткан ойлоонун образсыз мүнөзү жөнүндө негативдүү тезис б-ча, ойду сезимдик таанылтыктардын айкалышы деп айтууга болбойт. Баштан өткөргөндөрдүн отчетунда, В. м-не ылайык, образдар эмес, башка нерселер – катнаштар, максаттык көрсөтмөлөр, айкалыштыруу же топтоо аракеттери ж. б. айтылган. Бул түзүлүүлөрдүн мүнөздүү окшоштугу – интенционалдуулук, баштан өткөргөндөрдөн тышкары жаткан нерселерге: идеяларга, идеалдуу ж-а реалдуу предметтерге багытталуучулук болот. В. м-нин негизги эмгеги ой жүгүртүүнүн психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн спецификалуулугу, алардын таанылтыктардын ассоциациясы эместигин ачуу эсептелет. В. м-нин илимий иштери 20-к-да гештальтпсихологияга ж-а көрсөтмө теориясынын пайда болушуна түздөн-түз түрткү болгон. Ой жүгүртүүнүн образсыздыгы жөнүндө тезис айрым эстетикалык теорияларга таасир берген.

**ГАДАМЕР** Ханс-Георг (1900-ж. т.) – немец философу, философиялык герменевтиканын негиз салуучусу. Текстерди түшүнүүнүн методологиясын иштеп чыгарууга гана токтолгон мурдагы герменевтикалык традицияларынан айырмаланып, философиялык герменевтика түшүнүүнүн философиясы болуп эсептелет. Анын предмети болуп жалаң эле «түшүнүүчү» (тарыхый-гуманитардык) илимдер эле эмес, түшүнүүнүн универсалдык мүнөзүн камтыган адамдардын дүйнө ж-а болмуш жөнүндө билгендеринин бардыгын камтыган дүйнөтүшүнүүсү кирет. Г-дин оюнча түшүнүү – бул таанып-билүүчү, иш-аракеттенүүчү, баалоочу субъекттин жашоосунун ыкмасы. Түшүнүүнү, түшүндүрүүнү (интерпретация) ж-а колдонууну (аппликация) салыштырмалуу өз алдынча процедура катары ажыратып келген мурунку герменевтикага каршы, Г. алардын бирдиктүүлүгүн бекемдейт: түшүнүү ар дайым «түшүндүрүүчү» ал эми түшүндүрүү «түшүнүүчү» болуп эсептелинет; түшүнүү «колдонуу» катары гана мүмкүн же тексттин мазмунун азыркы замандын маданий ж-а аң-сезимдик тажрыйбасы м-н мамилелештигин, өз ара катышын аныктоо үчүн керек. Маданий саясаты интерпретациалоону Г. өткөн доор м-н учурдун диалогу катары карайт. Традиция м-н болгон диалог Г. үчүн жөн эле культурологиялык маселе эмес, өз алдынча философиялык таанып билүүнүн булагы.

**ГАЗАЛИ,** А б у Х а м и д М у х а м -м е д И б н М у х а м м е д А л ь – Г а з а л и (1059–1111) – ирандык теолог, ислам философу. Г-нин чыгармачылыгы эки этаптан турат: 1. чыгыш перипатиканын өкүлдөрүнүн таасиринин астында болуп, Аль-Фарабинин ж-а Ибн-Синанын көз караштарын пропагандалаган. Ушул учурда «Философтордун тенденциясы» аттуу философиялык эмгек жазат. 2. Скептицизм м-н пессимизмге толугу м-н өтөт. Анын «Философторду төгүндөө» деген китеби ошол учурдагы философиянын алдыңкы идеяларына каршы жазылган. Бул китепке жооп катары Ибн-Рошд «Төгүндөөнү төгүндөө» аттуу эмгек жазган. Ошону м-н бирге Г. чыгыш перипатетизминин философиялык системасынын кээ бир кемчилдиктерин ылайыктуу сындаган Г. суфизмди ачыкка чыгарган ж-а суфизмдин духуна жараша мистик болгон. Алгач себептүүлүк мыйзамынын жалпыга тиешелүүлүгүнө шек келтирип, Г. кийин философиянын көрүнүктүү душманына айланган ж-а ортодоксалдык теологиянын жаңы негиз салуучусу болгон. Г-нин идеялары мусулман философиясынын, орто кылымдагы еврей философиясынын (Маймонид, Бахья ибн Пакуда ж. б.) ж-а Европанын мистик ойчулдарынын (Луллий, Экхарт ж-а башка) окуусунун өнүгүшүнө таасир берген.
**ГАЛЕН** (болжол м-н 130–200) – грек философу, рим императору Марк Аврелийдин ж-а Луций Вердин, кийинчерээк Коммоддун өз дарыгери. Дарылоонун жалпы маңызы жөнүндө жазган ж-а көп кылымдар бою медицинанын алкагында авторитет катары каралган. Мындан тышкары философияга да кызыккан, анткени анык врач философ болушу керек деп эсептеген; анын кумирлери *Гиппократ*, *Платон*, *Аристотель* болушкан. Сезүү органдарынан тышкары таанып билүүнүн ж-а чындыктын булагы болуп акыл-эс эсептелет. Г. перипатетиктердин окуусу м-н стоиктердин окуусун байланыштырган. Анын атынан аталган төртүнчү (галендин) силлогизмдин фигурасы, ошондой эле темпераменттердин төрт типтери жөнүндө окуусу ага өзгөчө атак-даңк алып келген. Галендин пикири б-ча, адамдын темпераментинин негизинде дененин төрт суюктугу жатат (кан, былжыр, сары ж-а кара өт), ошого ылайык сангвиник, флегматик, холерик, меланхолик темпераменттери бар.
**ГАЛЕН ФИГУРАСЫ** – логика б-ча адабияттарда кээде жолугуучу жөнөкөй чечкиндүү силлогизмдин төртүнчү фигурасынын аталышы. Мис., бардык жылдыздар өз жарыгы м-н жарыктанат; Өз жарыгы м-н жарыктанган бардык асман телолору планета эмес; Бир дагы планета жылдыз эмес. Ушул фигура ж-а анын беш модусу (түрү) б. з. ч. 3-к-да эле Аристотелдин окуучусу грек философу Теофраст тарабынан ачылган. Бирок Теофраст өзү силлогизмдин төртүнчү фигурасын ачкандыгын билген эмес. Ал өзү ачкан беш модус биринчи фигуранын модустары деген чечимге келип, ошондуктан аларды мурда белгилүү болгон биринчи фигуранын төрт модусуна кошуп койгон (кара: *Жонокой чечкиндүү силлогизмдин биринчи фигурасы*). Б. з. ч. 2-к-да Клавдий Гален ушу беш модусту өз алдынча силлогизмдин төртүнчү фигурасына бөлгөн деген божомол (Ибн Рушддун күмөндүү күбөлүгүндө бул жөнүндө кабарлаган) айтылып, ошондон бери Г. ф. деп аталып калган. Логиканын тарыхчысы Я. Лукасевичтин пикири б-ча, төртүнчү фигура Гален тараптан ачылган эмес.
**ГАЛИЛЕЙ** Галилео (1564–1642) – италиялык математик, физик, астроном ж-а ойчул. Коперниктин идеяларын колдогондугу үчүн инквизация тарабынан айыпталып, алардан баш тартууга аргасыз болгон. Г. Демокритке таянып, жаңы механикалык натурфилософияга негиз салган. Г. Аристотелдин авторитетине сокур баш ийүүнү, догматикалык схолостиканы сындап, биринчи болуп илимий экспериментти системалык түрдө колдонуп, жаратылыштын кубулуштарын математикалык, геометриялык моделдештирген. Илимий изилдөө үчүн Г. авторитеттерди четке кагууну, күмөн саноону, жалпы жобону эксперимент м-н көзөмөлдөөнүн негизинде уюштурууну, ой корутундунун индуктивдик методун колдонууну талап кылган. Г. дүйнөнү математиканын, механиканын, акылдын жардамы аркасында таза механикалык ыкма м-н түшүнүүгө болот деп эсептеген рационализмдин жактоочусу болгон. Ал дүйнө чексиз, материя түбөлүк, жаратылыш бирдиктүү, ал эми жаратылыштын негизинде механиканын мыйзамдарына баш ийген, өзгөрүлбөгөн атомдордун так ирээт себептүүлүгү жатат деп эсептеген. Негизги эмгектери: «Дүйнөнүн эң негизги эки – Птоломейдин ж-а Коперниктин системасы жөнүндө диалог» (1642) «Илимдин эки жаңы тармактарына тиешелүү маектер ж-а математикалык далилдөөлөр» (орусча, 1934).
**ГАЛЛЮЦИНАЦИЯ** (лат. hallucinatio – жөөлүү, кош көрүүнү, элес) –эсте тутулуп калган элес, субъекттин ички рухий процесси реалдуулук катары кабыл алынган далилдегенге татаал сезимдердин жаңылышы. Жалган түшүнүктөрдү өзүнө камтыгандыгы б-ча Г-лар иллюзияларга окшош, бирок иллюзия Г-дан айырмаланып, реалдуу объект тарабынан чакырылат. Учурдагы Г-лардын жалпы теориясында эки гипотеза басымдуулук кылат. 1. Тиричилик тажрыйбасы, узак убакыт сакталуучу физикалык өзгөрүүлөрдүн пайда болушуна алып келет (аларды ар түрдүү айтышат: энграмма, калып, үлгү, нервдердин изи же тагы). Алар эстин, ойдун, элестетүүнүн иштөөсүндө сыртка чыгат. 2. Чөйрөдө болгон ички ж-а тышкы таасирдин ортосунда ар дайым өзгөрүлүп турган тең салмактын натыйжасында физиологиялык ж-а маданий факторлор Г-лардын мазмунунун ж-а маңызынын себеби болот. Көпчүлүк учурда Г-лар түшкө окшош. Адам уктаганда

мээге келип турган сенсордук маалыматтардын саны азайып, аң-сезимдин деңгээли төмөндөйт. Андан тышкары маңыз аң-сезим чөйрөсүнө кирет. Ойго турганда ушундай эффект мээге келип турган сенсордук сигналдардын саны кескин түрдө азайып кетишинин натыйжасы болушу мүмкүн. Г. учурунда адамдын көргөндөрүн көрүнчү деп, ал эми кулакка угулган Г-ларды акоазмдар деп аташат.

**ГАЛЬТОН** Фрэнсис (1822–1911) – англис психологу ж-а антропологу; евгениканын негиздөөчүсү. Г. өзүнүн дене ж-а рух сапаттары б-ча ийгиликтүү тукум жаралган ж-а начар муундарынын жаралышынан алдын ала сактануу шарттарын окуп-изилдеген. Анын биологиялык эволюционизмдин неизинде белгиленген тукум куучулук эрежесине (Гальтондун эрежеси) ылайык, салыштырмалуу жогору ж-а эң жогорку таланттуулуктун кээ бир учурунда, бир түрдүү индивиддердин чектен чыгуусу максимумдун жогорку маанисинин тегерегинде өйдө-ылдый болуп турат. Психикалык сапаттарды диагностикалоо максатында Г. лабораториялык изилдөө тажрыйбасында кеңири таралган бир катар приборлорду, көптөгөн илимий методикаларды иштеп чыгарган. Г. индивидуалдык айырмачылыктарды аныктоо үчүн тесттерди колдонуу идеясын сунуш кылган.

**ГАЛЬТУНГ ЮХАН** (1930-ж. т.,) – норвегиялык социолог. Футурология, эл аралык мамиле, «үчүнчү дүйнө» өлкөлөрүн өнүктүрүү, конфликттин социологиясы алкактарында иштейт. Системалык изилдөө, табият илимдеринин методдорун колдонууну жактайт. Тышкы конфликттерди баамдаш үчүн, конфликттешкен тараптардын ички тартиби ж-а тилектештиги жөнүндө түшүнүк алуу керек. «Агрессиянын структуралык теориясында» Г. салыштырма этология м-н стратификациянын функционалдык теориясына таянат. Г. конфликттик социалдык процесстердин алкагы м-н зомбулук түшүнүгүн башка адамдарга «толук жашоого» тоскоолдук кылган бардык ишмердүүлүктөргө таратат. Маселен, ресурстарды тең бөлүштүрбөгөндүктүн натыйжасында ачкачылыктан каза табуу – бул зомбулук. Өзүнүн «тынчтыктын моделдеринде» (тынчтыкта өнүгүү) Г. Гоноосфераны гумандаштыруу, коом м-н жаратылыштын катнашын оптималдаштыруну жактаган экологиялык кыймылды колдойт.

**ГАМАН** Иоганн Георг (1730–1788) – немец философу, жазуучусу. Ошол убакыттын рационализм чөйрөсүнөн айырмаланып турган мистик ойчул; өзүн-өзү «түндүктүн сыйкырчысы» деп атап, рационализм м-н агартуучулук идеаларына каршы мистикалык интуициянын чыгармачылык күчүн каршы койгон. Канттын жалаң гана акылына ээрчиген таанууга каршы, поэзияда, «адамзаттын эне тилинде» ачылган тилдин аракеттүүлүгүн, сезим м-н рухтун чыгармачылык күчүн койгон. Анын таасири классицизмдин «бороон жана кысым» доорунан баштап, романтизм м-н учурдагы тилдин философиясына чейин тараган. Ошону м-н бирге, Г. карама-каршылыктардын биримдиги болмуштун жалпы мыйзамы болот деген терең философиялык пикирди айтып, Фихтенин, Шеллингдин, Гегелдин диалектикасына чоң таасир берген.

**ГАНДИЗМ –** негиздөөчүсү М. К. Гандинин (1869–1948) атынан аталган, Индиянын көз карандысыздыгы үчүн күрөшүп жаткан учурда пайда болгон коомдук-саясий ж-а диндик-философиялык доктрина. Г. Индиянын улуттук-боштондук кыймылынын идеологиясы. Г-дин негизги саясий принциптери зомбулук кылбоонун негизинде боштондук үчүн күрөшүүгө элдин бардык катмарларын катыштыруу жолу м-н согушсуз, Индиянын эгемендүүлүгүнө жетиш; Индиянын улуттук конгрессинин жетекчилиги астында, кастасына, табына, улутуна, динине карабай, бардык Индиялыктарды эгемендүүлүк үчүн күрөшкө бириктирүү; коомдук мамилелердин алкагында жумушчуларды капиталисттердин, ал эми дыйкандарды феодалдардын камкордугу аркылуу, таптар аралык конфликттерди арбитраж жолу м-н чечип, таптык тынчтыкка жетүү мүмкүнчүлүгү концепциясы турат; патриархалдык мамилелерди идеализациалоо, элдин диний сезимдерине апеляциялоо Г-дин олуттуу өзгөчөлүгү. Зомбулук кылбоо принциби Г. өзөгү, маңызы. Ганди негиздеген ж-а анын жолун жолдоочулар кабыл алышкан эриктүүлүк үчүн күрөштүн тактикасы сатьяграхи (чындыкта туруктуулук) деп аталган. Ал эки формада: кызматташпоо ж-а граждандык баш ийбестик. Кызматташпоо англичандар берген титулдардан баш тартуу, өкмөттүк окуу жайлардын тынч уюштуруудан турган демонстрацияларды бойкоттоо турган. Граждандык баш ийбестик колониалдык бийликтин мыйзамдарды бузуу, саясий забастовка, стачкаларды уюштуруу, кээ бир учурларда салык төлөгөндөн баш тартуудан турган. Г. тактикасына колониялык бийлик м-н конфликттерди, коомдук келишпестиктерди сүйлөшүү ж-а макулдашуу жолу м-н чечүүгө умтулуу мүнөздүү. Г. философиясы байыркы ж-а орто кылымдагы индиянын философиялык окууларына, системаларына окшош. Анда эч кимге эч кандай залал келтирбөө, жашоонун аскеттик образы, адеп-ахлактык жеткилеңдик ж. б. Индия эриктүүлүккө жеткенден кийин (1947) Г. жолун жолдоочулардын арасында социалдык, экономикалык, саясий өнү-гүүсүнүн методдорун, жолдорун колдонуу маселелери б-ча олуттуу келишпестиктер болгон.

**ГАНОВСКИЙ** – Г а н о в с к и  С а в в а Ц о л о в (псевд. Трудин) (1897-ж. т.) – болгар философ-марксисти, педагог, коомдук ишмер, Болгариянын ИАнын академиги (1952). 1918-ж. БКПнын мүчөсү. 1971-жылдан СССР ИАнын чет мамлекеттик мүчөсү. Болгариядагы антифашисттик ж-а партизандык кыймылдын катышуучусу (1944). 1944- ж. 9-сентябрынан кийин маданият ж-а илим тармактарында иштеген. 1957-

жылдан БКП БКнын мүчөсү. Г. философиянын тарыхы, диалектикалык ж-а тарыхый материализм, социалисттик маданияттын теориясы, коммунисттик тарбия берүү багытында жазылган эмгектери м-н белгилүү. 20-к-дын 20-жылдарында эле Г. Лениндин философиялык идеяларын кеңири жайылтып, марксисттик философиянын өнүгүшүндөгү Лениндик этаптын ролун ачып көрсөтүп, ар түрдүү буржуазиялык философиянын агымдарын сындаган.

**ГАРТЛИ** Девид (1705–1757) – англис философу, психологу, медиги; ассоциативдик психологияны негиздөөчүлөрдүн бири. Г-нин айтуусу б-ча, тышкы чөйрөнүн таасири адамдын сезим органдарына вибрация (титирөө, термелүү) пайда кылат да, алар мээге жеткизилет. Вибрациянын тартиби, тездиги, багыты мээде руханий жаратылышы бар кандайдыр бир сезимдерди ж-а идеяларды жаратат. Г. биринчи болуп кайталануунун баттыгынан ж-а психикалык кубулуштардын алгачкы ассоциацияларынын татаалдашынын натыйжасында психикалык ишмердүүлүк акырындык м-н түзүлөт деп, ассоциация механизмин адамдын психикалык ишмердүүлүгүн түшүндүрүүчү принципке айландырган. Ушуга окшоштуруп жалпы түшүнүктөрдүн пайда болушун кайталап түшүндүргөн. Психиканы түшүнүүнүн андан ары өнүгүшүнө зор таасир кылган ушул пикирлерди Гартли өзүнүн «Адам, анын түзүлүшү, анын милдети жана үмүттөнүүсү жөнүндө ой жүгүртүү» (1749) деген эмгегинде баяндаган.

**ГАРТМАН** Николай Фон (1882–1950) – немец философу. «Таануунун метафизикасынын негизги өзгөчөлүктөрү» (1921) аттуу китебинде Г. таануунун метафизикасын субъект-объект мамилелерин кең, онтологиялык перспективада карайт. Бул маселени Г. феноменологиянын интенционалдуулук түшүнүгүнүн жардамы аркылуу субъект м-н объектинин ортосундагы катнашты иманенттик – трансценденттик катары кароонун аркасында чечүүгө умтулган. Бул позицияга жараша таануу заты таануу процесстеринен тышкары болуп, өз алдынча реалдуу болмуш болуп эсептелинет. Ушул себептен Г-дын концепциясы реалдуу болмуш – бул трансценденталдуу субъективдик деп эсептеп, ошону м-н бирге аң сезим алкагында трансценденттүү м-н иманенттүүнүн ортосунда айырмачылыкты калтырган Гуссерлдин окуусуна окшошпойт. Ошондуктан Шелерге таянып, Г. болмуштун реалдуулугун белгилейт, бирок анын реалдуулукту спиритуалдык интерпретациялаганына макул эместигин айтат. Спиритуализм м-н келишпеген пикирлерди Г. өзүнүн «Мүмкүндүк жана чындык» (1938) деген эмгегинде модалдуулуктарды анализдейт да, Г. төмөнкү чечимге келет: мүмкүндүк негизинен бул зарылчылык, ал эми зарылчылык өз кезегинде, бул чындык. Мүмкүндүк болуп реалдуу болгон же боло турган нерсе эсептелинет, ал эми реалдуу мүмкүндүктүн чындыктан эч айырмасы жок. Чындык бул бирден бир атрибуту таасирдүүлүк болгон болмуш. Философияны болмуштун түрдүү катмарларын, дүйнөнүн кубулуштарын (органикалык эмес, органикалык, руханий) изилдөөчү илим катары карайт.

**ГАРТМАН** Эдуард (1842–1906) – немец философу, *иррационализм* ж-а *волюнтаризм* агымынын өкүлү. Г. Гегель м-н Шопенгауэрдин философияларын бириктирип, аны бир динамикалык метафизикага айландырып, Шеллингдин философиясынын алынган «акылдан тышкары» (бессознательное) түшүнүгүн киргизип, ошондой эле Лейбництин индивидуалдуулуктар жөнүндө окуусун ж-а учурдагы табият илиминдеги реализмди колдонуп өзүнүн системасын түзгөн. Г. спекулятивдик-индуктивдик методдун жардамы аркасында аң-сезимдин ичинен аң-сезимден тышкары жаткан (аң-сезимдин трансценденттик тарабы) акылдан тышкары нерсени аныктаганга умтулган. Адамдарда ушул акылдан тышкаркы нерсе рух дүйнөсүн түзөт. Дүйнөлүк процесстин өнүгүүсүндө акыл-эс канчалык жогору көтөрүлсө, ал ошончолук төмөнкү абалды түшүнөт: бардык каалоо, эңсөө, бактысыздыкты, азап чегүүнү алып келет, ошондуктан бакыт каалоодон баш тартуу гана абалдардын эң жакшысына – оңойлукка, бакыттын бирден бир түрү ж-а ордун баскан нерсеге алып келет. Оңойлукка жетүү үчүн адамзат үстөмдүк кылган үч иллюзиядан: жашоо-тиричиликтеги бакыттан, тиги дүйнөдөгү бакыттан, коомду оңдоо ж-а өркүндөтүүнүн аркасында жетишкен бакыттан кутулушу керек. Г. иудей ж-а христиан диндерине каршы чыккан.

**ГАССЕНДИ** Пьер (1592–1655) – француз философу, физик, астроном, математик. *Аристотелдин* ж-а *Декарттын* окууларын бурмалаган схоластиканы кескин түрдө сындаган. Өзүнүн философиясын Эпикурдун материалисттик окуусунун негизинде түзгөн. «Философиянын жыйнагы» (1658) аттуу негизги эмгегинде философияны үч бөлүккө бөлөт: скептицизм м-н догматизмди сындаган ж-а таануунун аныктык, шексиздик проблемасын талдаган логика бөлүмү; атомисттик теорияга негизделген, мейкиндик м-н убакыттын жаратылбагандыгын ж-а жоголуп кетпестигин, объективдүүлүгүн далилдеген физика бөлүмү; аскеттик диндик моралга каршы, Эпикурдун гедонизмин колдогон этика бөлүмү; Г. астрономияда көптөгөн орчундуу байкоолорду ж-а ачылыштарды (күндүн дискасы б-ча Меркурийдин өтүшү, мурда ачылган Юпитердин төрт жандоочусунан сырткары бешинчисин ачуусу) жүзөгө ашырган. 17-к-дын тарыхый кырдаалында Г. философ ж-а окумуштуу катары прогрессивдүү роль ойногон. Бейль айткандай, Г. философтордун арасындагы эң зор окумуштуу ж-а окумуштуулардын арасындагы эң зор философ болгон.

**ГАУДАПАДА** (болжол м-н 7–8-к-дарда жашаган) – байыркы индиянын ойчулу, *адвайта-ведантанын* биринчи систематикалык түшүндүрмөсүнүн автору. Бизге жеткен маалыматтар б-ча Г. Шанкаранын окутуучусу Говинданын үйрөтүүчүсү, устаты болгон. «Мандукья-упанишаданын» комментариясы «Мандукья-корикада» Г. адвайта-ведантанын маанилүү маселелерин: брахман м-н атмандын бирдейлигин, бошонуунун, кутулуунун ыкмасы катары майя, акылмандулукту («джняна»), абсолюттун таптакыр түшүнүк-сүздүгүн ж. б. анализдейт. Г. окуусунда ага чоң таасир берген (өзгөчө мадхьямиканын негативдик логикасы) буддизм м-н көп окшоштуктары бар.

**ГАУТАМА** Сиддхартха Б у д д а Ш а к ь я - М у н и (даанышман (просветленный), шакья уруусунан чыккан календер), (б. з. ч. 556–476) – Ганг дарыясынын ортоңку агымында отурукташкан шакья уруусунун падышасынын уулу. Индия м-н Непалдын чегарасына жакын Гималайдын этегинде туулган. Жашоодо оору-сыркоо, карылык, өлүм сыяктуу көрүнүштөр жөнүндө эч кандай түшүнүгү жок көп убакыт жашоо жыргал ж-а керемет деген иллюзияда жашаган. Г-нын дүйнө жөнүндө иллюзиясы кыйрагандан кийин, жети жыл календерчилик кылып, даанышмандыкка жетишет. Анын көз караштарынын негизин төрт чындык түзөт: Дүйнөдө бардыгы туруксуз, түбөлүк субстанциясы жок, ошондуктан, толтура кайгы-капачылык бар; Азап, кыйынчылыктын себеби бул жашоого, кумардануугa, каалоого, ышкыбоздукка чаңкоо; Азап кыйынчылыктан кутулуу үчүн адам кумардануудан, каалоодон баш тартып чаңкоону токтотушу керек; Кайра жаралуунун чынжырынан (сансара) бошонуп, нирванага жетүү үчүн туура сегиз жолду кармануу зарыл (кара: "*Туура сегиз жол*"). Г. ушул окуусунун негизинде дүйнөлүк диндердин бири -буддизмди ойлоп чыгарган. Буддизм азыркы учурда Шри-Ланка, Япония, Кытай, Непал, Бирма, Тибет ж. б. өлкөлөрдө ар түрдүү формаларда кеңири тараган дин болуп эсептелет.

**ГВИШИАНИ** Джермен Михайлович (1928-ж. т.,) – советтик философ ж-а социолог, СССРдин Илимдер Академиясынын академиги (1979, 1970-ж. корр. мүчө). 1951-ж. Москва эл аралык байланыштар институтун бүткөн. 1965-жылдан СССР Министрлер Советинин илим ж-а техника б-ча Мамлекеттик комитеттин (ИТМК) председателинин орун басары, 1977-жылдан Жалпы союздук илимий изилдөө институтунун ИТМК ж-а СССР ИАнын системалык изилдөө бөлүмүнүн жетекчиси. Башкаруу ж-а коомдук уюштуруу б-ча көптөгөн олуттуу илимий изилдөөлөрдүн автору. Негизги эмгектери: Бизнестин социологиясы М., 1962, Илимий саясат ж-а илимдин коомдук ролу, М., 1968, Уюштуруу ж-а башкаруу. М., 1972.

**ГЕГЕЛЧИЛИК** (Гегельянство) – Гегелдин окуусун ж-а идеяларын өнүктүрүп, тереңдеткен философиялык агым. Германиядагы Гегелдин мектеби теисттик оң канат улуу гегелчилер (Гешель, Дауб, Гинрихс, Габлер ж. б.) ж-а радикалдык сол канат, жаш гегелчилер (Руге, Бруно Бауэр, Фейербах, Штраус ж. б.) болуп ажыраган. Консервативдик улуу гегелчилердин өкүлдөрү 19-к-дын 30–40-жылдарында Гегелдин окуусун диндик-христиандык интерпретациялап, акыл м-н диндик ишенимдин синтези принцибин жактоого аракет кылышкан. Кийинчерээк радикалдык жаш гегелчилерге каршы өз окууларын улантышкан. Г-тин тарыхында 1838-ж. жаш гегелчилер тарабынан уюштурулган жылына бир жолу басылып чыга турган илим ж-а искусство маселелерин талдаган жыйнактар чоң таасир берген. 1843-ж. бул жыйнакка тыюу салынган. Жаш гегелчилер Гегелдин философиясын интерпретациялап, христиан динин сындашкан. Алгач Д. Штраус өзүнүн «Иисустун өмүрү» (1835) деген китебинде евангелиенин догматтарын сындап, Бауэр динди коомдук аң-сезимдин жалган формасы катары караган. Оң ж-а сол канаттын эки арасындагы позицияны Розенкрантц, Эрдман ж. б. ээлешкен. Маркс м-н Энгельс Гегелдин диалектикалык методун өздөрүнүн тарыхты материалисттик түшүнүүсүнүн негизине тургузушкан. Г. Францияда, Англияда, Италияда, АКШда, Россияда, Голландияда ж-а Скандинавия элдеринде кеңири тараган. Немис ойчулдарынын бири дагы башка улуттарга ушунчалык көп таасир берген эмес.

**ГЕГЕЛЬ** Георг Вильгельм Фридрих (1770–1831) – немец философу, объективдүү идеалист, немец классикалык философиясынын көрүнүктүү өкүлү. Өзүнүн философиясын бүтүн батыш философиясынын тарыхынын жыйынтыгы деп эсептеген. Г-дин ою б-ча, философия м-н теология бир нерсени – абсолютту талдайт. Абсолют – Кудай – бардык нерседе бар, бирок жалаң гана ойдо адекваттуу формада чагылат. Г-дин көз карашында бирден-бир субстанция, негиз, маңыз катарында тынымсыз өнүгүүдө турган «абсолюттук идея» (жогорку акыл-эс, ой, абсолюттук түшүнүк) философиялык анализдин изилдөө объектиси катары алынган. Анын системасында абсолюттук идея реалдуу дүйнөнүн түпкү себеби, чыныгы болмуш ирээтинде ички мыйзам ченемдүүлүгүнө байланыштуу өзгөрүүдө болуп, өзүнүн «инобытиесине» өтөт, б. а. «кубулуп» табиятты жаратат (анын кейпин кийет), андан кийин адамдардын болмушун, турмушун, жашоосун аныктайт, социалдык сфералардын түрдүүлүгүн ж-а динамикасын шарттайт, адамзаттын руханий дүйнөсүнүн өнүгүшүнүн негизин түзөт. Г-дин пикирине ылайык өз учурунда руханий аныктык же абсолюттук дух тынымсыз өзгөрүп отуруп, кайрадан абсолюттук идеяга келип такалат, б. а. анын философиялык системасы туюк система болуп эсептелет. Г-дин системасы үч бөлүктөн турат: дүйнөнүн жаратууга чейинки Кудайдын болмушун талдаган логикадан; материалдык дүйнө м-н Кудайдын мамилеси үзүлгөндүгүн караган

натурфилософиядан; адамдын рухунда өзүнө же өзүн өзү ойлоого өзү жараткан нерседен кайрадан кайтып келүүсүн сүрөттөгөн рух философиясынан турат. Аягында кайрадан логика орун алат, бирок, бул жолу адамдын ичинде Кудай тараптан ишке ашкан, бирок Кудайдын өзүнөн мааниси б-ча айырмаланбаган көрүнүш катары. Г. абсолюттук идеяга чексиз, түбөлүктүү кыймыл, өнүгүү аркылуу реалдуу дүйнө, анын көрүнүштөрү, чагылыштары тынымсыз өсүүдө, өзгөрүүдө, карама-каршылыктарда, өз-ара аракеттенишүүдө болот деп жыйынтык чыгарат. Ушунун негизинде Г. философиялык рефлексиянын өнүгүшүндө зор мааниге ээ болгон диалектиканын негизги мыйзамдардын ж-а категорияларын ачкан.

**ГЕДЕЛЬ** Курт (1906–1978) – австриялык логик ж-а математик. Веналык ийримдин катышуучусу. Г. математикалык логиканын, көпчүлүк теориясынын, моделдердин теориясы б-ча бир катар зор маанилүү натыйжаларга жетишкен. Алардын ичинде предикаттардын кууш эсебинин толуктугу жөнүндө теорема, математиканы арифметизациалоо методу, көпчүлүк теориясынын бир катар маанилүү гипотезаларынын карама-каршы эместигин далилдөө ж. б. Г-дин эң атактуу теоремасы –бул формалдык системалардын толук эместиги ж-а карама-каршылыксыздыгы. Биринчи теоремасы б-ча, эгер арифметикалык формалдык системада карама-каршылык болбосо анда ал толук эмес. Экинчисине төмөнкү пикир ылайык: эгер формалдык система карама-каршылыксыз болсо, анда анын карама-каршы эместигин системанын ичинде формалдуулашкан каражаттар м-н далилдөө мүмкүн эмес. Бул теоремаларга математикалык логиканын, далилдөө теориясынын алкагында ж-а ошондой эле методологиялык ж-а гносеологиялык мүнөздөгү бүтүмдөрдүн көпчүлүгү негизделет.

**ГЕДОНИЗМ** (гр. hedone – ыракат, жыргал) – адамдын адеп-ахлак жүрүм -турумунун максаты, далили же мотиви катары сезимдин, көңүлдүн ыракатын, жыргалын эсептеген этикалык багыт. Г. б-ча жакшылык – бул азап чегүүдөн кутулуп, ыракаттануу, ал эми жамандык – жапа чегүү, мээнет. Г-ди байыркы Грецияда Киреналык Аристипп негиздеген (ошол себептен киреналыктардын философиясы деп аталат). Өзүнүн эң өнүккөн формасы Эпикурдун окуусунда чагылдырылган. Гедонисттердин айтуусу б-ча изгилик кайрымдуулук – бул ыракаттанууга жөндөмдүүлүк, бирок билимдүү, көрөгөч, акылман адам гана туура ыракаттана алат. Себеби ал ар бир пайда болгон эңсөөгө сокур жетеленбей, ыракаттан жогору турат. Байыркы гедонисттер шайыр мүнөздүү, адамдар м-н пикир алмашуунун ыракатын же болбосо наааразылык м-н кеселден тышкары болууну жогорку ыракат деп санашкан. Гельвеций м-н Ламетри гедонист болушкан.

**ГЕЙЗЕНБЕРГ** Вернер (1901–1976) – немец физик-теоретиги, кванттык механиканын негиз салуучусу. Кванттык электродинамиканын, талаанын кванттык теориясын, ядронун теориясын, космостук жарыктын таралуусунун физикасын, элементардык бөлүкчөлөрүн теориясын өнүктүрүүдө орчундуу салым кошкон. Классикалык түшүнүктөрдү микро дүйнөгө колдонуусун чектеген дайынсыздыктардын катнаштарын формулировкалаган. Бул пикир б-ча, атомдордун ички процесстерин так себептик түшүндүрүү мүмкүн эмес. Ошондуктан ал себептүүлүктүн законунун аныктыгын эмес, адамдын себептүүлүк изилдөөсүнүн аныктыгына шек келтирген бир катар гносеологиялык маселелерди жараткан. Г. үчүн дайынсыздыктардын катнашы жалгыз эле механиканы эмес, себептүүлүктү материалисттик түшүнүүнүн бардыгын сындаган негиз болуп, теорияда ж-а эксперименттe объективдүүнү ж-а субъективдүүнү так ажыратуунун керектигин тануўга алып келген. Өмүрүнүн акыркы жылдарында бүтүн ж-а бөлүктүн диалектикасын философиялык анализдөөгө чоң көңүл бөлүп, Платондун объективдүү идеалисттик көз караштарына окшош бир катар тыянактарды чыгарган.

**ГЕЙЛИНКС** Арнольд (1624–1669) – голландиялык философ. Католик дининен реформисттик ишенүүгө өткөндөн кийин Декарттын дуализмин негизге алып, клерикалдык ж-а схоластикалык ой жүргүртүүгө каршы күрөшкөн. Окказионализмдин негиздөөчүсү. Бул окууга ылайык, руханий процесс тийиштүү денелик процесстин башталуусу үчүн козгоочу, түрткү болуучу нерсе, ал эми денелик процесс тийиштүү психикалык процесстин башталуусуна түрткү болот. Кандайдыр бир процесстин башталуусу Кудай тараптан чакырылат. Биз бул окуялардын көрүүчүсү эле болгондуктан (анткени биз рух жөнүндө билгенибиз аз, дене жөнүндө – андан аз, ал эми алардын өз ара аракеттенишүүсү жөнүндө – баарынан аз), акыры боло турган ишке кыңк этпей моюн сунушубуз керек деген пикирди айткан.

**ГЕККЕЛЬ** Эрнст (1834–1919) – немец зоологу. «Дүйнөлүк табышмактар. Биологиянын философиясы б-ча жалпы элге түшүнүктүү лекциялар» (1899) аталган негизги эмгеги ошол учурда кеңири жайылып, натурфилософияга чоң таасир тийгизген. Г-дин пикирине ылайык, априордук маалымат болбойт; мурунку муундардын тажрыйбасынан мураска ээ болуу мыйзамынын жолу м-н алынган гана маалымат болот. Философия өнүгүү принцибине негизделиш керек. Материянын «алгач башталышы» м-н анын кыймылынын формаларын андаса болот. Дүйнөлүк окуяларды багыттаган Кудайдын бардыгынын божомолун четке кагуу керек. Г. өзүнүн окуусун монизм деп атаган.

**ГЕЛЕН** Арнольд (1904–1976) – немец философу, философиялык антропологиянын эң көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири. Анын «Эрктин эркиндигинин теориясы» (1932), «Мамлекет жана философия» (1935) ж. б.

эмгектери Фихтенин көз караштарынын таасири астында жазылган. 1930-ж. аягында Г-дин назары антропологиялык маселелерди чечүүгө багытталат да, «Адам. Анын жаратылышы жана дүйнөдөгү орду» (1940) деген трактат жазып, анын кээ бир маселелерин «Байыркы адам жана кийинки маданият» (1954) аттуу эмгегинде тактап, өнүктүрөт. Маданият ж-а техниканын философиясын сындаган пикирде жазылган эмгектери болуп «Техникалык доордогу рух» (1957) ж-а маданий-сын «Замандын көрүнүштөрү», «Учурдагы живопистин социологиясына жана эстетикасына» (1960) жыйнактары эсептелет. Г-дин жыйынтыктоочу «Мораль жана гипермораль» (1969) китебинде Г. «плюралисттик этика» концепциясын системалуу түрдө берет. «Адам деген эмне?» деген философиялык антропологиянын негизги суроосуна Г. теологиялык ж-а эволюциялык теориялардан бөлөк түшүндүрмө берүүгө умтулат. Адамды Кудай жараткан эмес, ошону м-н бирге ал жандуу жаратылыштын эволюциясынын натыйжасы эмес. Адамдын өнүгүүсүн Г. субъективдүү ж-а объективдүү байланыштан, жашоонун зарыл шарттарынан издеп табууга аракеттенет. Өзүн түз кармап басуу ж-а мораль сыяктуу факторлорду бирдиктүү системанын алкагында байланыштырган категорияларды издейт.

**ГЕЛИОЦЕНТРИЗМ** (гр. helios – Күн) – дүйнөнүн гелиоцентристтик системасына ылайык, өзүнүн огунун тегерегинде айланган Жер, Күндүн тегерегинде айланган планеталардын бири. Ушундай системаны жактап айтылган пикирлер Аристарх Самосский м-н Николай Кузанскийде ж. б. кездешсе да, бул теориянын чыныгы жаратуучусу болуп, аны математикалык негиздеген ж-а ар тараптан иштеп чыккан Коперник эсептелет. Илимдин өнүгүүсү м-н Коперниктин системасы такталып, толукталган: Күн ааламдын борборунда эмес, күн системасынын борборунда турат. Ушул системаны негиздөөдө абдан чоң роль Галилейге, Кеплерге, Ньютонго тиешелүү. Г. Ньютондун бүткүл дүйнөлүк тартылыш мыйзамы м-н механиканын закондору планеталардын кыймылдоосунун өзгөчөлүктөрүн түшүн-дүргөнүнөн кийин биротоло жеңишке ээ болгон.

**ГЕЛЬВЕЦИЙ** Клод Андриан (1715–1771) – француз философ-материалисти; 18-к-дагы Француз буржуазиялык революциянынын идеологу. Иезуиттик колледжди бүтүргөн. Г-дин философиясынын негизинде идеалисттик элементтери алынып ташталган Локктун сенсуализми турат. Адамдын идеяларын, муктаждыгын. дилгирленүүсүн, ышкыбоздугун, ой жүгүртүүсүн, жүрүм-турумун ж-а мамилечилдигин, анын сезүү жөндөм-дүүлүгүнөн чыгат деп эсептеген. Адамдарды жерди иштетүүгө, коомдорго биригүүгө, өз ара келишимдерди түзүүгө аргасыз кылган себеп – ачкачылык, чаңкагандык ж. б. сезимдер. Адамдын ишмердүүлүгүнүн мотиви болуп өзүн сүйгөндүк эсептелет. Ошондуктан адеп-ахлакты үйрөтүү, насыят айтуу эч нерсеге алып келбейт. Бирок коомдук чөйрө адамды тарбиялоодо чоң роль ойнойт. Мыкты мыйзам чыгаруучу – бул коомдук ж-а жеке кызыкчылыктын айырмачылыгын жок кыла ала турган киши. Г-дин адамдын мүнөзүнө, тарбиясына, коом чөйрөсү чоң таасир берет деген пикири, анын коомдук ж-а жеке кызыкчылыктардын гармониялык айкалышы, ошондой эле адамдардын бардыгынын акыл жөндөмдүүлүгү бирдей деген идеялары утопиялык социализмдин түзүлүшүнө таасир берген. Локктун «Адамдын акылына карата тажрыйба» деген эмгеги түрткү болуп жазылган Г-дин «Акыл жөнүндө» (1758) деген китеби феодалдык диний идеологияга ж-а католик чиркөөсүнө каршы багытталгандыктан 1759-ж. парламенттин буйругу б-ча мамлекетке ж-а динге коркунуч туудурган эмгек катары отко жагылган. Г. өлгөндөн кийин анын «Адам, анын акыл жөндөмдүүлүгү ж-а тарбиясы жөнүндө» аттуу эмгеги жарык көргөн (1772; орусча котормосу 1938-ж.).

**ГЕНДЕР** – аял ж-а эркекке таандык маданий уюштурулган белгилери бар жыныстын социалдык конструкциясы; Г-дик изилдөөлөрдүн негизги түшүнүгү. Г-дин антиподу болуп биологиялык жыныс (sex) эсептелет. Жыныстык айырмалардын социалдык жаратылышы көп окумуштуулар тарабынан изилденген. З. Фрейд маскулиндик ж-а фемининдик аныктоолорду ж-а маселелерди өзүнүн «Сексуалдуулук жөнүндө үч эссе» (1905) аттуу эмгегинде талдаган. Маргарет Мид өзүнүн «Үч примитивдүү коомдогу секс жана темперамент» (1935) деген эмгегинде сексуалдуулуктун биологиялык негизин ж-а Г-дин социалдык жаратылышын талдаган. Г. түшүнүгүн эң алгач америкалык психоаналитик Роберт Столлер «Секс жана гендер» (1968) деген эмгегинде илимге киргизген. Столлер биологиялык аномалиялардын типтерин (гермафродиттер кызтеке), ошондой эле биологиялык нормалдуу, бирок психологиялык өзгөрүлгөн типтерди (транссексуалдар м-н трансвеститтер) изилдеп, натыйжада Г-дик бирдейликтин пайда болуусу, жаралуусу адам туулгандан кийин пайда болот деген тыянак чыгарат. Жалпылап айтканда, Г. бул социалдык конструкциянын процесси, социалдык стратификациянын системасы, биологиялык жыныстан айырмаланып, идеологиянын, практиканын, социалдык институттардын таасири аркасында өзгөрө алат.

**ГЕНДЕРДИК ИЗИЛДӨӨЛӨР** жыныс категориясын комплекс катары системалык изилдөө максатта учурдагы социомаданий окуулардын ичинен динамикалык өнүгүп жаткан жаш дисциплина. Г. и. предмети жыныстардын – эркек м-н аялдардын өз ара мамилелери, алардын кандайча өнүгүүсүн, иштөөсүн ж-а адамдын жашоосуна таасир берүүсүн талдоо эсептелет. Г. и-дүн максаты, бул жыныс категориясын өзүнө

жыныстык бирдейлик ж-а жыныстык айырма, жыныс аралык мамилелер, жыныстык тартип ж. б. камтыган комплекс катары кароо. Г. и. негизги теориялык булагы болуп, либералдык ой-пикир, социалисттик традиция ж-а психоанализ эсептелет. Либерализм м-н Агартуунун дискурсунан Г. и. эмансипация, теңдик, автономдуулук, прогресс ж. б. идеяларын; илимий социализм м-н марксизмден – жыныс аралык мамилелерди эксплуатация ж-а үстөмдүк кылуунун социалдык өзгөчө механизми катары түшүнүүнү; психоанализден жыныс м-н жыныстык бирдейликти социалдык ж-а маданий аныктоо теориясын алган. Азыркы учурда Г. и. постструктурализм, деконстукция ошондой эле башка жаңы теориялык агымдар м-н тыгыз байланышта. Бирок, Г. и. бирдиктүү окуу, доктрина же система эмес. Негизги бириктирүүчү категория катары жыныс («гендер») эсептелет ж-а коомдун жыныстык түзүлүшүн, жыныс аралык мамилелерди адилеттүүлүк м-н теңдик тарапка өзгөртүү ж. б. идеяларын коргошот.
**ГЕНДЕРДИК ТЕХНОЛОГИЯЛАР** – жыныс институтунун ж-а тиешелүү жыныстык идентификациянын түзүлүшүнүн механизми, ыкмасы, жолу. Учурдагы социалдык жыныстын аныктамасынын логикасы «жыныс – дискурс – бийлик» түшүнүк-төрүнүн ажырагыс байланышын көргөзөт. Г. т. м-н дискурс өз ара байланышта: негизинде алар дискурсивдик механизмдер; алар тараптан гендердин түзүлүшүнүн баскычтары, формалары регламентацияланат ж-а берилет. Г. т. гендер кантип түзүлөөрүн, жыныс кандайча идеологиянын натыйжасы болуп калгандыгын көрсөтөт. Г. т. негизинен тил, дин, билим, тарбия берүү ж. б. турат. Азыркы учурда булардан тышкары дизайн, искусство, мода, реклама, кино, телекөрсөтүү, массалык, маданияттын имидждик агымы ж. б. кирет. Ушул нерселердин натыйжасында бардык адамдардын аң сезиминде «чыныгы аялдын» же «чыныгы эркектин» элеси орун алат.
**ГЕНЕАЛОГИЯ** – алгач адамдын пайда болушун аныктаган анын ата-тегинин, тукумунун тизмеси. Ал эми философияда генеалогия – бул социалдык- маданий көрүнүштөрдүн өзгөрүлбөстүгүн танган классикалык эмес ыкма Г. Ф. Ницше тарабынан киргизилип, кийин М. Фуко андан ары өнүктүргөн. Г. өзүнө адамдын реалдуу денелик көрүнүшүнүн белгилүү шарттарын камтыган конкреттүү себептердин көпчүлүгүн камтыйт. Ницше моралдын тарыхын сызыктуу өнүгүүнүн алкагында көрсөткөн анын бардык тарыхын пайдалуулукка алып барган утилитаристтик тенденцияга каршы чыккан. Ницшенин айтуусунда сөздөр өзүнүн маанисин өзүнө камтыбайт, каалоолор бир гана нукка багытталбайт, ал эми идеялар өзүнүн логикасын сактабайт. Тил м-н каалоолордун дүйнөсүнө кол салуу, күрөш, маскировка ж-а куулук тааныш. Г. окуялардын укмуштуулугун бир маанилүү натыйжасынан көз карандысыз түбөлүккө калтырат. Г. иш жүзүнө ашпаган же окуяга катышпаган элементтерди да таап чыгат. Ошондуктан, Г. майда-бараттардын бардыгын билүүнү, чыдамдуулукту талап кылат ж-а материалдын эбегейсиз көптүгүнө көз каранды. Г. бир түрдүү болуп көрүнгөн нерсенин гетерогендүүлүгүн таап, айкындайт. Натыйжада, Г. өзүн денеге бириктирет. Ницшенин айтуусунда Г. ролу моралдын, идалдардын, метафизикалык концепциялардын, эркиндиктин же аскеттик жашоонун концепцияларынын тарыхын жазуу эсептелет.
**ГЕНЕЗИС** (гр. genesis – пайда болуу, жаралуу, орун алуу). Алгач Г. термини байыркы грек мифологиясында колдонулган. Кийинчерээк философиянын (Фалес, Гераклит, Кант, Гегель ж. б.) о. эле табият илимдеринин (Кант-Лапластын космогоникалык гипотезасы, Дарвиндин эволюциялык теориясы) алкагына тараган. Материалисттик философияда Г. түшүнүгү көп учурда жаңы нерсенин пайда болуусунун өбөлгөсүн эски нерсенин (же көрүнүштүн) ошол өбөлгөлөрдүн негизинде пайда болгондугун белгилөө болуп эсептелет.
**ГЕНЕТИКАЛЫК МЕТОД** (гр. genesis – пайда болуу, жаралуу) – жаратылыш ж-а коомдук көрүнүштөрдү алардын өнүгүүсүн талдоонун негизинде изилдөөнүн жолу. 17-к-дан биологияда эволюциялык теориянын, космогонияда Кант-Лапласттын гипотезасынын, геологияда Лейлдин теориясынын, математикада дифференциалдык эсептөөнүн орун алуусунун натыйжасында пайда болгон өнүгүүнүн идеясы. Г. м. аксиомалык методду негиздөөчү метод катары азыркы математика м-н логика кирет. Г. мөнүгүүнүн баштапкы шарттарын; негизги этаптарын; өнүгүүнүн багытын, тенденциясын тактоону талап кылат. Мындай изилдөөнүн негизги максаты – бул каралып жаткан кубулуштардын убакыттагы байланышын аныктоо ж-а төмөнкү формалардан жогорку формаларга өтүүсүн изилдөө. Бирок, Г. м. татаал өнүгүү прцессин ар тараптан талдоого мүмкүнчүлүгү болгондуктан, учурдагы илимде бирден-бир, абсолюттук метод катары эмес, башка методдор (структуралык-функционалдык анализ, системалык анализ, салыштырмалуу-тарыхый метод ж. б.) м-н бирдиктүү колдонулат.
**ГЕНЕТИКАЛЫК СТРУКТУРАЛИЗМ** – Пьер Бурдье негиздеген постструктуралисттик интегративдик социологиялык концепция. Структуралисттик методология социологиялык изилдөөлөрдүн предметтик аймагын аныктоого Бурдьеге мүмкүндүк берген. «Эпистемалогиялык мектеп» м-н структурализм б-ча социалдык дүйнөдө адамдардын эркинен ж-а аң-сезиминен көз карандысыз объективдүү түзүлүштөр бар. Алар тажрыйбаны иш жүзүнө ашырууда мүмкүнчүлүктөрдү түзө алышат же тескерисинче токтотуп, басаңдатып, чектейт. «Эпистемалогиялык мектеп» тарыхый реалдуулуктун негизинде мамилелердин түзүлүшүнүн пайда болуусунун тарыхын окуп үйрөнүүнүн зарылчылыгын белгилейт. Бурдьенин пикири б-

ча, социология тек гана структуралардын бар экендигин констатациялабай, учурдагы тарыхый процесстин жыйынтыгы болгон структуралардын пайда болуусун изилдөөгө тийиш, ошондой эле структуранын ар бир абалынан бир эле убакытта мурда болгон трансформация үчүн же структураны сактап калуу үчүн күрөштү же боло турган трансформациялардын принцибин таба алган «структуралык тарыхты» түзүү керек.

**ГЕНИАЛДУУЛУК** – адамдын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнүн, ишмердүүлүгүнүн эң жогорку баскычы. Г. термини адамдын чыгармачылыкка жөндөмдүүлүгүн ж-а ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын баалоодо колдонулат. Тигил же бул тармакта натыйжалуу ишмердүүлүккө тубаса жөндөмдүүлүгү бар гениалдуу адам, таланттуулуктан айырмаланып, жөн эле шыктуулуктун жогорку баскычы болбостон, жаңы сапаттагы чыгармаларды жаратуу ж-а чыгармачылыктын мурун болуп көрбөгөн жолдорун ачуу м-н байланыштырышат.

**ГЕНИЙ** (лат. genius) – үйдү, үй-бүлөлүк очокту, бүлөнү, шаарды, мамлекетти, коргоочу табияттан тышкары мифтик образды түшүн-дүргөн, римдиктерде пайда болгон түшүнүк. Азыркы учурда дүйнөлүк адабиятта түшүнүгүнүн оригиналдык жөндөмдүүлүгү катары чыккан чыгармачылык зээндүүлүктүн эң жогорку баскычы ж-а ушундай зээндүлүгү бар адам. 18-к-дагы немис поэзиясы м-н философиясында Г. – бул көрүнүктүү, бөтөнчө адам. Кант гениалдуу адамды «табияттын сүймөнчүгү» атап, ал эми Г. – бул рухий тубаса касиет деп айтат. Ушул тубаса касиеттин аркасынан жаратылыш жалгыз же илимге эмес, искусстволорго да эреже тапшырат. Гамман, Гердер ж-а «Бороон жана кысым» учурундагы Г-дин культуна кошулуп, Гете Г-ди эң жогорку форма жаратуучу жөндөмдүүлүк катары түшүндүрөт; Шиллер Г-ди чыгармачылык аңкоолук катары караган. Ницше дагы чыгармачылык балалыкты Г-дин негизги сапаты деп эсептеген. Жаңы Мезгилде Г. м-н акылдан адашууну бир катарга коюу (Моро де Тур, Ломброзо ж. б.) аракети жасалган. Чынын айтканда көптөгөн гениалдуу адамдар кээде жиндилик абалда (Тассо, Свифт, Ленау, Шуман, Галлер, Ницше) болуп турушкан. Г-дин психопатология, шизофренияга окшоп кеткен чыгармачылыкка чаңкагандыгы, жаратуунун өтө жогорку фазалары, учурдагы психиатрияда кеңири карала элек.

**ГЕНОТИП** (гр. genos – жаралуу, пайда болуу, typos – форма, түр, түзүлүш) – ата-энесинен алынган белгилүү бир организмдин гендеринин жыйындысы, генетикалык конституция. Алгач термин 1903-ж. даниялык биолог Б. Иоганнсен тарабынан киргизилген. Ар бир микроорганизмдин, өсүмдүктүн ж-а жаныбардын өзүнө мүнөздүү генотиби болот. Ушуну м-н бирге ар бир түрдүн ичинде организмдер өзүнүн генотиби б-ча айырмаланышат. Адамзаттын ичинде окшош Г. жалгыз гана бир урук клеткасы бар эгиздерде кездешет.

**ГЕНОЦИД** (гр. genos – уруу, урук ж-а лат. caedo – кырам) – калктын айрым тобун расалык, улуттук же диний ишенимине карап кырган адамзатка каршы оор кылмыштын бири. Экинчи дүйнөлүк согушта (1939–1945) гитлерчилердин бейкүнөө элди (көбүнчө славян ж-а еврейлерди) кырышы. Геноцидге айкын далил 1965-ж. ООНдо (БУУ) расизмдин бардык формаларын (анын бутагы болгон Гитлерди да) жоюу ж-дө конвенция кабыл алынып, расалык, улуттук, диний айырмачылыкты кодулоого катуу тыюу салынган.

**ГЕОГРАФИЯЛЫК МЕКТЕП** – коом ж-а элдин өнүгүшүндө бирден-бир ролду географиялык абал м-н табигый шартта ойнойт деген социологиядагы натуралисттик агым. Бул багыттын жеткен формасы механикалык географиялык детерминизм, бул б-ча адамдын иш-аракетин толугу м-н табигый чөйрө шарттайт. Геого-лык чөйрөнүн (өзгөчө климаттын) каада-салтка, адеп-ахлакка, башкаруу мүнөзүнө ж-а айрым коомдук-тарыхый процесстерге таасир этүү маселесин антикалык авторлор да караган. (Гипократ, Геродот, Полибий). Капитализмдин калыптануу доорунда (16–18-к.). коом ж-а анын мекемелеринин өнүгүшү спецификалык табигый шарттардын таасири астында болот (Монтескье, Тюрго ж. б.) деген объективдүү идея прогрессчил болгон, анткени ал тарыхты мифологиялык-теологиялык талдоолорго карама-каршы турган. Г. м-тин багытына дал келген кең-кесири социологиялык система 19-к-да түзүлгөн (Бокль, Кузен, Ренан, Тэн). Социалдык-философиялык ой-пикирдин эволюциясы коом м-н табиятты глобалдык деңгээлде салыштыруудан геогографиялык чөйрөнүн ар түрдүү факторлорунун таасирин (климатты, кыртышты, флораларды, космостук процесстерди ж. б.) изилдөөгө өткөн. Империализм доорунда Г. м-тин чегинде өтө реакциячыл агым нем. геосаясатчылардын мектеби келип чыккан. Г. м-ти антиисторизм ж-а натурализм бөлүп турат.

**ГЕОГРАФИЯЛЫК ЧӨЙРӨ** – табияттын адам коомун курчап турган бөлүгү, кишилер күн өткөргөн жер. Г. ч-нүн 1) коомду курчап турган жердеги чөйрө; 2) адамдын эркинен тышкары пайда болгон табигый шарттардын комплекси (шаар-кыштак, завод, электр станция ж. б.); 3) табият м-н коом бири-бирине тикеден-тике таасир эткен гана чөйрө; 4) адам коому өз мүдөөсүнө жараша улам жаңыдан өздөштүрүп ж-а кеңейтип отурган мейкиндер сыяктуу белгиси бар. Бирок коомдун өнүгүшүндө Г. ч. чечүүчү мааниге ээ болбой турганын илим баса көрсөтөт.

**ГЕОСАЯСАТ** – элдин турмушу географиялык шарттарга жараша калыптанат деп эсептеген доктрина. Бул доктринанын Р. Челлен (Швеция), Ф. Ратцель (Германия), Х. Маккиндер (Англия), А. Мэхен (АКШ) ж. б.

туңгуч өкүлдөрү адамзат тарыхын ар кайсы мамлекеттердин «жашоо мейкиндиги» үчүн күрөшүнүн аренасы деп карап, баскынчылык саясатты актоого аракет кылышкан. Айрыкча фашисттик Германияда. Г. саясатты официалдуу доктринага айланып, Гитлердин баскынчы тышкы саясатын жактаган. Азыр да Геосаясат дүйнөгө үстөмдүк кылууга умтулган чоң мамлекеттердин идеологиялык куралы болуп турат.

**ГЕОЦЕНТРИЗМ –** (гр. ge – жер ж-а лат. centrum – борбор) – дүйнөнүн геоборбордук системасы күн системасы ж-а ааламдагы жердин борбордук абалы ж-дө окуу. Г. б-ча ай гана эмес, планеталар, күн ж-а жылдыздар да бирдиктүү борбор катары жердин айланасында айланат, бул күнүмдүк байкоолорго дал келет. Пифагордун мезгилинен бери философиялык ж-а илимде дүйнөнүн гармониясы ж-дө түшүнүк бекемделип келет. Платон астрономиянын милдети жетиле элек көрүнгөн кыймылдарды изилдөө деп эсептеген. Бул маселени Аристотель ж-а Птолемей да чечишкен. Г-дин чокусу эсептелген Птолемейдин системасы б-ча планеталар тегерек орбиталар б-ча жылышат.

**ГЕРАКЛИД** Понтийский (б. з. ч.) – Платондун окуучусу. Анын көз карашына атомисттик тенденция мүнөздүү. Ал атомдор өзүнчө бир дүйнөлүк акыл – «нус» аркылуу калыптанат деп божомолдогон. Жанды ал атомисттик духта түшүнгөн, бирде пифагориялык таасир сезилген. Астрономияда гелиоцентристтик тенденция, ал эми анын музыкалык теорияларында Аристотелдин таасири байкалган. Г-дин көптөгөн эмгектери сакталбай калган.

**ГЕРАКЛИТ** Эффесский (б. з. ч. 544–540-ж. чамасында – ө. ж. белгисиз) – байыркы грек философу, материалист. Мажес ж-а жалпы формада болмуш м-н таанымдын бир нече диалектикалык принциптерин биринчи аныктаган адам. «Жаратылыш жөнүндө» деген эмгегинин түп нускасы бизге чейин жетпесе да, кийинки авторлордун чыгармаларында айрым үзүндүлөр сакталып калган. Гераклиттин диалектикасы – материя үзгүлтүксүз өзгөрүп, от, аба, суу ж-а топурак тынымсыз бири-бирине өтүп турат деген ой корутундусун берет. Гераклит диалектикага негиз салуучулардын бири катары бааланат.

**ГЕРБАРТ** Иоганн Фридрих (1776–1841) – немец идеалист философу, психолог ж-а педагог. Йен университетин бүтүргөн. «Метафизиканын башкы пункттары» (1805), «Тарбия максаттарынын негизиндеги жалпы педагогика» (1806), «Педагогикалык окуунун очерки» (1835) өңдүү чыгармалардын автору. Г. идеалист-метафизик болгон. Ал болмуштун негизинде түбөлүк өзгөрбөгөн, билүүгө болбой турган «реал» жатат деп эсептеген. 19-к-дын 2-жарымында бурж. педагогикада Г-тын окутуунун төрт баскычы («айкындык», «ассоциация» «система», «метод») ж-дөгү концепциясы кеңири пайдаланылган. Г. окуу ишинде тил м-н математиканы жогору баалаган.

**ГЕРДЕР** Иоганн Готфрид (1744–1803) – немец философ-агартуучу, жазуучу, адабиятчы. 1762–64-ж. Кенигсбергде окуп, Кантты уккан. Канттын акылды сындоо эмгегин четке кагып, ага тааным, билим жөндөмүнүн «физиологиясын» ж-а акылга караганда тилдин биринчилигин карама-каршы койгон. Мейкиндик ж-а убакыт ж-дө түшүнүктү Г. тажрыйбадан алып чыгарган, материя м-н тааным формасынын биримдигин жактаган. Ал ар кыл элдердин рухий маданиятынын өзүнчөлүк касиетин баса көрсөткөн. Коомдун өнүгүшүндө өндүрүш м-н илимдин ролу ж-дө ой болжоо айткан.

**ГЕРМЕНЕВТИКА** (гр. hermeneutikos – түшүндүрөм, талдайм) – которуу, түшүндүрүү ж-а талдоо өнөрү (искусство). Искусство ж-а тексттерди талдоонун теориясы: байыркы грек филос. м-н филологиясында түшүнүү, талдоо искусствосу; неоплатониктерде байыркы эң мурун Гомердин чыгармаларын талдоо аракети. Христиан жазуучуларда – Библияны акындардын талдоо искусствосу. Жандануу заманы калыптангандан тартып теологияга көз каранды эмес пайда болгон классикалык филологияда Г. өткөн байыркы антикалык маданияттын эстеликтерин которуунун искусствосу катары карала баштаган. Г. жалпы философиянын маселеси иретинде Ф. Шлеген тарабынан коюлуп, Шлейермах ишке ашырган. Кийин Л. Ранке, И. Дройзен, В. Дильтей, Хайдеггэр, Э. Бетти, Гадамер, 1960–70-ж. ж. П. Рикер, Г. Кун, А. Аппел, Э. Корет тарабынан улантылган.

**ГЕРМЕТИЗМ** – элинизм ж-а акыркы антикалык доордогу диний-философиялык агым. Көптөгөн чыгармалар гр., латын, армян тилинде Гермес үч жолку улуу деген кудайдын атынан жазылып, дүйнөнүн бардык сыры ачылган. Астрология, алхимия, магия б-ча трактаттарды камтыган «популярдуу Герметизм» (3-к. б. з. ч.) ж-а диний-философиялык мүнөздөгү «илимпоз Герметизм» (2–3 к.) ичине кирген трактаттар. Мында карама-каршы оптимисттик-пантеисттик (5–8–9-к. к.) ж-а пессимисттик-гностикалык (1, 4, 6, 7, 13 трактаттар) тенденциялар камтылган. Г. негизинен эллинисттик доордун диний синкретизминин типтүү натыйжасы ж-а гректик, чыгыштык салттардын синтези болуп саналат. Ал гностицизмге жакын. Г. неолатонизмдин даярдалышына түрткү болуп, орто кылымдын, айрыкча кайра жаралуу доорунун маданиятына чоң таасир берген.

**ГЕРОСТРАТ** – Кичи Азиядагы Эфес шаарынан чыккан грек. Ал б. з. ч. 356-ж. өз атын чыгарыш үчүн эле антикалык искусствонун эң мыкты туундусу болгон Эфестеги Артемида храмын атайылап өрттөп жиберген.

Г-тын ысмы кийин жалпы атка айланып «атың чыкпаса, жер өрттөө» кайыл кишилерге карата айтылып калган.

**ГЕРЦЕН** Александр Иванович (1812–1870) – орус революционер демократы, жазуучу, философ ж-а публицист. Москва университетинин физика математика ф-тин бүтүргөн (1833). Г-дин рухий өсүшүнө декабристердин социалдык тажрыйбасы, Франциядагы 1830-жылкы июль революциясы, 18-к-дын аягындагы француз ойчулдары, Л. Фейербахтын «Христиан дининин маңызы» деген эмгеги чоң таасир берген. Г-дин көп кырдуу таланты аны өз доорундагы коомдук турмуштун бийигине көтөргөн. Анын негизги философиялык эмгеги болгон «Табиятты үйрөнүү жөнүндөгү каттарында» (1844–45) карама-каршылыктардын биримдиги ж-дөгү идеяны көбүнчө методологиялык аспектте өнүктүрүп, философия м-н табият таануу илимдеринин ортосундагы антогонизмди жоюу жолдорун издеген. Анын «Доктор Крупов» (1847), «Сааттуу сагызган» (1848) аттуу повесттери крепосттук түзүлүшкө каршы багытталган. «Ким айыптуу» (1841–46) романы орустун эң алгачкы социалдык – филос. романдарынан. «Болгондор ж-а ойлор» деген чыгармасы Г-дин көркөм чыгармачылыгынын жеткен бийиктиги. Г-дин адабий сыны, орус революциячыл ой-пикирлердин өсүшүнө зор таасирин тийгизген. Анын айрым чыгармалары кыргыз тилине которулган.

**ГЕТЕ** Иоганн Вольфанг (1749–1832) – немец акыны, ойчул, илимпоз. Германия агартуучусунун ири өкүлү, жаңы немец адабиятын негиздегендердин бири, теориялык өнүгүштү алдын ала көрө билген көп кырдуу илимпоз. Билимдүү бюргердин үй-бүлөсүнөн. Лейпцигде (1765–68), Страсбургда (1770–71) окуган. 1770-жылдан Г-нин чыгармачылыгында жаңы мезгил башталып, атактуу лирикалык ырлары м-н драмалары жаралат. Г-нин «Фауст» (1-бөлүгү, 1808; 2-бөлүгү, 1825–31) трагедиясы 18-к-дагы бүткүл Европадагы агартуучулук ойду жыйынтыктап, адамдын чексиз мүмкүнчүлүгүнө ишеним Фausттун образында өтө таамай берилген. Г-нин көркөм мурасы дүйнөлүк адабиятка зор таасир тийгизген, көп тилдерге которулган. Анын айрым ырлары ж-а «Фауст» трагедиясы кыргызча чыккан (1970). Г. табият таанууда жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн салыштырма морфологиясы, физика, минералогия, геология б-ча бир нече эмгек жазган. Кадимки «морфология» деген терминди илимге Г. киргизген. Гетенин бардык чыгармачылыгы философиялык м-н ширелген. Ал иштеп чыккан тааным диалектикасынын борборунда анализ ж-а синтез тажрыйба объем ж-а субъектин ортончусу катары түшүнүктөр болгон. Ал философиянын тарыхы жагындагы өтө кеңири кругозорго ээ болгон. Спиноза, Артистотель, Платон, Канттын эмгектерин чыгармачылык м-н таанышып чыкан. Гегель м-н достук мамилеси Гетенин диалектикасынын тагдырына чоң таасир берген. Символ, столь эстетикалык түшүнүктөрүн иштеп чыккан.

**ГЕТЕРОНОМИЯЛЫК ЭТИКА** (гр. heteros – башка, nomo – мыйзам) – ички адамгерчилик принциптеринен эмес, коомдук турмуштун башка жактарынан алынган сырткы күчтүн таасири аркылуу түшүндүрүүчү багыт. Г. э. түшүнүгүн Кант «Тажрыйбалык акыл-эске сын» деген эмгегинде баяндап, адамдардын тартиби, кулк-мүнөзү сырткы себептердин таасири м-н калыптанат деп эсептеген гетероном моралчыларды сынга алган. Этиканы гетерономиялык ж-а автономиялык деп бөлүү илимге каршы келет. Илимий этика адамдардын жүрүм-турумун ички психологиялык шарттар м-н гана эмес, коомдук шартка негиздеп чечмелейт.

**ГЕШТАЛЬТ** (нем. cestat – бүтүндүк форма, образ, структура) – психологиялык татаал кубулуштарды талдоодо структура принцибин колдонуу зарыл деп эсептеген чет өлкөлүк идеалисттик психологиянын бир багыты. Г. 20-к-дын башында Германияда пайда болгон. Г-га фон Эренфельс негиз салган (1890). Г-тын башкы өкүлдөрү: немец психологдору М. Вертхеймер, В. Келер, К. Коффка, К. Левин психиканын негизги элементин сезим эмес, кандайдыр бир психикалык структуралар же «гештальттар» түзөт деп эсептешкен. Г. теориясы индивиддин айлана-чөйрөдөн ж-а тажрыйбалык иш-аракеттен ажыратылгандыгына негизделген. Ал мыйзам кубулуштарга да жайылтылган. Бул теория И. Павлов, Л. Выготский тарабынан катуу сынга алынган.

**ГИЛЕМОРФИЗМ** (гр. hyle ж-а morphe – материя ж-а форма) – Аристотелден бери келаткан форма ж-а материя болмуштун негизги принциби деп эсептеген окууну белгилеген 19-к. пайда болгон термин.

**ГИЛОЗОИЗМ** (гр. hule – зат, материя ж-а zoe – тиричилик) – бардык материялардын жаны бар деп эсептеген филос. окуу. Ал жаратылыштагы бардык нерселерде сезүү, туюу, кабылдоо, ойлоо касиети бар деп эсептейт. Мис., байыркы грек философу Фалес магниттин темирди өзүнө тартуу касиетинен улам анда «жан» бар деп баамдаган. Ушул эле ойду ал кездеги башка ойчулдар да айткан. Ал эми материалисттик философия сезип-туюу касиетин жогорку өнүккөн органикалык материянын гана касиети деп карайт.

**ГИПНОЗ** (гр. gypnos – уйку) – адам ж-а жогорку баскычтагы жаныбарлардын уйку өңдөнгөн өзгөчө абалы. Г. байыртан эле белгилүү. 19-к-дын аягында орус илимпоздору В. М. Бехтерев, О. О. Мочутковский, франциялык Н. Бергейм, анг. Ж. Брейд ж. б. Г-дун дарылык касиетин ж-а ишендирүү психотерапиянын бир методу экенин сыпаттап жазышкан. И. П. Павлов Г-дун негизин мээнин чоң жарым шарындагы тормоздоо процесси түзөрүн аныктаган. Г-до ишендирүүдөн улам уктагандыктан, ал уйку адаттагы уйкудан бир аз

өзгөчө болуп үч стадияга бөлүнөт: биринчи- адамдын тынч алышы, экинчи –уйку келүү, үчүнчү-гипноздук толук уйку. Г. убагындагы уйку дарылоочу фактор катары өзүнчө же терапиялык дарылоо м-н бирге колдонулат.

**ГИПОСТАЗИРОВАНИЕ** – 1) жалпысынан алганда, бир нерсенин касиетин өз алдынча жашаган объекти рангасына көтөрүү. 2) кеңири мааниде алганда, идеализмге мүнөздүү касиет абстрактуу түшүнүктөргө өз алдынча жашоону таңуу болуп саналат.

**ГИПОТЕЗА** (гр. gypothesis – негиз, жоромол) – ырастыгы тажрыйбада али такталбаган кубулушту түшүндүрүү үчүн илимде пайдаланылуучу ыкма, метод. Ар кандай илимде Г. тааным процессинде башталып, илимдин өнүгүү жолдорундагы кыйынчылыктарды чечүүдө пайдаланылат. Г-нын чындыгы практикада, тажрыйбада текшерилет. Эгерде Г-нын натыйжалары тажрыйбага карама-каршы келсе, анда ал Г. кабыл алынбай, анын ордуна жаңы Г. сунуш кылынат. Г-сыз эч бир илимий тармактын өнүгүшү мүмкүн эмес. Азыркы илимдин мүнөзү, илимий изилдөө экспериментинин татаалдыгы барган сайын теориялык ойлоого, Г. көбүрөөк муктаж болууда.

**ГИПОТЕТИКА-ДЕДУКТИВДИК МЕТОД,** чыныгы мааниси белгисиз гипотезалардан бүтүм чыгарууга негизделген ой жүгүртүү методу. Дедуктивдик ой жүгүртүүдө чындыктын мааниси бүтүмгө жүктөлүп, ойлоо гипотеза болгондуктан, Г–д. м. бүтүмү бүдөмүк мүнөзгө ээ. Ошондуктан Гипотеза-дедуктив ой жүгүртүү үч топко бөлүнөт. 1-топко гипотезалар м-н эмпирикалык жалпылоолор, 2-топко такталган фактылар же теориялык принциптерге карама-каршы келген гипотетико-дедуктивдик бүтүмдөр, 3-топко кабыл алынган ой-пикир м-н ишенимдерге карама-каршы келген гипотетикалык-дедуктивдүү ой жүгүртүүлөр кирет. Илим изилдөө процессинде Г-д. м. жардамчы роль ойнойт, анткени анын жардамы м-н жаңы гипотезалар айтылбайт, болгону натыйжасы гана такталат.

**ГИППОКРАТ** (б. з. ч. 460, Кос. – б. з. ч. 377) – байыркы грек дарыгери. Г. Греция, Кичи Азия, Ливия, Кара деңизде ж-а скифгер арасында болуп, Азия ж-а Египет элдик медицинасы м-н таанышкан. Анын чыгармалары 59 эмгектен турат. Г. оорулууну дарылаганда организмдин өзгөчөлүгү м-н тышкы чөйрөнүн шартын эске алууну сунуш кылган, оорулардын пайда болуу жолун аныктаган. Ошону м-н бирге жакшы хирург да болгон. Ал жараны таңуу, чыккан ж-а сынган сөөктү дарылоо ыкмасын тапкан, «Гиппократ анты» деп аталган врачтардын антын жазган. Г-ты «медицинанын атасы» деп аташат.

**ГЛОБАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕР** (лат. qlobus – жер шары), адамзаттын турмуштук маанилүү маселелеринин жыйындысы, азыркы доордогу социалдык прогрессти улам ары жылдыруу, ага байланыштуу-дүйнөлүк термоядролук согушту болтурбоо; бардык элдердин өнүгүшү үчүн тынчтык шарт түзүү; дүйнө жүзүндө ачарчылык, жакырчылык, сабатсыздык, экологиянын, абанын бузулушу сыяктуу көрүнүштөрдү жоюу, калктын ыкчам өсүшүн кыскартуу, илимий-техникалык революциянын кесепетин азайтуу, ошондой эле саламаттыкты сактоо, билим берүү, социалдык баалуулуктар ж. б. Г. маселелердин өзөгүн түзөт. Г. м-дин өз ара шартталышы ж-а комплекстүү мүнөзү ар түрдүү кесиптин окумуштууларынын, өкүлдөрүнүн биргелешип илимий изилдөө жүргүзүүнү талап кылат.

**ГНОСЕОЛОГИЯ** (гр. qnosis – билим ж-а logos – сөз, окуу) – тааным теориясы же философиялык теориянын маанилүү бөлүгү, адамдын турмушту аңдап билүү жөндөмү, таанымдын методу, булагы, формасы, чындык ж-а ага жетүү ж-дө окуу. Бул терминди Кант киргизген. Г-нын акыркы аракети философиянын негизги маселесин ар кыл түрдө чечүү болуп саналат. Материалисттик Г. тышкы дүйнөнүн объективдүүлүгүн ж-а аны таануу мүмкүнчүлүгүн баамдоодон келип чыгат. Идеалиалисттик Г. болсо дүйнөнү таанып-билүү мүмкүнчлүгүн жокко чыгарат. Материалисттик диалектика гана табияттын, коомдун ж-а ойломдун жалпы өнүгүү мыйзам ченемин чечкен илимий тааным теориясы болуп саналат.

**ГНОСТИКТЕР** – христиандык теологияны байыркы Чыгыштын, о. эле неоплатонизм ж-а пифагореизм м-н бириктирген диний-философиялык агымдын өкүлдөрү. Г. баамдалбаган рухий биринчи башталышты кабылдашкан. Башкы Г. Египеттик Валентин (2-к.) ж-а Сириялык Василид (2-к.).

**ГНОСТИЦИЗМ** (гр. gnosis – таанып билүүчү, тааным) – кийинки антика ж-а орто кылымдагы диний-философиялык агымдын биринчи этабы, ага манихейчилик, орто кылымдык дуалисттик Ерес кирген. Ал биздин замананын 1-кылымында жакынкы Чыгышта (Сирия же Самарин) же Александрияда пайда болгон. 2-кылымда христианчылыктын башкы атандашы болгон. Христианчылыктын чыгыш ишенимдерин (иудаизм, зороястризм, Вавилондук ж-а египеттик диндер), грек философиясында жалпылап, синтез кылууга аракеттенген. Г-дин ичинде негизги үч агымды бөлүүгө болот: христианчылык Г; (1–3-к.); язычный Г; Мандеизм (2–3-к.). Негизинен Г-ге бирдиктүү башталыш концепциясы мүнөздүү ошону м-н бирге дуалисттик элементтер кездешет. Гностикалык окууда адам борбордук орунду ээлеген. Жалпысынан Г-лык окуу кул ээлөөчүлүк формациянын кризисинин бир көрүнүшү ж-а жаңы көз караштын жаңы синтезин табуу аракети катары каралат.

**ГОББС** Томас (1588–1679) – анг. философ-материалист. Оксфорд университетин бүтүргөн (1608). Г-тун көз карашына Ф. Бэкон, Г. Галилей ж. б. кыйла таасири тийген. Анын «Дене жөнүндө» (1633), «Адам тууралуу» (1658), «Гражданин тууралуу» (1642) сыяктуу философиялык трилогиясы ж. б. табият илимине кызыгуусу Г-тун дүйнөгө көз карашына чоң таасир тийгизген. Г-тун дүйнө – механикалык кыймыл мыйзамдарына багындырылган телолордун жыйындысы деп караган, механикалык материализмдин системасын түзгөн, геометрия м-н механика илимий ойлоонун идеалдык үлгүсү катары белгилеген. Ал таанып билүүнүн дедукция, индукция методдорун далилдеген. Укук ж-а мамлекет ж-дөгү окуусунда Г. коом кудайдын кудурети м-н пайда болгон деген теорияны четке каккан. Г. монархияны мамлекеттин жеткилең формасы деп эсептегени м-н коомдук кубулуштарды материалистче түшүнүү жагы байкалат.

**ГОБИНО** Жозеф Артюр де (1816–1882) – фр. философу, жазуучу, дипломат. Расизм идеологиясын негиздегендердин бири. Ал өзүнүн «адам расасынын теңсиздиги жөнүндө тажрыйба» деген эмгегинде (1853–55) теңчилдиктин бардык түрлөрүнө каршы чыгып, «ак», «кара», «сары» расага бөлүү табигый деп, социалдык институттар ж-а маданият раса тарабынан шартталарын далилдөөгө аракеттенген. Расалардын аралашуусу бир жагынан цивилизациянын чыгышынын ж-а өнүгүшүнүн булагы (ак расанын катышуусу м-н), экинчи жагынан алардын жок болушуна себепчи экендигин Г. баса белгилеген. Ошону м-н катар Г. евроцентризмди сындаган.

**ГОЛБРЕЙТ,** Г а л б р е й т, Г э л б р е й т Джон Кеннет (1908-ж. т..) – америкалык экономист ж-а публицист. Экономикага саясаттын ж. б. социалдык институттардын таасирин эске алган экономикалык теорияны түзүүгө аракеттенген. Ал адегенде экономиканын «Пландаштыруу» сектору илимий-техникалык *процесстин* сапаттуу жаңы этабында америкалык чарбанын негизги белгиси катары караган. Г-тин социалдык-экономикалык программасынын мазмуну антикоммунисттик багыттан бирдиктүү индустриалдык негизде эки саясий системаны жакындатууга, акырында, 70-жылдарда америкалык коомго социализмдин белгилерин таңууга өткөн.

**ГОЛЬБАХ** Поль Анри (1723, Эдесхейм, Пфальц – 21.6.1789, Париж) – француз философ-материалисти ж-а атеисти, 18-к-дагы фр. буржуазиялык революциянын идеологу. Ал феодалдык менчиктин ж-а эксплуатациянын феодалдык формасын сындап, король бийлигин чектөөнүн зарылчылыгын жактаган. Г. материянын биринчилигин далилдеп, ал бардык нерселердин негизин түзөрүн, кыймыл материянын ажырагыс касиети экендигин белгилеген. Г. «Табият системасы» (1770) аттуу эмгегинде ошол кездеги илимдин жалпы жетишкендиктерин корутундулап, жаратылыш таанууну бир системага салган. Г. коомго идеалисттик көз караште болуп, тарыхтагы чечүүчү ролду мыйзам чыгаруучуларга ыйгарганы м-н анын табият ж-дөгү материалисттик мурасы тарыхта прогрессчил роль ойногон.

**ГОМЕОМЕРИЯ –** Анаксагордук философиянын термини. Анаксагор бүткүл болмушту ар түрдүү сапаттан турган бөлүктүн бөлүгү катары баамдаган. Г-ны Анаксагор өзүнө майда бөлүктөрдү камтыган оригиналдуу бөлүкчө деп эсептеген.

**ГОМЕОСТАЗ,** г о м е о т а з и с – өзүнүн параметрин ж-а физиологиялык функциясын белгилүү диапазондо карманган организмдин касиети тышкы чөйрөнүн таасирине ички организмдин чөйрөсүнүн туруштук беришине негизделген. Г. идеясы биринчи жолу француз окумуштуусу К. Бернар тарабынан негизделген (1878). 1929-ж. америкалык биолог У. Кеннон өзүнүн «дененин акылы» деген концепциясына байланыштуу Г. терминин колдонууга киргизген. 1948-ж. У. Р. Эшби (Улуу Британия). Г. түшүнүгүн кеңири топтуу системаны моделдештирүүнү негиздөө үчүн колдонгон. Г. түшүнүгүндө табигый ж-а жасалма системага мүнөздүү өзгөрмө ж-а туруктуу диалектика чагылдырылат.

**ГОМОМОРФИЗМ** – система түзүлүштөрүнүн бирдейлигин билдирген логика-математикалык түшүнүк. Ал математика ж-а логикада колдонулат. Г. билимдерди Г-дик түрдөн анын жасалма түрүнө өткөрөт. Г. модель ж-а моделдөөнүн методун мүнөздөө үчүн пайдаланылат.

**ГОРГИЙ** (б. з. ч. 480–380) – Леонтины шаарынан чыккан байыркы гр. софисти; кул элөөчүлүк демократиянын жактоочусу. Протагордун релятивизмин рационалдык агностицизм м-н толуктаган. Анын чыгармалары Платон ж-а башка авторлордун жазгандары б-ча бизге чейин жеткен. Г. «жаратылыш жөнүндө» деген эмгегинде үч нерсени көтөргөн: эчтеке жашабайт; эгер бир нерсе болсо, жашайт эле, же ал баамдалбайт беле; эгер бир нерсе баамдалса, байкалат эле, же баамдалганы байкалбайт.

**ГОРИЗОНТ** (гр. horizon – чектейм) – жер бетинин ачык жерден байкоочуга көрүнгөн бөлүгү. Горизонт көрүнгөн ж-а чыныгы деп бөлүнөт. Көрүнгөн Г. асмандын горизонт м-н чектелген сызыгы. Чыныгы же математикалык Г.–тегиздиги асма сызыкка перпендикуляр болгон асман сферасындагы чоң тегерек. Г-тун ортосунда чыгыш ж-а батыш чекити жайгашкан. Түндүк, түштүк, батыш ж-а чыгыш чекиттери Г-тун башкы чекиттери деп аталат.

**ГОТАМА,** г а у т а м а – байыркы индиялык ойчул. Ньяя системасынын негиздөөчүсү. «Ньяя-сутра» трактатынын автору. Жашаган мезгили белгисиз, мүмкүн биздин замандын башталышында жашагандыр.

«Ньяя-сутра» 5 китептен турат. Анда туура баамдоонун объектилери ж-а каражаттары, талаш-тартыш, силлогизм бөлүктөрү, өз мезгилинин философиялык агымдарынын айрым актуалдуу маселелери каралган. Г. байыркы индиялык логикага негиз салган окуусунда далилдөө, чындык, софистика сыяктуу темаларга кайрылып жалпылаган.

**ГРАЖДАНДЫК** – адамдын кайсы мамлекетке тиешелүү экендиги. Андай адам өз мамлекетинин мыйзамдарды бекиткен укуктарга ж-а милдеттерге ээ болот. Мамлекет өз гражданынын укуктарын коргоо жагын камсыз кылат. Кыргызстанда бардык граждандардын укуктарын Кыргыз Республикасынын Конституциясы гарантиялайт; алар мамлекеттик коомдук турмуштун бардык тармактарында эмгектенүүгө укуктуу, ошондой эле конституцияда белгиленген милдеттерди аткарууга тийиш.

**ГРАЖДАНДЫК СОГУШ** – өлкөнүн ичиндеги таптар м-н социалдык топтордун мамлекеттик бийлик үчүн уюшкан түрдөгү куралдуу күрөшү; тап күрөшүнүн өтө курч формасы. Тарыхта анын кулдардын көтөрүлүштөрү, дыйкан, партизан согуштары, элдин өкмөткө каршы куралдуу күрөшү сыяктуу көп түрлөрү ж-а типтери болгон. Граждандык согуштун пайда болушу реакциячыл күчтөрдүн каршылык көрсөтүүсүнө байланыштуу. Конкреттүү тарыхый шартка ылайык күрөш ар түрдүү болушу мүмкүн. Мис., СССРде ж-а айрым социалисттик өлкөлөрдө пролетариат диктатурасы Г. с. аркылуу орнотулса, кайсы бир социалисттик өлкөлөрдө согушсуз эле орнотулган. Азыр ар кандай саясий максаттарды Г. с-суз эле ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрү бар экенин демократтык коомдордун пайда болушу айкын далилдеди.

**ГРАМШИ** Антонио (1891–1937) –Италия коммунисттик партиясынын жетекчиси ж-а негиздөөчүсү. 1911–14-ж. Турин университетинин филология факультетинде окуган. 1913-ж. италия социалисттик партиясына кирген, социалисттик партиядагы реформизмге каршы күрөшкөн. 1917-ж. августта социалисттик партиянын жергиликтүү катчылыгына шайланган, 1924-ж. январда Италия социалисттик партиясынын Либарнодо болгон 17-съездинде Италия Компартиясын негиздеген. 1924-ж. демилгеси м-н «Унита» газетасы чыга баштаган. 1928-ж. аны фашисттер 20-жылга кескен. Г-нин эмгектери Италияда марксчыл философтордун, тарыхчылардын калыптануусунда чоң роль ойногон.

**ГРАФОЛОГИЯ** (гр. qrapho – жазам, чием, тартам ж-а логия) – кол жазмасы (почерки) б-ча адамдардын мүнөзүн ж-а психикалык абалын аныктоочу окуу. Ал б-ча ар бир адамдын өзүнө гана мүнөздүү айрым өзгөчөлүктөрдү кандайдыр бир даражада билүүгө болот. Ошондуктан Г-ны медицина м-н криминалистикада башка методдор м-н бирге психология ж-а физиология диагностиканын куралы катары колдонулат.

**ГРИГОРИЙ** Богослов**,** (330–390) – гр. ойчулу, чиркөө ишмери, акын, патристиканын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири. Теологияга платондук идеалисттик диалектиканын методдорун киргизген. Анын «менин турмушум жөнүндө», «менин тагдырым жөнүндө», «Менин жанымдын кыйналышы жөнүндө» сыяктуу таржымал поэмалары терең психологизми ж-а талдоонун маданияты б-ча Августинанын «Исповеди» м-н катар турат.

**ГРИГОРИЙ** Нисский (335–394) – чиркөөлүк жазуучу, грек патристикасынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири. Чиркөө ишмерлери м-н ойчулдарынын каппадокийлик ийриминин катышуучусу. Жаш кезинде философия ж-а риториканы окуп үйрөнгөн, кийин монастырга кеткен. Анын философиялык көз карашы Платондун таасири астында калыптанган. Григорий Нисскийдин антропологиясы зор оригиналдуулугу м-н айырмаланган; ал индивиддин идеясы эмес, адамзаттын идеясынан чыгат деп белгилеген.

**ГРИГОРИЙ** Палама (1296–1359) – византиялык ж-а чиркөө ишмери; исихазм мистикалык окууну системалаштырган, ал аскет-исихаст экстаз абалында түздөн-түз кудайдын нурун сезип-баамдайт деген тезисти жактаган. Григорий Паламанын антропологиясы татаал психологиялык байкоону өзүнө камтыйт. Анын идеалы – адам Кудайдын кудурети сыяктуу касиетке ээ. Г. Палама кийинки византиялык мистикалык салтка зор таасир тийгизген.

**ГРИН** Томас Хилл (1836–1882) – анг. философ.-идеалист, неогегельянчылыктын өкүлү. Немец классикалык идеализмдин, өзгөчө Гегелдик философиянын таасири астында улуу Британияда үстөмдүк кылып турган (Дж. Миль, Спенсер) позитивизмге каршы чыгып, абсолюттук идеализмдин философиясына бурулууга чакырган. Г. этикада эрктин эркиндигин жактап, утилитаризмге каршы чыккан. Коомдун прогрессин Г. адамдардын жеке аң-сезиминин прогрессине алып такаган. Анын эмгектери өзү өлгөндөн кийин жарыяланган.

**ГРОЦИЙ** Гуго (1583–1645) – нидерландык юрист, тарыхчы, мамлекеттик ишмер. Г-дин оюу б-ча, укук м-н мамлекет кудайдын буйругу эмес эле турмуштан келип чыккан. Г-дин окуусу мамлекет ж-а укук теориясын теология м-н орто кылымдык схоластикадан куткарууда чоң роль ойногон. Анын негизги эмгеги – “Согуш м-н тынчтыктын укугу жөнүндө” (1625).

**ГУАНЬ** Чжун**,** Гуань Иу (б. з. ч. 645-ж. өлгөн) – байыркы кытайлык саясий ишмер. Легизмди негиздегендердин бири. Б. з. ч. 685-ж. Ци падышачылыгында биринчи министр болгон; мурастык аристократияны начарлатып, падыша бийлигин бекемдөө багытында бир кыйла реформаны ишке ашырган.

Кытайдын тарыхында биринчи болуп мыйзамдардын негизинде, ал өлкөнү башкаруу концепциясын көтөргөн. Г. Ч. айткандарынын негизинде өлгөндөн 300 жыл өткөндөн кийин «Гуань-изы» трактаты түзүлүп, даосизм, конфуциячылык ж. б. мектептердин көз караштары чагылдырылган.

**ГУГО** Сен-Викторский (1096–1141) – орто кылымдык философ ж-а теолог, схоластиканын өкүлү, сен-викторлук мектептин башчысы. Акыл кызыкчылыгынын кеңдиги м-н айырмаланган. Адамдык билимдин көп түрдүүлүгүн классификациялоо аракети 13-кылымдагы системалаштырууну шартаган. Аристотелдин Гуго Сенге тийгизген таасири августиниандыктын духундагы адам ж-дө окуу м-н кошулган. Г. С. В-дин ойлорундагы мистикалык элементтер рационализм м-н, аскетизм интеллектуалдык кызыгуулук м-н аралашып кеткен.

**ГУДМЕН** Нелсон (1906, Соммервилл, Массачусетс штаты) – амер. философ ж-а логик. Аналитикалык философиянын өкүлү. Өзүнүн философиялык изилдөөлөрүндө Г. «билим алуунун процессин тизмелөөнүн бирдиктүү системасы» логикалык жактан карама-каршылыксыз базисти аныктоого умтулган. Бул максатты көздөп, Г. логиканын, математиканын, акыл чындыгын ж-а илимдин фактыларын, мыйзамдарды чагылта турган тилди жазып чыккан. Ал жалпы түшүнүктөрдү колдонуудан («маани», «тап», «касиет», «зарылчылык» ж. б.) баш тартууну сунуш кылган. Логикалык эмес терминдерди тандоодо алардын билим алуу процессин түшүнүүдө алардын пайдалуулугун байкоо керек деп эсептеген. Г. логика жаатында диспозиционалдык предикаттарды, индукцияны бекемдөө маселелерин талдоонун методдорун иштеп чыккан.

**ГУЛИАН** Константин Йонеску – рум. философу, 1949–70-ж. СССР ИАнын философия институтунун директору. Румыниянын ж-а дүйнөлүк философиянын тарыхчысы; маданият ж-а баалуулук проблемасынын тарыхчысы, теоретиги; рум. философиянын биринчи марксчыл тарыхын түзүүдө румын окумуштуулар коллективин жетектеген. Ал марксизмде философиялык антропологияны, маданият философиясын иштеп чыгууну өз алдынча дицсиплина катары караган.

**ГУМБОЛЬДТ** Вильгельм (1767–1835) – немец философу, тилчи, мамлекеттик ишмер. Анын негизги эмгектери – «мамлекеттик ишмердиктин чеги жөнүндө» (1792), «Гетанын Герман ж-а Доротей эпосуна обзор» (1799), «Тарыхчынын милдети жөнүндө» (1821), «Ява аралындагы кави тили жөнүндө» (1836–39). Канттын философиялык окуусун кабыл алганы м-н Г. аны коомдук тарыхтын материалында конкреттештирип жатып, объективдүү материализм жагына оогон. Г-дун ою б-ча, дүйнөлүк тарых рухий күчтүн натыйжасы болуп саналат. Г. немец буржуазиясынын либералдык бутагынын өкүлү. Анын феодализмге каршы көз карашы Германияны бириктирүү идеясынан ары чыга алган эмес.

**ГУМАННЗМ** (лат. humanus – адамгерчилик) – тарыхый жактан өзгөрүп турган көз караштардын системасы. Адам өз татыгын сактоого, эркиндикке, бакты-таалайга, өз жөндөмүн өрчүтүүгө акылуу; социалдык институттардын баасы адамдын жыргалчылыгы, теңчилик, адилеттик, адамгерчилик жаатын камсыз кылгандык м-н ченелет. Алгачкы Г. идеясы элдердин эзүүчүлөргө каршы күрөшүндө келип чыгып, кыймыл катары кайра жаралуу доорунда (15–16-к.) калыпка салынган. Гуманисттер (Петрарка, Данте, Бруно, Шекспир ж. б.) адамдын жыргал турмушка болгон укугун даңазалашканы м-н элдин революциялык кыймылынан ж-а мүдөөлөрүнөн алыс турушкан, элди эзүүдөн бошотуу маселесин күн тартибине кое алышпаган. Утопист- социалисттер (Оуэн, Сен-симон, Фурье) элдин бардык катмарынын мүдөөсүн жактоого умтулушканы м-н коомдун өнүгүү мыйзам ченемин билишкен эмес. Г. марксизм-ленинизм тарабынан кайра каралып, толукталып, материалдык негизге ээ болгону м-н социалисттик коом да, Г-дин эң жогорку тиби экендигин ырастай албады. Адамдардын текши өнүгүшүнө бардык шарттар демократиялык коомдо түзүлөөрү улам байкалууда.

**ГУМПЛОВИЧ** Людвиг (1838–1909) – польшалык социолог ж-а юрист. Социалдык дарвинизмдин өкүлү. Ал социологиянын предмети социалдык топтор, ал эми алардын ортосундагы тынымсыз, аёсуз күрөш социалдык турмуштун башкы фактору деген. Социалдык процесстердин негизи Г-дин айтуусу б-ча адамдын материалдык канааттандырууга умтуулусу болуп саналат. Г. коомду бөтөнчө бир индивидуалдуу реалдуулук катары караган. Ал коомдук прогресстин болушун танган. Анын концепциясына социалдык дарвинизмдин жалпы кемчиликтери мүнөздүү болгон.

**ГУРВИЧ** Георгий Давидович (1894–1965) – фр. социологу, теги Россиялык, 1917-жылдан кийин Францияга эмиграцияга кеткен. Негизги эмгектери – «Азыркы социологиянын милдети» (1950), «Социалдык детерминизм ж-а адам эркиндиги» (1955). Социологияда диалектикалык гиперэмпиризмди негиздөөчүсү, бул социалдык көрүнүштөрдү ар тараптуу изилдөөгө аракеттенген агым. Г-тин концепциясы чектен чыккан формалдуулугу ж-а идеализми м-н айырмаланган. Г. социологиядан социологиялык мыйзамдарды, коом ж-а прогресс түшүнүктөрүн чыгарып таштаган.

**ДАЙ** Чжэнь (1724–1777) – кытай философ-материалисти. Анын пикири б-ча идеалдуулук (Ли) м-н материалдуулуктун (Ци) сыяктуу карама-каршы башаттардан куралган дүйнө тынымсыз өнүгүп ж-а өзгөрүп турат. Оң маанидеги Ян м-н терс маанидеги Индин (кара, *Ян ж-а Инь*) таасири астында дүйнөдөгү кыймыл ж-а өнүгүү чексиз, аларды жаратылыштан бөлүп кароо мүмкүн эмес, ал эми кубулуштар табигый зарылчылыктар м-н мыйзам ченемдүүлүктөргө баш ийет. Д. билимдердин тубаса мүнөзүн четке каккан, анын пикири б-ча билимдер күнүмдүк турмуш-тиричиликте ж-а окутуунун негизинде пайда болот, алардын чындыгын тажрыйбалар аркылуу сынап көрүү зарыл.
**ДАЛИЛДҮҮЛҮК** – ой чабыттатуу; максаты Д-түн тезиси деп аталган, – тигил же бул корутундунун чындыгын (же жалгандыгын) негиздөө. Д-кө таянып, андан логикалык тезис чыгарган ой жүгүртүүлөр Д-түн аргументтери (негиздери) деп аталат. Аргументтер чындык үчүн кабыл алынгандыктан, алар тезиске таянбоолору керек. Андай болгон учурларда *далилдөөчү айлампа* деп аталган каталык кетирилет. Тезистин чындыгын аныктаган Д. жөн гана Д. деп аталып, ал эми тезистин жалгандыгын тактаган Д. – төгүндөө деп аталат. Д. түздөн түз боло алат, б. а. корутунду чыгаруулардын максаты болуп, алардын тутумдары аргументтердин же алардан чыгарылуучу жоболордун маңызы болуп чыгат же кошумча далилдөөлөрдүн жардамы м-н далилденет. Акыркысы төмөнкүдөй жол аркылуу жүзөгө ашырылат: кошумча далилдердин жардамы м-н айрым бир жоболор такталат, андан кийин бул жоболордун Д-гү өзгөчө эрежелердин жардамы м-н алгачкы тезисти далилдөөгө кайрадан колдонулат (кошумча далилдөөлөрсүз). Далилдөөдө же тезистин алмашып калышы м-н же туура эмес аргументтерди колдонуу м-н же далилдөөнүн туура эмес ыкмасы м-н каталык кетип калышы мүмкүн. Катачылык кетирген далилдөө туура эмес болуп чыгат. Тезистин чындыгын тактык м-н ырастабастан, айрым бир божомол м-н ырастоочу далилдин да болушу мүмкүн.
**ДАО** (кытайчадан жол, сапар) – кытай философиясынын өзөктүү түшүнүктөрүнүн бири. Графикалык жактан дао *«шоу»* – «баш» ж-а *«цзоу»* – «сапар тартуу» сыяктуу эки элементтен турган иероглифтин жардамы аркасында сүрөттөлөт. Бул түшүнүктүн алгачкы мифологиялык мааниси «адамдар жүрүүгө тийиш болгон жол» дегенди туюндурган. Чындыгында эле Космос, Жаратылыш ж-а Адам үчүн жалпы болуп эсептелген Улуу Жолду издөө байыркы кытай философиясы үчүн маанилүү компонент болуп саналган. Бирок, «Д.» түшүнүгүнүн мазмуну акырындык м-н бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болгон да, жаратылыштын, дүйнөнүн ж-а адам жашоосунун жалпы жоболорун аныктаган мыйзамын туюнта баштаган. Маңызы б-ча карама-каршылыктардын биримдиги м-н күрөшүнүн мыйзамына тең маанилеш.
**ДАОСИЗМ** (Дао мектеби) – Кытай философиясынын б. з. ч. жашаган *Конфуцийдин* улуу замандашы Лао-цзы тарабынан негизделген башкы багыттардын бири. Д-дин негизги жоболору Лао-цзыга таандык делинген «Дао дэ цзин» («Жолдун ж-а күчтүн китеби») деп аталган адабий булакта чагылдырылган ж-а Чжуан-цзы, Ле-цзы, Ян Чжу ж. б. чыгаан кытай ойчулдары тарабынан өнүктүрүлгөн. Б. з. 2–3-кылымдарында даосизм философиялык ж-а диний багыттарга бөлүнүп кеткен. Диний Д. өз кучагына классикалык даосизмдин философиясы м-н эч байланышы жок магия, алхимия, табыпчылык, деменология ж. б. элементтерди камтыган. Д. философиясынын өзөктүү идеясы болуп Дао тууралуу окуу эсептелет. Дао деп дүйнөнүн негизин түзгөн универсалдуу субстанция, дүйнөнүн идеалдуу образы, долбоору, жолу болуп саналат (кара: *Дао*). Д-дин негизги принциби болуп Даонун жолун жолдоо, табигый кубулуштар м-н процесстерге кийлигишпөө, табият м-н татуу мамиледе болуу эсептелет. Мындай көз караштар «у вэй» «у ши» (кийлигишпөө) же табигый мыйзам ченемдүүлүктөрдү бузбоо концепциясы м-н толукталат. Д-де аскердик жүрүм-турумун – адамга колдонбо, мыйзамченемдүүлүктөрдү (прикладдык) чеберчилик аркылуу психикалык жөнгө салуунун теориясы м-н тажрыйбасында өзгөчө көңүл бурулат.
**ДАРШАНА** түшүнүгү (санскриптче "*дарш*" – көрүнүш, көз караш) көрүү, алгач дүйнөнү көз аркылуу (андан соң акыл, интуиция аркылуу) кабыл алуу идеясы м-н байланышкан. Ошондуктан индиялык философиялык адабиятта бул термин "*көрүү жөндүмдүүлүгү", "тажрыйба", "түшүнүү", "доктрина", "диний-философиялык система*" деген маанилерде колдонулат. Д. Байыркы Индиядагы протофилософия (гр. protos алгачкы) болуп эсептелген.
**ДЕВИАНТТУУ ЖҮРҮМ-ТУРУМ** – коомдо кабыл алынган укуктук же адеп-ахлактык нормаларга каршы келген кылмыш же мыйзам тарабынан жазаланбай турган жүрүм-турум сыяктуу айрым иш-аракеттер же иш-аракеттердин системасы. Д. (нормалардан четтеген, бузулган) ж.-т.-ду изилдеген окууларда негизги көңүл анын мотивдери, себептери м-н шарттары, аны алдын алуу ж-а жөнгө салуу маселелерине бурулат. Кылмыш Д. ж.-т. катары психологиялык изилдөөлөрдү пайдалануу м-н криминология илими тарабынан иликтенет. Укуктук жазаланбай турган Д. ж.-т. да адепсиз иш-аракеттерди жасоону шарттаган туруктуу психологиялык касиеттердин калыптанышына алып келген тарбиянын жетишсиздиги м-н түшүндүрүлөт. Балалык ж-а өспүрүмдүк курактарда жасалган Д. ж.-т. инсандын калыптануу процесси толук аяктай электиги, үй-бүлөнүн

тескери таасири ж-а жаш адамдын өзүн курчаган девианттуу жүрүм-турумдагы өспүрүмдөрдүн таасиринен көз карандылыгы м-н шартталат. Жетилген курактагы адамдардын Д. ж.-т. инсандын туура эмес өнүгүүсүнүн же адамдын турмушундагы айрым жагымсыз жагдайлардын кесепети болушу мүмкүн. Д. ж.-т-ду алдын алуу үчүн адамды бала чактан тартып эле моралдык нормаларга сый мамиле кылууга тарбиялоо ж-а адеп-ахлактуу адаттарга көндүрүү эсептелет.

**ДЕВИАНТТУУЛУК** (анг., немисчеден deviant – бузулган, четтеген; лат. debiatio – бузулуу, четтөө) – жалпы коом тарабынан кабыл алынган нормалардан четтөө; адамдардын же коомдук таптардын аталган нормалардын бузулушуна алып келген ж-а коом тарабынан жөнгө салуу зарылдыгын пайда кылган иш-аракеттери же жүрүм-туруму. Бул термин субмаданияттарды түшүндүрүү үчүн пайдаланылат.

**ДЕГУМАНИЗАЦИЯ** (лат. de – четтөөнү, алыстоону түшүндүргөн жалганма сөз, humanos – адамкерчилик) – коомдук турмуштагы адамкерчиликтүү, гуманисттик, адеп-ахлактык ж-а рухий баалуулуктардын талкаланып жок болушу же алардан баш тартуу; адамга карата сый-урмат мамилелеринин четке кагылышы, инсандык сапаттарды ж-а касиеттерди сыйлабоо.

**ДЕДИФФЕРЕНЦИАЦИЯ** (лат. de – четтөөнү, алыстоону түшүндүргөн жалгама сөз, differentia – түрдүүлүк, айырмачылык) – социомаданий системанын чегинде анын функционалдуу бирдиктеринин ортосундагы чегараларды жоюу, системанын ажырабаган, синкреттүү, бүтүн абалга өтүшү.

**ДЕДУКЦИЯ** (лат. deductio – чыгаруу) – жалпыдан жекени алуунун логикалык жолу. Кең маанисинде «Д» логикалык корутундулоо процессин, б. а. логиканын белгилүү бир эрежелерине ылайык жалпы сүйлөмдөрдөн-логикалык шилтемелерден (посылка) ой бүтүмдөрүн алууну туюнтат. Д. үчүн ой бүтүмүнүн зарыл ж-а туура болушу мүнөздүү, б. а. эгер негизги ой шилтемдери туура болсо, анда зарыл түрдө ой бүтүмү да туура болот. Ушул сапаты м-н Д. индукциядан (лат. inductio – тартипке келтирүү), б. а. эреже катары ой бүтүмдөрү ыктымалдуу, мүнөзгө ээ болгон жекеден жалпыга мүмкүнчүлүктүү карай жүргөн логикалык жолдон айырмаланат. Жалпы принциптерге, жоболорго, аксиомаларга таянган илимдер Д-лык илимдер деп аталат (математика, теориялык механика, физиканын айрым тармактары ж. б.). Ал эми тажрыйбалардын айрым маалыматтарын жалпылоо жолу м-н өнүккөн индуктивдүү илимдерге биология, топурак таануу, медицина ж. б. кирет.

**ДЕИДЕОЛОГИЗАЦИЯ** – азыркы дүйнөдө «идеологиянын күнү бүттү» деген концепция. Илимий-техникалык прогресс ар кандай мүнөздөгү проблемаларды идеологиянын таасиринен көз каранды болуп эсептелген илимий-техникалык чечилишинин зарылчылыгына алып келет. Мында идеология курчап турган чындыкты кандайдыр бир социалдык топтун кызыкчылыгынын пайдасына субъективдүү бурмалоо катары түшүндүрүлөт (мис., Д. Белл ж. б.). 20-к-дын 70-жылдарында Д. түшүнүгү реидеологизация концепциясы м-н алмашкан. Д. концепциясына ылайык калың эл массаларын кызыктырган идеология м-н идеалдарды иштеп чыгуу зарылчылыгын негиздейт. Кеңири мааниде, Д. термини кандайдыр бир идеологиялык принциптерден көз карандысыздыкты түшүндүрөт.

**ДЕИЗМ** (лат. deus – кудай) – удаалаш эмес материализмдин өзгөчө формасы. Бул термин 1564-ж. христианчылыктын үчилтиктүү кудай тууралуу негизги диний догмасын четке кагуу м-н өздөрүн динчил катары көрсөтүүгө далалаттанган антитринитарийлик социниандарды мүнөздөө үчүн алгачкы жолу колдонулган. Кийинчерээк деисттер өздөрүн “табигый диндин” жактоочуларыбыз деп атай баштаган. Мындай диндин негиздөөчүсү болуп 16-к-дагы француз философу Ж. Боден эсептелет. 1624-ж. англиялык философ Э. Г. Чербери “Акыйкат тууралуу китеп” деп аталган эмгегинде “табигый диндин” төмөнкүдөй беш негизги жобосун белгилеген: 1) керемет күч жашайт; 2) ага сыйынуу керек; 3) ага сыйынуунун негизги каражаттары болуп даанышмандык ж-а адеп-ахлак саналат; 4) кылмыштар м-н ыймансыздык өкүнүүнү талап кылат; 5) оомалуу-төкмөлүү жалган дүйнөдөгү өксүктөр тигил дүйнөдө толукталат. Бул жоболорго таянуу м-н, 17–18-к-дарда Франция, Англия ж. б. европалык өлкөлөрдө көп сандаган деисттер пайда болгон. Аталган жоболорго ылайык, алар ыймандуу христиандардын мүнөзүн күтүүгө тийиш болушкан. Бирок, алардын арасында чиркөөгө, официалдуу дин окууларына кескин ж-а ачык мүнөздө чыккан күрөшчүл инсандар арбын эле. Алардын эң көрүнүктүүсү болуп Вольтер саналат. Маркстык адабиятта Д. термини кудайга ишенген, бирок, дүйнөнү илимдин рационалдуу методдору аркылуу түшүнүүгө умтулган философторду белгилөө үчүн колдонулган. Анын өкүлдөрү кудайды тааныганы м-н анын функцияларын кескин төмөндөтүшүп, ал функцияларды материяны жаратууга ж-а материяга кыймылдын алгачкы импульсун берүүгө гана алып барып такашкан. (мис., Френсис Бэкондун, Джон Толанддын, Бенджамин Франклиндин, Михаил Васильевич Ломоносовдун материализми).

**ДЕКАДЕНТЧИЛИК** (фр. decadence. deca-dentia – талкалануу, кулоо) – маданияттар м-н элдердин гүлдөп-өнүгүүсүн ж-а кулап талкаланышын мүнөздөгөн түшүнүк. Илимий адабиятта Д. 19-к-дын 2-жарымы – 20-к-дын башындагы ишенимсиздик маанайды, турмушту жек көрүү, өзүмчүлдүк ж. б. терс үстөмдүк кылган европалык маданияттагы кризистик кубулуш түшүндүрүлөт. Д-тин туруктуу темалары болуп өлүм м-н

ажалдын мотивдери, өлүп жок болгон рухий баалуулуктарды көксөө, граждандык идеалдардан баш тартуу, акылдын күчүнө ишенүү, өчүп бара жаткан өмүр м-н жашоонун сулуулугуна көз артуу ж. б. эсептелет. Д. 1905–1907-ж. болуп өткөн революциядан кийин Россияда кеңири кулач жайып, "Искусство дүйнөсү" ж-а "Көгүлтүр роза" (К. Бальмонт, З. Гиппиус, Д. Мережковский, Ф. Сологуб ж. б.) өңдүү чыгармачыл бирикмелерде өнүк-түрүлгөн.

**ДЕКАРТ** Декарт Рене (1596–1650) (лат. аты Картезий) – француз философу, философиялык рационализмдин көрүнүктүү өкүлү. Эски ак сөөк тукумунан чыккан. Билимди иезуит мектебинен алып, Отуз жылдык согуштун башталышында армияда кызмат өтөгөн, 1621-жылдан тартып бир нече жылга созулган саякаттарды жасаган. 1629-жылдан Нидерландияда жашаган, 20 жылга жакын илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Негизги чыгармалары "Метод тууралуу ой толгоо", "Метафизикалык ой жүгүртүүлөр". Д-тын пикири б-ча таанымдын негизин акылдын тубаса сапаттарына таянуу м-н пайда болгон тике акыйкат түзөт. Д-тын системасындагы күмөн саноо ишеним катары кабыл алынган ой пикирлердин баарын четке кагууга жардам *берген* методикалык ыкманын мүнөзүнө ээ. Д-тын философиясында илимий билимдердин системасынын негизин "ой жүгүртүүдөмүн, демек, тирүүмүн" деген принцип түзөт. Мындай пикир адамга ой жүгүртүү сыяктуу тубаса касиет берген кудайдын бар экендигин далилдейт. Д-тын философиясынын негизин жан ж-а дене дуализми түзөт. Ал космология, физика ж-а физиологияда материалист, ал эми психология, таануу теориясында ж-а болмуш (бытие) тууралуу окууларда идеалист болгон. Ал өзүнө чейин пайда болгон илимдердеги чындыкка ишенбей, бир жагынан акыр заман (тарыхтын бүтүшү) ж-дөгү орто кылымдардагы ой жүгүртүүлөргө, экинчи жагынан материянын бөлүнүшүн атомго чейин гана чектеген байыркы грек окууларына каршы чыккан. Анын пикири б-ча материалдуу дүйнө түбөлүктүү ж-а чексиз. Материянын кыймылын механикалык орун алмашуу катары карап, аны кыймылга келтирген күч деп кудайды түшүнгөн. Рухий ж-а материалдуу субстанциялар кудай тарабынан жаратылган ж-а атрибут деп аталган ажырагыс сапаттарга ээ. Ой жүгүрткөн субстанциянын атрибуту көлөмсүздүк, ал эми материалдуу субстанциянын атрибуту болуп көлөм (узуну, туурасы ж-а бийиктиги) эсептелет. Д-тын эмгектери философиянын эки багытына тең – идеализмге да, материализмге да таасирин тийгизген.

**ДЕКОНСТРУКЦИЯ** (лат. de – четтөөнү, алыстоону түшүндүргөн жалгама сөз, constructio – түзүү, куруу) – посконструктивизмдин өзөктүү түшүнүктөрүнүн бири. Ж. Дерриданын окуусуна ылайык, Д. текстти анализдөөдөгү логикалуу ойду ж-а сөздү четке кагууга негизделген принцип болуп саналат. Гуманитардык маданияттын тексттерине карата Д. болмуштун өзөктүү түшүнүктөрүн аныктоо максатында батыш маданиятынын 2000-жылга созулган тарыхында үстөмдүк кылган реалдуулуктун, табияттын ж-а рухий турмуштун белгилерин, символдорун, нерселерин, элестерин четке кагууга умтулат.

**ДЕМИУРГ** (гр. demiurgos – уста, кол өнөрчү, хирург) – Платондун философиясында идеялар м-н материяны бириктирип, реалдуу дүйнөнү жараткан күч (философиялык кудай); дүйнөнү «жок нерседен» жараткан христиандык кудайдан айырмаланып, Д. дүйнөнү материалдуу ж-а идеалдуу потенциядан жаратат. Д. жөн гана кыймылдын башаты эмес, ал өз энергиясы м-н Платон тарабынан дүйнөнүн жаны деп аталган кубулушту пайда кылат. Дүйнөнүн жаны космосту курчап, жандууларга жан берет ж-а реалдуу дүйнөдөгү кыймылдын башаты болуп саналат. Ошентип, Платондун пикири б-ча, реалдуу дүйнө жандан ж-а денеден (от, суу, аба, жер) турган, шар формасындагы тирүү жандык болуп эсептелет.

**ДЕМИФОЛОГИЗАЦИЯ** бул термин Р. Бультман тарабынан Библиядагы «дүйнөнүн мифтик картинасын» сын көз караш м-н чечмелөө жолу аркылуу Жаңы Осуяттын маани-маңызын ачууну белгилөө максатында илимге киргизилген. Анын пикири б-ча, Библиядагы мифтер табият таануу илимдеринин таасири астында калыптанган азыркы адамдын түшүнүмдөрүнө дал келбей калды. Ошол себептен динге ишенүү Библияны жаңыча түшүнүүнү ж-а аны мифтик аң-сезим аркылуу түзүлгөн дүйнөнүн объективдүү маанайдагы каалагандай картинасынан бошотууну талап кылат. Христостун өлүп кайра тирилиши тарыхый факт катары эмес, апостолдун пасхалдык ырым-жырымы катары гана түшүнүүлүгө тийиш. Кеңири мааниде бул термин тарыхый окуяларды иликтеген азыркы изилдөөлөр м-н методдорду мифологиялык элементтерден, апыртуулардан бошотуу максатын көздөгөн тенденцияны белгилейт.

**ДЕМОКРИТ** (б. з. ч. 460–370) – байыркы грек материалисти, атомизмдин негиздөөчүсү. Ал Фракия жээгиндеги грек колониясы болуп эсептелген Абдера шаарындагы өтө бай үй-бүлөдөн чыккан. Көптөгөн грек ойчулдары м-н жакындан тааныш болгондуктан, алардын философиясын терең окуп-үйрөнүү м-н энциклопедиялык билимдерге ээ болгон. Ал өмүрүн ошол кездеги философиянын составына кирген физика, астрономия, этика, медицина, география, математика ж. б. илим тармактары б-ча жазылган 70тен ашуун чыгармаларды жазууга арнаган. Анын көп сандаган эмгектеринен айрым үзүндүлөр гана башка антикалык ойчулдардын айтып калтырганы б-ча бизге чейин келип жеткен.

**ДЕМОКРИТТИН ОНТОЛОГИЯСЫ** – Демокрит болмуш ж-а болмуш эмессыяктуу эки башат жашайт деп белгилеген. Ал сезимдик тажрыйбага таянуу м-н нерселер да (болмуш), мейкиндик да (боштук, болмуш

эмес) жашайт деген. Боштук бир нерсени экинчисинен ажыртып турат. Бул болсо элеаттар баса көрсөткөндөй болмуш бирдиктүү эмес, көп түрдүү дегенди түшүндүргөн. Космос нерселер м-н боштуктардын биригиши болуп саналат. Болмуш боштук тап-такыр жок болуп кетмейинче бөлүнө берет. Д-тин окуусунда боштук нерселерди ажыратуучу ж-а чектөөчү кызмат аткарат, ошондуктан, боштук составдык элементтерди (атомдорду) бөлүп туруучу каражат катары татаал нерселердин ичинде ж-а аларды камтыган көлөм катары нерселердин сыртында жашайт. Боштук нерселерге ж-а анын элементтерине кыймыл жасоого, орун которуштурууга мүмкүндүк берет. Боштуктун чектелиши "*кичинекейлигинен улам көзгө көрүнбөгөн*" атомдордун (гр. atomos – бөлүнбөс) жашоосунан кабар берет. Кичинекейлигинен улам атомдор туюмдар аркылуу эмес, акыл м-н гана таанылат. Атом, Д-тин пикири б-ча, физикалык нерсе катары бөлүнбөйт, бирок ал математикалык чоңдук катары бөлүнө алат. Атомдордун саны канчалык чексиз болсо, атомдорду камтып турган мейкиндик болуп эсептелген боштук да чексиз. Атомдорду Д. боштукта калкып жүргөн өтө майда бөлүнбөс, бири-биринен формасы, чоңдугу ж-а абалы б-ча гана айырмаланган бөлүкчөлөр катары элестеткен. Атом бөлүнбөстүк, башкача айтканда, өзгөрбөстүк сыяктуу негизги касиетке ээ. Д. алгачкылардан болуп атомдор тынымсыз кыймылда болуп турат деп көрсөтүү м-н, кыймылды материалдык нерселердин жашоо ыкмасы деп атап, кыймылдын үч формасын ачып көрсөтөт. Кыймылдын биринчи формасы броундук кыймылды элестеткен башаламан орун алмашуу м-н байланышкан. Кыймылдын кийинки формасы куюндуу агым түрүндө элестетилген. Мында атомдук куюн бир түрдүү атомдордун биригүүсүн ж-а ар түрдүү атомдордун ажыроосу үчүн шарттарды түзгөн. Натыйжада Д. тарабынан окшош нерселердин бири-бирине тартылуу мыйзамы деп аталган атомдордун кыймылындагы мыйзам ченемдүүлүк пайда болгон. Атомдук куюн процессинде дүйнө жаралган, б. а. өз ара кагылышып ж-а бири-бирине жармашып, атомдор биз күнүмдүк турмушта колдонуп жүргөн нерселер м-н буюмдарды пайда кылышат. Кыймылдын үчүнчү формасы космос предметтеринин бууланышын элестетет. Бул кыймылга жыт кирет. Жаратылыш нерселеринин касиеттери м-н шарттальшкан, мис., илээшкендик илмектүү атомдор, ал эми агуучулук тоголок атомдор аркылуу түшүндүрүлөт. Д. антикалык философияда биринчилерден болуп таанып-билүү процесси тууралуу кеңири түшүнүктөрдү берген да, таануунун сезимдик ж-а акыл-эстик деп аталган формаларын ажыратып, алардын өз ара айкалышын аныктаган. Таанып-билүү, деп айткан ал, сезимдерден акылга карай жүрөт. Сезимдик таанып-билүү атомдордун өз ара аракеттенишүүсүнүн натыйжасы болуп саналат. Сезимдик образдардын ар түрдүүлүгү атомдордун формаларынын, түзүлүшүнүн ар түрдүүлүгү м-н шартталган. Таанып-билүү "агып кетүү" принцибинин негизинде түшүндүрүлөт. Мис., нерселер м-н кубулуштардын көрүнбөгөн майда элестери м-н өтө жука образдары көзгө "агып кирет" да, сырткы дүйнө тууралуу сезимдерди пайда кылат. Рационалдуу таанып-билүү сезимдик таануунун уландысы болуп эсептелет. Акыл-эс – бул өтө жука көрүү органы, б. а. өзгөчө "логикалык көрүү" болуп саналат. Д. материалдуулук м-н идеалдуулук айырмалаган эмес. Адамдын жаны жеңил, дүүлүккөн шар сымал ж-а жылмакай атомдордон түзүлгөн. Бул атомдорду Д. кудуреттүү, кереметтүү деп атаган. Д-тин атомдук концепциясы тарыхий зор мааниге ээ, анткени ал Жаңы мезгилде табигый илимдер тарабынан түзүлгөн дүйнөнүн картинасынын негизине коюлган. Д-ти акыркы ири грек философ-натуралисти деп атоого болот, анткени, анын чыгармачылыгы м-н грек философиясындагы натуралисттик мезгил аяктаган.

**ДЕМОНСТРАЦИЯ** (лат. demonstratio – көрсөтмө) – далилдөө; 18-кылымда Вольф ж-а Кант бул терминди кандайдыр бир тезисти илимий так түшүнүктөрдүн жардамы аркасында далилдөө дегенди белгилөө үчүн пайдаланышкан; азыркы учурда Д. деп процессти, предметти түшүнүктүү кылып (мис., эксперименттин жардамы аркасында) көрсөтүп же сүрөттөп берүү түшүндүрүлөт; саясий мааниде демонстрация деп коомдук (массалык) манифестацияларды аташат.

**ДЕОНТОЛОГИЯ** (гр. deontos – милдеттүү, logos – окуу) – адамдык парз м-н моралдык талаптардын проблемасын изилдеген этиканын бөлүмү. Термин англиялык философ Иеремия Бентам тарабынан киргизилип, адептүүлүк тууралуу окууну белгилөө үчүн колдонулган ("Деонтология, же мораль тууралуу Илим" – "Deontology or the science of morality». vol. 1–2, 1834). Кийинчерээк Д-ны моралдык баалуулуктар тууралуу окуу болуп саналган аксиологиядан айырмалай башташкан. Д. кызмат абалын социалдык мыйзамдардын талабы болуп саналган адеп-ахлактуулук м-н так аткаруунун формасын чагылдырат.

**ДЕПРЕССИЯ** (лат. depressio – көңүлдүн чөгүшү) – психологиялык мааниде – адамдын басмырланган, көңүлү чөккөн абалы, сар-санаага батуу, куса болуу, кайгылуу маанайы. Д. экзогендик (жагымсыз, басмырлаган жагдайга психикалык реакция жасоо) же эндогендик (көңүлдүн чөгүшүнүн оору-сыркоо м-н байланышы) болушу мүмкүн.

**ДЕТЕРМИНИЗМ** (лат. de-termino – аныктайм) – детерминациянын объективдүү процесси ж-а детерминациянын объективдүү процесси тууралуу окуу катары түшүндүрүлөт. Д. – табигый, коомдук ж-а психикалык нерселер м-н кубулуштардын кандайдыр бир себеп тарабынан себептүү аныкталгандыгы тууралуу окуу. Мындай себеп катары теологиялык Д. Кудайды, антропологиялык Д. адамды, географиялык

Д. табигый шарттар м-н климатты, биологиялык Д. тукум куучулукту атайт. Көз караштык ориентациялары б-ча, Д-дин бардык окуулары материалисттик, идеалисттик, диний мүнөздө болуп, ал эми кокустук м-н зарылдык айкалышы тууралуу суроону чечүүдө алар метафизикалык ж-а диалектикалык жоболорго таянат. Өз кезегинде метафизикалык (антидиалектикалык) Д. фатализм ж-а индетерминизм деп аталган окуулардан турат. Фаталисттик концепцияларда бир беткей зарылдык ашкере абсолютташтырылып жиберилет да, кокустук четке кагылат же толук кандуу баага арзыбайт. Мис., Б. Спиноза билимдердин жетиштигинен улам гана айрым нерселерди кокустук деп атоого мажбур болобуз деп белгилеген. Француз философу П. Гольбахтын «Табигый система» (1770) деп аталган эмгегинде бурганак көтөргөн куюнда да кокустан эле илээшкен бир да молекула жок деп көрсөтүлгөн. Молекулалардын ар бир кыймылы зарылдык улам пайда болот. Дал ушул сыяктуу эле тынымсыз кыймылдагы табият адамдын турмуш-тиричилигин шарттап турат. Кээ бир учурларда коомду катуу силкинтүүгө дуушар кылган көңтөрүштөрдө (революцияларда) зарыл болуп эсептелбеген бир да ой, иш-аракет, революциялардын катышуучуларынын каалоо-тилектери жок. Коомдук ой-пикирдин тарыхында материалисттик фатализмге индетерминизм каршы турат. Мис., америкалык философ Сантаяна курчап турган материалдуу дүйнө кокустуктардын агымынан турат; анын пикири б-ча адамдар зарылдык катары кабыл алган нерселердин баары «кокустуктардын заговору» болуп саналат. Табият таануу илимдеринде электрондун «эркин кыймылы», мутагенез процессин ишке ашырган гендердин «эркиндиги» ж. б. тууралуу түшүнүмдөр кецири өнүккөн. Кокустук м-н зарылдык жуурулуштурган фаталисттик Д. индетерминизм сыяктуу эле диалектикалык окууну жактаган ойчулдар (мис., Гегель, Энгельс, Герцен) тарабынан четке кагылат.

**ДЕФИНИЦИЯ** (лат. definitio – чектөө) – түшүнүктү аныктоо, түшүнүктүн белгилерине, б. а. түшүнүктүн мазмунуна токтолуу м-н анын маани-маңызын ачуу (кара, *Түшүнүк*, *Предикат*). Эмпирикалык предметтердин түшүнүктөрү өтө көп сандагы белгилерге ээ болгондуктан, алардын Д-сы маанилүү белгилерди баса белгилөө м-н гана чектелет (кара, *Абстракция*). Тактыгы б-ча математикалык Д-ларды ж-а көрсөтмө түшүнүктөрдү айырмалоого болот. Айрым моменттери ж-а функциялары б-ча Д-лардын төмөнкүдөй түрлөрүн ажыратууга болот: 1) аналитикалык (анын негизги функциясы болуп түшүнүктөрдүн анализинин жардамы м-н түшүндүрүү саналат) ж-а синтетикалык (ал Д-ларды таануу процессинен бөлүп албай, чогуу карап, анын белгилерин синтездин жардамы аркылуу конструкциялайт) Д-лар; 2) номиналдуу (алар бир түшүнүктү экинчиси м-н жалгаштырышат) ж-а реалдуу (нерселерди өзүнө ылайык келген түшүнүктөр м-н атайт) Д-лар. Аристотель Д. деп "жалпы тегин" ("genus proximum") ж-а "түрдүк айырмачылыгын" ("differentia specifica") көрсөткөн түшүнүктөрдү атаган. Д-ларда (аныктамаларда) төмөнкүдөй жаңылыштыктар болушу мүмкүн: 1) аныктама четке кагууну гана камтыйт; 2) аныктама абдан тар мүнөзгө ээ; 3) аныктама өтө кең мүнөзгө ээ; 4) аныктама өзү үчүн гана керектүү түшүнүктөрдөн турат; 5) аныктама керектүү түшүнүктүн мазмунуна эмес, көлөмүнө көп көңүл буруу м-н аталган түшүнүктүн аныктамасына караганда верфикациясына ооп кетет.

**ДИАЛЕКТИКА** (гр. dialektike – ацгеме ж-а techne – искусство, өнөр) – сөзмө-сөз аңгемелешүү өнөрү, маек куруу искусствосу. Д. жаратылыштын, коомдун ж-а таанып-билүүнүн өтө жалпы мыйзамдары тууралуу окуусу, о. эле ой жүгүртүүнүн универсалдуу методу болуп эсептелет. Д. методу б-ча дүйнө тынымсыз кыймылда, өнүгүүдө, өзгөрүүдө болуп турат. Кыймылдын, өнүгүүнүн ж-а өзгөрүүнүн себеби катары ички карама-каршылыктардын биримдиги м-н күрөшүн атайт.

**ДИАЛЕКТИКАЛЫК ЛОГИКА** – табияттын, коомдун ж-а адамдын ойлоосунун өнүгүшүнүн Жалпы Мыйзамдардын үйрөтүүчү илим. Жалпы Мыйзамдар – логикалык категориялар катары каралат. Ошондуктан Д. л. диалектиканын категорияларынын илими деп эсептөөгө болот. Д. л. категориялардын бири-бири м-н байланышын, өзгөрүшүн, өнүгүшүн изилдейт.

**ДИАЛЕКТИКАЛЫК МАТЕРИАЛИЗМ –** марксизмдин философиялык окуусу. Ага ылайык материя – дүйнөнүн жападан-жалгыз негизи, ал эми аң-сезим – материянын касиети же функциясы. Дүйнөнүн кыймылы ж-а өнүгүшү анын ички карама-каршылыктарынын натыйжасында болот. Д. м-дин негизги мыйзамдары болуп карама-каршылыктардын биримдигинин ж-а күрөшүнүн мыйзамы, сандан сапатка өтүү мыйзамы, тануну (четке кагууну) тануу (четке кагуу) мыйзамы саналышат.

**ДИАЛЕКТИКАЛЫК ТЕОЛОГИЯ** (кризистин теориясы) – евангелиелик теологиядагы 20-к-дын 20–30-жылдарда пайда болгон агым; өзүнүн келип чыгуусу ж-а теориялык жоболору б-ча экзистенциализмге абдан жакын, «диалектикалык» деген түшүнүк философиялык мазмунга толук каныккан эмес, ал адамдын өзүнө карама-каршы турган суверендүү кудай м-н пикир алышуу учурундагы ойдун ишин түшүндүрөт. Д. т. интеллектуалдуу теологиялык агым катары (1921–1933) диний ойчулдар тарабынан төмөнкүдөй аталыштар м-н белгилүү болгон: Д. т. (К. Барт), «Жацы Осуятты демифологизациялоонун» теологиясы (Р. Бультман), универсалдуу теология (П. Тиллих), «жансыз (өлгөн) кудайдын» теологиясы (Д. Банхеффер), эсхатологиялык теология (Р. Нибур), үмүттүн теологиясы (Ю. Мольтман), революциянын теологиясы (М. Шретер) ж. б.

Аталган агымдын өкүлдөрүнө биринчи дүйнөлүк согуштан кийин интеллектуалдык чөйрөгө тез жайыла баштаган даниялык философ С. Кьеркегордун ж-а М. Хайдеггердин экзистенциализми күчтүү таасир берген. Акырындык м-н Д. т. бирдиктүү окуунун нугунан чыгып, анын өкүлдөрүнүн ортосунда пикир келишпестиктер башталган. Жалпы жонунан бул агымдын ойчулдары 20-к-дын башында үстөмдүк кылган «диний» адамга берилген тарыхый ж-а психологиялык түшүндүрмөлөргө каршы чыгып, Библияда Кудай, Кудайдын аяны, Кудайдын амири, Кудайдын падышачылыгы ж. б. түшүнүктөргө илимий аныктама берүүгө ж-а алардын маани-маңызын түшүнүүгө аракет кылышкан. Д. т-нын бир катар өкүлдөрү азыркы учурдагы философия м-н теологиянын өнүгүшүнө зор таасир беришкен.

**ДИАСПОРА** (гр. diaspora – чачыранды) б. з. ч. вавилондук туткундан ж-а б. з. 70-ж. Иерусалим храмы римдиктер тарабынан талкалангандан кийин еврейлер диний борборунан айрылып, Палестинадан куулуп салынган да, Палестинадан сырткары көрүнгөн мамлекеттерде жашаган еврей жамааттары; азыркы илимий адабиятта Д. деп өз өлкөсүнөн сырткары жашаган этностук топтор аталат.

**ДИНАМИКА** (гр. dynamis – күч) – күч ж-а ал тарабынан пайда болгон кыймылдар тууралуу окуу; Аристотелдин окуусунда dynamis деп күчтүн потенциясы (мүмкүнчүлүгү) аталат. Ушунусу м-н Д. активдүү кыймылдап жаткан энергиядан же энтелехиядан айырмаланат.

**ДИНДИК АСКЕТИЗМ** (гр. aske – бир нерсеге машыккан ) – даанышман өмүр сүрүүгө ж-а материалдуу дүйнөнүн ыпластыктары м-н азгырыктарынан алыс болуу аркылуу күнөөдөн кутулууга умтулган динчил адамдардын турмуш-тиричилигинин формасы. Д. а. кийинки антикалык-мезгилде байкалып, киниктер, стоиктер, христиан кечилдери, сопулар ж. б. үчүн мүнөздүү болгон. Д. а-де мистикалык сезимге, туюмга негизделген нравалык Аскетизм кудайга ылайыкташуунун өбөлгөсү катары каралат. Христиан дини өз учурунда аскеттик жашоонун диний-мистикалык жагдайын Кудайды тануунун жолу ирээтинде кабыл алган.

**ДНИЙ ИШЕНИМ** – ар кандай диний идеологиянын негизги элементи. Д. и-дин маалыматтары м-н тажрыйбага таянбай эле, диний окуулар м-н алардын жоболоруна далилсиз ишене берүү ж-а аткаруу, анткени Д. и. адамдын ички абалы катарында, андан ырым-жырымдарды, салт-санааны, моралдык жол-жоболорду, тыйууларды бек аткарышын талап кылат.

**ДИНИЙ СЕКТА** (лат. sekta – ой-пикир мүнөзү, окуу) – диний бирикмелердин бир түрү. Д. с-лар таптык антогонисттик коомдогу өзүнүн абалына канааттанбаган топтордун социалдык каршылыгы катары жаралган, тигил же бул диний багытка каршы турган агым. Ага өзүлөрү туткан көз караш, ой-пикирлерди, принцип ж-а доктриналарды өзгөчө деп эсептеп, башкалардан жогору коюу, ошол себептүү обочолонуу, фанатизм мүнөздүү. Д. с-лар диний институттардын ролун танат, жетекчилик жөндөм кудайдын кудурети м-н гана тартууланат деп эсептешет. Бардык мүчөлөрүнүн тең укуктуулугун, уюмга кирүү ар кимдин каалоосу б-ча гана болушун жакташат, элге «кайрылууга» өзгөчө басым жасашат. Көрсөтүлгөн белгилер башка диний уюмдарда да болушу мүмкүн, Д. с-лар өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөрү көп. Убакыттын өтүшү м-н айрым Д. с-лар жоюлуп, башка түргө өтүшү же социалдык шарттарга ылайыкташып кетишкендиктери кездешет.

**ДИСКУРСИВДҮҮ** (лат. сөзү discursus – ой жүгүртүү) – түздөн-түз сезим м-н интуитивдүү таанып билүүдөн айырмаланып, акыл ой чабыттатып, демонстративдүү, логикалык талдоого алуу. Чындыкты тикеден-тике (интуитивдүү) ж-а кыйыр (далилдердин негизинде кабыл алынган) деп бөлүштүрүү Платон м-н Аристотелден бери келатат, ал эми Д. термини Фома Аквинскийден кездешет. Философиянын тарыхында Д. ой жүгүртүүнүн маанисин танган да (Якоби ж. б.) ж-а аны ашыра баалаган да (Вольф ж. б.) мисалдар кездешет. Азыркы философия таанып билүүнүн Д. жагынын маанилүү ролун танбайт.

**ДИСКУРСИВДҮҮ БИЛИМ** (лат. discursus – ой чабыттатуу) – мурдагы тажрыйбанын негизинде акыл-эске талдоолордун жыйынтыгынан алынган билим; акыл-эс м-н өтмө катар, темирдей бекем ырааттуу талдоого алуу процесси; анда улам соңку ой корутундусу мурдагыдан агылып келип, кийинкисин да шарттап кетет. Изилдөөчү жекече фактыларды үйрөнүүдөн кадамдап отуруп индуктивдүү ой жүгүртүүнүн жыйынтыгы катары жалпылаштырылган корутунду чыгаргандыгы – Д. б-дин мисалы.

**ДИСПОЗИЦИЯ** (лат. dispositia – жайгаштыруу) – бөлүштүрүү, план; медицинада ж-а психологияда да жөндөмдүүлүк, камылга, маанай, шыктуулук дегенди туюндурат.

**ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯ** (фр. diffe-retiation лат. differentia – айрымалуулук, ажыратуучулук) – өнүгүп – өсүүдөгү бүтүндүктү бөлүктөргө, баскычтарга, деңгээлдерге ажыратуу, бөлүү м-н байланышкан өсүү процессинин тараптары. Д. функционалдык ж-а структуралык деп бөлүнүп, биринчисинде өсүп – өнүгүүдөгү системалардын элементтери аткарган функциялардын чөйрөсү кеңейсе, экинчисинде системада тигил же бул функцияларды аткаруучу подсистемалар бөлүнүп чыгат. «Д» термини илимде Д. м-н интеграцияны материянын биологиялык, психологиялык ж-а социалдык деңгээлдерде жөнөкөйдөн татаалга өтүү эволюциясындагы негизги моменттер катары караган Спенсерден баштап кеңири колдонула баштаган. Д-нын натыйжасы ажыраган бөлүктөрдүн толук автономдуулуулугу да ж-а интеграция процесстери аркылуу алардын жаңы байланышын түзүү да б. а. Системаны татаалдаштыруу да болушу мүмкүн.

**ДИХОТОМДУУ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ** (дихотомотическое суждение) (гр. dicha ж-а tome эки башка бөлүктөр) – кайсы бир топтогу предметтерди экиге бөлүүнүн натыйжасын туюндурган ой жүгүртүү; бул бөлүктөрдүн бири тийиштүү белгиси бардыгы м-н мүнөздөлөт (мис., «көлдөр туздуу ж-а тузсуз болушат»).
**ДИХОТОМИЯЛЫК БОЛҮҮ** (гр. dihotomia – экиге бөлүү) – түшүнүктүн аймагын эки бөлүккө бири экинчисин төгүндөгүдөй, ал эми биригишкен абалында түшүнүктүн аймагын камтыгандай бөлүштүрүү. Эң жөнөкөй бул операция классификациялоонун баштапкы стадиясында колдонулат. Д. б-нүн артыкчылыгы анын жөнөкөйлүгү м-н жеткиликтүүлүгүндө, анткени, бөлүштүрүү белгинин бардыгы же жоктугунун негизинде жүргүзүлөт. Маселен, токойлордун тобун өз ара эки топко, мис., жалбырактуу ж-а ийне жалбырактуу деп, ал эми жазы жалбыраксыз токойлорду – ийне жалбырактуу ж-а ийне эмес жалбырактуу токойлор деп, ж. б. бөлүштүрүүгө болот. Д. б-нүн жетишсиздиги карама – каршылыктуу белгилери м-н аныкталчу топтор даана аныкталбай, ал эми ырааттуу бөлүштүрүү учурунда андай белгилерди табуу улам кыйындай бергендигинде. Д. б. азыркы учурда компьютерлерди конструкциялоодо кеңири колдонулууда.
**ДИЭРЕЗА** (гр. сөзү – алыстатуу, бөлүү, бөлүп-жаруу, ажыратуу) платондук диалектиканын методдорунун бири болуу м-н айрым бир түрлөрдү башкаларынан айырмалап бир түрдү бөлүп алып, ага текстерди дихотомдук ажыратуу аркылуу аныктама берүүгө мүмкүнчүлүк берет; көп бөлүктөргө бөлүнгөн түрлөрдү бирдиктүү идеяга топтоштуруучу методго карама-каршы келет. Д-ны Платондун колдонгондогусунун эң айкын үлгүсү – «Софист» ж-а «Саясатчы» диалогдорунда. Аристотелдин оюу б-ча, Д. көз алдыдагы түрдүн маңызын аныктоо үчүн пайдалуу; ал эми андай аныктоо ошол түрдүн белгилүү бир ырааттуулугунда көрүнгөн бардык негизги белгилерин өздөштүрмөйүн мүмкүн эмес. Д. методу орто платонизмдеги ж-а неоплатонизмдеги платондук философиянын окуу китебине киргизилген.
**ДОГМА** (гр. сөзү dogma – пикир, чечим, окуу, бүтүм) – доктрина же анын айрым жоболору; алар тажрыйба аркылуу текшерилип, бекемделбестен куру ишенүүчүлүк же авторитетке сокур баш ийүүчүлүк аркылуу далилдерсиз чындык катары кабыл алынат. Д-нын жактоочулары тарабынан конкреттүү реалдуулукка, орун шартына ж-а мезгилге көз карандысыз туруктуулук катары түшүндүрүлөт.
**ДОГМАТИЗМ** (гр. сөзү dogma – пикир, окуу, бүтүм) – ой жүгүртүүнүн сынчыл эмес, бир жактуу, тарыхыйчылыкка каршы түрү болуп, реалийлерди кабыл алууда, баалоодо, түшүнүүдө орундун, мезгилдин, аракеттердин спецификалуу шарттарын эске албастан, качан бир өздөштүрүлгөн доктринага тушалып калуучулук. Д-дин гносеологиялык базиси – чындыктын динамикалуулугун, конкреттүүлүгүн атайылап же аңдоосуздан элес албоо, андагы абсолюттук м-н салыштырмалуулуктун диалектикасын бузуу же бурмалоо. Д-дин психологиялык пайдубалы – авторитетке сокур ишенүү, акыл – эстин шалакылыгы, өткөнгө, качан бир өздөштүрүлгөн канондорго, формулаларга, эрежелерге сенектик м-н байлануу, турмуштун эскирген заркындыларынан жогору көтөрүлүүгө жөндөмсүздүк. Д-дин социалдык негиздери – корпоративдүү (таптык, топтук) же жекече эгоизм, ар нерсенин түпкү абалына колтийбестик сакталышын колдоого алуу. Саясаттагы Д. – авторитаризм, турмушту аңдап, таанууга үстөмдүк кылуу сөз м-н иштин, теория м-н тажрыйбанын ажыр алып келип, субъективизмди, волюнтаризмди, сектанчы жаратат да, акырында өзүн өзү ашкерелейт.
**ДОКСОГРАФИЯ** (лат. doxographi – ой пикир, көз караш) – 19-кылымдын ортосунда Г. Узенер тарабынан киргизилген бул термин «өмүрнаама» (өмүрбаянчылар) жанрында эмес, философтордун «көз карашнаамасы» жанрында эмгектенишкен байыркы авторлор тууралуу маалымат берип, Г. Дилстин «Грек доксографтары» (1879) аттуу классикалык эмгеги м-н илимден орун алган. Ал эмгекте Д-лык адабияттардын сакталып калган үлгүлөрү биринчи жолу жыйналып, сын көз караште жарыяланган. Сөздүн нукура маанисинде доксографтар делинип, философтордун «көз караштары» тематикалык рубрикалар б-ча топтолуп, проблемалуу система ырааттуулугунда чечмеленген жыйнактардын авторлору гана аталышкан.
**ДОКТРИНА** (лат. docere – окутуу, doktrina – окуу) – абройлуу окуу; принциптердин жыйындысы; кубулуштардын кайсы бир тармагы ж-дөгү теориялык жоболордун системасы; кайсы бир окумуштуунун же ойчулдун көз караштарынын системасы. Д. терминдин тек – жайы христианчылыктан башталат ж-а алгач ыйык текстке негизделген диний окууну туюндуруп, чиркөөдөгү диний окуунун маңызына байланышканы аркылуу жалпыга таанылган. Ушу убакка чейин христиандык мазмундун артыкчылыгын сактап калуу м-н Д. түшүнүгү ошондой эле жалпы дин таануучулук м-н диний эмес мазмунду да сиңирип калды. Доктринер – турмуш м-н анча шайкеш келбесе да, Д-ны бек туткан адам. Каймана маанисинде – ал өз билгенин бербеген талмудист, эскирген догмаларды көгөргөн жактоочу. Эгерде диний эмес окуу Д. деп аталып калса, анда ал көпчүлүк учурларда ошол окууну айныксыз чындык деп жактагандардын көз караштарына карата колдонулат.
**ДОМИНАНТА** (лат. dominans/dominantis – үстөмдүк кылуучу) – жетектөөчү идеяны, бир нерсени негизги белгиси м-н маанилүү бөлүктөрүн туюнтуу үчүн философияда, маданияттанууда кеңири колдонулуучу термин (мис., антика адабиятынын Д. чыгармачылыктын Д.).

**ДООР РУХУ** – «мезгил руху» деген түшүнүккө синонимдеш ж-а доордун маданий нарк-насилинин биримдигин туюндурат. Д. р. белгилүү бир маданий-тарыхый мезгилде жашаган коомго, элге мүнөздүү маани-маңыздардын, ой-жүгүртүүлөрдүн, баалуулуктардын, нормалар м-н идеалдардын, стереотиптер м-н жоболордун бир бүтүндүгү. Д. р. түшүнүгү изилдөөчүлүк алкакка немис тарыхчылары Х. Мейнерс ж-а Д. Тидеман (18-к.) тарабынан киргизилген.

**ДОСОКРАТИКТЕР,** С о к р а т к а ч е й и н к и л е р – байыркы грек философиясынын (б. з. ч. 7–4-к. башы) алгачкы мезгилдеги өкүл-дөрүнүн шарттуу аталышы. Философиялык ой жүгүртүүнүн негизги предмети досократиктерге – космос – кадимки эле сезимге таасир берүүчү, коюлтуунун ж-а суюлтуунун натыйжасында бир-бирине өз ара өтүп кетүүчү стихия катары ойлонулган: жер, суу, аба, от ж-а эфир. Досократиктерге: Фалес, Анексимандр, Анаксимен, Гераклит, Диоген Аполлонийский, Ксенофан, Пифагор, Парменид ж-а Элейлик анын окуучулары, Эмпедокл, Анаксагор, Левкипи ж-а Демокрит киришет.

**ДООТҮ** (ар. Дауд) – мусулман мифологиясында пайгамбардын аты: кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында темир устанын пири, усталардын колдоочусу, патрону. Д-нүн түпкү теги библиядагы Давидге туура келет. Манаста чыгаан уста, өнөрпоз маанисинде көп жолугат.

**ДУАЛИЗМ** ( лат. сөзү duo – эки) – монизимдин тескерисинче материалдык ж-а рухий субстанцияларды тең укуктуу башталмалар катары санаган философиялык окуу. Бул окуунун башкы максаты –материализм м-н идеализмди бириктирүүгө болгон аракет. Аң-сезимди материядан дуалисттик жол м-н ажырымдоо акыры келип, идеализмге алып келет. Д. айрыкча Декарт м-н Канттын философиясына мүнөздүү. Д. психо-физикалык параллелизмдин теориясынын философиялык негизи болуп кызмат кылат.

**ДУБА** (ар. Чакырык, өтүнүч, сыйынып табынууда айтылчу сөз) – өлгөн адамга же башка бир диний жөрөлгөлөргө, ырым-жырымдарга байланыштуу жакшылык тилекти, көңүлдү билдирүүчү иретинде окулуучу бата ырымы. Д. сыйкырлоо маанисинде да колдонулат.

**ДҮЙНӨ** – материянын бардык формаларынын бир бүтүн жыйындысы; жер жүзү ж-а андагы бардык жаратылыш. Д. түшүнүгү Ааламдын айрым бөлүктөрүн (жылдыздар дүйнөсү), Жерди ж-а аны бир бүтүн катары мүнөздөөчү процесстерди, кубулуштарды (дүйнөлүк коомчулук, дүйнөлүк маданият, бүткүл дүйнөлүк конгресс), жашоо-турмуштун айрым чөйрөлөрүн ж-а анын көрүнүштөрүн (адамдын ички дүйнөсү, антикалык дүйнө, илимий дүйнө) белгилөө үчүн кеңири колдонулат.

**ДҮЙНӨ МЕТАФИЗИКАСЫ** – кийинки антикалык ж-а орто кылымдардын философиясы үчүн мүнөздүү дүйнө ж-дөгү көз караштардын комплекси: онтологиялык планда – бардык болгондордун субстанциясы катары; гносеологиялык планда – таанып билүү принциби катары; этикалык планда – коодуктун маңызы катары. Библиялык, ошондой эле платондук ж-а өзгөчө неоплатондук башаттарга ээ.

**ДҮЙНӨГӨ БОЛГОН КӨЗ КАРАШ** – дүйнө ж-дө ж-а андагы адамдардын орду ж-дө, адамдын аны курчап турган чындыкка ж-а өзүнө болгон мамилеси ж-дө көз караштардын системасы, ошондой эле ушул көз караштар м-н шартталган адамдардын негизги турмуштук ээлеген орду ж-а көрсөтмөлөрү, алардын ишенимдери, идеалдары, таанып билүү ж-а иш-аракет принциптери, дүйнөлүк багыттары. Д. б. к. к. – адамдын чындыкка болгон теориялык ж-а тажрыйбалык мамилелерин бирдикте карап дүйнөнү тажрыйбалык өздөштүрүү ыкмасы. Д. б. к. к-та маданият категорияларынын системасы – адамзат дүйнөсүнүн жалпыланган модели туюнтулат. Философия – Д. б. к. к-ты теориялык өнүктүрүүнүн формасы. Д. б. к. к-тын субъектиси катары жалпысынан коомдо таптар, социалдык топ ж-а жеке адам реалдуу чыгат. Д. б. к. к. коомдук ж-а жекече аң сезимдин ядросу болуп эсептелет. Д. б. к. к-тын негизги 3 тиби бар – турмуштук (тиричиликтик), диний ж-а философиялык. Турмуштук Д. б. к. к. жашоо-турмуштун шарттарынан ж-а муундан муунга өтүп келе жаткан адамдардын тажрыйбасынан түздөн түз келип чыгат. Ушул типтин категориалык түзүлүшүндө Д. б. к. к. дүйнө ж-а адам ж-дө сергек ой жүгүртүүнүн, салттуу көз караштардын көрүнүштөрү чагылдырылат. Диний Д. б. к. к. дүйнөнүн адекваттуу эмес картинасын берет, табияттан тышкаркы дүйнөлүк башталышты таануу м-н байланышкан ж-а көбүнчө эмоциялык-образдуу формада туюнтулат. Философиялык Д. б. к. к-та дүйнөнү рухий ж-а тажрыйбалык өздөштүрүүнүн көнүгүү-лөрү теориялык жактан жалпыланат. Жаратылыш ж-а коом ж-дө илимдердин жетишкендиктерине таянуу м-н философия дүйнөнүн жаңы категориялык моделин түзөт.

**ДҮЙНӨНҮН ИЛИМИЙ СЫПАТЫ** (картинасы) – жаратылыштын жалпы касиеттери ж-а илимий ченемдери тууралында табият таануунун негизги илимий түшүнүктөрүн ж-а принциптерин жалпылоонун ж-а синтездөөнүн натыйжасында келип чыккан туташ бүтүн система. Д. и. с-нын дүйнө тааным ж-а методологиялык базасы материалисттик диалектика болуп саналат. Д-нүн жалпы илимий сыпаты м-н изилдөө предмети б-ча жакын болгон айрым илимдердин (физикалык, астрономиялык, биологиялык ж. б.) дүйнө сыпаты айырмаланышат. Алгачкы дүйнө сыпаты антика философиясынын алкагында түзүлгөн ж-а натурфилософиялык мүнөздө болгон. 16–17-к. илимий табият таануу пайда болгон доордон баштап, Д. и. с. калыптана баштайт. Таанымдын көч башындагы (лидерчилик кылган) илим областы Д. и. с-нын жалпы

системасында аныктоочу элемент болуп калат. 20-к-дын илимий табият таануусунда д. физикалык с. мына ошондой орунда турса. 21-к-да Д. и. с-нын бет ачаары маалыматтык сыпат ээлөөдө. Д. и. с. структурасынан башкы эки: концептуалдык (түшүндүрмө) ж-а сезип-туюлган образдуу негизги компонентти бөлүп көрсөтүүгө болот. Концептуалдык компонент философиялык категориялар (материя, кыймыл, мейкиндик ж. б.) ж-а принциптер (дүйнөнүн материалдуу биримдиги, бүткүл жалпы кубулуштардын өз ара байланыштуулугу ж-а шартташуусу) м-н жалпы илимий түшүнүктөр ж-а мыйзамдар (мис., энергиянын сакталуу ж-а айлануу закону), ошондой эле айрым илимдердин фундаменталдуу түшүнүктөрү (талаа, заттык, энергия, Аалам, биологиялык түр, ж. б.) м-н берилет. Д. и. с-нын сезип-туюлган образдуу негизги компоненттери – жаратылыш ж-дө көрсөтмөлүү түшүнүктөрдүн жыйындысы (мис., атомдун планетардык модели, кеңейүүчү сфера түрдө метагаллактиканын түспөлү сыяктанса, айлануучу чимирикке электрондун спини ж-дө түшүнүк окшош). Д. и. с. башка илимге чейинки ж-а илимий (мис., динчил) сыпаттан айырмасы мында, ал белгилүү бир фундаменталдык илимий теорияга (же теорияларга) негизделет. мис., 17–19-к-дардагы Д. физ. с. классикалык механиканын базасында түзүлгөн. Азыркы учурдагы Д. и. с. квант механикасынын, о. эле салыштырмалуулуктун атайын ж-а жалпы теориясына негизделип түзүлгөн. Экинчи жагынан алганда фундаменталдык илимий теория Д. И. С. өзүнүн интерпретациясы үчүн каражат табат. Д. и. к. жалпы илимий фон үчүн, анын анализи үчүн шарт түзөт. Д. и. с. системалашкан илимий билимдердин формасы иретинде илимий теориядан айырмаланат. Эгер Д. и. с. билим алуу процессинен четтеп объектини чагылдырса, илимий теория объекти ж-дө билимдерди системалаштыруунун логикалык каражатын, о. эле алардын акыйкатын тактап айтканда (эксперименталдуу) өз ичине камтыйт. Д. и. с. фундаменталдык илимий термин түзүү процессинде эвристикалык роль аткарат. Д. и. с. көз караштын анын калыптануусунун таасирдүү жолу болуу м-н бирге аны м-н тыгыз байланышкан. Ал көз караш м-н илимий теориянын ортосундагы байланыштыруучу арадагы тизмек болуп саналат. Д. и. с. туруктуу өнүгүүдө болот, анда илимий революциянын жүрүшүндө сапаттык өзгөрүүлөр (д. эски сыпаты жаңысы м-н алмашат) болуп өтөт.
**ДХАРМА** (Д. арий сөзүнүн dhr уңгусунан алынган – «тутуу», «колдоо», «коргоо», «бекемдөө») – Буддизм философиясынын негизги түшүнүктөрүнүн бири; ал байыркы индия мифологиясы м-н брахманизмдин эң алгачкы системаларында да кеңири пайдаланылган. Алгач мифологиялык дхарма ыйык акылман катары кабылданса, кийинчерээк акыйкаттын кудайын түшүндүргөн. Д. «мыйзам», «ыйманы таза», «ырайымдуу» түшүнүктөрүн камтыйт. Улам кийин Д. термини кыйла чачырап кеткендиктен, анын мааниси колдонулуп жаткан контекстке байланыштуу гана туюлуп, ал «система», «доктрина», «дин», «гармониялуу иреттүүлүк», «милдет», «үлгү» ж. б. деген маанилерди да камтыган. Д-нын маанисинин маңызы өз табияты б-ча руханий тазалыкты камтыган белгилүү бир шайкештикти туюндуруп калды.
**ДХАРМАКИРТИ** (7–8-к.), индиялык философ; буддист ж-а акын, йогачар мектебинин өкүлү. «Ньяя биндупранарана», «Праманавартика», «Праманавиниайя» ж-а «Хетубинду аталган» эмгектеринде Дигнагинин логикалык окуусун (таанып билүү заттардын өзүнүн эмес, алардын өз ара карым-катнашынын агылдырылышы, бул процесстеги «корутундунун» ж-а сөздүн ролу ж. б.) коргоп ж-а өнүктүргөн; бул окуу брахманисттик-индуистик салттардын жактоочулары тарабынан сынга алынган. Дигнагиден айрымаланып, Д. таанып билүү теориясын онтологиялык проблематикалар м-н кайрадан байланыштырып объектиге форма берген сезимдин (өздүк сезимдин) маанисин баса белгилеген. Д-нин чечмелөөсүндө будда логикасы вайшейшикке, ньяяга, ведантка өз таасирин тийгизген.
**ДХВАИИ** (санскрипт сөзмө-сөз – үн, жаңырык) – байыркы индия поэтикасынын ж-а эстетикасынын борбордук түшүнүктөрүнүн бири. Д. ж-дөгү окуу Анандавардхананын 9-к-дын аягында Кашмирде жазган «Дхваньялока» («Светдхвани») чыгармасында соңуна чыгарылган. Поэзиянын «атманы» (жаны) деген аныктаманы туюндурган Д. поэтикалык кептин өзөгүн түзөт да, поэтикалык эмес кептен айырмалап турат.
**ДХЬЯНА** (санскрипт – ой, ой жүгүртүү) – индия философиясында эркиндикке чыгаруучу жолдогу этап катары көрүнгөн аңдап түшүнүү, медитация. Акыл-эстин (читта) тазаланып, сег ришине алып келүүчү йоганын сегиз каражатынын жыйындысы. Д. сезимдин (нратьяхара) мокогон ж-а көңүл чордонунун топтоштурулган абалынан кийин келип, ой-пикирдин объектке токтоо, сабырдуу ж-а үзгүлтүксүз бурулганына байланышат; Д. буддизмде маанилүү роль ойнойт да, айрым учурда будда йогасы деп аталат.
**ДЭ** («жакшылык тартуулоочу», «бакубатчылык») – кытай философиясындагы *даонун* негизги категорияларынын бири. Айрым көрүнүштөрдүн же заттардын орун алышынын эң мыкты ыкмасын шарттаган негизги сапат белгисин туюндурган рухий же денелик артыкчылык ички Д. органикалык ж-а табигый сапат болуп эсептелинет да, сырткы кара күчкө, кысым ЛИге, жаза СИНге ж-а мыйзам ФАга каршылык көрсөтүп турат. Конфуцийдин окуусун жолдоочу ойчулдар Дэни милдетти (И) ж-а этикетти (ЛИ) кармай билүү жөндөмдүүлүгү катары түшүндүрүшкөн. Дэ сөз байлыгын арттырып, ишеничтүүлүктү (ЧЖУН) ж-а мээримдүүлүктү (СИНЬ) билдирип, «сырты жалтырак, ичи калтыракка (СЭ) каршы турат.

Башкаруучунун Д. м-н баш ийүүчүлөрдүн Д-нин ортосундагы гармония (шайкештик) идеалдуу. Мындай шайкештиктин жаралышына инсандын руханий дүйнөсү м-н сырткы турпатын жакшыртуусу өбөлгө түзөт.

**ДЮРКГЕЙМ** Эмиль (1856–1917) – француз социологу ж-а философу, Францияда «Социологиялык жылнаама» (1896–1913) журналын басып чыгаруучу. Д-дин оюу б-ча, социологиянын предмети болуп, буга чейин эч бир илим изилдеп көрбөгөн өзгөчө реалдуулук эсептелет. Анын негизин түзгөн «социалдык фактылардын» мүнөздүү белгилери – индивидке көз карандысыз болгон ж-а ага таасир бере алган объективдүүлүк. Ушундай ырааттуулукта жөнгө салынган адамдардын коомдогу жүрүм – туруму жекече себептер ж-а факторлор м-н эмес, ар бир адамга тигил же бул иштерди жасоого шарт түзгөн социалдык факторлордун жыйындысы м-н аныкталат. Д. социалдык фактыларды коомдун «материалдык субстратын» (калктын жыштуулугу, адамдардын өз ара пикир алышууларынын интенсивдүүлүгү; жол катнаштарынын болушу ж. б.) түзгөн морфологиялык ж-а рухий, материалдык эмес (жыйындысы коллективдүү же жалпы аң – сезимди түзгөн «коллективдүү көз караштар») фактылар деп бөлүштүргөн. Д. биринчи ирээтте коллективдүү аң-сезимдин, анын ар кыл формаларынын (диндин, моралдын, укуктун) маанисин изилдеген. Д-дин концепциясы социологиядагы индивидуалистик номинализм ж-а социалдык атомизм мүнөздүү болгон психологизмге каршы багытталып, ал коомдук тилектештик идеясын негиздөөгө мүмкүнчүлүк түзгөн. Д-дин бүткүл чыгармачылыгы мына ушул идеяга арналган. Негизги чыгармалары: «Коомдук эмгектин бөлүнүшү жөнүндө» (1893), «Социологиянын методу» (1895), «Өзүн өзү өлтүрүү» (1897), «Диний турмуштун эң жөнөкөй формалары» (1912).

**ЕВГЕМЕРИЗМ** – «Ыйык жазуу» деген китептин автору, Мессеналык Евгемердин (б. з. ч. 340–260-к. жакын) атынан алган. Дин-эң байыркы падышаларды урматтоодон ж-а аларга сыйынуудан келип чыккан окуу. Е. ошондой эле мифтер м-н ишенимдерди кудайлардын ж-а реалдуу тарыхый окуялардын чагылдырылышы деп түшүндүрөт. Ушул мааниде алып караганда Е. Грецияда б. з. ч. 5-кылымда эле мифтерди рационалдык сынга алуунун бир варианты катары пайда болгон; маселен гераклеялык Геродор Геракл ж-а аргонавттардын жүрүшү ж-дөгү мифтерди эзелки мезгилдеги чыныгы жеңиштердин фантазия аркылуу сүрөттөлүшү деп түшүндүрүүгө аракеттенген. Евгемер алыстагы деңиздер б-ча саякаттар, бейиштин төрүндөй Панхея аралы, Панхеянын байыркы падышасы Зевстин жазгандары ж-дө аңгеме жанрында баяндаган. Зевстин ал жазгандарында Панхеянын жасаган жакшылыктары үчүн урмат-сыйга бөлөнүп калышкан кубаттуу ж-а акылман падышалары Урандын, Крокос м-н Зевс тууралуу баяндалган. Евгемер ошол падышалар адамдарды цивилизациянын жетишкендиктери м-н кантип тааныштырганын жазып, Зевс ошол максатта жер жүзүн кантип кыдырып чыкканын сүрөттөп калтырган. Евгемер кудайлар м-н баатырларга сыйынуу кандайча жаралгандыгын да ушундай эле жол м-н түшүндүргөн. Евгемердин чыгармалары римдик акын Энний тарабынан латын тилине которулган.

**ЕВДЕМ** Родостук (б. з. ч. 4-к. 2-жарымы), байыркы грек философу; Перипатетикалык мектептин өкүлү, Аристотелдин досу ж-а шакирти. Теофаст м-н бир катарда Аристотелдин мурасчысы болуу үчүн Ликейдин схолархынын кызматына атаандаш болгон. Теофаст шайлангандан кийин (б. з. ч. 322-к.). Родоско кайрылып келип, ал жерде мектебинин бөлүмүн ачкан да, Теофаст м-н тыгыз байланышта кала берген (алардын кат жазышып тургандыктары ж-дө маалыматтар бар). Байыркы перипатетиктердин ичинен Е. – өз устатынын ишенимдүү ж-а аны кыйбас шакирти. Е-нин Аристотелдин трактаттарына жүргүзгөн текстологиялык (герменевтикалык) иштери аны антикалык Аристотель таануучулардын ж-а комментатордук салттардын баштоочусу катары таанылткан. Байыркы мезгилде өтө баалуу ж-а көп цитатталанган тарыхый илимий ж-а дин таануу б-ча эмгектер – Аристотель тарабынан белгиленген «кабыл алынган ой – пикирлердин» энциклопедиялык жыйындысынын программасын диалектикалык жактан иштеп чыгууну жүзөгө ашыруу Евдем эмгектеринин орчундуу бир салаасын түзөт. Буларга геометрия м-н арифметиканын тарыхы, астрономия м-н теологиянын тарыхы кирет ж-а алардагы цитаталар баа жеткис булактар бойдон калууда.

**ЕВРАЗИЯЧЫЛ** Евразиячыл кыймыл – эмиграннтардын биринчи толкундагы бир нече орус ойчулдары түзгөн тарыхый мектеп. Өздөрү ж-дө «Чыгышты көздөй бет алып» (София, 1920) аталган программалуу эмгек аркылуу жарыялашып, алар кийинки жылдары бир нече көлөмдүү жыйнактарды, «Евразия» газетасын, «Версты» журналын жарыкка чыгарышкан. Бул кыймылдын борборлору Софияда, Прагада, Берлинде, Белградда, Брюсселде, Харбинде, Парижде болгон. Негизги теоретиктери: Н. С. Трубецкой, П. Н. Савицкий, Л. П. Красавин, Г. В. Вернадский, Г. В. Флоровский ж. б. болушкан. 1932-ж. кыймылдын катышуучулары Евразиялык уюмду түзүшкөн. Бирок, 30-жылдардын ортосунда эле негизги

идеялары түгөнүп калгандыктан Е. кыймыл кризиске учурай баштайт да, 1937-жылы ал агым катары өз жашоосун токтотот. Бул агымдын негиз салуучуларынын оюу б-ча, Евразия – бул өзгөчө «ортолуктагы материк» болуу м-н Хингандан Карпатка чейин созулат да, Батыш Европадан да, түштүк Чыгышка чектеш өлкөлөрдөн да айырымаланат. Е. болууга андагы элдерди географиялык жактан гана жакындык эмес, менталитеттеринин окшоштуктары да бириктирет. Эвразиялык элдердин руханий жактан жакындыгы ж-а тарыхый тагдырларынын жалпылыгы алардын маданиятынын аралашмасын, азыркы тил м-н айтканда бирдиктүү руханий мейкиндикти түзмөк. Ушундай болуу сөзсүз шарт деп эсептешкен бул кыймылдын идеологдору евразиялык руханий бүтүндүктүн өзгөчөлүгү катары андагы ар бир элдин этникалык өз алдынчалыгын эсептешкен. Улуттук принципке таянган маданият гана «адамдын рухун жогорулаткан баалуулуктарды» стимулдаштырмак. Алардын оюу б-ча, ар кандай улуттук маданият диний кыртыштан өнүп чыгат. Ушул мааниде алар Эвразияда таралган православиеден, исламдан ж-а буддизмден бир катар, айрыкча, адеп-ахлактык, этикалык жалпылыктарды көрүшкөн.

**ЕВРОПОЦЕНТРИЗМ** – илимдин, өнөрдүн, философиянын, адабияттын ж. б. нукура баалуу нарктарынын өсүп – өркүндөшү Европада гана болгон деген концепция. Е – нин булактары грек – рим маданиятын «варварларга» карама – каршы коюудан башталат. Орто кылымдарда Е. католицизмдин идеологиясына таандык болгон; католицизм болсо жердин руханий борбору болуп, Рим ж-а папалык эсептелет деп караган. Алгачкы буржуазиялык Е. да диний мааниге ээ болуп, көп учурда Европа өлкөлөрүнүн колониячыл умтулууларын чүмбөттөп келген. Е – нин идеялары Пруссия империясын эркиндиктин ж-а нукура маданияттын мекени деп эсептеген Гегелдин философиясына, европалык эмес маданиятты тецсинбеген француз тарыхчысы Ж. Мишленин көз караштарына мүнөздүү болгон. Бул концепцияга чыгыш таануучулардын (востокоцентризм) көз карашы каршы туруп,алар Европа маданиятын белимчи, туурамчы, чыгармачыл мүнөзгө ээ эмес маданият катары мүнөздөшкөн. Азыркы мезгилде дүйнөдөгү ар түркүн чөлкөпдөр экономикалык жактан ыкчам өнүгүп, ар түрдүү маданий ж-а диний салттардын жакындашуу процессинде Е – нин глобалдуу проблемаларынын маанилүүлүгүн концепция катары сезүү өзүнүн кескин чектерин жоготту, «алынып ташталды».

**ЕГИПТОЛОГИЯ** – чыгыш таанууга тийиштүү илимдердин комплекси катары Египет тилин, жазмасын, маданиятын, тарыхын ж-а архитектуралык эстеликтерин изилдейт.

**ЖАЗМЫШ** (Предопределение) – адамдын жүрүм-турумунун ал төрөлгөнгө чейин эле акылга сыйбас керемет күчтөр тарабынан алдын ала аныкталып же шартталып коюлушу; мындай жазмыш оц (татыксыз адам деле бактылуу, ырыстуу тагдырга ээ болушу мүмкүн) же терс (айрым адамдар ак жеринен эле оор тагдырга туш болушу ыктымал) мүнөздө болот. Ж. идеясы Августин тарабынан иштелип чыгып, андан соц янсенистер, М. Лютер, У. Цвингли ж-а Т. Кальвин тарабынан өнүктүрүлгөн. Өз маани-маңызы б-ча преддетерминизмге жакын.

**ЖАЙНИЗМ** – б. з. ч. 6–5-к-дарда буддизм м-н бир мезгилде брахманизмдин касталык, ак сөөктүк туюк системасына каршы чыгуу м-н Веда адабиятынын кадыр-баркын четке каккан ж-а калктын бардык катмарлары үчүн ачык болуп саналган индиялык диний-философиялык окуу. Анын негиздөөчүсү – дүйнө кезген кечил Вардхамана. Кийинчиреек ага Махавира (санскриптчеден "Улуу баатыр") ж-а жина ("Жеңүүчү") деген эпитеттер ыйгарылган (бул эпитеттер ойчулдун ысымы катары да колдонулат). "жина" эпитетинен Ж. окуусунун аталышы пайда болгон. Ж. философиясы толугу м-н Кудайларды четке кагат ж-а курчап турган дүйнөнүн чындык экендигин ырастайт. Ж. салтуу традициялуу диний системага тап-такыр окшошпойт ж-а Индиядагы диний системалардан айырмаланып, рационализмге ашкере сугарылган.

**ЖАЙНИЗМ МЕТАФИЗИКАСЫ** – дуалисттик окуу болуп эсептелет. Жайнисттер дүйнө жива (жан, жандуу) ж-а аджива (жансыз, материя) деп аталган эки субстанциядан турат дешет. Материя өзгөрүүнүн, оомалуу-төкмөлүүлүктүн, ач көздүктүн ж. б. терс көрүнүштөрдүн булагы. Рух м-н жан канчалык материя м-н чырмалышса, ал ошончолук жалган дүйнөнүн азабы м-н түйшүктөрүнөн жапа чегет. Качан гана адам материалдуу нерселерден толугу м-н баш тартып, кечилдик өмүр сүргөндө, анын жаны материалдуу дүйнөнүн түйшүктөрүнөн арылат. Акырындык м-н Ж-дин өкүлдөрү шветамбарлар ж-а дигамбарлар деп аталган эки сектага бөлүнүп кетишкен. Алардын ортосундагы айырмачылык философиялык маселелерди чечүүгө эмес, болгону диний-тажрыйбалык көз караштардын айрым деталдарына негизделген. Дигамбарлар (сөзмө-сөз "абага оронгон", "жылацач") адамдык зарылчылыктарга өтө катуу мамиле кылса, шветамбарлар (сөзмө-сөз "ак кийимчендер") мындай зарылчылыктарга карата чыдамкайлыгы м-н айырмаланышат.

Дигамбарлар, мис., кечилдер бардык мүлктөн, ал тургай кийимден да баш тартуусу зарыл деп эсептесе, шветамбарлар ак түстө-гү кийим кийүүнүн зарылчылыгын белгилешет.

**ЖАЙНИЗМДИН ЭТИКАСЫ ЖАНА ДИНИ.** Этика ж-а дин жайнисттердин жүрүм-турумдарын жөнгө салышат. Туура жүрүм-турум нравалык бийиктикке жетүүгө ж-а жанды материяга чырмаган сансарадан бошонууга жардам берет. Ж-дин этикалык концепциясы жайнисттердин жүрүм-турум эрежелерине “кыңк” этпестен баш ийүүнү талап кылган. Бул окууда инсанды этикалык тарбиялоо – аны болмуштун төмөнкү (материалдуу) сферасынан жогорку (рухий) сферасына өткөрүүнүн негизги фактору. Өзгөчө чымыркануунун натыйжасында гана кармадан кутулууга болот. Карманы жок кылуу узакка орозо кармоо, денедеги кумар азгырыктарын өлтүрүү, ыйык текстерди окуп-үйрөнүү, жүрүм-турумдун өтө катуу тартиби, б. а. кечилдик жашоо өткөрүү м-н гана ишке ашат. Кечилдер тирүү жандыкты өлтүрүүгө, мүлк уурдоого, калп сүйлөөгө, уят иштерди жасоого ж-а мүлккө ээ болууга тыюу салган беш ант беришет. Ж-дин негизги этикалык принциби болуп **ахимса** – тирүү жандыктарга зыян келтирбөө, алардын убалына калбоо эсептелет. Ошондуктан, Ж-ге табынгандарга тамакка этти пайдаланууга тыюу салынган. Ал тургай курт-кумурскалардын өмүрү да кол тийгис болуп эсептелет – жайнист кечилдери араң эле байкалган куртту же чымын-чиркейди жутуп албоо үчүн оozдорун даки м-н таңып жүрүшөт. Ошондой эле максаттар үчүн ичүүчү сууну чыпкалашат. Курт-кумурскаларды басып өлтүрүп албоо үчүн колдоруна атайы шыпыргыларды алып жүрүшөт: алар алгач жолдорун шыпырып, тазалашат да, анан жолун улантышат. Эркин жайнисттерге дыйканчылык кылууга тыюу салынган, анткени мындай ишмердүүлүк өсүмдүктөрдү гана жок кылбастан, топуракта жашаган майда жандыктарды өлтүрүү м-н да тыгыз байланышкан. Кечил от жага албайт – себеби, ал отундун гана өмүрүн жок кылбастан, курчап турган абаны да өлтүрөт. Кечил отту өчүрө да албайт, анткени, отту өчүрүү м-н ал оттун өзүнүн өмүрүн да жок кылат.

**ЖАЙНИЗМДИН ГНОСЕОЛОГИЯСЫ** – таанып-билүүнүн эки түрүн ажыратат: 1. Тажрыйбага ж-а акылга негизделген төмөнкү (кемтиктүү) таанып-билүү; 2. Интуицияга негизделген жогорку (кемтиксиз) таанып-билүү. Экинчи түрдөгү таанып-билүү материалдуу дүйнөнүн (*адживанын*) чырмоогунан бошогондордун гана колунан келет. Акылга ж-а тажрыйбага негизделген таанып-билүү оомалуу-төкмөлүү материалдуу дүйнөнү изилдегендиктен, салыштырмалуу гана мүнөзгө ээ. Ж-дин салыштырмалуу теориясы сьядва деп аталат. Батыш логикасында ой толгоолор *ырастоочу* (мис., Мишель студент) ж-а *танууч*у (мис., Мишель мугалим эмес) эки тибин ажыратат. Жогоруда аталган эки типти кошуп эсептегенде, жайнисттер ой толгоонун жети тибин (сапта-бханганая) бөлүп көрсөтүшкөн. Ж. ой толгоолор чектүү ж-а салыштырмалуу мүнөзгө ээ, ошондуктан, ар бир ой толгоого сьят (*сыягы*) деген сөздү кошуу керек деп белгилешкен. 1. Бардык *ырастоочу* ой толгоолор символикалуу түрдө “S сыягы P” (сьят асти) формуласы аркылуу берилет. Мис., “кумура сыягы кара түстө”. 2. Бардык тануучу ой толгоолордун жалпы формуласы: “S сыягы P” (сьят насти). Мис., “кумура сыягы кара түстө эмес”. 3. Татаал кубулушту сүрөттөөдө: “S сыягы P, о. эле P эмес” (сьят асти ча, насти ча) формуласы колдонулат. Мис., “кумура сыягы кара түстө, кээде ал кара түскө ээ эмес”. 4. Эгер кубулушту сүрөттөөгө мүмкүн болбосо “S сыягы сүрөттөлбөйт” (сьят авактавьям) формуласы колдонулат. Мис., кумура чийки кезинде кара түстө, ал эми аны бышырганда, ал кызыл түскө өтөт. Демек, мындай шарттарда кумуранын чыныгы түсү кандай экенин аныктай албайбыз. 5.Ой толгоолордун калган типтери алгачкы үч формуланы ар бирин төртүнчүсү м-н кезек-кезек жалгаштыруунун натыйжасында алынат. Мис., ой толгоонун биринчи тибин төртүнчүсү м-н жалгаштыруу аркылуу бешинчи типтеги ой толгоону алабыз: ”S сыягы P ж-а ал сүрөттөлбөйт” (сьят асти ча, авактавьям ча). Мис., “Кумура сыягы кара түстө, о. эле ал кээде сүрөттөлбөйт”. 6. Ой толгооонун экинчи ж-а төртүнчү типтерин бириктирүү м-н алтынчы формуланы алабыз: “S сыягы P эмес ж-а ал сүрөттөлбөйт” (сьят насти ча, авактавьям ча). 7. Ой толгоонун үчүнчү тибин төртүнчүсү м-н жалгаштырууда “S сыягы P, ошондой эле S сыягы P эмес ж-а ал сүрөттөлбөйт” (сьят асти ча, насти ча, авактавьям ча) деген формула алынат.

**ЖАКШЫЛЫК** – моралдык аң-сезимдин өтө жалпы түшүнүктөрүнүн ж-а этиканын эң маанилүү категорияларынын бири. Өзүнө карама-каршы турган – жамандык м-н бирге Ж. адептик ж-а адептик эмес нерселерди, моралдык оң ж-а терс мааниси бар нерселерди, адептик талаптардын мазмунуна жооп берген ж-а аларга карама-каршы келген нерселерди ажыратуунун ж-а бири-бирине каршы коюунун өтө жыйынтыкталган формасы болуп саналат. Ж. түшүнүгүндө адамдар өтө жалпы таламдардын, умтулууларын, каалоолорун ж-а келечеккке болгон үмүттөрүн билдиришет, алар мында болууга тийиш ж-а колдоого татыктуу нерсе ж-дө абстрактуу моралдык идея түрүндө чыгат. Ж. идеясынын жардамы м-н адамдар айрым адамдардын социалдык тажрыйбасына ж-а аракеттерине баа беришет. Атап айтканда, эмнеге (жорукка, инсандын моралдык сапатына, адамдардын өз ара мамилелерине, коомдук жалпы эле абалына) баа берилип жатканына жараша, жакшылыктуу иш кылуунун, изгиликтин, жөндөмдүүлүктүн, адилеттүүлүктүн ж-а башкалардын формасына ээ болот.

**ЖАЛАҢ ИНДУКТИВИЗМ** (Всеиндуктивизм) – индукцияга ашыра баа берген ж-а дедукциядан ажыраткан логикалык окууларды Энгельс келеке кылып атаган термин. Таануу процесси бир учурда индуктивдүү дагы, дедуктивдүү дагы башталарын көргөзүп, Энгельс төмөнкү пикирди жазган: Синтез м-н анализ кандай зарыл түрдө өз-ара байланышта болсо, индукция м-н дедукция да ошондой тыгыз байланышта. Булардын бирөөсүн экинчисинин эсебинен асманга чейин бир жактуу көтөрмөлөй бербей, ар бирин өз орду м-н колдонууга умтулуу керек. Ал эми ушул натыйжага булардын өз ара байланышын, өз ара бири-бирин толуктоосун эсибизден чыгарбасак гана жетише алабыз.
**ЖАЛГАН** – нерселердин чыныгы абалын бурмалоочу маалымат. Гносеологиялык жактан Ж-ды Аристотель аныктаган, ал чындык м-н карама-каршы турганды жалган деп эсептеген: эгерде ой жүгүртүү чындыгында бөлүнүп турганды бириктирсе же чындыгында биригип турганды ажыратса, анда ал жалган. Ж-дан мааниси жоктукту же абсурдду айырмалоо керек. Психологиялык ж-а этикалык көз караштан аң-сезимдүү ж-а ниеттенбеген (адашкан) Ж-ды айырмалоо керек.
**ЖАЛПЫ ЭЛДИК МАМЛЕКЕТ** кара, *Мамлекет*.
**ЖАЛПЫЛОО** (Обобщение) – каралып жаткан чөйрөдөгү нерселердин жалпы белгилерин (касиеттерин, алакаларын, өнүгүү тенденцияларын ж. б.) абстракциялык жол м-н аныктоо аркылуу жекечеден жалпыга, төмөнтөн жогoруга карай өтүүсүнүн логикалык процесси (мис., «жылуулук» түшүнүгүнөн «энергия» түшүнүгүнө, Евклиддин геометриясынан Лобачевскийдин геометриясына өтүү); о. эле Ж. деп логикалык өтүү процессинин жалпыланган түшүнүк, пикир, илимий мыйзам, теория сыяктуу натыйжалары да айтылат. Алынган жалпы билимдер курчап турган чындыкты чагылдыруунун тереңдигин, анын мацызына сүцгүп кирүүнүн мүмкүнчүлүгүн билдирет. Формалдуу логикада түшүнүктөрдү Ж. деп түрдөн тектик түшүнүктөргө өтүүнү түшүнүшөт. Мында түрдүк белгилер четке кагылгандыктан, тектик түшүнүктүн мазмуну бир кыйла тар мүнөзгө ээ болот (мис., «кайыц» түшүнүгүнөн «бак-дарак» түшүнүгүнө өткөндө кайыцга тиешелүү өзгөчөлүү белгилер четке кагылат). Ж. процессине карама-каршы процесс болуп чектөө (ограничение) эсептелет.
**ЖАЛПЫЛЫК** (Всеобшее) – жалац эле кокустуктун аркасында эмес, зарылчылыктын же мыйзамченемдүүлүктүн негизинде көпчүлүккө тиешелүү, жалпы болгон көрүнүш. Платон Ж. – бул чын, анык болмуш, ал эми жекелик Ж-тын бөлүгү болгондуктан гана анык боло алат. Аристотелдин пикири б-ча, Ж-тын өз аныктыгы жок; ал форма катары жеке нерселерге ички мацыз катары тиешелүү, ал эми жекелик өзүнүн ичинде Ж. орун алгандыгы үчүн жашай алат. Учурдагы диалектика окуусу б-ча, жалпылык жекеликтер аркылуу гана жашайт, Ж. жекеликке караганда терец мацыздуу, мазмундуу, ал эми жекелик жалпылыкка караганда бай, кенен келет.
**ЖАЛПЫЛЫК** (Общее) – бардык өзгөчө ж-а жекече кубулуштардын кандайдыр бир конкреттүү бүтүндүктүн составында жашоо формасы, алардын өз ара байланыштарынын мыйзам ченеми. Ж. абстрактуу ж-а конкреттүү болуп бөлүнөт. Абстрактуу Ж. – сезим органдары аркылуу кабыл алынуучу бардык кубулуштардын байкоо жүргүзүү м-н элестөөдө чагылышындагы окшоштук, бирдейлик, алардын ар бирине бирдей таандык «белги». Конкреттүү Ж. – карама-каршы ж-а ар түрдүү кубулуштардын ички зарыл байланыштарынын (же өз ара шарттalыштарынын) түшүнүктө чагылышы, алардын бири-бирине өтүү ж-а айлануу мыйзамы. Байыркы грек материалисттери Ж-ты тикеден тике предметтик нерсе болуп саналган суу, от, апейрон, аба (Фалес, Гераклит ж. б.) катары, б. а. бардык нерселердин субстанциясы болуучу айрыкча зат деп түшүнүдүрүшкөн. Ж. жекеликте, өзгөчөлүктө болот ж-а алар аркылуу көрүнөт, аларсыз Ж-тын болуусу да мүмкүн эмес. Ал эми жекечилик, өзгөчөлүктөр Ж-тын бөлүгү гана болуп, Ж-сыз жашай алышпайт. Ж-тын таанып билүүдө чоц мааниси бар. Анын негизинде жекечеликти ж-а өзгөчөлүктү изилдөөгө байланышкан практикалык милдеттерди туура чечүүгө болот.
**ЖАМААТ** (Община) – өздүк мүчөлөрдүн биргелешкен ишмердүүлүгү м-н бириктирилген ж-а жергиликтүү өзүн өзү башкарган системага ээ социалдык майда уюм. Алгачкы Ж-тык коомдо уруулук Ж. өндүрүштүк, үй-бүлөлүк, тиричиликтик, идеологиялык функцияларды жөнгө салган негизги организм болуп саналган. *Коомдук мамилелердин* андан ары өнүгүшүнө байланыштуу региондук (азиялык, европалык) ж-а функционалдуу (айылдык, коммуналдык, конфессионалдык, улуттук ж. б.) Ж-тар пайда болгон. Азиялык коцшулук Ж-ы узак мезгилдер бою ишмердүүлүктүн биргелешкен өндүрүш, биргелешкен ырым-жырым сыяктуу түрлөрүнүн функциясын аткарып келген. Европалык типтеги дыйканчылык Ж-та жалпы менчиктин (ээн жаткан жер же жайыт) элементтери гана сакталып калган. Феодалдык коомдо дыйканчылык, коцшулук Ж-тар карама-каршы функцияларды аткарышкан. Бир жагынан бул өз мүчөлөрүн калкалап алууга жөндөмдүү демократтык институт болуп саналса, экинчи жагынан Ж. мамлекет ж-а жеке адамдар тарабынан фискалдуу максаттарда (мис., коллективдүү жумушта ар бир мүчөнүн бири бирине кепил болуп, ал үчүн жоопtуу болуусу сыяктуу круговая порука формасында) пайдаланылган. Рыноктук, капиталисттик мамилелер айылдык Ж-тарды талкалап, алардын ордуна фермердик чарбалар ж-а латифундистер пайда болот. Капитализмдин шартында цехтер ж-а гильдиялар өңдүү шаардык Ж-тар да талкаланып жок болот.

Бирок, Азиянын, Африканын ж-а Американын айылдык Ж-тары азыркы чейин сакталып, өз жашоосун улантууда. Учурдагы коом үчүн конфессионалдуу, улуттук ж-а коммуналдык Ж-тар мүнөздүү. Тике демократиянын мындай институттары коомдогу маанисин жогото элек.

**ЖАМААТТЫК** (Общность) – 1) метафизикалык мааниде биргелешип жашоо же алакалашуу категориясы (лат. commersium) категориясы катары Лейбниц м-н Канттын эмгектеринде кездешет; 2) социологиялык мааниде бирдей текке, окшош көз караштарга, жалпы тагдырга ж-а максатка ээ адамдардын биргелешкен табигый (органикалык) турмуш-тиричилигин түшүндүрөт. Мындай мааниде Ж. социалдык топ, кесип, жашаган жер, диний өзгөчөлүк ж. б. социалдык жалпы белгилерге ээ адамдардын кандайдыр бир жалпылыгын мүнөздөйт. Аталган өзгөчөлүктөрү аркылуу Ж. рационалдуу негизде уюшулган ж-а кандайдыр бир максатка ээ *коомдон* айырмаланат. Коом м-н Ж-тын ортосундагы айырмачылыктарды алгачкы жолу Тонье («Gemeinschaft und Gesellschaft», 1887) аныктаган. Типтүү Ж-тар болуп үй-бүлө ж-а эл эсептелет; үй-бүлө өз ара сүйүүнүн, мүлктүн ж-а тагдырдын жалпылыгына негизделсе, эл жалпы рухтун, тилдин, маданияттын ж-а тагдырдын алып жүрүүчүсү болуп саналат. Адам Ж-тарынын маңызы, айрым индивиддердин Ж-тарга болгон мамилеси социология м-н социалдык психологиянын изилдөө предмети болуп саналат. Адамдардын жалпы турмушу экзистенционализмде да маанилүү орунду ээлейт.

**ЖАМАНДЫК** – өзүнүн мазмуну б-ча жакшылыктын карама-каршысы болгон этика категориясы ж-а моралдык аң-сезимдин түшүнүгү, бул түшүнүк адепсиз, моралдык талаптарына карама-каршы келген, айыпталууга татыктуу нерсе ж-дө түшүнүктөрдүн өтө жыйынтыкталган көрүнүшү, ошондой эле терс моралдык сапаттардын абстрактуу жалпы мүнөздөмөсү болуп кызмат кылат. Моралдык Ж-ты социалдык жамандыктан ажыратуу керек. Социалдык Ж. жалаң гана моралдык эмес, алда канча кеңири түшүнүк болуп саналат, ал адамдын (коомдун) таламдарына ж-а турмуштук керектөөлөрүнө карама-каршы келген, коомдук прогресске тоскоолдук түзгөн көрүнүштөрдүн бүткүл жыйындысын камтыйт. Моралдык Ж. болсо, ал көрүнүштөрдү моралдык аң-сезим белгилүү адамдын (топ адамдардын) эркинин билдирилиши, тийиштүүдөн чегинүү катары каралгандыктан ж-а аларды кимдир-бирөөгө айып кылып коюп, тыюу салып таштоого мүмкүн болгондуктан гана коомдун көрүнүштөрдүн мүнөздөмөсү болуп кызмат кыла алат. Демейде адамдардын терс жоруктары моралдык Ж. катары бааланат.

**ЖАН** (гр. psyhe; лат. anima ) – адамдын психикасына ж-а ички дүйнөсүнө карата тарыхый жактан өзгөрүлүп туруучу көз караштарды туюндурган түшүнүк, көпчүлүк учурда «психика» термининин синоними катары колдонулат. Ж. түшүнүгү адамдын ж-а жаныбарлардын денесинде (кээде өсүмдүктөрдө) жашап, алар уктаганда же өлгөндө таштап кетүүчү өзгөчө күч ж-дөгү анимисттик ой жүгүртүүлөргө барып такалат. Индиянын диний философиясындагы, орфиктер м-н пифагорчулардын ж. б. концепцияларындагы метемпсихоз (жандын орун которушу) ж-дөгү окууга байланышкан. Индия философиясынын мектептеринде Ж. ж-дөгү окуу атман концепциясын – субъективдүү рухий башталыштын, жекече «Мендин» нугунда өнүккөн. Жандын болбостугу, анын куру кыялда гана жашоосу тууралуу теория м-н буддизм чыгып, ал Ж. жашоонун психофизикалык элементтеринин тынымсыз агымы – дхарм м-н алмашылып турат деп эсептеген. Байыркы грек натурфилософиясы жалпы космосту жандуу деп эсептеген (гилозоизм). Платон ж-а неоплатонизм дүйнөлүк Ж-ды болмуштун универсалдуу принциптеринин бири деп эсептеген окууну өнүктүргөн. Аристотелдин түшүнүгүндө Ж. – жандуу денеден бөлүнбөс активдүү, максаттуу башталма («форма», энтелехия) («Жан жөнүндө»трактат). Орто кылымдагы христиан ж-а мусулман философиясынын ортодоксалдуу теисттик концепцияларында адамдын Ж. – К. жараткан өлбөс – өчпөс кайталангыс руханий башталма дешсе, пантеисттик авероизм аны бирдиктүү рухий субстанциянын жекече көрүнүшү деп эсептейт. Жаңы европалык философияда Ж. термини сөздүн чыныгы маанисинде адамдын ички дүйнөсүн, анын жекече аң-сезимин түшүндүрүү үчүн колдонула баштаган. Декарттын дуалисттик философиясы жан м-н денени өз-өзүнчө эки бөлөк субстанцияга бөлсө, Лейбниц жанды жабык субстанция, монада катары карайт. Кант Ж. түшүнүгүн тажрыйбанын чегинен адамдын таанып билүүчү мүмкүнчүлүгүн шарттаган трансценденталдык идеялардын тармагында өткөрөт. 19-к-дын ортосунан өнүгө баштаган эксперименталдык психологияда Ж. түшүнүгү бир кыйла деңгээлде психика түшүнүгү м-н сүрүлүп чыгарылат. 19-к-да Ж. түшүнүгү философиянын алкагынан бара-бара сүрүлүп, Шопенгауэрдин жашоого эрк концепциясы, Э. Гартмандын аң-сезимдик жөнүндөгү окуусу, Беркондун жашоого кумарлыгы, Фрейддин психоанализи, Ясперстин психопаталогиясы – ушулардын баары жанды таанышпагандары м-н Ж. ж-дөгү илим катары психология тарыхынын бийик белестери.

**ЖАТЫРКОО** (отчуждение) – учурдагы философияда, социологияда, социалдык психологияда кеңири ж-а ар кандай маанилерде пайдаланылган термин. *Философияда* Ж. – адамдын ишмердүүлүгүнүн ар кандай формаларын ж-а алардын натыйжаларын адамдын үстүнөн үстөмдүк кылган ж-а ага каршы күчкө айландыруу процесси. Юриспруденцияда Ж. деп мүлктү башка адамдын менчигине өткөрүп берүүнү аташат. Коомдук келишимдин теоретиктери (Гоббс, Руссо ж. б.) Ж. деп инсандын укуктарын мамлекетке өткөрүп

берүүнү түшүнүшкөн. Немецтик классикалык философияда Ж. категориясы Фихте, Шеллинг ж-а өзгөчө Гегель тарабынан иштелип чыккан. Гегель Ж. түшүнүгүн өздүк ишмердүүлүк процессинде өзүн башка болмушта таанып билүү үчүн өзүнөн өзү жатыркаган рухтун өздүк өнүгүүсү м-н байланыштырган. Фейербах динди сындоо м-н Кудай деп өз маңызынан жатыркаган ж-а өзүнө керемет күчтөрдү ыйгарган адамды атаган. К. Маркс Ж-ну эмгектин бөлүнүшү, жеке менчик м-н байланыштырган да, аны өндүрүштүн буржуазиялык ыкмасынын өзгөчөлүү феномени катары караган (Ж-ган эмгек). Бүгүнкү батыш илиминде Ж. объективдүү ж-а субъективдүү өңүттөрдө каралат. Ж-нун негизин төмөнкүдөй механизмдер түзөт: 1) инсандын турмуштагы сырткы күчтөрдүн алдындагы алсыздыгы; 2) жашоонун абсурддугу тууралуу түшүнүктөр; 3) адамдардын социалдык тартипти сактоо б-ча өз берген милдеттемелеринен баш тартышы, о. эле баалуулуктар м-н байлыктардын үстөмдүк кылган системасын четке кагуу; 4) жалгыз бойчулук, адамдын коомдук байланыштардан ажырап калышы; 5) адамдын «Мен» сезиминин ж-а кадыр-баркынын тебеленип-тепселиши, инсандын аутенттүүлүктөн ажырашы. Тар мааниде Ж. адамдардын үстүнөн үстөмдүк кылган нерселер, товар-акча мамилелери, техника ж-а технология тарабынан пайда болгон кубулуш болуп саналат. Кең мааниде Ж. социалдык байланыштардын жыйындысынын сапаттык абалы катары бааланат. Ж. учурдагы доордун фундаменталдуу тенденциясы, инсандын экономикалык, саясий, социалдык, экологиялык, рухий ж. б. өңүттөрдөн көз карандылыгын ж-а учурдагы оорулуу цивилизациянын диагнозун сүрөттөйт.
**ЖАҢЫ ОҢЧУЛДАР** – европалык маданиятты кайра жаратуу идеясын көтөрүп чыккан батыштын философторунун, социологдорунун, культурологдорунун ж. б. интеллигенция өкүлдөрүнүн (А. де Бенуа, Ш. Бресаль, П. Виаль, М. Мармен, А. Гобар ж. б.) ар кыл тобу. Алар европалык маданиятты кризиске учураткан «эски оңчулдарды» сындап чыгышкан. Ж. о. антидемократтык позицияларды ээлешкен, европалык рационалдуу философиянын прогрессивдүү идеяларынан баш тартышкан, христиан динине чейинки Европага кайра кайрылууга чакырышкан, адамдардын тубаса теңсиздиги тууралуу идеяны жайылтышкан, адилеттик идеясына каршы чыгышкан. Ж. о-дын ишмердүүлүгүнүн негизги максаты болуп европалык коомду ж-а анын маданиятын кризистик абалдан чыгаруу эсептелген.
**ЖАҢЫ СОЛЧУЛДАР** – 20-к-дын 50–70-жылдарындагы батыш өлкө-лөрүндөгү (Франция, АКШ, ФРГ, ГФР) негизинен интеллигенция м-н студенттердин арасында пайда болгон ар кыл солчул радикалдык идеялык агымдар м-н саясий кыймылдардын жыйындысы. Ж. с. концепцияларынын негизине Г. Маркузенин, анархизмдин ж-а троцкизмдин идеялары коюлган. Ж. с-дын ультрасолчул топтору улуттук азчылыктар ж-а люмпендерге таянуу м-н террордун жардамы аркасында батыш коомундагы карама-каршылыктарды «күчөтүүгө», «уктап жаткан массаларды» ойготууга ж-а революциялык жагдайды түзүүгө умтулушкан.
**ЖАҢЫ ФИЛОСОФТОР** – 1976–1979-жылдары Франциядагы идеологиялык ж-а көз караштык талаш-тартыштарды авансценага алып чыккан философтор м-н публицисттердин тобу. Өз китептеринде ж-а радиодо берилген сөздөрүндө жаш интеллектуалдар 1968-жылдын май айындагы «жаштар революциясынын» мурдагы активисттери (А. Глюксман, Б. А. Леви, Ж. П. Долле, К. Жамбе, Г. Лярдро ж. б.) «революциячыл мифтерден» көңүлдөрү калгандыгын айтып чыгышкан. Мурда алар Маркстын, Мао-Цздун ж-а Маркузенин идеялары м-н ураандарын кандай жогору тутушса, эми алар революциячык окуулардын «күрөшчүл кретинизминен» ошончолук түрдө баш тартып, «Маркс өлдү», «Марксизм эл үчүн баш айланткан апийим» ж. б. ураандарды көтөрө баштакан. Алар классикалык европалык философиядагы жаратылыштын, коомдун, ой жүгүртүүнүн объективдүү мыйзамдарын таанып билүү ж-а «дүйнөнү акыл-эстүү негизде өзгөртүп түзүү» тууралуу фундаменталдуу абалдар сыяктуу революциячыл теориялардын философиялык негиздерин сынга алышкан. «Мырза ойчулдар» («господа мыслители») деп аталган китепте Глюксман немец философиясындагы адамга эбегейсиз зор эркиндикти берүүнү убада кылуу м-н аны зарылчылыктын, мыйзамдын ж-а мамлекеттин «кыңк» этпес кулуна айланткан Фихте, Гегель, Маркс ж-а Ницще өңдүү төрт чыгаан ойчулду айырмалаган. Ошондуктан алардын философиясы өз мацызы б-ча «революциячыл илими, үстөмдүк кылуунун илими, башкаруунун илими» болуп саналат. Классикалык философияны радикалдуу мүнөздө сындоо м-н Ж. ф. постклассикалык ой жүгүртүүнүн негизги тенденцияларын, өзгөчө *феномонологиянын, структурализмдин* ж-а *психоанализдин* методдорун андан ары өнүктүрүшкөн. Учурдагы диний ойчул М. Клавель (1920–1979) бекер жеринен Жамбенин, Лярдронун ж-а Глюксмандын китептерин жалындуу пикирлер м-н колдобосо керек. Анткени, ал бул китептерден «өз мацызы б-ча атеисттик окуу» болуп саналган бүтүндөй метафизиканы, бүтүндөй классикалык философияны «радикалдуу түрдө деструкциялап», диний окууга кайрадан кайрылуунун мүмкүнчүлүгүн көргөн. 80-жылдардын аягында көптөгөн Ж. ф. теориялык иштен четтеп кеткени м-н алар тарабынан жасалган Франциядагы интеллектуалдык төңкөрүш, алардын солчул идеялары университеттин жаштары м-н профессураны жандандырып, европалык континенттин рухий турмушуна зор таасир тийгизген.

**ЖАШ ГЕГЕЛЧИЛЕР,** ж е с о л г е -г е л ч и л е р – гегелчил философиялык мектептин радикалдуу канаты. Алардын Гегелдин философиясын интерпретациялашы ж-а христианчылыкка сыны ошол мезгилдеги немец шарты үчүн буржуазиялык-демократтык ойду ж-а жалпы эле саясий кызыкчылыкты ойготуунун өзгөчө бир формасы болгон. Солгегелчилердин теориясы диндин моделине коомдук аң-сезимдин социалдык структура (идеология) катары анализдөөнүн эң алгачкы аракети катары кызыктуу. Алардын көңүл борборунда коом ж-дө жалган түшүнүк кандайча пайда болуп, мажбурлоочу күчкө айланаары тууралуу маселе турган. Ж. г-дин идеалисттик окуусунун сынчыл анализи алардын коомдук аң-сезимди талдоосунун чектелгендигин көрсөттү ж-а материалдуу коомдук мамилелерди изилдеп, андан коомдун рухий жашоосун келтирип чыгаруу зарылчылыгын айкындады. Бул маселени белгилүү бир деңгээлде Фейербах туйган. Бирок аны 19-к-дын 40-жылдары жаш гегелчилер кыймылына катышышкан, коомдук өнүгүүнү кардиналдуу жаңыча түшүнүүгө – тарыхый материализмге келген К. Маркс м-н Ф. Энгельс чечишти. Ж. г-дин буржуазиялык радикалисттик алсыздыгы тарыхтагы эл массасынын ролун төмөндөтүүдөн айгинеленди. Бул анархизмди таратуучуларынын бири болгон Штирнердин эмгектеринен көрүндү. Ж. г. таптардын күрөшү, коомдун өнүгүшүнүн объективдүү мыйзамдары, экономикалык мамилелердин коомдук турмуштагы ролу ж-дө ойлошпогон. Алар Германиянын өнүгүшүн тарткынчактаткан үстөмчүл таптардын дарегине либералдуу гана коркунуч келтирген революциячыл фразеология м-н чектелишкен. Эл Ж. г-ди прогресстин ж-а «рухтун душманы» иретинде карашкан, тарыхтын кыймылдаткыч күчү «сынчыл ой жүгүрткөн инсан» деп эсептешкен. Ж. г-дин идеясын Маркс ж-а Энгельс «Ыйык үй-бүлө» ж-а «Немецтик идеология» деген эмгектеринде сындаган.

**ЖАШОО ОБРАЗЫ** – индивиддин, социалдык топтун, коомдун жашоо шарттары м-н биримдиктеги ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүнүн жыйындысын камтыган философиялык ж-а социологиялык түшүнүк. Ж. о. түшүнүгү адамдардын эмгек, тиричилик, маданият, саясий турмуш ж. б. негизги жашоо чөйрөлөрүн өз ара байланышта кароого мүмкүндүк берет.

**ЖАШОО** (лат. ex(s) istentia. ex(s) isto – жашайм) – болмуштун ж-а анын маани-маңызын, бардык түрдүү нерселердин-буюмдардын, учурлардын, түшүнүктөрдүн өз ара байланыштарын, өзгөрүүлөрүн ж-а аракеттенишүүлөрүн бириктирип турган онтология түшүнүгү болуп эсептелет. Философиянын тарыхында түшүнүгү көбүнчө нерселердин, буюмдардын тажрыйба аркылуу гана аңдалып-билинген сырткы гана болмушу катарында колдонулуп келген. Аныгында болсо, жашоону ж-а маңызды (сущность), болмуш ж-а өзгөрүп-өсүшү ажыралып терең ички биримдикте кароо гана Ж. түшүнүгүн толук билүүгө мүмкүндүк берет. Ж. м-н маңызды болмуштун эки мааниси катарында биринчи жолу Авиценнанын таасири м-н Швейцариялык анарахист Дж. Гильом айырмалаган. Ал б-ча Ж. нерсенин, буюмдун маңызын аныктоого кирбейт; болмуш да субстанция катарында өзүнүн акциоденциясынан тышкары турат. Ф. Аквинскийдин философиясында мындай айырмалоо-жашоо ж-а маңыз болмуштун эки башталышын айырмалоо болот деп өткөрүлөт. Болмуш-аракет, дейт Фома, ал Кудайдын эң жогорку реалдуулугу. Башка бардык макулук дүйнө нерселерде маңыз ж-а жашоо бири-бирине дал келбейт. Жан (душа) форма катарында денеге (тело) жашоо берет, а өзү жашоону Кудайдан алат. Ж. маңыздын чеги, б. а. идеалдуулугу болуп чыгып турат. Жаңы доор мезгилинде Ж. түшүнүгү сезим тажрыйбасында (эмпиризм) айрым фактылардын реалдуулугун же рационалдуу акылдын реалдуулугун белгилөөгө колдонулган. И. Кантта болсо Ж. нерсенин аңдап-билүү субъектисине жасаган мамилесин белгилөөчү категория. С. Карьеркегор өзүнүн экзистенциалдык «үлгү» философиясында Ж. жаңы мааниде уникалдуу, жекелик, инсандык, чектүү Адам болмушу деп түшүнөт. Бул түшүнүү б-ча Ж. 20-к-дагы экзистенциялык философия (С. К. Ясперс, М. Хайдеггер) үчүн борбордук түшүнүк болуп калууда. Маңыз ж-а кубулуш-дүйнөдөгү бардык объектердин ж-а процесстердин жалпы зарыл жактарын чагылдыруучу философиялык категориялар. Маңыз-материалдык, аң-сезимдик системанын өнүгүүсүнүн негизги, фундаменталдуу белгиси, өзгөчөлүгүн ж-а тенденциясын аныктоочу терең байланыштардын, мамилелердин ж-а ички мыйзамченемдүүлүктөрдүн топтому. Кубулуш-маңыз м-н шартташкан системанын касиеттери, белгилери, мамилелери. Бардык системалар өздөрүнүн мазмунуна себеп-натыйжа байланыштарын кошуу м-н өз ара шартташып ж-а шарт коюшуп турушат. Өз ара шартташпаган ж-а шарт коюшпаган бир дагы система болбойт. Билинип-көрүнбөгөн маңыз болбойт, маңызсыз кубулуш да болбойт. Маңыз м-н кубулуш ажырагыс байланышкан. Кубулуштар эки типте болот: 1) бирдей окшоштор ж-а 2) бирдей окшош эместер (окшош сыяктануу, өңдөнүү; сырткы эле көрүнүш). Сыртынан окшош сыяктанып көрүнгөн кубулуштар эки түрдүү болушат: а) ички маңыздуулар ж-а б) кондиционалдуулар (маңыз аралыктуулар). Кубулушта зарылдыктан, жалпылыктан, маанилүү-олуттуудан башка дагы бир катар кокустуктар индивидуалдыктар, убактылуу моменттер (кырдаалдар, учурлар) болот. Кеңирлик, көлөмдүк касиеттери б-ча кубулуш маңызга караганда бай, бирок, тереңдик мааниси б-ча маңыз кубулуштан бай болот. Кубулуш маңыздын көп жактарынын биреөнү билдирет, бирок, анын бүткүл маңызына эч качан толук дал келбейт. Аңдап-билүү процессинде эң башкысы негизинен системанын негизги

мыйзамын билдирген маңызды кармап, анын жалпы, алдыцкы структурасын (түзүлүшүн) ачып көрсөтүү маанилүү. Муну м-н маңыздын децгээлдеринин диалектикасына конкреттүүлүк киргизилет, ошону м-н бирге дайыма өнүгүп, модификацияланып турган маңыздын децгээлдеринин андан ары да аракетке келип өнүгүшүнө жол ачат. Маңыздын децгээлдүү (толук бүтпөгөн багыныцкы). Мис., өз кезегинде химиялык элементтин негизги касиети атом салмагы деп эсептелген. Кийин мындай касиет болуп атом ядросунун заряды (электрдик кубаты) эсептелери аныкталды. Ошентип, «атом салмагы» деген маанилүү мацыз түшүнүк өзүнөн да жогорку децгээлде турган «атом ядросунун заряды» деген маанилүү маңыз түшүнүгү аркылуу аныкталды.

**ЖАШТАР –** тигил же бул социалык-психологиялык касиеттеринин өзгөчөлүгү социалдык абалы м-н шартталган, жаш курактык белгилери негизинде айырмаланган социалдык-демографиялык топ. Жаштык, белгилүү бир фаза, биологиялык жашоонун этабы, бирок анын конкреттүү курактык алкагы социалдык статусу ж-а социалдык–психологиялык өзгөчөлүгү социалдык-тарыхый табиятка ээ ж-а социалдашуусу коомдук түзүлүштөн, маданияттан ж-а жашап турган коомдун мыйзамченемдүүлүгүнөн көз каранды. Тапсыз коомдо Ж. социалдык белгилери көбүнчө табигый-биологиялык белгилер м-н байланышат. Таптык коомдо индивиддин коомдогу орду – артыкчылыктары жаш курагы м-н эмес, социалдык тегине ж-а байлык ээлигине жараша аныкталат. Азыркы заманда социалдык жетилүү критерийлери татаалдашкан. Өз алдынча турмуш күтүү, билим алуу ж-а туруктуу кесипке ээ болуу, саясий ж-а граждандык укуктарга ээ болуу, ата-энеден материалдык көз каранды болбоо, никеге туруу, балалуу болуу сыяктуу баралына келип, социалдык статуска жетишүү баары бир мезгилде боло койбойт. Буларга жетишүү улантуучулугу да баарында бирдей эмес, ошондой эле ар кайсы социалдык катмарда ар кандай. Мындан ар кандай авторлор жаштыктын чегин 14 м-н 16жаштан баштап 25 м-н 30 жаштын аралыгын көрсөтүшөт. Социалдашуу процесси да татаалдашууда. Инсандын калыптануусуна социалдык факторлор: үй-бүлө, мектеп, эмгек жамаат, коом, тецтуштар, жаштар же формал эмес уюмдар, массалык маалымат каражаттары ж. б. Ар кандай коомдук системада Ж-дын ээлеген абалы ар кандай. Ж. социалдык салмакка ээ болуу үчүн жаштар кыймылдарынын болушу маанилүү**.**

**ЖЕКЕЛИК ЖАНА ЖАЛПЫЛЫК** (единичное и общее) – өзүлөрүнүн эриш-аркактыгы м-н мыйзам ченемдүүлүк м-н кайталанып туруучу ж-а кокустан да кездешүүчү адам ишмердигинде стандарттуу ж-а уникалдуу, турмушта адаттагыдай ж-а күтүлбөгөндөй жолуга берүүчү дүйнө кубулуштарындагы окшоштуктар м-н айырмачылыктардын тец салмактуулугун туюндурган философиялык категориялар. Жекелик – болмуштун ушул гана көрүнүшүндө болгон, башка эч жерде кездешпеген ж-а эч жерде кайталанбаган көрүнүш. Жалпылык – көптөгөн «жекеликтерге» мүнөздүү келип, мезгил м-н мейкиндиктин ар кандай аралыктарында кайталана берүүчү түрлөрдүн мацызынын (идеянын, мыйзамдын, принциптердин) көрүнүшү. Жекеликтин тескерисинче, жалпылык категориясы биздин көңүлүбүздү ар түрдүү «жекеликтерди» эмне жакындатып ж-а бириктирип турганына бурат да, индивидуализм м-н изоляционизмге каршы келет.

**ЖЕР ЖҮЗҮНДӨГҮ АДАМЗАТ** (Вселенское человечество) – негизги эки мааниси бар философема: 1. Коомдук, социалдык жаратылышы бирдей жалпы белгиси ж-а кызыкчылыгы бар бардык адамдардын жыйындысы. Адамзаттын жалпы кызыкчылыгы болуп жер жүзүндөгү жашоону улантуу, чогуу тиричилик кылуу, дүйнөлүк цивилизацияны, маданиятты өнүктү-рүү үчүн жалпы ишмердүүлүк, өнүгүүгө умтулуу, тарыхтын субьектиси катары бардык тармактардын прогрессине активдүү кол кабыш кылуу эсептелет; 2. Планетардык системанын чегинен чыгып, өзүнүн таасирин космостук мейкиндикке таратып, космостук процесстерин таасирдүү факторлорунун бири болуп калган адамзат. Бул мааниде ушул түшүнүк социалдык-утопиялык ой-пикирден тартып учурдагы табият ж-а социалдык-гуманитардык илимдердин теоретикалык иштеп чыгууларына чейин өзүнө камтыган ар түрдүү философиялык концепциялардын комплексинин ажырагыс бөлүгү катары каралат. Ошондой эле бул түшүнүк космосоциобиологиялык аракеттенишүү маселеси м-н байланышкан илимий-философиялык изилдөөлөрдүн тармагында өзгөчө орчундуу оорунду ээлейт.

**ЖОК НЕРСЕ** (Ничто) – бир катар философиялык системаларда конкреттүү мацыздын же болмуштун жоктугун же жашабастыгын белгилеген категория. Онтологиянын бар нерсе, маңыз, болмуш өцдүү түшүнүктөрүнө каршы келет. Философиянын тарыхында Ж. н. көп учурда жок болмуш түшүнүгү м-н тец маанилеш түшүнүк катары каралат; айрым учурда бул түшүнүктөр өз ара чектелген эмес. Ал тургай жок болмуш Ж. н-ге караганда абстрактуу формада чечмеленип, болмушту четке каккан түшүнүк катары сыпатталган. Ж. н. категориясы байыркы философияда онтологиянын калыптанышы м-н пайда болгон. Байыркы грек философиясында алгачкы жолу Ж. н. өз алдынча категория катары *Демокриттин* болмуш (атомдор) ж-а боштук (Ж. н.) тууралуу окуусунда кездешип, ал көптүктүн, кыймылдын ж-а өзгөрүүнүн зарыл шарты катары каралган. Софист *Горгий* Ж. н-ни *элеаттардын* болмуш түшүнүгүнүн тескери жагы катары чечмелеген. Болмушка (б. а. эйдостордун жыйындысына) карама-каршы башаттардын бири катары

Ж. н. *Платон* м-н *Аристотелдин* онтологиясында маанилүү роль ойнойт. Алар тарабынан болмуш ж-а ой жүгүртүүнүн көз карашында Ж. н. жок болмуш, ал эми эйдостордун биримдигинин көз карашында эйдостордон башка, аларга каршы келген *материя* (сезимдик дүйнө) катары чечмеленет. Өз алдынча турганда Ж. н. таза мүмкүндүк, идеяларга караганда пассивдүү ж-а көз каранды болмуш катары аныкталат. *Плотиндин* окуусунда платондук маанайдагы Ж. н. сакталат, бирок, анын жамандык (болмуштун кемчилиги, Ж. н-нин болмушка басып кирүүсү) түшүнүгү м-н тең маанилештирилет (кийин бул идея христиандык теодицея тарабынан кеңири колдонулган). Патристикада Ж. н. тууралуу антикалык түшүнүкдөр дүйнөнүн кудай тарабынан Ж. н-ден жаратылгандыгы тууралуу идеяны чечмелөө үчүн пайдаланылган (Филон Александрийский, Августин Аврелий ж. б.). 19-к-дагы ж-а 20-к-дын башындагы философияда Ж. н-ге кызыгуу салттуу метафизиканын кулашына байланыштуу бир кыйла солгундап кеткен. Шопенгауэр, Ницще ж-а Берксон Ж. н. түшүнүгүн ойлоого болбостугун баса көрсөтүшкөн. Ошого карабастан, 20-к-дын философиясындагы айрым агымдар Ж. н. проблемасын реставрациялоого умтулушкан (протестанттык ортодоксалдуу эмес теология, православиелик диний философия, экзистенциализм, өзгөчө Хайдеггер ж-а Сартр.

**ЖООПКЕРЧИЛИК** – *этиканын* ж-а *укуктун* инсандын башка адамдарга, коомго ж-а жалпы эле адамзатка болгон өзгөчө мүнөздөгү социалдык, моралдык ж-а укуктук мамилесин чагылдырган категориясы; Ж. инсандын өздүк адеп-ахлактык парзын ж-а укуктук нормаларын аткаруусу м-н мүнөздөлөт. Ж. категориясы адамдын өздүк иш-аракеттеринин субъектиси (автору) катары чыгууга жөндөмдүүлүгү м-н мүмкүндүктөрүнүн өз ара айкалышуусунун философиялык ж-а социологиялык проблемаларын, о. эле 1) адамдын кандайдыр бир талаптарды аткарууга ж-а анын алдында турган милдеттерди ишке ашырууга болгон аң сезимдүү (атайы же ыктыярдуу) жөндөмдүүлүктөрү; 2) моралдык туура жорук-жосун жасоосу; 3) кандайдыр бир натыйжага жетүүсү, о. эле адамдын аны м-н байланышкан укуктуу ж-а укуксуз жорук-жосундарынын маселеси; 4) адамдын жорук-жосундарын кубаттоонун же сындоонун, сыйлоонун же жазалоонун маселелери өңдүү конкреттүү проблемаларды өз кучагына камтыйт. Бардык этикалык ж-а укуктук окууларда Ж. проблемасы эркиндиктин философиялык маселеси м-н байланышта каралат (к. *Эркиндик* ж-а *зарылчылык*).

**ЖУМАГУЛОВ** Мааметайып (1949-ж. т., Нарын обл., Акталаа р-ну, Карабүргөн айылы) – философия илимд. доктору (1994), проф. (1997). Пржевальск мамл. пед. ин-ттун физика-математика факультетин бүткөн (1970); 1970–73-ж. о. эле ин-ттун философия ж-а ил. коммунизм кафедрасында окутуучу. 1973–76-ж. КМУда аспирант. 1976–91-ж. Кырг-н УИАнын философия ж-а укук ин-тунда кенже улук, жетектөөчү ил. кызматкер, 1992-жылдан экологиянын философиялык маселелери бөлүмүнүн башчысы, о. эле учурда 1996-жылдан И. Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед. университетинин философия, экономикалык теориянын негиздери ж-а культурология кафедрасынын профессору. Ж. “байланыш” категориясын, адам м-н табият ортосундагы мамиле-аракет маселелерин изилдейт; бул проблемалар б-ча бир нече монография, брошюра, 50гө жакын макала жарыялады.

**ЖУМАГУЛОВ** Сулайман (1923-ж. т., Талас обл., Талас р-ну, Көпүрөбазар айылы) – физик-математик, философия илимдеринин кандидаты (1968), проф. (1991). 1953-ж. КМУнун физика-математика факультетин бүткөн. 1953–58-ж. партиялык кызматтарда иштеген. 1958-жылдан КМУнун диалектикалык материализм кафедрасында аспирант, улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы. 1977–86-ж. Ош мамл. пед. ин-тунда ректор, 1986-жылдан Тил ж-а гуманитардык илимдер ин-тунда философия кафедрасынын башчысы. 40тан ашык ил. эмгектин (а. и. 5 монография) автору. Негизги ил. эмгектери: “Философия ж-а жаңы адамдын калыптанышы” (1985), “Философиянын негизги маселелеринин гносеологиялык анализи” (1988), “Философиянын жалпы маселелери” (1994). СССР жогорку билим берүүнүн отличниги, СССР эл агартуусунун отличниги, Кыргыз ССР элге билим берүүсүнүн отличниги, Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1983). Эл Достугу, Кызыл Жылдыз ордендери м-н сыйланган.

**ЖҮРҮМ-ТУРУМ** – белгилүү бир моралдык ченемдер м-н чектелген жорук-жосундардын ж-а кыймыл-аракеттердин системасы. Ж.-т. коомдук жагдай-шарттардын таасиринде калыпка салынат. Ж.-т. адамдын мүнөз, темперамент, каалоо, ой-пикир, көркөм сезим сыяктуу касиеттеринин айлана-чөйрө м-н байланышынан пайда болуп, өсүп-өөрчүйт. Бул термин илимде айбанга карата да колдонулат. Бирок, илим адамдын Ж.-т. айбандыкынан келип чыккан деген эски көз карашты төгүндөйт. Айбан айлана-чөйрөгө ылайыкташат, байырлашат, ал эми адам болсо ага акыл-эс м-н (аң-сезимдүү) мамиле кылат, өз таасирин тийгизет, аны өз мүдөөсү үчүн пайдаланат, анын дүйнө мамилесинде белгилүү бир максат болот. Психология илиминдеги *бихевиоризм* багыты адам м-н айбандын ушундай айырмасы барын жокко чыгарат, жеке адам дүйнөсүн аңдап билүүгө, адамдын ички сырын түшүнүүгө болбой турганын ырастайт.

**ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАРУУЧУ БИ-ЛҮҮ** (Выводное знание) – логиканын мыйзамдары м-н эрежелерин туруктуу анык ой-пикирлерге колдонуунун натыйжасында гана, кандайдыр бир айкын учурда тажрыйбага,

практикага кайрылбай, мурда белгиленген, аныкталган ж-а текшерилген чындыктан алынган билүү. Маселен, биз «бардык колонизаторлор – эксплуататорлор» экендигин билебиз, ал эми «ушул газетадагы макалада колонизатор адамдар жөнүндө сөз козголгон». Бул эки пикирдин негизинде ар бир окурман тикеден-тике тажрыйбага кайрылбай эле «бул адамдар – эксплуататорлор», деген туура жыйынтык чыгара алат.

**ЗАМАНАЧЫ АКЫНДАР.** Кыргыздар байыртадан залкар акындарга, комузчуларга, обончуларга ж-а ойчулдарга бай. Ошондой заманачы акындардын бири ойчул Арстанбек Буйлаш уулу. (1824–1978). Ырчы катары 16 жашында таанылат. Арстанбектин чыгармачылыгында орчундуу теманы заман ырлары – "Тар заманы" түзөт. "Тар замандын" өзүнө таандык обону, күүсү, кайрык кайталоолору бар. Чындыгында, Арстанбектин ыры-заман зары. Жайлуу конуш – жер, суудан ажырап, өз алдынчалыгын жоготуп, орус колонизаторлорунун бийлигинен жабыркап, турган калк турмушун, социалдык ал абалын бир топ реалдуу чагылдырат. Ойчулдун "Тар заманын" өз жашоосунун күзгүсү катарында кабыл алган. "Тар заман" акындын турмуштук коомдук-социалдык көз карашынын жыйындысы. Чыгарманын түзүлүү, калыптануу учуру бир топ узак. Ал чыгармасында заманды "азууларга бар заман, бечарага тар заман" катары мүнөздөгөн. Калыгул Бай уулу (1785–1855) – ойчул, акылман, меселчи, чечен. Сарыбагыш уруусунун манап тукумунан. Калыгул өз чыгармалары м-н ырчылар поэзиясынын тарыхында зор из калтырган. Айрым акындар анын ой, идеяларын улантып, "Калыгулдун сөзү эле" дедиртип эл арасына таратса, 20-к-дын башында да "Акыр замандын" нугунда чыгарма түзгөн-дөр да болгон. Акындын жеке чыгармачылык өнөрканасын ачык мүнөздөй турган өзүнө гана таандык турмуштук, коомдук-социалдык көз карашы, философиялык ой толгоолору, жыйынтык-корутундулары бар. Калыгул-арымы кенен, нускоочу акын. Ошондуктан анын ойлору турмуш тиричилик жагдайдын тегерегинде гана болбостон, коом заман зары, анын келечеги, өлкөнү башкаруу иштерине, адеп-ахлактык, руханий дүйнөсүнө кире турган өзгөрүүлөрү-социалдык курч маселелер болуп саналат.
**ЗАТ** (Вещество) – материянын физикалык талаадан (поле) айырмаланып, тынч абалдагы, массага ээ болгон түрү. З-тын тынч абалдагы массасы нөлгө барабар болгон элементардык бөлүкчөлөрдөн (негизинен электрон, протон, нейтрон) турат. «Материя» – философиялык, ал эми З. физика ж-а химиялык мааниде колдонулат. Жөнөкөй З. бир эле химиялык элементтин атомдорунан, татаал З-тар эки ж-а андан көп элементтин атомдорунан түзүлөт. 17–18-к-дарда илимде атомдук багыт пайда болгондо З. дегенди материя м-н бирдей касиетке ээ болгон «материал» ж-а андан жаратылыштагы бардык нерселер келип чыккан деп түшүнүшкөн. З-тын 4 түрдүү абалы белгилүү: газ, суюктук, катуу нерсе, плазма. Материяны З. м-н окшоштуруп материя жоголду деген теориялардын негизи идеализмге барып такалат.
**ЗАТТАШТЫРУУ** (Овеществление) – товарды өндүрүүгө ж-а социалдык мамилелерди жеке мамилелерден буюмдук мамилелерге айландыруунун тарыхый өзгөрмөлүү формасы. Мында адам даяр ролду аткаруучуга, буюмдарды өндүрүүнүн каражатына айланат, адамдын ишмердүүлүгү ага үстөмдүк кылган шарттардан көз каранды болуп калат ж-а чыгармачыл эмес функцияларды аткаруу м-н чектелет, ал өзүнүн коомдук мамилелерин буюмдук мамилеге, күчүн ж-а чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн буюмдук «байлыкка», буюмдук «чөйрөгө» айландырат.
**ЗЕНГН БАБА –** элдин ишениминде уйдун колдоочу пири, ээси. Диний түшүнүктө З. б. жылоологон адамдын уюнун тукуму көбөйүп, бай болот.
**ЗИЛЗАЛА** – жер титирөө. Манас эпосунда да ушул эле мааниде пайдаланылып, сүрөттөлөт.
**ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК –** бирөөнүн үстүнөн башка бирөөлөрдүн үстөмдүк жүргүзүүсүнөн пайда болгон коомдук теңсиздиктин идеалистик теориясы. Дюринг таптардын пайда болушун коомдогу бир бөлүктүн башкаларына зомбулук көрсөтүүсү м-н (ички зомбулук) байланыштырган; авс. социолог Л. Гумплович (1838–1909), о. эле К. Каутский ж. б. таптардын ж-а мамлекеттин пайда болушунун чечүүчү ролу алдуу уруулардын алсыздарын кулдандыруусу болгон деп эсептешет. Тарыхый материализм коомдук турмуштун өнүгүшүндө зомбулук ж-дө жобонун чечүүчүлүгүн илимге каршы мүнөзүн ачып, коомдун өнүгүшүнүн аныктоочу негизи материалдуу өндүрүш экендигин далилдейт. Ошону м-н бирге эле ал тарыхтагы зомбулуктун ролун танбайт; социалдык революциянын мезгилинде тарыхый зарылчылыкты ишке ашыруунун маанилүү формасы болуп эсептелет. Азыркы учурда З.-з. идеясын «күчтүүлөр позициясы» саясатын негиздөө үчүн, жарыша куралданууну, жацы согуштарды даярдоо үчүн пайдаланышат.

**И ЦЗИН** («Өзгөрүүлөр китеби») – кытай маданиятынын эң байыркы жазма эстеликтеринин бири. Кытайдагы салттык историография «И цзинди» «Ши цзинди» («Ырлар китеби»), «Шу цзинди» («Тарых китеби») ж-а конфуцийчиликтин байыркы тексттерин классикалык китептеринин катарына киргизет. Китептин аталышы дүйнөдө болуп жаткан тынымсыз өзгөрүүлөр м-н байланышкан. “И” иероглифинин пиктограммасынын эң байыркы мааниси түсүн өзгөрткөн хамелеондун образы болгон. Акырындык м-н бул иероглиф татаалданып, өзгөргүчтүктүн ж-а туруктуу кыймылдын идеясына чейин өсүп жеткен. Бул төлгө китепте жарык ж-а караңгы башталыштарда болуп жаткан өзгөрүүлөр изилденген, жакшы же жаман окуялар тууралуу төлгөлөр салынган. Байыркы кытайлар ар кандай төлгөлөргө, тагдырдын алдын-ала айтууларына зор маани беришкен. “Өзгөрүүлөрдүн китеби” мистикалык мүнөздөгү чыгарма болсо дагы, мында кытай философиясынын түшүнүк аппараты иштелип чыккан. Китеп ошонусу м-н баалуу. “Өзгөрүүлөрдүн китеби” – Кытайдагы философиялык ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнүн негизги принциптерине жол салган эң башкы булактардын бири. Анын тексттери б. з. ч. 12–6-к-дан аралыгында ар түрдүү тарыхий мезгилдерде түзүлгөн. Ошондуктан китеп составы ж-а келип чыгышы б-ча өтө татаал чыгарма. Айрым авторлор “Өзгөрүүлөрдүн китебин” мантикалык (гр. mantika – төлгө салуу, алдын-ала айтуу өнөрү) китеп деп гана болжошсо, экинчилери андан философиялык ой толгоону табышат, үчүнчүлөрү аны логика б-ча окуу китеби деп эсептешет. Бул китеп төлгөлөрдүн тегерегиндеги текст катары пайда болуп,кийин философиялык ой толгоого негиз болгон деген пикир бар. Китеп байыркы ж-а түшүнүксүз тилде жазылган. Түзүлүшү б-ча ал төмөнкүдөй эки бөлүктөн турат: Негизги текст (цзин) – төлгө практикасы. “Ши-и”– “Он канат” – булар төлгө текстине берилген комментарий болуп эсептелет. Китептин биринчи бөлүгү, б. а. негизги текст алтымыш төрт гексограммадан (люшисы гуа) турат. (Гр. hex – алты ж-а gramma – жазуу дегенди билдирет). Демек, гексограмма деп алты сызыктын ар кандай айкалыштарынан турган төлгөнү аташкан. Ар бир гексограмма чындыктын белгилүү бир абалын, кандайдыр бир турмуштук кырдаалды чагылдырат ж-а алар “Он канат” деп аталган китептин экинчи бөлүгү тарабынан чечмеленишет. “Өзгөрүүлөрдүн китебинин“ теориясы б-ча бүтүндөй дүйнөлүк процесс жарык ж-а караңгы, чыңалуу ж-а бошоо күчтөрүнүн өз ара аракеттенишүүсүнөн пайда болгон кырдаалдардын мыйзам ченемдүү кезектешүүсү болуп саналат. “И цзиндин” негизине 8 триграмма (ба гуа) гексограммалардын жарым компоненти болуп эсептелген үч сызыктын айкалышуусу коюлган.

____ __ __
_____ Цянь _____ Кань
_____ (жаратуу, асман)
__ __ (суу, коркунуч)

Бул триграммалар негизинен байыркы кытайлар күнүмдүк практикасында кезиктирген ж-а курчап турган чөйрөдөн бөлүп көрсөтүү оңой болгон нерселер м-н кубулуштарды белгилеген. Триграммалардын өз ара ар кандай жалгашуусунун натыйжасында 64 гексограмма, 64 графикалык символ түзүлгөн. Айтылып өткөндөй, ар бир гексограмма алты горизонталдуу сызыктан турат. Туташ горизонталдуу сызык “ян” деп аталат ж-а жарык эркек башталышты символдогон, сандык символика б-ча “ян” сызыгы “9” саны м-н белгиленген. Сынык сызык “инь” деп аталып, караңгы, ургаачы башталышты белгилөө м-н “6” саны аркылуу туюндурулган. Ошентип, “Өзгөрүүлөрдүн китеби” Байыркы Кытайдагы эки башталыш (рух) – Инь ж-а Ян тууралуу мифтерди чагылдыруу м-н бул түшүнүктөрдү философиялык мазмунга каныктырган. Ян – бул жарык ж-а активдүү эркек башталыш (рух). Ал асманды башкарат. Инь караңгы ж-а пассивдүү башталыш. Ал жерди башкарат. Бул жерде инь м-н яндын ортосундагы дуалисттик эмес, диалектикалык байланыш тууралуу сөз болуп жаткандыгын байкоого болот. Анткени, инь ж-а ян өз алдынча эмес, өз ара аракеттенишүү, өз күчтөрүн кошуу аркылуу гана кыймыл жасай алышат. Инь м-н Яндын удаалаш кезектеши, орун которушу баардык нерселер м-н кубулуштар басып өткөн жол (дао) деп аталат. Дао тынымсыз кыймылда деп көрсөтүлөт. “Өзгөрүүлөрдүн китебинде” адамдын эң негизги касиеттеринин бири болуп өзүнүн дүйнөдөгү ордун түшүнүү, ”асман м-н жерге күчүн бириктирүү” эсептелет. Дүйнөнүн калыптанышы символикалуу түрдө Ян-Индин күрөшү аркылуу Улуу бөлгүчтүн (Тай Цзи) идеалдуу образынын конкреттүү дүйнөгө өтүшү сымал сүрөттөлөт. Анын андан аркы өнүгүшү ян бөлүкчөсү көбүрөөк нерселердин инь

басымдуу кылган нерселер м-н өз ара жуурулушу аркылуу жүрөт. Инь м-н Яндын Улуу бөлгүчтөн (Тай Цзи) сегиз триграммага чейин өөрчүшү

Сегиз фигуранын (“гуанын”) берилген системасы асман м-н жерде болуп жаткан процесстердин картинасын сүрөттөйт. Мында бир белгинин экинчисине тынымсыз өтүшү дүйнөдөгү бир кубулуштун башкасына өтүшүнө окшош. “Өзгөрүүлөрдүн китебинин” негизги маңызы ушундай Космостун, жаратылыштын, мамлекеттин ж-а адамдын “өзгөрүшү” баш аламан эмес, айлампа сымал туюк циклдердин түрүндө системалуу жүрөт. Бул триграммалардын айлампа-квадраттуу (Квадрат Жердин, айлампа Асмандын символу) жайгашуу принцибинен даана байкалат. Башкача айтканда, триграммалар же айлампа боюнча, же тогуз чарчыдан турган квадраттын периметри б-ча жайгашышат.

Фу-си тартиби    Вэнь-ван тартиби
(«Мурдакы Теңир») («Кийинки Теңир)

Мындан сырткары схемадан көрүнүп тургандай, ар бир триграмма кандайдыр бир санга да туура келет. Эгер карама-каршы номерлерди кошсок, биз дайыма 15 деген сумманы алабыз. Эгер триграммаларга ылайык келген сандарды 3кө удаалаш көбөйтсөк, анда ага дал келген туундуну алабыз. Ошентип, триграммалардын айлампа-квадрат түрүндө жайгашышы өз алдынча эсептик (нумерологиялык) каражат болуп саналат. Ага триграммалар дүйнөнүн төрт тарабына ылайык жайгашкандыгын кошуп айта кетүү абзел (Кытайлардын түшүнүгү б-ча Түштүк жогоруда, Түндүк төмөндө, Батыш оңдо ж-а Чыгыш солдо жайгашкан). Дүйнөнүн миң түркүн кубулуштарын графикалык жол м-н сүрөттөөгө сегиз триграмма жетишсиз, ошондуктан, байыркы кытай акылмандары тарабынан 64 гексограммалардын системасы иштелип чыккан. Бул система Ян м-н Индин өз ара алакасынан пайда болгон окуялар м-н кубулуштарды сүрөттөө үчүн ыңгайлаштырылган. Ошентип, 64 гексограмма кытайлыктардын тарткан дүйнөнүн картинасы болуп саналат. Гексограммаларды жазуунун мисалдары:

_____      __ __
_____ Цянь      _____ Вай цзи!
_____ (жаратуу, асман
__ __ (дагы бүтө элек!))
_____      _____
_____      __ __
_____      _____

Ошентип, "Өзгөрүүлөрдүн китебинде" дүйнөнүн карама-каршылыктуулугунун, жарык м-н караңгынын өз ара тартылуусу м-н түртүлүүсүн, дүйнөнүн өнүгүшү м-н өзгөрүшү белгилеген. Кытай философиясындагы баео диалектика чагылдырылган. Мындан сырткары "И-цзинде" у-син деп аталган дүйнөнүн эң баштапкы беш элементтери да сүрөттөлгөн. Дүйнөнүн төрт тарабына ылайык у-син элементтеринин мейкиндикте жайгашышы

Бирин-бири удаалаш алмаштырган жер, дарак, металл, от, суу сыяктуу беш элемент тынымсыз кыймылда болуп, бирин бири жокко чыгарып турушат. Жер даракты "жаратат", аны металл балта кыйып салат, балтанын металл башы отко эрийт, отту суу өчүрөт, суудан кайра жер жаралат. Синологиялык адабиятта алгачкы элементердин жайгашуу ирээти (тартиби) тууралуу 20 удаалаштык бар. Алардын эң негиздүүлөрү төмөнкүлөр: 1) суу, от, дарак, металл, топурак; 2) дарак, от, топурак, металл, суу; 3) топурак, дарак, металл, от, суу; 4) металл, дарак, суу, от, топурак. Бирок, байыркы кытайлар бул стихияларды дүйнөнүн алгачкы башаты катары кабыл алган десек жаңылыштык болот. Чындыгында у-син дүйнөдөгү көп түрдүү байланыштарды гана классификациялоого (демек, түшүнүүгө) мүмкүндүк берген. Мисалы, от чыныгы өрттүү жалын эмес, кандайдыр бир топтогу нерселер м-н кубулуштардын символу.

**ИЗИЛДӨӨ** (исследование) – жаңы билимдерди иштеп чыгуу процесси, таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн бир түрү. Объективдүүлүгү, далилдүүлүгү, тактыгы м-н мүнөздөлөт ж-а эмпирикалык, теориялык деп аталган эки деңгээлге ээ. И-нү фундаменталдуу ж-а колдонмо (прикладдык), сандык ж-а сапаттык, уникалдуу ж-а комплекстүү кылып бөлүү кеңири жайылтылган.

**ИЛИМ** – болмуш (жаратылыш, адам, коом, ой) ж-дө объективдүү жаңы билимдерди теориялык жактан системалаштырып, иштеп чыгууга багытталган илимпоздордун, алардын билимдери м-н жөндөмдүүлүктөрүн, квалификациясы м-н тажрыйбасын; илимий эмгектин бөлүнүшү м-н кооперацияланышын; илимий мекемелердин эксперименталдык ж-а лабораториялык жабдууларынын бардык шарттары м-н жагдайларын; илимий изилдөөнүн методдорун, түшүндүрмө аппаратын, илимий информациялардын системасын, о. эле өбөлгөсү да, каражаты да, илимий өндүрүштүн натыйжасы да боло алуучу даяр билимдердин жалпы суммасын камтыган ишмердиктин бир түрү; коомдук аң-сезимдин бир формасы. И. тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүндө коомдун өндүргүч күчүнө айланат. И-дин коомдук аң-сезимдин башка формалары (искусство, мораль) м-н байланышы ж-а алардан принциптүү айырмасы да бар. Философия м-н илимдин байланышы татаал, бирок бири-бирине таяныч. Философия И-ге методологиялык таяныч болот, И-дин жетишкендиктерин философиялык жактан түшүндүрөт. Философия да И. сыяктуу билимдерди теория түзүп, чыгарган тыянактарын логикалык жактан негиздейт ж-а далилдейт. Философиянын тарыхында И-дерди классификациялоонун үзгүлтүксүз изденүү м-н калыптанган өзүнчө салты бар. И-ди классификациялоо белгилүү принциптердин негизинде И-дин өз ара байланышын ж-а логикалык ырааттуулукта жайгашуусун көрсөтүүгө багытталат.

**ИЛИМДИН ЛОГИКАСЫ** – өзгөчө илим, илимий теорияны, ар кандай системаларды изилдөөдө формалдуу логиканын түшүнүктөрүн колдонот. И. л. илимдин өнүгүүсүндөгү мыйзамченемдүүлүгүн, илимий изилдөөнүн эрежесин, ар кандай ачылыштарын изилдейт. И. л. өзгөчө илим катары 20-к-дын биринчи жарымында Фрегенин, Расселдин, Витгенштейдин таасири м-н калыптанган.

**ИЛИМИЙ ЖАМААТ, ИЛИМИЙ КООМЧУЛУК** – дүйнөнүн тигил же бул кубулуштары ж-дө объективдүү билим тармактарын иштеп чыгуу, теориялык системалаштыруу ишмердиги м-н алектенгендердин өз ара биримдиги, байланышы. Дүйнөнүн илимий картинасын түзүп турган билимдердин комплекси.

**ИЛИМИЙ КОММУНИЗМ** – марксизм-ленинизмдин үч составдык бөлүгүнүн бири; пролетариаттын таптык күрөшүнүн, социалисттик революциянын, социализм м-н коммунизмди куруу жолунун ж-а формасынын жалпы мыйзам-ченемдерин ачат. Илимий коммунизм термини кеңири мааниде бүтүндөй марксизм – ленинизм окуусун белгилөө үчүн колдонулат.

**ИЛИМИЙ МЕКТЕП** – тигил же бул илимдеги белгилүү бир багытта изилдөөнүн комплекси. Белгилүү бир доктринанын иштелип чыгышы. Милеттик мектеп, эпикурчулар мектеби ж. б.

**ИЛИМИЙ ТЕХНИКАЛЫК ПРОГРЕСС –** илим м-н техниканын бирдиктүү, өз ара шартташкан, бир калыптагы өнүгүшү. ИТПнын тамыры 16–18-к-дагы мануфактуралык өндүрүшүнөн уланып, илимий техникалык ж-а техникалык ишмердик жакындаша баштагандан ары уланат. Буга чейин эмпирикалык тажрыйбадан, кол өнөрчүлүктүн купуя сырларынан, рецептеринен топтолуунун эсебинен жай темпте эволюциясын баштаган материалдык өндүрүштүн жаңыча аталышы. Аны м-н катар жаратылыш туурасында жай темпте прогрессин баштаган, өндүрүшкө эч канчалык көмөк көрсөтө албаган теология м-н схоластиканын таасиринде калган ИТП адам ишмердигинин түздөн-түз эмес болсо да, о. эле салыштырмалуу түрдө өз алдынча агымдары болгон. 16-к-да соода-сатыктын, деңиз сүзүүчүлөрүнүн, ири мануфактуранын муктаждыктары теориялык ж-а эксперименталдык чечүүнү талап кылган бүтүндөй бир катар маселелердин чечилишин талап кылды. Бул мезгилде илим Кайра жаралуунун идеяларынын таасири м-н схоластикалык салттардын таасиринен кол үзүп, тажрыйбага бет алат. Компас, ок дары же китеп басып чыгаруу (айрыкча ушул) илимий же техникалык ишмердиктин бекем союзунун түзүлүшүнө негиз болгон улуу ачылыштар болгон. Суу тегирменди, кеңейип бараткан мануфактура өндүрүшүн пайдалануу муктаждыгы айрым механикалык процессти теориялык изилдөөгө түрткү болду. 18-к-дын аягында машина өндүрүшүнүн пайда болушу алдыда болуп өткөн математиктердин, механиктердин, физиктердин, ойлоп табуучулардын, чебер колдуулардын чоң армиясынын илимий техникалык чыгармачылыгы тарабынан даярдалган. Дж. Уаттын буу машинасы конструктордун-техникалык ишмердиктин гана эмес «илимдин да жеңиши» болуп калды. Машина өндүрүшү өз кезинде илимдин жаңы, тажрыйбалык мүмкүндүгүнүн технологиялык колдонулушу үчүн чектелбегендигин айкындады. Анын прогресси илимдин прогресси м-н аныкталат, анын өзү К. Маркс айткандай «предметтик ишке ашкан илим». Мунун өзү жаңы этапка, ИТПтин экинчи этабына өткөнүн көрсөтөт, илим м-н техника өз ара бири-биринин өнүгүшүнө ыкчамдатылган темпте дем берет. Илимий изилдөө ишмердигинин теориялык чечимин техникалык ишке ашыруусуна чейин жеткирүүгө чакырылган изилдөө тизмеги келип чыгат, колдонмо изилдөө, тажрыйба конструктордук иштеп чыгуу өндүрүштүк изилдөө. Илимий-техникалык ишмердик адам эмгегинин сарпталбаган кеңири сферасы болуп чыга келет. ИТПтин үчүнчү этабы азыркы учурдагы ИТР м-н байланышкан. Анын таасири м-н техниканы өндүрүүгө багытталган илимий дисциплинанын фронту кеңейет. Техникалык маселени чечүүдө биологдор, физиологдор, технологдор, лингвисттер, логиктер катышат. Техникалык прогрессти ыкчамдатуга түз же кыйыр түрдө коомдук илимдердин көп багыттары таасирин тийгизет; экономиканы ж-а өндүрүштү уюштуруу, экономикалык ж-а социалдык процесстерди илимий башкаруу, өндүрүштүк эстетика, техникалык өндүрүштүн психологиясы ж-а логикасы прогноздоодон конкреттүү социалдык изилдөөлөрү. Техникага карата катышы б-ча илим алдындагы жетекчилик ролу айкын болууда. Жаңы илимий багыттар ачылыштар артынан бүтүндөй өндүрүш тармактары келип чыгат: радиоэлектроника, атомдук энергетика, синтетикалык материалдар химиясы, ЭЭМ өндүрүшү ж. б. илим техниканын үзгүлтүксүз түрдө техниканы революциялаштырган күч болуп калат. Өз кезинде техника илимдин прогрессине түрткү дем берет, аны так ж-а татаал эксперименттик жабдыктар м-н камсыз кылып, жаңы талаптарды коюу м-н алга сүрөйт. Азыркы ИТРдин мүнөздүү белгиси ал өндүрүштү гана эмес, коомдун жашоо ишмердигинин көптөгөн жактарын да камтыйт: айыл-чарба, транспорт, байланыш, медицина, билим берүү, турмуш-тиричилик сферасы. Илимий ж-а техникалык бекем бирдигинин айкын көрүнүшү адамзаттын космоско чыгуусунан көрүнөт. ИТП социалдык прогресстин негизи болуп кызмат кылат. Таптык коомдо илим м-н техника негизинен үстөмдүк кылуучу таптын кызыкчылыгын көздөп, көбүнчө адамды көрө албоочулук милитаристтик максат м-н рухий прогрестин регрессии м-н адамдагы инсандыктын жан-дүйнөнүн бүлүнүшү м-н коштолот. Тапсыз коомдо ИТП бүткүл элдин кызыкчылыгын, илим м-н техниканын өнүгүшү экономикалык ж-а социалдык маселелерди чечүүнү, адамды ар тараптуу ж-а гармониялуу өнүгүшүн камсыз кылат.

**ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК ОПТИМИЗМ, ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ОПТИМИЗМ –** философия, социология, футрология илимдериндеги агым; илим м-н техника өнүккөн азыркы шартта адамзат туш болгон глобалдуу проблемаларды илимий техникалык прогресстин жардамы м-н чечип, карама каршылыктуу экологиялык кырдаалдан чыгууга болот деп үмүттөнүү. И.-т. о. 20-к-дын 1960-ж-дын аягында 1970-жылдардын башында түптөлүп, модерндешкен технологиялык теориянын позициясынан туруп, «экологиялык пессимизмге» карама-каршы турган технологиялык теория. Көрүнүктүү өкүлдөрү – Д. Белл, Г. Кан, А. Тофлер (АКШ), Б. де Жувенель, Ж. Фурастье (Франция), О. Флехтхейм (Германия), К. Фримен, Д. Габор (Англия), И. Кайя (Япония), ж. б. Адам коомунун өнүгүшүндө социалдык-экономикалык факторлорду баалабай адамзаттын тарыхый тагдырын аныктоодо илимий техникалык прогресстин маанисин ашыра баалайт.

**ИННОВАЦИЯ** (анг. innovation – жаңы) – маданияттын социологиясында кеңири пайдаланылган термин. Р. Мертондун теориясында И. идивид тарабынан маданияттын максаты кабыл алынып, бирок, ага жетүүнүн

эски каражаттары (бунт, конформизм, ритритизм, ритуализм) четке кагылган аномияга адаптацияланышы же ага мамиле кылуунун тибин түшүндүрөт.

**ИНСАЙТ** (анг. insight – көрө билүү, түшүнүү) – жеке тажрыйбаларга ж-а кемчиликтерге таянган билимдер, бир нерсени илип алуу, дароо түшүнүү же үйрөнүү. И. кубулуштары тууралуу илимий билимдердин көпчүлүгү 20-к-дагы немец гештальтпсихологу Вольфганг Кёлердин жаныбарлардын жүрүм-турумуна арналган эмгектеринен алынган. Эксперименттеринин биринде Кёлер Султан аттуу ачка шимпанзе камалган тордун сыртына банандарды койгон ж-а шимпанзеге бананга жетүү үчүн кыска эки таякты карматкан. Эгер шимпанзе эки кыска таякты бириктирсе, анда сырттагы банандарды алуу өтө жеңилге турган. Бирок, Султан таяктардын ар бири м-н банандарды алууга жасаган аракеттери эч натыйжа берген эмес. Кийинчерээк, кокусунан таяктарды бири бирине улаштырып, банандарга жеткен соң, Султан эч кимдин жардамысыз эле банандарга жетүү үчүн узун таяктарды пайдалана баштаган. Адамдарды маданиятка үйрөтүүдө да И-ты пайдаланууга болот. Бир кылган иш-аракетти көп жолу кайталоо аркылуу адамдар аны көнүмүш адатка айландырышат. Ушундай факторду (аракет) эске алуу м-н адамдардын жүрүм-турумундагы аң-сезимсиз мотивдерди ж-а патологиялык бузулуулардын себептерин аныктоо үчүн инсайт психотерапияда ж-а психоанализде кеңири пайдаланылат.

**ИНСТИНКТ** (лат. instinctus – дүүлүгүү, делөөрүү) – 1. психикалык ишмердүүлүктүн формасы, жүрүм-турум тиби. 2. Жаныбарлардын жүрүм-турумундагы тубаса, тукум куучулук мүнөзүндөгү дүүлүгүү формалары. Сырткы дүүлүктүргүчтөрдүн таасири астында аталган формалар дароо эле пайда болот да, жаныбарлардын жүрүм-турумундагы тигил же бул деңгээлдеги жөнөкөй ж-а татаал, аң-сезимдүү ж-а аң-сезимсиз, зарыл ж-а «максаттуу» иш-аракеттерди аныктайт. Мындай иш-аракеттерди аныктаган негизги инстикттер катары азыктануу, тазалануу, көбөйүү, тукумуна камкордук көрүү, пикир алышуу, коргонуу ж-а орун которуштуруу И-терин атоого болот. Жеке индивиддин тажрыйбасынан алынган И-терди түшүндүрүү өтө татаал; алар тубаса мүнөзгө ээ болуу м-н индивиддин өмүр жолунда же күчөп, же начарлап турат. И-тердин келип чыгышы тууралуу көп сандаган гипотезалар бар, бирок, алардын бири да учурдагы илим тарабынан канааттандыраарлык баага арзый элек. Аң-сезимдүү иш-аракеттерден И-тер төмөнкүдөй өзгөчөлүгү м-н айырмаланат: алар белгилүү бир (кадыресе, табигый) шарттарда жаралышат ж-а мааниге ээ болушат; аталган шарттардын кескин өзгөрүшү м-н И-тер дароо жоголушат ж-а максатсыз болуп калышат. Адамдардын И-тери тууралуу маселе ар кандай философиялык ж-а психологиялык мектептердин чегинде ар башкача чечилет. Философиялык аныктамалар б-ча И. деп жүрүм-турумдун 1) аффективдүү, 2) аң-сезимге баш ийбеген, 3) аң-сезимсиз, 4) рефлектордук формалары түшүндүрүлөт. Аталган И-тер адамдын турмушунда кандай роль ойноору тууралуу маселе бүгүнкү күнгө чейин аныктала элек. Аң-сезимдүү ой жүгүртүү ж-а эрк И-тер тарабынан шарттalaары аныкталган. И-терди өчүрүү аркылуу адам жаныбарлар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгып, маданияттуу жандыкка айланган.

**ИНСТИТУЦИОНАЛИЗМ** (фр. institution. лат. institutum – түзүлүш, орнотуу). 20-к-дын 20–30-жылдарында Францияда М. Ориу, Ж. Ренар тарабынан буржуазиялык саясий илимдин ж-а конституциялык укуктун багыттарынын бири катары калыптанган. И-дин негизги проблематикасы – коомдогу, буржуазиялык коомдогу саясий бийлик. И. «институция» И-дин көз карашы б-ча мамлекет өзүнүн маанилүү мүнөзүнө карабастан, саясий бийликке ээ «институциялардын», ал эми мамлекет тарабынан түзүлгөн укук да коомдогу укуктардын бири гана болуп саналат. Марксчыл философтордун көз карашында мындай жобо буржуазиялык бийликтин башкы куралы болуп саналган капиталисттик мамлекеттин чыныгы ролун жылмалагансыйт. Марксчылдардын пикири б-ча И. буржуазиялык коомду көп сандаган «институциялардын» жыйындысы катары кароо м-н анын «демократизациясын», ал тургай «социализациясын» далилдөөгө далбас урат. Ушуга байланыштуу И. бирин бири тең салмактаган ар кандай (буржуазиялык, жумушчу ж. б.) уюмдардын коллективдүү бийлик жүргүзүүсү түрүндө элестетилген учурдагы буржуазиялык коомдун саясий түзүлүшүн чагылдырган «плюралисттик демократия» деген модалуу буржуазиялык-реформисттик ураандын (Файнер, Стрейчи ж. б.) теориялык негизи болуп эсептелет. И-дин идеялары буржуазиялык коомдогу чиркөө ж-а башка диний уюмдардын маани-маңызын баса көрсөткөн клерикалык, өзгөчө католик адабиятында колдоого ээ болгон.

**ИНСТРУМЕНТАЛИЗМ –** билимдерди, анын ичинен илимий билимдерди адамдын ишмердүүлүгүнүн негизги куралы деген философиялык көз караш. Адамдын тажрыйбалык ж-а теориялык билимдерин системалаштыруу аркылуу И. дүйнө тууралуу чыныгы теориялык билимдерден куралган философиялык реализмге каршы чыгат. И. илимий билимдердин ж-а чындыктын объективдүүлүгү тууралуу маселени четке кагып, чындык деп прагматизм окуусу сыяктуу адамга пайда ж-а жеңилдик алып келүүчү билимдерди гана түшүнөт. Физикалык теорияларга карата инструменталисттик чечмелөөлөр Беркли, Юм, Мах тарабынан берилген. Мис., Беркли атактуу англиялык физик Ньютондун механикасын кандайдыр бир реалдуу нерсенин илимий сүрөттөсү эмес, эсептөө ж-а прогноз жасоо иш-чараларынын гана инструменти деп атаган. И-дин ар

тараптуу концепциясы Д. Дьюп тарабынан иштелип чыккан. И-ди философиялык-методологиялык позиция катары К. Поппер курч сынга алган. Анын пикири б-ча И. илимди максатсыз багытка айландырып, илимий билимдердин прогрессин түшүндүрө албайт, экспликативдик чындыкты дескриптивдүү же реалдуу процесстерге таянган чындыкка каршы коет. Бүгүнкү күндө И. илимдин ж-а социологиянын методологиясы б-ча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө (Н. Решер, Л. Лауден, Б. ван Фрассен) кайрадан жанданууда.

**ИНТЕГРАЦИЯ** (лат. integer – толук, бүтүн, бузулбаган) – бүтүндүктү көздөгөн процесс же иш-аракет; биригүү, кошулуу, биримдикти кайрадан түзүү; Спенсердин философиясында И. түшүнүгү чачыранды, байкалбаган абалдарды бириккен, көрүнүктүү, өз ара байланыштуу абалга айландырууну чагылдырат. И-нын ички кыймылы жай мүнөздө болот, ал эми бүтүндүктүн чачырап кетүүсү м-н байланышкан дезинтеграция процесси тездиги, тез кыймылы м-н айырмаланат. Спенсер «И» түшүнүгүн агрегаттарды тең салмакка келтирүүчү каражат катары кеңири пайдаланган. Анын пикири б-ча күн системасынын, планеталардын, организмдин, улуттардын өнүгүшү И. м-н дезинтеграциянын удаалаштыгы болуп саналат. Йеншанын психологиясында интеграция айрым рухий белгилердин бүтүндөй рухий турмушка таралышын түшүндүрөт. Сменддин мамлекет тууралуу окуусунда интеграция деп ишмердүүлүктүн ар кандай багыттагы түрлөрүнүн өз ара алакасы аркылуу мамлекеттин туруктуу түрдө жаңыланып турuусу түшүндүрүлөт.

**ИНТЕЛЛЕКТ** (лат. intellectus – акыл, эс) – акыл, ой жүгүртүүгө болгон жөндөмдүүлүк, сезим органдары тарабынан кабыл алынган нерселерди билимге айландырган же мурдагы билимди сынга алган ж-а анализдеген акыл-эстин функциялары (салыштыруу, абстракция, түшүнүктөрдү, пикирлерди, ой бүтүмдөрүн ж. б. пайда кылуу). Орто кылымдарда эле эрк интеллектке баш ийеби, же тескерисинче И. эрк тарабынан башкарылабы деген талаш-тартышуу курч маселе коюлган. Биринчи көз караштЫ Фома Аквинский, ал эми экинчисин Дунс Скот ж-а Уильям Оккам сыяктуу англиялык ойчулдар жакташкан. Бүгүнкү күндө интеллект да, эрк да обьективдүү жагдайлардан көз каранды, ал эми интеллект рухий чөйрөнүн курамына кирүү м-н психикалык чөйрөнүн элементи болуп эсептелген эрктен бир кыйла жогору турат деген түшүнүмдөр үстөмдүк кылат.

**ИНТЕЛЛИГЕБЕЛДҮҮ** (лат. intel-ligibllis – түшүнүлгөн, ойлонулган, ойдогу) – И. дүйнөгө таандык нерселерди интеллекттин же акыл-эстин жардамы аркасында гана түшүнүү; И. Канттын пикири б-ча И-лүк деп сезимдер аркылуу эмес, акыл-эс м-н гана түшүнүүгө мүмкүн болгон нерселер. И. дүйнө деп рухий чындыкты чагылдырган идеялардын, идеалдардын, образдардын ж-а түшүнүктөрдүн дүйнөсү айтылат. И. Канттын философиясында нукура акыл (чистый разум) И. дүйнөгө жаратылыштын кубулушу болуп эсептелген физикалык нерселерди киргизбейт; ал эми тажрыйбалык акыл-эс (практический разум) адамдын жүрүм-турумунун негизин түзгөн идеалдуулуктардын баарын И. дүйнөгө киргизет.

**ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ** (лат. intelligens – түшүнгөн, ой жүгүрткөн, акыл-эстүү) – акыл эмгеги, көбүнчө татаал чыгармачылык эмгек м-н кесиптенген, маданияттын өнүктүргөн ж-а жайылткан адамдардын коомдук катмары. И. түшүнүгү төмөнкүдөй эки мааниге ээ: кең мааниде – адамга мүнөздүү болгон рухий байлык, акыл жөндөмдүүлүгү; тар мааниде – оор кырдаалдарда тез чечим кабыл алууга ж-а түзүлгөн кырдаалдан жол таба билүүгө жөндөмдүүлүк, акыл эмгегине кызыгуу, тез ж-а туура ой жүгүртө билүү. И. түшүнүгү көп учурда моралдык мааниге ээ болуу м-н интеллигенттердин бийик адеп-ахлак идеалдары, ыйман ж-а парз, мекенине ж-а элине ак кызмат өтөө сыяктуу рухий байлыктар м-н байланыштырышат. «Интеллигенция» термини алгачкы жолу 19-к-да орус жазуучусу П. Д. Боборыкин тарабынан илимге киргизилип, башка тилдерге которулган. Батыш өлкөлөрдө интеллигенциянын синоними болуп саналган «интеллектуалдар» термини кеңири пайдаланылат. Өз составы б-ча интеллигенция бир тектүү эмес. И-нын пайда болушунун негизги шарты болуп акыл ж-а күч эмгектеринин бөлүнүшү эсептелет. И. антикалык доордо жаралып, орто кылымдар м-н Кайра жаралуу мезгилинде калыптанган. И-нын андан аркы өнүгүшү индустриалдык ж-а постиндустриалдык коомдорго туура келет.

**ИНТЕНЦИОНАЛДУУЛУК** (интенциональность) (лат. intentio – умтулуу, тенденция, максат коюу, далалаттануу, ниет) – аң-сезимдин предметтерге, дүйнөгө бурулушу; аң-сезимдин предметтерге маани-маңыз бериши ж-а сезип-туюуларды чечмелеп, түшүндүрүүсү. Схоластикада кеңири пайдаланылган И. термини учурдагы философияга австриялык философ Франц Брентано (1838–1917) тарабынан киргизилген. Брентано үчүн И. иманенттүү предметтүүлүк, о. эле психикалык ж-а физикалык феномендерди айырмалоонун критерийи болуп саналат. Феноменология окуусунун негиздөөчүсү Эдмунд Гуссерль (1859–1938) интенционалдуулукту предметтерге маани-маңыз берүү процесси катары баалаган. И. аң-сезим теориясы м-н феноменологиядагы негиздүү идея болуп саналат. И. деп аң-сезимдин предметтер м-н нерселердин жалпы ж-а идеалдуу маани-маңызын маданияттын негизги структуралык бирдиктери катары түзүүгө болгон жөндөмдүүлүгү аталат. И. дүйнөнү түшүнүүнүн жалпы структуралары м-н тыгыз байланышкан. Алар жеке тажрыйбанын, билимдердин жардамы аркасында гана пайда болушат да, даяр түрдө берилбейт. Ошол себептен интенционалдуулукту предметтерге маани-маңыз берүү, сезим-туюмдарды интерпретациялоо,

дүйнө тууралуу ой жүгүртүү процесси деп аташат. И. психиканын предметтик интерпретацияны же маданий мазмунду камтыган бөлүгүн гана мүнөздөйт. Мис., ооруксунууну сезүү И-лукту түзбөйт, анткени ал дүйнөнү маданий түшүнүү маңызына ээ эмес. И. сезимдер маани-маңыз жаратса, И-ка ээ эмес сезимдер мындай маани-маңызды талкалап жок кылышат. Ага мисал катары наркотикалык уулугуу абалындагы сезимдерди атоого болот. Демек, аң-сезимде маданияттагы ирээттүүлүктү, маданий баалуулуктарды жаратууга багыт алган жогорку чөйрө м-н катар эле мындай багытка ээ эмес, ошол себептен маданият үчүн баалуулукка ээ эмес же маданиятты талкалап, жок кылууга жөндөмдүү элементтер да бар.

**ИНТЕНЦИЯ** (лат. intentio – умтулуу, максат коюу, далалаттануу, тенденция) – аң-сезимдин, ой жүгүртүүнүн кандайдыр бир предметке бурулушу. Интенция түшүнүгү орто кылымдагы схоластикада, Брентано, Гуссерль өңдүү философтордун окууларында, неотомизмде кеңири пайдаланылган. Кара, *Интенционалдуулук.*

**ИНТЕРАКЦИЯ** (анг. interaction. лат. inter – аралык, activus – ишкер) – социалдык психологияда ж-а культурологияда адамдардын өз ара алакасын, алардын бири-бирине өз ара таасир көрсөтүүсүн же топтордун бири-бирине тийгизген таасирин үзгүлтүксүз диалог катары чагылдырган термин. Дж. Миддин социалдык психологиясында И. инсандар аралык “символ алмашуу” формасындагы тике коммуникация катары түшүндүрүлөт. Мындай пикир алмашуунун маанилүү өзгөчөлүгү болуп адамдын өзүн башкалардын ордуна кое билүү, башка адамдын сезим-туюмдарын түшүнө билүү жөндөмдүүлүгү эсептелет.

**ИНТЕРИОРИЗАЦИЯ** (лат. interior – ички) – адамдын психикасынын ички структурасын сырткы социалдык ишмердүүлүктүн формаларын өздөштүрүү аркылуу калыптандыруу. Аталган түшүнүк француз психологдору Пьер Жан, Жан Пиаж, Анри Валлон тарабынан илимге киргизилген. Аталган авторлор И. түшүнүгү аркылуу индивиддер ортосундагы мамилелердин психиканын ички структураларында чагылышын ж-а аң-сезимдин ички планын аныктаган аң-сезимсиздиктин калыптануусун түшүндүрүүдө пайдаланышкан. Выготскийдин пикири б-ча И. индивид тарабынан адамдык баалуулуктарды ж-а руханий байлыктарды өздөштүрүү аркылуу психиканын чыныгы формаларын калыптандыруу болуп саналат.

**ИНТЕРНАЛИЗМ** (лат. internus – ички) – социологияда, педагогикада ж-а культурологияда индивид же адамдар тобу тарабынан коомдук баалуулуктарды, нормаларды, жоболорду, стереотиптерди өздөштүрүү процессин белгилөө үчүн пайдаланылган түшүнүк. Индивидге же адамдар тобунан сырткары жашаган нормалар ж-а эрежелер интернилизациялоонун жардамы аркасында жүрүм-турумдун ички регуляторлоруна же жөнгө салгычтарына айланышат. Интернализациялоонун механизмдери өтө татаал ж-а азырынча алар толук тастыктала элек. Ошондой болсо да аталган механизмдерди илимий изилдөөгө тартуу аркылуу тарбия иштерин бир кыйла оптимадалштыруууга болот.

**ИНТЕРНАЦИОНАЛИЗМ** (лат. inter – ортосундагы, аралык, natio – эл улут) – ар кандай улуттар м-н расалардын өкүлдөрү болуп эсептелген адамдардын ортосундагы эл аралык тилектештик, пикирлештик; алардын өз ара түшүнүүсүнүн, ишениминин, ар кандай маданияттын, баалуулуктун, билимдердин ж-а технологиялардын өз ара өтүүсүнүн негизи; улутчулдукка (национализмге) карама-каршы түшүнүк.

**ИНТЕРПРЕТАЦИЯ** (лат. interpretatio – чечмелөө, түшүндүрүү) – математикалык логикада, философияда ж-а илимдин методологиясында кандайдыр бир теориядагы элементтерге (формулаларга, символдорго, сүйлөмдөргө ж. б.) берилген маани-маңыздардын, чечмелөөлөрдүн ж-а түшүндүрүүлөрдүн жыйындысы; герменевтикада И. деп тексттерди чечмелөө, алардын маани-маңызын аныктоо же калыбына келтирүү түшүндүрүлөт. Диний ыйык китептерге, ошондой эле байыркы грек философторунун чыгармаларына баяндама, түшүндүрмө берүүнүн доору болуп саналган орто кылымдарда И-лоо өнөрү калыптанган ж-а өнүккөн. 20-к-дын экинчи жарымынан тартып герменевтика теориясына И-га карата структуралык-семиотикалык жоболор каршы чыккан. Эгер герменевтика текстти реалдуу же потенциалдуу окурманга карата маалымат катары И-ласа, структурализм текстти андагы маани-маңыздык элементтердин структуралык шайкештигин анализге тартуунун негизинде И-лайт. И-га карата герменевтикалык ж-а структуралисттик жоболорду бириктирүүгө карата аракеттер Рикер тарабынан жасалган. Рикердин пикири б-ча тексттин маани-маңызын анын структурасын анализдебей туруп түшүнүү мүмкүн эмес, ошол эле учурда герменевтикалык түшүн-дүрмөсүз структуралык анализ жүргүзүүгө болбойт.

**ИНТЕРСУБЪЕКТИВДҮҮЛҮК** (интерсубъективность) – феноменологиядагы интенционалдуулук аркылуу субъекттердин өз ара алакалашуу процессин ж-а анын натыйжасын, адамга башка адамдын ички дүйнөсүн ачып берүү процессин түшүндүргөн терминдердин бири. Аталган түшүнүк экзистенциализм, психоанализ, аналитикалык философия ж. б. учурдагы ойломдун багыттарында кеңири иштелип чыккан. Башка адамдын ички дүйнөсүнүн адамдын аң-сезиминде ачылып берүү механизми адамдар ортосундагы баардык мамилелердин негизинде жаткан «тиричилик дүйнөсүнүн» концепциясын пайдалануу м-н өзү тууралуу эскерүүлөрдү анализдөөгө барып такалат.

**ИНТРОВЕРТТҮҮ ЖАНА ЭСТРАВЕРТТҮҮ** (интровертивный и экстровертивный) (лат. intro – ички, verto – кайрылуу; extra – сырткы, verto – кайрылуу) – К. Г. Юнгдун психологиялык окуусунда түнт же ачык, пассивдүү же активдүү типтерди белгилөө үчүн колдонулган түшүнүктөр.

**ИНТРОЕКЦИЯ** (лат. intro – ичине, iacere – таштоо, киргизүү) – жан киргизүү, жандандыруу; Авенариустун пикири б-ча адам өзүнө ж-а башка адамдарга курчап турган дүйнөнүн элементтери тууралуу түшүнүмдөрдү ички сезим катары таңуулоонун натыйжасында эмпирикалык дүйнөнүн биримдиги "ички" ж-а "сырткы", "объект" ж-а "субъект" болуп бөлүнүп кеткен. Натыйжада жан, өлбөстүк, рух түшүнүктөрү пайда болгон.

**ИНТРОСПЕКТИВДҮҮ ПСИХОЛОГИЯ** (интроспективная психология) изилдөөнүн негизги методу катары интроспекцияны атаган психологиядагы багыт (кара: *Интроспекция*).

**ИНТРОСПЕКЦИЯ** (лат. intro – ички, spectare – кароо) – өзүнө-өзү байкоо жүргүзүү, адамдын өзүнүн турмушун башкарган, тескеген мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоо максатында ички дүйнөсүнө ж-а аң-сезимдүү психикалык турмуш-тиричилигине байкоо жүргүзүүсү. Заттык табият (материя, дене ж. б.) м-н рухий дүйнөнү (аң-сезим, ички дүйнө) так кесе ажыраткан дуалисттик философияда И. психологиялык методологиянын негизи болуп саналат. Дал ушул мааниде интроспекция Томас Гоббс, Джон Локк, Джордж Беркли, Дэвид Юм, Джеймс Милль, о. эле 19-к-да пайда болгон эксперименталдык психологиянын негиздөөчүлөрү болуп саналган Вильгельм Вундт, Освальд Кюльпе, Э. Б. Титченер сыяктуу көп сандаган философтордун окуусунда өзгөчө мааниге ээ болгон. Аталган авторлор үчүн аң-сезимдин маани-маңызы ички тажрыйбанын натыйжасы катары түшүндүрүлгөн: сарсанаалардын болушу өзүлөрү тууралуу маалымат берет да, адамдын ички дүйнөсүн изилдөөнү мүмкүн кылат. Вильгельм Вундт, Освальд Кюльпе, Э. Б. Титченер өздөрүнүн 1893-жылга чейинки алгачкы эмгектеринде И. сезим органдарынын маалыматтарына таянат, анткени, сарсанаалар, ички дүйнөнүн түйшөлүүлөрү өз маани-маңызы б-ча сезим-туюмдарга абдан жакын деп белгилешкен. Мындай көз караштар классикалык И. деген аталышка ээ болуу м-н кийинки ойчулдар тарабынан четке кагылып, мурдагыдай популярдуулугун жоготкон. Франц Брентано ж-а Кюльпе өздөрүнүн кийинки чыгармаларында интенционалдуулук теориясына негиз салуу м-н аң-сезимдин маани-маңызына башкача аныктама беришкен. Интенционалдуулук теориясы б-ча аң-сезим сенсордук компоненттен сырткары жөнөкөй мүнөздөгү ой жүгүртүү элементтерине да ээ. 20-к-дын 20-жылдарындагы интроспекция окуусундагы карама-каршылыктар бир катар илимий жаңылыштыктар ж-а бурмалоолор м-н коштолгон. Ал эми 40-жылдары аң-сезимдин маанисин четке каккан бихевиоризм окуусу тарабынан И. термини илимий психологиядан сүрүлүп чыккан да, пайдаланылбай калган.

**ИНТУИТИВИЗМ** – философиядагы идеалисттик агым, иррационализмдин бир түрү. И. таанып билүүнүн жападан жалгыз туура каражаты катары интуицияны атоо м-н бирге сезим-туюм ж-а акылды таанымдын каражаты экендигин жерийт. Бул агым 19–20-к-дардын чегинде пайда болгон. Интуиция м-н интеллектти бири бирине каршы коюу тиричилик философиясынын өкүлү А. Бергсон ж. б.; ал эми аларды бириктирүүгө болгон аракет Н. О. Лосс-кий, С. Л. Франк, Е. Н. Трубецкой өңдүү орус философторуна, француз неотомизмине ж-а феномонология багытына мүнөздүү. И. аздыр-көптүр инстинкт м-н жакындашат. Бир нерсени баамдоодо интуициянын ролу ж-дө И-ге таануу туура эмес түшүнүктү сындоо м-н материалисттик философия аны тааным процессинин органикалык моменти катары карайт.

**ИНТУИЦИЯ** (лат. intuitus – көз караш, көрүү, тигиле кароо) – көрө билүү, көз салуу, байкоо жүргүзүү, о. эле шыктануучулук, көңүл эргүү сыяктуу рухий көрө билүүчүлүк, тажрыйбага негизделбеген ой жүгүртүү аркылуу түшүнүү; көзү ачылуу, олуялык кылуу, аян берүү. Илимий адабиятта интуиция деп акыйкатка алдын ала логикалык ой жүгүрпөй же далилдеп олтурбай эле тикеден тике жетүү мүмкүнчүлүгү же жөндөмү. 20-к-га чейинки философияда И. таануунун өзгөчө формасы катары каралып келген. Азыркы батыш философиясында ж-а психологиясында И. турмуштагы практика ж-а логика м-н сыйышпаган билүү, мистикалык жөндөмдүүлүк катары каралат. Марксисттик философиянын чегинде И. таануунун белгилүү бир элементи катары каралат. Илимий таануунун процесстери, о. эле дүйнөнү өздөштүрүүнүн ар түрдүү формалары дайыма эле логиканын ж-а фактылардын негизинде далилденбейт. Көп учурда адам татаал кырдаалды ойлоо аркылуу деле билет. Мис., согуш учурундагы салгылаштарды, оорулуунун диагнозун, кылмышкердин күнөөлүү же күнөөсүз экендигин логиканын татаал формаларын пайдаланбастан эле дароо аныктоого болот. Ошондуктан логика м-н илимдин күчү жетпеген татаал ж-а белгисиз нерселерди билүүдө И-нын ролу зор. И-ны акылга сыйбаган же акылдан ашып түшкөн нерсе деп эсептөөгө болбойт.

**ИНЬ ЖАНА ЯН** – байыркы кытай натурфилософиясынын негизги түшүнүгү; кытайлардын дүйнөгө көз карашынын негизи болуп саналышат. Аталган түшүнүктөр алгачкы жолу «И Цзин» («Өзгөрүүлөр китеби») деп аталган байыркы жазма булакта пайдаланылган. Инь ж-а Ян дүйнөдөгү төмөнкүдөй карама-каршы: караңгы ж-а жарык, ургаачы ж-а эркек, пассивдүү ж-а активдүү башаттар болуп саналышат. Алгач инь тоонун тескей жагындагы көлөкөлүү капталын түшүндүргөн. Кийин ал жаратылыштагы ургаачы, тескей, караңгы, башталыштын, ажалдын, жердин, айдын, жуп сандардын символуна айланган. Ал эми ян

жаратылыштагы эркек, күнгөй, жарык башталыш, өмүр, асман, күн, так сан болуп эсептелет. Ян – бул жарык ж-а актпвдүү эркек башталыш (рух). Ал асманды башкарат. Инь караңгы ж-а пассивдүү башталыш. Ал жерди башкарат. Бул жерде инь м-н яндын ортосундагы дуалисттик эмес, диалектикалык байланыш тууралуу сөз болуп жаткандыгын байкоого болот. Анткени, Инь ж-а Ян өз алдынча эмес, өз ара аракеттенишүү, өз күчтөрүн кошуу аркылуу гана кыймыл жасай алышат. Инь м-н Яндын удаалаш кезектеши, орун которушу бардык нерселер м-н кубулуштар басып өткөн жол (дао) деп аталат. Дао тынымсыз кыймылда деп көрсөтүлөт. Адам алгачкы эфир Инь ж-а Ян жарык ж-а караңгы сыяктуу эки башатка ажырагандан кийин жаралган. Ошондуктан адам караңгы ж-а жарык, эркек ж-а ургаачы, активдүү ж-а пассивдүү, катуу ж-а жумшак, тынч ж-а кыймылдуу, асман ж-а жер сыяктуу карама-каршылыктардын биримдиги катары каралат. Асман м-н жердин жуурулушу жаратылыштагы кубулуштардын кульминациясы (лат. culminis – туу чоку) катары кабыл алынат. Кытай натурфилософтору инь ж-а ян тууралуу окууну суу, от, дарак, металл ж-а жер сыяктуу беш стихиянын өз ара кубулуулары тууралуу теория м-н байланыштырышкан. Мейкиндиктик, убакыттык ж-а башка мүнөздөмөлөр аталган стихияларга ылайык келген топторго беш-бештен кылып бириктирилишет. Ошентип, бүткүл дүйнөнүн гармониясы тууралуу түшүнүмдөр иштелип чыккан, бир эле топтогу шайкеш келбөөчүлүк дисгармонияга алып барат. Элементтер күч м-н аныкталган өз мүнөзүнө жараша алмашышат да, бири-биринин карама-каршылыктарын жеңишет. Бирин-бири удаалаш алмаштырган жер, дарак, металл, от, суу сыяктуу беш элемент тынымсыз кыймылда болуп, бирин бири жокко чыгарып турушат. Жер даракты “жаратат”, аны металл балта кыйып салат, балтанын металл башы отко эрийт, отту суу өчүрөт, суудан кайра жер жаралат. Синологиялык адабиятта алгачкы элементердин жайгашуу ирээти (тартиби) тууралуу 20 удаалаштык бар. Алардын эң негизгилери төмөнкүлөр: 1) суу, от, дарак, металл, топурак; 2) дарак, от, топурак, металл, суу; 3) топурак, дарак, металл, от, суу; 4) металл, дарак, суу, от, топурак. Бирок, байыркы кытайлар бул стихияларды дүйнөнүн алгачкы башаты катары кабыл алган десек жаңылыштык болот. Чындыгында у-син дүйнөдөгү көп түрдүү байланыштарды гана классификациялоого (демек, түшүнүүгө) мүмкүндүк берген. Мис., от чыныгы өрттүү жалын эмес, кандайдыр бир топтогу нерселер м-н кубулуштардын символу, белгиси болуп саналат. Беш алгачкы элемент дүйнөлүк айланыштын беш фазасын, кыймылдын беш тибин символдошкон. Мисалы, кытай идеологу Дун Джуншу Хань династиясынын символу катары отту, Чжоу династиясына даракты аныктаган. Цинь династиясы “мыйзамсыз” деп жарыяланып, Кытайдын тарыхый мезгилдештирүүсүндө өздүк символго ж-а орунга ээ эмес.

**ИНЬ ЯН ЦЗЯ** – Байыркы Кытайда б. з. ч. 6–3-к-дарда пайда болгон ж-а гүлдөп өнүккөн натурфилософиялык мектеп. Бул окууга ылайык, бүтүндөй материалдуу дүйнө суу, от, дарак, металл, жер сыяктуу беш стихиядан же баштапкы элементтерден турат. Жаратылыштын мындай элементтери тууралуу эң алгачкы түшүнүктөр дүйнөнү таанып-билүүдөгү адамдын алгачкы ийгиликтери м-н өтө жөнөкөй тажрыйбанын натыйжасында пайда болгон. Алар дүйнөнүн көп түрдүүлүгүн жаратылыштын бир нече негизги элементтерине алып барып такаган алгачкы аракеттерди чагылдырган. Биринчи кезекте адам күнүмдүк турмушта көп урунган нерселерди бөлүп көрсөткөн. Аларды байыркы кытайлар “беш табигый материал” (“уцай”) деп аташкан. Алардын ою б-ча “асман беш табигый материалды” пайда кылган. Алардын бардыгы тең адамдар тарабынан колдонулат. Беш табигый материал катары айтылып өткөн: суу, от, металл, дарак (тагыраак айтканда өсүмдүктөр дүйнөсү) ж-а жер эсептелген. Өлкөнү башкарууда “беш материалдын” айкалышын жөнгө салуу зарыл. Бирок, бул учурда “табигый материалдардын” катарына кылкандуу данды да кошуп, алардын бардыгын “жаратылыштын алты кени” (“люфу”) деп аташкан. “Жаратылыштын алты кенин, үч ишмердүүлүктү (өлкөнү) башкаруунун тогуз чөйрөсү деп атайбыз, суу, от, металл, дарак, жер, кылкандуу дандарды - жаратылыштын алты кени деп атайбыз, даанышманды оңдоо (тарбиялоо – авт.), керектүү пайда алып келүү, турмушту байытуу - буларды үч ишмердүүлүк деп атайбыз“. Ошентип, натурфилософтор баштапкы элементтер аркылуу жаратылыштын табигый кубулуштарын гана эмес, коомдук турмушту да түшүндүрүүгө аракет жасашкан. Мисалы, “Шу цзинде” өлкөнү башкаруу, эл турмушун суу, от, металл, дарак, жер ж-а кылкандуу дан м-н камсыз кылмайынча мүмкүн эмес деп айтылат. Аталган мектептин чегинде материалисттик окуу андан ары да өнүктүрүлгөн. Өзгөчө бул окуу Цзоу Яндын (б. з. ч. 3-к.) философиясындагы негизги темага айланган. Ал өз ара байланышкан ж-а аракеттенген жогорудагы беш элементтин негизинде ааламдын өнүгүшүнүн бүтүндөй бир концепциясын түзгөн. Беш элементтин ортосундагы байланыш дидактикалык мүнөздө берилип, “өмүр менен өлүмдүн” байланышын чагылдырган: дарак отту, от жерди (күл), жер металлды, металл сууну (металл буюмдарына шүүдүрүм токтоп калат), суу даракты жаратат. Ошону м-н өмүрдүн айлампасы туюкталат. Ушундай эле айлампа өлүмгө карата да иштелип чыккан: дарак жерди, жер сууну, суу отту, от металлды, металл даракты жеңет. Элементтердин мындай алмашуусуна коомдогу династиялардын башкаруусунун алмашуусу да дал келет. Ар бир династия белгилүү бир элементтин белгиси астында бийликке келген. Бул өзгөрүүлөр баш аламан эмес, белгилүү бир

убакыт чегинде мыйзам ченемдүү болуп өтүшөт. ”Убактысы келе элек болсо, буюмдардын жаралышы мүмкүн эмес”. Байыркы кытай тарыхчысы Сыма Тан натурфилософтордун жылдын төрт мезгили, дүйнөнүн сегиз өлкөсү, зодиактын он эки белгиси ж-а жылдын жыйырма төрт сезону тууралуу айткандарын белгилеген. Натурфилософтор бирин-бири алмаштырган көп сандаган карама-каршы кубулуштарды чагылдыруу үчүн “инь” ж-а “ян” түшүнүктөрүн пайдаланышкан, о. эле бул түшүнүктөрдүн бирөөсүнүн кульминациясы (лат. culminis – туу чоку) анын экинчисине өткөндүгүнүн же экинчисинин биринчисине айлангандыгын билдирген. Б. з. ч. 8–5-к-дарда бул теория “ци” (энергия, жандуу күч) түшүнүгү м-н толукталган. “Цзо чжуань” деп аталган кытай булагына мындай деп айтылган: “Тецир алты циге ээ, алар жерге түшүп, беш даамды пайда кылышат, беш түскө кубулушат, дүүлүгүп, беш үндү жаратышат, өтө көп топтолсо, алты оору (коркунуч) туулат. Алты ци болуп инь, ян, шамал, жаан, күн, түн эсептелишет. Алар бөлүнүп, жылдын төрт мезгилин пайда кылат. Алардын ирээти беш сезонду жаратат”. Ошондой болсо да, “Чуньцю” доорунда “инь” ж-а “ян” кеңири жайылтылып, башка цилерге караганда өз алдынча мааниге ээ болгон түшүнүктөргө айланышат. “Инь” ж-а “ян” деп асман м-н жердин өз ара байланышынын жаратылыш үчүн жалпы болгон мыйзам ченемдүүлүгүн түшүнө башташкан. Асман м-н жердин өз ара аракеттенишүүсүнүн жалпы чагылышы катары “инь-ян” сыяктуу карама-каршылыктардын ар кандай жуптары аркылуу мүнөздөлгөн. ”Инь-яндын” дуализми күн м-н айдын, от м-н суунун, катуу м-н жумшактын, жеңил м-н оордун, таза м-н кирдин ж. б. байланыштарында чагылдырылган. “Ци” термини “Инь-яндын” дуализми тууралуу идеяны гана туюндурбастан, кийинки кытай ойчулдарынын окууларында кеңири колдонулган. Үн ж-а даам циден жаралышкан. Ооздогу ци сөздү, ал эми көздөгү ци көрүүнү пайда кылат. Ошентип, даамды, түстү, үндү сезүү “цинин” көрүнүштөрүнөн көз каранды. “Алты ци” ж-а “беш стихия” тууралуу көз караштардын системасы асман м-н жердин карама-каршылыгына ж-а өз ара негизделген философиянын калыптануусундагы негизги пункт болуп калган.

**ИНФОРМАЦИЯ** (лат. informatio – түшүндүрүү, баяндоо) – адамдар арасында бири-бирине оозеки ж-а жазуу түрүндө шарттуу белгилер ж-а техникалык каражаттар аркылуу берилүүчү кабарлар м-н маалыматтар; ошол кабарларды берүү ж-а кабыл алуу процесси. И. адамзаттын турмушунда илгертен эле зор мааниге ээ болуп келсе да, бүгүнкү күнгө чейин анын бирдиктүү жалпы аныктамасы жок. И. термини төмөнкүдөй маанилерде пайдаланылат: 1) маалымат, фактылардын сүрөттөлүшү; 2) жаңылыктар, жаңы маалыматтар; 3) кабар берүүдө аныксыз нерселерди кыскача баяндоо; 4) жандуу жаратылыштагы ж-а машиналардагы байланыштар м-н башкаруунун негизи; 5) кабарларды берүү ж-а кабыл алуу. И. түшүнүгү 20-к-дагы илимий-техникалык прогресстин ж-а кибернетика илиминин өнүгүшү м-н өзгөчө мааниге ээ болгон. Ушунун негизинде И-нын төмөнкүдөй эки түшүнүгү пайда болгон: 1) И. түшүнүгү адамдар алмашкан кабарларды гана эмес, киши м-н автомат ортосундагы, жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү өз ара сигнал алмашууларды да өз кучагына камтыган. Клеткадан клеткага, организмден организмге берилүүчү белгилер да И. катары эсептелип калган. 2) И. теориясын түзүүгө алып келген И-нын сандык өлчөмү сунуш кылынган (К. Шеннон, А. Н. Колмогоров ж. б. эмгектери). Каалагандай И.мазмун, сан ж-а баалуулук сыяктуу негизги үч параметрге ээ. И-нын сандык параметри математикалык статистика, ал эми аксиологиялык ж-а мазмундук өңүттөрү (аспект) семантикалык теория тарабынан изилденет. И-нын сандык формуласы К. Шеннон тарабынан сунуш кылынган: И-нын саны кабарланган аныксыз нерселердин сандык өзгөрүшү аркылуу чагылдырылат. А. Колмогоров аталган проблеманы алгоритмдик мүнөздө чечкен: мында И-нын сандык өлчөмү бир системаны бир абалдан экинчи абалга өткөрүп турган алгоритмдин татаалдыгына дал келет. Сөз болуп жаткан проблеманын семантикалык жобосу И-ны белгилүү бир тилдин белгилеринен түзүлгөн тексттеринин маани-маңызы м-н байланыштырат. И. түшүнүгүнүн өнүгүшү ж-а кеңири пайдаланылышы учурдагы илимдеги анын дүйнөгө көз караштык, философиялык, интерпретациялык формаларынын пайда болушуна алып келген.

**ИНФОРМАЦИЯЛЫК (МААЛЫМАТТЫК) КООМ** – термини 20-к-дын 80-жылдарынын башында социология илиминде пайда болгон. Анын жаралышына компьютерди келечектеги турмушту ж-а иш-аракетти жөнгө салгыч катары чагылдырган информатиканын ж-а коммерциялык рекламанын дүркүрөп өнүгүшү зор көмөк берген. Илимий адабиятта И. к. деп информация ж-а анын пайдалануу деңгээли коомдун экономикалык өнүгүшүнө ж-а андагы социомаданий өзгөрүүлөргө зор таасир тийгизген коом түшүнүлөт. Д. Белл, Масуда ж. б. батыш социологдору И. к. түшүнүгү турмуштун баардык чөйрөлөрүн өз кучагына алган жалпылоо болуп саналат: техникалык чөйрөдө – информациялык технологияларды коомдун өндүрүш, экономикалык, ишкер, билим берүү ж-а турмуш-тиричилик чөйрөлөрүнө кеңири киргизилет; экономикалык чөйрөдө информация товарга айланат; социалдык чөйрөдө информация турмуш-тиричилик сапатын өзгөртүүнүн негизги фактору болуп калат; саясий чөйрөдө информация пикир алышууну камсыз кылат ж-а ар кандай информацияга эркин түрдө ээ болууга мүмкүндүк берет; маданий чөйрөдө информация алмашуу

жаңы коомдун керектөөлөрүнө жооп берген ж-а аларга ылайык келген нормалар м-н баалуулуктарды калыптандырууга жардам берет.
**ИНХЕНЬЕРОС** Хосе (1877–1925) – аргентпналык философ-материалист, психолог, психиатр ж-а коомдук ишмер. 1895-жылдан тартып И. социалисттик кыймылдын, «La Vanguardia" "La Montana" социалисттик газеталарынын редакцияларынын активдүү катышуучусуна айланат. 1904-жылы И. Буэнос-Айрестеги университеттин эксперименталдык психология кафедрасын жетектеген, 1907-жылы криминалистика институтунун директору, 1909-жылы Медициналык коомдун президенти болуп шайланат. 1911-жылы бийликтегилердин илимий турмушка кийлигишүүлөрүнө протест катары Инхеньерос Европага кетет. Анын «Акылдан айнуунун симуляциясы» (1900) деп аталган доктордук диссертациясы материалисттик позицияда жазылса да, анда позитивизмдин бир кыйла таасири байкалат. 1913-жылы Мадридде жарыкка чыккан «Орто адам», «Аргентиналык социология», «Биологиялык психологиянын негиздери» ж-а 1918-жылы жазылган «Келечек философиясы тууралуу божомолдор» деп аталган эмгектеринде И. өзүнүн философиялык материализминин өзөктүү идеяларын чагылдырган. Инхеньеростун окуусунда дүйнөнүн көп түрдүүлүгү дайым өнүгүп ж-а өзгөрүп турган бирдиктүү материалдуу субстанциянын ар кандай абалдарынын натыйжасы болуп саналат. Дүйнө ж-а анын мыйзамдары адам тарабынан тажрыйба аркылуу таанылат, ал эми тажрыйбанын натыйжасы болуп чындыктын ар кандай өңүттөрүн изилдеген илим м-н философия эсептелишет. Инхеньеростун пикири б-ча философия конкреттүү илимдердин маалыматтарын гипотеза түрүндө жалпылайт, бул гипотезалардын чындыгы тажрыйба тарабынан далилденгенден кийин алар конкреттүү илимдердин предметине ж-а баа жеткис энчисине айланат. И-ко ылайык философия төмөнкүдөй 3 жобого таянуусу абзел: «Бирдиктүү чындык (монизм) табигый себептердин натыйжасында (детерминизм) тынымсыз өнүгүп турат (эволюционизм)». И. агностицизм м-н субъективдүү идеализмге каршы чыгуу м-н символдор теориясын ойломдун объективдүү мазмунун четке кагууга жардам берген «троян аты» деп атаган («Principios de Psicologia», B. A., 1946, p. 33). Социалдык көз караштарында И. тарыхтын биологиялык концепциясын Маркстын экономикалык теориясы м-н айкалыштыргысы келген. И. аргентиналык ж-а испан философиясынын тарыхы б-ча эмгектердин («Аргентиналык идеялардын эволюциясы», 1918–1920; «Испаниядагы философиялык маданият», 1910) автору. Бул эмгектерде прогрессивдүү материалисттик ойломдун прогресси дайыма коомдун алдыңкы күчтөрү м-н байланыштуулугу баса көрсөтүлгөн. Ошондой эле И. буржуазиялык моралды курч сынга алган этикалык мазмундагы эмгектерди да жараткан («Моралдык күчтөр», 1925). Ал Россиядагы Октябрь революциясын чын дилден кубаттаган ж-а «бул революция адамзат үчүн христианчылык, Кайра куруу ж-а Француз революцияларына караганда бир кыйла маанилүү», – деп жазган («Жаңы доор», 1921).
**ИНЦЕСТ** (лат. in – эмес, жок, castus – жол-жосун, үрп-адат) – кан аралашуу, тар мааниде бири-бирине жакын тууган адамдардын ортосунда жыныстык байланыштын болушу. Кең мааниде жакын тууган адамдардын ортосундагы жосунсуз, ыйманга туура келбеген, экзогамиянын нормаларын бузган интимдүү союз. Мындай жорук-жосундар ж-а мамилелер мифологияда кеңири чагылдырылган. Убакыттык чен-өлчөм м-н алганда дүйнөдөгү алгачкы жуптар болуп саналган Фу-си ж-а Нюй-ва аттуу ага-карындаштын (япондук мифологияда), Адам м-н Еванын балдарынын (Библияда ж-а Куранда) ортосундагы инцест адеп-ахлак нормасынын бузулушу катары кабыл алынбайт. Аталган мифологиялык санжыра б-ча кудайлар м-н адамдар инцест жолу аркылуу келип чыккан. Тарыхый маалыматтарга таянсак инцесттик никелер айрым өлкөлөрдөгү ак сөөктөрдүн ортосунда кеңири кездешкен. Мис., египеттик фараондор, америкалык индеецтердин инк элинин падышалары ж. б. Кыргыздарда айрым жагдайлар түзүлгөн учурда өлгөн аялдын бир тууган эжесине же сиңдисине үйлөнүү, же болбосо өлгөн күйөөсүнүн агасына же инисине турмушка чыгуу формасындагы инцесттер кездешет.
**ИОАНН** Дамаскин (700–750) – византиялык теолог, философ ж-а акын; чыгыш чиркөөсүнүн классикалык систематизатору; патристика м-н орто кылымдар доорунун ортосундагы тарыхый орунду ээлөө м-н аристотелизмди четке каккан, схоластика үчүн маанилүү болуп эсептелген «илим – дин окуусунун малайына айланууга тийиш» деген ураанды жактаган.
**ИОАНН** Дунс Скот (1266–1308) – францискандык ордендин кечили, соңку схоластиканын ири өкүлү. Шотландияда туулуп-өскөн. Д-тун кыска өмүрү толугу м-н илимге арналган. Ал 23 жашында Оксфорд университетинде теологиянын профессору болуп калат. Кийин Париж университетинде мугалимдик кылып, атактуу окутуучу ж-а жемиштүү окумуштуу катары даңкталган. Д. орто кылымдардагы чыгаан ж-а улуу философтордун катарына кирген. Ал кырк жашка толук чыга элегинде Кельн шаарында каза табат. Анын негизги эмгеги Петр Ломбардскийдин «Сентенцияларына» жазылган «**Opus Oxoniense**» деп аталган баяндамалар м-н түшүндүрмөлөрдүн жыйнагы эсептелет. Ал христиан дининдеги өтө татаал ж-а орчундуу маселелерди иликтөө м-н алек болгондуктан, Чиркөө аны "doctor subtilis" (назик, кылдат доктор) деп атаган. Д-тун философиясына платондук элементтер м-н схоластика үчүн жаңылык болуп эсептелген эмпирикалык

ж-а сенсуалисттик тенденциялар, математика м-н табият таануу маселелерине кызыгуу, рационалисттик теология м-н материалисттик элементтерге карата скептикалык мамиле кылуу өз ара жуурулушуп кеткен. Ошол себептен Карл Маркс мындай деп жазат: «Материализм Улуу Британиянын өз уулу. Орто кылымдарда эле британиялык схоласт Д. «материя ой жүгүртө алабы» деген суроону биринчилерден болуп койгон». Д. сынчыл көз караштагы философ болгондуктан, ири алдыда Улуу Альберт м-н Фома Аквинскийдин философиясына каршы сындуу көз караштар м-н чыккан. Англияда өнүгүп келе жаткан илимдердин таасири астында Д-тун эмгектериндеги философиялык элементтер теологиялык проблемалардан жогору коюлган. Мис., Фомадан айырмаланып ал философияны «теологиянын малайы» деп атаган эмес. Анын пикири б-ча философия акыл-эске таянып, тажрыйба м-н табият таануунун маалыматтарын пайдаланып курчап турган дүйнөнү изилдеген теориялык билим болуп саналат. Д. теологиянын предмети Кудайды, ал эми философиянын предмети болмушту окуп үйрөнүү м-н байланышкан деп эсептеген. Ошондуктан, философия Кудайды эмес, анын болмушун гана изилдейт. Философияны теориялык дисциплиналарга киргизүү м-н Д. теологияны Ыйык китептин эрежелерине ылайык туура жүрүм-турумга үйрөтүү үчүн зарыл болуп саналган тажрыйбалык илимдердин чөйрөсү катары аныктайт. Анткени, диний догматтар логиканын жардамы аркасында эч далилдене албайт, демек, дин акыл м-н таанууга таянбайт. Ошондуктан, теология философиядан айырмаланып, өз окууларынын ырааттуулугу м-н тактыгы үчүн жооп бере албайт. Анткени, теология чечүүчү маселелер моралдын, адеп-ахлактын чөйрөсүнө таандык. Мындай көз караштар Д-ту Фома Аквинат тарабынан аракеттер жасалган теология м-н философиянын ортосундагы толук гармония мүмкүн эмес деген тыянак жасоого мажбурлаган. Д. христиандык ишенимди христиандык эмес философия м-н алмаштырууга далалаттанган эмес. Болгону эле философия м-н теологияны бири-биринен ажыратуу үчүн шарттарды түзгөн. Бул милдет кийин гана ишке ашкан.

**ИОАНН ИТАЛ** (11-к-дын экинчи жарымы) – византиялык философ, Михаил Пселлдин шакирти. Анын Аристотелдин окуусуна болгон кызыгуусу чиркөө м-н конфликтешүүгө алып келген. И-дын еретиктик тезистери 1082-ж. анафемага (гр. anathema – чиркөөдөн чыгарып салуу м-н коштолгон каргыш жазасы) тартылган.

**ИОАНН** Скот Эриугена (810–877) – эрте схоластиканын өкүлү; Ирландияда төрөлгөн ж-а болжол м-н 840-ж. Кудайдын жазмышы тууралуу теологиялык талаш-тартышка катышуу үчүн атайы чакырылып, европалык континентке көчүп келген. Бул дискуссиянын натыйжасы болуп «Кудайдын жазмышы тууралуу» («De preedestinatione») деп аталган чыгарма эсептелет. Христиан окуусун өтө терец билгендиктен, 19-к-дын 40-жылдарынын аягында ага Париждеги француз королу Карлдын ак сарайынын алдындагы мектепке жетекчилик кылуу үчүн чакырылат. Карлдын сарайында ал катар жылдар бою мугалим, врач, олуя ж-а диний чыгармаларды грек тилинен латын тилине котормочу катары дацкталган. Грек тилин мыкты билгендиктен, латын тилинде сүйлөөгө өтүп кеткен Батыш Европага Чыгыш Чиркөөсүнүн Ыйык Аталарынын, алардын ичинен Дионисий Ареопагиттин чыгармаларын кайрадан тааныштырат. И. Э. С. схоластика философиясындагы башкы маселе болуп саналган универсалийлер тууралуу талаш-тартышка чыйыр салган, өз мезгили үчүн жацы болуп эсептелген философиялык ой жүгүртүүнүн схоластика деп аталган методун түзгөн да, философиянын тарыхына «схоластиканын атасы» катары калган. И. Э. С. үчүн эц башкы кадыр-барктуу булак болуп Библия эсептелген. «Схоластиканын атасы» Ыйык Китепти «чындык менен акыйкаттын жашыруун сыры катылган кенч» деп атаган. Схоластика философиясы үстөмдүк кылган төрт кылым бою христиан философтору И. С. Э-нын «акылдын жардамы менен Кудайдын керемет сырларын ач» деген керээзин кылдаттык м-н аткарышкан. 850-ж. И. С. Эругена жогоруда аталган «Кудайдын жазмышы тууралуу» («De preedestinatione») деп аталган философиялык эмгегинде адамдын тагдыры Кудай тарабынан алдын ала аныкталса, демек, адамдын өмүрүндө кездешүүчү турмуштук өйдө-ылдыйлар, кайгы-капалар, кыйынчылыктар да алдын ала аныкталганбы деген суроого жооп издеген. И. С. Э. бир караганда табышмактуу сезилген «Кудай жөнөкөй» деген формуланы аныктайт. И. С. Э-нын пикири б-ча адамдын түшүнүгүндө гана Кудай жөнөкөй. Анткени адам Кудай бир нече субстанциялардан же маңыздардан турат деп айта албайт. Адам Кудайды көп кырдуу кабыл алат. Бирок, Кудай бирөө гана ж-а ал бир гана субстанцияга, маңызга ээ. Философтун көз карашында Кудайдын билими ж-а жараткыч иш-аракети бир эле нерсени түшүндүрөт. Кудай өз акылына, билимдерине таянуу м-н гана дүйнөнү жаратат ж-а андагы кубулуштарды алдын ала аныктайт. Кудай айкөлдүктүн, жакшылыктын башаты катары айкөл ж-а жакшы билимдердин жардамы аркасында жарык ж-а жыргал дүйнөнү жараткан. Кудай тарабынан жамандык алдын ала аныкталган эмес. Жамандык адамдын колунан жаралган нерсе, б. а. ал адамдын ыйманынын ж-а пейилинин бузулушу м-н пайда болот. Жамандыктын негизги себеби болуп жамандык м-н жакшылыктын пайдасына эркин тандоо жүргүзгөн адамдын ыктыяры эсептелет. 50-жылдардын аягында И. С. Э. Батыш Европага мурда белгисиз болгон «Ареопагитиктерди» грек тилинен латын тилине которот. Псевдо-Дионисийдин чыгармаларынын таасири астында И. С. Э. «Жаратылыштын бөлүнүшү тууралуу» («De

divisione naturae») деп аталган эмгекте ал неоплатониктердин эманация тууралуу теориясына, ошондой эле Псевдо-Дионисийдин Кудай дүйнөнүн башаты ж-а аягы болуп саналат деген принцибине таянуу ж-а табиятты төрт деңгээлге бөлүү м-н анын философиясы пантеисттик (гр. pan – баардыгы, theos – кудай) мүнөз күткөн. Ошол себептен анын чыгармалары Чиркөө тарабынан күнөөлөнүп, 1225-жылы Папа Гонорий III тарабынан толугу м-н четке кагылган. Ал эми Э-нын «Табияттын бөлүнүшү тууралуу» аталган эмгеги 1685-жылы (!) католик Чир-көөсү тарабынан «тыюу салынган китептердин» катарына киргизилген.

**ИОАНН** Солсберийский (1115–1180) – эрте схоластиканын өкүлү. 1176-жылдан тартып Шартр шаарынын епископу. Өзүнүн «De dogmata philosophorum» аттуу дидактикалык поэмасы аркылуу орто кылымдагы алгачкы философиянын тарыхчысы катары даңкталган. Ошондой эле орто кылымдардагы мамлекет тууралуу алгачкы системалуу окууну («Polisraticus”) ж-а байкоо жүргүзүү м-н экспериментке негизделген илимдин теориясын («Metalogieus”) түзгөн.

**ИОАНЭ** Петрици (11–12-к-дар) – грузин философу, неоплатонизмдин өкүлү, Проклдын жолун жолдоочусу. П-нин ишмердүүлүгү Константинополь шаарында өттү, бул жерде Иоанн Италдын философиялык ийрими, Петрицонедеги (Бачково, Болгария) ж-а Гелаттагы (Грузия) академиялар м-н тыгыз байланышта болгон. Проклдын, Аристотелдин эмгектерин, Эместик Немисийдин «Адамдын табияты тууралуу» деп аталган чыгармасын грузин тилине которгон.

**ИОВЧУК** Михаил Трифонович (1908–1990) – философ, философия илимд. доктору (1946), проф. (1939), СССР илимдер Академиясынын корр. мүчөсү (1946). Философиянын тарыхы, марксизм-ленинизмдин тарыхы, тарыхый материализм, маданий теориянын проблемалары м-н байланышкан илимий эмгектерди түзгөн. Негизги эмгектери орус философиясынын тарыхына ж-а марксизм-ленинизмге арналган. 18–19-к-дардагы орус материализминин тарыхы, өзгөчө 19-к-дагы орус революциячыл демократтардын материалисттик философиясынын марксизмге чейинки философиядагы ж-а коомдук ойломдогу орду тууралуу олуттуу изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Совет коомунун маданий өнүгүү проблемалары б-ча социологиялык изилдөөлөрдүн автору. И. М. Т-тун редакторлугу астында Белинскийдин, Добролюбовдун, Плехановдун, украин философ-революциячыл демократтардын тандалма философиялык чыгармалары, Плехановдун «Адабий мурасы» (бул басылмалардын кириш бөлүгүндөгү макалалардын автору И. М. Т. болгон), Герцендин, Огаревдун ж. б. тандалма философиялык чыгармалары басылып чыккан. Иовчук 6 томдон турган «Философиянын тарыхы» аталган басылманын (көп сандаган чет тилдерине которгон), «Философиялык энциклопедиянын» авторлорунун ж-а редакторлорунун бири.

**ИОНИЯ ФИЛОСОФИЯСЫ** (ионийская философия) – Кичи Азиянын батыш жээгиндеги грек колониясы болуп саналган Иония аймагынан чыккан философтордун окууларынын жыйындысы. Иония Грециянын чыгыш бөлүгүнөн орун алгандыктан, анын маданиятына коңшу Египет мамлекети зор таасир тийгизген. Б. з. ч. 7–6-к-дарда Иония байыркы грек дүйнөсүнүн жакынкы чыгыш маданияты м-н тыгыз байланышкан алдыңкы чөлкөмүнө айланат. Көпчүлүк египеттик фараондор грек аскерлерин өздөрүнө жалдашканы, ал тургай фараон Амазис грек кызына үйлөнгөндүгү белгилүү. Амазистин учурунда Нилдин батыш жээгинде, фараондун резиденциясынан анча алыс эмес жерде Навкратис шаары пайда болгон. Бул шаар бүтүндөй тышкы соода-сатык топтолгон соода борбору катары атагы чыккан нукура грек шаары эле. Байыркы Египет илимдердин, математиканын борбору болгон. Фалес, Пифагор өңдүү көптөгөн грек философтору Египеттен билим алышкан. Бул болсо байыркы грек философиясынын өнүгүшү үчүн зор таасирин тийгизген. Иониялыктардын чет элдик мамилелери Египет м-н гана чектелген эмес. Б. з. ч. 7-к-дын аягында милеттик тиран Фрасибул лидиялык падыша м-н союз түзүшүүгө жетишкен. Бул союз узак мезгилдер бою Милетке бейкутчулукту камсыз кылып, Милет шаары көптөгөн понтиялык өлкөлөрдү колониялаштырып алууга үлгүргөн. Гректердин эл аралык мамилелери өнүккөн сайын, соода кемелиринин маршруттары да кеңейген. Натыйжада мурунку мифологиялык түшүнүктөр четке кагылып, илимдин өнүгүшүнө шарттар түзүлгөн. Жер ортолук деңизи б-ча Гибралтарга чейин соода жолу ачылганда, Гомердин фантастикалуу географиясы өзүнөн өзү четке сүрүлүп, анын ордуна жер таануу илими пайда болгон. Көптөгөн элдер м-н пикир алышуунун, алардын ар түркүн салт-санаалары, кыял-жоруктары, диний ишенимдери м-н таанышуунун натыйжасында бардык диний ишенимдер м-н мифологиялык түшүнүктөр шарттуу экендигине көз жеткен да, аларды рационалдуу сындоого жол ачылган. Гректердин географиялык горизонтунун кеңейишине алардын коомдук турмушунун татаалданышы да дал келет. Сооданын, кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү, байлыктардын топтолушу калктын соода борборлоруна агып келишине көмөк берген. Соода шаарларынын тез өсүшү коомдук турмуштун эски формаларын талкалап, жаңы социалдык ж-а саясий терең түшүнүктөрдү пайда кылган. Жаңы коомдук-экономикалык түзүлүштүн пайда болушу философиянын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн. Иония философторуна Милет мектебинин өкүлдөрү м-н Эфес калаасынан чыккан Гераклитти киргизишет. Аларды ж-а башка эрте грек философторун “физологдор” (гр. physis – жаратылыш ж-а logos – окуу) деп аташкан, анткени Сократка чейинки бардык философтордун негизги чыгармасы

“Жаратылыш тууралуу” деп аталган. Антикалык дүйнө түшүнүмдүн чегинде «физис» түшүнүгү төмөнкүдөй эки өңүттү өз кучагына камтыган: нерселердин бирдиктүү «башаттан» пайда болушу (келип чыгышы) ж-а сезим-туюмдар м-н изилдеп-үйрөнүүгө мүмкүн болгон нерселердин өзү. Иониялыктар Европадагы эң алгачкы философтор болушкан: алар дүйнөнүн келип чыгышынын антропоморфтук ж-а мифологиялык түшүндүрмөлөрүнөн баш тартып, болмуштун «башатын» субстанция катары түшүнүүгө аракет кылышкан. Физиологдор дүйнөнүн алгачкы башатын изилдешкен ж-а андай башат (субстанция) катары жөнөкөй материалдык элементтерди аташкан. Алардын ой толгоолорунда мифологиялык айрым элементтер кездешкени м-н рационалдуулукка терең сугарылган. Байыркы грек философиясынын дүйнөнүн алгачкы башаты эмне деген суроосуна Фалес суу, Анаксимандр апейрон (гр. apeiron – чексиздик), Анаксимен аба, Гераклит от деп жооп беришкен.

**ИПОСТАСЬ** (гр. hypostasis – негиз) – субстанция; о. эле кандайдыр бир түшүнүктүн, абстракциялуулуктун же идеянын касиеттерин негиздүү же негизсиз субстанцияга же затка айландыруу. Аталган термин алгачкы жолу Посидоний тарабынан б. з. ч. 1-к-да киргизилген. Христианчылыкта И. түшүнүгү патристика доорунан тартып эле Кудай Ата, Кудай Уул ж-а Ыйык Рух сыяктуу үчилтиктүү кудайдын биримдигин белгилөө ж-а чечмелөө үчүн пайдаланылат. Грек патристикасында үчилтиктүү кудайдын ыйык маңызы тамыр, сабак ж-а гүл м-н салыштырылат.

**ИРОНИЯ** (гр. eironeia – анткорлонуу, астыртан какшыктоо.) – алгач билип туруп эле билмексен болуп же өзү ойлогон, билген чындыкка каршы кыйыр, жанытма түрүндө мыскылдап сүйлөө манерасы түшүнүлгөн. Мындай манера интеллигенттүү угуучулар үчүн түшүнүктүү болгон. И-нын төмөнкүдөй түрлөрү белгилүү: 1) **стилистикада** – кыйыр, жанытма түрүндөгү мыскыл. И. турмуштук көрүнүштү же предметти атайын апыртып мактоо м-н адамдын кемчиликтерин күлкүлүү кылып берет. Мис., «бетиң аппак көмүрдөй, этиң жумшак темирдей...». И. көп учурда троптук (өтмө) мааниде болот да, демейде комедияда, сатирада, юмордо, тамсилде, эпиграммаларда көп пайдаланылат. 2) **Сократтын иронияcы** б-ча акылман адам эч нерсени билбеген түркөй, түшүнбөс, сабатсыз адам катары өзүн билерман, туярман, акылман деп эсептеген адамдарга ар кандай суроолор м-н кайрылган. Аңгемелешүүнүн натыйжасында Сократтын маектеши өзүн акылдуу адам деп эсептегени м-н, жакшылык, жамандык, сулуулук, ажарсыздык, эр жүрөктүк, коркоктук сыяктуу жалпыга белгилүү нерселер тууралуу үстүртөн гана билээри, же, билбеси анык болгон. Сократ м-н болгон маек гана анын терең сабатсыз экендигин, түркөйлүгүн аныктап, «билерман» адам кыялдардын гана дүйнөсүндө жашап жүргөндүгүн ачыкка чыгарган. Ошентип, Сократ маектешүү процессинде маектештин чыныгы жүзүн ачып, аны иллюзиялар дүйнөсүнөн бошоткон да, чыныгы акылмандыкка карай талпындырган. 3) **Романтикалык ирония** «оомалуу-төкмөлүү жалган дүйнөгө, искусствого, даанышмандыктарга, гениалдуулукка кош көңүл, кайдыгер мамиле кылган рухий маанайдын» мүнөзүнө ээ (Фридрих Шлегель). Мындай ирония нукура текеберчиликти же ички өксүк м-н ишенимсиздикти компенсациялоого болгон аракетти чагылдырат. 4) Кьеркегордун окуусу б-ча **экзистенциалдык ирония** диндин өзөгүн түзгөн этикалык нормаларга өтүү учурунда эстетикалык кубулуштарды тап-такыр эске албагандык болуп саналат. Мындай ирония христиандык диндин түпкүрүндө терең орун алган (Kierkegaard, under den Begriff der lronie, 1841).

**ИРРАЦИОНАЛИЗМ** (лат. irrationa-lis – акыл-эссиз) – таанып-билүүдөгү акыл-эстин ролун танган же чектеген философиялык метод. Болмушту иррационалдык таанып-билүүнүн негизги ыкмалары катары эрк, умтулуу, коркуу, өксүк комплекси ж. б. психологиялык кубулуштарды атайт. Мис., досту кырсыкта бил дешет. Демек, достун чыныгы жүзүн сезим же акыл м-н эмес, кандайдыр бир турмуштук жагдайда, мис., башка кырсык түшкөндө билүүгө болот.

**ИРРЕАЛДУУЛУК** (ирреальность) (лат. irrealis – зат эместик, реалсыз) – реалдуулукка карама-каршы туруучу, турмушта кездешпей, кыялда гана болуучу нерсе. И. элестөөнүн, фантазиянын, кыялдануунун синоними катары колдонулат.

**ИСАЕВ** Кусеин (1937-ж. т., Ысык-көл обл., Ысыккөл р-ну, Бостери айылы) – экономист, социолог, философия илимд. доктору (1984), проф. (1985). КМУну бүтүргөн. (1955). 1961–62-ж. КМУнун саясий экономия кафедрасында окутуучу, улук окутуучу. 1969–87-ж. Бишкек политехника ин-тунун ил. коммунизм кафедрасынын башчысы, 1987-жылдан ошол эле кафедрада проф., Социология ж-а инженердик психология лабораториясынын башчысы. 1993-жылдан Тилдер ж-а гуманитардык илимдер мамл. ин-тунун (1994жылдан Бишкек гуманитардык университети) социология ж-а саясатты таануу кафедрасынын башчысы, 1994-жылдан Башкаруу ж-а социология факультетинин деканы. 140тан ашык ил. эмгектин (а. и. 10 монография; 3 авторлош) автору. Ил. изилдөөлөрү кыргыз коомунун социалдык маселелерине; социалдык түзүлүштүн, улуттун, билимдин, жаштардын, саясаттын социологиясына арналган. Кыргыз Респ-нын социологдор коомунун төрагасы (1991), Эл аралык социологдор ассоциациясынын ынтымакташтыгынын вице преиденти (1993). “Ардак Белгиси” ордени м-н сыйланган.

**ИСИХАСТТАР** (гр. icichia – тынч абал, бейкуттук) – 14-к-дагы Византиядагы реакциячыл-философиялык ж-а коомдук-саясий топ. Исихасттардын окуусу Григорий Синаиттин (кийин ал Григорий Палама аттуу исихасттардын жол башчысы болуп калган), Николай Кавасиланын ж. б. эмгектеринде теориялык жактан негизделген. И. илим м-н агартуучулукка каршы чыгышып, жашоодон баш тартууга, кечилдикке үндөшкөн, таануунун жападан-жалгыз булагы катары диний мистиканы, сыйынууну аташкан. И. инсанды көңүл борборунун чыгаруунун зарылчылыгын, адамды тагдырга баш ийдирүү ж-а аны кудайдын тил алчаак куралына айландыруу идеясын көтөрүп чыгышкан. Ошол себептен алар византиялык философиянын алдыңкы агымдарына, өзгөчө варлаамиттерге каршы ырайымсыз күрөш жүргүзүшкөн. Үстөмдүк кылган феодалдар табынын идеологдору катары исихасттар зилоттордун революциячыл-демократтык кыймылына кескин каршы чыгуу м-н византиялык феодализмдин үстөмдүгүнө негизделген граждандык тынчтыкты талап кылышкан. 14-к-дагы идеологиялык күрөштө жеңишке жетишкен исихаттардын кыймылы византиялык маданияттын өнүгүшүнө бир кыйла тоскоол болгон.

**ИСКУССТВО** – эстетикалык баалуулуктарды, б. а. адамдын турмушун жагымдуу, руханияттуу, бай дүнүйөлүү, түшүнүктүү кылган кубулуштардын маани-маңызын өздөштүрүүгө багытталган чыгармачыл ишмердүүлүк. И. аталган кубулуштарды көркөм образдарга айландырат. Рухий мазмунду искусство адамы сулуулуктун нерселик ж-а сезимдик формаларына оодарат. Мындай формаларды кабыл алуу чыгармачылыкка кошо катышуу, окурман, көрөрман, угарман үчүн өзгөчө мааниге ээ мазмунду түшүнүү процесси болуп саналат. И. табияты б-ча рухий мүнөздөгү ишмердүүлүк болуп саналат. Ал чагылдыруу, сүрөттөө, түшүндүрүү, көрсөтүү, билдирүү сыяктуу элементтерден куралат. Сүрөттөө аркылуу И. адамдын жашоосундагы, анын башынан өткөн ж-а өтүүчү сезимдерге негизделген чындыкты түшүндүрөт. И-нун ар кандай түрлөрүндө көркөм чыгармачылыктын составы бирдей эмес. Мис., адабиятта чагылдыруу – таанып билүү, живописте сүрөттөө – элестетүү, музыкада сезимдерди билдирүү үстөмдүк кылат. Эгер илимдин максаты таанып билүү ж-а билим, тажрыйбаныкы кайра түзүү ж-а пайда болсо, искусствонун максаты болуп адамды, анын ички дүйнөсүн тазартуу ж-а жакшыртуу, аны рухий бийиктикке талпындыруу эсептелет. И. төмөнкүдөй көп сандагы функцияларды аткарат: эмоциялык-психологиялык (рахат тартуулайт, көңүл ачат, эмоцияларга каныктырат, сезимдер м-н ойлорду ынандырат), таанып билүүчүлүк (эстетикалык ж-а башка баалуулуктардын табиятын таанып билүүгө көмөк берүү м-н өздүк таануунун өзгөчө формасы болуп эсептелет), идеологиялык (эркиндик, теңдик, адилеттик, бакыт, адамдын жашоосунун идеалдары тууралуу түшүнүктөрдү берет), тарбиялык (сезимдерди, түшүнүктөрдү, көз караштарды, чыгармачылык жөндөмдөрдү, мис., ой жүгүртүүнү, элестетүүнү калыптандырат), эвристикалык (турмуш жагдайларынын ж-а адамдардын жүрүм-турумдарынын божомолдуу шарттарын түзүү м-н алдын ала прогноздорду жасайт), коммуникативдик (пикир алышуунун ж-а өз ара түшүнүүнүн каражаты болуп саналат), маданий-тарыхый (ар кандай доорлордун ж-а элдердин турмуш тажрыйбасын, сезимдик образдарын, ойломорун чагылдырат ж-а муундан муунга баа жеткис белек катары берет). Көрүнүшү б-ча И. өтө көп түргө ээ: түрү б-ча (музыка, архитектура, скульптура, живопись, адабият, театр, кино ж. б.), теги б-ча (а) адабиятта: эпос, лирика, драма; б) живописте: портрет, натюрморт, пейзаж; в) тарыхый типтер, стилдер, багыттар, агымдар б-ча: романтика, готика, ренессанс реализми, барокко, рококко, классицизм, сентиментализм, кубизм ж. б.).

**ИСКУССТВО ФИЛОСОФИЯСЫ** (Искусства философия) – маданияттын ичиндеги искусствонун маани-маңызын, функцияларын, мазмунун ж-а баалуулуктардын бардык чөйрөлөрүн искусство, адабият, музыка тууралуу илимдерге таянуу м-н изилдеген философия. И-нун филос. төмөнкүдөй эки милдетти чечет: 1) искусствонун түрлөрү м-н көркөм сүрөттүн методдорун ж-а иш-аракеттерин түшүндүрөт; 2) искусствонун этикага, динге, метафизикага ж-а дүйнөгө көз карашка болгон мамилесин окуп-үйрөнөт.

**ИСЛАМ,** мусулманчылык – дүйнөдө кеңири тараган диндердин бири. Дүйнөдө мусулмандардын саны 700 миллиондон ашуун. Алар жакынкы Чыгыштагы, Түндүк Африкадагы араб өлкөлөрүндө, Орто Чыгыш мамлекеттеринде, Малазияда ж-а Индонезияда жашайт. Мусулмандар Кытай (уйгур, дунган, өзбек, казак, кыргыздар) да бар, азыраак санда Түштүк-Чыгыш Европада ж-а Америкада да жолугат. Шериктештикке кирген өлкөлөрдө: Б. Азияда, Казакстан, Волга боюнда, Кавказда жашаган түрк элдери, Дагестан м-н Түндүк Кавказдагы айрым майда калктарда да ислам динин туткандар бар. И. б. з. 7-к. Хиджазда (Батыш Аравия пайда болгон. Аны Мухаммед негиздеген. Мусулмандар жамааты (умма) диний гана эмес, саясий да уюм болгон. Бул уюмга ислам дининин талаптарына сөзсүз орундагандар гана баш кошкон. И. христиан дини м-н иудаизмден көп идеяларды ж-а жоболорду алган. 9–10-к. И. философиялык теологияга (калам) ж-а диний укукка (шарыятка) негизделген татаал диний ссистемага айланган. Анын башкы принциптери куранда айтылып, ал мусулмандардын окуусунун негизги булагы болуп калат. Мухаммеддин осуяттары м-н кылган иштери жазылган – сунна да чоң мааниге ээ. Исламдын ички түзүлүшү Имандан ж-а Динден турат. Имандын (исламдын чындыгына ишенүү) негизинде алладан башка кудай жок, Мухаммеддин пайгамбарлыгына, курандын ыйыктыгына, кыямат болоруна ишеним жатса, Динде ("алладан башка кудай жок, Мухаммед –

анын элчиси” деген келмени) толук түшүнүп, жарыя айтуу, күндө беш ирет намаз окуу, рамазан айында орозо тутуу, зекет берүү, кайыр-садага берүү, Меккеге ажыга барууга ж. б. диний милдеттер белгиленген. 7-к. И. суннизм ж-а шиизм болуп эки агымга бөлүнсө, 8-к. мистикалык суфизм агымы пайда болгон. Кыргыз эли да Октябрь төңкөрүшүнө чейин эле И. динин туткан. Айрым маалыматтарга караганда И. кыргыз арасына болжол м-н 12-к-дын ортосунда тарай баштаган. Бул процесске кийинчерээк кокон хандыгы чоң үлүшүн кошот. Исламдын кыргыз арасына кокондук мусулман миссионерлер (шайык, эшен, кожо, дубана-дэрвиш ж. б.) тартышып, ага биринчи кезекте уруу төбөлдөрүн тартышкан, алардын ичинде И-дын таасири аздыр-көптүр күчтүүрөк болгон.

**ИСМАИЛИТТЕР** (Исмаилиты) – 8-к-дын 2-жарымында араб халифатында пайда болгон ж-а мусулманчылыкта кеңири тараган шиит сектасынын жактоочулары. Алар тууралуу туура маалыматтар 9-кылымдын аягынан тартып гана сакталып калган. Сектанын аталышы Исмаилдин аты м-н тыгыз байланыштуу. Сунниттик халифке каршы чечкиндүү күрөш жүргүзгөн шииттердин өтө активдүү тобунун таасири астында Исмаил жетинчи ж-а акыркы имам болуп таанылган. И-дин окуусу неоплатонизм м-н буддизмдин таасири астында калыптанган диний-философиялык системаны элестетет. Бул системага ылайык эч кандай атрибуттарга ээ эмес ж-а ошол себептен адам акылы м-н түшүнүү мүмкүн болбогон Алла кудайы дүйнөлүк акылды жараткан. Дүйнөлүк акыл дүйнөлүк жанды жаратып, дүйнөлүк жандын касиеттери болуп жашоо ж-а кыймыл эсептелишет. Ушул касиеттерине таянуу м-н дүйнөлүк жан материяны – көзгө көрүнгөн ж-а сезимдерге берилген дүйнөнү пайда кылган. Бирок, материя инерттүү ж-а дүйнөлүк акылдагы идеяларды чагылдырган ар кандай формаларды кабыл алууга жөндөмдүү. Дүйнөлүк акыл аян түрүндө пайгамбарлар деп аталган өзгөчө адамдарга берилет. Алар кудайдын акылын адамдарга эч бурмалабастан жеткирүүгө милдеттүү. Алардын жолун улоочулар имамдар деп аталышат. И. Адам, Ибрагим (Авраам), Нук (Ной), Муса (Моисей), Иса (Иисус Христос), Мухаммед ж-а Исмаил өңдүү 7 пайгамбарды ж-а алардын жолун жолдогон 7 имамды таанышат. Ар бир пайгамбар белгилүү бир тарыхый доорго ж-а аларга ылайык келген кудай аянынын стадиясына туура келишет. И-дин окуусу 909-ж. Туниске бийлик орноткон, кийин 972–1171-жылдары Египетти башкарган фатимиддик халифтердин официалдуу идеологиясы болгон. 11-к-дын аягында исмаилиттер сектасында бөлүнүп-жарынуучулук жүрүп, неоисмаилизм жаралган. Бул окуу өз имамын кудайга айланткан ассасиндер сектасынын идеологиясы болуп эсептелген. Кийинки кездерде исмаилизмдеги өтө таасирдүү ж-а кеңири жайылтылган багыт «тирүү кудай» Ага-хан тарабынан башкарылган.

**ИСМАИЛОВ** Асейин (1937-ж. т., Ысыккөл обл., Жетиөгүз р-ну, Барскон айылы) – филолог, философия илимд. доктору (1984), проф. (1989). КМУну бүтүргөн (19610. 1968–69-ж. КМУнун философия кафедрасында окутуучу, 1969–73-ж. СССР ИАнын философия ин-тунда аспирант. 1974–76-ж. Москвадагы Н. Э. Бауман атн. Жогорку тех. окуу жайында, ошол эле мезгилде Н. Э. Циалковский атн. Москва авиациялык технологиялык ин-тунда, 1976–85-ж. РСФСР эл агартуу министрлигинин улуттук мектептер илимий изилдөө ин-тунда (Москва) иштеген. 1978–81-ж. Монгол мамл. университетинде (Улан-Батор) проф.-консультант. 1978-жылдан КМУнун философия кафедрасынын башчысы, ошол эле убакта 1987–91-ж. СССР элге билим берүү мамл. комитетинин Жогорку мектебинин “Жаштарга патриоттук ж-а интернационалдык тарбия берүүнүн диалектикасы” ил. из. лабораториясынын башчысы. Анын изилдөөлөрү негизинен улуттар ортосундагы мамилелерге ж-а философиялык, социологиялык талдоонун объектиси катары турмуш тиричилик чөйрөсү м-н өндүрүштөн сырткары мамилелерди изилдөөгө арналган. И. 170тен ашык ил. эмгектин (а. и. 10 монография, анын 7си авторлош) автору.

**ИСТОРИЗМ** (лат. historia – тарых; өткөндөр тууралуу баян) – объективдүү дүйнөдөгү кубулуштардын пайда болушун, өнүгүшүн конкреттүү тарыхый шарттар м-н байланышта изилдөө принциби. И. – диалектикалык методдун ажырагыс бөлүгү. Марксизмге чейинки философияда ал идеализмдин, механицизмдин негизинде түшүндүрүлгөн. Марксчыл философтор аны биринчи жолу илимий жактан ырааттуу иштеп чыгышкан. И. бардык кубулуштарды өз ара ички аракетте, байланышта карайт. Түшүнүү зарыл болсо, кандайдыр бир кубулушту курчап турган конкреттүү тарыхый шарты м-н кошо изилдөө талап кылынат, себеби дүйнөдө бири-бири м-н байланышсыз обочолонуп турган эч нерсе жок. И. дүйнөдөгү бардык кубулуштарды тарыхый өнүгүүнүн натыйжасы катары карап, алардын кантип пайда болгонун ж-а өзгөргөнүн, азыркы ж-а келечектеги абалын аныктоо зарылчылыгын белгилейт. И. тарыхты конкреттүү изилдебей, өткөндүн фактыларын ошол кездеги шарттарга байланышсыз караганга, чындыкты бурмалап, жансыз схемаларды сунуш кылганга каршы чыгат.

**ИТАЛИЯ ФИЛОСОФИЯСЫ** (италийская философия) – мындай аталыш м-н антикалык мезгилдеги пифагордук ж-а элей мектептерин түшүнүшөт. Алар грек колониялары болуп саналган Түштүк Италия м-н Сицилияда б. з. ч. 6-к-дын аягында пайда болгон. И. ф-сы өзүнөн мурда пайда болгон иониялык философиянын таасири астында өнүккөн. Ошондой эле анын өнүгүшүнө Гомер м-н Гесиоддун

чыгармаларында кудайлар пантеону түрүндө чагылдырылган грек дини ж-а орфизм, дионисийлик культ сыяктуу мистерий дини да зор таасир тийгизген. Ошол себептен иониялыктардан айырмаланып, италийликтер диний-нравалык маселелерге олуттуу көңүл бурушкан. Алар жан, анын өлүшү ж-а өлбөстүгү, Кудай м-н адамдын өз ара алакасы ж. б. проблемаларды көтөрүп чыгышкан. Анын натыйжасында философия «физистин» (табияттын) проблемаларынан оолактап, адам м-н коомдун маселелерине жакындай баштаган.

**ИТЕРАТИВДҮҮЛҮК** (санскритчеден itera – башка) – метафизиканын фундаменталдуу принцинтерин четке кагуу үчүн Деррида тарабынан киргизилген түшүнүк. И. түшүнүгү кайталануучулукту чагылдырат ж-а төмөнкүдөй эки карама-каршы маанини шарттайт: I) кайталануу мүмкүндүгү ж-а 2) альтерациянын мүмкүндүгү. Эреже катары кайталануу кайталанып жаткан нерсеге тең маанилештикти шарттайт. И. кайталануунун негизи болун саналат. Түшүнүктүн же кубулуштун тең маанилештиги анын структурасындагы өтөөр-кетээрликтин, төрөлүү-өлүмдүн болушун шарттайт. Бирок, өлүм, талкалануу объективацияны четке каккандыктан, түшүнүк же каалагандай шарттуу белги өлүм болбогондо деле өлүмдү нечен ирет кайталайт, б. а. өзүнүн өлүмүн симуляциялайт. Түшүнүктүн же кубулуштун биримдиги алардын чексиз кайталануучулугун шарттайт. Бирок, бул учурдун баардыгы тең тең маанилештирилген маңыздын өзү болбогондукка байланыштуу кайталоо реалдуу жашабаган нерсени кайталайт. Ошол эле учурда тең маанилештирилген маңыздын өзү болбогондукка байланыштуу ар бир кайталоо мурдагы кайталанган кайталоого караганда башка кайталоо болуп саналат.

**ИУДАИЗМ** (байыркы еврейлердин ишеними б-ча **Иегуда** алардын уруусун негиздеген адам болгон) – эң байыркы диндердин бири. Ал б. з. ч. 13-к-да еврейлердин улуттук дини катары пайда болгон. Еврей динчилдери өз элин «кудай тандаган эл», ал эми иудаизм аларга кудайдын өзү тарабынан **берилгендигин** бүгүнкү күнгө чейин далилдөөгө далалаттанып келишүүдө. Чындыгында иудаизм башка диндер сыяктуу эле политеизмден монотеизмге карай өтө татаал өнүгүү жолун басып өткөн. «И» түшүнүгү еврейлердин Иуда деп аталган уруусунун атынан алынган. Качандыр бир кездерде бул уруу башка еврей урууларына үстөмдүк кылып, алардын Яхве кудайы(чагылгандын, оттун ж-а суунун кудайы) алгач баардык еврей урууларынын көп сандаган **кудайларынын бирине**, кийин жалпы еврейлердин жападан жалгыз кудайына айланат. Б. з. ч. 13-к-да еврейлер Палестинаны багынтып алгандан кийин Иудей дининин чордонуна айланган Яхве кудайынын урматына Иерусалим храмы курулган. И-дин өнүгүүсүндө (б. з. ч. 13–2-к-дар) төмөнкүдөй үч этапты айырмалоого болот: 1. **Библиялык этап – бул этапта иудейлердин *Танах*** деп аталган ыйык китеби калыптанган. Кийин иудаизмге таянуу м-н пайда болгон христианчылык Танахты эч өзгөрүүсүз кабыл алат да, аны ***Эски Осуят*** (Ветхий Завет) деп атайт. Танах төмөнкүдөй 3 негизги бөлүктөн ж-а 39 китептен турат: 1) ***Тора («Мыйзам»)* –** *ал христианчылыкта «Моисейдин беш китеби»* деп аталат да, кийин бул китептердин авторлугу Моисей пайгамбарына ыйгарылган. Торанын курамына 1) Болмуш (Бытие); 2) Чыгуу (Исход); 3) Левит; 4) Сандар (Числа) ж-а 5) Экинчи мыйзам (Второзаконие) китептери кирет. 2) ***«Пайгамбарлар»*** **–** буга Иисус Навиндин, Соттордун тарыхый китептери, б. з. ч. 6 – кылымга чейинки Палестинанын тарыхын чагылдырган Падышачылыктын 4 китеби (Самуилдин 2 китеби ж-а Падышалардын 2 китеби), Исайа, Иеремия, Иезекиил өңдүү «ири» пайгамбарлардын (христиандарда Даниилдин китептери да бул топко кошулат) ж-а он эки «кичи» пайгамбарлардын сүйлөгөн сөздөрүнүн жыйнактары кирет. 3) ***«Ыйык Жазуулар»*** аларга Псалмалар (гр. psalmoi – мактоо ырлары; ага Кудайды мактоо, ага сыйынуу, арыз-муң м-н кайрылуу, каргыш-баталардын ырлары, үйлөнүү үлпөтү м-н философиялык медитацияга арналган ырлар) же Псалтирь (Псалмалар же мактоо ырларынын китеби; бул китеп б. з. ч. 1000 жыл мурда падыша Давиддин учурунда түзүлгөн), Соломондун Притчалары, Ырлардын ырларындагы үйлөнүү лирикасынын жыйнагы, Санжыралардын 2 китеби, о. эле Езранын, Неемиянын, Руфанын, Есфиранын, Даниилдин, Экклесиастын китептери киргизилет. Танахты жазууда Байыркы Чыгыштын ар кандай элдеринин динин ишенимдери м-н түшүнүмдөрү, байыркы санжыралар, окуялар, уламыштар, мифтер, ырлар, притчалар ж. б. пайдаланылган. Танахта иудей кудайы ***Яхве*** тарабынан алты күндүн ичинде асмандын, күндүн, айдын, жылдыздардын, жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр дүйнөсүнүн, алгачкы адамдардын «жок нерседен» жаралгандыгы; кудай тарабынан жаратылып, Эдемде (жердеги бейиште) жашаган алгачкы адамдар Адам м-н Еванын жашоо-турмушу; алардын жасаган күнөөсү, б. а. турмуштун жашыруун сырын билүүгө далалаттангандыгы үчүн бейиштен куулушу; топон суу; Нук пайгамбардын кемеси ж. б. тууралуу сөз кылынат. Эски осуят болуп саналган Танахта диний ишенимдер, адеп-ахлак эрежелери, үгүт-насааттар ж-а ар бир иудей көздүн карегиндей сактоого тийиш болгон 10 насыят чагылдырылган. Өз маңызы б-ча Танах алгачкы жамаатта ж-а эрте кул элөөчүлүк

доорунда жашаган адамдардын, курчап турган дүйнө тууралуу көз караштарын, б. з. ч. еврейлердин тарыхын, кулк-мүнөзүн, турмуш-тиричилигин фантастикалуу ж-а бурмалаган формада чагылдырган диний китеп болуп саналат. 2. Талмуддук этап – бул мезгилде кул элөөчүлүк доордо жашаган еврейлердин диний түшүнүмдөрү өнүк-түрүлгөн. 70-ж. Иерусалим храмы римдиктер тарабынан талкаланып еврейлер диний чордонунан айрылып, Палестинадан куулуп салынган да, көрүнгөн мамлекеттерде диаспора (гр. diaspora – чачыранды; Палестинадан сырткары жашаган евреи жамааттары; азыркы илимий адабиятта диаспора деп өз өлкөсүнөн сырткары жашаган этникалык топтор аталат) түрүндө жашоого аргасыз болушкан. Чоочун элдин арасында, чоочун жерде жашаган еврейлер өз ара чогулушуп, *синагогаларда* (гр. sinagoga – жыйын, чогулуш; иудаизмдеги сыйынуу үйү ж-а динчилдердин жамааты) Тораны окуп, жаңы шарттарга ылайык анын маани-маңызын чечмелешкен. Торага берилген оозеки баяндамалар, түшүндүрмөлөр кагаз бетине түшүрүлүп, аталган жыйнак *Мишна* (“мыйзамдын кайталанышы”) деген аталышка ээ болгон. Кийинчерээк Мишнага да баяндамалар жазылып, алардын топтому *Гемара* (“толук түшүндүрмө”) деп аталган. Мишна м-н Гемаранын биригүүсү Талмуд (“окуп-үйрөнүү”) деп аталат. Талмудда динге ишенген иудейлердин турмуш-тирпчилиги ийне-жибине чейин ар кандай тескөөлөргө алынат. Талмудда кылмыш-жаза мыйзамдары, граждандык ж-а үй-бүлөлүк укуктар, адеп-ахлак нормалары, диний догмаларга берилген түшүндүрмөлөр, культтук иш-аракеттин эрежелери чагылдырылган. Башынан аягына чейин Талмуд кудайдын жазмышы, б. а. адамдын кудайдан толук бойдон көз карандылыгы тууралуу идеяларга жык толгон. 3. Реформациялоо этабы – бул мезгилде учурдагы шарттарга ылайыктап иудаизимди модернизациялоого болгон тенденциялар күч алат. Азыр иудаизмде көп сандаган агымдар м-н секталар бар. Иудаизм дининин негизин жалгыз кудай Яхвеге, еврей элинин «кудай тарабынан тандалгандыгына», же мессиянын (байыркы еврей тилинде машиах-кудайдын майланганы; кудай тарабынан өз бийлигин түбөлүк орнотуу үчүн жерге жиберилген куткаруучу)келишине, жандын өлбөстүгүнө, тиги дүйнөдөгү түбөлүк ж-а рахат жашоого, Танах м-н Талмуддун ыйыктыгына ишенүү түзөт. Иудейлердин пикири б-ча Яхве гана чыныгы кудай болуп саналат ж-а ага сыйынуу ар бир еврейдин ыйык парзы болуп эсептелет. Танахта Яхвенин душмандарын массалык түрдө өлтүрүү фактылары да сүрөттөлгөн. Бирок, Яхве – жалгыз кудай, ал дүйнөнү «жок нерседен» жараткан деген өзөктүү идеялар б. з. ч. 2-к-да гана пайда болгон. Буга чейин иудаизмде көп кудайларга ишенүү үстөмдүк кылган. Бүгүнкү күнгө чейин иудаизмде тотеизмдин (мисалы, чочконун, коендун, жылкынын этин жегенге болбойт), анимизмдин (тамак-ашка «дененин кандагы жаны» болуп саналган канды пайдаланууга тыюу салынат), фетишизмдин (Танахтан алынган үзүндүлөр, цитаталар сакталган кутуча болуп саналган филактерийлерге сыйынуу) саркындылары сакталып калган, «Кудай тарабынан тандалган» деп аталган догматка ылайык Яхве еврейлерди башка элдерге караганда артыкча жакшы көрүп, аларды башкалардан жогору койгон. Анын белгиси катары кудай еврейлер м-н келишим түзөт, ал эми еврейлер башкалардан айырмалоо максатында сүннөткө олтуруу ырымын кылышат. Яхве еврейлерди коргойт, ал эми еврейлер Яхвеге ишениши абзел. Иудейлер акыр заман күнү еврейлердин душмандарын жазалап, дүйнөдөгү жамандыкты жойгон мессиянын келишине ишенишет. Мессиянын келиши м-н дүйнөдө теңдик м-н адилеттик орнойт. Мессия еврей элине өзгөчө жыргалчылыктарды тартуулайт. Түркүн жер-жемиштер пайда болуп, оору- сыркоо, согуштар жоголот, еврейлер 1000 жылга чейин жашап, татыктуу дооран сүрүшөт. Иудейлер жандын өлбөстүгүнө ж-а тиги дүйнөгө ишенишет. Алар үчүн Танах (Эски Осуят) м-н Талмуд ыйык китептерден болуп саналышат. Израилде бул китептерге өзгөчө маани берилет: аларды мектептерде окутушат, радиодон уктурушат, алардын текстин жакшы билгендердин арасында конкурстар өткөрүлөт. И-деги культ көп сандаган ырым-жырымдардан, сыйынуулардан, майрамдардан куралат. Ыйык китептердеги 365 тыюу салуу ж-а 248 диний буйрук иудейдин болгон иштерин, жасаган аракетин ж-а ойлогон оюн тескеп турат. Динге ишенген катардагы еврейлер аларды аткаруу мындай турсун, алардын аталыштарын да эстеп жүрө албайт. Ошондуктан ал дайыма Яхвенин алдында күнөөлүү. Диний жамааттын 10 дон кем эмес мүчөлөрүнүн катышуусу м-н динчил иудей күн сайын үч маал кудайга сыйынып (Яхве кудайына арыз-муң, өтүнүчтөр м-н кайрылуу) ж-а жеген тамагы, ичкен суусу, уйкусу ж. б. үчүн Яхве кудайын мактап туруга тийиш. Иудейлер орозо кармашат, жаңы төрөлгөн эркек балдарды сегизинчи күнү сүннөткө олтургузушат. 1948-ж. Израиль мамлекети түзүлгөн соң, И. анын расмий динине айланган.

**ИШЕНДИРҮҮ** (Внушение) – окууга ж. б. коомдук пайдалуу иштерге үйрөтүү ж-а терс жүрүм-турумдан сактоо максатында жүргүзүлүүчү тарбия ыкмасы. И. балдарга, чоңдорго, иш аракетине аң сезимдүү кароого, алардын коомдук маанисин туура түшүнүүгө жардам берет. И. түшүндүрүү аркылуу жүргүзүлөт, бирок угуучу түшүндүрүүнүн далилдерине ынангандай болушу зарыл. И. белгилүү шарттарда башка педагогикалык тарбия берүү ыкмалары м-н туура айкалыштырып колдоно билгенде гана таасирдүү болот.

**ИШЕНИМДҮҮЛҮК** (достоверность) – билимди, бүшүркөөнү жокко чыгарган нукура чындык катары мүнөздөгөн түшүнүк; адамдын чындыкты таанып билүү формасы. И-түн негизги эки түшүнүгү бар: аң сезимдин тигил же бул мазмундарынын күмөнсүздүгү ж-а чындыктын логикалык жактан негизделген сапаты

катары. Биринчиси – чындык ж-дөгү түшүнүккө «акылдын жарыгы» аркылуу келип, чындыкты далилдердин ж-а символдордун жардамы м-н эмес, тикеден тике, бетме-бет келип таанып билсе, экинчиси – дедуктивдүү теориялардын өзгөчө далилдүүлүгү м-н таанып билет. Анын үлгүсү катары кылымдар бою математикалык теориялар колдонулуп келет.

**ИШМЕРДҮҮЛҮК** – адам коомунун жашоо формасы; курчап турган дүйнөнү өзгөртүү ж-а өзүн өзү өзгөртүп түзүү максатын көздөгөн субъекттин активдүүлүгүнүн көрүнү-шү. И. аң-сезимдүү мүнөзгө ээ; ал коюлган максаттан, пайдаланылган каражаттардан, алынган натыйжадан ж-а процесстин өзүнөн турат. Философияда И. принциби антикалык ойчулдар тарабынан эле иштелип чыккан. Албетте, ал өз дооруна ж-а аны иштеп чыккан философтордун көз караштарынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык өзгөчөлүү мүнөзгө ээ болгон. Мис., адамдагы И-түн башаты катары Платон материалдуу ж-а идеалистүү уюткулардан реалдуу дүйнөнү жараткан Демиург (кара: Демиург) түшүндүрүлгөн. Кайра жаралуу доорунун философтору И. ж-а анын натыйжалары деп адамдын маңыздуу күчү м-н жөндөмдүүлүктөрүн аташкан. И. принциби классикалык немец философиясында кеңири өнүктүрүлгөн. Марксисттик философия коом м-н таанымдын жашоосунун ж-а өнүгүүсүнүн негизи катары практика түшүнүгүн атоо м-н И-кө карата жаңыча көз карашты сунуш кылган. И-түн түрү көп. Анын негиздүүлөрү болуп төмөнкүлөр эсептелишет: 1) материалдуу практикалык И. (жаратылыш м-н коомду өзгөртүп түзүү), 2) идеалистүү рухий И. (таанымды, анын ичинде илимди, көркөм чыгармачылыкты, адеп-ахлак эрежелерин өнүктүрүү). Ишмердүүлүк субъектилери б-ча социалдык (топтук) ж-а индивидуалдуу (жекече) түрдө болушу мүмкүн. Өзгөртүп түзүүнүн мүнөзү б-ча И-түн репродуктивдүү (кайрадан түзүү) ж-а продуктивдүү (жаңыны жаратуу) деп аталган эки тибин айырмалоого болот. И. өзү үчүн зор мааниге ээ белгилүү бир табигый же социалдык системалардын шарттарында жүрөт. И. принциби илимий таанып билүүдө (психологияда, педагогикада, лингвистикада ж. б.) кеңири пайдаланылган И. жобосунун (деятельностный подход) негизинде жатат.

**ЙЕИА ИЙРИМИ** (Йенский кружок) – А. В. ж-а Ф. Шлегелдер, Новалис, И. Г. Фихте, Ф. В. Шеллинг, Ф. Шлейермахер, Л. Тик өңдүү Йена шаарында (айрымдары Берлинде) жашаган немец романтик философтору тарабынан 1798–1801-жылдары ишмердүүлүк жүргүзгөн ийрим. Аталган түзүү, искусство, философия, илим ж-а дин телегейи тегиз мүнөздө жуурулушкан универсалдуу жаңы маданияттын идеалын жаратуу, өтө жалпы символизмдин, романтикалуу иронияныn ж. б. идеалары сыяктуу эрте романтизмдин философиялык-эстетикалык теориясын иштеп чыгышкан.

**ЙОГА** (санкриптчеден «чыңалуу», «терең ой жүгүртүү», «таанып билүү», «ой топтоо») – бул мектеп б. з. ч. 2-к-да жашаган индиялык акылман **Патанджали** тарабынан негизделген. Бул мектеп *санкхья* окуусунун таанып – билүү теориясы м-н онтологиясын тең бөлүшөт. Анткени, йога да, санкхья сыяктуу эле дүйнө пракрити (материя) ж-а пуруша (идея) өңдүү эки башаттан турат деп ырастаган дуалисттик окуу. Бирок, ошондой болсо да, йога азаптан арылуунун тажрыйбалык ыкмаларын иштеп чыккандыгы м-н өзгөчөлөнүп турат. Й. окуусу адамдагы материалдык ыплас нерселерди жок кылууга ж-а аны андай ыпластыктан оолактатууга далалаттанат. Бул окуу б-ча адамдын аң-сезими гуналардан (касиеттер) көз каранды. Тамас ж-а раджас өңдүү пас гуналардын үстөмдүк кылышы чексиз азаптардын болушун шарттайт. Й-да азаптардын төмөнкүдөй беш түрү айырмаланат: 1) **авидья** –материалдуулуктун ыплас дүйнөсүн ыйыктык, оомалуу-төкмөлүүлүктү түбөлүктүк, жагымсызды жагымдуу, пастыкты бийиктик катары кабыл алуу м-н байланышкан билбестиктен жаралган азап; 2) **асмита** – адам өзүн кудайга теңөө м-н байланышкан азап; 3) **рага** – адамдын ыплас, пас дене кумарларына кумтулуусу м-н байланышкан азап; 4) **двеша** –азаптан, оору-сыркоодон коркуу м-н байланышкан азап; 5) **абхинивеша** – өлүмдөн коркуу м-н байланышкан азап. Бул азаптардан кутулуу үчүн адам өзүн чыдамкайлыкка тажрыйбалык машыгунун төмөнкүдөй негизги сегиз удаалаш тепкичин басып өтүүсү абзел: **Яма** (каалоорду ооздуктоо): а) тирүү жандыктарга, башка бирөөнүн өмүрүнө зыян келтирип, алардын убалына калбоо (ахимса); б) жалган сөз сүйлөбөө; в) уурулук кылбоо; г) сезим рахаттары м-н кумарларынан алыс болуу; д) белек албоо. **Ниямa** (сабырдуулук, токтоолук, чектен чыкпоо): а) жакшы адаттарды көнүмүшкө айландыруу; б) денени суу, жанды (акылды) кудай тууралуу жакшы ойлор ж-а оң эмоциялар м-н тазалоо (булардын ичинен адамдарга жакшы мамиле кылууга өзгөчө көңүл бурулат); в) дене азаптарына көнүү. Негизи ниямa дене м-н жан дүйнө сергектигинин этикалык маданияты болуп саналат. **Асана** (денени машыктыруу) – денени ж-а жан дүйнөнү ар кандай татаалдыктагы, позалар (алардын саны 80 ге жакын) м-н жакшыртуу, ой жүгүртүүгө ыңгайлуу болгон абалдарга денени көндүрүү. Бул позалар татаалдыгы, узактыгы м-н айырмалангандыктан, адистин жетекчилиги астында гана

жасоо талапка ылайык. **Пранаяма** (дем алууну жөнгө салуу) – мында комментарий талап кылынбайт. Айрым йогдор ой жүгүртүү ыңгайлуу болсун үчүн нормалдуу дем алууну жайлатып, үстүртөн дем алып же кандайдыр бир мезгилге чейин аны токтото алышат. **Пратьяхара** (сезимдерди жөнгө салуу) – мында сезимдер объекттерден ажыратылышат да, адам эч нерсе көрбөгөн, укпаган абалга жетет. **Дхарана** (көңүл буруу) – мында көңүл кандайдыр бир объектке топтолот (мисалы, адам болгон көңүлүн өз киндигине, мурдунун учуна, айга ж. б. бурат). **Дхьяна** ( ой жүгүртүү) – мында көңүлдү объектилүү ой жүгүртүү. **Самадхи** (ой топтоо) – мында предметке көңүл гана бурулбастан, аң-сезим ошол предмет м-н жуурулушуп кетет. Ой жүгүртүүнүн эң маанилүү предмети болуп Кудай эсептелет. Кудай – эч кемтиксиз, түбөлүктүү, баарына сүңгүп кире алган, баардыгын билген кудурети күчтүү жандык. Йога окуусу б-ча өз алдынча жашаган пракрити м-н пуруша бири бирине бириге албайт. Аларды кудай гана бириктирет. Адамдын денеси м-н жанынын биригиши адриштадан (пешенеге жазылган тагдыр), б. а. адамдын адеп-ахлагынан көз каранды. Адамдын жаны материалдуу дүйнө м-н убактылуу гана кошулгандыктан, ал өз денесин гана «мен» деп туура эмес түшүнөт. Чыныгы «мен» болуп анын өлбөс-өчпөс, жамандык м-н азаптан, өлүм м-н материалдуу дүйнөдөн сырткары жашаган жаны саналат. Кудайга карата «ой топтоо» ж-а «ой жүгүртүү» адамды тазартып, кудайга жакындаштырат.

**ЙОГАЧАРАЛАР** (йогачары) (виджнянавада) – түндүк буддизми болуп саналган махаянадагы диний-философиялык мектептин өкүлдөрү. Мектептин негизги идеялары 2-к-дын ортосунда «Сандхинирмочанастура» деп аталган эмгекте пайда боло баштайт. Й. окуусу индиялык ойчул Асанга (4–5-к-дар) тарабынан «Йогачарьябхуми», «Махаянасампариграха» ж-а «Абхидхармасамуччая» деп аталган эмгектерде иштелип чыккан. Асанганын бир туугуны философ Васубандху мектептин негизги жоболорун өзүнүн «вьякхьяюкти», «Вимшика» ж-а «Тримшика» деп аталган эмгектеринде системалаштырган. Йогачарлардын арасынан виджнянавадиндер чыккан. Виджнянавадиндердин буддалык логиканын негиздөөчүсү Дигнага (5-к.) ж-а Дхармакирти (6-к-дын аягы) тарабынан иштелип чыккан логикасы Асанга м-н Васубандхунун «философиялык» багытынан бир кыйла айырмаланган. Дхармакирти тарабынан иштелип чыккан буддалык логика кеңири таралып, тибет ж-а монгол тилдеринде жазылган көп сандаган илимий адабияттардын жаралышына өбөлгө болгон. Кытайда Й. окуусу Парамартхи (546) ж-а Сюань-чжуан (650) сыяктуу илимпоздордун котормолору аркылуу белгилүү болгон. Й. аң-сезимдин түркөйлүгүн баса белгилешкен ж-а сырткы дүйнөнүн реалдуулугун четке кагышкан. Болмуштун элементтери болуп саналган дхармалар өз алдынча жашай алышпайт ж-а аң-сезимдин ишмердигинин натыйжасы болуп саналат. «Философиялык» багыттагы йогачарлар «аң-сезим берметтери», б. а. индивиддин өткөн турмушун чагылдырган аң-сезимдин керемет касиеттери тууралуу окууну иштеп чыгышкан. Й. окуусуна ылайык реалдуулуктун төмөнкүдөй үч түрү жашайт: 1) элес (кыял), 2) учурдагы чындыкты чагылдырган аң-сезим, 3) материалдуу дүйнөдөн бөлөк жашаган абсолюттуу аң-сезим. Башка буддалык окуулар сыяктуу эле абсолюттуу аң-сезимди таанып-билүүнүн каражаты катары йогалык билимдерди атаган (кара: *Йога*).

**ЙОДЛЬ** Фридрих (1849–1914) – австриялык философ, Фейербахтын антропологизмине позитивдүү баа берүү м-н анын жолун улаган. Прага (1885), Нема (1895) университеттеринин профессору. Идеализмди, өзгөчө платонизмди, кантианчылыкты ж-а махизмди сынга алган да, идеализмге «физикалык чындыкты» сын көз караш м-н окуп-үйрөнүүгө багыт алган «реализмди» каршы койгон (караныз: «Идеализмди сынга алуу» – Kritik des ideallsmus», 1920-жылы автордун көзү өткөндөн кийин жарык көргөн). Й-дун пикири б-ча ой жүгүртүү «дүйнөнү жаратпайт, болгону эле аны «табат» ж-а «чагылдырат». Бирок, объективдүү дүйнөнүн аң-сезимден көз каранды болбой жашагандыгын баса белгилөө м-н Й. анын негизинде дүйнөнүн мүмкүндүгү болуп саналган акыл-эс жатат деп көрсөткөн. Й-дун окуусунда жаратылыш кудай эмес, дүйнө кудай тарабынан жаратылган эмес, бирок, кудай жаратылыштын түпкүрүнөн суурулуп чыгып, адамдардын жүрөгүнөн, алардын рухий дүйнө-сүнөн орун алуу м-н сүйүүнү жаратат. Ошол себептен Й. төмөнкүдөй мазмундагы «жаңы динди» негиздөөгө далалаттанган: кудай жаратылышта же андан сырткары жерде, асманда же Теңир дүйнөсүндө эмес, адамзаттын идеалдуу дүйнө-сүндө жашайт. Этикада Йодль «адамзаттын динин» жактаган, б. а. жалпы, өзгөргүс же тубаса мүнөз-дөгү моралдык нормалар жок, ошол себептен моралдын негиздерин офиңиалдуу динден издөөнүн кажети жок (“Geschichte der Ethik in der neueren Phllosophie”, Bd 1–2, 1882–89, орусча басылмасы «История новой этики в новой философии», т. 1–2, (1896–98). Буржуазиялык реформаларды жактоо м-н динге каршы жүргүзүлгөн бир катар кыймылдарга катышкан, клерикалдар тарабынан сынга алынган. Болин м-н бирдикте Фейербахтын чыгармаларын басып чыгарган.

**КААДА-САЛТ** – кандайдыр бир жагдайлардагы адамдардын жүрүм-турумунун кайталанган, адатка айланган ыкмалары. К.-с-ка эмгектеги жалпы кабыл алынган ыктар, берилген коомдо кеңири жайылган адамдардын тиричиликтери ж-а үй-бүлөдөгү өз ара алакалашуусунун формалары, дипломатиялык ж-а диний ырым-жырымдар, о. эле уруунун, таптын, элдин турмуш-тиричилигинин өзгөчөлүктөрүн чагылдырган кайталануучу иш-аракеттер кирет. К.-с-та коомдун кулк-мүнөзү да чагылат. К.-с. тарыхый калыптанат. Анын пайда болушуна ж-а мүнөзүнө элдин тарыхынын, чарбасынын, табигый климаттык шарттардын, адамдардын социалдык абалынын, диний көз караштарынын ж. б. өзгөчөлүктөрү таасир берет. К.-с. коомдук мүнөзгө ээ ж-а адамдардын жүрүм-турумуна таасир берет. Ошондуктан алар моралдык жактан бааланышат.
**КАБАНИС** Пьер Жан Жорж (1757–1808) – француз философ-материалисти ж-а врач. Жирондисттерге жакын болгон ж-а алар м-н бирдикте 18-брюмердеги контрреволюциячыл төңкөрүшкө катышкан. Декарттын физикасын колдонгон ж-а «картезиандык материализмди» иштеп чыккан француздук материалист философторунун мектебинин өкүлү болгон. Материя м-н адам психикасынын айкалышы тууралуу маселени материалисттик маанайда чечүү м-н К. аталган проблеманы чечүүдөгү бир катар механикалык жөнөкөйлөштүрүүлөргө жол берген ж-а ой жүгүртүү материянын физиологиялык продуктысы болуп эсептелет деген пикирде болгон. Ошондой эле ал секрециялар ашказан безинин,боордун же кулак түбүндөгү бездердин продуктысы болгон сыяктуу ой жүгүртүү да мээнин ошол сыяктуу продуктысы болуп эсептелет деген. Мындай аналогия К-ти вульгардуу материализмдин алгачкы өкүлдөрүнүн бири катары эсептөөгө негиз болот. 18-к-дын аягындагы илим дагы да болсо физикалык м-н психикалык биримдиги тууралуу маселени диалектикалык мүнөздө чечүүгө мүмкүндүгү жок болгондуктан, Кабанисти вульгардуу материализмге киргизүүгө каршы экендиктерин билдиришет. “Rapports du physique et du moral de l”homme” (1802) деп аталган чыгармасында Кабанис кыймылды материянын ажырагыс касиети катары караган (кара: «*Отношение между физическою и нравственною природою человека*», т. 1, СПБ, 1865, с. 219) Ал асман телолору м-н жаныбарлар дүйнөсүнүн эволюциясы тууралуу идея м-н жакшы тааныш болгон; о. эле Кабанис адам баласы өз башынан өткөргөн « сансыз түр өзгөртүүлөр» ж-а «өтө маанилүү өзгөрүүлөр» тууралуу пикирдин автору болгон («Отношение между физическою и нравственною приодою человека», т. 2, СПБ, 1866, с. 245). К-тин материализми ж-а атеизми андан мурда жашаган 18-кылымдагы француз материалисттеринин улуу муунундун өкүлдөрүнө караганда удаалаш ж-а курч мүнөздө болгон эмес. К-тин материализмден четтеген айрым учурлары (кандайдыр бир ички сезимталдыктын болушу ж-а агностикалык идеялар) кийин буржуазиялык тарых илими тарабынан К-тин материализмин ж-а атеизм философиясын жаңылыш четке кагууга түрткү Берген ( кара: мис., “*La Grande Encyclopedie*”, t. 8 P., 573–75) Дестоют де Траси м-н бирдикте К-тин ишмердүүлүгү медицина м-н физиологиянын өнүгүшүнө зор таасир берген. Анын окуусунун таасири астында 18-к-дагы америкалык врач материалисттер (Купер, Реш, Бьюкекнен) өз көз караштарын өнүктү-рүшкөн.
**КАББАЛА** (байыркы еврей тилинен сөзмө-сөз «мурас» деп которулат ) – еврейлердин чыгыш мифологиясы м-н эллинисттик идеялардын жуурулушуна куралган фантастикалуу, жашыруун окуусу. К. 2-к-да пайда болуп, гностицизмдин, аралашмасынан куралган . К-нын негизги чыгармасы «Жаркыроо» («Сияние», “Zohar”, Bd 1–3, 1558-60) Симон бар Йохай тарабынан арамей тилинде жазылып, испандык еврей Моисей де Леон тарабынан 13-кылымдын аягында басылып чыккан. «Жаратуу китеби» («Sefer Yezirah») деп аталган дагы бир чыгарма 6–7-к-дарда еврей тилинде жазылган. «Жаркыроо» китебинде Библияны аллегориялуу (каймана түрүндө) чечмелөө (жоруу) аркылуу мистикалуу пантеисттик окуу чагылдырылган. Бул китепте жаратуу түшүнүгү эманация түшүнүгү м-н алмаштырылган. К-нын өзөгүн түзгөн окуу болуп «Энсоф» (чексиздик) саналат. К-га ылайык «Энсоф» эч кандай аныктамага ээ эмес, анткени, каалагандай аныктама чектүү мааниге ээ; Энсофко сөз да, акыл да, эрк да мүнөздүү эмес. «Энсоф» дүйнөдөн сырткары жашабайт: ал дүйнөнүн субстанциясы, иманенттүү (ички) себеби, активдүү ж-а пассивдүү башаты болуп саналат. Дүйнөдөгү жеке нерселер м-н кубулуштар «Энсофтун» болмушунун айрым көрүнүштөрү болуп саналат. К. еврей ж-а айрым христиан ойчулдарына зор таасир берген. 15-к-да анын айрым идеаларын Пико дела Мирандола, Рейхлин ж. б. өнүктүрүшкөн. Өз өнүгүүсүнүн соңку мезгилинде К. магияга, сыйкырчылыкка, «ыйык тексттерди» символду чечмелөөгө айланып кеткен. Өзгөчө «ыйык тексттердин» ар бир сөзүнө ж-а цифрасына мистикалык мани берүү көп байкалат. Ошол себептен көп учурда «каббалистика» термини оккультизмдин ж-а спиритизмдин бир түрү дегенди түшүндүрөт.
**КАБЫЛДОО** (Восприятие) – адамга таандык сезим органдарына таасир тийгизип турган обьективдүү дүйнөнүн тышкы структуралык мүнөздөмөлөрүнүн сезимдик образы. Таануу процессинде К. төмөнкү

функцияларды аткарат: 1) тышкы дүйнөнүн предметтерине ж-а процесстерине тийиштүү айрым мамилелерди чагылдырат; 2) курчап турган нерселерден бүтүн предметти бөлүп, анын формасын, көлөмүн, мейкиндиктеги абалын, сырткы фактурасын сүрөттөп элестетүүгө мүмкүнчүлүк берет; 3) эгер байкалбаган предметтин касиети кабылдоо ж-а ушул касиеттердин байланышы мурунтадан белгилүү болсо, байкалбаган предметтердин касиетинин белгиси боло алат; 4) кабылданган кандайдыр бир катнаштары окшош, башка байкалбаган предметтердин модели катары боло алат; 5) татаал элестетүүлөрдүн түзүлүүсүнө негиз боло алат. Кабылдоонун субстраты болуп, мейкиндикте ж-а убакытта үзгүлтүксүз комплексти түзгөн туюм эсептелет.

**КАЗУАЛДУУЛУК** (Казуальность) (лат. casus – кокустук) – кокустук тууралуу окуу. Аталган окуу дүйнөдө кокустук үстөмдүк кылат деген Эпикур, Лукреций Кар ж. б. философтор тарабынан өнүктүрүлгөн.

**КАЗУАЛДЫК АТРИБУЦИЯ** (лат. causa – себеп, attribuo – болуп берем, белгилейм) – Башка адамдын кыймыл-аракетинин себептерин инсандык ич-ара кабыл алуусунун субъектин интерпретациялоосу. К. а. 1) адамдар бири-бирин таанып жатып сырткы көрүнүшүнө, жүрүм-турумуна гана көңүл бөлбөстөн, ал кишинин журум-турумунун себептерине да көңүл бурушат; 2) адам ж-дөгү биринчи байкоодогу алынган маалымат аз болгондуктан байкоочу адамдын жүрүм-турумунун негизги себептерин табат ж-а аны таанышып жаткан субъектисине жабыштырат; 3) бул себептүү интерпретация байкоочунун кыймыл-аракетине чоң таасир тийгизет.

**КАЗУАЛДЫК ИМИЛИКАЦИЯ** (лат. causalis, causa – себептүү) – шарттуу сөздөрдөгү каузалдуу (себептүү) байланыштарды чагылдыруу үчүн киргизилген импликациялардын бир түрү. Шарттуу сөздөрдү кароодо анын көп учурда себептүү көз карандылыгын чагылдырган антецеденти менен консеквентинин (кара, *Консеквент ж-а антецент*) ортосундагы маанилердин байланышына көңүл буруууга аргасыз болобуз. Ошондуктан, шарттуу сөздөрдө туюнтулган каузалдуу байланыштын формализациясы кандайдыр бир деңгээлде маани б-ча байланыштын формализациясы да болуп эсептелет. Казуалдуу байланыштын формализациясынын Боркс тарабынан сунуш кылынган ыкмаларынын бири предикаттарга жаңы логикалык операцияны – каузалдык импликацияны аныктаган аксиоманын эсебин бириктирүүнү шарттайт. Ушундай жол м-н алынган каузалдык импликациянын эсеби үчүн (А^В) Й (АЙВ) формуласы үчүн туура, бирок, (АЙВ) Й (А^В) формуласы үчүн туура эмес (мында ^ белгиси каузалдык импликацияны, ал эми Й – материалдуу импликацияны түшүндүрөт); бул болсо “эгер ..., анда” деген союз каузалдык импликациянын маанисинде түшүнүлгөн кандайдыр бир шарттуу сөздүн чындыгынан бул союз материалдык импликациянын маанисинде түшүнүлгөн сөздүн чындыгын алууга болот дегенди билдирет; тескерисинче болушу мүмкүн эмес: материалдуу импликацияга ээ сөздүн чындыгынан материалдуу импликация каузалдык импликация м-н алмаштырылган сөздүн чындыгын алууга болбойт. Андан сырткары каузалдуу импликациянын эсебинде (А~В) Й (А^В) формуласы туура ж-а (А^В) Й (А~В) формуласы туура эмес (мында ~ белгиси К. И. Льюистин так импликациясын түшүндүрөт, б. а. К. И. Льюистин так импликацияга ээ сөзүнөн каузалдык импликацияга ээ сөз алынат, бирок, каузалдык импликацияга ээ сөздөн каузалдык импликация К. И. Льюистин так импликациясы м-н алмаштырылган сөз алынбайт. Каузалдык импликация эсебинде логикалык модалдуулуктарга окшоштуруп каузалдуу модалдуулуктарды (каузалдуу мүмкүндүктөр, мүмкүндүк эместиктер, зарылдыктар) чагылдырууга болот. Аларда каузалдуу импликациянын парадоксу деп аталган нерселердин болушу да мүмкүн: каузалдуулук жактан мүмкүн болбогон сөздөрдөн каузалдуу түрдө каалагандай сөздөрдү алууга болот, ал эми ал эми каузалдуу зарыл сөз каалагандай эле сөздөн алынат. Материалдуу импликациянын парадокстору м-н К. И. Льюистин так импликациясынын парадоксторуна окшош мүнөздөгү каузалдык импликациянын парадокстору каузалдуу импликациялар түшүнүгү табигый тилдин шарттуу сүйлөмдөрүндө кездешкен себептүү байланышты толук чагылдырбаарын көрсөтөт. Каузалдуу байланыштын формализациясындагы башка багыт болуп мыйзамдарды чагылдырган сөздөрдүн теориясы эсептелет (кара: *Номологиялык создор*). Логикада себептүү байланыштардын анализи контрфактылык сүйлөмдөрдү талдоого байланыштуу жүргүзүлөт.

**КАЗУИСТИКА** (лат. casus |conscien-tiae| – белгилүү окуялар) – мораль тууралуу илимдин белгилүү бир шарт-тарда ж-а окуялардын учурунда жүрүм-турумдун мүнөзүн аныктаган бөлүгү. К. стоиктер, талмудисттер, схоласттар ж-а иезуиттер тарабынан иштелип чыккан. Юриспруденцияда К. деп айрым окуяларды анын спецификасы м-н байланыштырып кароого мүмкүндүк берген мыйзамды издеп табуу аталат.

**КАЙРА ЖАРАЛУУ** (Ренессанс) – Батыш ж-а Борбордук Европа өлкөлөрүнүн жалпы маданий өнү-гүшүндөгү өз алдынча доор; Орто кылым маданиятынан жаңы заман маданиятына жол салган өткөөл мезгил. Бул доор болжол м-н Италияда 14–16-к. Европанын башка өлкө-лөрүндө 15-к-дын аягы 16-к-дарда өкүм сүргөн. К. ж. маданиятынын хронологиялык чеги, таралыш аймагы, өнүгүш деңгээли, региондук же улуттук айырмачылыктары ж-дөгү маселе өтө татаал. К. ж-нун белгилери Азия өлкөлөрүнүн орто кылымдагы

маданиятынан да табышып, ал доорду бүткүл дүйнөлүк тарыхый маанидеги көрүнүш деп каралууда. Ренессанс маданиятында антифеодалдык күрөш, диний үстөмдүккө каршы күрөш м-н айкалышып, белгилүү даражада демократтык мүнөздө болуп, прогрессчил роль ойногон. К. ж. маданиятынын негизги мазмунун гуманизм түзүп, коом, тарых, мамлекет, укук, дин тууралуу жаңыча көз караштар пайда болгон.

**КАЙРА ЖАРАЛУУ ДООРУНДАГЫ ГУМАНИЗМ** 15–16-к-да Италияда (айрыкча Флоренцияда) чыккан маданий кыймыл, аны Ф. Петрарк баштаган; 15-к-да Германияга, Францияга, жарым жарты Англияга ж. б. өлкөлөргө өткөн. Гуманизм ж-а Кайра жаралуунун чыгышынын тарыхый себеби адепки буржуазиялык доордун убагында шаарлардын, экономикалык ж-а социалдык өнүгүп-өсүшү, жаңы адамдын пайда болушу, өзүн-өзү аң-сезимдүү бекемдөөгө, тарбияга муктаждык болгон. Италиялык гуманисттер өздөрүн «даанышман же оратор» деп эсептешип, адамды өнүктүргөн ж-а көркүнө чыгарган багыттагы сабактарды өткөрүшкөн. К. ж. гуманизм түшүнүгүн талдоо илим жаатында башталган. Социалдык топтор, белгилүү бир коомдун чегинде жалпы кызыкчылыгы, жүрүм-турум нормасы б-ча түзүлгөн адамдардын туруктуу жыйындысы. Ар бир топтордо адамдардын өз ара ж-а коом м-н өзүнчөлүк карым-катышы болот. Гоббс өзүнүн «Левиан» деген китебинде топтор түшүнүгүнө так аныктама берген. Бул термин бара-бара экономикалык ж-а саясий мүнөздөмөлөр үчүн да колдонула баштаган. Социалдык топтор чоң, орточо ж-а кичине болуп бөлүнөт. Чоң социалдык топторго: таптар, социалдык катмарлар, кесиптик топтор, этностук жалпылык (улут, эл, уруу), жаш курагы б-ча топтор (жаштар, пенсионерлер) ж. б. Кичине топторго ар түрлүү топтор –үй-бүлө, өндүрүш ячейкалары, коңшулук бирикмелер, достор компаниясы, мектептик класстар ж. б. кирет. Ар түрдүү социалдык топтор бекем иерархияны түзбөйт, бирок бир-бирине таасир берет.

**КАЙРА ЖАРАТУУ** (Воспроизведение) – мурда кабыл алынган ж-а бекемделген материалдын актуализациялануу процесси. Кайра жаратуу эрктүү ж-а эрксиз формада өтөт. Эрктүү кайра жаратуу субьект өзүнө өзү койгон же башка адамдар тараптан коюлган репродуктивдүү тапшырманын негизинде чакырылат. Таануу сыяктуу эле кайра жаратуу эске тутуунун же жаттоонун эффективдүүлүгү үчүн методикалык жолдомо катары колдонулат. Кайра жаратуунун мотивациясы канчалык жогору болсо, кетирилген каталар ошончолук аз болот. Эрксиз кайра жаратуу атайын тапшырма берилбеген кырдаалда байкалат, ж-а ал тигил же бул кырдаалды же обьектти кабылдоонун же учурда аткарылып жаткан ишмердүүлүктүн (китеп окуу, кино көрүү ж. б.) таасири алдында пайда болот.

**КАЙРЫЛУУ** – 1) тил илиминде К. деп кеп болуп жаткан адамды же нерсени атоо үчүн колдонулган сөз же сөз айкашы. К. өз алдынча же грамматикалык жактан байланышпастан туруп сүйлөмдүн курамында пайдаланылышы мүмкүн. 2) Психологияда К. деп көңүл бурган нерсеге карай баштын бурулушу аталат. Нерседен чагылган жарык көзгө чагылат.

**КАЙРЫМДУУ,** и з г и л и к (добродетель) – адамдын аң сезимдүү түрдө ж-а дайыма жакшылык кылууга даярдыгы м-н жөндөмдүүлүгүн мүнөздөөчү фундаменталдуу моралдык түшүнүк; адамдык идеалды анын адеп-ахлактык жактан жетилгендиги м-н ырастоочу инсандык ички касиеттердин жыйындысы. К-луктун конкреттүү теорияларынын ичинен айрыкча маанилүүсү, Аристотель м-н Канттын теориясы эсептелет. Аристотель К-лукту бакыт м-н байланыштырат да, аны бакытка жеткирчү жол ж-а бакыттын өзүнүн негизги бөлүгү деп эсептейт. К-лукту ички жан дүйнөнүн эң жакшы, телегейи тегиз түшкөн абалы деп эсептеп, Аристотель ал абалды жан дүйнөнүн пас-аффективдүү бөлүгү анын акыл-эстүү бөлүгүнүн көрсөтмөлөрүн аткаргандыгынан көрөт. Жыйынтыгында дал орто жерин тапкандык болуп чыгат. Кант б-ча К-лукту дал орто жери катары аныктоого болбойт, К. м-н кайрымсыздыктын ортосунда айрымачылыктын табияты өзгөчө сапатка ээ. Кант К-луктун бакыт м-н байланышын үзүп, аны милдетке баш ийдирет. Аристотель үчүн мораль инсандын моралдык жактан айрыкча таза (К.) формасында көрүнөт. Кант үчүн мораль абсолюттук мыйзамга дал келет. Сократтан Платонго чейин К-луктун кардиналдуу төрт түрүн бөлүштүрүү салты уланып келет: акылмандык, сабырдуулук, адилеттик, эрдик. Аристотель К-луктун аймагын кеңейтип, ага токтоолукту, марттыкты, абийирдүүлүктү, достукка бекемдикти, кичи пейилдикти ж-а чынчылдыкты кошкон. Схоластикалык этикада К-луктун катары теологиялык түшүнүктөр: ишеним, үмүт ж-а сүйүү м-н толукталган. Улам кийинки мезгилде эмгекчилдик, сарамжалдуулук, тырышчаак, акыйкаттуулук ж. б. сапаттар кошулду.

**КАЙТАЛАМА** (тавтология гр. tauto – ошонун эле өзү; кайталама) – бир маанини тактап айтпастан, анын ашыкча, керексиз эле кайталап айта берүү ж-а да бир маанини зарыл керектүү тактап кайталоо болуп саналат. Зарыл кайталоонун негизинен эки түрү бар: 1) математикалык логикада – бирдей окшоштук-аныктык айтуулар; 2) салттык логикада – аныктоочу аныкталуучудагы ойду башка сөз м-н жөнөкөй кайталаган түшүндүрмө (логикалык аксиома).

**КАКЕЕВ** Аскар (1935-ж. т., Чүй обл., Чүй р-ну, Кегети айылы) – философия илимд. доктору (1991), проф., (1992). Кырг-н УИАнын академиги (1993). 1958-ж. Кыргыз мамл. университетинин биология факультетин бүтүргөн. 1958–60-ж. Кыргызстандын ички иштер министрлигинин архив фондусунда микрофотокөчүрмө

лабораториясында улук илимий кызматкер болуп иштеген. 1960–63-ж. Кыргызстан ИАнын Философия ж-а укук ин-тунун аспиранты, 1963-жылдан ошол эле ин-тта улук ил. кызматкер, 1968-жылдан Кыргыз мамл. айыл чарба ин-тунда философия кафедрасынын башчысы. 1980-жылдан ушул эле ин-тта партия комитетинин катчысы, 1984–88-ж. Кыргызстан Компартия БКнын илим ж-а окуу жайлар бөлүмүнүн башчысына басар. 1989-жылдан Кыргызстан ИАнын Философия ж-а укук ин-тунун (1992-жылдан Философия ин-ту) директору. 1992-жылдан декабрынан Кыргыз Респ-нын президенттик аппаратынын жетекчиси – мамл. катчы. 1993-жылдан Кыргыз Респ-нын элге билим берүү министри. 2000-жылдан КУУнун ректору, Кыргыз Респ-нын Президентинин кеңешчиси. К-дин илимий иштери кыргыз элинин философиялык ой-пикир, тарыхын изилдөөгө арналган. 40тан ашуун илимий эмгектери (а. и. 5 монография) бар. "Ардак Белгиси" ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Кыргыз Респ-нын элге билим берүүсүнүн отличниги.

**КАЛАМ** (арабчадан «сөз») – мусулмандардын спекулятивдик догматикасы, арабдардын алгачкы философиялык окуусу. К. Курандын диний догматтарын логиканын ж-а сөздүн жардамы аркасында талкуулаган ж-а бекемдеген. Ошондуктан каламды ислам схоластикасы деп атоого болот. К. 7-к-дын башында пайда болуп, ислам ортодоксиясынын (дининин) каршылыгына карабай , Курандагы диний постулаттарды акылдын ж-а илимдин жардамы аркасында негиздөө м-н исламга таяныч болуусун көздөгөн. Ошол кездеги араб авторлорун бири каламга төмөнкүчө аныктама берет: «Калам деп философтордун метафизикасын четке кагуу үчүн Кудайдын маңызы, анын атрибуттары ж-а нерселердин ислам мыйзамы б-ча жаралгандыгы тууралуу ой толгогон окуу аталат». Бул аныктама калам окуусуна карата келишпес кастыгын баса белгилейт. Антикалык философтор ж-а аларды алдоочуларга каршы күрөшүү м-н калам диний философиялык мүнөз күткөн К. Куранды чечмелейт , болгону эле анын догматтары тууралуу логикалык ой жүгүртөт. Өз маңызы б-ча калам философиялык методго өтө жакын. Болгону эле каламды жактоочулар Куранга ,ал эми философтор акыл-эске таянышат.

**КАЛК** – белгилүү бир өлкөдө, же дүйнөнүн, же Жердин бөлүгүндө жашаган адамдардын бүтүндөй жыйындысы (адамзат). К. атайын демография (гр. demos – калк ж-а графия эл) илиминин предмети. Бул термин 1855-жылы француз окумуштуусу А. Гийар тарабынан киргизилген. Бул илим К-тын өнүгүшүнүн структурасынын, жайгашуусунун ж-а динамикасынын мыйзам-ченемин үйрөтүүчү илим, К. теориясын, саясатын иштеп чыгып, анын санын болжолдуу чамалайт. Ошону м-н катар демография төрөлүүнүн, никелешүүнү, ажырашууну, өлүм-житимди, билимдүүлүктү социалдык- таптык структураны, расалык, тилдик, улуттук составды, К-тын миграциясын, урбанизациясын карайт. К-тын буржуазиялык теориясы К-тын өнүгүшүнүн бардык процесстери биологиялык ж-а географиялык факторлор м-н детерминацияланышын таанууга негизделген. Мындай окуулардын көпкө таанымалы малтузианчылык теория адамдардын жакырчылыгын анын дүркүрөп өсүшү м-н түюндурат. К-тын марксисттик теориясы демографиялык процесстерге социалдык экономикалык факторлордун чечүүчү таасири бар экенин танбайт. К. негизги мыйзамынын маңызы калктын толук ж-а рационалдык түрдө коомдук эмгек м-н алектенишин ж-а анын санын оптималдуу түрдө өстүрүү болгон. К. мыйзамынын толук жүзөгө ашырылышын камсыз кылуу үчүн тиешелүү демографиялык саясат жүргүзүүнү, жаратылышты рационалдык пайдалануу м-н айкаштыруу зарыл. Мындай көз караштан калктын эмгекке жарамдуу бөлүгү коомдун негизги өндүрүш күчтөрү болушат, калктын жаш курагы да белгилүү мааниге ээ. Бул калктын контингентинде калктын жумушка жараганга чейинки, жумушка жарамдуу, жумушка жарамдуулуктан өткөн курактарын аныктоого мүмкүндүк берет. Экономикалык өнүккөн өлкөлөрдө калктын ичинде жашы 60тан ашкандардын көбөйгөнү басымдуулук кылып, калктын картаюу процессин түюндурат. Демографиялык саясат төрөлүү деңгээлин оптималдаштырууга, никелешүүлөрдүн деңгээлин жогорулатып, ажырашууларды азайтуу, өлүм-житимди кыскартуу, миграция процессин рационалдаштыруу, урбанизацияны жөнгө салууга багытталат. Жер калкынын өсүш темпи 20-к-дын 70-жылдары 2%ке жетип, андан ары өсүп келет. Азыркы учурдагы адамзаттын мындай сандык өсүшү Жер шарынын ойлондуруп, «өсүүнүн пределин» аныктоону талап кылып калды. Андыктан үй-бүлөнү пландоо саясаты жүргүзүлөт. Жер калкынын динамикасы: Алгачкы палеолит доорунда жер калкы 100–200 миң, соңку палеолитте 1 *млн*., а неолит доорунун башында – 10 *млнду*, анын акырында 50 *млнду* түзгөн. Жер иштетүүгө байланыштуу өсүү темптин ыкчамдоосу башталган. Биздин доордун башында жалпы Жер калкы – 230 *млн*, а 19-к-дын башында – 1 *млрд,* адам, 1930-ж. – 2 *млрд*, 1961-ж. – 3 *млрд*, 1976-ж. – 4 *млрд*., 1980-ж. Жер калкынын саны 4,4 млрд. адамды түзгөн. 20-к-да 70-ж-дан баштап Жер калкынын жылдык өсүшү көбөйүп, «демографиялык жарылуу» ж-дө ойлондура баштады. Үй-бүлөдө балдардын санын жөнгө салуу, б. а. аң-сезимдүүлүк м-н ата-эне болууга алып келген социалдык-экономикалык факторлордун (индустриалаштыруу, урбанизацияштыруу, аялдардын коомдук иштерге тартылуусунун артышы м-н , маданияттын жалпы өнүгүшү) таасири астында калктын өсүш темпинин төмөндөөсү башталат. Үчүнчү миң жылдыктын башынан тартып үй-бүлөнү пландоо бүткүл Жер калкына

жайылтылат. Эгер ар бир никелешкен түгөйгө 2,2–2,5 бала туура келгендей деңгээлде пландаштыруу ишке ашса, 21-к-дын аягында калктын саны 11–12 *млрд*, адамга жетет деген божомолдун негизи бар.

**КАЛОКАГАТИЯ** (гр. kalokathia, kalos – кооз, сулуу, agathos – жакшы, мыкты, ак көңүл) – антикалык эстетиканын так которулбаган термини; индивиддин сулуулугун шартаган ички ж-а сырткы гармонияны түшүндүрөт. Антикалык коомдун социалдык-тарыхый өнүгүшүнүн ар кандай мезгилдери ж-а ой жүгүртүүнүн типтерине байланыштуу аталган термин ар кандайча түшүнүлгөн. К. түшүнүгү алгачкы жолу «жети кыдыр» деп аталган «жети акылман» м-н байланышкан материалдарда кездешкен. Солон калокагатияны «Берген убаданы бекем сактоо» м-н байланыштырат. Пифагорчулар калокагатия деп адамдын ички сапаттары аркылуу аныкталган анын сырткы жүрүм-турумун аташкан. Кийинчерээк антикалык коомдогу социалдык дифференциациага байланыштуу «калокагатия» түшүнүгүнүн жогоруда аталган жалпы мааниси такталат да, ар кандай мааниге ээ болот. К-нын аристотелдик аныктамасы Геродоттун жрецтердин (дин кызматкерлеринин) каада-салттары тууралуу чыгармаларында кездешет. Платон калокагатияны аскердик каармандык, «тубаса» сапаттар ж-а тукум кууган өзгөчөлүктөр м-н байланыштырган. Жеке чарба өнүккөн шарттарда «калокагатия» терминин өз ишин мыкты билген, үнөмчүл ж-а сарамжалдуу чарбакерлерге карата пайдалана башташкан. Б. з. ч. 5-к-дын аягында софистиканын пайда болушу м-н «калокагатия» термини окумуштуулук м-н билимдүүлүктү түшүндүрө баштаган. Ушул маанисинде «калокагатия» түшүнүгү софистерге гана эмес, бийик маданияттын өкүлдөрүнө да карата пайдаланылган. Ксенофонт, Платон ж-а Аристотель кологакагатияны философиялык маанайда түшүнүшкөн. Алар калокагатия деп ички ж-а сырткы дүйнөнүн гармониясы (шайкештигин) түшүнүшкөн. Мында ички дүйнө катары адамды калокагатига алып келген акылмандык түшүндүрүлгөн. Ксенофонт мындай гармониянын идеалы катары Сократты атаган. Ошону м-н катар эле Ксенофонт калокагатияны ички ж-а сырткы дүйнөнүн ажырагыс биримдиги катары кароо аркылуу аны жерде кадыресе маанидеги жакшы иш-аракеттен, даанышмандыктан ж-а сулуулуктан айырмаланган. Платон К-ны дене м-н жандын гармониясы, ажырагыс биримдиги катары чечмелеген. Платондун тексттеринде калокагатия бакыт, акыл, сырткы мыйзамдардан көз каранды эмес эркин ынаным ж-а турмуштун жыргалчылыктарын туура пайдалануу м-н байланыштырылган. Аристотель калокагатияны байлык, ден соолук ж. б. сезимдик ж-а табигый жыргалчылыктар м-н байланыштырып , аларды зыянсыз түрдө колдонууну калокагатия деп түшүнгөн. Мында сырткы дүйнө эмес, сезимдик жыргалчылыктарды рухий мазмунга каныктырган ички дүйнө кооз, сулуу дүйнө катары каралат. К. инсан м-н ички дүйнөнүн айкөлдүгүн ажырагыс биримдиги болуп саналат, мындай биримдик адамдардын бардыгына ар кандай деңгээлде мүнөздүү. Эллинизм доорунда болуп өткөн индивидуализм м-н психологизмдин андан аркы өнүгүшү калокагатияны табигый же тубаса сапат эмес, моралдык көнүгүүлөр м-н машыгуулардын натыйжасы катары карооого алып келген. Бул болсо классикалык мазмундагы калокагатияга чоочун болгон калокагатиянын моралистик түшүнү-гүнүн жаралышын шарттаган. Калокагатия антикалык эстетиканын өнүгүшүнүн баардык социалдык-тарыхый тепкичтерине таандык болгон борбордук түшүнүк болуп эсептелет.

**КАЛЫГУЛ** Бай уулу (1785, азыркы Ысыккөл р-ну, Карой айылы – 1855) – ойчул, акылман, меселчи, чечен. Ал Сарыбагыш уруусунун манап тукумунан. Калыгул өз чыгармалары м-н ырчылар поэзиясынын тарыхында зор из калтырган. Айрым акындар анын ой, идеяларын улантып, «Калыгулдун сөзү эле» дедиртип эл арасына таратса, 20-к-дын башында да «Акыр замандын» нугунда чыгарма түзгөндөр да болгон. Ойчулдун жеке чыгармачылык өнөрканасын ачык мүнөздөй турган өзүнө гана таандык турмуштук, коомдук-социалдык көз карашы, философиялык ой толгоолору, жыйынтык-корутундулары бар. Калыгул-арымы кенен, нускоочу, маселечи. Ошондуктан анын ойлору турмуш тиричилик жагдайдын тегерегинде гана болбостон, коом, замана зары, анын келечеги, өлкөнү башкаруу иштери, адеп-ахлактык, руханий дүйнөсүндөгү социалдык курч маселелер болуп саналат.

**КАННИБАЛИЗМ** (фр. cannibale – киши жегич ) **–** адам эти м-н азыктануу; алгачкы жамааттагы урууларда кеңири тараган. Тиричилик м-н байланышкан К. таш кылымынын байыркы стадияларында кеңири колдонулган. Бирок, К. үрөйдү учурган ж-а аномалдуу көрүнүш катары бааланат; анын рецидивдери өтө сейрек кездешет ж-а 1) маданияттын өтө эле архаикалык формасы, 2) психиканын нормалдуу эместиги, 3) аманкалуу (самосохранения) инстинкти маданий тыюу салууларды бузууга аргасыз кылган өзгөчө ачкачылык м-н шартталган.

**КАНОН** (гр. kanon – норма, эреже) – баары төп келген, так ырасталган, жалпы кабыл алынган жоболор үлгүлөр, нормалар. «Канон» түшүнүгү логикада, этикада, эстетикада, тааным теориясында ж-а динде кеңири пайдаланылат. **Эстетикада** «канон» деп берилген түрдөгү көркөм чыгармалар үчүн норма же үлгү болуп саналган мыйзамдар м-н эрежелердин жыйындысы аталат. Эстетиканын тарыхында канон деп сүрөттөлүп жаткан адамдын тулку боюнун айрым бөлүктөрүнүн сандык алакасы түшүнүлгөн. Адамдын тулку боюн 6–7 ж. б. бөлүктөргө бөлүп тарткан бир нече египеттик канондор сакталып калган. Байыркы Грецияда

пифагорчулардын окуусуна таянуу м-н ишмердүүлүк кылган Поликлеттин канондору өзгөчө даңкталган. Ал «Канон» деп аталган кутунаны үлгү (статуя) жасаган ж-а пропорциялар тууралуу чыгармаларды жазган. Поликлеттин, кийин скульптор Лисипптин чыгармаларында канон механикалык мүнөздө эмес, дененин айрым бөлүктөрүн бүтүн дене м-н айкалыштыруу жолу м-н түзүлгөн . Натыйжада канон ар кандай ж-а өтө татаал бөлүктөрдөн куралган биримдик болуп калган. «Сүрөтчүлөр үчүн чечмелөөлөр» деп аталган анонимдүү китеп түрүндө белгилүү болгон византиялык канондо адамдын денеси баштын көлөмдөрү аркылуу өлчөнгөн 13-к-дагы готикалык канондо адамдын фигурасы геометриялык фигуралардан алынган ар кандай схемалардын жардамы аркасында түзүлгөн. Кайра жаралуу доорунда канон антикалык мезгилдеги космологияга, пифагорчулукка ж-а платонизмге кайрадан кайрыла баштаган; Альберти, Леонарда да Винчи, Дюрер жүздөгөн өлчөө бирдиктери м-н иштеген эмпирикалык антропометрияга чөмүлүшкөн. Инсандын проблемаларынын өсүшү ж-а тереңдешине байланыштуу канон акырындык м-н арткы планга кетет да, эч кандай арифметикалык схемалар м-н байланышпаган адамдын ички дүйнөсүн чагылдырууга жол бошотот. Эстетикалык канондордун чөйрөсүнө маңызы чоң кичинеге карата кандай болсо, бүтүн чоңго карата ошондой мамиледе болот деген мазмундагы алтын кесилиштин мыйзамын (закон золотого сечения) киргизүүгө болот. Бул мыйзам Пифагор-платондук мезгилде жаралып, Кайра жаралуу доорунда кеңири жайылтылган. «Канон» термини **логика** үчүн өзгөчө мааниге ээ. Эпикур логиканы каноника деп атоо м-н «канон» деп таанымдын ж-а чындыктын эрежелерин атаган. Логикалык мааниде «канон» Лебниц, Дж. С. Милль тарабынан колдонулган. Кант таза акылдын канону деп таанымда туура функцияларды аткарган априордуу негиздердин жыйындысын атаган Канттын окуусунда акыл-эс канону ж-а моралдык ой толгоонун канону тууралуу ойлор кездешет («Критика чистого разума», II., 1915, с. 437–53). **Диний чөйрөдө** К. деп «Кудайдын аяны» деп таанылган ж-а диний ырым-жырымдарды аткаруунун практикасына киргизилген «ыйык китептердин» жыйындысы түшүнүлөт.

**КАНТ** Иммануил (1724–1804) – немец философу, классикалык немец философиясынын негиздөөчүсү. Чыгыш Пруссиянын борбору болуп эсептелген Кенигсберг (азыркы Калининград) шаарында туулган. Кенигсберг университетин аяктап (1745) 6 үйгө сабак берген мугалим болуп иштеген. 1755-жылдан Кенигсберг университетинин приват-доценти, 1770-жылдан профессору, Петербургдагы илимдер Академиясынын ардактуу мүчөсү (1794). К-тын философиясын сынга чейин (18-кылымдын 70-жылдарынын башына чейин) ж-а сын мезгили деген эки этапка бөөлүүгө болот. Сынга чейинки мезгилде К. метафизикалык ой толгоолорго таянуу м-н дүйнөнүн космогониялык картинасын иштеп чыккан. Бул мезгилдеги К-тын философиясы төмөнкүдөй эки тепкичтен турат: а) табият таануу илими м-н байланышкан философиялык окуулар (1745–1755) – бул учурда келечекте К.-Лапластын теориясы деп аталган мыйзамдын түйүлдүгү чагылдырылган «Табияттын жалпы тарыхы ж-а асман теориясы» (1755) деген эмгек жаралган; б) метафизикалык маанайдагы философия – мында К. вольфтук метафизикадан сындык көз карашка өтө баштаган. Буга анын «Динчилдин кыялдары» (“Traaume eines Geistersehers¨. 1766) ж-а «Сезимдер дүйнөсү м-н акылдын дүйнөсүнүн формалары ж-а негиздери тууралуу» деп аталган эмгектерин киргизүүгө болот. Сын мезгили К-тын философиясы үчүн маанилүү болуп саналат. Бул мезгил да эки тепкичтен турат: а) сын мезгилинин туу чокусу – бул мезгилде ал акыл-эсти сынга алып, «Таза акылдын сыны» («Critik der Vernunft», 1781), «Тажрыйбалык (практикалык) акылдын сыны» («Critik der practischen Vernunft», 1788), «Ой толгоо жөндөмдүүлүгүнүн сыны» («Critik der Urtheilskraft», 1790) деп аталган эмгектерди жаратkan; б) соңку же сындан кийинки стадия – бул мезгилде К. логика, педагогика, физикалык география ж-а прагматикалык антрапология (б. а. характерология) б-ча жазылган жарыялоолор, лекциялар м-н катар эле К-тын сынчылдыгын (критицизмин) ж-а немецтик идеализмди метафизикасын байланыштырган «Opus postumum» деген эмгек жазылган. Сын мезгилинде К. адамдын таанып билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн сынга алууну максат кылып койгон. «Сын» деп ал адамдын таанып билүүсүнүн мүмкүндүктөрүн изилдөөнү ж-а анын чектерин аныктоону түшүнгөн. Бул проблемага анын «Таза акылдын сыны» (1781), «Тажрыйбалык акылдын сыны» (1788), «Ой толгоо жөндөмдүүлүгүнүн» (1790) деп аталган негизги эмгектери арналган. Бул чыгармаларда К. таанымдын мүмкүндүктөрү сырткы дүйнө м-н эмес, баардык адамдарга мүнөздүү болгон сырткы дүйнөнү кабыл алуунун өзгөчөлүктөрүнөн көз каранды деген негизге таянган. Каты кадыресе тааным эмес, илимий таанып билүү кызыктырган. К. илим белгилүү бир чектерге ээ ж-а андан ары кете албайт деген корутундуга келген: «өз алдынча жашаган нерсенин» («вещь в себе») мазмунун адам кабыл алганга чейин таанып билүү мүмкүн эмес. Илим Кудай, жан, өлбөстүк ж-а эркиндик сыяктуу объекттерди принципиалдуу түрдө таанып биле албайт, алар «тажрыйбалык акыл-эстин», б. а. адеп-ахлак м-н диндин объекттери болуп саналышат. Өз окуусун К. трансценденталдуу философия (лат. transctndere – чектен чыгуу) деп атаган. Ушуну м-н ал өз окуусун бир жагынан трансценденттүү философияга ж-а экинчи жагынан тажрыйбага, эмперияга негизделген, философияга каршы койгон. Анын пикири б-ча трансцендентүү философия дүйнөдөн сырткары жашаган Кудай тууралуу укуксуз түрдө ой жүгүртүүнүн өзүнө ыйгарып

алган. К. үчүн Кудай ишенимдүү же диндин иши, ошол себептен Кудайдын болмушунун рационалдуу далилдеринин болушу эч мүмкүн эмес. Бирок, мындай көз караш динди четке кагууну түшүндүргөн эмес. К-тын өзү динге бекем ишенген христианин-протестант болгон, ал эми анын философиясы динге карата нейтралдуу позицияны ээлеген. Этиканын негизги мыйзамы катары К. *категориялык императивди*, б. а. дедуктивдүү илимдердин сунуштарына окшош болгон ички буйрукту атаган. Категориялык императивдин мыйзамдарынын бири катары төмөнкүнү атаган: «Сен тарабынан өзүң ж-а башкалар түрүндөгү адамзат жөн гана каражат эмес, максат катары каралууга тийиш болгон ишти кыл». К-тын пикири б-ча адамдын инсандыгы баалуу ж-а ал эч качан, ал Тургай жалпы жыргалчылыкка багытталган иштерде да каражат катары пайдаланууга тийиш эмес. Эстетикада К. нерсенин формаларын көрүүдөн пайда болгон «кызыксыз» рахаттан кооздукту, сулуулукту алган. Өз табияты б-ча сулуулук утилитардык мүнөзгө ээ эмес ж-а мурда аныкталбаган максатсыз максаттуулук болуп саналат. К. либерализм теориясыништеп чыгууга да чоң эмгек сиңирген. Ар кандай философтор тарабынан туш тараптан сынга алынгандыгына карабастан, К-тын окуусу философиянын кийинки өнүгүшүнө болуп көргөндөй зор таасир берген.

**КАПИЛА** – б. з. ч. 7-к-дагы байыркы индиялык ойчул, санкхья деп аталган дуалисттик мүнөздөгү философиялык системанын негиздөөчүсү. Окуунун "*санххья*" деп аталышы (санскриптче "*сан*", "*саноо*", "*эсеп*") космостун элементерине санак жүргүзүүгө негизделгени м-н байланышкан. К-нын окуусу ведаларга таянганы м-н өз алдынча көз караштарды иштеп чыккан. Бирок, К-нын сутралары биздин күнгө чейин сакталып калган эмес. К. веданта м-н миманса деп аталган философиялык окууларга каршы маанайдагы дуалисттик системанын автору болуп эсептелет. Анын пикири б-ча дүйнө бири-бирине көз карандысыз эки негизден турат: 1. Пуруша – дүйнөнүн акыл-эстүү башаты, ал нерселерден сырткары жашайт ж-а түбөлүк өзгөрбөс аң-сезим болуп эсептелет. 2. Пракрити – дүйнөнүн материлдуу негизи, дайыма өзгөрүп ж-а кыймылдап турган субстанция болуп саналат. Анын рахатты, азапты, кайдыгерликти, о. эле активдүүлүк м-н пассивдүүлүктү пайда кылган үч акциденциясы, касиети же "**гунасы**" бар. Андай элементтер болуп **раджас** (активдүүлүк, күч, умтулуу), **тамас** (пассивдүүлүк, эрксиздик, караңгы) ж-а **саттва** (жарык, рух) эсептелишет. Сулуулукка, акылмандыкка ж-а чындыкка умтулган нерселерде *саттва* үстөмдүк кылса, бардык пассивдүүлүктүн, чектелгендиктин ж-а караңгылыктын (түшүнбөстүктүн) элементи болуп *тамас* эсептелет. Активдүүлүк энергия ж-а агрессивдүүлүк *раджаста* камтылган. Эгерде адамда саттва үстөмдүк кылса, анда ал ток пейил, сергек, сар-санаасыз, түйшүксүз өмүр сүрөт да, бактылуу болот. Раджастын адамы жашоого, байлыкка, бийликке, жыргал турмушка умтулат да, азаптын чексиз сазына батат. Тамастын адамдары түркөй, жалкоо, бардыгына кайдыгер ж-а көңүл кош жашайт. Пуруша м-н пракритинин биримдиги аксак м-н сокурдун кызматташтыгына окшош: сокур (пракрити) өзүнө жол көрсөткөн аксакты (пуруша) далысына көтөрүп жүрөт. *Пуруша* м-н *пракритинин* биригүүсүнөн ааламдын улуу түйүлдүгү "**махат"** пайда болгон. "**Махат"** интеллектке ээ, анын пайда болушу м-н дүйнөдөгү бардык материалдуу ж-а рухий элементтер жаралышкан. Мындай элементердин жалпы саны – 25. Адамдын рухий дүйнөсү эркин ж-а түбөлүктүү. Анын дене м-н биригүүсүнүн натыйжасында азап-тозок келип чыгат. Ошондуктан, денеден бошонуу азап-тозоктон арылууга алып барат. Азаптардан кутуулунун негизги жолу болуп сезимдер м-н материалдуу дүйнөнүн азгырыктарынан баш тартуу саналат.

**КАПИТАЛ** (нем. Kapital. лат. capita-lis – башкы) – экономикалык категория; адам тарабынан түзүлгөн ресурстар, алар товарларды өндүрүү м-н кызмат көрсөтүүлөрдө пайдаланылат ж-а киреше алып келет. К. акча капиталы же реалдуу К. түрүндө болушу мүмкүн. Ишканалардын деңгээлинде К. деп өндүрүштө пайдаланылган материалдык жыргалчылыктардын (буюмдардын) ж-а акча каражаттарынын бардык жыйындысын түшүнүшөт. Марксизмде К. деп капиталисттик коомдо жалданма жумушчуларды эзүүнүн натыйжасында кошумча наркты пайда кылуучу нарк аталган. Бул эмгегинде Маркс тарыхый процессти изилдөөнүн диалектикалык-материалисттик концепциясын пайдалануу аркылуу капиталисстик коомдун өнүгүшүнүн экономикалык мыйзамын ачкан.

**КАПИТАЛИЗМ –** жеке менчикке ж-а рынок экономикасына негизделген коомдун тиби. Коомдук ойломдун ар кандай багыттарында К. эркин ишкердик жүргүзүүнүн системасы, индустриалдык коомдун өнүгүү этабы катары аныкталат. К-дин учурдагы өнүгүү деңгээлин «аралаш экономика», «постиндустриалдык коом» ж. б. атап жүрүшөт. Марксизм окуусу К-ди – өндүрүш каражаттары жеке менчикке, ал эми жалданма эмгек капитал тарабынан эзилишине негизделген коомдук-экономикалык формация деп аныктайт. К. 15-к-да Италиянын (соода) ж-а Голландиянын (мануфактура) шаарларында пайда болуу м-н 16-к-да болуп өткөн капиталды топтоонун алгачкы процесстеринин жүрүшүндө бүтүндөй Европа мамлекеттеринде орной баштаган. Өндүрүштүк революциянын натыйжасында ири машина өндүрүү пайда болгон. К-дин шарттарында рыноктук атаандаштыктын механизми ишкерди кирешелүү пайда табуу үчүн туруктуу түрдө капиталды көбөйтүп ж-а өндүрүштү жакшыртып турууга мажбурлайт. Бул болсо өндүргүч күчтөрдүн, илимдин ж-а техниканын динамикалуу өнүгүшү үчүн зор көмөк берет. 19-к-дын аягы – 20-к-дын башында

Батыштын өнүккөн өлкөлөрүндө ири өнөр жай ж-а банк корпорациялары пайда болот, финансылык капитал үстөмдүк кыла баштайт, рыноктук атаандаштык экономиканы мамлекет тарабынан жөнгө салуу механизмдери м-н толукталат. Ири менчик ээлери ж-а жалданма жумушчулар м-н катар эле коомдун жашоосу үчүн маанилүү орунду ээлеген менчик ээлеринин ортоңку табы болгон туруктуу социалдык структура калыптанат. Бүгүнкү күндөгү К. өз кучагына төмөнкүдөй формаларды камтыйт: 1) кыска мөөнөттүү (антициклдүү, антиинфляциялык) ж-а узак мөөнөттүү (макроэкономикалык) мамлекеттик жөнгө салуу; 2) индикативдүү, сунуш мүнөзүнө ээ тармактык ж-а чөлкөмдүк (регионалдык) программалар (пландар); 3) тике (мыйзам чыгаруу ж-а административдик актылар) ж-а кыйыр (салыктар, мамлекеттин бюджетке багытталган чыгымдары, амортизациялоочу саясаты) түрүндөгү жөнгө салуу. Көптөгөн өлкөлөрдө акырындык м-н калыптанган социалдык багыттагы рынок экономикасы ж-а парламенттик демократия 20-к-дын 2-жарымында калктын турмуш деңгээли м-н маданиятынын жогорулашын, социалдык карама-каршылыктардын жумшарышын ж-а аларды чечүүнүн укуктук механизмдерин иштеп чыгууну камсыз кылган. Чарбалык турмуштун интернационалаштыруусунун өсүшү, транс улуттук корпорациялардын күч алышы м-н аймактык (региондук) ж-а дүйнөлүк экономикалык интеграция, экономиканы мамлекеттер аралык жөнгө салуу өнүгүп бара жатат. Бул Экономикалык кызматташуунун ж-а өнүгүүнүн уюму, Эл аралык акчалай фонд, Реконструкциялоонун ж-а өнүгүүнүн эл аралык банкы, Европалык жамааттар ж. б. атайы уюмдардын пайда болушуна түрткү берген.

**КАРАБЕКОВ** Кадырбек Чолпонбаевич (1942-ж. т.,) – философия илимд. доктору (1991), проф. (1992). Ош мамл. педогогикалык институтунда окутуучу. Анжиян медициналык ин-тунда, Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтта кафедра башчысы, 1993-жылдан Жалалабат кооперация ин-тунда профессор. Философиялык когнитивдик каражаты, методология б-ча адис. 30дан ашык илимий иштерди, анын ичинен 3 монографияны жарыкка чыгарды. Анын жеткечилиги м-н 3 кандидаттык диссертация жактадды. Нег. чыг.: Принцип обусловленности, его основные компоненты и функции. Ташкент, “Фан”, 1988; Категории непосредственного и опосредованного. Жалалабат, 1997, ж. б.

**КАРАКЕЕВ** Туйту Жусупович (1938, Чүй обл., Кошкоргон айылы – 1998) – философия илимд. доктору (1979), профе. (1986). Социалдык философия тармагында ири адис. Кыргыз ССР КП БК, Совет министрлигинин Ардак громаталары м-н сыйланган. 100дөн ашык илимий эмгектери, анын ичинде 5 монографиясы жарык көргөн. Анын жетекчилиги м-н 13 кандидаттык диссертация корголгон. Нег. чыг.: Семантические аспекти диалектики социального развития. Цивилизация и её отражение в общественном сознании. Фр., “Илим”, 1978; Социалистической образ жизни и духовное развитие личности (соавторстве), Фр., “Илим”, 1988 ж. б.

**КАРАМА-КАРШЫЛЫКТАРДЫН БИРИМДИГИ ЖАНА КҮРӨШҮ** (единство и борьба противоположностей) – диалектиканын негизги мыйзамдырынын бири; жаратылыш кубулуштары м-н социалдык – тарыхый чындыктын өз ара кыймылынын ж-а өнүгүүсүнүн булагын туюндурат. К.-К. Б. ж. К. мыйзамга баш ийген бардык обьектилердин мүнөздөмөсү алардын кыймылы м-н өнүгүүсүнүн булагын алардан башка жактан, табияттан сырткары күчтөрдөн эмес, ошол обьектилердин өздөрүнөн көрсөтөт. Бул мыйзам ар кандай бүтүндүктү бири-бирине түздөн – түз шайкеш келбеген элементтер м-н тенденцияларды өзүнө камтыган татаал ж-а ажыратылуучу ситема катары түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Мис., биологиялык эволюцияда тукум куучулук ж-а өзгөрүүчүлүктүн К.-К. Б. м-н күрөшүү аркылуу турмуш формаларынын ар кандайы калыптанат.

**КАРАМА-КАРШЫЛЫКСЫЗДЫК** *(Непротиворечивость)* – билимге, өзгөчө илимий билимге карата колдонулган негизги талаптардын бири: билимдин каалагандай системасында ой корутундусу катары алынган сүйлөм м-н аны четке кагуу бир мезгилде болушу мүмкүн эмес. Илимий теориялардын кеңири тармактары үчүн К.-к. талабы «жалгандыктан каалагандай сүйлөм чыга берет» деген логикалык принциптин адилеттигин таанууга тең маанилеш. Тигил же бул теориядагы К.-к. талабынын бузулушу анын талкаланышына алып келет, себеби мындай бузулуш каалагандай сүйлөмдү далилдөөнү мүмкүн кылат. К.-к. талабы тигил же бул предметтик чөйрөгө таандык ар кандай теориялардын ортосундагы, о. эле бир эле теориянын өнүгүшүнүн ар кандай тарыхый стадияларынын ортосундагы карама-каршылыктардын болушун четке какпайт. Кандайдыр бир теорияда К.-к-тын орношу ага ылайык келген метатеориянын негизги талабы болуп саналат. 19-к-дын аягы – 20-к-дын башында пайда болгон ж-а учурдагы математиканын негизи болуп саналган көптүктөр теориясынын парадоксу логика м-н математиканын негиздөөлөрү ар кандай багыттарда ар кандайча чечилген илимий теориялардын К.-к. проблемасынын тривиалдуу эместигин көрсөттү. Илимий теориялардын белгилүү бир тармактары үчүн алардын К.-к. талаптарын паракарамакаршылыксыздыктын жеңилирээк талаптары м-н алмаштыруу мүмкүн.

**КАРМА** (сансриптчеден кри – жасоо, жаратуу; карман – ишмердүүлүк) – байыркы индиялык философияда «тагдырдын жазмышынын» мыйзамы. Байыркы индустар жан өлбөйт, талкаланып жок болбойт, ал дайыма

ар кандай денелерде кайрадан төрөлүп турууга мажбур («сансарынын айлампасы»). Адам европалыктардын идеалы катары кабыл алынган чексиз өмүргө ээ, бирок бул өмүр азап-тозокко жык толгон. Жашоо – бул азаптардын чексиз чынжыры. Төрөлүү – азап, сүйүү – азап, ооруу – азап, жакындарга сар-санаа болуу – азап, карылык. Бирок, адам эмне үчүн азап тартат? Анткени, ал жашоого кумарланат, материалдуу дүйнөнүн азгырыктарына туруштук бере албайт. Анда, адамдын жашоосунун максаты эмне? Мындай максат болуп кайра төрөлүүлөрдүн чексиз чынжырын бошонуп, мокша – материалдуу дүйнөнүн азгырыктарынан арылуу эсептелет. К. мыйзамы адамды бир катар өмүрлөрдү бастырып өтүү м-н адамды турмуштук тажрыйба топтоо аркылуу акырындык м-н адеп-ахлактуу өмүр сүрүүгө жөндөмдүү жандыкка айландыруу эсептелет. Чындыгында, адептүү адам болууну аргументациялаган система Батыш м-н Чыгышта эки бөлөк: Батышта адам тиги дүйнөдө жакшы жашоо максатында адептүү болууга умтулса, Индияда адам түбөлүк жашоодон кутулуу үчүн адептүү өмүр сүрөт. Европалыктар «Ал дагы эле жаш бойдон!», «Анын жан дүйнөсү жаш баланыкындай!» – деген сөздөрдү комлимент катары кабыл алышат. Эгер бул сөздөр индустун дарегине айтылса, ал нааразы болушу мүмкүн Анткени , индиялык философияда ж-а маданиятта жандын курагы анын адеп-ахлактын өнүгүшүнүн ар кандай даражасы аркылуу аныкталат. Мис., «жаш» жан нравалык жактан өсүп жетилбеген, орой, түркөй, маданиятсыз адамга таандык. Мындай адам өз эмоцияларын жөнгө сала албайт, кызуу кандуу ж-а өзүмчүл келет. «Жаш» жандар Жакшылыкка карай эволюциялык жогорулоонун эң баштапкы этабында турушат. Алар чексиз кайра төрөлүүлөрдүн чынжырынан бошонуу үчүн дагы көп мезгил талап кылынат. «Эски » же «улгайган» жанга ээ адамдар: «Мен Сизге кантип жардам бере алам?» – деген принцип б-ча жашашат. Алар көп сандаган төрөлүү м-н өлүүнүн чексиз узак жолун басып өтүп, Улуу Бошонуунун босогосунда турушат. Мындай бошонууга жетүү деген эмне? Бул Махатма же Улуу Жан деген статуска ээ болу дегендик. Мындай адамдар Турмуштун Улуу Жолун басып өтүп, космостун сырын чечүүгө мүмкүндүк алышкан. Махатмалар үчүн дүйнө рахат м-н кумардын кенчи эмес, нравалуу ишмердүүлүк кылуунун дархан талаасы болуп саналат. Ак ниет иштерди кылуу, жакшы ойлорду ойлоо, жакшы сөз сүйлөө аркылуу адам чексиз төрөлүүлөрдүн чексиз чырмоогунан бошонууга (мокша) мүмкүндүк алат. Индиялык философия б-ча адам өздүк бошонуусунун жолун өзү издөөсө керек, ал мындай мүмкүнчүлүктөргө ээ.

**КАРТЕЗИАНЧЫЛЫК –** Рене Декарттын окуусуна таянуу м-н 17–18-к-дарда философияда ж-а табият таануу илимдеринде пайда болгон багыт. Картезий (Cartesius) – улуу француз философу Рене Декарттын латындашкан ысымынан аталган. К-тын негизинде удаалаш дуализм, б. а. дүйнөнү көлөмдүү (материя) ж-а ой жүгүрткөн (ац-сезим) деп аталган өз алдынча жашаган ж-а бири-бирине көз карандысыз эки субстанцияга бөлүү жатат. Картезиандык гносеологиянын өзөктүү принциби болуп тааным процессинде ац-сезимдин эч нерседен муктаж эместиги (Декарттын «ой жүгүртөм, демек, жашап жатам) ж-а тубаса идеялардын теориясы эсептелген. К-тын өнүгүшүнүн жүрүшүндө монизм (Х. Де Руа, Б. Спиноза) ж-а окказионализм (А. Гейлинкс, Н. Мальбранш) өцдүү эки багыт пайда болгон.

**КАРЫПКУЛОВ** Аманбек (1939-ж. т., Талас обл., Талас р-ну, Карасуу айылы) – философ, партиялык ж-а мамл. ишмер, философия илимд. доктору (1982), проф. (1994), Кыргыз Респ-нын УИАнын корр мүчөсү (1979). 1957-ж. № 6 Талас айылдык кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүп, Жданов атн. колхоздо механизатор болуп иштеген. 1962-ж. Каракол пед. ин-тунун орус тили адабияты факультетин бүткөн. 1962–64-ж. Каракол пед. ин-тунда окутуучу. 1964–67-ж. КМУнун аспиранты. 1967–68-ж. КМУнун философия кафедрасында окутуучу. 1968–73-ж. Кыргызстан КП БКнын илим ж-а окуу жайлар бөлүмүнүн инструктору, бөлүм башчынын орун басары, 1973–83-ж. ошол бөлүмдүн башчысы. 1983–85-ж. Кыргызстан КП БКнын катчысы, 1985–86-ж. Бишкек политехника ин-тунун илимий коммунизм кафедрасынын профессору, 1986–92-ж. Кыргыз педагогика илим-изилдөө ин-тунун жетектөөчү ж-а башкы илимий кызматкери, 1992-жылдан Кыргыз энциклопедиясынын башкы редактору, Кыргыз Респ-нын мамл. “Акыл” концернинин төрагасы, Улуттук илимдер академиясынын президиумунун мүчөсү, Кыргыз Респ-нын мамл. телерадио кампаниясынын президенти, Кыргыз Респ-нын Президентинин администарциясы башчысы, 2002-жылдан Кыргыз Респ-нын Турциядагы элчиси. К. 80дей илимий эмгектин (а. и. 20дан ашууну монография ж-а китеп) автору. Анын эмгектери маданият, билим берүү тармактарынын социалдык проблемаларына, совет элинин тарыхый жаңы социалдык биримдик катары калыптануусунда илимдин ж-а элге билим берүүнүн ролун ачууга ж-а бул иште респ-дагы партиялык уюмдардын жетекчилик иш тажрыйбасын жыйынтыктоого, калктын билим децгээлин көтөрүүнүн зарылдыгын негиздөөгө арналган. “Очерки истории Коммунистической партии Киргизии” (1979), “Советский Киргизстан на этапе развитого социализма” (1981), “Могучий фактор национального языкового развития” (1981) ж. б. жыйнактардын авторлорунун бири ж-а редактору. Анын илимий эмгектери АКШ, Германия ж. б. чет өлкөлөрдө жарык көргөн. Эки эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**КАСИЕТ** (мүнөздүү өзгөчөлүк, сапат) – нерсенин (буюмдун) башка нерселерден айырмаланган өзгөчөлүгүн ж-а жалпылыгын, аларга болгон карым-катышын туюндуруучу философиялык категория. Ар кандай К.

салыштырмалуу: ал башка нерселер ж-а алардын касиеттери м-н тыгыз байланыштуу, өз алдынча бөлүнүп жашабайт. Нерсенин касиети ага ичтен мүнөздүү, объективдүү жашайт, адамдын аң-сезимине көз каранды эмес. Объективдүү идеализм К-ти нерседен бөлүп карайт. Субъективдүү идеализм К-ти сезүү м-н окшоштуруп, анын объективдүүлүгүн танат. Нерсеге мүнөздүү К-терин айырмалоо ар түрдүү илимдердин пайда болушуна алып келет. К-инин өзгөрүшүнө карай аларды эки топко бөлүүгө болот: ыкчам сапатка ээ эмес, ошон үчүн күчтүү өзгөрүүгө тушукпаган К. (мис., «экономикалык», «тарыхый», ж. б.); аздыр-көптүр ыкчам сапатка эгедер К. (мис., масса, температура, ылдамдык, ж. б.). Мында гуманитардык илимдер, негизинен, К-тин биринчи түрүнө ээ болсо, табигый илимдер барынан мурда, К-тин экинчи тобуна мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Азыркы учурда илим бул экөөнүн айырмасын жоюуга умтулууда (аффиндик – аралаш) геометриянын ж-а топологиянын пайда болушу, гуманитардык илимдерге статистикалык ж-а математикалык ыкмалардын кириши).

**КАСИЕТТҮҮ, ЫЙЫК** – (sacer – кудайга арналган ж-а sanktys – урмат-сыйга татыктуу, бийик, улуу) түшүнүктөрүнүн котормосу; римдик кудайга сыйынуучулар тарабынан орто кылымда пайда болгон kadosch (Кудайдын бардык жандуу-жансыздардан жогору турушу ж-а ага баш ийиши) түшүнүгүнүн котормосу эсептелген profans (касиеттүү эмес) түшүнүгүнө карама-каршы турат. Адамды бир эле мезгилде коркуу ж-а өзүн бактылуу сезген кубануу, суктануу сезимине туш кылып багындырып алуучу жашыруун, сырдуу күч. Христиандык бекем ишеним б-ча касиет Кудайдын улуулугунун чексиз толук көрүнүшү; эгерде адамдар өзүнүн адеп-ахлактык жактан жетилген жашоосу аркылуу Кудай м-н байланышкан болсо, анда алар касиеттүү, «Кудайдын достору» деп эсептелишет.

**КАССАНДРА** – грек мифологиясында Троянын падышасы Приамдын ж-а анын жубайы Гекубанын кызы. Гректердин циклдүү поэмаларында К. өзүнүн олуялык сөздөрүнө эч ким ишенбеген көзү ачык кыз катары сүрөттөлөт. К-ны жанынан артык жакшы көрүп, аны сүйүп калган Аполлон кудай ага көзү ачыктык дарамет тартуулайт. Ал кудайдын сүйүүсүнөн баш тартканда, ыза болгон Аполлон анын сөздөрүнө эч ким ишенбес кылып салат. Грек мифологиясында Парис Троянын падышасы Приамдын ж-а анын жубайы Гекубанын уулу, К-нын бир тууганы болгон. Гекуба Паристи төрөөр алдында коркунучтуу түш көрөт: түшүндө ал алоолонгон шам чырак төрөйт да, ал шам чырак Трояны өрттөп кетет. Көзү ачыктар, өзгөчө Эсака падыша айым төрөгөн уул Трояны талкалайт деп олуялык кылышкандыктан, Приам жаңы төрөлгөн наристени Ида тоосуна алып барып, карга-кузгунга жем кылып таштоого буйрук берет. Бирок, бала аман калып, койчуман тарабынан тарбияланып өсүп, бакма атасынан Парис деген ысым алат. Паристи өз уулу экенин тааныган Приам м-н Гекуба аны өлтүрүүгө камынган Кассандрага тоскоолдук кылышат. Ошондо Кассандра Паристен Еленага үйлөнбөөсүн өтүнөт. Бирок, анын сөздөрүнө ишенбеген Парис Менелайдын үйүнө конок катары барып, анын аялын ала качат ж-а кымбат буюмдарын уурдап кетет. Натыйжада Спарта м-н Троянын ортосунда узакка созулган согуш чыгып, Спартага сулуу атка конбой калган Гера м-н Афина, ал эми Трояга Афродита колдоочулук кылышат. Трояны курчап алып, анын дарбазасын ача албаганда, спарталык жоокерлер айлакер Одиссейдин сунушу б-ча чоң жыгач ат жасашат да, анын ичине көп сандаган жоокерлерди калтырып, өздөрү чегинген түр көрсөтүп, алыстап кетишет. Бир нече күн бою кыймылсыз турган көздүн жоосун алган кооз жыгач атты троялыктар чепке киргизип алаарда К. аскер башчы Синондун сөзүнө ишенбөөнү ж-а ичине коркунуч катылган жыгач атты ичкери киргизбөөнү өтүнөт. Бирок, анын сөзүнө эч ким ишенбейт да, ат ичкери киргизилет. Түн ичинде троялыктар таттуу уйкуда жатканда жыгач аттын ичиндеги жоокерлер сыртка чыгып, Трояны тып-тыйпыл кылып талкалашат. Троя талкаланаар түнү К. Афинанын храмынан жай табууга далбастайт, бирок Оилейдин уулу Аякс тарабынан туткунга түшөт. Туткун катары К. Агамемнондун олжосуна айланат да, аны м-н бирдикте Агамемнондун кызганчаак аялы Клитеместра тарабынан өлтүрүлгөн. Келечектеги коркунучтуу окуяларды алдын ала айткан К-нын трагедиялуу образы Эсхилдин (525–456) «Агамемнон» ж-а Еврипиддин (480–406) «Троянкалар» аталган чыгармаларында чагылдырылган. Салыштырмалуу кийин пайда болгон 3-к-дагы Ликофрон аттуу акындын «Александра» (“Касандра”) деп аталган поэмасында Приам акылдан айныган кызы К-ны бекитип салууга ж-а анын олуялыгын жазып туруу үчүн сакчы дайындоого буйрук берген. Миф антикалык мезгилдеги көркөм искусстводо (Помпейдеги ж-а Геркуланумадагы фрескалар, рельефтер, чегилген таштар ж. б.) кеңири чагылдырылган; ваза беттериндеги сүрөттөрдө Троя талкаланаар түнү К. Афинынын храмынан жай табууга далбастап, бирок Аякс тарабынан туткунга түшкөн учуру арбын кездешет. 20-к-дын башында Г. Эйленбергдин, Леся Украинканын ж-а П. Эрнсттин К. деп аталган атактуу трагедиялары жаралган. Эсхилдин «Агамемнон» аттуу трагедиясындагы К-нын өлүм алдындагы сценасынын котормолору ж-а аны кайра өзгөртүп түзүүлөр көп кездешет. Мис., 19-к-дагы орус адабиятында А. Ф. Мерзляковдун К. Агамемнондун арбасында», А. Н. Майковдун К. аттуу чыгармалары. Поэзияда Кассандранын трагедиялуу образын Ф. Шиллер (К. балладасы), В. К. Кюхельбекер (Кассандра поэмасы») түзгөн. Кыргыздын белгилүү жазуучусу Ч. Айтматов өзүнүн «К-нын эн тамгасы» аттуу футурологиялык, философиялык чыгармасында учурдагы

глобалдуу проблемалар туура багытта тез чечилбесе, анда алар келечекте катастрофага алып келээрин алдын ала эскерткен.

**КАСТАЛАР** (португалчадан casta. лат. castus – таза; санскриптчеден –джати) – 1) өзүнө гана таандык социалдык функцияларды, мураска калган иштерди же кесипти (мындай кесип белгилүү бир этностук, айрым учурда диний жамаатка таандык болуу м-н байланыштуу болушу мүмкүн) аткаруунун натыйжасында башкалардан бөлүнүп чыккан адамдардын туюк, эндогамиялуу топтору. К. иерархияга ээ, касталар ортосундагы алакаларга бекем чектер коюлган. Архаикалык Касталар (катмарлар же социалдык рангдар) бир катар байыркы же орто кылымдардагы коомдордо (Байыркы Египет, Индия, Перу ж. б.) болгон. Индияда тигил же бул белгиси б-ча айырмаланышкан ж-а индуизм дини тарабынан колдоого ээ болгон адамдардын бири биринен обочолонгон топтору өтө жалпы мүнөз күткөн. 20-к-дын 40-жылдарында Индияда 3, 5 миң касталар ж-а кастачалар болгон. Байыркы ж-а орто кылымдардагы индиялык коом варналарга бөлүнгөн ж-а алар кийин касталык системанын негизине коюлган. Төмөнкүдөй төрт варна (коомдук катмар) болгон: 1. Брахмандар – дин кызматкерлеринин варнасы. Ага дин кызматкерлери м-н кечилдер киришкен. 2. Кшатриялар – аскердик ак сөөктөрдүн варнасы. Бул варна аскерлердин ж-а мурунку уруу бийлигинин өкүлдөрүнөн турган. Кшатрияларга ири ж-а орто феодалдар киришкен. 3. Вайшьялар – дыйкандардын, кол өнөрчүлөрдүн, соодагерлердин варнасы. 4. Шудралар же «кол тийбестер» – төмөнкү, б. а. өндүргүч күчтөрдүн, көз каранды калктын, кедей-кембагалдардын, мүлксүздөрдүн, жерсиздердин массасы. Индия Республикасынын Конституциясы (1950) касталардын тең укуктуулугун ж-а «кол тийбестердин» юридикалык толук укуктарга ээ экендигин жарыялаган. 2) Каймана мааниде «Каста» деп туюк жамааттарды же топторду аташат. Мис., «дворяндык каста», «офицерлер кастасы» ж. б.

**КАТ** – 1) сөздү жазма (графикалык) элементтердин жардамы аркасында убакыт б-ча бекемдөөнү ж-а аны мейкиндик б-ча алыскы аралыкка берүүнү мүмкүн кылган белгилер системасы. К-тын төмөнкүдөй төрт негизги тиби бар: а) идеографиялык, б) айрым тыбыштар м-н эмес, бүтүн муундар м-н жазылган К., в) силлабикалык (муундук) ж-а тыбыш тамгалык (алфавиттик) К., г) стенография. К. б. з. ч. 4-миң жылдыктын аягы – 3-миң жылдыктын башынан тартып белгилүү (Египет, Месопотамия). К-тан мурда оозеки билдирүүлөрдү эске тутуп калуунун вампумдар, кипу, пиктография өңдүү каражаттары болгон. 2) К. адабий жанр болуп эсептелет (кара; *Эпистолярдык адабият*).

**КАТАРСИС** (гр. katharsis – тазалануу) – байыркы грек философиясынын эстетикалык санаага батуунун маңызын чагылдырган термини. Аталган термин пифагорчулардын мектебинде пайда болуп, алар денени өнүктүрүү үчүн гимнастика жасоону ж-а жанды тазартуу үчүн музыка угууну сунуш кылышкан. Эмпедокл дагы акылдан айнуу ички дүйнөнүн “таза эместигинен” пайда болоору тууралуу айткан. Стоиктердин маалыматы б-ча, Гераклит от м-н тазаланууга үйрөткөн. К. тууралуу жогорудагы материалисттик окууларга каршы Платон денеден, ыплас рахаттар м-н кумарлардан бошонуу аркылуу гана жанды тазалоого боло тургандыгын айткан. Жалпы жонунан Платон К. терминин кеңири мааниде дененин тазаланышы катары колдонгон. Аристотель музыканын тарбиялык, тазалоочу ж-а көңүл ачуучу маанисин баса белгилеген окууну иштеп чыккан, музыканын таасири астында адамдар жеңилденишет ж-а аффекттерден бошонушат, ошону м-н катар эле “зыянсыз кубанычка” ээ болушат. (Аристотель тарабынан трагедия аффекттерден тазалануу катары аныкталган да, автор тарабынан эч кандай чечмелөөлөр берилген эмес. Натыйжада, илимде К-ти кандай түшүнүү керек тууралуу адабияттар пайда болгон. Лессинг аристотелдик К-ти моралдык, Э. Мюллер гедонисттик, Я. Бернайс медициналык, Э. Целлер нукура эстетикалык, К. Целль диний ж-а мистикалык маанайда түшүнүшкөн. Илимде аристотелдик К-тин маңызы тууралуу маселени толук чечкен жобо жок, б. а. бүгүнкү күнгө чейин). Аристотель тазаланууну бардык аффекттерден арылуу же аффекттерди кандайдыр бир гармонизациялоо катары түшүнгөндүгү анык эмес. Бул маселени чечүү үчүн Аристотелдин “Поэтикасын” гана эмес, калган чыгармаларын да терең өздөштүрүү талап кылынат. Фрейддин окуусунда К. термини психоанализдин методдорунун бирин белгилөө үчүн колдонулат.

**КАТАСТРОФАЛАР ТЕОРИЯСЫ** (гр. katastrophe – бурулуш, төңкөрүш, талкалануу) – Жердин геологиялык тарыхын узакка созулган тынч абал ж-а мындай тынч абалдардын кыска мөөнөттүн ичинде планетанын түспөлүн кескин өзгөртүп жиберүүчү катастрофанын алмашып туруусу катары караган антиэволюциялык илим. 19-к-дын 1-жарымында пайда болгон. Аны жактоочулардын (Ж. Кювье, А. д“ Орбиньи, Л. Агассис, А. Сэжвик ж. б.) ою б-ча, көптөн бери тынч жаткан жердин катмарлары кокус-тан болгон, өзгөчө күчтүү, катастрофалык кубулуштардын натыйжасында катуу кыймылга келип, жаңы тоо, деңиздер пайда болот, дүйнө жүзүндөгү жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр бүт кырылат да, ээн калган жерге мурункулар менен байланышпаган организмдин жаңы түрлөрү жаралып турат. Кайрадан катастрофа болмоюнча алар анчейин өзгөрүүгө учурушпайт. Мындай катастрофалар Жердин геологиялык тарыхында 27 жолу болгон деп эсептешкен. Илимдин өнүгүшү м-н катастрофалар теориясынын жалган экендиги

аныкталды. Бирок, катастрофалар теориясы өз убагында биостратификациянын, о. эле организмдердин эволюциялык ж-а секирмелүү өөрчүп-өнүгүшү жөнүндөгү окуунун калыптанышына оң таасирин тийгизген.

**КАТАФАТИКАЛЫК ТЕОЛОГИЯ** (гр. kataphatikos – оң , ырастоо) – Кудайды ал тарабынан жаратылган табиятты окуп үйрөнүү аркылуу таанып билүүгө мүмкүн экендигин ырастайт. Псевдо-Дионисийдин пикири б-ча, Кудайды акыл м-н да, сезим м-н да таанып билүү мүмкүн эмес. Бирок Кудай өзүнүн **Нур, Акыйкат, Акыл, Адилеттик, Кудурет** ж. б. күчтөрү аркылуу материалдуу дүйнөнү гармониялуу ж-а кооз кылат, материалдуулук м-н идеалдуулук ортосуна тең салмактуулук орнотот. Кудай тарабынан жаратылган дал ушул табигый мыйзам ченемдүүлүктөрдү окуп үйрөнүү м-н таанып билүүгө болот. Псевдо-Диносийдин пикири б-ча, Кудай өзү тарабынан жаратылган дүйнөнүн башаты, өзөгү ж-а аягы болуп саналат. Асмандагы Кудай дүйнөсүндө иерархия кандай ырааттуу болсо, Кудай тарабынан жаратылган материалдуу дүйнө да ошондой ирээттүү тартипте жайгашкан. Кудай дүйнөсүндөгү тартипти жерге орнотуучу негизги күч болуп Чиркөө эсептелет. Демек, Чиркөө гана Кудайдын жерге орноткон гармониясын, сүйүүсүн, ажайып коздугун адамдарга жеткире алат. Кудайды таанып билүүнүн катафатикалык жолу акылга, философияга, логикага, диалектикага, ой жүгүртүүгө таянат.

**КАТЕГОРИЯЛАР** (гр. kategoria – аныктама, пикир) – курчап турган дүйнө м-н таанымдын өтө маанилүү, универсалдуу касиеттери м-н алакаларын чагылдырган өтө жалпы ж-а фундаменталдуу түшүнүктөр. К. тааным м-н практиканын тарыхый өнүгүшүн жалпылоонун натыйжасында пайда болушкан (мис., материя ж-а аң-сезим, мейкиндик ж-а убакыт, себеп ж-а натыйжа, зарылдык ж-а кокустук, мүмкүндүк ж-а чындык). К. а) дүйнөнүн картинасын, б) ар кандай объекттерди адам тарабынан өздөштүрүүнүн ыкмаларын, в) жалпы эле болмушту, анын ичинен адам болмушун түшүнүүнүн нормаларын иштеп чыгуунун каражаты болуп саналган философиялык түшүнүктөр ж-а ар кандай объекттерди түшүнүүнүн белгилүү бир тибин аныктагандыктан, К. адамдын ой жүгүртүүсү ж-а ишмердиги үчүн маанилүү методологиялык ролду ойношот. Мис., «процесс» түшүнүгү категориалдык мааниде каралса, анда бардык кубулуштар, окуялар процесс түрүндө, б. а. дайым өнүгүп, өсүп, калыптанып, динамикалуу алакада болуп турган процесстин формасында түшүнүлөт. Байыркы мезгилде категориялар нерселердин, кубулуштардын, энергиялардын белгилүү бир типтерин белгилөө үчүн колдонулган. Акырындык м-н категориялардын логикалык функциясы ачык байкалып, алардын нерселердин ортосундагы алакалардын өзөктүү типтерин мүнөздөгөн түшүнүк катары ролу анык боло баштаган. Адамдын ишмердүүлүгүн формалары өнүккөн сайын категориялар жалпылоочу түшүнүккө айланган. түшүнүктөр ар кандай категориялар чиеленген торду элестетет. Категориялардын өз ара алакасы тууралуу маселе философтор арасындагы кызуу талаш-тартыштарды пайда кылат: ал тургай категориялардын эң мыкты системасын түзүүгө карата аракеттер да болгон. Бирок, мындай аракеттерден эч майнап чыккан эмес. Ал тургай Гегелдин категориялар системесынын формасындагы «гармониялуу» деп эсептелген системанын кризиси көптөгөн философтор тарабынан классикалык философиянын күнүнүн бүтүшү катары кабыл алынган. Табигый ж-а коомдук процесстердин үстүнөн түзүлгөн категориялардын иерархиялуу системасын курууга болгон философиялык «долбоор» келечексиз гана эмес, негизсиз да экендиги анык болгондо метафизиканын күнү бүттү деп жарыяланылган. Метафизиканы сындоо м-н философиянын дарегине айтылган дооматтар төмөнкүдөй мотивтерден турган: 1) категориялардын конкреттүү кубулуштардан, окуялардан, алакалардан обочолонгон мүнөз күтүшү, 2) турмуш динамикасына, конкреттүү изилдөөлөргө, адамдардын индивидуалдуу өнүгүшүнө кайдыгер мүнөздөгү категориялар системасынын иерархиясы ж-а бекемдиги. Мындай мотивдердин аралашуусу философиянын, теориялык ж-а кадыресе ойломдун категориялык маданияты тууларуу маселени 20-к-дын философиясында узак мезгилдер бою философиялык изилдөөлөр чөйрөсүнөн сүрүп салган. Бирок, онтологиялык, социалдык-философиялык, экзистенциялдык ж-а маданият таануу проблематикаларын иштеп чыгуунун жүрүшүндө категориялар тууралуу маселе учурдагы философиянын изилдөө талаасынан чыкпагандыгы анык болгон. Мис., жалпы м-н жеке, коомдук ж-а индивидуалдуу, маданий ж-а табигый нерселердин иерархиялуулугун сынга алуу аркылуу аталган категориялардын өз ара табигый ж-а маданий байланышынын негиздерин четке кагуу мүмкүн эмес. Категориялык структураларды сынга алуу категориялык динамиканы четке какпайт. Экзистенциализм тарабынан философияга киргизилген болмуштун экзистенциалдуу проблематикалары адамдын жеке турмуштун тажрыйбасын категориялар аркылуу чагылдырууга болгон аракет болуп саналат. Традициялуу рационализмде философиялык маанайда болбосо да, илимий өңүттө категориялардын үстүнөн бир кыйла иш-аракеттер жүргүзүлгөн. Ошого карабастан, система, уюмдашуу, структура түшүнүктөрү категориялык статуска ээ болушкан.

**КАТЕГОРИЯЛЫК ИМПЕРАТИВ** (лат. imperativus – буйруу, буйрук берүү) – илимге И. Кант тарабынан киргизилген ж-а анын этикасынын негизги түшүнүгүн белгилеген термин. Императив деп эрктин (ички дүйнөнүн) буйруктарын атоо м-н Кант алардын гипотетикалык ж-а категориялык деп аталган эки түрүн айырмалаган. Гипотетикалык императивдер эмгек процесси же күнүмдүк тиричилик менен коштолуп жүргөн

эрктик иш-аракеттерге кирет. Аларга баш ийүү м-н адам алдына өз иш-аракетинин адеп-ахлактык максаты тууралуу маселе койбойт, болгону эле берилген максатка ылайык каражаттарды тандоо тууралуу маселени чечет. Врач ж-а уу берип жаткан адам өз ишин бирдей деңгээлде ийкемдүү аткарышы мүмкүн, бирок, биринчиси адеп-ахлактуу, ал эми экинчиси адеп-ахлаксыз максатты көздөшөт. Гипотетикалык императивдерден айырмаланып, К. И. адамдын иш-аракетинин адеп-ахлактуу жагын аныктайт. К. И. эки аныктамага ээ. "Практикалык акылдын сыны" деп аталган эмгегинде Кант К. И-ди мындайча аныктаган: "Эркиңдин максимасы ошол эле учурда өтө жалпы мыйзамдын принциби боло алгыдай ишти кыл". Экинчи аныктаманы Кант "Кулк-мүнөздүн метафизикага карата негизги жоболор" деп аталган эмгегинде берген: "Сен тарабынан өзүң жана башкалар түрүндөгү адамзат жөн гана каражат эмес, максат катары каралууга тийиш болгон ишти кыл. Кантка ылайык К. И. практикалык акылдагы өтө жалпы ж-а жалпыга милдеттүү мыйзам болуп саналат. Келип чыгышына, тегине, байлыгына, бийлигине карабастан, бардык адамдар К. И-ге баш ийүүгө милдеттүү. Адептүү адам ар кандай жагдайларга карабастан, К. И-ге баш ийүү менен аны өзүнүн бийик парзына айландырып алат. К. И-дин өтө жалпылыгын, диндин талаптарынан көз карандысыздыгын, бардык адамдардын моралдык мыйзамдын алдындагы тең укутуулугун жарыялоо м-н Канттын адеп-ахлак мыйзамдары ошол кездеги Германияда үстөмдүк кылган феодалдык христиандык моралдын негизги абалдарынан кескин айырмаланган. Адамды каражат эмес, максат катары кароо, бардык адамдардын моралдык мыйзамдын алдындагы тең укуктуулугун жарыялоо м-н Канттын К. И. антифеодалдык мүнөз күткөн. Ошол эле учурда К. И. Руссо м-н француз материалисттеринин этикалык идеяларына каршы келген. 18-к-дагы буржуазиялык революциянын идеологдору эң бийик максат катары жалпы бакытка жетүүнү атап ж-а бул максатка жетүү үчүн күрөшкө чакырышса, Кант бакытка жетүү эч мүмкүн эмес деп эсептеген. Анын пикири б-ча, жалпынын принцибине айланган бакытка умтулуу коомдук кызыкчылыктардын гармониясын эмес, ыйкы-тыйкылар м-н карама-каршылыктарды пайда кылат. Ошол себептен инсандан өзүм билемдик м-н адилетсиздикке каршы активдүү күрөшкө чыгууну талап кылбайт. Канттын пикири б-ча, максат болуп К. И-ге ылайык келген ой м-н маанайды түзүү гана болуп саналат. Бул болсо Канттын этикасынын негизги мыйзамынын формализмин ж-а мазмунсуздугун аныктайт. Кант ар кандай доорлор м-н таптардын моралынын ортосундагы айырмачылыктарга көңүл бурбастан, бардык адамдарга, таптарга ж-а элдерге бирдей даражада мүнөздүү болгон жалпы моралдык аң-сезимди негиздеген. Француз революциясынын Канттын философиясы м-н этикасына тийгизген таасирин көрсөтүү м-н Маркс ж-а Энгельс мындай деп белгилешкен: Кант "...француз буржуазиясынын материалдык мотивдерге ээ эркин (каалоо-тилегин) "эркин эрктин", таза эрктин, адам эркинин аныктамасына айландыруу менен анын моралдык постулаттардын идеологиялык аныктамасын пайда кылган" Канттан кийинки буржуазиялык этиканын өкүлдөрү категориялык императив түшүнүгүн өздөрүнүн адеп-ахлак теорияларын негиздөө үчүн арбын колдонушкан. Субъективизмдин позициясында Канттын окуусун сынга алуу м-н Фихте категориялык императивге "Ар дайым маңдайыңа жазылган ишти кыл" деген аныктама берген. Бул аныктамага ылайык, ар бир адам өзүнө гана арналган милдетти аткарып, ошол максатка жетүү үчүн жашайт. Канттын моралынын абстракттуу, нормативдүү мүнөзү Гегель тарабынан четке кагылган. Гегель К. И-ди "көңдөй формализм", "парздын урматын көздөгөн парз, "түбөлүк милдеткер болуу" ж. б. атаган. Фейербах Канттын К. И-не каршы чыгуу м-н жападан-жалгыз К. И. болуп бакытка умтулуу ж-а эң зарыл керектөөлөрдү канааттандыруу эсептелет деген. Классикалык немец философиясынын өкүлдөрү К. И-ди формалдуу, абстрактуу, ригоризмдүү мүнөзү үчүн сынга алып жаткан учурда, Канттын категориялык императивинин аталган белгилери неокантианчылыктын этикалык окууларында оң бааланып, өзгөчө түрдө өнүктүрүлө баштаган. Канттын моралынын ригоризми ж-а милдеттүүлүгү адеп-ахлактуу ж-а саясий оппортинизмди актоо үчүн пайдаланылган. Неокан-тианчылар К. И. тууралуу окууга таянуу м-н таптык антагонизмге негизделген коомдо жалпыга, бардык таптарга бирдей адеп-ахлактын болушу мүмкүн эмес деп белгилеген марксисттик-лениндик теорияга каршы чыгышкан. Категориялык императивдин талаптары неокантианчылар тарабынан жалпы адамзаттык мүнөзгө ээ, ал эми бул принципке негизделген этика адеп-ахлактуулуктун өтө жалпы теориясы катары бааланган. Неокантианчы-ревизионисттер М. Ад-лер, Э. Бернштейн, Л. Вольтман ж. б. тууралуу окууну "этикалык социализм" теориясын негиздөө үчүн пайдалангысы келген. Коомго карата өздүк көз караштарын марксисттик-лениндик окууга каршы коюу м-н этикалык социалисттер социализмди адамзаттын К. И. катары карашкан. Алар пролетардык революциянын зарылдыгын четке кагуу м-н социализмге адеп-ахлактык жактан жакшыруу жолу м-н жетүүгө болоорун далилдөөгө аракет кылышкан. Мындай жакшыруунун натыйжасында эсплуататорлор да, эксплуатациялангандар да К. И-ге баш ийүүгө мажбур болушат. Учурдагы айрым батыш философтору, мис., натуралисттик этика деп аталган окуунун өкүлдөрү К. И-ди өз окуусуна ылайык чечмелөө м-н кеңири пайдаланышат.

**КАТЕДЕР-СОЦИАЛИЗМ** (нем. katheder-sozialismus. katheder – кафедра) – буржуазиялык социализмдин бир түрү. 19-к-дын 2-жарымында Германияда пайда болгон. Ал университеттердин кафедраларынан

капитализмдин тынч жол м-н социализмге өсүп чыгышы жөнүндөгү апологетикалык теорияны үгүттөшкөн германиялык буржуазиялык профессорлорду баш коштурган. Катедер-социализмдин А. Вагнер, Г. Шмоллер, Л. Брентано сыяктуу өкүлдөрү социалисттик фразаларга жашынышып, иш жүзүндө герман буржуазиясынын ж-а юнкерчиликтин кызыкчылыгын көздөшкөн. Марксчыл саясий экономиянын бир топ жоболорун катедер-социалисттердин буржуазиялык либерализмдин духунда түшүндүрүшү немец социал-демократиясында ревизионизмдин чыгышына шарт түзгөн. Катедер-социализмди К. Маркс ж-а Ф. Энгельс сындаган. В. И. Ленин катедер-социализмдин Россиядагы "легалдуу марксизм" ж-а эл аралык ревизионизм м-н байланышын ачкан. 20-к-дын башында катедер-социализмдин бедели бир топ төмөндөгөн. Кийинчерээк анын идеяларын реформизмдин ж-а саясий реакциянын идеологдору кабыл алышкан.

**КАТОЛИЦИЗМ** (гр. katholikos – жалпы, бүткүл ааламдык) – православие ж-а протестантизм м-н бирдикте христианчылыктагы негизги багыттардын бири. Христианчылык пайда болгондон тартып бүткүл ааламдык, кафоликалык, б. а. собродук деп аталган бирдиктүү христиан чиркөөсү болгон. Анын Константинополду борбор кылган чыгыш ж-а Римди ордого айландырган батыш деп аталган эки бөлөк чиркөөгө бөлүнүшү 9-к-да башталып, 11-к-да (1054) аяктаган. Алардын ар бири өзүн кафолик же роман-латынча католик чиркөөсү деп атаган; орус тилинде бул түшүнүккө «собордук» деген термин ылайык келет. Акырындык м-н Батыш ж-а Чыгыш Чиркөөлөрүнүн ортосундагы карама-каршылык күч алат. Ал төмөнкүдөй факторлор м-н шартталган: бир жагынан аталган Чиркөөлөр Европадагы мамлекеттерге саясий үстөмдүк орнотуу үчүн болгон күрөш м-н байланышса, экинчи жагынан Константинополдун же Римдин таасирине туш болгон элдердин менталитетинин өзгөчөлүктөрү м-н аныкталган. Мисалы, чыгыш ж-а түштүк славян урууларынын маданияты, этностук ац-сезими, рухий дөөлөттөрү үчүн Чыгыш христианчылыктын окуусу жакын болуп, натыйжада православие дини калыптанган. Герман уруулары Рим-католик Чиркөөсүнүн жетекчилиги астындагы Батыш христианчылыкты кабыл алышкан. Христианчылык өз мацызы б-ча космополиттик (улуттук мүнөзгө ээ эмес) дин болсо да, тигил же бул элдердин улуттук өзгөчөлүктөрүнө ыцгайланышуу м-н Батыш ж-а Чыгыш Чиркөөлөрүнүн ортосундагы айырмачылыктарды кескин күчөтүп жиберген. Натыйжада, 1054-ж. христианчылык официалдуу түрдө эки багытка ажырап кеткен. Православие м-н католицизмдин ортосундагы айырмачылыктар төмөндөгүлөргө негизделген: 1) 6–9-к-дардын аралыгында Чыгыш м-н Батышта ар кандай мүнөздөгү христиан догматикасы калыптанат. Рим-католик Чиркөөсү догматтарды өнүктүрүү принцибин кабыл алган. Бул принцип б-ча Чиркөө Соборлору жацы догматтарды кабыл алууга толук укуктуу. Православ Чиркөөсү бул принципти толугу м-н четке кагат. Мисалы, Батышта Ишенимдин Никей-Царьграддык Символу «филиокве» (лат. filioque – уулдан дагы) деген түшүнүк м-н толукталган. Башкача айтканда католик Чиркөөсү Никей-Царьграддык Собордун чечимдери менен канааттанбастан, кийинки Соборлорду да чакырган. Кийинки Соборлордо кабыл алынган филиокве принциби б-ча Ыйык Рух Кудай Ата м-н Кудай Уулдан дагы жаралган. Православие дини Никей-Царьграддык Собордун чечимдери м-н толук макул, б. а. Ыйык Рухту Кудай Ата жараткан деп эсептейт ж-а кийинки Соборлорго катышкан эмес. Демек, православие кийинки Соборлордо кабыл алынган догматтарды четке кагат; 2) 20-к-га чейин католиктер тарабынан православие четке каккан төмөнкүдөй догматтар кабыл алынган: тазартуу (чистилище) тууралуу догмат (1439-ж.); жакшы иштердин запасы тууралуу догмат (1854-ж.); Ыйык Мариянын күнөөсүз кош бойлуу болушу тууралуу догмат (1854-ж.); Ыйык Мариянын денесинин асманга кетиши тууралуу догмат (1950-ж.); 3) Католицизм Рим Папасын рим-католик чиркөөсүнүн башчысы гана эмес, Христостун мурасчысы, христианчылыктагы ар кандай багыттарга таандык экендигине карабастан, бардык христиндардын атасы ж-а устаты деп атайт. Православиеде Рим Папасынын мындай кецири мүнөздөгү бийлиги кабыл алынбайт; 4) Католицизм м-н православиеде диний ырым-жырымдар да ар кандайча түшүндүрүлөт. Мисалы, католик done причащение (Кудайдын денеси ж-а каны деп ооз тийилүүчү нан ж-а вино ичип, Кудайды эскерүү) ырымы бекем орногон. Католиктерде дин кызматкерлери нан ж-а вино (нан – Христостун денесинин, вино – канынын символу) м-н Кудайды эскерсе, жөнөкөй христиандар нан гана ооз тийүүгө укуктуу. Католицизмде чокундуруу ырымы православиедегидей сууга чөмүлтүү жолу м-н эмес, үстүнөн суу куюу аркылуу жүргүзүлөт. 5) Католиктер латын тилинде жазылган Библияны гана кабыл алышат ж-а аны башка тилдерге которууга тыюу салышат. Православиеде диний кызмат жергиликтүү элдин тилинде жүргүзүлөт. Ошондуктан, православиени туткан элдерде Библияны башка тилдерге которуу салыштырмалуу эрте башталган. Мисалы, грек улутундагы орус агартуучулары, ага-ини Кирилл ж-а Мефодий тарабынан Библия грек тилинен эски орус тилине которулган. 6) Католицизмде дин кызматкерлеринин Чиркөө эрежелерине «кыцк» этпестен баш ийиши салт. Мис., католик дин кызматкерлери үй-бүлө, бала, чарба күтпөө тууралуу ант беришет. Православиеде мындай ырым-жырым жок. Ошол себептен эрежелерди бекем сактаган Ыйык адам катары түшүнүлгөн Рим папаларынын күнөөсүздүгү тууралуу догмат 1870-жылы кабыл алынган. Православиеде дин кызматкерлеринин күнөөсүздүгү тууралуу догмат толугу менен четке кагылат. 7) Православие мамлекеттин саясий бийлигине

кийлигишпейт ж-а адамдардын адеп-ахлактуу жүрүм-турумун жөнгө салуу м-н гана чектелет. Аврелий Августиндин окуусуна таянуу м-н Рим-католик Чиркөөсү өз бийлигин динсиз мамлекеттерге орнотууга ж-а аларды саясий тескөөгө алууга умтулган. Чиркөөнүн светтик бийликке болгон үстөмдүгү тарыхта клерикализм (лат. cularis – Чиркөө бийлиги) деген ат м-н белгилүү. Ошондуктан Батыш Европанын орто кылымдардагы тарыхы Рим папаларынын Чиркөөгө баш ийбеген динсиз мамлекеттер м-н болгон тынымсыз күрөшү м-н коштолгон. 8) Православиеде дин кызматкерлеринин зомбулук көрсөтүүгө ж-а курал колдонууга таптакыр укугу жок. Католиктерде зомбулук христиан динин орнотуунун, таратуунун ж-а коргоонун негизги каражаты болуп саналган. Ушул максатта католиктер тарабынан аскерлештирилген уюмдар ж-а кечилдик ордендер түзүлгөн. Аскерлештирилген кечилдик ордендери еретиктер м-н күрөшүү үчүн түзүлгөн. Ошол эле максатта көп кылымдар бою адамкерчиликсиз ырайымсыздык ишмердүүлүгүн жүргүзгөн инквизиция (лат. inquisitio – издөө салуу) деп аталган өзгөчө сот органы негизделген. Негизги кечил ордендери болуп доминикандыктар менен францискандыктардын уюмдары эсептелген. Доминикандыктардын ордени 1216-ж. испан дворянини Доминик (1170-1221) тарабынан негизделген. 13-к-дан бул орден инквизицияга жетекчилик кылган. Өздөрүн «Кудайдын дөбөттөрү» деп аташкан доминикандыктар католик дининин куралдуу коргоочулары болуп саналышкан ж-а инквизициялык сотторго еретиктерди кармап беришкен. Доминикандыктар еретиктерге каршы от ж-а силлогизмдердин жардамына таянуу м-н күрөшүшкөн. Ошондуктан алардын гербинде тиштерине балбылдап жанган факелди тиштеген иттин башы тартылган. Францискандыктардын ордени 1209-ж. италиялык акын ассиздик Франциск (1182–1226) тарабынан негизделген. Бул ордендин ишмердүүлүгү доминикандыктардыкына караганда бир аз башкача мүнөзгө ээ. Алар жакырлардын ж-а бей-бечаралардын кейпин кийип, эл массаларына барат да, аларга христианчылык окуусун ж-а аскетизм принциптерин жайылтышат. Элди аралап жүрүп, еретиктерге каршы тыңчылык кылышат. 9) Чыгыш м-н Батышта христианчылыктын дин окуусунун маңызын түшүнүү да ар башкача болгон. Православиеде Кудайды акылдын эмес, мистиканын жардамы м-н гана таанып билүү мүмкүн. Дин илимий изилдөөлөрдүн предметине айлануу м-н динсиздикке жол ачат. Ошондуктан православиеде дин окуусу кереметтүү сыр катары кабыл алынат. Католизмде Кудайды чыныгы таанып билүү акыл м-н илимдин жардамысыз эч мүмкүн эмес деген түшүнүмдөр эрте калыптанган. Ошондуктан Чиркөө аталарынын окууларына таянуу м-н 6–13-к-да Рим-католик Чиркөөсү тарабынан христиандык динди рационалдаштыруу жүргөн. Башкача айтканда бул мезгилдерде христианчылыктын догматтары илимдин ж-а философиянын жардамы м-н негизделген. Орто кылымдарда диний философия өнүккөн маданий чордон болуп университеттер (лат. universitas litterarum – илимдердин жыйындысы) эсептелишкен. Университеттер деп дин кызматкерлерин, билимдүү адистерди даярдаган ж-а диний маселелерди талкуулаган маданий мекеме аталган. Орто кылымдардагы негизги университеттер болуп Париж, Кельн, Оксфорд, Болонья, Неополь, Падуа ж. б. жогорку окуу жайлары эсептелген. Орто кылымдардагы университеттердин эң башкы метрополиясы болуп Париж университети саналган. Андан кийинки орунду философиялык ж-а илимий борбор катары даңкталган Оксфорд университети ээлеген. Университеттердин аты эле айтып тургандай, аларда ошол кезде белгилүү болгон илимдердин баары окутулган. Илимдердин эң маанилүүсү ж-а башкысы катары христиандык теология аталган. Философия теологиялык гана эмес, искусство м-н байланышкан башка факультеттерге да окутулган. Университеттердеги эң маанилүү факультеттер болуп теологиялык, юридикалык ж-а медициналык бөлүмдөр саналган. Бардык факультеттерге «жети эркин искусство» деп аталган илимдердин комплексинен дарстар окулган. Бул комплекс Боэций тарабынан иштелип чыккан ж-а өз кучагына «тривиум» (грамматика, риторика (чечендик өнөрү), диалектика) м-н «квадриумду» (арифметика, геометрия, астрономия ж-а музыка) камтыган. Теология гана илим деген статуска ээ болгондуктан, бул илимдер эркин искусстволор деп аталышкан. Бүгүнкү күндө католицизм динин туткандардын саны христиандардын басымдуу көп бөлүгүн түзөт. Христианчылыктын бул багыты Европанын роман тилинде сүйлөгөн өлкөлөрүндө, Латын Америкасында, Польшада ж. б. өлкөлөрдө кеңири тараган.

**КВАНТИФИКАЦИЯ** (лат. quantum – канча, facio – жасайм, кылам) – салттуу логикада ойломго "бардыгы" ("ар бири", "каалагандайы") деген сөздөрдү кошуу м-н, анын субъекттери м-н предикаттарынын көлөмүн аныктоо; математикалык логикада К. – эсептөөнүн предикаттарын кванторлор м-н байланыштыруу операциясы (кара, *Предикаттын квантификациясы, Кванторлор*).

**КВАНТОР ЖАЛПЫЛЫГЫ** – предикаттардын логикасынын универсалдык айтуусун билдирүүнү мүмкүн кылган логикалык оператор. К. ж. символ м-н белгиленет: К. ж-нын символу катары A тамгасы алынган. Мис., бардык **x** үчүн **P(x)** орун алат деп айтуу керек болгондо, төмөнкүдөй жазылат: **x P(x)** Бирок **x A(x)** мындай окулат: «Бардык **x** учурунда **A(x)** орун алат». Польшанын логикалык эмгектеринде К. ж. кээде П символу м-н, ал эми француз эмгектеринде Т тамгасы м-н белгиленет. Табигый тилде К. ж. колдонулбайт, бирок логикалык мааниси б-ча бул кванторго окшош сөздөр бар. Мис.,«ар бир», «бардык» ж.

б. К. ж-н тануугa болот. Ал үчүн квантордун үстүнө сызыкча коюлуп, төмөн-күдөй жазылат: **xA(x).** Бул мындай окулат: «Бардык эле **x**, **A** касиетине ээ эмес».

**КИНДИ** аль-Кинди Абу Юсуф Якуб (800–879) – орто кылымдагы араб-мусулман ойчулу, чыгыш аристотелчилигинин өкүлү. Араб дүйнөсүндө аристотелизмге жол ачкан алгачкы араб философу болуп эсептелет. Ал илим м-н философиянын динден көз карандысыз өнүгүүсүн жактаган. Аль-Кинди геометрия, астрономия, оптика, метеорология, медицина, психология ж-а музыка тармагы боюнча көп сандаган эмгектерди жаратуу м-н энциклопедист окумуштуу катары даңкталган. Анын чыгармалары ислам ортодоксиясы тарабынан дайыма өрттөлүп тургандыктан, бизге чейин алардын аталыштары гана келип жеткен. Аль-Кинди араб философторунун арасынан өзүн аристотелизмдин жактоочусу ж-а Аристотелдин комментатору деп атаган алгачкы ойчул болгон. Ал Кудайды четке кагуу м-н дүйнөнүн башаты катары материя, форма, кыймыл, мейкиндик ж-а убакыт сыяктуу беш «түп субстанцияны» атаган. Башкача айтканда, ал Аристотелдин он категориясын аталган «түп субстанциялар» м-н алмаштырган. Аль-Кинди философияны нерселердин маңызын таанып билүүнү көздөгөн илим катары аныктаган. Ал Аристотелдин чыгармаларына баяндама жасоо м-н логикалык ж-а гносеологиялык проблемаларды чечүүгө арналган философиялык чыгармаларды жараткан. Ал себептүү байланыштарды четке кагуу м-н дүйнөнү таанып билүү мүмкүн эмес деген мутакалимдерге каршы чыгып, чындыкты таанып билүүнүн жалгыз булагы ж-а критерийи катары адамдын акылын атаган. Анын пикири боюнча, материалдуу дүйнөнү илимдин жардамы менен гана таанып билүү мүмкүн. Ошондуктан Аль-Кинди илимий таанып билүүнүн үч тепкичинин төмөнкүдөй схемасын сунуш кылат: таанымдын алгачкы тепкичи айрым нерселер тууралуу ой жүгүрткөн логика м-н математикадан башталып, жаратылыш тууралуу жалпы билимдерди камтыган таанымдын экинчи тепкичи – табият таанууга өтөт. Ааламдын өнүгүшүнүн ж-а кыймылынын универсалдуу мыйзам ченемдүүлүктөрү таанымдын үчүнчү тепкичи болуп эсептелген философиянын предмети болуп саналат. Ошентип, Аль-Киндинин пикири боюнча философия динге эмес, логикага, математикага ж-а табият таануу илимдеринин маалыматтарына таянат. Аль-Кинди илимий ишмердүүлүгүн астрология м-н айкалыштырып, халифаттын ж-а халифтердин бийлик жүргүзүү мөөнөттөрүнүн гороскоптук төлгөлөрүн түзгөн, ырым-жырым белгилеринин мааниси тууралуу илимий чыгармаларды жазган. Ислам дини үчүн Аль-Кинди коркунучтуу еретик болуп саналган ж-а ал куугунтукка алынып, анын эмгектери диний реакциялардын учурунда өрттөлүп турган. Исламдын диний догматтары м-н келишпестигин Аль-Кинди жашырган эмес. Ал антикалык грек философиясына зор урмат м-н мамиле жасап, Курандын чындыгынан күмөн санаган: «Курандагы композициялардын ирээти, стили, көркөмдүгү ж-а кылдаттыгы жок. Ал башынан аягына чейин карама каршылыктуу көз караштарга жык толгон. Андагы бир сентенция (лат. sententia – ой, пикир) экинчисин жокко чыгарып турат. Жалпы жонунан Курандын логикалык базасы бышып жетилген эмес».

**КИНИКТЕР** (гр. kynos – ит) – Байыркы Грецияда Сократтын окуучулары тарабынан негизделген этикалык мектептин өкүлдөрү. К-дин мектеби афиналык эркин адам м-н фракиялык күңдүн уулу, ошон үчүн афиналык мыйзам боюнча мыйзамсыз туулган, укуксуз адам делип эсептелген Антисфен тарабынан негизделген. Энесинин күң экендигин мыскылдаган адамдарга ал кудайлардын энеси да Фракиядан чыккан деп жооп берчү. Сократтын окуучуларынын ичинен ал эң улуусу болгон: сыягы, Антисфен 5-к-дын ортосунда төрөлүп, Сократ м-н таанышканга чейин софист ж-а ритор болсо керек. Кийин анын окуусунда Сократтан сырткары Протагор, Горгий, Продик, Гиппий сыяктуу улуу софисттердин таасирлери ачык байкалган. Сократтын өзүнө ж-а окуусуна таазим кылуу м-н, Платондун маалыматы б-ча, Антисфен аны уу ичип өлгөнгө чейин таштаган эмес. Ушундан кийин ал Афины шаарынын чебинин сыртында жайгашкан Киносарг (гр. Kynosarges – шок иттер) деп аталган ж-а мыйзамсыз төрөлгөн балдарга арналган атайы гимназияны негиздеген. Антисфен Сократтын логикасын андан ары өнүктүрө алган эмес. Анын пикири б-ча, таанып-билүүнүн, жападан-жалгыз булагы болуп түшүнүктөр же логикалык мыйзам ченемдүүлүктөр эмес, сезип-туюулар гана саналат. Бирок, ал Сократтын этикасын ж-а моралын өзгөчө нук м-н өнүктүрө алган. К-дин моралы өтө эле жупуну. Алар Сократтын эч нерседен муктаж болбой жаша деген принцибин ашынган формага айландырып жиберишкен. Антисфен ж-а анын окуучулары өздөрүн киниктер же циниктер деп атоо м-н эч нерседен муктаж болбой жашаган селсаяк иттин жашоосун тандап алышкан. Башка божомолдор б-ча, аларды коом м-н эч байланышы жок ж-а коомго жат жашоо образы (жакырчылык, жалгыз бойлук, кайырчылык кылуу ж. б.) үчүн ит деп аташкан. К. жакшылык деп материалдуу жыргалчылыктардан, этикалык ж-а мыйзам нормаларынан, маданияттан көз каранды болбой, эркин жашоону түшүнүшкөн. Акылман өзүнүн табигый зарылдыктарын канааттандыруу м-н гана чектелип, таптакыр эле жарды болууга тийиш. Акылсыз өз табиятынан сырткары жашаган нерселерден бакыт табам деп күнөөгө батат, азап тартат. Жакшылык м-н күнөөгө карата мындай көз караш дене рахаттарын, материалдуу жыргалчылыктарды, ыңгайлуу шарттарды толугу м-н четке кагууга алып келген. Мисалы, алар атайылап жугунду тамактан ырахат алып, ичишчү, самсаалаган жалгыз чапандан бөлөк кийими болгон эмес, төшөктүн ордуна сыз жерди

пайдаланышкан, жакыр жашашкан. Уятсыздык деп ар кандай маданий көз карандылыкты түшүнүшкөн. Ошондуктан, афиналыктардын сыпаа манераларына өздөрүнүн уятсыздыгы м-н айырмаланган сөздөрүн ж-а кыймыл-аракеттерин атайылап каршы коюшкан. Бирок, Сократ эч нерседен муктаж болбой жаша деп өзгөрмөлүү моданын, пендечилик кызыкчылыктарынын, артык дөөлөттүн керектөөлөрү м-н зарылдыктарынан көз каранды болбой жашоону түшүнгөн. Сократка ылайык, сезимдик рахаттын өзү жакшылык да, жамандык да болуп эсептелбейт, алар этикалык жактан нейтралдуу. Ал эми Антисфен болсо, сезим рахаттарынын баарын жаман деп эсептеп, "сезим рахатын татуудан көрө акылдан айныган артык", – деген. Ошондуктан, К. аяздуу күнү муздак мраморду кучакта, ал эми жайында ысык кумга оонап жат деп кеңеш беришкен. К-дин өзгөчө атакка ээ болгон философу болуп синоптук Диоген (так өмүр жылдары анык эмес, б. з. ч. 4-к.) эсептелет. К-дин мектебин Антисфен негиздесе да, анын атагын Диоген чыгарган. Диоген фундаменталдуу философиялык эмгектерди түзгөн эмес, бирок тарыхка өзүнүн күлкүлүү, чыр-чатактуу мүнөзү, ашынган ит турмушу, ошондой эле курч сөздөрү м-н калып калган. Маалыматтар б-ча, Диоген Афины полисинин толук кандуу атуулу болгон эмес. Ошондуктан, ал Киносарг мектебинде окуган ж-а кийин ушул мектептин мугалими болуп калат. Анын ит деген кошумча аты мектептин атына айланган. Анын самсаалаган эски чапаны, жыгач таягы, темир чөйчөгүнөн башка материалдык байлыктары болгон эмес. Адамдардын бардык шарттары түзүлгөн имараттарда жашоосун шылдыңдап, өзү вино куйган челектин ичинде жашаган. Бир жолу кочуштап суу ичип жаткан баланы көрүп, «О, шордуу башым, кереги жок нерсени эмнеге көтөрүп жүрөм. Кичинекей бала жашоого болгон жупуну мамилеси менен менден ашып түштү», – деп, темир чөйчөгүн ыргытып жиберген. Бир жолу ал статуядан кайыр сурап, көпкө турат. Эмне үчүн анттиң деген суроого: «Өзүмдү жокчулукка үйрөтүү үчүн», – деп жооп берген. Афины шаарынын көрүнгөн жеринде уктап, тамак жеп, коомдук тартипти өзүнүн ыплас сөздөрү, кыймыл-аракети, жүрүм-туруму м-н бузуп, аянттардагы элди үркүткөн. Диогендин «Адамды издеп жүрөм», – деген сөздөрү К-динураанына айланган. Уламыш боюнча, Диоген таламандын чак түшүндө колуна чырак жандырып, мойнуна «Адамды издеп жүрөм» деген жазуусу бар тактаны илип алып, Афинынын көчөлөрүн аралап жүргөн. Ал материалдуу жыргалчылыктардан, байлыктан, бийликтен, атак-даңктан, дөөлөттөрдөн, этикалык принңиптерден көз каранды болбогон адамды издеген. Диогендин пикири б-ча адамдар байлык, бийлик, даңкты бакыт деп туура эмес түшүнүшүп, кур кыялдын дүйнөсүндө жашашат. Ал жаратылыш мыйзамдарынан башка бардык мыйзамдарды четке каккан. Адам өзүн өзү таанып-билиши абзел. Ошондуктан, математика, физика, музыка ж. б. илимдердин ага эч кандай кереги жок. Адамды бактылуу кыла турган нерсе болуп эркиндик гана эсептелет. Эркиндикке жетүүнүн каражаты катары ал аскеза (гр. asketes – оор эмгек) түшүнүгүн киргизген. Аскеза – бул жөн гана философиялык түшүнүк эмес. Аскеза деп турмуштун өйдө-ылдыйына дайым даяр болуп туруу үчүн дене м-н рухту машыктыруу; өздүк каалоолор м-н сезимдерди ооздуктоо; өзүн рахаттар м-н кумарларга салкын мамиле кылууга, аларды четке кагууга тарбиялоо түшүнүлөт. Диоген биринчилерден болуп К-дин окуусун практикада далилдеген ойчул болгон. Турмуштук идеал, жашоо маңызы болуп автаркия (гр. autarkeia – канагат, шүгүрчүлүк) эсептелет. Автаркия деп Диоген бири кем дүйнөнүн тынымсыз өзгөрүүлөрүнө кайдыгер мамиле жасап, жандын тынч болушун түшүнгөн. Мындай мааниде Диогендин македондук Александр м-н болгон кездешүүсүн мисал келтирүүгө болот. Өзүнө жагалданган философтордун арасынан Диогендин жок экендигине таң калган өкүмдар Македониядан Афиныга карай жол тартат. Бул учурда Диоген Афинынын бир аянтында далысын күнгө кактап олтурган. "Мен македондук өкүмдар Александрмын", – деп салтанаттуу тааныштырат өзүн падыша. «А мен болсо, дөбөт Диогенмин», – деп ошондой эле салтанаттуулук м-н айтылган жооп чыгат. Эмнеге сени дөбөт деп аташат? Ким мага нан ыргытса, ошого шыйпаңдайм, ким ыргытпаса, каап алам, жаман адам болсо тиштейм. «Эмне каалайсың, муктаж болгон нерсең барбы?», «Албетте, нары турчу, сен мага күндү калкалап жатасың». Тең дүйнөнү каратып алган Александрдын белегине ж-а улуу өкүмдардын өзүнө кайдыгер экендигин билдирген адамдын жообуна таң калган Александр бир аз нары жылып, «Эгер мен Александр болбогонумда Диоген болууну каалар элем», – деп жар салган. Байыркы мезгилдерде эле К-дин окуусу даанышмандыкка карата кыска жол деп аталган. Диогендин көрүстөнүнө иттин түспөлүндөгү мрамор эстелик орнотулуп, ага мындай деп жазылган: «Мезгилдин өтүшү менен мрамор да эскирет, бирок, Диоген сенин даңкың кылымдарга калат Анткени, сен пенделерди шүгүрчүлүк кылып жашоого ынандырып, турмуштун эң жөнөкөй жолун көрсөтүп бере алдың». Диогендин окуусуна төмөн-күдөй өзгөчөлүктөр мүнөздүү болгон: Кинизм окуусунун башкы максаты болуп терең философиялык теорияны иштеп чыгуу эмес, коомдон сырткары жакыр, селсаяк турмушта жашоо аркылуу, турмуштун өйдө-ылдыйына практика жүзүндө даяр туруу; коомго баш ийбей, эркин жашоо; мителик өмүр сүрүү, кайырчылык кылуу; материалдуу жыргалчылыктарды, ыңгайлуу шарттарды, мыйзамдарды, этикетти, гигиенаны четке кагуу; физикалык ж-а рухий жакырды жар салуу; башка философиялык мектептерге, өзгөчө идеалисттик окууларга терс мамиле кылуу; өз көз караштары м-н турмуш образын коргоодогу агрессивдүүлүк; патриотизмдин жоктугу,

каалагандай коомдо ошол коомдун эмес, өздүк мыйзамдар б-ча жашоо («Жамаатсыз, үйсүз, мекенсиз жашоонун артыкчылыгы»); негизги көңүлдүн коомдогу ж-а адамдардагы начар сапаттарга бөлүнүшү; радикализм, парадоксалдуулук, чыр-чатактуулук; традициялуу турмуш образын жактагандарды аеосуз шылдыңдоо; алгачкы жамааттагы элдер м-н айбандардын жашоо турмушун идеалдаштыруу. Киник мектеби антикалык полис кризиске учураган мезгилде пайда болгон ж-а коомдук мамилелердин официалдуу системасынын татыктуу орун ала албаган адамдар тарабынан кызуу кабыл алынган. Кийин бул мектептин негизинде дервиштердин, хиппи кыймылынын көз караштары пайда болгон.

**КИРЕНА МЕКТЕБИ** – Байыркы Грецияда Сократтын окуучулары тарабынан негизделген этикалык мектеп. Гедонисттик (гр. hedone – ырахат, кумар, жыргал) же киреналык (Кирена – түндүк Африкадагы шаар) мектепти гректердин түндүк Африкадагы бай колониясы болуп эсептелген Кирена шаарынан чыккан софист Аристипп негиздеген. Сократтын даңкын угуп, Грецияга келип, афиналык акылмандын окуучусуна айланган. Бирок, Сократ м-н таанышкандан кийин Аристипп өзүнүн моралдык-философиялык көз караштарынан баш тарткан эмес ж-а устатынын өлүмүнөн кийин аларды андан ары өнүктүргөн. Аристипп жаратылышты окуп-үйрөнүүгө каршы чыккан. Анын пикири б-ча, адамдын жашоосунун маңызын рахат, жыргал, кумар түзөт. Адамга өмүр бир жолу берилген, ошодуктан, ал жашоодон максимум рахат алууну максат кылуусу зарыл. Демек, жашоонун максаты – рахат, ал эми рахаттар менен жыргалдардын жыйындысы бакытты берет, байлык рахатка жетүүнүн каражаты. Философия болсо рахат алуунун ж-а бактылуу болуунун практикалык илими болуп эсептелет. Ашыкча рахаттан азап тартпоо үчүн адам аларды туура баалай билүүсү абзел. Ал рахаттарды баалоо өнөрүн Сократтан үйрөнгүсү келген. Аристипптин пикири б-ча философия практикалык гана максаттарга ээ, теориялык таанып-билүү мүмкүн эмес деп үйрөткөн. Аристиппти сенсуализмдин негиздөөчүсү деп айтууга болот. Ал ар бир адам душмандар тарабынан курчалган шаар сыяктуу өз сезимдеринин туткуну деген. Биз сырткы себептерди биле албайбыз, анткени, сезимдер гана нерселер тууралуу маалыматтарды берет, ошондуктан, сезимдердин маалыматынан башка нерсени билүү мүмкүн эмес. Демек, сезимдер биздин субьективдүү кабыл алууларыбыздын негизи болуп саналат. Биз таттуулукту, актыкты сезебиз, бирок, бул сезимдерди пайда кылган нерселер таттуу же ак экендигин билбейбиз. Анткени, сезимдер субьективдүү гана мүнөзгө ээ, биз курчап турган дүйнөнүн нерселери же башка адамдардын сезимдери тууралуу эч нерсе биле албайбыз. Анын үстүнө, дүйнөнүн нерселери же башка адамдардын сезимдери биз үчүн практикалык мааниге ээ болбогондон кийин, аларды таанып-билүүнүн кажети не? Аристипптин мындай скептикалык теориясы софисттердин, өзгөчө, Протагордун окуусунун таасири астында калыптанса керек. Аристипп тууралуу философ-тарыхчы Диоген Лаэртский кеңири маалыматтарды жазып калтырган. Анын эскерүүлөрүнө караганда, Аристипп көңүлү куунак, бейкапар, куйулуштуруп сүйлөгөн, элди өзүнүн тапкычтыгы, өткүрлүгү, курч акылы м-н таң калтырган, рахаттанууну жакшы көргөн, бирок, ашыкча каалоолор м-н кумарларды ооздуктай билген, уруш-талашты жактырбаган ж-а өзү биринчи болуп элдешүүнү сунуш кылган адам болгон. Кийин ал Киренадагы өз мектебин кызы Аретага өткөрүп берген. Ал болсо өз уулу кичүү Аристиппти таятасынын окуусун улоого тарбиялаган. Ошондуктан, ал «энесинен окуган» деген атка конгон. Кичүү Аристипптин шакирти болуп, Феодор эсептелген. Ал Аристипптин негизги абалдарына таянуу м-н алардан ашынган корутундуларды алган. Ар кандай иш-аракет ошол иш-аракетти кылган адам үчүн алып келген кесепеттери боюнча бааланат. Бардык адеп-ахлак эрежелери ж-а нормалары шарттуу мүнөзгө ээ, анткени аларды адамдар ойлоп чыгышкан; табияты б-ча уят эч нерсе жок, ошондуктан, «карапайым калкты» ооздуктоо үчүн түзүлгөн адеп-ахлак эрежелеринен уялуу кажетсиз. Зарылдыктан улам адам ууру кылып, ушак сүйлөп, уят иштерди кылса, эч нерсе эмес. Адам өзү үчүн гана пайдалуу болгон мыйзамдарга баш ийиши керек. Орой эгоизм адамдын эң мыкты сезимдери м-н сапаттарын баалоого мүмкүндүк берет. Акылмандын ата мекени да, достору да жок: акылсыздар бири бирине керек болгондуктан гана өз ара достошушат. Акылман эч кимдин жардамына муктаж эмес, анын мекени болуп бүткүл Аалам эсептелет. Феодордун атагын чыгарган мындай корутундулар, о. эле анын аскетизми, Кудайларды четке кагуусу киниктердин окуусуна жакын болгон. Феодордун пикири б-ча, айрым гана жагымдуу сезимдер эмес, жалпы рухтун жадыраган маанайы адам турмушунун максаты болуп саналат. Жамандык м-н жакшылыктын маңызын айрым рахаттар м-н азаптар гана эмес, шаттык м-н кайгы да түзөт. Шаттык жашоонун маңызы болуп эсептелет ж-а акылга таянат, кайгы болсо акылсыздыктан улам пайда болот. Демек, акыл жакшылыктын, акылсыздык жамандыктын башаты. Ал эми рахат м-н азаптар өз алдынча турганда бакытты да, бактысыздыкты да, шаттыкты да, кайгыны да түзбөгөн абалдар болуп саналышат. Демек, Феодордун окуусунда айрым рахаттын ордуна айрым кумарлар м-н азаптардан көз каранды болбогон рухтун жалпы абалы коюлган. Көз ирмемдик сезим рахаттарын даңктаган Аристипптин куунак окуусунун ордуна Феодор рахаттар м-н азаптардан «акыл» аркылуу бошонуу принцибин киргизген. Ошентип, Феодордун окуусунда гедонизмдин негизги принциби четке кагылып, кинизмге жакын окуу түзүлгөн. Бирок, Феодор Аристипп сыяктуу эле акылды жакшы турмушка жетүүгө

көмөк берген практикалык каражат катары караган. Мис., бир жолу Феодор көп сандаган окуучулары м-н жер-жемиш жууп жаткан киник Метроклдын жанынан өтүп бара жатса, Метрокл ага: «Эгер сен жер-жемиш тазаласаң, ушунча адамды окутам деп баш оорутмак эмессиң», – деп кайрылат. Анда Феодор: «Эгер сен адамдар менен тил табыша билсең, жер-жемиш жууп убара болмок эмессиң», – деп жооп берген экен. Ушундай эле принңиптер б. з. ч. 3-к-дын башында Александрия шаарында билим алган киреналык мектептин дагы бир чыгаан өкүлү Гегезийдин окуусунда да кездешет. Гегезий акырындык м-н Аристипптин куунак философиясын эң түнт пессимзмге айландырып жиберген. Анын пикири боюнча, Аристипп тарабынан жашоонун максаты рахат деп коюлган принңипти ишке ашырууга болобу деген суроону койгон ж-а терс жооп берген. Жашоонун маңызын түзгөн рахаттарга жетүү мүмкүн эмес. Анткени, өз табияты б-ча эч нерсе жагымдуу да, жагымсыз да болуп эсептелишпейт: бирөөгө жагымдуу нерсе экинчи адамга жагымсыз. Жыргалчылык, рахат биздин жашообуздун максаты, бирок биз пайда табуу үчүн гана жашайбыз, ал эми ач көздүккө негизделбеген бир да иш-аракет жок. Ач көздүк м-н пайдага негизделген рахат башка адамды бактысыз кылат. Бакытка жетүү мүмкүн эмес, анткени, турмуш ар кандай жаман нерселерге толгон. Тагдыр биздин үмүттөрдү дайыма кыйратып турат. Өз маңызы б-ча өмүр м-н өлүм тең мааниге ээ болгондуктан бактылуу болуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, акылман адам жетүү мүмкүн болбогон бакыт м-н рахаттардын артынан сая түшбөйт, ал ашыкча оор тагдырга учурабаш үчүн кайгы-кападан алыс жашоого умтулат. Бул болсо, бардык сырткы жыргалчылыктарга кайдыгер мамиле кылганда гана ишке ашат. Ошентип, Гегезийдин окуусунда да киниктердин көз караштарына жакындоо байкалат. Гегезий өз окуусунда жашоонун маңызына жетүү мүмкүн болбосо, анда жашоонун кереги эмне деген суроону койгон да, жашоонун капканынан өз жаныбызды кыюу м-н гана чыга алабыз деген бүтүмгө келет. Циңерондун маалыматтары б-ча, Гегезийдин тыянактары м-н бушайман болгон окуучулардын көпчүлүгү анын лекцияларынан кийин өз жандарын өздөрү кыйышкан. Ошол себептен, Птоломей Гегезийге Александрия шаарына лекция окууга тыюу салган. Птоломейдин мезгилинде жашаган дагы бир философ Анникерс жашоонун маңызы болуп жалгыз гана рахат эсептелет деген көз карашка каршы чыккан. Ал бул кем дүйнөдө азаптар рахаттарга караганда үстөмдүк кылаарына макул болгон. Бирок, азаптын болбошу, же жансыз өлүктөргө гана мүнөздүү болгон сезимсиздик да бакытка алып келбейт. Акылман адам сезимдик рахаттардан гана эмес, адамдар м-н пикир алышуудан, ак мээнеттен, түз жүрүүдөн да бактылуу боло алат. Анникерс башка адамдын сезим рахаттарын таанып-билүү мүмкүн эмес, анткени ал таанып-билүүнүн максаты болуп эсептелбейт деп айткан. Ошондой болсо да, ал Феодор м-н Гегезийден айырмаланып, достук, ата-эне м-н мекенге болгон сүйүү акылман адам үчүн бакыт м-н ырыстын булагы болуп саналат, анын үстүнө, жакын адамга болгон сүйүү сезими пайда көздөөнү максат кылбастан, тескерисинче, ал үчүн өздүк рахаттарды курмандыкка чалуу м-н коштолот деп эсептеген.

**КИЮТИН** Валерий Григорьевич (1944-ж. т., Бишкек ш.) – философия илимд. доктору (2000), 1977-ж. КМУну бүтүргөн. КМУУда кенже, улук илимий кызматчы, профессор. Философия тарыхы б-ча адис. 40тан ашык илимий эмгектери, анын ичинде 2 монография, 1 окуу куралы жарык көргөн. Нег. чыг.: Христианская философия истории. часть 1 Уч. пос. Философско-исторические учения V–XVI вв. Бишкек, 1995; Раннее христианство и греческая философия. Бишкек, Вестник МУК, № 1, 1998 ж. б.

**КЛАССТАР ЛОГИКАСЫ** (логика классов) 1. заттарга, нерселерге мүнөздүү өзгөчө касиеттери; 2. Математикалык логиканын бөлүгү. Логикалык сүйлөөдөн айырмасы, К. л. жөнөкөй сүйлөө ар кандай бөлүкчөлөргө бөлүнбөй, бир бүтүн формада каралып, өзгөчө түшүнүк-төргө ээ. К. л. экиге бөлүнөт: 1. бош класс, 2. универсалдуу класс.

**КОНВЕРГЕНЦИЯ ТЕОРИЯСЫ** (Конвергенции теория) (лат. convego – жакындайм, биригем) – Батыш коом таануусунда учурдагы коомдук өнүгүүнүн өзгөчөлүгү катары социализм м-н капитализм сыяктуу эки социалдык-саясий системаларын өз ара жакындаштырган, капитализм м-н социализмдин ортосундагы экономикалык, саясий ж-а идеологиялык айырмачылыктарды жоюу м-н алардын синтезинен «аралаш коомду» түзүүгө карата тенденцияны атаган концепциялардын бири. Негизги өкүлдөрү – Дж. Гэлбрейт, У. Ростоу, Я. Тинберген ж. б. Америкалык социолог ж-а коомдук ишмер, 1977-81-жылдары АКШнын президенти Дж. Картердин улуттук коопсуздук боюнча жардамчысы Збигнев Бжезинский (1928) тарабынан дүйнөнүн борбору болуп Москва менен Вашингтон эсептелиши керек, СССР менен США социализм м-н капитализмдин ашынган формаларынан баш тартып, бирдиктүү мамлекетке баш ийүүсү зарыл деген идеялары 20-к-дын 80-жылдарынын 2–жарымында СССРдин 1-президенти М. С. Горбачев тарабынан кабыл алынган. Бжезинскийдин теориясы боюнча СССР коммунизмден, коммунисттик партиядан, коомдук менчиктен, Варшава келишиминен, тоталитаризмден баш тартып, Батыштын эркиндик, демократия, рынок экономикасы сыяктуу баалуулуктарын кабыл алып, АКШ өз кезегинде милитаристтик саясаттан, башка өлкөлөрдүн ички турмушуна кийлигишүүдөн, жарыша куралдануудан, НАТОдон, капитализмдин ашынган формаларынан баш тартып, социализмдин оң жактарын кабыл алууга тийиш болгон. М. С. Горбачевдин

жетекчилиги астында мындай талаптар толугу м-н аткарылганы м-н АКШ тараптан макулдашуунун көп бөлүгү аткарылбастан калып, СССРдин кулашына бир кыйла өбөлгөлөрдү түзгөн. Бжезинскийдин ушул эле теориясы Кытай мамлекетине да сунуш кылынган, бирок Кытай аны кабыл алган эмес.

**КОНГЛОМЕРАТТУУ МАДАНИЯТ** (Конгломератная культура) (лат. conglomeratus – жыш, калың) – культурологияда кандайдыр бир бүтүн бирдикке синтездөөнү талап кылган ар кандай маданий микрокосмостордун жыйындысын элестеткен учурдагы илимий-техникалык маданиятты белгилүү үчүн колдонулган термин.

**КОНСЕРВАТИЗМ** (лат. conservo – кайтаруу, сактоо) – терминин биринчи жолу француз жазуучусу Ф. Шатобриан колдонгон ж-а 18-к-дагы Француз буржуазиячыл революциядагы феодал-аристократтардын карманган негизги идеологиясы катары каралган. К.-эскичиликти колдоо. Коомдук-саясий турмушта, же болбосо илимде, искусство чеберчилигинде жаңыча прогрессивдүү көз караштарга каршы чыгуучулукту билдирет.

**КОНТИНУУМ** (лат. continuus – үзгүлтүксүз) – математикада, философияда, табият таанууда кезигүүчү түшүнүк. К. түшүнүгү себеп принцибин, жалпы ж-а жеке түшүнүктөрүнүн байланышын ажыратып кароого жардам берет.

**КОНТРКУЛЬТУРА** – карама-каршы коомдордун маданий көрсөт-мөлөрүнүн баалуулуктарынын айырмасын белгилөөдө социологияда ж-а публицистикада колдонулган түшүнүк.

**КОНФОРМИЗМ** – (лат. conformis – окшош) – моралдык, саясий термин. Ар кандай ой пикирге сын көз м-н карабаган, баш ийип макулдугун билгизип, кошулган адам.

**КОНФУЦИЙ** (б. з. ч. 551–479) – байыркы кытайдын көрүнүктүү философу. Конфицийчиликти негиздөөчү. К-дин бүткүл философиялык системасынын борборунда этика ж-а тарбия маселелери турат. К. «Өзгөрүштөрдүн китеби», «Ырлар китеби», «Субхаттар ж-а ой жүгүртүүлөр» трактаттарынын ээси. Ал үчүн гумандуулук башкы маселе. «Өзүңө эмнени каалабасаң, аны башкаларга жасаба». Бул аныктама адамдардын социалдык ж-а этикалык өз ара мамилелерин аныктай турган мыйзам.

**КОНФУЦИЙЧИЛИК –** байыркы Кытайда пайда болуп, анын рухий маданиятына, саясий турмушуна ж-а коомдук өнүгүшүнө эки миң жылдан көбүрөөк таасир тийгизген этикалык-саясий окуу. К-теги башкы маселе – мамлекетти башкаруу маселеси. Буга улууларды кадырлоо, урматтоо, ата-энени сыйлоо, падышага берилгендик, сылыктык ж. б. моралдык сапаттар кирген. Бирок К. падышаны асмандын (кудайдын) буйругу м-н башкаруучу "Асман уулу" (тяньцзы) деп жарыялаган; падышанын бийлигин ыйык, кудай тарабынан берилгендигин көрсөтөт.

**КОНЦЕНТРАЦИЯ** (лат. concentratio – чогулуу, топтолуу, бир орунга жыйылуу) – психологияда белгилүү элеске, мазмунга назар салуу. К-нын карама-каршы түшүнүктөрү дисперсия, диссипация.

**КОНЦЕПТУАЛИЗМ** (лат. conceptus – түшүнүк). Номинализмден айырмаланып концептуализмде жеке заттарда жалпылык бар ага негизделип сөз аркылуу берилген «концепт» пайда болот деп далилденет. Жалпы доордун философиясында Гоббстун номиналисттик көз карашына каршы Локк К. теориясын иштеп чыккан да эмпиризм м-н рационализмди синтездөөгө умтулган.

**КОНЦЕПЦИЯ** (лат. conceptio – жалпы ой пикир, түшүнүү) – кандайдыр бир заттын, кубулуштун аныктамасынын түшүнүү ыкмасы.

**КОНЬЮКЦИЯ** (лат. cojunctio – байланыштыруу) – кеңири мааниде «жана» байламтасы аркылуу уюшулган татаал сүйлөм. Логикада бир нече предикат м-н бир субъекттин ой жүгүртүү байланышы.

**КООМ** – кеңири маанисинде адамдардын биргелешкен ишмердүүлүгүнүн тарыхый калыптанган формаларынын жыйындысы; тар маанисинде социалдык системанын конкреттүү тарыхый тиби, коомдук мамилелердин белгилүү бир формасы (мисалы, Гегелдин окуусундагы мамлекетке карама-каршы коюлган К.). К. – адам болмушунун мейкиндикте жайгашкан ж-а убакыт б-ча өнүгүп туруучу сферасы, анын жашоосу м-н ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү ж-а продуктусу. К. адамдардын материалдык турмушту өндүрүү ж-а кайра өндүрүү процессинде негизделген мамилелеринин суммасы болуп эсептелет. К-дун пайда болушу адамдардын өндүрүштүк иш-аракеттеринин зарыл натыйжасы. Өз ишмердүүлүктөрү аркылуу адамдар бири-бири м-н коомдук мамилелер деп аталган алакаларды күтүшөт, К-дук мамилелердин жыйындысы адамдардын ишмердүүлүгүнүн социалдык мүнөзүн аныктайт. Өндүрүштүк-материалдыктан тартып интеллектуалдык ж-а көркөм ишмердүүлүккө чейинки ишмердүүлүктөрдүн түрдүк иерархиясы К-дук мамилелердин иерархиясына шайкеш келет. Өнүккөн К-дун негизги сфералары болуп өндүрүштүк (экономикалык), социалдык, саясий ж-а рухий чөйрөлөр эсептелишет. К-дун убакыт б-ча өнүгүшү тарыхты жаратат. Тарых муундар аралык *тажрыйбаны, маданиятты, информацияны* топтоонун ж-а өткөрүп берүү сыяктуу социомаданий удаалаштыктын (преемственность) негизинде өнүгөт. Тарыхта болуп жаткан өзгөрүүлөр ар кандай типтеги К-дун, маданияттын алмашышын, адамдын инсан катары өнүгүшүн шарттайт. Өндүрүү процессинде пайда болгон коомдук байланыштар м-н мамилелер адамдардын табиятка болгон

мамилесин аныктайт. К-дун турмушу табият м-н тыгыз байланышта. Адамдар табиятты өзгөртүп түзүп, аны өз керектөөлөрүнө ылайыкташтырышат ж-а К-дун материалдык негизине айландырышат. Адам К-нун жашоосунун ж-а өнүгүүсүнүн негизин өндүрүш каражаттары ж-а материалдык байлыкты өндүрүү түзөт. Ошондуктан бардык К-дук мамилелердин ичинен өндүрүштүк, экономикалык мамилелерге башкы роль таандык.

**КООМДУК БОЛМУШ ЖАНА КООМДУК АҢ-СЕЗИМ** (Общественное бытие и общественное сознание) – *марксизмдин* социалдык философиясынын өзөктүү категориялары. Аталган категорияларынын иштелип чыгышы коомдук турмушту ж-а анын тарыхын *материализмдин* позициясында түшүнүүгө мүмкүндүк берген. Алардын ортосундагы алака жалпы философиядагы *болмуш* ж-а материалисттик философиядагы *аң-сезим* категорияларынын ортосундагы алакага тең маанилеш. К. б. объективдүү, материалдуу ж-а аң-сезимге караганда биринчи ж-а андан көз карандысыз болот. К. аң-сезим идеалдуу, экинчи, болмуштун туундусу ж-а болмуш аркылуу аныкталат. Бирок, коом табият м-н ажырагыс биримдикте, ал эми адам табиятка да, коомго да таандык болгондугуна карабастан, К. б. табияттын болмушуна тең маанилеш эмес. Табияттын болмушунан айырмаланып К. б. адамдар тарабынан ишмердүүлүк процессинде түзүлөт ж-а алардын табиятка, бири-бирине болгон материалдык мамилелеринин жыйындысы болуп саналат. К. б-ту табияттын болмушунан айырмалоо коомдун, коомдук мамилелер м-н мыйзам ченемдүүлүктөрдүн, адамдын маңызынын сапаттык спецификасын илимий аныктоо үчүн принципиалдуу мааниге ээ. 20-к-дын 60–80-жылдарында советтик адабиятта К. б-тун «кеңейтилген түшүнүгү» кеңири жайылтыла баштаган да, ал түшүнүк өз кучагына надстройкалык түзүлүштөрдү, ал тургай кээде К. а. с-ди да камтыган. К. б-тун мындай жобосу аталган көрүнүштөр коомдо гана жашайт деген пикирге негизделген. Бирок, социалдык реалдуулук ж-а К. б. тең маанилеш түшүнүктөр болуп саналышпайт. Эгерде аларды тең маанилеш түшүнүктөр катары карала турган болсо, анда К. б. ж-а К. а-с. түшүнүктөрү тарыхты материалисттик түшүнүү концепциясындагы, тактап айтканда «адамдардын аң-сезими алардын болмушун аныктабайт, тескерисинче, коомдук болмуш алардын аң-сезимин аныктайт» деген принциптеги аткарган теориялык функциясынан ажырашат. К. б. м-н К. а.-с-дин айкалышы тууралуу маселенин материалисттик маанайда чечилиши коомдогу себептик ж. б. маңыздуу байланыштарды теориялык түшүндүрүп, коомду социалдык детерминизмдин позициясында анализдөөгө мүмкүндүк берет. К. б. м-н к. а.-с-дин айкалышуусунун дагы бир маанилүү принциби болуп К. а.-с-дин к. б-тан салыштырмалуу өз алдынчалуулугун таануу саналат. Бул принцип К. а.-с-ди к. б-тан туунду катары алынган жөнөкөй ж-а пассивдүү рефлекс катары орой, вульгардуу түшүнүүнүн алдын алат. К. а.-с-дин к. б-тан болгон көз карандылыгы татаал ж-а кыйыр мүнөзгө ээ, ал эми К. а.-с-дин өзү к. б. м-н алака түзгөн ж-а ага таасир берген активдүү ишкер башат болуп саналат. К. а.-с. социалдык-философиялык категория катары коомдук болмуш категориясы м-н тыгыз байланышкан. Башка жуп категориялар сыяктуу эле алар бири-бирин аныктайт ж-а бири бирисиз жашай албайт. К. а.-с. коомдук болмуш м-н шартталган социалдык реалдуулукту чагылдырган коомдун рухий турмушу (саясий, укук, этикалык ж. б. теориялар, көз караштар, идеялар; философия, мораль, дин ж. б. аң-сезим формалары) болуп эсептелет. К. а.-с. жеке аң-сезим м-н тыгыз байланышкан, жеке аң-сезим аркылуу аныкталат ж-а ошол эле учурда андан маңыздуу айырмаланат. Аң-сезимдин мындай абалдары жалпы ж-а жеке түшүнүктөрүнө дал келет. Алардын ортосундагы айырмачылык коомдук негиз ж-а социалдык чөйрө м-н шартталган. Эгер К. а.-с. үчүн мындай чөйрө болуп коомдук болмуш гана эсептелсе, анда жеке аң-сезим коомдук болмуштан сырткары таптардын ж-а социалдык катмарлардын турмуш шарты, улуту, үй-бүлөлүк жашоо шарты, идеялык чөйрөсү, б. а. адам жашаган чөйрөдөгү рухий, маданий ж-а информациялык кырдаалдар сыяктуу жагдайлар м-н шартталат. К. а.-с. өз ичине камтыган идеалар м-н түшүнүктөрдүн көлөмү, байлыгы м-н да жеке аң-сезимден айырмаланат. К. а.-с-дин структурасы эки деңгээлден ж-а алты формадан турат. К. а.-с-дин *деңгээлдери* болуп социалдык психология, эл массасынын кадыресе аң-сезими ж-а идеология, теориялык аң-сезим түзөт. «*Биринчи*» деңгээлде социалдык реалдуулук тике, стихиялуу чагылдырылса, «*экинчи*» деңгээлде мындай чагылуу концептуалдуу, теориялардын түрүндө болот да, ой жүгүртүү ишмердүүлүгү м-н тыгыз байланышат. К. а.-с-дин формаларына саясий ж-а укуктук көз караштар м-н түшүнүктөр, мораль, искусство, дин ж-а философия кирет. Бүгүнкү күндө көпчүлүк авторлор бул тизмеге экономикалык, табият таануу ж-а математикалык, инженердик, медициналык, технологиялык, экологиялык ж. б. аң-сезимдерди киргизип жүрүшөт. Айрым авторлордун пикири б-ча К. а.-с-дин формаларынын мындай өсүшү чындыкка дал келбейт. Анткени алардын санынын көбөйүшү К. а.-с-дин формаларынын калыптанышынын ж-а жашоосунун 1) алардын коомдук болмуш м-н шартталгандыгына; 2) алардын мазмунундагы идеологиялык деңгээлге; 3) алардын кандайдыр бир идеологиялык мамилелердеги негиз же булак катары ойногон ролу сыяктуу критерийлерине каршы келет. К. а.-с-дин формалары, алардын спецификасы бири-биринен чагылдырган предмети, чагылдыруунун формалары м-н ыкмалары, коомдук ролу б-ча айырмаланышат. К. а.-с. ж-а анын формалары коомдук болмушка карата белгилүү бир деңгээлдеги көз карандысыздыкка ж-а өнүгүүнүн өздүк мыйзам

ченемдүүлүктөрүнө ээ. Мындай өзгөчөлүктөр төмөн-күчө байкалат: 1) белгилүү бир идеялык традициялардын улануучулугу (преемственность); 2) ар кандай формалардын өз ара таасир көр-сөтүүсү; 3) К. а.-с-дин коомдук болмуштун өнүгүшүнөн артта калуусу же андан озуп кетүүсү; 4) К. а.-с-дин жалпы адамзаттык элементтерди четке какпаган таптык ж-а идеологиялык мүнөзү; 5) К. а.-с-дин активдүүлүгү ж-а анын коомго, анын негиздерине тийгизген таасири.

**КООМДУК КЕЛИШИМ ТЕОРИЯСЫ** – мамлекет м-н укуктун адамдардын ортосунда аң-сезимдүү түзүлгөн келишимдин натыйжасында пайда болгондугу тууралуу теория. Аталган теорияны жактоочулардын көз карашында мамлекетке чейин ашынган анархия же «бардыгынын бардыгына каршы күрөшү», о. эле жеке адамдын чексиз эркиндиги м-н тыгыз байланышкан «табигый абал» болгон. Өздүк коопсуздугун камсыз кылуу, менчигин ж. б. жеке укуктарын коргоо үчүн адамдар чексиз эркиндиктен баш тартып, өздөрүнүн табигый укуктары м-н эркиндиктеринин көп бөлүгүн мамлекеттин пайдасына өткөрүп берүү зарылдыгын түшү-нүшкөн. Мамлекеттин келишимдик жол м-н пайда болгондугу тууралуу алгачкы түшүнүктөр байыркы мезгилдерде эле пайда болгон. К. к. т. тууралуу ар тараптан иштелип чыккан окуулар 17–18-к-дарда буржуазиянын феодализмге ж-а абсолюттук монархияга каршы чыгууларга байланыштуу пайда болгон (Гоббс, Гассенди. Спиноза, Локк, Руссо ж. б.). К. к. окуусу К. к. шарттарын бузган феодалдарга каршы буржуазиянын күрөшүнө идеологиялык негиз болуп калган.

**КООМДУК МАМИЛЕЛЕР** – социалдык топтордун, элдердин, мамлекеттердин ж. б. адам бирикмелеринин ортосундагы туруктуу байланыштар. Алар адам ишмердүүлүгүнүн өндүрүштүк (экономикалык), социалдык, саясий чөйрөлөрүндө, маданияттын ар кандай түрлөрүндө пайда болот ж-а берилген конкреттүү коомдун спецификасын, анын сапаттык мүнөздөмөлөрүн, социалдык структурасын аныктайт. К. м-дин алып жүрүүчүлөрү болуп социалдык топтор эсептелет. Алардын индивидуалдык составы өзгөргөн м-н К. м-дин структурасы сакталып кала берет. Ушундай белгиси м-н К. м. конкреттүү адамдарга таандык болгон жеке мамилелерден айырмаланат. Жеке адам өз алдынча эмес, кандайдыр бир функция аткарган коомдук топтун же социалдык институттун өкүлү (дыйкан, жумушчу, капиталист. Менеджер же чиновник, дипломат, профсоюздук ишмер, партиянын мүчөсү ж. б.) катары К. м-дин алып жүрүүчүсү боло алат. Ар бир жаңы муун К. м-дин дүйнөсүндө туулат ж-а өз максаттарын турмушка ашыруунун жүрүшүндө К. м-ди мурдагы калыбында өзгөртпөй калтырат же аны түп-тамырынан бери өзгөртөт. Адамдардын ишмердүүлүгү К. м-дин системасында жүргүзүлөт, мамилелер ишмердүүлүктө жашайт. Мында К. м-дин ишмердүүлүк м-н болгон байланышы кош мүнөзгө ээ. *Бир жагынан* К. м. берилген коомдогу адамдардын эркине ж-а аң-сезимине баш ийбей пайда болгон ишмердүүлүктүн пландаштырылбаган, бирок, объективдүү детерминацияланган натыйжасы болуп саналат. Өндүрүштүк-экономикалык, материалдык ж-а базистик К. м. дал ушундай жол м-н пайда болот. *Экинчи жагынан* коом же социалдык топтор (институттар) өздөрү кызыккан, мис., алардын мамлекет м-н болгон белгилүү бир мамилелерди түзүүнү максат кылып алышат. Ушундай модель б-ча базистен көз каранды болгон надстройкалык. Идеологиялык экинчилик К. м-ден түзүлөт. Бирок, реалдуу жагдайларда алдын ала аныктоочу ж-а аныкталуучу К. м. себеп м-н натыйжа ордун алмашкан алакаларга чейин өсүп кетиши мүмкүн (мис., саясат экономикадан көз каранды, бирок, өз кезегинде саясат экономикалык процесстерге чечкиндүү таасир тийгизиши мүмкүн). К. м. ишмердүүлүккө социалдык мүнөз берет ж-а ал үчүн конкреттүү социалдык мейкиндикти түзөт. К. м. ар бир социалдык топтун К. м. системасындагы ордун аныктаган *кызыкчылыктардын* түрүндө көрүнөт. Адамдардын кызыкчылыктары бири-бирине шайкеш же карама-каршы келиши мүмкүн. Ошого ылайык К. м. кызматташуу, тилектештик же бири-бирине такыр дал келбеген пикир келишпестик, конфликттик мамилелерден куралышы мүмкүн. Тарых бири-бирине карама-каршы турган коомдук топтордогу, таптардагы (кул ж-а кул ээлөөчү, феодал ж-а дыйкан, капиталист ж-а жалданма жумушчу) К. м. дайыма тирешүүлөрдү, антагонизмдерди пайда кылгандыгын күбөлөйт. Мындай карама-каршылыктарды четке кагуу же чечүү К. м-ди өзгөртүүгө алып барат. Адам тарыхынын ар кандай замандарында, коомдук формациялар бири биринен К. м-дин тиби б-ча айырмаланышат. Жаңы К. м. пайда болуп жаткан өтмө замандарында эски К. м-лер талкаланат, коомдук турмуш өзгөрөт, коомдо терең структуралык кайра өзгөртүп түзүүлөр жүрөт. Айрым учурда К. м. өтө кеңири мааниде чечмеленет. Мындай маанайда К. м. деп адам коомундагы гана эмес, жаныбарлар дүйнөсүндөгү (үйүрдөгү, топтогу ж. б.) мамилелер да мүнөздөлөт (этология, социобиология ж. б.). Албетте, жаныбарлардын ортосунда белгилүү бир мамилелер бар, бирок, аларды социалдык мамилелер деп айтуу опурталдуу. Анткени, үйүрдөгү мамилелер азык издөө, коркунучтардан коргонуу, көбөйүү сыяктуу биологиялык негизде түзүлөт. Адам коомунда мамилелер табиятты өзгөртүп түзүүгө багытталган ишмердүүлүктүн, о. эле жаныбарлар дүйнөсүнө мүнөздүү болбогон рухий ишмердүүлүктүн негизинде пайда болот. К. м-дин чегинде экономикалык ж. б. мыйзам ченемдүүлүктөр иштейт. Мындай мааниде К. м. адам коомуна гана мүнөздүү көрүнүш.

**КООМДУК ПИКИР** – көпчүлүк элдин, таптын, социалдык топтун тышкы дүйнөнүн өз керектөөлөрү м-н кызыкчылыктарына тиешелүү болгон фактыларына, окуяларына, кубулуштарына ж-а процесстерине жасаган реалдуу мамилесин чагылдырган *массалык аң-сезимдин* жашоосунун же көрүнүшүнүн ыкмаларынын бири. К. п-дин калыптанышы ж-а өнүгүшү саясий уюмдар м-н социалдык институттардын эл массаларына тийгизген таасиринин натыйжасында *максаттуу* же күнүмдүк жагдайлардын, социалдык тажрыйбанын ж-а каада-салттын тике таасири астында *стихиалуу* жүрөт. Конкреттүү К. п-дин белгилеринин катарына анын таралышын ж-а интенсивдүүлүгүн киргизүүгө болот. Коомдук маанайдан айырмаланып К. п. стабилдүү ж-а мазмуну б-ча ачык-айкын мүнөздө болот. К. п. айрым пикирлердин механикалык суммасы эмес, алардын өз ара алмашуусунун, баюусунун, өтүүсүнүн натыйжасы болуп эсептелет. Рационалдуу, эмоциялык ж-а эрктик элементтердин органикалык биримдиги катары К. п. төмөнкүдөй үч деңгээлде көрүнөт: 1) рухий мамиле (баалоочу ой пикирлер аркылуу); 2) рухий-тажрыйбалык мамиле (эмоциялуу-эрктик дүүлүгүүлөр, умтулуулар, ниеттер ж. б. аркылуу) ж-а 3) тажрыйбалык мамиле (массалык иш-аракеттер ж-а жорук-жосундар аркылу). К. п-дин кадыр-паркынын күчү анын көп-чүлүккө таянгандыгы м-н шартталган. Эгерде көпчүлүк туура көз караштын позициясын ээлесе, анда К.п. көпчүлүктүн бышып жетилген позициясына айланат да, алардын социалдык мааниси м-н тажрыйбалык аракетин көтөрөт. К. п. коомдук өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчтөрүнүн бири, социалдык тескөөнүн, кеңири эл массаларынын жүрүм-туруму м-н практикалык ишмердүүлүгүн жөнгө салуунун эффективдүү каражаты болуп саналат.

**КООМДУК ТАПТАР** – ишмер-дүүлүгүнүн шарттары м-н бириккен адамдар тобу. Ар кандай тапка таандык адамдардын өз ара алакалары алардын өндүрүштүн шарттарына, каражаттарына ж-а продуктыларына болгон мамилеси м-н шартталат. Демек, адамдар жеке касиеттери м-н жөндөмдүүлүктөрүнө көз карандысыз түрдө тигил же бул тапка биригишет. Адамдардын таптык жалпылыгы алардын нерселерге, биринчи кезекте өндүрүш каражаттарына болгон мамилеси аркылуу аныкталат. Эреже катары таптар тууралуу түшүнүмдөр таптык күрөш идеясы м-н тыгыз байланыштырылат. Бирок, ошону м-н катар эле коомдук таптар адамдардын коомдогу реалдуу ж-а практикалык классификациясы болуп саналат. Мындай классификация өтө орой ж-а жакындаштырылган мүнөзгө ээ. Ошондой болсо да ал адамдар жамааттарынын предметтик, ошол эле мезгилде абстракттуу (жеке индивиддерден обочолонгон) бөлүнүшүн, алардын турмуш-тиричилигинин айырмачылыктарын, керектөөлөрү м-н кызыкчылыктарын чагылдырат. Капиталисттик өндүрүшкө негизделген индустриалдык коомдо таптардын нерселик аныктагычтары болуп өндүрүш каражаттарына болгон менчик, кирешенин ж-а байлыктын формалары эсептелишет. Постиндустриалдык коомдо өндүрүлгөн же адамдар тарабынан энчиленген нерселердин саны эмес, адам турмушунун сапаты алдыңкы орунга чыгат. Мындай жагдайда коомдун өндүрүш каражаттарына болгон менчикке негизделген таптарга бөлүнүшү анча мааниге ээ болбой калат. Анткени, андай коомдо адамдардын жандуу ишмердиги, анын сапаттуу уюшулушу, информацияга каныгуусу социалдык баага арзыйт да, адамдардын жансыз нерселерден тике көз карандылыгы четке кагыла баштайт.

**КООМДУК ЭКОНОМИКАЛЫК ФОРМАЦИЯ** – тарыхты материалисттик түшүнүүнүн негизги, өзөктүү түшүнүгү. Анын мазмунун коомдо үстөмдүк кылган өндүрүш мамилелери (экономикалык базис), о. эле ага шайкеш келген саясий-укуктук ж-а идеологиялык надстройка түзөт. Көркөмдөп айтканда базис формациянын скелетин түзөт, ал эми надстройка бул скелетти эт, кан тамыр м-н толтурат. Формациянын өндүрүш мамилелериндеги ордун аныктаган мындай мазмунуна ылайык ага жалпы аныктама берилет. К. э. ф. – бул коомдо үстөмдүк кылган өндүрүш мамилелеринин мыйзамдарына ылайык иштеген ж-а өнүккөн коомдун белгилүү бир тарыхый тиби. Өндүргүч күчтөр формацияны түздөн түз мүнөздөй алышпайт, бирок, анын ар бир тибинин пайда болушу ж-а өнүгүшү үчүн зор мааниге ээ. Биринчиден, алардын өнүгүшүнүн белгилүү бир деңгээли бир формациядан экинчисине өтүү үчүн зарыл шарт, негиз болуп саналат. Экинчиден, өндүргүч күчтөр, коомдун материалдык-техникалык базасынын деңгээли ар бир конкреттүү формациянын бышып жетилгендигинин, өнүгүү деңгээлинин маанилүү көрсөткүчү болуп эсептелет. Алгачкы жамааттык коом, кул ээлөөчүлүк (антикалык), феодалдык, капиталисттик ж-а коммунисттик деп аталган беш К. э. ф-лардан сырткары тарыхый материализмдин теориясында төмөнкүдөй үч мегаформациянын болгондугу тууралуу түшүнүктөр кездешет: 1) архаикалык формация – анда байлыктын негизги булагы болуп жаратылыш эсептелген; 2) экономикалык формация – ал жеке менчикке ж-а байлыктын булагы болуп эсептелген эмгекке негизделген; 3) коммунисттик формация – ал коомдук менчикке ж-а коомдун негизги капиталы болуп эсептелген адамды өнүктүрүүгө таянат. Көлөмү б-ча формация түшүнүгү коом түшүнүгүнө дал келбейт. Формация – бул коомдун логикалык-теориялык модели, анын идеалдаштырылган орточо тиби. Коом формациялык мазмундан сырткары өз кучагына өнүгүүнүн мурдагы же келечектеги тепкичтерине ылайык келген чарбалык укладды, адамдардын жамаатынын ар кандай формаларын, тилди, табиятты, коомдук аң-сезимдин формаларын ж. б. камтыйт. Аталган факторлор формациялар үчүн мүнөздүү болбосо да, алар формация тарабынан зор таасирге чалдыгышат. К. э. ф. тууралуу окуу зор методологиялык мааниге

ээ: ал дүйнөлүк тарыхтын эң башкы линиясын аныктайт; коомду конкреттүү тарыхый анализге тартуунун мүмкүнчүлүгүн түзөт; тарыхты илимге негизделген доорлорго бөлүштүрүүнү мүмкүн кылат; айрым өлкөлөр м-н элдердин жашоо шарттары м-н өнүгүүсүн объективдүү салыштырууга мүмкүн-дүк берет; коомдун өнүгүшүн табигый-тарыхый процесс катары түшүндүрөт. К. э. ф. концепциясы идеалдуу (телегейи тегиз), тарыхтын негизги проблемаларынын баарын чечүүгө жаракдуу окуу болуп эсептелбейт. Бул окуу өткөндүн ж-а учурдун реалийлерине шайкеш келген коррекцияларга, кошумча-алымчаларга муктаж. Аталган концепциянын азыркы учурда активдүү түрдө өнүгүп жаткан коомдун цивилизациялык жобосу м-н болгон байланышы, аларды кандайдыр бир биримдикте пайдалануу тарыхты тигил же бул деңгээлде туура ж-а толук чагылдыруу мүмкүн-чүлүгүн түзөт.

**КООМДУН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ** – ар бир конкреттүү коомдо турмуш-тиричиликтик жыргалчылыктарды өндүрүү каражаты болуп кызмат кылуучу эмгек каражаттарынын, өндүрүш технологиясынын ж-а аны уюштуруунун тарыхый жактан белгилүү жыйындысы. Тигил же бул коомдук экономикалык формациянын К. м.-т. б. мурункусунан сандык ж-а сапаттык жактан айырмаланышы мүмкүн. Сапаттык өзгөрүүлөр өндүрүштүк революция мүнөзүнө ээ болгон төңкөрүш өнүктүрүүдө болгон учурда байкалат. Мындай ар бир секирик коомго, адамзатка эмгек мүнөзүндө ж-а анын өндүрүмдүүлүк деңгээлинде сапаттык жаңы тепкичке көтөрүлүүгө мүмкүн-дүк берет.

**КОРКУНУЧ** – 1) психологияда терс эмоция. Элестетилген коркунучтун же болбосо реалдуу себептердин пайда болушунда организмдин жашоосуна, баалуулуктарды сактаган адамга коркунуч туудурса (идеалдар, максат, принцип). 2) экзистенциализмдин бирден бир негизги түшүнүгү. К.-коркуу жөнөкөй эмпирикалык айырмачылык катары С. Кьеркегор тарабынан киргизилген, шарт же болбосо конкреттүү предмет келтирет ж-а аныкталбаган себепсиз коркунуч-кайгы. Метафизикалык К. жаныбарларга белгисиз эч нерсе предмет катары пайда болбойт ж-а адам чектеген жашоосу ошону билет ж-а ошо м-н шартталган.

**КОРРЕЛЯЦИЯ** (лат. – кош мамиле) – 1) логикада формасы жагынан окшош эки мамиленин байланышы; 2) биологияда К. дене мүчөлөрдүн бири-бири м-н болгон өз ара байланышын түшүндүрөт. Эгерде бир дене мүчөдө өзгөрүү болсо анын артынан башка дене мүчөлөрү да өзгөрүүгө дуушар болот. К. түшүнүгү психология, социология илимдеринде да орун алган.

**КОРУТУНДУ** – логикада ойлоо процессинин жүрүшүндө кандайдыр бир баштапкы пикирдин (айтылган сөздөрдүн), өбөлгөлөрдүн, шарттардын корутундусунан бир бүтүмдүн, пикирдин келип чыгышы. Кара, *Дедукция*, *Индукция*.

**КОСМОСТУК СИМПАТИЯ** (лат. consensus, conjunctio) – нерселердеги же көрүнүштөрдөгү сезимдердин жалпылыгын, тилектештикти ж-а алардын ортосундагы өз ара карым-катышты аларды жаратууга башкалар м-н бирдикте (биргелешип) катышуусун туюндуруучу байыркы грек философиясындагы термин. Алсак, дене жандын кыймыл-аракетине катышат (Аристотель), ал эми жердеги кубулуштарга Ай м-н Күндүн таасири тиет (Посидоний). К. с. түшүнүгү дүйнөнү бир бүтүн жандуу организм (дене) катары каралган көз караштар (милет мектеби, пифагорчулук, Платондун «Тимейи») м-н байланышкан. Термин биринчи жолу дүйнөнү бүтүн м-н бөлүктүн өз ара байланышы, көз карандылыгы катары караган стоицизмде кездешет. К. с-нын тулкусун бир эле учурда борборго ж-а дененин алыскы бөлүктөрүнө тараган от ж-а абадан турган дем алуу (пневма) түзөт. Дем алуу бүт дүйнөгө тарап, аларды туташ бир бүтүндүккө бириктирет да, К. с. пайда болот. Стоиктердин ою б-ча, К. с. аркылуу табият көрүнүштөрүн алдын ала айтууга болот. Анткени, бөлүктөр бүтүндүн (дене, дүйнө) себебин так көрсөтөт.

**КОСМОГОНИЯ** (гр. kosmogoma – дүйнөнүн жаралышы) – дүйнөнүн жаралышынын, ааламдын ж-а өнүгүшүнүн мифологиялык диний түшүндүрмөсү. К-лык окууну бардык диндер өнүктүргөн ж-а колдонгон. К-нын үч түрүн айырмалашат: Жаралуунун тарыхы, дүйнөнү түзүү тарыхы, өнүгүүнүн тарыхы.

**КОСМОЛОГИЯ** (гр. дүйнөнүн түзүлүшү ж-дө окуу) – ааламдын бүтүндүгү ж-а космостук системаларды ааламдын бир бөлүгү катары караган илимий тармак. К-лык көз караш байыркы учурларда мифологияда чагылдырылган ал эми илимий космология гелиоцентризмдин жеңилиши м-н түзүлгөн.

**КОСМОС** (гр. kosmos – аалам, дүйнө). Дүйнөнүн түзүлүшүн тартиптүү бир бүтүндүк катары белгилөөдө байыркы грек философиясында К. түшүнүгү колдонгон.

**КОШ ЧЫНДЫК ТЕОРИЯСЫ –** философиялык ж-а диний акыйкат-тардын бөлүнүшү тууралуу окууну белгилеген философиялык термин. Кош чындык окуусу б-ча, философиянын чегинде диний чындык, диндин чегинде философиялык чындык жалган болуп саналат. Кош чындык окуусу Аристотелдин философиясы кеңири тараган орто кылымдардагы Чыгышта өтө кеңири таралган теориялардын катарына кирген. Себеби Аристотелдин бир катар философиялык идеялары христиандык да, мусулмандык да догмаларга каршы келген. Ошол себептен кош чындык тууралуу абал орто кылымдардагы илим м-н диндин ортосундагы карама-каршылыкты чагылдырган дүйнө таанымдын өзгөчө белгиси болгон.

**КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК** – 1. логикада ж-а математикада айрым теориянын (же тиешелүү эсептөө системасында анын туюндурган формула) ж-а анын берилген сүйлөмдөрдүн жыйындысынан тануусу (формулалардын конъюнкциясы), мис., берилген аксиомалар системасынан тануусу. К. к-дыкты далилдөө эрежелердин (формулалардын) эки системасынын: берилген система ж-а берилген эреже (формулалар) бир жагында, берилген системаны ж-а берилген эрежени (формулаларды) тануу экинчи жагында карама-каршылыксыздыкты (дал келишүүчүлүктү) далилдөөгө алып келет. Эгер аксиомалардын системасы дедуктивдүү болсо, андан келип чыкпаган аксиома иретинде кошулган эреже карама-каршылыкка алып келет. Сүйлөмдүн мазмунунда айтылышы ж-дө сөз болсо, келип чыгуу интиутивдүү (логиканын мыйзамына ылайык) эсептөөлөрдө мындай мыйзамдардын иретинде о. эле көз каранды эмеске (баштапкыга) ж-а туундуга бөлүнгөн белгилүү эрежелердин корутундусу белгиленет. Жогоруда аныкталган дедуктивдүү К. к-ка аналогиялуу функционалдык К. к. (К. к. каражатты туюндурат): бул түшүнүктөрдүн жыйындысынан көз каранды эмес түшүнүк (термин) эгер ал аркылуу аныкталбаган болсо, (аныктамадан эрежелерди белгилөөдө К. к. туурасында суроо коюунун, мааниси бардыгына салыштырмалуу). 2. саясатта элдин же өлкөнүн башка өлкөнүн же социалдык институттардын иделогиясынан, башкаруусунан, бийлигинен тыш өз алдынча саясат жүргүзүүсү.

**КӨМҮСКӨ ЭС** (Предрассудок) – 1) сөзмө сөз маанисинде эске (рассудок) чейинки ойлонулбастан туруп, сын көз карашсыз кабыл алынган пикир; 2) коомдук ж-а жеке аң-сезимдеги ырымчылдык, туура эмес, тескери ойго ишендирүү (предубеждение) сыяктуу иррационалдык компоненттер; 3) кандайдыр бир кубулушка карата тескери, жагымсыз маанайдагы тажрыйбада текшерилбеген, далилдөөлөргө негизделбеген стереотиптүү ж-а эмоциялуу боекторго каныккан социалдык көрсөтмөлөр (установкалар). Алар абдан туруктуу мүнөзгө ээ. Өзгөчө туруктуу К. эс болуп улутчулдук ж-а расалык бөлүп-жаруулар эсептелишет.

**КӨНҮГҮҮ ЖЕ КӨНБӨСТҮК** – бул функционалдык системанын тенденцияларынын бир максатка багытталган белгилүү максаттын дал келишүүсү же дал келбестиги ж-а иш-аракеттеринин жыйынтыгы. Көнүгүү алардын келишүүсүн көрсөтөт. Адам алкактагы анализге көнүккөн, иш аракети өнүгүп калыптанган жандык катары көрсөтүлөт. К. ж. к. бул дагы өзгөчө мотив, жекече өнүгүүсүн активдештирүүгө, алдын ала чечилбеген кыймыл-аракетке, кызыктырууга багытталган. Кыймыл аракеттин карама-каршылыгынын өзү мүмкүнчүлүккө ээ.

**КӨП МААНИЛҮҮ ЛОГИКА** – тутумуна экиден ашык элементтен турган чын маанилердин көптүгүн (эки гана маани – «чын» ж-а «жалган» орун алган учур эки маанилүү классикалык логика) жалпысынан ар кандай чектүү ж-а чексиз маанилердин көптүгүн туюндуруучу логикалык система. Алгачкы мындай система – сүйлөмдөрдүн үч маанилүү логикасы ж-а сүйлөмдүн маанилүү логикасы Лукасович (1920) ж-а Э. Пост тарабынан түзүлгөн. Азыркы учурда бир катар көп маанилүү логикалык система түзүлгөн м-н алардын философиялык ж-а структуралык жактары изилденүүдө. К. м. л. мыйкиндигинде ар түрдүү жалпы логикалык ж-а атайын илимий маселелерди чечүүнү көздөгөн иштер бар. Мис., Лукасевичтин үч, төрт маанилүү логикалык сүйлөмдөрү – модалдык логика түзүү максатында, Д. А. Бочардын үч маанилүү эсептөөсү – классикалык, математикалык логиканын парадокстарын чечүү максатында түзүлгөн. К. м. л. тиркемеси квант механикасын (Г. Биркгофтун Ж. Неймандын, Рейхенбахтын эмгектери), ж-а релейлүү схеманын теориясын (А. И. Шестаковдун, Г. Моисилдин ж. б. иштери) негиздөөгө багытталган.

**КӨПТҮКТӨР ТЕОРИЯСЫ** – философиядагы чексиздик проблемасын так каражаттар м-н изилдеп үйрөтүүчү математиканын бөлүмү. Г. Кантор (1845–1918) тарабынан неизделген. К. т-нын предмети көптүктөрдүн (жыйындылар, класстар, аксиомалар) касиеттери болуп саналат. К. т-нын фундаменталдык жобосу чексиздиктин ар түрдүү «иретке» келтирүүгө кызмат кылат. Классикалык К. т. чектүү мейкиндигиндеги логиканын, талашсыз принциптерин логикалык чексиз көптүккө колдонуу мүмкүнчүлүгүн таануудан келип чыгат. 20-к-дын башында К. т-нын өнүгүшү м-н формалдуу логиканын мыйзамдарын чексиз көптүккө колдонууга байланыштуу кыйынчылыктар келип чыккан. Буга байланыштуу математикалык таанып билүүнүн гносеологиялык маанилүү маселеси: математкалык түшүнүктөрдүн табияты, алардын реалдуу дүйнөгө математикалык бар болуу түшүнүгүнүн конкреттүү мазмуну ж. б. ж-дө маселе коюлду. Талаш-тартыштардын жүрүшүндө математиканын философиясында формализм, интуиционизм, логицизм, конструктивдүү багыт сыяктуу агымдар пайда болду. К. т-нын методдору азыркы математиканын бардык тармагында кеңири колдонулат. Математиканы логикалык каражаттарга негиздөөнүн бардык маселелери К. т. негиздөө маселесине келип такалат. Бирок, К. т-нын өзүн негиздөөдө азыркы учурда да жоюла элек бөгөттөр бар.

**КӨРҮНҮҮ, КӨРҮНҮМҮШ** (Видимость или кажимость)– материалдык дүйнөнүн кубулуштарын, предметтердин сырткы көрүнүшүнүн бир тарабынын маани-маңызын сезүү органдарынын тикеден-тике чагылдырылышы. К. адамдын сезүү органдары м-н предметтик өз ара аракетинин натыйжасы катарында өзүнчө объективдүү элементтерди гана эмес, адам, субъект алып келген элементтерди да камтыйт, андыктан

К. субъективдүү м-н объективдүүнүн биримдиги болуп саналат, бул өз кезегинде объективдүүлүгү м-н айырмаланган кубулуштан айырмалайт.
**КӨРКСҮЗ** (безобразный) – эстетикалык категория, сулуулуктун антитезиси (тескери мааниси) катары пайдаланылат. Болмуштун терс маанилеринин чогултмасы. Байыркы грек метафизикасында болмуштун жоктугу, жамандык түшүнүгүнө жакын болгон. Орто кылымдагы христиан маданиятында К. эки мааниге ээ болгон: 1. Ааламдын жашоосунун күнөөлүүлүгүн далилдеген. 2. Кудайды таануу мүмкүн эместигин түшүндүргөн.
**КӨРСӨТМӨЛҮҮЛҮК** – ачыктык дааналык. Объектилердин ж-а алардын абалдарынын өзгөрүшүн түздөн-түз байкап, көз алдыда болуп өткөн кубулуштар аркылуу чындыкты тастыктоо. Чындыкты далилдөөнүн мындай жолу көрсөтмөлүү метод болуп, ага пайдаланылган каражаттар көрсөтмө куралдар болуп эсептелет.
**КӨТӨРҮҢКҮ СЕЗИМ** (Возвышенное) – демейдегиден айырмаланып, кандайдыр бир окуя, кылган иши же идея ж-дө, алардын маанисинин чоңдугу м-н тереңдигин билдирген ж-а К. с-ди туюндурган эстетикалык түшүнүк. Мис., спорттук таймашууда улуттук желек көтөрүлүп, Гимндин аткарылышы ушундай сезимди пайда кылат. К. с. ж-дөгү түшүнүк антикалык доордо эле пайда болуп, классизм мезгилинде ары өнүгөт. Маркстик эстетика К. с-ди сулуулук түшүнүгү м-н каршы койбой, тескерисинче аларды патриоттук сезим, эл массасынын чыгармачыл ишкердиги м-н тыгыз байланышта караган.
**КӨҢҮЛ БУРУУ** (Внимание ) – баамдын белгилүү объектиге же окуяга багытталышын туюндуруучу психологиялык абал. К. б. ыктыярдуу, ыктыярсыз болуп бөлүнөт. Ыктыярсыз К. б-да ошол К. б-чу объект алдын ала атайын максат м-н тандалбайт ж-а көңүлдө оңой эле, көпкө сакталат. Ыктыярдуу К. б. атайын коюлган максатка ылайык, аң сезимдүү жүргүзүлөт ж-а бир топ аракетти талап кылат. Ыктыярдуу К. б. адамга гана мүнөздүү болуп, ар бир адамдын көз карашынын, ишениминин, билиминин өзгөчөлүгүнө, деңгээлине жараша ар кандай болот. К. б. психологиялык турмуштун бардык жактарындай эле тарбия берүү жөнүндөгү окуу, ошондой эле ар бир адамдын билимин өнүктүрүүнүн үстүндө иштөө процессинде өнүктүрүлөт.
**КӨҢҮЛ-КЕЙП** (настроение) – адамдын айлана чөйрөсүндөгү болмушту туюнуусунун туташкан формасы, аны жеке туюулардын абалы, санаалары, көңүл – кейпинин куунашы. Адам көңүлүндө өзүнчө бир, «симптомикалык» формада тереңдеги туюндурулушун табат ж-а жеке өзүнүн жашоого мамилесин ишке ашырат, инсандык талаптарын турмуштук кырдаалдарга ылайык келтирүү жолу. Көңүл сферасы бир тектүү эмес, адамдын баштан кечирип жаткан жалпы турмуштук «тонусунан» («көтөрүлгөн» же «чөккөн») ажыратылбастан турмушту сезип-туюу формаларында ушунчалык даана туюндурулган мис., зеригүү, көңүлсүздүк, кайгы, муң, капалык, сарсанаа, сарубайым, коркуу, аргасы кетүү сыяктуу же, кумарлануу, шаттануу, сүйүнүү, үмүт, чери жазылуу, көңүлү сергүү ж. б. Адамдын бүткүл көңүл кейпинде ж-а ишмердигинин жалпы маанилик контекстинде жүрүп, К.-к. ичтен гана өтүп, инсандын бүткүл баштан кечиргендери м-н жасагандарын аныктайт.
**КРЕАЦИОНИЗМ** (лат. creatio – жаратуу). К. кудай дүйнөнү жок нерседен, өз эрки м-н жараткан деген көз карашты колдонгон диний окуу.
**КУБУЛУШ** – маңыз ж-а кубулуш («сущность и явление») – деген философиялык категориялардын бир бөлүгү. Бул түшүнүктөр дүйнөдөгү бардык объектилердин ж-а процесстердин жалпы ж-а керектүү жактарын чагылтып турат. К.-объекттин, предметтин тигил, же бул түрдөгү көрүнүшү, анын жашоосунун, өмүр сүрүшүнүн тышкы формалары. Маңыз ж-а К. бири-бири м-н дайыма тыгыз байланышкан. К. маңыздын көрүнүш формасы. К. маңызга караганда бай келет. К-тар динамикалуу, өзгөрүлмө түрдө жолугат. Адамдын ою болсо, Ленин аныктагандай, эч бир токтолбостон К-тан маңызды карай, бир кубулуштан экинчи маанидеги маңызды беттеп, тынымсыз жүрүп турат.
**КУРАЛДУУ КӨТӨРҮЛҮШ** (Вооруженное восстание) – таптардын же социалдык катмарлардын саясий бийликке каршы, куралдуу көтөрүлүшү. Мис., революция, козголоң, бунт (элдин уюшулбаган, чачыранды көтөрүлүшү), путч (аскердик диктатураны орнотуу максатында офицерлердин көтөрүлүшү). Коомдо келишпестиктерди, карама каршылыктарды сүйлөшүүнүн, макулдашуунун жардамы м-н чечүүгө мүмкүнчүлүк болбой калган учурларда, антагонисттик конфликттин негизинде келип чыгат. К. к. адамзаттын тарыхында көп кездешет, мис., Спартактын К. к., С. Разиндин, Е. Пугачевдун – Россиядагы К. к., Францияда – Жакериянын, Кытайда – Тайпин көтүрүлүшү; Париж коммуннасы, Декабристтердин көтөрүлүшү, Октябрь революциясы, Кронштаддык көтөрүлүш (1921), Гамбург көтөрүлүшү (1923), Австриядагы көтөрүлүш (1934), Египет, Ирак, Португалия, Афганистандагы улуттук-боштондук күрөштөрү ж. б. б.а. К. к. кул ээлөөчүлүк доордон баштап, биздин заманга чейин болуп жаткан антагонисттик карама-каршылыктарды башка жол м-н чечүүгө мүмкүндүк болбогондуктан келип чыккан көрүнүш.

**КУРАН** (ар. куран – кыраат (декламация), окуу) – ислам диний ишениминин негизги окуу булагы ж-а Мухаммеддин (570–632) сөздөрүнүн, осуяттарынын жыйнагы. Мазмуну б-ча К. 114 сурага бөлүнүп 6206 айаттан турат.

**КҮНӨӨ** – адамдын айыбын нагыз диний туюндурулушу аркылуубилдирилген түшүнүк: бул коомдун же адамдын алдында эмес, кудайдын алдында жасалган айып. Бул өкүнүү, жакшы иштер м-н кечирилиши мүмкүн жеке адамдардын өздөрүнүн күнөөлөрү м-н катар Адам м-н Обо эненин күнөөсүнүн натыйжасында бүткүл адамзатка жүктөлгөн. Дин окуусунун көз карашынан алганда жер жүзүндөгү жамандыктын орун алышы ушундан келип чыккан имиш. Ар кандай кырдаалда күнөөнүн чеги ж-а ченеми ж-дө окуу ислам динине да мүнөздүү.

**КҮТҮҮСҮЗДҮК** – алдын-ала божомолдонбогон, болору билинбеген окуянын болуп өтүшү ж-а анын өзгөчө башка окуялар м-н күтүлбөстөн дал келип калышы. Деги эле К. катары эсептелген окуялардын көпчүлүгү – бул мурда биз аз билген же таптакыр билбеген себеп м-н натыйжалардын чынжыры десек болот. Бирок ар бир аң-сезимдүү тирүү жан себептик байланыштарга кийлигишүү мүмкүнчүлүгүнө ээ ж-а өз максатына ылайык окуяларды өзгөртүп же башкара алат (кара, *максаттуулук*). Ошол эле учурда биз таанып-билбеген башка адамдардын мүдөөсү, каалоо-тилеги да өз максатына ылайык, баш-аламан таасир этет да, натыйжада К. пайда болот. Чындыгында, ал экинчи тарап үчүн атайын ойлонуштурулуп жасалган иш аракеттердин натыйжасы К. эмес.

**КЫЗМАТКЕРЛЕР –** кара күч эмес, акыл эмгеги м-н алектенип, айлык алгандар. Бир канча кесиптик топторго бөлүнөт: администрациялык – башкаруучу адистер, инженердик-техникалык жумуштар, ж. б. адистер, соода, контора кызматкерлери. К. коомдун өнүгүшүнө байланыштуу эмгектин бөлүнүшү, кара күч, жалданма эмгектин пайда болушунун натыйжасында ажыратылат. Транспорт, байланыш, соода, билим берүү ж-а медицина тармактарынын өнүгүшү, тейлөө кызматынын күчөшү м-н К. да көбөйөт. К. мамлекеттин укук тартибиндеги мыйзамдардын негизинде туруктуу же убактылуу дайындалат же шайланат. Ал мамлекеттик, коомдук мекемелерде бийлик өкүлүнүн, уюштуруучу - тескөөчүнүн милдетин аткарат, чарбалык кызматтар м-н катар саясий – экономикалык, маданий ж-а агартуучулук, ж. б. иш-аракеттерди жүргүзөт.

**КЫЗЫКЧЫЛЫК** (лат. іnterest – мааниге ээ, маанилүү) – адамдын же социалдык топтун материалдуу маанидеги пайда, олжо көздөгөн ач көздүк түшүнүктөрдүн негизинде жасаган иш-аракеттеринин терең себебин чагылдырган түшүнүк. Аталган түшүнүк төмөнкүдөй маанилерге ээ: 1) кандайдыр бир нерсеге карата үлүшкө ээ болуу, ага катышуу, ышкыбоздук; 2) адамдардын көңүлү м-н оюн бурган нерселерге алар тарабынан берилген баалуулук; 3) материалдык көз караште пайда, олжо, ач көздүк («кызыкдар болуу»). Кандайдыр бир нерсеге кызыккандарды кызыкдар адам, ал эми белгилүү бир К-тарды туруктуу көздөп, ийгиликке жетүү максатында ар кандай сунуштарды киргизгендерди интересант деп аташат. Кызыктуу нерсе деп адамдардын тажрыйбалык ж-а теориялык керектөөлөрү үчүн позитивдүү ж-а негативдүү мааниге ээ болуу м-н көңүлдү бурган нерселер түшүнүчү. К-тын предметине карата материалдуу ж-а рухий, илимий ж-а көркөм, жалпы ж-а жеке К-тар тууралуу сөз кылууга болот. Гельвеций «акыл-эстүү кызыкчылык» деп керт башынын камын ойлобоочулуктун пайда м-н болгон байланышын атаган. Саясий, өзгөчө тышкы саясаттын көз карашында кызыкчылык белгилүү бир мамлекеттин өз чек араларынан сырткары аймактарга көз артуусун билдирет. К. адамдын көңүлүн өзүнүн керектөөлөрүн, зарылчылыктарын, эңсөөлөрүн, ышкыларын ишке ашыруу үчүн олуттуу мааниге ээ адамдарга, нерселерге же кубулуштарга бурат. К-тын келип чыгуусу кара курсактын камын көрүүгө аргасыз болгон адамдын табияты («кызыл, кызыл кекиртек, кыйла жерге секиртет) ж-а адамдан көз каранды болбогон кеңири масштабга ээ же коомдук өндүрүш процессинде пайда болгон объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрдүн аракети м-н тыгыз байланышкан. 20-к-да учурдун глобалдуу проблемаларын чечүү ж-а адамзатты аман алып калуу процессинде жалпы адамзаттык К-тардын калыптандыруу иши күч алууда.

**КЫЙМЫЛ** – материя м-н рухтун өнүгүүгө, өзгөрүүгө болгон жөндөм-дүүлүгү, материянын жашоо ыкмасы. Идеалисттик окууларда рух материясыз жашай алат деген көз караш үстөмдүк кылат. Энергетизмдин натуралисттик теориясында (В. Ф. Оствальд) «энергия» түшүнүгү заттык-субстраттык системалардын калыптанышы м-н жашоосун камсыз кылган рухий феномен катары чечмеленет. Материализмде К-дын материяга карата атрибуттук мүнөзү ж-а материянын кыймылынын рухий К-га караганда мурда болушу баса белгиленет. Бирок, материализмде кыймылдын көп түрдүүлүгүн четке каккан багыттар да бар (мис., энтропиянын өсүү кубулушун абсолютташтыруунун негизинде ааламдын жылуулуктан өлүп жок болушу тууралуу концепция; бул концепцияны жактоочулардын көз карашы б-ча К-дын баардык формалары эртеби же кечби жылуулукка айланып, ал К-дын ар кандай формаларын талкалоо м-н аалам өрттөн алаамат болушу мүмкүн). Диалектика м-н байланышкан материалисттик концепцияларда материя м-н К-дын биримдиги ырасталат: материя кыймылсыз, К. материясыз жашай албайт. Мындай материализм К-дын ар кандай типтери м-н формаларын айырмалайт. Тиби б-ча К. сандык (нерселердин сапаттык өзгөрүүсүз орун

которуштуруусу) ж-а сапаттык болушу мүмкүн. Сапаттык тпптегп К. өз кучагына функцияланууу, айланууу, өнүгүү ж. б. түрлөрдү камтыйт. К-дын негизги формалары болуп механикалык, физикалык, химиялык, биологиялык ж-а социалдык К-дар саналышат (айрым окумуштуулар К-дын геологиялык, планетардык, компъютердик ж. б. формаларын өз алдынча мүнөзгө ээ деп таанышат). К-дын формаларынын арасынан жогорку ж-а төмөнкү формаларды айырмалоого болот. Мис., биологиялык форма химиялыкка, ал эми социалдык форма биологиялык К-га караганда жогору болуп саналат. К-дын жогорку формасы төмөнкү формаларга таянат, бирок, түзүлүшү б-ча алар м-н тең маанилеш эмес: К-дын жогорку формаларында материалдык мүнөздөгү жаңы, интегративдүү касиеттер болот. Материянын К-ынын ар бир формасында К-дын материалдуу алып жүрүүчүсү ж-а аталган К-дын жалпы мыйзам ченемдүү-лүктөрүнүн болушу мүнөздүү.

**ЛАО-ЦЗЫ** – байыркы Кытайдын белгилүү философу. «Дао дэ цзин» деген трактаттын автору. Бул чыгармада даосизм деп аталган философиялык доктрина баяндалат. Даосизмге ылайык, табият, адам ж-а коом табигый дао мыйзамына баш ийет. Абаны, эфирди билдирүүчү ли маңызы м-н дао биригип, дүйнөнүн негизин түзөт.

**ЛЕГИЗМ** – байыркы Кытайдагы этикалык-саясий окуу. Б. з. ч. 6–3-к. пайда болгон. Негизги өкүлдөрү Шан Ян, Ли Куй, Гуань Чжун. Булар мамлекет башчысынан башка бардык адамдар мыйзамдын алдында тең деген көз карашка негизделип, мамлекетти ырайымсыз башкаруунун концепциясын түзгөн. Адамды, коомду, мамлекетти кандай башкаруу керек деген суроолорго жооп издешкен.

**ЛЕНИН** (Ульянов), Владимир Ильич (1870–1924) – марксизмдин теоретиги, Советтер Союзунун коммунисттик партиясынын ж-а эл аралык коммунисттик кыймылдын жолбашчысы, Совет мамлекетинин негиздөөчүсү. Л. марксизмди үч орус революциясынын ж-а эл аралык жумушчу кыймылынын тажрыйбасында байытты. Жаңы тарыхый замандык өзгөчө-лүктөрүн көругундулап, империализм доорундагы капиталисттик системанын кыйрашынын башталышын, социалисттик ж-а улуттук-боштондук революциянын социализимди куруунун доорунда – Л.-пролетариаттык марксистик стратегия ж-а тактиканы андан ары өнүктүрүп, анын интернационалдык мазмунун ачып көрсөттү. Л. философия тармагында коомду революциялык кайра куруунун ж-а табият таануу илимдеги жаңы ачылыштарды жалпылоо тажрыйбасынын негизинде диалектикалык ж-а тарыхый материализмди өнүктүрдү ж-а байытты.

**ЛИ** (кыт. – мыйзам, табияттын мыйзамы, жогорку чындык дегенди билдирет) – Неоконфуцианство философиялык мектебинин түшүнүгү. Л. түшүнүгү жалпы жонунан заттын, нерсенин ырааттуулугун, түзүлүш тартибин аныктайт.

**ЛИБЕРАЛИЗМ** (лат. liberalis – эркин) – социалдык-саясий кыймыл. Л. түшүнүгү 19-к. биринчи жарымында кеңири колдонулуп батыш-Европада (Улуу Британияда, Францияда), пайда болгон саясий партиялардын көз карашынын өзгөчөлүгүн белгилеген.

**ЛИБИДО** (лат. libido – умтулуу, кумарлануу, каалоо) З. Фрейд тарабынан иштелип чыккан психоанализдин негизги түшүнүктөрүнүн бири. Анда ал сексуалдуу мүнөздөгү инстинктивдүү каалоону билдирет.

**ЛИДЕРЧИЛИК** (англ. leader – жолбашчы, башкаруучу, жетекчи) индивид же социалдык топ лидерликтин ролун аткарганда, топтук ишмердүүлүктү интеграциялоонун (бириктирүү) бир механизми, б. а. топтун аракетин бириктирет, багыттайт, күтүүлөрүн кабыл алат, анын аракетин колдойт. Л. «башкарат», «жетектейт» деген түшүнүктөргө жамынып, топтордогу же уюмдардагы мамилелердин өзгөчө формасын жарым-жартылай мүнөздөйт. Л-тин тиби бардык учурда коомдун, түзүлүштүн табиятынын өзгөчө мүнөзү ж-а топтун структурасын конкреттүү тарыхый кырдаал м-н байланыштыруу проблемасы кылымдар боюу көңүлдү өзүнө тартып келген. Геродот, Плутарх ж. б. антикалык тарыхчылар белгилүү атактуу лидерлерди – монархтардын, колбашчылардын аракеттерин жазып келишкен. Макивелли каражаттын аркыл формаларын колдонуп саясий максатка жетишкен лидер-падышанын образын сүрөттөгөн. Л-ти буржуазиялык коомдук түзүлүштөн волюнтаристтик көз караште кароону Карлейл ж-а Эмерсон өнүктүргөн. Ницше үчүн Л. адамдын «чыгармачыл инстинктинин» көрүнүшү; моралды – начарлардын куралы катары карап кабыл, албай коюуга акылуу, Тардар үчүн лидерге ырааттуу окшоштуруу, тууроо-социалдык турмуштун негизки мыйзамы. Фрейд үчүн либидону басмырлоо медерликке умтулууга өтүп кетиши мүмкүн, масса үй-бүлөнүн атасынын авторитетине окшош авторитетке мукташ. Л-ти изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү, М. Вебер иштеп чыккан авторитеттик типологиясына таянат. Азыркы социалдык проблемалар эмпирикалык иликтөөлөргө которулат. Л-тин психологиясын ж-а социалдык психологиялык аспектисин таап чыгыш үчүн кичи топтордо тажрыйба жүргүзүлөт. Мында социологиялык анализден таптык мамилелер алынып салынат. Л-ти изилдөө,

Л-ти табуунун эффективдүү методдорунун багытын иштеп чыгуу ж-а лидерлерди тандап алуу. Психометрикалык ж-а социометрикалык, тестер ж-а методикалар (К. Левин, Дж. Морено, Х. Дженнинге, К. Фидлер – АКШ ж. б.) түзүлгөн. Аларды кичи топторго пайдалануу белгилүү натыйжаларга алып келүүдө.

**ЛИНГВИСТИКАЛЫК ФИЛОСОФИЯ –** лингвистикалык анализдөөнүн философиясы, б. а. аналитикалык философия. Бул агым 1930-ж. Улуу Британияда өнүккөн. Негизги өкүлдөрү болуп Г. Райл, Дж. Уисдом, П. Страсон, Дж. Остин эсептелет. АКШда белгилүүсү (М. Блэк, Н. Малькольм) ж. б. Л. Ф. идеалык булактары Мурдун "чың маанилүү" ("Здравого смысла") философиясы ж-а кийинки Витгенштейндин көз караштары болгон. Л. Ф. неопозитивизмдин мектептеринин бири болгондуктан философиянын дүйнөө тааным мүнөзүн жерийт ж-а салттык философиялык проблемаларды тилди ой жүгүртүүлөргө терс ориентир катары таасир тийгизген жалган проблемалары деп эсептешет. Л. Ф. – логикалык анализ философиясынын өкүлдөрүнүн милдети тилди айрым логикалык нормага дал келгендей реформалабастан, фактически колдонулуучу табигый сүйлөмө тилди деталдарына чейин анализдөө зарыл. Мында туура эмес колдонуучулуктан келип чыккан түшүнбөстүктөрдөн арылат.

**ЛОГИКА** (гр. logos – сөз, түшүнүк, таңкуулоо, акыл-эс) – формалдуу – билимдин бардык тармактарындагы рационалдуу туюмдун жалпы маанилүү формалар ж-дөгү окуу ж-а ойлоонун зарыл каражатары. Ойлоонун жалпы маанилүү формаларына: талкулоо, акыл-эс корунтулар түшүнүктөрү кирет. Ал эми жалпыга маанилүү ойлоонун каражаттарына – аныктама, эреже (принциптер) түшүнүктөр, талкулоо ж-а акыл-эс корундулардын түзүлүшү, бир талкуулоодон, же акыл-эс корутундуулардан экинчисине өтүү эрежелери же биринчилердин натыйжасы (талкуулоо эрежеси) ойломдуу мыйзамдары катары, ошондой эрежелердин тууралыгын далилденген окуу. Ойломдун мыйзамдарынын байланышынын эрежелерин ж-а системадагы акыл-эс корутундусу мындай системанын формалдаштыруу жолдору ж. б. ойдун корректилүүлүгү үчүн жалпы негизинде (талкуулоонун жүрүшүндө, жыйынтыктоодо, далилдөөдө, ашкерлөөдө) Л. ойлом ж-дөгү илим катары саналат ж-а ойлоо процессинде дедуктивдүү ж-а индуктивдүү ойлом, о. эле ойломдун чындыкка жеткен метод (нармасы).

**ЛОГИКАЛЫК АТОМИЗМ** – номиналисттик ж-а плюралисттик чындык ж-дөгү окуу катары 20-к-дын 20-жылдарында Рассел м-н Витгенштейн тарабынан түзүлгөн. Л. а-дин логикалык тилди түзүүгө умтулган. Л. а. бир постулаты тилди чындыктын образы катары карап, сүйлөмдү объектинин чагылышы м-н дал келгендик деп эсептейт. Л. а. теориясы чындыктын, ички бири-бири м-н байланышын танып, тааным процессин атомардык фактыларды жазуунун чексиздиги катары караган.

**ЛОГИКАЛЫК ЖАНА ТАРЫХЫЙ** – тарыхый жактан өнүккөн обьективдүү чындыктын ж-а анын теориялык таанып билүүдөгү чагылдырылышынын ортосундагы байланышты мүнөздөөчү философиялык категориялар. Тарыхый – обьекттин пайда болуу ж-а өнүгүү процесси; логикалык – өнүккөн ж-а өнүгүп жаткан обьектти анын бардык олуттуу, мыйзам ченемдүү байланыштарында ж-а мамилелеринде теориялык түрдө кайрадан жаратуу. Л. ж-а Т. категориялары тарыхыйлык принцибин конкреттештирүү болуп эсептелет. Л. ж-а Т. өзүнө карама-каршылык учурларын камтуучу диалектикалык бирдикте болот. Л. акыр аягында жалпыланган, теориялык түрдө берилген Т-дан бошотулган конкреттүү формадагы гана Т. болуп эсептелет ж-а тескерисинче Т. – бул конкреттүү тарыхый өнүгүүнүн тигил же бул материалдык формага гана келтирилген Л. болуп эсептелет.

**ЛОГИКАЛЫК ЖАҢЫЛУУ** (логические ошибки) – ойлоонун мыйзамдарынын ж-а логикалык кабылдоонун бузулушу. Л. ж. түрлүү түшүнүк-төрдү аныктоодо ж-а бөлүүдө, дедуктивтик ж-а индуктивтик корутундуларда колдонулат.

**ЛОГИКАЛЫК МЫЙЗАМ** – туура талдоонун бир багыты. Антикалык ж-а орто кылымдарда ойлоонун мыйзамы катары төмөнкүлөрдү: окшоштук, каршылык; үчүнчүсү жакты четке кагууну эсептешкен.

**ЛОГИКАЛЫК КАТЫШ** – логиканын негизги түшүнүктөрүнүн бири, ал логикалык мазмундарына жараша болуучу белгилердин ортосундагы мамилени (Л. к.) туюнтат. Башкача айтканда бул Г-дан В-ны чыгарууга боло турган фактыны чагылдыруучу Г. белгиси ж-а В. белгиси көптүктөрдүн ортосундагы катыш.

**ЛОГИКАЛЫК ПОЗИТИВИЗМ** – неопозитивизмдик агым, 20-к-дын 20-жылдарында Вена ийриминин негизинде пайда болгон (Р. Карнап, О. Нейрат, Ф. Франк, Г. Фейгль, Х. Рейхенбах ж. б.). Л. п-ге ылайык чыныгы илимий философия илим тилинде логикалык талдоо катары гана болушу мүмкүн, ал бир жагынан «метофизиканы» (б. а. салттык философияны) четтетүүгө, экинчи жагынан «түздөн түз маалыматтарды» же эмпирикалык жактан текшерилген илимий түшүнүктөрдүн ж-а ырастоолордун мазмунун аныктоо максатында логикалык түзүлүштү изилдөөгө багытталышы керек. Мындай изил-дөөлөрдүн түпкү максаты «бирдиктүү илимдер» системасында илимий билимдерди кайра түзүүдө каралган, ал таанып билүүнүн табияты ж-дө позитивдик-феноменалисттик көз караштарга ылайык «түздөн-түз маалыматтардын» баяндалышын берүүгө тийиш.

**ЛОГИКАЛЫК СҮЙЛӨӨ** (логика высказываний) – математикалык логиканын бир бөлүгү катары, логикалык сүйлөөнүн татаал формаларын үйрөнүүгө арналган, Л. с. ар түрлүү байламталардан турат «жана», «же болбосо», «эгерде». Жөнөкөй сүйлөө бүтүн нерсе каралып, башка майда бөлүкчөлөргө бөлүнбөйт.

**ЛОГИКАЛЫК ТАЛДОО ФИЛОСОФИЯСЫ** – аналитикалык философиянын агымы, ал философияны тил м-н азыркы учурдагы формалдуу (математикалык) логиканын каражаттары аркылуу аны пайдаланууда келип чыгуучу проблемаларды Л. т-го ыйгарат. Л. т. ф-нын пайда болушу ж-а өнүгүшү илимдерди математикалаштыруунунургаалдуу процесси ж-а логикалык формалдаштыруу методдорунун өнүгүшү, ошондой эле ушул методдордун жардамы м-н салттык философиялык проблемаларды чечүүгө болгон аракеттер м-н байланышкан логикалык-методологиялык проблематикага кызыкчылыктын жогорулашы м-н шартталган. Бул проблематиканы изилдөө, ошондой болсо да философиянын дүйнө таанымдык маанисин позитивисттик тануу м-н Л. т. ф. байланыштуу болуп чыккан. Л. т. ф-нын негизги идеясы биринчи жолу ар кандай илимий ой жүгүр-түлгөн философиялык проблема маңызы б-ча формалдуу-логикалык проблема болот деген тезисти сунуш кылган Рассел тарабынан түзүлгөн.

**ЛОГИКАЛЫК ЭМПИРИЗМ** – аналитикалык философиянын варианттарынын бири, *Логикалык позитивизмдин* түздөн түз уландысы болуп эсептелет. «Илимдин эмпирикалык тили» катары Л. э. субьекттин жеке толгонууларынын тилин эмес, сезим м-н кабылдануучу физикалык кубулуштарды туюнтуучу нерселик тил деп аталуучу тилди сунуш кылган. Ошондой болсо да нерселик тилди кабыл алуу Л. э. үчүн буюмдар дүйнөсүнүн обьективдүү болушу ж-дө теориялык ырастоону таануу м-н байланышкан эмес. Л. э. обьективдүү реалдуулукту чагылдырууну эмес, сезим м-н кабыл алынган маалыматтарды уюштуруунун «ыңгайлуу» ж-а «максаттуу» формаларын гана көргөн

**ЛОГИКАНЫН АЛГЕБРАСЫ** – математикалык логиканын бөлүгү. Ал логикалык обьекттер-класстарды, пикир айтууну ж. б. окууда алгебралык методдорду колдонууга негизделген. Тарыхый жактан логиканын алгебрасы класстардын алгебрасы катары (Буль) пайда болгон, андан кийин гана пикир айтуунун алгебрасы катары каралат.

**ЛОГНКАНЫН ИЛИМИ,** Гегелдин диалектикалык методу кеңири түшүндүргөн, «Чоң логика» («Wissenschaft logik» 1812–16) деп аталган негизги чыгармасы. Ал «Болмуш туурасында илим», «Маңыз туурасында илим», «Түшүнүк туурасында илим» деген үч бөлүктөн турат. Гегель 1831-жылы анын 2-басылышын басууга даярдай баштап, толук кайра иштеп чыга албай калган. Кайра иштеп чыгууга үлгүргөн 1-бөлүгү 1833-жылы басылып чыккан. Гегелдин оюу б-ча, логиканын милдети дүйнөнү түшүнүктөрдө аңдап билүүнүн илимий методу м-н ойломду анализдөөдө, илимдеги түшүнүктөрдү ачууда турат. Гегель чындыктын объективдүүлүгү, логикалык формалардын мазмундуулугу алардын предметтүү мазмунга тиешелүүлүгү, метод м-н предметтик мазмундун дал келишүү идеясын карайт. Ошондуктан логика анын чечмелөөсүндө нерселер ж-дөгү ойлоодон аңдап билүүчү илим м-н дал келишет, б. а. метафизика м-н онтология м-н дал келишет. Спекулятивдик жол м-н абсолюттук объект-рух конструкцияланат, аны аңдап билүүнүн логикалык формалары болгон, а баштапкы позиция-субъект м-н объектинин ойлом м-н болмушту теңдеш деп алат. Мына ушул идеалисттик принципке Гегелдин онтология м-н логиканын, методология м-н логиканын, гносеология м-н логиканын ортосундагы айырмачылыкты жоюу ж-дөгү доомattары негизделет. Гегелдин логикага мазмунчул (онтологиячыл) мамилеси логикалык форманы процессте кароосуна жол ачып, абстрактуудан конкреттүүгө карай өнүгүшүнө, баюусуна, мазмунду бир жактуу аныктоодон органикалык бүтүндүктө өнүгүүсүнө анын жогорку баскычында диалектикалык «чыгарып таштоосуна» ж-а «билимдин тыгыздалуусуна» жол ачты. Гегелдин салымы логиканы изилдөөдө ж-а бүтүн система иретинде баяндоосунда, логикалык категориялардын системасын түзгөндүгүндө. Бул система логикалык категориялар м-н процесс катары ойлонулат, улам кийинки баскычы мурдагы болуп өткөн өнүгүүнүн натыйжасын сактоо м-н өнүккөн даана бүтүн болуп көрүнөт. «Логика илиминде» категориялар системасы болмуш – маңыз – түшүнүк үчилтигине жараша үч майда топторго ажырайт. Бул топтордун ар бири категориялардын майдараак (детальные) топторуна ажырайт: болмуш ж-дө илим сапат категориясын өз ичине алат (болмуш, накта (наличное) болмуш, өзү үчүн болмуш); сан (санды, белгилүү санды, сандык катыштарды); чендер (өзүнө гана таандык сан, реалдуу чен, маңыздын келип чыгышы); маңыз туурасында илим – бир катар рефлексивдүү, б. а. түгөйлөш, бири бирин түшүндүрүүчү ж-а чагылдыруучу, маңыздын аныкталышы (көрүнүшү, теңдештиги, айырмачылыгы, негизделиши, кубулушу, аныктыгы ж. б.). Түшүнүк ж-дө илимдин жалпы схемасы – субъективдүү түшүнүктөн (түшүнүк тар маанисинде сөз, пикир, ой-корутунду) объективдүү түшүнүккө (механизм, химизм, теология), андан соң идеяга (жашоо, таанып-билүү, абсолюттук идея) өтүү. Мында Гегель пикирди ж-а ой-корутундулоо оригиналдуу типтештирет, объективдүү системалардын (механикалык, химиялык, телеологиялык) типтерин жарыялайт, гносеология м-н этиканын, чыныгы таанып билүү м-н этикалык чектөөлөрдүн, таанып билүү процесси м-н адеп- ахлактуулуктун бирдиктүүлүк принциптерин айкындайт. Логикалык категориялардын үч тобунун ар бирине таанымдын

кыймылы мүнөздүү: болмушта категориялар катарлаштырылгандай болот, мында алардын дедукциясы ж-а өзгөрүүлөрү али жок; маңыздын баскычында категориялар өз ара бири-биринде чагылышат ж-а бири-бирине өтүшөт, бирок алардын чыныгы айкындалуусу эң акыркы баскычта гана жүзөгө ашат. Логика системасы Гегель тарабынан түздөн-түздөн арадагы каражатка, болмуштан маңызга, андан соң өзүнүн таанып билүүчүлүк формасына, алардын предметтик мазмуну м-н шайкештигин аңдап билүүгө карай өткөн таанып билүүнүн тарыхын жалпыланышы сыяктуу ойлонулган. Логика илими материалисттик диалектиканы калыптандырууга анын принциптерине чоң таасир көрсөттү, анын принциптери В. И. Лениндин «Философиялык дептерлеринде» жогору бааланды. Ошондой болсо да, марксизмдин негиздөөчүлөрү Гегелдин бул чыгармасын абстрактуудан конкреттүүгө карай чыгуу методун идеалисттик түшүндүргөндүгү, «Л. и-нин» ичиндеги жасалмалуулук м-н каалагандайдын өтүшүүсүндө көптөгөн түзүүлөрүнүн спекулятивдик мүнөзүн сындаган.

**ЛОГИСТИКА** – математикалык логиканын Б. Расселдин мектеби м-н байланышкан биринчи этабы, экинчиси архаикалык-Лейбництен башталат.

**ЛОГИЦИЗМ –** Лейбництин математиканы логикага айландырууга кылган аракети. Математика аналитикалык чындыкты окутуу үчүн керек. Лейбництин идеясын Фреге, Рассел улаткан.

**ЛОГОС** (гр. – logos) – байыркы грек философиясынын термини, ал бир эле учурда «сөз» ж-а «маани» дегенди туюнтат; бул учурда «сөз» сезүү-үндүк эмес, маанилик планда гана алынат, бирок «маани» кандайдыр бир кубулуштук, таризделген ж-а ошончолук «сөздүү» катары түшүнүлөт. Л. – бул дароо ж-а обьективдүү берилген мазмун, мында акыл отчет бериши керек ж-а бул өзү акылдын отчет берүүчү иш-аракети ж-а акырында болмуш м-н аң-сезимдин өтмө маанилик ирети; бул дүйнөдөгү ж-а адамдагы бардык отчетсуздук м-н сөзү жоктук, жоопкерсиздик ж-а жоопкерчиликсиздик, маанисиздик ж-а формасыздыктын карама-каршылыгы. Л. терминин философияга Гераклит киргизген.

**ЛОКАЯТА –** байыркы Индия философиясындагы материализмге тартуучу окуу. Болжол м-н б. з. ч. 1-миң жылдыктын орто ченинде пайда болгон. Негиздөөчүсү болуп жарым-жартылай легендага айланган акылман Брихаспати эсептелет. Л-нын болмушу ж-дө окуунун негизинде ааламдын бардык предметтери 4 элементтен: топурактан, оттон, суудан ж-а абадан (айрым тексттерде аларга бешинчи элемент – эфир кошулат) тураары ж-дө көз караш. Элементтер түбөлүктүү болот ж-а өзгөрбөс болуп эсептелет. Предметтердин бардык касиеттери алар кандай элементтердин айкалышы болуп эсептелгенине ж-а ушул элементтер айкалышуучу пропорцияга жараша болот. Аң-сезим, акыл-ой ж-а сезүү органдары да элементтердин айкалышынын натыйжасында пайда болот.

**ЛЮБОМУДРЫ –** 1823–25-жылдары Москвада иштеген «Любомудрие коому». Бул жашырын философиялык ийримге: В. Ф. Одоевский (төрага) Д. В. Веневитинов, И. В. Киреевский, Н. М. Рожалин, А. И. Кошелев ж. б. кирген. Ийрим философия, эстетика ж-а адабият маселелери м-н иш жүргүзгөн. Мүчөлөрүнүн саясий көз караштары бирдей эмес болуп, ийрим немецтик идеализмге, негизинен Шеллинг философиясына негизделген, башка материализмдерди ж-а классицизмдин эстетикасын сынга алышкан. Ийримдин орус философиясы үчүн мааниси натурфилософияда, гносеологияда, эстетикада, коомдук теорияда идеалисттик диалектиканын идеяларын өнүктүр-гөндүгү ж-а пропагандалагандыгы м-н аныкталат.

**МАГИЯ** (гр. mageia – сыйкыр) **–** дүйнөгө (жаратылыш кубулуштарына, адамдарга, рухтарга) табияттан тышкаркы жолдор м-н таасир берүүгө чакырылган сыйкырчылык, арбоочулук, көз байлоочулук, ырым-жырымдар. М-лык аракеттердин ар кандай түрлөрү жамааттын жашоо-тиричилигинин ар кандай жактары м-н байланышкан. М. тиричиликтик М. (жамгыр чакыруучу, күндүн көзүн байлоочу аңчылыкта жолдуулукту камсыз кылуучу ырым-жырымдар), дарылоочу М., зыян келтирүүчү М. («жолдон чыгаруу», «кара магия») ж. б.

**МАДАНИЙ ДЕТЕРМИНИЗМ** (лат. deter-mino – аныктайм) – маданиятты коомдун башка чөйрөлөрүнөн көз каранды эмес, автономиялуу түзүлүш катары караган батыш социологиясында кеңири жайылтылган концепция. М. д. эреже катары маданият түшүнүгүн кеңири чечмелөө м-н мүнөздөлөт. Аталган концепциянын чегинде маданият бул коомдун көпчүлүк мүчөлөрү тарабынан кабыл алынган баалуулуктары м-н дөөлөттөрдүн (фундаменталдуу мүнөздөгү коомдук идеялар ж-а принциптер, ынанымдар ж-а ишенимдер, каада-салттар ж-а ырым-жырымдар ж. б.) жыйындысы. Батыш социологиясында М. д. М. Вебердин диндин социологиясы б-ча жазган эмгектеринен башталат деп белгиленет. Бул эмгектерде М. Вебер коомдун өнүгүшү анда үстөмдүк кылган диний баалуулуктардан көз каранды деп белгилеген. Азыркы

мезгилдеги М. д-дин өнүгүшүнө алгачкы жамааттарды каада-салттар ж-а ырым-жырымдар тактаган маданий система катары караган маданий антропология мектебинин өкүлдөрү (Л. Уайт, А. Кардинер, М. Мид) зор таасир тийгизишкен.

**МАДАНИЙ ИННОВАЦИЯЛАР** (инновации культурные) – социология м-н культурологияда этностун маданиятынын өнүгүүсүнүн мурунку этаптарында болбогон, бирок, кийин пайда болгон маданий кубулуштарды белгилөө үчүн колдонулган термин. М. И-дын пайда болуу жолдору ар кандай. Социологдор төмөнкүдөй эки процесске көңүл бурушат: 1) маданияттын өнүгүүсүндөгү ойлоп чыгаруучулук же жацы киргизүүлөр (маданий мутациялар) түрүндөгү ички этабы ж-а 2) башка маданияттан келген элементтерди өздөштүрүү ж-а стимулдаштырылган маданий трансформациялар формасындагы инновациялардын тышкы этабы. Маданий мутацияларга, эреже катары, динамикалуу өнүгүп жаткан коомдордун керектөөлөрүнө жооп берген максаттуу ойлоп табууларды (металлургиянын пайда болушу, жапайы жандыктарды колго үйрөтүү, өсүмдүктөрдү маданиятташтыруу, о. эле техниканын өнүгүшү) киргизишет. Ошол эле учурда маданиятка бекем орноп калган ж-а маданий традициялардын пайда болушуна түрткү берген кокустуктар да өзгөчө мааниге ээ. Башка маданияттан келген элементтерди өздөштүрүү – М. И-дын кецири жайылтылган түрү. Тышкы таасирлер башка маданияттан келген элементтерди өздөштүрүп гана тим болбостон, стимулдаштырылган трансформацияга да алып келет. М. И. этностун маданиятына төмөнкүдөй 3 этапты басып өтүү м-н кирет: 1) тандап алуу этабы – мында инновациялардын баары берилген этностун маданияты тарабынан чыпкаланат (башка маданияттан келген элементтерди өздөштүрүү да тандалма жолу м-н жүрөт); 2) модификациялануу этабы – мында инновациялар берилген этностун маданиятынын өзгөчөлүк-төрүн эске алат; 3) интеграция этабы – мында М. И. жацы нерсе катары кабыл алынуудан калат да, берилген этностун маданиятындагы традицияга айланат.

**МАДАНИЯТ** (лат. cultura – иштетүү, тарбиялоо) – алгач адамдын керектөөлөрүн канааттандырыш үчүн жерди иштетүү деген маанини билдирип келген. Мис., кец мааниде адамзаттын элдин жашоосунда жалпы материалдык ж-а рухий баалуулуктарды жаратуудагы жетишкендиктери. Мазмуну жагынан мис., дин, экономика, тарбия, жумуш, салт, тил ж. б. ушундай сыяктуу тармактарга бөлүнөт.

**МАДАНИЯТТЫН КОДУ** (код культуры) (фр. cod) – адамдын материалдык ж-а рухий ишмердүү-лүгүнөн жаралган каалагандай нерседе камтылган белгилердин (символдордун), алардын маңызынын ж-а комбинациялардын жыйындысы.

**МАДАНИЯТ ТААНУУ** (культурология) – маданият ж-дө илим. Культурология салыштырмалуу жацы илимий тармак. Биринчиден жалпы маданиятты изилдеп үйрөтөт. Экинчиден маданияттын ар кандай кубулуштарын: материалдык маданиятты, искусствону, динди, үй-бүлөнү окутат.

**МАДАНИЯТТЫ ДЕМОКРАТТАШТЫРУУ** – Г. П. Федоровдун советтик Россиядагы М. д. процессин түшүндүрүү үчүн жазган «Элитанын түзүлүшү (Орус маданияты тууралуу каттар») аталган макаласында колдонулган термин. Автордун пикири б-ча Европада болуп өткөн «элдик мектеп ж-а 19-к-дагы цивилизация» акырындык м-н «кецири мүнөздөгү маданий демократташтырууга алып келген». Бирок, «мурда болуп көрбөгөндөй революцияларды» башынан өткөргөн Россиянын шарттарында Европада калыптанган мындай зарыл процесс интеллигенцияны «түшүнүп-түшүнбөй» маданиятты болуп көрбөгөндөй укмуштуудай талкалап жок кылуу м-н коштолгон. Г. П. Федоровдун пикири б-ча советтик Россиядагы М.д. процесси «ырайымсыз мүнөз» күткөн. Ал «Элди карай кецири толкун болуп аккан маданият маданият болуудан калат», – деп белгилеген. Илгери маданияттын булагы ж-а маданий чөйрө болуп эсептелген ак сөөктөрдүн маданиятынын таасири астында «ашпозчунун уулу» маданияттуу болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эле, эми болсо «маданий чөйрө» талкаланып жок болду, «маданий чөйрө же маданияттын абасы болмоюнча маданият өз таасирин жоготот». Советтик Россиядагы маданиятка болгон мамиленин дал ушундай «ырайымсыз мүнөзү» «анын бири-бири м-н эч байланышы жок майда элементтерге ажырашына алып келген. Маданияттын майда элемент-тери өз алдынча ж-а алардын суммасы маданият болуп саналбайт».

**МАДАНИЯТТЫ ДИФФЕРЕНЦИЯЛОО** (дифференциация культуры) (лат. differentia – айрымалоо, бөлүштүрүү) – маданиятты бир бүтүндүк катары ар түрдүү структуралык элементтерин, бөлүктөргө, формаларга, баскычтарга бөлүштү-рүүнүн обьективдүү процесси. М. д. үчүн көптөгөн жагдайлар негиз болот: логика б-ча ой жүгүртүүлөрдүн типтери (мифологиялык, бинардык, триадалык); социобиологиялык белгилер б-ча (илимдеги ургаачы ж-а эркек башталмалар); дин тутуу негизи б-ча (христиандык, мусулмандык, иудейлик, буддалык, православиелик, протестанттык ж. б.); социалдык негизи б-ча (жер айдоо маданияты, дыйкандар, фермерлер, кол өнөрчүлөр, жумушчулар маданияты ж. б.); расалык ж-а этникалык белгилер б-ча ж. б. Азыркы учурда маданият таануучулар маданиятты башка негиздери ж-а белгилери б-ча дифференциациялоо мүмкүнчүлүктөрүнүн позицияларында турушат.

**МАДАНИЯТТЫН ДИАЛЕКТИКАСЫ** – маданий чөйрөдөгү өткөндөн учур чакка, учурдан келечекке карай тынымсыз өтүү процесси. Күнүмдүк коомдук тажрыйба өткөн муундар тарабынан түзүлгөн

тажрыйбага туруктуу түрдө кайрылууну, аны учурга ылайыкташтырууну, андагы пайдалуу ж-а зарыл элементтерди ылгап алууну, о. эле аларды келечектеги керектөөлөргө жараша байытууну талап кылат.

**МАДАНИЯТТЫН ДИВЕРСИФИКАЦИЯСЫ** (лат. diversus – ар кандай, face-re – кылам) – батыш маданиятынын бир нече кылымдарга созулган үстөмдүгүнөн кийин тарыхый аренага өз алдынча субъект катары чыккан ар түркүн маданияттардын интенсивдүү өсүшүн түшүндүргөн термин. Мындай жагдай маданий лидер м-н идентификацияланышуу м-н ага карата агрессивдүү маанай күтүүнүн психологиясын шарттаган.

**МАДАНИЯТТЫН ДИХОТОМИЯСЫ** (дихотомия культуры) (грекче dichotomia. dicha – эки бөлүккө+tome – бөлүү) – маданияттаанууда маданиятты материалдык ж-а рухий маданият деген эки бөлүккө бөлүштүрүүдө колдонуучу түшүнүк.

**МАДАНИЯТТЫН УБАКТЫСЫ** (время культуры) – маданияттын философиясында ж-а культурологияда колдонулуучу термин. Маданияттын убактысы – өткөндөгү, учурдагы, келечектеги адамзаттын маданий, жаратуучу ишкердүүлүгүн алга умтулган ж-а циклдүү мүнөздөрүнүн тыгыз байланышы; ушуну м-н бирге бул адат-салт м-н чыгармачылык жаңылыктардын ортосундагы карама-каршылыктар, келишпестиктердин негизинде пайда болгон ж-а жүзөгө ашкан адамзаттын маданий мурасынын ар түрдүүлүгү ж-а молдугу.

**МАЖИРӨӨ ЖЕ МАЖЕС РЕАЛИЗМ** (наивный реализм), күндөлүк тажрыйбада сырткы дүйнөнүн турмуштук тажрыйбадан алынган бүткүл мүнөздөлүшүн, толук бойдон объективдүү реалдуулукка адекваттуу деп билген, стихиялуу түрдө түптөлүп ж-а бекемделген дүйнө түшүнүк. М. р. сырткы дүйнө адамдардын аң-сезиминен көз карандысыз эле бар болот деген түшүнүкдөн чыгып, аңдабастан эле материалисттик көз караштı тутушат. Бирок М. р.–ыраттуу теориялык аңдап түшүнгөн илимий дүйнө тааныш боло албайт. М. р-ден келип чыккан материалист-тик философиялык материализмге таануу теориясынын негизине өбөлгө болот. Ошентсе да М. р. таануу табиятын түшүндүрүүдө предмет м-н билимдин, иллюзия м-н реалдуулуктун, билимдеги түздөн-түз алынган м-н аркылуу маалыматтын өз-ара байланышын түшүндүрө албай туюкка кептелет. М. р-тик позициянын жакындыгынан эмпириокритицизм, неореализм, лингвистик философия, феноменологиянын түркүмдөрү тарабынан айтылган идеалисттик жалган чечмелөөдөн объективдүү реализм келип чыгат (Беркли, Мах ж. б.). Махисттер, мис., М. р. бул адам өзүнүн сезип билгендери м-н гана иши болот ж-а материалдуу дүйнөнүн болушу эч кандай мааниге ээ эмес деген көз караштагылар**.**

**МАЙДА БУРЖУАЗИЯ** – өз алдынча же негизинен өзүнүн жеке эмгеги м-н жашоочу шаардын ж-а айылдын майда менчик ээлеринин катмары. Айылдык М. б-га айыл-чарба өндүрүүчүлөрүнүн басымдуу көп-чүлүгү – майда ж-а орто дыйкандар ж-а фермерлер кирет. Шаардык М. б. кол өнөрчүлөр, майда соодагерлер, алып-сатарлар, чайкоочулар ж-а шаардык майда ишканалардын ээлери эсептелет. М. б. өзүнүн мүлктүк абалы б-ча бирдей эмес. Бирок майда буржуазиянын материалдык абалы кандай начар болсо да ал жумушчудан жеке менчигинде өндүрүш каражаттары болгондугу м-н айырмаланат. Бул менчик майда буржуазиянын өндүрүшүнүн негизи ж-а иштөөсүнүн негизги булагы.

**МАЙЕВТИКА** (гр. maieutike – сөзмө-сөз аначылык өнөр) – маектешүү процессинин учурунда талкууланган түшүнүктөрдү ар тараптан изилдеген, Сократ негиздеген диалектиканын субъективдүү методу. Өзүнүн жеке акылмандыгы болбой туруп ал бирөөгө бир нерсени үйрөтө албайт деген ишенимге таянып Сократ өзүнүн милдетин бирөө м-н аңгемелешип ж-а улам жаңы суроолорду берип башкалардын чындыкты өздөрү табуусун ойготуудан көргөн.

**МАЙЯ** – Байыркы Индия философиясындагы жаратуунун, иллюзиянын, көрүнүүнүн магиялык күчтөрү ж-дөгү ойлор. «Ригвердде» М. адатта алдоону, куулукту, сыйкырчылыкты, көз байлоочулукту, душмандык (көз боочу) магиялык, кудай тарабынан болгон магиялык күчтү түшүндүрөт; кээде ушуга окшош трансформациялар м-н байланышкан өзгөрүү, айлануу, укмуштуу идеясын берет.

**МАКРОКОСМОС ЖАНА МИКРОКОСМОС** – (гр. makrokosmos – чоң дүйнө ж-а mikrokosmos – кичи дүйнө) – адамдын Аалам м-н байланышы ж-дө байыркы натурфилософиялык көз караш. Дүйнө адегенден баштап адамдын чен-өлчөмү б-ча кабыл алынган. Адамдын космос м-н байланышын түшүнүү байыркылардын эң чоң жетишкендиги болгон. Адам универсумду кайра жаратуучу катары каралышы мүмкүн, ошондуктан адамдын табиятын изилдөө м-н (микрокосмосту) Аалам (макрокосмос) кандайча түзүлгөнү ж-дө көз караш түзүүгө болот. Адамдын денесинин айрым бөлүктөрү Ааламдын архитектоникасы м-н шайкеш келет. Космос – бул ирээттүүлүк, уюшкандык, макулдашкандык. Кичи дүйнө – бул адам, чоң дүйнө – бул космос. Алар жөн гана байланышта болбостон, структурасы б-ча да окшош.

**МАЛЬТУСЧУЛУК** – илимге каршы социологиялык доктрина. Англиялык дин кызматкери Мальтустун (1766–1834) ысмынан аталган. М. калктын жайгашуусунун кандайдыр бир тарых алдындагы мыйзамын түзгөн, ага ылайык калктын жайгашуусунун өсүшү геометриялык, ал эми жашоо каражаттарынын өсүшү – болгону арифметикалык прогрессия м-н өсөт. Ал коомдук өнүгүүнүн карама-каршылыгын мына ушундан

чыгарган. М. ушул карама-каршылыктарды жеңүүнүн мүмкүнчүлүгүн калктын экономикалык өсүшүн камсыз кылбоонун алдын алуу (никелерди жөнгө салуу, төрөттү жөнгө салуу), ошондой эле калктын санынын ачкачылык, эпидемия, согуш ж. б. аркылуу «табыгый» жөнгө салынышы м-н байланыштырат.

**МАМИЛЕ** – элементтердин белгилүү бир система б-ча жайгашканын ж-а бири-бирине көз карандылыгын туюндурган философиялык категория; адамдын бир нерсеге карата эмоциялык-эрктик позициясы; ар кандай объектилердин же бир объекттин ар кыл жактарын ойдо салыштырып кароо. Диалектикалык материализм М. объективдүү ж-а универсалдуу мүнөзгө ээ, дүйнөдө башка буюмдар ж-а касиеттер м-н эсепсиз байланышта ж-а карым-катнашта турган буюмдар, алардын касиеттери ж-а М-лери гана бар деп эсептейт. М. тийиштүү элементтердин ар кайсы деңгээлдеги татаал системасын түзөт. Буга мыйзам мисал боло алат. М. буюмдардын сапаттары м-н белгилеринин ролун да аткара алат. Коомдук М-лердин өзгөчө тибин түзөт. Изилдөөнүн системалык методунун ролу жогорулаган сайын М. категориясы илимий зор мааниге ээ болууда.

**МАМИЛЕЛЕРДИИ ЛОГИКАСЫ** – логиканын бөлүгү, табияттагы түрдүү объектилердин мамилелерин изилдейт. Мамилелер эки мүчөлүү (бинардык), үч мүчөлүү (териардык), болуп бөлүнөт.

**МАМЛЕКЕТ** – коомдун экономикалык ж-а социалдык түзүлүшүн сактап, аны башкарууну ишке ашыра турган саясий системанын негизги институту. М-тин негизги белгилери: 1) М-тик бийликтин функциясын ишке ашыра турган органдар м-н мекемелердин өзгөчө системасы; 2) М-тик бийлик белгилеген же санкциялаган укуктун болушу; 3) М-тик бийликтин жаралуу же жайылуу чеги бар аймактын болушу. Тарыхта белгилүү М-тин түрлөрү: кул ээлөөчүлүк М: феодалдык М., бурж. М-тин түзүлүш формалары: монархия (абсалюттук ж-а конституциялык), республика (парламенттик ж-а президенттик), советтик республика, унитардык М. ж-а союздаш М. (федерация). М.- коомдогу саясий уюмдардын негизгиси. Коомдо М. м-н катар ар кандай партиялар, профсоюздар, диний бирикмелер ж. б. уюмдар иштейт. Алгачкы жамаат коомунда М. болгон эмес, ал эмгектин коомдук бөлүнүшүнөн, жеке менчиктин ж-а карама-каршы таптардын чыгышынан улам жаралып, коомдук өнүгүүгө жараша өзгөрүп турган. Социалисттик революциянын жеңиши м-н М-тин жаңы тиби –социалисттик М. келип чыккан. Мындай типтеги М-тин эң алгачкы үлгүсү Париж коммунасы болгон.

**МАМЛЕКЕТ ЖАНА РЕВОЛЮЦИЯ** – Мамлекет ж-а пролетариаттын революциядагы милдеттери ж-дө марксизмдин окуусу – 1917-ж. август-сентябрда жазылып, 1918-басылган В. И. Лениндин эмгеги. Россияда социалисттик революцияга даярдануунун шартында пролетариаттын мамлекетке болгон мамилеси ж-дө маселе курч теориялык ж-а практикалык мааниге ээ болгон. Ленин бул эмгегинде мамлекет теориясынын негизги маселелерин чагылдырган. 1848–51-ж. революциянын, айрыкча 1871-ж. Париж коммунасынын тажрыйбасын жалпылоонун негизинде жазылган Маркс м-н Энгельстин мамлекет ж-дө теориясына таянган. Революцияда жумушчу табынын негизги милдети буржуазиялык мамлекеттик машинаны кыйратуу ж-а пролетариаттын диктатурасын орнотуу деген марксизмдин корутундусун негиздеген, бирок эмгеги бүтпөй калган.

**МАН** – экзистенциализмдин негизги түшүнүктөрүнүн бири; Хайдеггер киргизген. М. термини аныкталбаган – жекече сүйлөмдөрдө субьект катары чыгат. М. дүйнөсүндө болуу – бул Хайдеггердин айтканы боюнча жеке адамдын өзүнүн чыныгы жолундагы ар бир кырдаалды тандабастан «бардыгы катары» ойлоп, сезип ж-а аракеттенип жашоо ыкмасы. М. тилдин, ойдун ж. б. сенек болгон ж-а «затсыздандырылган» формасы түрүндө моралдын жүрүм-турумунун жалпы кабыл алынган принциптери түрүндө болот. М. Хайдеггер боюнча ар дайым адамга душман, анын эркин иштешине тосколдук кылат, аны өз алдынчалыгынан ажыратат.

**МАНАС** (санскритче – акыл) – байыркы Индия философиясынын негизги түшүнүктөрүнүн бири; бардык менталдык болгон нерселерди камтуучу эң кеңири маанидеги акыл; сезүү органдары аркылуу кабыл алынуучу таасирлерди түшүнүүгө, б. а. ой жүгүртүүгө ж-а ушул таасирлерге жооп берүүгө жөндөмдүү интеллект; кабылдоо, сезим, аң-сезим, эрк; кабылдоонун ж-а таанып билүүнүн ички органы; анын жардамы м-н ой жүгүртүү келип чыгуучу аспап (жөндөмдүүлүк), ал эми кабылдоо обьектилери жан дүйнөгө таасир этет.

**МАНИХЕЙЧИЛИК** – 3-к-да Жакынкы Чыгышта, Персияда пайда болгон диний философиялык окуу, өзүнүн негиздөөчүсү Маниинин (216– 274 ж-а 277-жылдардын ортосу) ысымынан аталган. Уламышка ылайык Мани Вавилондо туулган, өзүнүн окуусун Персияда гана эмес, Орто Азия, Индия, Кытайда да үйрөткөн. М. өзүнүн негизине дуалисттик түрдө төмөнкүнү коет: дүйнө бири-бирине, карама-каршы туруучу эки белгилүү башталыштан: жарыктан ж-а караңгылыктан (материя), жакшылыктан ж-а жамандыктан турат. М. караңгыны же материяны жарыктын өчүшүнүн натыйжасы деп эсептебейт, караңгылык падышачылыгы жарыкчылык паждышачылыгына бирдей деңгээлде карама-каршы турат ж-а ушул карама-каршылыктын көз карашында бүткүл дүйнөлүк тарых каралган.

**МАРБУРГ МЕКТЕБИ** – неокантчылыктын багыттарынын бири. Бул багыттын негизги өкүлдөрү Коген, П. Наторп, Кассирер, Р. Штаммлер болгон. Канттын окуусундагы материалисттик тенденцияны таштап алар ырааттуу субьективдүү идеализмдин позициясына өтүшкөн. М. м-нин окуусуна ылайык философия дүйнө ж-дө билим боло албайт, жекече илимдердин методологиясына ж-а логикасына келтирилет. Обьективдүү чындыкты тануу м-н М. м-нин философору таанып билүүнү сезүү мазмунунан бөлүүгө аракеттенишкен ж-а аны түшүнүктөрдү конструкциялоонун таза логикалык процесси катары карашкан. Бул учурда М. м. методологиясы жекече илимдерге мажбурлап таңууланууучу мазмунсуз жалпы принциптер түрүндө болору шексиз.

**МАРГИНАЛДУУЛУК** – социалдык топтордун ортосундагы адамдын абалынын орто аралыгын, чектүүлүгүн билдирүүчү социалдык түшүнүк, ал анын психикасына белгилүү таасир калтырат. Америкалык социолог Р. Парк киргизген, ал ушул түшүнүк м-н мулаттардын абалын белгилеген ж-а «маргиналдуу жеке адам» бир катар мүнөздүү өзгөчөлүктөргө: тынчы жоктукка, агрессивдүүлүккө, даңкты сүйүүчүлүккө, сезимталдыкка, уяңдыкка, өзүмчүлдүккө ээ болот деп эсептеген.

**МАРКСИЗМ** – башатында К. Маркс ж-а Энгельс, андан кийин 19-к-дын акырында ж-а 20-к-да ар кайсы өлкөлөрдө алардын көп сандаган жолун жолдоочулар турган окуу. М. капиталисттик цивилизациянын карама-каршылыктарын сын көз м-н ой жүгүртүүнүн натыйжасы катары келип чыккан. Теориялык жактан ал үч негизги булактан – немистик классикалык философиядан (Гегель, Фейербах), англис классикалык саясий экономиясынан (Смит, Рикардо) ж-а француз утопиялык социализминен (Сен-Симон, Фурье) келип чыккан. Коомду түп тамырынан кайра өзгөртүүнү – капитализмди жоюну ж-а аны коммунисттик формация м-н алмаштырууну максат кылып, М. ушул 3 философиялык, экономикалык ж-а социалдык-саясий жүйөөлөргө негизделет, ушуга байланыштуу анда адатта 3 составдык бөлүк айырмаланат: философия, саясий экономия ж-а социализм ж-дө окуу (же илимий коммунизм).

**МАРКСИЗМ-ЛЕНИИИЗМ** – Маркс м-н Энгельстин философиялык, экономикалык ж-а социалдык-саясий көз караштарынын системасын билдирүүчү, жаңы шарттарда Ленин өнүктүргөн термин. «Марсизм-ленинизм» термининин өзү Лениндин ишмердүүлүгү м-н байланышкан марксизмдин өнүгүшү-нүн жаңы этабын белгилөө үчүн 20-жылдардын башталышында колдонууга киргизилген. Лениндин өзү эч качан өзгөчө, бир бүтүндөн турган теориялык-философиялык системаны түзүүгө аракеттенген эмес ж-а өзүн Маркс м-н Энгельстин шакирти катары гана, ал эми өзүнүн теорияга кошкон салымын марсисттик окуунун бөлүгү катары гана караган.

**МАССАЛЫК КОММУНИКАЦИЯ** – рухий баалуулуктарды ырастоо ж-а адамдардын баалоосуна, пикирине ж-а жүрүм-турумуна идеологиялык, саясий, экономикалык же уюштурууучу таасир көрсөтүү максатында саны жактан көп, бир жерге топтолгон аудиториянын арасында маалыматтарды системалуу таратуу (басма сөз, радио, телекөрсөтүү, кино, үн жазуу, видеожазуу аркылуу).

**МАССАЛЫК КООМ** – азыркы учурдагы коомдун бир катар өз алдынча өзгөчөлүктөрүн белгилөө үчүн массалык маданиятты социология ж-а философия колдонуучу түшүнүк. «М. к.» социалдык-экономикалык тармакта өндүрүштү индустриялаштыруу ж-а урбандаштыруу, стандартташтыруу ж-а массалык пайдалануу, коомдук турмушту бюрократташтыруу, массалык коммуникация каражаттарын массалык маалыматты ж-а массалык маданиятты жайылтуу м-н байланыштырылат.

**МАССАЛЫК МАДАНИЯТ** – индустриялык жактан өнүккөн коомдун шарттарында кеңири тараган маданият болмуштарынын өзгөчөлүктөрүн, «массалык коомдун» продуктусун чагылдыруучу түшүнүк. Жекече ж-а коомдук аң-сезимге тиешелүү таасир көрсөтүүчү ж-а анын продуктуларына суроо-талапты камсыз кылуу үчүн зарыл болгон жарыяларды түзүүчү массалык коммуникация каражаттарынын кеңири бутактанган тармагы ж-а керектөөнүн уюштурулган индустриясы м-н мүнөздөлөт. М. м-тын негизги социалдык милдеттери: адамдарды коомдук мамилелердин колдонулуудагы системасына интеграциялоо; алардын көңүлүн реалдуу турмушка проблемалуу ой жүгүртүүдөн көңүл ачуучу массалык продукцияларды көрүү м-н кабыл алууга, эмоциялык эс алууга ж-а элестетип ойноого буруу.

**МАТЕМАТИКАЛЫК ЛОГИКА** (же символикалык логика) – логикада математиканын формалдуу методдорун ж-а математикалык ой жүгүртүүлөр м-н далилдөөлөрдүн логикалык изилдөөлөрүн колдонуунун натыйжасында түзүлгөн билимдер тармагы. М. л-да логикалык процесстер логикалык эсептөөлөр сыяктуу формалдаштырылган тилдерде аларды чагылдыруу аркылуу изилденет. М. л-да логикалык эсептөөлөрдүн формалдуу түзүлүшүн изилдөө м-н катар эле эсептөөлөр ж-а алардын интерпретациясы м-н моделдери болуп кызмат кылуучу мазмундуу тармактарынын ортосундагы катыштарды кароо милдети да турат.

**МАТЕРИАЛИЗМ** (лат. materialis – заттык, заты) – материянын обьективдүүлүгүн, алгачкылыгын, түгөнгүстүгүн ж-а жок болбостугун таануучу негизги философиялык багыттардын бири, ал аң-сезимден сырткары ж-а көз карандысыз болот ж-а чындыктын алгачкы негизи катары чыгат. М. идеализмге карама-каршы. Мазмундуу конфронтация, алардын ортосундагы күрөш тарыхый-философиялык процесстин өзөгүн

түзөт. Идеялык агым катары М. көп кырдуу. М-дин төмөнкүдөй түрлөрү бар: маңыроо (стихиялык) М. (Лаоцзы, Ян Чжу, Ван Чун, Лопаята мектеби, Гераклит, Анаксагор, Эмпедокл, Демокрит, Эпикур ж. б.). М-дин архаикалык формасы негизги өбөлгөлөрүн, принциптерин рефелкстөөнүн жоктугу м-н мүнөздөлөт. Метофизикалык М. (Ф. Бэкон, Гоббс, Гассенди, Спиноза, Локк) болмуштун же ойломдун кандай өзгөчөлүктөрү абсолютташтырылганына жараша көптөгөн модификацияларга ээ болот. Вульгардык М. (Фогт, Бюхнер, Молешотт) аң-сезимдин социалдык-тарыхый табиятын билмексенге салышат, аң-сезимди мээнин түздөн түз акыркы касиети катары талкуулашат. Антропологиялык М. (Фейербах, Чернышевский) – «үстү жактан» толук курулбай калган деп түшүндүрүшөт. Коомдук реалийлерди чечмелөөдө жаратылыш кубулуштарын түшүнүү-гө алып келүү М. м-н айкалышпайт. Диалектикалык М. материализм принциптерин диалектикага, анын ичинде коомдук мамилелерди ыраатту түшүнүүгө алып келүүнү билдирет.

**МАТЕРИАЛИЗМ ЖАНА ЭМИИРИОКРИТИЦИЗМ** – реакциялык философиянын бири ж-дөгү сын макалалар – философия боюнча Лениндин негизги эмгеги: «Материализм жана эмпириокритицизм» китебинде эмпириокритицизмдин субьективдүү-идеалисттик философиясына толук сын берилет, диалектикалык ж-а тарыхый материализмдин бардык философиялык маселелери б-ча анын толук карама-каршылыгы ачылат. Ленин марксизмди махизм м-н «толуктоону ж-а өнүктүрүүнү» каалаган орус махисттери иш жүзүндө субьективдүү идеализмдин ж-а агностицизмдин реакциячыл идеяларын кайталагандыктарын гана көрсөтөт. Китепте буржуазиялык философиянын өнүгүшүндөгү идеялык башаттар ж-а эмпириокритицизмдин орду көрсөтүлгөн.

**МАТЕРИЯ** (гр. materia) – субстрат, субстанция зат, адамзаттын аң-сезиминен сырткары ж-а көз карандысыз болуучу ж-а ал чагылдыруучу обьективдүү реалдуулук. М. дүйнөнүн көптөгөн чексиз реалдуу болгон обьектилерин ж-а системаларын камтыйт, кыймылдын бардык мүмкүн болгон касиеттеринин ж-а формаларынын субстанциалык негизи болуп эсептелет. М. конкреттүү формалардын, түрдүү обьектилердин ж-а системалардын эсепсиз көптүгүндө башкача болбойт. Материя түгөнбөйт ж-а жоголбойт, убакыт б-ча түбөлүктүү ж-а мейкиндикте чексиз, өзүнүн структуралык көрүнүштөрүндө кыймыл м-н ажырагыс байланышкан, белгилүү этаптарда жагымдуу шарттар болгондо өзүн өзү өнүктүрүүгө жөндөмдүү, жашоо-тиричиликтин ж-а ой жүгүртүүчү жандыктын пайда болушуна алып келет.

**МАТЕРИЯНЫН КЫЙМЫЛЫНЫН ФОРМАЛАРЫ** (формы движения материи) – материалдык объектердин өз ара аракеттенишүүсүнүн ж-а кыймылынын негизги типтери. Ар бир телого бир нече М. к. ф. мүнөздүү. М. к. ф. илимий классификациялоодо төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл: 1) материалдык объекттер – кыймылды алып жүрүүчүлөрдүн спецификасы; 2) белгиленген кыймыл формасына мүнөздүү жалпы закондордун болмушу; 3) материянын тарыхый өнүгүүсүнүн ж-а кыймылынын эң жөнөкөй формасынан татаал формасына чейинки законченемдүүлүк. Бул талаптарга ылайык М. к. ф. үч негизги тобу бөлүп каралат: 1) органикалык эмес табияттагы; 2) жандуу табияттагы; 3) коомдогу. Органикалык эмес табияттагы М. к. ф. мейкиндиктеги жылышуулар, элементардык бөлүкчөлөрдүн ж-а талаалардын – электро-магниттүү, гравитациялык, кыймылдары; ж. б. Жандуу табияттагы М. к. ф. – организмдеги зат алмашуу, бүткүл биосферанфн Жердин жаратылыш системалары ж-а коом м-н өз ара аракеттенүүсү, байланышы ж. б. кирет. Коомдогу М. к. ф. – адамдардын аң-сезимдүү ишмердүүлүгүн көп жактуу көрүнүштөрү ж. б. камтылат.

**МАҢЫЗ ЖАНА КУБУЛУШ** (Сущность и явление) – Дүйнөдөгү процесстердин ж-а объектердин бардык зарыл жактарын чагылдырган философиялык категориялар. Маңыз – бул өз жашоосунун бардык көп түрдүүлүктөрү ж-а карама-каршылыктарынын биримдиги аркылуу кубулушчу нерсенин ички мазмуну; а кубулуш болсо нерсенин тигил же бул жагынан көзгө чалдыгышы, анын жашашынын сырткы кейпи (формасы). Ой жүгүртүүдө М. ж-а К. категориясы нерседе болгон көп түрдүү формалардан анын ички мазмунуна ж-а биримдигине – түшүнүүгө өтүүнү туюндурат. Нерсенин маңызына жетүү – илимдин негизги милдети. Антикалык философияда мис: – нерсени түшүнүүнүн «башаты» анын жаралышын (генезисин) билүүнүн булагы. Демокриттин окуусу б-ча, нерсенин маңызы ал нерсенин өзү м-н ажырагыс ж-а аны түзгөн бөлүкчөлөрдөн (атомдордон) эркин турат. Платондун окуусу б-ча, мис: («идея, ой») дене-сезүү жашоосуна баш ийбейт, ал жогорку сезимдеги, материалдык мүнөзгө ээ эмес, түбөлүктүү ж-а чексиз. Аристотелдин окуусу б-ча, М. («нерселердин формасы») жекече турган нерселерден сырткары, өзүнчө жашабайт. Кант М-дын объективдүүлүгүн таануу м-н катар («нерсе өзүндө», «вещи в себе»), М-ды адам таанып – биле албайт деген. Гегел метафизикалык көз карашты жеңип, маңыз көрүнөт, кубулуш маңыздын көрүнүшү дейт. Ошондой эле Гегелдин диалектикалык идеализми К-ту «абсолюттук ойдун (идея)» сезилип билинген айкын көрүнүшү деп түшүндүргөн. Неопозитивизм сезип-билүүгө болгон К-ту гана таанып, М-дын объективдүүлүгүн танат, аны таза ойдон жаралган нерсе катары карайт. Экзистенциализмде М. категориясын жашоо түшүнүгү сүрүп чыгып, К. субъективдүү маанайда түшүндүрүлөт.

**МАХАЯНА** – буддизмдин жаңы багыты. Ал Буддадан башталган салттуу багыттан – хинаянадан («кичи дөңгөлөк») айырмаланып махаяна («чоң дөңгөлөк») аталышын алган. Материалдык ж-а психикалык

дхарманы реалдуу деп эсептешкен хинеянисттпк философторго каршы болуп, махаянисттик философтор дхарманын реалдуу эместигин, бүткүл дүйнөнүн реалдуу эместигин далилдешет. Дхарманын реалдуу эместиги же шуньяте (боштук) ж-дө окуу Нагартджуна тарабынан логикалык жактан негизделген (2-к.).

**МАХИЗМ –** тар мааниде – австриялык физик ж-а философ Махтын философиялык көз караштарынын жыйнагы; кең мааниде 20-к-дын башталышында Мах, Авенариустардын эмгектеринде көтөрүлгөн философиядагы ж-а илимдер методологиясындагы субьективдүү-идеалисттик багыт. Махтын субьективдүү-идеалисттик окуусунун негизин «ойду үнөмдөө» теориясы ж-а ал сунуш кылган «таза баяндалуучу» илим түзөт. Мах ойду үнөмдөөнү таанып билүүнүн негизги мүнөздөмөсү деп жарыялайт, аны фактыларга карата организмдин «көнүп кетүү» зарылчылыгын шарттоочу организмдин өзүн-өзү сактоонун алгачкы биологиялык муктаждыгынан чыгарат. Ушул эле мазмунду Авенариус күчтү эң аз чыгымдоо принцибинде туюнтат.

**МЕГАР МЕКТЕБИ** – биздин заманга чейинки 4-к-да Байыркы Грециядагы болгон философиялык багыт; Сократтын досу ж-а шакирти мегардык Эвклид (болжол м-н б. з. ч. 450–380-ж.) тарабынан негизделген. Сократ өлгөндөн кийин мегарлыктар түбөлүк ж-а өзгөрбөс бирдиктүүлүк (болмуш) ж-дө Пармениддин окуусун сократтык этикадагы жогорку түшүнүк – жакшылык түшүнүгү м-н синтездөөгө аракет кылышкан. Эвклид бирдиктүү гана жакшылык болот деп ырастаган, ал өзгөрбөс ж-а өзүнө өзү теңдеш болуу м-н чындык, акыл, кудай ж. б. аталыштар м-н да белгилүү. Кайрымдуулуктун ар кандай түрлөрүнүн ээ болгондугуна карабастан, анын түпкү мазмуну – жакшылыкты таанып билүүдө жатат. Буюмдардын көптүгү ж-а ар түрдүүлүгү бирдиктүү жакшылыкка каршы турат ж-а ошондуктан анык да эмес, реалдуу да эмес түрдө болот.

**МЕДИТАЦИЯ** (лат. meditatio – ой жүгүртөм, ойлоном) – адамдын психикасын өтө терең бир жерге топтогон абалга алып келүүгө багытталган акыл аракети. Психологиялык аспектте М. өтө эмоциялык көрүнүштү ж-а реакция жасоонун олуттуу төмөндөшүн четтетүүнү болжолдойт. М-ленуучунун соматикалык абалы бул учурда алсыздангандык, ал эми анын акыл маанайы көтөрүлгөндүк ж-а айрым аша кечүүчүлүк (тышкы обьекттерден ж-а айрым ички толгонуулардан) м-н мүнөздөлөт.

**МЕНТАЛИТЕТ** (лат. mentalis – акыл, ойлоо, ойлордун образы, рухий склад) – ойлордун, ишенимдердин, рухий көнүмүштөрдүн толук жыйындысына карата жалпы рухий маанайдын багытталгандыгы, ал дүйнөнүн картинасын түзөт ж-а маданий салттардын же кандайдыр бир коомдоштуктун бирдиктүүлүгүн бекемдейт. М. коллективдүү аң- сезимдин ишин мүнөздөйт. Ушул мааниде ал ойдун өз алдынча тибин элестетет. М. – адамдарда алардын табигый болгондорунан ж-а социалдык жактан шартталган компоненттеринен жаралган ж-а жашоо-тиричиликтик дүйнө ж-дө адамдын көз карашын ачып берген жалпылык болуп эсептелет. М. феномен катары коомдук маанайдан, баалуулук багыттардан ж-а идеологиядан айырмалоо керек.

**МЕНЧИК –** 1) жеке керектөөнү (менчик) канааттандыруучу, өндүрүштүк ж-а өндүрүштүк эмес каражаттарга ээлик кылган коом мүчөлөрүнүн өзүмдүк менчигинин бир формасы. Граждандардын менчиги өлкө байлыгынын ажырагыс бөлүгү. Менчиктин негизги булагы – жеке ж-а коомдук өндүрүш тармагында иштеген адамдардын эмгек акысы, тапкан кирешеси, социалдык камсыздоо фондуларынан алынган кирешелер (пенсия, пособие, стипендия) көмөкчү чарба, ж. б. Акысыз ж-а жарым жартылай акысыз тейлөөлөр да (билим алуу, медисиналык жардам ж. б.) менчиктин көлөмүнө таасирин тийгизет. Менчик адамдын коомдук пайдалуу иштен баш тартуусуна шарт түзүү м-н, жатып ичер жан бактылыкка айланышына укуктук мыйзам чаралары жол бербейт. 2.) материалдык байлыкка, өндүрүш каражаттарына ээлик кылуунун тарыхый жактан калыптанган коомдук формасы. Ал адамдар жамааты ж-а мамлекет ортосунда коомдук байлыктын бөлүштүрүлүшүн, тактап айтканда коомдук мамилелерди да туюнтат. Өндүргүч күчтөрдүн деңгээли эң төмөн болгон алгачкы общиналык түзүлүштө өндүрүштүн жөнөкөй куралдары м-н чогултулган байлыктар коомдогу жалпы жамааттын менчиги болгон. Эмгектин бөлүштүрүлүшү м-н катар, өндүрүш каражаттары бирөөнүн колуна өтүп, жеке М. келип чыккан да, эмгектенгендердин бир даары кул ээлеринин менчигине айланган. Феодализмде өндүргүч күчтөр м-н товар өндүрүү кеңейип өндүрүш каражаттары чексиз жеке М-ти пайда кылган. Буржуазиялык коомдун өнүгүшүндө өндүрүш каражаттарынын ж-а өндүргөн байлыктын арбын бөлүгү капиталисттердин колуна топтолот. Империализм мезгилинде өнөр жайы ж-а айыл чарбасындагы ири капиталисттик монополиялар зор капиталды ээлеп, буржуазиялык коомдун экономикалык негизин түзгөн.

**МЕРИТОКРАТИЯ** (лат. meritus – татыктуу ж-а гр. kratos – бийлик) – батыш социалдык философиясынын түшүнүгү, аны м-н жеке сиңирген эмгектеринин ж-а жөндөмдүүлүк-төрүнүн негизинде тандалып алынган адамдар тарабынан башкарылуучу коом белгиленет. Азыркы учурдагы бир катар социологдордун ырастоолору боюнча М.-постиндустриалдык коомдун же индустриалдык коомдон кийин келүүчү билим коомунун же керектөө коомунун ажырагыс компоненти. «М.» терминин 1958-жылы англис социологу М. Янг «М-нын жогорулоосу, 1870–2033» романында киргизген. Бул концепцияга ылайык, батыш коомундагы

эволюциянын жүрүшүндө, жетектөөчү постко өзгөчө таланттуу, бардык социалдык катмарлардан тандалып алынган адамдарды сунуштоо принциби бекемделет.

**МЕТАЛОГИКА** (гр. meta – кийин, андан кийин ж-а logos – сөз, түшүнүк, талкуулоо) – азыркы учурдагы формалдуу логиканын системаларын ж-а түшүнүктөрүн изилдөөчү теория (Метатеория). Далилдөөлөр теориясы, түшүнүктөрдүн аныкталуучулугу, формалдаштырылган тилдердеги чындыктар, интерпретация, маани ж. б. маселелерин изилдейт. М. эки бөлүмгө: логикалык синтаксис ж-а логикалык семантикага ажырайт. М-ны өнүктүрүү формалдаштырылган тилдердин касиеттерин түзүү ж-а изилдөө м-н байланышкан.

**МЕТАТЕОРИЯ** (гр. meta – кийин, андан кийин ж-а гр. theoria – байкоо жүргүзүү, кароо, изилдөө) – изилдөө предмети болуп кандайдыр бир башка теория эсептелүүчү теория. М. кандайдыр бир теориянын жоболорунун ж-а түшүнүктөрүнүн системасын изилдейт; аны кыйла рационалдуу ыкма аркылуу түзүү мүмкүнчүлүгүн берүү м-н анын чектерин, жаңы түшүнүктөрдү киргизүү ж-а анын жоболорун далилдөө ыкмаларын ж. б. белгилейт.

**МЕТАТИЛ** – тил, анын жардамы м-н предметтик (обьективдүү) тил деп аталуучу айрым башка тилдер же обьекттин тилинин касиеттери баяндалат ж-а изилденет. Предметтик тилди ж-а М-ди аралаштыруу семантикалык антимония деп аталуучуга алып келет. Ар кандай метатеориялардын алкагында М. каражаттары м-н тиешелүү предметтик теориялардын касиеттерин изилдөө жүргүзүлөт (мис., математикада формалдуу далилдөөлөр теориясы).

**МЕТАФИЗИКА** (гр. meta ta physika – физикадан кийинки) – болмуштун сезимге чейинки принциптери (тажрыйба аркылуу таанып – билүүгө болбогон) жөнүндөгү философиялык окуу. М. термини Аристотелдин философиялык мурастарынын бөлүктөрүнүн белгилениши катары биздин заманга чейинки 1-к-да пайда болгон ж-а сөзмө сөз «физикадан кийин эмне келип чыгарын билдирет» деген түшүнүктү туюнтат. Аристотелдин ишеними б-ча бардык илимдер үчүн милдеттүү өзүнүн философиялык окуусу «биринчи философиянын» маанилүү бөлүмү, кыязы жогорку, сезүү органдары үчүн жетишсиз болгон, акыл м-н гана жетишилген ж-а бардык жандуулардын өзгөрбөс башатын изилдейт. Ушул мааниде М. термини кийинки философияларда колдонулган. Жаңы мезгилде М-ны диалектикага каршы ыкмасы катары таанып билүүдө бир тараптуулуктун натыйжасы катары, буюмдар ж-а кубулуштар каралган учурда бири-биринен көз карандысыз ж-а өзгөрбөөчү катары түшүнүү келип чыккан, жаратылышта ж-а коомдо өнүгүү булагы катары ички карама каршылыкты танат.

**МЕТЕМПСИХОЗА** – жандын көчүп жайгашуусун белгилөөчү кийинки грек терминдеринин бири. Алгачкы жолу сицилиялык Диадордо, андан кийин Галенде, афродиялык Александрда жолугат, өзгөчө неоплатондук салттар үчүн мүнөздүү. Башка адамдардын (жаңы төрөлгөн баланын), жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн ж-а минералдардын же жогорулоо тартибинде – демондордун, кудайлардын денесине өлгөндөрдүн жанынын кайра жайгашуусу ж-дө диний-мифологиялык окуу. Эски ж-а Жаңы дүйнөнүн көптөгөн көз карандысыз фольклордук салттары үчүн ырасталган.

**МЕТОД** (гр. methodos – сөзмө сөз «кандайдыр бир нерсеге жол» теория, окуу) – эң жалпы мааниде – максатка жетүү ыкмасы, белгилүү түрдөгү тартипке салынган иш-аракет. М. таанып билүү каражаты катары изилденүүчү предметти ой жүгүртүүдө кайра жаратуу ыкмасы. Илимий жактан негизделген М-ду ац сезимдүү колдонуу жаңы билимдерди алуунун олуттуу шарты болуп эсептелет. Таанып билүүнү өнүктүрүү процессинде индукция, дедукция, анализ ж-а синтез, салыштыруу, аналогия, эксперимент, байкоо жүргүзүү ж. б. сыяктуу илимий ой жүгүртүүнүн жалпы принциптери иштелип чыккан. Өзүнүн негизинде бардык таанып билүү методу изилденүүчү предметтин табияты м-н шартталган. Ошондуктан М. теория м-н тыгыз байланышкан.

**МЕТОДОЛОГИЯ** – 1) кандайдыр бир илимде пайдаланылуучу таанып билүүчү каражаттардын, методдордун, ыкмалардын жыйындысы; 2) таанып билүүчү ж-а тажрыйбада өзгөртүп түзүүчү иш-аракеттерди уюштуруунун каражаттарын, өбөлгөлөрүн ж-а принциптерин изилдөөчү билимдин тармагы. Алсак, илимдердин М-сы илимий билимдерди ж-а илимий иш-аракеттерди изилдейт. М-ны өнүктүрүү – жалпысынан илимий таанып билүүнү өнүктүрүүнүн жактарынын бири. Ар кандай илимий ачылыштар предметтик гана эмес, методологиялык мазмунга да ээ, б. а. ал болгон түшүнүк аппаратын, изилденүүчү материалдын интерпретациясына өбөлгөлөрдү ж-а ыкмаларды сын көз м-н кайра кароого байланышкан. Анын жүрүшүндө предметтик билимдер иштелип чыгуучу иш-аракетти талдоо обьектиси кылып алуу м-н илимдер М-сы илимдин өзүн-өзү таанышынын ж-а өз алдынча ац-сезимдин формаларынын бири катары чыгат.

**МЕТРИОПАТИЯ** (гр. metriopatheia. metos – чектелген ж-а pathos) – өтө берилгендик кумардануу байыркы грек этикасына мүнөздүү бир нерсеге катуу берилүүнү, аша чабууну чектөөнү түшүнүк, анатацияга каршы коюлат. Стоицизм (стоикчилер) м-н талаш-тартышта пайда болуучу перипатетикалык мектептин термини:

аффекттерди толук боюнча түп тамырынан жоготуунун стоицикалык идеялына ж-а акылмандын абсолюттук камаарыбастыгына перипатетиктер Аристотелдин бакыт формуласы катары алтын «орточо» ж-а «ашыра талап кылбоо» ж-дөгү окуусун карама каршы коюшкан; стоицистикалык апатия («камаарыбагандык») бул учурда М-да («ашыра талап кылбоо – кумардануу») талаш-тартыш түрдө трансформацияланган. М. ж-дө окууну ошондой эле Платондук академиянын, ортоңку платонизмдин өкүлдөрү ж-а айрым скептиктер да үйрөнүшкөн.
**МЕХАНИЦИЗМ** – материянын кыймылынын механикалык формаларынын мыйзамдары аркылуу жаратылыштын ж-а коомдун өнүгүшүн түшүндүрүүчү дүйнөгө болгон көз караш, ал универсалдуу катары каралат ж-а материалдык кыймылдын бардык түрлөрүнө жайылтылат. М-дин тарыхый жактан пайда болушу ж-а таралышы 17–18-к-дардагы классикалык механиканын жетишкендиктери м-н байланышкан (Галилей, Ньютон ж. б.). Классикалык механика материя, кыймыл, мейкиндик ж-а убакыт, себептүүлүк ж. б. ж-дө өз алдынча көз караштарды иштеп чыккан. Бул көз караш 17–18-к-дардагы табият таануунун деңгээли м-н шартталган чектелгендигине карабас-тан жалпысынан М-да илимдерди ж-а философияны өнүктүрүүдө оң мааниге ээ болгон.
**МИКРОСОЦИОЛОГИЯ** (гр. mikros – чакан, кичи) – чакан топтордун ж-а түздөн түз жеке адамдардын ортосундагы мамилелердин социологиясы. 20-к-дын 20-жылдарында пайда болгон ж-а социалдык мамилелердин негизги модели катары чакан топтордо мамилелерди изилдөөгө багытталган батыш социологиясындагы багыттардын бири м-н алгач ассоциацияланган. М. адатта Гурвичтин ж-а Моренонун теориясын камтыйт. Социометрия деп да аталат.
**МИЛЕТ МЕКТЕБИ** (ионийлик) – Фалес, Анаксимандр ж-а Анаксимен (б. з. ч. 6-к.) негиздеген байыркы грек философиясынын алгачкы мектеби. Мектепке Иониядагы Милдет ш-нын аты берилген. М. м. байыркы грек философиясынын башаты болгон: милдет философтору кубулуштардын көп түрдүүлүгүн ар кайсы жагынан кандайдыр бир алардын нерселердин маңызын байкашкан (“биринчи негиз”). Ал Фалес үчүн суу, анаксиоандр үчүн белгисиз ж-а чексиз зат (апейрон), Анаксимен үчүн аба түрүндө болгон.
**МИМАНСА** (санскрипт сөзмө-сөз – изилдөө) – Индия философиясынын ортодоксалдык системаларынын бири. М-нын жолун жолдоочулар бул сөздүн толук маанисинде веда ачылыш болуп саналбайт деп эсептешкен ж-а андагы камтылган диний ж-а философиялык жоболор логикалык жактан негиздөөнү талап кылат. Бул системада айрым брахмандардын ж-а упанишаддардын текстерине өзгөчө чоң маани берилет. М. окуусунун негизинде ишке ашырылган абалдан – мокшадан биротоло кутулуу рационалдуу түшүндүрүлүшү ж-а билимдин ж-а кандайдыр бир аң сезимдүү күч аракеттин жардамы м-н жетишилиши мүмкүн эмес деген ишеним жатат. Негизги көңүл коомдук ж-а диний милдетти – үрп-адаттарды аткаруудан ж-а каста тарабынан коюлуучу ар кандай чектөөлөргө ж-а тыюу салуулардан турган дхарманы милдеттүү түрдө аткарууга багытталышы керек.
**МИМЕСИС** (гр. mimesis – тууроо) – байыркы грек философиясындагы ж-а эстетикасындагы термин. Тууроо (мимесис) катары искусствого көз караш пифогаризмде (музыка асман шайкештигин тууроо катары ж. б.) айтылган, Платон ж-а Аристотелдер өнүктүргөн. Платондун айтуусу боюнча көзгө көрүнгөн дүйнө реалдуулукту тууроочу идеялардын, искусствонун жогорку дүйнөсүн тууроо (мимесис) болуп эсептелет, тууроону тууроо гана болуп эсептелет. Аристотель тууроого умтулуу дегеле тирүү жандыктарга, ал эми адамдарга өзгөчө мүнөздүү деп эсептеген; тууроо искусствонун маңызын түзөт, ал эң жаман нерселерди сүрөттөгөн учурда да канааттануу берет.
**МИНЦЗЯ** (кыт. сөзмө сөз – аталыштар мектеби) – Байыркы Кытайдын 6 философиялык мектебинин бири, ал логиктердин, софистердин же диалектиктердин («талашып тартышуучулардын») мектеби деп да аталган. «Аталыштардын» (мин) ж-а «чындыктын» (шин) байланышы, түшүнүктөр (обьекттердин аталыштары) ж-а обьекттердин өздөрүнүн ортосундагы катышты, аталыштардын – түшүнүктөрдүн шарттуулугу проблемалары м-н алектенген (башка мектептерден айырмаланып бул проблемалар М. үчүн алардын иш-аракетинин бирден-бир предмети болбосо да борбордук болуп эсептелген). М-нын өкүлдөрү талашып-тартыша билүүлөрү м-н даңазаланышкан, бул учурда алар пародоксалдык ырастоолордун жардамына кайрылышкан.
**МИСТИКА** (гр. mystikos – сырдуу) – негизги кереметтүү күчтөргө ишенүү түзгөн диний – идеалистик көз караш. Турмуш тажрыйбасы м-н таанылган же өздөштүрүлгөн убакыттан ж-а мейкиндиктен сырткары, анын чегинен сырткары туруучу күчтөрдүн ж-а кубулуштардын өзгөчө түрүнүн болушун таануу, ошондой эле алардын адамга ж-а коомго болгон таасири, мындан ушул күчтөргө ж-а кубулуштарга карата өз алдынча культтук (сыйынуу) аракеттер келип чыккан.
**МИФОЛОГИЯ** (гр. mythos – баяндоо, жомок ж-а logos – окуу, сөз) – 1) байыркылар үчүн мүнөздүү оозеки элдик чыгармачылыкта орун алган алгачкы аң сезимде чындыкты иш жүзүндө чагылдыруу. Миф (аңыз) – тарыхтын алгачкы этаптарында пайда болуучу баяндоо, анын фантастикалык образдары (кудайлар, өмүрү

уламышка айланган каармандар, окуялар ж. б.) жаратылыштын ж-а коомдун ар түрдүү кубулуштарын жалпылоонун ж-а түшүндүрүүнүн аракети болгон. М. – бул байыркы коомдун дүйнөгө болгон көз карашынын өз алдынча формасы. Анын үстүнө анда табияттан сырткаркы күчтөр ж-дө көз караштар болгондуктан ал диндин элементтерин камтыйт. М-да ошондой эле адеп-ахлактык көз караштар да, адамдын чындыкка болгон мамилеси да чагылдырылган. Ошондуктан М. образдары ар түрдүү ой жүгүртүүдө көбүнчө искусство тарабынан пайдаланылган. Жаңы ж-а соңку мезгилдеги идеологияда миф түшүнүгү массалык аң-сезимге таасир этүүчү иллюзордук көз караштардын ар кандай түрүн белгилөө үчүн пайдаланылат. 2) М. мифтерди, алардын келип чыгышын ж-а аларда реалдуулуктун чагылышын окуп үйрөнүүчү илим. Байыркы коомдогу көз караштын өзүнчө бир чагылыш формасы. Ал кудуреттүү күчтөр ж-дө элестөөлөр, түшүнүкдөр болгондуктан, анда диндин да элементтери бар. М-да адамдын дүйнөгө карата эстетикалык мамилеси ж-а адеп-ахлактык көз караштары туюндурулат.

**МИФТЕР** (гр. mythos – баяндоо, байыркы жомок) – алгачкы аң-сезимдеги дүйнөнү, жаратылышты байыркы элдик чыгармачылыкка мүнөздүү фантастикалык чагылдыруу. Адамзат тарыхынын алгачкы этабында дүйнө тууралында, аны кудайлар м-н рухтун башкаруусу тууралында фантастикалуу баяндоо, айтымдар; алгачкы мифологияда дүйнө сүрөтү, анын элементтери ж-дө айтылат, жаратылыштын ж-а коомдун ар түрдүү кубулуштарын жалпылоо ж-а түшүн-дүрүү аракеттери фантастикалык образдарга (кудайлар, легендалдуу баатырлар, окуялар ж. у.) байланыштырылат. М-дин генетикалык структурасы каада-салттар м-н тыгыз байланыштырылат. Эң фундаменталдуу Миф дүйнөнүн жаралышын, адамдар м-н жаныбарлардын (көбүнчө тотемдик түшүнүк м-н байланышкан), рельефтин өзгөчөлүгүн, түрдүү каада-салттар ж-а ырым-жырымдардын пайда болушун сүрөттөгөн мифтер. Дүйнөнүн жаралышы хаостон акырындап иретке түшүү жолу м-н космоско айланганы көбүнчө кудайлар м-н демондук күчкө ээ баатырлардын күрөшү м-н коштолуп түшүндүрүлөт. Календардык мифтерде жоголгон-табылган (өлгөндөн-тирилген) ж-дө агрардык каада-салттар ж-дө айтылат. Эсхатологиялык мифтер космостун жок болушу анын соңку кайра жаралышы же жаралбашы ж-дө айтылат.

**МОДАЛДУУЛУК** (логикада) (лат. modus – чен, жол) – ой-жүгүртүүнүн андагы айтылган бекемдөөнүн «күчү» б-ча ой жүгүртүүнүн мүнөзү; ой жүгүртүү зарыл, мүмкүн, кокустук, мүмкүн эмес ж. б. болушу мүмкүн. Салттуу логикада зарылчылыкты туюндурган (аподиктикалык), мүмкүнчүлүктү (проблемалуулукту) ж-а чындыкты (ассерторические) туюндурган ой жүгүртүүнү айырмалашат. Азыркы учурдагы логика ой жүгүртүүнүн, ой айтуунун белгилүү «методологиялык» баасы сыяктуу карап, модалдуулуктун касиеттерин талдоого мүмкүнчүлүк берет. Ошону м-н бирге эле логикалык ж-а сүрөттөөчү модалдуулукту айырмалайт. Айтылгандын логикалык модалдуулугу таптаза логикалык түшүнүүдөн келип аныкталат. Мис., айтылган ой P эгер ал таза логикалык негизден чыккан гана чындык болсо б. а. эгер P болбосо эле логикалык каршылыкка алып келчүү болсо, логикалык зарылчылык болот. Сүрөттөөчү модалдуулукка ири алдыда физикалык (себептүү) модалдуулук кирет. Ал айтылган ой кандайдыр бир физикалык мыйзамдагы сыяктуу зарылчылыкты, мүмкүнчүлүктү ж-а кокустукту туюндурабы ошго көз каранды. Айталы, «Бардык планеталар эллипс боюнча кыймылдайт» физикалык зарылчылык, а «Планеталардын саны – 9» – физикалык кокустук.

**МОДАЛДЫК ЛОГИКА** – составына модалдуулук (модалдык операторлор) «зарылчылык», «мүмкүнчүлүк», «чындык», «кокустук» ж-а аларды тануу кирген ой жүгүртүү структурасын үйрөнүүнү изилдеген логикалык система. Аристотелдин, стоиктердин, схоластиктердин эмгектеринде эле М. л-нын айрым негизги аныктамалары ж-а мыйзамдары белгиленген. Модалдулукту математикалык (символикалык) логиканын каражаттары м-н изилдөө К. Люистин ж-а Лукасевичтен башталган. Алар модалдуулук абсолюттук мүнөзгө ээ болгон модалдык логика системасын сунушташкан, б. а. кандайдыр бир башка айтылган ойго салыштырмасыз айтылганга ыйгарылат. Азыркы учурда релеванттык деп аталган салыштырмалуу модалдуулукту камтыган М. л. изилденүүдө. Маанисине карата модалдык операторлорго сыйгыштырылып, алетикалык модалдуулук логикасына, эпистомологиялык модалдуулук логикасы ж-а деонтикалык логикага ажыратылат. М. л. семантикасы мейкининде С. Критке маанилүү натыйжага жетишкен.

**МОДЕЛДӨӨ** (фр. modele – үлгү, өрнөк) – таанып-билүүнүн маанилүү бир жолун мүнөздөөчү гносеологиялык категория – метод. Кандайдыр бир объектинин мүнөздөөчү белгилерин башка бир изилдеп үйрөнүүгө мүмкүн болгон объектен таап, иликтеп үйрөнүү. Гносеологиялык планда алганда белгисизден белгилүүгө карай өтүү. М. муктаждыгы объектинин өзүн изилдеп үйрөнүү кыйын болгон, кымбатка турган, же караманча эле мүмкүн болбогон учурларда, же изилдеп үйрөнүү узак убакытты талап кылганда (М. коомду, анын процесстерин өздөштүрүүдө) келип чыгат. М. методу ар дайым таанып билүүнүн башка методдору м-н катар калдонулат. Табияты ар кандай объектилердин функцияларынын окшоштугуна негизделген М. методу, кибернетиканын негиздеринин бири болуп калды. Экономиканын математикалык моделдерин (ЭЭМдерди колдонуп экономикалык процесстердин башкаруу ж-а прогноздоо мына ушуга негизделген), татаал ж-а татаалдашкан М. (экологиялык ж-а демографиялык процесстер) иштеп чыгуу чоң

мааниге ээ. ЭЭМде моделдик эксперимент зарыл түрдө түздөн-түз эксперименттен өткөрүүдөн кутултуп, химиялык, биологиялык касиеттерге ээ материалдарды, техникалык системаларды түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. М-нүн өзгөчө мейкиндиги ойду М. болуп саналат. Илимий-техникалык изилдөөдө бүтүн таанып билүүнүн бир методу М. Сезим-туюмдук ж-а логикалык моделдерди түзүү процессинин негизги мыйзамдарын таануу-билүү теориясынын ар кайсы (айрыкча чындык тууралуу окууга байланыштуу) бөлүктөрү изилдейт. Ошентип, моделдөө таануу теориясын мындан ары өнүктүрүү ж-а конкреттештирүү үчүн маанилүү.

**МОДЕЛЬ** (фр. modele , лат. modulus – чен, үлгү, норма, өрнөк). Логикада, илимдердин методологиясында оригиналдын М-и – табигый же социалдуу реалдуулуктун белгилүү бир фрагменти, адамзат маданиятынын жемиши, концептуалдуу-теориялык түзүлүш ж. б. арадагы тааным каражаты. Модель м-н объектинин ортосунда белгилүү бир окшоштук, аналогия орун алуусу зарыл. Мындай аналог оригиналы ж-дө билимдерди сактоого ж-а кеңейтүүгө, оригиналды башкадан конструкциялоого, өзгөртүп түзүүгө ж-а башкарууга кызмат кылат. М. - таанып билүү м-н тажрыйбада белгилүү бир билимдин мейкиндиги, фактылардын ж-а катыштардын ушул же башка бир билимдер мейкиндегиндеги жөнөкөйрөөк, көрсөтмөлүүрөөк структура түрүндө чагылдырган, ага кошумча оригиналы тууралуу жаңы маалыматтардын камтыган орун басчулары. Таанып билүүчү объектисин кайсы бир жагынан алмаштырган, ал ж-дө мурдатан белгилүү ж-а айрым таанила элек маалыматтарды (жаңы билимди) берүүгө мүмкүн болгондой окшоштук катышта (же шайкештикте) болгон башка объект, табигый же жасалма система. Белгилүү бир шартта М-де жүргүзүлгөн изилдөөнүн ж-а иштеп чыгуунун натыйжасы оригиналга жайылтылат. Логикалык көз караштан алып караганда мындай жайылтуу изоморфизм ж-а гомоморфизм катыштарына негизделет. М. м-н объектинин аналогиялуулугу физикалык белгилеринде, же аткарган функцияларында, же алардын «турум-турпатын» мүнөздөгөн математикалык туюндурмалардын теңдештигинде болот. Объект м-н анын моделинин шайкештик даражасы окшоштуктар теориясынын критерийлери м-н аныкталат. Объектинин моделдешкен жагы м-н моделдин табиятына жараша «математикалык» ж-а «физикалык» («предметтик») моделдерге ажырайт. Моделденүүчү объектинин белгилүү касиеттери кандай формула м-н жазылса, сөзсүз анын «математикалык» моделинде да ошол формула м-н жазылат. Моделдер объектинин айрым касиеттерин же функцияларын (мындай учурда функционалдык моделдер аталат) чагылдырганына карата «толук» ж-а «бөлүгүнүн» модели боло алат. Моделдердин түрлөргө ажырашы шарттуу гана. Электрондук-эсептөө техникаларын, компьютерлерди колдонуп, моделдөдөн алынган математикалык моделдер азыркы учурда кеңири пайдаланылат. Мындай моделдердин артыкчылыгы – универсалдуулугунда, ыңгайлуулугунда, ыкчамдыгында ж-а чыгымы аз, арзандыгында.

**МОДУС** (лат. modus – чен, жол) – марксисттик философияга чейин колдонулган, атрибуттардан айырмаланып, предметтин айрым гана абалдарына таандык касиетин белгилөөчү философиялык термин. Спиноза М. деп өзүнүн болмушунун себеби өзүндө эмес, субстанцияда ж-а анын атрибуттарында болгон субстанциянын бүткүл өтмө абалын атаган; М-та нерселердин чексиз көптүгү ж-а чексиз материалдык субстанциясынын көрүнүштөрү орун алган алардын өтмө сапаты туюнтулат.

**МОИЗМ** (кыт. моцзя) – Мо Ди (Мо-цзы) (болжолдуу б. з. ч. 480–400-ж.) негиздеген б. з. ч. 5–3-к-дарда жайылтылган философиялык агым; Мо-Цзынын шакирттеринин ж-а жолун жолдоочулардын мектеби – моисттер. М. өз заманында жогору бааланып, конфуцианчылык м-н бир катарда турган, идеологиялык жактан карама-каршы экенине карабай бул эки мектепти тең «даңазалуу илим» дешкен. Моистердин мектеби Байыркы Кытайдагы башка философиялык мектептерден айырмалуу. Мо-цзы анын жалгыз көрүнүктүү өкүлү болуп калган. Мо-цзынын тушунда ж-а соңунда да бул мектеп тартипти так сактаган аскердик уюм болуп, башчынын буйругун сая кетирбей аткарган (анын мүчөлөрүнүн көбүн селсаяк жоокерлерден чыккандар түзгөн); Мо-цзынын көзү өткөн соң бул мектеп үч топко ажырап, өз башчыларынын ата тегинен Сянфуши, Сянли-ши ж-а Дэнмен-ши аталышып, ар бири калган экөөнүн М. эмес деп танган. Акыр аягы келип мектептин ишмердиги өтө узакка созулбаса да динчил түспөлдүү алгачкы М. ж-а динчил түр-түспөлүнөн ажыратылган соңку этабы деп эки баскычка бөлүнөт. Эки кылым бою түзүлүп, 71 главадан турган Мо-цзы трактатынын сакталып калган 53 главасынын эң алгачкы «Даанышмандыкты кадырлоо», «Бирдиктүүлүктү кадырлоо», «Бүткүл баарын сүйүү», «Чабуулга каршылык», «Үнөм жана чыгым тууралуу», «Үнөм менен ыйгаруу жөнүндө», «Асмандын эрки» ж. б. айрым главаларын Мо-цзы өзү, калганын анын жакшы көргөн шакирттери жазган. Соңкулар алгачкы проблемаларга көңүл бурушкан эмес, а динчил көз караштан караманча качышкан. Алар көңүлдө логиканын негизги ж-а гносеологиянын маселелерине (минцзя мектебинин теориясына каршы чыгышкан) бурушкан, көбүнчө геометрия, динамика, оптика, аскердик-согуштук иштерге, машина конструкциялоо ж. б. маселелерге көңүл бурушкан.

**МОМУНДУК ЖАНА ЖАПАКЕЧТИК** (Наивное и сентиментальное) – дүйнөгө көз караштын ж-а көркөм чыгармачылыктын типтерин мүнөздөө үчүн, табияттагы объективдүү предметтер м-н рефлексдеги

пластикалык көрүүгө негизделген чыгармачыл субъект м-н предметтик дүйнөнү ажыратууда Шиллер тарабынан киргизилген («О наивной и сентиментальной поэзии» 1795) философиялык-эстетикалык түшүнүк. Бул эки түшүнүк м-н Шиллер антикалык ж-а учурдагы маданияттын эки тибин бир мезгилде белгилеген, бирок чыгармачылыктын эки тиби бир эле учурдагы чыгармачылыкта (Гете м-н Шиллер карама-каршылыктуулук болгондой) катар жашашы мүмкүн. Шиллердин типтештирүүсүн 18–19-к. чет өлкөлүк эстетика м-н романтизм маданиятынын философиясы илип алышып, 19–20-к-дын ар түрдүү түшүнүктөрүндө ж-а концепцияларында (апполондук ж-а дионисийлик ж. б.) модификациялашты.

**МОНАДА** (гр. monas, monados – жалгыз, жеке, бөлүнбөс бүтүн) – айрым философиялык системаларда колдонулган болмуштун негизги элементтерин белгилөөчү түшүнүк. Бул түшүнүк пифагорчулардын ж-а платондук Байыркы Академиянын идеяларынын негизинде дүйнөнү түшүндүрүүчү баштапкы принцип иретинде орун алган. М. түшүнүгү жаңы мезгилдин философиясына Николай Кузанскийдин ж-а Брунонун пантеисттик интерпретациялоосунан өтүштү. Брунодо М. чексиз Асмандагы макрокосмос м-н микрокосмостун биримдиги принцибине ылайык чагылдырылат. 17-к-да М. түшүнүгү испан схоласты Суарестин, англис платончусу Генри Мордун, немец натурфилософу Ф. М. Гельмонттун философиясында маанилүү роль ойнойт. М. Лейбництин (1646–1716) бүткүл идеалисттик философиялык системасынын ачкычы болуп, дүйнө түзүлүштүн негизин түзгөн бөлүнбөс рухий түпкү элемент, атом түшүнүгүнүн идеалдуу түрү. Лейбництен соң М. Вольфтун мектебинин идеалисттик рационализминин духунда иштелип чыгат. Монадология идеясы 19-к-дын философу Гербарттын, Лотценин ж. б. 20-к-да Гуссерлдин, Уатхейттин философиясында кездеше калат. Персонализмдин бир катар өкүлдөрүнүн (Ренувье, Мах-Таггарттын ж. б.) филофиялык көз карашынын негизинде да монадологиялык ыкма жатат.

**МОНАДОЛОГИЯ** (“Monadologie”) – Лейбництин чыгармасы. 1714-жылы француз тилинде тезистер формасында жазылган. Анын объективдүү идеализминин философиялык системасынын негизин жалпыга жеткиликтүү баяндаган. М. Лейбинцтин узакка созулган, карама-каршылыктуу философиясын жыйынтыктайт. М. монад ж-дө илимдеги борбордук орунда туруп, турпатсыз «жөнөкөй субстанциялар», «жаратылыштын чыныгы атомдору», «элементтүү нерселер» болгон монадаларга бөлүнбөстүк, жок болбостук, материалсыздык, аффицирленбөчүлүк (жылчыксыздыктын), кайталанбастык, оң касиеттерден өзүнө өзү жетиштүүлүк, өзүнөн өзү өнүгүүчүлүк, өздөштүргүчтүк, кайра ордун толтуручулук ж-а умтулуудан турган психикалык активдүүлүк ыйгарылат. Бардык монадалар өнүгүүнүн деңгээлине жараша жөнөкөй (чексиз майда перцепциялардан), жандын монадаларына (сезим-туюм ж-а эске тутуусу бар бүдөмүк перцепцияларга) ж-а рухтун монадаларына бөлүнүшөт. Аңдабастан түшүнүү (бессознательное восприятие) «кичине перцепциялар» ж-дө окуу монодалогияны психикалык жашоонун үзгүлтүксүздүгү ж-а дүйнөдөгү болуп өткөн процесстердин бүткүл жалпы өз ара байланышын негиздөө үчүн колдонот. Бул өз ара байланышка жараша ар кандай монада бүт баарын өздөштүрүп түшүнө билген «Ааламдын дайым жандуу» күзгүсү болот. М. теориясында боло жүргөн гармония ар түрдүү монадалардын өз ара шайкештүүсүү, келишүүсү м-н түшүндүрүлөт. Жан м-н дененин гармониясын негиздөө чектөөнүн, ж-а аракеттин себебин түшүндүрүү үчүн колдонулат. М-нын айрым тезистери чыныгы дүйнөнүн априордук негиздерин анализдөөгө ж-а теодицея маселелерине арналган. М. Лейбинцтин философиясынын толук ж-а системалуу жоболорунун баяндалышы.

**МОННЗМ** (гр. monos – бир, жалгыз), бүткүл бар болгондун негизинде бир башталыш бар деген философиялык окуу. Материалисттер дүйнөнүн башталышынын негизи материя дешет. Идеалисттер дүйнөнүн, кубулуштардын бир башталышын Рух, идея деп таанышат. Идеалисттик М. багытынын эң эле ырааттуусу Гегелдин философиясы. Илимий ж-а ырааттуу улантылган материалисттик М. – диалектикалык материализм, ал дүйнөнүн табияты боюнча материалдуу, бүткүл кубулуштар кыймылдагы материянын ар кандай түрлөрүн түшүндүрөт. Марксизм философиясында – материализм коомдук кубулуштарга жайылтылат. Монизимдин карама-каршысы дуализм.

**МОНОЛОГ** – субъекттин өзү м-н өзүнүн сүйлөшүүсү.

**МОРАЛДЫК НОРМА** (Норма моральная) **–** бир типтүү жорук-жосундарга карата пайдаланылган жалпы эрежелер м-н тыюу салуулардын жардамы аркасында адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салган адеп-ахлактын талаптардын формасы. Укуктук нормалардан айырмаланып, М. н. мамлекеттик бийликтин негизинде эмес, каада-салт м-н коомдук пикирдин күчү аркылуу санкцияланат; кимдир бирөө тарабынан атайы чыгарылган мыйзамдын натыйжасында эмес, коомдун адеп-ахлактык аң-сезиминде стихиялуу пайда болот. Өз алдынча турганда М. н-лар адамдын жүрүм-турумун жетишээрлик түрдө жөнгө сала албайт; өзүнүн абстрактуу түрдөгү жалпы мүнөзүнө байланыштуу алар ар кандай өзгөчө жагдайлар м-н шартталган ыктымалдуу чектен чыгууларды карай албайт. Ошол себептен тигил же бул М. н-ларды конкреттүү кырдаалдарга карата пайдалануу тууралуу маселе мазмуну боюнча кеңири ж-а ошол эле учурда конкреттүү болуп саналган адеп-ахлактык принциптердин негизинде чечилиши зарыл. Өзүнүн социалдык мазмуну

боюнча М. н-лар жалпы адамзаттык, тарыхый чектүү, таптык мүнөздө болушу мүмкүн. Таптык мүнөздөгү М. н. бир коомдук формациядан экинчисине өткөн учурда узак мезгилдер бою эскинин саркындысы катары сакталат, жаңы М. н-лар түзүлгөнгө ж-а орногонго чейин акырындык м-н талкаланат.

**МОРАЛЬ** (лат. moralis – адеп-ахлак) – коомдук аң-сезимдин бир формасы, коомдук турмуштун эч бир мейкиндигин калтырбай адамдардын жүрүм- турумун теске салуу функциясын аткаруучу социалдык институт. Массалык ишмердикти жөнгө салуучу башка формалардан (укук, өндүрүштүк-административдик тартип эрежелерден, мамлекеттик декреттерден, элдик салттардан ж. б.) М. негизделиши, өзүнүн талаптарын ишке ашыруу жолу м-н айырмаланат. М-да коомдук зарылчылык, керектөө талабы коом м-н топтордун кызыкчылыгы стихиялуу түрдө калыптанып, жалпыга таанылган буйруктар ж-а баалар, массанын адаттары, каадалары, коомдук пикирлеринин үлгүсүндө чыңдоо түрүндө туюндурулган. Ошондуктан М-дын талабы бүт баарына бирдей, кимдигине карабай эч ким тарабынан мажбурлоосуз милдеттендирген формада болот. Бул талаптар салыштырмалуу туруктуу мүнөзгө ээ. Алар жөнөкөй каададан, зордоп карманган салттан айырмаланат, ошонусу м-н адамга кандай жашап, эмне кылуусуна ылайыктыгы ж-дө түшүнүк түрүндө идеялык негиздөө алат. М. укуктан биринчиден, ар бир адептик талапты аткаруусу бүткүл бары тарабынан тескөөгө алынат, болгондо да ошол эле индивиддин М-дык бедели кээ бир укуктуулук м-н байланышсыз; экинчиден, М-дын талаптарын аткаруу рухий таасир көрсөтүү аркылуу гана (коомдук баа берүү, жасаган кылык-жоругун алкоо же айың көрүү) ылгоого алынат. Бул социалдык тескөөнүн башка формаларына салыштырмалуу алганда М-да аң-сезимдин ролу чоң экендиги м-н шартталган. Анын үстүнө аң-сезим рационалдуу формада түшүнүк м-н пикир түрүндө, ошондой эле эмоционалдуу сезим, ниет ж-а ыктоо формасында туюндурулушу мүмкүн. Коомдук аң-сезим сыяктуу эле М-да жекече аң-сезимдин ролу да аз эмес. Коом тарабынан иштелип чыккан адептик түшүнүктөргө таянуу м-н тарбиялануу процессинде өздөштүрүү м-н индивид кайсы бир деңгээлде өз алдынча жүрүм-турумун жөнгө салат, айлана тегерегинде болуп өткөндөрдүн М-дык маанисин баалайт, пикир айтат. Андыктан М-да социалдык теске салуунун объектиси гана болбостон, ошондой эле аң-сезимдүү субъект б. а. адеп-ахлактуу инсан иретинде чыгат. Коомдук татаал түзүлүш болуу м-н анын мазмуну жагынан алганда ж-а мотивациясы б-ча М. М-дык ишмердикти да тутуна алат. (анда бул же тигил коомдо адамдардын жүрүм-турумунун үлгүсү, адеби адамга карата талаптын, милдеттендирген ар түрдүү формаларды бул ишмердикти ылайыктоочу М-дык карым-катыш (М-дык норма, милдет, жоопкерчилик, уят-сыйыт); М-дык аң-сезим, тиешелүү түшүнүктөр түрүндөгү бул мамилелерди чагылдырган М-дык аң-сезим, нормалар, принциптер коомдук ж-а М-дык идеалдар, жакшы ж-а жаман түшүнүктөр, адилеттүү ж-а адилетсиз. М-дык аң-сезимдин бул формалары М-дык иш-аракетти белгилүү бир түрдүү жол м-н мотивдештирген ж-а баалоого жол берген логикалык иреттүү системага бириктирилген. Коомдук турмуштун ар түрдүү областарында колдонулганына жараша бирдиктүү негизге ээ болгон М-дын салыштырмалуу гана областын түзгөн өзгөчө эрежелери калыптанат. Кесиптик этика, эмгектин, турмуш-тиричиликтин, үй-бүлөнүн М-ы ж. б. М. – тарыхый кубулуш. Коомдун баштапкы калыптануу баскычында пайда болуп, адамзаттын материалдык ж-а рухий маданиятынын прогрессинде экономикалык ж. б. коомдук мамилелердин өзгөрүшүнүн жүрүшүндө алар өнүгөт.

**МОТИВ** (гр. motif. лат. moveo – кыймылдатам) – адамдын кээ бир керектүү талабын канаттандыруу үчүн иш-аракетин шарттаган баам-парасаттуу ниетинин күүсү, себеп, далили. Керектөөнүн негизинде келип чыгуу м-н Мотив анын аздыр-көптүр чагылдырылышын түшүндүрөт. М. эрктин аракетинин белгилүү негизделиши ж-а далили болуп саналып, адамдын коомдук тлабына мамилесин көрсөтөт. М. иш-аракетти ж-а жасаган мамилени баалоодо маанилүү роль ойнойт, анткени андан адамдын субъективдүү иш-аракети үчүн кандай субъективдүү мааниге ээ болгондугу көз каранды.

**МУКАСОВ** Сманалы (1957-ж. т., Чүй р-ну, Кайырма айылы) – философия илимд. доктору (2001). Кыргыз Респ-нын Илим Техника б-ча мамл. сыйлыктын лауреаты (2002). Жогорку окуу жайларда мугалим, Кыргыз Респ-нын УИАнын Философия ж-а Укук институтунда илимий кызматкер. Кыргыз элинин социалдык – философиялык ойюнун өнүгүү тарыхы б-ча адис. 50дөн ашык илимий иштерди, а. и. 2 монографияны жарыкка чыгарды. Нег. чыг: Традиция социально-философской мысли в духовной культуре кыргызского народа. Бишкек, 1999; Мифология как способ познания мира. В ст. статей “Ж. Баласагын и современность”, Бишкек, 1998, “Историческая динамика социально – философской мысли кыргызского народа”. Б. 2001 ж. б.

**МУКТАЖДЫК** – тиричиликте тирүү жанга бир нерсенин керектиги. Айбанаттарда М. биологиялык мүнөздө болуп, организмдин айлана-чөйрө м-н карым-катнашынан келип чыгат. Адамдагы М. коомдук турмуш м-н шарталып, өз ара байланышкан материалдык ж-а рухий М-ка бөлүнөт. Тарыхый жагынан материалдык (тамакка, кийимге, үй-жайга ж. б.) М. биринчи пайда болгон. Адамдардын М-ты канааттандырууга умтулуусу – коомдук эмгектин зарыл шарты. Бир М-тын канааттандырылышы улам жаңы М-ты пайда кылат. М. адам ж-а коом зор роль ойнойт.

**МУТАЗИЛИТТЕР** (ар. му`тазила – өзгөчөлөгөндөр) – 8-к-да ислам дининдеги доктрина м-н философиялык идеялардын байланышынан пайда болгон теологиялык-философиялык проблемаларды чечүүнү көздөгөн таасирдүү багыт. М-тик окуу адам м-н кудайдын өз ара катышын түшүндүрүүдө байыркы грек логикасынын ж-а филсофиясынын методдорун колдонгон, маанилүү жобосу, кудайдын жалгыздыгын ж-а адилеттүүлүгүн жактоо болгон. М. мусулмандык укук (фикх) м-н катар теология (калам) өзүнчө илим экенин негиздешти. Бул агымдын теоретиги ирактык Васил ибн-Атанын (699–748) далилдөөсүндө кудайдын жалгыздыгын ж-а түбөлүктүүлүгүн жактап, анын көп атрибуттуулугун айрыкча антропоморфтуулук сыпаттарын четке кагат. М-дин атомистик көз карашы б-ча дүйнө эч узун-туурага ээ болбогон атомдордон турат, аларды ар көз ирмемде кудай башкарып турат. М-дин көз карашы б-ча адам эрк эркиндигине ээ болушу керек. Антпегенде бардыгы кудайдын буйругу м-н болсо, адам кылган күнөөлөрүнө моралдык жоопкерчиликтен кутулуп, кудайдын эрки м-н жасаган болуп, ал үчүн кудай жооп берүү керек болот. М-дин көз карашы феодалдык коомдун ортодоксалдары тарабынан келишпес кагылышына туш болот. 19-к-дын биринчи жарымында М-дин таасири күчтүү болгон. Халиф аль Момундун тушунда (813–833) Куран кудай тарабынан түбөлүк жаратылган деген мусулманчылыктын башкы догматы өзгөртүлүп, ал чыгармачылык м-н иштелип чыккан деген жобо илим-билимдүү чөйрө м-н халифаттагы жогорку бийлик чөйрөсүндө таанылган. Бирок бул көз караштын салтанаты узакка созулбай, аль-Мутавакиль (847–861) халифатынын тушунда тыюу салынган, анын жактоочулары мындай көз караштан баш тартышкан. Бирок М-дин радикалдуулугу эркин ой жүгүртүүнүн ж-а философиянын өнүгүшүндө маанилүү фактор иретинде, аль-Киндинин, Разинин окууларына, европалык схоластикалык ф-нын өнүгүшүнө күчтүү таасир эткен. М.-тик агымдын аркасы м-н теологияда өзүнчө тармак – «илм ат тафсир» комментарийлөө илими пайда болду. М. 13–14-к. толук жок болгон.

**МУУН** (поколение) **–** генерация (лат. generatio – түйүлдүк) – 1) биологияда – жашоо циклинин процессинде алмашып турууучу бир организмдин түзүлүшү, жашоо-тиричилиги, көбөйүү ыкмасы ж. б. м-н айырмаланган формалары; 2) философияда – тукумду улантуунун чынжырындагы белгилүү бир топко (ата-эне, балдар, неберелер); кандайдыр бир элге же маданий чөйрөгө таандык болжол м-н бирдей курактагы адамдардын жыйындысы. Баштапкы тектен, бабадан бирдей алыстыктагы тууганды мамиледе турган индивиддер тобу да М. деп аталат. Мис., адамда: ата-эне, балдар, неберелер удаалаш үч М-ду түзөт; ата м-н уулдун, эне м-н кыздын ортосундагы убакыт аралыгы М. узундугу деп аталат ж-а ал орточо эсеп м-н 30 жылга барабар. М-дун ишмердүүлүгү “коомду калыптандырган күч” (Мангейм) болуп эсептелет. М-дун жашоосу үчүн зарыл шарттар болуп төмөнкү социологиялык кубулуштар саналышат: маданияттын мурдагы алып жүрүүчүлөрдүн ордун толуктаган маданияттын жаңы алып жүрүүчүлөрүнүн тынымсыз агымы; бир М-дун маданиятынын алып жүрүүчүлөрүнүн тарыхый процесске катышуусунун убакыт боюнча чектүүлүгү; маданий жетишкендиктерди салт катары кийинки М-га өткөрүп туруунун зарылдыгы; М-дардын алмашышынын үзгүлтүксүздүгү. М. түшүнүгү көркөм ж-а адабий стилдерде, о. эле саясий идеяларда кеңири талкууланат. М-дар аралык проблема деп жаңы билимдерге ж-а тааным ыкмаларына эскилерге караганда зор маани берүү тууралуу кеп болуп жатканда кичүү М-дун улуу М-га каршы күрөшүнөн пайда болгон конфликттердин жыйындысын түшүнүшөт; 3) Демографияда М. деп эреже катары бир жыл аралыгында туулган адамдар аталышат; М-дун биргелешип жашоосу ж-а өз ара алакасы калктын курактык структурасын түзөт. 4) Тарыхый-маданий изилдөөлөрдө М. түшүнүгү маанилүү тарыхый окуяларга катышкан же аларга замандаш болгон инсандарды, о. эле жалпы багытка же маанайга ээ адамдарды мүнөздөгөн символикалык мааниге ээ.

**МҮМКҮНДҮК** (Вероятность) – белгилүү бир шартта кандайдыр бир окуянын көптөгөн окуялардын туткунунда пайда болуп, кайта кайталана берүү мүмкүндүгүнүн деңгээли же даражасы. М. түшүнүгү эки мааниде колдонулат. Мис., жалпы эле ой жүгүртүү м-н математикада. Эгерде жалпы ой жүгүртүүдө М. кыйла деңгээлде субъективдүү маңызды, пикирди өзүнө камтыса, математикалык ой жүгүртүүдө, ал объективдүүлүккө ээ болуп, М. чындыкка айланышы мүмкүн, ж-а ал М. кыйла жолу пайда болушу ыктымал.

**МҮМКҮНДҮК ЖАНА ЧЫНДЫК** – объективдүү дүйнөнүн диалектикалык өнүгүшүн, нерселердин пайда болуу ж-а өнүгүү этабын чагылдырган философиялык түшүнүк. М.-белгилүү бир шартта пайда болуп, чындыкка айлана турган нерсе. Ч.- М-түн ишке ашырылышынын натыйжасы катары жашап турган (нерсе, абал, кырдаал) объект. М. ж-а Ч. терминин Аристотель биринчи колдонгон. Кийин бул термин-түшүнүктөр Г. Гобсс, И. Кант, Г. Гегелдин диний эмгектеринде кеңири колдонулган. Марксчыл философтор да бул түшүнүктөргө кеңири кайрылып, Аристотель м-н Гегелдин багытын улантышкан. М. абстрактуу ж-а реалдуу болуп бөлүнөт. Тигил же бул кубулушту пайда кылуучу Ч. шарт жок болсо, ал абстрактуу М. делет. Ал бир нерсеге өсүп жетпеген багытты да түшүндүрөт. Коомдук турмушта адамдардын ишмердигинин натыйжасында гана М. Ч-ка айланат.

**МҮМКҮНДҮК ЛОГИКАСЫ** (Вероятностная логика) – ыктымалдуулуктун логикасы – айткан сөздүн же ойдун эки карама-каршы маанисин б. а. чын же жалганын туура же туура эместигин иликтегени м-н гана чектелбей, чындык же жалганга окшош божомолдорду изилдөөнү өзүнө камтыган логикалык система.

**НАИТИВИЗМ,** акыйкатка рационалдуу логикалык дискурсивдүү жол м-н эмес, капыстан эле эч кандай даярдыксыз, бир гана аяндын б. а. ойдун адамга кудайдын кудурети берген аяндын күчү м-н акыйкатка жетүүгө болот деген мистикалык динчил идеалисттик окуу. Аян (наити) таза түрдө сейрек кездешет, теологиялык доктриналарда, чындап келгенде рационализмдин принциптерине окшойт.

**НАРОДНИЧЕСТВО,** Россиядагы разночиндик интеллигендиянын 19-к-н 2-жарымындагы идеологиясы ж-а кыймылы. Алар крепостнойлукка ж-а Россиянын капиталисттик жол м-н өнүгүүсүнө каршы турушкан ж-а дыйкандар революциясы аркылуу (падышалык жеке бийликти) самодержавиени кулатууну жакташкан. негиз салуучулары – А. И. Герцен, Н. Г. Чернывшевский, идеологдору – М. А. Бакунин, П. Л. Лавров, П. И. Ткачёвдор болушкан. 1860–80-ж. негизи народниктер уюмдары – ишутинчилер, “чайковчулар”, “москвичтер”, “Жер жана эркиндик”, “Чёрный передел”, “Эл эрки” түзүлүп, аракеттенген. 1880-ж. экинчи жарымы 90-ж. биринчи жарымында “Эл эрки” уюмумун талкалашы м-н Н. кризиси башталган. 1880–90-жылдары Н. либералдык агымы күч алган. Алардын программасы мамлекеттик ж-а коомдун түзүлүштүн негизин сактоо м-н реформистик багытты жакташкан. Народниктер революциячыл күрөштөн баш тартышып, легалдуу басмалар аркылуу Россиянын капиталистик эмес өнүгүү жолун пропагандалаган. 1902-ж. народиктердин ар кошкон калдыктарынан эсерлер партиясы куралган.

**НАРЫНБАЕВ** Азиз (1924-ж. т., Каракол ш.) – философия илимд. доктору (1970), проф. (1979), Кыргызстан УИАнын корреспондент мүчөсү (1989), Кыргыз Респ-нын илимге эмгек сицирген ишмери (1994). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1952–57-ж. В. В. Маяковский атн. Кыргыз мамл. кыз-келиндер пед. ин-тунун марксизм-ленинизм кафедрасында улуу окутуучу, кафедра башчысы. 1957–59-ж. Кыргыз мамл. сырттан окуу пед. ин-тунун ректору. 1959–68-ж. Кыргыз мамл. кыз-келиндер пед. ин-тунун философия ж-а укук ин-тунда тарыхый материализм секторунун, 1975-жылдан философия тарыхы секторунун, 1977-жылдан философия кафедрасынын башчысы. Нег. ил. эмгектери улут маселесине арналган. Н. 200дөн ашык ил. эмгектин (а. и. 15 монография) автору. Кызыл Жылдыз, 1-даражадагы Ата Мекендик Согуш, “Ардак Белгиси” ордендери м-н сыйланган. Эмгектери: “М. Кашгари – классик средиевеновой общественной мысли”. Б. 1993.

**НАСТИКА** (санскрипт на асти - ал жашабайт, ал – жок дегенди түшүндүрөт) – Байыркы Индияда трансценденталдуу дүйнө бар экенине ж-а өлгөндөн соц жашоо болоoруна ишенбеген, айрым адамдарды аташат. «Ману закондорунда» Н. сөзү нигилисти түшүндүрүп, бирок андан еретик – «пашанданы» айырмалашкан; Н-нын карама – каршысы – астика. Н-га же ортодоксалдуу эмес даршанага локоята, адживика, кайсы бир мааниде адепки буддизм ж-а адепки жайнизм кирет; көпчүлүк окумуштуулар скептизм м-н локояти материализминин ж-а агностицизм м-н буддизм м-н жайнизмдин этикалык идеализминин ортосунда турган адживикага көбүрөөк мүнөздүү дешет. Н. философиясынын негизги принциби ар кандай кудуреттүү принциптерге тескери мамиледе: веда көз караштарындагы башкы авторитеттердин – кудай-абсолют ж-а тенден (денеден) айырмалуу жан (брахман ж-а атман), тиги дүйнө бар экенин таанышпайт. Өзүнүн гана кайталанбас аналогиясы жок табигый мыйзамдарына баш ийүүчү индивидуалдуулук объектилердин болмушу деп эсептейт. Эч нерсе объектинин табияты аныктаган тагдырын өзгөртө албайт. Бул фаталисттик детерминизм өзгөчө адживика тарабынан айрыкча белгиленген. Этикалык жактан динди, деги эле кээ бир кадыр-баркты тануунун натыйжасы бир жактан чарвактардын гедонизмине, экинчи жактан – инсанды индивидуалдык өркүндөтүүнүн ж-а тарбиялоонун (буддизм м-н жайнизм) тажрыйбасы жарыяланды. Н. йогдорго санкхьяга ж-а индуизм философиялык системасынын калыптанышына таасирин тийгизди.

**НАТУРАЛИЗМ,** (лат. natura – жаратылыш) – 1. коомдун өнүгүшүн жаратылыш мыйзамдары (климаттык шарттар, географиялык чөйрө, космостук телолордун нурлары аракеттери, адамдардын биологиялык-генетикалык ж-а расалык ж. б. өзгөчөлүктөрү) м-н түшүндүрүүгө аракет жасаган философиялык методологиялык принцип. Н. коомдун өнүгүшүнүн өзүнө гана таандык объективдүү мыйзам ченемдерин көрө билбеген антропологизмге жакын. Философиялык Н. 17–18-к-да спиритуализм м-н күрөшүүдө чоң роль ойногон, соңунда өзү реакциячыл-идеалисттик багытка ыктап кеткен. 2. 19-к-дын экинчи жарымында калыптанган эстетикалык көз караштардын, ага ылайык келген көркөм медоддун системасы. Н-дин

философиялык негизи позитивизм (Конт, Спенсер И. Тэн ж. б.). Н. көркөм чыгармачылыкты дүйнө процесстеринин тереңине, манызына сүңгүп отурбай эле кокустук, жеке предметтерди ж-а кубулуштарды түздөн-түз көчүрмөлөөгө алып барат. Эстетикалык Н. концепциясынын карама-каршылыктуулугу көбүнчө Э. Золянын чыгармачылыгы («Эксперименталдык роман» 1880, («Театрдагы натурализм» 1881 ж. б.) м-н биологиялык ж-а социалдык кубулуштардын теңдештиги, искусствонун мораль м-н саясаттан көз карандысыздыгы туурасында теориялык айткандарына карама-каршы келгенинен көрүнөт. Н-ге физиологизм, жөнөкөй алаксуу, мелодрамизм, сырты жылтырактык, ж. б. мүнөздүү. Н-дин жайылтуучулары түз же кыйыр түрдө жактаган социалдык пассивдүүлүктү, социалдык күрөштөн баш тартууну, адамдардын кайгы-кубанычына кайдыгерлик, адам турмушуна өзгөчө кызыгуусу искусствонун формалистик багытына жакындаштырат. 3. Этикада Н. 20-к-дын моралы негизделген методологиялык принциптер үчүн моралдык түшүнүктөр, айрым алганда жакшылык адам болмушунун коомдук мыйзамдарынан келип чыкпайт, анын кээ бир табигый башаттан (космостун, органикалык дүйнөнүн, биологиясынын ж-а адам психологиясынын мыйзамдарынан) келип чыгат. Этикадагы Н-ге гедонизм, эвдомонизм, утилитаризм, эволюционизм ж. б. кирет. Азыркы күндө да көпчүлүк мектептер моралдын түшүнүктөрүн табигый билимдердин түшүнүктөрүнөн ж-а антропология м-н психологиядан алып чыгарышат. Мис., космикалык теологиянын этикасы, адеп-ахлак сезимдеринин, кызыгуунун теориялары. Н. биринчи жолу Мур тарабынан сынга алынган. Ал ж-а аны жактоочулар моралдык түшүнүктөрдү «табигыйдан» алып чыгарууга болбойт дешкен. Алар табигый дегени өтө кеңири түшүнүк, ага бүт моралдан сырттагы анын ичинде социалдык кубулуштарды да киргизет. Натыйжада мораль м-н этика коом м-н адам ж-дөгү илимдерден ажырап калат. Бул бүткүл формалисттик багытка таандык. 20-к-дын 40–50-жылдарында формализм ж-а неопозитивизм м-н талаш тартышка чыккан бир катар эмгектер пайда болду. Бул сын теориясында прогрессивдүү материализмдин элементтери бар болгон.

**НАТУРФИЛОСОФИЯ** (натура ж-а философия) – жаратылыш философиясы; бир бүтүн деп каралган жаратылыштын карандай акыл м-н түшүндүрүлүшү, чечмелениши. Табият таануу билимдери м-н Н-нын чеги, Н-нын өзүнүн башка философиялык дисциплиналар системасында орду сыяктуу эле улам алмашылып жүрүп отурган. Н. Байыркы грек ф-сында физика деп аталып, табият таануу илимдери м-н жуурулушуп жүрүп отурган. Байыркы Н-га жаратылышты байланыштагы тирүү бүтүн иретинде түшүндүрүү, микрокосмос (адам) м -н макрокосмостун (жаратылышты) теңдештиги идеясы стихиялуу, мажес-диалектикалык чечмелөө мүнөздүү. Н-нын органикалык бөлүктөрүн космология ж-а комогония түзөт. Н-нын элементтерин Орто кылымдагы схоластикалык окуулардан да табууга болот. Аристотелдик Н-нын ж-а космологиянын о. эле неоплатонизмдеги жарыктын метафизикасынын айрым принциптеринин геочордондуу (геоцентристтик) дүйнө сыпатына ылайыкташуусунан көрүнөт. Кайра жаралуу доорунда табияттын схоластикалык дүйнө сыпатына каршы күрөштө негизинен антикалык түшүнүктөр м-н принциптер сакталды, бирок табият таануу илимдеринин жогорку деңгээлине таянды ж-а бир катар материалисттик ж-а диалектикалык идеяларды өнүктүрдү. Мис., дүйнөнүн чексиздиги ж-а аны түзүп турган элементтердин сансыздыгы, Николай Кузанский м-н Брунонун чексиз кичине м-н чексиз чоңдун дал келиши идеялары. 17-к-да бир катар математика ж-а механика сыяктуу илимдер Н-дан бөлүнүп чыкканы м-н да аны м-н тыгыз байланышта чечилген. Бекеринен Ньютондун негизги эмгеги «Натурфилософиянын математикалык башталышы» деп аталбаган. Француз ж-а европалык агартуучулукта ж-а материализмде Н. бардык илимдердин энциклопедиялык байланыштуулугу идеясын көтөрөт. 18-к-дын аягы 20-к-дын башында идеалисттик негизде болсо да, Н. Шеллингдин жаратылыш күчтөрүнүн биримдиги идеясын айтып, өз доорунун табигый илимий бир катар жаңылыктарын жалпылаганы чоң роль ойноду. Анын идеясын колдогон Л. Окен органикалык дүйнөнүн өнүгүүдө болорун айтат.

**НЕГИЗ –** башка пикирлер м-н идеялардын чындыгынын зарыл шарты болуп эсептелген пикир же идея: логикалык негиз же туюунун негизи. Н-ден идеяны тажрыйбанын мазмунунан же метафизикалык чындыктан көз каранды кылып койгон реалдуу Н. айырмаланат. Психологиялык Н. (же мотив) каалагандай иш-аракеттин же жорук-жосундун субъективдүү шарты болуп саналат. Жетишээрлик Н-дин мыйзамы (закон достаточного основания – prinsipium rationis suffisietis) бардык нерселер үчүн кандайдыр бир кубулуштун бар же жок экендигин мыйзамдуу түрдө баса белгилөө үчүн зарыл болуп эсептелген Н-ди орнотот.

**НЕГИЗИ ЖЕТИШТҮҮ ЗАКОН** (Достаточного основания закон). Н. ж. принцип – салттуу логикада ой жүгүртүүнүн төрт законунун бири; ал б-ча акыбал үчүн Н. ж. болгон учурда гана ал чындык деп таанылат. Жетиштүү негиз – нукура чыныгы акыбал (же акыбалдардын жыйындысы) болуп, негизделип жаткан акыбал андан логикалуу ырааттуулукта келип чыгат. Негиздин чындыгы же практика жүзүндө тажрыйба аркылуу далилденет же башка акыбалдардын нукуралыгынан чыгарылат. Н. ж. з. мурда да логиканын көптөгөн системаларында (Мис., Левкиппте, Аристотелде) белгиленип келсе да, биринчи жолу Лейбниц тарабынан

негизделген. Н. ж. з. – далилдүүлүктүн-логикалык жактан туура ой жүгүртүүнүн мүнөздүү белгилеринин бирин туюндурат.
**НЕОБИХЕВИОРИЗМ** (гр. neos – жаңы, анг. behaviour. bihevior – жүрүм-турум) – 20-к-дын биринчи жарымындагы американын психологиянын негизги багыты. Н. салттуу бихевиоризм байкалган стимулдар м-н реакциялар аркылуу эле, аларга кээ бир борбордук, (жөнгө салуу) механизмдердин анализсиз сүрөттөөгө чабалдык кылгандан келип 20-к-дын 30-ж. колдонулган. (К. Халла м-н Э. Голмендин иштерине таандык). Бихевиористтик «стимул жана реакция» схемасында Н. арадагы тизмекти – таанып билүүчү ж-а дүүлүктүрүүчү факторлордун жыйындысы иретиндеги арадагы өзгөрүлмөнү киргизди. Н. калган жагынан бихевиоризмдин классикалык жалпы принциптерин: адам психикасынын биологиялаштыруу, позитивизм багытын тутунуу ж. б. тенденцияларын туура көрөт.
**НЕОБИХЕВИОРИЗМ** Бихевиоризмде бардык туюм организмдерге (адам кошулат) шарттуу редакциянын пайда болушу м-н түшүндүрүлөт. 30-ж-да уотсондун теориясы бир катар необиховиористикалык теориялар м-н алмашылды. Алардын негизги өкүлдөрү К. Халл, Э. Гольмен, Э. Газри, Б. Скиннер. Булардын теориялары (Гольмендин теориясынан башкалары) Павловдун окуусунун таасири астында пайда болду. Жүрүм-турумдун формаларынын терминдерин ж-а классификациясын Павловдусунан алышып, необихевиористтер анын материалисттик негизин операционализм ж-а логикалык позитивизм м-н алмаштырышты. Шарттуу норефлектордук методиканы колдонун, алар жүрүм-турумдагы мээнин ролун таанышат.
**НЕОДАОСИЗМ,** (сюань сюе – дилдеги, купуя ж-дөгү окуу) – кытай окуусунда даосизм философиясынын кайра жаралуусунун көрүнүшү, 3–4-к. пайда болгон агым. Кытайдын идеологиялык турмушунда Вэй-цзинь (3–5-к.) мезгилинде үстөмдүк кылган. Бул жолго түшкөндөрдүн ишмердигиндеги негизги форма «жакшы айтуу, жатык тил м-н туюндурууга» аракеттенгендердин көтөрүңкү маанайдагы философиялык маектешүүсү болуп, цинь тан (сөзмө сөз – кирсиз, чыныгы, тунук аңгемелешүү) же сюнь янь (сөзмө сөз – дилдеги, айтылгыс аялуу сырды төгүшүү) деп аталган, анткени сүйлөшүүнүн предмети аялуу асыл дао болгон. Н-дин пайда болушу 220-ж. Хан династиясынын кулашы, кытайга буддизмдин кириши м-н байланыштуу. Н-нүн негиздөөчүлөрү Хэ-Янь (Хэ Пиншу, 190–249) ж–а Ван Би (Ван Фуси, 226–249), улантуучулары Цзи Кан (Цзи Шуе, 223-262) ж-а Сян Сю (Сян Цзыци, 227–277), бамбуктан өскөн жети даанышман аталган топко кирген Го Сян (Го Цзисюань 252–312) ж. б. болушкан. Н-дин көрүнүктүү өкүлү Гэ Хун (Гэ Чжичуань, 283–363) Баопу-цзы деген псевдоним (лакапат, жашырын ат) м-н белгилүү. Н-тер Лао-цзы, («Дао дэ цзин») м-н «Чжуан-цзы» ж-а «Чжоу -и» («Цизин») идеясынан башталып, алардын окуусун конфуцианчылык окуу м-н бириктирген (алар Конфуцийди Лао-цзы м-н Чжуан-цзыдан жогору турган улуу даанышман дешкен). Н-дин филос-лык концепциялары ж-дө маалыматтардын негизги булагы конфуциячыл классикага комментарийлер, о. эле притчалардын ж-а аңгеме–анекдоттордун жыйнактары болгон. Н. өзүн «Фэн-лю» (сөзмө-сөз – «шамал жана агым») абалына жетүүнү, өзү м-н өзү болуп, ар ким ички дүйнөсү ж-а жаратылыш м-н эриш-аркак ээн-эркин турмуш кечирүүнү максат кылып коет. Классикалык даосизмден айырмаланып, Н. дао- эч нерсе эмес, бардык нерселер даодон эмес, ички себептерден эле пайда болот; «болмуш болмуш эместен туулат» формуласы Н. үчүн болмуш өзүнөн өзү эле пайда болот. Бирок Аалам такай кыймылда ж-а өнүгүүдө болгондой коом, адам, институттар, мораль өзгөрүүгө тийиш, өтүп жаткан учурга ылайыкташууга тийиш. Мындай процесс м-н макул болуу, табигый түрдө «аракеттенбөө» дегенди түшүндүрөт, процесске тоскоол болуу, эскиргенди сактоонун өзү эски иш (б. а. жасалма). Билим даанышманды тууроодон эмес, жаратылыштан индивидге табигый берилет. Бардык нерселер өз ара тең, барабар, улуу м-н кичүүдө, өмүр м-н өлүмдө, узун м-н кыска жашоодо ж. б. айырма жок. Н. уланып отуруп буддизмге сиңип, философиялык агым катары жок болуп кеткен.
**НЕОКЛАССИЦИЗМ** (фр. neo-classicisme) – антикалык мезгилдин, Кайра жара-луу доорунун ж-а классицизмдин классикалык традицияларынын негизинде 19-к-дын 2-жарымында – 20-к-дарда пайда болгон көркөм агымдардын жалпы аталышы. 1870–80-жылдары немецтик «неоидеалисттер» – сүрөтчүлөр Х. Маре, А. Фейербах, скульптор А. Хильдебранд турмуштун карама-каршылыктарына «түбөлүктүү» эстетикалык нормаларды каршы коюшкан. Классикалык традиция индивидуалисттик өзүм билемдикке каршы коюлган (20-к-да Франциядагы архитекторлор О. Перре, Германияда П. Беренс, Россияда И. В. Жолтовский, И. А. Фомин; француз скульптору А. Майоль, Россияда А. Т. Матвеев). Неоклассицизм м-н байланышкан Германиядагы «жаңы заттуулук» ж-а Италиядагы «метафизикалык живопись» деп аталган агымдар адамдын дүйнөдөн жатыркап, чочуркап калгандыгын чагылдырышкан. Чындыктын апологиясы ме-нен 1910–20-жылдардагы Улуу Британиянын (Э. Лаченс) ж-а 1950–60-жылдардагы АКШнын (Э. Стоун) архитектурасындагы, 1930-жылдардагы американын живопистеги (регионализм) неоклассицизм тыгыз байланышкан. Неоклассицизмди көп учурда 17-к-дагы классицизмден айырмалан-ган 18-19-к-дагы классицизм деп да аташат. Адабий неоклассицизм (20-к-дагы француз акындарынын «роман мектеби»)

антикалык ж-а классицисттик трагедия м-н лирикага багыт алгандыгы, стилдин өтө баса көрсөтүлгөн адептүүлүгү, тактыгы ж-а түшүнүктүүлүгү менен айырмаланат да, декаданска да, реализмге да каршы маанай күткөн. Музыкадагы неоклассицизм бир бүтүн багытты түзбөсө да, 19-к-дын аягы – 20-к-дын башындагы музыкадагы тил менен формаларды бир кыйла татаалдаштырып жиберген айрым композиторлорго реакция катары пайда болгон. Мындай музыка Ф. Бузонинин, А. Казелланын, П. Хиндемиттин, И. Ф. Стравинскийдин чыгармаларында чагылдырылган. Эски, байыркы музыканын айрым формалары м-н стилисттик белгилерин калыбына келтирүү неоклассицизмде музыкалык тилди жаңылоо менен айкалыштырылган.

**НЕОКОНФУЦИЙЧИЛИК** (ли сюе – асмандын, жаратылыштын мыйзам, принциптери ж-дө окуу, же син-ли сюе – адамдын, нерселердин табияты ж-а табияттын мыйзамдары о. эле дао сюе –жолдор ж-дө окуу (дао цзяо – даосизмден айырмасы), кытай философиясында Сун (960–1279) династиясынын тушунда пайда болгон агым. Хань (б. з. ч. 206 – б. з. 220) мезгилиндеги классикалык тексттерди комментарийлөө м-н чектелген конфуцианчылыктан айырмаланып, сундун ойчулдары жаңы идеяларды ж-а түшүнүктөрдү иштеп чыгышкан, биринчи иретте и – ли (жалган м-н мыйзам) ж-а син-мин (жаратылыш м-н тагдыр); ушундан аталышы келип чыккан. Н-тин жолуна нук салган тан ойчулдары Хан Юй м-н Ли Ао (772–841) конфуцианчылыкты коргоп ж-а спекулятивдик метафизика ордуна этиканы өнүктүрүү жолуна салган. Н-тин негиздерин 10–11-к. «табигый мыйзамы туурасында илимдин үч устаты» – Сунь Фу, Ху Юан ж-а Ши Цзе тарабынан түптөлгөн. Алардын жолун улоочулардын ж-а шакирттеринин ишмердиги күчтүү агымга айландырган. Сун мезгилинде ар кайсы философтор тарабынан Н.-тын башкы алты концепциясы аныкталган, бирок бардык мектептер үчүн жалпы улуу чеги (тайцзи); принцип (ли-мыйзам), материалдык күч (ци), адамдын табияты, нерселердин табиятын түшүнүү (нерселерди изилдөө), адам сүйүү (жэнь) болгон. Түндүк сун конфуцианчылар өз ара жакын мамиледе болгон үчүн тигил же бул конкреттүү идеяда кимиси автор экенин такташ кыйын. Юань мезгилде (1280–1368), буддизмдин, кайсы бир бөлүк даосизмдин монгол хандарынын баш ийип турган–юань императорлорунун колдоосунда турган шартта Н. буддизм м-н даосизмдин ортосундагы талаш тартышта арбитрдин ролун аткаруу м-н өз позициясын сактап калган. Мин (1368–1644) династиясынын тушунда Н. жаңы өркүндөөгө ээ болду. Кытай мамлекеттүүлүгүнүн калыбына келтирилиши конфуцианчылык идеологиянын өнүгүүсүнө көмөк көрсөткөн. 1403-жылы императордун буйругу м-н конфуцийчиликтин каноникалык китеби комментарийи (түшүндүрмөсү) м-н басылган. 15–16-к. Конфуцийлик ойчулдар классиктерди кезектеги комментарийлөө ордуна ар бири окуунун негизги проблемаларына өз мамилесин иштеп чыгууга аракеттенишкен философиялык диспуттарды өткөрүүнүн борборлору (эң белгилүүсү – Дунлинь академиясы) түзүлгөн. Цинь мезгилинин ойчулдары (1644–1911) кайсы бир деңгээлде Хань мезгилинин философиялык түзүүлөрүн комментарийлеп келишкен. Н. 1949-ж КНР (КЭР) түзүлгөнгө чейин созулган.

**НЕОМАЛЬТУЗИАНСТВО,** Н е о - м а л ь т у з и а н ч ы л ы к – мальтузианчылыктын жаңырган варианты; жөнөкөй түшүнүгүндө – никеден, балалуу болуудан баш тартуу. 19-к-дын аягында бир нече неомальтузианчыл коом, лига, союз деген аталыштар пайда боло баштаган. Эгер «классикалык мальтузианчылык» социалдык факторлор калктын санына таасир этээрин толук танса, Н-та бул таасирди толук моюнга алат, бирок аны биологиялык факторлордун таасири м-н тең коет. Америкалык демограф Дж. Шпенглер социалдык факторлор м-н биологиялык факторлорду «эптештирүүгө» аракет жасап, Мальтусту калктын ишке тартылуусун жогорулатуу үчүн күрөшүүчү, ал эле турсун революционер сыяктуу эсептейт. Өзүнүн практикалык рекомендацияларында Н. адамдардын биологиялык өсүшүнүн биологиялык сферасына биринчи көңүл бурат. Бул процесстин социалдык жагын туюнткан экономиканы өзгөртүүнү, адамдардын турмуш деңгээлин жакшыртуу чараларын арткы планга жылдырып, азыркы учурдагы АКШнын көрүнүктүү демографтары дүйнөнүн калкына карата стратегиялык программадагы «негизги элемент» катары биологиялык төрөлүү механизмин баалап, иш жүзүндө коомдук кайра курууларды зарылчылыгын четке кагат. Марксисттер белгилүү шартта төрөлүүнү чектөө методдору ж-а каражаттарын пропагандалоо м-н Н-ты идеология иретинде кармоонун ортосунда чоң айырмачылыкты көрүшкөн.

**НЕОМАРКСИЗМ** 20-к-дын 30–70-ж. марксизмди майда буржуазиячыл революциячыл позицияда туруп ревизиялоочу, бир тектүү эмес, карама-каршылыктуу агым. Ага марксизм м-н жаңы гегелчиликтин, ницщечиликтин ж. б. турмуштун философиясынын варианттарынын (көпчүлүгү Франкфурт мектебинин өкүлдөрү) элементтеринин, «солчул» экзистенциализмдин (Сартр), либерал-гуманисттик чечмелөө иретинде (Фромм) сыяктуу неофрейдизм м-н о. эле анархо-радикалдык духтагы социалдык саясий революция м-н тоталдык «сексуалдык-маданий» революциянын айкашуусунун (Г. Маркузе, В. Райх), структурализмдин (Л. Гольдман), философиялык герменевтиканын (Хабермас) ж. б. аралашмасы мүнөздүү. АКШ м-н Улуу Британияда 60-ж. Н. официалдуу социологияга ( Ч. Р. Милле, Н. Бирнбаум, А. Гоулднер ж. б.) каршы турган, сынчыл өзгөчө социологиялык тенденция иретинде чыкты. Н. адатта «философиялык антрополог» жаш К.

Маркс м-н жетилген Марксты, «Капиталдын» авторун карама-каршы коюп, анын илимий билимге «романтикалуу эмес» ориентациясын сындашат. Н-дин философиялык *оолактоо ж-а затташтыруу* (материалдаштыруу) категориясына ашкере кумарлангандар апокалиптикалык бүткүл жалпылык деп билишет. Н. теоретиктери марксисттик диалектиканын барыга таандыктыгын танышат, анын маанисин коомго гана ыйгарышат. Вульгардык социологизмге жакындардын позициясынан жалпы методологиялык категориялар ж-а логика алсызданып (редуцируются), тарыхый ж-а социалдык-экономикалык кубулуштар м-н кызыкчылыктар таптык шартташкан бүткүл азыркы илим эксплуатациянын эц кылдат куралы, үстөмдүк кылуучу таптын колунда адамды басуунун эц терец булагы катары бааланат. Франфуркт мектебинин Н. концепциясына ылайык илимдин рационалдулугун аспаптай ашкере колдонулушунун натыйжасы, баарына алы жеткен адамдын табиятка, социалдык, маданий чөйрөсүнө үстөмдүгүн жүргүзүүсүнүн таламы ушундай. Натыйжада илимий ац-сезимдин алгачкы боштондукка чыгаргыч күчү баарынан өтө алган идеологияга адамдын адамга үстөмдүк жүргүзүү идеологиясына алып келди. Адата Н. марксизмди сциентисттик-позитивисттик ревизионизми үчүн айыптайт. Н. марксисттик коомдук илимдерди практикалык революциячыл багытын билимдердин мазмунун таптык кызыкчылыгынан көз карандысыздыгын, бүткүл объективдүүлүктү тануга жөндөмдүү деп бурмалашат. Либералдык позитивисттик объективизмге ж-а неокантианчыл «баалуулуктан эркин болууга» Н. волюнтаристтик «активизмди» – социалдык объектини таанып билбей, бирок социалдык өзгөртүүнүн каршы коет. Социалдык философиядагы ашкере тарыхый релятивизм ж-а субъективизм Н-ди мыйзам ченемдүү түрдө волюнтаристтик ж-а утопиялык саясий корутундуларга жеткирет. Н. «соцку капитализмдеги» ж-а «мамлекеттик социализмдеги» бардык жерде адамды басмырлаган жатыркоолордун, ар кандай жалган ж-а оомал-төкмөлүү ац-сезимдин бетин ачуучу универсалдуу сынчыл «ац-сезимдин» ролуна умтулат. Иш жүзүндө өз ичинен бөлүнүп-жарынган м-н да реалдуу социализмге маданий нигилизмдин, саясий экстремизмдин ж-а анархизмдин (ошону м-н «жацы солчулдардын» кыймылындагы) каршы чыгуусунун теориялык негиздөөсү болгон. Н-дин саясий идеологиясы социалисттик өлкөлөрдүн ж-а жумушчу табынын революциячыл ролунун туура эместигин чагылдырган. Н. саясий күрөштө ж-а жацы шартта коомду өзгөртүүнүн жацы кыймылдаткыч күчү деп «сынчыл интеллигенцияны» козголоңчул жаштарды, студенттерди, «үчүнчү дүйнөдө» болсо боштондук күрөшүн эсептейт. Н. дегенде чет элдик адабияттарда марксисттик фразаларды колдонгон бардык философиялык агымдарды түшүнүшөт.

**НЕОПИФАГОРЕИЗМ –** б. з. ч. 1 к. – б. з. 3 к. байыркы грек философиясындагы ортоцку платонизм м-н тыгыз байланышкан багыт. Н. математикалык символизм методуна өз алдынча маани берди ж-а өзүнүн ой жүгүртүүсүндө төмөнкүдөй түшүнүктөргө таянды: жеке – көп, монада – диада, теңдештик – айырма, так – жуп, чекит – сызык, тегиздик – тело ж. б. О. эле аскетизм ж-а катартика идеалдарынын этикасы мейкиндигин өнүктүрдү. Александр Полигистордун пифагордук окууну баяндоосу б-ча (Диоген Лаэртий УШ 24–33) ж-а Секст Эмпириктин («Физиктерге каршы», «Против физиков» 11 248–284) ортоцку платонизмден айрмаланып, түпкү башталышты акыл (нус) эмес, монада – диада деп эсептешти. Евдор монада – диададан жогору Модерат (б. з. ч. 1 к.) бирдиктүүнү жайгаштырды, анын концепциясынын баяндалышынан неоплатониктер болмуштуулуктан сырт башталыш деп түшүнгөн. Модераттын экинчи бирдиктүүсү – бул идея-парадигмалар, жан – биринчи экөөнө тиешелүү үчүнчү бирдиктүү. Модераттын бул Платондун 2-«Каты» м-н күчөтүлгөндөй концепциясы «Пармениддин» идеясы м-н космогониялык миф «Тимейдин» кошулушунун натыйжасында келип чыккан. Нихомахтын (2-к. 2-жарымы) биринчи кудай (монада) диаданы тууган демиург катары, ж-а акыл – болмушту ж-а бардык нерселерди таануу принциби берилет. Нумений «атасы» (биринчи кудай акыл) м-н «жаратуучунун» (экинчи кудайдын) айырмасын – Платондун «Тимейиндеги» бирдиктүү демургдун эки эпитетин тапкан. Сөз Плотиндин устаты (окутуучусу) Аммонийдеги кудуреттүү акылгөй экстазда жетүүчү кудуреттүү жашагыч бирдиктүү ж-дө болуп жатат. Неоплатонизм пифагореизмдин бүт комплексин (математика, аскетика, катартика, мугалимдин «ыйык» статусу, мектептин негиздөөчүсү, тандалма «ыйык» тексттердин тегерегинде түшүндүрмө) Н. аркылуу өздөштүргөнүнө карабай Н. бара-бара филос-лык ойдун өз алдынча агымы болуусун токтотот.

**НЕОПЛАТОНИЗМ –** миц жылдан ашуун убакыт ичинде өнүккөн антикалык философияны жалпылаган ж-а корутундулаган грек философиясынын акыркы формасы. Н-дин негиздөөчүсү болуп Аммоний Саккас (242-ж. өлгөн) эсептелет. Ал жазма эмгектерди калтырган эмес ж-а төмөнкүдөй идеялардын автору болуп саналат: платонизмди аристотелизм м-н айкалыштыруу; стоиктердин жандын материалдуулугу тууралуу окуусун сынга алуу; дүйнөнүн иерархиялуулугу тууралуу окуу. Н-дин тарыхый өнүгүүсүндө төмөнкүдөй этаптар м-н мектептер айырмаланышат: 1) *Римдик мектеп* (3-к.) – ал Н-дин спекулятивдик-теориялык системасын түзгөн. Анын негиздөөчүсү болуп Плотин эсептелет. Плотиндин болмуш тууралуу окуусунун негизинде төмөнкүдөй үч принцип коюлган: 1) болмуш иерархиялуу; 2) бардык нерселер рухий негизге ээ; 3) болмуштун негизи Жекелик, Акыл ж-а Жан сыяктуу үчилтик принциби боюнча түзүлгөн. Болмуштун

бирдиктүү негизинин үч элементи тең өз ара эманация (лат. emanatio – агып түшүү) принциби м-н байланышкан. Анын окуучусу Амелийдин көз караштарында Кудай м-н конкреттүү нерселердин ортосундагы өтүү тепкичтеринин саны бир кыйла көбөйтүлгөн. Плотиндин башка окуучусу Порфирий Аристотелдин «Категориялар» деп аталган чыгармасына жазган комментарий болуп эсептелген «Киришүү» деп аталган маанилүү эмгектин автору болгон. Бул эмгек ж-а автордун башка комментарийлери латын, сирия, араб, армян тилдерине которулуп, аларда жалпы түшүнүктөрдүн табияты тууралуу маселе коюлган. Бул маселе кийин орто кылымдагы христиан философиясындагы универсалийлер тууралуу талаш тартыштын негизине коюлган. 2) *Кичи Азиялык* Н. (4-к.) – бул окуу спекулятивдик теориялардан баш тартпастан туруп практикалык мистиканы негизги максатына айландырган. Ал төмөнкүдөй эки мектептен турган: сириялык мектеп (Ямвлих, Феодор Асинский, Сопатр Апамейский, Дексипп) ж-а пергамдык мектеп (Эдемий Каппадокийский, Юлиан, Салмостий). 3) *Н-дин системалаштыруу* ж-а *комментатордук этабы* (5–6-к. к.) – ал афиналык ж-а александриялык мектептерден турган. Афиналык мектепте (Плутарх, Сириан, Прокл, Дамаскин, Симпликий) теориялык кызыкчылыктар үстөмдүк кылган. 529-жылы император Юстиниан Н-ди окутууга тыюу салып, афиналык мектепти жапкан. Александриялык мектеп (Гипатия, Асклепиодот, Аммоний, Иоанн Филофон, Олимпиодор) Платонго караганда Аристотелге көп кызыгышкан. Бул мектеп логика ж-а илимдин чөйрөсүндөгү изилдөөлөрдүн негизинде неоплатондук ж-а христиандык идеяларды жуурулуштурууга аракет кылган. 4) *Латындык* Н. (4–6-к. к.) – спекулятивдик теорияга кызыгуусу солгундап, римдик маданий жетишкендиктерди сактап калууга ж-а кийинки муундарга өткөрүп берүүгө көп көңүл бурган. Грек тилиндеги эмгектерди латын тилине которуу ж-а аларга латын тилинде комментарий жазуу аркылуу латын неоплатониктери (Халкидий, Мари Викторин, Макробий, Марциан Капелла, Боэций) антикалык философиянын орто кылымдарга карай сапар тартышына жол салышкан. Н. орто кылымдагы философияга зор таасир берген.

**НЕОПОЗИТИВИЗМ** – 20-к-дагы философиялык агым, позитивизмдин учурдагы формасы. Н. учурдагы илимдин жүрүшүндө пайда болгон философиялык-методологиялык актуалдуу проблемаларды, өзгөчө традициялуу философия талкаланып жаткан шарттагы философия м-н илимдин мамилесин, илимий ой жүгүртүүдөгү белгилер ж-а символдор сыяктуу каражаттарынын ролун, илимдин теориялык аппараты м-н эмпирикалык базисинин өз ара алакасын, билимди математикалаштыруу ж-а формализациялаштырунун табияты м-н функцияларын анализдөөгө ж-а чечүүгө талаптанган философиялык окуу катары пайда болгон ж-а өнүккөн философиялык агым. Дүйнөгө көз караштык проблемаларды теориялык таанып билүүдө философиянын мүмкүнчүлүктөрүн четке кагып, аны илимге каршы коет. Н. билимди же илимий, философиялык, күнүмдүк тилди логикалык же лингвисттик анализдөөнүн методун иштеп чыгууну өз милдетине айландырган. Н-дин алгачкы идеялары Вена ийриминде пайда болгон. Вена ийриминин мүчөлөрү национал-социализмден Англияга ж-а АКШга качып, ал жерлерде окутуучулук ишмердүүлүгүн жүргүзгөндүккө байланыштуу, о. эле Б. Расселдин, логистиканын ж-а учурдагы теориялык физиканын күчтүү таасири астында Н. чет өлкөлөргө тез тарап кеткен. Н-дин негизги өкүлдөрү болуп Мориц Шлик, Рудольф Карнап, Людвиг Витенштейн ж-а Ханс Рехенбах эсептелишет. Н-дин өкүлдөрү учурдагы формалдуу логиканын, семиотиканын ж-а илимдин логикасынын өнүгүшүндө зор роль ойношкон. Н. окууларынын жыйындысын алардын өкүлдөрү унификацияланган илим деп аташат.

**НЕОРАЦИОНАЛИЗМ** – 20-к-дын 1-жарымында Францияда ж-а Швейцарияда пайда болгон илимдин методологиясындагы ж-а философиясындагы негизги агым. Негизги өкүлдөрү – Башиар, Гонсет, Мейерсон. Айрым учурларда Н-ге Пиажени, Ж. Ульмону, англо-америкалык илимдин философиясы м-н методологиясынын сын рационализмининин, француздук структурализмдин өкүлдөрүн киргизишет. Н-дин негизги уюму – «Рационалисттер союзу» 1930-жылы негизделип, бүгүнкү күнгө чейин иштеп келүүдө. Н. учурдагы табият таануу илимдеринин практикасын, өзгөчө анын өнүгүшүндөгү дедуктивдүү илимдердин ролун изилдөө аркылуу жаңы илимий акыл-эсти, илимий духту түзүүнү өз милдетине айландырган. Н. үчүн чыныгы рухий күч, аракеттеги акыл-эс болуп учурдагы физика ж-а анын фундаменталдуу ачылыштары эсептелишет. Н. окуулары боюнча физика канчалык деңгээлде метафизикалык ж-а иррационалисттик көмүскө сезимдерден арылса, ал ошончолук башка илимдердин, анын ичинде философиянын өнүгүшүнө көмөк бере алат. Н. биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки илимий көз караш кризиске батып, скептикалык ж-а мистикалык пикирлер үстөмдүк кылып жаткан заманда калыптанган. Дал ушул заманда Н. Агартуу доорунда калыптанган илимий билимдер м-н бүгүнкү күндүн уланууучулугун (преемственность) орнотууга, илимди прогрессивдүү социалдык күч катары даңазалоого, жаңы илимий рухтун адам турмушунун ар кандай чөйрөлөрүнө жайылтууга аракет кылган. Мындай милдеттердин актуалдуулугу бүгүнкү күнгө чейин курч бойдон сакталууда. Билимдерди априордуу схеманын жардамы аркасында негиздөөгө аракет кылган классикалык рационализмден айырмаланып, Н. туюунун тарыхый өзгөрүп туруучулугун эске алат ж-а тарыхый-илимий изилдөөлөр чөйрөсүндө диалектикалык идеяларды колдонот. Илимий туюунун

позитивисттер тарабынан сунуш кылынган тар маанидеги эмпирикалык концепциясын четке кагуу м-н Н. акыл-эс м-н тажрыйбанын субстанционалдуу мүнөздөгү традициалуу метафизикадан ж-а мистикадан сырткары жаңыча түрдөгү диалогун түзүүгө аракет кылат. Н-дин негизги жоболору төмөнкүлөр: 1) онтологиялык жобо: реалдуулуктун жалпы детерминациясы, б. а. акыл м-н туюлуп, баамдалып жаткан реалдуулук чегиндеги себептердин аракетин таанып билүү; 2) гносеологиялык жобо: «рационалаштырылган» реалдуулукту же «экинчи тартиптеги реалдуулукту» акыл м-н таанып билүүнүн мүмкүнчүлүгү; 3) методологиялык жобо: кеңири мааниде түшүнүдүргөн эксперименттик методдун универсалдуу маани-маңызы; 4) тарыхый жобо: туюудагы прогрессти ж-а рационалдуу ойдун коомдун турмушу м-н өнүгүшүндөгү эбегейсиз зор маанисин моюнга алуу.

**НЕОРЕАЛИЗМ** – 20-к-дагы англиялык философиядагы негизги агымдардын бири. Ал Кембриджде пайда болуп, 1903-жылы Дж. Мур, Б. Рассел тарабынан негизделген. Н. неогегелянчылыкка, айрым философиялык проблемаларды спекулятивдик маанайда иштеп чыгууга каршы багытталган. Н-дин өкүлдөрү аталган проблемаларды логикалык анализдин, б. а. табият таануу илимдеринин методдору аркылуу чечүүгө аракеттенишкен. Философия система катары четке кагылбайт. Философиялык кызыкчылыктардын борборунда логика, туюунун теориясы, биология ж-а физика турат. Дж. Мурдан сырткары Н-дин өкүлдөрү болуп С. Александер, Ч. Д. Брод, С. Л. Морган, Н. А. Уайтхед ж. б. эсептелет. А. Айер тарабынан жетектелген неореалисттердин экинчи тобу неопозитивизмге абдан жакын.

**НЕОСХОЛАСТИКА** – 19–20-к-дагы католик философиясындагы орто кылым мезгилиндеги схоластиканын каада-салтын андан ары өнүктүргөн философиялык багыты. Н. реформациядан кийин схоластиканы андан ары өнүктүрүүгө далалат кылган. Неотомизм м-н бирдикте Н. платондук-августиндик багыттагы мектептерден, о. эле францискандык салттарга таянган окуулардан турган.

**НЕОФРЕЙДИЗМ** – психологиянын, психиатриянын, социологиянын ж-а философиянын негизинен АКШда кеңири тараган багыты. Негизги өкүлдөрү болуп Г. Салливан, К. Хорни ж-а Э. Фромм эсептелишет. Айрым учурда Н-ге А. Кардинер, Ф. Александер ж. б. психоанализмдин айрым өкүлдөрүн киргизишет. Алардын башын бириктирген негизги себептер болуп фрейдизмдин идеялары м-н жоболорун (өзгөчө фрейдизмдин коомдук көрүнүштөргө карата психологизм жобосу) жактоочулук, о. эле Фрейддин окуусун социологизациялоо багытында кайра өзгөртүп түзүүгө болгон далалат эсептелет. Мындай маанайдагы Н-дин негизи психоанализ окуусун бөлүп-жарган А. Адлер, О. Ранк, В. Райх, К. Г. Юнг өңдүү ойчулдар тарабынан түзүлгөн. В. Райхтан башкалары Фрейддин биологизмин, сексуалдык детерминизмин ж-а инстиктивизмин толугу м-н четке кагышкан, аң-сезимсиздикке анчалык жогору баа беришкен эмес. Н-дин калыптанышына Р. Бенедикт, К. Дюбуа, Б. Малиновский, Р. Линтон, М. Мид, Э. Сапира, И. Халлоуэл сыяктуу этнографтардын этнопсихикалык изилдөөлөрү зор таасир берген. Мис., Б. Малиновский Фрейд сүрөттөгөн «Эдип комплекси» андай деле универсалдуу эмес деген тыянакка келген. Фрейд тарабынан маданияттын өзгөчөлүктөрүнөн толук бойдон көз каранды болгон психиканын өзгөчөлүктөрү өзгөрбөс деп баса белгилесе, Р. Бенедикт м-н М. Мид адамдын табиятынын ийкемдүү (пластикалуу) экендигин практика жүзүндө далилдешкен. Тарбиялоонун өзгөчөлүк ыкмалары кандайдыр бир этно-маданий жамааттын өкүлдөрүнүн мүнөзүндөгү типтүү белгини жаратат. Мындай белгини А. Кардинер «базалык инсан» деп атаган. Базалык инсандын концепциясы маданияттан индивидге карай өтүүнү гана эмес, маданиятты индивиддин негизинде түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүгүн да пайда кылган да, маданиятты базалык инсандын ички проекциясына айландырган. К. Хорни 1932-жылы АКШга эмиграцияга кетет да, Америка континентиндеги жин оорулуу пациенттер Германия м-н Австриядагы ушундай эле оорудан жапа чеккен пациенттерден түп-тамырынын айырмаланышкандыгын байкаган. Бул фактты изилдөө аркылуу К. Хорни Фрейддин инстинкттер тууралуу теориясынан баш тартып, психопатологиянын социомаданий факторлор м-н шартталгандыгын ачууга мүмкүндүк алган. Фрейддин биологизмине шартталган өтө терең методологиялык жаңылыштыктарынын катарына К. Хорни анын дуалисттик ж-а механикалык-эволюциялык ой жүгүртүүгө болгон ынтаасын атаган. Бирок, неофрейдисттер адамдын ишмердүүлүгүндөгү аң-сезимсиз ж-а эмоциялуу мотивациялардын идеясын жактап кала беришкен. Психоаналитикалык методдун өзөгүн сактап калуу м-н неофрейдисттер аны «маданий» жобонун позициясында чечмелөөгө аракет кылышкан. Каалагандай психопатология салыштырмалуу мүнөзгө ээ ж-а берилген маданият үчүн өзгөчөлүк болуп саналат. Ар бир невроз ички конфликттен пайда болот. Конфликттин негизинде индивиддин социалдык чөйрөсү м-н байланышкан мотивдер ж-а ниеттер жатат. Ошол эле учурда неврозду пайда кылган жалпы ж-а өзгөчөлүк эмес фактор да бар. Мындай фактор болуп инсандын бала чагындагы коркуу сезиминин, өзүнө чоочун дүйнөнүн алдындагы алсыздыгынын («базалык сар-санаа») тарбия тарабынан оң же терс тарабынан өрчүшүп кетиши. Терс тарабынан өрчүгөн сар-санаанын натыйжасында индивид көп сандаган коргонуу реакцияларын колдонууга мажбур болот. Аталган реакциялар негизинен анын мүнөзүнүн невроздорго ынтаа экендигин аныктайт.

Неофрейдисттер невроздук мүнөздүн бир нече түрүн сүрөттөп жазышкан ж-а XX к-дын адамдарынын жашоо образы үчүн мүнөздүү болгон невроздук конфликттерди анализдешкен.

**НЕОЭВОЛЮЦИОНИЗМ** – 19-к-дагы Г. Спенсер, Э. Б. Тайлор ж. б. изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде иштелип чыккан эволюционизм идеяларын учурдагы софиологиянын, культурологиянын, социалдык антропологиянын чегинде кайрадан карап чыгуунун бир нече варианттарын белгилеген термин. Н. агымдарынын ичинен эволюциялуу «маданий материализм» (Л. Уайт, Л. Бинфорд, Г. Чайлд, Дж. Стюарт, М. Харрис ж. б. америкалык культурантропологдор ж-а археологдор) ж-а эволюциялык функционализм (Т. Парсонс, Р. Белла, Н. Смелсер ж. б.) багыттары белгилүү. Эволюциялык функционализмдин өкүлдөрү маданияттын техникалык-экономикалык базасынын тарыхына өзгөчө көңүл бурган ж-а эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн татаалданышынын негизинде структуралык дифференциациага учураган, Г. Спенсер м-н Э. Дюркгеймдин универсалдуу моделин андан ары өнүктүрүшкөн. 19-к-дагы эволюционизмден айырмаланып, Н. маданияттагы локалдуу өзгөрүүлөрдүн принцибин киргизген. Жалпы эле адам маданиятынын өнүгүшүндөгү локалдуу өзгөрүүлөр процессин ж-а тенденцияларын айырмалоо м-н маданий-антропологиялык Н. «өзгөчөлүү» ж-а «жалпы» эволюция түшүнүктөрүн киргизген. Адам маданиятынын пайда болушун ж-а анын өнүгүшүн түшүндүрүү үчүн Н-дин өкүлдөрү атайы илимдердин соцку жетишкендиктерин, о. эле приматтарды ж. б. окуп-үйрөнүүдө колдонулуучу салыштырма этология, классификация ж-а салыштыруу сыяктуу эмпирикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын пайдаланат.

**НЕРВДИН ЖОГОРКУ ИШМЕР-ДҮҮЛҮГҮ** (Высшая нервная деятельность) – мээнин чоц жарым шарларынын кабыгында ж-а ага эц жакын жаткан мээнин катмарында болуп туруучу ж-а психикалык функциялардын жүзөгө ашуусун шарттаган нейрофизиологиялык процесстер. Нервдин жогорку ишмердүүлүгүн анализдөө үчүн негизги теоретикалык модель катары бизди курчаган дүйнөнүн таасирине организмдин жооп кайтаруусун мүмкүн кылган рефлекс эсептелет. Анын негизги иштөө механизми катары козгоочу нервдик процесстер саналат. Козгоочу процесстердин эсебинен жацы убакыттык байланыштар пайда болот ж-а иштейт. Эгерде шарттуу дүүлүктү-ргүч шартсыз дүүлүктүргүч аркылуу бекитилбесе, ал шарттуу рефлекстин өчүшүнө же токтоосуна өбөлгө түзөт. Убакыттын байланыштардын жаралуусу ж-а жоголуусу мээнин чоц жарым шарынын кабынын нервдик клеткаларынын активдүүлүгүнүн жогорку децгээли мээнин кийинки катмарында жайгашкан тубаса рефлекстердин эц маанилүү нервдик борборлорунун эсебинен жетишилет.

**НЕРСЕ** (Вешь) – болмуштун бөлүкчөсү. Ал касиеттери, түзүлүшү, милдети, сапаттык ж-а сандык өзгөчөлүктөрү боюнча мүнөздөлөт. Н. ац-сезимден тышкары жашап, идеалдык (түшүнүк, ой-пикир ж. б.) түрүндө да болушу мүмкүн. Н-нин өзгөрүшү кубулуш же процесс деп аталат. Кубулуштун өзүн да Н. катары караса болот. Болмуштагы касиеттер ж-а мамилелер, байланыштар абстрактуу Н-лерди түзөт. Тигил же бул негизде бириккен Н-лердин жыйындысы башка касиеттерге ээ болгон жацы Н-ни жаратат. Философиялык адабияттарда Н-лерге мамилелеш «объект» же «предмет» деген түшүнүктөр бар.

**НИГИЛИЗМ** (лат. nihil – эч нерсе) – коомдук турмуштун нормаларын, моралдык принциптерди, маданият мурастарын тануу, жерүү, өгөйлөө. Термин Генрих Якоби тарабынан киргизилгендигине карабастан, И. С. Тургеневдин «Аталар ж-а балдар» (1862) деп аталган романына байланыштуу кецири белгилүү болгон. В. Даль өзүнүн «Улуу орус тилинин түшүндүрмөлүү сөздүгү» деп аталган атактуу эмгегинде Н-ди төмөнкүчө атаган: «Н. туюуга мүмкүн болбогон нерселердин баарын четке каккан бузуку ж-а адепсиз окуу болуп саналат». Ницщенин окуусунда Н. деп баалуулуктар м-н рухий байлыктардын арылтуучу ж-а адамзатты тукум курут кылууга алып барган себеп түшүндүрүлөт. Н. жашоонун маңызын жоготконго барабар: «Бийик баалуулуктардын кадыры кетет. Максат жокпу, демек, «Эмне үчүн?» деген суроого да жооп жок». Ницще европалык Н-дин тарыхын Сократ м-н Платондун философиясынан баштаган. Анткени, аталган философтор алгачкылардан болуп стихиалуу формадагы дионисийлик маданиятты жерип, рационалдуу маданиятты орното башташкан. Хайдеггер Н. ой жүгүртүүнүн европалык ыкмасына мүнөздүү ж-а ал европалык адамдын дүйнөгө, табиятка ж-а коомго үстөмдүк кылуу ниети м-н байланыштуу деген пикирде болгон. Н-дин төмөнкүдөй формалары бар: 1) теориялык Н. – ал чындыкты таанып билүүнүн мүмкүндүгүн танат; 2) этикалык Н. – ал рухий баалуулуктар м-н жүрүм-турум нормаларын четке кагат; 3) саясий Н. – ал каалагандай коомдук түзүлүшкө каршы чыгат. Өз мазмуну боюнча Н. ашынган скептизмдин бир формасы, догматизмге (кызыл-кекиртек) ж-а мацызсыздыкка каршы реакция болуп саналат. Н. коомдук-тарыхый өнүгүүнүн кризистик мезгилде кецири жайылтылат.

**НИРВАНА** (санскритчеден өчүү, муздоо) – индиялык философия м-н диндин негизги түшүнүктөрүнүн бири, адамдын өмүрүндөгү сансарага (азап м-н тозокко толгон материалдуу же сезимдик дүйнө) карама-каршы келген акыркы максат. Буддизм м-н жайнизмде адамдын умтулууларынын жогорку чеги. Буддизмде адамдын азап тартуусунун себеби болуп адамдын сезимдик каалоолорун канааттандырууга болгон умтулуусу же жашоого кумарлануусу (тришна) эсептелет. Тришнаны материалдуу дүйнөнүн туруксуз,

жалган экенин билбестик (авидья) жаратат. Адамдын аң-сезими буюмдар м-н окуялардын жалган, салыштырмалуу, өтмө дүйнөсүн конкреттүү чын дүйнө катары кабыл алат. Ошентип, авидья турмушка бекем жармашууну, аны башкарууга болгон аракеттерди пайда кылат. Булардын баардыгы тең азап; азап – сансараны айландырган зор күч. Ал эми материалдуу дүйнөнүн өтмө, салыштырмалуу табиятын билүү, түшүнүү сезимдик калоолорду оолдуктайт, *сансарадан* кутулууга мүмкүндүк берет. Азаптардын болбошу, азапты жеңүү *нирвана* деп белгиленет, б. а. эгер каалоо, жашоого кумарлануу азаптын себеби болсо, анда аларды токтотуу – бул азапты токтотуу – бул нирвана же азаптардын жалынын "үйлөп өчүрүү" – материалдуу жашоого болгон кумарды "муздатуу", "суутуу" деп окутат. Нирванага жетүү үчүн *Будда* Санхга деп аталган кечилдер коомун түзүүнү сунуш кылган.

**НОМИНАЛИЗМ** (лат. nominalis – ысымга, аталышка тиешеси бар) – универсалийлердин онтологиялык статусун четке каккан ж-а аларды ой жүгүртүүнүн абстрактуу, субъективдүү формалары же аталыш катары гана караган философиялык позиция. Каалагандай терминдин денотаты (лат. denotatus – нерселерди аталыштар же белгилер м-н белгилөө) жеке гана мүнөздө болушу мүмкүн. Н. жалпы түшүнүктөргө каршы чыгуу м-н жеке, конкреттүү, сезим м-н таанып билүүгө мүмкүн болгон нерселер гана чын жашайт деп ырастаган. Орто кылымдагы Н. реализмге каршы чыгуу м-н Платондун жалпы түшүнүктөрдүн чындыгы тууралуу окуусуна каршы багытталган киниктер м-н стоиктердин философиясын кайрадан жараткан. Н. түшүнүгү схоластиканын өнүгүшүнүн алгачкы этаптарында пайда болгон. Бул учурда Иоанн Росцеллин антикалык мезгилдеги Н. проблемасын көтөрүп чыгып, христиандык философиядагы мелүүн материализм м-н эмпиризмге чыйыр салган. Ал 1092-жылы өз идеялары үчүн Суассон шаарында болуп өткөн чиркөө Соборунда соттолгон. Н-тик идеялардын нукура философиялык ж-а диний негиздери У. Оккам тарабынан сунуш кылынган. Акыр аягында Оккам негиздеген Н-дин багыты схоластикадагы өзөктүү позицияны ээлеп, 15-к-да болуп көрбөгөндөй дүркүрөп өнүккөн. Н. эмпиризмдин негизи болуп саналат. Бүгүнкү күндөгү феномонология ж-а онтология Н. окуусун четке кагат.

**НОМОТЕТИКАЛЫК МЕТОД** (гр. nomothetishe – мыйзам чыгаруу искусствосу) – Канттын окуусунда акыл-эстин мыйзамдарды ж-а таануу эрежелерин орнотуудагы мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүнүн ыкмасы. Термин Виндельбанд тарабынан киргизилген. Кайталангыс фактыларды сүрөттөп жазуу м-н гана чектелген идеографиялык тарыхый илимден айырмаланып, табият таануу илимдери табияттын мыйзамы деп «иш-аракет ыкмасы дайыма бирдей болуп эсептелген кайталануучу кубулуштарды» түшүнөт. Бул метод түшүнүктүн көлөмү м-н мазмунунун тескери мамилесинин формалдуу-логикалык мыйзамын абсалютташтырып жиберет да, илимий ой толгоо процессин чагылдырууну жеңилдетет.

**НООСФЕРА** (гр. noos – акыл-эс, sphaira – шар) – биосферанын мыйзамдарын таанууга, билүүгө ылайык адамдардын акыл-эстүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасында өзгөртүлүп түзүлгөн жер планетасынын сырткы катмары. Алгачкы жолу Н. түшүнүгү француз математиги Э. *Леруа* тарабынан сунуш кылынган. Ал Н. деп адамдардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн, анын натыйжаларын адам коомунда пайдаланууну, аларды топтоону ж-а муундан муунга өткөрүп берүүнү түшүнгөн. Кийинчерээк Н-нын ушуга окшош түшүнүгү француз палеонтологу ж-а дин кызматкери *П. Тейяр де Шарден* тарабынан өнүктүрүлүп, ал Н. деп планетанын уламдан улам кеңейип бара жаткан ж-а акыр аягында өз маңызынын Омега белгиси деп аталган кандайдыр бир бийик чегине жакындаган ой жүгүрткөн катмарын атаган. Ошентип, Тейяр де Шардендин пикири боюнча космостук эволюциянын жүрүшүндө акыл-эс кудай тарабынан алдын ала аныкталган бийик чекке уламдан улам жакындодо. *В. И. Вернадский* Н. түшүнүгүн кабыл алган, бирок, ага терең маани берген. Ал Н. деп ойлордун, идеялардын ж-а билимдердин жыйындысын гана эмес, биосферанын өзүн өзү жөнгө салуу мыйзамдарына ылайык келген адамдардын эмгек ишмердүүлүгүнүн негизи болуп саналган табигый процесстерди өзгөртүп түзүү боюнча материалдык натыйжаларды түшүнгөн. Вернадскийдин теориялык конструкциясында Н. биосфера теориясынын органикалык уландысы болуп саналат. Турмуш-тиричилик процессинде организмдер өз тиричилигинин чөйрөсүн, биосфераны кандай жаратышса, адамдар да жандуу табияттын бир бөлүгү болуп эсептелүү м-н планетанын жаңы геологиялык катмары болуп саналган Н-ны ошондой эле пайда кылышат. Мында биосфера адамдар тарабынан түзүлгөн Н-нын өнүгүшү үчүн негиз болуп саналат. Ошентип, Вернадский планетанын өнүгүшүндөгү адамзаттын геологиялык ролу жөнүндө жазган. Биосферанын табигый мыйзамдары м-н өзгөчө түзүлүшүн Вернадский Н-ны жаратуунун эң маанилүү объективдүү шарттары катары караган. Мындай шарттарга ал биосферага ылайык келе турган техниканын, транспорттун өзгөчө абалын, дүйнө элдеринин экономикалык өз ара мамилесин ж-а учурдагы маалымат каражаттарынын деңгээлиндеги маалымат алмашуу процессинин динамикасын киргизген. Булардын баары элдердин бирдиктүү глобалдуу коомго биригүүсүнө көмөк берген факторлор болуп саналышат. Бирок, дүйнөлүк коомго биригүү процессине планетанын уламдан улам азайып бара жаткан жаратылыш ресурстары үчүн күрөштүн негизинде пайда болгон социалдык-саясий бөлүнүп-жарылуу процесстери каршы турат. Вернадский планетадагы жашоону сактап калуу үчүн аталган терс

тенденцияларды туура жагына чечүүнүн маанисин баса белгилеген. Ал илим м-н техниканын өнүгүшүнүн шарттарында адамзат бир бүтүн нерсе катары гана аман калат деп эсептеген. Цивилизацияны ж-а табигый чөйрөнү сактап калууга көмөк берген Н-ны түзүү бардык адамдардын жалпы милдети болуп калышы керек. Ошентип, Н-нын түзүлүшү глобалдуу экологиялык кризисти жеңүүнүн ж-а коом м-н табияттын өз ара мамилсин гармониялаштыруунун негизги ыкмасы болуп саналат. Өз учурунда биосфера стихиялуу пайда болсо, Н-ны түзүүнүн шарты болуп табият ж-а коом тууралуу илимий билимдер м-н маданияттын өнүгүшүнүн гумандуу традицияларын системалуу пайдаланууга таянган адамдардын аң-сезимдүү ишмердүүлүгү эсептелет. Глобалдуу системанын стихиялуу социотабигый өнүгүшүнүн ордуна илимий негизде ж-а пландуу программаланган өнүгүүсү келет. Мындай өнүгүүнүн программасы ж-а натыйжасы болуп Н. эсептелет.

**НОРМА** (лат. norma – жетекчилик, эреже, үлгү) – мыйзамдуу түзүлүш, милдеттүү деп табылган тартип. 1) жүрүм-турумдун же иш-аракеттин алдын ала аныкталган эрежеси же үлгүсү, бир нерсе тууралуу тыянактын ченеми ж-а баа ченеми. Табиятта же коомдо бар ж-а болуп жаткан нерселерди чагылдырган мыйзамдан, о. эле аткарылуучу же аткарылбочу эрежелерден айырмаланып, Н. бардык учурларда ж-а бардык нерселерде кездешүүчү касиет болуп саналат. Адеп-ахлактык, эстетикалык ж-а логикалык Н-лар болот. Ошол себептен, этиканы, эстетиканы ж-а логиканы Н-тивдик мүнөздөгү философиялык илимдерге киргизишет. 2) Бир нерсенин бекитилген ченеми, орточо чоңдугу (мис., убакыт Н-сы, өндүрүлгөн продукция Н-сы). 3) полиграфияда - басма табактын биринчи бетинин сол жактагы төмөнкү бурчунда жайгашкан маалыматтардын жыйындысы (типографиялык запастын номери, басманын аталышынын же китептин авторунун фамилиясынын кыскартылган формасы).

**НОРМАЛДУУ ИЛИМ** (Нормальная наука) – *Т. Кундун* «Илимий революциялардын структурасы» аттуу китебиндеги илимий коомчулукта *парадигма* деп аталган кандайдыр бир нормага ылайык ишмердүүлүгүн белгилеген негизги терминдердин бири. Н. и-дин табиятын ар түрдүү концептуалдык, инструменталдык ж-а математикалык маселелер м-н баш катырмаларды берү ж-а чечүү түзөт. Парадигма проблеманы тандоону да, кабыл алынган чечимдердин мүнөзүн да өтө так мүнөздө жөнгө салат. Кундун пикири боюнча Н. и-дин чыгармачыл өңүтү өтө так парадигмалар м-н чектелген. Парадигмалардын концептуалдык негиздери мындай чектөөлөргө баш ийбейт да, билимдердин теориялык мазмунунун сапатын эмес, алардын санынын өсүшүн гана шарттайт. Ошондуктан Кун Н. и-ди «жогорку деңгээдеги кумулятивдик түшүнүк» деп атаган. Парадигма чечимге ээ проблемаларды тандоо үчүн критерийди камсыз кылгандыктан, Н.и. парадигмадан «сырткары» тажрыйбанын негизинде алынган билимдерди четке кагат. Ошондой болсо да Н. и-де парадигмалардын туруктуулугун бузган ж-а аларды кризиске учураткан «аномалдуу фактылар» да болот. Бул фактылар кандай жол м-н парадигмага таасир этээри анык эмес. Ошондуктан мындай фактылардын болушу Н. и-дин өтө так кумулятивдик мүнөзү тууралуу маселеден күмөн саноону пайда кылат. Н. и. түшүнүгү батышта кеңири *тараган илимдин философиясы* деп аталган агым тарабынан катуу сынга алынган.

**НОУМЕН** (гр. noumenon) – феноменге каршы келген акылдын жардамы аркасында маңызды түшүндүргөн термин. Н. түшүнүгү алгачкы жолу *Платон* тарабынан «Тимей» деп аталган диалогдо пайдаланылган. Автор Н. деп өз алдынча жашаган реалдуулукту ж-а акылга негизделген билимдин предметин түшүнгөн. *И. Канттын* эмгектеринде Н. эки мааниде каралат. Терс проблематикалуу түшүнүк катары Н. акыл-эс (рассудок) м-н интеллектуалдык интуициянын предмети болуп саналат («Таза акыл-эске сын») – «Критика чистого разума», «Тажрыйбалык акыл эске сын» («Критика практического разума») аттуу чыгармада Кант сезимден сырткары пайда болгон түшүнүк-төрдүн предмети катары Н. оң маанидеги түшүнүккө айланарынын мүмкүнчүлүгүн белгилеген. Мындай маанидеги тааным адамга мүнөздүү эмес. Анткени Канттын пикири боюнча адамдын билимдери сезимдик гана кабыл алууларга негизделет. Н-дин аталган эки мааниси тең Канттын окуусундагы таанып билүүгө мүмкүн болбогон «вещь в себе» деп аталган түшүнүктү чагылдырышат.

**НОЭЗИС ЖАНА НОЭМА** (гр. noesis – ой, noema – маани) – Гуссерль тарабынан болжолдонгон маанини ж-а анын негизинде кабыл алынып жаткан нерселердин маанилик биримдигин түзүү иш-аракетин белгилөө үчүн колдонгон терминдери. Маанини түзүү иш-аракеттери нерсенин мүнөзүн аныктоого багытталган.

**НУРОВА** Саида Сулеймановна – (1939-ж. т., Казак Респ-нын Алматы обл., Чоң Аксуу айылы) – философия илимдеринин кандидаты (1969), социологиялык илимдердин доктору (1995), профессор. КМУну бүтүргөн (1961). Ал эмгектеринде социологиялык изилдөөнүн конкреттүү материалында аз калктын (дунгандар, уйгурлар, цыгандар, сарткалмактар) арасындагы улут аралык мамилелер ж-а өзгөчөлүктөр, андан сырткары СССР ж-а Кыргызстанда тоталитардык системанын мезгилинде тил маселелери ж-а улут саясаты проблемасын окуп үйрөнүү маселелерин чечмелөөгө аракет жасаган. СССРдин Кыргыз ССРинин эл агартуу отличниги. Кыргыз Респ-нын Маданиятка эмгек сиңирген ишмери (1987). 90дон ашык илимий эмгектердин, анын ичинен 1 монографиянын, 2 окуу куралынын автору. Нег чыг: “Духовное в образе жизни”. Алматы. Каз

ГУ, 1994; “Социологическое исследование в библиотечном деле” Методологическая разработка Бишкек 2000; “Актуальная задача эстетического воспитания”, Фр., 1989. ж. б.

**НУС** (гр. nus – акыл) – антикалык философиядагы аң-сезим м-н ой жүгүртүүнүн бүткүл жыйындысын чагылдырган негизги түшүнүктөрдүн бири. Философиялык мааниде алгачкы жолу Анаксагордун окуусунда кездешет ж-а ал формасыз материяга форма берүү тартибинин принциби катары чечмеленген. Бул түшүнүк идеалисттик мааниде Платон м-н Аристотелдин философиясында чечмеленген. Алардын окуусунда Н. адамга гана мүнөздүү ж-а адамды жаныбарлар дүйнөсүнөн айырмалаган «ой жүгүрткөн жан» болуп эсептелет. Аристотелдин чыгармаларында Н. түшүнүгү Кудайды же демиургду белгилөө үчүн пайдаланылган. Аталган түшүнүк неоплатониктердин окуусунда өзгөчө мааниге ээ болуп, ал дүйнөнүн маңызын аныктаган ж-а бардык нерселерге форма берген керемет болмуш катары түшүндүрүлгөн. Материалисттер да бул түшүнүктү кабыл алышкан. Демокрит Н-ту шар формасындагы от деп түшүнгөн. Антикалык материалисттердин пикири боюнча Н. табият мыйзамдарынын жыйындысы же материалдуу дүйнөдөгү жашоонун булагы болуп эсептелет. Демокриттин гносеологиясында Н. ирээтсиз сезимдик туюмдардан айырмаланган таанымдын (билик) өтө так принциби катары айырмаланат.

**НУСУПОВ** Чолпонбай Токбаевич – (1957-ж. т., Бишкек ш.) – философия илиминин доктору (2002). С. М. Киров атн. КазМУну (1979-ж.) бүтүргөн. КМУУда окутуучу, улуу окутуучу, кафедра башчысы, доцент, профессор. Социалдык философия тармагында адис. 70тен ашык илимий эмгектерди, анын ичинен 6 монография, 20 китепчелерди басмадан чыгарды. Нег. чыг: “Национальная идеология и современность”. Бишкек, 1997; “Национальная идеология, государство и гражданское общество”. Бишкек, 2001; Кыргызи Евразии и жорноязычные народы позднею средневеновая. Б. “Илим”, 1999.

**НЬЯЯ** (санскритчеден сөзмө сөз *“эреже”, “ой толгоо”, “маңызга сүңгүп кирүү”, “аналитикалык изилдөө”, “логика”) –* инд. философиясындагы ортон???? алты системанын бири. Акшапада *Гаутама* (же *Готама*) аттуу ойчул тарабынан түзүлгөн индиялык философиянын классикалык мектептеринин бири. Бул мектептин окуусу көп жагынан вайшешика системасына окшош. Бул окуу Ведаларды четке какпайт, бирок, өз ой толгоолорун өз алдынча негизде түзгөн. Ньяя кудайдын бар экендигине күмөн санабайт. Кудай бүткүл жандыктарга жыргалчылык тартулоо үчүн дүйнөнү жараткан. Готаманын ою боюнча, кудай дүйнөнү *жок нерседен* эмес, түбөлүк жашаган *атомдордон, мейкиндиктен ж-а убакыттан, эфирден, акыл-эстен* ж-а *жандан курган*. Демек, кудай аталган элементтерди ирээтке келтирүү м-н дүйнөнү жаратып, демиургдун ролун аткарат. Бул дүйнөдө адам өз жүрүм-турумуна ылайык бактылуу боло алат же азаптарды тартат. Готама кудайдын болмушунун бир катар далилдерин сунуш кылган. 1. Дүйнөдөгү баардык нерселер м-н кубулуштар *себептен* жаралышкан, *дүйнөнүн себеби болуп кудай эсептелет.* 2. Кудай адриштаны (пешенеге жазылган тагдырды) жөнгө салып турат. Даанышмандык м-н өмүр сүрүү ишенимдүү, бейкапар ж-а бакыбат жашоого көмөк берсе, күнөөгө батуу м-н адам келечектен күмөн санап, сар-санаага, ойго чөмүлөт. Демек, кудай күнөөлүүнү бактысыз кылып жазалайт, күнөөсүздү бакытка чөмүлтүп, сыйлайт. *Ньяя* мектеби формалдуу логиканын мыйзамдарына таянган таанып-билүү теориясын өнүктүргөн. Бул теория боюнча сезип-туюу, кабыл алуу сыяктуу таанып-билүүнүн эмпирикалык формалары м-н күбөөлөө, салыштыруу, далилдө сыяктуу рационалдуу таанып-билүү тең укуктуу деп жарыяланат. *Ньяя* мектебинин өкүлдөрү *аваявамалар* (*мүчөлөр*) деп аталган беш ой толгоодон турган силлогизмди иштеп чыгышкан: 1. Радха өлөт (*пратиджня*); 2. Анткени, ал адам (*хету*); 3. Бардык адамдар өлүшөт, мисалы, Суреш, Раджив, Омар (*удахарана*); 4. Радха дагы адам (*упаная*); 5. Демек, ал өлөт (*нигамана*). Биринчи ой толгоо бир нерсени *ырастайт*; экинчиси бул ырастоонун негизделишин көрсөтөт; үчүнчүсү белгилүү мисалдар м-н ырастоону бекемдеп, анын биринчи ж-а экинчи ой толгоо м-н болгон байланышын көрсөтөт; төртүнчү ой толгоо алынган жалпылыкты берилип жаткан окуяга карата колдонот; бешинчиден мурунку ой толгоолордун негизинде жалпы ой бүтүмү алынат.

**ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ** – ой, сүйлөмдү баяндоо формасында билдирүү кайсы бир объектиде бекемделет жана объективдүү же калп же чындык болот. Мис., О. ж. «Бардык планеталар күндүн тегерегинде айланат» «Эгерде сан 10го бөлүнсө, анда ал 5 ке да бөлүнөт». Асанов экзаменди «эң жакшы» баага тапшырат. Ой жүгүртүүнүн биринчи экөөсү чындык. Үчүнчүсү балким жалган болуп чыгат (эгерде Асанов «эң жакшы» баага тапшырбаганы билинип калса). Божомолдоп ойду айткан адам чындыкты айтышы мүмкүн. 2. тигил же бул маселени чечүүгө байланыштуу түшүнүктөр, ой жүгүртүү, теория аркылуу жалпылоо ж-а таануунун объективдүү дүйнөнү чагылдыруунун активдүү процесси, өзгөчө жол м-н уюмдаштырылган мээнин жогорку

жемиши. Ойлоонун материалдык физиологиялык механизмин жогорку нерв ишмердигинин физиологиясы изилдейт. Бирок ойлоо, мээ м-н ажырагыс байланышта болуу м-н физиологиялык аппаратынын ишмердигин толук түшүндүрүүгө болбойт, ойлоо биологиялык эволюция м-н гана эмес коомдук өнүгүш м-н да байланышкан. Ой адамдардын өндүрүштүк ишмердик процессинде келип чыгып, дүйнөнү чагылышын камсыз кылат. Ал келип чыгыш өзгөчөлүгү боюнча да, функция аткаруусу боюнча да, натыйжасы боюнча да коомдук табиятка ээ. Ойлоо проблемасы философия үчүн ойлоонун болмушка катышы – философиянын негизги маселеси м-н байланыштуу аныкталат. Ойлоо – бул муундан муунга берилген билимдер бирине-бири уланарын түшүндүрүп, аларды ойлоо м-н ажырагыс байланышкан тил каражаттары м-н белгилөө мүмкүнчүлүгүн билдирген тарыхый кубулуш. Айрым адамдын ойлоосу аркылуу бүткүл адамзаттын ойлорунун ар тараптуу өнүгүүгө ээ болот. Азыркы адамдын ойлоосу коомдук тарыхый процесстин жемиши. Адамзат коомунун өнүгүшүндө материалдык өндүрүштөн рухий өндүрүш бөлүнүп, натыйжада теориялык ишмердик ойлоо адамдын тажрыйбалык ишмердигинен көз карандысыз ж-а салыштырмалуу өз алдынча ишмердикке айланган. Таанып билүүнүн тарыхый процессинде калыптанган билим категориялар м-н сакталгандыктан ойлоо категориалдуу мүнөзгө ээ. Объективдүү дүйнөнү түшүнүү ойломдун формалары – түшүнүк, ой-чабыт, акыл-корутунду аркылуу сакталат. Таанууунун өнүгүшү м-н ойдун структурасы өркүндөйт, ал объективдүү чындыкка жетүү процессин чагылдырган жаңы категориялар м-н байыйт. (кара, *Аң-сезим, идеалдуу, – таануу теориясын кара.*)

**ОКШОШТУК** (өңдөштүк, түспөл-дөштүк – сходство) – нерселердин, кубулуштардын бири-бирине барабардыгын ж-а бирдейлигин чагылдырган категория. Озгөрмө дүйнө менен бирге окшоштук да такай өзгөрүп турат. Мисалы, С нерсени мүнөздөгөн касиеттер Д нерседе да болсо, бул экөө окшош болот, бирок абдан «жүз процент» окшош болбойт. Ушинтип, окшоштукту билүү үчүн окшош нерселерди адегенде бөлөк-бөлөк ажыратып кароого туура келет. Анткени, окшоштук айырмачылык аркылуу байланышат, окшоштук критерийлери болот. Окшоштук категориясы логика ж-а табият илимдеринде, математикада көп кездешет.

**ОКШОШТУК БОЮНЧА ДАЛИЛ** (доказательство по аналогии) – эки буюмдагы кандайдыр бир белгилер боюнча окшоштукту алардагы башка окшоштук белгилердин негизинде аныктаган далил. Окшоштук б-ча далилдин схемасы төмөнкүдөй: изилденип жаткан буюмдун, балким, дагы бир Х белгиси болушу мүмкүн, анткени, анын башка белгилери Х белгиси да бар башка буюмдун калган башка белгилерине окшош. Бирок, окшоштук б-ча далилдөө жүргүзүп жатканда андан алынган корутунду болжолдуу гана билим экендигин эстетүү керек. Окшоштук буюмдагы али ачыла элек белгилерди боолголоого гана багыттайт. Бирок, ошол боолголоо окшоштук толук дал келгенде белгилүү бир далилдөөчү күчкө ээ болот.

**ОКШОШТУРУУ АБСТРАКЦИЯСЫ** (Абстракция отождествления) – математиканын ж-а логиканын негизги эки окшош объектини бир эле объектти катары айтканга мүмкүн болгон негизги абстракттарынын бири; абстрактуу түшүнүктү түзүүдө нерселердин окшоштугун бириктирүү м-н барабардыкка болгон байланышын бардык мындай нерселердин өзгөчөлүктөрүнөн ажыратуу жолу м-н келип чыккан түшүнүк.

**ОҢ ЛОГИКА** – ойлоо процессинде төгүндөө м-н байланышпаган логика. О. л-нын туура ойлоруна ылайык келген логикалык мыйзамдар тийиштүү логикалык эсептөөлөрдө сүрөттөлөт. Алардын импликативдик эсептөөсү эки аксиомалык схема м-н берилет: 1. А□ (В □А), 2. [ А □□ В □ С)] □( А □ В) Й( А □-С) ]. О. л нын баардык мыйзамдары интуициялык ж-а классикалык логика аркылуу далилденгендиктен, алардын «жеке системасы» катары эсептелет.

**ОРГАНОН** (гр. organon – курал, каражат) – византиялык окумуштуулар тарабынан аталган Аристотелдин логикалык чыгармасы. Византиялык окумуштуулар аталган чыгарманы чындыкты таанып билүүнүн негизги «каражаты», «куралы» катары карашкан. Ф. Бэкон тарабынан жазылган «Жаңы органон» («Novum organon») (1620) деген чыгармада автор өзүнүн индуктивдүү логикасын Аристотелдин дедуктивдүү логикасына карама-каршы койгон.

**ОРОЗАЛИЕВ** Эрик Садыкович – (1950-ж. т., Чүй обл., Ысыката р-ну, Кең-Булуң айылы) – философия илимд. доктору (1998), профессор. Кыргыз ССР ИАнын илимий кызматкери. К. И. Скрябин атн. айыл чарба ин-да доцент, профессордун милдетин аткаруучу. Социалдык психология ж-а социалдык иштер тармагы б-ча адис. 50дөн ашык илимий иштердин, анын ичинен 2 монография, 5 окуу китебинин автору. Анын жетекчилиги м-н 3 кандидаттык диссертация корголду. Нег. чыг: "Общее и регионально-национальное в коллективе". Бишкек, "Илим", 1992; "Социальная работе в Кыргызстане". (в соавторстве). Бишкек АСУ КР, 2000 ж. б.

**ӨЗ АРА АРАКЕТ** (Взаимодействие) – адамдардын аң сезиминде объективдүү чындыктын предметтери м-н кубулуштарынын, ошондой эле ошол предметтер м-н кубулуштарды чагылдырган ой пикирдин жалпы,

текши байланышын туюнткан философиялык түшүнүк. Ө. а. а. – түз же кыйыр, ички же сырткы байланышынын, мамилесинин бир түрүн билдирет. Дайыма кыймыл аракетте болгон материяны караганыбызда – деп белгилейт Ф. Энгельс, өзүнүн «жаратылыштын диалектикасы» аттуу эмгегинде, биринчиден болуп Ө. а. а-ти байкайбыз. (К. Маркс, Ф. Энгельс. соч. т. 20. 546-бет.). Ө. а. а. объективдүү ж-а универсалдык мүнөзгө ээ болуп себеп м-н натыйжанын ортосундагы мамилени аныктайт. Ө. а. а-тин негизинде пайда болгон карама-каршылык объектилердин пайда болушунун, өнүгүшүнүн эң терең булагы, эң негизги ж-н акыркы себепкери болуп саналат.

**ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШ** (Взаимосвязь) – дүйнөдөгү ар бир предмет, ар бир көрүнүш башка предметтер ж-а кубулуштар м-н байланыштары, өтмө катар чырмалышкан, бири-бирине көз карандылыгын, алардын шарттарын туюндурган объективдүү дүйнөнүн жалпы мыйзамченемдүүлүгү. Ө. а. б. түшүнүгү илимдин эң маанилүү түшүнүктөрүнөн, анткени алардын таанып-билүүсү эң оболу туруктуу ж-а зарыл иликтөөдөн башталат.

**ӨЗГӨЧӨ АДАМ** (Сверхчеловек) – Европадагы салттуу идеалисттик түшүнүк; рухий ж-а дене кубаты жагынан кишинин табигый мүмкүнчүлүгүнөн ашып түшкөн, адаттан тышкары өзгөчө сапатка ээ адам. Ө. а. байыркы уламыштарда, мифтерде кудуреттүү күчкө ээ «баатыр», «жарым кудай» (кудай сымал) түрүндө кездешет. Мис., эллиндик ж-а римдик башкаруучулар, стоицизм окуусундагы бардык тарабынан шай келген, кемчилиги жок акылмандар ж-дөгү доктринаны, ж. б. эскерсек болот. Ө. а. идеясы өзгөчө христиан дини м-н жакындан байланышат. Ортодоксалдык христиан дининде Ө. а. бул – барыдан мурда – Иисус Христос Кайра жаралуу доорунун идеологиясында Ө. а. түшүнүгү үч багытты билдирет: Ө. а. – бул «Теңир сындуу» ж-а кудуреттүү сүрөткер (художник); Ө. а. сыйкырчы өңдүү табият сырларына бийлик кылат (Фауст өңдүүлөр); Ө. а. – бул чексиз бийликке ээ болуу, догмаларга ж-а акыл-эс моралына баш ийбеген мыйзам боюнча адамдарды башкаруу, көз жазгыруу (Макиавелли «Өкүмдар» өңдүүлөр). Немец классиктеринде Ө. а. – бул – «генийлер»; Ницшеде авангардизмдин өкүлдөрү, ренессанста илимий-фантастикалык каарман («Супермен»), ж. б.

**ӨЗГӨЧӨЛҮКТҮҮ (ОСОБЕННОЕ)** – *жалпы* ж-а *жеке* категорияларына ылайык келген философиялык категория. Диалектикалык логикада жалпы ж-а жеке бирдиктүүлүктүн карама-каршы аныктамаларга ажыроосунун бир формасы катары каралат. Аларды таанып билүүнүн зарыл шарты болуп бул карама-каршылыктардын биримдигин изилдөө эсептелет. Ө.категориясында жалпылык м-н жекеликтин биримдигинин моменти чагылдырылат. Көп учурда Ө. жалпылык м-н жекечеликтин ортосундагы өтмө звено катары каралат. Мында жалпылык өз көлөмү боюнча Ө-дөн кеңири, ал эми Ө. өз кезегинде жекечеликтен кеңири болуп саналат. Кандайдыр бир деңгээлде сандык (көлөмдүк) даражасындагы мындай жобо тектин, түрдүн ж-а индивиддин формалдуу логикалык мамилелерин кайталайт. Мунун натыйжасында Ө. салыштырмалуу өз алдынчалуулукка ээ категория эмес, «тигил же бул деңгээлдеги жалпылык» катары каралат.

**ӨЗДҮК АҢ-СЕЗИМ** (Самосознание) – адамдын өзүн-өзү баалашы, өзүнүн билим деңгээлин, акыл дараметин, жүрүм турумун, кылык-жоругун, мүмкүнчүлүгүн, кызыкчылыгын ж. б. аңдай билиши. Өздүк аң-сезим адамга гана эмес, коомго, социалдык топторго да тиешелүү болот. Адамдын ар-кандай иш-аракети коомдук тажрыйбага таянат. Эмгектенүү учурунда адам өзүн аңдап билет. Аң-сезимдин калыптанышына тилдин тийгизген таасири зор. Ө. а. с. аң-сезимдин туундусу катары пайда болсо да, адамзат жогорку деңгээлде өнүккөндө гана ачык-айкын көрүнөт. Ал адегенде уруулук топко, жамаатка таандык мүнөздө болуп, бара-бара жеке адамдын аң-сезиминин калыптанышына таасир этет. Ө. а. с. жеке адамдын аң сезиминин текши өнүгүшүнө социалдык, маданий, моралдык ж-а материалдык шарт жеткиликтүү түзүлгөн коомдо жогору детгээлге көтөрүлөт.

**ӨЗДҮК КЫЙМЫЛ** (Самодвижение), Ө з к ы й м ы л ы, и ч к и к ы й м ы л, т у б а с а к ы й м ы л ички карама-каршылыктардын күрөшүнөн келип чыккан табияттагы ж-а коомдогу кыймылды билдирүүчү философиялык категория. Табияттагы, коомдогу бардык кубулуштардын өзгөрүүлөрүнүн негизги себеби кандайдыр бир сырттан болгон күчтүн таасирине байланыштуу болот деген түшүнүккө карама-каршы келген көз караш. Байыркы материалисттер кыймылды жаратылыштын өзүнө таандык касиет катары карап, алардын дайыма биригип ж-а ажырап тура тургандыгын түшүндүрүүгө аракеттенишкен. Философиянын тарыхында дүйнөнүн пайда болушу ж-а дүйнөлүк процесстердин өнүгүшүнүн башкы себеби түшүнүксүз болгон учурлар арбын кездешкен. Ички кыймыл ж-а өздүк өнүгүү диалектикалык материализмде ажырагыс түшүнүктөр, ал коомдук ж-а табигый өнүгүштүн бүткүл тармактарында кездешкен көрүнүш. Ички карама-каршылык күрөшүнүн натыйжасында коомдогу кыймыл-аракеттин өзгөрүшүн туюндуруучу философиялык түшүнүк. Диалектикалык материализм коомдогу ж-а табияттагы ички карама-каршылыктардын күрөшү Ө. к. негизин түзөрүн аныктады. Ө. к. тышкы себептердин кыймылдын өзгөрүшүнө тийгизген таасирин танбайт, алардын жардамчы милдетин гана көрсөтөт. Өнүгүүнүн булагы методика ж-а механикалык материализмде

тышкы себептер болот. Кыймылдын башатын Р. Декарт м-н И. Ньютон кудайга такашса, Г. Гегель өздүк кыймылга идеалисттик түшүндүрмө берген. Табият таануу илимдеринин өнүгүшү диалектикалык материализмдин Ө. к. тууралуу жобосун ырастады (биологияда ассимилиция ж-а диссимилиция, физикада радио-активдүү бөлүнүү ж. б.). Тигил же бул системанын Ө. к. анын уюмдашуу детгээлине жараша болот, система канчалык жогору деңгээлде уюмдашса, өз алдынчалык ошончолук өнүгөт.

**ӨЗҮН ӨЗҮ БАЙКОО** (Самонаблюдение) – психикалык ал-абал; иш аракеттин (аң сезим, ой жүгүртүү) аны өз башынан өткөргөн адам тарабынан байкоого алынышы, иликтениши. Бул ыкма 19- ж-а 20-к-дын башында адамдардын психикасына байкоо, изилдөө жүргүзүүдөгү негизги ыкмалардын бири болсо да, кийинчерээк объективдүү ыкмасынын пайда болушу м-н Ө. ө. б. ыкмасы психологиялык изилдөө ишинде экинчи катардагы кызмат аткаруу м-н, анын, натыйжалары объективдүү ыкмага кошумча гана кызмат кыла алат. Ө. ө. б-ну психологиялык изилдөө ишиндеги өз алдынча ыкма катары кароого болбойт, ал изилдөөчүгө болгону «чийки» нерсени берет, бирок ички психологиялык көрүнүштөрдү жалпылоо м-н, адам өзүнүн жүрүм турумун жөнгө салат, жаңылайт. Өз жүрүм-турумуна, ой сезимине байкоо жүргүзүү. Психологиядагы айрым идеалисттик көз караш боюнча Ө. ө. б. «ички тажрыйба», «көрөгөчтүк» аркылуу ишке ашат да, психиканы билүүгө мүмкүндүк берет. Ал түгүл, психологияны башка илимдерден айырмалап турган негизги ыкма ушул гана деген жаңылыш түшүнүк бар. Ө. ө. б. материалдык психологияда мындай байкоо илимий психологиянын негизги ыкмасы, өзгөчө «көрөгөчтүк» катары эмес, кадыресе эле аңдап билүүнүн бир ыкмасы катары каралат.

**ӨЗҮН-ӨЗҮ УЮШТУРУУ** (Самоорганизация) натыйжасында үзгүлтүксүз татаал кыймылдагы өнүгүүнүн уюмдашуусу пайда болгон, калыбына келген ж-а өркүндөтүлгөн процесс. Ө. ө. у. процесси өз ара бекем эмес, ыктымалдуу (мүмкүн болгон) тартипте байланышкан жогорку деңгээлдеги татаал түзүлүшкө ж-а көп сандаган элементтерге ээ системада гана болушу мүмкүн. Ө. ө. у. касиети жаратылышта арбын кездешет. Алсак, тирүү клеткалар, биологиялык көбөйүү (таралуу), организм, биогеоценоз, адамдар жамааты, ж. б. Ө. ө. у. процесси болгон нерселердин кайра жаралышы ж-а алардын ортосунда жаңы байланыштардын уюшулушу аркылуу жүрөт. Ө. ө. у. процессине мүнөздүү өзгөчөлүк, бул – алардын максатка багытталгандыгы, ошону м-н катар эле анын табигый ыгы, ички себептерге баш ийгендиги: бул көрүнүштөр айлана-чөйрө м-н байланышта болгон м-н, белгилүү даражада ага көз каранды эмес, өз алдынчалыкка ээ. Ө. ө. у-нун 3 түрү бар: Биринчиси – уюмдашуунун жаралышы (Мис., бир клеткадан жаралган көп клеткалуу организмдин генезиси); экинчиси – анын жашоосунун ички ж-а сырткы шарттарынын өзгөрүү учурунда уюмдашуунун белгилүү бир деңгээлин камсыз кылуучу системага ээ болушу, үчүнчүсү – өткөн тажрыйбаны топтоо ж-а пайдаланууну өркүндөтүп, өстүрүү. Ө. ө. у. маселесин изилдөө алгач кибернетикадан башталган.

**ӨЛҮМ** – организмдеги тиричиликтин токтолушу. Ал жашоонун негизин түзгөн белоктордун ажыроосуна байланышат. Кайсы гана организм болбосун, ал өзүнүн жашоосун Ө. м-н аяктайт. Өзүн жараткан себептерге байланыштуу өлүм табигый (физиолог) ж-а мезгилсиз (патологиялык) бөлүп бөлүнөт. Табигый Ө. организмдин картайышынан, ал эми мезгилсиз Ө. ар түрдүү оорулардан, түрдүү кырсыктардан, же өзүн-өзү Ө-гө кыюудан болот. Адам м-н жаныбарлардын Ө-ү дем алуу ж-а кан айлануу процессинин токтолушу м-н байланышкан. Ошондой эле Ө-дүн клиникалык ж-а биологиялык түрлөрү бар. Клиникалык Ө-дө жашоону калыбына келтирүүгө болот, ал эми биологиялык Ө-дө клетка ж-а ткандар кайра калыбына келбейт.

**ПАРАДОКС** (гр. paradoxos – күтүлбөгөн, таң каларлык) – 1) жалпы кабыл алынган пикирге, ойго дал келбеген, алардан айырмаланган, ал гана тургай карама-каршы келген пикир; 2) күнүмдүк, көндүм элестөөлөргө туура келбеген күтүлбөгөн кубулуш; 3) ой жүгүр-түүнүн логикалык тууралыгынын сакталышын көрсөткөн формалдык логикада ж-а көптүктөрдүн мазмундуу теориясында келип чыккан формалдуу-логикалык карама-каршылык. Байыркы философияда «П.» термини жаңы, оригиналдуу пикирди мүнөздөө үчүн келип чыккан. Дегинкиси антикалык логикада көп маанилүүлүгү анын тууралыгын же туура эместигин билдирген бүтүм-жыйынтыктарды П. катары кабыл алышкан. Сүйлөөнүн оригиналдуулугун билүү анын чын же жалган экендигин аныктоого караганда жеңил болот, ошондуктан кээде П. туюнтуучу пикирлердин өзгөчөлүгүн билдирүүчү күбө катарында кабыл алынат. «П.» түшүнүгү парасалдуу абал ирээтинде Кьеркегордун философиясында мааниге ээ болгон. Анын пикири боюнча диний мамилелер П-алдуу маңызга ээ болушат, б. а. кудай адамдардын чектелген көрүнүштөрү аркылуу ачылат, же кудайдын «түздөн-түздүүлүгү» жашоонун «түздөн-түз эместиги» м-н көрүнөт. Илимде чындык «норма» катары эсептелсе, бардык чындыктан четтөөнү, жалгандыкты, карама-каршылыкты П.деп кароого болот.

Ошондуктан логикада П. «антиномия», «карама-каршылык» терминдеринин синоними катары каралат. Илимий теорияны тактоодо П-тун ролу чоң, себеби жаңы эксперименттик фактылар мурда туура, так деп эсептелген принциптерге карама-каршы келиши мүмкүн. Мындай тактоолор – жалпы эле илимий өнүгүү процессинин ажырагыс бөлүгү.

**ПИКИР ЖАНА БИЛИМ** байыркы гректердин таануу теориясынын категориялары болуп, айрыкча элей мектеби м-н платонизмде көп колдонулган. П. антика философиясында такталбаган, субъективдүү, аныкталган акыйкат билимден айырмалуу билимди түшүндүргөн. Элеаттар рационалдуу таанууга негизделген чындыкты чектейт, ж-а П. нерселердин көрүнүшү м-н гана тааныштыруучу сезим-туюмдук кабыл алууга негизделген деп эсептешкен. Атомисттер атомдор ж-а боштуктар гана болот, П. сезип-туйган кубулуштардын адамга келген «образдардын» эле натыйжасы дешет. Софисттер П. м-н Б-дин ортосунда чекти жоготуп, кимге кандай сезилсе, ал ошондой деп ашынган субъективизм м-н релятивизмге жол беришкен. Платон П-ди предмети рухий маңыз болгон Б-ден айырмаланып, болжоп табуу м-н ишенимге бөлүнгөн сезим туюмдук нерселерге бөлөт. Аристотелде пикир таанымдын эмпирикалык методу, кокустук ж-а жекеге гана таандык болгондуктан, предметтик мазмуну жалганга айланганга чейин барат. Аристотель пикирди предмети зарыл ж-а бүткүл жалпы болгон илимий билимден айырмалайт. Күндөлүк түшүнүктө пикир тигил же бул маселе боюча айрым адамдын, топтун ж-а кеңирирээк чөйрөнүн көз карашы. Б. дүйнөнү таанып билүү процессинин коомдук-тарыхый тажрыйбада текшерилген ж-а логика күбөлөгөн натыйжасынын адамдын аң-сезиминде элестөө, түшүнүк, корутунду, теория түрүндө адекваттуу чагылышы. Б. адамдардын коомдук материалдык ж-а руханий ишмердигинин жемиши; дүйнөнүн, жаратылыш м-н адамдын объективдүү касиеттеринин ж-а байланыштарынын идеалдуу белги түрүндө туюндурулушу. Билим салыштырма ж-а абсолюттук чындыктын диалектикасын чагылдыруу м-н ар түрдүү аныктыкта, көп деңгээлдүү, татаал мүнөзгө ээ болуп, маданиятынын тарыхынын ж-а жеке инсандын индивидуалдуу өнүгүү процессинде өсөт. Б. илимге чейинки, турмуштук ж-а илимий болушу мүмкүн. Илимий Б. өз кезинде эмпирикалык ж-а теориялык болуп бөлүнөт. Коомдо дүйнөнү өздөш-түрүүнүн өзгөчө жолу иретиндеги мифологиялык, көркөм ж-а диндик ж. б. Б. бар.

**ПЛЮРАЛИЗМ** (лат. pluralis – көптүк) бир нече же көп негиздерди болжойт. Анын негизинде болмуштун көп башаттары м-н байланыштары жатат. Дүйнөнүн жер, суу, аба, металл ж-а дарак сыяктуу беш башталыштан тураарын белгилеген у син (кытайча у – беш ж-а син – башталыш) деп аталган Байыркы Кытайдагы философиялык багыт буга айкын мисал боло алат.

**ПОТЕНЦИАЛДУУ ЖҮЗӨГӨ АШЫРЫЛГАНДЫКТЫН АБСТРАКЦИЯСЫ** – биздин жашообуздун мезгил ж-а мейкиндикте чектелгендиги м-н шартталып, конструктивдик мүмкүнчүлүгүбүздүн реалдуу чектеринен алыстоодон турган математика ж-а логикадагы негизги абстракциялардын бири. П. ж. а. а. – потенциалдык чексиздик идеясынын негизин түзгөн логика-математикалык теориялардын негизги абстракцияларынын бири. Ал конструктивдүү процесстерди аралыктарга, убакыттарга, уюмдарга, энергетикага жайылтуудан келип чыккан кыйынчылыктардан обочо турат.

**ПРАКРИТИ** (санскриптчеден жаратылыш) – жаратылыштын материалдуу негизи. Ал дайыма өзгөрүлүп, кыймылдап ж-а өнүгүп турат. Көпчүлүк учурда П. «бүгүн көргөн эртең жок» оомалуу-төкмөлүү жалган дүйнө катары элестетилет. Анткени материалдуу дүйнөдө түбөлүктүү эч нерсе жок. Ошол себептен П. дүйнөлүк аң-сезим, дүйнөлүк рух болуп саналган, о. эле эч качан өзгөрбөй турган *Пурушага* карама-каршы түшүнүк болуп саналат. *Пракрити* м-н *пуруша* бири-бирине карама-каршы коюлган принциптер, бирок, экөө бириккенде гана дүйнөнүн эволюциясы болуп турат.

**ПРЕДИКАТ** (лат. praedicatum – баяндооч) – традициялуу логикада ой толгоонун (суждение) эки терминин бири. П. сөздүн предметин (субъектти) чагылдырат. 19-к-дын аягына чейин логика илиминде ой жүгүртүүнүн субъектиси эреже катары грамматикалык ээ (подлежащее) м-н тең маанилештирилсе, П. сын атооч формасындагы грамматикалык баяндооч катары колдонулган. Ошентип, баяндоочтун формасы (П-ивдүү байланыш) атрибуттук байланыш м-н чектелген, б. а. предметке (субъектке) мүнөздүү кандайдыр бир белгини чагылдырган. *Математикалык логиканын* өнүгүшү мындай көз карашты кайра карап чыгууга мажбур кылган. Жаңы көз караш логикалык (же пропозиционалдуу) функция деп аталган өзгөчө түрдөгү функциянын негизинде П. түшүнүгүн жалпылоо м-н мүнөздөлөт. Мындай функциялардын маанисин айтылган сөздөр (же алардын чыныгы маанилери – «акыйкат» ж-а «жалгандык») түзөт. Мис., «Сократ адам болуп эсептелет» деп айтылган сөзгө традициалуу түшүнүмдө «S нерсеси P нерсеси болуп эсептелет» деген схемага дал келген. Эгерде S нерсеси м-н P нерсесин ар кандай маанилерге ээ (S – “жеке нерселердин” чөйрөсү, ал эми P – “түшүнүктөрдүн” чөйрөсү) өзгөрмө чоңдук катары каралса, анда, айталык “адам” түшүнүгүнүн ордуна P өзгөрмө чоңдугун колдонуп, “S адам болуп эсептелет” же “...адам болуп эсептелет” (мында чекиттер S тамгасынын ордуна колдонулду) деген сөз айтылышын алабыз. Б. а. сөз айтылышынын ордуна S, P, чекиттер өңдүү өзгөрмө чоңдуктарды коюу аркылуу биз аргументтүү функцияны алабыз.

Айтсак, “... нерсеси... нерсесине караганда чоң” деген сөз айтылышы эки өзгөрмө чоңдуктун ортосундагы, ал эми “... нерсеси ... нерсеси менен ... нерсесинин ортосунда жайгашкан” деген сөз айтылышы үч өзгөрмө чоңдуктун функциясын аткарат. Математикалык логикада функциянын маанисин сөз айтымдары (же алардын “акыйкаттык” ж-а “жалгандык” сыяктуу чыныгы маанилери) түзсө, анда аларды П. деп аташат. Ошентип, ой толгоонун логикалык структурасын болгон азыркы көз каращда П. м-н субъекттин традициалуу түшүнүктөрү функция ж-а анын аргументтери өңдүү математикалык так түшүнүктөр м-н алмаштырылат. Ушуга ылайык П. элементтери аргументтик же өзгөрмөлүү чоңдуктун кызматын аткарган көптүктөр (нерселердин чөйрөлөрү) м-н аныкталат. П-тын жаңыча аныктамасы силлогисттик ж-а силлогисттик эмес ой корутундуларын бириктирип, логикалык ой толгоого зарыл болгон жалпылыкты берет. Ал эми П-ты жазуунун функционалдуу формасы каалагандай илимий теориядагы сөз айтымдарын формализациалоого кеңири мүмкүндүктөрдү берет.

**ПРЕДИКАТТЫН КВАНТИФИКАЦИЯСЫ** – салттуу (аристотелдик) классикалык логикада «баары» ж-а «айрымдары» деген сөздөрдүн жардамы аркасында ойломдун предикатынын көлөмүн тактаган операция. Бул операция «болуп эсептелет» байламтасын ойломдо талданып жаткан субъект м-н предикаттын көлөмдөрүнүн ортосундагы тең маанилештик мамилесин чагылдырган сөз катары чечмелейт. Предикаттын квантификациясы ырастоочу ойломдорго карата гана колдонулат. Предикаттын квантификациясынын идеялары Пор-Роялдын логикасында, Лейбництин «Funda-menta Calculi Racionatoris” деген эмгегинде ж-а 18-к-дагы немец логики Плукенин чыгармаларында кездешет. Логикалык анализдин баштапкы ж-а негизги пункту катары предикаттын квантификациясы Ламберт, андан соң ж-а ага көз каранды болбой туруп англиялык ботаник Дж. Бентам ж-а Гамильтон тарабынан ойломдун Субъектисин гана квантификациялаган Аристотелдин силлогистикасын жалпылоо максатында колдонулган. Предикатты квантификациялоонун натыйжасында жалпы ырастоочу ойломдор төмөнкүдөй эки түргө бөлүнөт: 1) «Баардык X тер маңызы боюнча Y болуп саналат» ж-а «Баардык Xтердин маңызы айрым Y терге гана туура келет»; жеке ырастоочу ойломдордун да эки формасы бар: 1) «Айрым X тердин маңызы баардык Y терге туура келет» ж-а 2) «Айрым X тердин маңызы айрым Y терге туура келет». Ушуга ылайык категориялык силлогизмдин туура модустарынын саны өсөт. Мис., Barbara модусу төмөнкүдөй 4 формага ээ:

X тердин баарынын маңызы баардык Y терге туура келет
Z тердин баарынын маңызы баардык Y терге туура келет
___________________________________
Z тердин баарынын маңызы баардык Y терге туура келет
X тердин баарынын маңызы айрым Y терге туура келет
Z тердин баарынын маңызы айрым Y терге туура келет
___________________________________
Z тердин баарынын маңызы айрым Y терге туура келет
X тердин баарынын маңызы баардык Y терге туура келет
Z тердин баарынын маңызы айрым Y терге туура келет
___________________________________
Z тердин баарынын маңызы айрым Y терге туура келет
X тердин баарынын маңызы айрым Y терге туура келет
Z тердин баарынын маңызы баардык Y терге туура келет
___________________________________
Z тердин баарынын маңызы айрым Y терге туура келет

Ойломдордун квантификацияланган формаларына карата Аристотелдин силлогистикасын колдонууда мис., ойломдордун өзгөрүү эрежелери бир кыйла жөнөкөйлөшөт: квантификацияланган ойломдордун баардыгы чексиз түрдө өзгөрө берүүгө жол берет. Предикаттардын квантификациясын илимге киргизген окумуштуулар ойломдорду барабардыктарга окшоштуруп чечмелөө аркылуу элементардык алгебрадагы ыкмаларды элестеткен эрежелер б-ча логикалык операцияларды жүргүзүүнү көздөшкөн.

**ПРОВИДЕНЦИАЛИЗМ** (лат. providentia – алдын ала аныктоо, жазмыш) – бул христианчылыктагы тарыхтын философиясы. Диний окууда тарыхый процесстер адамдын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы эмес, адамдын жанын күнөөдөн куткаруу үчүн Кудай тарабынан алдын ала аныкталып коюлган план катары каралат. Христиандык окуудагы тарых концепциясынын негизинде адамдын Кудай м-н туруктуу ж-а зарыл түрдөгү байланышы тууралуу түшүнүктөр жатат. Адам Кудай тарабынан жаратылган, Иисус Христос тарабынан куткарылган ж-а кереметтүү тагдырга буюрулган жандык катары каралат. Натыйжада тарых процесстери адам м-н Кудайдын ортосундагы күнөөдөн куткаруучу, күнөөнү кечүүчү, сыноочу ж-а

жазалоочу мүнөзүндөгү мамилелерди чагылдырат. Мындай түшүндүрмөлөрдүн чегинде тарых процесстери төмөнкүдөй эки ченемге ээ болот: 1) **горизонталдык ченем** тарыхый процессти адамдардын ишмердүүлүгү, алардын бийлик, турмуш-тиричиликти жакшыртуу ж. б. үчүн болгон күрөшү сыяктуу ички өнүгүүнүн көз карашында мүнөздөйт; 2) **вертикалдык ченем** тарыхый процесстерге Кудайдын тийгизген таасирин, анын тархый өнүгүүнүн жүрүшүнө кийлигишүүсүн чагылдырат. Дүйнөгө карата христиандык көз караш өз мүнөзү боюнча провиденциалдуу. Ага ылайык дүйнө өз алдынча эмес, Кудайдын буйругу, жазмышы боюнча өнүгөт. Кудайдын жазмышы бүткүл дүйнөгө үстөмдүк кылуу м-н табигый ж-а коомдук процесстерге маани-маңыз ыйгарып, аларды кандайдыр бир максатка умтултат. Христиандык провиденциализм боюнча Кудайдын жазмышы адамдардын тагдырын да алдын ала аныктап, баардык окуялар м-н фактыларга өз үстөмдүгүн орнотот. Адамдар пешенесине (маңдайга) жазылган тагдыр м-н макул болуп, өз күнөөсүнөн арылуу м-н Кудайдын ырайымсыз жазаларын алдын ала алышат. Провиденциализмдин чегинде **түбөлүктүүлүк** м-н **убакыт** маселелери да чечилет. Убакыт материалдуу дүйнө м-н бирдикте жаратылган ж-а табигый дүйнөнүн чегинде гана жашайт. Кудай дүйнө м-н убакыттан сырткары жашагандыктан, түбөлүктүү. Кудайда эч кандай «мурда», «кийин» деген жок. Кудай – бул түбөлүктүү учур чак, анда бүткүл убакыттар м-н мезгилдер камтылган (Августин).

**ПРОГНОЗДОО МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ** – болгон жагдай ж-дөгү маалымат м-н өткөн тажрыйбанын структурасына таянып келечектеги мүмкүндүктү алдын ала билүү ж-а айтуу. Өткөндүн тажрыйбасы м-н жагдай жакынкы келечек ж-дө бир эмес, бир нече гипотезаны түзүүгө негиз болуп, ар бир гипотезага мүмкүнчүлүктүн жүзөгө ашырылышы ыйгарылат. П. м-нө ылайык ар бир индивиддин тийиштүү иш аракетке даярданууга же аны жүргүзүүгө негиз түзөт.

**РУХ** (дух) (гр. pneuma; лат. spiritus; сөзмө сөз: таза аба, керимсел, дем алуу) – 1) материалдык, жаратылыштык башталмадан айырмаланган заттык эмес башталманы туюндурган философиялык түшүнүк; 2) адамдын эң жогорку жөндөмдүүлүгү; ал адамды ой жүгүртүүгө, өзүн өзү аңдай билүүгө, айлана-чөйрөнү өзүнүн муктаждыктарына ылайык өздөштүрө алуусуна өбөлгө түзүүчү булак; андай жөндөмдүүлүк жеке ж-а коомдук турмуштун табигый негизин адеп – ахлактык, маданий ж-а диний нарктар м-н толуктоого да мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Индия философиясында Р. түшүнүгү брахмандын эң жогорку реалдуулуктун, объективдүү жекеликсиз Р. башталмасынын атман м-н болгон карым-катнашы аркылуу ачылат. Байыркы Грецияда Р. түшүнүгү алгач материянын айрым белгилери бар назик субстрат катары түшүндүрүлгөн. Платон м-н Аристотелде акыл (нус) космосту биринчи кыймылга келтирүүчү ж-а форма жаратуучу башталма болуп эсептелет. Орто кылымдын философиясында библиялык христиан салты Р-ту барыдан мурда жекече абсолют ж-а жок нерседен дүйнө м-н адамды жараткан Кудайдын жекече эрки деп элестешет. Жаңы мезгилдин философиясында Р-ту барыдан мурда акыл-эс, ой жүгүртүү (Декарт, Спиноза, француз материалисттери) катары рационалисттик түшүнүү өз өнүгүшүнө ээ болот. Гегель өнүккөн логикалык категориялардын системасын түзөт деп эсептелген дүйнөлүк рухтун философиясын түзгөн. 19-к-да Р. түшүнүгү позитивизм, марксизм, волюнтаризм сыяктуу багыттардын сынынын бутасына айланат. Соцку философияда Р. түшүнүгү анча кеңири белгилүү эмес.

**РЕАЛДУУ АБСТРАКЦИЯ** – адамдын тиричилигинен келип чыккан белгилүү түрдөгү тажрыйбаны жалпылаштырган схеманын натыйжасы. Мис., ар түрлүү ченемдин системалары, акча, тилдин түзүлүштөрү, укук нормасы. Реалдуу абстракциялар тиричиликтин улам татаалдаштырылган түрлөрүнөн, тарыхый процессте адам тарабынан иштелип чыккан. Алар ар кандай социалдык топтордун ортосунда, этникалык, экономикалык, маданий байланыштардын кеңейишинен пайда болот. Р. а-да адам м-н болгон байланыш, анын жөндөмү, күчү, сапаттары м-н болгон байланыштар жоголот да алар адамдын үстүнөн караган схемалар, социалдык түзүлүштүн механизми болуп калат. Философияда Р. а. логикалык планда изилденген, (Платон, Гегель ж. б.). Акыркы эки кылымда адамдын жашоосунда реалдуу абстракцияларга кызыгуу күчөп жатат. (Дюрхгейм, Юнг).

**РУХИЙ БОШТУК** (духовный вакуум) – маданияттаанууда социалдык ж-а улуттук маданий өнүгүү жолундагы кризисти туюндуруучу бул термин адамдын бул дүйнөдө келечексиз, «үйсүз» калып, керексиз болуп калганын туйган кооптонуу, коркуу сезими м-н коштолот. Жекечилик планда улуттук аң-сезимдин кризиси Р. б. катары саналат.

**РУХИЙ ДЕНЕ ЖАНА ТУРПАТ ДЕНЕСИ** – турмуш тутумундагы карама каршылыктуу эки көрүнүштү туюндуруучу христиан философиясындагы түшүнүктөр: биринчиси тигил ж-а бул дүйнөдөн куткаруу,

тирилтүү доктринасы м-н түшүндүрүлсө, экинчиси адамдын өлүмү аны м-н кошо туулган күнөөсүнө байланыштуу экендиги ж-дөгү окуу м-н чечмеленет. Бул түшүнүктөр апостол Павел жети чиркөөгө жиберген жарнаамаларында биринчи даражадагы милдет аткарат ж-а бардык христиандык антропологияда, анын ичинде азыркысында да кеңири колдонулат.

**РУХИЙ ӨНДҮРҮШ** (духовное производство) – рухий байлыктар өндүрүүгө (сактоого, жайылтууга ж-а пайдаланууга) багытталган рухий – тажрыйбалык ж-а теориялык ишмердикти туюндуруучу түшүнүк. Эгерде материалдык өндүрүштүн натыйжасы – материалдык байлыктар, мүлктөр болсо, Р. ө-түкү – рухий байлыктар, идеялардын дүйнөсү. Эгерде материалдык өндүрүш тикелей пайда тийгизчү, колдонмо баалуулуктарды жаратууга багытталса, Р. Ө. – билим дүйнөсүн өндүрүүгө багытталат. Р. ө-түн куралы болуп, тигил же бул ой жүгүртүү формалары кызмат аткарат да, аларга жардамчы иретинде тийиштүү материалдык каражаттар да пайдаланылат.

**РУХИЙЛИК (**Духовность**) –** 1) материалдуу эместик, денесиз ички кубулуш; 2) илхамдуулук; чыгармачылык шыкка бөлөнгөндүк, рухий жаратуучулук; 3) адамдын руханий жөндөмдүүлүгүнүн гармониялуу өнүгүш процесси. Диний философиялык мааниде Р; а) рухтун абалы; рухтан гана куралган нерсе; б) руханий мекемелерге гана тийиштүүлөр (диний уюмдар, дин окуу жайлары); в) кудай рухунун адамда катышы; жандын кандайдыр бир «тышкы рух» м-н болгон түздөн түз байланышы (рухка берилүүчүлүк, жандын кудай рухунун образы (эйдос, күзгү) боло алчу негизги касиети). Диний эмес, материалистик түшүнүктө Р. көпчүлүк учурда адамдардын маданияттын бийик үлгүлөрүнө ж-а чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүгө умтулууларын түшүндүрөт.

**СААДАНБЕКОВ** Жумагул (1940-ж. т., Ысыккөл обл., Аксуу р-ну, Шапак айылы) – мамл. ж-а партиялык ишмер. Философия илимд. доктору. Каракол мамл. пед. ин-тунун физика-математика факультетин бүткөн (1961). 1964-ж. Барскон орто мектебинде окуу-тарбия иштери б-ча директордун орун басары. 1967–69-ж. Кыргыз КПнын Жети-Өгүз райкомунун агитация ж-а пропаганда бөлүмүндө инструктор. 1969–74-ж. Кыргыз ИАнын Философия ж-а укук таануу ин-тунда кенже, улук ил. кызматкер. 1974-жылдан Кыргызстан КПнын Бишкек шааркомунун агитация ж-а пропаганда бөлүмүнүн башчысы, уюштуруу бөлүмүнүн башчысы. Кыргызстан КПнын Бишкек шааркомунун катчысы. 1983–84-ж. Кыргызстан КП БКнын партиялык иштерди уюштуруу бөлүмүнүн инспектору, пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн башчысынын орун басары, бөлүм башчы. 1990–92-ж. кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин билим берүү, маданият, тил ж-а улуттар аралык мамиле, спорт, туризм б-ча туруктуу комисиясына төрага, Кыргыз Респ-нын Президенттик кеңешинин мүчөсү, ошол эле мезгилде Кыргыз Респ-нын президенттик аппаратынын алдындагы мамл. инспекцияда төрага. СССР Жогорку Советинин Союздар Советинин орун басары. 1992-жылдан Ысыккөл облустук мамл. администрациясынын башчысы. Ил. изилдөөлөрү негизинен айыл интеллигенциясынын рухий маселелерине арналган. 1990–95-ж. Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин эл депутаты. “Ардак Белгиси” ордени м-н сыйланган.

**САКРАЛДАШТЫРУУ** (Сакрализация) (лат. ыйык) адамдарды, нерсе (буюм), кубулуштарды «касиеттүү», «ыйык» мазмунга ээ кылуу (диний жактан), саясий ж-а коомдук институттарды, социалдык, илимий ой-пикирлерди, маданият ж-а искусствону, турмуштук мамилелерди диний таасирлерге баш ийдирүү. Дин илиминде С. «кудайга баш ийүү» дегенди туюндурат. С. символу аркылуу касиеттүүлүккө жетүүгө болот, тактап айтканда анын шаан-шөкөттү жөрөлгөлөрү аркылуу турмуш түйшүктөрүн таанып-билүүдөн сырткары калып, кудайчыл, касиеттүү маани-мазмунга ээ болот. Демек, дин илими боюнча, касиеттүү-ыйыктыкты – бул кудайдын амири же анын теориялык жактан кеңейтилиши деп түшүнөбүз. Ал эми Дюркгейм боюнча касиеттүү ойлор (түшүнүктөр) коом, жаратылыштагы адам жашоосунун чыныгы маңызын чагылдырат, бирок жеке, граждандык (өзүмдүк) жашоосуна каршы турат. С. алгачкы общиналык, уруучулук ж-а кул ээлөөчүлүк коомго мүнөздүү. Диний кризис учурунда диний уюмдар ж-а дин жаатындагы окумуштуулар, бир жагынан «касиеттүүлүктү», «ыйыктыкты» жердеги көрүнүштөргө каршы коюуга умтулушса, экинчи жагынан, сакралдык чөйрөдөгү элес, көрүнүштөр м-н социалдык чындыктарды байланыштырууга аракеттенишет.

**САЛИЕВ** Азиз Абдыкасымович (1925-ж. т., Ысыккөл обл., Тоң р-ну, Бөкөмбаев айылы) – философ, психолог, адабий сынчы, коомдук ишмер. Кыргыз Респ-нын ИАнын корр. мүчөсү (1954), философия илимдеринин кандидаты (1951). Улуу Атамекендик согуштун катышуучусу. 1947-ж. КМПИнин (азыркы КМУ) орус тили ж-а адабияты факультетинин 1951-ж. Москвадан СССР ИАнын философия институтунун

аспирантурасын (1951) аяктаган. Кыргызстан КП БК партиялык мектебинин философия кафедрасынын башчысы (1951–53), Кыргызстан жазуучулар союзунун төрагасы (1953–60), Кыргыз Респ-нын ИАнын эстетика ж-а искусство бөлүм башчысы (1960–66), философия ж-а укук ин-тунун директору (1966–75). С. ондогон монографиянын, эстетика, гносеология ж-а психология, адабият боюнча 200дөн ашык илимий макалалардын автору. Эмгектери КМШ, чет өлкөлөргө чейин белгилүү. Кыргыз ССРинин илимине эмгек сиңирген ишмери (1985), «Ардак Белгиси» ж-а I даражадагы Атамекендик согуш ж-а ордендери, медалдар м-н сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советининин (4-шайл.) депутаты (1955–59).

**САМА** – угуп кабылдоо, жат кылуу. Араб-мусулмандарынын китеп маданиятындагы ж-а хадисиндеги ыкманын бир түрү. С-да мухаддис хадистин тексттин угуучуларга оозеки жатка айтат же үн чыгарып окуйт, шакирттери хадисти угат, эске тутат ж-а кайра айтып берет. Эгер тууралыгына көзү жетсе мухаддис аны башкаларга да үйрөтүүгө шакирттерине уруксат берет. Жаңы хадисти үйрөнүүдө бул ыкма кайталанат, шакирттери жазып алып үйрөнсө да болот. Чыгарма С. ыкмасы м-н бөлүк-бөлүктөргө бөлүнүп иштелип чыгат, үйрөнүлөт С. үйрөтүүнүн эң жакшы жолдорунун бири деп эсептелгендиктен, адабияттарда ага шилтеме берүү арбын кездешет.

**САМАДХИ** (санскрипт – бириктирүү, жалгаштыруу) – адамдын магдырап кыялга батышы аркылуу кандайдыр бир нерсеге ойдун топтолушун, андагы өтө жыйнактуу ж-а гармония абалын туюндурууч Индиядагы философиялык түшүнүк. Акыл-эс арууланууу (таза, айкын болуу) үчүн ал терең кыялга батат да, өзүн-өзү «унутуп», ой-пикир м-н камыр-жумур болуп биригип кетет. Буддизмде С. – бошонуунун сегиз жолунун акыркы тийүнү, нирванга жеткирүүчү төрт баскычтан турат: 1) Аң-сезим кайсы бир нерсе (буюм) м-н алектенип, ага ойду топтоо аркылуу каалоо сезиминен бошонууга алып келет да, накта ой жүгүртүү ырахатына жеткирет. 2) Күмөнсүнүүдөн (шексинүүдөн) кутулуу, ырахаттуу сезим, көңүл тынчтыгы – бул топтолгон ой жүгүртүүнүн жыйынтыгы. 3) Ошол жыргалдан кайра кайтуу, таасирин сезбөө, жеткен камырабастык. 4) Ал камырабастыктан да бошонуу, жеткен акылмандуулукка – нирванга алып келүүчү толук бейпилчилик.

**САН** (количество) – объекттин чоңдук, көлөм, ирээт, касиеттеринин өнүгүү деңгээли ж. б. сырткы аныктыгын чагылдырган философиялык түшүнүк. Күнүмдүк тажрыйбада ж-а илимий таанымда өзгөрүүлөрдүн төмөнкүдөй эки түрү белгилүү: 1) материалдуу системалардын маңызын өзгөртпөгөн өзгөрүүлөр; 2) аталган маңызды түп-тамырынан бери өзгөрткөн өзгөрүүлөр. Кадыресе учурларда аталган өзгөрүүлөрдүн ортосундагы айырмачылык дароо эле көзгө уруна бербейт. Биринчи учурда сөз сан, экинчисинде сапат тууралуу болуп жатат. Мисалы, 0°тан 100° ка чейин ысыган суунун суюк абалы сандык өзгөрүү; ал эми температура 0°тан төмөндөгөндө суунун катуу абалга (музга) айланышы, 100°тан жогору температуранын шарттарында суунун газ (буу) абалына өтүшү сапаттык өзгөрүү катары аныкталат. Таанып процессинде сан нерсенин сапаттынын өнүгүү деңгээли катары бааланат.

**САНСАРА** (санскрипт – бир нерсе аркылуу өтүү, кайра төрөлүү, үзгүлтүксүз кайра жаралуу (адамдын же анын жанынын) – Индия философиясынын ж-а дининин, анын ичинде индуизм, буддизм, жайнизмдин негизги концепцияларынын бири. Алгачкы анимисттик ишенимдерге ж-а брахманведага чейинки түшүнүктөргө барып такалат. С. түшүнүгү өзүнө бардык тирүү жандыктардын теги бир ж-а алар өз ара бири-бирине өтүшөт (адам гана эмес, кудай ж-а айбанат түрүндө кайра жаралышы мүмкүн) деген көз карашты камтыйт. Мындагы негизги ой – жоголбоо, өлбөстүк, тактап айтканда «жаралуу» ж-а «жок болуу» нерсенин чыныгы маңызын өзгөртпөйт, болгону сырткы гана көрүнүшүн өзгөртөт. С. түшүнүгү боюнча, өлүм – бул тирүүлүккө карама-каршы эмес, болгону аны улантуу үчүн үзгүлтүксүз бир түрдөн экинчи түргө өтүү гана.

**САПАТ** (качество) – объектти объект кылган ж-а анын ички маңызын чагылдырган философиялык түшүнүк. Аристотелдин «Категориялар» жазган «Топика» деп аталган чыгармаларында келтирилген он предикаменттердин бири. Аристотель сапатты төмөнкүдөй төр мааниде аныктаган: 1) туруктуу же өзгөрүлм1 касеттер; 2) тубаса жөндөмдүүлүктөр же алардын болбошу; 3) өзгөрүүгө дуушарланып жаткан касиеттер же абалдар; 4) сөлөкөт, караан, сырткы түспөл. Фома Аквинат сапатты жашоонун, болуунун же аракеттин модусу ж-а субстанциянын ченеми же түзүлүшү деп атаган. Сапат объекттин жалпы касиеттеринин жыйындысын чагылдырат. Касиет объекттин маңызынын айрым гана көрүнүшү болуп саналат. Мис., сары түс, темир балка м-н согууга элпектик, чоюлчаактык ж. б. алтындын айрым белгилери анын касиетин чагылдырат. Бул касиеттердин жыйындысы анын сапатын түзөт. Демек, сапат нерселердин өтө маанилүү ж-а зарыл касиеттеринин жыйындысы болуп эсептелет.

**САРВАСТИВАДА** (Вайбхашика) – Буддизмдин Хинаяна агымынын эң ири алгачкы философиялык мектептеринин бири (Вайбхашика деп да аталат). С-нын негизин дхарма окуусу түзөт. Бул мектеп башкалардан айырмаланып аң-сезимдин дүйнө таануудагы ордун биринчи орунга коет. Алар айланабыздагы көрүп турган нерселерди биз түшүнгөндө гана жашайт (бар болот), эгер түшүнбөсөк, ал жокко эсе, жашабайт дешкен. С. деген аталыштын себеби: алар нерсени (буюмду) үч мезгил м-н (өткөндөгү, учурдагы ж-а келерки

– sarva. kale, asti) ченейт. Ал ар (дүйнө, нерселер) аң-сезимдин натыйжасы деп эсептешет. С. Сбхавирова (Тхеравада) мектебинен III соборго чейин, тактап айтканда Ашоканын учурунда эле бөлүнүп чыккан. Алгач С-нын борбору Матхура болуп, бирок б. з. 2-к-да бул мектептин таасири түндүк-батыш Индияга чейин таркайт, Кашмир м-н Гандхара анын негизги борбору болгон. Ошол мезгилден баштап, Кашмирлик буддистер өздөрүн «абхидхармика» деп, ал эми С. Гандхарлар «нашчатия» (тактап айтканда Кашмирден батыш жакта турган) деп аташкан.

**САУТРАНТИКА –** хинаядагы буддизмдин философиялык мектеби. С-га мүнөздүү көрүнүш – бул анын вайбхашиканын схоластикалык (турмуштан ажыраган) чындыгына сын көз караш м-н мамиле кылышы. Алар көз ирмемдеги нерселер (учурдагы) гана жашайт, ал эми калган бардык «узак нерселер» аты бар, заты жок нерселер деп эсептешет. С. вайбхашикага карама-каршы өткөн ж-а келе турган дхармды танат да, «учурдагы» гана дхармды тааныйт. Ошондуктан С-да алардын жаралышы м-н жоголушу жөн эле мезгил тепкичтери боюнча саякат жасоо эмес, а чыныгы жаралуу ж-а жоголуу. Ошону м-н бирге эле С. жан дүйнөнүн ролун ойноочу кандайдыр бир ички кылдат биримдик (организм) бар экенин моюнга алат. С-нын вайбхашикадан четтеп, махаяна м-н жакындашуусу, өзгөчө анын нирваны дүйнөнүн түпкү уюткусу, түбөлүктүүлүк катары караган көз карашынан көрүнөт.

**СЕБЕП ЖАНА НАТЫЙЖА** бир көрүнүш С. өзүнүн иш-аракети м-н экинчи көрүнүштү Н. жараткан учурда көрүнүштөрдүн ортосундагы түпкү байланышты көрсөтүүчү философиялык категория. Нерсе м-н көрүнүштүн өз ара аракеттенишүүсү себеп аркылуу байланышуунун негизин түзөт. С. ж-а Н-нын өз ара аракеттешүүлөрүнүн биримдиги табигый ж-а социалдык дүйнөнүн көптөгөн ар түрдүү байланыштарындагы себеп-натыйжалык байланышты бөлүп көрсөтөт да, ал С-тен Н-га багытталган бир жактуу таасир экендигин айкындайт. С. мезгил жагынан Н-дан жөн гана алдыда турбастан, нерселерди, маалыматтарды, энергияны көчүрүп өтүү аркылуу анын пайда болушун ж-а жашоосун шарттайт. Мис., электрон м-н позитрондун өз ара аракеттешүүсү эки фотондун күн-нуру – фотосинтездин жаралышына С. болушат. Н. алгачкы С-ке кайтып барбайт: ар-бир конкреттүү акт кайталангыс. С. нерсенин, көрүнүштүн структуралык, динамикалык, функционалдык, ж. б. өзгөчөлүктөрү аркылуу өтүп өзгөрүлүү м-н Н-да «жок болот». С. м-н Н-нын өз ара аракеттенүүсү мезгил жагынан дал келбейт: С. дайыма Н-дан мурда турат. Н. өз кезегинде башка бир көрүнүшкө С. болушу мүмкүн, бирок башка өз ара аракеттенишүүдө гана боло алат. Н. ошондой эле баштапкы С-ке таасир этиши мүмкүн (тескери байланыш), бирок башка мезгил аралыгында. С. м-н Н-нын өз ара байланышы объективдүү ж-а зарыл мүнөзгө ээ. Себеп – натыйжалык мыйзам ченемдерди издөө-нерсени же процессти таанып билүүнүн зарыл куралы.

**СЕГИЗ «ЭМЕС»** (Восемь «не») – буддизмдеги махаяна агымындагы мадхьямиканын «ортодогу жол» формуласы. Анын негизинде мадхьямиканы түзгөн Нагарджунанын «Мадхьямика-шастра» трактатынын биринчи фразалары жатат: «Мен, башымды ийип, Буддага ( төмөнкү көз карашты үгүттөгөн) таазим кылам: эч нерсе жаралбайт ж-а эч нерсе жоголбойт, бардыгы – түбөлүк эмес ж-а үзгүлтүксүз, бир эмес ж-а башка эмес, келбейт ж-а кетпейт. Ушул фразада мадхьямиканын негизги жоболорунун бири – «эки ара эместик» же бардык нерсенин мацыздык окшоштугу чагылдырылат. Алгачкы буддизмге (хинаяна) салыштырмалуу махаяна дүйнөлүк болмуш иллюзиядан турат деген принципти колдонуп, дүйнөлүк мейкиндиктен тышкары, кудайдын өзү катары каралган Будданын абсолюттук субстанциялыгына ишендирет. Ошондой эле, «эки ара эместик» принцибинин негизинде «Будда м-н жөнөкөй киши – бир маңыз». Ушул пикирдин негизинде бодхисаттва абылына жетүүнүн ритуалдык-медитациялык иш-аракетти белгиленет (бул хинаяна боюнча ишенген адамдын жеке куткарылышы жөнүндө окуусу). Бодхисатванын максаты – будданын статусуна жетип, кайрадан сансара дүйнөсүнө буддисттик жарыкты эцсегендерге акыл үйрөтүүгө ж-а жардам берүүгө кайтып келүү. Жалпылап айтканда, Нагарджунанын трактаттарынын негизинде махаянанын буддисттик тексттик традициясы жогорку интелектуалдык мүнөзгө ээ болгон.

**СЕЗГИЧТИК** (Сенсибельность) (Сенсибелдүүлүк же сенсибелдештирүү-сезимталдык) – дененин бөлөк заттарга (аллергендерге) өтө сезгичтиги. С. организмде бактерия, вирус (алардын антигени, уусу), о. эле уулар пайда болгон кезде жаралат. Дененин өзүндөгү белоктор бузулганда аутосенсибелдүүлүк (өзүнүн сезгичтиги) пайда болушу мүмкүн. С-те аллергиялык оорулардын башталышы иммунитет процессине окшошуп, аллергендер ретикуло-эндотелиалдык системанын клеткаларында (вирустарды, микробдорду кармап калуучу көп клеткалуу жандуу организмдеги клеткалардын биримдиги) топтолуп, анда ооруга каршылык көрсөтүүчү нерселер пайда болот. С. иммунитеттер сыяктуу эле күчтүү ж-а алсыз болуп бөлүнөт. Демек, С. – бул клеткалардын ж-а ткандардын сезгичтигинин жогорулашы.

**СЕЗДИРҮҮ** (Сенсибельный) (Сенсибелдүү же сенсибелдик) (лат. sensus – сезим, сезүү) – физикада белгилүү бир нур аркылуу оптикалык спектрдеги жыштыкты нурлантканда, кино, фототасмалардын, фотографикалык пластинкалардын сезгичтигинин жогорулашы. С. оптикалык ж-а химиялык болуп экиге бөлүнөт. Оптикалык С. реакцияга түздөн-түз кирбеген, бирок өз кубатын күмүш галогениддерине берүү м-н, алардын сезгичтигин

жогорулатуучу сездиргич затты кошуунун натыйжасында пайда болот. Химиялык С. атайын кошундулар м-н жарык сезгич заттардын химиялык өз ара аракеттенишинин натыйжасында, күмүш галогениддеринин кристалл торчолорунун бетинин бузулган жеринде аусорбция (жутуп алуу, бөлүп алуу) процессин пайда кылуу аркылуу алынат.

**СЕЗИМТАЛДЫК** (Вчувствование) – предмет тарабынан чакырылган сезим ж-а көңүлдү билдирүүнү, жеткизүүнү түшүндүргөн искусствонун психологиясынын ж-а эстетиканын термини. Мис., кандайдыр бир пейзажды адамдын кабылдоосунда сүйүнүү же капалануу сезимдери ушул пейзажда чагылдырылышы аркылуу пейзаждын мүнөзү «шаттуу» же «капалуу» тартылгандыгы сапат катары кабылданышы. С. түшүнүгү алгач Ф. Т. Фишер (1887) тарабынан талданып, Т. Липпстин эстетикасынын негизги принциби болуп калган. Бул термин 20-к. башында искусствонун теориясында кецири тарап (Вернон Ли, В. Воррингер ж. б.), көпчүлүк учурда субъективдүү идеалисттик маанайда түшүндүрүлгөн.

**СЕКИРИК** өзгөрүлүүчү нерсенин (көрүнүштүн) белгилүү бир чекке жеткен кезинде башталуучу, сандык өзгөрүүлөрдүн сапатка өтүү процесси. С-тин мазмуну эки процесстин татаал биримдигинен турат: эски сапаттын жок болуп, сандык да, сапаттык да жактан өзгөрүүгө учураган жаңы биримдиктин жаралышы. С-тин мыцызы – объектинин, нерсенин бүтүндүгүн, туруктуулугун, анын сапаттык көрүнүшүн бузууга багытталган күчтөр ж-а тенденциялар ал туруктуулукту сактоону камсыз кылып турган күчтөрдөн артыкчылык калгандыгында. Мындай артыкчылыктын пайда болушу ж-а күчөшү нерсенин өзүндөгү өзгөрүүлөргө байланышкан, белгилүү бир чекитте сырткы таасирлер аркылуу да өз туруктуулугун жоготот. С. чексиз көп түрдүү формаларда ишке ашат. Анын ичинен өзгөчө айырмалангандары – «жарылуу» түрүндөгү, кескин көрүнүшкө ээ С. ж-а жай мүнөздөгү С.

**СЕКУЛЯРДАШТЫРУУ**– чиркөөнүн, мечиттин ж-а кечилкананын (монастрдын) мүлкүн мамлекеттин мүлкүнө айландыруу, тактап айтканда мечиттин, чиркөөнүн менчигин алып, граждандык менчикке берүү. С. – бул диний институттарды социалдык кызматынан ажыратуу, диний ырым-жырымдарды, түшүнүктөрдү сүрүп чыгарып, аларды мамлекеттики м-н алмаштыруу, коомдо ж-а жеке адам ац-сезиминде материалисттик, атеисттик көз караштарды бекемдөө. Азыркы учурда көптөгөн өлкөлөрдө дин мамлекеттен ажыратылган, бирок демократиянын принциптерин сактаган коомдо мамлекеттин коопсуздугуна, кызыкчылыгына коркунуч туудурбаса, диний иш-аракеттерге тыюу салынбайт. Негизинен, маркстык адабияттарда коомду ж-а жеке адамды диндин таасирлеринен бошотуу үчүн иштелип чыккан көз караш.

**СЕМАИТИКА** (гр. semantikos – белгилөөчү, sema – белги) – илимде (тил, логика ж. б.) маани ж-а ойду туюнтат. Тил илиминде С. семасиология м-н карым-катнашта каралат. Тилдик бирдиктердин маанилерин изилдөөчү бөлүм тилдик С. деп аталат. Тилдик С-нын изилдөө объектисин тилдик белгилердин (эц алды м-н сөздүн) үч элементинин (белгилөөчү, денотат, белгиленүүчү) бирдиги түзөт. С. сырткы форма (тыбыш, тамга, графикалык белгилер) – белгилөөчү, белгиленген нерсе, тактап айтканда көрүнүш-денотат, ж-а ал нерсенин, көрүнүштүн адамдын ац-сезимдеги чагылышы-белгиленүүчү м-н байланышкан. Алардын өз-ара байланышы, биримдиги маани категориясынын, тактап айтканда С-нын негизги уюткусун түзөт. С. 19-кылымдын аягында Франция м-н (М. Бреаль) Россияда (Покровский) пайда болгон. С-нын бүткүл маселеси тигил же бул түшүнүк (терминдер), же айтым, ой толгоо (текст, жазма, формула) эмнени билдирет, аларды кандай түшүнүүгө болот деген суроолорго негизделген.

**СЕМИОТИКА** (гр. semeion – белги) – белги ж-а белгилер системасына (кадимки ж-а жасалма тилдерге) мүнөздүү касиеттерди изилдөөчү илим. С-лык изилдөө иштери синтактикалык (белгилер системасынын ички касиеттери), семантикалык (белгилердин маани жагы), прагматикалык (белги м-н аны кабыл алуучу субъектинин ортосундагы байланыш) деген үч негизги аспект боюнча ишке ашат. Синтактикалык ж-а семантикалык аспектилер семиотиканын айрым маселелерин гана, ал эми прагматикасы семиотикага тиешелүү бардык маселени изилдейт. Ар кандай объект белгилүү жагдайда башка объект ж-дө кабар берсе (тактап айтканда мааниге ээ болсо), белги деп аталат. Белги белгилөөчү м-н белгиленүүчүнүн ажырагыс биримдигинен турат. Ушул мааниден алганда тил, миф, ырым-жырым, искусство ж. б. маданий кубулуштар белгилер системасы катары каралат. С-нын жетишкендиктери гуманитардык илимдерде, медицинада, ошол эле жасалма тилдерди (программалоо тили, документтерди индекстөө тили ж. б.) түзүүдө, бир тилден экинчисине машина м-н которууда колдонулат. Лингвистикалык С. белгилер системасынын эц маанилүүсү – табигый тилди изилдейт. Алгач ирет С-лык изилдөөнүн кецири программасы Ч. С. Пирс, Ч. У. Морристин эмгектеринде пайда болуп, өз алдынча илимий тармак катары жасалма формалдык тилдердин проблематикасына байланыштуу калыптанган. Бул багытта изилдөө жүргүзгөн көрүнүктүү окумуштуулар: Ю. М. Лотман (СССР), У. Эко (Италия), Р. Барт, Ю. Кристевой, Ц. Тодоров (Франция) ж. б. Кыргызстанда философтор (А. А. Брудный, Э. Ж. Шүкүров ж. б.) семиотиканын айрым колдонмо маселелерин изилдешкен.

**СЕН-ВИКТОР МЕКТЕБИ** (Сен-Викторская школа) – Сен-Виктор католик монастырындагы августиндик канончулардын диний окууларынын мектеби. Ал Парижде 1113-жылдан баштап 12-к-гы ортодоксалдык –

католик философиясынын эл аралык борбору катары пайда болгон. Негиздөөчүсү – ашынган реализмдин өкүлү, Абелярдын каршылашы Шамполук Гиьом болгон (1068–1121). С.-В. м. өз ишин, түпкү тамыры Августин ж-а бир аз түрдө Псевдо-Дионасий Ареопагиттен башталып, Бернар Клервоский тарабынан өркүндөтүлгөн орто кылымдагы мистикалык көз караш, салтка ылайык жүргүзгөн. Ушул салттын негизинде, С.-В. м-нин айрым өкүлдөрү схоластикалык рационализмге (кунарсыз акылгөйлүк) каршы чыгышкан. Бирок С.-В. м-нин көрүнүктүү өкүлдөрү Гуго Сен-Викторский (1096–1141) м-н Ришар Сен-Викторский (1173 өл.) орто кылымдагы платонизмге таянуу м-н өздөрүнүн мистика ж-а рационализмин түзмөкчү болушкан (алар, атүгүл «купуя ишенимдердин» да акыл-эстүү ишенимге баш ийдирилген «керектүү (зарыл) логикалык негиздери» ж-дөгү маселени коюшкан).

**СЕНЕКА** Луций Анней (б. з. 4–65) – Рим философу ж-а жазуучусу, стоицизмдин өкүлдөрүнүн бири. С. адамдагы негизги нерсе – рухий, моралдык касиети, сапаты, чыдамдуулук, камырабастык, боорукерлик, өлүмдөн коркпоо, тышкы жыргалчылыкка ыктабоо деп эсептейт. Кудайдын табияты м-н адамдын жанынын биригиши (ал кул м-н мырзанын ортосунда да болушу мүмкүн) – ойдогудай жыргалчылыкка жетүүнүн негизги шарты. Рухий тең укуктуулукту таануу м-н катар, С. адамдардын социалдык абалындагы айырмачылыктарды да моюнга алат ж-а ошондуктан өкүм сүрүп жаткан тартипке да келишүүчүлүк м-н мамиле кылат. С. идеясы христиан дининин калыптанышына зор таасирин тийгизген. Энгельс: «Филонду христиан окуусунун атасы деп эсептей турган болсок, анда анын «агасы» Сенека болгон. «Жаңы осуяттын» («Новый завет») айрым жерлери анын чыгармаларынан сөзмө-сөз көчүрүп алынгандай туюлат» – деп жазган.

**СЕНСУАЛИЗМ** (лат. sensus – кабыл алуу, туюу) – сезим, туюмду дүйнө таанымдын негизги булагы деп эсептеген философиялык багыт. С. рационализмге (акыл-эс) карама-каршы турат. С-дин материалисттик ж-а идеалисттик түрлөрү бар. Идеалисттик сенсуализм сезим-туюмду тышкы дүйнөгө байланышпаган субъективдүү кубулуш деп эсептейт. Ал Протагордон башталып, Ж. Беркли, Д. Юм тарабынан өнүктүрүлгөн. Материалисттик С. сезим-туюмду объективдүү чындыктын чагылышы катары карайт. Ал Эпикурдан башталып, Т. Гоббс, Ж. Локк тарабынан өнүктүрүлгөн. Гольбах, Гельвеций, Фейербахтардын С-инде акыл-эстин дүйнө таанымдагы ролу белгиленген. Бирок ал чектелген мүнөздө болгон. 19–20-к-дагы буржуазиялык философияда С. түшүнүгү улантылган. Диалектикалык материализм таанымдагы сезим-туюмдун акыл-эс ж-а тажрыйба м-н болгон байланышын көрсөтүп, алардын диалектикалык биримдигин аныктайт.

**СИЛЛОГИЗМ** (гр. sollogismos – эсептеп, санап чыгуу), эки ойдон үчүнчүсүн – корутундуну чыгаруучу логикалык дедуктивдүү (жалпыдан жекеге келүүчү) ой корутундусу. С-дин негизги жобосу катары төмөнкү төрт тыянак алынат: жалпы ырастоочу («Бардык S – бул P»), жалпы тануучу («Бир да S – бул P эмес»), жеке ырастоочу («Айрым S – бул P»), жеке тануучу («Айрым S – бул P эмес»). Мында – S (субъект) – сөз болуп жаткан нерсе, P (предикат) – сөз болуп жаткан нерсенин белгиси. Туура түзүлгөн С. үч терминден турат: 1) кичине термин (S) – корутундунун субъектиси; 2) чоң термин (P) – корутундунун предикаты; 3) орто термин (M) – эки ойго катышып, корутундуга катышпайт. С-де үч гана термин болуш керек, төртүнчүсү – ашыкча. Мис., «Бир да кит (M) – бул балык (P) эмес; бардык киттер (M) балыктар түрүнө (S) кирет; Демек, айрым балык түрүндөгүлөр (S) – бул балык (P) эмес». С-дин аксиомасы: «Жалпыда ырасталган (танылган) нерсе салыштырмалуу түрдө анын жеке бөлүкчүлөрүндө да ырасталат (танылат)».

**СИЛЛОГИСТИКА** – субъектилик – предикативдик түзүлүштүн айтымына таянган дедуктивдик тыянак чыгаруунун теориясы: S – бул P (S – логикалык ээ, же субъект, P – логикалык баяндооч, же предикат). С-да бир же бир нече айтымдан – көрсөтүлгөн түзүлүштүн өбөлгөлөрүнөн, жаңы айтым – корутунду келип чыгууга тийиш болгон жалпы шарттар аныкталат. Корутунду бир гана өбөлгөдөн келип чыкса, ал түздөн – түз С-лык натыйжага ээ; эгер корутунду эки өбөлгөдөн келип чыкса, анда ал – чындыгында силлогизм; эгер корутунду бир нече өбөлгөлөрдөн келип чыкса, анда ал – көп силлогизм, же сорит (чынжырлуу топ). С-ди алгачкылардан болуп Аристотель иштеп чыккан да, тарыхый жактан дедуктивдүү ой жүгүртүүнүн биринчи логикалык теориясы болуп, кийин формалдык логиканын негизин түзгөн. С-га караганда бир кыйла жалпы логикалык системаны математикалык логика иштеп чыкты. Аристотель тарабынан коюлган модулдук С-нын маселелери бүгүнкү күнгө чейин аз изилденген боюнча калууда.

**СИМВОЛ** (гр. symbolon – белги) – илимде (математика, логика, ж. б.) ж-а искусстводо шарттуу белги дегенди туюнтат. Искусстводо көркөм образ түзүү каражаты катары келип, турмуш чындыгын, көрүнүштөрүн кыйыр метафоралык салыштыруулардын жардамы м-н берүүчү эстетикалык универсал категория. Көркөм адабиятта С. троптун бир түрү. Сүрөттөөчү м-н сүрөттөлүүчү нерселердин ортосундагы окшоштукту ачып берүүгө кызмат кылат. Мис., Манас-баатырдыктын, эли-жерин сүйүүнүн, Бакай-даанышмандыктын символу десек, аккептер-тынчтыктын, бүркүт-көрөгөч акылмандыктын символу. С. образды ачып берип, чыгарманын бүткүл духун туюнткан учурлар да болот. Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалиминде» кош терек – Дүйшөн м-н Алтынайдын сүйүүсүн, алардын ички жан дүйнөсүндөгү

жакындыкты, бийиктикти туюнткан символ. С. ошол эле элдин коомдук-саясий турмушунда, өндүрүш тармактарында ж. б. колдонулат. Алсак, мамлекеттик символдор (желек, герб, ж. б.), медициналык (приборго (бокал) оролгон жылан), юридикалык (калкан, кылыч) ж. б. С-дор.
**СИМВОЛИКАЛЫК ИНТЕРАКЦИОИИЗМ** (кара: *интеракционизм;*) – көңүлдүн борборун социалдык карым-катнаштардын символикалык мүнөзүн талдоого топтогон азыркы социологиядагы ж-а социалдык психологиядагы теориялык-методологиялык багыт. С. и-дин өкүлдөрү өз ара карым-катнаштын башкы символикалык «медиуму» болгон тилди талдоого өзгөчө көңүл бурушат. С. и-ди негиздеген – Дж. Г. Мид. С. и. андан сырткары Ч. Кули, Дж. Болдуин, У. Томас (АКШ), ж. б. идеясына таянат. С. И-ге, өзгөчө чикаголук мектепке, социалдык процесстеги коом м-н табияттын өз ара байланыш себептерин тануу (индетерминизм), социалдык процесстин катышуучуларынын иш аракеттерин дайыма алдын-ала аныктоого болот, социалдык көрүнүштөрдү иштеп чыгууга, өзгөртүүгө толук мүмкүн деген көз караш мүнөздүү, тактап айтканда алардын ою боюнча, дүйнө-социалдык тектен келип чыккан. С.и. өкүлдөрү коомдук турмуштун материалдык себептерин талдоодон баш тартышкандыктан, ырааттуу теориясын жарата алышкан жок. Бирок жеке адамдын өсүш кыймылы ж-а түзүлүшү, социалдык мамилелердин микропроцесси тууралуу изилдөөлөрү, белгилүү даражада, кызыгууларды жаратат.
**СИММЕТРИЯ** (гр. symmetria – өлчөмдөш) – борбордун же ортоцку чийиндин эки жагына жайгашкан бөлүктөрдүн өлчөмүнүн бири-бирине дал келиши, бирдейлиги. Ошондой эле ар-түрдүү нерселердин ж-а кубулуштардын, процесстердин алардын составы, түзүлүшү м-н байланыштуу болгон өзгөчөлүгү. С. көбүнчө геометриялык элементтерге (сызык, чекит, тегиздик) белгиленет. С-нын төмөнкүдөй түрлөрү бар: октуу же аксиаль симметриясы (медуза, флокстун гүлү), тегиздиктеги ж-а октуу же актиноморф С-сы (көпөлөк), чекиттүү же көп октуу (радиолариялар), эки жактуу же билатэраль симметриясы (куш, киши, омурткалуулар) Табиятта ассимметриялуу (мис., көптөгөн өсүмдүктөрдүн жалбырактары), дисимметриялык биообъектилер 20-к-дын 70-жылдарында ургаалдуу изилденген. Биообъективдин С-сы ж-дөгү окуунун пайда болушу алардын касиеттери ж-а кызматы тууралуу, ошондой эле тиричиликтин келип чыгышы ж-а мааниси ж-дөгү түшүнүктөрдү терецдетүүгө мүмкүндүк берет. Азыркы кезде табият таанууда С-нын мааниси чоц.
**СИМПЛИКИЙ** Киликиялык – 6-к-дын биринчи жарымындагы байыркы грециялык философ – жаңы Платондук окуунун жактоочусу, Аристотелди чечмелеген. Александрия м-н Афиныда окуп, спекулятивдик – метафизикалык афина мектебинин окуусун александриялык сциентизм м-н айкалыштырган, христианчылыкка каршы чыккан. Афиныда философияны окутууга тыюу салынып, Платондук Академия жабылган соц, Персияга кетип (Хосровдун бийлиги учурунда), 533-ж. Византияга кайтып келген. Аристотель м-н Платондун көз караштарын айкалыштырууга болот, ар кандай карама-каршылык сөз жүзүндө гана, алардын айырмасы аз деп эсептеген. Бирок анын көз карашынын илимий негизсиздиги Аристотелди эц мыкты чечмелөөсүнө тоскоол болгон эмес.
**СИНАПС** (гр. synapsis – байланыш, биригүү) – кыймылдуу абалдагы клеткалардын ортосундагы сигналды өзгөртүү ж-а бири-бирине өткөрүү кызматын аткаруучу атайын байланыштын түрү. Аткарган кызматы боюнча С. козголтуучу (клетканын иштешин күчөтүүчү) ж-а басаңдатуучу болуп экиге бөлүнөт. С. бул синапс жылчыгы м-н бөлүнгөн синапстын учунан ж-а анын тушундагы мембранадан турат. Алардан байланышы химиялык, электрдик же электр-химиялык жол м-н жүрөт. С-тын учуна медиаторлорго толгон ыйлаакчалар жайгашкан. Нерв импульсу С-тын учуна жетип, андагы мембрананын электр кубатын өзгөртөт анан кальций иондорунун өткөргүчтүгүн көбөйтөт да, ыйлаакчалардан жылчыкты көздөй медиаторлор бошоп чыгып, алар С-тын учуна тушташ жайгашкан мембранага таасир этет. Электр механизмдүү синапстарда синапс абдан тар, жылчыгы жок болгондуктан, ток синапстын учунан анын тушундагы клеткага түз таасир этет. Мындай С-тарда кичине молекулалуу бирикмелерди клетканын цитоплазмасынын биринен экинчисине өткөрүүчү каналдар болот.
**СИНЕРГЕТИКА** – өзүн-өзү уюштуруунун азыркы учурдагы жаңы теориясы. «Баш аламандык м-н тартипке салынуу» (Пригожин) аркылуу калыптануучу процесстерди, убакыттын артка кайтпастыгын, тец салмаксыздыкты изилдөөчү ж-а өзгөрүлмөлүүлүктү, туруксуздукту эволюциялык процесске мүнөздүү негизги көрүнүш катары караган жаңы көз караш. С. философияда мурда калыптанган: илимий теорияларды түзүүдөгү кокустуктардын анча роль ойнобостугу; ири социалдык процесстердин ишке ашышына жеке иш-аракеттин анча таасир эте албастыгы – өңдүү, ж. б. түшүнүктөрдү жецип; төмөнкүдөй негизги жоболорун тартуулайт: а) татаал түзүлүштөгү системанын эволюциялык өнүгүү жолдорун алдын-ала башкарууга же жолго салууга дээрлик мүмкүн эмес, сөз алардын өзүн-өзү башкаруу аркылуу өнүгүшү ж-дө гана болушу мүмкүн; б) жацы уюштуруучу формаларды түзүү үчүн баш аламандыктын жаратуучулук күч-кубатынын өзү жетиштүү; в) кайсы гана татаал система болбосун, анын өнүгүшүнө бир жактуулук мүнөздүү эмес; г) бүтүндүк ж-а анын бөлүктөрүнүн суммасы (кошулмасы) – сапаттык жактан ар башка составы, алардын арифметикалык суммасын алууга мүмкүн эмес; д) туруксуздук-туруктуу ж-а жандуу өнүгүштүн бирден-бир

шарты ж-а өбөлгөсү, ошол система гана өзүн-өзү уюштурууга жөндөмдүү; е) дүйнө ар түрдүү оош-кыйыштардын баскычтарынан турат, ж.б. С-ны эволюциялык өнүгүүдөгү өзгөчө аң-сезим катары, III миң жылдыктагы жаңы илим деп эсептешүүдө.

**СИНКРЕТИЗМ** (гр. synkretismos – биримдик) – 1) кандайдыр бир нерсенин же көрүнүш, кубулуштардын алгачкы, жетиле элек абалын мүнөздөгөн, алардын бир бүтүн, туташ, айрым-айрым бөлүктөргө ажыратууга мүмкүн болбой турган абалы. Мис., ыр, бий, музыка ажырагыс биримдикте турган алгачкы искусство, баланын өсүшүнүн алгачкы мезгилиндеги психикалык кызматтардын (функциясынын ажырагыстыгы) ж. б. 2) философияда – эклектизмдин бир түрү, бири-бирине коошпой турган, ар түрдүү, карама-каршы нерселердин, көз караштардын ж-а көрүнүштөрдүн биримдиги. Мис., Антикалык доордун кийинки мезгилиндеги ар түрдүү диний ырым-жырым ж-а диний системалардын биримдиги – эллиндик доордогу диний С.

**СИНТАКСИС** (гр. syntaxis – түзүлүш, тартип) – тил илиминде, сүйлөмдүн түзүлүшүн, сөз айкашын ж-а сүйлөм мүчөлөрүн окутуучу грамматиканын бир бөлүмү. Логикада формалдаштырылган тилдин формалдуу бөлүкчөлөрүн окуп үйрөнүү. Мындай окуп үйрөнүүнүн объектиси катары каралып жаткан эсептөөлөрдүн (формалдык системанын) алфавити, предметтик тилдин (объект-тилдин) туюнтмаларын (формаларын) уюштуруу (кара: *Метаязык*), андагы кайра түзүүлөрдүн эрежелери ж-а эсептөөлөрү (жыйынтык чыгаруу эрежеси) кызмат кылат. Кайсы бир белгилүү формалдык системанын синтаксистик касиетин айрым атайын каражаттар аркылуу (математикалык изилдөөлөрдө кабыл алынгандай; кара: *Метатеория*) үйрөнүү элементардык С. деп аталат. Теоретикалык С. – бул аппаратына адатта эч кандай чектөө коюлбаган кайсы бир белгилүү түрдүн баардык мүмкүн болгон формалдуу системаларынын жалпы теориясы. Элементардык ж-а теоретикалык С. кадыресе мазмундук жактан түшүнүктүү тил м-н иш жүргүзөт. С-ке алгач негиз салгандардын бири грек окумуштуусу А. Дискон (2-к.) болгон. Тил илиминин өнүгүшүнүн ар түрдүү мезгилдеринде С-ке ар башка аныктамалар берилип, анын милдети ар кандай түшүндүрүлүп келген. Алгач С. сүйлөм ж-а анын бөлүктөрү ж-дөгү окуу деп эсептелип, ал сүйлөмдү талдоо логикага тиешелүү болгон. 19-к. экинчи жарымында тилдин улуттук өзгөчөлүгү изилденип, ал морфологияга байланыштуу каралгандыктан, С. сөз айкашы ж-а сөз түркүмдөрүнүн сүйлөмдө аткарган милдети ж-дөгү окуу катары эсептелген, тактап айтканда ал сөз түркүмдөрүнүн эле С-и болуп, сүйлөм өзүнчө бирдик катары каралган эмес. С-ти азыркыча түшүнүүнү грек окумуштуусу И. Рис баштап аны В. Матезиус уланткан. Ал С-ти тилдик номинациялык бирдиктердин айкалышы ж-а анын ыктары ж-дөгү окуу деп караган. Мында сөздөрдүн айкалышуу мүмкүнчүлүгү – синтагматикалык С., ал эми сүйлөм ж-дөгү окуу – сүйлөмдүн С. болот. Синтагматикада сүйлөмдөгү сөздөрдүн синтаксистик байланышуу жолдору, ал эми сүйлөмдүн С-не предикативдик байланыш, модалдуулук, коммуникативдүүлүк, сүйлөм мүчөлөрү ж-дө окуу кирет.

**СИНТАКТИКА** (гр. syntaxis – катары б-ча түзүүчү, тартипке салуучу), синтаксистик көз караш м-н белгилик системалардын накта структуралык касиеттерин кароого ж-а үйрөнүүгө арналган семиотиканын бир бөлүмү (семантиканы үйрөнүүгө ж-а белгилик системаларды прагматиканын чегиндеги коммуникативдик каражаттар катары кабыл алуу ж-а пайдалануу маселелеринин синтаксисин чечмелөөгө байланышпаган).

**СИНТЕЗ** (гр. synthesis – биригүү, айкашуу, түзүлүү) – тажрыйбалык иш-аракеттерде да, таанып-билүү процессинде да, ишке ашырала турган, нерсенин түрдүү жактарынын ж-а элементтеринин (бөлүктөрүнүн) бир бүтүндүккө бириктүүсү. Мында С. аны м-н тыгыз байланышта турган анализге (нерсени аны түзүүчүлөргө ажыратуу) карама-каршы келет. Жалпысынан алганда, С. жеке гана адамдардын ишмердигинин негизине тиешелүү болбостон, өзүнүн элементардык формаларында жаныбарлардын жүрүм-турумун да аныктайт, а өзүнүн ар кандай техникалык ишке ашырылыштары б-ча ЭЭМдин программаларында, өзүн-өзү уюштуруучу системаларда колдонулат. Адамдын жүрүм-турумунун физиологиялык негизи мээнин аналитикалык-синтетикалык ишмердиги болуп, эсептелет. С. ой жүгүртүү операциясы катары объектини түзүп турган нерселердин бөлүктөрүнө көз каранды эмес ж-а тарыхый жактан адамдардын коомдук-өндүрүштүк ишмердикгинин процессинде түзүлөт. С. таанып-билүү операциясы болгондуктан, көптөгөн формаларга ээ. Бардык түшүнүктөрдүн жаралыш процесси анализ ж-а С. процессинин биримдигине негизделген. Тигил же бул объектини изилдөөнүн тажрыйбалары теориялык жалпылоолордо синтезделет (бириктирилет).

**СИНТОИЗМ** (яп. «синто» – жол, кудайлардын окуусу) – Японияда салттуу жаралган ж-а кеңири таралган (буддизм м-н катар) дин. С-дин негизин кереметтүү күчкө эгедер айбанаттар (көбүнчө түлкү), өсүмдүктөр, таштар, табият көрүнүштөрү, о. эле адамдар (көбүнчө – өлгөн), кебетесиндеги көптөгөн кудайлардын бар экендиги тууралуу алгачкы-жамааттык түшүнүктөр түзгөн. С-дин көз карашы боюнча, адам ошол кудайлардын ичиндеги эң чоң урматка ээ болгон Күн кудайы – Аматерасудан жаралган. Император (Микадо) Аматерасунун жердеги өкүлү, бүткүл япондордун түпкү бабасы, ал аркылуу гана адамдар Кудай м-н

байланыша алышат. С. боюнча өлгөндөрдүн жаны камиге (кудайлардын бирөөнө) айланат да, ал синтай – ырым-жырым (ритуалдык) буюму (кылыч, күзгү, Кудайдын сөлөкөтү) болуп калат. С-дин негизги ырым-жырымы тазалануу (хараи), курмандык чалуу (синсэй), кыскача сыйынуулар (норито), ж. б.

**СИРАТ** (араб. латын сөзү strata – «жол») – Куранда бул сөз «түз (туура) жол» маанисинде кыркган ашык жолу жолугат. Шиит – имамдары курандагы С-ты Алиге «берилгендик» катары түшүндүрүшөт: Аллага баруучу жол аны таануу ж-а жолдоо аркылуу өтөт. Мусулмандардын «тигил дүйнө» (эсхатология) тууралуу көз карашында С. мусулмандарды сыноочу «кыл көпүрө» (чачтан ичке, кылычтан курч) маанисине ээ. Сунниттерде диндин айтканы м-н, шариятты бузбай жүргөн такыба, сопу кишилер «кыл көпүрөдөн» чагылгандай тез өтүп, бейишке чыгат, а күнөөлүүлөр тозок отуна кулап түшүшөт. Шиит имамдарынын айтуусу б-ча, «кыл көпүрөнүн оң жагында Мухаммад пайгамбар, сол тарабынан Али турат (Алланын «Ар дайым ак жүрбөгөндөрдүн ар бирин тозокко туш кылгыла» деген сөзү экөөнө багыталган). Тозок м-н бейишке «бөлүштүрүүчү» Алинин оң өкүмүн алгандар гана бейишке өтө алат. Мусулмандар «Кыл көпүрө» тууралуу көз караштьı зороастриялык эсхатологиялык (тиги дүйнө) түшүнүктөрдөн алышы мүмкүн.

**СИРАЦКИЙ** Андрей (1900-ж. т.) – Чехословакиялык философ ж-а социологияны изилдөөчү, Чехословакия (1972) ж-а Словакия (1955) ИАнын академиги. 1953–56-жылдары Братиславадагы Я. А. Коменский атындагы университеттин ректору. 1955–61-ж. Словакия ИАнын төрагасы. 1969–1972-ж. «Социология» журналынын редактору, 1973-жылдан «Философия» журналынын башкы редактору. 1975–78-ж. Словакия ИАнын философия ж-а социология институтунун директору. Негизги эмгектери тарыхый материализм, этика ж-а социология багыттары боюнча жазылган.

**СИСТЕМА** (гр. sistema – бөлүктөрдөн куралган бүтүн нерсе, биримдик) – бири-бири м-н өз ара байланышып турган элементтердин (бөлүкчөлөрдүн) белгилүү бир бүтүндүктү, биримдикти түзгөн жыйындысы. С. түшүнүгү узак тарыхый өнүгүш мезгилинде кыйла өзгөрүүлөргө учуроо м-н, 20-к. жарымынан баштап негизги филос.-методологиялык ж-а атайын илимий түшүнүктөрдүн биринен болуп калды. Азыркы учурда С. конструкциялоо ж-а изилдөө иштери м-н байланышып, кибернетикада, системалык техникада, системалык талдоолордо, ж. б. колдонулат. Байыркы грек. философиясы ж-а илиминде (Евклид, Платон, Аристотель, стоиктер) билимдин системалуулугу (ырааттуулугу) ж-дөгү ой-пикирлер пайда б-н (логика, геометрия. аксиомалык түзүлүштөр). С. ж-дө билимди 17–18-к. Спиноза, Лейбниц, К. Линней, Кондильяк, И. Г. Ламберт 19–20-к. немец классик философия өкүлдөрү Кант, Гегель, Шеллингдер өркүндө-түшкөн. С. иш жүзүндө бардык нерсе, түшүнүктөрдө, көрүнүштөрдө (жаратылышта, коомдо) кездешкендиктен, ал илимде мазмун да, форма да жагынан ырааттуу түзүлүшкө ээ бүтүндүккө (биримдик, топ, жамаатка) мүнөздүү негизги принциптерди табууда, аныктоодо эң чоң мааниге ээ. Мында: бүтүн аркылуу бөлүктүн, бөлүк аркылуу бүтүндүн касиеттери ж-а алардын өз ара карым-катышы, байланышы белгилүү болот. Мезгилдин өтүшү м-н статикалык С. өзгөрүүгө учурабайт да, кыймылдуу (динамикалык) С. өзгөрүүгө учурайт. 20-к-да С-лык изилдөөлөрдүн өнүгүшү м-н, анын максат ж-а милдеттери, логика-методологиялык принциптери так аныкталууда.

**СИСТЕМАЛЫК МАМИЛЕ,** Ы р а а т- т у у б а й л а н ы ш м а м и л е с и (гр. бөлүктөрдөн түзүлгөн, бириктирилген) изилденүүчү нерсени (объект) белгилүү бир ыраатта (системада) караган атайын – илимий таанып-билүүнүн ж-а социалдык турмуштун методологиялык багыты. С. м. адатта, өз ара бири-бири м-н байланышкан элементтердин биримдиги ж-а бүтүндүгү түшүндүрүлөт, белгилүү структурага ээ. С. түшүнүгү антикалык доордо ой жүгүртүү ж-а билимди уюштуруунун жалпы принциптеринде философиялык изденүүлөр катары пайда болгон. Платон: «Бир бүтүн нерсе бир эле мезгилде бүтүндүк жана бөлүкчөлөр да, биримдик жана көптүк да...» – деген. Анын оюу боюнча, көптүктүн биримдиги гана таанып – билүүнүн бутасы боло алат. С. 19-к. чейин таанып-билүү – методологиялык мааниге ээ болсо, 19-к. баштап онтологиялык ж-а натуралисттик көз караш пайда болгон. Анда ырааттуулук С. – нерсени таанып-билүү касиети, ал эми билимдин ар түрдүү катмарларынын ортосундагы байланыш-нерсенин өзүндөгү байланыштардын гана катталышы деп каралат. Бул байланыштар материалдуубу? Элемент деп эмнени эсептөөгө болот? Ырааттуу байланыш өзгөрүп – өнүгөбү? Ырааттуулуктун С. тарыхый окуя, өнүгүштөр м-н кандай байланышы бар?, ж. б. суроолор пайда болгон. 20-к. инженердик ыкма ж-а технологиянын өнүгүшү Ырааттуулук байланышты өздөштүрүүнүн жаңы жолдорун ачты. Азыр Ырааттуулук байланыш жөн гана изилденбейт, а долборлонот, түзүлөт. Ошол эле кезде уюштуруу – башкаруу маселелерин да чечет. Система термини кесипчиликтин бардык тармактарында колдонулууда. Тарыхый жактан С.тууралуу эки көз караш калыптанды: 1) Онтологиялык же натуралисттик (элементтер, байланыш, структура – нерсенин өзүндөгү «табигый» касиеттердин чагылышы). 2) Таанып-билүүчүлүк – методологиялык (ырааттуулук нерселердин, көрүнүштөрдүн өзүндөгү касиеттер аркылуу эмес, белгилүү бир максатты көздөгөн иш-аракеттер, ой жүгүртүүнү уюштуруу аркылуу ишке ашат). Салттуу көз караш боюнча Ырааттуулук байланыштын касиети, бүтүндүгү, ички биримдиги анын түзүлүшү (структурасы) аркылуу аныкталат.

**СКАНДХА** (санскрипт – агрегат, биригүү) – Индия философиясындагы – түшүнүк, буддизм м-н катар белгилүүлүккө ээ болгон (бөтөнчөлүгү жок психофизикалык ишмердүүлүктүн физикалык составы боюнча дүрт эте турган жандуу процесс), бир принциби боюнча дхармдын биригүүсүн билдирет. Беш С. жашайт: 1) Руна-бардыгы материалдуу, тактык бардыгы бөтөнчөлүк сезимге ээ. (мис., беш сезүү органы, эмнени кабылдашса, алардын ишмердүүлүгүнүн учурунда пайда болгондо ж. б.), 2) Ведана – эмоцияны сезүү; 3) Санджня – көрсөтүү – өздөштүрүү; 4) Сандкхара – өтө олуттуу ж-а татаал түшүнүк: жөндөмдүүлүк – шык, кармалык, кайраттуулук – себеп, кыймылдаткыч элементтери; 5) Виджыяна – аң-сезим, акыл-эс маанисинде. Дхармдын бул беш биригүү-жандашуу функциясы, негизинен адамдын «менине» окшоштурулат. «Мен» буддизмде жан дегенди түшүндүрөт. С. ж-дөгү көрсөтүү Буддизмдеги эң эле алгачкы чыгуу. С. тантризмде космостук күчкө айланат.

**СКЕПТИЦИЗМ** (гр. skeptikos – кароочу, иликтөөчү) – объективдүү дүйнөнү таанып билүү мүмкүнчүлүгүнө шек саноо м-н караган философиялык багыт. Бир нерсени ишке ашыруу, мүмкүнчүлүгүнө ишенбей, сын көз м-н кароо. С. Грецияда б. з. ч. 4-к. пайда болгон. (Пиррон, Энесидем, Секст-Эмпирик, Аркессилай, Карнеад). С-дин ашынган түрү – агностицизм. Анын өкүлдөрүнө И. Кант, О. Юм ошол эле азыркы учурдагы айрым буржуазиялык философтор кирет. Коомдук турмуштун тажрыйбасы объективдүү чындыкка жетүүгө мүмкүн экендигин далилдейт. Орто кылымдык идеология ж-а чиркөө м-н буржуазиялык философиянын күрөшүндө (М. Монтень, П. Шаррон, П. Бейль) прогрессчил роль ойногон. Скептиктер акыл-эс, билимдин күчүн, ар-кандай жараткандыкты, кыймылды танышкан.

**СКИННЕР** Беррес Фредерик (1904-ж. т.) – америкалык психолог, азыркы бихевиоризмдин көрүнүктүү өкүлү. Психология ар кандай өбөлгөлөр, реакциялардын ортосундагы сыртынан байкалуучу мыйзам ченемдүү байланыштарды сыпаттоо ж-а ал реакцияларды бекемдөө м-н гана чектелиш керек деп эсептөө м-н, жаңы бихевиоризмчилерге каршы чыккан. Ал организм реакцияны өзү бекемдеп, андан кийин гана тышкы өбөлгөлөр (стимул) жаңы реакцияны пайда кылат деген «оперант-тык» («операция») окуу концепциясын тартуулаган. С. операнттык жүрүм-турумду, бир катар өзгөчөлөнгөн ыкма ж-а приборлорду сунуш кылуу м-н, адегенде жаныбарлар аркылуу (үйрөнгөн) изилдеген. Адам м-н жаныбарлардын жүрүм-турумундагы окшоштуктар тууралуу оюна таянуу м-н, ал өзүнүн концепциясын кепти (речти) өздөштүрүүгө, психотерапияга ж-а мектепте окутууга да жайылтып, программалаштырып окутуунун демилгечилеринен болгон. Анын адамдын жүрүм-турумун башкаруу аркылуу коомду кайра түзүү ж-дөгү операнттык бихевиоризми көптөгөн сын пикирлерди жараткан.

**СКОВОРОДА** Григорий Саввич (1722–1974) – украин агартуучу – демократ, философ, акын. Киев-Могилян диний академиясын бүткөн. (1738–41; 1744–50), өзү ачкан "Кыйынчылыктан чыгуу" жобосу: С-нын курч, таамай сөзү – "керектүү" нерсе оор эмес, оор нерсенин кереги жок. Материянын түбөлүктүүлүгүн жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүктөрүн тааныган. Философиянын негизги маселесин чечүүдө материализм м-н идеализмдин ортосунда турса да, материализмге көбүрөөк оогон, тактап айтканда С-га дуализм мүнөздүү. Барын камтуучу «үч дүйнө» концепциясын түзгөн: «макрокосм» (табият) «микрокосм» (адам) ж-а ал экөөнү бириктирген «символдор дүйнөсү». Ар-бири «ички» (рух, дух) ж-а «сырткы» (материалдык) нерседен турат. Тирүүсүндө жарык көрбөгөн кол жазмалары: «Эзоптун тамсилдери», «Жашоодогу чыныгы бакыт жөнүндө үч жолоочунун аңгемеси», «Жан дүйнө жөнүндө сырдашуу» ж. б.

**СЛАВЯН СҮЙҮҮЧҮЛӨР** (Славянофилы) – 19-к-дын 30–60 жылдарындагы орус коомундагы диний философиялык агым. С. с. батыш Европанын өнүгүү жолун кубаттагандарга каршы, дүйнө маданияты м-н тарыхындагы Россиянын ордун белгилешкен. С. Россиянын Батыш Европадан айырмаланган өз алдынча өнүгүшү ж-дө «теория» чыгарышкан. С.-с-дүн жаралышына Чаадаевдин Россия ж-а Европа тууралуу «философиялык каттары» түрткү болгон. С-дин көз карашын иштеп чыккандар А. С. Хомяков, И. В. Киреевский, К. С. Аксаков, Самарин ж-а алардан кийин В. И. Даль, Ф. И. Буслаев, Д. А. Валуев ж. б. болгон. Алар «Русская беседа», «Мольва», «Парус» ж. б. Газета журналдарды чыгарышкан. Алардын дүйнөгө болгон көз карашына диний-философиялык концепциялар, революцияга терс мамиле, монархизм мүнөздүү. Негизинен, С-дин философиялык концепциясы материализмдин идеяларына карама-каршы турган. Алар интеллигенцияны эл м-н жакындашууга анын турмушун, маданиятын ж-а тилин изилдөөгө чакырган. С. славян элдеринин улуттук боштондук кыймылынын көрүнүктүү ишмерлерине таасирин тийгизишкен. Реформадан кийин славянофилчилик өзүнчө агым катары жоголгон. С-дин идеологиясын В. Белинский, А. Герцен, Н. Чернышевскийлер сындашкан.

**СМИРНОВ** Георгий Лукич (1922-ж. т.) – философ; СССР ИАнын корр. мүчөсү. 1950-ж. Саратов партиялык мектебин бүтүргөн. 1952-ж. Волгоград désinstитутунун тарых факультетин аяктаган. 1957-ж. КПСС БК алдындагы коомдук илимдер академиясынын диалектикалык ж-а тарыхый материализм кафедрасында. 1942–47-ж. – комсомолдук, 1947-ж. партиялык ж-а окутуучулук иште. 1962–65-ж. «Коммунист» журналында редколлегия мүчөсү ж-а философиялык бөлүмүндө редактор. 1957-ж. КПСС БКнын аппаратында жооптуу

кызматкер. 1969-ж. бөлүмдүн орун басары. 1947-ж. биринчи орун басар, КПСС БК пропаганда бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Илимий эмгектери тарыхый материализм ж-а илимий коммунизм – коомдук структуралык социалдык таптык структуралык жагдайдагы негизги эмгектери, өнүгүүнүн динамикасы ж-а эмгекчи таптын ролу; инсандын өнүгүүсү, айрыкча социал типтеги инсандын өнүктүрүү. Ком-тик тарбиянын өзгөчөлүгү, пропаганданын (үгүттөөнүн) теориясы ж-а тажрыйбасын изилдөөгө арналган.

**СМОЛЛ** Вудбери (1854–1926) – америкалык социалдык С. көз карашы социалдык дарвинизм ж-а Л. Уорддун психологизминин таасири алдында калыптанган ж-а эклектүү болгон. С. негизги бирден бир социалдык анализи – кызыгуулардын категориясы, социалдык турмушту кызыкчылыктардын алты тобунун өз ара аракетинин жыйындысы катары эсептеген Мис., ден соолук, жетиштүүлүк, мамилелешүү, таанып-билүү, сулуулук ж-а акыйкаттык. С. б-ча социолог "социалдык технологияга" практика жүзүндө чыгууга мүмкүнчүлүгү болуш керек, социалдык институттарды акырындык менен жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн таанууга чакырган. Мындан С-дун буржуазиялык саясий реформизми жаралган. С. америка социологиянын илимин бирден-бир негиздөөчүсү катары эсептелет. Ал 1892-ж. бери Чикаго университетинде дүйнөдөгү биринчи социолог, факультетинин жетекчиси, «American jornal of Socilogy» (1895) Америка социология коомунун бирден-бир негиздөөчүсү болгон ж-а Дж. Винсент м-н бирдикте биринчи америкада окуу куралын (1894) чыгарган.

**СМЭТС** Ян Христиан (1870–1950) – түштүк африкалык философ. Философ – идеалист, саясий ишмер, Британиялык фельдмаршал. 1919–24-ж. ж-а 1939–1948-ж. премьер-министр . Улуттар лигасынын уставынын авторлорунун бири. Саясий чыгармаларында расисттик реакциячыл теорияларды пропагандалаган. Дарвинизм м-н талаш-тартышта философиялык холизм концепциясын иштеп чыгып, ошого байланыштуу эволюциялык процесстин негизинде материалистик ж-а таанып билүүгө мүмкүн болбогон «бүтүндүктөр» жатат деген. Анда адамдардын жогорку моралдык баалуулук булактарын караган. С. концепциясы Бергсондун, Моргандын ж-а Александрдин «Эволюциялык чыгармачыл» теориясына жакын.

**СОГУШ** – мамлекеттердин же таптардын ортосунда белгилүү бир саясий же экономикалык максатка жетүү үчүн болгон куралдуу күрөш; таптар м-н мамлекеттердин саясатынын зомбулук «куралдары» м-н улантылышы. Маркстык окуу таптык коомдун экономикалык формациясына гана тиешелүү коомдук-саясий көрүнүш деп эсептейт. Ал алгачкы коомдук түзүлүш ыдырап, таптык коомдун келип чыгышы м-н пайда болгон. С-ка мазмунуна жараша мүнөздөмө берилет. Мис., адилеттүү согуш же адилетсиз согуш, диний согуш ж. б.

**СОЦИАЛДЫК АДАПТАЦИЯ** (көндүм) – индивиддин жацы социалдык коомдун шарттарына көнүгүү процесси. С. а-нын негизги аспектисинин социалдык ролу болуп индивиддин кабыл алуусу саналат. Муну м-н социалдык адаптациянын негизги бир социалдык-психологиялык механизмдин социалдаштырылган инсанга карым-катышы шартталган. Адаптациянын эффективдүүлүгү индивиддин өзүнүн социалдык байланыштарына, өзүн канчалык децгээлде кабыл алышына байланыштуу. Өзү ж-дө толук эмес өнүккөн түшүнүк адаптациянын бузулушуна алып келет.

**СОЦИАЛДЫК АРАЛЫК** (Дистанция социальная) (лат. distantia – аралык) – социалдык топтор м-н адамдардын жакындыгынын же алыстыгынын даражасын мүнөздөөчү түшүнүк. Батыш социологиясында С. А-ты талдоого алуу биринчи жолу Зиммель, Парк ж-а Берджас тарабынан жүзөгө ашырылган. С. а-ты ички ж-а тышкы деп бөлүштүрүүгө болот; тышкы аралык улуттар, таптар, социалдык топтор ортосундагы аралыктарды мүнөздөсө, ичкиси топтордун мүчөлөрүнүн ортосундагы аралыкка тийиштүү. С. а-тын горизонталдуусун ж-а вертикалдуусун да айрымалай билүү зарыл. Эгерде горизонталдуу С. а. коомдук өнүгүүнүн бирдей децгээлинде турган топтордун ортосундагы С.а-тын децгээлин билдирсе, вертикалдуусу-топтордун, тайпалардын социалдык иерархиясындагы айырмачылыктарды мүнөздөйт. С. а. кызмат даражасынын, абройдун, мартабанын артүрдүү децгээлдеринде көрүнөт.

**СОЦИАЛДЫК ИНСТИТУТ** (институт социальный) – коомдук турмуштун маанилүү чөйрөлөрүндөгү адамдардын ишмердигин көзөмөлдөгөн ж-а жөнгө салган коомдун нормаларынын, эрежелеринин ж-а талаптарынын жыйындысы.

**СОЦИАЛДЫК САНКЦИЯ,** с о -ц и а л д ы к т а а с и р э т ү ү ч а р а л а р ы – айрым социалдык топтордун (коом, эмгек жамааты, коомдук уюмдар, компаниялар, ж. б.) социалдык жактан карманган чен-өлчөм, баалуулуктардан четтеген оц же терс жүрүм-турумдарга жасаган мамилеси. С. с. сыйлоо же жазалоо түрүндө болуп, жеке адамдын жалпы ишке катышуусуна түрткү берет да, иш-аракетти үзгүлтүксүз жүргүзүүгө, жамааттын ынтымагын камсыз кылууга өбөлгө түзөт. Рим укугунда «санкция» термини юридикалык тартип бузгандыгы үчүн берилүүчү жазаны билдирген. Жеке адамга колдонулуучу чаралары жагынан С. с-нын күч колдонуу (уруп-согуу, эркинен ажыратуу, өлүм жазасы), экономикалык (сыйлоо, айып салуу, мүлкүнөн ажыратуу), символдук (сүйүү белгиси, урматтоо же жек көрүү, баалоо) түрлөрү кездешет. С. с-нын туура эмес жүрүм-турумга тыюу салуучу «терс» түрү ж-а жакшы жакка багыт берүүчү «оц»

таасирлери көп тараган. С. с. мурда белгиленген чен-өлчөмдөр (устав, мыйзам, жобо) аркылуу, атайын өкүлдөр аркылуу жүргүзүлсө, анда ал формалдык же «белгиленген тартип боюнча» деп аталат. С. с. туура эмес колдонулса, тескери натыйжа бериши мүмкүн. Бул же тигил С. с-нын пайда болушу же натыйжалуулугу конкреттүү тарыхый шартка байланыштуу ж-а ал ордуна, мезгилге ылайык чечилиши зарыл.

**СОЦИАЛДЫК САПАТТАР** (качества социальные) – адамдык тажрыйбанын, адамдардын биргелешкен же жеке ишмердигинин жыйындысы, алардын ар кандай комбинациялары, композициялары, синтездери. Социалдык сапаттар адамдардын ишмердүүлүгүнүн шарттарында, чөйрөлөрүндө, куралдарында ж-а инструменттеринде ишке ашат. Аталган сапаттар адамдардын жеке болмушунан, алардын жөндөмдүүлүктөрүнөн, керектөөлөрүнөн, ыктарынан, эптеринен, билимдеринен, алардын жүрүм-туруму м-н алакаларына мүнөздүү болгон формалардан да көрүнөт. Адамдардын болмушу м-н тике байланыштуу болгондуктан, социалдык сапаттардын маңызы нерселер, социалдык предметтер аркылуу ачылат ж-а ишке ашат.

**СОЦИАЛДЫК СИСТЕМА –** өзүнүн табияты боюнча социалдык өзгөчөлүктөргө ээ, өз ара ар түрдүү байланыш ж-а карым-катнаштар аркылуу бириккен, айрым адамдарды ж-а социалдык топторду өз ичине камтыган татаал түзүлүштөгү, ирээттүү биримдик; узак убакыттар бою биримдикте, жакын жашашкан адамдардын тобу; так аныкталган социалдык түзүлүшкө ээ уюм; этностук же улуттук жалпылык, мамлекет же өз ара карым-катыштагы мамлекеттердин тобу, ж. б. айрым коомдук түзүлүштөр. Мис., коомдук, илимий, саясий, экономикалык же укуктук системалар ж. б. Ар бир С. с. ага кирген жеке адамдардын ж-а топтордун иш-аракетин аныктайт, белгилүү бир кырдаалда айланасындагыларга бирдиктүү, бир бүтүн нерсе катары мамиле жасайт. Материалисттик көз караштан алып караганда, С. с-лардын жаралып, өнүгүшү, алмашылышы табигый-тарыхый процесс. Тарыхтын өнүгүү жолунда, айрым өлкө-лөрдүн ортосундагы соода, экономикалык, саясий, маданият байланыштардын күчөшү аркылуу адамдардын өз ара социалдык мамилеси байыйт ж-а дүйнөлүк С. с-да узакка созулган, карама-каршылыктуу, татаал процесс жүрөт.

**СОЦИАЛДЫК СТЕРЕОТИП –** социалдык объект жөнүндө элестетүү же болбосо схемалаштырган стандарттуу образ. Эмоциалуу болгон жогорку туруктуулукка ээ болуу. С. с. терминин социалдык психологияга жана социологияга У. Липман (1922) киийрген. Коомдук ойду билбей эле бир ойго келип элестетүүнү белгилөө үчүн колдонгон. Стереотиптештирүүнүн объект сапат катары социалдык кубулуштар болуп эсептелинет.

**СОЦИАЛДЫК СТРАТИФИКАЦИЯ** (лат. stratum – катмар. facere – жасоо) – коомдун структурасы боюнча социологиялык окуу. «Страта», же болбосо социалдык катмарга С. с. коом бөлүнөт. Бөлүүнүн негизги каналы ар түркүн белгилер кабыл алынат: экономикалык, саясий, биологиялык, рассалык, диний ж. б. стратификациянын кректерин талдоодо бирдиктүү ой социологдордун арасында жок. Коомду таптарга бөлүү С. с. түшүнүгүн камтыйт, мындай бөлүнүүнүн негизине эркин орчундуу эмес критерийлер коюлат. (мис., эмгектин түрү, үйдүн тиби, жашаган район, киреше өлчөмү). Кээ бир социологдордун оюнча С. с. өзгөрүүнү, өсүүнү мүнөздөйт. Анткени ал социалдык мобил-дүүлүктөн көз каранды.

**СОЦИАЛДЫК УБАКЫТ** – социалдык убакытты адамдардын бири-бирин алмаштырган ишмердүү-лүктөрүн мүнөздөө үчүн колдонуучу категория. С. у. социалдык формалардын калыбынын туруктуулугун белгилейт. С. у. социалдык болмушту рухий-теориялык деңгээлде сүрөттөйт ж-а социалдык процесстердин үзгүлтүксүздүгүн, байланышын, уюшуусунун шарты катары эсептелет. Коомдун традициялык формаларында социалдык болмуштун мейкиндик мүнөздөмөлөрү убакыттын ченемин өзүнө көз каранды кылып, аныктап турган. Жаңы Мезгилде, индустриялык коомдун түзүлүшү м-н, убакыт адамдардын ж-а буюмдардын социалдык сапатынын негизги өлчөгүчү болуп, көз карандылык «которулуп» калган. Адамдын бардык иш – аракеттери, ишкердүүлүгү убакыттын орто же зарыл сарптоосуна такалып, социалдык процесске трансляцияланып, убакыттын формаларынын жалпы суммасына кошулат.

**СПЕПИН** Вечеслав Семенович (1934) – советтик философ, СССР ИАнын корр. мүчөсү (1987). Белорус мамл.универ. бүтүргөн. 1959-жылдан баштап окутуучу. 1981–87-ж. БМУ гуманитардык факультетинде. Философия кафедрасынын башчысы, 1987–88-ж. ССР ИАнын табият таануу тарыхынын жана техника институтунун директору. Ал эми 1988-ж. СССР ИАнын Философия Институтунун директору. Таануу теориясында, философия жана илимдер методологиясында, табият таануу тарыхы чөйрөсүндө эмгектенген.

**СТАТУС** (лат. status – ээлеген орду, абалы) – социалдык системада топ же индивиддин коомдук салыштырмалуу абалы (позиция). Бир топ белгилер менен аныкталат (экономикалык, профессионалдык этникалык) белгиленген система үчүн, элдер алдын ала жазылган жана жете турган бир гана статуска ээ.

**СТЕПАНЯН** Цолак Александрович (1910-ж.) – СССР ИАнын корр. мүчөсү (1964). К. Либкнехт атн. Москва педагогикалык институтун бүтүргөн. 1933-жылдан Москвада жогорку окуу жайларына философиядан сабак

берет. 1946-жылдан СССР ИАнын Философия институтунда сектор, бөлүм башчысы. Негизги эмгектери тарыхый материализм ж-а илимий коммунизм чөйрөсүндө.

**СТЕТЦЕЛЬ ЖАН** (1910–1987) – француз социологу ж-а социалдык психолог. Француздук коомдук ой Институтунун негиздөөчү жана президенти. С. негизги эмгектери позитивистик (көз караште) позицияда коомдук ойдун техникалык суроосуна, методологиялык теориялык багытта жазылган. Пикир изилдөөдө социологиялык, психологиялык ык зарыл шайкештигин жактаган. Социалдык психологиянын чегинде кана коомдук ойдун адекваттуу түшүнүгө болот деп ырастайт. Адам баалуулуктарын түзүүдө эң негизги ролду баамдоо мүнөздө ой ойлойт. Коомдук жана ошондой эле жеке ой билдирет дейт. С. иштеп чыккан методдор Францияда социалдык экономикалык саясий коомдук ойду изилдөөдө кеңири колдонулат.

**СТИХИЯЛУУ МАТЕРИАЛИЗМ** – философиялык аң-сезимге чейинки формасыздык билбестик тышкы дүйнөнүн, объективдүү чындыгына ишенүү атайын илим изилдөөдө пайда болгон философиянын фундеманталдуу маселелеринде табият сыноочу ишеним. Философия менен тааныш эместердин позициясын С. м. мүнөздөйт. Философиялык материализмдин ойдун орундууларынын кээ бирин илим изилдөөдө колдонууну чектөөгө С. м. мацызы боюнча белгилейт.

**СТОИЦИЗМ** б. з. ч. 300-ж. Байыркы Грецияда, Афинада биринчилерден жайгашкан Китондук Зенон негиздеген. Философиялык мектеп, атын порт деген сөздөн алган. Илимий адабиятта өзүнчө бар мезгил кабыл алынган. Байыркы стоя (б. з. ч. 3–2-к..) Зенон, Клеанф, Хриапп жана анын окуучулары; орто стоя (б. з. ч. 2–1-к.) Панеций Посидоний жана кеч стоя (рим стоя) – Сенека, Мусоний, Руф, Эпиктет, Герокл, Стоик Марк Аврелий) ж. б. болгон.

**СТОЙКОВ А.** – (1919–1988) – философ. Болгория ИАнын корр. мүчөсү (1972). Фашизмге каршы күрөшүүнүн активдүү катышуучусу. Эмгектери буржуазиялык эстетитикага сын, эстетика социализмде жеке адамдын маселелери боюнча жазылган.

**СТРАТА** (лат. stratum – кат, катмар) – термин социалдык бөлүнүүнү батыш социологияда белгилейт. Коомдук структуранын акыркы ж-а башкы элементи катары батыш социологдор эсептейт. Жүрүм-турумунун стили, дин ишеними психологиялык белгилери, билими, тиричилик шарты, киреше, камсыз болуусу белгилер ж-а критерийлер м-н страта деп белгилейт.

**СТРАТОН** Лампаскадан (б. з. ч. 269/268) – байыркы грек философу. С. 287/286 Афиныда перипатетиктердин мектебин башкарган. Анын 40тан ашыгы логика, этика, физика, физиология жана психология б-ча көп эмес фрагменттерде сакталган. Цицерондун айтуусу б-ча С. кудайлар жөнүндө түшүнүккө макул болгон эмес: теологияга каршы болуп «бардык бар нерсени жаратылыш жаратткан» деп окуткан. Жылуу ж-а муздак дүйнөнүн баштапкы күчү деп экспериментке Аристотель салыштырмалуу өзгөчө чоң маани берген. Кээ бир багытта С. аритотелизмден четтеген, атомиктердин тарабына өтүп (боштукту) бөлүкчөлөрдүн ортосунда боштуктун барын эсептеген. Убакыт жөнүндөгү Аристотелдин окуусун кайра карап чыккан. Ал эсептеген ойлоонун негизинде кабылдоо жатат дүүлүктүрүү сезүү органдарынан мээге берет: жаныбарларда ойлоо бар экенин тааныган. Табият таануу илиминин өнүгүүсүнө өзгөчө таасир тийгизген.

**СТРУКТУРА** (лат. structura – түзүлүш) – системалардын уюштурулушунун ички формасы ж-а түзүлүшү; элементтер арасында өз ара байланышта туруктуу биримдиктүү болуп турушат. Теорияда изилдөөнүн максатына байланыштуу биринчи планга тигил же бул структуранын компоненти келип чыгууда. Системанын түзүлүшүнүн спецификалык өзгөчөлүктөрүн окуп үйрөнүүдө, алардын функционалдык мамилелеринин жалпы закону катарында, ушундай бир компонентин бөлүп чыгарат, аны изилдөө кибернетиканын негизги маселелеринин составдык бөлүгүн түзөт. Мамилелер ж-а касиетин жаратылышы. С-нын материалдуу мазмуну биринчи планга чыгууда, өз ара байланыштардын элементтери системаны түзүүчү биримдик.

**СТУДЕНТЧИЛИК** (студенчество) – жогорку окуу жайлардын окуучулары. С. термин студенттердин коомдук-демографиялык, социалдык-профессионалдык топ катары белгилейт жана аныкталган коомдук абалы, ролу, статусу, социализациянын өзгөчө фазасы. С. 12-к. Европада биринчи университеттер м-н бирге өзгөчө топ катары пайда болгон. Орто кылымда С. социалдык жана составы жагынан бир түрдүү болгон эмес. С. коомдо зор маанилүү, өзгөчө, билимдүү жаштар отряды жогорку коомдук активдүүлүгү С. билим алуудан тышкары эмгекте коомдук-саясий турмушта активдүү катышат.

**СУАРЕС** Франсиско (1548–1617) – испаниялык теолог. Ал окуусунун түрүн өзгөрткөн кээ бир учурларда Дун Скот м-н жакындаган. Маңыз ж-а жашоонун ортосундагы чыныгы өзгөчөлүктү танган. С. жеке ээлик башкы мамиледе деп эсептеген. “Индивидештирүү принцибин”, “болмуштуулуктун” касиетине дал келүүчүлүк мааниде караган. Протестанттык концепциянын полемикасында С. тагдырдуулукту кудайдын алдын ала көрүүсүнө акцент жасаган. Адамдын эркин тандоосун кудай шарттабайт, бирок тандай алышына

алдын-ала жардамын адамга айтып (же айтпай) көрүп белгилейт. С. окуусу чиркөөнүн официалдуу чөйрөсүндө оппозицияны түзүү, бирок натыйжасында католиктердин арасында өзгөчө таркады.

**СУБЛИМАЦИЯ** (лат sublimatio – көтөрүңкү орун) – психологияда маданий чыгармачылыктын ж-а социалдык ишмердүүлүк психологиялык процесси, кайра түзүү кызыгуунун эффективдүү энергиясын оодаруу. С. түшүнүгүн З. Фрейд 1900-ж. киргизген. С. (либидо кызыгуунун) трансформациясынын бир түрү катары каралат, кысып чыгарууга карама-каршы. С. социалдык психологияда социалдаштыруу процесси м-н байланышат. Спорт психологиясында, балдар психологияда, чыгармачылык психологиясында С. проблемасына өзгөчө көңүл бурулат.

**СУБСТАНЦИЯ** (лат. substantia – маңыз) – материянын ички биримдигин ж-а бардык формаларынын өз алдынча өнүгүүнүн аспектиси катары бардык көп түрдүү кубулуштардын адамдын, аң-сезимин кошуу м-н илимий таануунун негизги категориясы, конкреттүүлүктүн теориялык чагылуусу болуп таанылат. Философия тарыхынын алгачкы башталышында С. зат катары түшүндүрүлүп ал бардык нерседен турат. Кийинчерээк бардык маңыздын негизин издөөдө болгон. С-ны бардык нерсени түзүүчү зат катары түшүндүрөт. С-ны инсан м-н телонун эки анжылыкка алып келишин, кудайдын негизги белгиси катары карашат (схоластика). Жаңы доордо С. өтө курч маселе катары Декарт тарабынан коюлган.

**СУБСТРАТ** (лат. sub – астында – stratum – куруу, курулуш) – материянын негизги биримдиги, бардык нерселердин бир түрдүүлүгү ж-а айрымдардын ар түркүн касиети, бирдиктүү зат, предмет (салыштырмалуу субстанция).

**СУБЪЕКТ** (лат. subjectum – ээ, тийиштүү) – философиялык категория. Биричилерден субъект түшүнүгү (Аристотелде) касиет алып жүрүүнү белгилейт, аракет, абал бул мамиледе субстанция түшүнүгүнө шайкеш. 17-к-дан баштап «субъект» гносеологиялык мааниде болуп колдонула баштады. Субъектини бүгүнкү күндөрү активдүү аракет ж-а билүүгө аракет жасаган эрктүү, аң-сезими бар адамды билебиз.

**СУБЪЕКТИВДҮҮ –** Гегелдин философиясынын категориясы; абсолюттук идеянын жаратылышта болушунун четтөөсү, калыптануу этабын белгилейт качан карама-каршылыктан рухий мазмуну ж-а жаратылыш формасы (болмуштун идеядан сыртта болушу) рух жаралат же болбосо адам ж-а адамзат идеяны алып жүрүүчү катары. Рух өнүгүүнүн үч стадиясын басып өтөт: объективдүү рух, абсолюттук рух. С. жекелик рух.

**СУБЪЕКТИВДҮҮ ИДЕАЛИЗМ** – философиялык багыт; анын өкүлдөрү объективдүү дүйнөнүн бар болуусун же активдүү субъектинин аракетин толугу м-н жактоочулар. С. и. сезүү, өмүр сүрүү, аракет, көнүмүш дүй-нөнү таанытkан.

**СУБЪЕКТИВДҮҮ ФАКТОР** – тарыхта массалардын, класстардын, теориялардын ж-а жеке адамдын субъектинин ишкердүүлүгү объективдүү коомдук шарттардын сакталышы ж-а өнүгүүсү өзгөртүүгө багытталышы ар түркүн форма ж-а деңгээлдерди эсептейт.

**СУБЪЕКТИВИЗМ –** дүйнөгө көз карашынын позициясы, объективдүү чындыкка жакындоодон четтөө, жаратылыш м-н коомдун объективдүү мыйзамын жоктоо. С. идеализмдин гносеологиялык бирден бир негизги бутагы. С. позиция катары жаратылыштын объектиси катары түшүнүү мүмкүн эместиги реалитивизм ж-а агностицизмге «субъективдүү караңгылыкка» чындыктан алысташына алып келет. Философия тарыхында С. өкүлдөрү Беркли, Юм, Фихте. С. элементтери И. Канттын философиялык окууларына мүнөздүү.

**СУЛУУЛУК –** эстетикалык категория. С. категориясы мис., адамдын ички рухий С-ун, тышкы көрүнүшүн баалоодо, искусство чеберчилигинин мазмунун, формасын баалоодо колдонулат.

**СУРОО** – белгисиз ж-а айкындоого тийиштүү кандайдыр бир абалдын, маселенин элементтерин айкындоо үчүн айтылган сөз. Табигый тилде суроолуу сүйлөм же сөз айкашуу тарабынан коюлат. С. бул проблематикалык да, ассерториялык да тараптары бар татаал түзүлүш. Ассерториялык тарап С-нун предметин мүнөздөйт ж-а белгисиздердин мүмкүн маанисин чектеп, аныктайт. С-нун бул тарабы кээде биринчи планга чыгып, өз алдынча маани – маңызга ээ болот (риторикалык, пикир туудуруучу, провакациялык суроолор). С-лор мааниси боюнча түшүнүлгөн, ойлонулган, тигил же бул деңгээде туура коюлган ж-а маанисиз, байланышсыз болуп бөлүнүшөт. Ойлонулган, так С.- туура ойлонуунун олуттуу жактары болуп эсептелет.

**СУТРА** (санскриптчеден Sutra – сөзмө сөз-жип) – байыркы индиялык философиялык, диндик, илимий ж-а юридикалык (кийин медициналык ж. б.) трактаттар (лат.илимий чыгармалар, окуулар, талкулоолор, макулдашуулар). Байыркы индиялык адабияттарда кыска, жыйнактуу, түшүнүктүү ж-а үзүндүлөп улап айтуулар; кийин-мындай айтуулардын жыйнагы, топтому. Язычестволук сутралар мүнөздүүлүгү ж-а афоризмдүүлүгү м-н айырмаланат. Аларда көбүнчө диндик философиянын санат сөздөрү ж-а адабияттары кездешет. Брахманизмде ведыга негизделген сутраларда кандайдыр кудай үйрөтүп киргизген турмушта

практикалык жетекчиликке алуучу табынуу-сыйынуулар ж-а жүрүм-турумдар орун алган. Буддизмде да сутралар ыйык канондук жыйнактардын, мисалы, сутта-питака деп аталган жыйнактын бир бөлүгү болот.

**СУФИЗМ** (ар. саф – таза, аль-саффа – кайыр, садага жыйноо, суф-жүн, монахтын, дербиштин орой түктүү кийими) – Исламда 8–9-к-дарда келип чыгып, Араб халифатынын өлкөлөрүнө тараган диндик-мистикалык (кереметке, сыйкырга ишенүү) окуу, багыт. Алгачкы С-ге айрым материалисттик элементтери бар панитеизм мүнөздүү. Бара-бара неоплатонизмдин, индиялык философиянын христианствонун айрым идеяларынын таасири астында С. аскетизм ж-а барып турган мистицизм С. борбордук орун ээлеп калышат. С. жактоочулар кудай гана бар, ал эми айлана-чөйрө ж-а кубулуштар анын чыгармачылык энергиясы (эманациясы) дешет да, жашоонун эң жогорку максаты-адам жанын Кудай м-н мистикалык кошуу деп жарыялашат ж-а Жер жүзүнө тиешелүүнүн барынан кечип кетүүнү талап кылышат. С. окуусу б-ча Кудай м-н кошулуу экстаз (элирип, өзүн өзү унутуу даражасына жеткен абал) абалында өтөт. Мына ушунда гана Адам чыныгы болмушка (хасикатка) жетмекчи.

**СУЩЕЕ** (нак, анык, нагыз) – онтологиянын категориясы катарында төмөнкүлөрдү билдирет: 1) болмуштун көп түрдүү билинип-көрүнүшү; 2) болмушга тиешеси бар ар нерсе же субъект; 3) Онтологиялык абсолют. Бир катар философиялык концепцияларда С. Болмуштун синоними катарында да колдонулат. Ал эми кээ бир орус философторунун (В. С. Соловьев, Н. А. Бердяев) чыгармаларында С. болмуш түшүнүгүнө караганда, өзүнө бир кыйла окшоштурулган абсолют түшүнүгү катарында колдонулат. Болмуш абсолюту идеалдык объектке айландырган абстракция катарында түшүндүрүлөт. С. жогорку болмуш м-н ойду объективдештирүүгө ж-а окшоштурууга жол бербейт деп эсептешет да, абсолютту объективдүүлүк м-н субъективдүүлүктүн жандуу биримдиги катарында көрсөтүүгө аракеттенишет. Немец философу М. Хайдеггер С. нерсе ж-а Адам катарында болмушка каршы коюп салыштырат: болмуш С. негизинде ж-а андан тышкары жатат; болмуш онтологиялык изилдөөгө, С. онтикалык изилдөөгө алынат дейт.

**СҮЙҮҮ –** сезимдин ж-а эрктин башка инсанга багытталышы; сүйүктүү предметке «өзүн берүү» ж-а ошол эле учурда аны «өзүнүкү» кылуу, эмоциялык чекте аны м-н «биригип кетүү» муктаждыгы м-н коштолуучу адамзаттык жалпылык же идея. С-гө берилгендиктин этикалык талаптарында түзүлүүчү туруктуулукка умтулууну өзүнө камтышы керек. С. эң эле эркин ж-а ошончолук «алдын ала болжолдонбогон» жеке адамдын ички жан дүйнөсүн туюнтуу катары келип чыгат; аны мажбурлап чакырууга да, жеңип чыгууга да болбойт. С. кубулушунун маанилүүлүгү ж-а татаалдыгы анын фокусунда биологиялык ж-а рухий, жекелик ж-а социалдык, интимдик ж-а жалпы маанидеги карама-каршылыктардын кесилишкендиги м-н аныкталат.

**СҮЙЛӨӨ** – учурдагы формалдуу логикада сөз формасында иштин тигил же бул жагдайын карата, убакыт, кызыкчылык, элестетүү, максат, аффект, курчаган чөйрө, жыныс, жаш курак шартына ылайык айтылган сөз же сүйлөм. Кандайдыр бир тилдин сүйлөмүнүн аныктыгын( чындыгын, жалгандыгын) же модалдуулугун (ыктымалдуу, мүмкүн, мүмкүн эмес, зарыл) баалоо максатында карайт. Логистикада С. деп айтуунун мүнөзүн аныктаган, мазмуну бар өз алдынча айтылган (ырасталган), б. а. анын чындыгын же жалгандыгын көрсөткөн тилдик айтылышты аташат. С. термини м-н катар кээде «сүйлөм» ж-а «пикир» терминдерин колдонушат.

**СҮРҮП ЧЫГАРУУ** – психоанолиздин негизги түшүнүктөрүнүн бири; «Мен» үчүн ылайыксыз импульстарды ж-а каалоо сезимдерин эс-акыл чөйрөсүнөн эс-акылдан тышкаркы аймакка С. ч. активдүү унутуудан турган психиканын коргондуу механизми. С. ч. ага таандык умтулуу, каалоо энергиясын сактап калат; кайрадан эс акылга кайрылып келүүгө умтулуп, ал башка сүрүлүп чыккан нерсе м-н ассоциацияланып, психологиялык комплекстерди түзүшү мүмкүн. Сүрүлүп чыккандын толук жоголуп кетүүсү кээ бир толук сублимация учурлардында болушу ыктымал.

**СФЕРАЛАРДЫН ГАРМОНИЯСЫ** – сфералардын музыкасы, планеталардын (Күн, Ай ж-а планеталык «сфералардын») музыкалык тыбышы жөнүндө антикалык окуу, б. а. пифагордук ж-а платондук салттарга мүнөздүү болгон, космостун музыкалык – математикалык түзүлүшү. Орто кылымдарга таандык латын тилинде жазылган тексттерде да «асмандын (же дүйнөнүн) гармониясы (музыкасы)» термини колдонулган. Байыркы грек философиясына С. г. жөнүндө окууну алгач Пифагор киргизген. Пифаргорчулар ааламды «гармония жана сан» деп эсептешкен. Аристотелдин пикирине ылайык, «аралык боюнча өлчөнгөн (асман телолорунун) ылдамдыгы, бири-бирине интервалдардын консонансынын бийиктигиндей катнашта турушат», ошондуктан, «асман телолорунун айланып жылышында чыккан үндөр, табышмактар, гармонияны дооштор, дабыштар пайда кылат». Афродисиялык Александрдын ою б-ча, тыбыштын бийиктиги асман телосунун ылдамдыгына пропорциалдуу; Цицерондун айтуусунда астралдык гамманын эң жогорку тыбышы кыймылсыз жылдыздардын сферасына, эң астыңкысы – Айга тийиштүү. Платондун Эра (заман) жөнүндө эсхатологиялык мифинде сфералардын гармониясы идеясынын адаптацияланышы анын узак жашоосуна ж-а абдан зор ийгиликке жетүүсүнө өбөлгө болгон.

**СХОЛАСТИКА** (гр. scholasticos. schole – мектептик, мектеп) – орто кылымда христиан дин эрежелерин системалаштырып иштеп чыгып, аны рационалдуу негиздөөгө аракеттенген теологиялык «мектеп философиясы». Схоласттар антикалык философиянын идеяларын пайдаланышып, жалпы европалык, чыгыштык универсалдуу схоластиканы жаратууга умтулушкан. Схоластиканын өнүгүүсү бир нече мезгилге бөлүнөт: алгачкы схоластикага (11–12-к-дар) неоплатонизм мүнөздүү (иштеп чыккандар Эриугена, А. Кентербийский); жетилген «классикалык» мезгилинде (12–13-к.) «христандык аристотелизм» үстөмдүк кылган (Альберт Великий, Фома Аквинский); Кийинки мезгилдеги (13–14-к.) схоластиканын өкүлдөрү (Дунс Скот) схоластикадагы томизмге (Ф. Аквинскийдин окуусуна) каршы чыгышкан ж-а ага кош чындык теориясын каршы коюшкан. Жаңылануу (возрождение) философиясынын соккусу менен С. идеологиядагы өзүнүн басымдуулугун жоготот. Андан кийин келип чыккан (15–16-к.). Католиктик неосхоластика деп аталган уламасы (аткаруучусу иезуит Ф. Суарес) м-н протестанттык уламанын (аткаруучусу Ф. Меланхтон) ортосундагы талаш-тартыштар акыр аягында келип католик чиркөөсүнүн Реформация агымына каршы күрөшүн чагылдырып калат. Батыштын кай бир авторлору бул күрөш м-н схоластикалык философия өрчүп өнүктү деп айтышкан. Кийинки кылымдарда жаңы мезгил доорундагы алдыңкы философиялык окуулардын (Декарт, Гоббс, Локк, Кант, Гегель, Фейербах ж. б.) бузуучу таасири астында С. өзүнүн белгилүү таасирин жоготот. Бирок 19-к. баштап С. Кайра жандана баштайт. Азыркы учурда католиктик философиянын ар түрдүү багыттарын, мектептерин бириктирип турат.

**СЦИЕИТИЗМ** (лат. scientia анг. Sciemce – билим, илим) – коомдун маданият системасында ж-а идеялык турмушунда илимдин ролун абсолютташтыруу концепциясы. С. илимдин үлгүсү катарында табыгый илимдерди ж-а так илим деп аталган илимдерди алат, мисалы, математиканы. Ошону м-н бирге эле илимди адамга каршы зыяндуу күч катарында баалаган ар кандай антисциентизмдин түрлөрү да кездешет. Чындыгында С. да, антисциентизм да бир жактуу, чала көз караштар. Дүйнөнүн, коомдун, адамзаттын өнүгүүсүндө бардык илимдердин ролу маанилүү, бардыгынын прогрессивдүү функциялары бар, бирок, бары бирдей деңгээлде эмес. С-дин келип чыгышынын негизги себептеринин бири илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктери болгон. Ал эми антисциентизмдин келип чыгышына ошол илимий-техникалык жетишкендиктердин адамзатка алып келүүгө мүмкүн болгон зыяндары себеп болгон.

**СЫН ЖАНА ОЗҮН-ӨЗҮ СЫНДОО** коомдук өнүгүштөгү карама-каршылыктарды ачуу ыкмасы. Адамдын аң-сезимдин, коомдук жашоонун тармактарында жаңыча ж-а эскиче, прогрессивдүү ж-а консервативдүү көз караштардын, кызыкчылыктардын карама-каршылыгы. С. өзүн сындоонун жалпы негизин түзөт.

**СЫН РЕАЛИЗМИ** – 19-к. аягында 20-к-дын башындагы немец, англис, ж-а америкалык философиянын идеалисттик тармагы. С. р. Канттын «Критицизм» түшүнүгүнөн улам жаралган. С. р-нин негизги өкүлдөрү А. Риль, О. Кюлне, Э. Бехер. Булардын окуусу б-ча «Биздин аң сезимге» болуп өткөн гана образдар, түшүнүктөр берилет алар өзгөрүлүп гана турат.

**СЫРТКЫ ЖАНА ИЧКИ** – нерселер м-н кубулуштардын өз ара, жалпы байланыш формаларынын бир тарабын билдирген философиялык түшүнүктөр. С. – ушул предмет м-н кубулуштун аны курчап турган башка предметтер м-н кубулуштардын өз ара байланышы: И. – нерселер м-н кубулуштардын бир бүтүндүк катары өз элементтери м-н болгон өз ара байланышы; бул ушул нерсе, кубулуштун структурасы. И. өзүн С.-аркылуу билдирет, ички болсо С-га таасир тийгизет. И. м-н С. биригип диалектикалык биримдикти түзөт. Нерсени таанып-билүү процесси (көрүү, кабылдоо, сезүү) анын адамдын сезүү органдарына таасир тийгизүүдөн башталат. Адетте болмушту С. ж-а И. дүйнө деп бөлүшөт. С-сы-табият дүйнөсү, И-си – рухий дүйнө. Булардын өз ара байланышын ачуу аракети философиянын тарыхында материализм м-н идеализмдин күрөшүндө такталган.

**СЮНЬЦЗЫ** (б. з. ч. 313–238-ж.) – байыркы кытай философу. Ал байыркы Кытайдагы көптөгөн философиялык мектептердин ж-а багыттардын көз-караш-сунуштарын сын көз м-н кабылдаган ж-а аларды өзүнүн окуусуна пайдаланган; жаратылыш жөнүндө бир кыйла туура ой жүгүртүлгөн илим түзгөн. Ал б-ча, мисалы, асман түшүнүгү мистикалык чексиз укуктуу башкаруучуну туюндурбайт, асман жөн гана табигый кубулуштардын топтому ж-а анда дүйнөлүк жаратуучу жашайт деген түшүнүк таанылат. Бардык кубулуштардын ж-а нерселердин келип чыгышы ж-а өнүгүүсү айлампа б-ча жүрөт ж-а оң маанидеги Ян, терс маанидеги Инь деп аталган эки күчтүн өз ара аракеттенишүүлөрү м-н түшүндүрүлөт. С-нын ою б-ча аңдап-билүү процесси сезүү органдардын күбөлөндүрүүсүнөн башталат. Бирок Адам сезим тажрыйбасынын Берген маалыматтарына ой жүгүртүүнүн натыйжасында гана туура ж-а ар тараптуу элестөөлөрдү ала алат. С-нын Адам жаратылышынын тубаса арам сапаттары жөнүндөгү теориясы кеңири белгилүү болуп пайдаланылган. Адамдагы бардык жакшы сапаттар тарбиялоо процессинде жаралат. С-нын окуусу кытай философиясынын андан ары өнүгүүсүнө терең таасир тийгизген.

**ТААНЫЛА, БИЛИНЕ ЭЛЕК НЕРСЕЛЕР** (Вещь в себе) – 17–18-к-дарда, объективдүү нерселер биздин аң-сезимибизге баш ийбей жашаса да, ал абсолюттук түрдө таанылып-билинбейт дегенди билдирген философиялык термин, аны жактагандардын ири өкүлү Немец философу И. Кант. Канттын идеалисттик таанылым теориясы, анын «Таза акыл-эсти сындоо» (1781), «Тажрыйбалык акыл эсти сындоо» (1788), «Ой мүмкүнчүлүгүн сындоо» (1790) эмгектеринде берилген. Канттын оюу б-ча Т. б. э-лер («вещи в себе») биздин сезүү органдарыбызга дүүлүктүрүп, белгилүү бир сезимди пайда кылат (бул жерде ал материалист), бирок ал, ошол объективдүү жашаган нерселерди таанып-билүүгө такыр болбойт (бул жерде Кант-идеалист ж-а агностик) деп белгилеген.

**ТААСИР ЭТҮҮ** – адамдардын өз ара аракетинин натыйжасында, инсандын жүрүм-турумун, максаты м-н ниетин, көз карашы м-н мамилесин ж. б. өзгөртүү процесси ж-а анын жыйынтыгы. Адетте багытталган ж-а багытталбаган Т. э. деп экиге бөлүнөт. Эгерде биринчиде Т. э-нүн механизми болуп акыл айтуу, ишендирүү, ынандыруу саналып, субъектин объектиден белгилүү жыйынтыкка жетишүүнү максат кылат. Ал эми экинчисинде жогорудагыдай атайын маселе коюлбаганы м-н анын Т. э. эффективдүүлүгү, тууроо, теңелүүгө умтулуу механизмдеринде байкалат. Т. э-нүн пайдасынын объективдүү критериясы болуп жалпы элдик ж-а коомдук кызыкчылыкка жооп бергени саналат.

**ТААНЫЛА, БИЛИНЕ ЭЛЕК НЕРСЕЛЕР** – 17–18-к-дарда, объективдүү нерселер биздин аң-сезимибизге баш ийбей жашаса да, ал абсолюттук түрдө таанылып-билинбейт дегенди билдирген философиялык термин, аны жактагандардын ири өкүлү Немец философу И. Кант. Канттын идеалисттик таанылым теориясы, анын “Таза акыл-эсти сындоо” (1781), “Тажрыйбалык акыл эсти сындоо” (1790) эмгектеринде берилген. Канттын оюу боюнча Т. б. э н-лер (“вещь в себе”) биздин сезүү органдарыбызга дүүлүктүрүп, белгилүү бир сезимди пайда кылат (бул жерде ал матералист), бирок ал, ошол объективдүү жашаган нерселерди таанып-билүүгө такыр болбойт (бул жерде Кант-идеалист ж-а агностик) деп белгилеген.

**ТААНЫП-БИЛҮҮ ТЕОРИЯСЫ,** же болбосо гносеология – таанып билүү ишмердигинин процессинде субъект м-н объекттин карым-катнаштарын окутуучу философиянын бөлүгү. Т. б. теориясы адамдын дүйнөгө болгон таанып-билүүчүлүк мамилесинин маңызын изилдейт. Философиянын тарыхында таанып-билүү проблематикасы белгилүү ролду ойногон.

**ТАБАЛДИЕВ** Асанбек (1935, Нарын р-ну, Жергетал айылы – 1975, Бишкек ш.) – философия илимд. доктору (1971), Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1974). КМУнун тарых факультетин бүтүрүп (1957), анда окутуучу, тарыхый материализм кафедрасынын башчысы, 1973-жылдан КСЭнин башкы редакторунун биринчи орун басары, башкы редактору, социологиялык илиздөө б-ча белгилүү адис. Анын ил. эмгектеринде улут маселеси, кыргыз элинин коомдук аң-сезим закон ченемдери изилденген. Т-дин чыгармачылыгында социалдык публицистика көрүнүктүү орун ээлеген. Табалдиев Асанбек атындагы “Ала-Тоо” журналынын редакциясы уюштурган (1989-ж.) ар беш жылда берилүүчү адабий ж-а илимий сыйлык белгиленген. Алгачкы лауреаттары: кыргыз эл жазуучусу Т. Сыдыкбеков кыргыз эл акыны С. Эралиев, орус окумуштуусу Ю. С. Худяков ж. б.

**ТАБИГЫЙ ЧЕЧИМ** (Көрсөтмө) (Естественная установка) – феноменологиянын түшүнүгү катары катардагы адамдардын нукура турмушунда болчу дүйнөгө «натуралдуу» мамилени туюндурат. Т. ч. бардык адамдар үчүн дүйнө дайыма ж-а түбөлүк болуучу, бардыгын бирдей курчап туруучуу жалпылык дегенди туюндурат. Дүйнө, сөзсүз болуп туруучуу кубулуш катары туруктуулугу жагынан эч шек туудурбайт да, тажрыйбанын түздөн түз ж-а эркин кеңири жайылышы м-н тикеден тике кабыл алынып, түшүнүө турган дүйнөгө айланат. Т. ч. түшүнүгү табият кубулуштарынын, жаныбарлар м-н заттарды гана эмес, социалдык – тарыхый мүнөздөгү кубулуштарды да камтыйт.

**ТАБИЯТ** (Природа) – 1) кең маанисинде бүткүл дүйнөнү, андагы формалардын көп түрдүүлүгүн чагылдырган философиялык түшүнүк; материя, универсум, аалам түшүнүктөрү м-н бир катарда пайдаланылат. Т. аң сезимден сырткары ж-а ага көз каранды болбой жашаган объективдүү реалдуулук. Анын баш-аягы жок, убакыт ж-а мейкиндик боюнча чексиз, тынымсыз кыймылдап ж-а өзгөрүп турат. Ошол себептен философияда Т. түшүнүгү нерсенин алгачкы маңызын (өзөгүн) да, адам тарабынан жаратылбаган нерселердин жыйындысын да белгилөө үчүн колдонулат. 2) Табият таануу илимдеринин объектиси. 3) Тар мааниде Т. тирүү организмдердин ж-а адам коомунун жашоосу үчүн зарыл болуп эсептелген табигый шарттардын жыйындысы; мындай маанидеги Т. *биосфера* деп аталат. Өзүнүн келип чыгуусу ж-а жашоо-тиричилиги боюнча адам Т-тын бир бөлүгү болуп саналат. Адам коомунун пайда болушу Т-тын келбетин маңыздуу түрдө өскөрткөн. Т-тын объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн таанып билүү, ага атайы түзүлгөн эмгек куралдары ж-а каражаттарынын жардамы аркасында таасир берүү аркылуу адамдар адам коому үчүн

зарыл болуп эсептелген материалдык жыргалчылыктарды алуу максатында Т-тын заттары м-н энергиясын пайдаланышат. Ошентип, жашоо-тиричиликтин табигый чөйрөсү «экинчи Т.» деп аталган жасалма нерселер м-н толукталат. «Экинчи Т.» деп Т-та даяр түрүндө кездешпеген ж-а коомдук өндүрүштүн процессинде түзүлгөн нерселердин жыйындысы аталат. Бирок, Т-ты активдүү түрдө өзгөртүп түзүү м-н адамдар Т-тын ажырагыс бир бөлүгү бойдон кала беришет. Адамдар Т-ты Т-тын *мыйзамдарына* ылайык, табигый күчтөр м-н процесстерди пайдалануу аркылуу гана өздөрү каалаган багытта өзгөртө алышат. Коом м-н Т-тын өз ара алакасынын деңгээлинин негизги көрсөткүчү болуп *өндүргүч күчтөрдүн* мүнөзү эсептелет. Азыркы шарттарда Т-ты коргоо, коомдун өндүрүш ишмердүүлүгү м-н биздин планетадагы глобалдуу жаратылыш процесстеринин рационалдуу айкалышынын проблемасы өзгөчө курч мүнөз күтүүдө.

**ТАГДЫР** – мифологияда ж-а иррационалисттик философиялык системада адамдын кылган иши ж-а окуясы, акылга сыйбаган жана акыл жеткис жөнөкөйлүк аң сезимден алдын ала аныкталгандыгы. Т. идеясы эркиндиксиздик аспектиси бир кана аспект детерминация кубулушунда абсолютташтырышы, илимий кана эмес казуалдык детерминация (себеп) ошондой эле теологиялык детерминациядан туура айырмалай билиш керек. Адам акыл эси менен гана таанылышы, натыйжа себеп менен шартталышында.

**ТАЙЛОР** Эдуард Барнет (1832–1917) – антрополог англиялык алгачкы эволюционизмдин лидери. Т-ду көбүнчө биринчи профессионал антрополог деп эсептешет. Ал атайын адистик билим алган эмес, өз алдынча эле байыркы тилдерди, тарыхый ж-а этнографиялык адабияттарды окуп изилдеген. 1861–1881-жылдарда бир катар эмгектерин басып чыгарган, анын ичинен 1871-жылы чыгарган «адепки маданият» аталган монографиясы аны дүйнөгө таанытат. Т. эволюционизм теориясынын негизин түзгөн базалык идеяларды айткан. Ал б-ча Адам маданиятынын тарыхы жаратылыш эволюциясынын ажырагыс бөлүгүн түзөт. Ошондуктан, адамзатты аныктоочу өнүгүүлөр, өзгөчө биологиялык өнүгүү, жаратылыш мыйзамдары м-н көп окшош. Бардык маданий кубулуштар, анын ичинде материалдык объекттер, салттар, дин ишенимдери жаныбарлар, өсүмдүктөр сыяктуу эле түрлөр, феномендер. Маданият жөнөкөй түрдөн татаал түр болуп өнүгөт. Бардык коомдор да өз-дөрүнүн тарыхында иреттүү үч стадияны- жапайылыкты, варвардыкты, цивилизацияны басып өтөт. Т. адамзат бирдиктүү биологиялык түрдү элестетет дейт, маданияттын түрдүү баалуулуктарын да ар түрдүү элдер эволюциялык процесс боюнча өздөрү менен кошо түзгөн болуш керек. Маданияттын элементтери элдерин өз ара байланыштары ж-а өздөштүрүштүүлөрү аркылуу таркалган. Т-дун илимий мурасында диндин келип чыгуусу ж-а өнүгүүсү өзгөчө орун ээлейт. Ал боюнча дин адамдардын ой сезиминин эволюциясы менен кошо келип чыккан ж-а өнүккөн.

**ТАЙЦЗП** – Кытай философиясынын тарыхындагы онтологиялык ж-а натурфилософиялык схемалардын (мазмундардын) негизги түшүнүктөрүнүн бири. Биринчи жолу «Өзгөрүү китебинде» (Книга перемен) жолугат ж-а бардык кубулуштардын ж-а буюмдардын, нерселердин башталыш этабын, алардын келип чыгышынын ж-а өнүгүүсүнүн себептерин белгилеген түшүнүк болгон. Т. Термин неоконфуциандык мектептерди түзүүдө жетектөөчү орунду ээлеген. Мисалы, Чжоу Дунь (1017–1073) өзүнүн «Улуу чектин планын түшүндүрүү» деген чыгармасында дүйнөнүн өнүгүү процессин түшүндүрөт. Эң мурда жаратылыш чалды-куйду (хаос) абалында же «улуу чектин чексиз» абалында болгон. «Улуу чектин» инң (оң) ж-а янң (терс) байланыштары ж-а да беш биринчи элементтер же стихиялар (ар кандай түрдүү кубулуштар) аркылуу болгон кыймылы бүткүл көп түрдүү реалдуу дүйнөнүн келип чыгышына алып келген. Т-ни башка кытай философу Чжу Си идеалисттик талкууга алып, абсолюттук мыйзамга (Лиге) окшоштурган.

**ТАЛМУДИСТ** – Талмуд – байыркы евр., сөзү талмудду талдап түшүндүрүүчү же анын жолун жолдоочу, сөз – үйрөнүү, билүү дегенди билдирет. Ал иудаизмдин диндик-этикалык ж-а укуктук жоболорунун жыйнагы. Бул «кодекс» оозеки б. з. ч. 4-к-дан баштап пайда боло баштаган. Ал эми жазуу жүзүндө б. з. 3–5-к-дарында түзүлгөн. Т-да негизинен орто кылымдагы теологиялык көз караштар орун алган. Т. Менен Ветхий завет иудаизмдин булагы, негизи катарында мессианисттик мистика менен толтурулган, иудаизмдин кээ бир жоболорундагы еврей улуту «Кудай тандаган» деген идеяны да сионизм пайдаланат.

**ТАНДОО** (Выбор) – кара: *Эрк*, *Эркиндик.*

**ТАНДООНУН АКСИОМАСЫ** – көптүктөр теориясынын аксиомасы төмөнкүчө түзүлөт. Эгер Т. көптүгүнүн элементтери болуп кесилишпеген бош эмес С. көптүгү эсептелсе, анда С ж-а Т көптүгүнүн ар биринен жок дегенде бир элементтен турган бир көптүк бар болот. мис., Каң м-н С. Укан бир кыйла кыскача аныктама беришет. Эгер кесилишпеген С. көптүгү (совокупность) бирикмеси берилсе, ар бир чогулган көптүктөн бирден элементти тандап алып Z көптүгүн түзсө болот. Азиялык жол м-н өнүгүү байыркы адамдардын коомунун ж-а таптык коомдун тарабында узак эволюциясынын натыйжасында пайда болгон мамлекет тарабынан бириктирилген жер ээлөөчүлүк коомдун өзүнчө бир системасын элестетет. Бул коом, жалпы жер ээлөөчүлүк, коллективдик эмгек ж-а коомдун мүчөлөрүнүн арасындагы тыгыз байланыш сыяктуу алгачкы коммунисттик түзүлүштөрдү сактап калган. Азиялык өлкөлөрдүн коомдук экономикалык түзүлүш тереңдетилип берилген мүнөздөмөсү алгачкы жолу К. Маркс тарабынан 1853-жылы Ф. Энгельске жазган

каттарында ж-а макалаларында берилген. К. Маркстын окуусу алгачкы общиналык коомдон баштап кул элөөчүлүк түзүлүшкө чейинки коомду бүткүл дүйнөлүк тарыхты курчап турган доордун негизги өнүгүүсүнүн кадамдарынын бири коомдук-экономикалык формациялары ж-дө. Европалык колонизация ж-а капитализмдин жайылышы анын кулашына алып келди.

**ТАНИТРА, ТАНТРИЗМ** (санскрипт «Тантра» – система, келеп жип, текст ж. б.) – байыркы Индиядагы диндик-философиялык окуу. Бул көз караш эң мурда аял кудайларына ж-а мол түшүм берүүнү камсыз кылууга багытталган магиялык ырым-жырымдарга сыйынуу менен байланышкан. Тарыхтын жүрүшүндө кийин пайда болгон диндердин таасири астында Т. түрүн өзгөрттү: буддалык, шиванисттик, шакисттик, вишнуисттик Т-зм келип чыкты. Орто кылымдагы Т. Адвайта-веданты майя жөнүндөгү окууга каршы багытталган ж-а дүйнө реалдуу ал эми анын эволюциясы рухтук негизден башталат деп билген. Тантаристер дагы микро ж-а макрокосмостун түзүлүшүн окшош деп эсептешип, адамдын жаратылышты аңдап-билүүсүнө ачкыч табууга аракеттенишкен. Алар бүткүл индиялыктарга да кайрылышып, адепки общиналык идеологиянын маанилүү белгилерин сактап калууга чакырышкан. Т. индия философиясынын өнүгүүсүнө чоң таасир тийгизген. Мис., эң алгачкы Санкхя окуусунун идеялары анын таасири астында калыптанганы байкалат. Т-нын таасири индуизм реформатору Рамакришнага, философ Вивеканандага, дин ойчулу Гхошко, жазуучу Тагорго ж. б. да тийген.

**ТАПТАР** (Классы) – жалпы кызыкчылыктарга ж-а баалуулуктарга ээ коомдук, салыштырмалуу туруктуу социалдык топтор (мис., дыйкандар, жумушчулар, буржуазия, орто тап ж. б.). Таптар ж-а тартык күрөш тууралуу концепциялар Европада 19-к-да кеңири жайылтылган (Сен-Симон, О. Тьерри, Ф. Гизо ж. б.). К. Маркс м-н Ф. Энгельс таптардын болушун өндүрүштүн белгилүү бир ыкмалары менен байланыштырышкан ж-а таптар күрөшүн тарыхты кыймылдаткан күч деп эсептөө м-н пролетариатка буржуазияны күч м-н кулатып, тапсыз коомду курууга жөндөмдүү тарыхый миссияны таңуулашкан (кара: *Марксизм*, *Социализм*). Социологияда коомду таптарга ж-а социалдык топторго (курактык, экономикалык, кесиптик, статустук ж. б.) бөлүүнүн ар кандай критерийлери сунуш кылынган (кара: *Социалдык стратификация*, *Катмар*, *Социалдык статус*). Азыркы коомдо коомдук эмгектин бөлүнүшү, менчик мамилелери ж. б. факторлорго байланыштуу социалдык дифферен-циация м-н интеграция процесстеринде өз ара кызматташтык, атаандаштык же конфликттик мамилелерде болгон көп сандаган катмарлар м-н топтор пайда болушат; бул катмарлар м-н топтор жалпы жонунан демократиялык принциптердин негизинде жөнгө салынышат.

**ТАРБИЯ** (Воспитание) – өнүгүп келе жаткан адамга коомдун таасир бериши. Кең мааниде бул термин адамзат топтогон маданий баалуулуктарды максатка багытталган муундарга жеткизүү процесси, б. а. конкреттүү адамдардын аң-сезиминен сырткы объективдүү маданият, субъективдүү, индивидуалдык баамдоодон орун алып, келечекте алардын ой жүгүртүүсүндө, жүрүм-турумунда, сезимдеринде чагылдыруу максатында коомдун функциясы. Тар мааниде ата-эне м-н мектептин тарбияланууучу субъектке таасири. Тарбиянын максатына тарбияланууучунун айрым жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүп, өөрчүтүп, гармониялык бүтүндүккө жеткирүү, коомго ж-а өзүнө керек болгон үй-бүлөөнүн, мамлекеттин, улуттун, рухий баалуулуктарын өздөштүрүү кирет. Ар түрдүү чоң социалдык группалардын тарбия идеалы бири-бирине карама-каршы болушу мүмкүн. Билим берүү м-н тарбия берүү эриш-аркак. Мектеп м-н ата-эненин авторитетин жоготуудан кийин тарбияланууучу өзүн-өзү тарбиялоого өтөт (ага таасир кылган көптөгөн психикалык, эмоциялык, социалдык, профессионалдык мамилелердин негизинде).

**ТАРД** Габриэль (1843–1904) – француз социологу, социологиядагы психологиялык багытты жактоочу. Дюргейм менен талаш-тартышка түшүп, социологияны биологиялык-организмдик концепциядан бошотууга аракеттенген. Ошону м-н бирге Т. өзү да коомду мээ, клетка м-н салыштырып, бир жактуу жөнөкөйлөтүп элестеткен. Ушунун негизинде коом бири-бири м-н мурдатадан жыйылган маалыматтар (билим, дин, ишеним, жөн ишенүүлөр, каалоолор ж. б.) аркылуу пикир алышып байланышуучу көптөгөн элементтерден (адамдардан) турган өзгөчө маалыматтык система болот. Коллективдүү (социалдык) психологиядан турган бул системанын функциясын изилдеп үйрөнүү социологиянын негизги максаты болуп эсептелет. Ал эми кишинин өз ара мамилешүүсүн социологиянын элементардык фактысы болот, ал эми бул мамилешүүнүн системасы коомдук турмуштун негизин түзөт. Мамилешүү системасы (тарбия) аркылуу Адам социалдык психология чөйрөсүнө, маданияттын айрым элементтерине аралашып кирет да, коомдун ажырагыс бөлүгү болуп калат. Т. адамдын башка адамдардан таасир алып, аларды туурап, жолдоо механизмине өзгөчө мани берген ж-а ал механизмдин мыйзамдардын изилдеп үйрөнүү коомдук илимдин башкы милдетин түзөт деген.

**ТАРСКИЙ** Альфред (1902–1988) – польшалык логик, математика, илим методологу ж-а аналитикалык философиянын Львов-Варшава мектебинин эң көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири. 1938-жылдан АКШда жашаган. Т-ге моделдер теориясы, анын түшүнүктөрүнүн аныкталмасы боюнча, математикалык логиканын ж-а математика негиздеринин ар түрдүү бөлүктөрү, алардын чыгарылып чечилүүлөрү бир катар маанилүү, белгилүү жетишкендиктер, натыйжалар тиешелүү. Т. логикалык семантиканы негиздөөчүлөрдүн бири. Анын

чыгармачылыгында дедуктивдик илимдердин методологиялык проблемаларын, илимий аңдап-билүүдөгү формалдык методдордун (аксиоматикалык метод, формализациялоо ж. б.) аңдап-билүү мүмкүнчүлүктөрүн ж-а колдонулуучу чектерин изилдөө бир кыйла орун ээлеп турат. Т. «формалдашкан тилдердеги чындык түшүнүгү» (1936) деген эмгегинде логикалык семантиканын ж-а метологиканын дагы илгерилеп өнүгүшүнө негиз салган. Анда формалдашкан теориялардагы чындык түшүнүгүнүн өзгөчө мазмунун ж-а аны пайдалануунун жолун ачып көрсөткөн; формалдашкан тилдердин чоң тобу үчүн чындык түшүнүгүнө аныктама берген. Философиялык – методологиялык көз караш б-ча алганда, бул эмгектеги эң маанилүү натыйжа-формалдашкан теориялардын таасирдүү мүмкүнчүлүктөрүндөгү ички чектелүүлөрдү далилдегендик болуп саналат. Т-дин жетишкендиктери илимий билимди толук формалдаштырууга эч болбогондо ынануу жолунда маанилүү учур (веха) болду, ошондой эле аңдап билүүдө мазмуундуулук м-н формалдуулуктун диалектикалык байланышын терең элестетүүгө мүмкүнчүлүк берди. Т-дин эмгеги айрыкча семиотиканын өнүгүүсүнө чоң таасир тийгизди, формалдык методдорду мазмундуу проблемаларды ж-а теорияларды анализдөөгө колдонууда үлгү болуп кызмат кылды.

**ТАРТИП** (Дисциплина) (лат. disciplina) коомдук – адамдардын коомдогу калыптанган укук ж-а мораль нормаларына же кайсы бир уюмдун талаптарына жооп берүүчү жүрүм-турумунун белгилүү бир ырааттуулугу. Т.коомдун нормалдуу жашосунун зарыл шарты болуп эсептелет; Т-ке жараша адамдардын жүрүм-туруму жөнгө салынып, ал коллективдүү ишмердикти ж-а соңиалдык уюмдардын милдет аткарууларын камсыз кылат. Коомдо дайыма жалпыга милдеттүү Т. ж-а белгилүү бир уюмдун мүчөлөрү үчүн гана милдеттүү атайын Т. (эмгектик, аскердик ж. б.) колдонулат. Ички же жекече Т. м-н пайда_көздөгөн Т. мажбурлоо аркылуу таңууланган тартиптен айырмаланат. Ички Т. адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салуучу нормаларды коом мүчөлөрү терең өздөштүргөн жерде болот. Мындай Т. сырткы санкцияларсыз ж-а мажбурлоочу ишчараларсыз эле орногон болот. Пайда көздөгөн Т. м-н мажбурлоо аркылуу таңууланган тартип сырткы оң ж-а терс санкцияларга таянат. Акырында Т. коом мүчөлөрүнүн жекече кызыкчылыктарынын, алардын муктаждыктары м-н жүрүм- турумдун социалдык жактан шартталган нормаларын орундатууларынын дал келүү даражасы м-н аныкталат.

**ТАРЫХ** (лат. historia – тарых; өткөндөр тууралуу баян) – 1) жаратылыш м-н коомдун өнүгүү процесси; 2) адамзаттын конкреттүү ж-а көп түрдүү мүнөздөгү өткөн тарыхын окуп-үйрөнгөн коомдук илимдердин комплекси (тарых илимдери). Бул илимдердин чегинде фактылар, окуялар ж-а процесстер тарыхый булактардын негизинде изилденет. Т. жалпы тарыхтан ж-а айрым өлкөлөр м-н элдердин тарыхынан турат; алгачкы жамааттык Т. орто кылымдардын тарыхы, жаңы тарых ж-а соңку жаңы тарых болуп бөлүнөт. Т-тын негизги тармактары болуп экономикалык тарых, аскердик тарых, тарыхый география, историография ж. б. эсептелишет. Комплекстүү илим болуп саналган тарыхтын органикалык составы болуп адистештирилген Тарых илимдери, археология ж-а этнография саналышат. Маданияттын, илимдин ж-а техниканын ар тараптуу тарыхы аталган илимдердин (математиканын тарыхы, физиканын тарыхы, философиянын тарыхы ж. б.) ж-а искусство түрлөрүнүн (музыканын тарыхы, театрдын тарыхы ж. б.) Т-ый бөлүмдөрү тарабынан изилденет. Т. тигил же бул чөлкөмдү (африканистика, балканистика), элди (синология, тюркология ж. б.) же элдер түркүмүн (славян таануу) изилдеген гуманитардык илимдердин тобуна кирет.

**ТАРЫХ ТЕОРИЯСЫНЫН АЙЛАНЫП КАЙРЫЛУУСУ** (круговорота исторического теория). Саясий жашоо, маданият ж. б. коомдук чөйрөлөрдүн өнүгүү жолу жылып олтуруп кайрадан эле башталган чегине кайрылып келет деген ой пикирди белгилөөгө бул термин колдонулат.

**ТАРЫХТЫ МАТЕРНАЛИСТТНК ТҮШҮНҮҮ** – марксисттик-лениндик философиянын составдык бөлүгү. Материянын биринчилиги ж-а аң- сезимдин экинчилиги ж-дөгү марксисттик философиянын негизги гносеологиялык принциби коомдук болмушту биринчи ж-а коомдук аң-сезимди экинчи деп таануу катары Т. м. т-дө конкреттештирилет. Коомдук кубулуштардын жыйындысынан Т. м. т. коомдук мамилелерди бөлүп көрсөтөт, ал идеологиялык мамилени аныктайт. Мындай бөлүүнүн негизинде төмөнкүдөй жөнөкөй ж-а табигый факт турат: адамдар илим, саясат, философия, дин ж. б. м-н алектенүүдөн мурда тамак жеши, ичиши, кийиниши, турак-жайга ээ болушу ж. б. керек, мында материалдык баалуулуктарды өндүрүү процессинде алар коомдун материалдык негизин, реалдуу базисти түзүүсү белгилүү, алардын эркине көз каранды болбогон өндүрүштүк мамилелерге кирет, мында коомдун идеологиялык ж-а саясий надстройкасы жогорулайт.

**ТАРЫХТЫН ФИЛОСОФИЯСЫ** (философия истории) – коомдук тарыхтын маңызы ж-а максаты, о. эле анын кыймылдаткыч күчтөрү м-н байланышкан маселелерди изилдейт. Ал тарых кайда бара жатат ж-а тарыхый процессттер эмне үчүн жүрөт деген суроолорго жооп издейт. Т. ф. социалдык философия м-н тыгыз байланышкан.

**ТАРЫХЫЙ ДООР** (Эпоха историческая) – бул тарыхтын объективдүү белгилердин негизинде айырмаланып турган узакка созулган ж-а сапаттык жактан өзгөчөлүү көрүнгөн мезгили. Т. д. бүткүл

дүйнөлүк тарыхтын тигил же бул «кесимин» (учурун) коом өнүгүшүнүн ошол таптагы тенденциясына ылайык мүнөздөп турат. Ар бир тарыхый доордун объективдүү мазмунун аныктоо – аны конкреттүү анализге алуунун негизи болуп саналат. Т. д-дын чектери көпчүлүк учурда ири тарыхый окуялардын ж-а тарыхый инсандардын ишмердүүлүгү м-н аныкталат, бирок ал чектер абсолюттуу эмес, чен-өлчөмдүү, жылып турма. Т. д. түшүнүгү коомдук өнүгүүнүн жалпы теориясы м-н реалдуу тарыхый процессти байланыштырып, улаштырып туруучу звенонун милдетин аткарат.

**ТАРЫХЫЙ ЖАНА ЛОГИКАЛЫК** (историческое и логическое) – теориялык философиянын түшүнүктөрү. Философиянын тарыхында Т. ж-а Л-лык кубулуштардын өз ара алакасына Аристотель кайрылган. Анын окуусунда Т. ж-а Л-лык акыл м-н сезимдик кабыл алуулардын айкалышуу проблемасы катары берилген. Т. ж. Л-тын өз ара алакасынын проблемасына Г. В. Гегель, К. Маркс, А. Грамши, неопозитивисттер ж-а башкалар да кайрылышкан. Философиялык адабиятта Т. ж. Л-тын өз ара алакасы проблемасы боюнча төмөнкүдөй абалдар иштелип чыккан. Эгер Т. ж. Л-ты онтологиялык өңүттө карай турган болсок, анда тарыхый объекттин калыптануу ж-а өнүгүү процесси болуп саналат да, логикалык – объекттин өнүгүшүнүн логикасы, тарыхый өнүгүүнүн, ойдун кыймылынын натыйжасы, өнүгүп жаткан объекттин теориялык элеси катары түшүндүрүлөт. Мында Т. ж. Л-тын куралган биримдиги жөн гана дал келишүү катары эмес, диалектикалык биримдик болуп саналат. Т. ж. Л-та катар жүрүшөт, бирин бири шарттайт ж-а четке кагат. Т. ж. Л-ты изилдөөнүн гносеологиялык өңүтү да бар. Мында Т. ж. Л. илимий таануунун эки методу катары каралат. Таануунун тарыхый методу өнүгүү процессинде чечүүчү роль ойногон нерсенин белгилүү бир формаларынын өзгөрүү удаалаштыгын ачып ж-а бир форманын экинчи формага өтүшүн көрсөтүп берет. Тарыхый метод өз ара тыгыз байланышкан төмөнкүдөй эки жактан турат: 1) жалпы мүнөздөгү процесстерди изилдейт, көрүнүштөрдүн конкреттүү формаларын абстракциялоо аркылуу өтө жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү иликтейт; 2) өнүгүүнүн айрым этаптарындагы предметтердин өзгөчөлүктөрүн ж-а «кокустуктарды» анализдейт. Логикалык метод мамилелер системасы калыптанган, элементтери башка элементтер м-н ички биримдикти түзгөн, ошол эле учурда статика абалында, туруктуу кубулуш деп шарттуу эсептелген нерсени гана изилдейт. Ошол эле учурда логикалык методдун өзү да төмөнкүдөй эки этаптан турат: 1) нерсенин структуралары ж-а белгилүү бир сапаттык биримдигинин калыптанышы м-н байланышкан логикалыктын пайда болушу; 2) толук калыптанган, зарыл болгон структурасы өнүккөн ж-а сапаттык жаңы бүтүндүккө карай өзгөрүүгө даяр турган нерсе. Т. ж. Л-тын өз ара алакасын таануу процессинин натыйжаларынын таануунун тарыхый өнүгүшү м-н айкалышы катары кароого болот. Мис., кең мааниде каалагандай илим тарыхый ж-а логикалыктын суммардык биримдиги болуп саналат. Мында тарыхый нерсе катары гипотезалуу, проблемалуу же нормативдүү, конкреттүү илимди, ал эми логикалык катары жалпы илимдерден абстракциялоо жолу м-н алынган ж-а таануунун прогрессинин жүрүшүндө калыптанган чындыктын элементи аркылуу детерминирленген илимдин бекем ядросун (өзөгүн) түшүнүүгө болот. Т. ж. Л-тын байланышы изилденип жаткан объекттин өнүгүү процессинде кездешүүчү секириктерден, жаңы сапатка өтүүдөн да көрүнөт. Таза логикалык жол м-н баштапкы категориядан кийинкисин алуу мүмкүн эмес, ал эми конкреттүү тарыхый материал чыныгы картинаны берет да, анализдеги жаңы деңгээлге өтүүнүн мүмкүндүгүн ж-а зарылчылыгын пайда кылат. Т. ж. Л-тын өз ара байланышы логикалуу өнүккөн нерсе өздүк тарыхка ээ экендиги м-н да шартталат. Өнүгүүнүн жүрүшүндө каалагандай система бардык эле элементтер м-н процесстерди эмес, өзү үчүн зарыл ж-а керек болуп саналган, өзү тууралуу жалпы түшүнүктөрдү жараткан элементтер м-н процесстерди гана сактап калат. Анын үстүнө өнүгүүнүн жүрүшүндө белгилүү бир кубулуштар м-н процесстердин реалдуу мааниси күчөйт же начарлайт да, системанын иштөөсүнүн алгачкы этаптарында калыптана баштаган өнүгүүнүн тенденциясын так аныктоого мүмкүнчүлүк пайда болот. Ошол себептен Т. ж. Л-тын диалектикасы нерсенин сандык ж-а сапаттык аныктамалары м-н тыгыз байланышкан. Ошол себептен нерсе бышып жетилмейинче анын айрым элементтери сапаттык эмес, сандык жактан гана түшүнүлүшү мүмкүн. Т. ж. Л-тын диалектикасы мурдагы тарыхый окуянын кийинкисине ж-а тескерисинче, шарттын шарттуулукка, себептин натыйжага, жөнөкөйдүн татаалга өтүүсүнөн да байкалат. Конкреттүү историзм принциби каралып жаткан нерсенин чыныгы тарыхы башталган пункту объективдүү түрдө тактоону милдеттендирет. Т. ж. Л-тын аналогу катары генезис м-н структураны, жалпы м-н жекени, бүтүн м-н бөлүктү, форма м-н мазмунду ж. б. атоого болот.

**ТАРЫХЫЙ МАТЕРИАЛИЗМ** – марксизмдин социалдык-философиялык теориясы. 20-к-дын ортосунан тартып К. Маркс, Ф. Энгельс, К. Каутский, Г. В. Плеханов, В. И. Ленин, А. Лабриола, А. Грамши ж. б. тарабынан иштелип чыккан. Т. м. коом ж-а анын тарыхы тууралуу бүтүндөй бир окуунун синоними болуп саналат: анткени анда коом тууралуу философиялык билимдердин дээрлик бардык компоненттери камтылган. Т. м-дин негизги идеясы материалдык өндүрүштүн коомдун өнүгү-шүндөгү аныктоочу ролу тууралуу мыйзамында чагылдырылган. Анын негизги мазмунун адамзат тарыхын жалпы ж-а мыйзамдуу чагылдырган коомдук-экономикалык формациялардын концепциясы түзөт. Т. м-дин теориясында

төмөнкүдөй үч өңүттү айырмалоого болот: 1) коомдун өнүгүшү табигый-тарыхый процесс болуп саналат, б. а. объективдүү мыйзамдар боюнча жүрөт; 2) тарых адамдардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналат ж-а тарыхтын субъективдүү факторлору болуп саналган эл массалары м-н инсандардын тарыхый ролунан, таптык күрөштөн, революциялардан, партиялардын ж-а башка коомдук уюмдардын ишмердигинен көрүнөт; 3) коомдук прогресстин корутундусу болуп ченем, адамдын инсан катары өнүгүүсүнүн толук кандуулугу саналат. Т. м-дин өнүгүшү (бул термин 1890-жылы гана пайда болгон, ага чейин аны тарыхты материалисттик түшүнүү деп аташкан) анын негиздөөчүлөрү тарабынан начар ж-а өтө начар изилденген проблемалардын багыты б-ча жүргөн. Сөз саясий-укуктук, руханий-идеологиялык факторлордун, социалдык психологиянын, о. эле адам, анын маңызы, коомдон алган орду, анын эркиндиги, тагдыры, инсан катары калыптануусунун мыйзам ченемдүүлүктөрү тууралуу окуулардын коомго тийгизген активдүү тескери таасири тууралуу болуп жатат. Бүгүнкү күндө тарыхый материализм социалдык философиянын негизги багыттарынын бири. Ушундай сапатта ал неомарксизм, илимий-техникалык детерминизм, социалдык позитивизм ж-а диний социософия м-н катар жашоо укугуна ээ.

**ТАРЫХЫЙ МЕКТЕП** (историческая школа) – 19-к-дын ортосунда Германияда пайда болгон саясий экономиянын багыты. Т.м-тин негиздөөчүсү катары Ф. Лист аталып жүрөт. Анын В. Рошер, Б. Гильдебранд, К. Книс ж. б. теоретиктери саясий экономияга тарыхый методду киргизүүгө кылган аракеттери үчүн аталган багыт тарыхый мектеп деген атка конгон. Т.м-тин өкүлдөрү саясий экономиянын негизги милдети катары чарбалык кубулуштарды сүрөттөп жазууну аташкан, бардык өлкөлөр үчүн жалпы болгон объективдүү экономикалык мыйзамдардын болушун четке кагышкан, ар бир өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнүн кайталангыс жолдорун баса белгилешкен. Т. м. саясий экономияны улуттук экономия тууралуу окуу м-н жаңылыш алмаштырышкан. 19-к-дын 70–80-жылдарында Т. м. саясий экономиянын башка мектептери тарабынан четке сүрүлүп калган. Т. м-тин негизги идеялары кийин жаңы (жаш) Т. м-тин өкүлдөрү тарабынан улантылган.

**ТЕЗИС** (гр. thesis – жобо, ой, бекемдөө, ырастоо) – 1) илимий эмгектин, макаланын, докладдын, чыгарманын, сөздүн, жоболордун, теориялардын ж. б. сыйыштырылып кыскартылган түпкү мазмуну, ою, пикири; 2) чындык экенин далилдөөнү талап кылган логика жобосу; 3) Гегелдин философиясындагы триаданын биринчи баскычы.

**ТЕИЗМ –** (гр. theos – кудай) – мазмунун кудай жөнүндө түшүнүк түзгөн, Кудайдын жашоосун негиздеген, анын дүйнөгө ж-а адамга жасаган мамилелери жөнүндө элестеткен диндик көз караш. Кудай жөнүндө түшүнүк алгачкы общиналык коомдогу язычество (көп түрдүү дин) менен бирге келип чыккан. Ал эми Т. деген сөз (термин) 1743-жылы англиялык философ Р. Кэдворд тарабынан киргизилген. Бул терминден келип чыккан түшүнүктү кеңитип айтканда Кудай бардык жагынан жакшыртылган абсолюттуу болмуш, негиз, маңыз, жашоо, руханий реалдуу дүйнө, дүйнөнү жараткан чексиз акыл-эстүү инсан ж-а дүйнө ичинде да дайыма ишмердүүлүктү көрсөтүп, тез-тез укмуштууларды, укмуштуу окуяларды болтуруп турат. Ошол эле учурда Кудай өзү дүйнөдөн тышкары турган, билүүгө мүмкүн болбогон трансценденттик элес, образ. Кудай жөнүндөгү мындай түшүнүк м-н Адам жөнүндөгү түшүнүк бирдиктүү бир дене катарында коштолгон. Анткени, адамдын Кудай м-н табигый биригүү керектөөсү бар, ошондуктан ал Кудай м-н жеке контактта (байланышта) болууну изилдейт. Т. монотекстүү, ал Кудайдын болмушун танган атеизмге, кудайды инсан катарында таанып, тигил же бул формада Кудайды, дүйнөнү, жаратылышты бири-бирине окшоштурган пантеизмге, Кудайдын инсандыгын, Кудурет (провидение) менен укмуштун (чудо) идеяларын четке каккан деизмге каршы турат. Т. өзү м-н пантеизмди бириктирүүгө умтулган пантеизмге да каршы турат.

**ТЕЙЛОРИЗМ –** америкалык инженер Ф. У. Тейлордун (1856–1915) ысмынан аталган. 19–20-к-дын чегинде АКШда пайда болгон эмгекти уюштуруу ж-а өндүрүштү башкаруу системасы. Илим м-н техниканын жетишкендиктерин пайдаланып, жумушчуларды иштетүүнү күчөтүү аркылуу максималдуу кошумча нарк алуу максатын көздөйт. Т. эмгек процесстерин изилдөө, жумушту так ж-а тез аткаруу, ошондой эле жабдуунун иштөө тартибин белгилөө, жумушчуларды тандоо ж-а атайын даярдоо маселелерин карайт. Тейлор карылуу, шамдагай, чебер хронометраждап аныкталган иш нормасын бардык жумушчулар аткарууга милдеттүү деп, эмгек өндүрүмдүүлүгүн ж-а өндүрүмдүүлүгүн, синтенсивдүүлүгүн жогорулатууну көздөгөн. Норма аткаргандарга тарифтегиден жогору эмгек акы төлөнүп, аткарбагандарга штраф салынган. Эмгектин өндүрүмдүгүн арттыруу үчүн жумуш күнүнө дем алуу убактысы киргизилген. 20-к-дын башында Т-дин натыйжасында америкалык ишканаларда иштин өндүрүмдүүлүгү кескин жогорулап, ага чыдабаган жумушчулар жумуштан бошотулган же башка ишке которулган. Т. капиталисттик өлкөлөрдөгү эмгекти уюштуруунун негизин түзгөн ж-а азыркы кезде да тигил же бул шартта, кандайдыр деңгээлде колдонулат. Т. социалисттик өлкөлөрдө да таасирин тийгизген. Бул системаны механикалык позиция, туура эмес дегендер да бар.

**ТЕЙХМЮЛЛЕР** Густав (1832–1888) – немец, фнлософу, идеалист, профессор, христиандык теизмдин өкүлү. Ал өзүнүн эмгектеринде христиандык персонализм окуусун изилдөөнү уланткан. Г. Лейбництин илимий Р. Лютценин, И. Канттын, И. Фихтенин идеялары, принциптери менен кошуп аралаштырып изилдеген. Позитивизм ж-а эмпиризм концепцияларына каршы болгон. Ал идеалисттик теологиянын позициясында туруп, дарвинизм окуусуна да каршы чыккан. Бул илимде өнүгүүдөгү кокустук (случайность) менен үзгүлтүксүз токтоосуздук (нерпрерывность) абсолютташтырылып жиберилген деген күнөө койгон.
**ТЕЙЯР** Де Шарден Пьер (1881–1955) – француз окумуштуусу- палеонтолог, философ, теолог, синантропту биринчи ачкандардын бири. Иезуиттер орденинин мүчөсү (1899-жылдан), священник-поп (1911-жылдан), 1920–1923-ж. Париждеги Католиктик институтта геология ж-а палеонтология профессору, 1923–1946-ж. Кытайда, 1951-жылдан тартып Нью-Йоркто жашаган. Т-нын окуусу дүйнө ж-а Адам, Аалам эволюциясы жөнүн-дөгү ортодоксалдык томисттик элестөөлөргө каршы турган. Мындай динден башкача ойлору үчүн Т. чиркөө бийликтери тарабынан окутуучулук ж-а чыгармаларын жарыялоо укугунан ажыратылган. Бирок, 20-к-дын 60-жылдарынан тартып анын чыгармалары кеңири тарап пайдаланыла баштаган. Ал адамдын келип чыгышын камсыз кылган, ааламдын эволюциялык өнүгүүсүнүн себептерин ж-а мазмунун ачып көрсөтүү максатын койгон. Анын ою боюнча бул процесс илимий фактылар м-н диндик тажрыйбанын синтези аркылуу жүрдү. Т. боюнча Адам дүйнөнүн тынч же терец салмактуу борбору эмес, ал эволюциянын өзөгү ж-а чокусу. Материя ж-а Жан башынан бери ажырагыс бирге. Энергия материянын касиети, космос эволюциясына испульс (түрткү) берип турган рухий кыймылдаткыч күч. Ал эми психологиялык энергетизмди болсо, Т. космостук эволюциянын диндик булагын негиздөө максатына пайдаланган. Ошентип дүйнө эволюциясынан жаралган жашоо-турмуш – бул бардык жандуу организмдердин формаларынын өнүгүүсү ж-а татаалдануусу, а ой болсо адамдын ж-а адамзат тарыхынын биздин заманга чейинки пайда болушу. Андан берки дүйнө эволюциясы «ноосферанын калыптануусу м-н аяктайт да, эң жогорку жашоо дүйнөлүк рухий эпиценрине чыгат, бул эволюциянын жетип бүткөн натыйжасы болот. Бул пункт дүйнөнү кошо курушкан ж-а ошол эле учурда өзүн билүүгө болбой турган трансценденттүү Христи символдойт, космогенез-христогенез. Т-дин бул окуусу-философиялык-тарыхтык көз караштары гуманисттик, христиандык-либералдык багыттуулугу м-н бааланган. Анын ою боюнча адамзат тарых процессинде алга жылууда. Бул өлкөлөр м-н элдердин өз ара байланыштарын универсалдаштыруу жолу. Мында тарыхый «катарлашкан көп жер үстү» м-н чиркөө уюму – «катарлашкан көп кудайлар» өз ара бири-бири м-н сицишкен. Т. планетанын бардык адамдарын баш коштурууга арналган христианчылык м-н гуманизм деп түшүнгөн ж-а алардын биримдик күчүнө ишенген. Ошондой эле учурдагы бардык балакеттен куткарып алып чыга турган планацея катарында илим м-н мистиканы бириктирип кошуу жөнүндөгү идеяны көтөрүп чыккан.
**ТЕКСТ** (лат. textus – ткань, бирикме) – философиялык герменевтиканын, семиотиканын, культурологиянын, социологиянын, филологиянын ж. б. маанилүү ыкмалык, жол көрсөткүч түшүнүгү. Жалпысынан алганда текст-жаңы мазмун, маани жаратууга жөндөмдүү, көп мааниге ээ түзүлүшү бар дисскурсивдүү (акылга ээрчиген ойлоо) биримдик болуп саналат. Т. – тамга ж. б. грамматикалык белгилер менен мамилешүү модусундагы социалдык мейкиндик. Тарыхый жактан алганда, Т. жазуу базасында мифологиялык баяндамадан тартып татаал мазмундагы социалдык мааниси бар максаттарды сактоо ж-а билдирип туруу кызматына чейин эволюцияланган. Т-тин ар кандай маанидеги түзүлүү составдары калыптанган: 1) басылган, жазылган же оозеки формадагы сөз (чыгарма); адабият, фольклор ж-а жазуунун бардык чыгармасы (текстология). 2) Тил илиминде – тил эрежесине ылайык курулган сүйлөмдөрдүн ырааттуу катары. Т-теги сүйлөмдөрдүн байланышы грамматикалык каражаттар (аралаш сүйлөмдөрдө этиштин чактары же ыңгайлары ээрчишип келет ж. б.) маанилик катыш (ар бир сүйлөм өзүнөн мурдагы сүйлөмдөгү маанилик кабарды колдонот) аркылуу ишке ашат. Сүйлөмдө сөздөр м-н интонациялар бүт Т-теги ролуна жараша жайгашат. Т. куруунун тилдик нормаларын 20-к-дын 60–70-жылдарынан тартып өнүккөн тил илиминин «металингвистика», «транслингвистика», «Т. лингвистикасы» же «сөз анализи» деген тармактары изилдейт. Кең мааниде Т. тил илиминде ар бир тилдин өз өзгөчөлүгүнө ылайык курулган бардык эле сүйлөмүнүн иреттүү курамы; 3) Түшүндүрмөсүз ж-а тиркемесиз жазылган автордук чыгарма; 4) Басма сөз чыгармаларынын иллюстрациядан башка бөлүгү; 5) өлчөмү 20 пунктка (7,52 мм) барабар басмаканалык арип (кечли).
**ТЕЛЕЗНО** Бернардино (1509–1588) – Кайра жаралуу доорундагы италиялык натурфилософ. Ал өзүнүн «нерселердин жаратылышынын алардын өздөрүнүн ылайыгы боюнча башталышы» деген негизги чыгармасында философиялык көз караштарын баяндаган. Т. схоластикалык аристотелизмге каршы болуп, жаратылышты өзүнүн мыйзамынын негизинде тажрыйба менен изилдеп үйрөнүү максатында Академия негиздеген. Ал б-ча материя пассивдүү, ынтасыз; жылуулук м-н суукутук-баштапкы кыймыл булактары. Т. сенсуализмди ж-а аңдап – билүү тажрыйбасын негиз кылып алат. Адам тукумдук «жандан» башка да

Кудайлык ж-а өлбөстүк жанга ээ болгон жаратылыш реалы. Адамдын ыймандык (нравалык) жашоо-турмушу төмөнкүдөй жаратылыштык негиздерди камтып турат: өзүн сактаган жакшылыкты (добро), бузуучу жамандыкты (зло). Бул реалдуу дүйнөнү жаратып, түзүүчү ж-а башкаруучу-кудай, ал жаратылыштын да, адамдын да чыгармачылык активдүүлүгүн аныктайт. Т-нун сенсуалдык-тажрыйбалык методология түзүүгө болгон аракети бир кыйла бааланган.

**ТЕЛЕОЛОГИЯ** (гр. talos – бүткөнү, максат, аяктоо ж-а logos – окуу) – максат же максатка ылайыктуулук жөнүндөгү окуу. Бул б-ча адамдын эле аракети эмес, тарыхый окуялар ж-а жаратылыш-кубулуштары ж-а жалпы планда да, жекече да белгилүү бир максатка багытталган. Т. антропоцентристтик көз караш, эгерде бардыгы тең Адам үчүн жашаса; метафизикалык окуу, эгерде бүткүл дүйнөлүк процесстин үстүнөн акыркы максат бийлик кылат деп далилдесе; трансцендеттик окуу, эгерде ал дүйнөдөн тышкары турган максаттуу аркы (тиги) дүйнө бар деп моюнга алса; иманенттик – эгерде максат нерсенин өзүндө деп эсептесе (энтелегия). И. Кант Т-нын регулятивдик, эвристикалык гана принцип, дүйнөнүн дал өзүн эмес, анын сыртын гана аңдап-билүү үчүн мааниси бар деген. Христиандык теологиялык көз караш б-ча Кудай өзү кубулуштун бир гана жогорку ж-а эң акыркы максаты. Немец идеализми да болжол м-н ушундай түшүнөт. Т. азыркы учурда да дискуссиянын ж-а анализдин предмети болууда. Ошентсе да, жалпы детерминизм деген концепцияны изилдөөдө Т-лык детерминацияга себептик, статистикалык, механикалык ж. б. детерминациянын түрлөрүндөй эле башталмалык ж-а фундаменталдык орун берилүүдө.

**ТЕЛЕСНОСТЬ** – түз ж-а кыйыр мааниде «денелүүлүк», «материалдуулук», «жердик» деген түшүнүктөрдү билдирет. Т.- традициялык метафизикалык багыттагы ойлорду – субъект-объект, репрезантациянын бирдиктүү борбору, гносеологизмди имплицисттик жол менен көтөрүп мактоо ж. б. обочолонтуп сүрүп чыгууга кызмат кылган түшүнүк. Классикалык философия субъект-объект, дене-жан, трансценденталдык-имманенттик, тышкы-ички ж. б. түшүнүктөрдүн дихотомиясын түшүндүрүп чыга алган эмес. Ал эми булардын дихотомиясын тажрыйбанын биримдигине кайрылып, жеңип чыкса болот, анткени, Т. дал тажрыйбанын турукташтыруучу түзүлүшү (структурасы). Бирок, мында Т. объект да, дене мүчөсүнүн суммасы да эмес, ал өзгөчө түзүлүш, уюшулуш (образование), тактап айтканда, Адам тажрыйбасында белгилүү ар кандай ойлорго чейин туруктуу жашаган, бирок, баамдалбаган, ынандырылбаган горизонт болуп эсептелет. Рефлексиялык анализге алууга болбогон, ырааттуу рационалдык аракет схемасы боюнча ажыратылгыс Т. жаратылыш ж-а маданият объектеринин эң алгачкы башталышы болгон. Окумуштуулар Т. «феноменалдык дене», «потенциалдык дене», «мүчөсүз дене», «мүмкүн болуучу аракеттердин системасы», «либидиндик каалоо», «ойдун фигурасы», «тканы» же «аң-сезимдин интенционалдык актысынан мурда аны жараткан структура», «текст-өзгөчө түрдөгү дене» ж. б. аташкан. Т. дүйнө «ички», «тышкы» деп бөлүнгөнгө чейинки ага тике катышып турган факт. Ушундан улам Т. феномени дүйнөнүн «ички», «тышкы» деп ажыратылбастыгын билдирген илим предмети болуп калууда. Т. б-ча алганда субъект-странсценденталдык түшүнүк, субъекттин оюу – бул мейкиндик ж-а убакытка байланыштуу мүнөздөмөлөрдөн ажыраган, бирок өзүнө-өзү айкын ж-а «мен» деген түшүнүктү элестетет. Бул субъект денесиз ж-а өлбөс субъект, ал трансценденталдык формада жөнөкөй эле гносеологиялык абстракция эмес, ал реалдуу субъект оюн толук алмашкан түшүнүк. Натыйжада, аң-сезимден ыраттуу түрдө сезимдүүлүктүн бардык элементтери «туулган», аны м-н кошо аң-сезимдин дүйнө м-н байланышкан учурлары да токтогон, субъекттин аң-сезимин рефлексиялык контролго алууга болбойт. Трансценденталдык субъективдүүлүктүн чегинен чыгуу-ойдун «таржымалдык», «топографиялык» параметрлерин аныктоо максатын коёт. Мында, мис., Т. аң-сезимдин бир учурдагы абалын мүнөздөйт, ал б-ча субъект аң-сезими өзүн-өзү бийлей албай калат (катуу коркуу страх), катуу бузулуу (шок), жогорку эйфория, эмоция ж. б. Ал эми француз философу М. Фуко (1926–1984) Т. позициясында коомду социалдык ж-а денелик тажрыйбалардын өз ара шартталып иштелген тарыхый продуктусу деп аныктаган; дагы Т. терапевтик саясаттын эки формасынын – Адам денесинин анатомосаясаты менен калктын биосаясатынын бириккен түйүнү болот деген. Фуконун изилдөөсүн немец философу ж-а жазуучусу Э. Юнгер улантып, «жумушчу» м-н «солдаттын» дене фигураларын дал дене формаларын түзүүчү субъекттер катарында даана сүрөттөп жазган. Бирок бул фигуралар (эки эркек адамдын накта денелери гана) саясий-экономиялык, социалдык-психологиялык экспликация (шарттуу) белгилер аркылуу түшүндүрүү аркылуу же культурологиялык категориялар аркылуу андай кесиптеги адамдарды түшүнүп билүүгө мүмкүндүк бере албайт. Т-то анонимдүүлүк өзгөчө орун алган. Ал боюнча Т. тажрыйбанын эң жогорку синтези ж-а биримдиги катарында өзүнө гана тиешелүү дүйнөсү бар, ал дүйнөнү өзү рационалдыксыз, ишке ашуу функциясына баш ийүүсүз түшүнөт.

**ТЕМПЕРАМЕНТ** (лат. tempera-mentum – бөлүктөрдүн тиешелүү катышы) – адамдын психикасын мүнөздөгөн жеке өзгөчөлүктөрдүн жыйындысы. Т. сезимдин күчүнө жараша терең же үстүртөн, анын өтүү ылдамдыгына, туруктуулугуна же тез алмашуусуна карата билинип-көрүнөт; ошондой эле мүнөздө Т. индивиддин кыймыл-аракетинин өзгөчөлүгүнө жараша да болуп өтөт. Т-тин негизинде жогорку нерв иш-

аракетинин типтери жатат. Күчтүү, оор басырыктуу, сергек типтеги Т-тер сангвиниктик Т-ке туура келет; ошондой эле күчтүү, оор басырыктуу, бирок аз кыймылдуу нерв аракет типтери-флегматикалык Т-ке; күчтүү, токтоно албаган тип-холериктик Т-ке туура келет, мында көңүл чукул алмашылып, эмоциялык козголуулар, буулукма кыймылдар болот. Күчү аз, алсыз тип-меланхоликтик Т. мында сыртынан аз билинген, акырындык м-н келип чыккан, терең ж-а далайга созулган сезимдер өкүм сүрөт. Т. тубаса касиети бар нерв системасы м-н эле эмес, турмуш ж-а иш-аракет шарттары м-н да шартташкан. Т. индивиддин өмүр жолунда өзгөрүлбөс болуп калбайт. Түрдүү Т-тер инсандын бардык коомдук зарыл сапаттарынын, касиеттеринин өнүгүүсүнө тоскоол болбойт, бирок, ар бир Т. өзүнүн калыптануусунда өзгөчө жолду ж-а ыкма, арганы талап кылат. Т. Адам мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүнүн бир өбөлгөсүн түзөт.

**ТЕН** Ипполит Адольф – француз философу, тарыхчы, психологу, эстетиги. Антикалык философиянын таасирин, Спинозанын детерминизминин, Гегелдин эстетикасын, 18-к-дагы Франциянын материализмин айрыкча кондильяктын ж-а о. эле франциялык ж-а англиялык позитивизмди изилдеген. Т. «маданий тарыхый мектептердин баштоочусу, искусствонун философу» деген эмгегинде маданият коомдук кубулуш катарында каралган.

**ТЕНДЕНЦИЯ** (лат. tendere – багытталуу, умтулуу, каршылык көрсөтүү, каршы аракет кылуу) – кандайдыр бир кубулуштун ниет-каалоонун (Квинтенция), умтулуунун, максаттын өнүгүүсүн, ишке ашуусун камсыз кылуучу багыт ж-а өтмө мааниде мурдатан жаман ойдо болуп, кара ниеттик м-н терс умтулууну, терс максатты таңуулоо, ишке ашыруу багыты (каршы тенденциялуу-тенденциозность); алдыга коюлган идеалга, максатка жетүү үчүн болгон күрөштөгү көз караштардын ишенимдердин багыты; кандайдыр бир окуунун, теориянын, көркөм адабият чыгармаларынын негизги идеяларынын багыты; кандайдыр бир процесстин өнүгүүсүн, жүрүшүн мүнөздөп ишке ашыруу багыты ж. б.

**ТЕҢДИК** – адамдардын коомдогу бирдей абалын туюндурган түшүнүк. Т. ар кайсы тарыхый доордо, ар кайсы таптарда түрдүү мазмунга ээ болгон. Т. проблемасынын тарыхы коом таптарга жиктелгенден башталат. Улуу утописттер Т. Мор ж-а Т. Кампанелла биринчилерден болуп теңсиздикти өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчикке байланыштырган. Ж. Ж. Руссонун “коомдук келишим жөнүндө” деген атактуу эмгегинде айкын көрүнгөн.

**ТЕОДИЦЕЯ** (гр. theos – кудай ж-а dike – адилеттүүлүк; сөзмө сөз-кудайды актоо) – бул 17–18-к-дардагы Батыш ойчулдарынын диндик-философиялык доктриналары (термин Т. немец философу Г. В. Лейбниц тарабынан киргизилген). Т. окуусунда жалпыга тиешелүү жыргалчылык идеянын, жалпыны жаратып бийлеген кудайдын ж-а дүйнөдө көп орун алган адилетсиздик, азап чегүүлөрдүн ортосундагы карама-каршылыктарды жоюуга аракет кылган көз караштар, жоболор камтылган. Антикалык философия ж-а политеизм жер жүзүндө тараган жамандыкка (зло) космостук күчтөр жоопкер дешкен. Бирок, Сириялык философ С. Лукиан (125–180) өзүнүн «Зевс айып ачуучу» деген диалогунда бардык жаманчылыкка (зло) акыры барып кудай күнөөлү деп жазган. Платон м-н Августиндин жамандык (зло) дүйнөлүк гармониянын бир бөлүгү деген ойлорун Лейбниц өзүнүн эмгегинде колдонгон. Ал: “дүйнө кудай тарабынан жакшыртылып жаратылган” – дейт, – “ал эми жазыктар менен азаптануулар максималдуулар түрдүүлүктү ишке ашыруу үчүн гана кошулган...” Христиандык Т-да Кудай шайтандын азгыруусу боюнча өзүнө ишенүү күчүн текшерүү үчүн адамга-Ветхий заветтин авторлорунун бири Иовго улам-улам жаңы балакеттерди жиберип турган. Теолог Б. Августин Кудайды этикалык, эстетикалык жактан актайт: жамандык м-н келишүү мүмкүндүгү жамандык ж-а зарылдыгы; жөнөкөй эле бир көрүнүш; жакшылыктын жергиликтүү гана кемчилиги, анын тең эмес бөлүштүрүлүшү; жамандык дүйнөдө өзүнчө бир бүтүндүктү (целосность) түзбөйт; анда-санда гана пайда болот ж. б. Жамандыкты мындай позицияда түшүнүүнү Вольтер катуу сындап, мазактап күлгөн.

**ТЕОЛОГИЯНЫН БАШТАЛЫШЫ** же «Теологиянын негиздери», проклдын (5-к.) чыгармасы, теориялык философия б-ча колдонмо; неопозитивизмдин негизги түшүнүктөрүн ж-а методдорунун өзүнчө бир жыйындысы сыяктанган жападан жалгыз эмгек. 211 параграфтан турат, алардын баштапкы 112си неоплатончул философиясынын оппозиция түрүндөгү категорияларына арналган: жеке-көп, келип чыгуучу – чыгаруучу, жөнөө-кайтуу, өзүнө-өзү ээ – өзүнө-өзү ээ эмес, өзүнөн өзү кыймылдаган – башканын таасиринен кыймылдаган, түбөлүктүүлүк ж-а убактылуулук, бүтүн ж-а бөлүк, (жарты) пределдүү-пределсиз, чеги бар-чеги жок чексиз). Бул категориялар болмуштан сырт башталыш – бирдиктүүдөн келип чыккан болмуш иерархиясынын фонунда (акыл-жан-дене) каралат (параграф 20: «Баарынан жогорку дене – жандын маңызы, баарынан жогорку жан – ойлоо табияты, баарынан жогорку субстанция – бирдиктүү»). Калган 99 параграф бул оппозициялардын болмуштан сырт генад-кудайлардын, акылдын (нустун) ж-а жандын сферасын конструкциялоодо кандай функция аткарганын мүнөздөйт. «Теологиянын башталышы» физика м-н этика проблемаларына кирбейт. «Теологиянын башталышы» Псевдо Дионисия Ареопагитанын жазылышына, ал аркылуу бүткүл Орто кылымдын философиясына таасир эткен. Орто кылымдарда ашкере даңазалуу болгон

«Себептер туурасында китеп», «Т. б-нын» арабча котормосунун негизинде түзүлгөн латынча компиляция. 12-к-да Т. б. грекчеден латынчага Вильем Мербек тарабынан которулган. Бул котормону «Себептер туурасында китеп» м-н жакшы тааныш болгон Фома Аквинский пайдаланган. Т. б-нын кол жазмаларынын көпчүлүгү 15–16-к-га таандык. Пико дела Мирандолдун белгилүү «Тезистеринде» 55 тезис Т. б-нан алынган. 16-к-дан баштап ар түрдүү авторлор тарабынан Т. б-нын латынчадан грекче, 20-к-да англисче котормолору бир нече ирет басылган. Т. б-нын орусчасы А. Ф. Лосевдин котормосунда «Теологиянын алгач негиздери» («Первоосновы теологии») деген аталышта 1972-ж. жарык көргөн.

**ТЕОРИЯ** (гр. theoreo – изилдейм, карайм) – кең мааниде кандайдыр бир көрүнүштү түшүндүрүүгө багытталган көз караштар, түшүнүктөр ж-а идеялар жыйындысы; тар мааниде болмуштун белгилүү тармагынын мыйзам ченемдүү ж-а олуттуу байланыштары ж-дө жогорку өнүккөн формасы. Т. көп учурда эмпирикалык изилдөөлөргө көз каранды болбой математикалык ж-а логикалык формализмдер аркылуу өнүгөт. Анын мындай өз алдынчалыгы – теориялык ой жүгүртүүнүн артыкчылыгы. Бирок теория негизинен эмпирикалык изилдөөлөр м-н ажырагыс бирдикте аракеттенет.

**ТЕОСОФИЯ** (гр. theos – кудай ж-а sophia – акылмандык, билим сөзмө-сөз – кудай таануу) – 1. Кудайдын өзгөчө сырларын ачууга атаандашкан бардык мистикалык окуулар. 2. Буддизмдин мистикасын башка чыгыш окуулары м-н бириктирүүгө аракеттенген Е. П. Блаваттын мистикалык доктринасы ж-а анын жолдоочулары. Кээде теология м-н дал келүүчү түшүнүк (мис., "Ареопагатиках"). 1857-ж. Нью-Йоркто Е. П. Блават-ская тарабынан Т-лык коом негизделген (1831–91). 1913-жылга чейин бул коомдун активдүү өкүлү болуп антропософиянын түзүүчүсү Р. Штейнер болгон. Коомдун максаттары ж-а Блаватскаянын өзүнүн идеялары анын "Сырдуу доктрина" (1888), "Теософияга ачкыч" (1889) ж. б. эмгектеринде баяндалган.

**ТЕОФРАСТ,** Феофраст (б. з. ч. 370–288, 285) – байыркы грек философу ж-а окумуштуусу, перипатетик мектебинин ири өкүлү; Аристотелдин досу ж-а кызматкери, 322-жылдан баштап өмүрүнүн акырына чейин Ликейдин схолархы. Т-тын өмүр баяны Диоген Лаэритийде баяндалган. Диоген Т-тын эмгектеринин 4 каталогун сактаган. Алар биринчи жолу Александрия китепканасында түзүлгөн.

**ТЕРЕҢДЕТИЛГЕИ ПСИХОЛОГИЯ** – азыркы ар кыл чет элдик психология багыттарынын аталышы; ал өз изилдөөсүнүн предмети кылып адамдын түпкү күчүн, кызыгуусун ж-а тенденциясын алып, аң-сезимдин үстүнөн кайпып өткөн процесстерге каршы коет. Т. П-нын чеги так баамдалбайт: ар түрдүү агымдар м-н мектептерди (Фрейддин, Юнганын, Адлердин, эгопсихология, неофрейдизм ж. б. окууларды) өзүнө камтыйт. Адамдын жүрүм-турумунун мотивин чечмелөөдө Т. п. активдүү динамикалык ролду сезимсиздик мотивизацияларга айрыкча басым жасайт, ал өзүнчө метод м-н изилденет (психоанализ ыкмалары, прожективдүү тестүүлөр, психодрама ыкмалары). Т. п. психотерапиянын керектөөлөрүнөн чыгып, психологиялык факторлорго маани берген медицинанын жаңы тармактарынын өсүшүнө түрткү берген.

**ТЕРМИН** (лат. terminus – чек, чек ара) – илим, искусство, техника же өндүрүшкө тиешелүү атайын бир түшүнүктү так атоо үчүн алынып, көбүнчө бир мааниде колдонулуучу сөз же сөз тизмеги. Алар белгилүү бир технологиялык чегинде гана жашайт. Тилдеги башка сөздөрдөн Т. контекске көз каранды болбогондугу м-н айырмаланат.

**ТЕРТУЛЛИАН** Квинт Септимий Флоренс (160, карфаген, – 220) – христиандык богослов ж-а жазуучу. Римде соттук чечен катары чыккан; 195-жылдары христианчылыкты кабыл алып, Карфагенге кайтып келген. Кечирээк монтанистер м-н жакындашып, чиркөө м-н конфликте болгон. Өмүрүнүн акырында өзгөчө "тертулианистер" сектасын негиздеген. Т. протезтантизмдин ж-а христиандык теологиянын негизги агымдары бириктирүүгө аракет жасаган. Андан сырткары "маданияттын теологиясын" түзүү маселесин дагы алдыга койгон. К. Барттан айырмаланып Т. диндеги маданияттын баалуулуктарын ж-а адамзаттын автономдуу активдүүлүгүн сактоо зарылчылыгын баса белгилейт. Анын айтуусу б-ча кудайды кандайдыр бир бусам катары издөөгө болбойт ж-а жеке болмуш катары да пайда болбойт деген.

**ТЕХНИКА** (гр. techne – искусство, устаттык, билгичтик) – өндүрүш процесстерин ишке ашыруу ж-а коомдун өндүрүштүк эмес керектөөлөрүн тейлөө үчүн курулган каражаттардын тобу. Т. эмгекти жеңилдетүү, анын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында күч ж-а акыл эмгегине байланыштуу адамдын милдетин толугу м-н же жарым-жартылай аткарууга багытталган. Т. материалдык, маданият байлыктарын түзүүдө, энергияны алуу, жеткирүү ж-а өзгөртүүдө, жаратылыштын ж-а коомдун өнүгүү мыйзамдарын изилдөө, маалымат топтоо, сактоо, иштетүү ж-а берүүдө ж-а о. эле аскер ишинде да колдонулган.

**ТЕХНОКРАТИЯ** (techne – өнөр ж-а kratos – бийлик) – 20-к-дын башында пайда болгон буржуазиялык-социологиялык агым. Т-лык түшүнүк б-ча капиталисттик коомдун жаман жактары – мамлекетти "саясатчылар" башкаргандыгында, ал эми бийлик инженерлер м-н илимпоздордун (технократтардын) колуна өтсө, капитализм оңдолмок имиш.

**ТИЛ** – адамдардын байланыш каражаты катары кызмат кылган белгилердин системасы. Т-дин жардамы м-н дүйнөнү таанып билүү ишке ашырылат. Т. табигый ж-а жасалма болушу мүмкүн. Күндөлүк турмушта

пайдаланылчу Т. табнгый тил деп, ал эми кандайдыр бир өзгөчөлүү маселелерди түшүндүрүүчү, тар чөйрөдө колдонулчу тилди жасалма тил деп аташат. Мисалы, математикалык символиканын тили, физикалык теориялардын тили ж. б. Т.-социалдык кубулуш. Ой-жүгүртүүнүн жашаш формасы катарында көрүнүү м-н, тил ошону м-н катар аң-сезимдин калыптанышында чоң роль ойнойт. Т. топтолгон билимдерди сактоонун ж-а аларды кийинки муундарга өткөрүп берүүнүн каражаты болуп кызмат кылат. Т-дин жардамы м-н абстракттуу ой жүгүртүү ишке ашырылат. Кийинки мезгилдерде тил жалаң гана лингвистиканын эмес, ошондой эле логиканын ж-а семиотиканын да изилдөө объектиси болуп жатат. Ушуга байланыштуу азыркы замандын неопозитивизми философиялык изилдөөлөрдүн бүткүл проблематикасын тилди логикалык талдоо ишине ыйгарып салууну көздөшөт.

**ТИМАШЕВ** Николай Сергеевич (1886–1970) – орус-америка социологу, укук таануучу ж-а тарыхчы. Петроград политехникалык институтунун профессору (1916–20). 1928-ж. СССРден эмиграцияланып, 1936-жылдан АКШда жашайт. Т-дун ою б-ча, укуктук система бул-социалдык системанын ж-а анын өзгөрүүлөрүнүн өлчөгүчү, көрсөткүчү ж-а негизги “рефлектор”.

**ТИМЕЙ –** Платондун чыгармачылыгынын кечирээк мезгилине тиешелүү болгон Платондун диалогу. 1953-ж. Г. Оуэн “Т-ди”, “мамлекет” ж. б. ортоңку мезгилдин диалогдору м-н бир топко бириктирет. Х. Чернис болсо (1957) “Т-ди”, “мамлекеттен”, “Теэтеттен жана Парменидден” мурда жазылган деп сынга алат.

**ТИП** (гр. tupes – изи, формасы, үлгүсү) – 1) форма – маанилүү сапаттык белгилери м-н айырмаланган бир нерсенин түрү: үлгү, тиги же мунун модели; 2) изилденген реалдуулукту типтерге ажыратуунун бирдиги; 3) кандайдыр бир мүнөздүү касиетке ээ адам, адамдардын тобунун чыгаан өкүлү айрым алганда: Катмардын, улуттун, заманынын; (биологияда) – 1) жаныбар системасындагы жакын класстарды бириктирген жогорку таксономиялык категория. Т. терминин 1825-ж. француз илимпозу А. Бленвиль киргизген. Түрдүү Т-тин көлөмү ар башка, мисалы, былпылдактар тиби 5000ге, погонфорлор тиби 100гө жакын түрдү камтыйт.

**ТКАЧЕВ** Петр Никитич (1844–1886) – теоретик, публицист. Т-дун көз караштары 60-жылдардагы революциячыл демократтардын идеяларынын таасири астында калыптанган. Мис., Лавровдон айырмаланып, Т. Россиядагы социалдык философия негизинен ишке ашышы керек деген. Т-дун ою б-ча социалдык революция өлкөдө токтоосуз буржуазиялык мамилелер калыптана электе башталышы керек. Буржуазия калыптанганда гана революциячыл көңтөрүштү көпкө чейин созуп, кечеңдетип коюшу мүмкүн. Т. орус элинен, анын ичинде общиналык дыйканчылыктан “институту” б-ча ж-а “салты” б-ча социалисти көргөн. Т. орус элинин революциячылыгы эскини талкалап “азчылыктын бийлигин жана авторитерин” күч м-н чече алат деген ишенимде болгон. Т-дун негизги эмгектери: “Коомдук өзүн-өзү сактоонун мыйзамы” (1870), “Россиядагы революциялык пропаганданын маселелери” (1874), “Фридрих Энгельс мырзага ачык кат” (1874), “Набат” (1875), “Революция жана мамлекет” (1876) ж. б.

**ТОГУСАКОВ** Осмон (1953-ж. т., Чүй обл., Ысыката р-ну, Кызыласкер айылы) – географ, философия илимдеринин доктору (1993). 1979-жылы КМУнун география факультетинин (1979) бүтүргөн. 1989–91-ж. докторантурада (Алматы ш.) окуган. 1979-жылдан баштап Кыргыг ИАнын Философия ин-тунда кенже, улуу илимий кызматкер, окумуштуу катчы болуп иштеген. 1992-жылдан декабрынан Кыргыз Респ-нын ИАнын Философия ин-тунун директору. Эмгектери табият таануу ж-а техниканын философиялык маселелерине арналган. Илимий теориялык изденүүлөрдү алдын ала андап билүүнүн, прогноздоонун диалектикасын, анын илимдеги ж-а практикадагы методологиялык маанисин тастыктоого багытталган. 20дан ашуун илимий эмгектери (а. и. 2 монография, 2 монографияга авторлош) бар. Эмгектери: “Философский анализ проблемы предыдения” (1984). “Элдик мурастын философиясы” (Авторлош) Окуу куралы. Б., (2001) ж. б.

**ТОЙНБИ** Арнольд Джозеф (1889–1975) – англия тарыхчысы ж-а социолог. Анын тарыхтын философиялык коомдук прогресс түшүнүгүн “цикилдик теория” м-н алмаштырат. Бүткүл дүйнөлүк тарых анын ою б-ча “цивилизациянын” жыйындысы катары каралат. Шпенглерден айырмаланып, Т. батыш цивилизациясын клерикализм жолу м-н сактоо мүмкүнчүлүгүн далилдеген. Дүйнөлүк тарых бирдей фазалардан өткөн цивилизациянын жыйындысы катарында каралат: туулуш, өсүш, кыйраш, ириш, өлүм.

**ТОЛАНД** Жон (1670–1722) – англиялык философ, материалист. Т. атеизмдин позициясында турган: ал жандын өлбөстүгүн, дүйнөнүн жаралышын четке каккан. Анын “Сыры жок христианчылык” деген китеби өрттөлүүгө берилип, өзү болсо качып кеткен. Т-га француз философтору – Вольтер, Ридро, Гольбах Гельвеций ж. б. чоң таасир көрсөткөн. Диндин дестик сынынан баштап, атеизмдин ээлеген ордунда турган: ал жандын өлбөстүгүн, дүйнөнүн жаралышын ж. б. четке каккан. Т-дын негизги эмгеги анын материя ж-а (кыймыл) ж-дөгү окуусу, кыймыл материянын ажырагыс касиети. Ушул орунда Т. Спинозаны кыймылды материянын негизги касиети эмес деп эсептегени үчүн сынга алат. Т-дин ою б-ча материя түбөлүктүү ж-а өлбөс.

**ТОЛСТОЙЧУЛУК –** коомдук акыл-ойдогу диний-утопиялык багыт ж-а 19-к. аягы 20-к. башындагы Л. Н. Толстойдун окуусунун негизинде түзүлгөн Россиядагы коомдук кыймыл. Т-дун диний – философиялык көз

карашынын калыптануусуна конфуцианчылыктын, буддизмдин идеялары ж-а Руссо, Шопенгауэр чоң таасир көрсөтүшкөн. Т. ар кандай цивилизацияны, маданиятты четке кагып, дыйкандык эмгекти; жалпысынан идеялаштырат. Анын ою б-ча, адам Кудайга кызмат кылууда рухий жактан гана эркин. Эстетика б-ча эмгегинде (“искусство деген эмне?”) ал декаденчиликке каршы чыккан. Т. искусствону ишмердүүлүк катары аныктап, анын негизинде адамдар бири-бирине сезимдерин беришет деген. Бирок, адамзаттын эң жогорку максатын “Кудайдын падышачылыгын” таратууда көргөн. Ал мындай жыйынтыкка келет: “Искусствонун жетектөөчү идеясы диний идея болмуш керек”. Толстой ошол кездеги Россиядагы мамлекеттик мекемелердин, соттордун, чиркөөнүн, бийлик аппаратынын сынына дуушар болгон. Т-лук өзүнүн жактоочуларын Батыш Европада, Японияда, Индияда (Ганди) тапкан ж-а алар 1880–1900-ж. Улуу Британияда ж-а түштүк Африкада Т. колонияларды түзүүгө аракет кылышкан.

**ТОЛУКТООЧТУК –** метафизиканын салттуу принциптеринен чыгуу үчүн, айрыкча, башталуу, булак, алгачкы себеп принциптери м-н чектелбөө үчүн Деррида тарабынан киргизилген түшүнүк. Т. башталуунун бир эле мезгилде мүмкүн экендигин ж-а мүмкүн эмес экендигин түшүндүрөт: башталууну конструкциялоо алгач башка бир башталууну алмаштырууга көз каранды – башталуу дайыма бир нерседен башталып, экинчилик мүнөзгө ээ. Т. – бул айрымалоочу операция болуу м-н бирге бир эле убакта жаңынын кошулушун үзгүлтүккө учуратып, токтотуп, аны бөлүнүүгө, күтө турууга мажбурлайт. Т. барыдан мурда кошумча толуктоо милдетин аткарып,ал терминдердин, түшүнүктөрдүн же кубулуштардын баштапкы жетишсиздиги, толук эместиги м-н шартталган. Т. «өзүнө өзү жетиштүү» түшүнүктөргө карата айрым бир айырмачылыктарды толуктоонун структуралык зарылчылыгын туюнтуп, ошол түшүнүктөрдүн өзүндөгү жетишсиздикти, боштукту толуктайт. Х. Мейнерс бул түшүнүк аркылуу тигил же бул замандагы ой жүгүртүүлөрдүн образы м-н маданияттын жалпы абалынын ортосундагы байланышты түшүндүрсө, Д. Тидеман ал түшүнүк м-н философияны саясат, укуктар м-н б. а. коом турмушунун ар кыл жагдайлары м-н байланыштырган.

**ТОМАС** Уильям Айзек (1863–1947) – америкалык социолог, социологиядагы психологизмдин өкүлү. Т-тын теориясынын негизин – социалдык ахвал түшүнүгү ж-а бири-бири м-н байланышкан 3 элемент түзөт: объективдүү шарт (социалдык нормалар ж-а баалуулуктар); индивид м-н топтордун багыттары; негизги өкүл м-н ахвалды түшүндүрүү. Ф. Занеский м-н жазган китебинде “Польшалык дыйкан Европада жана Америкада” (1918) деген китебинде экинчи элементке кеңири көңүл бурулат. Индивиддин ахвалга болгон түшүнүгү топтук баалуулуктарына дал келбей калышы, конфликти (жаңжалды) ж-а коомдогу көптөгөн ооруларды туудурат.

**ТОМИЗМ** – схоластикалык философиядагы ж-а католиктердин окуусундагы багыт, Фома Аквинскийдин таасири астында жаралат. Т-ге диний суроолордо ортодоксолдык позицияны ж-а ошону м-н бирге акыл- эсти четке какпай бириктирүү мүнөздүү. Ушуга байланыштуу: Аристотелдин окуусуна жакын, Платон м-н неоплатониктерге караганда, гнесеологияда берилүү м-н аң-сезимдин табигый түсүнүн ортосу так бөлүнүшү керек; теологияда болсо – космологиялык ишендирүү м-н кудайдын бар экени, онтологияга салыштырып караганда ишеничтүү далил катары антропологияда болсо адамдын жаны м-н денеси бирдикте деп, мында жан “субстанциалдык форманы” берет деп түшүнүү.

**ТОИИЛОГИЯ** – 1) нерселерди кубулуштарды жалпылаган моделдин же типтин жардамы м-н топторго бөлүүгө негизделген илимий таанымдын ыгы. Т. жанаша же ар башка жашаган нерселердин белгилерин, байланыштарын, кызматын, мамилелерин, түзүлүшүн салыштырып изилдөө үчүн колдонулат. 2) Типтүү конструкцияларды иштеп чыгуу же стандартташтыруунун методдорунун бири.

**ТОПТУК ДИНАМИКА –** кичине топтордо болуп жаткан психологиялык процесстерди изилдей турган социалдык психологиянын тармагы. Бул термин адегенде немец психологу Левин тарабынан негизделген мектепти белгилөө үчүн колдонулган. Левиндин мектебинде лабораториялык эксперимент шартында кичине топтордун билими, ынтымагы ж-дө маанилүү фактылар алуу үчүн методдор системасы иштелип чыккан. Аталган термин социалдык психологияда топтук процесстердин бардык жыйындысы катары да колдонулат. Мындай изилдөөлөр прикладдык мааниге ээ.

**ТОРО** Генри Дейвид (1817–1862) – америкалык философ романтик, жазуучу. Т. “транцентенталдык клубдун” мүчөлөрүнө ж-а клубу негиздөөчүсү Эмирсонго жакын болчу. Т-нун философиясынын негизги белгиси – америкалык коомдогу жаңы принциптерге сын берген. “Өз эмгеги менен иштеген эмгекчинин жакырчылыгын”, адамдардын чыгармачыл ийгилигинин жоктугунан деп ой жоруган. Ушул принцибин иш жүзүндө ашырыш үчүн Т. эки жыл бою жалгыздыкта Уолден якөлүнүн жээгинде жашаган, өзү кара күч эмгеги, балык уулоо, чогултуу м-н жан сактаган.

**ТОТАЛИТАРИЗМ** (лат. totalitas – бүтүн, толук) – 1) авторитардык буржуазиялык мамлекеттин бир түрү; 2) буржуазиялык саясий ой пикирдин этатизм м-н авторитаризмди актаган багыты. Т. капитализмдин жалпы кризис шартында фашисттик агымдын өнүгүшү м-н таралып, фашисттик Германия м-н Италиянын

официалдуу идеологиясына айланган. “Кансыз согуш” мезгилинде Т. түшүнүгүн антикоммунистик пропаганда социалисттик мамлекеттерге каршы пайдаланып, аларды фашисттик режимдер м-н окшош деп ушакташкан.

**ТОФФЛЕР ОЛВИН** (1928-ж. т.) – америкалык социолог ж-а публицист, “юриспруденциялык коом” деген концепциянын авторунун бири. “Келечек менен жолугушуу” (1970), “Үчүнчү толкун” (1980) ж. б. эмгектеринде адамзат жаңы технологиялык революциянын башынан өткөрүп жатат, бул үзгүлтүксүз социалдык мамилелерди жацыртууну ж-а жогорку индустриялык цивилизацияны түзүлүшү келип чыгат деген. Ал мындай жыйынтыкка келген: мамлекеттик монополиялык капитализм, илимий-техникалык революциянын ж-а экономикалык карама-каршылыктар м-н социалдык конфликти жоё албайт.

**ТӨЛГӨ САЛУУ** – кандайдыр бир нерселерге тез ишенүүчү адамдар тарабынан өткөн окуяларды же боло турган иштерди алдын-ала билүү үчүн төлгөчүлөргө кайрылуу. Мис., таш м-н төлгө тартуу, жылдыздар, асман телолору аркылуу эсептөө, далыны окуу, карта ж-а кофе тунмасы м-н төлгө ачуу ж. б. Ошондой эле бал ачуунун кецири тараган формасы – адамдын алаканындагы чиймелер аркылуу келечегин айтуу исткусствосу эсептелет (кара, *Хиромантия*).

**ТРЕЛЬЧ** Эрнст (1865–1923) – немец протестанттык теолог, философ, социолог ж-а диний тарыхчы. Т-тин диний философиялык көз караштары либералдык протестантизмдин багытында калыптанган. Ал Европалык маданияттын өнүгүшү м-н байланышкан христианчылыктын эволюциясын анализдеген теологиянын тарыхый методун иштеп чыгууга аракет кылган. Анын негизги эмгеги христиандык чиркөөлөрдүн ж-а группалардын социалдык окуусу деп аталат. Т. диний группалардын (чиркөө, секта, мистикалык коом) типологиясын түзгөн. Ал өмүрүнүн акырында философия багытында көп эмгектенген. Тарыхый процесстин кайталанбастыгын баса белгилеген. Ал эми этикада неокантианчылыктын персонализмге эволюциялаштырган.

**ТРИАДА** (гр. trias – үчилтик, үч жактуулук) – үч жактуулук, өнүгүүнүн үч тепкичтүүлүгү. Т. түшүнүгү биринчи жолу Платон ж-а неоплатониктер (негизинен Прокл) тарабынан колдонулган, о. эле немец классикалык философиясында, өзгөчө Гегелде кецири өнүгүүгө ээ болгон. Т-нын рационалдык мазмуну маркстык философия тарабынан өнүгүүнүн процессин мүнөздөө үчүн колдонулган.

**ТРОП** (гр. tropos – айкаш) – өтө мааниде колдонулуучу сөз же сөз айкалыштарынын жалпы аталышы. Кайсы бир белгилерде окшош жагы бар эки нерсени салыштыруу Т-тун негизин түзөт. Т-тор тике маани м-н өтмө маанинин байланышына карай метафора, метонимия, синекдоха, эпитет, салыштыруу, гипербола, ирония сыяктуу түрлөргө бөлүнөт. Тилдик каражат катары сөздөрдүн пайдалануу чөйрөсүн кецитет, сөздүн эмоциялык касиетин жогорулатат, кубулуштун мүнөздөмөлөрүн жиктеп, салыштырылып жаткан нерселер ж-дөгү түшүнүктү тереңдетет. Т. кадыресе күндөлүк тиричиликте, көркөм чыгармаларда арбын колдонулат.

**ТРУБЕЦКОЙ** Евгений Николаевич (1863–1920) – орустун диний философу, укук таануучусу, коомдук ишмер, князь. Диний философиялык багыттагы идеяларды жараткан. Т-дун саясий көз караштары кадетизмден дүйнөнү жацыртууну эволюциялаштырган. Совет бийлигине каршы граждандык согуш учурунда катышкандардын бири. «Таанып билүүнүн метафизикалык божомолдору» (1917) “Турмуштун мацызы” (1918-ж.) деген эмгектеринде философ Соловьевдин эмгектерин сындаган.

**ТРУБЕЦКОЙ** Сергей Никлаевич (1862–1905) – орустун философ-идеалисти. 1885-ж. Жогорку окуу жайын бүтүрүп, Москвадагы университетте окутуучу болуп иштей баштаган. 1900–05-ж. «Философиянын жана психологиянын маселелери» деген журналдын редактору болгон. 1905-ж. Москва мамлекеттик университетинин ректорлугуна шайланган. Киреевскийдин, Хомяковдун, Соловьевдун көз-караштарына кошулган. Чексиздик Трубецкойдун түшүнүгү б-ча, сезимдердин кудайга багытталган формалары. Антикалык философия боюнча дагы көптөгөн эмгектерди жараткан.

**ТУБАСА ИДЕЯЛАР** – сезим дүйнөсүнө эч катышы жок адамдын акыл-эсине башынан, төрөлгөнгө чейин эле тиешелүү, тажрыйбадан көз каранды эмес түшүнүктөр, билүүлөр элестер. Тубаса идеялардын катарына математика м-н логиканын аксиомаларын ж-а философиянын баштапкы принциптерин, моралдык баалуулуктарды кошушат. Тубаса идеялар жөнүндө окууну Платон негиздеген. Кээ бир философтордун пикири б-ча, тубаса идеялар Кудай тарабынан берилет (Декарт), же тубаса идеялардын өнүгүүсүнө сезим тажрыйбасы шарт түзгөн акылдын шыгы же жөндөмдүүлүгү (Лейбниц). Интеллектуалдык интуициянын рационалисттик теорияларында, кээ бир абалдар, түшүнүктөр акылга башынан тиешелүү эмес, алар эс-акылда аныктыкты байкоонун негизинде аңдалат, деп айтылат. Кант тажрыйбадан көз каранды эмес, тажрыйбага чейинки тубаса идеяларды четке какканы м-н тубаса идеялар концепциясына окшош априордук форма жөнүндө окуусун жараткан. Тубаса идеялар теориясы гносеологиянын сезимдик ж-а рационалдык таанып концепциясына каршы турат. Тубаса идеялар концепциясын жаңы формада кайра жаратуу аракети тилдик универсалийлердин бар болгондугун абсолютташтырган ж-а тил м-н сүйлөө эрежелеринин, аң-сезим м-н тилдин тыгыз байланышын танган америкалык лингвист Н. Хомский тарабынан жүргүзүлгөн.

**ТУЛМИН** Стивен Эделстон (1922-ж. т.) – америкалык философ; антипозитивдик агымдын өкүлү. 50-ж. башында Т. позитивдик эмес абалды сындап чыккан. Т-дин пикири б-ча, эволюциянын негизги мүнөзү Дарвиндик биологиялык схема м-н дал келет.

**ТУРЕН** Ален (1925-ж. т.,) – француз социологу, Нантер университетинин профессору. Социалдык кыймылдын изилдөө борборунун жетектөөчүсү. Ал капитализмдин саясий институттары м-н социализмдин ортосундагы айырмага, сапаттарга каршы чыккан.

**ТУУРА СЕГИЗ ЖОЛ** (Восьмеричный (благородный) путь) – Буддизмде азап чегүүдөн куткаруучу жашоонун «ортоңку жолу». Буддизмдин негизинде «асыл чындыктар» турат. Алар: жашоо – бул азап чегүү; азап чегүүнүн себеби бар; азап чегүүнү жок кылса болот; азап чегүүнү жок кыла турган жол бар. Бул жол («ортоңку же туура сегиз жол») сегиз этаптан турат: туура аңдоо, туура умтулуу, туура ойлоо, туура сөз, туура аракеттенүү, туура жашоо-тиричилик, туура иш жасоо,туура ыкылас коюу. Ушундай туура жол төмөнкү тутумдардан: бул дүйнөдөгү жашоону жакшы көрүүдөн, кумардануу сезиминен, эңсөөдөн, жек көрүнүүнүн, текебердүүлүктүн туткунунан бошотот. Туура жолдун ишке ашуусунун эң жогорку баскычы болуп нирвана абалына жетүү же «эңсөөнүн туткунунан кутулуу» эсептелет. Туура сегиз жолдун өз тартиби бар. Маселен, туура аңдоо – төрт «асыл чындыкты» тийиштүү даражада түшүндүрүү; туура умтулуу – өзүнүн жашоосун кабыл алынган төрт чындыкка ылайык кайра курууга ыклас, эрк; туура ойлоо – бардык нерсенин түбөлүксүздүгүн түшүнүү ж-а түркөйлүктөн, билбестиктен, түшүнбөстүктөн, өзүм-чүлдүктөн баш тартуу; туура сөз – калп ж-а адепсиз сөз айтпоо; туура иш жасоо – тирүү жандыкка залал келтирбөө, уурулуктан, пайдакерчиликтен өзүн кармануу; туура жашоо тиричилик – адал эмгек м-н жашап, маңдай тердин акысын гана алууну өнөкөт кылуу, туура аракеттенүү – азгырыктар м-н ар дайым күрөшүү, акыл м-н дененин инерциясына туруштук берүү; туура ыклас коюу – бардык аффектилерден кутулуу, адамдын ички дүйнөсүнүн түгөл болуусу, камырабастыгы, көңүл коштугунун натыйжасында нирванага, буддизмдин эң жогорку баалуулугуна көтөрүлүү.

**ТҮБӨЛҮКТҮҮ ЧЫНДЫК** (Вечная истина) – адетте догматикалык, метафизикалык окуулар м-н диний китептерде, чындык дайыма түбөлүктүү б. а. бардык мезгилде ж-а шарттарда өзгөрбөстөн калуусу керек дегенди билдирген ж-а кабыл алынган түшүнүк. Алардагы ой боюнча Т. ч. кийинчерээк өзгөрсө, анда ал чындык эч качан түбөлүктүү болгон эмес. Маркстык философия бул окууларды сынга алуу м-н Т. ч-тын болушун четке какпайт. Мис., так аныкталган, өзгөрүүгө дуушар болбогон фактылар. Бирок Т. ч-тар, чындык болуп салыштырмалуу, белгилүү чекте гана болуп, чектелген гана областтарда колдонулат. Убакыт өткөн сайын алар тактала берет. Т. ч. – таанып-билүү процессинде салыштырмалуу чындыктан абсолюттук чындыкка жетүү жолундагы бир баскыч болуп саналат.

**ТҮБӨЛҮКТҮҮЛҮК** (Вечность) – дүйнөнүн материалдык бирдиктүүлүгү, материянын ж-а анын атрибуттарынын кимдир бирөө тарабынан жаратылбаганы ж-а жок болуп кете албаганы м-н шартталган, материалдык дүйнөнүн жашаш мөөнөтүнүн чексиздиги, учу-кыйыры жоктугу. Т. негизинен материяга гана мүнөздүү ж-а таандык: конкреттүү ар бир материалдык система убакытта өзүнүн башатын ж-а акыркы чекке ээ болуп, өтмө мүнөздө болот. Материалдык дүйнөнүн Т-түүлүгүн моюнга алуу – материалисттик философиянын башкы принциби. Ал эми теология м-н объективдүү идеализм Т-тү кудай же абсолюттук духтун атрибуту, б. а. ажырагыс касиети катарында эсептешет. Мындай көз караштар тажрыйба м-н илим тарабынан четке кагылат.

**ТҮР ЖАНА ТҮРГӨ** (Вид и род), л о -г и к а д а – организмдер системасындагы негизги структуралык бирдик: алардын эволюциясындагы сапаттык этап. Ар бир Т. жаратылышта тарыхый жол м-н келип чыккан бир бүтүн нерсе (система) катары жашайт. Т. организмдерден (индивиддерден) туруп, алардын мыйзамченемдүү түзүлгөн жыйындысы болуп саналат. Ал эми ар бир индивид өзүнүн жеке өзгөчөлүктөрү м-н бирге Т-гө тийиштүү жалпы касиеттери м-н мүнөздөлөт. Т. татаал ички түзүлүштөргө ж-а көп түрдүү табигый өзгөчөлүктөргө ээ. Анын эң жөнөкөй структурасын популяция түзөт, демек ал популяция формасында жашайт. Т-дүн көп сандаган түрчөсү да бар. Өсүмдүк, жаныбарларын ар тараптан изилдөө биологиядагы Т. ж-а түрөчө ж-дөгү түшүнүктөрдүн түзүлүшүнө өбөлгө болду. Анын илимий негизин Ч.Дарвиндин эволюциялык теориясы түзгөнү м-н ал ар дайым өнүгүү ж-а өзгөрүү абалында турат.

**ТҮШ КӨРҮҮ** – көзгө элестөөлөр ж-а баштан өткөргөн субъективдүү көрүнүштөр м-н коштолуучу түш көрүү учурундагы дайыма боло бере турган кадыресе психикалык процесс. Психиканы ж-а организмди турукташтыруу Т. к-нүн негизги кызматы болуп саналат. Адамдын жан дүйнөсүндөгү өзгөчө көрүнүш катары Т. к. адамзат тарыхында узак убакыттар бою өзүнө көңүл бурдуруп ж-а фольклордо, мифологияда, динде, философияда, илимде, ж. б. ар түрдүү түшүндүрүлүп келген. Көптөгөн ырым-жырым, ишенимдердин жаралышына себеп болуп, кээде ар кандай акылга сыйбаган нерселер м-н түшүндүрүлгөн. 20-к-да Т. к. ар кандай психологиялык, физиологиялык ж-а философиялык, диний окууларда илимий иликтөөлөрдү, теориялык «кызыл кулактыкты» пайда кылды. Алсак, Фрейддин ою боюнча, Т. к. каалоо-тилекти ишке

ашыруунун өзгөчө жолу, ар бир Т. к. – псххоаналнтикалык жактан чечмелөөгө мүмкүн болгон ж-а адам психикасындагы аң-сезимсиз процесстерди таанып-билүүгө жардам берүүчү мааниге ж-а символикага (дээрлик сексуалдык мүнөздө) ээ. Фромдун ою боюнча, Т. к. түш мезгилиндеги акыл ишмердиги. Азыркы маалыматтарга ылайык, түш көрбөө же анын начар болушу нерв оорусуна, же башка психикалык бузулууларга алып келет. Көпчүлүк элдерде, анын ичинде кыргыз элинде да түш жоруунун калыптанган мазмундары бар.

**ТЬЕРРИ** Шартрский (1149–1155-ж.). Шарт мектебинин өкүлү, орто кылымдын улуу философу. Жазуунун ж-а физиканын синтезин түзгөн. Аристотелдин, Платондун, Пифагордун окууларын жактаган. Анын оюу боюнча материя 4 элементке ажырайт, ал 4 элемент бири-бирин аныктайт. Т-нин сандык виртуалдык спекуляциясы орто кылымдагы схоластикада унутула баштаган, бирок Николай Кузанскийдин системасында кайра каралган.

**ТЫНЧТЫК** – адамдардын, социалдык топтордун же мамлекеттердин ортосундагы мамилелердин абалы, анда куралдуу күчтөрдү ж-а зомбулукту колдонуу м-н жаңжалдар болбойт. Т. өзүнүн багыты ж-а мазмуну боюнча согушка карама каршы.

**ТЫНЧТЫКТА ЖАНАША ЖАШОО** – коомдук түзүлүштөрүнө карабастан мамлекеттердин ортосундагы мамилелердин тиби, ал төмөнкүлөрдү болжолдойт: талаш маселелерди согушсуз чечүүнүн каражаты катары күч колдонуудан же күч м-н коркутуудан баш тартууну, аларды сүйлөшүүлөр жолу м-н чечүүнү; бири-биринин ички иштерине кийлигишпөө ж-а мыйзамдуу таламдарын эсепке алуу; элдердин өз тагдырларын өз алдынча чечүүлөрүнө укук берүү; мамлекеттердин эркүүлүгүн, аймактык бүтүндүгүн ж-а алардын чек араларынын бузулгустугун урматтоо; толук тец укуктуулуктун ж-а өз ара пайданын негизинде кызматташуу; жалпы таанылган принциптердин ж-а эл аралык укуктун нормаларынан, түзүлгөн эл аралык келишимдерден келип чыгуучу милдеттенмелерди ак ниеттүүлүк м-н аткаруу.

**ТЮБИНГЕНИСТТИК МЕКТЕП** – немецтик, протестанттык теологиянын багыты. Тюбинген университетинде өнүккөн. Т. м-тин тарыхтагы биринчи этабы 1777–97-ж-га туура келет. Х. Г. Штордун ишмердүүлүгү м-н байланышкан. Тюбинген университетинде Гегель, Шеллинг, Гельдерминдер окушкан. 1830-ж. Гегелдер тарабынан жацы мектеп негизделген. Т. м-тин өкүлдөрү Библияга, мифологиялык мектептерге карата сындарды жазышкан.

**ТЮРГО** Анн Робер Жак (1727–1781) – франциялык экономист, социолог, саясий ишмер. Гольбахтын, Дидронун, Гельвецийдин материалисттик көз – караштарын колдогон. Өзүнүн тарыхый-философиялык иштеринде Вольтер Кондорсе м-н катар прогресстин буржуазиялык теориясын жактаган. Коомдук өнүгүүдө экономиканын өсүүсүнө чоц маани берген. Илимдин, техниканын өсүшүнө карата өзүнүн идеяларын билдирген. Коомдун таптык бөлүнүүлөрүнө, маяналардын маанисине карата өз ойлорун билдирген. Негизги эмгеги «Байлык жөнүндө ой-жүгүртүү жана аны бөлүштүрүү» аталат. 1776-жылы жазылган.

**УБАКТЫЛУУ ЛОГИКА** (Временная логика) – чыныгы мааниси убакыттын тигил же бул белгилүү кырдаалында (аралыгында) объектин жашоосунун байланышын көрсөткөн, айтылган пикирлердин операцияларын изилдөөлөрдө формалдуу-логикалык эсептөөлөрдө колдонулуучу математикалык логиканын багыттарынын бири: чыныгы мааниси убакыттын параметринен көз каранды болгон пикирлерди «убактылуу» пикирлер деп аташат. Убактылуу логиканын пайда болушун 20-к-дын 40-жылдарына таандык деп эсептешет. Себеби Дж. Н. Финдлей «Убакыт: кээ бир табышмактарды карап чыгуу» (1941) аттуу макаласын жарыялайт. Бирок, Э. Ф. Караваевдин айтуусунда Финдлей көптөгөн идеяларын жаратуусунда англис идеалист философу Дж. Э. Мак-Таггартка милдеттүү. Кийин убактылуу логиканын маселелерин Дж. Смарт, П. Т. Гич, Б. Матес, Г. Рейхенбах, Н. Ресчер, Дж. Гарсон ж. б изилдешкен. У. л. модалдык логика м-н байланыштуу. У. л. иштеп чыгуулары деонтикалык логиканын өнүгүүсүнө жакшы таасир тийгизген. У. л. кээ бир бөлүмдөрү кибернетикада колдонулат.

**УБАКЫТ** (Время) – бири-бирин алмаштырып турган (дүйнөдөгү кыйроо, талкалануу, жаралуу, орноо, өнүгүү ж. б.) объектилерди координациялоо формасы. Асман телолорунун жолунун бөлүгү м-н өлчөнгөн объективдүү убакытты, убакытты баамдоого негизделген, субъективдүү убакыттан айырмалоо керек. Убакыт кайталанбайт: бардык процесстер, жаратылыштын кубулуштары бир абалда бир жолу гана болот. Августин м-н Лейбниц айтып кеткендей, У. өткөндөрдү, учурду, келечекти баамдоого мүмкүнчүлүк берген адамдын жашоосунун жолу. Ошондуктан убакытты адамдын болмушунун шексиз өбөлгөсү катары кароо зарыл. Азыркы физика объективдүү убакытты таанып, анын ордуна төрт өлчөмдүү (ченемдүү) континуумдун

координатын коюшат. «Тарыхый убакыт» деп аталган заман өзүнө болжол м-н алты миң жылды, тарыхка чейинки убакыт – бир нече жүз миң жылдыктарды, геологиялык убакыт – бир нече миллиард жылдарды камтыйт, космостук убакыт – чексиз. Эгер адам болжол м-н Жерде 550 миң жыл жашайт деп, 550 миң жылды бир суткага барабарласак, анда 6 миң жылдык дүйнөлүк тарых 24 сааттын акыркы 16 мүнөтүн түзөт.

**УПАНИШАДДАР** (санскрипт upa – жанында ж-а sacl – мугалимдин жанында отуруу) – Веданын бөлүмдөрүнүн бири, байыркы Индиядагы ведалык гимндерге диндик-философиялык комментарийлер. У-дар б. з. ч. 10–6-к-га таандык. Ведалык кудайлар ж-а салт-санаалар, үрп-адаттар У-да жаңы мазмун м-н берилет. У. алгач чындыкты таанып-билүү максатында мугалимдин жанында олтуруу дегенди билдирген. Кийин бул термин «жашыруун окууну» билдире баштаган: «Биз кимбиз?», «Биз кайдан келдик?». «Биз кайда баратабыз?»

**УТИЛИТАРИЗМ** (лат. utilitas – пайда) – 1. пайдалуулук көз карашы; адамдын аракети, ишмердүүлүгүнүн максаты, бардык нерседен материалдык пайда жыргалчылыгын алууга багытталуусу керек деген этикадагы багыт. Ал "адамдардын көпчүлүгү көбүрөөк бактылуу болгусу келет, ошону м-н жалпы коомдук жыргалчылыктын орношун камсыз кылышат жана аны менен бирдикте өз жыргалчылыгы үчүн да кам көрөт" – деп эсептеген. Этика У. багыты Стюртг Милль, Зидаш ж. б. тарабынан улантылган.

**УТОПИЯЛЫК СОЦИАЛИЗМ** (гр. ou – жок, topos – орун) – мүлктүн жалпылыгына чогуу эмгектенүүгө ж-а адилеттүү бөлүштүрүүгө негизделген идеалдуу коом ж-дөгү окуу. У. с. түшүнүгү Т. Мордун "Утопия" (1516) деп аталган эмгегинен келип чыккан. У. с. ири өкүлдөрү: Т. Мющер, Т. Кампанелла, Ж. Мельс, Морелли, Г. Бабёф, А. Сен-Симон, Ш. Фурье, Р. Оуэн, А. И. Герцен, И. Г. Чернышевский ж. б. болушкан.

**УЧУР** (Вехи) – 1909-ж. белгилүү орус диний-философтор тобу (Н. А. Бердяев, С. Н. Булгаков, П. Б. Струве, С. Л. Франк, М. О. Гершензон, А. С. Изгоев) түзгөн «Орус интеллигенциясы ж-дөгү макалалар» жыйнагы. Жыйнак орус боштондук кыймылынын көз карашы ж-а тажрыйбасы ж-дө либералдык буржуазияны баалоону өзүнө камтып, 1905–07- жылдардагы революциядан кийин орус либерализминин бул кыймылдан бөлүнүүсүн белгилеген. Жыйнактын өзөгүн, 1890-жылдарда өздөрүн К. Маркстын тарапкери деп эсептеген, бирок кийинчерээк идеалисттик философияны жандандырууга үгүт-төгөн, жогоруда аталган биринчи төрт автордун макалалары түзгөн. Аларда, ар бир инсандын ички рухий-диний турмушу, адамдын жашоосундагы чыгармачыл күч болуп саналат деген пикир басымдуу роль ойногон.

**УЯТ** (Совесть) – адамдын адеп-ахлак жактан өзүн-өзү көзөмөлдөөчү этикалык категория. Моралдын талаптарына карама-каршы келген же адамдын беделин кемсинткен иш жасаган кишиде пайда болчу сезим. Адамдын тынчы кетип, жүрүм-турумун күнөөлөп, өзүнө канааттанбай, жасаган ишине өкүнгөндө У. байкалат. У. сезимин пайда кылуучу иш-аракеттин мазмуну коомдук тарыхый мүнөзгө ээ ж-а моралдык нормалардын өнүгүшүнө көз каранды. Ошондой эле башкалардын, өзгөчө жакын кишилеринин чеки жүрүм-турумун, жасаган ишин көргөндө да У. пайда болуп, бет кызарат, башкаларды тик карай албайт. У. сезими адам башынан кечирген кылыктарын эстегенде да пайда болот.

**ҮЙ-БҮЛӨ** адамдардын никеге, (каң б-ча) бир туугандыкка, алардын өз-ара моралдык жоопкерчиликтерине үй-тиричилигинин жалпылыгына негизделип, бирге жашашкан коомдун тобу. Ү.-б-нүн турмушу материалдык (биологиялык, чарбалык) ж-а рухий (нравалык, укуктук, психологиялык, этикалык) көрүнүштөр м-н мүнөздөлөт. Ү-б. тарыхында анын ар-кандай түрлөрү болгон. Алгачкы коомдо (матриархат) негизги орунду аял ээлеп, ал уруунун башында турган, аталык доордо бийлик ата же күйөөнүн колуна өткөн. Өнөр жайынын, илимий-техникалык революциянын өнүгүш мезгилинде аялдар ж-а Ү.-б-нүн бойго жеткен мүчөлөрү үй-оокатын жасоо м-н коомдук эмгекке активдүү катышып, тапкан эмгек акысына өздөрү ээ болушат. Ү.-б. м-н коомдун өз ара карым-катнаш системасы, биринчиден, Ү.-б. м-н жеке адамдын, экинчиден, үй-бүлөнүн өнүгүшүндө чоң мааниге ээ болгон үй-тиричилик ж-а коомдук тарбиялоо кызматын аныктайт. Азыркы учурда укук нормалары аркылуу Ү.-б. мүчөлөрүнүн (күйөөсү м-н аялынын, ата-энеси м-н балдарынын) укуктары жөнгө салынып турат. Ү.-б-нүн дагы бир негизги коомдук парзы – адам баласынын тукумун улантуу.

**ҮЧҮНЧҮЛҮКТҮ ЧЕТКЕ КАГУУ ПРИНЦИБН** (исключенного третьего принцип) – формалдуу логиканын бири бирине карама-каршы эки пикир берилсе, алардын бирөө гана туура, үчүнчү чындык жок (А деген А же А эмес, үчүнчү жол жок) деген маанилүү мыйзамы. Аристотель тарабынан анын «Метафизика» деп аталган чыгармасында сунуш кылынган. "Tertium non datur" деген латынча аталыш м-н кеңири белгилүү.

**ФАЙХИНГЕР** Ханс (1852–1933) Немец фнлософ. “Таза акыл эстин критикасы” – деген Канттын эмгегине карата комментарийдин автору. Канттын таасиринин астында Файхингер дүйнө таануу идеяларын (жан, дүйнө, кудай) сунуш кылган. Фикционализмдин же болбосо критикалык позитивизмдин субъективдик идеологиялык концепциясын өнүктүргөн. Ф. бул дүйнөнү таанып билүүнүн чеги жок деген агностикалык жыйынтыкка келген.

**ФАКТ** (лат. factum – жасалган, ишке ашкан) – иштелген деген маанини билдирет. 1) Чындыктын, окуянын, жыйынтыктын синоними. 2) Логикада ж-а илимдин методологиясында Ф. эмпирикалык окуунун формасы катары теорияга ж-а гипотезага каршы коюлат. Илимде фактордун жыйынтыгы теориялардын жаралышына эмпирикалык негиз болот. Теорияны ж-а гипотезаны текшерүүдө Ф. чоң роль ойнойт.

**ФАКТОРЛОР ТЕОРИЯСЫ –** социологиялык позитивдик концепция, батышта ж-а россияда 19-к-дын аягынан баштап белгилүү боло баштаган. Ф. т-нын башкы өзгөчөлүктөрү – социологияда монизмдин четтелиши, тең укуктуу факторлордун (экономика, религия, мораль, техника, маданият ж. б.) тарых м-н коомдун механикалык карым-катышы. Бул концепция адамдын эркиндигин курал катары кызмат кылат ж-а адам өзүнүн тагдырын жаратат деген пикирге алып келет.

**ФАЛЕС** (б. з. ч. 640–545) – байыркы грек философу, белгилүү философиялык милет мектебин негиздөөчү. Фалес бир нече астрономиялык аспаптарды ойлоп тапкан. Биздин заманга чейин 585-ж. күндүн тутулушун туура айткандыктан Грецияда белгилүү адам болуп калган. Ал бардык бар болуп жашап тургандар суудан жаралган деп эсептеген. Суу деп нымдан турган түп затты түшүнгөн. Илим жагынан Ф-тин сицирген эмгеги: күндүн тутулушун ж-а күн-түндүн теңелүү убактыларын аныктаган, жылдын узактыгын 365 күн деп тактаган. Күндүн жылдыздарга карата кыймылдашынын фактысын ачып берген. Ал илимий математиканы түзүүдө да чоң салым кошкон. Мына ушунун баары Фалеске байыркынын атактуу «жети акылманынын» биринчи акылманы деген даңк алып келген.

**ФАЛЬСИФИКАЦИЯ** (лат. falsificatio. falsifico жасалма) – а) жөнөкөй мааниде: жасалма, б) логикада ж-а илимдин методологиясында: гипотезанын реалдуу чек арасынын кыскарышы. Бул жерде гипотеза кээ бир фактыларга каршы коюлат. Гипотеза иш жүзүндө далилденсе, бул али гипотеза чындык деп айтууга болбойт, ал далилденген деп айтса болот. Теориянын ар бир жасалма текшерүүсү аны жоготууга болгон аракет. Бир сөз м-н айтканда Ф. жалган айтуу жасалма аракет б.а. жасалма нерселер.

**ФАНТАЗИЯ** (грек. phantasia – психикалык образ, элестетүүдөн жаралган кыял) – элестетүүнүн өзгөчөлүгүн, күчтүүлүгүн билдирген эс тутум, ой-жоруу, кыялдануу.

**ФАРБЕР** Марвин (1901-ж.) – тагдыр жазмыш америкалык философ Гуссерлдин окуучусу. Эл аралык феноменологиялык коомдун негиздөөчүсү ж-а президенти. «Феноменологиянын негиздери» деген эмгектин автору. Феноменологиялык окуунун ички карама-каршылыктарын жаап жашырган. Ф. тарыхый материализмдин негизги абалына баа берген, феноменолокторго, Гуссерлдин окуусун, тарнсценденталдык идеализмди жактоочуларды сындаган.

**ФАТАЛИЗМ** (лат. fatalis – тагдырга жазмышка ишенүү; адам булжашооде эч нерсени өзгөртө албайт; баары анын тагдырына жазылган деген көз караш). Байыркы мифологияда эле кудайлардын адамдарга таасиринин күчтүүлүгүн даңазалашкан. Философиянын тарыхында Ф. концепциясына ар түрдүү интерпретация берилип келген. Ф. тарыхый жактан реакциялык роль ойногон.

**ФАЦЗЯ** – (мыйзамчылар) Байыркы Кытайдагы идеялык агым. Анын көрүнүктүү өкүлдөрү: Шан ян (б. з. ч. 4-к.), Хань Фей (б. з. ч. 233-ж.) ж. б. Ф-нын өкүлдөрү уруулук түзүлүшкө, коомдук-патриархалдык традицияларга каршы күрөшкөн. Цинь падышачылыгында бир катар реформаларды жаратуу м-н бирге биринчи Кытай империясын (б. з. ч. 3-к-дын аягы) түзүүгө катышкан. Хань фей ж. б. Ф-нын өкүлдөрү диний мистикага ж-а ырым-жырымдарга каршы болушкан.

**ФАШИЗМ** (итал. fascismo –байлам, бирикме, уюм) – тоталитардык типтеги социалдык – саясий кыймылдар, идеологиялар ж-а мамлекеттик режимдер. Ф-тик өлкөлөр демократияга ар дайым каршы болуп келишкен, анын ичинде коммунизмге прогрессивдик уюмдарга каршы багытталган. Биринчилерден болуп Италияда 1922-ж ф-тик түзүлүш орногон, андан соң 1933-ж Германияда орногон. Ф. эл аралык реакциянын күчтүү куралы болгон. Германиядагы гитлердик фашизм экинчи дүйнөлүк согушту жараткан. Ф-дин идеологиясы-иррационализм, чектен чыккан шовинизм ж-а расизм, антигуманизм.

**ФЕДОН –** же болбосо “Жан жөнүндө” – деп аталган Платондун чыгармаларынын бири. Б. з. ч. 387–385-жылы жазылган. Сократтын окуучусу Эмидо-Эретрийлик мектептин негиздөөчүсүнүн атынан аталган. Диалог үч бөлүктөн турат. Биринчи бөлүктө өлүм проблемасы каралат. Экинчи бөлүктө жандын

түбөлүктүүлүгү ж-дө айтылат. Бул ж-дө Сократ үч аргумент келтирген. Үчүнчү бөлүктө адамдын жанынын аркы дүйнөдөгү жашоосу ж-дө сөз кылат. Адамдын жанынын Аид падышачылыгына барышы ж-дө айтылат.
**ФЕДОСЕЕВ** Петр Николоаевич (1908–1990) Коомдук ишмер, советтик философ, СССР ИА академиги Соц. эмгектин баатыры. СССР ИА вицепрезиденти. Диалектикалык ж-а тарыхый материализм, илимий коммунизм, илимий атеизм проблемалары м-н иштеген.
**ФЕЙЕРБАХ ЖӨНҮНДӨ ТЕЗИСТЕР,** К. Маркстын 1845-жылы жазган 11 тезистен турган чыгармасы. Ал жаңы көз караштын гениалдуу башталыш «түйүлдүгү» болгон. Маркс абдан кыскача жаңы философиянын жоболорун айткан. Борбордук идея-практиканы илимий түшүнүү. Бул милдет тарыхты материалисттик түшүнүүнү талап кылат. Ал боюнча: коомдук турмуш көбүнчө практикалык турмуш; адам өзүнүн эмгеги менен жаралган, ошондуктан ал өзүнүн маңызы б-ча бүткүл коомдук мамилелердин топтому; идеологиялык кубулуштар коомдун жашоо ж-а өнүгүү шарттарына көз каранды болот. Ушундан улам Маркс кийинки «саясий экономияны сындоого карата «Кириш сөз» деген тезисинде «... коомдук болмуш аң сезимди аныктайт» деп ачык айткан. Ушул позицияда туруп, Фейербахтын ж-а утопиялык социалисттердин тарыхый идеализмин сындаган. Теория м-н практиканын биримдигинен улам Маркс гнеосеологиянын проблемаларын жаңыча коет ж-а ага чейинки материализмди үстүртөн, сырттан гана байкоо жүргүзүүчүлүгү үчүн сындайт, тажрыйбалык иш-аракеттерди идеалисттик түшүнүүнүн бузук жактарын ачып көрсөтөт. Тезистер диалектикалык материализм философиясынын маңызын ж-а милдетин, анын коомдогу ордун ж-а ролун да аныктап негиздеген. Философия коомду түшүндүрүү менен эле чектелбестен, анын өзгөртүп кайра курууга да катышуусу керек.
**ФЕЙЕРБАХ** Людвиг Андреас (1804–1872) – немец философу, атеист. Диссертациялык ишин коргогондон кийин Эрланген университетинде окутуучу болуп иштейт. Жашыруун ат м-н басылып чыккан «Өлүм жана өлбөстүк жөнүндө ой» деген чыгармасында жандын өлбөстүгү ж-дөгү ишенимге каршы багытталган идеяларды өнүктүргөн. Өзүнүн философиясын Ф. келечектин философиясы деп атаган, анткени ал жаратылыштын баласы болгон адамдын акыл эсинин реалдуу субъекти катарында караган. Жаратылыш Ф. үчүн эң башкы реалдуу, ал эми адам жаратылыштын эң башкы продуктусу болуп эсептелет. Ф. –динди сынга алуунун эң көрүнүктүү өкүлү, бул сынды ал өзүнүн бүткүл өмүрүнүн иши деп эсептеген. Ал динди жаратылыштын стихиялуу күчтөрүнөн коркуу, о. эле жерде адамдар башынан өткөрүп жаткан азап м-н кыйынчылыктар пайда кылат деп ойлойт.
**ФЕНОМЕН** (гр. phairomenon – мүмкүн болгон) – 1) өзгөчө башкаларга окшобогон факты, көрүнүш, кубулуш. 2) таанып – билүүдө тажрыйба, сезим аркылуу берилген кубулушту туюндуруучу философиялык түшүнүк. Канттын философиясында феномен ноуменден айырмаланат. Кант феномен түшүнүгү аркылуу маңызды кубулуштан айырмалоого аракет жасаган.
**ФЕНОМЕНАЛИЗМ** – таанып – билүү түздөн-түз объектиси катары кубулуштарды эсептеген философиялык окуу. Ф. Ж. Берклинин окуусуна, махимге мүнөздүү.
**ФЕОДАЛИЗМ** (лат. feodum – ээлиги) Ф. термини 18-к. аягында Француз революциясынын алдында келип чыккан ж-а “эсин тартип” (абсолюттук монорхия, дворяндардын үстөмдүгү) деген түшүнүктү билдирген. Марксизмде Ф. капитализмге чейинки коомдук – экономикалык формацияны белгилешет. Азыркы тарых илиминде Ф. орто кылымдардагы батыш ж-а Борбордук Европага гана мүнөздүү социалдык система катары анализденет. А бирок Ф-ге мүнөздүү белгилерди башка региондордон ж-а доорлордон жолуктурууга болот. Ф-н негизинде – адамдардын ортосундагы: сеньор м-н вассалдын, сюзерем м-н кызматкердин, дыйкан м-н ири жер ээлөөчүнүн жеке мамилелери жатат. Ф. үчүн сословиелик – юридикалык, теңсиздик ж-а рыцардык согуштук уюмдашуу мүнөздүү. Ф-н идеологиялык ж-а адеп-ахлактын негизи болуп, орто кылымдардагы маданияттын мүнөзүн аныктаган, христианчылык атакарган. 16–18-к. революциялар Ф. аянтоосун шарттаган.
**ФЕТИШИЗМ** (фр. fetiche – идол, талисман) – өзгөчө, табийгаттан тышкаркы күчкө, сыйкырга ээ, жансыз предметтердин (фетиштер) культу, аларга сыйынуу, ишенүү. Алгачкы общиналык түзүлүш мезгилинде бардык эле элдерге мүнөздүү. анын сакталган калдыктары катары – тумар, көз мончок коргоочу күчүнө ишенүүчүлүк саналат.
**ФИДЕИЗМ** (лат. fides – ишеним), илимди динге багындырууга умтулган, илимий ачылыштарды религиялык догмаларды коргоо үчүн аракеттенген реакциячыл окуу. Илимдин чөйрөсүн кыскартуу м-н фидеисттер: «илимпоздор чындыктын түпкү-тамырына жете албайт»- деп ишенишкен. Азыркы учурдагы фидеизм илимди дээрлик жокко чыгарбайт, объективдүү чындыкка гана каршы чыгат. Ф-тик окуу илимди методологиялык өзгөчөлүгүнөн кол үзүүнү көксөйт.
**ФИЗИКА** (гр. physis – жаратылыш) материалдык бөлүкчөлөрдүн өзгөчөлүгү ж-а мыйзамдары, атомдордун түзүлүшү, электрондук, гравитациялык, магниттик өз ара катнаш, молекулярдык процесс ж-дөгү илим. Байыркы убакта Ф. деген сөз жаратылыш ж-дөгү түшүнүктөрдүн жыйындысы катары берилген.

Кийинчерээк философия: нерсе кыймылы, механика, (акустика) жылуулук, электрондук, магниттик, оптикалык кубулушту билдирген. Классикалык физиканы Ньютондун законунун астында гана элестетүүгө аракеттенишкен. Жаратылышты изилдөө үчүн физика көптөгөн мүмкүн-чүлүктөрдү түзөт.

**ФИЗИКАЛИЗМ** – логикалык позитивизмдин концепцияларынын бири, Карнап, Нейрат тарабынан иштелип чыккан. Ф-дин өкүлдөрү кайсыл гана илим болбосун, физиканын мыйзамына ылайыкташтырууга аракеттенишкен. Илимдин бир тилде болушун жакташкан. Опозитивизмдик эмес механикалык принциптердин кайра жаралуусу келип чыккан. Бирок алар күткөн жыйынтык болгон эмес. Алардын көпчүлүгү ортодоксалдуулук физикализмден чыгып кетишкен.

**ФИЗИКАЛЫК ИДЕАЛИЗМ –** В. И. Лениндин «Материализм жана эмпириокритицизм» деген китебине киргизилген жаңы физиканын жетишкендиктерине негизделген субъективдүү идеологиялык жетишкендик. 19–20-к-дагы эски физикалык түшүнүктөрдүн кыйрашы (радиоактивдүүлүк) физикадагы кризис м-н коштолгон. Азыркы учурдагы философия жаңы физиканын парадоксторун субъекттин өзгө-чөлүгү аркылуу түшүндүрүүгө аракет кылат.

**ФИЗИОЛОГИЯЛЫК ИДЕАЛИЗМ,** биологдордун ж-а медиктердин арасында кецири тараган субъективдик-идеологиялык теория. Анын негиздөөчүсү Иоганн Мюллер болгон. Бул терминди алгачкы жолу Фейербах колдонгон. Мюллердин көз-карашы б-ча үндүн тембри, өнөрдүн спектри, даамдын өзгөчөлүгү ж-а жыт сезим органдарынын структуралык ж-а функционалдык өзгөчөлүгү аркылуу аныкталат.

**ФИЛОГЕНЕЗ** (гр. phyle – уруу, урук) – 1866-жылы Геккел тарабынан организмдердин тарыхый, уруулук, индивидуалдык өнүгүшүн билгизген термин. Жандуу жаратылыштын өнүгүү процессинде филогенез онтогенез м-н тыгыз байланыштуу. Онтогенездин катмарында Ф. жаралган. Ф. м-н онтогенездин биримдүүлүгүнүн идеясын Дарвин, Геккел, Мичурин жакташкан.

**ФИЛОСОФИЯ** (гр. phileo – сүйүү, sophia – макулдуулук) – дүйнөгө ж-а адамдагы адамдын ээлеп турган ордуна карата көз караштардын, идеялардын системасы; дүйнөгө болгон көз караш. адамдын дүйнөгө карата таанып билүү, социалдык – саясий, баалуулуктар, этикалык ж-а эстетикалык мамилесин изилдейт. Ф. сөзү алгач сократтык мектепте колдонулган. Гераклитте "буюмдардын табиятын изилдөөчүнү философ" деп атаган. Ф. илиминин негизги бөлүк-төрүнө: онтология (болмуш ж-дөгү окуу), гноселогия (таанып-билүү теориясы), логика, этика, эстетика, аксеология (баалуулуктар ж-дөгү окуу) кирет. Түрдүү филосософиялык проблемаларды чечмелөөдө бири-бирине каршы келген багыттар, системалар келип чыккан. Мис., диалектика ж-а метофизика, рационализм ж-а эмпиризм сенсуализ, материализм (реализм) ж-а идеализм, натурализм ж-а стеритуализм, детерминизм ж-а индетерминизм ж. б. Ф. тарыхый формаларына: Байыркы, Индия, Кытай, Египеттеги философиялык окуулар; байыркы грек антикалык Ф. классикалык формасы (Парменид, Гераклит, Сокрит, Демокрит, Эпикур, платон, аристотель); орто кылымдын Ф. – патристика ж-а адам келип чыккан схоластика; Кайра Жаралуу доорунун Ф. – (Г. Галилей, Б. Телезно, николай Кузалский, Дж. Бруно); жацы мезгил Ф. (Ф. Бэкон, Р. Дэкарт, Т. Гоббс, Б. Спизона, Ш. Локи, Дж. Бэрили, Д. Юм, Г. Лейбиний). 18-к-гы француз материализми (Ж. Ламетри, Д. Дидро, Н. Гельвеций, П. Гольбах); немец классикалык философиясы (И. Кант, И. Г. Фихте, Ф. В. Шеллинг, Г. В. Ф. Гегель, Л. Фейебах); марксизм Ф. (К. Маркс, Ф. Энгельс, В. И. Ленин); орус диний Ф. (В. С. Соловьёв, С. И. Булгасов, И. А. Бердяев, Л. Шестов ж. б.); Ф. 20-к-гы негизги багыттары – неопозитивизм, прагматизм, эксиз тенциализм, аналитикалык философия, антропологиялык философия, структурализм, философиялык гермеливтика ж. б. Азыркы күндөө Ф. негизги, тенденциялар дүйнө ж-а андагы адамдын алган орду адазам цивилизацияларынын тагдыры, маданияттардын өзгөчөлүгү ж-а жалпылыгы,адамдын таанып-билүүсүнүн табияты болмуш ж-а тил сыяктуу фундаметалдуу проблемалардын үстүндө ой-жүгүртүү м-н байланышкан.

**ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИНИН ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ** (1817), Гегельдин идеалисттик философия системасын баяндаган чыгармасы. Ал «Логика», «Жаратылыш философиясы», «Рух философиясы» деген 3 бөлүктөн турат. Бул эмгекте Гегель илимдин бүтүндүүлүгүн философиянын мыйзам, принциптери аркылуу аңдап билүүнү максат кылып койгон. Гегель универсалдуу философиялык билимдердин идеалын кайра жаратууга аракеттенет. «Абсолюттук идея» деген түшүнүктүн гносеологиялык маңызын ачып берет. Абсолюттук дух ж-дөгү окуу, искусство теориясы, дин ж-а философияга бөлүнөт. Философия болсо ой жүгүртүүнүн өзүн өзү таанып билүү процессин туюнтуп турат.

**ФИЛОСОФИЯЛЫК АНТРОПОЛОГИЯ** (гр. antropos – адам, logos –окуу) – кецири мааниде – адамдын табияты (маңызы) ж-дөгү окуу; тар мааниде 20-к-сы батыш-европалык философиядагы агым, 1920-ж. М. Шелер ж-а Х. Плеснер тарабынан негизделген. Жашоонун философиясы (В. Дильтей) идеяларынан ж-а Э. Гуссерльдин феноменологиясынан башат алып, кийинчерээк прагматизм (А. Гелен), "маданий антропология" (Э. Ротханнер), экзистенциализм, структурализм идеяларын жайылткан.

**ФИЛОСОФИЯЛЫК ДЕПТЕРЛЕР** (философские тетради)- В. И. Лениндин философия б-ча эмгектеринин жыйнагы (1933). Маркс м-н Энгельстин «Ыйык үй-бүлө» деген эмгегин, Людвиг Фейербахтын «Дин боюнча

лекциялар», Гегелдин «Логика илими», «философиянын тарыхы боюнча лекциялар» деген сыяктуу эмгектерге көз – карашын билдирген. Материалисттик диалектика б-ча дагы ой-пикирлер камтылган.

**ФИЛОСОФИЯНЫН БАШТАЛЫШЫ** Декарттын философиясынын ж-а илимий көз карашынын толук ж-а ирettүү баяндалышын берген негизги эмгеги. Латын тилинде жазылып, 1644-ж. Амстердамда басылган. Эмгек «Философияны бүтүн жыйынтыктаган» чыгарма катары ойлонулуп, физикалык дүйнөнүн башталышын метафизикалык башталыштан келтирип чыгарган. Төрт бөлүктөн турат. Биринчи бөлүктүн предмети - жалпы принциптери же таанып билүүнүн башталышы. Анда Декарт өзүнүн «Метафизикалык ой-чабытында» кеңири негизделген (философиялык ой жүгүртүүнүн башталышын издөө сыяктанган универсалдуу күмөнсүнүү; аң-сезим талаасынын аныктыгын негиздөө; аң-сезимден болмушка өтүү, онтологиялык корутунду: cogito. ergo sum; өзүн-өзү ж-а материалдуу дүйнөнүн бар экенин эмпирикалык таанунун зарыл шарты иретинде кудайдын бар экенин далилдөө) негизги гносеологиялык ж-а метафизикалык идеяларын схематикалык формада иштеп чыгат. 2-бөлүк – натурфилософиялык – картезиандык физиканын философиялык негизинин сүрөттөлүшүн түшүндүрөт. Физикалык түшүнүк-төрдү («сан», «мейкиндик», «убакыт», «кыймыл») баяндоонун салттуу иретин сактабай Декарт биринчи планга кыймыл ж-дө окууну алып чыгат да, биринчи инерция мыйзамын сомдоп айтат. 3-ж-а 4-бөлүктөрү ирети боюнча көзгө көрүнгөн дүйнөнүн башталышы м-н Жердин башталышына арналат; бул бөлүктөр Декарттын бирден- бир сакталып калган эмгеги болуп, космологиялык ж-а космогониялык маселелерди чечмелейт. Алар Декарттын сөзү м-н айтканда механиканын принциптеринен, бүт-күл дүйнөнү, бүтүндөй түзүлүштү түшүндүрүүгө аракеттенген жалпы очерк болуп «Дүйнө» (үзүндүлөрү калган) деген чыгарманын тиешелүү главаларынын кеңейтилген варианты болгон. 1647-ж. Декарттын досу окумуштуу – Аббат Пико которгон бул эмгектин французчасы чыккан. Французча текст латынчасынан кыйла айырмаланып, айрым купюлардан ж-а кеңири кошумча, кыпчыма киргизүүлөрдү кошуп камтыйт. Текстти салыштыруу 3-бөлүктүн аягы, 4-бөлүк бүт Декарттын өзү тарабынан которулуп, айрым жерлери жаңыдан жазылып чыкканын көрсөтөт. Басылмада кириш сөз ордуна көбүнчө автордун Аббат Пикого жазган каты кошо басылган. 1-орусча котормо 1914-жарыяланган.

**ФИЛОСОФИЯНЫН ЖАНА ПСИХОЛОГИЯНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ** (вопросы философии и психологии) – Москвадагы психологиялык коомдун алдында 1889–1918-ж. басылып чыгып турган философиялык журнал. Жылына 4–6 жолу чыгып турган. Москвалык психологиялык коомдун башчысы Н. Я. Гроттун демилгеси боюнча негизделип, 1893-ж-дан баштап, Лопатин м-н В. П. Преображенский редакторлугу асытындагы жарык көргөн. 1898-ж. тартып, Санкт-Петербургдун философиялык коомунун жардамы аркылуу ишке ашырылган. Журналда философия, психология, логика ж-а таануу теориясы, этика ж-а укук философиясы, эстетика, философиянын тарыхы, илимдин философиясы, физиологиялык опыттык психология, психопатология, ошондой эле батыш-европалык философтор м-н психологдордун эмгектерине сын макалалар, антикалык ж-а Жаңы Мезгилдик философиянын классикалык эмгектеринин котормосу ж. б. жарык көрүп турган.

**ФИЛОСОФИЯНЫН ЖАКЫРЧЫЛЫГЫ** “Нищета философии”, («Мырза Прудондун «Жакырчылыктын философиясы» деп аталган эмгегине жооп») – капиталисттик коомдун экономикалык негиздерине илимий анализ берген ж-а диалектикалык-материалисттик көз караштын маанилүү принциптерин чагылдырган К. Маркстын эмгеги. Китепти түзүүгө негиз болуп 1846-жылы Парижде басылып чыккан Прудондун «Экономикалык карама-каршылыктардын системасы же жакырчылыктын философиясы» деп аталган эмгеги эсептелген. Маркстын жообу 1847-жылдын июль айынын башында француз тилинде басылып чыккан. Прудон тарабынан колдонулган демагогиялык фразеологиянын формасындагы майда буржуазиячыл иллюзиялар жумушчу кыймылына кеңири сиңип, аларды революциячыл күрөштөн алыстатып жаткандыгына байланыштуу К. Маркс автордун эмгегине курч сын м-н жооп берген. Капиталисттик коомду реформалаштыруунун Прудон сунуш кылган утопиялуу пландарына каршы К. Маркс экономикалык анализге таянуу м-н коомду революциянын жолу м-н гана өзгөртүү мүмкүн экендигин баса көрсөткөн.

**ФИЛОСОФИЯНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ** (Вопросы философии) – СССР ИАнын философия институтунун илимий журналы. 1947-ж. августунан баштап Москвадан басылып чыгат. Журналдын мезгилдүүлүгү: 1947-ж. тартып – 3 жолу, 1951 – 6 жолу, 1958-ж. баштап – жылына 12 жолу. Совет доорунда журналда диалектикалык ж-а тарыхый материализмдин, социализмди куруу ж-а илимий коммунизмдин теориясынын маселелери боюнча макалалар жарыялануучу; социология, философиянын тарыхы, атеизм, этика, эстетика, маданияттын, логиканын өнүгүүсүнө, табият таануудагы ачылыштар м-н байланыштуу коомдук өзгөрүүлөрдүн актуалдуу маселелерин философиялык жалпылоо жүргүзүлчү; ошол учурдагы марксисттик эмес философиянын ж-а социологиянын негизги теорияларын, агымдарын сындоо иш-чаралары жүргүзүлүчү; Маркска чейинки ж-а Маркстын, Лениндин философиянын тарыхы боюнча эмгектери,

марксизм-ленинизм классиктеринин тексттери жарыяланып турган журнал болгон. Азыркы мезгилде учурдун талабына ылайык, актуалдуу илимий эмгектер жарык көрүп турат.
Философиянын негизи деп психологиялык антропологияны эсептеген.

**ФИЛОСОФИЯНЫН ТАРЫХЫ** (история философии) – социомаданий билимдин философиялык идеялардын пайда болуу ж-а өнүгүү процессин сүрөттөп жазып гана тим болбостон, аны илимий негизде түшүндүргөн, баалаган синтетикалык тармагы. Философиялык системалар келип чыгуусу ж-а маани-маңызы б-ча өз доорунун тажрыйбасын жалпылап, илимий корутундулаган окуулар болгондуктан, өзгөчө тарыхый болмушка ээ. Ошону м-н катар эле философиялык окуулар белгилүү бир мезгилдин чегинен чыкпайт ж-а түбөлүктүүлүккө умтулушат. Бийик гуманизмдин көз карашында Ф. т. дүйнөнүн адам тарабынан руханий түшүнүүнүн тарыхы болуп саналат. Философиянын бүткүл дүйнөлүк тарыхы ар кандай тилдерде, стилдерде ар түркүн проблематикаларды, жалпы маданий каада-салттарга ылайык козгогон улуттук формадагы философиянын жетишкендиктери м-н ачылыштарын өз кучагына алат.

**ФИНИТИЗМ** (лат. finite – акыркы, соңку). 1. Чексиздиктин категориясынын объективдүү-реалдуу мазмунун жокко чыгарган философиялык концепция. Чексиздикке ааламда да, микроааламда дагы, биздин ой-жүгүртүүбүздө дагы орун жок. Адам баласы тажрыйба жүзүндө ар дайым түбөлүктүү эмес нерселер м-н иш алып барат. Ф. метофизикалык жактан түбөлүктүү ж-а чектүү нерселерди бири-бирине карама-каршы коёт.

**ФИХТЕ** Иоганн Готлиб (1762–1814-ж.) – немец философу. Ф. өзүнүн философиялык системасын Канттын духунда түзүүгө умтулган. Анын «ар кандай аянды сынга алуунун тажрыйбасы» деп аталган биринчи эмгеги Кант-тын жардамы аркылуу жашыруун ат м-н жарыяланган. Ф. сын философиясындагы өз вариантын илим окуусу деп атаган. «Илим окуусунда» ал үгүттөгөн практикалык философиядагы башкы милдет адамдын эркиндиги мүмкүн боло турган шарттарды аныктап билүү деп эсептеген. Философия болсо – бул «илим жөнүндөгү илим», ал бардык илимдер үчүн бирдей болгон түп негиз жоболорду карайт. «Сыный философиянын» башталмасы катарында «Фихте боюнча» ойлоочу Мен чыгат, бул Менден ойломдун бардык Мазмунун ж-а туюм сезимдерди чыгарууга болот. Бүткүл жалпы Мен Ф-де адамдардан тышкы дүйнөлүк дух катарында каралат.

**ФОМА** Аквинский (1225–1274) – схоластикалык философиянын өкүлү. Ф. А-дин эң башкы чыгармалары көлөмдүү эки томдуктан турат, алар: «Бутпарастарга каршы сумма» ж-а «Теологиянын суммасы». Негизинен бардык чыгармалары философиялык-теологиялык маселелерди камтыйт. Ф. А. ортодоксалдык схоластиканын башкы багыттарынан болгон томизмдин негиздөөчүсү катарында белгилүү. Ал бүткүл философиялык-теологиялык схоластиканы эң чоң системалаштыруучу ж-а негиздөөчү болгон. Ф. А-дин философиясы ортодоксалдык схоластиканын эң негизгилеринен болуп эсептелет.

**ФОРМАЛДЫК ЛОГИКА** Ф. л. ой-жүгүртүү актысын изилдеген илим. (түшүнүк, талкуу, ой-жүгүртүүнүн жыйынтыгы). Формалдык логиканын негизги милдети – аныкталган, такталган илимдин мыйзамын, принциптерин формалдаштыруу. Аристотелдин эмгегинин натыйжасында формалдык логика калыптанган. Ал силлогистиканы иштеп чыккан. Схоласттар (Дунс. Скотт, В. Оккам; А. Саксонский, Р. Луллий ж. б.) дагы өз салымдарын кошушкан.

**ФОРМАЛДЫК СОЦИОЛОГИЯ** – 19-к-дын аягында 20-к-дын башында пайда болгон социологиянын багыты. Анын өкүлдөрү эволюционисттик субстанциянын предмети – туруктуу социалдык форманын универсалдуулугу. Классикалык социологиянын өнүгүшүндө ж-а формалдашуусуна, Ф. с-нын өнүгүшүнө В. Дильтей, Г. Зиммель, Ф. Теннис, Л. Фон, Веце көп эмгектенишкен. Ф. с. жалпы философиялык этиканын бөлүгү.

**ФОРМАЛДЫК ЭТИКА** – Этиканын бир бөлүгү, аспектиси, анын негизинде (моралдык-укуктук) жүрүм-турумтун моралдык укуктун формасы изилденет. Ф. э. – этиканын маанилүү бөлүгү, Ф. э-нын тууралыгы маанилүү жүрүм-турум болуп саналат.

**ФОРМАЛДАШТЫРУУ** – таанып билүүнү тактоо. Ф-нын өзгөчөлүгү, гносеологиялык кабыл алуусу катары мазмунду тактоо анын формасын изилдеп чыгуусу Ф-нын жардамы аркылуу ишке ашат. Тарыхый жактан алганда Ф. ой-жүгүртүү м-н тил м-н кошо пайда болгон. Ф. жазуунун пайда болушу м-н тыгыз байланыштуу. Илимдин өнүгүшү м-н Ф. дагы өнүккөн. Ф. эч качан абсолюттук толуктукка ээ болбойт.

**ФОРМАЛИЗМ** (лат. forma – форма) 1. Көркөм метод. Анын негизинде абсолютизация, искусстводогу эстетикалопитыруунун формасы. Реализмге каршы. 19-к-дын башында пайда болгон. Ф. өзүнө көптөгөн агымдарды ж-а буржуазиялык мектептерди камтыган. (футуризм, кубизм, абстракционизм, сюрреализм, фавизм ташизм, экспрессионизм ж. б.) Ф. 20-к-дын башында пайда болгон.

**ФОРРЕСТЕР** Джей Райт – америкалык кибернетик Ф-ЭЭМдин жардамы аркылуу социалдык моделдөөнүн теоретиги болуп эсептелинет. Теориялык башкаруу ж-а тартиптик анализдөө боюнча иштеринде детерминизм идеясын өнүктүргөн. Адамзаттын келечеги ж-дө көз караштары пессимистик ойлору м-н белгилүү.

**ФОХТ,** Фогт Карл (1817–1885) – Немец табияттаануучусу ж-а философу, вульгардык материализмдин өкүлү. 1848-ж. көтөрүлүштүн катышуучусу. Ф. табигый илимдердеги материализмди, дарвинчилик, атеистик ойлорду өркүндөтүп колдоо м-н бирге материя м-н аң-сезимди жакындаштырып бириктирүүгө аракет кылган. Ф. Чыгармалары көптөгөн европалык тилдерге которулган.
**ФРАНК** Семен Людвигович – орус диний философу ж-а психологу. Саратов (1917–21) ж-а Москвадагы университеттердин (1921) профессору. 1922-ж. советтик Россиядан куугунтукталган. Франк. С. Л. "Легалдык марксизмден" экстен циализм ж-а феномономология жакындашуу м-н диний идеализм багытына Карай эволюцияланган. Ф-тын философиясынын негизги мотиви-рационалдык ойлом м-н дини ишенимди элдештирүү. Синтездин үлгүсү апофатикалык теологиядан ж-а христиандык салттан, о. эле платонизмден издейт. Николай Кузанскийдин ж-а Вл. Соловьев окууларынын таасиринде (өзгөчө жалпы биримдик концепциясынын) өзүнүн көз карашын калыптандырган.
**ФРАНКЛНН** Бенжамин (1706–1790) – америкалык ойчул, илимпоз, экономист, публицист ж-а саясий ишмер. Эгемендиктин декларациясы ж-а АКШ конституциясынын түзүүчүлөрүнүн бирден бир өкүлү. Саясий көз караштары боюнча Ф. Демократ. Учурдагы коомдук түзүлүштү реформалар аркылуу өркүндөтүү керек деген пикирди айткан. Өзүнүн чыгармаларында Ф. Кул элөөчүлүктү ж-а кул сатуучулукту кескин түрдө сындап, негрлердин ж-а индецтердин укугун коргогон. Ф. философиялык көз караштары Локк, Шефтсбери, У. Коллинз, Пристли сыяктуу философтордун чыгармачылыгы таасири астында калыптанган. Кыймылды материянын имманенттик касиети катары караган. Табиятта көз карандысыз мыйзамченемдүүлүктөр бар деген пикирге кошулган.
**ФРАНКФУРТТУК МЕКТЕП** – 20-к. 30-40-ж. немец философиясындагы ж-а социологиясындагы чоң агым. Негизги өкүлдөрү болуп Хоркхаймер, Адорно, Фромм, Маркузе, Хабермас эсептелинет. 1930-ж. өнүккөн философиялык ж-а социологиялык «коомду сындоо теориясында» Ф.М. гегеляндык ж-а фрейдистик ойлорго негизделген буржуазиялык маданият м-н К.Маркстын сын ыкмасынын элементтерин айкалыштырганга аракет жасаган.
**ФРАНЦОВ** Георгий Павлович – советтик философ, социолог ж-а коомдук ишмер, СССР ИА академиги (1964). Негизги эмгектери атеизмдин тарыхы ж-а тарыхый материализм б-ча жазылган.
**ФРЕЙД** Зигмунд (1856–1939) – австриялык невтропатолог, психиатр, психолог; психоанализдин негиз салуучусу. Вена университетинин профессору (1902). Австрияны фашисттик Германия басып алганда (1938) Улуу Британияга Эмиграцияга кеткен. Ф-дин алгачкы эмгектери баш мээсинин физикологиясына ж-а анатомиясына багышталган. 80-ж-дын акырында Францриялык мектептик (Шарко, Бекинайм) таасиринин астында невроз проблемасы м-н иштеген, 90-ж-дын ортосунан психоанализди психотерапия жолу м-н невроздорду дарылоо методун иштеп чыккан. Ал метод эркин ассоциация техникасына негизделген жаңылыштык аракеттерди анализдөө ж-а түш көрүү акыл-эссиз өтүп кетүүчү жол катары экендигин иштеп чыккан. Ф. биринчилерден болуп секуалдуулуктун өнгүшүнүн психологиялык аспектилерин изилдеген, аларды бир катар статияга бөлүштүргөн. Ф. көз карашынын идеялык эволюциясын жыйынтыктаганда ал "физиологиялык матерализмден" психикалык автономдуулукту бекемдөөгө өткөн ж-а жашоонун философиясынын натуралисттик жашоонун философиялык түзүүлөрдү жараткан.
**ФРЕЙДИЗМ** –коомду, чыгармачылык процесстерди, маданий кубулуштарды түшүндүрүү үчүн Ф-дин психологиялык окуусун колдонууга умтулушкан ар башка мектептердин ж-а агымдардын жалпы аталышы.
**ФРИД** Якоб Фридрих (1773–1843) Немец философу. Априордук таанып билүүнүн элементтери эмпирикалык деңгээлде такталат деген ойду айтып Канттын окуусун психологиялык нукта түшүндүргөн.
**ФРОЛОВ** Иван Тимофеевич – советтик философ, СССР ИА мүчө-корреспонденти. 1956-ж. М. В. Ломоносов атындагы МГУнун философиялык факультетин. 1968–77-ж. «Вопросы философии» журналында башкы редактор болуп иштеген. Диалектикалык материализм, илимий-техникалык өнүгүүнүн социалдык-философиялык маселелери б-ча эмгектерди жараткан.
**ФРОММ** Эрих (1900–1980) – америкалык психолог, социолог ж-а неофрейдизмдин өкүлү. Ф. фрейддин биологизимине таянып чыгып, көз карашы боюнча антропологиялык психологизмге ж-а экзистенциализмге жакындайт. Инсандын бир бүтүндүк концепциясын иштеп чыгуу м-н бирге психологиялык ж-а социалдык себептердин калыптануу процессиндеги бир-бирине катышын ачууга аракет жасаган.
**ФУНКЦИОНАЛИЗМ** – коомдук жашоонун кубулуштарын методологиялык талдоо принциби. Ф. алгачкы маселеси бүтүндүктү ажыратуу. Мазмуну боюнча Ф. изилдөөчүнү коомдук кубулуштарды талдоого багыттайт, б.а. алардын кайталанып турушун, өзүн-өзү колдонушунун, өзүн өзү өндүрүп чыгаруусунун ыкмаларын ж-а механизмин ачууга багыттайт.

**ХАЙДЕГГЕР МАРТИН** (1889–1976) – Немец экзистенциализминин негиздөөчүсү ж-а башкы өкүлү. Негизги чыгармалары «Болмуш жана убакыт» (1927), «Кант жана метафизика маселеси» (1929), «Метафизикага киришүү» (1953). Адамдын ички сезими катары каралган «убактылуулук» (временность) категориясы Х.-дин идеалисттик философиясынын негизги түшүнүгү болуп эсептелинет. Табигый аң-сезимдин алгачкы формасы деп Х. маанайды (настроение) айткан. Ал эми коркунуч (страх), камкордук (забота), тынчсыздануу (тревога) ж-а башкаларды Х. инсандын априордук формасы катары түшүндүргөн. Х. «дүйнөдөгү болмуш» (бытие-в мире) атаган жогорудагы формалар адамдын субъективдүү жашоосун түзөт.
**ХАЛЛИЧЕР** Вальтер –австриялык философ ж-а психолог. Негизги эмгектери табиятты материалисттик көз караштa түшүндүрүү, адам маселелерине арналган.
**ХАЛЬВБАКС** Марис (1877–1945) – франциянын көрүнүктүү социологу, Э. Дюркгеймдин социологиялык мектебинин өкүлү. Философиянын тарыхын изилдей баштап, кийин көбүн эсе социологиялык ж-а психологиялык маселелерди изилдеген. Х-тын негизги философиялык иштери муктаждыкка, жашоого, социалдык класстардын психологиясына арналган.
**ХАНЬ** Фэй, Хань Фэй-цзы (б. з. ч. 280–233-ж.) байыркы кытай ойчулу. Легизм мектебинин окууларын системалаштырган. Сюнь-цзынын шакирти. «Хань фэй-цзы» (Х. ф-дин устатынын трактаты) аттуу чыгарманы жараткан. Үч легистик агымдын көз караштарын «Фа» Шан Яндын мыйзамдардын жардамы м-н башкаруу принцибин, «Ши» Нэнь Даонун бийлик, күч» бедел (авторитет) принцибин ж-а «Шу» Шэнь Бухайдын бийлик чеберчилиги анын ыкмасы ж-а башкаруу принцибин бириктирип (синтездеп) жалпы бир теорияны иштеп чыккан.
**ХАНЬ** Юй, Хань Туйгжи, Хань Чанли (768-824), кытайдын акыны ж-а философу. Х. Ю. адамдын табиятына тиешелүү «Сань-пинь»- «үч баскыч» (жогорку – эң жакшы; ортоңку – эки жакка тең тиешелүү; төмөнкү – эң начар) түшүнүктөрүн иштеп чыккан. Х. Ю. жогорудагы түшүнүктөрдү сезимден ажыратып караган, себеби адамдын табияты төрөлгөндө эле бар, ал эми адамдын сезими башка заттар м-н катышында гана пайда болот.
**ХАРАКТЕР** (гр. т., белги, так, өзгөчөлүк деген маанини билдирет). Психологияда адамдын жашоосунун бир бүтүн ж-а туруктуу индивидуалдык рухий өзгөчөлүгү. Ал өзгөчөлүк адамдын психикалык жашоосундагы аракеттерден, абалынан ж-а о. эле. өнөкөтүнүн мүнөзүнөн көрүнөт.
**ХАРИЗМА** (гр. charisma – сүймөнчүлүк, кудай берген ыйык касиет) – кудай берген. Мис., Кайсы бир адамга берилген ыйык касиет (харизматикалык лидер – пайгамбар, саясий ишмер ж. б.). Алгачкы жолу бул түшүнүк Трельч ж-а М. Вебер аркылуу социологияда колдонгон.
**ХАТЧЕСОН** Фреэнсис (1694–1747), Шотландык философ. Х. көз караштары Шефтсберинин таасири астында түзүлгөн. Х. Адептүүлүктүн, диндин ж-а сулуулуктун негизинде ички тубаса адеп-ахлактык, диний, эстетикалык сезимдер жатат деп эсептеген. Х. Окуусу Мандевиль ж-а Гоббстун эвдемонизмине ж-а рационализмине каршы турган. Ал эми философтун эстетикасында сезимден келип чыккан эстетикасы эң сонундун (прекрасное) негизги принциби катары гармония ж-а көп түрдүүлүктүн биримдиги каралат.
**ХЕРМАН** Иштван – венгриялык философ, венгриялык УА корр. мүчөсү (976). 1973-жылдан баштап Будапешт университетинин философия кафедрасынын башчысы. Маданияттын философиясы, философиянын тарыхы, эстетиканын теориясы ж-а тарыхы, психологиянын тарыхы тармактарында изилдөөлөрүн жүргүзгөн.
**ХЕРЦ** Херберт – немец философу. ГДРдын ИА академиги (1967). Табият таануунун философиялык методологиялык ж-а гносеологиялык маселелери негизги изилдөө тармактары болгон.
**ХИНАЯНА** (санскрипттен-кууш жол, сапар дегенди билдирет) Буддизмдеги негизги багыттарынын бири.
**ХОЛИЗМ** (гр бүтүн, жалпы) «Бүтүндүктүн (целостность) идеалисттик нуктагы философиясы. Бул түшүнүк «Холизм жана эволюция» китебинде Я. Смэтс аркылуу киргизилген (1926). Х. б-ча чыгармачылыктын эволюция процесси дүйнөнү башкарат ж-а жаңы бүтүндүктөрдү жаратат.
**ХОРКХАЙМЕР МАКС** (1895–1973) – немец философу ж-а социологу. Франкфурттук мектептин бирден бир негиздөөчүсү. 1931–1965-ж. социалдык изилдөө институтунун башчысы, 1934-ж. тартып 1949-ж. чейин АКШда эмиграцияда болгон. Х. Адорно м-н биргелешип жазган «агартуунун диалектикасы» (Диалектика просвещения) аттуу чыгармасы, Франкфурттук мектептин философиялык-социологиялык көз-караштарын чагылдыруучу программасы катары каралган. Х. өнүктүргөн айтылуу Коомдун сын теориясында Гегелдин диалектикасы, Фрейддин психоанализи, Шопенгауэрдин этикасы м-н Маркстын буржуазиялык коомду сындоо көз карашын айкалыштырууга аракет жасаган.
**ХРИСИП** (б. з. ч. 281–208) байыркы грек философу. Стоиктер мектебинин өкүлү. Китиондук Зенондун окуусун өнүктүрүп ж-а бир тартипке салган. 705тен ашуун чыгарманын автору. Х. эң негизги кошкон салымы стоицизмдин логикасын иштеп чыгуусунда.

**ХРИСТИАНЧЫЛЫК** – фундаменталдык дүйнөлүк үч диндин бири. Палестинада 1-к-да жаралган.

**ЦЗИСЯ –** философиялык академия, Сюань-ван аркылуу Ци падышачылыгындагы Линьцзы шаарында пайда болгон. Академия Линьцзы шаарынын «Цзимэнь» аталган «батыш дарбазасы» тарабында жайгашкан да, ушул себептен Цзися деп айтылып калган.

**ЦИ** (кыт. аба, дем, газ, эфир) – кытай философиясынын негизги түшүнүктөрүнүн бири. Дүйнөнүн материалдык негизин түзгөн, заттардын өзгөрүшүн ж-а жок болушун алып келген, коюлуп ж-а жайылып туруучу майда бөлүкчөлөр деген мааниде каралат.

**ЦИВИЛИЗАЦИЯ** (лат. civilis – граждандык, мамлекеттик), Ц. маданияттын синоними катары же болбосо коомдук материалдык ж-а рухий маданиятынын өнүгүү баскычы катары каралат. Ц. түшүнүгү «маданият» түшүнүгү м-н айкалышта 18-к. пайда болгон. Француз философтору акыл-эс ж-а акыйкаттык башаттарына негизделген коомду, цивилизациялуу коом деп эсептешкен.

**ЦИОЛКОВСКИЙ** Константин Эдуардович (1857–1935) – орус ойчулу ж-а окумуштуусу, астронавтика ж-а ракетодинамика илимий тармагын жаратуучусу.

**ЦИЦЕРОН** Марк Туллий – мамлекеттик ишмер, римдик оратор, риториканын теоретиги, философиянын ж-а көркөм прозасынын классиги. Эллинистердин синкретикалык философиясынын таасири астында өзүнүн көз караштарын өнүктүргөн. Эпикуреалыктардан, стоиктерден, перипатетиктерден билим алып, римдиктерге философияны окутууну максат койгон.

**ЧААДАЕВ** Петр Яковлевич (1794–1856) – орус ойчулу ж-а публицисти. 1829–31-ж. «Философиянын тарыхы жөнүндөгү каттар» аттуу негизги чыгармасын жазган Ч. философиялык-тарыхый ойлору орус философиясынын өнүгүшүнө ж-а калыптанышына күчтүү таасирин тийгизген.

**ЧАГИН** Борис Александрович – советтик философ, СССР ИА –корреспондент мүчөсү. Негизги эмгектери философиянын тарыхына ж-а тарыхый материализмге арналган.

**ЧАКАН ТОПТОР –** тарыхый жактан аныкталган коомдун алкагында топтолуучу жалпы таламдары (кызыкчылыктары), дөөлөттөрү ж-а жүрүм-турум нормалары бар адамдардын салыштырма туруктуу жыйындысы. Ч. т.– үй-бүлө, алгачкы өндүрүштүк ячейкалар, кошуналык жамааттар, жолдоштук компаниялар, мектеп классы ж. б. Ч. т-дун өз алдынча белгилери болуп анын мүчөлөрүнүн бири-бири м-н түздөн түз байланышы эсептелет. Ар бир Ч. т. тышкы чөйрөнүн, ошондой эле топ ичиндеги жекече мамилелердин таасири астында топтолуучу белгилүү структурага ээ болот. Формалдуу Ч. т. алдын ала белгиленген максаттарга, жоболорго ылайык түзүлөт. Формалдуу эмес Ч. т. жеке симпатиялардын ж-а антипатиялардын таасири м-н топтолот.

**ЧАНЬ** – 5–6-к. Кытайда калыптанган буддизм мектеби. Мектептин аталышы (кыт. чань-на) – мистикалык медитация түшүнүгүнөн келип чыккан. Буддистик йогалардын пассивдүү медитациялык ыкмалары м-н даосизмдин динамикалык медитациясы айкалыштырылган.

**ЧАРВАКА –** Индиядагы байыркы ж-а орто кылымдардагы материалисттик окуу. Ч. чыгармалары сакталбай калгандыктан веданта, джайнизм, буддизм агымдарынын өкүлдөрүнүн айткандары алар ж-дө маалымат катары колдонулат. Ч. брахманисттердин дүйнө көз карашындагы карма түшүнүгүн четке кагып, туюу-сезүү аркылуу таанып-билүү гана чындыкка алып келет деген көз карашты айтышкан.

**ЧЕКСИЗ ЧЫНДЫК** (абсолютная истина) – (эч нерсе м-н салыштырууга болбогон) мындайча айтканда туура, так ж-а толугу м-н бир жактуу аныктай турган чындык о. эле илимдин өнүгүү жолун. Ч. Ч. улам жаңы өнүгүүдөгү илимдин жетишкендигин акыйкаттан жаралышы мүмкүн.

**ЧЕН-ӨЛЧӨМ** – объекттин сапаттык ж-а сандык мүнөздөмөлөрүнүн диалектикалык бирдиктүүлүгүн туюнтуучу философиялык категория. Ар кандай объекттин сапаты белгилүү сан м-н өзөктөш байланышкан. Берилген чен-өлчөмдүн алкагында сандык мүнөздөмө сандын, өлчөмдүн, тартиптин, элементтердин байланышынын, кыймыл ылдамдыгынын, өнүгүү даражасынын ж. б. өзгөрүшүнүн эсебинен өзгөрүшү мүмкүн. Ч. ө. сандын өзгөрүшү объекттин сапатынын өзгөрүшүнө алып келүүгө ж-а тескерисинче болууга чекти көрсөтөт.

**ЧЫГАРМАЧЫЛЫК** – мурда болбогон жаңы сапаттагы материалдык ж-а рухтук баалуулуктарды жаратуучу коомдун, социалдык топтордун, инсандардын иш-аракеттери болуп саналат. Ч. бул жаңыларды социалдык, прогресстин кызыкчылыктарын канагаттандыруу багытында, адамдын эркиндик деңгээлинин жогорулоосунда, коомдук мамилелерди гумандаштырууда, инсандын ар тараптуу шайкеш өнүгүүсүн камсыз кылуу максатында жаратуу дегенди туюндуруп билдирет. Ч. диалектикалык каршылыктуу ал кайталап өндүрүү ж-а өнүмдүү, жемиштүү иш-аракеттердин биримдиги. Адам өзүнөн мурдагы муундардын жараткандарына таянып туруп жаңыны жаратат. Ч. ар түрдүү формаларда, илимий, көркөмдүк, өндүрүштүк, техникалык, саясий ж. б. формаларда билинип-көрүнөт. Анын негизин курчап турган дүйнөнү максаттуу өздөштүрүп, жаңыртып жаткан адамдардын предметтик-практикалык иш-аракеттери түзөт. Адамдын чыгармачыл иш-аракети жумшала турган маанилүү чөйрөсү – тарыхый коом. Андагы чыгармачылык ишинде Адам өзүн өнүктүрөт, өзүн тажрыйбалык ж-а рухтук-ыймандык (нравалык) жакшыртууларды бириктирген бир бүтүн Жан катарында калыптандырат. Азыркы учурдагы чыгармачылыктын маанилүү жагы- илимий ишкердик. Илимий билимин өнүктүрүүнүн негизинде Адам өзүнүн чыгармачыл дараметин бардык башка ишмердиктерде ишке ашырууга жөндөмдүү болот.

**ЧЫГАРУУ** (Выведение) – ойлонуу амалы. Мунун натыйжасында жаңы билүү логикалык ойлоонун негизинде, б. а. түздөн-түз тажрыйбага кайрылбай эле мурдагы билүүлөрдөн чыгарылат. Маселен, эгер бизге Ташкент Бишкектен түштүгүрөөк, ал эми Бишкек Алма-Атадан түштүгүрөөк экендиги маалым болсо, биз географиялык картаны карабай эле Ташкент Алма-Атадан түштүгүрөөк жайгашкандыгын логикалык ойлоп, тыянак чыгарабыз. Логикалык чыгаруунун мисалы катары дедуктивдик ой корутунду эсептелет (лат. deductio – чыгаруу). Эгер биз бардык пикирдин субъекти ж-а предикаты болоорун билсек, ал эми берилген идея пикир болсо анда биз бул эки бүтүмдөн ушул идеянын субъекти ж-а предикаты бар деген туура тыянак чыгарабыз. Тыянактын тууралыгы бүтүмдүн тууралыгынан көз каранды, б. а. баштапкы пикирлерди салыштыруунун натыйжасында тыянак чыгарылат. Ошондуктан логиканын закондорунун талаптарына ылайык ой жүгүртүү зарыл. Мисал катары төмөнкү ой-корутундуну алсак болот: Бардык металлдар – элементтер. Коло-металл. Коло - элемент. Туура эмес тыянак: коло элемент эмес. Берилген ой корутундунун жүрүшүндө, кандайдыр бир түшүнүккө ар түрдүү маани берүүгө тыюу салган бирдейлик мыйзамы бузулган. Бул ой корутундуда «металл» түшүнүгү эки жолу колдонулган, бирок эки башка мааниде. Биринчи абалда бардык металлдар-химиялык элементтер катары, экинчи абалда өндүрүштө, чарбада колдонулуучу бардык металлдар ж-а алардын эритмеси катары. Бул терминди эки башка мааниде колдонуунун натыйжасында биз туура эмес тыянакты алдык. Логиканын башка закондорун бузууга да болбойт. Анткени туура тыянак чыгаруу үчүн туура бүтүмдөр керек. Туура эмес бүтүмдөрдөн кээде туура тыянак чыгып калышы мүмкүн. Маселен, төмөнкү ой корутундуда эки бүтүм тең туура эмес: Шеллинг м-н Гегель англичандар болгон; Шеллинг м-н Гегель материалисттер болгон; Кээ бир материалисттер англичандар болгон. Ой корутундунун тыянагы туура, бирок эки бүтүмү тең туура эмес (Шеллинг м-н Гегель экөө тең немец ж-а идеалист болушкан).

**ЧЫГЫШ-БАТЫШ** (Восток-Запад) – маданий, социалдык, философиялык, руханий-психологиялык системалардын бири-бирин аныктоосунун формасы, адамдын ишкердүүлүгү м-н ой-жүгүртүүсүндөгү эки башка түрлөрдүн карама-каршылыгы ж-а байланышы. Ч. м-н Б-тын бинардык оппозициясы ар түрдүү каралат. Мис., философияда (мистицизм-рационализм), экономикада (агрардык-индустриалдык), коомдо (коллективдүүлүк-индивидуалдуулук), жүрүм-турум эрежесинде (баамдоочулук-активдүүлүк) ж. б.

Географиялык тараптан Ч. м-н Б. маселеси байыркы гректер өзүн Ч. мамлекети Персияга карама-каршы койгондон бери башталат. Кийин европалык мамлекеттердин Азиянын жерлерине соода-сатык, саясий, согуштук, маданий экспонсиясынын жүрүшүндө стереотиптүү «сызыктуу» каршылыктар: руханийликке-практицизм, космоцентризмге-антропоцентризм, монизмге-дуализм айкындалат. Негизинен Ч.-Б. маселеси европалыктар чыгыш элдеринин өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө аракет кылуусунун натыйжасында пайда болгон, ал эми «востокоцентризм» «европоцентризмге» карата жооп катары жаралган концепция. Философиянын алкагында бул маселени карасак, философия алгач Ч. өлкөлөрүндө пайда болуп, кийин Б-ка тараган. Орто кылымдарда философиянын борбору кайрадан чыгышка-араб мусулман өлкөлөрүнө өтүп, Жаңы Мезгилде европанын мамлекеттерине өтөт. Санскрипттик адабият Шеллинг, Фихте, Гегель, Шопенгауэр сыяктуу философтордун ой жүгүртүүсүнө чоң таасир кылган. 20-к-дын аягында бардык адамдар ар түрдүү регионалдык, экономикалык, саясий, этномаданий ж. б. жалпылыктардын негизинде диалог же полилог түзүшүп, Ч.-Б. карама-каршылыкташтыруу туура эместигин баамдашты. Бирдиктүү Ч. же бирдиктүү Б. жок, алар өз ара бир топ экономикалык ж-а маданий борборлорго бөлүнүшөт; мисалга Ч. (Жер ортолук дениздик, Борбордук азиялык, Тынч океандык) же Б. (Борбордук европалык, Б. европалык, Атлантикалык). Ч.-Б. стереотиби өзүнүн мурунку маанисин жоготуп, азыркы учурда анын ордуна башка

оппозициялар: «Түндүк-Түштүк», «Европа-Африка», «Япония-Азия», «АКШ-Латын Америкасы» ж-а башка орчундуу маселеге айланып бара жатат.

**ЧЫГЫШ-ПЕРИПАТЕТИЗМИ** (Восточный перипатетизм) – араб-мусулман өлкөлөрүндөгү Аристотелдин жолун жолдоочулар. Эң көрүнүктүү өкүлдөрү болуп Аль-Кинди, Аль-Фараби, Ибн-Сина, Ибн-Баджа, Ибн-Туфейль, Ибн-Рушд ж-а башкалар эсептелишет. Бул араб-мусулман философиясынын өкүлдөрү Аристотелдин эмгектерине комментарий жазуу м-н бирге, геометрия, астрономия, оптика, метерология, медицина, психология, музыка, логика, этика, математика, физика, химия, фармакология, астрология, укук, саясат, анатомия, метафизика ж-а башка илимдердин тармактарын изилдешкен, б. а. араб-мусулман перипатетиктери конкреттүү илимдер м-н тыгыз байланышта болуп, орто кылымдагы Батыш аристотелчилерден айырмаланып, Аристотелдин философиясын диндик көз караштарга аралаштырган эмес. Алар, өзгөчө Аль-Фараби, Ибн-Сина ж-а Ибн-Рушддар дүй-нөнүн түбөлүктүүлүгү жөнүндө окууларын өнүктүрүшкөн.

**ЧЫНДЫК** (истина) – аң-сезимден сырткары ж-а ага көз каранды болбой жашаган объективдүү реалдуулукту адекваттуу (туура) чагылдырган, анын маани-маңызына дал келген билим. Адекваттуулук деп аң-сезимдеги образдын объектке дал келүүсүн аташат. Ч. объективдүү ж-а субъективдүү жактарга ээ. Ч-тын субъективдүүлүгү анын адамдын аң-сезиминде жашагандыгы ж-а анын ачылуу даражасы адамдын өнүгүү деңгээлинен көз каранды экендиги м-н түшүндүрүлөт. Ч. аң-сезимден тышкары ж-а ага көз каранды болбой жашаган объективдүү предметтерге таандык мазмунду чагылдыргандыктан, ал объективдүү мүнөзгө да ээ. Ч-ты төмөнкүдөй өңүттөрдө кароого болот: Болмуштук өңүт – бул өңүт Ч-тын объективдүү жагын түзөт. Аксиологиялык өңүт – Ч. «акыйкат», «адилеттик», «калетсиздик», «туура» ж. б. түшүнүктөр м-н тыгыз байланышкан. Праксеологиялык өңүт – практиканын компоненти ж-а адамдын практикалык иш-аракеттерин уюштуруу программасы болуу м-н чындык жаратуучулук, түзүүчүлүк мүнөзгө ээ. Ч-тын объективдүү мүнөзү анын индивидден да, коомдук топтордон да, ал тургай убакыттан да көз каранды эместигин шарттайт. Ч. коомдук таптардан өйдө турат, алардан ж-а тарыхый шарттардан көз каранды эмес. Ошол эле учурда Ч-тын объективдүү мүнөзү анын конкреттүүлүгүн шарттайт. Ч-тын конкреттүүлүгү анын тигил же бул кубулуштарга таандык байланыштар м-н алакалардан, алар калыптанган шарттардан, орундан ж-а убакыттан көз карандылыгын түшүндүрөт. Абстракттуу чындык болбойт, чындык дайыма конкреттүү.

**ЧЫНЫГЫ СОЦИАЛИЗМ** (Истинный социализм) – 19-к-дын 40-жылдарында негизинен Германияда кеңири жайылган майда буржуазиялык социализмдин формаларынын бири. Ч. с-дин идеялык уюткусу болуп 1942-жылы «Философиялык коммунизм» деген аталыш м-н пайда болгон, Фейербахтын, Гегелдин философиясынын начар иштелип чыккан жактарын ж-а утопиялык социализмдин айрым жоболорун бириктирген, бирок, саясий ишмердүүлүктүн ж-а демократия үчүн күрөшүүнүн зарылдыгын баса белгилеген окуу эсептелет (Гесс, Люнинг, Бернайс, Грюн). 1844-жылдагы Силездеги көтөрүлүштөн кийин «философиялык коммунизм». Ч. с-ге айланып, анын башкы өкүлдөрү болуп Гесс, Грюн, Земмиг, Криг эсептелген. Ч. с. «философиялык коммунизмдин» эклектицизмин мурастап алган, моралга негизделген социализм тууралуу окууну иштеп чыккан, социализмдин экономикалык ж-а саясий негизин четке каккан, баардык таптардын ортосундагы ынтымакка чакырган, жумушчулардын майда өндүрүшчүлөргө айлануусун талап кылган, күрөштүн революциялык каражатына каршы чыккан, ашынган улутчулдукту жактаган. Ч. с. майда буржуазиялык маңызга ээ болгондуктан, Германиядагы саясий күрөштүн күчөшү м-н улам реакциячыл мүнөз күткөн. К. Маркс м-н Ф. Энгельс «Немецтик идеология» (1845–46) деп аталган эмгекте «Чыныгы социализмдин» илимий мүнөздө эмес экендигин ж-а идеологиялык-саясий жактан алсыздыгын көрсөтүү м-н аны «Коммунисттик партиянын Манифестинде» (1847–48) «...реакциячыл кызыкчылыктардын, немецтик мещандардын кызыкчылыктарын» чагылдырган окуу деп аташкан. Энгельс анын өкүлдөрүн «...немец адабиятындагы реакциячыл элементтер», – деп атоо м-н Ч. с. реакциячыл табиятка сугарылган деп көрсөткөн. В. И. Ленин Ч. с-дин маани-маңызын «таптык күрөштү ж-а саясий эркиндиктин маанисин түшүнбөстүк.

**ШВЕЙЦЕР** Альберт (1875–1965) – немец-француз протестанты, теолог, дарыгер үчүн Нобель сыйлыгын алган (1953). Ш. адам дүйнөнү таанып-билүү аркылуу эмес, ал ж-дө толгонуу аркылуу өзүнө жакындатат деп эсептеген. Адам жашоосунун баштапкы жүйөсү Декар жазгандай cogito ergo тут эмес, андан алдаганча кеңири маанидеги «жашоо – бул – мен жана менин жашоо койнунда жашагым келет» деген дымак болуп

саналат. Ш-дин пикири б-ча, жашоого болгон кастарлуу мамиле жалпы эле дүйнөгө болгон көз караштын да, ошондой эле бүтүндөй этиканын да негизи болуп эсептелет.

**ШЕКСИЗ АНАЛОГИЯ –** предметтердин, кубулуштардын ж-а түшүнүк-төрдүн ортосундагы салыштырмалуу толук окшоштук.

**ШЕКСИЗ ОКШОШТУК МЫЙЗАМЫ** – бирдей күчтөгү, бири-биринен айырмасы жок мыйзам.

**ШЕКСИЗ ПИКИР** – ой, сөз айтуу, сүйлөп жаткан кишинин чагылдырылып жаткан нерсеге болгон калетсиз мамилеси, ойдун чындыгын же калптыгын шектенүү м-н же толук ишенүү м-н айтуусу.

**ШЕЛЕР** Макс (1874–1928) – немец философу; Кельнда (1919–1928), Франкфурт (1928) профессор; Эйкендин шакирти. Ш. Гуссерлдин феноменологиялык методун этика, маданият философиясы ж-а дин чөйрөсүнө көчүрүп келип, ыймандык дөөлөттөрдү «өзгөрбөс «маңыздары» катары чагылдыруу м-н Канттын формалдык этикасына дөөлөттөр ж-дөгү материалдык окууну карама-каршы койгон. Анын негизги изилдөө тармактары-баяндап жазуу психологиясы, атап айтканда, сезим психологиясы ж-а өтө кеңири мааниде алынган «билим социологиясы» болгон. Мында ал диний, метафизикалык, илимий ой жүгүртүүнүн (алардын Кудайга, дүйнөгө, дөөлөттөргө, турмушка карата жасаган мамилесине таянып) бир катар тибин айырмалап көрсөткөн ж-а аларды коомдук, практикалык-мамлекеттик ж-а экономикалык турмуштун белгилүү бир түрлөрү м-н байланыштырууга аракеттенип Ш-дин пикири боюнча сырттан көз жүгүрткөн ж-а таанып-билүүчү адамга объективдүү, адам тарабынан жаратылбаган ар бирин сырттан кабылдоого боло турган өз маңызына ж-а өз мыйзамына (маңыздуу мыйзамдарга) эгедер болгон заттык дүйнөлөр карама-каршы турат; булардын акыркылары тийиштүү заттык дүйнөлөр жашап турган эмпирикалык мыйзамдардан жогору турушат, алардагы бул маңыздар кабылдоонун натыйжасында айкын болот. Ушул мааниде Ш. философияны маңыз ж-дөгү жогорку, көлөмү өтө кеңири илим деп эсептейт. Өзүнүн руханий изденүүлөрүнүн аяк ченинде Ш. католиктик диний ачылыш тууралуу көз караштарынан четтеп пантеисттик ж-а анын алкагына бардык илимдерди, анын ичинде антропологияны да кошкусу келген. Ошентсе да ал өзүнүн феноменологиялык-онтологиялык көз карашы толук бойдон четтеп кете алган эмес, бирок ал өз философиясынын чордонуна философиялык антропологиянын проблемаларын коюп, а түгүл бул багыттын негиздөөчүсү да болгон. Ш. ошондой эле теогония проблемаларын да үңүп изилдеген.

**ШЕЛЛИНГ** Фридрик Вильгельм – Иозеф (1775–1854) – немец философу; Йенде, Вюрцбургда, Эрла Генде, Мюнхенде ж-а Берлинде окутуучу болгон. Немец идеализминин көз карашынан алганда ал (Фихте ж-а Гегель м-н бирге анын негизги өкүлдөрүнөн болуу м-н) бул багытты романтикалык өңүттө өнүктүргөн; өз көз карашын көп ирет өзгөртө бергендиги үчүн ал «философиядагы Протей» деген атка конгон. Кантка, андан да көбүрөөк Спиноза м-н Фихтеге ыктоо м-н, ал табигый күчтөрдүн («потенциялардын») иерархиясы тууралуу жазгырма натурфилософияны түзүп, акыр аягында ал түгөйлөштүктүн философиясына айланган. Ал окуу боюнча: субъект м-н объекттин, реалдуулук м-н идеалдуулуктун, жаратылыш м-н рухтун карама-каршылыгы идеалдуулук м-н реалдуулуктун түгөйлөштүгүн билдирген абсолютта жоюшуп кетет. Ш-дин пикири боюнча бул абсолют түздөн-түз, айталы, интеллектуалдык сырттан көз жүгүртүү кезинде ж-а искусстводо таанып-билинет. Алар философия м-н тең укукта, же көбүнчө андан да бийик болуу м-н, бардык бөлүнгөн нерселерди бириктирип турат. Эмпирикалык деңгээлде турмуш көрүнүштөрүндө негизинен бирде жаратылыш, бирде рух басымдуулук кылат. Ушуга ылайык жаратылыш бийлиги м-н рух бийлиги (тарых катарларды (өнүгүүнү) түзүшөт, ал эми алардын айрым алынган баскычтарын Ш. «потенциялар» деп атайт. Бул «потенциялар» бири-бирине өздөрүнүн жалпы баштапкы негизи, абсолюту боюнча гана жакын түгөйлөш, демек, баскычтар биринин артынан бири келип чыкпайт, алар өзүнөн өзү абсолют тарабынан бөлүнүп чыгып, толук түрдө таралууга жетишет. Ш-дин өнүгүү ж-дөгү окуусу да Гегелдики сыяктуу эле идеалисттик болуп саналат. 1807-жылдан баштап Ш. адамдын эркине негизделген адам эркиндиги ж-а анын Кудайга карата мамилеси ж-дөгү проблемага кайрылат. Ш. өзүнүн дин тарыхынын метафизикасында соңку диний илимдин (дин ж-дөгү илимдин) негиздерин өнүктүргөн. Анын философиялык өнүгүүсүнүн акыркы мезгили терең ойлуу, түшүнүүгө татаал мистика м-н мүнөздөлөт.

**ШЕСТОВ** Лев**,** Лев Исаакович Шварцман (1866–1938) – орус диний философу ж-а жазуучусу. Сорбоннада профессор (1920); рационализмге каршы турган экзистенциалисттик багыттагы окумуштуу. Ал салттуу философияны кайра карап чыгууга аракеттенүү м-н, негизги көңүлдү субъектке буруунун талап кылган. Паскаль, Кьеркегор, Достоевскийлердин, идеясынын нугунда салттуу рационалисттик философия м-н кайым айтышка чыккан. Шестовдун пикири боюнча, логос идеясы м-н байланышпаган Кудай «жакшылык менен жамандыктан сырткары турган» чексиз кубаттуу эрктин идеалы болуп саналат. Философиялык парадокстар м-н учкул ойлордун мыкты чебери катары ал академиялык ой жүгүртүүнү катуу сынга алат.

**ШЕФТСБЕРИ** Антони Эшли Купер, граф (1671–1713) – англис философу. Моралдын динге, ошондой эле табигый механизмге карата болгон өз алдынчалык мүнөзүн баса көрсөткөн. Ыйманды башат адамдын табиятында, атап айтканда, анын эстетикалык жөндөмүндө бугуп жатат. Шефтсберинин пикири боюнча,

адамды кылган нш үчүн сый аласың деп үмүттөнтүүнүн же күнөөгө батасың деп коркутуунун жүйө-себеби адамды ыймандуу кылуу үчүн эмес, аны тынчытуу максатында гана колдонулушу мүмкүн. Ыймандуулуктун маңызын негизинен индивидуалисттик өңүттө карoo м-н ал муну адамдын жекече ж-а альтуристтик жөндөмдүүлүктөрүн шайкеш айкалыштырууда деп түшүнөт. Эң бийик идеал-турмуштун кынтыксыз эстетикалык гармониясы, Шефтсбери Винкельман, Геро, Гете м-н Шиллерге чоң таасир тийгизген.

**ШИЛЛЕР** Фридрих (1759–1805) – улуу немис акыны, философу ж-а тарыхчысы. Жаш кезинде, бир жагынан Лейбниң м-н Вольфтун экинчи жагынан Шефтсбери м-н Руссонун философиясынын таасирин алган. 1790-жылы Шиллер Канттын философиясы м-н жакындан таанышып, аны терең окуп-үйрөнсө да, аны м-н толук пикирлеш болгон эмес. Атап айтканда, ал Канттын этикасында парз милдет идеясы өтө эле курч ж-а бир жактуу өнүктүрүлгөн деп эсептеген. Эрк ж-а акыл-эске карата алганда адам экиге бөлүнбөстөн, бүтүн, бирдиктүү. Эрк- адамдын түрдүк мүнөздөмөсү, ал эми акыл-эс болсо анын түбөлүк эрежеси болуп саналат. Бардык жаратылыш акыл-эстүү аракеттенет: адамдын айырмачылыгы – ал аң-сезим м-н эрктин жардамы м-н акыл-эстүү иш кылат. Адам- эркиндикти каалаган макулук. Маданият адамга бул эркиндикти өздөштүрүүгө жардам көрсөтүүгө тийиш. Моралдык жактан айкын багыттуу адам гана толук эркин болушу мүмкүн. Өз эркинин акыркы багыттоочусу катары ар бир адамды өзүндө эң идеалдуу адамга ылайык келген түшүнүгү ж-а аныктамасы болот; анын жашоо-турмушунун негизги милдети – өз өмүр-жолунун бардык оош-кыйыш өзгөрүүлөрүндө ошол адам м-н макулдукка келүү. Ш-дин этика-педагогикалык философиясы анын «Адамды эстетикалык тарбиялоо жөнүндө каттар» деген эмгегинде жыйынтыкталган. Андагы башкы проблема – ыймандык каалоону тарбиялоо. Сезүү-туюу ж-а баамдоо сыяктуу касиеттер адамдан ой-жүгүртүү ж-а каалоо сыяктуу ишкер абалга өтүү эстетикалык эркиндиктин ынтаалуу ыйманды каалоо, Башатты билдирген ортодогу данакер абалынын натыйжасында жүзөгө ашат. «Адам өз үмүт тилегин арууланта билүүнү үйрөнүшү керек; ошондо гана анда ашкере каалоого ээ болуу зарылдыгы келип чыкпайт».

**ШЛЕЙЕРМАХЕР** Фридрих Эрнист Даниель (1768–1834) – немис теологу ж-а философу. Немис идеализми ж-а романтикасы м-н тыгыз байланышта болуу м-н, ал Кудай ж-а дүйнө м-н байланыштуу болгон протестанттык багыттагы сырттан баамдап ой жүгүртүү философиясын иштеп чыккан. Кант м-н Фихтенин идеалисттик жазгырууларын жумшартуу м-н ал рухий – тарыхый чындыкка көбүрөөк көңүл бурууну талап кылган, мында аларды бөлүп карабастан, Бүтүндүк ж-а Түбөлүк м-н бирдикте кароону сунуш кылган. Дин – ошол Түбөлүк м-н биримдикти сезүү. Ал «жөнөкөй» көз карандылыкты, тагыраак айтканда, Кудайдан болгон көз карандылыкты сезүүгө негизделет. Кудай ж-дөгү идеяда идеалдуулук м-н реалдуулуктун абсолюттуу биримдиги туюнтулуп, тигил же бул карама-каршылык жокко чыгарылат, ал эми дүйнө тууралуу түшүнүктө идеалдуулук м-н реалдуулуктун салыштырмалуу биримдиги карама-каршылык түрүндө кабылданат. Ошондуктан Кудай дүйнөгө түгөйлөш да, дүйнөдө бөлүнгөн да эместей туюмдалат (караңгы, Пантеизм). Нерселер табигый байланыш м-н кандай шарттaлган болсо, дүйнөдөн да ошондой эле өлчөмдө көз каранды деп эсептелет; ошондуктан түздөн-түз Кудайды б. а. кереметти кабылдоо мүмкүн эмес. Адам Кудайдын табигый байланышына камтылып ошол себептен ыймандык мыйзам м-н жаратылыш мыйзамынын ортосунда эч кандай кескин айырмачылык жок. Ар бир адам өз алдынча маани-маңызга ээ, демек ар бир адам өзүнүн жекече өрнөктүү элес-сыпатын өнүктүрүүгө чакырылган. Инсанга идеалдуу түрдө берилген индивидуалдуулукту жүзөгө ашыруу – инсан эркиндиги мына ушунда. Ш. этиканы жакшылык, дөөлөттөр ж-а парз ж-дөгү окуу деп карайт. Анын пикири боюнча парздын жалпыга таандык мыйзамын мындайча аныктоого болот: ар бир учурда бардык ыймандык күч-кайратыңды жыйнап ж-а бардык ыймандык максаттарга умтулуу м-н аракеттенет.

**ШЛИК** Мориц (1882–1936) – австрия философу, физик ж-а логик; Росток, Кил, Венада, 1931–1932-ж. Берлиде (Калифорния ун-ти) профессор; Вена штриминин негиздөөчүсү; эмпирикалык реализмдин өкүлү. Р.Карнап м-н Л. Витгенштейндин таасирин алуу м-н, ал негизинен акыйкат проблемасын, таанып-билүү теориясын, логика м-н математиканын априордуу мүнөзү ж-дөгү маселени иштеп чыккан. Ал априордуу синтездик ой жүгүртүү мүмкүндүгү бар деп эсептөө м-н психофизикалык проблеманы физикалык жол м-н чечүүгө аракеттенген. Философиянын милдети-түшүнүктөрдү логикалуу чечмелеп берүү. Мындан тышкары Ш. мейкиндик, мезгил, материя, себептүүлүк, ыктымалдык, органикалык, дөөлөттөр, гедонизм, эрк эркиндиги, этикалык жүйө-себеп түшүнүктөрдү изилдеген.

**ШОПЕНГАУЭР** Артур (1788–1860) – немис философу. Берлинде үзгүлтүк-кө учураган педагогдук иштен кийин (1820-жылдан тартып) Франкфурт–на-Майнеде (1832-жылдан баштап) приват-доцент болуп иштеген. Анын философиясы эки жобого негизденет: 1) дүйнө-өзүндө уюган эрк; г) дүйнө – мен үчүн көрүнгөн элес (башкы чыгармасы – «Дүйнө эрк жана элес катары», 1819). Таанып-билүү үчүн жашаган нерсенин бардыгы, б. а. бул дүйнө бүтүндөй субъект м-н байланышкан объект сырттан көз салганга сырттан көз салуу, бир сөз м-н айтканда – элестүү болуп саналат. Демек, объектсиз субъект да, субъект болбогон объект да жок. Бирок мындай тааным Ш-дин пикири б-ча жетишсиз. Биз дүйнө биз элестеткенден да чоң, башкача нерсеби, эгер

ошондой болсо, ал кандай нерсе деген суроо коюлат. Мунун негизине биз төмөндөгүдөй аныктамага келебиз: индивид сыпатындагы көрүнгөн таанып-билүүнү субъект өз денесинин тажрыйбасынан улам эрк анын ички маңызы экендигин туят. Дене таптакыр эки башка маңыз катары элес, объекттердин ичиндеги объект катары, ошол эле учурда «эрк» деген ат м-н ар бир эле адамга түздөн-түз тааныш болгон нерсе катары берилген. Демек, дене-эрктин объективдүү көрүнүшү; эрк-дененин өзүндөгү жашоосу. Мындай таанымжаратылыштын бардык кубулуштардын маңызынын түйүнү бардык нерселер өздөрүнүн ички маңызына ылайык келиши керек, биз аны өзүбүздөгү эрк деп атайбыз. Эрк дегенибиз – өзүндө өзү катылган нерсе. Ой жүгүртүүнү андан ары тереңдетсек, бардык күчтөрдүн ички маңызы эрктин сапаты катары каралганын көрөбүз. Мындай күчтөргө: өсүмдүктү өнүп-өсүүгө умтулткан күчтөр; кристаллдашууга алып келүүчү күчтөр; өзүнө түгөйлөш Затты тандап алуунун негизинде түртүлүү ж-а тартылуу, бөлүнүү ж-а биригүүнү жүзөгө ашырган магнитти Түндүк уюлга караткан күчтөр; акыры келип, бардык материяда ушундай күч м-н аракеттенип, ташты жерге, Жерди-Күнгө тартып турган салмак кирет. Ошентип мейкиндик м-н мезгил гана өздөрүнүн маңызында ж-а аталышында тең ж-а бүтүн турган нерсени ар башкага бөлгөн, бөлүктөрү бирибирине удаалаш же уланып турган көптүк катары көрүнөт; эрк өзүнө өзү катылган нерсе катары ар кандай мезгил м-н мейкиндиктен, ошондой эле каузалдуулуктан (себептүүлүктөн) тышкары турат, анын негизи да, максаты да жок, ал жүйө-себепке да ээ эмес, аны таанып-билүүгө да болбойт; ал объективдүү таанымга ээ болгондуктан, мезгил м-н мейкиндикте индивиддештирүү (Principium individuations) принцибине баш иет, ушундан улам аны жашоого болгон эрк десе болот. Эркти объективдештирүүнүн баскычтарыжаратылыштын кыйла жалпы күчтөрүнөн тартып адам ишмердигине чейин – платондук идеялар болуп саналат. Мейкиндик м-н мезгилден улам аныкталган объекттерди каузалдуулук принцибин жетекчиликке алган илимдер изилдеп үйрөнөт. Мунун натыйжасында искусствонун Генийи гана – нукура сырттан кабылдоонун ж-а ой-кыялдын адаттан тыш күчүнөн улам гана – түбөлүк идеяны таанып-билип, аны поэзияда, көркөм –сүрөт өнөрүндө, музыкада чагылдырып берүүгө жөндөмдүү болот. Музыка чынында эле өзгөчө жогору абалда турат, себеби ал искусствонун бөлөк түрлөрү сыяктуу эле идеяларды гана чагылдырбастан, биздеги дүйнөлүк эркти да түздөн-түз объективдештирүүчү болуп саналат. Ш-дин искусстводогу метафизикасы Вагнер м-н Ницшеге өзгөчө таасир тийгизген. Эрк ар дайым умтулууда болуш керек, себеби умтулуу – анын жападан-жалгыз маңызы болуп саналат. Анда эч кандай акыркы чектүү максат коюлбайт ж-а ал кандайдыр бир түпкү канааттанууга, б. а. бакытка ээ болууга жөндөмсүз. Ш. өзүнүн чечендигинин күчүнө салып турмушта кездешүүчү оор түйшүк-төрдүн бардык түрлөрүн ж-а көрүнүштөрдүн, жашоого болгон эркти жоготуудан башка кутулуунун эч аргасы болбогон акыр аягында келип индивидуация принцибин жоготууну, закымга (нирванага) айланып кетүүнү туюнткан азап-тозокту сүрөттөп чыгат. Мындай жоготуу индивидуация принцибин үйрөнүү-дөн, өзүнчө тааныш эмес кубулуштар аркылуу өзүн жаңыдан таанып-билүүдөн улам келип чыгат, мунун натыйжасы адилеттикке ж-а кайрымдуулукка алып келет. Кайрымдуулук моралдын пайдубалы болуп саналат. Кайрымдуулук сезими адамдарга гана багытталбастан, Ш. өзгөчө баса белгилегендей, жаныбарларга да багытталышы керек.

**ШОТЛАНДИЯ МЕКТЕБИ** – 18–19-к-дарда шотландия философиясында кеңири таралган багыт. Ал француз материализмине ж-а юмдун скептицизмине каршы туруу м-н «адамдык жөндүү акыл-эс» (common sence) деген урааны көтөрүп чыккан. Канттын окуусуна таянып анын өкүлдөрү кийинчерээк психология, таанып-билүү теориясы, эстетика, диний философия, этика илимдерин иштеп чыгышкан. Бул багыттын негизги өкүлдөрү: Томас Рид, Дугалд Стюарт, Томас Браун, кичинерээк Уильям Гамильтон кошулган.

**ШПЕНГЛЕР** Освальд (1880–1936) – немец маданият философиясынын өкүлү. Озүнүн «Der Untergang des Abendlandes. Umris einer Morpnologie der Weil geschichte» 1918 «Себептүүлүк жана тагдыр». Европанын күүгүмү» деп аталган негизги чыгармасы м-н белгилүү болгон. Аны Ш. дүйнөлүк тарыхты түзгөн маданияттарды болжолдуу түрдө миң жылдык өмүр м-н аныкталып чектелген организмдер катары караган. Ал батыш маданиятын жок болуп кеткен грек маданиятына салыштыруу аркылуу анын келечегин аныктоого аракеттенген. Анын пикири б-ча батыш маданияты сөзсүз түрдө жок болуп турган цивилизациянын тилкесине кирди. Анын бул китеби эки дүйнөлүк согуштун аралыгында өтө зор ийгиликке жетишкен. Мунун себеби, анда ошол учурдагы жашоо философиясын жактоочулар (Эрнст Юнгер, Людвиг Клагес ж. б.), ошондой эле билимдүү адамдардын кеңири чөйрөсү (кара; *Курмандыкты күтүү*) карманган рухка каршы туруунун тарыхый фактылары негизге алынган имиш. Ошол кезде эле курч сынга алынган бул китеп бүгүнкү күндө андагы чалагайымдыктын (Ш. философия үчүн гана жашаган философияны ар убак жек көрүп келгендигин моюнга алган) ж-а фактылардын өтө үстөмдүгүнүн айынан («акыйкатка караганда факты маанилүүрөөк») жагымсыз талкуулардын жемине айланууда. Жалпысынан Ш. идея м-н реалдуулуктун, рух м-н турмуш чындыгынын ортосундагы шайкешсиздикке байланышкан өтө оор проблеманы ашкере эле жөнөкөйлөтүп жиберген тайкы позитивизмге жол берген. Кийинчерээк ал бир катар башка эмгектерди да жараткан.

**ШПЕТ** Густав Густавович (1879–1940) – орус философу, Э. Гуссерлдин феноменологиясын улантуучу; Москва университетинин профессору (1918-жылдан). Анын илимий кызыгуусунун багыты: илим тарыхы м-н методологиясынан тартып эстетика м-н психологияга чейин болгон. Азыркы европалык 17 тилде билүү м-н философия, психология, логика ж-а эстетика боюнча көптөгөн эмгектерди которгон. Шпет Илимий философия институтунун, Чыгармачыл ж-а жогорку окуу жайларында эмгектенген интеллигенциянын эркин философиялык ассоциациясын (1919, Петроград), Этникалык психология кабинетин, Г. Челпанов м-н бирдикте Москва психологиялык институтун түзгөн. Ал батыш европа философиясынын тарыхы б-ча бир катар маанилүү изилдөөлөрдү жарыялаган; П. Д. Юркевич, П. Л. Лавров, А. И. Герцендин дүйнөгө болгон көз карашы тууралуу тарыхый-философиялык очерктер да анын калемине таандык. Шпет «түпбашатты» ж-а «турмуштун принциптерин» табууга аракеттенип, аларды «маңыз», «эйдос», «идея» деп атаган. Тажрыйба жүзүндө алардын маңызын айкындоого Декарт, Спиноза ж-а Лейбництин рационализминин нугунда чечмеленүүчү адам акыл-эсинин интуициялык көрүнүштөрүн ачуу аркылуу жетишүүгө болот. Гегелдин «рухтун феноменологиясы» деген чыгармасын орус тилине которгон (1959-ж. басылып чыккан) Шпет тилдин философиясы маданият философиясынын негизи деп эсептеген.

**ШТАММЛЕР** Рудольф (1856–1938) – немис укук философиясынын өкүлү, профессор, Канттын окуусун улантуучу. Укук философиясынын социалдык идеалы, Ш-дин пикири б-ча, улутка бириккен ж-а өздөрүн эркин түрдө билдире алган адамдардын жалпылыгы болуп саналат. Юридикалык дүйнө тааным көз карашынан алганда ал экономикалык детерминизм м-н жуурулушуп кеткен деп марксизмди четке каккан экономика м-н мамлекетке карата алган укуктун алгачкылыгын тааныган.

**ШТЕЙНЕР** Рудольф (1861–1925) – немис философмистиги, жазуучу. Алдын-ала окуп үйрөнүп чыккандан кийин, Гегелдин табият таануу боюнча эмгектерин басып чыгарган (1883–1897); 1902-ж-теософиялык коомду немис бөлүмүнүн генералдык катчысы; 1912-ж. Антропософиялык коомду түзгөн.

**ШТИРНЕР** Макс, Каспара Шмидта (1806–1856) – немец философу; Гегель м-н Фейербахтын жактоочусу; солчул гегелчи, анархизмдин теоретиги. Өзүнүн «Бирөө жана анын менчиги» (орусчасы 1922-ж.) деген негизги эмгегинде ал бирден бир реалдуулук индивид, Мен, ал эми нерсе Менге кызмат кылгандыктан улам гана баага арзый тургандыгын далилдөөгө аракеттенген: Мендин Менден башка эч нерсем жок. Ш-дин философиясы тайбас өзүмчүлдүктүн таасын классикалык үлгүсү болуп саналат.

**ШУППЕ** Вильгельм (1836–1913) – немец философу, Грейфсвальдда профессор; ашынган имманенттик философиянын өкүлү. Ш-нин пикири б-ча турмуш чындыгы ац-сезим аркылуу таанылгандыктан гана жашап турат. Ац-сезимде жаратылган инсан. Мендин ац-сезими катары да дененин ац-сезими катары да бөтөнчө туруктуулукка ээ болуп саналат. Башка (бөтөн) инсан (ац-сезим) тууралуу тыянак чыгарууга гана болот. Жалпылай алганда, Ш-нин көз карашы б-ча, турмуш чындыгы бул аң-сезим, объект-элестетүү болуп саналат.

**ШЮЦ** Альфред (1899–1959) – австро-америка философу ж-а социологу, феноменологиялык социологиянын негиздөөчүсү. 1939-ж. тартып АКШда жашаган. Философиялык теорияда экзистенциализмге жакын турган трансценденалдык эмес феноменологияны иштеп чыккан. Түшүнүүчү социология багыты б-ча өзүнүн үлгүсүн сунуш кылып, Гуссерль тарабынан коюлган абстрактуу илимий категориялар м-н күндөлүк турмуш чөйрөсүнүн, билим м-н иш-аракеттин ортосундагы түздөн-түз байланышты орнотуу ж-дөгү милдетти чечүүгө аракеттенген. Социалдык иш-аракеттин ички жүйө-себептери, кадыресе таанып-билүүнүн түрлөрү ж-а методдору, адамдардын ортосундагы өз ара мамиленин, рационалдуулуктун структурасы б-ча изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Ш-тун негизги чыгармалары «Colleced papers» v.1-3. The Haguc, 1962-1966-ж жарыяланган.

**ЭВДЕМОНИЗМ** (гр. endamonia – ырахмат) – ырахмат, багытты бардык умтулуулардын ички жүйөсү ж-а максаты деп караган этикалык багыт. Э-дин жактоочулары рухий ж-а дене мүчөсүнүн жөндөмдүүлүгү эч тоскоолдуксуз өнүгүп, бул жөндөм-дүүлүктөрдүн ар тараптан өнүктүрүү аркылуу өзүнө ж-а башкаларга ырахат тартуулай билген адамды бактылуу да, ошол эле учурда нарктуу да деп эсептешкен. Ошондо гана адам өз замандаштарынын урмат-сыйына ж-а урпактардын даңктап эскерүүсүнө арзыйт. Э-дин өкүлдөрү – Сократ, Эпикур, Спиноза, Лейбниц, Шефтсбери, Фейербах, Штраус, Зигварт, Дюринг, Зидвик, Х. Бехер, Спенсер ж. б. Ошондой эле көбүрөөк сандагы адамдарды көбүрөөк бакытка жеткирүүгө умтулган социалдык Э. багыты да кецири таралган (кара; *Бентам*). Айрым алынган индивиддин бардык асыл сапаттары ушул максатка кызмат кылгандыгы үчүн гана маани-мацызга ээ болот. Мамлекет, анын бардык институттары, иш-

чаралар м-н мыйзамдар да ушул бийик максатка жетүүнүн каражаттары болуп саналат. Социалдык мүнөздөгү Э. утилитаризмге айланып кетет.
**ЭВДИМИЯ** (гр. жакшы маанай) – жан дүйнөнүн бейкуттугу, куунактык; Демокриттин пикири б-ча чыныгы ырахат.
**ЭВОЛЮЦИЯ** (лат. evolutio – жайылуу, өнүгүү; эволюционализм – бардык нерсени өсүп-өнүгүп турган деген көз караштан караган дүйнө тааным; кара; *Прогресс*).
**ЭВРИСТИКА** (гр. heurisko – иликтөө, ачуу) – ойлоп табуу өнөрү; методикалык жол м-н жаңы нерсени табуу өнүтү. Э-лык-жаңыны ойлоп табууга, ачууга, о. эле жаңылыкты (жаңы идеяларды, жаңы фактыларды) атоого байланышкан түшүнүк; изилдөө үчүн жардамчы каражат катары алып гипотезалар маанилүү Э-лык дөөлөттөр болуп саналат. Илимий баяндоодогу Э-лык метод системалык баяндоого карама-каршы келүү м-н, илимий натыйжаларды табууга алып келген жолдору баяндоону билдирет.
**ЭГОИЗМ** (лат. ego – мен) – өзүн жакшы көрүү; өзүнүн жеке Мени (керт башы), өзүнүн пайдасы ж-а утушу, башкалардыкына караганда өз кызыкчылыгын жогору коюшу ж-дөгү ой-пикир м-н аныкталуучу жүрүм-турум. Э. баарыдан-мурда, адамдын өзүн-өзү сактоого болгон табигый сезиминин, инстинкдинин туундусу болуп эсептелет; этикалык көз караштан алганда Э-дин зарылдыгы өмүрдүн баалуулугу м-н шартталат. Ал адамдын өзүнө берилген асылдыктарды аңдап-түшүнүүсү ж-а жүзөгө ашыруусу, мүмкүнчүлүктөрүн ж-а жөндөмүн болушунча жогорку деңгээлде өнүктүрүп-өстүрүүдөгү моралдык парзын аткаруу үчүн керек. Айрым учурлардагы жеке кызыкчылыктардын коомдук же башка инсандардын кызыкчылыгынан жогору коюучулук – Э-ди этикалык көз караштан алып карагнда жол берилгис нерсеге айлантат.
**ЭДИЛОВА** Мариям Миталиповна [1951-ж.т., Ленинполь р-ну, Ленинполь (азыркы Бакайата) айылы] – философия илимд. доктору (2002). Жалалабат педагогикалык окуу жайын (1969), КМУнун тарых факультетин (1974) бүтүргөн. 1975–82-ж. Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясында илимий, улук илимий редактор, редакция башчысы, 1982–85-ж. КМУУнун философия кафедрасынын социология лабораториясында инженер, улук инженер, 1985–2000-ж. Кыргыз Агрардык Академиясында окутуучу, доцент, кафедра башчысы, тарбия иштери боюнча проректор, 2001-жылдан Жусуп Баласагын атындагы КУУнун философия кафедрасында профессордун милдетин аткаруучу. Социалдык философия тармагында адис. 100гө жакын илимий макалалардын, 4 монография, бир нече брошюралардын автору. Нег. эмгектери: Жакырчылык-социалдык көрүнүш (өткөөл мезгилдеги Кыргызстандын мисалында). Бишкек, 2000; Транзиттик коомдогу элет жакырчылыгы жана өспүрүм балдар. Бишкек, 1998; Демократия, гендер жана аялдар укугу (авторлош). Бишкек, 2001 ж. б.
**ЭЗОТЕРИКАЛЫК** (гр. esoterikos – ички) тандалган гана адамдарга, адистерге арналган ж-а ошолорго гана түшүнүктүү болгон нерсе. Карама-каршысы – экзотерикалык.
**ЭЙДОС** (гр. eidos – образ, элес, көрүнүш) – образ, түшүнүк, идея. Гуссерлдин феноменологиясында маңыз м-н маанилер алынат. Эйдетика же Гуссерлдин пикири б-ча эйдология Э. ж-дөгү окуу; эйдетикалык илимдер – тышкы фактылар ж-дөгү илимдерге карама-каршы келген маңыз тууралуу илимдер. Феноменологиялык методго эйдетикалык редукция «дүйнөдө болуу» түшүнүгү кирет. Анын мааниси кабылдануучу нерсенин жаратылыш кубулуштарынын тизмегинде алган орду м-н аныкталуучу анын жекече абалын билдирет. Эйдетикалык редукциянын өңүтү б-ча тажрыйбанын, көз караштардын, жоболордун ошол нерсеге байланыштуу болгон илимий ж-а илимий эмес маалыматтары толугу м-н кароодон алынып ташталат, демек нерсенин маңызы эркин ж-а айкын болуп калат.
**ЭКЗИСТЕНЦИАЛИЗМ** (соңку латынча exsistentia – бар болуу, жашоо) – 20-к-да батыш философиясында антропологиялык өңүттө өнүккөн таасирдүү багыттардын бири; анын борборунда жашоонун маңызы, жекече эркиндик, жоопкерчилик ж-дөгү проблемалар турат. Белгилүү өкүлдөрүнө М. Хайдеггер, К. Ясперс, Ж.-П. Сартр, А. Камю, Г. Марсель, М. Бубер ж. б. кирет. 20–30-ж. калыптана баштаган; экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде ж-а андан кийин ал батыш интеллигенциясынын, өзгөчө гуманитардык интеллигенциянын маанайына зор таасир тийгизген; анын идеялары адабият м-н искусствого кирген. Э-дин рухий башаты Э. Гуссерлдин «жашоо философиясы» м-н феноменологиясында жатат. Ошону м-н бирге эле мында батыш ж-а орус маданиятынын кыйла кеңири таасирин да эске алуу зарыл: айрым экзистенциалисттер (Ж.-П. Сартр, А. Камю ж. б.). бекеринен Г. Мелвилл, М. Пруст, Ф. Достоевский, Л. Толстой, А. Чехов, Н. Бердяев, Л. Шестовду өздөрүнүн жол көрсөтүүчүлөрү деп аташкан эмес. Э-дин түйүндүү түшүнүгү – бар болуу, жашоо же «экзистенция». Экзистенциалисттер «болмуш» м-н «бар болууну» айырмалай карашат: «болмуш» адамды курчаган табигый ж-а социалдык дүйнөгө, ал эми «бар болуу» – адамдын ички дүйнөсүнө, анын жекече «менине» тийиштүү нерсе катары каралат. Адам айрым алынган индивид катары «буюмдар» м-н «башка» адамдардын дүйнөсүнө, кайдыгер, атүгүл катаал, өзүнүн «купуялыгынан улам» түшүнүүгө мүмкүн болбогон дүйнөгө «ыргытып ташталган» (М. Хайдеггер), ой жүгүрткөн ж-а кыйналып азап чеккен макулук. Дүйнө индивидуалдуулукту кысып, анын жалпы өзүнчөлүгү жок болмуштун бир бөлүгүнө айландырууга умтулат.

Бул адамды жалгыздык, кооптонуу, коркунуч, убайым сезнмдернне алып келет. «Бар болуу» – бул адамдын дүйнө м-н болгон алакасынан улам келип чыккан толгонууларга бай жекече турмушу. Экинчи жагынан «бар болууну» экзистенциалисттер туруктуу «экзистациялоо» (М. Хайдеггер), «чектин сыртына чыгуу» деп түшүнүшөт. Муну Хайдеггер «кам көрүү», б. а. «алдын ала акмалоо» деп, ал эми Сартр – инсандын өз «долбоорун» жүзөгө ашыруусу деп түшүндүрүшөт. (Э-дин: бар болуу маңыздан мурда болот деген маанилүү жобосун дал ушундай мааниде түшүнүү керек). Дал мына ошондуктан экзистенциалисттер эркиндикти адамдын жашоодо бар болушунун фундаменталдуу мүнөздөмөсү деп карашат. Бирок «бар болуу», «чыныгы» ж-а «чыныгы эмес» болушу мүмкүн. Адатта адам көнүмүш, «чыныгы эмес» турмушта жашайт, ал өзүнчөлүгү жок болмуштун жетегинде жүрөт (аны М. Хайдеггер «тап» деген термин м-н атайт), ал субъект эмес, «башкалардын» иш-аракети м-н чечимдеринин гана объектиси болот. Бирок, качан гана көнүмүш жашоодон ажырап (ооруп, жакындардан айрылып, өлүмдөн коркуп) өзгөчө бир «айкындык ачылган» учурда адамдын буга чейин жашаган жашоосунун «чындык эместиги ага дайын болот; мына ошондо гана адам өзүнүн жашоосу өлүмдү – беттеп – болмуш экендигин ж-а өзүнүн дүйнө алдында жалгыз экендигин түшүнөт. Анын алдында: «эмне үчүн жашоо керек?» ж-а «кантип жашоо керек?» деген суроолор коюлат. Аларга жооп берүүдө адам өзүнүн ички асылдыктарына кайрылышы керек, бул – анын эркин ж-а жоопкерчиликтүү инсан катары калыптануусунун негизги шарты болуп саналат. Э. жаңы европа философиясынын рационалисттик салттарына кескин кайчы пикирде: ал акыл-эсти, илим м-н техниканы дүйнөнү таанып-билүүнүн каражаты эмес, адамды эзүүнүн каражаты катары көрүү м-н аларды кескин түрдө сынга алат. Дүйнөнүн турпатын илимий ой-жүгүртүүнүн жол-жоболору эмес, искусстводо, аңыздарда, түздөн-түз толгонууларда катылган мүмкүнчүлүктөр так туюнта билүүгө жөндөмдүү келет. Экзистенциялык философиялык ой жүгүртүү методу философия, методология, искусство, адабият, мораль, дин, күндөлүк аң-сезим тажрыйбасынын өзүнчө бир синтези болуп калды. Ошондуктан философ – эзистенциалисттердин арасында жазуучулардын драматургдардын, эссенсттердин болушу кокустук эмес (Ж.-П. Сартр, А. Камю, Г. Марсель). Э. инсандын коомдон, тарыхтан кыйла жатыркоосун, акыл-эске, кудайдын орноткон «дүйнөлүк тартибине», инсан м-н коомдун ортосундагы шайкештикке болгон ишенимдин жоголгондугун айкындады.

**ЭКЗИСТЕНЦИЯ** (лат. exsistentia) – жөнөкөй факт түрүндө гана бар болуу; Э-лык – жашоодо бар болууга таандык, ошого таянган. Хайдеггердин пикири боюнча Э. – бул «болмуштун айкындыгы үчүн ачык ж-а өзүндө аны алып жүргөндүгү үчүн өзү бар болгон нерсенин болмушу» («Was ist Metap-hysik». 1949); ал бар нерсе – адам, бар нерсени алып жүрүү – «бир нерсе тууралуу кам көрүүнү» билдирет (Кара; *Камкордук*, *Дүйнө*, *Экзистенциализм*).

**ЭКЗОТЕРИКАЛЫК** (гр. exoterikos – сыртка багытталган) – бул маселеге байланышы жокторго, мындан кабары болбогондорго, адис эместерге жеткиликтүү ж-а түшүнүктүү нерсе. Карама-каршысы – эзотерикалык.

**ЭКИНЧИ САПАТТАР** (Вторичные качества) – өң-түс, жыт, даам ж. б. сапаттарды белгилөө үчүн англис философу Дж. Локк тарабынан киргизилген термин. Анын айтуусунда нерселерге обнективдүү түрдө таандык болгон биринчи сапаттардан (тыгыздык, көлөм, фигура ж. б.) айырмаланып, экинчи сапаттар нерселерге таандык эмес, ж-а субъективдүү кабыл алууда гана болот, о. эле, нерселердин биринчи сапаттарынын сезим органдарына кылган таасирдин аркасында пайда болот. Мындай айырмалоо Локко чейин Демокриттин, Декарттын, Гоббстун ж. б. окууларында кездешет. Жалпысынан материалисттик болгон ушул көз караш бир жагынан чындыкка сыйбаган объективдүү предметтердин касиетин сезим м-н окшоштурууга, экинчи жагынан сезимди чагылдырган предметтердин касиетинен таптакыр бөлүп таштаган жаңылыштыкка алып келген. Механикалык материализмдин ушул ыраатсыздыгынан пайдаланып, англис субъективдүү идеалисти Дж. Бэркли жалпы дүйнөнү «менин сезүүлөрүмдүн комплекси» катары караган, б. а. жалаң эле экинчи сапаттардын эмес, биринчи сапаттардын дагы объективдүүлүгүн танган.

**ЭКЛЕКТИК** (гр. eklegein – тандоо) – өзүнүн бир принципке негизденген философиялык системасын түзбөгөн ж-а башка бир философтун көз караштарына кошулбаган, ошол эле учурда ар түрдүү системадан өзү туура деп эсептеген нерселерди алып, аларды кандайдыр бир жыйынтыктуу бүтүндүккө бириктирип, байланыштырган адам. Эклектицизм соңку грек ж-а александрия философиясында басымдуулук кылган; бул сөз көбүнчө: «оригиналдуу эмес», «чыгармачылык менен эмес» деген өтмө маанилерге да ээ. Бул мааниде искусство тармагындагы эклектицизм ж-дө айтууга болот. Э-терге, атап айтканда Карнеад, Цицерон, Агартуу доорунун философ-жайылтуучулары, В. Кузен кирет.

**ЭКСПЕРИМЕНТ** (лат. experimentum – сынак, тажрыйба) – пландуу жүргүзүлгөн байкоо; шарттарга көз каранды болгон кубулуштарды иликтеп – билүү максатында аларды пландуу түрдө бөлүп, айкалыштырып ж-а ар түрдүүчө кыйыштырып көрүү. Мында адам байкоо жүргүзүү мүмкүндүгүнө ээ болуп, анын негизинде өзү байкоо жүргүзгөн кубулуштун мыйзам ченемдүүлүктөрү ж-дө билимге ээ болот. Э-тин азыркыдай

мааниси Гамилет м-н Фр. Бэкондун мезгилинен бери эле изилдөө маанилүү каражаттарынын бири деп саналат.

**ЭКСТРАВЕРТТҮҮ** (лат. extra – тышка ж-а verto – бурамын, кайрыймын) – тышкы багытталган; К. Г. Юнгдан башталган психологиянын түшүнүгү. Ал инсандын Э. ж-а интроверттүү типтерин бөлүп көрсөткөн; алардын биринчиси ой жүгүртүүдө ж-а жүрүм-турумда тышкы таасирлерге ачык болсо, экинчилери «ичине үңүлүп» түнт келет, курчаган дүйнөдөн оолак турат.

**ЭКХАРТ** Иоганн, Майстер Экхарт (1260–1327) – немец философ-мистиги. Францисканттардын талабы б-ча Э-ты 28 тезиси ал өлгөндөн кийин папа булласы тарабынан четке кагылган. Э. Фома Аквинский, Дионисий Ареопагит ж-а Иоанн Скот Эриугендин окууларына таянган ой жүгүртүү өңүтү б-ча схоласт болуу м-н ал мистикалык дүйнө таанымы б-ча өзүнөн мурунку немис мистиктерине жакын болгон. Анын көз карашы б-ча, ишеним адаттан тышкаркы кудуреттүү күч ж-дөгү билимди логикалык билимге айландырышы керек. Жан дүйнөнүн эң жогорку кубаттуу күчү акыл-эс болуп саналат, Э. аны учкун, жан дүйнөнүн сепили, synteresis (гр. – сактоо, б. а. күнөкөр болгондугуна карабастан жакшылыкка болгон табигый умтулууну сактап калуу) деп атайт. Жан дүйнөнүн эң асыл иш-аракети таанып-билүү болуп саналат, ага азыкты (материалды) сезимдер берип турат; бул материалдан «жалпы сезим» кабылдоону жаратат; ал эми кабылдоонун негизинде акыл-эс түшүнүктөрдү иштеп чыгат. Жараткандын ыктыярын эске тутууну ж-а эркти «кабылдоочу» акыл-эсти Э., Бала... Ыйык Рух ж-а Ата (Үч ыйык) м-н салыштырат. Акыл-эстин жасаганы көкүрөктү Кудайдын кылганы болуп саналат. Жан Кудайдын ж-а жаратылган маңыздын (дененин) ортосунда турат. Кудай дегенибиз эң таза, аруу, болмуш, эң алгачкы бүтүндүк. Кудайдын маңызы идеялардан турат. Жашоонун маңызы – Кудайды таанып, Кудайга кайтууда турат; мындай мүмкүндүктү ак ниет жашоо, аскетизм (дене ырахатынын барыдгынан баш тартуу) ж-а «барыдан мурда, жакын адамдарың үчүн жакшы иштерди жасоо тартуулайт; Мында кайдыгер сырттан көз салуучулук жетишсиз. Кудайдын ырайымы аркылуу адам аны м-н мистикалык биригүүгө жетиши мүмкүн.

**ЭЛ МАССАСЫ ЖАНА ННСАН,** алардын тарыхтагы ролу социалдык философиянын маанилүү проблемасы. Марксистик философияга чейин ж-а азыркы замандагы коомдун ойлому Э.м. ж-а и. ж-дөгү маселе идеалисттик позициядан чечилип келген. Алардагы негизги идея – тарыхтын башкы кыймылдаткыч күчү төмөнкүлөрдүн бирөөсүнө дегенге токтойт: абсолюттук «Мен» (М. Штенер), «улуу инсан» (Т. Карлейль), «адамдан башка кудурет» (сверхчеловек) (Ф. Нище), «чыгармачыл элита» (В. Парето, Г. Моска), «технократтык же башкаруучу элита» (Дж. Бөрнхем, Г. Лассуэлл), «күрүнүктүү инсандар» (лидерчиликтин азыркы теориясы). Бул проблема боюнча маанилүү ойлор Гегелдин иштеринде француздук реставрациялоочу учурдун тарыхчылары О. Тьерри, Ф. Гизо, Ф. Минье тарабынан айтылган. Э. м. ж-а и-дын ролу ж-дө маселени чыныгы илимий чечүү тарыхты материалисттик түшүнүү позициясынан берилген. Материалдык өндүрүш сферасын адамдардын калган турмуш ишмердигинин формаларын аныктоочу деп эсептөө эмгекчил таптарды же калктын көпчүлүгүн коомдун башкы өндүргүч күчү деп мүнөздөөсүнө алып келген. Эл – социалдык революциянын активдүү күчү, материалдык байлыктын жаратуучусу ж-а түзүүчүсү. Тилди ж-а рухий маданиятты түзүүдө эл массасынын ролу андан кем эмес. «Эл» ж-а «эл массасы» түшүнүктөрүнүн мазмуну тарыхты материалисттик түшүнүүнүн калыптанышы м-н жөнгө салынып ж-а өнүгө баштады. Бул проблеманын философиялык аспектиси гана эмес, революциячыл бул концепциянын жаңы багыты анын гуманисттик маңызы ж-дө чагылдырылды. Жаш гегелчилердин массаны чындык м-н прогресске каршы койгон «сынчыл сыны» м-н талашка чыгып, К. Маркс м-н Ф. Энгельс масса өзүнүн жетилүү даражасына жараша тарыхты түзөөрүн белгилешкен. Марксизм ж-а ленинизм «эл массасына» кирген социалдык катмарлар, топтор ж-а таптар тарыхый өнүгүүнүн тигил же бул учурунда коомдун социалдык экономикалык түзүлүшүн өзгөртүү үчүн күрөштө эмгекчил масса м-н бир катарда туруп, социалдык прогресстин активдүү катышуучулары болушат. Марксизмдин классиктери тарыхтагы эл массасынын ролунун өсүү мыйзамын, ага ылайык тарыхый кыймылдын өсүшүнүн негиздүүлүгүн аныкташкан. Эл массасынын тарыхтагы ролун көрсөтүп, тарыхый чыгармачылыкка катышуусу өсүү м-н бирге массанын аң-сезими да өсөөрү В. И. Ленин тарабынан белгиленген. Тарыхый иш-аракетти канчалык кеңири жайылтса да ага катышуучу адамдардын саны ошончо артат, өзгөртүп түзүү канчалык терең болсо ага карата аң-сезимдүү мамиле жасоо, кызыкчылыкты көтөрүүү керек, ага миллиондогон көпчүлүктү тартуу зарыл. Бул мыйзам социалдык революция учурунда, жашоонун жаңы формасын түзүүдө пайда болуп, жаңы шартта эл массасынын кеңири аң-сезимдүүлүгүнө, чыгармачылыгы м-н активдүүлүгүнө жол ачылат. Эл массанын ролу тарыхый өнүгүүдө канчалык болсо «улуу инсандардын», же «чыгармачыл элитанын» ролун да танууга болбойт. Инсандын ишмердиги белгилүү бир тарыхый жагдайда таптардын же саясий партиялардын күрөшүнө байланышат. Коомдогу ар түрдүү таптар, топтор, партиялар өз кезегинде жетекчилерин көтөрүшөт, эл массасынын кандай жетекчи тандаганынан анын ишмердиги көрүнөт. Ошол эле мезгилде саясий жетекчинин иш билгилиги окуяны түшүнүү, күчтөрдү багыттай билүү, кыймылдын реалдуу

максаты м-н млдетнн кое билүүсү, анын ишке ашыруусу процесстин жүрүшүнө олуттуу таасир этет. Албетте эң көрүнүктүү инсан да тарыхый окуяны болтурбай кое албайт, же өзү каалагандай жасай албайт. Мындай позицияны көздөгөн жетекчи кандай позициядан турбасын жеңилүүгө дуушар болот. (мис., Саддам Хусейн). Таптар, топтор, партиялар жогорку маданияттуу, кеңири интеллектуалдуу, саясий жетектөөгө жөндөмдүү, массанын кыймылын үндөй алган лидерлеринин өсүшүнө шарт түзүү керек. Андай ишмерлер эл массасынын ишмердиги м-н инсандын ишмердигин карама-каршы койбойт. Жетекчинин ишмердигинин ийгилиги эл массасынын стихиялуу кыймылын канчалык жетектеп кете алаарынан, башкалардан канчалык эрте жол таба билгенине, кыймылдын «материалдык элементтери» стихиялуу келип такалган теориялык саясий, тактикалык ж-а уюштуруучулук маселелерди чече билгенине, массанын кыймылын стихиялуулуктан аң-сезимдүүлүккө көтөрө билгенине жараша болот. Инсандын жетектөөчү ролуна ашкере баа берүү жеке адам каалаган иероглифин жазуучу «актай барак» деп караган идеалисттик түшүнүк табияты б-ча демократия м-н айкалышпайт. Жамааттык пикирди ж-а илимий жетекчиликти четке каккан субъективизм волюнтаристтик кадамдарды жасоого б. а. жеке адамдын культуна негиз болот. Тарыхта жеке адамга сыйынуучулуктун акыбети жакшылыкка алып келбесинин (И. Сталин, С. Хуссейн) мисалдары көп. Азыркы замандын адабияттарында инсандын ролун мүнөздөөдө тарыхта эки түшүнүк «тарыхый инсан» ж-а «улуу инсан» түшүнүгү колдонулат. «Тарыхый инсан» түшүнүгү тарыхый ири окуяларда өз орду бар инсандарга карата колдонулат. Алардын ролу тарыхый окуялардагы тарыхтын бир үзүмүндөгү иш-аракети м-н бааланат. Андай баа бир маанилүү болушу (ишмердиги жек көрүндү бааланган фашисттик типтеги ишмерлер Гитлер, Муссолини, Салазар, Франко, Финочет), же бир маанилүү эмес, саясий жетекчинин ишмердиги жарым жартылай анын ал убактыда жетиле электигине, же жетекчинин индивидуалдуу сапаттарын эске алып оң ж-а терс жактары кошо бааланат. (Мис., 2003-жылдагы коалициялык күчтөрдүн Ирака карата согушунда Буштун жетекчилик иш-аракети, Кыргызстанда А. Масалиевдин КП БКнын 1-секретары катары иш аракетинде чынчылдыгы м-н чечкинсиздиги оң ж-а терс деп бир маанилүү бааланбайт). Мындай баа инсандын ишмердигинин бардык жагдайларынын конреттүү тарыхый анализин талап кылат. «Көрүнүктүү инсан» түшүнүгү түп тамыры прогрессивдүү социалдык, экономикалык ж-а саясий өзгөртүп түзүү доорун даңазаланган саясий жетекчинин ишмердигин мүнөздөйт. Улуу адам көбүнчө бузуучу эмес баштоочу болот. Анткени ал башкалардан илгери көрө билет. Ал коомдун буга чейинки акыл-эстүү өнүгүшү алдыга койгон илимий маселени чечет; буга чейинки коомдук мамилелердин өнүгүшүнөн келип чыккан коомдун жаңы муктаждыктарын көрсөтөт, өзү бул муктаждыктарды канааттандыруу демилгесин баштайт. Авторитардык-тоталитардык система – тарыхый өнүгүүдөгү адам эркиндигине салынган тушоо экенин чыгармаларында көрсөткөн, этностун өнүгүшүндө тилдин ролун көрө билген, кыргыз мектептерди көбөйтүү зарылдыгын белгилеп, Кайра куруу доорунда бул демилгени активдүү колдоп баштаган Ч. Айтматов – көрүнүктүү инсандын үлгүсү. Улуу “Адам – өз учурунун улуу коомдук муктаждыктарын канаатандыруучу өзгөчөлүгү болгону менен улуу делет” – деп белгилейт. Айрым инсандардын тарыхта ролу канча чоң болсо да анын улуулугу эл масссасынын чыгармачылыгы м-н жүргүзүлгөн тарыхый өзгөртүп түзүүлөрдүн жемишинин улуулугунда. Улуу инсан – улуу доордун гана жемиши. Чечилүүчү маселе канчалык чоң ж-а татаал болсо, аны чечүүдө жеке инсандын күч аракети жетишсиз болуп, аны чечүү ири масштабда бирдиктин уюмду, партияны ж. б. талап кылат.

**ЭЛ**, 1) кеңири мааниде түшүнүктө мамлекеттин, өлкөнүн калкы; нака илимий мааниде тарыхый өзгөрүүдөгү белгилүү бир өлкөнүн же мезгилдин прогрессивдүү, революциячыл өнүгүш маселесин чечүүгө объективдүү абалы б-ча биргелешип, ачыктан-ачык катышууга жөндөмдүү таптарды, катмарларды өз ичине алган адамдардын жалпылыгы. Эл социалдык, коомдун социалдык структурасынын өзгөрүшүн чагылдыруучу категория. Антогонсстик формацияда бул айырма эң маанилүү, анткени үстөмдүк кылуучу эксплуататордук топ м-н калайык калың массанын арасында уламдан-улам тереңдеген жарака пайда болот. Тең укуктуулук катмарлар сакталган өлкөдө «эл» бардык социалдык топторду ж-а бардык калкты камтыйт. 2. Элдер, Элдердин (мис., түрк элдери, кыргыз эли, Чыгыш элдери ж. б.). Адамдардын жалпылыгынын бир формасы, тарыхый алганда ж-а алгачкы жамааттык коомдук түзүлүштүн жеке менчикчил карым-катыштар м-н алмашкан, таптар пайда болуп өнүгүп жаткан шарттагы ар түрдүү уруулардын консолидациясынын процессинде калыптанган тууган-уруктук жалпылык. Э-ге улутка чейинки тилдик, аймактык, экономикалык ж-а маданий жактан жалпылыктар мүнөздүү. Эл жыйнактоочу аталышы м-н аталат, ич ара жалпы маданиятты түзүп турган элементтери болот. Э. кул ээлөөчүлүккө да (байыркы египет, байркы грек, түрк элдери), феодалдык түзүлүшкө да (байыркы орус, француз, ж. б.) типтүү. Капиталисттик мамилелердин келип чыгыш м-н жаңы тарыхый форма – мамлекеттик чек ара м-н бөлүнгөн, улут пайда болот, малекеттик чек ара бир нече бир нече улуттарды бириктириши мүмкүн. Капитализмде ага чейинки буржуазиялык мамилелер сакталып калгандыктан бардык эле элдер улут боло албайт (мисалы, кыпчактар).

**ЭЛДИК ДЕМОКРАТИЯ,** коомдун саясий түзүлүш формасы. 20-к-дын 40-жылдарында элдик демократиялык революциянын натыйжасында бир катар өлкөлөрдө пайда болгон. Элдик демократиянын өнүгүшү элдердин улуттук-боштондук кыймылы м-н байланыштуу. Э. Д. кыймылы революциялык демократиялык кыймыл катары пайда болуп, таптык мүнөзү б-ча демократиялык өсүш мезгилиндеги бийликтин жаңы түрү болгон. Э. д-нын өзүнө таандык айрмалуу белгиси – граждандардын кандай топ же таптын, партиянын катарына киргенине карабастан барына тең, бүткүл жалпы шайлоо укугунун сакталышы.
**ЭЛДИК РЕВОЛЮЦИЯ,** «төбөл-дөрдүн» революциясына ж-а ордо төңкөрүшүнө тескерисинче адамдардын кеңири катмары жүргүзгөн революция. Э. р. эл массасын тарыхый чыгармачылыкка өздөрүнүн бүткүл экономикалык ж-а саясий талаптары м-н активдүү катышууга көтөрөт. Э. р. ар кандай коомдук мазмунга ээ болушу мүмкүн. Улуу француз революциясы ж-а 1905–07-ж. Россиядагы революциялар элдик боло алышат. 20-к-дын башында болуп өткөн буржуазиялык үч: Португалиядагы, Туркиядагы, Россиядагы революциялардын биринчи экөө Э. р. боло албайт. Ал эми Россиядагы революция Э. болгону ага тартылган эл массасынын көбүн эзүүчүлөрдөн басынган, коомдун эң төмөнкү катмары түзгөн. Алар өздөрүнчө көтөрүлүп, бүткүл революциянын жүрүшүндө өз талаптарын коюп, кыйратылуучу эски коомдун ордуна өздөрүнчө жаңы коомду түзүүнү көздөгөн аракеттери м-н из салышкан. 20-к-дын 40-жылдарында Европа м-н Азиянын бир катар өлкөлөрүндө, о. эле 50-жылдагы Кубадагы болуп өткөн улуттук боштондук ж-а улуттук демократиялык революциялар жумушчу таптарынын бардык эмгекчилер м-н союздаштыгы алдында элдин кеңири массасы катышкандыктан, элдик демократиялык социалдык революция боло алат.
**ЭЛДИК-ДЕМОКРАТИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯ,** Европа м-н Азиянын бир катар өлкөлөрүндө 2-дүйнөлүк согуштан кийин социалисттик өзгөрүү-лөрдүн прологу сыяктуу жайылтылган антиимпериалисттик, антифеодалдык демократиялык революция. Э.-д. р. башкача да терминдер колдонулат. (Мис., Чехословакиядагы улуттук-демократиялык революция, Венгриядагы демократиялык революция, Кытайдагы жаны демократиялык революция ж. б. Болгарияда э.-д. р. башынан эле социалисттик мүнөздө болгон.) Э.-д. р. антиимпериалисттик, антифеодалдык демократиялык революция катары коомдук-экономикалык өнүгүүсү ар кандай деңгээлде болгон өлкөлөрдө (Чехословакия м-н Венгрия, Румыния м-н Кытай ж. б.) капитализмдин жалпы кризисинин учурунда болуп өткөн. 40-ж. м-н 20-ж. революциялардын социалдык-экономикалык мазмуну бирдей эместигине карабай, бул аталган өлкөлөр чет элдик империализмден (Германия, Италия, Япониянын) жарым *колониалдуулукта,* көз карандылыкта турганы м-н аналогиялуу. Бул өлкө-лөрдүн элдеринин алдында революциячыл жалпы фашизмге каршы, улуттук күнкорсуздук ж-а демократия үчүн күрөшүү маселесин коюп, алардын баштапкы революциячыл өнүгүүсүндө окшош жолго түшүүсүн шарттады. Э.-д. р. социалисттик революция тибине кирип, ошону м-н эле буржуазиялык-демократиялык революциядан айырмаланып турат. Эгер эски типтеги буржуазиялык-демократтык революциянын экономикалык негизи өндүрүш күчтөрү м-н феодалдык (жарым феодалдык) өндүрүштүк мамилелердин ортосундагы карама-каршылык түзсө, социалисттик революциянын негизи – өндүрүш көчтөрү м-н күнү бүткөн каптиталисттик өндүрүш мамилелеринин каршылыгы болсо, жогоруда каралган өлкөлөрдөгү Э.-д. р. негизи – эки түрдүү: биринчиден, өндүрүш күчтөрүнүн өнүгүшү м-н феодалдык (жарым феодалдык) өндүрүштүк мамилелеринин; экинчиден, улуттук экономикалык өнүгүүнүн кызыкчылыгы м-н чет элдик капиталдын же аны м-н байланышкан жергиликтүү капиталдын зомбулугун каршылыгы түзгөн. Э.-д. р. айырмалуу белгиси анын кыймылдаткыч күчтөрүнүн курамында болуп саналат. Эгер эски типтеги буржуазиялык-демократиялык революциянын кыймылдаткыч күчү буржуазиялык таптар, а социалисттик революциянын кыймылдаткыч күчү пролетариат Э.-д. р-нын кыймылдаткыч күчү элдик фронт, ар түрдүү катмарлардын ж-а таптардын биримдиги болуп, социалисттик революцияга чечкиндүү жакындайт. Э.-д. р. дагы бир маанилүү айырмасы анын орноткон бийлигинде. Э.-д. р-нын натыйжасында орнотулган элдик бийлик пролетариат диктатурасынан таптык мүнөзү б-ча айырмаланат. Э.-д. р. орноткон бийлик демократиялуу ж-а социалисттик өзгөртүүлөрдү жүргүзүүнү, социалдык маселелерди чечүүнү көздөйт.
**ЭЛЕБАЕВА** Айнура Беккуловна (1947-ж. т., Бишкек ш.) – философия илимд. доктору (1988), профессор (1992). 1968-ж. КМУну бүтүргөн. КМУда окутуучу, улук окутуучу, кафедра башчысы, Кыргыз ССР УИАнын Философия ж-а улук ин-тунун бөлүм башчысы, БГУнун эл аралык байланыштар б-ча проректору. Культурология б-ча адис. 40 ашык илимий эмгектердин, анын ичинде 6 монографиянын автору. Эмгектери: “Духовная культура: проблемы и перспективы её развития” Фр., 1975; Межэтикческие отношения в постоветских государствах Центральной Азий динамика развития. Бишкек “Илим”, 2001 ж. б.
**ЭЛЕМЕИТТЕР** (лат. elementum – табият, эң алгачкы нерсе) – грек философиясындагы эң алгачкы нерселер, атап айтканда ой, суу, аба, жер, о. эле (бешинчи элемент катары – лат. квинтэссенция) эфир же түн. Индия философиясында: ой, шамал, жер, суу, эфир: кытай философиясында – темир, жер, жыгач, суу, ой деп аныкталган; орто кылымдардагы алхимияда, бир жагынан, суу – кургак, муздак – жылуу, экинчи жагынан – күкүрт, туз, күмүш деп каралган. Юнгиус Жер өзү эбегейсиз көптөгөн Э-ден турат деген жобону сунуш

кылгандан кийнн, Бойль элементке андан ары жөнөкөй заттарга ажыратууга болбой турган нерсе деген илимий аныктаманы берген. Азыркы учурда 100дөн ашык элемент белгилүү. Өтмө мааниде, элемент – бир нерсенин бөлүгү.

**ЭЛЕС, ЭЛЕСТЕТҮҮ** (Воображение) – философияда – мээде сакталып калышы б-ча калыбына келип, адамдын сезүү органдарына таасир берүүчү кубулуштардын образы. Сезим чагылдыруусунун көрсөтмө образ турпатындагы жогорку түрү. Ал кабылдоодон айырмаланып, айрым нерсени түшүнүк м-н байланыштырат. Э. эскерүү ж-а Элестөө түрүндө болот. Эгерде кабылдоо учурга гана тиешелүү болсо, Э. учурга да, өткөнгө да таандык. Бирок кабылдоо м-н өтмө катар байланышта турат. Э. кыйла сезим таасиринин синтези. Э. чындыкка канчалык жакын болсо, чыгармачылык ошончолук оң натыйжа алып келет.

**ЭМГЕК** – жаратылыш м-н адамдын ортосундагы процесс. Жаратылышты адам өзгөртөт ж-а өзүн дагы өзгөртүүгө жөндөмдүү. Адамдар керектөөлөрдүн канааттандыруу үчүн көп аракеттерди жасашат. Э. үч учурду ичине камтыйт. 1) адамдын максаттуу ишмердүүлүгүн ж-а өзүн; 2) Э-тин предметин; 3) өндүрүш куралын. Э-тин натыйжасында адам башка жаныбарлардан бийик турат. Э-тенүү м-н адамдар турмушун оңдой алышат. Бирок Э. адамдардын бардыгына эле туура келбейт, Мис., кул ээлөөчүлүк мезгилинде кулдар гана эмгектенишкен, крепостнойлук мезгилде, феодализм убагында төмөнкү класстагы адамдар иштешкен.

**ЭМЕРДЖЕНТТИК ЭВОЛЮЦИЯ** – өнүгүүнүн идеалисттик ж-а метафизикалык концепциясы. Бул теория сапаттык өзгөрүүлөрдү абсолютташтырып, аны сандык өзгөрүүлөрдөн бөлүп кароого негизделген. Э. э. өнүгүүнүн кыймылга келтирүүчү компоненти катары айрым идеалдык күчтөрдү эсепке алат. Э. э. концепциясы С. Александердин ж-а англис биологу ж-а философу К. Моргандын эмгектеринде калыптанган. Бул концепция 20-к-дын 20-жылдарында пайда болот да, материалисттик диалектикага карашы коюлат. Анын максаты- жаңынын пайда болушун, өнүгүүнүн секирик түрдө өтүшүн идеалисттик планда талкууга салуу болчу. Э. э-нын теоретиктери өзгөрүүнүн процесстерин иррационалдуу, логикалык жактан түшүнүп болбой турган акт катары карашкан.

**ЭМЕРСОН** Ралф Уолдо (1803–1882) – америкалык философ, акын ж-а эссеист, трансценденталимздин школанын (багыттын) негиздөөчүсү. Теологияны Гарвард университетинде окуган, ал эми 1832-ж. чиркөө наамынан баш тарткан. Э-дун ою б-ча философиянын «түбөлүктүү проблемасына» материя м-н рухтун (духтун) мамилеси кирет. Бул маселени ал идеалистче чечет: «Табият – рухтун символу». Саясий-социалдык көз карашы б-ча ал майда буржуазиялык демократ; капиталисттик чындыкты катуу сынга алган. Эмерсондун коомдук идеалы-жеке менчик мамилелери. Болмуштун бийик принциби – кудай. Бүт дүйнөдө коодук өкүм сүрүн турат. Анын негизги белгилери –гармония, руханийлик. Эркиндикти сүйүү идеясын карманган, кул ээлөөчү-лүктүн душманы болгон.

**ЭМОТИВИЗМ** (анг. emotive – эмоцияга алып келген) – логикалык позитивизмдин этикалык теориясы. Мында логикалык позитивизмдин методологиясы ыраattуулук м-н колдонулган. Бул теорияга ылайык, моралдык ой жүгүртүү ж-а терминдер чын да, жалган да эмес, таанып билүүчүлүк мазмунга да ээ боло албайт, анткени алар верификацияга (тажрыйбалык текшерүүгө) дуушар кылынбайт. Бул теория б-ча, ар бир адам моралда каалагандай көз караштты жактаганга, кармануга укугу бар, карама-каршы ишенимдер бири-бирин жокко чыгара албайт. Э. – моралдын скептикалык ж-а нигилисттик теориясы. Индивиддин нравалык позицияны тандап алуудагы абсолюттук эркиндигин далилдөөгө аракеттенүү м-н эмотивизм иш жүзүндө анын жүрүм-турумундагы, адеп-ахлак ишениминдеги туруксуздукту, баш-аламандыкты актоого жол берет.

**ЭМОЦИЯЛАР** (фр. emotion – толкундануу, лат. emoveo – толкундантам) – адамдардын ж-а айбанаттардын сырткы ж-а ички дүүлүктүрүүлөргө кубануу, коркуу, ырахаттануу, наразылануу ж. б. түрдө көрүнгөн субъективдүү реакциялары. Э. адамдардын психикалык ишмердүүлүгүн ж-а жүрүм-турумун регуляциялоонун ички механизми болуп кызмат кылат. Пайдалуу таасир көрсөтүү м-н жаралуучу оң эмоцияларды субъект сактап калууга аракеттенет. Терс эмоциялар болсо зыяндуу таасир көрсөтүүлөрдү жандап өтүүгө багытталган активдүүлүктү жаратат. Пайда болгон кырдаалдарга субъекттин алы жетпей калган экстремалдык учурларда аффектилер деп аталган кыска мөөнөттөгү эпкиндүү эмоциялар туулат. Э. жүрүм-турумдун пайдалуу формаларын, эрежелерин өздөштүрүүгө көмөк көрсөтөт. Адам эмоциясынын түптөлүшү анын инсан катары калыптанышынын негизги шарты. Сезимдер адам эмоциясынын өнүгүшүндөгү эң жогорку натыйжа болуп саналат.

**ЭМПЕДОКЛ** – Сицилия аралында туулган (б. з. ч. 490–430) – байыркы грек философу, акын, дарыгер, саясий ишмер. Антикалык өмүр баян традициясы Э-ду оратор ж-а мамлекеттик ишмер катары сүрөттөйт. «Жаратылыш жөнүндө» поэмасында заттардын көп түрдүүлүгүн 4 негизги өзөккө (тамырга) ыйгарган. Алар: жер, суу, аба ж-а от. Табияттын 4 элементи ж-дөгү ушул окуу байыркы ж-а орто кылым философиясында көп кылымдар бою өз күчүн сактап келген. Бул теория м-н катар Э-дин туюм, сезим окуусу 17-к-га чейинки Европа физикасынын фундаменти катары кызмат өтөгөн. Ушул теорияга ылайык, туюу органдары аркылуу

кабыл алынып жаткан обүектиден материалдык бөлүкчөлөр тынымсыз «агып чыгып» турат да, алар ошол эле сезүү, туюуу органдарынын «көңдөйлөрүнө» сиңе берет. Э-дын табигый тандоонун негизинде жан-жаныбарлардын закончонемдүү эволюциясы ж-дөгү көз карашы тарыхый чоң мааниге ээ болгон.

**ЭМПИРИЗМ** (гр. empeira – тажрыйба) – таанып билүү теориясында сезүү, туюу практикасын билимдердин жападан-жалгыз булагы деп эсептөөчү багыт. Э. сенсуализмге жакын. Бирдиктүү гносеологиялык концепция сапатында эмпиризм 17–18-к-дарда жолго коюлган. Идеалисттик эмпиризм (Мах, Юм, Беркли ж. б.) тажрыйбанын, практиканын негизинде объективдүү дүйнө жатарын танат да, тажрыйбаны туюп, сезип билүүнүн жыйындысы катары гана карайт, чектейт. Материалисттик эмпиризм болсо (Ф. Бэкон, Дж. Локк, Гоббс, 18-к-дагы француз материализми) туюу, сезүү тажрыйбасынын булагы болуп, объективдүү жашаган тышкы дүйнө саналат деп айткан. Э-дин чектелген жагына сезим таанып билүүнүн (чувственное познание) ролун ашыра баалап жибергендикти, илимий теориялардын ж-а абстракциялардын маанисин жеткилең баалабагандыкты, ой жүгүртүүнүн өз алдынчалыгын таануунy ыйгаруу керек.

**ЭМПИРИКАЛЫК ЖАНА ТЕОРИЯЛЫК** – дүйнөнү илимий формада таанып билүүнү мүнөздөгөн философиялык-методологиялык категориялар. Э. изилдөөлөр түздөн-түз объектке багытталган ж-а байкоо м-н эксперименттин маалыматтарына таянат. Ал эми Т. изилдөөлөр болсо илимдин түшүнүктөр аппарты м-н байланышкан ж-а объективдүү чындыкты анын негизги мыйзамченемдүүлүктөрүндө таанып билүүнү максат кылат. Изилдөөнүн бул эки түрү бири-бири м-н тыгыз байланышта болот ж-а илимий таануу процессинде бирин-бири шарттап турат. Э. изилдөөлөр эксперимент м-н байкоонун жаңы маалыматтарын аныктап, Т. изилдөөлөрдүн өнүгүшүнө түрткү берет. Экинчи жагынан, Т. изилдөөлөр, илимдин мазмунун өнүктүрүү м-н Э. изилдөөлөрдү ориентациялайт ж-а тиешелүү багыттарга салып турат. Жаңы Э. материалдар м-н байымайынча илим өнүгө албайт.

**ЭМПИРИОКРИТИЦИЗМ,** М а - х и з м – философиядагы Авенариус ж-а Мах тарабынан негизделген субъективдүү – идеалисттик багыт. Эмпириокритицизм материалдуу дүйнөнүн объективдүү жашашын танат ж-а заттарды аң-сезимдин кубулушу, сезим-туюмдун комплекси катары карайт. Дүйнөнү таанып билүүнүн негизги закону катары ойлоонун, ой жүгүртүүнүн экономиясын эсептеп, Э. опытты, тажрыйбаны аңдап билүүнүн материя түшүнүгүнөн «тазалайт». Натыйжада Э. дүйнө ж-дөгү элестөөлөрдү «нейтралдуу элементтердин» жыйындысы катары карайт. Философиянын нейтралдык талабын жамынган берклианство м-н юмизмдин кайра жаралуусун символдоштурат.

**ЭМПИРИОМОНИЗМ** (гр. emperia – тажрыйба ж-а monos – жалгыз) –махизмдин бир түрү. Э. дүйнө уюшулган бирдиктүү тажрыйба болуп саналат деген А. Богдановдун теориясына негизделген. Анын оюу б-ча, тажрыйбанын бирдиктүү дүйнөсү таанып билүүнүн мазмуну түрүндө көрүнөт. Бул эмпириомонизм болуп саналат. Богдановдун айтымында Авенариус м-н Махтын философиясы дуалисттүү, анткени ал индивидуалдуу опыттын психикалык ж-а физикалык элементтеринин автономдуулук негизинде курулган, ага болсо монистикалык интерпретация берүү керек. Э. коомдук болмушу коомдук аң-сезим м-н окшоштурат да, тарыхтагы идеализмди жактайт. Э. В. Лениндин «Материализм жана эмпириокритицизм» китебинде ж-а Плехановдун эмгектеринде сынга алынган.

**ЭМПИРИОСИМВОЛИЗМ** – махизмдин бир түрү. Орус философу П. Юшкевич тарабынан иштелип чыккан бул теорияга ылайык реалдуу дүйнө-туюу символдорунун жыйындысы. Субъективдүү идеализм катарында көрүнгөн Э. үчүн тышкы дүйнө ж-а анын закондору адамдын болмушту таанып билүү жөндөмдөрүнүн гана символдору болуп саналат. Мах, мис., материяны логикалык символ деп гана эсептеген.

**ЭНГЕЛЬС** Фридрих (1820–1895) – марксизмди негиздөөчүлөрдүн бири, улуу теоретик ж-а пролетар революционери, Маркстын досу ж-а соратниги. Текстиль фабрикантынын үй-бүлөсүндө туулган. Бремендеги шаардык мектепте, андан соң Эльберфельдде (1834–37) гимназияда окуган. Атасынын кыстоосу м-н гимназияны таштоого туура келген, анткени коммерциялык ишке киришүү керек эле. 1841–42-жылдары Берлинде аскер кызматын өтөгөн, бош убактыларында Берлин университетинде лекция уккан. 1841-ж. Фейербахтын «Христианствонун маңызы» китебин окуйт, ал китеп Э-ке зор таасир берген. 1841–1842-жылдарда бир катар эмгектеринде Шеллингдин көз караштарын катуу сынга алып, атеист ж-а революциялык демократ катары чыккан. 1842-ж. Э. илимге чейинки коммунизмдин позициясына өтөт. Ошол эле жылы биринчи жолу Маркс м-н жолугат. 1845–1846-жылдары Э. Маркс экөө «Немец идеологиясы» аттуу эмгекти бүтүрүшөт. Бул эмгекте өндүрүш күчтөрү м-н өндүрүш мамилелеринин өз ара диалектикалык мамилелери аныкталган. Мунун негизинде Маркстын улуу ачылышы – тарыхты материалисттик түшүнүү концепциясы иштелип чыккан. 1847-ж. Лондондо Маркс м-н Э. эл аралык коммунисттик кыймылдын биринчи программалык документи болгон «Коммунисттик партиянын манифестин» түзүшкөн. 1850-ж. коммерциялык ишин күчөтүү үчүн Э. Манчестрге көчүп келүүгө аргасыз болот. Натыйжада Маркс м-н анын үй-бүлөсүнө материалдык жардам көрсөтүүгө шарт түзүлөт. 1870-жылдар Э-тин илимий-теориялык ишмердигинин гүлдөгөн мезгили болгон. «Анти-Дюринг», «Диалектика природы» (“Жаратылыш сыяктуу”) сыяктуу

философиялык эмгектерде марксизмдин өзөктүү проблемаларынын системалуу баяндалышы, табиятты материалисттик түшүндүрүүнү ар тараптан өнүктүрүү орун алган. Өмүрүнүн акыркы жылдарында ал «Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы» (1884), «Людвиг Фейербах жана классикалык немец философиясынын акыры» (1886) сыяктуу эмгектерин жазган.

**ЭНЕРГИЯ** (гр. energeia – кыймыл аракет, ишмердүүлүк) – материалдык кыймыл-аракеттин түрдүү формаларынын жалпы чен-өлчөмү. Байыркы грек философиясынын термини, ал аракет, ишке ашуу ж-а чындык деген маанилерди билдирет. Предметтин потенциалдуу болуш мүмкүндүгүн анын актуалдуу чындыгынан айырмаланып турушун белгилеген Аристотелдин термини.

**ЭНЕСИДЕМ** (б. з. ч. 1-к.) – байыркы грек философ-скептиги. Э. б-ча, заттарды таанып билүү мүмкүн эмес, себеби биздин ар кандай пикирибизге, оюбузга ага каршы келген башка пикирди коюуга болот. Баарынан жакшысы деги эле ар кандай бекемдөөчү пикирден баш тартууда турат. Башкалар кандай жасаса ошондой жасоо оң иш болот. Э-дин философиясы грек классикалык философиясынын бузулушунун натыйжасы.

**ЭННЕАДАЛАР** – Плотиндин чыгармалар жыйнагы, анын окуучусу Порфирий тарабынан жыйналып, жарыкка чыгарылган. «Эннеадалар» 3 томго бөлүнгөн. Биринчисинде адам, космос, тагдыр ж-а өндүрүштөр каралат. Экинчи томдо жан ж-а акыл (нус) туурасында баян кылынат. Үчүнчүсүндө биримдик, жалпыга бирдейлик проблемалары каралган.

**ЭНТЕЛЕХИЯ** (гр. entelecheia – жыйынтыктоо, аянтоо) – Аристотелдин философиясындагы термин. Предметтин толук ишке ашкан, жүзөгө ашырылган түрүндө болгондугун белгилейт. Предметтин потенциядагы, мүмкүндүктөгү абалынан айырмаланып, анын актуалдуу чындыгын ырастоочу түшүнүк. Аристотелдин неологизми. Аристотелдин түшүндүрүүсүндө «энергия» аракетти, мүмкүндүктөн чындыкка өтүүнү билдирет, ал эми «энтелехия» болсо ушул өтүүнүн акыркы натыйжасын туюнтат. Көпчүлүк учурда философ бул эки терминди синонимдер катары пайдаланат.

**ЭНТИМЕМА –** жетишпеген бөлүк-чөлөрү өзүнөн-өзү түшүнүктүү болуп, толук эмес, кыскартылып айтылган ой жүгүртүү, далилдөө, тыянак. Аристотель бул терминди ушул мааниде колдонгон. Пикирдешүүнү, ой алмашууну ылдамдатыш үчүн өзүнөн-өзү түшүнүктүү болуп турган нерсени атап отурбай «көңүлдө» калтырып коюш оң. Ушундай практиканы эске алып, Аристотель энтимеманы риторикалык силлогизм деп атаган.

**ЭНЦИКЛОПЕДИСТТЕР** –1751–80-жылдарда басылып чыккан француз «Энциклопедиясынын» авторлор жамааты. «Энциклопедиянын» шыктандыруучулары ж-а редакторлору Дидро ж-а Д'Аламбер болгон. «Энциклопедияны» түзүүгө о. эле Вольтер, Руссо, Гольбах, Монтескье, Гельвеций, Кондильяк ж. б. катышкан. Э-дин философиялык, саясий-социалдык көз караштары бир өңчөй болгон эмес. Башкаруунун республикалык формасын жактоочулар м-н катар алардын ичинде билимдүү, гумандуу абсолютизмдин тарапкерлери да болгон. Анткени м-н Э-ге феодалдык коомдун консервативдүү негиздерин жоюуга умтулуу, клерикалык идеологияны жээрүү, рационалдык көз караштı колоого алуу мүнөздүү эле. Э. Улуу француз революциясын идеялык жактан даярдоодо зор роль ойногон.

**ЭОН** – байыркы грек философиясынын «өмүрлүк кылым», «түбөлүктүк» деген түшүнүктөрүн билдирет, о. эле өмүр сүрүүнүн мезгили аспектин туюнтат. Досократиктердин фрагменттеринде эон байыркы Гомер маанисиндеги «өмүрлүк кылым» түшүнүгүн ырастап турат. Платондон тартып, эон «түбөлүктүктү» «мезгилге» каршы койгон классикалык терминге айланат. «Өмүрлүк кылым», өлбөс-өчпөс нерсеге таандык болгондуктан, ал (эон) чексиз болуп саналат ж-а «түбөлүктүк» түшүнүгүн туюнтат.

**ЭПИГЕНЕЗ** (гр. epi – үстүндө, кийил ж-а genesis – келип чыгуу) –организмдердин түйүлдүк түрдөгү өнүгүшү ырааттуу түрдө жаңы жаралууларды пайда кылуучу процесс ж-дөгү окуу (теория).

**ЭПИКТЕТ** (50–140) – гректин стоик-философу. Нерондун жан-жөкөр-лөрүнүн биринин кулу, кийинчерээк боштондук алган. Стоик Мусонт Руфтун лекцияларын уккан. 89-ж. философтор Римден куулгандан кийин Никополдо отуруктaшкан. Ал жерде Сократча көчөдө өткөн талаштарда стоиктик моралды тараткан. Эчтеке жазган эмес, өтө жакыр жашаган. Өзүнүн көз карашында ар бир адам бай же кедейлигине карабастан руханий эркиндикти сактап кала турган адеп-ахлактык позицияны иштеп чыгуу керек деген идеяны коргогон. Э-тин аскетикалык моралы христиандык жол-жоболорго жаккан.

**ЭПИКУР** (б. з. ч. 341–270) – байыркы грек философу. Биздин заманга чейинки 360-жылы «Эпикур Багы» деп аталган философия школун негиздеген. Э-дун философиялык мурасынан айрымдары гана сакталып калган («Геродотко кат», «Менекейге кат», «Башкы ойлор» ж. б.). Э-дун ою б-ча, философиянын негизги максаты – руханий дүйнөнүн бейпилдигин, өлүмдөн коркпоо эркиндигин камсыз кылуу. Бардык жаңылуулар биздин ойдун каталыктарынан келип чыгат. Э. Демокриттин атомисттик окуусун кабыл алган. Бардык телолор салмагы, көлөмү ж-а формасы б-ча бири-биринен айырмаланып турган майда бөлүкчөлөрдөн-атомдордон турат. Атомдор боштукта бирдей ылдамдык м-н кыймылда болушат. Э. чексиз мейкиндикте сансыз дүйнөлөр жашайт деген. Ал кудайлардын бар экендигин тааныган. Кудайларга сыйынуу керек, бирок

алардан жардам күтпөө ылайык. Турмуштан ырахат алуу, жыргалга батуу-жашоонун негизги максаты. Э. ырахаттануну азаптануунун, кыйналуунун жоктугу катары түшүнгөн.
**ЭПИКУРЕИЗМ** – байыркы грек ж-а рим философиясындагы Эпикурдун идеяларынын негизинде келип чыккан окуу. Эпикурчулар Афинада Эпикурга таандык бакка чогулушчу экен, аны өз доорунда «бак» деп атап коюшкан. Метородор Эпикурдун эң көрүнүктүү окуучусу, үйрөнчүгү болгон. Ал ашкере полемикалуу ыңгайда бардык жыргалчылыктын булагы бул дене ырахаты деп эсептеген. Биздин эрага чейинки 2-к-да Эпикурдун жолун жолдоочулар Римде да пайда болгон. Алардын ичинде эң көрүнүктүүсү Лукреций Кар эле. Эпикур м-н полемикага түшкөндөргө караганда, биздин эранын 2-к-да эле Эпикурдун жаатташтары бир далай болуптур. Алардын бири Диоген Эпикурдун окуусун баяндап берген, үзүндүлөрү бизге чейин жеткен.
**ЭПИСТЕМОЛОГИЯ** (гр. episteme – билим ж-а ... логия) – таанып билүү теориясы, гносеология. Э. термини англиялык, америкалык, ошондой эле франция ж-а немец буржуазиялык философиясында колдонулат. Э. термининин илимге киргизилиши шотланд философу Дж. Ферьеге ыйгарылып жүрөт. Ал болсо философияны онтология ж-а Э. деп, экиге ажыраткан.
**ЭПИФЕНОМЕН** – феноменге коштолгон, феномендин «кыстырындысы» сымал көрүнгөн кошумча кубулуш, ал башка кубулуштарды жандап жүрөт, бирок аларга эч кандай таасир көрсөтө албайт. Материалдык дүйнөнү чагылтууда чечүүчү таасир бере албаган аң-сезимди белгилөөчү термин. Табигый илим материализм өкүлдөрү тарабынан (Т. Гексли) ж-а кээ бир идеалист-философтор тарабынан (Э. Гартман, Ницше, Сантаяна) пайдаланылат.
**ЭПОХЕ** (гр. токтоо, басылуу, ой жүгүртүүдөн баш тартуу деген түшүнүктөрүн билдирет) – антикалык скептицизмде калыптанган философиялык түшүнүк. Секст эмпириктин аныктамасы б-ча биз бар деп да, жок деп айта албай турган акылдын, аң сезимдин абалы жолугат. Э. адам таанып билүүсүндө толук маалымат алууга мүмкүндүктүн жоктугу м-н байланыштырылат да, жандын бейкут, тынч абалда турушун айкындайт.
**ЭРАЗМ** Роттердамский (1469–1536) – окумуштуу-гуманист, жазуучу, Кайра жаралуу доорунун көрүнүктүү өкүлү. Э-дын дүйнө таанымынын негизинде алгачкы христиандыктын идеяларын ж-а идеалдарын кайра жаратуу, турмуштун бардык тармактарында «суу» башатына кайтып келүү максаттары турган. Чыгармаларынын ичинен эң эле белгилүүсү – «Акылсыздыкка алкоо сөз» аттуу тамашалуу декламация эмгеги. Бул эмгек Э-дын дүйнө кабылдоосуна мүнөздүү болгон адамзаттын жашоосуна тиешелүү эки өтө маанилүү тезиске негизделген: болмуштун бардык кубулуштарынын кош маанилүүлүгү, эки жактуулугу ж-а ар кандай экспрессстин зыяндуулугу, бүлгүнгө салуучу күчү. Жалпысынан Роттерадамдык Э. – күчтүү, бирок гумандуу монархиялык бийликтин тарапкери. Ал «христиандык гуманизм» деп аталган агымдын талашсыз жетекчиси болгон. Эразмианчылыктын маңызы – рухтун ачыктыгы ж-а эркиндиги, тынчтыкты сүйүүчүлүк, билимдүүлүк, жөнөкөйлүк.
**ЭРГҮҮ** (Вдохновение) – адамдын рухий ж-а кара күчүнүн чыңалышы, эмоциясынын көтөрүлүшү м-н мүнөздөлгөн эмоциялык абал. Э. чыгармачыл иш-аракеттин (искусство, илим ж. б.) негизги шарттарынын бири. Ал ойломдун, эстин, кыялдын активдүү кызматы м-н байланыштуу. Бул учурда чечилүүчү маселе түздөн-түз тиешеси жок жагдайлар көңүлүнөн тышкары калып, аракет жемиштүү болот.
**ЭРИКСОН** Эрик (1902–1994) – америкалык психолог ж-а психоаналитик, «Мен психологиясы» («психология Я») деп аталган психоаналитикалык мектептин өкүлү. Зигмунд Фрейдден айырмаланып, адамдын жан ишмердигинин адаптациялык аспектине басым жасаган. Ал колдоого алган эпигенез теориясы б-ча, адамдын руханий ишмердүүлүгү социомаданий факторлордун жыйындысына байланыштуу болот. Инстинктивдүү каалоолор биринчи, алгачкы каалоолорго жатпайт, тескерисинче аң-сезимдүү процесстер м-н өз ара байланышта жүрөт, өтөт. Улуу инсандардын психикалык өмүрүн өзүнүн концепция духунда интерпретациялаган. Анын оюу б-ча, алардын тарых бурулуштарында баштан кечирген инсандык кризистери социалдык кризистерге изоморфтуу келет ж-а алар м-н бирдей структурага ээ.
**ЭРНСТПКА** (гр. талаш искусствосу деген сөзүнөн)  Э-лык ой корутундулар софизмге тектеш келет ж-а талаш-тартыштарда жеңишке жетүү үчүн гана пайдаланылчу аргументтерди эске салат, ал эми айтышып жаткан адамдын сөзү чынбы, же жалганбы, туурабы, же туура эмеспи – бул эске алынбайт. Э-ны ушундай түшүндүрүүнү мис., Шопенгауэр колунда кармаган. Анын аныктамасы б-ча эристика талашта жеңишти камсыз кыла турган талаш искусствосу, же болбосо рух фехтованиеси болуп саналат. Ошентип, Э. өз ойлорду жактап, башкаларды төгүнгө чыгарууну көздөгөн ж-а өз позициясынын тууралыгын ар түрдүү ыкмалар м-н далилдөөгө далалаттанган талаш өнөрчүлүгүнө жатат.
**ЭРК** – иш аракетти багыттап, максатты тандай билүү ж-а ага жетүүгө күч күрөө жөндөмү. Э. аң-сезимге да, иш аракетке да жатпаган өзгөчө кубулуш. Ар кандай эле аң сезимдүү, а түгүл тоскоолдуктарды жеңип, максатка жетүүгө умтулган аракет Э-түү боло бербейт. Э-те максаттын баасын айкын түшүнүү, анын адамдын умтулуусуна, принциптерине ылайык келиши башкы мааниге ээ. Э-тин субъектисин «мен каалайм эмес, мен максатка жетишим керек» деген ой бийлейт. Э-түү иш аракет чечим кабыл алуудан ж-а аны жүзөгө

ашыруудан турат. Күчтүү Э. м-н жагымдуу эмоциянын айкалышы адам иш аракетин жемиштүү кылат. Э. адам мүнөзүнүн калыптанышында ж-а өзгөрүшүндө чоң мааниге ээ, ал эми мүнөз Э-түү иш аракеттин негизин түзөт. Педагогикада Э-ти тарбиялоонун бир катар методикалары түзүлгөн.

**ЭРКИН ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ** (Свободомыслие) диний догмаларды (жоромолдорду) ж-а чиркөө ырым-жырымдарга танып, ар нерсеге акыл-эс илимий көз караш м-н мамиле кылуу. Э. о. ж. орто кылымда эле кездешет (кош чындык теориясы). Э. о. ж. коомдук ой-пикирдеги агым катары 17-к. аягы – 18-к. башында пайда болгон. Э. о. ж. терминин биринчи жолу англиялык философ А. Коллинз өзүнүн «Эркин ой жүгүртүү жөнүндө ойлор» аттуу эмгегинде колдонгон (1713). Э. о. ж. идеясы француз Агартуучулары тарабынан бир кыйла ырааттуу өнүктүрүлгөн. Россияда Э. о. ж. Ломоносов, Радищев, айрым декабристтердин көз карашына мүнөздүү. 19-к. 2-жарымынан баштап илимдин дүркүрөп өсүшү м-н Э. о. ж. табият изилдөөчүлөрдүн ж-а буржуазиялык маданияттын прогрессивдүү көз караштагы адамдарынын арасында ири агым болуп калган. Азыркы учурдагы Э. о. ж-дүн аралык ири эл уюмдары – «Э. о. ж-дүн бүткүл дүйнөлүк кеңеши» (1880, Брюссел), «Эл аралык гуманисттик жана этикалык кеңеш» (1952, Амстердам). Алардын философиялык – саясий ишенимине динди тануу, ар түрдүү көз караштардын курамынан турган эклектизм (келишүүчүлүк) мүнөздүү. Азыркы учурда коомдун өнүгүшү, калктын социалдык жигеринин күчөшүнө байланыштуу Э. о. ж-нүн негизги жоболору эскирүүдө. Азыр Э. о. ж-чүлөр өз көз караштарын көптөгөн басылмалар аркылуу жайылтышууда.

**ЭРКТИН ЭРКИНДИГИ** (Свобода воли) – адамдын өз иш-аракетин өзү аныктоо жөндөмдүүлүгү. Байыркы грек маданиятында Э. э. философиялык түшүнүккө караганда юридикалык түшүнүктү көбүрөөк билдирген. Эркин адам – бул өзүнүн ата-бабаларынын жеринде жашап жаткан адам, анын карама-каршысы – бөтөн жерге алынып кетип, кулга айланган согуш туткуну. Гомердин доорунда эркин адам – бул мажбурлоосуз, өзү каалагандай жүргөн адам. Эркиндиктин эң бийик көрүнүшү – тагдырды жеңип чыккан кудайга тете каармандар болгон Сократтан бери келе жаткан талаш-тартыш – бул адамдын эрки алдын-ала шартталган, аныкталган көрүнүшпү же андай эмеспи деген суроо. Эгер адамдын ар бир иш-аракети алдын-ала аныкталып, аны өзгөртүүгө болбосо, анда аны күнөөлөөгө да, урматтоого да болбойт. Бирок эркти моралдык иш-аракеттердин «акыркы натыйжасы» м-н байланышсыз кароо – табияттагы себеп – натыйжаны тааныган илимий көз карашка туура келбейт. Канттын дуализминде адам акыл-эстүү жандык катары Э. э-не ээ, бирок табият мыйзамдары үстөмдүк кылган эмпирикалык дүйнөдө ал эркин эмес, Э. э-ги чектелген, жүйөлүү себептер м-н шартталган. Диний түшүнүктөрдө адам «кудай менен бириккенде», тактап айтканда өзүн толук ага арнаган кезде гана эркин болот дешкен. Ар түрдүү доорлордо адам жакшы иштерди жасаганда гана (Сократ, Платон); максатына жетүү үчүн жакшы ыкма-билимдерди туура тандап алганда (Аристотель); өзүнүн иш-аракеттерин табият мыйзамдарына же өзүнүн эркине баш ийдиргенде (Посидоний), ж. б. гана эркин болот дешсе, айрымдары адамдын иш-аракети толугу м-н Кудайдын эрки м-н болот (Лютер, Кальвин) деп эсептешкен, Локк болсо, эркиндик – бул аң-сезимдүү түрдө аракет кыла билүү дейт, ж. б.

**ЭРН** Владимир Францевич (1882–1917) – орус философу. Э-дин ишмердигинин негизи мазмунун батыш европалык рационализм, турмуштун бардык жагын механикалаштыруу ж-а аны техникага баш ийдирүү түзгөн. Цивилизациянын бул факторлорун антикалык философиянын ж-а христиандык дүйнө түшүнүгүнүн Логосуна каршы коет. «Логос үчүн күрөшүү» ушул маселелерге арналган макалалардын жыйнагы. Өзүнүн окуусун кең-кесири иштеп чыгууга Э-дин мүмкүнчүлүгү болгон жок, эрте жашында эле кургак учуктан дүйнөдөн кайткан.

**ЭРОС** – грек мифологиясында, поэзиясында – сүйүүнүн, ашыктыктын кудайы. Платондун философиясында («Пир» ж-а «Федра» диалогдору) Э. мотиви абсолют б-ча ностальгия катары эске түшүрүү – анамнезис теориясы м-н чырмалышып турат. Э. сулуулукка бой тартып турат, бирок мунун негизинде аны өңү серт, түрү суук деп айтууга болбойт. Э.-кудай эмес, демон, башкача айтканда адам м-н кудайдын, сулуулук м-н көрксүздүн, адалдык м-н арамдыктын, акылмандык м-н наадандыктын ортосундагы нерсе. Так ошол «орточулдугунун» натыйжасында Э. асман дүйнөсү м-н жер дүйнөсүн бириктирип турган тогоонун милдетин аткарат ж-а асман дүйнөсүнө чыгуунун каражаты болуп кызмат кылат. Метафизикалык (кол жеткис) чындык Платондун философиясында ашыктыктын эстетикалык объектиси катары көрүнөт, ал эми Э. болсо философиялык ой жүгүртүүнүн метаформасы сымал кабылданат. Эллинисттик философия школаларында Э. коркунучтуу «кумар» (патос) деңгээлине түшүрүлөт, төмөн-дөтүлөт.

**ЭСТЕТИКА** (гр. aisthetikos – сезгич, сезимтал) – адамдын дүйнөнү эстетикалык өздөштүрүүсү ж-дөгү, коздуктун закону боюнча чыгармачылык иш жүргүзүүнүн маңызы ж-а формалары ж-дөгү илим. Э. эки жарым миң жыл мурда, коомдун кул ээлөөчүлүк доорлорунда Вавилондо, Египетте, индияда ж-а Кытайда жаралган. Антикалык Грецияда ж-а Байыркы Римде чоң өнүгүшкө жетишкен. Э. тарыхый жактан жалпы адамзаттык баалуулуктар м-н шартталган, аларды жаратуу, кабылдоо, өздөштүрүү ж-а баалоо ж-дөгү илим. Э-нын негизги маселеси болуп, эстетикалык аң-сезимдин чындыкка жасаган мамилеси түзөт. Э-нын

өнүгүшүндөгү негизги багыттар Байыркы грецияда белгиленген. Анда искусство ж-а аны философиялык аңдап билүү эң жогорку деңгээлге жеткен. Мындан 25-к. мурда жаралган, өтө активдүү түрдө жашаган философиялык илим болгон эстетика илими 18-к-да гана өзүнүн «менчик» атына жетишкен. А. Баумгартен (1714–62) «эстетика» деген терминди биринчи болуп илимий процесске киргизген. Бул илимдин өнүгүшүнө айрыкча классикалык немец философиясы (Э. Кант, Г. Гегель, Шеллинг, Фейербах) зор салым кошкон. Азыркы учурда улуттук философиядагы (мис., кыргыз философиясы) Э-нын орду, ролу ж-дөгү проблема күн тартибине коюлган.

**ЭСТЕТИКАЛЫК СЕЗИМ, ЭСТЕТИКАЛЫК ТАБИТ** (Вкус) – турмуштун көрүнүштөрү м-н искусство чыгармаларындагы асылдык ж-а көрксүздүктү айрып-түшүнүүгө болгон адамдын жөндөмдүүлүгү. Ал узак тарыхый өнүгүүнүн натыйжасы. Э. т-ти тарбиялоодо искусство өзгөчө мааниге ээ. 19-к-га чейин табит рационалдуу же иррационалдуубу, акылга же сезимге негизделеби, тубасабы же тарбияланабы, жалпы же жекече касиетке ээби сыяктуу суроолордун айланасында талаш-тартыштар болуп келген. Классикалык немец философиясында Э. т-тин проблемасы борбордук орунду ээлеген. Мис., Канттын эстетикасында Э. т-тин ички, терең кайчы мүнөзү изилденсе, Д. Юм Э. т-ти субъективдүү деп караган, («Табит жөнүндө талашпайт»). Ал эми Гегель болсо табит түшүнүгүн универсалдаштырууну сынга алган. Маркстык эстетика табитти коомдук-тарыхый маданият деп карайт. Табиттин калыптанышы ж-а өнүгүшү эстетикалык тарбиянын предметин түзөт.

**ЭСХАТОЛОГИЯ** (гр. eschatos – акыркы) – адам м-н дүйнөнүн акыркы тагдырлары ж-дөгү диний окуу. Жеке адам жанынын тиги дүйнөдөгү «өмүрү» ж-дөгү индивидуалдуу Э-ны ж-а космос м-н тарыхтын максаты, алардын акыры, бүтүшү ж-дөгү бүткүл дүйнөлүк окууну бири-биринен айырмалап кароо керек. Индивидуалдык Э-нын калыптанышында өзгөчө роль Байыркы Египетке тиешелүү, ал эми жалпы дүйнөлүк Э-нын пайда болушунда ошондой эле роль иудаизмге таандык. Индивидуалдуу Э. бүткүл дүйнөлүк Э-нын бөлүгү болуп калат, анткени «келечектеги кылымдын» башталышы о дүйнө кеткен сопу, такыбалдардын кайра тирилиш мөөнөтүн билдирет. Туюм-сезимдик мифтин деңгээлинде Э. ар түрдүү диндер үчүн жалпы болуп эсептелген мотивдерди ичине камтып турат.

**ЭТИКА** (гр. ethika – ethos – салт, мүнөз – адат, каада салт, жүрүм-турум) – эң байыркы теориялык дисциплиналардын бири, мораль анын изилдөө объектиси болуп саналат. Э.- философиялык илим. Мораль, адеп-ахлах коомдук аң-сезимдин формасы, адам баласынын жашоосунун, турмушун өтөөсүнүн негизги жактарынын бири катары Э. илиминин предметин, чордонун түзөт. Э. коомдук мамилелердин системасындагы моральдын ордун аныктайт, анын структурасын ж-а табиятын анализдейт, адеп-ахлактын чыгышын, жаратылышын ж-а тарыхый өнүгүшүн изилдейт, анын тигил, же бул системасын теориялык жактан негиздейт. Чыгыш ж-а антикалык ойдо этика оболу философия ж-а укук м-н бир бүтүн түрдө жашаган, анан көбүнчө практикалык жактан акыл-насаат айтуу мүнөзүнө ээ болгон. Өзгөчө дисциплинага Э-ны Аристотель кошкон, этика деген терминди да киргизген. Аристотелдин этикасынын борбордук бөлүгү жакшылык, изгилик түшүнүктөрүнөн турса да, анын системасында моралдын табияты ж-а булагы, эрктин эркиндиги, өмүрдүн мааниси, акыйкаттык ж. б. «түбөлүк» деп аталчу маселелер өзүнүн аныктамаларын тапкан. Ал эми этиканы марксистче түшүнүү көп жактуу болуп саналат, өз ичине нормативдүү – адеп-ахлактык, тарыхый, логико-таанып билүүчүлүк, социологиялык ж-а психологиялык моменттерди камтып турат.

**ЭТИКАЛЫК СОЦИАЛИЗМ** – «демократиялык социализм» деп аталган реформисттик-концепциянын рамкасында өнүктүрүлгөн түшүнүүлөрдүн системасы. Бул система социалисттик идеалды пролетариаттын объективдүү шартталган кызыкчылыктары эмес, адамдарга тубаса таандык болгон сыяктуу адеп-ахлактык принциптери аркылуу негиздөөгө аракеттенет. Э. с-дин теориялык тамырлары Канттын табигый зарылчылыкты автономиялуу адам эркине каршы койгон «практикалык акыл-эс» окуусуна, концепциясына негизделет. Э. с-дин негизги өкүлдөрү – Э. Бернштейн, Г. Коген, П. Напорт, Л. Нельсон. Марксизмди этикалык принциптер м-н «толуктоодон» баштап, Э. с-дин өкүлдөрү социализмди телеологикалык түшүнүүгө келишкен, капитализмди социалдык анализден өткөрүүнүн ордуна, анын тетири «жактарын» айыптоо м-н алмаштырууну калашкан. Социалдык детерминизм бүдөмүк «этикалык мотивдер» м-н алмаштырылат, ал эми таптык күрөш ж-дөгү концепция коомдук турмушту гармонизациялай турган «социалдык педагогика» м-н алмаштырылат ж. б. Социалдык революция эмес, бүткүл адамзаттын адептик, адеп-ахлактык эволюциясы-этикалык социалисттердин социализмге алып келчү бирден бир жолу ушундай деп эсептешкен.

**ЭТИОМЕТОДОЛОГИЯ** – нормативдүү моделдин ж-а структуралардын социалдык өз ара аракеттешүүнүн жүрүшүндө карым-катнаш мамилелеринин калыптаныш ж-а функцияланыш процесстерин изилдөөчү социологиялык дисциплина. Э-нын теориялык негиздерин алгачкы ирет америкалык социолог Х. Гарфинкель формулировкалаган. Ал Э. деген терминди да киргизген. Мында негизги, борбордук нерсе -

«этнометоддорду», б. а. айлана-чөйрөдөгү объектнлердн ж-а кубулуштарды изилдеп үйрөнүү, интерпретациялоо ыкмалары, жолдору болуп калды.
**ЭТНОЦЕНТРИЗМ** – этникалык аң-сезимдин турмуштук кубулуштарды этникалык топтордун традициялар ж-а баалуулуктар призмасы аркылуу кабылдоо ж-а баалоо касиети. Э. термини этникалык группанын ичиндеги адамдардын мамилеси м-н группалар арасындагы мамилелердин рамкасында кескин айырмачылыктар болот деп болжолдогон Самнер тарабынан 1906-ж. киргизилген. Эгерде гуппанын ичинде жолдоштук ж-а тилектештик өкүм сүрсө, группалардын ичиндеги мамилелерде шектенүү, кооптонуу, ишенбөө мамилелер үстөмдүк кылат. Э. этногруппанын биримдигин, тышкы дүйнөнүн алдындагы «Биз» деген сезимди чагылтат ж-а түзөт. Этника аралык чектер, чек аралар дайым эле так ж-а стабилдүү боло бербейт (этникалык группалардын территориялык жактан бири-бирине кирип келүүлөрү, өз ара айкашуулары; маданий ж-а тил жактан болгон мүнөздө-мөлөрүнүн вариативдүүлүгү; этникалык жалпылыктын айрым мүчөлө-рүнүн этникалык таандыгынын проблемалуулугу; этникалык таандык ж-а жашоо образындагы тарыхый жылыштар).
**ЭФИР** – байыркы грек мифологиясында абанын эң жогорку, жеңил тунук катмары, ага Олимптин чокусу жетип турган, ал жерде болсо олимптик кудайлар отурукташкан. Антикалык философияда эфир бардык нерсеге өтүп кетүүчү материя. Суу, аба, от, жер м-н катар эфир болмуштун 5 элементинин бири.
**ЭЭЛИГҮҮ,** к ы з ы г у у, у м т у л у у (Влечение) – түрдүү организмдин кандайдыр бир, такай же маал-маалы м-н пайда болгон муктаждыгын канааттандыруу үчүн пайда болгон ээлигүүсү. Э.адамдын акыл-эсине (ой-жүгүртүүсү м-н эркине) баш ийбей пайда болуп, инсанды ага түрткөн мотивдер м-н кызыкчылыктардын түрмөгү. Э. ишке ашышынын формасы м-н багытын аныктайт. Э. кээде басаңдап, бир объективден экинчи объектиге өтүшү ыктымал. Э. айрым учурда пикир келишпегендикке алып келип, талаш-тартыш процессинде чечилиши мүмкүн. Адам Э-нүн формасы ар кыл болгондуктан, аларды формалдык түрдө болсо да бир системага келтирүү кыйынчылыкты пайда кылат.

**ЮДИН** Павел Фёдорович (1899–1968) – советтик философ ж-а коомдук ишмер, СССР илимдер Академиясынын академиги. 1931-ж. кызыл профессура Институттун бүтүргөн. 1938–1944-ж. СССР ИА философия институтунун директору, 1937–1947-ж. мамлекеттик басмалардын Бирикмесинде директор. 1946–1953-ж. «Советская книга» журналынын башкы редактору. 1953–59-ж. СССРдин КЭРдеги элчиси. Негизги эмгектери диалектикалык ж-а тарыхый материализм, илимий атеизм, илимий коммунизмдин теориясы, марксисттик философиянын тарыхына арналган. СССР Жогорку Советинин 2 жолку депутаты. Эки ирет Ленин ордени м-н сыйланган.
**ЮЛИАН** Флавий Клавдий (331–363) – рим императору. 301-жылы император болуп алгандан кийин, «тактыдагы философ» атагына умтулуп, бутпарастык политеизмди кайра жандандырууга аракеттенген да, аны мамлекеттик дин деңгээлине көтөрүүгө далалат кылган. Христиан дининен бутпарастыкка өткөндүгү үчүн Отступник (өз ишениминен кайткан адам) аталган, анткени ачыктан-ачык өзүн бутпарастык диндин тарапкери катары жарыялаган. Бутпарастык храмдарды калыбына келтирген христиандарга каршы багытталган чыгармалардын (трактаттар, каттар, сүйлөнгөн сөздөр) автору.
**ЮМ** Дэвид (1711–1776) – англис философу, тарыхчы, экономист ж-а публицист. Жаңы европалык агностицизмдин принциптерин иштеп чыккан. 1740-ж. «Адамдын табияты жөнүндө трактат» аттуу негизги эмгегин жарыкка чыгарган. 1763–66-жылдары Францияда дипломатиялык кызматта болгон. Ю-га атак-даңкты 1741-ж. жарык көргөн «Эссе» аттуу эмгеги алып келген. Мында саясий-коомдук, экономикалык ж-а моралдык-эстетикалык маселелер козголот. Ю-дун таанып билүү теориясы Берклинин субъективдүү идеализмин агностицизм духунда кайра иштеп чыгуунун натыйжасында жаралган. Объективдүү дүйнө жашайбы, же жокпу деген маселени чечүүгө мүмкүн эмес деп эсептеген. Себеп м-н аракеттин мамилеси – тажрыйба аркылуу түзүлүүчү мамилелердин негизгилеринен болуп саналат. Аны интуициядан да, логикалык анализден да чыгаруу мүмкүн эмес. Эстетикада «табиттер жөнүндө талашпайт» тезисин классицизмге, андан соң искусстводогу реализмге жан тартуу м-н айкалыштырган. Тарыхый тажрыйбага таянуу м-н диндин адеп-ахлакка, граждандык турмушка тийгизген таасирин жаман деп баалаган.
**ЮНГ** Карл Густав (1875–1961) – швейцариялык психолог, «аналитикалык психологияны» түзүүчү. Ю-дун оюна ылайык, инсан (личность) тиешелүү акыл-ойсуздук м-н катар «коллективдүү аң-сезимсиздиктин» алда канча терең катмарлары бар. Ал жерде болсо эң алгачкы психикалык структуралар (архетиптер) түрүндө дүйнөнү априордуу кабыл алууну ж-а аңдап түшүнүүнү камсыз кылып турган адамзаттын байыркы

тажрыйбасы сакталат. Адамдын псхнхкалык турмушунун негизги мазмуну деп, Ю. «индивидуация» процессин, же болбосо личносттун өз мүмкүнчүлүктөрүн толук ишке ашырууга умтулуусун эсептеген. «Аналитикалык психологиянын» милдети деп, Ю. пациенттерде пайда болуучу архетиптик образдардын врач тарабынан түшүндүрүлүшүн эсептеген. Анын оюнча, бардык улуу идеялар архетиптик пайдубалга негизделген. Башкы чыгармалары: «Либидонун метаморфозалары жана символдору», «Психологиялык типтер», «Кубулуунун символдору» ж. б.
**ЮРИДИКАЛЫК КӨЗ КАРАШ** – феодалдык тартиптерге каршы саясий бийлик үчүн күрөш жүргүзгөн мезгилдеги буржуазиялык көз караш. Ю. к. к. алдыцкы планга коомдук турмуштун пайдубалы катары укукту, укук таануу илимин койгон. Теологиялык көз караштын ордун Ю. к. к. басат. Мунун маанисин Гельвецийдин «Закондун колунан бардыгы келет» деген ою тастыктап турат. Ал эми капиталисттик коом калыптана баштаган мезгилде экономикада да, саясатта да укуктун ролу кескин жогорулайт.

**ЯКОБИ** Фридрих Генрих (1743–1819) – немец философу ж-а жазуучусу. Рационализмди сынга алган ж-а «сезим менен ишенимдин философиясы» деген багытты негиздеген. Я. үчүн сезим, туюу опыты (тажрыйбасы) чыныгы ж-а бирден бир таанып билүү болуп саналат. Акыл-ойдун ишмердүүлүгү сезип-туюу тажрыйбасынын алкагынан чыгып кетпейт. Философиянын түпкүлүгүн (пайдубалын) түзүп турган диний сезимди рационализмдин позициясынан туруп түшүнүү мүмкүн эмес. Мына ушундан философ ой жүгүртүүгө ыщгайлуу философия атеизмге жакын деп эсептеген.
**ЯМВЛИХ** (240–330) – антикалык философ-неоплатоник, Порфирийдин окуучусу ж-а андан соц оппоненти. Пифагореизмдин ж-а халдей оракулдарынын (олуяларынын) катуу таасиринде болгон. Я. адамдардын жанын жаныбарлардын жанынан ажыратып караган, алардын бири-бирине өтүшүнө жол берген эмес. Негизги чыгармалары: «Кудай жөнүндө», «Халдей теологиясы», «Символдор тууралсында», «Тиммейдеги Зевстин сөзү жөнүндө» ж. б. Я. кудайларды космос үстүндөгүлөргө ж-а космос ичиндегилерге бөлгөн. Биринчилерди акыл ж-а жан сфераларына тийиштүү десе, космос ичиндегилерди жаратуучуларга, жандандыруучуларга, сактап калуучуларга тийиштүү деген. Я-тин авторитети өз учурунда, ал гана эмес 15-к-дагы Италиянын флоренциялык Академиясына чейин чоц болгон.
**ЯИ** Чжу (б. з. ч. 395–335) – байыркы Кытай философу. Өзүнүн окуусунда мажес материализм позициясынан аракеттенген, диний көз караштарды кескин сынга алган ж-а өлбөстүккө ишенүүнү жокко чыгарган. Анын оюнча, табияттын бардык кубулуштары ж-а окуялары табигый зарылчылык принцибинин аракетине баш ийдирилген, аны тагдыр катары баалаган. Андыктын философтун көз караштары фаталисттик детерминизмдин элементтеринен бош эмес. Я. Ч. бардыгы жок болууга ж-а талкаланууга буйрулган деп ойлогон. Өмүр мыйзамченемдүү түрдө өлүм м-н алмашылат. Этикада-утурумдук нерсе м-н ыракаттанууну негизги нерсе деп эсептеп, өлгөндөн кийин эмне болорун ойлоп, кыйналбоо керектигин айткан. Бирок Я-дын геодонизм өзүнүн ашынган түшүнүгүнө жеткен эмес.
**ЯНСЕНИЗМ** – 17–18-к-дарда Францияда ж-а Нидерланддыда пайда болгон саясий-диний агым. Я-дин негизги идеялык жоболору теолог К. Янсений тарабынан иштелип чыккан. Я. – католицизмдин бир түрү. Социалдык мацызы б-ча Я. католиктик чиркөөнүн үстөмдүгүнө нааразы болгон катмарлардын идеологиясы эле, ал эми чиркөө болсо феодалдык – абсолюттук тартипти айыптоо, ардактоо жагынан айырмаланчу. Янсенисттердин общиналары диний ж-а педагогикалык ишмердүүлүктү өнүктүрүшкөн, окутуунун кецири программасы бар баштапкы мектептерди түзүшкөн ж. б. Я-ди Рим папасы айыптаган.
**ЯРОШЕВСКИЙ** Тадеуш (1930 г.) – польшалык философ. Негизги эмгектери тарыхый материализм проблемаларына арналган. Ошондой эле ревизионизмди, батыштын философиясын сынга алууну изилдөөлөрүнүн борбору кылып алган. Негизги эмгеги: Личность и общество (проблемы личности в современной философии-марксизм, экзистенциализм, структурализм, христианский персонализм).
**ЯСПЕРС** Карл (1883–1969) – немец философу. Диний экзистенциализм өкүлү, психиатр. 1921-жылдан тартып Гейдельберг университетинде философия б-ча профессор. 1948-жылдан кийин Базель университетинде. Фашизм талкалангандан кийин ФРГнын либералдык чөйрөсүндө чоц популярдуулукка жетишкен. Анткени фашизм учурунда (1937-ж.) мугалимдик иштен четтетилген болчу. 1960-жылдардын аягында Я. Батыш Германиянын саясатындагы реваншисттик тенденцияларды катуу сынга алган. Я-тин ой тарыхындагы орду эки ачалуу, эки жактуу, оопайлуу. Анын оболку идеалы – бюргердик гуманизм. Маданий кенендиктин идеясы ал үчүн Гетенин аты м-н байланышкан. Өзүнүн ойчулдук ишмердигин философия эмес, философсынуу, философ сымал иштөө, аракеттенүү деп баалаган. Философиянын мааниси, Я-тин ою б-ча,

өлкөлөр м-н кылымдардын ортосунда жалпы адамзаттык «коммуникация» жолдорун куруда турат деп эсептеген.